# Кыргызча Инжил - ЛС версия

## Kyrgyz New Testament and Old Testament Portions

© Institute for Bible
Translation, Moscow
(Институт перевода
Библии)

This Bible is copyrighted by Institute for Bible Translation, Moscow (ibtrussia.org) and is provided with permission at the cost of printing by the Digital Bible Society (dbs.org). This translation is made available to you under the terms of the Creative Commons Attribution-Noncommercial-No Derivatives license 4.0.

This Bible, and many others, are available for free download in a variety of digital formats at dbs.org/bibles.

*Language:*
*Country:*
*Publisher:*
*Copyright: © Institute for Bible Translation, Moscow (Институт перевода Библии)*
*Last Updated: 2023-10-20*
*ID: cbe77ae4-6e4f-472e-bdab-2bc6f5ab8b87*
*ISO: kir*
*ISBN:*

ЖАШЫЯ ....................................4
Бийлер.................................. 27
Рут ........................................ 50
1SA........................................ 53
Эстер .................................... 81
Жунус ................................... 89
Матай.................................... 92
Марк................................... 124
Лука.................................... 144
Жакан................................. 176
Элчилердин иштери ........ 201
Римдиктерге...................... 232
1-Корунттуктар ................. 246
2-Корунттуктар ................. 259
Галатиялыктарга .............. 268
Эфестиктерге .................... 273
Филипиялыктарга............ 278
Колостуктарга .................... 282
1-Тессалоникалыктар ....... 285
2-Тесалоникалыктарга ..... 288
1-Тиметей ........................... 290
2-Тиметей ........................... 294
Титке................................... 297
Филимонго ......................... 299
Эврейлерге ......................... 300
Жакып ................................. 310
1-Петир ............................... 313
2-Петир ............................... 317
1-Жакан............................... 320
2-Жакан............................... 324
3-Жакан............................... 325
Жүйүт .................................. 326
Аян....................................... 328

# ЖАШЫЯ

## Сөз башы

Нундун уулу Жашыя китеби (ивр. יְהוֹשֻׁעַ בִּן-נוּן, Ехошуа-бен-Нун) – Танахтагы (Байыркы Келишим китептериндеги) алтынчы китеп. Бул китепте Муса пайгамбардын көз жумган убагынан баштап, Нундун уулу Жашыянын каза болгон күндөрүнө чейинки эврей элинин тарыхы жазылган (б.з.ч. 1276 – б.з.ч. 1244 жылдар). Эврейлер бул китептин автору Нундун уулу Жашыя өзү болгон деп ишенишет (китептин аягында Жашыянын өлүмү жөнүндөгү бир нече аяттарды гана Шамил пайгамбар жазган). Бул китеп Ыйык Жазууда Муса пайгамбардын Тоорат китебинен кийин орун алып, Тооратта баяндалган окуялардын уландысы катары аны менен тыгыз байланышта.
Жашыя китеби Кудай ысрайыл элине беремин деп убада кылган жерди кантип ээлегендиги тууралуу айтып берет. Ал жер Канаан деп аталган.
Китеп өзү айтып берген окуялардын башкы каарманы Нундун уулу Жашыянын аты менен аталып калган. Муса пайгамбар көз жумгандан кийин ал ысрайыл элинин эл башчысы болуп дайындалган болчу.
Жашыя китеби эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө (1-12 – бөлүмдөр) ысрайыл эли Канаан жеринде көптөгөн шаар-кыштактарды басып алышы үчүн Кудай Өзү жардам берет. Кээ бир убактарда Кудай кереметтер аркылуу Өз элине кубат берет. Мисалы, Иерихон шаарын басып алууда, ошол шаардын дубалын уратып, ысрайылдар шаарга чабуул коюу үчүн жол ачып берет (6:20). Кийинчерээк, Гибон шаарын басып алууда Кудай асмандан таш жаадырып, жоону кырып салат. Андан кийин Эгедер асмандагы ордунда токтотуп коёт. ысрайыл аскерлери ушундан пайдаланып, душманды толук кырып салууга үлгүрөт (10:1-15).
Бирок ысрайылдар Эгебизге гана табынып, Ага кызмат кылабыз деген убадасын бузган убакта, Кудай аларга жардам берүүдөн баш тартат. Мисалы, Ай шаарын багындыруу үчүн согушта, ысрайыл аскерлери жеңилип калат, анткени эл Кудай менен түзгөн келишимди бузган эле (7:1-12).
Бул китептин экинчи бөлүгүндө (13-24 – бөлүмдөр) ысрайыл калкынын урууларынын ар бири өз жерлерин кантип алгандыгы айтылат. ысрайыл эли алгач Иордан дарыясынын күн чыгышындагы жерлерди басып алат. Басып алынган жерлер рубейин, гат урууларына жана манаш уруусунун жарымына бөлүп берилет.
Бирок ысрайыл журтунун калган уруулары жер ала элек болчу. Ошондуктан, жер алган рубейин, гат уруулары жана манаш уруусунун жарымынын эли калган уруулар да жерге ээ болушу үчүн, алар менен чогуу Иордандын батыш тарабындагы элдерге кол салып, алардын жерлерин ээлеп алууга милдеттүү түрдө жардам берет.
Иордандын батыш тарабынан ээлеп алынган жерлер ысрайыл элинин калган урууларына өкчөмө таш ташталып бөлүнөт. Леби уруусун болсо Кудай Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн тандап алгандыктан, ал урууга жер бөлүнүп берилбейт. Бирок алар жашашы үчүн бардык уруулар өзүнө тийген үлүш жерлерден шаар-кыштактарды ажыратып берет.
Китептин аягында Жашыя Кудайдын ысрайыл элине кылган жакшылыктарын эстеп, эки жолу элге айтып берет. Сөзүнүн аягында Жашыя «Ошондуктан Кудай Эгеңерден коркуп, Ага берилип, ак ниеттен кызмат кылгыла. Дарыянын аркы өйүзүндө жана Мисирде ата-бабаларыңар ийбадат кылган кудайлардан баш тартып, өз Эгеңерге кызмат кылгыла» (24:14) деп айткан.

Мазмуну

I. Канаан жерине жортуул (1:1-5:12)
- А. Кудайдын Жашыяны тандашы (1-бөлүм)
- Б. Иерихондогу чалгынчылык иштер (2-бөлүм)
- В. Иордан дарыясынан өтүү (3-бөлүм)
- Г. Эстелик таштар жана Иордандан өтүүнүн аякташы (4-бөлүм)

Д. Ысрайыл элинин ыйыкталышы жана Азаттык майрамын майрамдоо (5-бөлүм) II. Канаанды басып алуу (5:13-12:24)
А. Кудайдын аскерлеринин аскер башчысы (5:13-16)
Б. Ысрайыл аскерлеринин ыйык казаттары (6-8-бөлүмдөр)
В. Канаандын түштүк элдерине каршы жортуул (9-10-бөлүмдөр)
Г. Канаандын түндүк элдерине каршы жортуул (11:1-15)
Д. Ысрайылдар ээ болгон жеңиштер (11:16-12:4)
III. Канаан жерин үлүштөргө бөлүштүрүү (13-21-бөлүмдөр)
А. Эки жарым уруунун үлүштөрү (13-бөлүм)
Б. Калептин энчиси (14-бөлүм)
В. Тогуз жарым уруунун энчисине жер бөлүштүрүү (15:1-19:48)
IV. Канаандагы кийинки жылдар (22-24-бөлүмдөр)
А. Чек арадагы өз ара түшүнбөстүктү иликтөө (22-бөлүм)
Б. Нундун уулу Жашыянын өмүрүнүн акыркы күндөрү (23:1-24:28)
В. Текстке кошумча маалымат (24:29-33)

### Кудайдын Жашыяга берген буйругу

1 Кудайдын кулу Муса дүйнө салгандан кийин,
Мусанын жардамчысы Нундун уулу Жашыяга
Жараткан Эге мындай деди:
2 – Менин кулум Муса көз жумду. Эми өзүң баш
болуп бүт эл-журтуң менен мына бул Иордан
дарыясынын аркы өйүзүнө – Мен ысрайыл
урпактарына бергени жаткан жерге өтүп бар.
3 Мусага убада кылганымдай, таманыңар тийген
жердин баарын өзүңөргө беремин. 4 Түштүктөгү
ушул чөлдөн түндүктөгү Ливан тоолоруна чейин,
чыгыштагы Эфрат дарыясынан батыштагы Жер
Ортолук деңизге чейинки жерлер жана хеттердин
бардык жерлери силердин чегиңер болот. 5 Өмүрүң
өткөнчө эч ким сага каршы тура албайт. Мен
Мусаны кандай колдосом, сени да ошондой
колдойм. Сенден эч качан алыстабаймын, сени
таштабаймын. 6 Бекем, кайраттуу бол! Мен ата-
бабаларына беремин деп ант берген ошол жерди
аларга сен алып бересиң. 7 Сен тек гана бекем,
кайраттуу бол, Менин кулум Муса берген
мыйзамдын баарын сактап, так аткар. Бардык
иштериң ийгиликтүү болуш үчүн, андан оңго да,
солго да бурулба. 8 Тооратта жазылгандар оозуңдан
түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так
аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт,
ошондо акыл-эстүүлүк менен иш кылып, өркүнүң
өсүп, ийгиликтүү болосуң. 9 Мен сага буйрук
кыламын, бекем, кайраттуу бол. Эч коркпогун,
көңүлүң да чөкпөсүн, анткени кайда барсаң да,
Кудай Эгең сага жар болот.

### Жашыянын элге берген буйругу

10 Ошондон кийин Жашыя эл башкаруучуларына
мындай деп буйруду:
11 – Конушту аралап, элге: «Жол азык камдагыла,
үч күндөн кийин ушул Иордандын аркы жээгине
өтүп, Кудай Эгеңер силерге берип жаткан жерге
ээлик кылуу үчүн киресиңер» деп буйрук бергиле.
12 Ал эми рубейин, гат урууларына жана манаш
уруусунун жарымына Жашыя мындай деди: 13 –
Жараткан Эгебиздин кулу Мусанын буйрук кылып
айткан сөздөрүн эстегилечи, ал: «Кудай Эгеңер
силерге бейпилдик тартуулап, ушул жерди берди»
деп айткан. 14 Аялдарыңар, балдарыңар, мал-
мүлкүңөр Иордандын ушул өйүзүндөгү Муса
силерге берген жерде калсын. Ал эми согушка
жарактуулардын баары куралданып, бир
тууганарыңардын алдында дарыядан өтүп, аларга
жардам берсин. 15 Эгеңер силерге тартуулагандай,
бир туугандарыңарга да бейпилдик берип, Кудай
Эгеңер берген жерди ээлик кылып алганча, аларга
жардам бергиле. Ошондон кийин Эгеңердин кулу
Муса силерге Иордандын күн чыгыш тарабынан
энчиге берген жериңерге кайтып келип,
отурукташасыңар.

### Элдин Жашыяны колдошу

16 Алардын баары Жашыяга:
– Бизге эмнени буйрусаң, баарын аткарабыз,
кайда жиберсең, ошол жакка барабыз, – деп жооп
беришти. 17 – Биз Мусага кандай моюн сунган
болсок, сага да ошондой моюн сунабыз. Мусаны
колдогон Кудай Эге, сени да колдосун. 18 Сенин
буйругуңа каршы чыгып, сөзүңө кулак салбаган ар
бир адам өлүмгө өкүм кылынат. Болгону, сен бекем,
кайраттуу бол!

### Иерихонго чалгынчылардын жиберилиши

2 Нундун уулу Жашыя Шиттим калаасынан эки
кишини: «Барып, Канаан жерин, андагы
Иерихон шаарын чалгындап келгиле», – деп
жашыруун жиберди. Алар жөнөп кетишти да, Рахап
аттуу сойку аялдын үйүнө келип, ошол жерде түнөп
калышты.
2 Ошондо Иерихондун падышасына: «Бүгүн түнү
бул жакка жерибизди чалгындоо үчүн ысрайылдар

келишиптир» деген кабар жетти. 3 Иерихондун падышасы өз кишилерин Рахапка жиберип: «Үйүңө келген кишилерди сыртка чыгарып бер, алар жерибизди байкап-чалгындоо үчүн келишиптир», – деп айттырды. 4 Бирок аял ал экөөнү тең жашырып койгон болчу.

– Ооба, мага чоочун бирөөлөр келишкен, бирок алардын кайдан келгенин билген эмесмин, – деп жооп берди аял. 5 – Алар күүгүмдө, шаар дарбазалары жабылар убакта кетип калышкан. Кай тарапка кетишкенин билбеймин. Тезирээк алардын артынан сая түшсөңөр, кубалап жетерсиңер.

6 Өзү болсо аларды тамдын үстүнө ээрчитип чыгып, ошол жердеги жайылган зыгыр боолорунун астына жашырып койгон эле. 7 Куугунчулар Иорданга барчу жол менен алардын артынан кечүүгө чейин кубалап барышты. Алар чыгып кетери менен шаар дарбазалары жабылды.

8 Чалгынчылар жата электе, аял үйдүн үстүнө чыгып барып, 9 аларга мындай деди:

– Бул жерди Жараткан Эге силерге бергенин билемин. Бүт элибиз силерден коркуп, ындыны өчтү. 10 Себеби Мисирден чыкканыңарда Жараткан Эге алдыңарда Кызыл деңиздин суусун кургатканын, Иордандын аркы тарабындагы өзүңөр садага чаап салган аморлордун эки падышасы Сихон менен Огду силер эмне кылганыңарды укканбыз. 11 Бул жөнүндө укканыбызда, силерден корккондуктан жүрөгүбүз мокоп, баарыбыздын ындыныбыз өчтү. Себеби силердин Кудайыңар Жараткан Эге – жогорку көктүн да, төмөнкү жердин да Кудайы экен. 12 Эми болсо, суранамын, мен силерге ырайым кылгандай, силер да атамдын үй ичине ырайым кылабыз деп Кудайды оозанып ант бергиле. Менин ата-энем, ага-иним, эже-сиңдилеримдин баарын үй-бүлөлөрү менен өмүрүн сактап, тирүү калтырабыз деп мага кепилдик бергиле. 14 Тигилер ага:

– Сөзүбүздө турбасак, силердин ордуңарга биздин жаныбыз кыйылсын! – дешти. – Эгерде биз жөнүндө айтып, чыккынчылык кылбасаң, Жараткан Эгебиз бул жерди бизге бергенде сөзүбүздө туруп, сага ырайым кылабыз.

15 Анын үйү шаар дубалында жайгашкандыктан, аял аларга терезе аркылуу аркан менен төмөн түшкөнгө жардам берди. 16 Рахап аларга:

– Куугунчулар силерди таап албашы үчүн, тоону көздөй кеткиле. Куугунчулар кайтып келгенче ошол жерде үч күн жашына тургула, андан соң өз жолуңар менен кетип калгыла, – деди. 17 Тигилер болсо ага мындай дешти:

– Эгерде мындай кылбасаң, анда сага берген антыбыздан эркин болобуз: 18 Бул жерге келгенибизде, бизди төмөн түшүрүп жаткан терезеңе ушул кызыл арканды байлап кой, ата-энеңди, бир туугандарыңды, атаңдын бүт үй ичин үйүңө чогулт. 19 Эгерде кимдир-бирөө үйүңдөн сыртка чыкса, анын каны өз мойнунда болот. Ал үчүн биз күнөлүү болбойбуз. Бирок эгер үйүңдүн ичиндегилердин кимисине болбосун биздин кишилер кол көтөрүп өлтүрсө, анын төгүлгөн канына биз айыптуу болобуз. 20 Эгерде биз жөнүндө кимдир-бирөөгө ооз ачсаң, анда да сага берген антыбыздан эркин болобуз.

21 – Жарайт. Силер айткандай болсун, – деп, аял аларды жөнөтүп жиберди. Алар кетери менен кызыл арканды терезеге байлап койду.

### Чалгынчылардын конушка кайтып келиши

22 Чалгынчылар тоолорду көздөй жөнөп кетишти. Куугунчулар жолдун баш-аягын тинтип, таппай кайтып келгенге чейин, ошол жерде үч күн жатышты. 23 Ошондон кийин гана тиги эки киши келген жолуна кайра кайтты. Алар тоодон түшүп, Иордандын кечүүсүнөн өтүштү да, Нундун уулу Жашыяга келип, болгон иштин баарын айтып беришти. 24 Алар Жашыяга: «Жараткан Эгебиз ал жердин баарын биздин колубузга бергени чын экен. Ал жердин бүт жашоочулары бизден катуу коркуп, эси чыгып жатыптыр» деп айтышты.

### Иордан дарыясынан өтүүгө даярдык көрүү

3 Жашыя эртеси таң сүрүп келатканда турду. Аны менен бүт ысрайылдар Шиттим шаарынан чыгышып, Иорданга келишти. Аркы жээкке өтөөр алдында, алар ошол жерге конуш курушту. 2 Үч күндөн кийин башкаруучулар конушту аралап, 3 элге мындай деп буйрук беришти:

– Леби уруусундагы динкызматчылардын Кудай Эгеңердин келишим сандыгын көтөрүп баратканын көргөнүңөрдө, силер да ордуңардан козголуп, алардын артынан жөнөгүлө. 4 Ошондо кайсы тарапты көздөй басуу керектигин билип аласыңар, анткени бул жол менен мурун-кийин өткөн эмессиңер. Бирок силер менен келишим сандыгынын ортосундагы аралык миң кадам болсун, ага жакындабагыла.

5 Жашыя элге кайрылып, мындай деп эскертти:

– Тазаланып-ыйыкталгыла †, анткени эртең Жараткан Эгеңер араңарда кереметтерди көрсөтөт.

6 Динкызматчыларга болсо Жашыя:

– Келишим сандыгын көтөрүп, элдин алдында жүргүлө, – деди. Алар келишим сандыгын көтөрүп алып, элдин алдына өтүштү.

7 Жараткан Эге Жашыяга мындай деп айтты:

– Мусаны кандай колдоп келген болсом, сени да так ошондой колдоп жатканымды эл түшүнүшү үчүн, ушул күндөн баштап ысрайыл элинин алдында сенин зоболоңду көтөрө баштаймын.
8 Сен болсо келишим сандыгын көтөргөн динкызматчыларга: «Иордандын жээгине жеткенден кийин, сууга кирип, токтоп тургула» деп буйрук кыл. 9 Жашыя ысрайылдарга:

† *Тазалануу – кийим-кечени, дене-бойду жууп-тазалоо.*

– Бери жакын келип, Кудайыңар Жараткан Эгенин
сөзүн уккула, – деди. 10 Жашыя мындай деп сөзүн
улады:
– Тирүү Кудайдын силердин араңарда экенин, Ал
канаандыктарды, хеттерди, хибилерди,
периздерди, гиргештерди, аморлорду, жебустарды
силердин көз алдыңарда сөзсүз кубалап чыга
турганын мындан билесиңер: 11 Мына! Бүт жер
жүзүнүн Эгедеринин келишим сандыгы силердин
алдыңарда Иордан дарыясынан өтөт! 12 Азыр
болсо, ысрайыл урууларынан он эки кишини – ар
бир уруудан бирден кишини тандагыла. 13 Бүт жер
жүзүнүн Ээси болгон Жараткан Эгенин келишим
сандыгын көтөргөн динкызматчылардын таманы
Иордан суусуна тиери менен, дарыянын агымы
токтоп, жогору жактан аккан суу бөгөлүп, дубалдай
болуп тирелип акпай калат.

### Иордандан өтүү

14 Эл чатырларын жыйнап, Иордандан өтүү үчүн
ордунан козголгондо, динкызматчылар келишим
сандыгын көтөрүп, элдин алдына өтүштү. 15 Түшүм
жыйноо убагы болгондуктан, Иордан суусу
жээктеринен ашып-ташып агып жаткан. Келишим
сандыгын көтөргөн динкызматчылар Иордандын
жээгине жетип, буттарын сууга салышары менен,
16 жогору жактан агып келаткан суу тык токтоп,
дубалдай тирелип, Саретандын жанындагы Адам
шаарына чейин абдан алыскы аралыкка чогулуп
калды. Төмөн жактагы Өлүк деңизге куйган суу
болсо агып кетип, бүтүндөй соолуп калды. Эл болсо
Иерихондун тушунан дарыядан өтүп жатты.
17 Элдин баары акпай калган дарыянын таманы
аркылуу өтүп бүткөнчө, Жараткан Эгенин келишим
сандыгын көтөргөн динкызматчылар Иордандын
ортосундагы кургак жерде козголбостон туруп
турушту.

### Эстелик таштардын орнотулушу

4 Бүт эл Иордандан өтүп бүткөндө, Жараткан Эге
Жашыяга мындай деди:
2 – Эл ичинен он эки кишини – ар бир уруудан
бирден кишини танда. 3 Анан аларга: «Иордандын
ортосунан, динкызматчылардын буттары турган
жерден он эки чоң ташты алып чыгып, аларды
бүгүн силер түнөккө токтогон жерге алып барып
койгула» деп буйрук бер. 4 Ошондо Жашыя
ысрайылдардын он эки уруусунан бирден кишини
тандап алып, аларды өзүнө чакырды. 5 Анан
Жашыя аларга мындай деди:
– Иордандын ортосуна, Кудайыбыз Жараткан
Эгенин келишим сандыгынын алдына баргыла.
Ошол жерден ысрайылдын урууларынын санына
жараша он эки ташты алып, ар бириңер бирден
ийиниңерге көтөрүп чыккыла. 6 Алар силер үчүн
эстелик болуп калат. Келечекте урпактарыңар
силерден: «Бул эмне деген таштар?» деп сураганда,
7 аларга: «Биз Иордан дарыясынан өтүп
жатканыбызда Жараткан Эгенин келишим
сандыгынын алдында дарыянын агымы токтоп
калган. Ошондуктан бул таштар ысрайыл
урпактары үчүн түбөлүк эстелик катары коюлган»
деп айткыла.
8 Ысрайылдар Жашыя эмне деп буйрук кылса,
ошонун баарын аткарышты. Жараткан Эге
Жашыяга айткандай, алар Иордандын ортосунан
ысрайыл урууларынын санына жараша он эки
ташты көтөрүп чыгып, түнөк жайга алып келип
коюшту. 9 Жашыя дагы бөлөк он эки ташты
Иордандын ортосуна, келишим сандыгын көтөргөн
динкызматчылар турган жерге койдурду. Алар ушул
күндө да ошол жерде турат.

### Дарыядан өтүүнүн аякталышы

10 Жараткан Эгенин элге айткын деп Жашыяга
берген ар бир буйругу, ошондой эле Мусанын
Жашыяга буйруганы толук аткарылып бүткөнчө,
келишим сандыгын көтөргөн динкызматчылар
Иордандын ортосунда турушту. Эл болсо дарыядан
шашылыш өтүп жатты. 11 Бүт эл аркы жээкке өтүп
бүткөндөн кийин, Жараткан Эгенин келишим
сандыгы менен динкызматчылар дарыядан чыгып,
элдин алдыңкы катарына өтүштү. 12 Буга чейин
Муса аларга буйругандай, рубейин, гат уулдары
жана манаш уруусунун жарымы ысрайыл элинин
алдында аскердик катар менен аркы жээкке
өтүштү. 13 Куралданган кырк миң жоокер Жараткан
Эгенин алдында салгылашуу үчүн Иерихон
түздүгүнө чыкты. 14 Ошол күнү Жараткан Эге бүт
ысрайыл элинин алдында Жашыянын зоболосун
көтөрдү. Эл Мусадан кандай ыйбаа кылган болсо,
Жашыянын өмүрү өткөнчө, андан да ошондой
ыйбаа кылып калды.
15 Анан Жараткан Эге Жашыяга мындай деди:
16 – Күбө сандыгын көтөрүп жүргөн
динкызматчыларга: «Иордандан чыккыла!» деп
буйрук бер. 17 Жашыя динкызматчыларга:
– Иордандан чыккыла! деп буйрук берди.
18 Жараткан Эгенин келишим сандыгын көтөргөн
динкызматчылар Иордандан чыгып, тамандары
жээкке тиери менен, дарыя өз нугуна түшүп,
мурдагыдай жээктеринен ашып-ташып ага
баштады.

### Ысрайылдын Гилгалга конуш курушу

19 Биринчи айдын онунчу күнү эл Иордандан өтүп,
Иерихондун чыгыш тарабындагы Гилгалга конуш
орнотту. 20 Анан Жашыя Иордандын түбүнөн алган
он эки ташты Гилгалга үйдүрүп койду. 21 Анан
ысрайыл элине мындай деди:
– Келечекте урпактарыңар аталарынан: «Бул эмне
деген таштар?» деп сураганда, 22 балдарына:
«Ысрайыл эли ушул Иордан дарыясынын кургап
калган нугу аркылуу өткөн» деп жооп беришсин.

23 Анткени Кудайыбыз Жараткан Эге биз өтүп
бүткөнчө, Кызыл деңизди кантип кургатса, Иордан
дарыясын да силер үчүн токтотуп, кургатып салды.
24 Бүт жер үстүндөгү элдер Эгедердин кудурети
күчтүү экендигин билиши үчүн, силер өмүрүңөр
өткөнчө Кудайыңар Жараткан Эгеден коркуп
жашашыңар үчүн ушундай кылды.

### Гилгалда сүннөткө отургузуу

5 Ысрайыл эли Иордандан өтүп бүткөнчө,
Жараткан Эге дарыянын суусун токтотуп койду.
Муну Иордандын батыш жагындагы аморлордун
бардык падышалары, анан дагы деңиз жээгиндеги
Канаандын бардык падышалары укканда жүрөгү
мокоп, ысрайыл элине каршы туруугa даремети
калган жок. 2 Ошондо Жараткан Эге Жашыяга:
– Таш бычактарды жасап, ысрайыл уулдарынын
жаңы муунун сүннөткө олтургуз, – деди. 3 Жашыя
таш бычактарды жасап, ысрайыл эркектерин
Сүннөт-Дөбө деп аталган жерде сүннөткө отургузду.
4 Жашыянын ысрайыл уулдарын сүннөткө
олтургузган себеби мындай: Мисирден чыккандан
кийин, согушка жарактуу эркектин баары чөлдө
каза болгон эле. 5 Мисирден чыккан эркектердин
баары сүннөткө олтургузулган болчу, ал эми
Мисирден чыккандан кийин чөлдөгү сапарда
төрөлгөндөр болсо сүннөттөлгөн эмес эле.
6 Мисирден чыккан элдин согушка жарактуу
эркектери өлүп бүткөнчө, ысрайыл уулдары кырк
жыл чөлдө жер кезип жүрүштү. Себеби алар
Жараткан Эгеге моюн сунбай коюшкан.
Ошондуктан Жараткан Эге аларга: «Аталарыңарга
берем деген сүт менен бал аккан жерди
көрбөйсүңөр», – деп ант берген болчу. 7 Алардын
ордун баскан уулдарын Жашыя сүннөткө отургузду.
Алар чөл кезип жүргөндө сүннөткө олтургузулган
эмес болчу. 8 Эркек аттуунун баары сүннөткө
олтургузулгандан кийин, айыкканча конушта
калышты. 9 Ошондо Жараткан Эге Жашыяга:
– Мисирде силерге басылган кулчулуктун эн
тамгасын Мен өчүрүп салдым, – деди. Ошондуктан
ал жер ушул күнгө чейин Гилгал † деп аталып
калган.

### Түлөө майрамы

10 Гилгалга конуш курган ысрайыл эли, ошол
айдын он төртүнчү күнү кечинде Иерихондун
жанындагы түздүктө Түлөө майрамын өткөрдү.
11 Түлөө майрамынын эртеси алар Канаандын
түшүмүнөн жасалган калама менен бадырак
жешти. 12 Ошол жылы ысрайыл эли Канаан
жеринин түшүмүнөн жей баштады. Ал жердин
түшүмүнөн жей баштаган күндүн эртесинен
баштап манна жаабай калды. Ошондон тартып
ысрайылдар маннаны көрүшкөн жок.

### Сырдуу жолугушуу

13 Жашыя Иерихондон алыс эмес жерде турган.
Бир убакта ал баш көтөрүп караса, маңдайында
жалаңдаган кылыч кармаган бир киши туруптур.
Жашыя ага жакын басып келип:
– Сен биздин кишисиңби же жоо тараптансыңбы?
– деп сурады. 14 Ал:
– Жок, Мен Жараткан Эгенин асман аскерлеринин
башчысымын. Мен сага келдим, – деп жооп берди.
Жашыя чөк түшө калды да, жерге баш уруп
таазим этип, андан:
– Мырзам, кулуңузга кандай буйругуңуз бар? –
деп сурады. 15 Жараткан Эгенин асман
аскерлеринин башчысы Жашыяга:
– Бут кийимиңди чеч, сен турган жер ыйык, –
деди. Жашыя так ошондой кылды.
16 Ошол күндөрү ысрайыл элинен корккондуктан,
Иерихондун дарбазалары бекем жабылды.
Шаардан эч ким чыкпай да, ага эч ким кирбей да
калды.

### Иерихонго чабуул коюуга даярдык

6 Жараткан Эге Жашыяга мындай деди:
– Билип кой, Мен Иерихонду, анын
падышасын согушка жарактуу кишилери менен
сенин колуңа салып бердим. 2 Бүт аскерлер шаарды
күн сайын бир ирет айланып чыксын. Ошентип,
алты күн айлангыла. 3 Жети динкызматчы келишим
сандыгынын алдында жүрсүн. Алардын ар биринде
мүйүз сурнай болсун. Жетинчи күнү болсо шаарды
жети жолу айланып чыккыла, динкызматчылар
болсо сурнайларын алып жүрүшсүн. 4 Тартылган
сурнайдын үнүн укканыңарда, баарыңар жер
жаңырта катуу кыйкыргыла. Ошондо шаардын
дубалы түбүнө чейин урап түшөт, ошондо ар ким
турган жеринен шаарга чабуул коюп кирип
барсын.

### Иерихонду басып алуу

5 Нундун уулу Жашыя динкызматчыларды
чакырып, аларга:
– Келишим сандыгын көтөргүлө, араңардан жети
динкызматчы болсо жети сурнай алып, Жараткан
Эгенин келишим сандыгынын алдында бассын, –
деп айтты. 6 Элге болсо:
– Баргыла, шаарды айланып баскыла.
Куралданган жоокерлер болсо Жараткан Эгенин
келишим сандыгынын алдында жүрсүн, – деп
буйрук берди.
7 Жашыя элге ушинтип айтканда, жети
динкызматчы жети сурнайды тартып, Жараткан
Эгенин алдына өттү. Жараткан Эгенин келишим
сандыгын болсо алардын артынан көтөрүп
жөнөштү. 8 Куралданган аскерлер сурнай тарткан
динкызматчылардын алдында, калгандары болсо
келишим сандыгынын артында баратышты.

---

† *Гилгал – оодаруу, которуу*

Сурнайлар токтобой тартылып жатты. 9 Жашыя
элге: «Мен силерге кыйкыргыла, деп айткан күнгө
чейин кыйкырбагыла, үн чыгарбагыла, оозуңардан
бир да сөз чыкпасын. Мен айтканда гана жапырт
кыйкырасыңар», – деп буйрук берген эле. 10 Мына
ушундай кылып, Жараткан Эгенин сандыгы
шаарды бир айланып чыкты. Анан бүт эл конушка
кайтып келип, ал жерде түнөп калды. 11 Кийинки
күнү Жашыя таң заарда турду. Динкызматчылар
Жараткан Эгенин сандыгын көтөрүшүп, 12 жети
динкызматчы жети сурнай тартып, Жараткан
Эгенин сандыгынын алдында баратышты.
Куралданган кишилер алардын алдында, калган
куралчандар болсо Жараткан Эгенин сандыгынын
артынан баратышты. Сурнайлар тынымсыз
тартылып жатты. 13 Экинчи күнү да алар шаарды
бир жолу айланып чыгып, конушка кайтып
келишти. Алар алты күн ушундай кылышты.
14 Жетинчи күнү алар таң сүрө баштаганда турушуп,
шаарды мурдагыдай эле айланып чыгышты. Бул
жолкусунда алар шаарды жети жолу айланышты.
15 Жетинчи жолкусунда, динкызматчылар сурнай
тарта баштаганда, Жашыя элге:
– Кыйкыргыла! Жараткан Эгебиз шаарды бизге
берди! – деп жар салды. 16 – Шаарды, андагынын
баарын Жараткан Эгеге садага чаап, жок кылгыла.
Сойку аял Рахапты, анын үйүндөгүлөрдү гана тирүү
калтыргыла, анткени ал биз жөнөткөн
чалгынчыларды жашырып калган. 17 Бирок садага
чабылган нерселерден сактангыла! Садага
чабылган нерселерден эч нерсени албагыла.
Эгерде алсаңар, өзүңөр да садага чабылган болуп
каласыңар, ысрайыл конушу да кырсыкка кабылат.
18 Алтын менен күмүштүн баары, ошондой эле жез,
темир буюмдар Жараткан Эгеге арналып, ыйык
буюмдар деп эсептелсин. Алар Жараткан
Эгебиздин казынасына киргизилсин.
19 Ошентип, сурнайлар тартыла баштады. Эл
сурнайлардын үнүн укканда, аба жара кыйкырып
жиберди. Ошондо шаардын дубалдары түбүнө
чейин кулап түштү. Ар бир жоокер турган жеринен
калаага кол салып, аны басып алды. 20 Алар
шаардагынын баарын садага чаап, эркек-аялды,
жаш-карыны, ири-майда малды, эшектерди – жан
бүткөндүн баарын кылыч мизине алышты.

### Рахаптын үйүндөгүлөрдүн аман калышы

21 Жер чалганы барган эки жигитке Жашыя
мындай деди:
– Бузулган аялдын үйүнө баргыла, аны
үйүндөгүлөрү менен чогуу алып келгиле, себеби
силер ага ант берип койгон экенсиңер.
22 Чалгынчылыкка барган эки жигит барды да,
Рахапты, анын ата-энесин, бир туугандарын жана
үйүндө болгон бардык урук-туугандарын алып
чыгып, ысрайыл конушунун сыртында калтырды.
23 Анан шаарды, андагынын баарын өрттөп
жиберишти. Алтын менен күмүштү, анан дагы жез,
темир буюмдарды болсо Жараткан Эгенин үйүнүн
казынасына беришти. 24 Ал эми бузулган аял
Рахапты, анын үй-бүлөсүн жана атасынын урук-
тууганын Жашыя тирүү калтырды. Анткени ал
Жашыя Иерихонго чалгынга жиберген адамдарды
жашырып калган. Анын үй-бүлөсү ысрайылдардын
арасында бүгүн да жашап келе жатышат.

### Иерихон шаарынын түбөлүк каргышталышы

25 Ошол күнү Жашыя мындай деп каргыш
жарыялады:
– Ушул Иерихон шаарын кайрадан курган адам
Жараткан Эгенин каргышына калсын. Пайдубалын
түптөгөндө, тун уулунан айрылсын. Дарбазасын
койгондо, кенже уулун жоготсун.
26 Жараткан Эге Жашыяны колдоп, анын атагы бүт
жерге тарады.

### Ысрайыл аскерлеринин жеңилиши

7 Бирок ысрайыл эли Кудайга багышталган
нерселер тууралуу буйрукка опаасыздык
кылды. Жөөт уруусундагы Ахан Жараткан Эгеге
арналган буюмдардан өзүнө кымырып алды. Ал
Карминин уулу, Карми – Забдийдин уулу, Забдий –
Зерактын уулу эле. Ошондо Жараткан Эгенин
ысрайыл элине каары тутанды.
2 Ушул арада Жашыя Иерихондон аскерлерди
Бейтел шаарынын чыгыш тарабындагы, Бейт-
Абендин жанындагы Ай шаарына жиберип жатып,
аларга:
– Барып, ал жерди чалгындап келгиле, – деди.
Жигиттер барып, шаарды байкап чыгышты.
3 Алар кайтып келип, Жашыяга:
– Бүт элди ал жерге алып баруунун зарылдыгы
жок экен. Эки же үч миң киши менен эле
айлыктардын күлүн көккө сапырабыз. Ай
шаарынын тургундары аз эле экен, элдин баарын
убара кылбайлы, – дешти. 4 Ошентип, элден үч
миңдей жоокер ал жакка жөнөп кетти. Бирок алар
Айдын тургундарына артын салып качып жөнөштү.
5 Айдын жашоочулары ысрайылдарды калаа
дарбазасынан таш кенине чейин төмөн кубалап,
талкалап, отуз алты кишини өлтүрүштү. Ошондо
ысрайылдардын жүрөгү түшүп, ындыны өчтү.

### Кудайдын Жашыяга берген жообу

6 Муну укканда, Жашыя кайгыдан кийимин айрып
жиберди да, ысрайыл аксакалдары менен чогуу
Жараткан Эгенин сандыгынын алдында кечке
чейин жүздөмөнүнөн жерде жатты. 7 Жашыя:
– Оо, Кудай Эгем! Эмне үчүн бул элди Иордандан
алып өттүң?! Бизди аморлордун колуна салып
берип, кырып жоготуу үчүнбү? Иордандын аркы
өйүзүндө эле калып жашай берсек эмне! – деп
жатты. 8 – Оо, Эгем! Ысрайыл душманынын алдына
түшүп качып жөнөгөндөн кийин, мен эмне деп
айтмак элем? 9 Эми бул жерде жашаган бүт

канаандыктар менен жер бетиндеги башка элдер
угуп, бизди курчоого алып, кырып салышат.
Атыбызды жер бетинен өчүрөт. Ошондо сөз
тийгизбей Өзүңдүн улуу ысымыңды кантип
сактайсың? 10 Жараткан Эге болсо Жашыяга:
– Ордуңдан тур! Неге минтип жүздөмөндөп
жатасың? – деди. 11 – Ысрайыл эли күнөө кылды.
Мен сакта деп буйруган келишимди бузду. Садага
чабылган нерселерден уурдап, куулук кылып, өз
буюмдарынын арасына катып койду.
12 Ошондуктан ысрайыл эли жоого каршы тура
албай, душманына артын салып качты. Анткени
алар өздөрү да садага чабылып калышты. Эгерде
эл ичиндеги садага чабылган нерсени жок
кылбасаңар, мындан ары Мен силерди колдой
албаймын. 13 Эми, ордуңдан тур да, элди тазалап-
ыйыкта. Аларга: «Эртеңки күнгө тазаланып-
ыйыкталгыла. Анткени Ысрайылдын Кудайы
Жараткан Эге: “Кудайга садага чабылган нерсе
ысрайыл элинин арасында турат. Садага чабылган
нерсени араңардан жок кылмайынча жоого каршы
тура албайсыңар” деп жатат» дегин. 14 –
Ошондуктан эртең менен уруу-урууңар боюнча
келгиле. Жараткан Эге кайсы урууну көрсөтсө,
ошол уруу урук-уругу боюнча келсин. Жараткан Эге
кайсы урукту көрсөтсө, ал үй-бүлөлөрү боюнча
келсин. Ал кайсы үй-бүлөнү көрсөтсө, ошол үй-
бүлөнүн мүчөлөрү бирден келсин. 15 Садага
чабылган буюмдар менен кармалган адамды өзүнө
таандык бүт менчиги менен чогуу өрттөп салгыла.
Анткени ал Жараткан Эгенин келишимин бузуп,
ысрайылдын элинин ичинде ыпылас иш кылды.

### Ахандын айыбынын ачылышы

16 Жашыя эртеси таң эрте туруп, элге:
– Ысрайыл эли уруулары боюнча келсин, – деп
буйрук кылды. Ошондо жөөт уруусу көрсөтүлдү.
17 Жөөт уруусу келгенде, Зерактын уругу көрсөтүлдү.
Зерактын уругунун эркектери келгенде, Забдийдин
уулдары көрсөтүлдү. 18 Забдийдин уулдары бирден
келгенде, Ахан көрсөтүлдү. Ахан Жөөт уруусундагы
Карминин уулу эле. Карми – Забдийдин уулу,
Забдий – Зерактын уулу эле. 19 Ошондо Жашыя
Аханга:
– Уулум, Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгенин
алдында күнөөңдү мойнаңа ал! Эмне кылганыңды
айтып бер, менден эч нерсени жашырба! – деди.
20 Ахан Жашыяга жооп берип мындай деди:
– Ооба, мен Ысрайылдын Кудайы Жараткан
Эгенин алдында күнөө кылганым чын. Иш
мындайча болду: 21 Олжолордун арасынан
Шинардын бир кооз чапанына, салмагы эки жүз
шекел күмүш менен элүү шекел куйма алтынга
көзүм түшүп калды. Аларга кызыгып кетип, катып
алдым. Алардын бардыгын чатырымдын ичине
көөмп, жашырып койгом, күмүш алардын эң
түбүндө. 22 Ошондо Жашыя кишилерди жиберди.
Алар анын чатырына барып, киришсе, айтылган
буюмдар чын эле чатырдын ичине катылыптыр,
күмүш болсо эң түбүндө экен. 23 Алар ошол
нерселердин бардыгын чатырдан алып чыгып,
Жашыя менен бүт ысрайыл элине алып келип,
Жараткан Эгенин алдына коюшту.
24 Жашыя менен ысрайылдар Зерактын урпагы
Аханды, күмүштү, чапанды, куйма алтынды, анын
уулдары менен кыздарын, өгүздөрүн, эшектерин,
койлорун, чатырын жана анын бардык буюм-
теримдерин Ахор өрөөнүнө алып чыгышты.
25 Жашыя Аханга мындай деди:
– Эмне үчүн биздин башыбызга балээ үйдүң? Эми
Жараткан Эге сенин да башыңа балээ салат.
Ошондо бүт ысрайылдар Аханды ташбараңга
алышты. Аны үй-бүлөсү менен кошо ташбараңга
алышып, мал-мүлкүнөн өйдө өрттөп жиберишти.
26 Анан алардын үстүнө таш үйүп салышты. Үйүлгөн
ошол чоң таштар ушул күнгө чейин турат.
Ошондон кийин гана Жараткан Эгенин кайнаган
каары басылды. Ошондон тартып ал жер ушул
күнгө чейин Ахор † өрөөнү деп аталат.

### Ай шаарын басып алууга камынуу

8 Жараткан Эге Жашыяга мындай деди:
– Эч нерседен коркпогун, тынчсызданба.
Согушка жарактуу бардык адамдарыңды ээрчитип,
Ай шаарына жөнөгүн. Мына, Мен Айдын
падышасын, элин, шаардын өзүн, бүт жерин сенин
колуңа салып бердим. 2 Иерихон шаарын, анын
падышасын кандай кылган болсоңор, Ай шаарын,
анын падышасын да ошондой кылгыла. Алардын
мүлкүн олжолоп, малын түгөл тартып алгыла.
Шаардын артына буктурма кой.
3 Жашыя согушка жарактуу адамдарын тандап,
салгылашуу үчүн Ай шаарына казатка даярданды.
Ал эр жүрөк отуз миң кишини тандап алып, алар
менен түн ичинде жөнөдү. 4 Ошондо Жашыя аларга
мындай деп буйрук берди:
– Жакшылап уккула! Силер шаардын артына
буктурма коюшуңар керек. Шаардан алыстабагыла,
баарыңар даяр тургула. 5 Мен болсо жанымдагы
жоокерлерим менен калаага жакындап барам.
Алар биз менен согушканы шаардан чыкканда,
биринчи жолкудай болуп, алардан качып
жөнөйбүз. 6 Душмандар: «Баягыдай эле бизден
качып жөнөштү» деп ойлоп, бизди кубалап,
калаадан алыстап кетишет. Биз качып жөнөгөндө,
7 буктурмадагылар чыгып, шаарды басып
алышсын. Кудайыбыз – Жараткан Эге калааны
колуңарга салып берет. 8 Шаарды ээлеп алгандан
кийин, аны өрттөп салгыла, Жараткан Эге
айткандай кылгыла. Байкагыла, бул – буйрук!

### Ай шаарынын жеңилиши

9 Ошентип, аларды жөнөтүп жиберди. Алар Ай
менен Бейтел калааларынын ортосунда, Айдын күн

† *Ахор – кырсык, балаа, бактысыздык*

батыш тарабына жайгашышты. Жашыя өзү болсо
ошол түнү калган адамдары менен ордодо калды.
10 Жашыя эртеси таң заарда туруп, аскерлерин
көздөн өткөрүп чыкты да, Ысрайылдын
аксакалдары менен чогуу элди баштап Ай шаарына
жөнөдү. 11 Аны ээрчиген жоокерлер шаарга
жакындап келишип, Айдын түндүк тарабына ордо
курушту. Алар менен шаардын ортосунда өрөөн
бар эле. 12 Жашыя беш миңдей жоокерди шаардын
батыш тарабына – Бейтел менен Айдын ортосуна
буктурмага койгон эле. 13 Анын жоокерлери
мындай жайгаштырылды: негизги кошуун
шаардын түндүк тарабына, ал эми
буктурмадагылар калаанын батыш жагында эле.
Жашыя өзү болсо ошол түнү өрөөндө калды.
14 Айдын падышасы муну көргөндө, бүт
жоокерлерин жыйнап, Ысрайыл менен салгылашуу
үчүн таң эрте Иордан өрөөнүнүн тушуна чыгып
келди. Шаардын артында буктурма коюлганын ал
билген жок. 15 Жашыя менен бүт ысрайылдар
алардан жеңилип жаткандай болуп, чөлдү карай
качып жөнөштү. 16 Айлыктар болсо Жашыя менен
ысрайыл аскерлеринин артынан түшүү үчүн Ай
калаасындагы бардык эркектерди чакырышты.
Анан Жашыянын артынан сая кубалап, алар
шаардан алыстап кетишти. 17 Ай менен Бейтел
шаарларынын элинин бири калбай калаадан
чыгышты. Алар шаарды ачык калтырып,
ысрайылдардын артынан кубалап жөнөштү.
18 Ошондо Жараткан Эге Жашыяга:

– Колуңдагы найзаны Ай тарапка сун, Мен
шаарды сенин колуңа салып берем, – деди. Жашыя
найзасын шаарды көздөй сунду. 19 Ал найзасын
сунар замат, буктурмадагылар ордунан туруп, тез
чабуул коюп, калааны ээлеп алышты да, ага өрт
коюп жиберишти. 20 Айдын жоокерлери артын
карап, шаардан кара түтүн көккө көтөрүлүп
жатканын көрүштү. Так ошондо чөлгө качып
бараткан ысрайылдар артка бурулуп,
куугунчулардын өздөрүнө чабуул койгондо,
тигилер эч жакка кача албай калышты. 21 Анткени
калаадан коюу түтүн асманга көтөрүлгөнүн
көргөндө, Жашыя менен Ысрайылдын бүт
аскерлери буктурмадагылар шаарды ээлеп
алганын билишти. Муну көргөн ысрайылдар артка
бурулуп, Айдын тургундарынын өздөрүнө чабуул
коюшкан эле. 22 Ушул убакта шаарды каратып
алган буктурмадагы ысрайылдар шаардан кайра
чыгышканда, Айдын жоокерлери ортодо калды.
Ысрайыл аскерлери аларды эки тараптан чөптөй
чабышты, аман калган же качып кутулган бир да
жан болгон жок. 23 Айдын падышасын гана тирүү
колго түшүрүп, Жашыянын алдына алып келишти.

24 Ысрайылдар талаада жана чөлдө өздөрүн
артынан сая кубалаган Айдын аскерлерин толук
кылыч мизине алгандан кийин, кайра кайтып
келишип, шаарга кирип барышып, анда
калгандарды да кылычтап өлтүрүштү. 25 Ошол күнү
аял-эркек болуп Айдын бүт эли – он эки миң киши
курман болду. 26 Айдын жашоочулары садага
чабылып бүткөнчө, Жашыя найза сунган колун
төмөн түшүргөн жок. 27 Жараткан Эге Жашыяга
буйрук кылгандай, ысрайылдар шаар элинин мал-
мүлкүн олжолоп алышты. 28 Жашыя Ай шаарын
өрттөп жиберип, ээн жаткан дөбөгө айлантты. Ал
бүгүнкү күнгө чейин ошондой. 29 Айдын
падышасын болсо өлтүрүп, жасатын жыгачка асып,
кечке чейин калтырып коюшту. Күн батып
бараткanda Жашыя жасатты жыгачтан түшүрүп,
шаар дарбазасынын алдына алпарып таштоону
буйруду. Эл анын үстүнө таштарды ыргытып үйүп
салышты. Ошол таш дөбө ушул күнгө чейин бар.

### Ыйык келишимди жаңыртуу

30 Ошол күндөрү Жашыя Ысрайылдын Кудайы
Жараткан Эгеге арнап Эйбал тоосунда курманжай
курду. 31 Жараткан Эгенин кулу Муса ысрайыл
уулдарына Тоорат китебинде жазып буйругандай,
аны темир аспап тийип жонулбаган, бүтүн
таштардан курду. Анын үстүндө Жараткан Эгеге
багыштап бүтөрттөм жана тынчтык
курмандыктарын чалышты. 32 Анан Жашыя
ысрайыл уулдарынын көз алдында Муса жазган
мыйзамдарды башка таштарга көчүрүп жазды.
33 Ошондо бүткүл эл аксакалдары, журт
башчылары, казылар † жана бүт ысрайыл эли,
келгиндер менен жергиликтүү элдер Жараткан
Эгенин келишим сандыгынын эки тарабына – аны
көтөрүп жүргөн динкызматчы лебилердин кашына
тизилип турушту. Элдин жарымы Гаризим тоосунун
алдында, жарымы Эйбал тоосунун алдында
турушту. Эгедердин кулу Муса ысрайыл элине бата
берүү үчүн ушундай кылгыла деп буйруган эле.
34 Анан Жашыя Тооратта жазылган бата менен
каргыш сөздөрүн жар салып толук окуп берди.
35 Жашыя ысрайыл жамаатынын, ошондой эле
аялдар менен балдардын, калк арасында жашаган
келгиндердин алдында Мусанын буйруктарынан
бир да сөз калтырбастан, толук окуп берди.

### Гибондуктардын Жашыяны алдашы

9 Иордандын батыш тарабындагы тоолордо,
ойдуңдарда, Жер Ортолук деңиздин
жээктеринде, түндүктөгү тээ Ливанга чейинки
жерлерде жашаган хеттердин, аморлордун,
канаандыктардын, периздердин, хибилердин,
жебустардын бүт падышалары Жашыянын
жеңиштери тууралуу баарын угушту. 2 Алар Жашыя
баш болгон Ысрайыл менен жапатырмак согушуу
үчүн бир шериктеш болушту. 3 Бирок Гибон
шаарында жашаган хибилер Жашыя Иерихон
менен Ай шаарларын эмне кылганын угушканда,
4 мындай амал ойлоп табышты: өздөрүн
элчилердей көрсөтүп, эски куржундарын, эски,

† *казы – диний сот*

тамтыгы чыккан, жамаачыланган, шарап куюлган
чаначтарын эшектерге артып, жолго чыгышты.
5 Бутуна эски, жамаачыланган чарыктарды, үстүнө
тозгон кийимдерди кийишти. Жанына каткан,
көгөрүп кеткен нан алышты. 6 Анан Гилгал
конушундагы Жашыяга келип, ага жана ысрайыл
элине мындай деп айтышты:
– Биз алыскы жерден келдик. Биз менен келишим
түзсөңүздөр экен. 7 Ысрайылдар болсо хибилерге:
– Балким, силер кошуна элдерден болуп
жүрбөгүлө? Эгер ошондой болсо силер менен
келишим түзө албайбыз – дешти. 8 Тигилер
Жашыяга:
– Биз сиздердин кулдарыңызбыз, – деп жооп
беришти. Жашыя алардан:
– Силер кимсиңер? Кайдан келдиңер? – деп
сурады. 9 Алар Жашыяга мындай деп жооп
беришти:
– Кудай Эгеңиздин улуу атын угуп, кулдарыңыз
абдан алыскы өлкөдөн келишти. Биз Анын даңкы,
Мисирде кылган бардык иштери тууралуу уктук.
10 Иордандын чыгыш тарабындагы аморлордун эки
падышасын – Хешбон падышасы Сихон менен
Аштаротто туруп бийлик жүргүзгөн Башан
падышасы Огду эмне кылганын да уктук.
11 Ошондуктан аксакалдарыбыз менен жерибиздин
тургундары бизге: «Жолго азык камдагыла да,
алардын алдына барып: “биз сиздердин
кулдарыңызбыз, биз менен келишим түзсөңүздөр
экен” деп сурангыла» дешти. 12 Мынакей, бул
наныбыз жолго чыккан күнү ысык болчу, азыр
болсо катып, көгөрүп калды. 13 Ал эми бул
чаначтарыбыз шарап толтуруп куйган күнү жаңы
болчу, карагылачы, эми алардын тамтыгы чыгып
калды, үстүбүздөгү кийимдерибиз, бутубуздагы
чарыктарыбыз да узак сапарда жыртылып бүттү.
14 Ысрайылдар алардын жол азыктарынан жеп
көрүштү, бирок Жараткан Эгенин оюн сурашкан
жок. 15 Анан Жашыя гибондуктар менен тынчтык
келишимин түзүп, алардын өмүрүнө кепилдик
берди, журт башчылары болсо убаданы ант менен
бекемдешти.

### Гибондуктардын Ысрайылга кул болушу

16 Келишим түзгөндөн үч күндөн кийин
ысрайылдар алардын жакын эле жерде жашаган
кошуна элден экенин угушту. 17 Ошентип, ысрайыл
уулдары жолго чыгып, үчүнчү күнү гибондуктардын
Гибон, Кепира, Бэйрот жана Кирият-Жеярим деген
калааларына жетип келишти. 18 Бирок ысрайыл
уулдары аларга кол салган жок, анткени жамаат
башчылары Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгенин
ысымы менен ант берип коюшкан эле. Бүт эл өз
башчыларына наразы болду. 19 Ошондо журт
башчылары бүт жамаатка:
– Биз ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгенин
ысымын оозанып аларга ант берип койгонбуз,
ошондуктан аларга эми кол тийгизе албайбыз, –
деп айтышты. 20 – Эми мындай кылалы: биз аларга
ант берип койгондуктан, антты бузуп, Кудайдын
каарына калбаш үчүн, аларды тирүү калтыралы.
21 Эл башчылары сөзүн улап:
– Алар жашай беришсин, бирок бүт жамаат үчүн
отун жарып, суу ташый турган болушсун, – дешти.
Ошентип, эл башчылар айткандай болду.
22 Жашыя гибондуктарды чакырып алып:
– Жакын эле жерде жашап туруп, эмне үчүн абдан
алыскы өлкөдө жашайбыз деп бизди алдадыңар?! –
деп сурады. 23 – Эми силер каргышка калдыңар!
Мындан ары биздин кулубуз болуп, Кудайыбыздын
үйүнө отун жарып, суу ташыйсыңар! 24 Алар
Жашыяга мындай деп жооп беришти:
– Сиздин Кудайыңыз Жараткан Эге Өз кулу Мусага
ушул жерлерди бүт ысрайылдарга берип, элин
болсо жер бетинен толук кырып салууну
буйруганын уктук. Ошондуктан өз жаныбызды
ойлоп, сиздерден корккондуктан ушундай ишке
бардык. 25 Эми биз сиздин колуңуздабыз, кандай
кылган жакшы, туура болот деп эсептесеңиз,
ошондой кылыңыз.
26 Ошентип, Жашыя ысрайылдардын
гибондуктарды өлтүрүп салышына жол берген жок.
27 Ошол күнү Жашыя аларды өз элине, Жараткан
Эге тандап алган жерге курула турган курманжайга
отун жаргыч, суу ташыгыч кылып койду. Алар
бүгүнкү күнгө чейин ошол ишти аткарып келе
жатышат.

### Түштүктөгү падышалардын жеңилиши

10 Иерусалим падышасы Адони-Седек «Жашыя
Ай шаарын басып алып, аны садага чаап
салыптыр. Иерихон шаарын, анын падышасына
эмне кылса, Ай шаарын да, анын падышасына да
ошондой кылыптыр. Гибондо жашаган эл болсо
Ысрайыл менен тынчтык келишимин түзүп,
алардын арасында жашап калыптыр» 2 деген
каңшаар кепти укканда, жаны оозуна кептелди.
Анткени Гибон шаары падышалыктагы чоң
калаалардын бири болуп, Ай шаарынан чоң эле.
Эркектери болсо эр жүрөк болчу. 3 Ошондуктан
Иерусалим падышасы Адони-Седек Хеброн
шаарынын падышасы Огамга, Жармут шаарынын
падышасы Пирамга, Лакиш шаарынын падышасы
Жапийге, Эглон шаарынын падышасы Дебирге
мындай деп айттырды: 4 «Келип, Жашыя баштаган
ысрайыл эли менен тынчтык келишимин түзгөн
Гибонго кол салганга мага жардам бергиле».
5 Ошентип, аморлордун беш падышасы:
Иерусалим, Хеброн, Жармут, Лакиш, Эглон
падышалары өз кошуундарын чогултуп, Гибон
менен салгылашуу үчүн шаардын каршысына ордо
куруштту да, ага кол салышты.

### Жашыянын гибондуктарды душмандардан коргошу

6 Ошондо Гибон эли Гилгал конушундагы
Жашыяга киши жиберип: «Өз кулдарыңыздан
колуңузду үзбөңүз, тез келип, бизди куткарыңыз,
жардам бериңиз! Тоолордо жашаган аморлордун
бардык падышалары бизге каршы кошуундарын
чогултуп келди» деп айттырды. 7 Жашыя согушка
жарактуу эр жүрөк бүт жигиттери менен Гилгалдан
чыгып жөнөдү. 8 Жараткан Эге Жашыяга мындай
деди:
– Алардан коркпогун! Мен аларды сенин колуңа
салып бердим. Алардын эч бири сага каршы тура
албайт. 9 Гилгалдан чыгып, түнү менен жол жүргөн
Жашыя душманга күтүүсүздөн кол салды.
10 Жараткан Эге аморлорду Ысрайылдын көз
алдында дүрбөлөңгө түшүрдү. Анан аларга сокку
уруп, Гибондо кыргын салышты. Ысрайылдар
аларды Бейт-Хоронго карай өйдө кеткен жол менен
Азекага жана Македага жеткенче кубалап, кырып
барышты. 11 Алар Ысрайылдан качып, Бейт-
Хорондон төмөн карай баратканда, Азекага
жеткенге чейин Жараткан Эге асмандан аларга
чоң-чоң мөндүрлөрдү жаадырды. Ошол күнү
Ысрайылдын кылычынан жан таслим болгондорго
караганда, таштай мөндүрдөн кырылгандар көп
болду. 12 Жараткан Эге аморлорду ысрайыл
уулдарынын колуна салып берген күнү Жашыя
Ысрайылдын көз алдында Жараткан Эгеге
кайрылып:
– Төбөсүндө Гибондун,
Токтой турсун күн азыр,
Аялондун үстүндө,
Аялдай турсун ай дагы, – деди.
13 Ошол замат күн менен ай токтоп калып, эл өз
жоосунан өч алып бүткөнчө, ордунан жылган жок.
Бул окуя Жашардын † китебинде: «Күн батууга
шашылбай, күнү бою так төбөдө токтоп турду» деп
жазылып турат. 14 Жараткан Эгенин Өз пендесинин
үнүн ушунчалык уккан күн буга чейин да, андан
кийин да болгон эмес: Жараткан Эге Ысрайыл үчүн
Өзү салгылашты. 15 Ошондон кийин Жашыя бүт
Ысрайыл менен Гилгалдагы конушка кайтып келди.
16 Беш падыша болсо качып барып, Македадагы
үңкүргө жашырынып калды. 17 Жашыяга: «Беш
падыша табылды, алар Македадагы үңкүрдө
жашырынып жатышат» деген кабар келгенде,
18 Жашыя:
– Чоң таштарды тоголотуп келип, үңкүрдүн оозун
бүтөп салгыла да, сакчыларга кайтартып койгула.
19 Калгандарыңар болсо токтобостон душмандын
артынан кубалап, бирөөнө да өз шаарларына кире
качууга жол бербегиле. Кудайыбыз Жараткан Эге
аларды силердин колуңарга берди, – деп айтты.
20 Жашыя менен ысрайыл эли жоону бүтүндөй
кырып салды. Аман калган бир азы гана чептүү
шаарларга кире качышты. 21 Бүт элдик кошуун
Македада жайгашкан конуштагы Жашыяга аман-
эсен кайтып келди. Ошондон кийин эч ким
ысрайыл элине тил кайрып сүйлөй албай калды.
22 Жашыя:
– Үңкүрдүн оозун ачып, жанагы беш падышаны
алып чыгып, бул жакка алып келгиле! – деп буйрук
берди. 23 Ошентип, тиги беш падышаны:
Иерусалим, Хеброн, Жармут, Лакиш жана Эглон
шаарларынын падышаларын үңкүрдөн чыгарып,
алып келишти. 24 Падышаларды Жашыяга алып
келишкенде, ал бүт ысрайыл элин чакырып алып,
өзү менен чогуу салгылашкан колбашчыларга:
– Бери жакын келип, бутуңар менен мына бул
падышалардын желкесинен басып тургула, – деп
буйруду. Аскер башчылар келип, буттары менен
алардын желкесинен басып турушту. 25 Жашыя
аларга мындай деди:
– Көрдүңөрбү! Эч нерседен коркпогула, кайраттуу
болгула! Тайманбас, бекем болгула! Жараткан
Эгеңер силерге согуш ачкан ар бир жоону дал
ушундай кылат. 26 Ошондон кийин Жашыя
падышаларды өлтүрүп, алардын жасаттарын беш
жыгачка астырып салды. Алар кечке чейин
жыгачта асылып турду. 27 Күн батып бараткан
убакта, Жашыянын буйругу боюнча падышалардын
жасаттарын жыгачтан алышып, өздөрү
жашырынган үңкүрдүн ичине таштап, үңкүрдүн
оозун чоң таштар менен бүтөп салышты. Ал
таштар бүгүнкү күнгө чейин турат.

### Жашыянын чыгыштагы шаарларды талкалашы

28 Ошол күнү Жашыя Македа шаарын басып алды.
Анын бүт эли менен падышасын кылыч мизине
алып, садага чаап салды, тирүү жан калтырган жок.
Иерихондун падышасына эмне кылса, Македа
шаарынын падышасына да так ошондой кылды.
29 Андан кийин Жашыя бүт Ысрайыл менен чогуу
Македа шаарынан Либна шаарын карай жортуулун
улантып, Либнага кол салды. 30 Жараткан Эге бул
шаарды да падышасы менен Ысрайылдын колуна
салып берди. Алар шаардын элин түгөл кылыч
мизине алып, бир да тирүү жан калтырган жок.
Иерихон падышасына эмне кылса, Либна
шаарынын падышасына да так ошондой кылышты.
31 Андан соң Жашыя бүт Ысрайыл менен чогуу
Либна калаасынан Лакиш калаасына карай жүрүш
кылды. Шаардын оропарасына ордо орнотуп, ага
согуш ачты. 32 Жараткан Эге Лакиш шаарын да
Ысрайылдын колуна салып берди. Алар калааны
экинчи күнү басып алып, Либна шаарынын элин
кыргандай, бир да жанды калтырбай кылычтап
кырып салды. 33 Ошол убакта Гезердин падышасы
Хорам Лакиш шаарына жардамга келди. Бирок
Жашыя анын кошуунун да толук кырып салды,
бирөө да аман калган жок.
34 Анан Жашыя бүт Ысрайыл менен чогуу Лакиш
шаарынан Эглон шаарына жөнөдү. Шаардын
маңдайына ордосун жайгаштырып, ага чабуул

† *Жашар - мааниси «чынчыл», «адил»*

койду. 35 Алар аны ошол эле күнү басып алышты.
Лакиш шаарын кандай кылышса, Эглон шаарын да
ошондой кылып, ал күнү шаардагы тирүү жанды
түгөл садага чаап салышты.
36 Андан кийин Жашыя менен бүт ысрайыл
аскерлери чогуу Эглон калаасынан чыгып,
Хебронго келип, ага согуш ачты. 37 Ага кол салып,
анын падышасын да, шаардын элин да бүт кылыч
мизине алып кырып салды. Бир да жан аман калган
жок. Эглон шаарын кандай кылса, Хеброн шаарын
да ошондой кылып, тирүү жандын баарын садага
чабышты.
38 Андан соң Жашыя баштаган бүткүл Ысрайыл
Дебир тарапка бурулуп, ага кол салды. 39 Аны да
басып алып, падышасын өлтүрүп, ага караштуу
бардык шаарлардагы тирүү жанды калтырбай
түгөл кылыч мизине алып, садага чаап салды, эч
ким аман калган жок. Хеброн, Либна шаарлары
менен алардын падышаларын кандай кылса,
Дебир калаасынын жашоочулары менен анын
падышасын да ошондой кылды.
40 Ошентип, Жашыя тоо кырларын, түштүктөгү
чөлдү, ойдуңдарды, тоо боорлорун басып алып,
андагы падышаларды өлтүрдү. Ысрайылдын
Кудайы Жараткан Эге буйругандай кылып, бир да
жанды тирүү калтырбай бүтүндөй садага чапты.
41 Жашыя Кадеш-Барнейиден Газага чейинки
бардык жерлерди, Гошендин бүт жерин, Гибонго
чейинки бүт аймакты басып алды. 42 Ысрайыл эли
үчүн Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эге Өзү
согушкандыктан, бул падышалардын баарын,
алардын жерлерин Жашыя бир казатта басып
алды. 43 Ошондон кийин Жашыя баштаган бүт
Ысрайыл Гилгалдагы конушуна кайтып келди.

### Түндүк падышалардын аскердик биримдик түзүшү

11 Бул окуялар жөнүндө Хатсор падышасы
Жабин укканда, төмөндөгү падышаларга:
Мадон падышасы Жобапка, Шимрон падышасы
менен Акшап падышасына, 2 түндүктөгү тоолуу
аймактын падышаларына, Кинерет көлүнүн
түштүгүндөгү Иордан өрөөнүнүн падышаларына,
ойдуңдардагы жана күн батыштагы Дор
тоолорундагы падышаларга, 3 күн чыгыш менен
батыштагы канаандыктарга, тоо койнунда жашаган
аморлорго, хеттерге, периздерге, жебустарга жана
Эрмон тоосунун этегиндеги Миспа жеринде
жашаган хибилерге шашылыш түрдө
чабармандарын жиберди. 4 Бул падышалар түмөн
кошууну: жоокерлери, сарбаздары, согуш
арабалары менен келишти, алар деңиз жээгиндеги
кумдай сан жеткис эле. Алардын атчандары да,
согуш арабалары да көп эле. 5 Ошол
падышалардын баары чогулуп келип, Ысрайыл
менен согушуу үчүн, Мейром суусунун жээгине
чогуу ордолорун курушту.

### Түндүк падышаларынын жеңилиши

6 Ошондо Жараткан Эге Жашыяга:
– Алардан коркпогун, Мен алардын баарын
Ысрайылдын колуна салып беремин. Эртең ушул
убакка чейин алардын бирөөсү да калбай кырылат.
Сен алардын аттарынын тарамыштарын кесип,
майдан арабаларын өрттөп сал, – деди.
7 Жашыя согушка жарактуу бүт эли менен Мейром
суусунун жээгине келип, душманга капыстан кол
салды. 8 Жараткан Эге аларды Ысрайылдын колуна
салып берди. Ысрайыл жоону талкалап, улуу
Сидонго чейин, Мисрепот-Майимге дейре, күн
чыгыштагы Миспе өрөөнүнө жеткире кубалап
барды. Аларга катуу сокку уруп, бир да кишини
тирүү калтырган жок. 9 Жараткан Эге буйругандай
кылып, Жашыя алардын аттарынын
тарамыштарын кесип, майдан арабаларын өрттөп
салды.
10 Андан кийин Жашыя артка бурулуп, ошол
падышалыктардын башында турган Хатсор
шаарын басып алып, анын падышасын кылыч
менен өлтүрдү. Хатсор ал убакта бардык
падышалыктардын башында турган. 11 Элин түгөл
кылыч мизине алып, баарын садага чапты, бир да
жан аман калган жок. Хатсорду болсо өрттөп
жиберди. 12 Жараткан Эгенин кулу Муса
буйругандай кылып, Жашыя ошол падышалык
шаарлардын баарын басып алып, падышаларын
кармап, кылыч мизине алып, садага чаап салды.
13 Ысрайылдар адырлардагы шаарлардан бирөөнү
да өрттөшкөн жок. Жашыя Хатсор шаарын гана
өрттөп салды. 14 Ошол шаарлардын мал-мүлкүнүн
барын ысрайыл эли олжолоп алды. Элин толук
кылычтан өткөрдү, бир да тирүү жан калтырган
жок. 15 Жараткан Эге Өз кулу Мусага кандай
буйруган болсо, Муса да Жашыяга ошондой
буйруган эле. Жашыя Жараткан Эгенин Мусага
айткан сөздөрүнөн четтебей, толук аткарды.

### Ысрайылдар басып алган жерлер

16 Ошентип, Жашыя бүт жерлерди: тоолуу
жерлерди, түштүктүктөгү бардык жерлерди, Гошен
жерин толугу менен, Иордан өрөөнүн,
Ысрайылдын тоо кырлары менен ойдуңдарын
басып алды. 17 Сеир тооloruна чейин бийиктеп
барган Халак тоолорунан баштап, Эрмон тоосунун
этегине чейин созулган Ливан өрөөнүндөгү Баал-
Гат шаарына чейин бардык жерлерди басып алды.
Падышаларын колго түшүрүп, аларды өлтүрдү.
18 Жашыя ошол падышалар менен узак убакыт
согушкан эле. 19 Хибилер жашаган Гибон шаарынан
башка бир да калаа ысрайыл эли менен тынчтык
келишимин түзгөн жок. Ысрайылдар башка
шаарлардын баарын согуш менен басып алды.
20 Анткени Жараткан Эге алардын жүрөгүн
катуулантып койгондуктан, алар ысрайыл эли

менен согушууга чыгышты. Жараткан Эге Мусага
буйругандай, ысрайыл аскерлери аларды садага
чаап, аёосуз толук кырып салышы үчүн ушундай
кылган эле. 21 Ошол күндөрү Жашыя тоолуу
аймактагы Хеброн, Дебир, Анап шаарларында,
Жөөт жана Ысрайыл тоолорунун арасында
жашаган анактарды кырып, шаарларын түгөл
садага чапты. 22 Ысрайыл элинин жеринде Анактын
урпактары калган жок. Алар Газа, Гат, анан дагы
Ашдод шаарларында гана калды. 23 Ошентип,
Жараткан Эге Мусага айткандай, Жашыя ал
жерлердин баарын басып алып, ысрайыл элинин
бардык урууларына энчи кылып бөлүштүрүп берди.
Ошондон кийин согуш бүтүп, жер үстүндө тынчтык
орноду.

### Иордандын чыгышындагы падышалардын жеңилиши

12 Мусанын убагында ысрайыл эли Иордандын
чыгышындагы жерлерди: түштүктөгү Арнон
өрөөнүнөн түндүктөгү Эрмон тоосуна чейинки
жана Иордан өрөөнүнүн чыгышындагы бүт
жерлерди басып алган. Бул аймакта эки падыша
бийлик кылчу. 2 Алардын бири Кешпондо жашаган
аморлордун падышасы Сихон эле. Ал Арнон
өрөөнүнүн четиндеги Ароер шаарынан тартып,
ошол капчыгайдын ортосунан башталып, аммон
элинин чек арасы болгон Жабок дарыясына чейин
созулуп жаткан Гилат жеринин жарымын
башкарган. 3 Ошондой эле Кинерет деңизинин
чыгыш тарабындагы Иордан өрөөнүнөн баштап,
түштүктөгү Өлүк деңизинин чыгыш тарабындагы
Бейт-Ашимот шаарына чейин, андан ары Физга
тоолорунун боорлоруна чейин бийлик кылган.
4 Падышалардын дагы бири, репалардын акыркы
тукуму болгон Башан падышасы Ог эле. Ал Аштарот
менен Эдрейден бийлик жүргүзгөн. 5 Ог Эрмон
тоосунан Салха шаарына чейин, гешурлар менен
маахалардын жерлеринин чегине чейинки бүткүл
Башан аймагын, Кешпон падышасы Сихондун
жерлеринин чек арасына чейинки Гилат жеринин
жарымын башкарчу. 6 Жараткан Эгенин кулу Муса
жетектеген ысрайыл эли аларды кырып салышкан.
Жараткан Эгенин кулу Муса ал жерлерди рубейин,
гат урууларына жана манаш уруусунун жарымына
энчиге берген.

### Иордандын батышындагы падышалардын жеңилиши

7 Жашыя менен ысрайыл эли Иордандын батыш
жээгиндеги Ливан өрөөнүндө жайгашкан Баал-Гат
шаарынан тартып, аягы Сеир тооруна чейин
өйдөлөп барган Халак тоолоруна чейинки
жерлерде жашаган падышаларды жеңип алды.
Алардын жерлерин Жашыя ысрайылдын
урууларына үлүш кылып бөлүштүрүп берди.
8 Ал жерлер: түштүктөгү хеттер, аморлор,
канаандыктар, периздер, хибилер менен жебустар
жашаган тоолор, ойдуңдар, Иордан өрөөнү, тоо
боорлору, чөл жана Негев. Ысрайылдар жеңген
падышалар мына булар: 9 Иерихондун падышасы,
Бейтел шаарынын жанындагы Ай шаарынын
падышасы, 10 Иерусалим падышасы, Хеброн
падышасы, 11 Жармут падышасы, Лакиш падышасы,
12 Эглон падышасы, Гезер падышасы, 13 Дебир
падышасы, Гедер падышасы, 14 Хорма падышасы,
Арат падышасы, 15 Либна падышасы, Адулам
падышасы, 16 Македа падышасы, Бейтел падышасы,
17 Тапуах падышасы, Хейпер падышасы, 18 Апек
падышасы, Лашарон падышасы, 19 Мадон
падышасы, Хатсор, 20 Шимрон-Мерон падышасы,
Акшап падышасы, 21 Таанах падышасы, Мегидо
падышасы, 22 Кедеш падышасы, Кармел тоосунун
жанындагы Жокнаам падышасы, 23 Нафат-Дордогу
Дор падышасы, Гилгалдагы Гоим падышасы,
24 Тирса падышасы. Бардыгы болуп отуз бир
падыша.

### Басып алына элек жерлер

13 Жашыянын жашы өтүп, абдан картайып
калган кезде, Жараткан Эге ага мындай деди:
– Сенин жашың өйдөлөп, карылыкка моюн
сундуң. Бирок басып алчу жерлер али да болсо көп.
2 Ал жерлер мына булар: пелиштилер менен
гешурлардын бүт жерлери, 3 Мисирдин чыгыш чек
арасындагы Шихор дарыясынан тартып, түндүктөгү
Экрондун чектерине чейинки аймактар. Бул
жерлер канаандыктарга таандык. Ал жерлерде
пелиштилердин беш падышасы Газа, Ашдод,
Ашкелон, Гат, Экрон шаарларында бийлик
кылышат. Түштүктөгү ав элинин жерлери да басып
алына элек. 4 Түндүктө болсо сидондуктардын
Мейра жеринен баштап, аморлордун чеги болгон
Апек шаарына чейинки канаандыктардын бардык
жерлери. 5 Ошондой эле Гебал жери, Эрмон
тоосунун этегиндеги Баал-Гат шаарынан тартып
Хаматка кире бериш жерге чейинки бүткүл чыгыш
Ливан жерлери. 6 Ошондой эле Ливандан тартып
Мисрепот-Майимге чейинки тоолорду мекендеген
бардык сидондуктар. Мен бул элдердин баарын
ысрайыл элинин алдында кууп чыгарамын. Сен
болсо, Мен сага буйругандай кылып, ошол
жерлерди ысрайыл элине үлүш кылып бөлүп бер.
7 Азыр болсо, ал жерлерди тогуз урууга, анан дагы
манаш уруусунун жарымына үлүшкө бөлүп бер.

### Иордандын күн чыгышындагы бөлүнгөн жерлер

8 Ал эми рубейиндер менен гаттар жана манаш
уруусунун жарымы Жараткан Эгенин кулу Муса
аркылуу Иордандын чыгыш тарабынан үлүшкө жер
алган. 9 Ал жерлерге Арнон өрөөнүнүн четиндеги
Ароер шаарынан, өрөөндүн ортосунда жайгашкан
калаадан, ошондой эле Мейдеба шаарынан

баштап, Дибон шаарына чейинки бүт түздүктөр
кирет. 10 Анан дагы Кешпондо бийлик кылган
аморлордун падышасы Сихондун аммондордун чек
арасына чейинки бардык шаарлары, 11 Гилат жери,
гешур жана мааха элдери жашаган жерлер, бүт
Эрмон тоолору, Салха шаарына чейинки Башан
аймагы, 12 ошондой эле Аштарот менен Эдрейде
Башан жерине бийлик кылган жана репалардын
акыркы урпагы болгон Огдун падышалыгынын бүт
жерлери. Муса аларды талкалап, ал жерден
кубалап чыккан болчу. 13 Бирок ысрайыл эли гешур
жана мааха элдерин кубалап салган жок.
Ошондуктан алар Ысрайылдын арасында ушул
күнгө чейин жашап келе жатышат.
14 Бир гана леби уруусуна үлүш берилген жок.
Жараткан Эге айткандай, алар Ысрайылдын Кудайы
Жараткан Эгеге арналып өрттөлүүчү
курмандыктарына үлүштөш болушат.

### Рубейин уруусунун энчисине тийген жерлер

15 Рубейин уруусунун уулдарына уруктары боюнча
Муса бул жерлерди берген: 16 Алардын чектери
Арнон өрөөнүнүн четиндеги Ароер шаары жана
капчыгайдын ортосунда жайгашкан калаадан
баштап, Мейдеба шаарына чейинки бүт түздүктөр,
17 Кешпон жана анын түздүгүндөгү бардык
шаарлар: Дибон, Бамот-Баал, Бейт-Баал-Мейон,
18 Жаас, Кедемот жана Мейпаат, 19 Кирийтайым,
Сыбма, анан дагы өрөөндөгү дөңдө жайгашкан
Серет-Шахар, 20 Бейт-Пейор, Физга тоо боорлору
жана Бейт-Ашимот, 21 анан дагы түздүктөгү бардык
шаарлар, Кешпондо бийлик кылган аморлордун
падышасы Сихондун бүт падышалыгы. Аны жана
ошол жерлерде жашаган Сихондун төрөлөрүн –
мидиандардын эл башчылары Эбини, Рекемди,
Сурду, Хурду, Ребаны Муса талкалаган. 22 Ысрайыл
уулдарынын кылычынан өлгөндөрдүн арасында
Бабурдун уулу көзү ачык Балаам да бар эле.
23 Рубейин уулдарынын батыш тараптагы чеги
Иордан дарыясынан бүтөт. Ушул жердеги шаарлар
менен айылдар Рубейин уруктарынын үлүшү болуп
калды.

### Гат уруусунун энчисине тийген жерлер

24 Муса гат уруусуна да уруктары боюнча жер
берген. 25 Алардын чегине Жазер шаары, ошондой
эле Гилаттын бардык шаарлары, Рабба шаарынын
жанындагы Ароер шаарына чейинки аммон
элинин жеринин жарымы кирди. 26 Ошондой эле
түштүктөгү Кешпон шаарынан тартып, түндүктөгү
Рамат-Миспе шаары менен Бетоним шаарына
чейин, Маханаим калаасынан Дебирдин чегине
чейинки жерлер берилген. 27 Гат уруусунун жерине
дагы өрөөндөгү Бейт-Арам, Бейт-Нимра, Сукот,
анан дагы Сапон шаарлары, Кешпон падышасы
Сихондун калган падышалыгы кирген. Алардын
батыш чек арасы Иордандан тартып, түндүктөгү
Кинерет көлүнө чейин созулуп жатат. 28 Бул
шаарлар менен айылдар Гат урпактарынын
уруктары боюнча энчисине тийген.

### Манаш уруусунун жарымынын энчиси

29 Муса манаш уруусунун жарымына уруктары
боюнча мына бул жерлерди үлүшкө берген болчу:
30 Алардын чеги Маханаимга чейин созулуп, ага бүт
Башан жери, ошондой эле ал жердин падышасы,
Огдун бүт падышалыгы, Жайыр басып алган
Башандагы шаарлар толугу менен, бардыгы болуп
алтымыш шаар кирген. 31 Гилаттын жарымы,
Башандын падышасы Огдун падышалыгындагы
Аштарот менен Эдрей шаарлары Манаштын уулу
Махирден тараган уруктардын жарымына берилди.
32 Ошентип, Муса Иордандын чыгышында, Маап
талаасында, Иерихондун маңдайында үлүшкө
бөлүп берген жерлер ушулар. 33 Бирок леби
уруусуна Муса үлүш берген эмес. Себеби,
Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эге аларга: «Мен
Өзүм силердин энчиңер болом» деп айткан эле.

### Иордандын батыш тарабындагы жерлерди бөлүштүрүү

14 Иордандын батыш тарабындагы Канаан
жерлерин да динкызматчы Элазар менен
Нундун уулу Жашыя башында турган ысрайыл
элинин уруу башчылары ысрайыл элине энчиге
бөлүп берди. 2 Жараткан Эге Муса аркылуу буйрук
кылгандай, тогуз урууга жана бир уруунун
жарымына энчилери өкчөмө таш ташталып,
бөлүштүрүлдү. 3 Эки урууга жана бир уруунун
жарымына болсо Муса Иордандын аркы чыгыш
өйүзүнөн энчи берген болчу. Жусуптун эки уулунан
манаш жана эпрайым уруулары келип чыккан.
Лебилерге болсо алардын арасынан энчи берилген
жок. Аларга болгону жашаганга шаарларды, төрт
түлүк малы үчүн анын тегерегиндеги жайыттарды
берди. 5 Ошентип, Жараткан Эге Мусага
буйругандай кылып, ысрайыл эли жерди бөлүп
алды.

### Калептин үлүшү

6 Бир күнү жөөт уулдары Гилгал конушундагы
Жашыяга келишти. Кеназдык Жапындын уулу
Калеп Жашыяга:
– Кадеш-Барнейиде Жараткан Эгебиз Кудайдын
кишиси Мусага сен экөөбүз жөнүндө эмне деп
айтканын билесиң, – деди. 7 – Жараткан Эгенин
кулу Муса мени жер чалып келүүгө Кадеш-
Барнейиден жөнөткөндө, кырк жашта элем. Кайтып
келгенимде, көргөндөрүмдү болгонун болгондой
элге айтып бергем. 8 Бирок мени менен чалгынга
барып келген бурадарларымдын сөздөрү элдин
жүрөгүнүн үшүн алып койгон. Мен болсо Кудайым
Жараткан Эгенин жолунан бир да четтегеним жок.
9 Ошол күнү Муса: «Сен Кудайың Жараткан Эгенин

жолунан чыкпаганың үчүн, бутуң баскан жердин баары түбөлүккө сенин жана урпактарыңдын энчиси болот» деп ант берген. 10 – Мына, өзүң көрүп тургандай, Жараткан Эгем Мусага ушундай деп айтканына кырк беш жыл болду. Ал убакта Ысрайыл чөл кезип жүргөн эле. Жараткан Эгем Өзү убада кылгандай, ошондон бери жанымды сактап келе жатат. Мына, азыр сексен беш жаштамын. 11 Бирок мен бүгүн деле Муса жөнөткөн убактагыдай эле бакубатмын. Ошол убакта кандай алдуу-күчтүү болсом, азыр да согушууга, башка иштерге да каруум жетет! 12 Ошондуктан ошол күнү Жараткан Эге айткан тиги тоолуу жерди мага бер. Ал жерде Анактын урпактары жашарын, алардын шаарлары чоң, чептүү экенин ошол күнү сен да уккансың. Балким, Жараткан Эгем мени колдоп, Өзү убада кылгандай аларды кубалап чыгармын. 13 Ошондо Жашыя Жапындын уулу Калепке батасын берип, ага Хебронду энчиге берди. 14 Ошентип, Хеброн шаары ушул күнгө чейин кеназдык Жапындын уулу Калептин энчиси болуп калды. Анткени ал Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгенин жолунан четтеген жок. 15 Хеброн мурда Анактын урпактарынан чыккан Арба деген атактуу кишинин атынан Кирият-Арба деп аталчу. Ошондон кийин согуш бүтүп, ал жерге тынчтык орноду.

### Жөөт уруусунун энчиси

15 Өкчөмө таш боюнча, жөөт уруусунун бүт уруктарына Эдом жеринин чегинен тартып түштүктөгү Син чөлүнө чейинки жерлер тийди. 2 Алардын түштүк чек арасы Өлүк деңизинин түштүк булуңунан башталып, 3 түштүктөгү Акрабим адырларына чейин барат. Андан ары Син чөлүнөн өтүп, түштүктөгү Кадеш-Барнейиге жогорулап, Хесронго жетет. Ал жерден Адарга көтөрүлөт да, андан ары Карканы айланып өтөт. 4 Анан Асмон шаарынан өтүп, Мисир чек арасындагы дарыяны бойлой жүрүп отуруп, Жер Ортолук деңиз жээгине барып такалат. Бул алардын түштүк чек арасы болот.

5 Чыгыш чек арасы болсо Өлүк деңизден тартып, Иордандын куймасына чейин барат.

Ал эми түндүк чеги Өлүк деңиздин булуңунан башталат. 6 Ал жактан Бейт-Каглага көтөрүлүп, түндүк тараптагы Бейт-Арабадан өтөт да, Рубейиндин уулу Боондун аты менен аталган Боон ташына чейин жогорулап барат. 7 Анан Ахор өрөөнүндөгү Дебирге жогорулап, түндүктөгү Гилгалга карай бурулат. Гилгал капчыгайы дарыянын түштүк тарабындагы Адумим адырларынын каршысында жайгашкан. Чек ара андан ары Эйин-Шемешке чейин созулуп, Эйин-Рогелге жетет. 8 Ал жерден чек ара жебустардын кийинчерээк Иерусалим деп аталган шаары жайгашкан дөбөнүн түштүгүндөгү Иином өрөөнүн бойлоп жогорулап кетет. Анан ошол өрөөндүн батышындагы Репа капчыгайынын түндүк четиндеги тоонун үстүнө чыгат. 9 Ошол тоо чокусунан Нептоах булагына жетип, Эпрон тоолорундагы шаарларга барат. Андан имерилип, Баалах деп да аталган Кирият-Жеярим шаарына жетет. 10 Андан соң чек ара Баалах шаарынан батыш тараптагы Сеир тоолоруна бет алып, түндүктөгү Жеярим, башкача айтканда Кесалон тоолорунун батыш боорлорунан өтөт. Анан Бейт-Шемеш шаарына түшүп, Тимна калаасы аркылуу өтөт. 11 Ал жактан түндүктөгү Экрон тоолорунун батыш боорлору аркылуу өтүп барып, Шикрон шаарына кайрылат. Андан ары Баалах тоолорунан өтүп, Жапнейел шаарына жетип, чек ара Жер Ортолук деңизден бүтөт.

12 Батыш чек ара – бул Жер Ортолук деңиз.

Жөөт уруусуна уруктары боюнча бөлүнгөн жердин чек ара чектери мына ушундай.

### Калептин энчисине тийген жерлер

13 Жараткан Эге Жашыяга айткандай, Жапындын уулу Калепке жөөт уулдарынын арасынан энчиге анактардын ата-бабаларына таандык Кирият-Арба деп аталган Хеброн шаары берилди. 14 Калеп ал шаардан Анактын алп урпактарынан үчөөнү – Шешайды, Ахиманды, Талмайды кубалап чыгарды. 15 Андан ары Дебир шаарынын жашоочуларына карай жүрүшүн улантты. Дебир мурда Кирият-Сейпер деп аталчу. 16 Ошондо Калеп:

– Кирият-Сейперди ким талкалап, басып алса, ошол адамга кызым Аксаны колукту кылып беремин, – деп айтты. 17 Ал шаарды Калептин бир тууганы Кеназдын уулу Атаниел басып алды. Калеп болсо кызы Аксаны ага күйөөгө берди.

18 Тойдон кийин кыз Отниелге:

– Атамдан жер сураңызчы, – деди. Калеп эшектен түшүп жаткан кызынан:

– И кызым, бир нерсе сурайын деп жатасыңбы? – деп сурады. 19 Кызы атасына:

– Ата, сизден энчи сурайын деп жатамын, – деди. – Сиз мага Негеб чөлүнөн жер берген элеңиз. Эми ага кошуп булактарды да бериңизчи, – деди. Ошондо Калеп кызына жогорку булактарды да, төмөнкү булактарды тартуу кылды.

### Жөөт уруусунун энчисине тийген шаарлар

20 Жөөт уруусуна уруктары боюнча энчиге 21 түштүктөгү Эдом чек арасы тараптагы мына бул шаарлар тийди: Капсейел, Эйдер жана Жагур, 22 Кина, Димона жана Адада, 23 Кедеш, Хатсор жана Итнан, 24 Зуп, Телем жана Балот, 25 Хатсор-Хадат, Керийот, Хесрон деп аталган Хатсор, 26 Аймам, Шема жана Молада, 27 Хатсар-Гата, Хешмон жана Бейт-Палет, 28 Хатсар-Шуал, Бершеба жана Бизийотия, 29 Баала, Ийим жана Атсем, 30 Элтолат, Кесил жана Хорма, 31 Сыклак, Мадмана жана Сансана, 32 Лебайот, Шилхим, Айын жана Римон. Бардыгы болуп айылдары менен жыйырма тогуз

шаар. 33 Тоо этектериндеги Эштаул, Сора жана Ашна, 34 Заноах, Эйин-Ганим, Тапуах жана Эйнам, 35 Жармут, Адулам, Сохо жана Азека, 36 Шаарайым, Адытайым, Гедейра же Гедейратайым. Айылдары менен бардыгы болуп он төрт шаар. 37 Сенан, Хадаша, жана Мигдал-Гат, 38 Дилан, Миспе жана Жоктейел, 39 Лакиш, Ботыскат жана Эглон, 40 Хабон, Лахмас жана Хитлиш, 41 Гедейрот, Бейт-Дагон, Наама жана Македа. Бардыгы кошулуп айылдары менен он алты шаар. 42 Либна, Этер жана Ашан, 43 Ыптах, Ашнах жана Нетсип, 44 Кеила, Аказип жана Марейша. Бардыгы кошулуп айылдары менен тогуз шаар. 45 Экрон жана ага караштуу айылдар. 46 Экрондун батышындагы Ашдоддун жанындагы бардык айылдар; 47 Ашдод жана ага караштуу шаарлар менен айылдар, Газа жана ал жерден Мисир чек арасындагы дарыяга чейинки шаарлар менен айылдар. Булар Жер Ортолук деңиздин жээктеринде жайгашкан. 48 Тоо койнундагы Шамир, Жатир, жана Сохо, 49 Данах, Кирият-Сана, башкача айтканда Дебир, 50 Анап, Эштемо жана Аним, 51 Гошен, Холон жана Гило. Бардыгы болуп айылдары менен он бир шаар. 52 Араб, Дыма жана Эшан, 53 Жанум, Бейт-Тапуах жана Апейка, 54 Хумта, Кирият-Арба, башкача айтканда Хеброн жана Сиор. Бардыгы болуп айылдары менен тогуз шаар. 55 Маон, Кармел, Зип жана Ута, 56 Изрейел, Жоктеям жана Заноах, 57 Кайын, Гиба жана Тимна. Бардыгы болуп айылдары менен он шаар. 58 Халхул, Бейт-Сур жана Гедор, 59 Маарат, Бейт-Анот жана Элтекон. Бардыгы болуп айылдары менен алты шаар. 60 Кирият-Баал, башкача айтканда, Кирият-Жеярим жана Рабба. Айылдары менен эки шаар. 61 Чөлдөгү шаарлар: Бейт-Араба, Мидин жана Секак, 62 Нипшан, Ир-Мелах, башкача айтканда, Туз шаары жана Энгеди. Бардыгы болуп айылдары менен алты шаар. 63 Бирок Иерусалимде жашаган жебустарды Жөөт урпактары кубалап чыгара алган жок. Ошондуктан алар ушул күнгө чейин Иерусалимде жөөт элине кошуна жашап келе жатышат.

### Жусуп урпактарынын энчиси

16 Кийинки өкчөмө таш Жусуптун урпактары үчүн ташталды. Аларга тийген энчи жерлер Иерихон шаарынын каршысындагы Иордан дарыясынан, Иерихондун чыгыш тарабындагы булактардан тартып, чөл аркылуу тоолордогу Бейтел шаарына чейин жогорулап кетет. 2 Андан ары чек ара Бейтелден, башкача айтканда, Луздан Атарот шаарындагы архилердин чек арасына өтүп барат. 3 Ал жерден батышты карай жаплеттин урпактарынын жерине чейин төмөндөп олтуруп, Төмөнкү Бейт-Хорон аркылуу өтөт. Анан Гезерге жетип, андан ары Жер Ортолук деңизге барып такалат. 4 Ошентип, Жусуптан тараган манаш менен эпрайым уруулары ушул жерлерди энчиге алды.

### Эпрайым уруусуна тийген энчи жерлер

5 Эпрайым уруусуна уруктары боюнча бул жерлер тийди: анын энчисинин чектери күн чыгыштагы Аторат-Адар шаарынан башталып, жогорку Бейт-Хоронго чейин жетет, 6 андан ары чек ара Жер Ортолук деңиз тарапты карай созулат. Түндүктөгү Михметаттан чек ара чыгышка – Таанат-Шилого бурулуп, Жаноахтын чыгышына жетет. 7 Жаноахтан Аторат менен Нааратка түшүп, андан ары Иерихонго, анан Иорданга барып такалат. 8 Чек ара Тапуахтан батышка карай Кана сайына чейин жетип, Жер Ортолук деңизден бүтөт. Ушул жерлерди эпрайым уруусу уруктары боюнча энчилеп алды.

9 Манаш уруусунун жарымына берилген энчинин ичинен эпрайым уруусуна башка дагы кошумча шаарлар менен айылдар бөлүнүп берилди. 10 Бирок эпрайымдар Гезерде жашаган ханаандыктарды кубалап чыга алышкан жок. Ошондуктан канаандыктар ушул күнгө чейин эпрайымдардын арасында жашап, аларга букара болуп калышты.

### Манаш уруусунун батыштагы энчиси

17 Өкчөмө таш ташталып, Манаш уруусуна энчи берилди. Манаш Жусуптун тун уулу болгон. Манаштын тун уулу Махир баатыр болсо Гилаттын атасы болгон. Махир баатыр жоокер болгондуктан, ага †Гилат менен Башан жерлери берилди. 2 Манаштын башка уруктары – Абиезердин, Хейлектин, Асриелдин, Шекемдин, Хейпердин, Шемиттин урпактары да †† энчи алышты. Булар Жусуптун уулу Манаштын уулдарынан тараган уруктар.

3 Манаштын кыбырасы, Махирдин чөбөрөсү, Гилаттын небереси, Хейпердин уулу Салапаттын уулдары жок эле. Анын Махла, Ноя, Хогла, Милка жана Тирса деген кыздары гана бар болчу. 4 Ал кыздар динкызматчы Элазар, Нундун уулу Жашыя менен эл башчыларынын алдына келип:

– «Салапаттын кыздарына да эркек туугандары менен бирге энчи бергин» деп Жараткан Эге Мусага буйрук кылган болчу, – деп айтышты. Ошондо Жараткан Эгенин буйругуна баш ийип, Жашыя аларга да атасынын эркек бир туугандары менен чогуу энчи берди.

5 Ошентип, манаш уруусуна Иордандын чыгыш тарабындагы Гилат менен Башан жерлеринен сырткары дагы батыштан он бөлүк жер берилди. 6 Анткени Манаштын урпактарынын кыздары да эркек туугандары менен чогуу үлүшкө жер алышты. Ал эми Гилат жери болсо Манаштын калган урпактарына тийди.

7 Манаш уруусунун чек арасы ашыр уруусунун жеринен баштап Шекемдин каршысындагы

† *Иордандын чыгыш тарабынан* †† *Иордандын батыш тарабынан*

Михметатка чейин созулуп жатат. Ал жерден чек
ара түштүккө бурулуп, Тапуах суусунун
айланасында жашаган элге чейин барат. 8 Тапуах
аймагы болсо Манаштын урпактарына тийди, ал
эми манаш уруусунун чек арасындагы Тапуах
шаарын болсо Эпрайымдын урпактары алды.
9 Тапуах шаарынан баштап, түштүк чек ара Кана
сайына, андан ары Жер Ортолук деңизге чейин
созулат. Ал жердеги бир нече шаарлар манаш
уруусунун жеринде жайгашса да, эпрайым уруусуна
таандык эле. 10 Кана сайынын түштүгүндөгү жер
эпрайымга таандык, түндүгүндөгү жер манашка
таандык. Манаш уруусунун батыш чек арасы – Жер
Ортолук деңиз. Манаш уруусунун чек арасына
түндүктөн ашыр жери, чыгыштан ысахар жери
чектешет. 11 Ысахар менен ашыр урууларынын
жериндеги Бейт-Шаан, Иблейем, Дор, башкача
айтканда, тоолуу Дор, Эндор, Таанах, Мегидо жана
аларга караштуу айылдар менен жерлер манаш
уруусуна берилди. 12 Бирок Манаштын урпактары
ал шаарларды басып ала алышкан жок.
Ошондуктан канаандыктар ал жерлерде жашап
кала беришти. 13 Кийин, ысрайыл эли дагы да
күчтүү эл болуп калган кезде, канаандыктарды
букара кылып алды, бирок аларды кубалап
чыгарган жок.

### Жусуптун урпактарынын өтүнүчү

14 Жусуптун урпактары чогулуп келип, Жашыяга:
– Эмне үчүн сиз бир эле жолу өкчөмө таш таштап,
бизге бир эле үлүш жер берип койдуңуз? Жараткан
Эге бизди жалгап, уруубуздун эли абдан көбөйүп
кеткен, – деп айтышты. 15 Жашыя аларга:
– Эгерде элиңер көп болуп, эпрайымдын жери
тардык кылып жатса, периздер менен репалар
жашаган токойлорго баргыла да, аны кыйып,
тазалап, жер кылып алгыла, – деп жооп берди.
16 Ошондо Жусуптун урпактары:
– Ооба, тоолуу аймак бизге тардык кылат, бирок
төмөнкү капчыгайдагы Бейт-Шаанда, ага караштуу
жерлерде жана Изреел капчыгайында жашаган
канаандыктардын баарынын темир аскер
арабалары бар – деп айтышты. 17 Ошондо Жашыя
Жусуптун урпактары эпрайым менен манаш
урууларына мындай деди:
– Силер көп сандуу, күчтүү элсиңер, силерге бир
өкчөмө таш чындап эле аздык кылат. 18 Бул тоолор
да, токойлор да башынан аягына чейин силердики
болот. Токойлорду толук кыйып, тазалап алгыла.
Канаандыктардын арабалары темирден болсо да,
өздөрү күчтүү болсо да, баары бир аларды кубалап
чыгуу колуңардан келет.

### Калган уруулардын энчиси

18 Ысрайыл эли ал жерлерди толук басып
алгандан кийин, Шило шаарына чогулуп
келип, жыйын чатырын тикти. 2 Бирок ысрайыл
элинин ичинен өз энчисин ала элек жети уруу бар
эле. 3 Ошондуктан Жашыя ысрайыл элине:
– Ата-бабаңардын Кудайы Жараткан Эге силерге
берген жерге ээ боло албай, качанга чейин
шалаакылык кылып жүрө бересиңер? – деди. 4 – Ар
бир уруудан үчтөн кишини тандап, мага
жибергиле. Мен аларды барып, жерди кыдырып,
аны энчилерге кантип бөлүштүрүү керектигин
байкап, сүрөттөп чийип келиш үчүн жөнөтөм.
5 Түштүктөгү жөөт уруусунун жеринен жана
түндүктөгү Жусуп урпактарынын жеринен
сырткары калган бүт жерди жетиге бөлүшсүн.
6 Силер жети бөлүккө бөлгөн жердин чиймесин бул
жерге, мага алып келгиле. Мен болсо ушул жерде,
Кудайыбыз Жараткан Эгенин алдында силер үчүн
өкчөмө таш таштаймын. 7 Ал эми лебилер үчүн
силердин араңардан үлүш жер берилбейт, анткени
Жараткан Эгеге динкызматчы болуу – аларга
тийген энчи. Гат, рубейин уруулары жана манаш
уруусунун жарымы Жараткан Эгенин кулу Муса
бөлүштүргөн өз энчилерин Иордандын чыгыш
тарабынан буга чейин эле алышкан.
8 Тандалган адамдар жердин чиймесин чийип
келүү үчүн ал жерден жөнөп кетерде, Жашыя
аларга:
– Барып, ал жерди кыдырып, чиймесин чийип
келгиле, – деп дайындады. – Силер кайтып
келгенде, мен, Шилодо, Жараткан Эгенин алдында
силер үчүн өкчөмө таш таштаймын.
9 Ошентип, жер чалуучулар жолго аттанып жөнөп
кетишти. Алар жерди түрө кыдырып чыгып, аны
жети бөлүккө бөлүштү. Бүт жерди сүрөттөп чийип,
шаарларын тизмеге алышты. Анан Шило
шаарында жайгашкан конуштагы Жашыяга кайтып
келишти. 10 Ошондо Жашыя Шилодо, Жараткан
Эгенин алдында өкчөмө таш ыргытып, ысрайыл
элине уруулары боюнча жер энчилерин
бөлүштүрүп берди.

### Бенжамин уруусунун энчисине тийген жерлер

11 Биринчи өкчөмө таш бенжамин уруусуна
ташталып, алар уруктары боюнча өз энчисин алды.
Аларга жер Жөөт жана Жусуп урпактарынын
энчилеринин арасынан тийди. 12 Бенжаминдин
түндүк чек арасы Иордандан башталат. Анан
Иерихон кырынын түндүк жак капталынан өтүп
барып, батышты карай тоо таяп көтөрүлүп, анан
Бейт-Абендин жанындагы чөлгө түшүп барат. 13 Ал
жерден чек ара Лузга, башкача айтканда, Бейтел
шаарына бурулуп, Луздун чыгышындагы кырларды
жандап өтөт. Андан ары Аторат-Адар шаарына
жетип, ал жерден төмөнкү Бейт-Хорон шаарынын
түштүгүндөгү тоого чейин барат. 14 Анан чек ара
Бейт-Хорондун алдындагы тоонун батыш
тарабынан айланып, түштүккө өтөт. Андан ары
жүрүп олтуруп, жөөт уруусунун шаары болгон
Кирият-Баалдан, башкача айтканда, Кирият-
Жеяримден бүтөт. Бул – чек аранын батыш тарабы.

15 Түштүк чек ара Кирият-Жеяримдин четинен
башталып, батышты көздөй Нептоах булактарына
чейин барат. 16 Анан чек ара Репа капчыгайынын
түндүгүндөгү Ином уулдарынын өрөөнүнүн
каршысындагы тоо этектерине түшөт. Анан Ином
өрөөнүн жандап өтүп, жебустар жашаган тоонун
түштүк тарабына жетип, ал жерден Эйин-Рогел
тарапка чейин төмөндөйт. 17 Анан түндүккө
бурулуп, Эйин-Шемешке кетет. Андан ары Адумим
дөңсөөсүнүн маңдайындагы Гелилотко жетет да,
андан ары «Боондун ташы» деп аталган жерге
чейин түшүп барат. Боон Рубейиндин уулу болгон.
18 Ал жерден Иордан сайынын жанындагы
тоолордун түндүк капталдары аркылуу өтүп,
Иордан сайына түшүп барат. 19 Ал жерден чек ара
Бейт-Кагла тоо беттери аркылуу түндүккө өтүп,
Өлүк деңиздин түндүк четиндеги, Иордандын
куйган жеринен бүтөт. Бул – түштүк чек ара.
20 Чыгыш чек арасы Иордан дарыясынын өзү
болуп саналат. Бенжамин уруусуна уруктары
боюнча энчиге бөлүнгөн төрт тараптагы чек
аралары ушулар.
21 Бенжамин уруусуна уруктары боюнча бул
шаарлар берилди: Иерихон, Бейт-Кагла жана
Эймек-Кетсис, 22 Бейт-Араба, Семерайым жана
Бейтел, 23 Абым, Пара жана Опра, 24 Кепар-Аамонай,
Айопни жана Геба. Айылдары менен он эки шаар.
25 Гибон, Рама жана Бейрот, 26 Миспе, Кепира жана
Мотса, 27 Рекем, Ирпейел жана Тарала, 28 Сейла,
Хаэлеп жана Жебус, башкача айтканда, Иерусалим,
Гиба жана Кериот. Айылдары менен он төрт шаар.
Бенжамин уулдарына уруктары боюнча ушул
шаарлар энчиге тийди.

### Шымон уруусунун энчисине тийген жерлер

19 Экинчи өкчөмө таш шымон уруусуна
ташталып, алар уруктары боюнча өз энчисин
алды. Шымон уруусунун үлүшү жөөт уруусунун
энчисине берилген жерлердин ичинен тийди.
2 Анын энчисине бул шаарлар берилди: Бершеба,
башкача айтканда, Шеба жана Молада, 3 Хатсар-
Шуал, Балах жана Атсем, 4 Элтолат, Бетул жана
Хорма, 5 Сыклак, Бейт-Амаркабот жана Хатсар-Суса,
6 Бейт-Лебайот жана Шарухен. Айылдары менен он
үч шаар. 7 Айын, Римон, Этер жана Ашан.
Айылдары менен төрт шаар. 8 Аларга кошуп
түштүктөгү Баалат-Бейир, башкача айтканда,
чөлдөгү Рама шаарына чейинки бардык шаарлар
жана алардын айланасындагы айылдар шымон
уруусунун уруктарына энчиге берилди. 9 Жөөт
уруусунун энчиси өздөрү үчүн абдан чоң эле.
Ошондуктан шымон уруусундагы уруктарга үлүш
жөөт уруусунун энчисинин ичинен берилди.

### Забулун уруусунун энчисине тийген жерлер

10 Үчүнчү өкчөмө таш забулун уруусуна ташталып,
алар уруктары боюнча өз энчисин алды. Алардын
энчисине тийген чектер Сарит шаарынан
башталып, 11 батыштагы Маралага чейин
көтөрүлүп барат. Андан Дабешетке жетип, андан
ары Жокнаамдын алдындагы сайда бүтөт. 12 Чек ара
Сариттин күн чыгыш тарабынан Кислот-Табордун
чек арасына чейин барат да, андан ары Дабератка
жетип, анан Жапияга көтөрүлүп кетет. 13 Ал жерден
күн чыгыштагы Гат-Хефер менен Эт-Казинге өтөт
да, андан ары Римонго жетет. Ал жерден Нейга
бурулат. 14 Анан чек ара түндүктөгү Ханатонго
бурулуп, Иптах-Эл капчыгайына барып такалат.
15 Катат, Наалал, Шимрон, Идала жана Бейтлехем,
бардыгы болуп айылдары менен он эки шаар.
16 Ушул шаарлар менен алардын айланасындагы
кыштактар забулун уруусунун бүт уруктарынын
энчисине тийди.

### Ысахар уруусунун энчиси

17 Төртүнчү өкчөмө таш ысахар уруусуна
ташталып, алар уруктары боюнча өз энчисин алды.
18 Алардын чек арасындагы шаарлар: Изреел,
Кесулот жана Шунем, 19 Хапарайым, Шион жана
Анахарат, 20 Рабит, Кишион жана Эбез, 21 Ремет,
Эйин-Ганим, Эйин-Хада, Бейт-Патсес. 22 Алардын
чек арасы Табор тоосунан башталып, Шахажум
Бейт-Шемеш шаарларынан өтүп, анан Иордандан
бүтөт. Бардыгы кошулуп айылдары менен он алты
шаар. 23 Ушул шаарлар менен алардын
айланасындагы айылдар ысахар уруусуна уруктары
боюнча бөлүнүп берилди.

### Ашыр уруусунун энчиси

24 Бешинчи өкчөмө таш ашыр уруусуна ташталып,
алар уруктары боюнча өз энчисин алды. 25 Алардын
чек арасындагы шаарлар: Хелкат, Хали, Бетен,
Акшап, 26 Аламелек, Амад жана Мишал. Чек ара
батыш тараптагы Кармел тоо этектеринен Шихор-
Либнатка чейин жетет. 27 Ал жерден чек ара күн
чыгышты карай бурулуп, Бейт-Дагонго, анан
Забулунга жетет да, анан түндүк жактагы Иптах-Эл
капчыгайына барат. Андан ары Бейт-Эймек жана
Нейелге чейин созулуп, түндүктөгү Кабулга жетет.
28 Андан ары Эпрон, Рехоп, Хамон жана Канага
өтүп, улуу Сидонго чейин жетет. 29 Ал жерден чек
ара түштүккө бурулуп, Рама шаарына барат да,
анан чептүү Тир шаарына келет. Андан ары чек ара
Хоса шаары тарапка бурулуп, Жер Ортолук
деңизден бүтөт. Ошол жерде Махалаб жана Аказип
шаарлары бар. 30 Ошондой эле Ума, Апек жана
Рехоп шаарлары айылдары менен бардыгы болуп
жыйырма эки шаар кирди. 31 Ушул шаар-кыштактар
ашыр уруусуна уруктары боюнча энчиге берилди.

### Напталы уруусунун энчиси

32 Алтынчы өкчөмө таш напталы уруусуна түшүп,
алар уруктары боюнча өз энчисин алды. 33 Напталы
уруусунун түндүк чек арасы Хейлеп шаарынан

башталып, Саананимдеги эмен дарагына чейин
барат. Ал жерден Адамы-Некеп, Жапнейел жана
Лакум шаарларына чейин уланып, Иордан
дарыясынан бүтөт. 34 Анан чек ара батышка, Азнот-
Таборго бурулат да, андан ары Хукокко бет алат.
Ошентип, напталы жери түштүктөн забулун,
батыштан ашыр урууларь, чыгыштан Иордан
дарыясы менен чектешет.
35 Напталынын жериндеги чептүү шаарлар:
Сидим, Зер, Хамат, Ракат жана Кинерет, 36 Адама,
Рама жана Хатсор, 37 Кедеш, Эдрей жана Эйин-
Хатсор, 38 Ирон, Мигдал-Эл, Хорем, Бейт-Анат жана
Бейт-Шемеш. Бардыгы болуп айылдары менен он
тогуз шаар. 39 Ушул шаарлар менен айылдар
напталы уруусуна уруктары боюнча бөлүп берилди.

### Дан уруусунун энчиси

40 Жетинчи өкчөмө таш дан уруусуна түшүп, алар
уруктары боюнча өз энчисин алышты. 41 Алардын
энчи жериндеги шаарлар булар: Сора, Эштаул жана
Ир-Шемеш, 42 Шаалабин, Аялон жана Итла,
43 Эйлон, Тимна жана Экрон, 44 Элтекей, Гиптон
жана Баалат, 45 Жейут, Беней-Берак жана Гат-Римон,
46 Мей-Жаркон, Ракон жана Жапанын алдындагы
жерлер. Мына ушул шаарлар менен кыштактар дан
уруусунун энчисине тийди. 47 Бирок дан уруусу
өзүнө тийген энчисине ээ боло албай калды.
Ошондо алар түндүк тарапка барышты. Лаиш
шаарына чабуул коюп, элин кылыч мизине алып
кырып салышты. Дан уруусу шаарды ээлеп, өздөрү
жашап калышты. Алар Лаиш шаарын түпкү
атасынын урматына Дан шаары деп атап алышты.
48 Ушул шаарлар менен айылдар дан уруусуна
уруктары боюнча энчиге берилди.

### Нундун уулу Жашыянын үлүшү

49 Бардык жерлер бөлүнүп, чек аралар такталып
бүткөндөн кийин, ысрайыл эли Нундун уулу
Жашыяга да өз жеринен энчи бөлүп берди.
50 Жараткан Эгенин буйругу боюнча алар ага өзү
сураган Эпрайым тоосундагы Тимнат-Серах
шаарын беришти. Жашыя ал шаарды кайра куруп,
ошол жерде жашап калды. 51 Мына ушул
жерлердин баарын динкызматчы Элазар, Нундун
уулу Жашыя жана уруу башчылары Шило
шаарындагы жыйын чатырынын кире беришинде,
Жараткан Эгенин алдында өкчөмө таш таштап,
Ысрайыл урууларына энчилерге бөлүштүрүп
беришти. Ошентип, жерлерди бөлүштүрүү да
аягына чыкты.

### Башпаана шаарлар

20 Ошол күндөрү Жараткан Эге Жашыяга
мындай деп айтты: 2 – «Мен силерге Муса
аркылуу айткандай, башпаана шаарларды
тандагыла» деп ысрайыл элине айткын. 3 Эгерде
кимдир бирөө оюнда жамандыгы жок, кокустан
киши өлтүрүп алса, кун куугандардан качып барып,
ошол шаарга баш калкалай тургандай болсун. 4 Ал
адам ошол шаарлардын бирине качып барып,
шаардын дарбазасынын алдына келип, эмне
кылганын шаар аксакалдарына угуза айтып
берсин. Ошондо аксакалдар аны шаарга алып
кирип, жашай турган жай берсин. 5 Анын артынан
кун куугандар келишсе, аксакалдар ал адамды кун
куугандардын колуна салып беришпесин. Себеби
ал тиги кишини атайлап өлтүргөн эмес, аны менен
касташкан да эмес. 6 Бирөөнү кокустан өлтүрүп
алган киши жамааттын алдында иши сотто
каралганга чейин же ошол кездеги башкы
динкызматчынын көзү өткөнчө шаарда калышы
керек. Ошондон кийин гана ал адам качып чыккан
өз шаарындагы үйүнө кайтып келсе болот.
7 Ошентип, алар Иордандын батыш тарабындагы
напталы уруусуна караштуу тоолуу Галилеядагы
Кедешти, эпрайым тоолорундагы Шекем шаарын,
жөөт тоолорундагы Кирият-Арбаны, башкача
айтканда Хебронду тандашты. 8 Аларга кошуп
Иерихондун маңдайында, Иордандын чыгыш
тарабында, рубейин уруусуна тийиштүү чөлдөгү
Бетсер шаарын, гат уруусуна караштуу Гилаттагы
Рамот шаарын, манаш уруусуна караштуу Башан
аймагындагы Голан шаарын башпаана шаарлар
кылып тандашты. 9 Ысрайылдык болобу, ысрайыл
элинин арасында жашаган келгин болобу, кокустан
бирөөнү өлтүрүп алса, качып барып баш калкалоо
үчүн тандалган шаарлар мына ушулар. Ал адам сот
алдына келгенге чейин кун кубалап келгендердин
колуна берилбей, ошол шаарларда коопсуз болот.

### Леби уруусунун энчиси

21 Лебилердин уруу башчылары динкызматчы
Элазар, Нундун уулу Жашыя жана
ысрайылдын уруу башчыларынын алдына
келишти.
2 Алар ал убакта Канаандагы Шило шаарында эле.
Лебилер:
– Жараткан Эгебиз Мусага: «Лебилерге жашаганга
шаарларды, төрт түлүк малына жайыттарды
бергин» деп буйруган болчу, – деп айтышты.
3 Ошондо Жараткан Эгенин буйругу боюнча
ысрайыл эли өз үлүштөрүнөн лебилерге
шаарларды тегерек-четиндеги жайыттары менен
кошо берди.
4 Биринчи өкчөмө таш леби уруусунун Кааттын
уругунан чыккан динкызматчы Арундун
урпактарына ташталды. Аларга жөөт, шымон жана
бенжамин урууларынын жерлеринен он үч шаар
энчиге берилди.
5 Кийинки өкчөмө таш Кааттын калган уруктары
үчүн ташталды. Аларга эпрайым, дан жана
Иордандын батыш тарабындагы манаш уруусунун
жарымынын жерлеринен он шаар бөлүнүп
берилди.

6 Өкчөмө таштын түшкөнү боюнча Гершон
уругуна ысахар, ашыр, напталы жана Иордандын
чыгыш тарабындагы Башан жериндеги манаш
уруусунун жарымына тийиштүү жеринен он үч
шаар бөлүнүп берилди.
7 Мерари уругуна рубейин, гат уруулары жана
забулун урууларынын жеринен он эки калаа
берилди.
8 Жараткан Эгенин Муса аркылуу берген амирине
ылайык, ысрайыл эли өкчөмө таш таштап, ушул
шаарларды тегерек-четиндеги жайыттары менен
кошо леби уруусуна бөлүп берди.
9 Жөөт жана шымон эли төмөнкү аты аталган
шаарларды 10 леби уруусунун Каат уругундагы
Арундун тукумуна бөлүп берди. Анткени биринчи
өкчөмө таш ошолорго ташталган эле. 11 Аларга
Жөөт тоолорундагы Кирият-Арба, башкача
айтканда, Хеброн шаарынын айланасындагы
жайыттары менен кошо берилди. Арба анактардын
түпкү атасы болгон. 12 Бирок бул калаага караштуу
талаалар менен айылдар Жапындын уулу Калепке
энчиге берилди.
13 Динкызматчы Арундун урпактарына, башпаана
шаарлардын бири болгон Хеброндон сырткары,
төмөнкү шаарлар да жайыттары менен кошо
берилди: Либна, 14 Жатир, Эштемоа, 15 Холон,
Дебир, 16 Айын, Ута, Бейт-Шемеш шаарлары. Ушул
тогуз шаар жөөт жана шымон урууларынын
жерлеринен берилди. 17 Ал эми бенжамин
уруусунун жеринен Гибон, Геба, 18 Анот жана Алмон
шаарлары - бардыгы болуп төрт калаа
айланасындагы жайыттары менен кошо берилди.
19 Арундан тараган динкызматчыларга бардыгы
кошулуп он үч шаар жайыттары менен тийди.
20 Өкчөмө таштын түшкөнү боюнча Леби
уруусундагы Кааттын калган уруктарына эпрайым
уруусунун жеринен бул шаарлар тийди: 21 кокустан
киши өлтүрүп алгандар үчүн башпаана шаарлар
болуп саналган Эпрайым тоолорундагы Шекем
менен Гезер, 22 Кипсайим, Бейт-Хорон – бардыгы
болуп төрт шаар жайыттары менен берилди. 23 Дан
уруусунун жеринен Элтекей, Гиптон, 24 Аялон жана
Гат-Римон – бардыгы болуп төрт шаар жайыттары
менен берилди. 25 Иордандын батышындагы
манаш уруусунун жарымынын жеринен эки шаар:
Таанах менен Гат-Римон жайыттары менен
берилди. 26 Каат уругунун калган тукуму жайыттары
менен он шаарды алды.
27 Леби уруусундагы Гершон уругуна болсо
Иордандын чыгышындагы манаш уруусунун
жарымынын жеринен кокусунан киши өлтүрүп
алган адамдар үчүн башпаана шаарлардын бири
Башандагы Голан жана Беештера – эки шаар
жайыттары менен берилди. 28 Ысахар уруусунун
жеринен болсо Кишион жана Даберат, 29 Жармут,
Эйин-Ганим – бардыгы болуп төрт шаар берилди.
30 Ашыр уруусунун жеринен Мишал, Абдон,
31 Хелкат, Рехопт – бардыгы болуп төрт шаар
берилди. 32 Напталы уруусунун жеринен кокусунан
киши өлтүрүп алгандар үчүн башпаана шаарлар
болуп саналган Галилеядагы Кедеш жана Хамот-
Дор, Картан – бардыгы болуп үч шаар берилди.
33 Гершон уругуна болсо айланасындагы
жайыттары менен он үч шаар берилди.
34 Леби уруусунан калган Мерари уругуна Забулун
уруусунун жеринен Жокнаам, Картах, 35 Димна,
Наалал – бардыгы болуп төрт шаар айланасындагы
жайыттары менен берилди. 36 Рубейин уруусунун
жеринен Бетсер, Жаас, 37 Кедемот жана Мейпаат –
бардыгы болуп төрт калаа жайыттары менен
берилди. 38 Гат уруусунун жеринен киши өлтүрүп
алгандар үчүн башпаана шаарлардын бири
Гилаттагы Рамот жана Маханаим, 39 Кешпон, Жазер
– бардыгы болуп төрт шаар айланасындагы
жайыттары менен берилди. 40 Леби уруусунун
Мерари уругуна өкчөмө таштын түшкөнү боюнча
бардыгы болуп, он эки шаар бөлүндү.
41 Лебилерге ысрайыл элинин менчигинин
арасынан бардыгы болуп кырк сегиз шаар
айланасындагы жайыттары менен тийди. 42 Бул
шаарлардын ар биринин тегерек-четинде өзүнө
таандык жайыттары бар эле.
43 Ошентип, Жараткан Эге ысрайыл элине
алардын ата-бабаларына беремин деп ант кылган
жерлердин бардыгын энчиге берди. Алар ошол
жерлерге ээлик кылып, мекендеп жашап калышты.
44 Жараткан Эге алардын ата-бабаларына ант берип
убада кылгандай, ысрайыл элине бейпилдик
берди. Ысрайылдын душмандарынын эч кимиси
аларга каршы тура алышкан жок. Себеби Жараткан
Эге алардын колуна бардык душмандарын салып
берди. 45 Жараткан Эге ысрайыл элине берген изги
убадаларынын бирөө да аткарылбай калган жок,
баары аткарылды.

### Иордандын чыгышындагы уруулардын өз жерине кайтышы

22 Ошол күндөрдөн кийин Жашыя рубейин, гат
урууларын жана манаш уруусунун
Иордандын чыгыш тарабынан жер алган жарымын
чогултту. Аларга:
2 – Силер Жараткан Эгенин кулу Мусанын бардык
буйруктарын так аткардыңар, мен эмнени
буйрусам, ага да моюн сундуңар, – деди. 3 – Көп
убакыт өтсө да, ушул күнгө чейин
боордошторуңарды таштаган жоксуңар.
Кудайыңар Жараткан Эге силерге берген
буйруктарды толук аткардыңар. 4 Мына, Кудайыңар
Жараткан Эге Өзү убада кылгандай,
боордошторуңарга бейпилдик берди. Эми болсо
Жараткан Эгенин кулу Муса Иордандын аркы
өйүзүнөн силерге энчиге берген жериңерге, өз
конушуңарга кайтып барсаңар болот. 5 Бирок
Жараткан Эгенин кулу Муса силерге берген буйрук
менен мыйзамды ынтаа коюп аткаргыла.
Кудайыңар Жараткан Эгени сүйгүлө, Анын жолу

менен жүргүлө, буйруктарына моюн сунгула, Ага
бекем жабышып, чын жүрөктөн, жан дилден
кызмат кылгыла. [6] Анан Жашыя аларга батасын
берип, коё берди. Алар өз конуштарына кайтып
кетишти.
[7] Манаш уруусунун жарымына жер үлүшүн Муса
Иордандын чыгыш тарабындагы Башандан берген.
Экинчи жарымына болсо Жашыя Иордандын
батыш тарабынан, ысрайылдын уруулары менен
бирге жер бөлүп берди. Жашыя аларга да батасын
берип, өз конуштарына коё берип жатып, [8] аларга:
– Силер конуштарыңарга толгон байлык: абдан
көп мал, күмүш, алтын, жез, темир, аябай көп
кийим-кече менен кайтып бара жатасыңар.
Душмандан тартып алган олжоңорду
боордошторуңар менен бөлүшкүлө, – деп
дайындады. [9] Ошентип, рубейин, гат уруулары
жана манаш уруусунун жарымы ысрайыл элинин
калган ууруулар Канаан жериндеги Шилодо
калтырышты да, Жараткан Эгенин Муса аркылуу
берген буйругу боюнча ээлеп алган өз жери
Гилатка бет алышты.

### Үч уруунун курманжай курушу

[10] Рубейин, гат уруулары жана манаш уруусунун
жарымы Канаан жериндеги Иордандын батыш
жээгине келгенде, абдан чоң курманжай курушту.
[11] Ошондо «рубейин, гат уруулары жана манаш
уруусунун жарымы Канаандын Иордандын
Ысрайылга таандык батыш жээгине өзүнчө
курманжай куруп алышыптыр» деген кабар
ысрайыл жамаатына жетти. [12] Муну укканда, алар
менен согушуу үчүн бүт ысрайыл эли Шило
шаарына чогулду. [13] Бирок, алгач ысрайыл
жамааты Гилат жерине – рубейин, гат уруулары
жана манаш уруусунун жарымына динкызматчы
Элазардын уулу Пинхасты жиберди. [14] Аны менен
чогуу Ысрайылдын он уруу башчысы жөнөдү.
Алардын ар бири өз урууларынан миңден бир
тандалган өкүлү эле. [15] Алар Гилат жерине барып,
рубейин, гат уруулары жана манаш уруусунун
жарымынын элине мындай дешти:
[16] – Жараткан Эгенин бүт жамааты мындай деп
жатат: «Ысрайыл элинин Кудайына эмнеге
опаасыздык кылып жатасыңар? Эмне үчүн силер
өзүңөргө дагы бир курманжай куруп, Жараткан
Эгенин тилин албай, Ага каршы баш көтөрүп
жатасыңар? [17] – Эмне, Пейордо кылган күнөөбүз
аздык кылып жатабы? Ошол күнөөнүн кесепетинен
Жараткан Эгенин бүт жамаатынын башына апаат
түшпөдү беле?! Ошол күнөөбүздөн биз дагы эле
толук тазалана элекпиз! [18] Силер болсо бүгүн
кайрадан Жараткан Эгеден баш тартып жатасыңар.
Силер бүгүн Жараткан Эгеге каршы баш
көтөрсөңөр, эртең эле Ал бүт ысрайыл журтуна
каарын төгөт! [19] Эгерде энчиңерге тийген жерлерди
адал эмес деп эсептесеңер, анда баарыңар
Жараткан Эгенин чатыры турган Канаанга көчүп
келгиле, биз арабыздан силерге жер бөлүп
беребиз. Бирок Кудайыбыз Жараткан Эгенин
курманжайынан башка курманжай куруп,
Жараткан Эгебизге да, бизге да каршы баш
көтөрбөгүлө. [20] Зерактын урпагы Ахан Жараткан
Эгебизге кыянаттык кылып, садага чабылган
нерселерден уурдап алганда, ошонун кесепетинен
бүт ысрайыл элинин башына апаат түшпөдү беле?!
Кылган күнөөсү үчүн ал жалгыз эле өзү өлдү беле?»
[21] Ошондо рубейин, гат урууларынын жана манаш
уруусунун жарымынын эли ысрайылдардын уруу
башчыларына мындай деп жооп берди:
[22] – Жараткан Эгебиз – кудайлардын Кудайы!
Жараткан Эгебиз – кудайлардын Кудайы! Эмне үчүн
мындай кылганыбызды Ал билет, Ысрайыл да
билип алсын! Эгерде опаасыздык кылып, Жараткан
Эгебизге каршы баш көтөрүп жаткан болсок, анда
бүгүн Ал бизге ырайым кылбасын! [23] Бул
курманжайды Жараткан Эгебизден баш тартып,
анын үстүнө бүтөрттөм курмандыгын, дан
курмандыгын, тынчтык курмандыгын чалалы деп,
өзүбүз үчүн курган жокпуз. Эгерде ушундай ниетте
курманжай курган болсок, анда Жараткан Эге Өзү
бизди жазаласын! [24] Жок! Биз аны тынчыбыз
кеткенден улам, кийин силердин балдарыңар
биздин балдарыбызга: «Силер ысрайыл элинин
Кудайы – Жараткан Эгеге таандык эмессиңер,
[25] рубейин, гат уруулары менен биздин ортобузга
Жараткан Эге Иорданды чек ара кылып белгилеген.
Ошондуктан, «Жараткан Эгеге силердин эч кандай
тиешеңер жок» деп айтып, силердин
урпактарыңар, биздин урпактарыбыздын Жараткан
Эгеге ийбадат кылуусуна тоскоолдук кылышы
мүмкүн. [26] Ошондуктан биз: «Келгиле, курманжай
куралы», – дедик. «Бирок ал бүтөрттөм
курмандыгын да, башка курмандыктарды да чалуу
үчүн колдонулбайт» – деп макулдаштык. [27] Бул
курманжайды биз менен силердин, бизден
кийинки урпактарыбыздын ортосунда күбө болсун
деп курдук. Биз да силер менен бир катарда эле
Жараткан Эгенин чатырынын алдында Ага ийбадат
кылып, ошол жерде бүтөрттөм, тынчтык жана
башка курмандыктарды чалып, Кудайыбызга
ийбадат кыла алабыз. Силердин балдарыңар
биздин балдарыбызга «Силер Жараткан Эгенин эли
эмессиңер» деп айта алышпайт. [28] Эгерде биздин
же келечек урпактарыбыздын ортосунда ошондой
сөз чыга турган болсо, анда балдарыбыз:
«Жараткан Эгенин курманжайына окшош бул
курмандык жайды карагыла. Биздин ата-
бабаларыбыз муну бүтөрттөм жана башка
курмандыктарды чалуу үчүн эмес, силер менен
биздин ортобузда күбө болуш үчүн курган» деп
айтышат. [29] Кудайыбыз Жараткан Эгенин
чатырынын алдында гана Ага арнап бүтөрттөм
курмандыгын, дан курмандыгын жана башка
курмандыктарды чалууга болот. Жараткан Эге

каршы баш көтөрүүдөн, Андан жүз буруп, башка
курманжай куруудан таптакыр алыспыз.
30 Динкызматчы Пинхас, анын жанындагы уруу
башчылары – Ысрайылдын мыктылары рубейин,
гат урууларынын жана манаш уруусунун
жарымынын ушул сөздөрүн угуп, ыраазы болушту.
31 Динкызматчы Элазар уулу Пинхас Рубейин, Гат
жана Манаштын уулдарына:
– Бүгүн Жараткан Эге баарыбыз менен экенине
көзүбүз жетти. Силер Жараткан Эгебизге
опаасыздык кылбай, бүтүн ысрайыл элин Анын
каарынан сактап калдыңар – деди.
32 Динкызматчы Элазардын уулу Пинхас менен
уруу башчылары Гилат жериндеги рубейин, гат
уруусунан Канаан жерине кайтып келип, алардын
ушул жообун ысрайыл жамаатына айтып беришти.
33 Ысрайыл калкы алардын жообун укканда, ыраазы
болуп, Кудайга шүгүрчүлүк келтирди. Алар
рубейин, гат уруулары жашаган жерге барып
согушуп, аларды кыйратабыз деген сөзүн токтотту.
34 Рубейин, гат урууларынын эли: «Жараткан Эге
алардын да, биздин да Кудайыбыз экендигине
ушул курманжай күбө болсун» деп, аны Күбө деп
атап алды.

### Жашыянын элге айткан акыркы насааттары

23 Жараткан Эге ысрайыл элин айланасындагы
душмандарынан арылтып, элге тынч
күндөрдү бергенден бери көп жылдар өттү.
Жашыянын да жашы өтүп, абдан карыды. 2 Жашыя
бүт Ысрайылды, аксакалдарды, журт
башкаруучуларын, казыларын, төрөлөрүн
чакырып, аларга:
– Мен картайдым, жашым да эңкейип калды, –
деди. 3 Кудайыңар Жараткан Эге бөтөн элдердин
башына эмнелерди салганын өз көзүңөр менен
көрдүңөр. Кудайыңар Жараткан Эге силер үчүн Өзү
согушту. 4 Мен Иордандан тартып батыштагы Жер
Ортолук деңизге чейинки жок кылынган элдердин
жерлерин да, багына элек элдердин жерлерин да
өкчөмө таш таштап бардык урууларга бөлүп
бердим. 5 Кудайыңар Жараткан Эге Өзү калган
элдерди жолуңардан сүрүп чыгарат. Ал Өзү убада
кылгандай, алардын жерлерин ээлеп аласыңар.
6 Ошондуктан кайраттуу болуп, Мусанын Тоорат
китебинде жазылган мыйзамдардын бардыгын
бекем сактап, так аткаргыла, алардан оңго да,
солго да четтебегиле. 7 Араңарда калып калган
бөтөн элдер менен аралашпагыла. Алардын
кудайларынын ысымдарын оозго да албагыла,
аттарын оозанып ант бербегиле. Аларга кызмат
кылбагыла да, табынбагыла. 8 Ушул күнгө чейин
Кудайыңар Жараткан Эгеге садык болгонуңардай,
мындан кийин да Ага садык болгула. 9 Себеби,
Жараткан Эге чоң жана күчтүү элдерди көз
алдыңарда кубалап салды. Ушул күнгө чейин эч
бир эл каршы тура алган жок. 10 Бирөөңөр эле
миңди кубалайсыңар, анткени Кудайыңар
Жараткан Эге убада бергендей, силер үчүн Өзү
согушат. 11 Ошондуктан Кудайыңар Жараткан Эгени
чын дилден сүйгүлө. 12 Эгерде силер Жараткан
Эгеден жүз буруп, ушул бөтөн элдердин
калдыктары менен аралашып, кыз алышып, кыз
беришип, алар менен өз ара катышсаңар, 13 анда
билип койгула, Кудайыңар Жараткан Эге ал
элдерди араңардан кубалап чыгарбайт. Алар
силерге жайылган тор, коюлган тузак болот. Алар
жонуңарга камчы, көзүңөргө тикен болот.
Кудайыңар Жараткан Эге силерге берген ушул
берекелүү жерде кырылып каласыңар.
14 Менин болсо бардык пенделердей эле өмүр
сапарым аяктап баратат. Кудайыбыз Жараткан Эге
силерге жакшы убадаларды берген болчу. Ошол
убадалардын бирөө да аткарылбай калбаганын
силер жүрөгүңөр, жан дүйнөңөр менен сезип,
жакшы билесиңер. Алардын баары ишке ашты,
бирөө да аткарылбай калган жок. 15 Кудайыңар
Жараткан Эге силерге кылам деген
жакшылыктарын кандай аткарса, Өзү берген
берекелүү ушул жерде силерди жок кылмайынча,
силерге эскертип айткан бардык жамандыктарды
да ошондой башыңарга саларын билгиле. 16 Эгерде
Кудайыңар Жараткан Эге менен түзүлгөн
келишимди бузсаңар, башка кудайларды ээрчип,
аларга ийбадат кылып, табынып кетсеңер, анда
силерге Жараткан Эгенин каары келет. Ошондо Ал
силерге берген ушул берекелүү жерде тез эле
кырылып каласыңар.

### Шекемде келишимдин жаңыланышы

24 Анан Жашыя ысрайылдын бардык
урууларын Шекемге чогултту. Ысрайыл
аксакалдарын, эл башкаруучуларын, казыларын,
төрөлөрүн чакыртты. Жамы журт Кудайдын алдына
келди. 2 Ошондо Жашыя чогулган жалпы элге
мындай деп кайрылды:
– Ысрайылдын Кудайы – Жараткан Эге мындай
дейт: «Мурдагы замандарда силердин ата-
бабаларыңар, алардын бири, Ыбрайым менен
Нахордун атасы Терах да, Эфрат дарыясынын аркы
өйүзүндө жашашкан. Алар башка кудайларга
ийбадат кылып келишкен. 3 Бирок Мен силердин
түпкү атаңар Ыбрайымды Эфрат дарыясынын аркы
тарабынан алып чыгып, бүт Канаан жерин түрө
кыдыртып чыктым. Анын тукумун көбөйттүм. Ага
Ыскакты бердим. 4 Ыскакка Жакып жана Эйсап
аттуу уулдарды бердим. Эйсапка Мен Сеир
тоолорун энчиге бердим. Жакып болсо уулдары
менен ылдыйлап, Мисирге көчүп кетти. 5 Кийин
Мен Муса менен Арунду жиберип, Мисир элинин
башына түрдүү алааматтарды салып кыйраттым.
Ошондон кийин силерди ал жерден алып чыктым.
6 Ата-бабаларыңарды Мисирден алып чыгып, алар
Кызыл деңизге жеткенде, мисирликтер
аталарыңардын артынан согуш арабалары,
сарбаздары менен кубалап барышты. 7 Ошондо

алар жардам сурап Мага, өз Жараткан Эгесине
боздоп жалынышканда, Мен алар менен
мисирликтердин ортосуна коюу караңгылык
түшүрдүм. Мисирликтердин үстүнө деңизди
каптатып, аларды чөктүрдүм. Мисирликтерге эмне
кылганымды силер өз көзүңөр менен көрдүңөр.
Ошондон кийин силер узак убакыт чөлдө жер
кезип жүрдүңөр.
8 Анан Мен силерди Иордандын күн чыгышында
жашаган аморлордун жерине алып келдим. Алар
силерге кол салганда, душманыңарды колуңарга
салып бердим. Жооңорду көз алдыңарда кырып
салдым. Силер болсо алардын жерин ээлеп
алдыңар.
9 Анан маап элинин падышасы, Сипордун уулу
Балак да Ысрайыл менен согушууга чыкты. Ал
силерди каргатыш үчүн Бабурдун уулу Балаамды
чакыртты. 10 Бирок Мен Балаамга кулак салгым
келген жок. Тескерисинче, силерге кайра-кайра
батасын берүүгө аны мажбур кылдым. Мен
силерди Балактын колунан куткардым.
11 Силер Иордандан өтүп, Иерихон шаарына
жакындап келгениңерде, ал калаанын эли силерге
каршы согуш ачты. Аморлор, периздер,
канаандыктар, хеттер, гиргештер, хибилер,
жебустар да силер менен согушту. Бирок Мен
алардын баарын силердин колуңарга салып
бердим. 12 Силер ал элдерге жете электе эле, аларга
коркунучту каптатып, аморлордун эки падышасын
алдыңардан кубалап салдым. Силер
душманыңарды кылыч шилтеп, жаа тартып
кубалаган жоксуңар.
13 Ошентип, Мен силерге өзүңөр мээнет кылып
иштетпеген жерди, өзүңөр курбаган шаарларды
бердим. Силер ошол шаарларда жашап, өзүңөр
отургузбаган жүзүм менен зайтун дарактарынын
мөмөлөрүн жеп жатасыңар.
14 Жашыя сөзүн улантып мындай деди:
– Ошондуктан Жараткан Эгеңерден коркуп, Ага
берилип, ак ниеттен кызмат кылгыла. Эфрат
дарыясынын аркы өйүзүндө жана Мисирде ата-
бабаларыңар ийбадат кылган жалган кудайларды
таштап, Жараткан Эгеге гана кызмат кылгыла.
15 Эгерде Жараткан Эгеге кызмат кылгыңар келбесе,
анда кимге кызмат кылууну бүгүн тандагыла. Эфрат
дарыясынын аркы өйүзүндө жашаган убакта ата-
бабаларыңар ийбадат кылган кудайларыңарга
кызмат кыласыңарбы? Же силер буга чейин
аморлордуку болгон жерде жашап жаткандыктан,
эми алардын кудайларына кызмат кыласыңарбы?
Мен болсо үй-бүлөм менен Жараткан Эгеге кызмат
кыламын.
16 Ошондо калың эл:
– Кудай сактасын! Биз эч качан Жараткан Эгени
таштап, башка кудайларга кызмат кылбайбыз! –
деп жооп берди. 17 Анткени Кудайыбыз Жараткан
Эге бизди жана аталарыбызды Мисир жеринен
алып чыккан, кулчулуктан бошоткон. Ал кылган зор
керемет-жышаандарды өз көзүбүз менен көрдүк.
Сапарыбызда дайыма сактап, бөлөк элдердин
жеринен өткөнүбүздө ошол бөтөн элдерден бизди
коргоду. 18 Ушул жерде жашаган аморлорду жана
башка элдердин баарын алдыбыздан кубалап
салды. Ошондуктан биз да Жараткан Эгеге гана
ийбадат кылабыз, анткени Ал – биздин Кудайыбыз.
19 Ошондо Жашыя элге:
– Жок, силер Жараткан Эгеге кызмат кыла
албайсыңар. Анткени Ал – ыйык, кызганчаак Кудай.
Ага каршы баш көтөрүп, күнөө кылсаңар, Ал
силерди кечирбейт, – деп айтты. 20 – Эгерде
Жараткан Эгени таштап, башка кудайларга кызмат
кылсаңар, Ал ушул күнгө чейин силерге жакшылык
кылып келсе да, силердин башыңарга жамандык
салып, кырып салат.
21 Эл болсо Жашыяга:
– Жок, биз Жараткан Эгеге кызмат кылабыз, – деп
жооп берди. 22 Жашыя элге:
– Силер Жараткан Эгеге кызмат кылууну тандап
алганыңарга өзүңөр күбөсүңөр, – деди.
Эл жабыла:
– Ооба, өзүбүзгө өзүбүз күбөбүз, – деп жооп
берди. 23 – Андай болсо, араңардагы буркандарды
алып таштап, жүрөгүңөрдү ысрайыл элинин
Кудайы Жараткан Эгеге бургула, – деди Жашыя.
24 Ошондо эл Жашыяга:
– Кудайыбыз Жараткан Эгеге кызмат кылабыз.
Анын сөзүн угабыз, – деп убада берди.
25 Ошол күнү Жашыя Шекемде элдин атынан
келишим түзүп, Жараткан Эгенин эреже-
мыйзамдарын элге берди. 26 Жашыя ошол сөздөрдү
Кудайдын Тоорат китебине жазып койду. Анан бир
чоң ташты алып келип, Жараткан Эгенин ыйык
жайынын жанында өскөн эмендин түбүнө орнотту.
27 – Мына! – деди Жашыя бүт элге кайрылып. –
Ушул таш бизге күбө болот, анткени ал Жараткан
Эгенин бизге айткан сөздөрүнүн баарын укту.
Ошондуктан Кудайдан баш тартып кетсеңер, бул
таш силерге каршы күбө болот, – деп жар салды.
28 Ошондон кийин Жашыя элди өздөрү энчиге
алган жерлерине коё берди.

### Жашыя жана Элазардын көз жумушу

29 Ушул күндөрдөн кийин Жараткан Эгенин кулу,
Нундун уулу Жашыя жүз он жашка чыгып дүйнө
салды. 30 Эл Жашыяны өзүнүн энчисине тийген
Тимнат-Серах шаарында жерге берди. Тимнат-
Серах шаары Гааш тоолорунун түндүгүндөгү
Эпрайым тоолорунда жайгашкан.
31 Ысрайыл эли Жашыянын убагында, ошондой
эле Жараткан Эгенин Ысрайылга кылган бардык
иштерин көргөн, Жашыядан кийин да жашаган
аксакалдардын көзү тирүүсүндө да Жараткан Эгеге
кызмат кылды.
32 Ысрайыл калкы Мисирден алып чыккан
Жусуптун сөөгүн Шекем талаасында жерге берди.
Ал жерди ысрайылдардын бабасы Жакып

Шекемдин атасы Хамордун уулдарынан жүз тенге күмүшкө сатып алган болчу. Ал жер Жусуптун урпактарына энчиге берилди.

33 Аруундун уулу Элазар да көз жумду. Эл анын сөөгүн өзүнүн уулу Пинхастын энчисине тийген Эпрайым тоосундагы Гибага койду.

# Бийлер

### Кириш соз

### Автор тууралуу

Бул бийлер тууралуу китеп
Мазмуну
Ысрайылдагы согуш
Бийлердин заманы
Отниел
Абыт

### Жөөт уруусунун канаандыктар менен согушу

1 Жашыянын көзү өткөндөн кийин ысрайыл эли
Жараткан Эгеден:
– Канаандыктар менен согушканы бизден ким
жол баштап барат? – деп сурашты.
2 Жараткан Эге аларга:
– Жөөт уруусу баштап барсын, Мен Канаан жерин
аларга бердим, – деп жооп берди.
3 Жөөт эли болсо бир тууган шымон элине
кайрылып:
– Жүргүлө, биздин энчибизге тийген жерге чогуу
барып, канаандыктар менен согушалы. Кийин
силерге тийген жерди басып алууга биз да силер
менен чогуу барабыз, – деп айтты. Ошентип,
шымон уруусу алар менен бирге жөнөдү.
4 Жөөт уруусу согушка аттанып жөнөп кетти.
Жараткан Эге канаандыктар менен периздерди
алардын колуна салып берип, Безек шаарында
жөөттөр жоонун он миң кишисин өлтүрүштү.
5 Безекте алар падыша Адони-Безекке бет келишти.
Аны менен салгылашып, канаандыктар менен
периздерди талкалашты. 6 Адони-Безек качып
жөнөдү. Бирок жөөттөр аны кууп жетип, колго
түшүрүп, колу-бутунун баш бармактарын чаап
салышты. 7 Ошондо Адони-Безек:
– Колу-бутунун баш бармактарын мен чаап
салдырган жетимиш падыша дасторконумдан
түшкөн күкүмдөрдү терип жеп күн көрүшчү эле.
Ошол падышаларга кылган жамандыгымды Кудай
өзүмдүн башыма салды, – деп айтты. Жөөттөр аны
Иерусалимге алып келишти. Ал ошол шаарда каза
болду.
8 Анан жөөт уулдары Иерусалимге да кол салып,
шаарды басып алды. Алар шаардын элин кылыч
мизине алып, калаанын өзүн болсо өрттөп
жиберишти. 9 Андан кийин жөөттөр тоолу
жерлерде, түштүктөгү төмөнкү Негев жеринде жана
батыштагы тоо этектеринде жашаган
канаандыктарга кол салуу үчүн жөнөдү. 10 Анан
Хеброн шаарында жашаган канаандыктарга чабуул
жасап, Шешайды, Ахиманды, Талмайды өлтүрүштү.
Хеброн шаары ошол убакта Кирият-Арба деп
аталчу.
11 Андан ары жөөттөр ошол убакта Кирият-Сейпер
деп аталган Дебир калаасынын элине жортуулга
жөнөштү.

### Бир ок менен эки коёнду атып алуу

12 Ошол күндөрү Калеп:
– Кирият-Сейперди ким талкалап, басып алса, ага
кызым Аксаны күйөөгө беремин, – деп убада берди.
13 Ал шаарды Калептин иниси Кеназдын уулу
Атаниел басып алды. Калеп ага кызы Аксаны
күйөөгө берди. 14 Кыз атасынын үйүнөн кеткени
жатканда, күйөөсүнөн: «атамдан энчиге жер
сурасаңыз» деп өтүндү. Аңгыча Калеп эшегинен
түшүп жаткан кызынан:
– Ии, кызым, эмне болду? – деп сурап калды.
15 Кызы атасына:
– Сиздин батаңызды алайын деп токтоп калдым.
Сиз мага түштүктөгү чөлдөн жер берген элеңиз.
Эми ага булактарды да кошуп бериңизчи, – деди.
Ошондо Калеп кызына жогорку булактарды да,
төмөнкү булактарды да берди.

### Жөөт уруусунун канаандыктар менен согушу (уландысы)

16 Мусанын кайнатасынан тараган кейни эли жөөт
эли менен чогуу Курма шаарынан жер которуп,
Арат шаарынын түштүгүндөгү Жөөт чөлүнө барып,
ошол жердеги жергиликтүү элге кошуна болуп,
отурукташып калды.
17 Жөөт эли боордош шымон эли менен чогуу
жортуулга чыгып, Сепатта жашаган
канаандыктарды талкалап, садага чаап салды.
Ошондон улам бул шаарды эл Хорма деп атап
калган.
18 Жөөттөр Газа, Ашкелон, Экрон шаарларын да
тегерек-четиндеги жерлери менен кошо басып
алды. 19 Жараткан Эге жөөт элин колдоп, алар
тоолуу жерлерди ээлеп алышты. Бирок өрөөндө
жашаган элдерди басып ала алган жок, анткени
алардын темир аскер арабалары бар эле.
20 Калепке болсо, Муса дайындап айтып кеткендей,
Хеброн шаары берилди. Калеп ал калаадан
Анактын үч уулунан тараган элди кубалап чыгарды.

### Энчисине толук ээ боло албаган уруулар

21 Бирок бенжамин уруусу Иерусалимде жашаган
жебустарды кубалап чыгара алган жок. Жебустар
Иерусалимде ушул күнгө чейин бенжамин элине
кошуна жашайт.
22 Жусуптун урпактары да Бейтел шаарына
жортуулга жөнөштү. Жараткан Эге аларды колдоду.
23 Алар оболу Бейтелди жакшылап изилдешти. Ал
шаар мурда Луз деп аталчу. 24 Сакчылар шаардан
чыгып келе жаткан бир кишини көрүп калышып,
ага:
– Шаарга кирчү жашыруун жолду бизге көрсөтүп
берсең, сага ырайым кылабыз, – деп айтышты.
25 Ал киши шаарга кире турган жолду көрсөтүп
берди. Жусуптун урпактары шаар элин кылыч
мизине алып кырып салды. Тиги кишини болсо бүт
тууган-уруктары менен коё беришти. 26 Ал киши
хеттердин жерине көчүп барып, шаар куруп, аны
Луз деп атады. Ал шаар ушул күнгө чейин ошондой
аталат.
27 Бирок манаш уруусу Бейт-Шаан, Таанах, Дор,
Иблейем, Мегидо шаарларында жана алардын
карамагындагы айыл-кыштактарда жашаган
элдердин жерлерин тартып алган жок.
Канаандыктар ошол жерлерде жашап кала беребиз
деп, бел байлашты. 28 Ысрайылдар күч алган
убактарда канаандыктарды өзүнө букара кылып
коюшту, бирок аларды кубалап чыга алышкан жок.
29 Эпрайым эли да Гезер калаасында жашаган
канаандыктарды кубалап чыга алган жок.
Канаандыктар Гезерде алардын жанында жашап
кала беришти.
30 Ошол сыяктуу забулун уруусу да Китрон менен
Налол шаарларында жашаган канаан элин сүрүп
чыгара алган жок. Ошондуктан алар забулун элине
жанаша жашап, забулундарга букара болуп
калышты.
31 Ашыр уруусу да Ако, Сидон, Аклап, Аказип,
Хелба, Апик, Рехоп шаарларынын тургундарын
жеринен сүрүп чыгара алган жок. 32 Ошондуктан
ашыр уруусу ушул жерлерде жашаган
канаандыктарга кошуна жашап калды.
33 Напталы уруусу да Бейт-Шемеш, Бейт-Анат
калааларынын элдерин кубалап чыга албай, өзү
ушул жерде жашаган канаандыктарга жанаша
жашап калды. Бирок Бейт-Шемеш менен Бейт-
Анаттын тургундарын өзүнө букара кылып алды.
34 Амор эли болсо дан уруусун тоого сүрүп салып,
өрөөнгө түшүрбөй койду. 35 Аморлор Херес
тоосунда, Аялон, Шаалбим шаарларында жашап
кала беребиз деп бел бууштu, бирок Жусуптун
урпактары күч алган убактарда аларды багынтып,
өздөрүнө букара кылып коюшту. 36 Амор элинин
чек арасы Чаян-Белден башталып, Села шаарына
чейин жетип, андан ары жогорулап кетет.

### Бохимдеги жемелөө жана тобо кылуу

2 Кудайдын периштеси Гилгалдан Бохимге
келип, мындай деп жарыялады:
– Мен силерди Мисирден алып чыктым. Беремин
деп ата-бабаларыңарга убада кылган жерге алып
кирдим. Мен: «Силер менен түзгөн келишимимди
эч качан бузбайм. 2 Силер болсо жергиликтүү элдер
менен келишим түзбөгүлө, алардын
курманжайларын талкалагыла» деп айткам. Бирок
силер Менин амириме моюн сунган жоксуңар.
Эмне үчүн мындай кылдыңар? 3 Ошондуктан
силерге айтарым бул: эми аларды араңардан кууп
чыгарбаймын. Ал элдер силердин жонуңарды
тилген камчы, алардын кудайлары силерге
салынган тузак болот.
4 Кудайдын периштеси ушул сөздөрдү Ысрайыл
уулдарына айтканда, бүт эл жер жаңырта өкүрүк
салып ыйлап жиберди. 5 Ошондуктан ал жер
Өкүрүк деп аталып калды. Ошол жерде эл
Жараткан Эгеге курмандык чалды.

### Эски замандын бүтүшү

6 Жашыя элди коё бергенде, ар ким өз уруусунуна
энчиге тийген жерди ээлегени жөнөдү. 7 Алар
Жашыянын тушунда да, Жараткан Эгенин ысрайыл
эли үчүн кылган бардык улуу иштерин көрүп,
Жашыядан кийин дүйнө салган аксакалдардын
көзү тирүүсүндө да Жараткан Эгеге кызмат
кылышты. 8 Жараткан Эгенин кулу Нундун уулу
Жашыя жүз он жашка чыгып көз жумду. 9 Анын
сөөгүн Гааш тоосунун түндүк тарабында созулуп
жаткан Эпрайым тоолорундагы өз энчисине тийген
Тимнат-Хересте жерге беришти. 10 Ошол улуу муун
да толугу менен дүйнөдөн өтүп, ата-бабалары
жаткан жайга узады. Алардын ордуна Жараткан

Эгени тааныбаган, Анын ысрайыл эли үчүн кылган
улуу иштерин да билбеген жаңы муун келди.

### Ысрайылдардын Кудайдан четтеши

11 Ысрайыл эли Жараткан Эгенин алдында жаман
иштерди кылып, Баал кудайларга кызмат кыла
баштады. 12 Алар Ысрайыл элин Мисир жеринен
алып чыккан ата-бабаларынын Кудайынан терс
бурулуп, өздөрүнүн айланасында жашаган
элдердин кудайларын ээрчип, аларга табынып
кетишти. Бул нерсе Жараткан Эгенин каарын
келтирди. 13 Эл Жараткан Эгесин унутуп, Баал,
Астарта буркандарына кызмат кыла баштады.
14 Ошондо Жараткан Эгенин каары кайнап,
Ысрайыл элин душмандарынын колуна салып
берди. Аларды баскынчылар талап-тоноп кетип
жатышты. Жараткан Эге аларды айланасындагы
душмандарга багынтып бергендиктен, жоонун
мизин кайтарууга элдин күчү жетпей калды.
15 Жараткан Эге алдын ала эскертип, ант берип
айткандай, алар ким менен согушпасын, Жараткан
Эге ысрайылдарга каршы чыгып, башына улам
кырсык салып жатты. Ошондуктан эл оор абалда
калды.
16 Ошентсе да Жараткан Эге эл ичинен бийлерди
чыгарып турду. Ошол бийлер элди
баскынчылардан куткарып жатты. 17 Бирок эл
опаасыздык кылып, бийлерди да укпай, башка
кудайларды ээрчип, аларга табынып кетип жатты.
Байыркы бабаларындай болуп Жараткан Эгенин
амирине баш ийгендин ордуна, аталары жүргөн
жолдон тез эле чыгып кетти. 18 Жараткан Эге аларга
бийлерди берген мезгилдерде, Жараткан Өзү ошол
бийди колдоп, анын убагында элди
душмандарынан куткарып турду. Анткени душман
аларды эзип, кысымга алганда, Жараткан Эге
алардын онтогон үнүн угуп, кайра эле аяп жатты.
19 Бирок бийдин көзү өтөрү менен, алар
аталарынан да аша чаап жийиркеничтүү иштерди
жасап, башка кудайларга бурулуп, аларга кызмат
кылып, сыйынып жатышты. Кылган жаман
иштеринен баш тартпай, тоңмоюн бойдон калып
жатышты.
20 Ошондуктан Жараткан Эгенин ысрайыл элине
каары тутанып:
– Бул эл ата-бабалары менен түзгөн
келишимимди бузуп, айткандарыма кулак салбай
койду! – деди. 21 – Ошон үчүн, Мен да эми, Жашыя
каза болгондон кийин калып калган бөтөн
элдердин бирөөнү да алардын арасынан кубалап
чыгарбайм. 22 Эми ошол элдерди колдонуп,
ысрайыл эли байыркы бабалары сыяктуу Жараткан
Эгенин жолу менен жүрөр-жүрбөсүн сынаймын.
23 Ошондуктан Жараткан Эге ал элдерди дароо
кууп чыкпай калтырып, Жашыянын колуна салып
берген жок.

### Канаанда калган элдер

3 Ысрайыл элинин канаандыктар менен болгон
согуштарынын бирин да көрбөгөн жаңы
муунду сынаш үчүн, алар согушканды үйрөнүшү
үчүн, Жараткан Эге бул элдерди калтырып койду:
3 пелиштилердин беш төрөсү, канаандыктардын
бүт калдыгы, сидондуктар, Баал-Эрмон тоосунан
баштап, Хаматка кире бериш жерине чейинки
Ливан тоолорунда жашаган хиби эли. 4 Жараткан
Эге ал элдерди ысрайылдарды сыноо үчүн, Муса
аркылуу ата-бабаларына берген буйруктарын
аткарат бекен деп текшериш үчүн калтырды.
5 Ошентип, ысрайылдар канаан, хет, амор, периз,
хиби, жебус элдеринин арасында жашап калышты.
6 Анан ошол элдер менен кыз алып, кыз беришип,
алардын кудайларына кызмат кыла башташты.

### Ысрайылдын Кушан-Ришатайымдын кол алдында калышы

7 Ысрайыл эли Жараткан Эгенин көз алдында
жийиркеничтүү иштерди кыла баштады.
Өздөрүнүн Кудайы Жараткан Эгесин унутуп, Баал
менен Астарта кудайларына кызмат кылып
жатышты. 8 Ошондо ысрайылдарга Кудайдын
каары тутанып, аларды Арам-Нахарайым
падышасы Кушан-Ришатайымдын колуна салып
берди. Алар сегиз жыл Кушан-Ришатайымдын
бийлиги астында болушту.

### Атаниел бий

9 Ошондо ысрайыл эли жардам сурап Жараткан
Эгеге жалынды. Эгедер аларга азаттык берүү үчүн
куткаруучуну берди. Ал – Калептин иниси Кеназдын
уулу Атаниел эле. 10 Жараткан Эгенин Руху
Атаниелге түшүп, Ысрайылга бий болду. Ал согушка
аттанып чыкты. Эгедер Месопотамия падышасы
Кушан-Ришатайымды анын колуна салып берип,
Кушан-Ришатайымды жеңди. 11 Ошентип,
Кеназдын уулу Атаниел каза болгонго чейин
өлкөдө кырк жыл бою бейпилдик өкүм сүрдү.

### Ысрайылдардын мааптын кол алдында калышы

12 Ысрайылдар Эгедердин алдында
жийиркеничтүү иштерин кайрадан кыла баштады.
Алар жаман иштерди кылгандыгы үчүн, Жараткан
Эге маап падышасы Эглонду Ысрайылга каршы
келе алгыдай күчтүү кылды. 13 Падыша Эглон
аммондор менен амалыктардан кол курап,
Ысрайыл менен согушууга жортуулга чыкты. Ал
ысрайылдарга кол салып, Иерихон шаарын басып
алды. 14 Ошентип, ысрайылдар он сегиз жыл маап
падышасы Эглондун букарасы болушту.

### Эхут бий

[15] Ошондо ысрайыл эли жардам сурап Жараткан Эгеге жалынды. Жараткан Эге элди куткаруу үчүн бенжамин уруусунан Геранын уулу Эхутту чыгарды. Ал сологой жигит эле.

Бир күнү ысрайылдар маап падышасы Эглонго Эхут аркылуу салык берип жиберишти. [16] Эхут
өзүнө узундугу бир чыканак кош миздүү канжар жасап, кийиминин ичинен, оң капталына байлап
алды. [17] Ал салыктарды Эглон падышанын алдына алып келди. Падыша болсо казысы бир кучак киши эле.

[18] Эхут Эглонго салыктарды бергенден кийин, чогуу келген кишилери менен кайра артка жол
тартты. [19] Бирок Гилгалдагы таш буркандардын алдына жеткенде жигиттерин узатып коюп, өзү падышанын алдына кайтып келди. Ал:

– Өкүмдарым, сизге айтчу жашыруун сөзүм бар эле, – деп айтты.

– Акырын! – деди да, падыша кызматчыларынын
баарын сыртка чыгарып жиберди. [20] Үстүнкү
салкын бөлмөдө падыша жалгыз калды. Өз тактысында олтурган падышага Эхут жакындап келип:

– Өкүмдарым, сизге Кудайдын кабарын айтайын дедим эле, – деп айтканда, падыша тактысынан өйдө турду.

[21] Эхут оң капталында байланган шамшарды сол колу менен дароо суурул чыгып, падышанын
курсагына матырып алды. [22] Курч канжар анын
курсагын жарып кирип, сабына чейин матырылып, учу чычаңынан чыгып калды. Эхут шамшарын кайра сууруп алган жок, анткени курсактын майы
жарылган жерди бүтөп калган эле. [23] Эхут үстүңкү
бөлмөнүн эшиктерин ичинен бекитип, далиске
чыкты да, кетип калды. [24] Ал кетип калгандан
кийин, падышанын кызматчылары келип, үстүнкү бөлмөнүн эшигинин бек экенин көрүштү. «Падышабыз салкын бөлмөдө даарат ушатып жатса
керек» деп ойлошту. [25] Алар көпкө күтүштү, бирок
бөлмөнүн эшигин эч ким ачпагандыктан, ачкычты алып келишти да, эшикти ачып киришип, өкүмдарынын сулап өлүп жатканын көрүштү.

[26] Ушул убакыттан пайдаланып, Эхут ал таш буркандар турган жерден өтүп, Сейрага качып
кетти. [27] Эпрайым тоолоруна келери менен сурнай тартып бүт ысрайыл элин согушка чакырды. Эхут ысрайыл уулдарын баштап тоодон түшүп келди.
[28] Анан баарына кайрылып:

– Менин артымдан жүргүлө, – деп айтты. – Жараткан Эгебиз душманыбыз маaптарды колубузга салып берди.

Бүт элдик кошуун анын артынан ээрчип жөнөдү. Алар Иордан дарыясынын маап элине өтчү кечүүсүнө түшүп келип, кечүүнү ээлеп алып, бир да кишини аркы өйүзгө өткөрбөй коюшту.

[29] Ошол күнү алар маaптын он миң алп, күчтүү
жоокерин кырып салышты. Алар кайраттуу жигиттер эле, бирок бирөө да аман калган жок.
[30] Ошол күнү ысрайылдар маaптарды чөгөлөтүштү.
Ошентип, өлкөдө сексен жыл бою бейпилдик өкүм сүрдү.

### Шамгар бий

[31] Эхуттан кийин Анаттын уулу Шамгар ысрайыл элин куткарган бий болду. Бир жолу ал өгүз айдаган шиш таягы менен эле пелиштинин алты жүз кишисин өлтүргөн.

### Ысрайылдардын канаан падышасынын кол астында калышы

4 Эхут көз жумгандан кийин ысрайыл эли Жараткан Эгенин көз алдында жийиркеничтүү
иштерин кайрадан кыла баштады. [2] Ошондуктан
Жараткан Эге аларды Хатсордо бийлик кылган канаан падышасы Жабинге тизе бүктүрдү. Анын колбашчысы Сисра Харошет-Агойимде жашачу.
[3] Сисранын тогуз жүз темир аскер арабасы бар эле.
Ал ысрайылдарды жыйырма жыл аёосуз эзгенде, ысрайыл эли жардам сурап Жараткан Эгеге жалынды.

### Дебора бий

[4] Ал кезде Лапидоттун зайыбы, пайгамбар аял
Дебора Ысрайылда бий болуп турган. [5] Ал Эпрайым
тоолорундагы Рама менен Бейтел шаарларынын ортосундагы «Деборанын курмасы» деп аталган курма дарагынын саябанында олтуруп, калыстык издеп келген элди кабыл алчу.

[6] Бир күнү Дебора чабарман жөнөтүп, Напталы уруусунун жериндеги Кедеш шаарынан Абынаамдын уулу Баракты чакыртып алып:

– Ысрайыл элинин Кудайы – Эгебиз сага мындай деген буйрук берди: «Напталы менен забулун урууларынын уулдарынан он миң кишини чогултуп, Табор тоосуна алып чыккын.

[7] Мен болсо падыша Жабиндин колбашчысы
Сисраны согуш арабалары, түмөн аскерлери менен Кишон сайына алып келип, сенин колуңа салып
беремин» – деди. [8] Барак Деборага:

– Эгерде сен мени менен барсаң, мен да барам, эгерде мени менен барбасаң, мен да барбаймын, – деди.

[9] – Макул, сени менен барайын, бирок бул
согушта атакка ээ болбой каларыңды билип кой. Анткени Жараткан Эгебиз Сисраны аял кишиге багынтып берет, – деди да, Дебора камданып,
Барак менен чогуу Кедешке жөнөдү. [10] Барак
забулун менен напталы урууларын Кедешке чогултту. Он миң киши чогулуп, Баракты ээрчип жөнөдү. Дебора да алар менен кетти.

[11] Кейни элинен Хебер ысымдуу бир киши урук-туугандарынан бөлүнүп, Кедештен алыс эмес

Сананимдеги зор эмен дарагынын жанына көчүп
барган эле. Ал киши Мусанын кайнагасы Хобаптын
урпактарынан болгон.
12 Абынаамдын уулу Барак кол курап, Табор
тоосуна чыгыптыр деген кабар Сисрага жетти.
13 Сисра бардык сарбаздарын, тогуз жүз темир
майдан арабасын, бүт жоокерлерин чогултуп,
Харошет-Агойимден Кишон дарыясын көздөй
жөнөдү. 14 Ошондо Дебора Баракка:
– Кана эми, аттангын! Бүгүн Жараткан Эгебиз
Сисраны сенин колуңа салып берет. Кудай Өзү сени
жоого каршы баштап барат, – деп айтты. Ошондо
Барак он миң аскерине баш болуп, Табор тоосунан
түшүп келди. 15 Барак чабуул койгондо Эгедер
Сисраны, анын бардык аскер арабалары менен бүт
кошуунун дүрбөлөңгө салды. Сисра болсо майдан
арабасынан түшө калып, жөө качып жөнөдү.
16 Барак жоонун майдан арабалары менен
жоокерлеринин артынан Харошет-Агойимге чейин
сая кубалап барды. Сисранын бүт кошууну
кылычтан кырылып, бирөө да аман калган жок.
17 Сисра кейни элинен чыккан Хебердин аялы
Жаелдин чатырына качып барды, анткени Хатсор
падышасы Жабин менен Хебердин уругу өз-ара
ынтымакта болчу. 18 Жаел Сисраны алдынан тосуп
чыгып:
– Кадамыңыз кут болсун, төрөм, үйгө кириңиз. Эч
кооптонбоңуз, – деди. Сисра чатырга киргенде,
анын үстүнө кийиз жаап жашырып койду. 19 Сисра
аялга:
– Суу берчи, таңдайым катып кетти, – деди. Аял
сүт куюлган чаначтын оозун чечип, ага сүт ичирди
да, үстүн кайрадан чүмкөп койду. 20 Колбашчы
кайрадан аялга:
– Чатырдын оозунда тур. Эгерде бирөө-жарым
келип: «Чатырда ким бар?» деп сураса, «Эч ким
жок» деп жооп бергин, – деп дайындады. 21 Сисра
жаны жер тартып чарчагандыктан, талыкшып
уктап кетти. Ошол убакта Хебердин аялы Жаел
чатырдын казыгын, барсканды колуна алды. Шырп
алдырбай басып келди да, казыкты анын
чыкыйына туштай уруп, жерге кадап салды. Сисра
ошол жерде мүрт кетти. 22 Ушул арада Сисраны
кубалап жүргөн Барак келип калды. Жаел аны
утурлай чыгып, ага:
– Ичкери кириңиз. Мен сизге издеп жүргөн
кишиңизди көрсөтөйүн, – деди. – Барак чатырга
кирсе, чыкыйына казык кадалган Сисра өлүп
жатыптыр. 23 Жараткан Эге ошол күнү
ысрайылдарга канаан падышасы Жабинди
багынтып берди. 24 Ысрайыл эли улам күч алып,
акыры канаан падышасы Жабиндин кошуунун
толук жок кылды.

### Дебора менен Барактын ыры

5 Ошол күнү Дебора менен Абынаамдын уулу
Барак мындай деп ырдашты:
2 – Башчылар журтту ээрчитип,
Элдик кошуун жөнөдү,
Даңктагыла Эгени!
3 Падышалар уккула,
Төрөлөр кулак салгыла!
Эгедерим мактаймын,
Ысрайылдын Кудайын!
Аспап чертип ырдаймын,
4 О Жараткан Эгедер!
Сен Сейирден чыкканда –
Эдомдон бери басканда,
Кара жер таман астыңда,
Дүңгүрөдү солкулдап.
Жаан тамчылап асмандан,
Жамгыр куйду булуттан.
5 Эгедерим алдында,
Титиреп Синай тоолору,
Зилзала болду өткөндө
Ысрайылдын Кудайы.
6 Анаттын уулу эр Шамгар,
Анан да Жаел тушунда,
Кооптуу болуп түз жолдор,
Айланып өтүп калышкан.
7 Мен – Дебора,
Журт энеси аталып,
Эл башына келгенче,
Жетимсиреп ээн калган,
Айыл-кыштак ташталып.
8 Ысрайыл жаңы кудайларды,
Өзүнө тандап алганда,
Согуш оту тутанды,
Шаар дарбазасы алдында.
Кырк миң жоокер болсо да
Канчалык анын пайдасы,
Колунда эгер болбосо
Кылычы менен найзасы.
9 Эл сүрөгөн төрөлөр,
Силер менен жүрөмүн
Элден чыккан баатырлар
Силер деп согот жүрөгүм
Даңктагыла баарыңар
Дайым болгон Эгени!
10 Ак эшек минген мыктылар,
Кымбат килемдин үстүндө
Төрдө олтурган мырзалар
Жөө-жалаң жолдо бараткандар,
Ыраазы болуп Кудайга
Ырдап обон созгула!
11 Кудуктан малын сугарган
Койчулар ырын уккула
Мактап жатат Эгесин,
Элеттик элдин жеңишин.
Ошондо Жараткан Эгенин эли шаар дарбазасын
көздөй жөнөдү.
12 – Тургун өйдө, Дебора!
Тургун эми батыраак.
Тургун сен да эр Барак
Ырдагыла катуураак!
Абынаам уулу чамдагын

Туткундарды айдагын
Туруп калса азыраак!
13 Азыраак эл ошондо,
Аламан жоону талкалады.
Эгедерим күчтүүлөрдү,
Кол алдыма багынтты!
14 Амалык жерин ээлеп алган,
Эпрайым эли төмөн түштү,
Бир тууганын артынан,
Бенжамин да ээрчип келди.
Насилинен Махирдин
Чогулуп келди колбашчылар
Забулундан – элбашчылар
15 Исахардын төрөлөрү,
Дебораны ээрчишти.
Исахар эли Барак менен,
Өрөөнгө төмөн түшүштү.
Муну көрүп рубейиндер,
Жүрөксүп карап турушту.
16 Кой-эчкиңдин маараганын,
Койчулардын ышкырганын,
Тыңшап коюп олтура берип,
Рубейин неге нымтырадың?
17 Гилат Иордан артында,
Жата берди бейкапар.
Кемелерине таянып,
Келбей койду дандыктар.
Ашыр кеме портунда,
Жашайт деңиз боорунда,
Козголбостон ал дагы,
Кала берди ордунда.
18 Канжыгага башын байлаган,
Жанын коргоп качпаган,
Забулун эли азамат!
Өлүмдөн коркпой майданда,
Ажалга тике караган,
Напталыга атак-даңк!
19 Өрөөндүн аты Мегидо,
Канаандын падышалары,
Өргүүгө туруп алышты.
Суу жээктеп катар тизилип,
Таанахта согуш ачышты.
Талкаланып жеңилип,
Сокур тыйын алалбай,
Олжосуз куру качышты.
20 Ал тургай жылдыз жайнаган,
Асманда туруп арбашты,
Суурулуп чыгып огунан,
Сисра менен кармашты.
21 Эзелки Кишон дарыя,
Ээлигип агат дайыма
Агымы катуу аркырап,
Агызып кетти аларды.
Эми жаным кайраттан,
Алдыга ташта кадамды.
22 Дүбүртүнөн аттардын,
Даңкан учуп жаңырат
Туяктардан така ыргып,
Жер чыдабай жаңырат.
23 Минтип айтат периште,
Мейроз шаарын каргагын
Элине наалат айткыла,
Экинчи басып барбагын.
Анткени алар Кудайдан
Алдуулар менен кармашта,
Аяп койду жардамын.
24 Кейнилик Хебер жубайы,
Жаелди Кудай жалгасын.
Алачыкта жашаган
Аялдардын ичинен
Аябай берсин батасын
Алкасын Кудай, алкасын!
25 Суу сураса колбашчы,
Суусаганга сүт бердиң.
Сунуп төрө чөйчөккө
Саамалдан кере жут дедиң.
26 Чатыр казык сол колдо,
Урчу барскан оң колдо,
Туштап туруп башына,
Таамай урдуң Сисраны.
Тешип чыгып чыкыйын,
Казык жерге кадалды.
27 Бут алдында аялдын
Сисра төрө суналды.
Бут астына катындын
Мүрт кетип мырза сулады
Жаткан жерден турбастан,
О дүйнөгө узады.
28 Сисранын энеси
Терезеден телмирип,
Теше тиктеп жол карайт.
– Карааны жок уулумдун,
Каңырыкты түтөтүп.
Кечиктиң го берекем,
Кайгы муңду күчөтүп.
Албууттанып жүгүргөн,
Ай-асманга түйүлгөн,
Аргымак аттар канакей?
Жер жаңырткан дүңгүрөп,
Айланкөчөк дөңгөлөк,
Арабалар канакей?
29 Акыл-эстүү аялдар
Жооткотуп ага кеп айтат
Эне да өзүн сооротуп,
Өзүнө-өзү деп айтат:
30 – Чоң олжого ээ болуп,
Бөлүшүп бүтпөй жаткандыр
Ар бир сарбаз бир-эки
Кызды ээлеп алгандыр.
Олжого түшкөн кийимден,
Оймосу менен тигилген,
Саймасы кооз чапанды,
Сисрага чактап жапкандыр.
31 О Эгем! Сенин душманың
Так ушинтип кан жутсун.
Кудайды сүйгөн адамдар

Таңкы күндөй жаркысын!
Ошондон кийин өлкөдө кырк жыл бою бейпилдик
өкүм сүрдү.

### Ысрайылдардын мидиандардын кол астында калышы

6 Ысрайылдар Жараткан Эгенин алдында
кайрадан жийиркеничтүү иштерди кыла
башташты. Ошондо Жараткан Эге аларды жети
жылга мидиандардын колуна салып берди.
2 Мидиандар ысрайыл элин ырайымсыздык менен
эзгендиктен, ысрайылдар мидиандардан качып,
тоолордо башпаана жерлерди, үңкүрлөрдү жасап,
анан да таш коргондорду куруп алышты.
3 Ысрайылдар эгин айдаган сайын мидиандар,
амалыктар жана чыгыш элдери бастырып келчү
болушту. 4 Алар конуш куруп алышып, Газа
шаарына чейинки жерлердеги бардык түшүмдөрдү
жок кыла башташты. Ысрайылдарга жан сакташ
үчүн керектүү болгон кой да, өгүз да, эшек да
калтырбай калышты. 5 Алар малын айдап келишип,
ал жерге чатырларын тигип, конуш куруп алмай
болушту. Баскынчылардын өздөрү да, төөлөрү да
эсепсиз көп эле, алар чегирткедей каптап келип бүт
жерди тыптыйпыл кылчу болушту. 6 Ысрайылдар
мидиандардан катуу запкы көргөндүктөн, жардам
сурап Жараткан Эгеге зар какшап жалына
башташты.
7 Мидиандардын көрсөткөн кордугунан улам
ысрайыл элинин жалынган үнү Эгедерге жеткенде,
8 Жараткан Эге ысрайыл элине пайгамбар
жиберип, ал мындай деди:
– Ысрайылдын Кудай-Эгеси мындай дейт: «Мен
силерди Мисирден алып чыккам, кулчулуктан
бошотком. 9 Мисирликтердин колунан куткарып,
силерди кысымга алган элдердин баарынан азат
кылдым. Аларды силердин көзүңөрчө кубалап
чыгып, жерлерин силерге тартып бердим.
10 Силерге: "Мен силердин Кудай Эгеңермин,
өзүңөр жеринде жашап жаткан аморлордун
кудайларынан коркуп, аларга табынбагыла" деп
эскерткем. Бирок айткандарыма кулак салбай
койдуңар».

### Гидон бий

11 Ошол күндөрү Жараткан Эгенин периштеси
Опра шаарында жашоочу Абиезер уругунан болгон
Жааштын менчик жериндеги эмендин түбүнө
келип олтурду. Так ошол убакта Жааштын уулу
Гидон мидиандар көрбөсүн деп жүзүм сыкчу
чуңкурга түшүп алып, буудай жанчып жаткан.
12 Жараткан Эгенин периштеси ага кайрылып:
– Жараткан сага жар болсун, баатыр! – деди.
13 – Ээ, мырзам! Жараткан бизди колдоп жаткан
болсо, анда эмне үчүн ушул балээлердин баары
башыбызга түштү? Ата-бабаларыбыз: «Жараткан
Эге бизди Мисирден алып чыккан» деп айтып
келишкен. Эгебиздин ошол кереметтери кана эми?
Ал азыр бизди таштап, мидиандардын колуна
салып берди-го! – деди Гидон.
14 Жараткан Эге Гидонго карап:
– Ушул кайратың менен жөнө да, элиңди
мидиандардын колунан куткар! Сени Өзүм
жиберип жатамын, – деп айтты. 15 Бирок Гидон:
– Оо, мырзам! Мен Ысрайылды кантип куткарам?
– деп жооп берди. – Менин уругум манаш
уруусунун эң алсызы болсо, өзүм да үйдүн эң
кичүүсүмүн!
16 Эгедер ага:
– Сени Өзүм колдоймун, сен мидиандардын
баарын бир кишини жеңгендей жеңесиң, – деди.
17 – Эгерде Сен мага ырайым кылып жаткан
болсоң, Сен мени менен сүйлөшүп жаткандыгың
чын болсо, ошону ырастаган жышаан көрсөт.
18 Мен азыр барып, сага арнап тартуумду алып
келгенче, ушул жерден кетпей турсаң экен, – деп
өтүндү Гидон.
– Макул, сен барып келгенче, ушул жерде
боломун, – деди Ал.
19 Гидон барып, улак союп, этин казанга асып
коюп, бир чара ундан каламаларды бышыра салды.
Бышкан этти себетке салды да, сорпосун карапага
куюп, эмендин түбүндөгү периштеге алып келип,
алдына койду. 20 Кудайдын периштеси ага:
– Эт менен каламаларды бул таштын үстүнө кой,
сорпону болсо алардын үстүнө куй, – деп буйруду.
Гидон айтылгандай кылды.
21 Эгенин периштеси колундагы таягынын учун эт
менен каламаларга тийгизери менен таштан дүрт
этип өрт чыгып, эт менен каламаларды жалын
жалмап кетти. Эгенин периштеси ошол замат
көздөн кайым болуп кетти.
22 Ошондо Гидон тиги киши Эгедердин
периштеси экенин түшүнүп:
– Коку-уй, шорум куруду! Мен Эгедердин
периштесинин жүзүн көрдүм! – деп коркуп кетти.
23 – Үрөйүң учпасын! Коркпо, сен өлбөйсүң! – деди
Жараткан Эге. 24 Ошол жерде Гидон Эгедерге арнап
курманжай тургузуп, аны Эгедер-Шалом деп атады.
Ал курманжай Абиезер насилине тийиштүү Опра
деген жерде ушул күнгө чейин турат.
25 Ошол түнү Эгедер Гидонго мындай деди:
– Атаңдын бадасындагы бордолгон жети жашар
букасын жетелеп кел. Анан атаңдын Баал
курманжайын талкалап сал. Анын жанындагы
Астартанын мамысын да чаап, кулатып ташта.
26 Анан бул дөбөнүн үстүнө өз Кудайың Эгедерге
арнап эреже боюнча курманжай кур. Бордолгон
буканы өрттөө курмандыгына чал. Астартанын
мамысын болсо отун кылып колдон.
27 Гидон он кызматчысын ээрчитип келип, Эгедер
айткандын баарын кылды. Бирок аталаш
тууганарынан жана шаар тургундарынан
корккондуктан, бул ишти күндүзү эмес, түн ичинде
жасады.

28 Таң эрте шаар тургундары Баалдын
курманжайынын талкаланып калганын көрүштү.
Жанындагы Астартанын мамысы да кулап
калыптыр. Анан дагы, кимдир бирөө жаңы
курманжай куруп, бордолгон буканы өрттөө
курмандыгына чалган экен. 29 Эл бири биринен
«муну ким кылды?» деп сураштыра баштады.
Сураштырып олтуруп, бул ишти Жааштын Гидон
деген уулу кылганын билди. 30 Ошондо шаар
тургундары:
– Уулуңду бери алып чык! – деп Жаашка
кыйкырышты. – Уулуң Баалдын курманжайын
талкалап, анын жанында турган Астартанын
мамысын да чаап, кулатып салыптыр. Бул кылганы
үчүн ал өлүшү керек!
31 – Баалга болуша турган силерсиңерби?! – деди
Жааш ызырынып келген элге. – Баалды коргогону
келдиңерби?! Ким аны жактаса, кийинки таңга
чыкпай калат! Эгерде ал кудай болсо, анда
курманжайын талкалаган адамдан өзү өч алсын!
32 Баалдын курманжайын талкалап салгандыгы
үчүн, эл ошол күндөн баштап Гидонду Жеруп-Баал
деп атай баштады. Бул: «Баал өзү өч алсын» дегени
эле.
33 Ушул арада мидиандар, амалыктар жана
чыгыш уруулары чогуу Иордан дарыясынан өтүп
келишип, Изреел өрөөнүнө ордо курушту.
34 Ошондо Эгедердин Руху Гидонго түштү. Ал
сурнай тартканда, Абиезер насили чогулуп келип,
аны ээрчиди. 35 Ал бүт манаш уруусуна
чабармандарын жиберип, аларды да жанына
чогултту. Ашыр, забулун, напталы урууларына да
чабармандарын чаптырды эле, алар да келип ага
кошулушту. 36 Ошондо Гидон Кудайга:
– Кудайым, Ысрайылды менин колум менен
куткарамын деген убадаң чын болсо, 37 мынакей,
мен кыркылган жүндү кырманга жайып жатамын.
Эгерде таң азанда шүүдүрүм жүндүн үстүнө гана
түшүп, жер купкургак болсо, Өзүң айткандай менин
колум менен Ысрайылды куткарамын деген
убадаңа чындап ишенемин. 38 Так ошондой болду.
Таң эрте туруп, Гидон жүндү сыкты эле, бир кесе
толо суу чыкты. 39 Ошондо Гидон кайрадан:
– Кудайым, мага каарың келбесе экен.
Суранамын, жүн менен дагы бир ирет Сени
сынаганга руксат эт. Бул жолкусунда жүндүн үстү
кургак калып, жердин үстүн шүүдүрүм каптап
калсын, – деди. 40 Ошол түнү Кудай так ушундай
кылды. Жүндүн үстү кургак калып, жер бетин
шүүдүрүм каптап калыптыр.

### Гидондун мидиандарды жеңиши

7 Ошентип, Жеруп-Баал деген атка конгон Гидон
таң эрте камданып, жоокерлери менен Харот
булагынын жанына жайгашты. Мидиандар болсо
алардан түндүк тараптагы Море адырларынын
жанындагы өрөөнгө аскер ордосун курушту.
2 Эгедер Гидонго:
– Сенин адамдарың ашыкча көп экен. «Жоону
өзүм эле жеңип алдым» деп Ысрайыл Мени
каратып туруп мактанбашы үчүн, мидиандарды
алардын колуна салып бербеймин, – деп айтты. 3 –
Ошондуктан, «ким коркуп, жүүнү бошоп жатса,
Гилат тоосунан өз үйүнө кайтып кете берсин» деп
элге угуза айт.
Ошондо жыйырма эки миң киши келген
тарабына кайтып кетип, он миң киши калды.
4 Бирок Эгедер Гидонго:
– Жоокерлериң дагы эле көптүк кылат, – деди. –
Аларды сууга алып түш. Мен аларды иргеймин.
Кимисин «сени менен барсын» десем, ал сени
менен барсын. Кимисин «сени менен барбасын»
десем, ошол сени менен барбасын. 5 Гидон элди
сууга алып түштү. Жараткан Эге Гидонго:
– Сууну кочуштап ичкендерди өзүнчө, тизелеп
олтуруп алып ичкендерди өзүнчө бөл, – деди.
6 Ошондо сууну кочуштап ичкендердин саны үч жүз
киши болду. Калгандары болсо чөк түшүп алып
ичишти. 7 Жараткан Эге Гидонго:
– Кочуштап суу ичкен ушул үч жүз жигитиңдин
күчү менен силерди куткарып, мидиандарды
колуңарга салып беремин. Калган элди болсо коё
бер, үйлөрүнө кайтып кете беришсин, – деди.
8 Гидон өзү менен үч жүз жигитти калтырып,
калгандарынын азыгы менен сурнайларын алып
калып, өз үйлөрүнө кетирип жиберди.
Мидиандардын ордосу болсо төмөнкү өрөөндө
жайгашкан эле. 9 Ошол түнү Эгедер Гидонго
мындай деди:
– Жөнө! Мидиандардын ордосуна кол сал! Мен
аларды сенин колуңа салып бердим! 10 Эгерде
чабуул койгондон коркуп жатсаң, анда алгач
нөкөрүң Пурахты ээрчитип ордого түшүп бар.
11 Мидиандардын сөзүн тыңша, ошондо ордого кол
салуу үчүн сага кайрат кирет.
Ошентип, Гидон нөкөрү Пурахты ээрчитип алып,
мидиан аскер ордосунун четиндеги күзөт тобуна
жакындап барды. 12 Мидиандар, амалыктар жана
башка чыгыш элдери өрөөндө чегирткедей
кыжылдап жатышыптыр. Алардын төөлөрү да
деңиз жээгиндеги кумдай сан жеткис экен. 13 Гидон
жакындап келсе, бир адам жанындагысына көргөн
түшүн айтып берип жатыптыр:
– Уксаң, мен бир түш көрдүм! Түшүмдө арпадан
жасалган тегерек бир нан мидиан ордосуна
тоголонуп келип, чатырга катуу урунду эле, ал
чатыр ооп барып, кулап калды. 14 Тиги болсо:
– Бул түшүң ысрайылдык Жааштын уулу Гидондун
кылычы жөнүндө турбайбы! – деди. – Кудай
мидиандарды ордосу менен кошуп анын колуна
салып берген экен! 15 Гидон түш тууралуу сөздү,
анын жорулушун угар замат Кудайга таазим кылып,
дароо Ысрайыл аскер ордосуна кайтып келди да:
– Тургула! Эгебиз мидиан ордосун колубузга
салып берди! – деп айтты. 16 Гидон үч жүз жигитин
үч топко бөлүп, ар биринин колуна бирден сурнай

менен ичине шамана салынган бирден кумура
берди. 17 Анан аларга: – Менден көзүңөрдү
албагыла! Мен ордого жакындап келгенде, эмне
кылсам, силер да так ошону кылгыла! – деп айтты.
18 – Ордону курчап алгыла. Мен жанымдагы
жигиттер менен сурнай тартканымда, силер да
сурнай тартып: «Эгедер үчүн! Гидон үчүн!» деп
ураан чакырып кыйкыргыла. 19 Түн жарымындагы
тозотчулар алмашкан убакта Гидон жүз жигити
менен ордого жакындап келди да, сурнайларын
тартып, кумураларын талкалай башташты.
20 Ошентип, үч топ тең сурнайларын тартып,
кумураларын талкалашты. Алар сол колуна
шаманаларын кармап, оң колуна тарткан
сурнайларын алып: «Эгедер үчүн! Гидон үчүн!» деп
ураан чакырышты. 21 Ошондо ар бир жоокер өз
ордунан жылбай аскер ордосун тегеректеп турду.
Ордодогулардын болсо баары дүрбөлөң түшүп,
кыйкырып, туш-тушка качып жөнөштү. 22 Үч жүз
сурнай тартылганда, Жараткан Эге душманды
бири-бирине каршы кылыч шилтетип койду. Жоо
аскерлери Серейрага бараткан жолдогу Бейт-
Ашитке чейин качып жөнөштү. Алар Табатанын
жанындагы Абел-Мекеланын чек арасына чейин
качышты. 23 Ошол арада напталы, ашыр жана
манаш урууларынан ысрайылдар чакыртылып,
алар да мидиандарды кубалап жөнөштү. 24 Анан
Гидон Эпрайымдын бүткүл тоолуу аймагына
жасоолдорун жиберип: «Төмөнгө түшүп келип,
мидиандарга чабуул койгула. Бейт-Барыга чейин
Иордан дарыясын толук ээлеп, кечүүлөрдү
көзөмөлгө алгыла!» деп айттырды. Ошондо бүт
эпрайымдар чогулуп келип, Иордан дарыясынын
Бейт-Барыга чейинки бүт кечүүлөрүн ээлеп
алышты. 25 Алар мидиандардын Бөрү жана Карга
деген эки кол башчысын колго түшүрүштү. Бөрүнү
кийин Бөрү-Таш деп аталып калган таштын
жанында, Карганы болсо кийин Кара-Карга деп
аталып калган жүзүм сыккычынын жанында
өлтүрүштү. Алардын баштарын болсо Иордандын
берки өйүзүндөгү Гидонго алып келишти.

### Гидондун мидиан падышаларын колго түшүрүшү

8 Эпрайымдыктар Гидонго:
– Сен неге мындай кылдың? Мидиандар
менен согушканы аттанып баратканыңда эмне
үчүн бизди чакырган жоксуң?! – деп катуу
жемелешти. 2 Гидон болсо аларга:
– Менин кылганым силердин кылганыңарга
кантип тең келсин? Эпрайым уруусу терип алган
жүзүм машагы Абиезердин алакандай насили
жыйнаган түшүмүнөн алда канча артык эмеспи! –
деп жооп берди. 3 – Мидиандын эки аскербашчысы
Бөрү менен Карганы Кудай силердин колуңарга
салып берди. Силердин кылганыңардын алдында
менин кылганым сокур тыйынчалык болбойт.
Ал ушинтип айтканда эпрайымдардын ачуусу
басылды.
4 Гидон үч жүз жигити менен Иордандын аркы
жээгине өттү. Алар чарчап-чаалыгышса да,
душманды кубалаганын уланта беришти. 5 Гидон
Сукотко жеткенде, калаа элине кайрылып:
– О калайык! Менин жигиттериме нан берип
койгулачы, – деп өтүндү. – Алар абдан алдан
тайышты. Биз мидиан падышалары Зебак менен
Салмундун артынан кубалап жүрөбүз. 6 Бирок
Сукоттун журт башчылары:
– Биз сенин аскерлериңе нан бергидей, сен Зебак
менен Салмунду туткундап алдың беле?! – дешти.
7 – Жарайт, – деп жооп берди Гидон, – Жараткан
Эге Зебак менен Салмунду менин алдыма
чөгөлөткөндө, ушул кылганыңар үчүн какыр
талаадагы төө тикен, чычырканак менен жонуңар
тилингенче сабаймын!
8 Ал жерден Гидон Пенуэлге карай жол тартып
барып, шаардын жашоочуларына да ошол эле
өтүнүч менен кайрылды. Бирок Сукот эли кандай
жооп берсе, Пенуэлдин эли да ошентип жооп
берди. 9 Ошондо Гидон Пенуэл калаасынын
жашоочуларына:
– Жеңиш менен кайтып келгенимде, мына бул
мунараны таш талканын чыгарамын! – деди.
10 Ошол убакта Зебак менен Салмун Каркордо эле.
Чыгыш элдеринин кошуунунан аман калган он беш
миңдей жоокер алар менен болчу. Кылычын
жалаңдаткан жүз жыйырма миң аскер согушта
курман болгон. 11 Гидон болсо Нобак менен
Жокпеянын күн чыгыш тарабындагы көчмөндөр
жолу менен барып, бейкапар жаткан душман
ордосуна кол салды. 12 Ошондо Зебак менен
Салмун качып жөнөштү. Гидон мидиан
падышаларын кубалап жетип, аларды колго
түшүрүп, мидиан кошуунун дүрбөлөңгө салды.
13 Жааш уулу Гидон согуштан кийин Херес белин
ашып келди. 14 Жолдон сукоттук жаш баланы
кармап алып, суракка алды. Бала ага Сукоттун
төрөлөрү менен аксакалдарынан жетимиш жети
кишинин ысымын атап берди. 15 Гидон Сукоттун
элине келип:
– Эсиңердеби?! «Сенин алдан тайган адамдарыңа
нан бергидей, сен Зебак менен Салмунду туткундап
алдың беле?» дегенсиңер. Мынакей, ошол Зебак
менен Салмун! – деди. 16 Анан Сукоттун төрөлөрүн
карматып келип, төө тикен, чычырканак менен
сабатты. 17 Анан Пенуэл мунарасын да кулатып,
шаар тургундарына кыргын салды. 18 Ошондон
кийин Гидон Зебак менен Салмундан:
– Силер Табордо өлтүргөн адамдардын
келбеттери кандай эле? – деп сурады.
– Алар сен сыяктуу, баары падыша уулдарына
окшош эле, – деп жооп беришти.
19 – Алар менин энелеш бир туугандарым болчу.
Жараткан Эге үстүмдө турат, эгерде аларды аман
калтырганыңарда, мен да силердин жаныңарды
сактап калмакмын, – деди. 20 Анан тун уулу Жетерге
кайрылып:

– Бери кел. Мына буларды өлтүрүп салгын, – деп
өктөм айтты. Бирок ал жүрөк эти толо элек жигит
болгондуктан, кылычын суурул, аларды өлтүрүп
салууга кайраты жетпей койду. 21 Муну көргөн
Зебак менен Салмун:
– Өзүң келип бизди өлтүр. Адамдын кайраты
өзүнө жараша болот, – дешти. Гидон Зебак менен
Салмунду өлтүрүп, төөлөрүнүн мойнундагы асем
буюмдарды чечип алды.
22 Ушул окуялардан кийин ысрайыл эли Гидондун
алдына келип:
– Сен бизди мидиандардын чеңгелинен куткарып
алдың. Ошондуктан сен өзүң, сенин урпактарың
бизге бийлик кылгыла, – деп айтышты. 23 Бирок
Гидон:
– Оо, элим! Силерге мен да, менин уулум да
бийлик кылбайт. Силерге Жараткан Эге Өзү бийлик
кылсын! – деп жооп берди. 24 – Бирок силерден бир
гана суранычым бар, алган олжоңордон бирден
алтын сөйкө берсеңер ошого ыраазымын.
Анткени мидиандар да Ысмайыл урпактарынан
болгондуктан алтын сырга тагынып жүрүшчү.
25 Алар:
– Албетте беребиз, – деп айтышты да, бир
чапанды жерге жая салып, олжолоп алган
сөйкөлөрдөн ар бири бирден таштады. 26 Чогулган
сыргалардын салмагы сегиз миң үч жүз сексен эки
мыскал † алтын болду. Жарым ай асем буюмдар,
жасалгалар, падышалардын кырмызы чапандары,
төөлөрдүн мойнунан чечип алынган алтын
чынжырлар бул эсепке кирген жок.
27 Гидон ошол алтындан эфод жасатып, өзү
жашаган Опра калаасына алпарып, коюп койду.
Кийин бүт ысрайыл эли келип, эфодко табынып,
Эгедерге опаасыздык кылышты. Ал Гидонго да,
анын урпактарына да жайылган тузак болду.

### Жеруп-Баалдын – Гидондун акыркы күндөрү

28 Ушул окуялардан кийин мидиандар ысрайыл
элинин алдына чөгөлөдү. Мындан ары алар
ысрайылдарга каршы баш көтөрө албай калышты.
Гидондун бийлик күндөрүндө өлкөдө кырк жыл
бейпилдик өкүм сүрдү.
29 Анан Жааш уулу Жеруп-Баал үйүнө кайтып
кетти.
30 Ал жетимиш уулдуу болду, анткени анын
аялдары көп эле. 31 ††Шекемде жашаган токолу да
ага уул төрөп берди. Гидон анын атын Абумалик
койду.
32 Жааштын уулу Гидон карылыгы жетип, дүйнө
салды. Анын сөөгү Абиезер урпактарына таандык
жердеги Опра шаарындагы саганага ‡ коюлду.
33 Бирок Гидондун көзү өтөрү менен, ысрайылдар
жалган кудай Баал менен кайрадан "сойкулук
кылып", Баал-Беритти кудай кылып алышты.
34 Ысрайыл эли аларды айланасындагы
душмандарынан куткарган өзүнүн Кудайы –
Эгедерди унутуп коюшту. 35 Жеруп-Баал деген атка
конгон Гидондун ысрайыл элине кылган
жакшылыктарына карабай, алар анын
урпактарына бир да жакшылык кылышкан жок.

### Абумалик

9 Бир күнү Жеруп-Баалдын уулу Абумалик
Шекемдеги таякелерине барып, алардын бүт
элине мындай деди:
2 – Шекемдин элине барып: «Жеруп-Баалдын
жетимиш уулу силерге бий болгончо, анын бир эле
уулу бий болгону артык эмеспи?» деп айткыла.
Анан дагы, менин силер менен сөөгүм бир,
кандашыңар экендигимди унутпагыла. 3 Таякелери
Абумаликтин ниетин колдоп, анын сөздөрүн
Шекем элине жеткиришти. Шекем жашоочулары
«Эмнеси болсо да, Абумалик боор этибиз эмеспи»
деп, ага көңүлдөрү ийди. 4 Ошентип, алар Баал-
Берит бутканасынан жетимиш шекел күмүш алып,
Абумаликке беришти. Ал ошол күмүшкө кара
мүртөз, оңбогон кишилерди жалдап алып, аларды
ээрчитип жүрдү. 5 Абумалик атасы Жеруп-Баалдын
жетимиш уулун өлтүрүү үчүн ата-журту Опрага
кайтып келди. Өз бир туугандарын карматып
келип, баарын бир таштын үстүндө өлтүрдү. Бир
гана Жеруп-Баалдын кенже уулу Жотам
жашырынып, аман калды. 6 Андан соң Шекемдин
эли менен Бейт-Милонун эли чогулуп келип,
Шекемдин жанындагы эмен дарагынын түбүндө
Абумаликти падыша көтөрүп алышты.

### Жотамдын ибараты

7 Бул окуя тууралуу Жотам укканда, ал Гаризим
тоосунун бийик жерине чыгып барып, төмөн
жактагыларга мындай деп тоо жаңырта кыйкырды:
– Эй, Шекем эли! Мен айтчу окуяны уккула,
ошондо силерди да Кудай угат! 8 Күндөрдүн
биринде дарактар чогулуп, өзүбүзгө падыша
көтөрүп алалы деп чечишти. Алар зайтун дарагына
келип:
– Бизге падыша бол! – деп айтышты. 9 Бирок
зайтун дарагы аларга:
– Капырай! Башка дарактардын үстүндө
бутактарымды термелтип туруш үчүн эле кудайлар
менен адамдарга сый көрсөтчү майымды бергенди
таштап коёюнбу? – деп жооп кайтарды.

---

† *Бул аятта эврей тилинде 1700 шекел деп жазылган. 1 шекел = 14. 3 гр. болот. Ошондо 1700 шекел = 24310 гр. күмүш болот. Ал эми кыргыздын 1 мыскалы 2.9 гр. барабар. Ошондо 24310 гр.(б.а. 1700 шекел ) болжолу 8382 гр. күмүш болот. ††*

‡ *Сагана – бир тукумдун маркумдары коюлчу күмбөз. Байыркы кездерде эврейлер маркумдун денесин кепинге ороп, аска боорундагы оюлуп жасалган бөлмөдөгү текчеге коюп, бөлмөнүн оозуна чоң ташты тиретип жаап коюшчу. Бир нече убакыттан кийин ошол бөлмөнүн оозун кайрадан ачып киришип, маркумдун чирип бүткөн денесинен калган сөөктөрдү чогултуп, кумурага салып, ошол эле бөлмөдө калтырышчу. Бошоп калган текчеге улам кийинки каза болгон адамдын денеси коюлуп турчу. Ар бир тукумдун өзүнүн саганасы болуп, ал жерге ошол тукумдун маркумдары гана коюлчу.*

10 – Бизге падыша болуп бер! – деп дарактар эми
анжыр дарагына келишти.
11 – Койсоңорчу, ширин, мөлтүрөгөн
мөмөлөрүмдү таштап, башка дарактардын үстүндө
бутактарымды теңселтип турганымдан не пайда? –
деп ал да макул болбоду. 12 Анан алар жүзүмгө
барып:
Өзүң эле бизге падыша болсоңчу! – деп айтышты.
13 Бирок жүзүм да аларга:
– Апей десе! Кудайлар менен адамдардын
көңүлүн көтөргөн нак ширемди таштап, башка
дарактардын үстүндө шактарымды термелтип
тургандан не пайда? – деп баш тартты. 14 Акыры
алар тикендүү бадалга келип:
– Өзүң эле бизге падыша болчу! – дешти.
15 - Эгерде мени чын ниеттен өзүңөргө падыша
көтөрүүнү каалап жатсаңар, – деп айтты тикендүү
бадал, – анда келип, бутактарымдын алдын
башпаанек кылгыла. Эгерде антпесеңер, анда
бутактарымдан от чыгып, ал тургай Ливандын зор
кедрлерин да өрттөп жиберет!
16 Эми сөз төркүнүн уккула! Абумаликти падыша
көтөрүп адил иш кылдык, абийирибиз ак деп ойлоп
жатасыңарбы?! Маркум Жеруп-Баалга, анын бала-
чакасына туура кылдык деп жатасыңарбы?
Силердин кылганыңар атамдын силерге кылган
жакшылыктарына ушул кылганыңар туура келеби?
17 Атам силер үчүн согушпады беле? Ал кара башын
канжыгага байлап, силерди мидиандардын
колунан куткарып алган! 18 Бүгүн болсо силер
атамдын насилине каршы баш көтөрдүңөр. Анын
жетимиш уулун бир таштын үстүндө өлтүрдүңөр.
Анын токолунан туулган Абумаликти бир бооруңар
болгону үчүн эле Шекем элинен падыша кылып
алдыңар. 19 Эгерде силер чындап эле Жеруп-
Баалдын тукумуна адил иш кылып, абийириңер
таза болсо, анда эмне дейин, Абумалик силер
менен кубансын, силер да Абумалик менен
кубангыла! 20 Бирок андай болбосо, Абумаликтен
жалын чыгып, Шекем менен Бейт-Милонун элин
өрттөп кетсин! Шекем менен Бейт-Милонун элинен
да от чыгып Абумаликти жалмап салсын!

### Жотамдын каргышынын орундалышы

21 Анан Жотам бир тууганы Абумаликтен качып,
Бейирге барып, ошол жерде жашап калды.
22 Абумалик болсо Ысрайылга үч жыл бийлик
кылды.
23 Ушул арада Жараткан Эге Абумалик менен
Шекем элинин ортосунда араздашуу чыгарыш үчүн
бир рухту жиберди. Ошол себептүү Шекемдин
башчылары Абумаликке чыккынчылык кылышты.
24 Ошентип, Жеруп-Баалдын жетимиш уулуна
жасалган жамандыктын өчү алынды. Жетимиш
уулдун төгүлгөн канынын куну өз бир туугандарын
өлтүргөн Абумаликтин жана аны колдогон Шекем
элинин мойнуна жүктөлүшү үчүн, Кудай ушундай
кылды. 25 Шекем эли Абумаликке каршы тоолорго
буктурма коюшуп, жолоочуларды карактай
баштаашты. Бул тууралуу Абумаликке кабар жетти.
26 Ушул арада Эбед уулу Гаал бир туугандары
менен Шекемге көчүп келип жашап калды. Ал
Шекем элинин ишенимине кирди.
27 Ошол күндөрү шекемдиктер талаага чыгып,
жүзүмзарларынан түшүм жыйнашты. Анын
ширесин сыгып, шарап жасашты да, анан
тойлошту. Өз кудайынын ийбадатканасында ичип-
жеп, Абумаликти каргап-шилеп жатышты.
28 Ошол жерде:
– Биз ага кызмат кылгыдай Абумалик ким болуп
калыптыр?! – деп сөз баштады Эбеддин уулу Гаал. –
Биз, шекемдиктер ага кызмат кылгыдай, ал ким
эле? Ал Жеруп-Баалдын уулу да! Анын вазири
Зебулга эмне үчүн баш ийишибиз керек? Андан
көрө, Шекемдин атасы Хамордун урпактарына
кызмат кылганыбыз жакшы! Эмне үчүн Абумаликке
кызмат кылышыбыз керек?! 29 Ка-ап, бул эл менин
кол алдымда болсо кана! Абумаликти өзүм кууп
жибербейт белем! Абумаликке: «Эр болсоң бүт
колуңду чогултуп, майданга аттанып чык!» деп
айтмакмын.
30 Эбеддин уулу Гаалдын ушул сөздөрү калаа
башчысы Зебулга жеткенде, заары бетине чыгып
каарданды. 31 Ал Абумаликке жасоолдорун
жашыруун жиберип: «Эбедтин уулу Гаал
туугандары менен Шекемге көчүп келип, бүт
шаарды сага каршы көтөрүп жатат» деп айттырды.
32 «Ошондуктан, түн жамына кишилериң менен
келип, шаардын сыртында бугуп жат. 33 Таң сүрүп
келатканда шаарга күтүүсүздөн кол сал. Гаал
жигиттери менен сага каршы чыкканда, ага
колуңдан келгенин жасагын!»
34 Ошентип, Абумалик жоокерлери менен түн
жамына жолго чыгып, Шекемге жетип келди.
Аскерлерин төрт топко бөлүп, шаарга жакын жерде
бугуп жатышты. 35 Эртең менен Эбед уулу Гаал
шаар дарбазасынын алдында турган. Так ушул
убакта Абумалик аскерлери менен буктурмадан
чыгып келишти. 36 Гаал аларды байкап калып,
Зебулга:
– Карасаң! Тээ тоо башынан кишинин караандары
бери түшүп келатат! – деди.
– Койсоңчу, тоо көлөкөлөрү көзүңө кишилер
болуп көрүнүп жатса керек, – деп жооп берди
беркиси.
37 – Жок, жок, карасаң! Тиги кырлардан кишилер
түшүп келе жатат! – деп кескин айтты Гаал. – Дагы
бир тобу Төлгөөчүлөр эмени тараптан түшүп келе
жатышат!
38 Зебул ага:
– «Биз ага кул болгудай, Абумалик ким болуп
калыптыр» деп ооз көптүрүп сүйлөбөдүң беле. Сен
ушул жоокерлерди шылдыңдабадың беле. Эми
чыгып, алар менен беттеш! - деди. 39 Ошондо Гаал
Шекем элин баштап чыгып, Абумалик менен
салгылашты. 40 Бирок, беттеше келгенде, алар

артка сүрүлө качып, Абумалик аларды сая
кубалады. Шаардын дарбазасына жеткенче, сансыз
кишилер өлүштү. 41 Ошондон кийин Абумалик
Арумада туруп калды. Зебул болсо Гаалды
туугандары менен кошуп шаардан кубалап чыгып,
Шекемден жок кылды.
42 Эртеси күнү шекемдиктер талаага чыгарын
Абумаликке айтып барышты. 43 Ал аскерлерин үч
топко бөлүп, талаага буктурма койду. Шаардан
элдин чыгып келе жатканын көргөндө, аларга кол
салып, элди кыра баштады: 44 Абумалик жанындагы
жигиттери менен калаага чабуул коюп, шаар
дарбазасын колго алды. Калган эки топ болсо,
талаадагы элди кырып салды. 45 Ошол күнү
Абумалик кечке чейин шаар тургундары менен
салгылашты. Аягында калааны колго алып, элин
толук кырып салды. Шаарды болсо жер менен
жексен кылып, ал жерге туз сээп салды. 46 Бул окуя
жөнүндө алыс эмес жердеги Шекем-Мунара
айылынын төрөлөрү укканда, Эл-Берит
бутканасындагы бекемделген жерге кирип,
жашырынып калышты. 47 «Шекем-Мунаранын эли
баары бир жерге чогулушуптур» деп Абумаликке
кабар жетти. 48 Ошондо Абумалик жанындагы бүт
жоокерлерин ээрчитип, Салмон дөңсөөсүнө чыгып
барды да, бутактарды балталап кесип, ийнине
артып:
– Болгула! Мен эмне кылсам, силер да ошону
кылгыла! – деп буйрук кылды. 49 Жоокерлердин ар
бири бир кучактан кургак бутак кесип алып,
Абумаликти ээрчип жөнөштү. Алып келген
бутактарды бекемделген жерди тегерете үйүп,
өрттөп жиберишти. Ошентип, Шекем-Мунарадагы
аял-эркектин баары – миңге жакын киши курман
болду.
50 Анан Абумалик Тебеске жөнөдү. Шаарды
курчоого алып, аны басып алды. 51 Бирок шаардын
ичинде бекем мунара бар эле. Калаадагы бүт эл,
аял-эркек дебей ошол мунарага кире качып,
эшигин бекитип, үстүнө чыгып кетишти.
52 Абумалик мунарага чабуул койду. Аны өрттөп
жибериш үчүн, ага жакындап келди. 53 Так ушул
убакта мунаранын үстүндө турган бир аял
жаргылчактын ташын Абумаликтин башына
таштап жиберди эле, таш Абумаликтин башын
талкалап кетти. 54 Абумалик дароо нөкөрүнө:
– Кылычыңды тез сууруп алып, мени өлтүрүп сал!
– деп буйруду, – антпесе элде «Абумаликти катын
өлтүргөн» деген сөз калат.
Ошондо нөкөрү кылычы менен Абумаликти
сайып өлтүрдү. 55 Ысрайылдар болсо Абумаликтин
өлгөнүн көрүп, ар ким өз үйүнө тарап кетип калды.
56 Атасына кыянаттык кылып, жетимиш бир
тууганын өлтүргөн Абумаликти Кудай ушинтип
жазалады. 57 Ошондой эле, шекемдиктердин
кылган жамандыктарын да Кудай өздөрүнүн
башына салды. Ошентип, Жеруп-Баалдын уулу
Жотамдын каргышы аларга тийди.

### Тола жана Жайыр бийлер

10 Абумаликтин күндөрүнөн кийин
Ысрайылдын душмандарынан куткаруучусу
болуп Исахар уруусунан чыккан Пуанын небереси,
Додонун уулу Тола чыкты. Ал Эфрем тоолорундагы
Шамир шаарында жашачу. 2 Тола ысрайыл элинде
жыйырма үч жыл бою бий болуп турду. Ал көз
жумганда сөөгү Шамирде жерге берилди.
3 Андан кийин гилаттык Жайыр бийликке келип,
Ысрайылда жыйырма эки жыл бий болуп турду.
4 Анын отуз уулу бар эле. Алар отуз эшекке минип,
Гилат аймагындагы отуз шаарга ээлик кылчу. Ал
шаарлар ушул күнгө чейин «Жайырдын шаарлары»
деп аталат. 5 Жайыр бий дүйнөдөн өткөндө, анын
сөөгү Камон деп аталган жерге коюлду.

### Ысрайылдын аммондордун кол астында калышы

6 Ысрайыл эли кайрадан Жараткан Эгенин көз
алдында жийиркеничтүү иштерди кыла баштаышты.
Алар Баал менен Астарта кудайларынын
буркандарына табынып, арамейлердин,
маантардын, сидондуктардын, аммондордун,
пелиштилердин да кудайларына кызмат кыла
баштаышты. Эгедерден терс бурулуп, Ага кызмат
кылбай калышты. 7 Ошондо Кудайдын каары
тутанып, аларды пелиштилер менен аммондордун
колуна салып берди. 8 Алар ошол жылдан тартып
Иордандын аркы өйүзүндөгү мурда аморлордун
жери болгон Гилатта олтуруктaшып калган
ысрайылдарды он сегиз жыл бою аёосуз эзип,
тебелеп тепседи. 9 Аммондор Иордан дарыясынан
өтүп келип, жөөт, бенжамин жана эпрайым
урууларына кол салды. Ошондуктан ысрайыл эли
оор абалда калды. 10 Ошондо Ысрайыл жамааты:
– Биз Сенин алдыңда күнөө кылдык! Биз өз
Кудайыбыздан жүз буруп, Баалдын буркандарына
кызмат кылдык! – деп Жараткан Эгеден жардам
сурап жалынды. 11 Жараткан Эге аларга мындай
деди:
– Силерди мисирликтер, аморлор, аммондор,
пелиштилер, 12 сидондуктар, амалыктар, маондор
эзгенде, Мага жалбарганыңарда, силерди алардын
колунан куткарбадым беле?! 13 Бирок силер Менден
терс бурулуп, башка кудайларга табынып кеттиңер.
Болду, мындан ары силерди куткарбаймын! 14 Эми
барып, өзүңөр тандап алган кудайларыңарга
жалынгыла. Ошолор силерди азаптуу күндөрдөн
куткарып алсын!
15 – Биз күнөө кылдык! Бизге эмне кылсаң, Өзүң
бил, бирок бизди душмандарыбыздан азыр куткара
көр! – деп ысрайылдар Эгедерге жалбарышты.
16 Анан алар бөтөн кудайларын жок кылып,
Эгедерге кызмат кыла баштаышты. Ысрайыл элинин
азап тартып жатканын көрүп, Жараткан Эге чыдай
албай, аларды аяды.

17 Ошол күндөрү аммондор кошуун курап келип, Гилатта ордо курушту. Муну көрүп, ысрайыл эли да кол чогултуп, Миспада ордо тургузушту. 18 Ошондо Гилаттагы эл башчылар өз-ара акылдашып, «Аммондор менен согушка ким колду баштап барса, ошол адам бүткүл Гилат элине да башчы болсун» деп чечишти.

### Ыптах бий

11 Гилаттык Ыптах эр жүрөк баатыр болгон. Ал аягы суюк аялдан төрөлгөн эле, атасынын аты Гилат болгон. 2 Гилаттын никелүү аялынан төрөлгөн уулдары да бар эле. Алар эр жеткенде:

– Сен атабыздын мураскору боло албайсың. Анткени сен бөлөк аялдын уулусуң, – деп кысымга алышып, Ыптахты кетүүгө аргасыз кылышты. 3 Ошондо Ыптах бир туугандарынан оолак кетип, Тоб жеринде жашап калды. Ал жанына оңбогон адамдарды чогултуп алып, каракчылык жортуулдарга чыгып жүрдү.

4 Бир канча убакыттан кийин аммондор ысрайыл элине согуш ачты. 5 Аммондор ысрайыл элине кол салганда, Гилат аксакалдары Ыптахты алып келүү үчүн Тобго жөнөп кетишти. 6 Алар Ыптахка келип:

– Жүр биз менен! Биздин колбашчыбыз бол, аммондор менен согушабыз! – деп суранышты.

7 – Мени жек көрүп, ата журтумдан кубалап салган силер эмес белеңер? – деп жооп берди Ыптах, – эми башыңарга кырсык түшкөндө мага неге келдиңер?! 8 Бирок Гилат аксакалдары Ыптахка:

– Ошого карабастан алдыңа түшүп келип олтурабыз. Биз менен барып, аммондор менен согушсаң, бүт Гилат элине башчы болосуң, – дешти.

9 – Макул, силерге кошулуп аммондор менен согушайын дейли. Эгерде Эгедерим колдоп, душмандарымды чөгөлөтүп берсе, чындап эле силердин башчыңар боломунбу? – деп Ыптах суроону кабыргасынан койду. 10 Гилаттын аксакалдары бир добуштан:

– Кудай көрүп турат, сен айткандай кылабыз, – деп жооп беришти. 11 Ошентип, Ыптах Гилат аксакалдары менен жөнөп кетти. Эл аны журт башчы да, кол башчы да кылып алды.

Ыптах болсо аксакалдардын убадасын Миспада, Кудайга айтып берди.

12 Анан Ыптах аммон элинин падышасына элчилеринен:

– Менин жериме кол салгыдай кандай дооң бар эле?! – деп айттырып жиберди. 13 Аммон падышасы Ыптахтын элчилери аркылуу:

– Ысрайыл эли Мисирден чыгып келгенде Арнон дарыясынан тартып, Жабок дарыясы менен Иордан дарыясына чейинки жерлеримди тартып алган. Эми ошол жерлерди мага тынчтык менен кайтарып бер, – деп жооп жөнөттү. 14 Ыптах элчилерин аммон падышасына кайра жөнөттү:

15 – Ыптахтын айтканын угуп ал! Ысрайыл эли ал жерлерди мааптан да, аммондон да тартып алган эмес. 16 Анткени Ысрайыл Мисирден чыгып, чөл кезип келе жатканда Кызыл Деңиз аркылуу өтүп, Кадешке келген. 17 Ошондо Эдом элинин падышасынын алдына элчилерин жиберип: «Сиздин жериңиз аркылуу өтүп кетүүгө уруксат берсеңиз экен» деп суранган болчу. Бирок Эдом падышасы Ысрайылдын өтүнүчүн четке какты. Маап падышасына да Ысрайыл ошол эле өтүнүчүн жиберген, бирок ал да уруксат бербей койду. Ошентип, Ысрайыл Кадеште туруп калууга аргасыз болду. 18 Айла кеткенде алар чөл аркылуу Эдом менен Маап жерлерин айланып өтүп, Мааптын чыгыш тарабына - Арнон дарыясынын аркы жээгине конуш курду. Ысрайылдар маап элинин жерине аяк баскан жок, анткени Арнон дарыясы Мааптын чек арасы болчу. 19 Ысрайыл эми Кешпондо бийлик кылган амор падышасы Сихонго:

– Сиздин жериңиз аркылуу өз жерибизге өтүп кетүүгө уруксат бериңиз, – деп айттырып элчилерин чаптырды. 20 Бирок Сихон өз жеринен ысрайылдардын өтүүсүнөн кооптонду. Ал колун курап келип, Жааска ордосун орнотту да, Ысрайылга кол салды. 21 Бирок Ысрайылдын Кудайы - Эгедер Сихонду кошууну менен чогуу ысрайылдардын колуна салып берди. Алар душманды ойрон кылып, ошол чөлкөмдө жашаган аморлордун жерлерин басып алышты. 22 Алар Арнон дарыясынан баштап, Жабок дарыясына чейин, чыгыштагы чөлдөн, Иоардан дарыясына чейинки амор элинин бүт жерлерин басып алышты. 23 Эми өзүң айтчы, ысрайыл элинин Кудайы - Эгедер Өзү ал жерлерди амор элинен тартып алып, Өз эли Ысрайылга берип койсо, сен аны бизден тартып алганга акың барбы? 24 Андан көрө, өз кудайың Кемош берген жерге ээлик кыла бер. Биз болсо өз Кудайыбыз – Эгедер берген жерге ээлик кылабыз. 25 Сен эмне, маап падышасы Сипор уулу Балактан да артыксыңбы? Деги ал Ысрайыл менен тирешип, аны менен согушканга батынды беле? 26 Ысрайыл Кешпондо, Ароерде жана алардын айланасындагы шаарларда, Арнон дарыясынын жээктеринде үч жүз жылдан бери жашап келе жатат! Ал жерлерди ошол убактан бери эмне үчүн кайтарып алган жоксуңар?! 27 Мен сага эч кандай жамандык кылган жокмун, сен болсо мага согуш жарыялап, кастык кылып жатасың. Жараткан Эге Өзү Сот! Ысрайыл менен аммон элинин ортосундагы доону бүгүн Ал Өзү чечип берсин! 28 Бирок аммон падышасы Ыптахтын киши жиберип айттырган сөзүнө кулак салбай койду.

### Ойлонбой берилген анттын кесепети

29 Ошондо Эгедердин Руху Ыптахка келип түштү. Ал Гилат менен манаш жерлерин бүт кыдырып өтүп, Гилаттагы Миспага кайтып келди. Ал жерден алар аммон менен согушууга бет алды. 30 Ошол күнү Ыптах Жараткан Эгеге мындай деп ант берди:

– Эгерде Сен аммондорду менин колума салып
берсең, 31 үйүмө аман-эсен кайтып келгенимде,
менин алдымдан чыккан биринчи жанды Өзүңө
арнап өрттөлүүчү курмандыкка чаламын!
32 Анан Ыптах аммондор менен салгылашканы
аттанып жөнөп кетти. Эгедер душманды анын
колуна салып берди. 33 Ал Ароерден Миниттин
жанына чейин, ал тургай, Абел-Керамимге
чейинки жыйырма шаарды жер менен жексен
кылды. Ошентип, ысрайылдар аммондорду моюн
сундурду.
34 Ыптах Миспадагы үйүнө кайтып келе жатканда,
өз кызы алдын тосуп, дап кагып бийлеп чыкты! Ал
Ыптахтын жалгыз перзенти эле, анын андан башка
уулу да, кызы да жок болчу. 35 Ыптах кызын
көргөндө, кийимин айрып кыйкырып жиберди:
- Ой шордуу кызым ай! Сен менин жүрөгүмдү
канатып, кайгыга салдың го! Мен Эгеме ант берип
койбодум беле, эми сөзүмдү артка кантип алам!
36 – Атаке, – деди кызы, – Сиз Эгебизге ант берип
койгон болсоңуз, аны аткарыңыз. Анткени Ал
жооңузду багынтып берип, сиз аммондордон өч
албадыңызбы. 37 – Менин бир гана өтүнүчүм бар:
ата, мага эки ай мөөнөт бериңиз. Курбу кыздарым
менен тоого барып, турмушка чыгуу мага
буюрбаганын армандап ыйлап келейин.
38 «Барагой» деп Ыптах кызына уруксат берип, аны
эки ай эркин койду. Кыз курбулары менен тоо таяп
чыгып кетти. Ал өзүнө турмушка чыгуу
буйрубаганын армандап ыйлады. 39 Эки айдан
кийин кыз атасына кайтып келди. Ыптах Эгедерге
берген антын орундады. Кызга эркектин колу тие
элек эле.
Ушул окуядан кийин Ысрайылда мындай салт
пайда болду: 40 жыл сайын Ысрайыл кыздары төрт
күнгө тоого чыгып, гилаттык Ыптахтын кызын
эскерип, төрт күн аза күтүшөт.

### Ыптах менен эпрайым уруусунун согушу

12 Ошол күндөрү эпрайымдар чогулуп,
Иордандын аркы өйүзүнөн Сапонго өтүп
келишти. Алар Ыптахка:
– Неге сен бизди да чакырбай, аммондор менен
согушканы өзүң эле кетип калдың? Ушинткениң
үчүн сени үй-жайың менен чогуу өрттөп
жиберелиби?! – дешти. 2 – Менин элим менен
аммондордун ортосунда катуу чыр чыкканда
силерди чакырдым, – деди Ыптах. – Бирок өзүңөр
келип, бизди алардан куткарган жоксуңар.
3 Силерден жардам болбосуна көзүм жеткен соң,
өмүрүмдү тобокелге салып, аммондорго кол
салдым. Эгедер аларды менин колума салып берди.
Эми силер неге мени менен согушканы келдиңер?
4 Ошондо эпрайымдар Гилат элине:
– Эй, гилаттыктар! Силер болгону эпрайымдан
качып чыккан качкынсыңар. Керек болсо силер
эпрайым менен манаштын жеринде жашап
жүрөсүңөр, – дешти. Ушул сөзү үчүн Ыптах бүт
Гилат элин кайра чогултуп, эми эпрайымдар менен
салгылашып, аларды талкалап салды. 5 Анан
гилаттыктар Иордандын кечүүсүн басып алып,
эпрайымдардын жолун тосуп коюшту. Эпрайымдын
аман калган качкындары келип: «Аркы өйүзгө өтүп
кетейин» деп суранганда, гилаттыктар андан: «Сен
эпрайым болуп жүрбөгүн» деп сурап жатты. Эгерде
ал «Жок» деп жооп берсе, 6 алар тигиге: «Кана,
андай болсо «Шибболет» деп айтчы» деп буйруп
жатышты. Анткени эпрайымдар «Шибболет» деген
сөздү так айта алышчу эмес. Тили келбей
«Сибболет» деп айтып алган адамды ошол эле
кечүүдө өлтүрүп жатышты. Ошол күнү эпрайым
уруусунан кырк эки миң киши башын жерге
жаздады.
7 Гилаттык Ыптах ысрайыл элинде алты жыл бий
болду. Ал көз жумганда, сөөгү Гилаттагы өз
шаарына коюлду.

### Ипсан, Эйлон жана Абдон бийлер

8 Ыптах бийден кийин бейтлехемдик Ипсан
Ысрайылга бий болду. 9 Анын отуз уул, отуз кызы
бар эле. Ал отуз кызын сыртка күйөөгө берип, отуз
уулуна да келинди сырттан алган болчу. Ипсан
Ысрайылда жети жыл бийлик кылды. 10 Анан ал да
каза болуп, сөөгү Бейтлехемге коюлду.
11 Ипсан бийден кийин забулун уруусунан Эйлон
Ысрайылда бий болду. Ал он жыл бийлик кылды.
12 Анан забулундук Эйлон да көз жумуп, сөөгү
Забулун аймагындагы Айалондо жерге берилди.
13 Эйлон бийден кийин Пиратон шаарынан Хилел
уулу Абдон бий болду. 14 Анын кырк уулу, отуз
небереси бар эле. Алардын баары жетимиш эшекке
минип жүрүшчү. Абдон Ысрайылда сегиз жыл
бийлик кылды. 15 Пиратондук Хилел уулу Абдон бий
каза болгондо, анын сөөгү Эпрайым уруусунун
жеринде жайгашкан Амалык тоолору деп аталган
жердеги Пиратон шаарына коюлду.

### Самсондун төрөлүшү

13 Ысрайыл эли кайрадан Жараткан Эгенин көз
алдында жийиркеничтүү иштерди кыла
баштады. Жараткан Эге аларды кырк жылга
пелиштилердин колуна салып берди. 2 Ошол
заманда Сорада Дан уруусунан болгон Манояк
деген киши жашачу. Анын аялынын согончогу
канабагандыктан, перзенти жок эле.
3 Күндөрдүн биринде Жараткан Эгенин
периштеси Манояктын аялына көрүнүп:
– Сен ушул күнгө чейин төрөбөс болчусуң, эми
кош бойлуу болуп, уул төрөйсүң, – деди. 4 – Мындан
кийин шарап да, башка күчтүү ичимдиктерди да
ичпе, арам деп эсептелген тамакты жегенден да
сактан. 5 Жүктүү болуп, уул төрөйсүң. Бала
курсагыңда жатканда эле Кудайга багышталган
назир болот, ошондуктан анын башына устара

тийбеши керек. Ал ысрайыл элин пелиштилердин
колунан куткара баштайт. 6 Анан аял күйөөсүнө:
– Бүгүн мага Кудайдын кишиси келди. Анын
көрүнүшү Кудайдын периштесиндей сүрдүү экен.
Анын кайдан келгенин сурабай калыптырмын. Өзү
да мага ысымын айткан жок, – деп айтып келди. 7 –
Ал мага «Сен кош бойлуу болуп, уул төрөйсүң.
Ошондуктан шарап да, күчтүү башка ичимдик да
ичпе, арам деп саналган тамакты да жебе. Анткени
уулуң курсакта жаткандан баштап, өмүрү өткөнчө
Кудайдын назири болот» деп айтты. 8 Ошондо
Манояк Эгедерге:
– О Эгем, Өзүң жиберген ошол адамды дагы бир
ирет жиберсең экен. Ал келип, төрөлө турган
балага эмне кылышыбыз керектигин үйрөтүп
кетсин, – деп жалынды.
9 Кудай Манояктын үнүн укту. Аял талаада жүргөн
убакта Кудайдын баягы периштеси аялга кайрадан
келди. Бирок ошол маалда күйөөсү жанында эмес
эле. 10 Аял ошол замат шашыла күйөөсүнө барып:
– Ал бул жерде. Баягыда мага келген киши кайра
келди, – деп кабарлады. 11 Манояк аялы менен
ошол кишинин алдына келип:
– Менин аялым менен сүйлөшкөн сен белең? –
деп сурады.
– Ооба, мен болчумун, – деп жооп берди
бейтааныш киши.
12 – Сенин айткандарың орундалганда, баланы
кантебиз, эмне кылышыбыз керек? – деп Манояк
сурады. 13 Жараткан Эгенин периштеси Маноякка:
– Аялың мен айткан нерселердин баарынан
сактансын, – деп буйруду. 14 – Жүзүмдөн жасалган эч
нерсени оозго албасын. Шарапты, күчтүү
ичимдиктерди таптакыр ичпесин, арам деп
саналган эч кандай тамакты жебесин.
Айткандарымдын баарын сактасын! 15 Ошондо
Манояк Эгедердин периштесине:
– Сени бир азга кармап турсак болобу? Бир улак
союп, тамак жасай салалы, – деди.
16 – Макул, кармала турайын, бирок ошондо деле
даярдаган тамагыңдан жебеймин. Эгерде
улагыңды Жараткан Эгеге арнап бүтөрттөм
курмандыгына чала турган болсоң, анда соё бер, –
деди Эгедердин периштеси. Манояк анын
Эгедердин периштеси экендигин билген жок.
17 – Сенин атың ким? – деп сурады Манояк
Жараткан Эгенин периштесинен, – айткандарың
орундалганда сага сый-урмат көрсөтөлү.
18 – Менин атымды эмне үчүн сурап жатасың? Ал –
сырдуу керемет! – деди Эгедердин периштеси.
19 Ошондо Манояк улакты союп, аны дан
курмандыгы менен кошуп, Жараткан Эгеге арнап
чоң таштын үстүндө өрттөдү. Так ошол убакта
Манояк менен аялынын көз алдында Жараткан Эге
бир керемет иш кылды. 20 Курманжайдан жалын
жогору көтөрүлгөндө, Эгедердин периштеси
алоолонгон от ичинде асманга көтөрүлүп кетти.
Муну көргөндө Манояк аялы экөө тең жүздөмөндөп
жерге жыгылышты. 21 Периште Манояк менен анын
аялынын көз алдында кайып болуп кеткенде,
Манояк анын Жараткан Эгенин периштеси экенин
түшүндү.
22 Манояк аялына:
– Коку-уй! Биз Кудайды көрдүк, эми сөзсүз өлөбүз!
– деп боздоп ийди. 23 Бирок аялы:
– Эгерде Эгебиз бизди өлтүргүсү келсе, бүтөрттөм
жана дан курмандыктарыбызды биздин колдон
кабыл алмак эмес. Бизге керемет көрсөтүп, Өз
ниетин да билдирмек да эмес, – деп жооп берди.
24 Арадан убакыт өтүп, Манояктын аялы уул
төрөп, ысымын Самсон коюшту. Бала Кудайдын
колдоосунда чоңоюп жатты.
25 Самсон Сора менен Эштаул шаарларынын
ортосундагы Махане-Данда жашап жаткан
күндөрдөн баштап, Эгедердин Руху аны жетектей
баштады.

### Самсон жана тимнахтык кыз

14 Күндөрдүн биринде Самсон Тимнах шаарына
барды. Тимнахта бир пелишти кызына
Самсондун көзү түшүп калды. 2 Үйүнө кайтып
келгенде:
– Мен Тимнахта бир пелишти кызын көрүп
калдым. Ошого куда түшүп келгилечи, – деп ата-
энесинен суранды. 3 Бирок ата-энеси:
– Өз уруубузда, ал тургай бүт Ысрайылда кыз жок
бекен? Сен чындап эле сүннөтсүз пелиштилердин
кызын алганы калдыңбы? – дешти. Бирок Самсон:
– Ооба, так ошол кызды мага алып бергиле, ал
мага жагып калды, – деп айтканын бербей койду.
4 Жараткан Эге ушул учурду колдонуп, ошол кезде
Ысрайылга үстөмдүк кылган пелиштилерге каршы
аракетин баштамакчы болуп жаткан. Самсондун
ата-энеси муну түшүнгөн жок. 5 Акыры Самсон ата-
энеси менен Тимнахка кайра жөнөдү. Самсон
Тимнахтын жанындагы жүзүмзарга чукулдап
калганда, капысынан анын алдынан жаш арстан
аркырап айбат берип чыга калды. 6 Ошол көз
ирмемде Кудайдын Руху Өз кубаты менен Самсонго
келип түштү. Ошондо ал улакты жиликтеп
бөлгөндөй кылып, эч кандай куралсыз колу менен
эле арстанды айрып-жулуп салды. Бирок бул окуя
тууралуу атасы менен энесине айткан жок. 7 Анан
Самсон кыздын алдына барып, аны менен
сүйлөшүп көрдү. Ал бийкеч Самсонго аябай жакты.
8 Арадан күндөр өткөн соң, Самсон баягы кызга
үйлөнмөкчү болуп, Тимнахка кайра жол тартты.
Жолдо бара жатып, баягы арстандын тарпын
көргөнү ошол тарапка кайрыла калды. Караса,
арстандын кургап калган сөөгүнө аарылар уюк
салып алышыптыр, уюкта бал да бар экен. 9 Самсон
балдан кочуштап алып, жолду ката жеп кете берди.
Андан ата-энесине да берип, алар да жешти. Бирок
аселди арстандын кургап калган сөөгүнөн алганын
аларга айткан жок †. 10 Анан Самсонду ээрчитип

† *Сандар 6:1-6 караңыз.*

атасы да кыздын үйүнө келди. Салт боюнча Самсон
күйөө бала катары кайын журтунда той берди.
[11] Кыздын төркүндөрү күйөө баланын жалгыз
экенин көргөндө, отуз жигитти тандап алып, аны
жандап жүрүү үчүн кошуп беришти. [12] Той күндөрү
Самсон ошол жигиттерге:
– Мен силерге бир табышмак айтайын. Эгерде
аны ушул жети күндүк той күндөрүндө жандыра
алсаңар, ар бириңерге бирден ички кийим, бир
сыйрадан сырт кийим беремин, – деп сунуш кылды.
[13] – Эгерде жообун айта албасаңар, анда силер мага
отуз ички кийим, ага кошуп отуз сыйра сырт кийим
бересиңер.
– Ошондо жигиттер ага:
– Табышмагыңды айта бер, кулагыбыз сенде, –
деп жооп беришти. [14]
– Самсон аларга:
- Жегичтин ичинен жей турган нерсе чыкты,
Күчтүүнүн ичинен таттуу нерсе чыкты – деп айтты.
Жигиттер үч күн бою ойлонсо да, табышмакты
жандыра алышкан жок.
[15] Тойдун төртүнчү күнү алар Самсондун
колуктусуна келип:
– Силер бизди тоноп алыш үчүн ушул жакка
чакырган турбайсыңарбы? Бол! Күйөө баланы
алдап-соолап, табышмактын жообун билип бер, –
деп айтышты. – Болбосо, сени да, атаңдын тукум-
жууратын да өрттөп жиберебиз! [16] Ошондо колукту
Самсондун алдына келип:
– Сен мени сүйбөйт турбайсыңбы, мени жаман
көрөт турбайсыңбы, – деп шолоктоп ыйлады. – Сен
элимдин жигиттерине айткан табышмактын
жандырмагын мага айтпай койдуң!
– Муну карасаң! – деди ага Самсон. – Ата-энеме
айтпаган табышмактын жандырмагын сага айта
салайынбы? [17] Бирок колуктусу жети күнгө созулган
той бүткөнчө анын мазесин алып ыйлай
бергендиктен, акыры Самсон табышмактын
жообун ага айтып берди. Кыз болсо дароо
жандырмакты өз элинин жигиттерине айтып
салды. [18] Жетинчи күнү күн бата электе баягы
жигиттер Самсондун алдына келип:
– Аселден ширин азык барбы?
Арстандан күчтүү айбан барбы? – деп
табышмактын жообун айтып беришти. Ошондо
Самсон аларга:
Кунаажынымды кошко салып айдабаганыңарда,
Акылыңар жетмек эмес табышмакка, – деп жооп
берди. [19] Так ошол көз ирмемде Жараткан Эгенин
Руху Самсонго түшүп, ал ашып-ташыган күчкө
толду. Анан Самсон дароо Ашкелон шаарына
жөнөп кетти. Ал жерде ашкелондук отуз кишини
өлтүрүп, үстүндөгү кийимдерин сыйрып алды да,
табышмактын жандырмагын тапкандарга алып
келип берди.
Самсон каарданган бойдон атасынын үйүнө
кетип калды. [20] Самсондун колуктусун болсо анын
күйөө жолдошуна узатып жиберишти.

## Самсондун пелиштилерден өч алуусу

15 Арадан күндөр өттү. Оруу-жыйуу убагында
Самсон бир улакты алып, аялына жолукканы
келди.
– Мен аялымдын бөлмөсүнө киремин, – деди
Самсон. Бирок кайнатасы аны киргизбей койду.
[2] – Мен сени кызымды таштап кетти деп ойлоп,
аны өзүңдүн күйөө жолдошторуңдун бирине
узатып жибергем. Бирок кийинки кызым андан да
чырайлуураак, анын ордуна ошол сиңдисин ал, –
деди.
[3] – Эми пелиштилерге кандай жамандык кылсам
да күнөөсүз боломун, – деди Самсон. [4] Ал барып, үч
жүз түлкү кармап, аларды эки-экиден кылып
куйруктарынан байлап, бирден шамананы кошо
байлады. [5] Анан шаманаларды күйгүзүп,
түлкүлөрдү пелиштилердин талаадагы эгинине коё
берди. Алар качып жөнөшкөндө боолонгон
чөмөлөлөр да, орок тие элек эгин да, жүзүмзарлар
да, зайтун дарактары да өрттөнүп кетти. [6] Муну
көргөн пелиштилер «бул ишти ким кылды?» деп
сураштыра башташты. «Муну тимнахтык бир
кишинин Самсон деген күйөө баласы кылыптыр.
Анткени кайнатасы анын аялын ошол күйөө
баланын күйөө жолдошуна берип салган экен» деп
айтышты. Ошондо пелиштилер жабыла келишип,
атасын да, кызын да өрттөп жиберишти. [7] Самсон
бул жөнүндө укканда:
– Ушундай кылат белеңер? Эми силерден өч
алмайынча, эми жаным жай албайт! – деп, [8] эми
аларга кол салды. Алардын шыйрактары менен
жамбаштарын сындырып салды. Анан ал Эйтам
аскасындагы үңкүргө барып, ошол жерди пааналап
калды.
[9] Көп өтпөй пелиштилер жөөт жерине келип, ордо
орнотушуп, Лехи шаарына кол салышты. [10] Ошондо
жөөттөр пелиштилерден:
– Эмне үчүн бизге каршы чогулуп келдиңер? - деп
сурашты. Алар болсо:
– Биз Самсонду кармап, бизге кылган
жамандыгын өз башына салуу үчүн келдик, – деп
жооп беришти. [11] Ошондо жөөт элинен үч миң
киши чогулуп, Эйтам аскасына келишти. Алар
Самсонго:
– Сен эмне, пелиштилер бизге үстөмдүк кылып
жатканын билбейсиңби? Бул эмне кылганың?! –
дешти. Самсон болсо:
– Мен болгону алардын мага кылган жамандыгын
өздөрүнүн башына салдым, – деп жооп берди.
[12] Тигилер болсо Самсонго:
– Биз сени байлап алып кеткени келдик, – деп
айтышты. – Сени байлап, пелиштилердин колуна
салып беребиз.
– Жарайт, – деди Самсон, – бирок сени
өлтүрбөйбүз деп убада бергиле.

13 – Убада беребиз, сени өлтүрбөйбүз, – деп жооп
кылышты келгендер. – Биз сени байлап, алардын
колуна өткөрүп берсек болду.
Жөөттөр Самсонду эки жаңы аркан менен байлап,
үңкүрдөн алып чыгышты. 14 Самсон Лехиге
жакындаганда, пелиштилер айкырык салып, аны
тосуп чыгышты. Ошол көз ирмемде Жараткан
Эгенин Руху Самсонго түшүп, ал ашып-ташкан
күчкө толду. Ал колдору байланган аркандарды от
тийген кендир жибиндей оңой эле үзүп салды.
15 Самсон эшектин кургай элек жаак сөөгүн таап
алып, аны менен миң кишини чаап өлтүрдү.
16 Ошондо Самсон:
Жаак сөөгү менен эшектин,
Миң кишини өлтүрдүм.
Жаак сөөгү менен эшектин
Үйүп салдым өлүктөрүн, – деп айтты.
17 Ушуну айтып, Самсон жаак сөөктү ыргытып
салды да, ал жерди Сөөк-Дөбө деп атап койду.
18 Ошол убакта Самсон өлөрчө катуу суусаганын
сезди. Самсон Эгедерге:
– Сен Өз кулуңа ушундай улуу куткарылуу
жеңишин бердиң. Эми болсо каным катып,
сүннөтсүздөрдүн колуна түшүп өлөмбү? – деп
кыйкырып жалынып жиберди. 19 Кудай аны укту.
Ошол жерде бир ойдуң жер жарылып, оргуштап суу
чыкты. Самсон сууну кана ичти, анын боюна
кайрат кирип, жандана түштү. Ошондон улам аны
Зар-Булак деп атап койду. Ошол булак Лехиде ушул
күнгө чейин бар.
20 Пелиштилер үстөмдүк кылган ошол заманда
Самсон Ысрайылда жыйырма жыл бий болуп турду.

### Самсон жана Далида

16 Бир күнү Самсон пелиштилердин шаары
Газага барды. Ал жерде аягы суюк бир аялды
көрүп калып, аны менен түнөп калды. 2 «Самсон
мында келиптир!» деген сөздү газалыктар укканда,
ошол жерди дароо курчоого алышты. Алар шаар
дарбазасынын алдына чогулуп: «Жерге жарык
түшкөнчө күтөлү. Анан аны кармап, көзүн
тазалайбыз» дешип, аңдып олтурушту. 3 Самсон
болсо түн жарымына чейин эле жатты. Түн
ортосунда туруп, шаар дарбазасын кашектери,
кулпулары менен сууруп алып, жонуна артты да,
Хебронго бараткан жолдогу бир дөңдүн үстүнө
алпарып таштап салды.
4 Көп өтпөй Самсон Сорек өрөөнүндө жашаган
Далида ысымдуу бир кызга ашык болуп калды.
5 Бир күнү Далидага пелишти бектери келип:
– Самсонду амалга салып, анын зор күчүнүн сыры
эмнеде экенин, аны кантип байлап, моюн
сундуруш керектигин чекмелеп билип берсең, ар
бирибиз сага бир миң бир жүз шекелден күмүш
беребиз, – дешти. 6 Ошондуктан Далида
Самсондон:
– Жаным, зор күчүңдүн сырын мага айтып берчи.
Сени кантип байлап, баш ийдирсе болот? – деп
суранды.
7 – Эгерде мени жаанын тарамыштан жасалган,
кургай элек жети кермеси менен байласа, күчүм
кетип, эл катары эле болуп каламын, – деп Самсон
жооп берди. 8 Ошондо пелишти бектери жаанын
жети кермесин кызга алып келип беришти. Далида
ошол кермелер менен Самсонду байлап салды.
9 Бул убакта башка бөлмөдө бир нече пелиштилик
киши аны кармамакчы болуп бугуп олтурушту. Бир
маалда Далида:
– Самсон! Пелиштилер келе жатышат! – деп
бакырып жиберди. Самсон ордунан тура калып,
жаанын кермелерин от тийген кендир жибиндей
кылып үзүп салды. Ошентип, анын күчүнүн сыры
ачылбай калды.
10 – Сен мени алдап, калп айткан турбайсыңбы! –
деди Далида. – Деги айтчы, сени эмне менен
байласа болот?
11 – Эгерде мени колдонулбаган жаңы аркандар
менен байласа, катардагы эле адамдардай алсыз
болуп каламын. 12 Далида жаңы аркандарды таап
келип, Самсонду байлап салды. Бул арада бир нече
пелиштилер башка бөлмөдө кайрадан бугуп
жатышкан. Бир маалда Далида:
– Самсон! Пелиштилер келе жатышат! – деп
чыңырып жиберди. Самсон тура калып, колдорун
байлаган аркандарды жип үзгөндөй үзүп салды.
13 – Сен дагы эле мени алдап, калп айтып жаткан
турбайсыңбы. Деги айтчы, сени эмне менен
байласа болот? – деди Далида.
– Эгерде жети өрүм чачымды өрмөккө аркак
менен согуп токуп, анан өрмөктүн өзүн казык
менен жерге кагып салса, күчүм кетип, кадимки эле
адамдардай болуп каламын, – деп жооп берди
Самсон.
14 Самсон уктап калганда, Далида анын чачтарын
өрмөккө кошуп токуп, өрмөктү болсо казык менен
жерге кагып салып, анан:
– Самсон! Пелиштилер келе жатышат! – деп
кыйкырып жиберди. Самсон чочуп ойгонуп,
өрмөктү түбү менен жулуп салды.
15 Ошондо Далида Самсонго:
– «Сени сүйөмүн» деп кантип айтып жатасың?!
Жүрөгүң менден алыс турбайбы! Сен мени үч ирет
алдап, күчүңдүн сырын айтпай койдуң! 16 Далида
күн сайын анын мазесин кетирип, жанын сууруп
алчудай болду. 17 Ошондо Самсон ага жүрөгүндөгү
сырын ачып берди:
– Менин башыма эч качан устара тийген эмес.
Анткени мен энемдин курсагында жатканымда эле
Кудайга багышталган назирмин. Эгерде чачымды
кырып салышса, күчүм кетип, кадимки эле
адамдардай болуп каламын. 18 Самсон ага бүт
сырын айтып бергенин түшүнүп, Далида пелишти
бектерине киши жиберип: «Дагы бир жолу келгиле.
Ал мага сырын ачып берди» деп айттырды.

Ошондо пелишти төрөлөрү убада кылган
күмүштөрдү алып, Далидага келишти.
19 Далида Самсонду башын тизесине жаздантып,
уктатып койду. Анан бир кишини чакырып,
Самсондун жети тутам чачын кырктырып салды.
Ошондо анын күчү кетип, алсырап калды. 20 Бир
маалда Далида:
– Самсон! Пелиштилер келе жатышат! – деп
кыйкырып жиберди. Самсон ойгонуп кетти. Ал:
«Мурдагыдай эле бир жулкунуп, кутулуп кетемин»
деп ойлоду. Бирок Эгедер аны жалгыз калтырганын
билген жок. 21 Пелиштилер аны кармап, көздөрүн
оюп салышты. Анан Газага алып келип, жез
чынжырлар менен кишендеп салышты. Ал
абактагы тегирмен ташын айлантып жатты.
22 Ошол арада анын кыркылган чачтары кайрадан
өсө баштады.

### Самсондун акыркы эрдиги

23 Пелишти төрөлөрү өз кудайы Дагондун
урматына чоң той берип: «Душманыбыз Самсонду
кудайыбыз колубузга салып берди» деп кубанып
жатышты. 24 Эл да Самсонду көргөндө:
Жерибизди ээн кылган
Өлүктөрдөн дөң курган
Душманыбыз колго түштү
Айланайын кудайымдан, –
деп өз кудайын мактап жатышты. 25 Алар кызып,
көңүлү көтөрүлүп калган убакта:
– Самсонду алып келгиле! Ал бизге тамаша куруп
берсин! – деп кыйкырышты. Жигиттер Самсонду
абактан алып чыгышып, тирөөчтөрдүн ортосуна
тургузуп коюшту. 26 Самсон өзүн жетелеп келген
балага:
– Имаратты көтөрүп турган тирөөчтөрдү
карматып койчу, аларга жөлөнүп алайын – деди.
27 Буткананын ичинде эркек-аял болуп эл толтура
эле. Пелиштилердин бектери түгөл мында
келишкен. Имараттын үстүндөгү ачык жерге чыгып
алган үч миңдей киши ортодогу Самсонду тамаша
кылып жатышты. 28 Бир маалда Самсон Эгедерге
жалынып:
– Оо, Жараткан Эге! Мени эстей көр! Суранам,
мага дагы бир жолу күч бер, о Кудайым! Эки
көзүмдү оюп алганы үчүн пелиштилерден бир дем
менен өчүмдү алайын! – деп жалынды. 29 Самсон
имараттын ортоңку эки тирөөчтөрдүн ортосунда
турган. Ал ошол тирөөчтөрдүн бирөөнө оң колун,
экинчисине сол колун коюп, катуу тиренди да:
30 - Ушул пелиштилерди ала жатып өлөйүн! – деп,
тирөөчтөрдү болгон күчү менен түртүп жиберди.
Ошондо буткана кулап, ичиндеги бектерди да, бүт
элди да басып калды. Ошентип, Самсон өлөрүндө
өлтүргөн жоонун саны ал өмүр бою өлтүргөн
жоонун санынан ашып түштү. 31 Мындан кийин
Самсондун бир туугандары жана бүт ата уругу
келип, анын сөөгүн алып кетишти. Аны Сора менен
Эштаулдун ортосундагы атасы Маноякттын жанына
коюшту.
Ал Ысрайылда жыйырма жыл бий болуп турган.

### Мукайдын буркандары

17 Эпрайым тоолорунда Мукай деген киши
жашачу. 2 Бир күнү ал энесине мындай деди:
– Апа, сиз бир миң бир жүз даана күмүшүңүздү
жоготуп койбодуңуз беле? Ошол эсиңиздеби?
Ошондо менин көз алдымда ууруну каргагансыз.
Ошол күмүштөр менде, мен катып алган болчумун.
Муну укканда энеси:
– Уулум, Жараткан Эге сени жалгасын! – деди.
3 Ошентип, Мукай бир миң бир жүз даана күмүштү
энесине кайтарып берди. Анда энеси:
– Уулум, мен бул күмүштөрдү Жараткан Эгебизге
багыштадым, – деди. – Жыгачтан сөлөкөт жасатып,
анан аны каптоо үчүн, күмүштөрдү өзүңө кайтарып
беремин. 4 Бирок уулу албай койгондуктан, энеси
күмүштөрдөн эки жүз даана алып, зергерге берди.
Зергер жыгачтан буркан жасап, аны ошол күмүш
менен каптады. Анан аны Мукайдын үйүнө орнотуп
коюшту. 5 Ошентип, Мукай үйүн кудай үйү кылды.
Анан дагы эфод кийим менен үй буркандарын
жасатып, уулдарынын бирөөнү динкызматчы
кылып дайындады. 6 Ал заманда Ысрайылда
падыша жок болчу. Ким эмнени туура көрсө, ошону
жасачу.
7 Ошол кезде жөөт жеринин Бейтлехем шаарында
бир леби жигит жашачу. 8 Ал жигит башка жерден
жан багыш үчүн жөөттүн Бейтлехеминен чыгып,
жол жүрүп олтуруп, Эпрайым тоолорундагы
Мукайдын үйүнө келип калды. 9 – Кайдан келе
жатасың, уулум? – деп сурады Мукай андан.
– Мен жөөттүн Бейтлехеминен келе жатамын.
Өзүм лебимин. Баш калкалар жай издеп жүрөмүн, –
деп жооп берди жигит.
10 – Анда менин үйүмдө кал, – деп сунуш кылды
Мукай. – Менин кеңешчим да, динкызматчым да
болосуң. Мен сага жылына он шекел күмүш төлөп
беремин. Кийим-кечең менен тамак-ашың да
менден болот. Леби анын үйүндө калууга макул
болду. 11 Ал жигит ага өз уулдарынын бириндей эле
болуп калды. 12 Мукай лебини динкызматчы кылып
дайындады. Ал Мукайдын үйүндө жашап калды.
13 Ошондо Мукай:
– Мен лебини динкызматчы кылып дайындадым,
Жараткан Эге эми мени колдойт, – деди.

### Дан уруусунун Лаишке жайгашуусу

18 Ал заманда Ысрайылда падыша жок болчу.
Ошол күндөрү Дан уруусу мекендеш үчүн
өзүнө башка жерден кошумча жер издеп жаткан.
Анткени алар Ысрайылдын башка урууларынын
арасында өзүнө тийген үлүш жерге ушул убакка
чейин толук ээ боло алган эмес эле. 2 Ошондуктан
дандыктар өзүнүн ичинен бакандай беш жигитти

тандап алып, «Барып, жаңы жерлерди чалып
келгиле» деген тапшырма менен жөнөтүштү. Сора
менен Эштаулдан чыккан ошол жигиттер Эпрайым
тоолорундагы Мукайдын үйүнө келип конуп
калышты. 3 Алар Мукайдын үйүндө олтурушуп,
леби жигитти үнүнөн таанып калышты. Анан ага
басып келишип:
– Ой жигит! Сени бул жерге ким алып келди? Бул
жерде эмне кылып жүрөсүң? Кантип келип калдың?
– деп сурашты. Тиги жигит:
4 – Мукай мени жалдап алды. Мен анын
динкызматчысымын, – деп жооп берип, Мукайдын
өзүнө кылган жакшылыктарынын бардыгын айтып
берди.
5 – Андай болсо, сапарыбыз ооматтуу болобу же
жокпу, Кудайдан сурап берчи, – деп айтышты
тигилер.
6 – Ооматтуу болосуңар. Бара бергиле.
Сапарыңарда Жараткан Эге Өзү силерге жар болот,
– деп жооп берди динкызматчы. 7 Ошентип, беш
жигит жол жүрүп олтуруп, Лаишке келишти. Бул
жерде алар коопсуз, Сидон элиндей бейкапар,
тынч жашап жаткан элди көрүштү. Ал тегеректе
алардын тынчын алган же аларга үстөмдүк кылган
эч ким жок эле. Сидондон алыс жашап, башка
элдер менен да алака түзбөйт экен.
8 Беш жигит Сора менен Эштаулдагы журтуна
кайтып келишкенде:
– Кандай кабар алып келдиңер? – деп тууғандары
сурашты.
9 – Биз абдан жайлуу жерди көрүп келдик!
Жүргүлө, барып ал жерге кол салалы! Ушинтип
олтура бересиңерби? – деп айтышты тигилер. –
Токтолбостон барып, ошол жерди басып алалы!
10 Ал жерге барсаңар, бейкапар жаткан элди өз
көзүңөр менен көрөсүңөр. Жери абдан кенен экен.
Ушундай жер соорусун Кудай колубузга берип
жатат! 11 Ошентип, дан уруусунан курал-жаракчан
алты жүз жигит Сора менен Эштаулдан жортуулга
аттанып чыгышты. 12 Алар жөөт жерине келип,
Кирият-Жеярим шаарынын батыш тарабына ордо
курушту. Ошондуктан ал жер күнү бүгүнкүгө чейин
Дан ордосу деп аталат. 13 Ал жерден Эпрайым
тоолорун карай бет алып, Мукайдын айылына
жакындап келишти. 14 Бир маалда жер чалып
келүүгө Лаишке барып келген жанагы беш жигит
жанындагылардан:
– Тууғандар! Билесиңерби, ушул үйлөрдүн
бирөөндө эфод, үй кудайлары, анан дагы жыгачтан
оюулуп, күмүш капталган кудайлар бар, – деп
айтышты. – Аларды эмне кылуу керектигин өзүңөр
жакшылап ойлонуп көргүлө. 15 Ошондо алар леби
жашап жаткан Мукайдын үйүнө ал-жай сурап
кирип келишти. 16 Дан уруусунун курал-жаракчан
алты жүз жигити болсо дарбаза сыртында
калышты. 17 Чалгынга барган беш киши Мукайдын
үйүнө түз эле кирип барып жыгачтан оюулуп,
күмүш капталган бурканды, эфодду, үй
бурkandарын алышты. Динкызматчы болсо
дарбаза сыртындагы куралчандардын жанында
турган. 18 Тигилер жыгачтан жасалган бурканды,
эфодду, үй бурkandарын үйдөн алып чыгып
баратышканда, динкызматчы муну көрүп:
– Эй! Бул эмне кылганыңар? – деп жиберди.
19 – Үнүңдү чыгарба! Оозуңду жап да, бизди
ээрчип жүргүн! – дешти жигиттер. – Бизге кеңешчи
да, динкызматчы да болосуң. Өзүң айтчы, бир
үйдүн динкызматчысы болгон жакшыбы, же
Ысрайылдын бүтүн бир уруусуна динкызматчы
болгон жакшыбы? 20 Динкызматчы сүйүнүп кетип,
эфодду, үй бурkandарын, анан да куйма бурканды
алды да, жигиттер менен чогуу кетти.
21 Дандыктар катын-бала, мал-жанды жана
жүктөрүн алдыга коё берип, кайрадан сапарын
улантышты †. 22 Алар Мукайдын үйүнөн узай
бергенде, Мукай кошуна-колоңдорун чогултуп,
алардын артынан кубалап жөнөдү. 23 Кууғунчулар
айкырык салып жетип келишкенде, тигилер артка
бурулуп, Мукайга:
– Эмне болду? Неге ушунчаң топурап келдиңер? –
дешти.
24 – Силер менин жасаткан кудайларым менен
динкызматчымды тартып алып кетип
жатпайсыңарбы! – деди Мукай. – Анан «эмне
болду?» деп сурайсыңар да!
25 – Бас жаагыңды! – деп кесе сүйлөштү дан
уулдары, – болбосо арабыздагы кызуу кандуу
жигиттерибиз тумшугуңду кандап, өзүңдү да,
үйүңдөгүлөрдү да набыт кылып коюшат! 26 Муну
айтып, дандыктар жолун улап кетип калышты.
Мукай алардын алда канча күчтүү экенин көрүп,
тизгинди артка бурулду да, үйүнө кайтып кетти.
27 Ошентип, дандыктар Мукай жасаган нерселерди
тартып алып, анын динкызматчысын ээрчитип
кетишти. Алар Лаишке жетип, тынч, бейкапар
жаткан элге кол салышты. Элди кылычтап кырып,
шаарды өрттөп салышты. 28 Лаиш элине жардам
берер эч ким болбоду. Анткени бул шаар Бейт-
Рехоптун жанындагы өрөөндө жайгашкандыктан,
Сидондон алыс эле, кошуна элдер менен да алака
түзчү эмес.
Дандыктар шаарды кайрадан куруп, ал жерге
отурукташып калышты. 29 Шаарды өздөрүнүн түп
атасы Ысрайылдын уулу Дандын урматына «Дан
шаары» деп атап алышты. Калаанын мурдагы аты
Лаиш болчу. 30 Дан уруусу бурkandарды өздөрүнө
коюп алышты. Ал жерде жашоочулар туткундалып
кеткенге чейин Гийиршомдун уулу, Мусанын
небереси Жонатан жана анын уулдары Дан
уруусунун динкызматчылары болуп турушту.
31 Кудайдын үйү Шилодо турган убакыт
аралыгында, дан эли Мукай оюп жасаткан бурканга
табынышкан.

---

† *Жортуулга чыккан алты жүз киши басып алган жерге дароо эле олтурукташуу үчүн үй-бүлө, мал-мүлкүн ала чыккан болчу.*

### Гибон элинин оор күнөөсү

19 Ысрайылда падыша жок ошол заманда,
Эпрайым тоолорунун алыскы жерлеринде
бир леби жашачу. Ал жөөт жеринин Бейтлехем
шаарынан токол алды. 2 Ошол токолу бир күнү
таарынып, жөөттүн Бейтлехеминдеги төркүнүнө
кетип калды. Төрт айдан кийин, 3 күйөөсү анын
көңүлүн таап, үйүнө кайтарып келүү үчүн, малай
баласы экөө эки эшекке минип барышты. Лебинин
токолу аларды үйгө киргизди. Кайнатасы да аны
көргөндө кубана тосуп алды. 4 Кайнатасы аны
кетирбей койгондуктан, леби сый тамак жеп, конок
болуп үч күн калып калды.
5 Төртүнчү күндүн эрте таңында алар кетүүгө
камдана башташты. Бирок кайнатасы күйөө
баласына:
– Алгач курсагыңарды тойгузуп, кубаттанып
алгыла, анан жолго чыгасыңар, – деди. 6 Алар
калып, кайрадан дасторконго олтурушту. Тамактан
кийин кайнатасы мындай деди:
– Бүгүн да конуп калып, көңүлүңдү көтөр.
7 Леби кетмекчи болгондо, кайнатасы ой-боюна
койбой дагы бир күнгө алып калды. 8 Бешинчи күнү
таң ата алар жолго чыгууга кайрадан даярдана
башташты. Бирок кайнатасы күйөө баласына кайра
эле:
– Даам сызып, түш оогондон кийин кетесиңер –
деп кетирбей койду. Ошентип, алар кайрадан
дасторкон жайып, олтуруп калышты. 9 Леби
колуктусу менен малай баласын ээрчитип жолго
чыгууга камына баштаганда:
– Уулум, карачы, күн ылдыйлап баратат. Аздан
кийин кеч кирет. Дагы бир түнөп калып, көңүлүңдү
ач. Эртең таң ата жолго чыгып, уяңарга кайтып
барасыңар, – деди кайнатасы. 10 Бирок күйөө бала
дагы бир түнөп калгысы келген жок. Ал токолун
ээрчитип, жүк артылган эки эшегин жетелеп алып,
жолго чыкты. Ошентип, алар Жебуска, башкача
айтканда Иерусалимге жетип келишти. 11 Алар
Жебуска жакындап калганда күн олтура баштады.
Ошондо малай бала кожоюнуна:
– Жебустардын мына бул шаарына бурулуп, ушул
жерде түнөп калсак кантет? – деп сунуш кылды.
12 – Жок, – деди кожоюну, – ысрайыл элине жат
болгон бөтөн элдин шаарына кирбейбиз. Андан
көрө Гибага жетип алалы. 13 – Гибага же Рамага
жетип алып, ошол эки шаардын биринде түнөп
калсак жакшы болмок, – деди. 14 Алар сапарын
улантып, иңир кирип калган убакта бенжамин
жериндеги Гиба шаарына жакындап келишти.
15 Алар түнөк табуу үчүн Гибага бурулушту. Шаар
аянтына келип олтурушту, бирок аларды эч ким
үйүнө түнөгөнгө чакырган жок.
16 Каш карайып калган убакта бир аксакал
талаадан кайтып келе жатты. Ал Эпрайым
тоолорунан журт оодарып келип, Гибада келгин
болуп жашап калган. Бул калаанын жергиликтүү
калкы болсо бенжаминдер эле. 17 Абышка шаар
аянтында олтурган мусаапырларды байкап калып,
лебиден:
– Кайдан келдиңер? Кайда баратасыңар? – деди.
18 – Биз жөөттөрдүн Бейтлехеминен өзүбүз
жашаган алыскы Эпрайым тоолорундагы
жерибизге бара жатабыз. Жөөттүн Бейтлехемине
барганбыз, эми болсо Эгедердин үйүнө † кайтып
баратабыз. Бирок эч ким бизди кудайы конок
кылып үйүнө чакырган жок. 19 Эшектерибиздин
жем-чөбү бар. Менин, мына бул күңүңүз менен
малай баланын да жээр наны менен ичер шарабы
жанында. Керектүүнүн баары бизде бар. 20 Карыя:
– Кадырың жан болсун! Силерге керектүүнүн
баары менден болот. Көчөдө түнөбөсөңөр эле
болду! – деди. 21 Анан аларды үйүнө ээрчитип
барып, эшектерине чөп салды. Коноктор буттарын
жуугандан кийин, тамактана башташты.
22 Алар көңүл ачып олтурушканда, шаардын
бузулган адамдары үйдү курчап алып, эшикти
тарсылдата ургулап, карыяга:
– Эй, чал! Үйүңө келген кишини сыртка чыгар, биз
ага жакындайбыз! – деп айкырышты. 23 Үйдүн ээси
сыртка чыгып:
– Айланайын туугандар! Жамандык кылбагыла! Ал
менин кудайы коногум, андай ыпылас иш
кылбагыла! – деп суранды. 24 – Мына, менин
күйөөгө тие элек кызым бар, тиги кишинин болсо
токолу бар. Ошолорду сыртка чыгарып берейин,
аларга өз каалаганыңардай кылгыла. Бирок бул
кишиге андай ыпылас ишти кылбасаңар экен!
25 Бирок тиги кишилер ага кулак салышкан жок.
Ошондо леби өз токолун түртүп аларга чыгарып
берди. Алар аялды түнү бою зордуктап, таң атканча
намысын тебелешти. Үрөң-бараң убакта гана аны
коё беришти. 26 Таң агара баштаганда аял кожоюну
түнөп калган карыянын үйүнө келди. Ал каалганын
алдына кулап, күн чыкканча жатып калды. 27 Эртең
менен кожоюну камданып, жолго чыгуу үчүн
эшикти ача бергенде, каалганын артында босогого
колун сунган бойдон жаткан токолун көрдү. 28 Ал
токолуна:
– Эй, тур, кетели, – деп айтты. Бирок жооп болгон
жок.
Леби аны эшегине артып, үйүнө жөнөдү. 29 Үйүнө
жеткенде бычак алып, токолунун жансыз денесин
он эки жиликке бөлүп, бүткүл Ысрайыл
аймактарына жөнөтүп жиберди. 30 Муну көргөндүн
баары: «Ысрайыл эли Мисир жеринен чыккан
убактан ушул күнгө чейин мындай шумдук иш
болгон эмес. Бул тууралуу ойлонуп, акылдашып,
анан эмне кылуу керектигин сүйлөшөлү» дешти.

---

† *Ал заманда Эгедердин жыйын чатыры Эпрайым тоолорундагы Шилодо турган. (18:31). Бул леби да Эпрайым тоолорунда жашачу (19:1).*

### Бүт Ысрайылдын бенжамин менен согушу

20 Ошондо Дандан баштап, Бершебага жана
Гилатка чейинки жерлердеги
ысрайылдардын бүт жамааты бир кишидей болуп,
Эгедердин алдына, Миспага чогулду. 2 Кудай
элинин жыйынына Ысрайылдын бардык
урууларынын төбөлдөрү жана колуна кылыч
карманган төрт жүз миң жөө аскер келди.
3 Бенжаминдер ысрайылдардын Миспага
чогулганын угушту.
Ысрайылдар болсо:
– Бул жаман иш кандайча болду? - деп сурашты.
4 Киши колдуу болгон аялдын күйөөсү, леби
мындай деди:
– Мен токолум менен бенжамин жериндеги
Гибага түнөп калалы деп токтодум эле. 5 Жети түндө
Гибанын тургундары келишип, мени өлтүрөбүз деп
биз токтогон үйдү курчап алышты. Алар токолумду
зордукташты, ошондон ал каза болуп калды. 6 Мен
токолумдун жансыз денесин алып келип,
Ысрайылда жасалган жийиркеничтүү, шумдук ишти
баары билсин үчүн, денени жиликтеп бөлүп,
Ысрайыл үлүшкө алган бардык аймактарга
жибердим. 7 О Ысрайыл журту! Мына ушул ишти
өзүңөр карап чыгып, чечимиңерди айткыла! 8 Муну
укканда бүт эл дуулдап:
– Эч кимибиз үйлөрүбүзгө кайтып кетпейбиз,
бирөөбүз да артка барбайбыз! – деп айтты. 9 – Биз
эми Гиба менен салгылашуу үчүн мындай кылалы:
өкчөмө таш таштап, 10 Ысрайылдын урууларынан
жүз кишиден онду, миң кишиден жүздү, түмөндөн
миңди тандайлы. Алар бенжаминдин Гиба элин
Ысрайылда жасаган жийиркеничтүү иши үчүн
жазалоого бара турган элге азык-түлүк алып келип
турушсун.
11 Бүткүл ысрайылдар түп көтөрүлө Гибага каршы
чогулушту. 12 Алар бенжамин уруусунун бүт жерине
чабармандарды жиберип: «О журт! Неге араңарда
мындай жийиркеничтүү иш жасалды?» деп
айттырды. 13 «Гибадагы ошол бузулган адамдарды
бизге кармап бергиле. Биз аларды өлтүрүп,
Ысрайылдагы жамандыкты түп-тамыры менен жок
кылабыз».
Бирок бенжамин уруусу бир тууганы Ысрайыл
уруусунун сөздөрүн уккусу келген жок.
14 Тескерисинче, бенжамин эли ысрайыл эли менен
согушуу үчүн өз шаарларынан Гибага чогулду.
15 Ошол күнү бенжамин шаарларынан колуна
кылыч кармаган жыйырма алты миң жоокер, Гиба
тургундарынын болсо жети жүз тандалган аскер
жыйналды. 16 Бүткүл кошуундун арасындагы
тандалган жети жүз аскер салмоор менен кылды да
үзө таамай ата алган сологой жигиттер эле.
17 Ысрайылдар болсо, бенжамин уруусунан башка,
кылычын жалаңдаткан төрт жүз миң жоокер
чогултту. Алардын баары тажрыйбалуу жоокерлер
эле.
18 Ысрайылдар ал жерден жылып, Бейтелге
барышты да: «Бенжаминдер менен салгылашууга
бизди ким баштап барат?» деп Кудайдан сурашты.
Эгедер аларга: «жөөт уруусу баштап барат» деп
жооп берди.
19 Кийинки күнү таң заарда Ысрайыл кошууну
ордунан козголуп, Гибага жакын жерге ордо курду.
20 Анан ысрайылдар бенжаминдер менен
салгылашуу үчүн Гибанын каршысына каз-катар
тизилишти. 21 Муну көргөн бенжамин аскерлери
Гибадан чыгып, ошол күнү салгылашта
ысрайылдардын жыйырма эки миң аскерин
өлтүрүштү.
22 Бирок эртеси Ысрайыл кошууну кайраттанып,
кечеки жерге кайрадан сап тартып тизилди.
23 Анткени ысрайылдар мурунку күнү Бейтелге
кайра барып, Эгедердин алдында кечке чейин
ыйлап: «Бир тууганыбыз бенжамин эли менен
салгылашууга кайрадан баралыбы?» деп Жараткан
Эгеден сурашкан болчу. Жараткан Эге: «Аларга
каршы кайрадан баргыла» деп жооп берген эле.
24 Ошондуктан Ысрайыл аскерлери кийинки күнү
кайрадан бенжамин кошууну менен согушту.
25 Бенжамин аскерлери ошол күнү да Гибадан
чыгып келип, кылычын жалаңдаткан дагы он сегиз
миң Ысрайыл жоокерин сулатты.
26 Ошондо Ысрайылдын бүт колу кайрадан
Бейтелге келип, Эгедердин алдында ый-өкүрүк
салып, кечке чейин орозо кармашып, бүтөрттөм
жана тынчтык курмандыктарын чалышты. 27 Ал
убакытта Кудайдын келишим сандыгы Бейтелде
болчу. Аруундун небереси, Элазардын уулу Пинхас
анын алдында диний кызмат кылчу. Ысрайылдар
Жараткан Эгеден:
– Бир тууганыбыз бенжаминдер менен
салгылашууга эртең кайрадан баралыбы же жокпу?
– деп сурашты.
Эгедер аларга:
– Баргыла, эртең аларды колуңарга салып
беремин! – деп жооп берди.
29 Ошентип, ысрайылдар Гибанын айланасына
буктурма коюшту. 30 Үчүнчү күнү ысрайыл кошууну
бенжамин аскерлери менен согушууга кайрадан
майданга чыгып, Гибанын маңдайына катар-катар
тизилди. 31 Бенжаминдер ысрайылдарга алданып
шаардан чыгышты. Алар шаардан итабар алыстап,
Гибадан Бейтелге кеткен жолго чейин жетишти.
Алар мурдагыдай эле ысрайылдарды кубалап, отуз
чакты Ысрайыл жоокерин өлтүрүштү.
32 Бенжаминдер:
– Биз аларды мурдагыдай эле жеңип жатабыз! –
деп ойлошту. Чындыгында Ысрайыл жоокерлери
өз-ара: «Чегинимиш болуп, аларды калаадан жолго
сууруп чыгаралы» деп макулдашып алган болчу.
33 Ысрайылдардын негизги бөлүгү согуш
талаасынан Баал-Тамар шаарына чегинип, ошол
жерге катарга тизилишти. Ушул убакта
буктурмадагы Ысрайыл аскерлери чыга калып,

Гибага ээн тараптан кол салды. [34] Ысрайыл
кошуунунан тандалган он миң аскер Гибага чабуул
коюп, кандуу салгылаш башталды. Бенжамин
аскерлери башына мындай каран түн түшөрүн
күтүшкөн эмес. [35] Эгедер бенжамин уулдарын
Ысрайыл уулдарынын алдында талкалады.
Ысрайылдар ошол күнү бенжаминдердин кылычын
жалаңдаткан жыйырма беш миң бир жүз кишисин
мерт кылды.

### Салгылаштын кыскача баяны

[36] Бенжаминдер алардын мизин майтардык деп
ойлошту. Ысрайыл аскерлери бенжамин
аскерлеринен артка чегинип жатышты. Анткени
ысрайыл аскерлери Гибага жакын жерге коюлган
буктурмага таянышкан болчу. [37] Ушул убактан
пайдаланып, буктурмадагылар дароо Гибага
чабуул коюшту. Алар калаага кирип барып, бүт
элди кылычтап салышты. [38] Анткени шарттуу белги
беребиз деп ысрайылдар буктурмадагылар менен
сүйлөшүп алышкан болчу. Шаардан түтүн
көтөрүлгөндө, алар кол салышмак. [39] Ошентип,
Ысрайыл кошууну артка чегинди. Бенжамин
уруусунун аскерлери отуздай жоокерди өлтүрүп:
«Ысрайылдар мурдагы салгылашуудай эле
талкаланып жатышат» деп ойлошту. [40] Бирок так
ошол убакта калаа үстүнөн коюу көк түтүн асманга
көтөрүлө баштады! Бенжамин уулдары артка
бурулуп караса, шаардан коюу түтүн көккө
көтөрүлүп жатыптыр! [41] Ысрайыл уулдары дароо
артка бурулду. Бенжаминдер болсо башына апаат
түшкөнүн көрүп, катуу коркуп кетишти.
[42] Ошондо алар сапырыла артка чегинишип,
какыр талааны көздөй качышты. Бирок
бенжаминдер кыргындан качып кутула алышкан
жок. Башка шаарлардан чыккан ысрайылдар да
аларды кыра баштады. [43] Ысрайылдар
бенжаминдерди курчоого алып, Гибанын күн
чыгышындагы чөлкөмдөргө чейин токтобой сая
кубалап, аларга кыргын салышты. [44] Ошол күнү
бенжамин уулдарынан он сегиз миң киши курман
болду. Алардын баары мыкты жоокерлер болчу.
[45] Аман калгандары болсо бурулуп, ээн чөлдөгү
Риммон аскасына карай качып жөнөштү. Ысрайыл
аскерлери алардан беш миң жоокерди чоң жолдо
кырып салышты. Андан калгандарын Гидомго
чейин кубалап, дагы эки миң жоокерди өлтүрүштү.
[46] Ошол күнү бенжамин уруусунан кылычын
жалаңдаткан жыйырма беш миң киши курман
болду. Алардын баары көкжал баатырлар болчу.
[47] Бирок алты жүз жоокер чөлдөгү Риммон
зоокасына качып жетишти. Алар ошол жерде төрт
ай баш калкалап жашап калышты. [48] Бул убакта
ысрайыл кошууну бенжамин жерине кайтып
барып, калган элди малынан бери, бардык тирүү
жанды кылычтап кырып салды. Жолунда
кездешкен шаарлардын баарын өрттөп жиберди.

### Аман калган бенжаминдерге аял таап берүү

21 Ысрайыл эли Миспада чогулганда: «Эч
кимибиз бенжамин уулдарына кызыбызды
бербейбиз» деп ант берген болчу. [2] Согуштан
кийин ысрайыл эли Бейтелге келип, Кудайдын
алдында кечке олтуруп, катуу боздоп ыйлашты.
[3] – О Эгедер! Ысрайылдын Кудайы! Неге Ысрайыл
журтунда мындай иш болду?! Ысрайыл элинин бир
уруусунан ушинтип айрылып калабызбы?! – дешти.
[4] Эртеси күнү эл таң азанда ошол жерде курманжай
тургузушуп, бүтөрттөм жана тынчтык
курмандыктарын чалышты. [5] Анан ысрайылдар:
– Эгедерибиздин алдында чогулганыбызда
Ысрайыл урууларынан келбей койгондор болду
беле? – деп сураштырышты. Анткени алар
Миспада: «Эгебиздин алдындагы жыйынга
келбегендер каргышка калсын, аларды өлүмгө
өкүм кылабыз» деп ант беришкен болчу.
[6] Ысрайылдар боордошу бенжамин уруусу үчүн
канаты кайрылып: «Ка-ап! Бүгүн Ысрайыл бир
уруусунан айрылып калды!» деп өкүнүштү.
[7] «Бенжамин уруусунун аман калгандарына эми
аялды кайдан таап беребиз? Эч кимибиз аларга
кыздарыбызды бербейбиз» деп Жараткан Эгени
оозанып ант берип койбодук беле! [8] Алар дагы:
«Миспадагы жыйынга Ысрайыл урууларынан
келбегендер барбы?» деп сураштыра башташты.
Көрсө, Гилаттагы Жабештен эч ким Эгедердин
алдына келбептир. [9] Анткени алар элди аралап
көрүшкөндө, Гилаттын Жабешинин
жашоочуларынан бир да жан келбегени белгилүү
болду. [10] Бүт жамаат он эки миң мыкты жигиттерди
жиберип: «Барып, Гилаттагы Жабештин бүт элин,
катын-баласын кошуп кылыч мизине алгыла!» деп
буйрук берди. [11] «Ар бир эркекти, эр көргөн ар бир
аялды садага чапкыла». [12] Жоокерлер Гилаттагы
Жабештин тургундарынын арасынан турмуш көрө
элек төрт жүз кызды таап, аларды Канаан жеринде
жайгашкан Шило ордосуна алып келишти. [13] Анан
бүт жамаат Риммон аскасындагы бенжамин
уулдары менен сүйлөшүүгө чабармандарды
жиберип, аларга ырайым жарыялады. [14] Ошондо
бенжамин уулдары кайрылып келишти. Аларга
Гилаттын Жабешиндеги тирүү калган кыздарды
колукту кылып беришти. Бирок ал кыздар баарына
жетпей калды. [15] Бенжамин үчүн элдин кабыргасы
сөгүлүп турду. Анткени Эгедер Ысрайыл
урууларынын бирөөсүнөн айырган болчу.
[16] Жамаат аксакалдары:
– Эми калгандарына колуктуну кайдан табабыз?
Бенжаминдин аялдарын түгөл кырып салбадыкпы!
– деп кейишти. [17] – Ысрайылдын бир уруусу тукум
курут болуп кетпеши үчүн, бенжаминге тийген
энчи жери анын кийинки урпактарына калсын.
[18] Бирок биз: «Бенжаминге кызын берген каргышка
калсын!» деп ант берип койгондуктан, аларга

кыздарыбызды турмушка бере албайбыз.
[19] Ошондо бирөө:
– Уксаңар! Шилодо жыл сайын Эгебизге арналып
майрам өткөрүлөт эмеспи! – деди. Ал шаар
Бейтелдин түндүгүндө, Бейтелден Шекемге кеткен
жолдун күн чыгышында, Лебондун түштүгүндө
жайгашкан эле. [20] Муну укканда аксакалдар
бенжамин уулдарына:
– Баргыла да, жүзүмзарда жашырынып олтургула
– деп айтышты. [21] – Байкагыла, Шилонун кыздары
бийлегени чыкканда, жүзүмзардан чыгып келип, ар
бириңер Шилонун кыздарынан бирди кармап,
бенжамин жерине ала качып келгиле.
[22] Кыздардын аталары же агалары бизге
арызданып келишкенде, биз аларга:
«Бенжаминдерди биз үчүн кечирип койгула. Биз
алардын ар бирине согуштан жубай олжолоп келе
алган жокпуз. Силер кызыңарды аларга өз эркиңер
менен бербегендиктен, мында силердин күнөөңөр
жок» деп айтабыз. [23] Бенжамин уулдары
айтылгандай кылышты. Бийлегени чыккан
кыздардан ар бири бирден бийкечти ала качышты.
Кыздарды өз жерине алып келип, шаарларды
куруп, ошол жерде жашап калышты.
[24] Ысрайылдардын да ар бири өз уруусуна, өз үйүнө
жана өз жерине кайтып кетишти. [25] Ал убакта
Ысрайылда падыша жок болчу. Ар ким эмнени
туура көрсө, ошону жасачу.

# Рут

### Элимелектин Маап жерине көчүп келиши

1 Ысрайыл элин бийлер башкарып турган кезде
өлкөдө ачарчылык болду. Ошондо Иудея
жериндеги Бейтлехем шаарчасынан бир адам
аялы, эки уулу менен Маап жерине жашай турууга
жөнөдү. 2 Ал кишинин ысымы Элимелек, аялыныкы
Нагима, ал эми эки уулунуку Махлон жана Килийон
эле. Алар Иудеянын Бейтлехеминен чыккан
эфраттар болчу. Ошентип алар Маап жерине
келип, ошол жерде туруп калышты.
3 Анан Элимелек көз жумуп, Нагима эки уулу
менен калды. 4 Уулдары мааптык кыздарга
үйлөнүштү. Кыздардын бирөөсүнүн аты Орпа,
бирөөсүнүкү Рут эле. Алар ошол жерде он жылдай
турушту. 5 Анан Нагиманын уулдары Махлон менен
Килийон да кайтыш болду. Ошентип ал аял эки
уулу менен күйөөсүнөн айрылып, жалгыз бой
калды.
6 Маап элинде жүргөн Нагима Жараткан Эге
Өзүнүн калкы Ысрайылга назарын салып, аларга
мол түшүм бергенин укту. Ошондо Нагима эки
келини менен Маап жеринен өз элине кайтууга
камынды. 7 Ошентип алар турган жерин таштап,
Иудеяга карай сапар алышты.
8 Жолдо бара жатканда, Нагима келиндерине:
– Эми ар кимиң өз энеңердин үйүнө кайткыла.
Силер маркум уулдарыма жана менин өзүмө
мээримдүү болдуңар. Ошол үчүн Жараткан Эге
силерге да мээримин төксүн! 9 Жараткан Эгем
силерге күйөө берип, башпааналуу кылсын! – деп,
беттеринен сүйдү.
Бирок алар буркурап-боздоп ыйлашып:
10 – Жок, сиз менен бирге биз да эл-журтуңузга
барабыз, – дешти. 11 Ошондо Нагима:
– Кайткыла, кыздарым! Мени менен эмнеге
барасыңар? Силерге күйөө боло турган курсагымда
балам бар беле? 12 Кайткыла, кагылайындар! Мен
эми карып калдым, күйөөгө чыга албайм. Бүгүн
күйөөгө чыгып, уулдуу болормун деген күндө да,
13 алар эр жеткенче күтө алмак белеңер? Ошого
чейин күйөөгө чыкпай жүрө берет белеңер? Жок,
кыздарым, Жараткан Эгемдин башыма салган
күйүтүн кошо тартышкыла деп силерди
кармаганым жакшы эмес, – деп жооп берди.
14 Экөө баштагыдан бетер буркурап ыйлашты.
Анан Орпа кайненеси менен коштошту, ал эми Рут
аны менен калды. 15 Нагима Рутка:
– Көрдүң го, абысының эл-журтуна, өзү сыйынган
кудайларына кайтты. Сен да анын артынан
барсаңчы, – деди. 16 Бирок Рут:
– Сизди таштап кеткенге мени мажбур кылбаңыз.
Сиз кайда барсаңыз, мен да ошол жакка барам.
Кайда жашасаңыз, мен да ошол жакта жашаймын.
Сиздин элиңиз менин элим, сиздин Кудайыңыз
менин Кудайым болот! 17 Кай жерде өлсөңүз, мен да
ошол жерде өлүп, жер жазданам. Эгер бу дүйнөдөн
кеткенче сизден ажырасам, мени Жараткан Эгем
жазаласын, катуу жазаласын! – деп туруп алды.
18 Руттун өзү менен чогуу кетүүнү чындап
чечкенине көзү жеткен соң, Нагима аны
көндүргөнүн койду.
19 Ошентип экөө Бейтлехемди беттеп жөнөп
кетишти. Ал жерге келишкенде, калаа калкы бүт
толкуп:
– Омэ-эй, мынабу Нагимабы?! – дешти. 20 Ошондо
ал:
– Мени Нагима † эмес, Мара †† дегиле, – деди. –
Себеби кудуреттүү Кудай мага күйүт тарттырды.
21 Бул жерден үй ичибиз түгөл кеттик эле, эми мына
Жараткан Эге кайра куру кол алып келди. Силер
мени эмнесине «Бактылуу» дейсиңер? Жараткан
Эге мени азапка салды, кудуреттүү Кудай башымды
бактысыз кылды.
22 Ошентип Нагима мааптык келини Рут менен
бирге Маап жеринен кайра келди. Алар
Бейтлехемге келгенде, арпага жаңы эле орок
салынган маал болчу.

### Руттун Обозго жолугушу

2 Нагиманын маркум күйөөсү Элимелектин
Обоз аттуу аталаш тууганы бар эле. Обоз
абройлуу бай киши болчу.
2 Бир күнү мааптык Рут Нагимага:
– Мен талаага барайын. Кайрымдуу бирөө
кабылып калар, ошонун артынан ээрчип машак
терейин, – деди.
– Бара кой, кызым, – деди Нагима ага.
3 Рут аңызга барып, орокчулардын артынан
түшүп, машак тере баштады. Ошол жердин танабы
Элимелектин тууганы Обоздун менчиги болуп
чыкты.
4 Ошол кезде Бейтлехемден Обоз келип,
орокчулар менен:

---

† *Бактылуу* †† *Күйүттүү*

– Арыбагыла, Жараткан Эге жар болсун! – деп
амандашып, алар:
– Бар болуңуз, сизди Жараткан Эге алкыштасын! –
деп жооп кайтарышты.
5 Обоз алардын башкаруучусунан:
– Мынабу кимдин кызы? – деп сураганда, 6 ал:
– Бул – маалтык жаш жубан, – деди, – Маап
жеринен Нагиманы ээрчип келген. 7 Ал
«орокчулардын артынан жүрүп, булардан түшүп
калган машактарды терип алайын» деп суранды.
Бастырмага барып, азыраак дем алганы болбосо,
таң аткандан бери машак терип жүрөт.
8 Ошондо Обоз Рутка мындай деди:
– Кызым, сөзүмө кулак салсаң. Башканын
талаасынан машак тергениңди кой. Ушул жерде
кызматчы кыздарымдын жанында жүрүп, тере бер.
9 Кайсы жерде оруп жаткандарын карап тур да,
кыздардын артынан жүрө бер. Мен кызматчы
жигиттериме сага тийбегиле деп буйрук кылдым.
Суусаганда барып, алар толтуруп койгон
кумуралардан суу иче бер, – деди. 10 Ошондо Рут:
– Мен жат жерлик болсом да, мага эмне кайрым
кылдыңыз? – деп, эт-бетинен жыгылып, Обозго
таазим этти. Обоз:
11 – Сенин күйөөңдүн көзү өткөндөн кийин
кайненеңе кандай каралашканыңды, ата-энеңди,
эл-журтуңду таштап, мурун-кийин билбеген эл
арасына келгениңди түгөл уктум. 12 Ушул
жакшылыктарың Жараткан Эгеден кайтсын! Сен
Ысрайылдын Кудайы – Жараткан Эгенин канаты
астынан паана издеп келдиң. Ал телегейиңди тегиз
кылсын! – деди. 13 Ошондо Рут:
– Сиз мага кайрымдуу мамиле кылдыңыз,
мырзам. Мен малай кыздарыңыздын бири
болбосом да, жылуу кебиңиз менен жубаттыңыз, –
деди.
14 Обоз түшкү тамак маалы болгондо:
– Келе кой мында. Нандан алып, шараптын
чыгына малып же, – деп Рутту чакырды. Ал
орокчулардын жанына олтурганда, Обоз ага
бадырактан берди. Рут тойгончо жеп, жегенинен
артып да калды. 15 Анан туруп, машак тергенге
киришти.
Ошондо Обоз кызматчыларына мындай деп
буйрук кылды:
– Ал жаңы орулган боолордун арасынан тере
берсин, аны капа кылбагыла! 16 Жыйнап алсын деп,
байлай турган боолордун ичинен бир азын таштап
кеткиле. Аны урушпагыла!
17 Рут ошентип кечке чейин машак терди. Терип
алганын бастырганда, жарым каптай арпа болду.
18 Келини арпаны шаарга алып барып,
кайненесине көрсөттү. Анан жеген тамагынан
артып калганын да анын колуна карматты.
19 – Бүгүн кайсы жерден машак тердиң? Кайсы
жерде иштедиң? Сага назарын салган адамды
Кудай жалгасын! – деди кайненеси. Рут кимдин
аңызында иштегенин айтып:
– Бүгүн мен иштеген талаанын ээси Обоз деген
киши, – дегенде, 20 кайненеси:
– Тирүүсүнө да, өлгөнүнө да жакшылыгын аябаган
ошол кишини Жараткан Эге жалгасын! – деди. –
Обоз – жакын тууганларыбыздын бири. Ал биздин
каралашар тууганыбыз † болот.
21 Анда Рут мындай деди:
– Ал киши жыйым-терим бүткүчө малайлардын
артынан жүрө бер деди. 22 Ошондо Нагима:
– Ошол адамдын малай кыздары менен бирге
жүргөнүң жакшы, кызым. Башканын талаасына
барсаң, сени бирөө кордошу мүмкүн, – деди.
23 Ошону менен Рут арпа менен буудайдын орум-
жыйымы бүткөнчө Обоздун малай кыздарынын
жанында машак терип, кайненесинин колунда
жүрдү.

### Руттун кайнагасына каалоосун билдириши

3 Бир күнү Нагима Рутка:
– Кызым, сага жакшы болушу үчүн жайлуу
башпаана таап берсем кандай болор эле? – деп
кулак кагыш кылды. 2 – Сен малай кыздары менен
бирге жүргөн Обоз – биздин тууганыбыз. Ал бүгүн
кечинде кырманда арпа сапырат экен. 3 Кана,
жуунуп-таранып, жыттуу май сүйкөнүп, жакшы
кийинип алып, кырманга бар. Бирок Обоз кечки
ашын ичип-жегенче көзүнө көрүнбө. 4 Ал уктайын
деп жатканда, жаткан жерин билип ал. Кийин ошол
жерге барып, жамынчысынын этегин көтөрүп, аяк
жагына жатып ал. Андан ары эмне кылышты ал өзү
сага айтар.
5 – Айтканыңыздын баарын жасайм, – деп жооп
берди келини. 6 Анан кырман башына барып,
энесинин тапшыргандарын орундатты.
7 Ичип-жеп, көңүлү көтөрүлгөн Обоз үйүлгөн
эгиндин этегине жатып, уктап калгандан кийин, Рут
билдирбей жамынчысын акырын көтөрүп, аяк
жагына жатып алды. 8 Түн ортосунда Обоз чочуп
ойгонду. Оодарылып караса, аяк жагында бир аял
жатыптыр! Ал:
9 – Сен кимсиң? – деп сурады.
– Мен малайыңыз Рутмун. Мени канатыңыздын
алдына ката көрүңүз, каралашар тууганым
эмессизби? – деп жооп берди ал. 10 Ошондо Обоз
мындай деди:
– Жараткан Эге сени жалгасын, кызым! Мынабу
ийги ишиң мурунку жакшылыгыңдан ашып түштү!
Сен бай болобу, кедей болобу, жаш жигиттердин
арасынан өзүңө күйөө издеген жоксуң. 11 Эми
убайым жебе, кызым. Мен болгон суранычыңды
аткарам. Шаар элинин баары сенин ыймандуу
аялзаты экениңди билет. 12 Менин сага караан
болор кайнагаң экеним ырас. Бирок менден да
жакының бар. 13 Бүгүн ушул жерге түнө. Эртең ошол
киши сага каралашууга макул болсо, анда жакшы,
ошондой болсун. Эгер антүүдөн баш тартса, Кудай

† *Леби 25:25*

турат, анда сага каралашар киши мен боломун.
Эми, таңга чейин жата тур.
14 Ушинтип Рут ошол жерде таң атканча жатып,
адамдар бири биринин өңүн тааный электе, үрөң-
бараңда турду. Анткени Обоз «Аялзатынын
кырманга келгенин эч ким билбесин», деген эле.
15 Анан Обоз: «Жамынчыңды жайып кармап тур», –
деп ага алты табак арпа төгүп, түйүп-бууп туруп,
Руттун аркасына көтөртүп ийди. Өзү болсо шаарды
карай жөнөдү.
16 Рут кайненесине келгенде, Нагима:
– Кандай болду, кызым? – деп сурады. Келини ага
тигил кишинин эмне кылып, эмне койгонун
төкпөй-чачпай айтып берип:
17 – Ал мага «Кайненеңе куру кол кайтпа» деп,
мынабу алты табак арпаны берип жиберди! – деп
кошумчалады. Ошондо кайненеси:
18 – Иш эмне менен бүтөрүн билгенче коё тур,
кызым. Бул киши бүгүн ушул ишти бүтүрмөйүнчө
жаны жай албайт, – деди.

### Обоздун Рутка үйлөнүшү

4 Обоз шаар дарбазасынын алдына барып
олтурду. Караса, өзү Рутка айткан каралашар
тууганы жанынан өтүп баратыптыр. Обоз ага: «Эй,
ким элең, бул жерге олтурчу», – деди. Ал жанына
келип, олтургандан кийин, 2 Обоз шаардын он
аксакалын чакырып алып: «Жаныбызга
олтурсаңыздар», – деп өтүндү. Алар да олтурушту.
3 Обоз жанагы тууганына карап мындай кеп
баштады:
– Маап жеринен кайтып келген Нагима
тууганыбыз Элимелекке таандык жер үлүшүн сатып
жатат. 4 Аны сага кулак кагыш кылайын дедим. Бул
жерде олтурган эл аксакалдарынын алдында айтып
коёюн дедим: кааласаң, аны сатып ал. Эгер сатып
алгың келбесе, ачыгын айт, мен билгендей
болоюн. Себеби каралаша турган эң жакын
тууганы сенсиң, сенден кийинки кезек меники.
– Анда тууганы:
– Жарайт, сатып алайын, – деди. 5 Ошондо Обоз:
– Эгер Нагимадан жерди сатып алсаң, анда
маркумдун мааптык жесири Рутту аялдыкка
алышың керек. Уулдуу болгонуңарда, жер үлүшү
маркумдун наамында калат, – деди. 6 Анда бир
тууганы:
– Андай болсо, тууганддык милдетимди аткара
албайм, өз мүлкүмдү жоготуп алам. Андан көрө, бул
милдетти сен аткар, мен аткара албайм, – деп жооп
берди.
7 Мурун Ысрайылда мындай салт боло турган:
эгер бирөө мал-мүлкүн башка бирөөгө өткөрүп
берсе же алмашса, муну ырастоо үчүн бут кийимин
чечип алып, келишкен кишисине берчү.
8 Тууганы Обозго «бул милдетти сен аткар, мен
аткара албайм», деди да бут кийимин чечип, ага
берди.
9 Ошондо Обоз тегерегиндеги аксакалдар менен
атпай журтка карап мындай деди:
– Бүгүн мен Нагимадан Элимелектин, Килийон
менен Махлондун бүт менчигин өткөрүп алдым.
10 Мен маркумдун тукумун улап, ага мүлкүн түгөл
калтыруу үчүн Махлондун жесири маапытык Рутту
аялдыкка аламын. Маркумдун аты өз туугандары
менен шаар ичинде өчпөй аман сакталат. Силер
бүгүн буга күбөсүңөр.
11 Аксакалдар жана дарбаза алдында турган
бардык адамдар:
– Ооба, күбөбүз. Жараткан Эге үйүңө кире турган
бул аялды Ысрайылдын тукумун улаган Рахила
менен Леядай кылсын! Эфратада байлыгың ашып-
ташысын, Бейтлехемде атагың арта берсин!
12 Жараткан Эге ушул жаш аялдан улана турган
урпагыңды Тамар Иуда бабабызга төрөп берген
Перестин урпагындай кылсын! – деп батасын
беришти.

### Дөөт падышанын санжырасы

13 Ошентип Обоз Рутка үйлөндү. Жараткан Эге
жалгап, Руттун боюна бүтүп, уул төрөдү. 14 Аялдар
Нагиманы куттуктап: «Жаратканга алкыш! Ал сени
мураскорсуз калтырган жок. Баланын атагы
Ысрайылга жайылсын! 15 Ал жашооңо жаңы дем
берет, карыганыңда каралашат. Себеби аны өзүңдү
жакшы көрүп, жети уулдан артык болгон келиниң
төрөп берди!» – дешти.
16 Нагима наристени колунан түшүрбөй боoруна
кысып бакты. 17 Коңшу аялдар: «Нагима уулдуу
болду», – деп, ага Абыт деген ат коюшту. Абыт
Жышайдын атасы, Дөөттүн чоң атасы болду.
18 Перестин санжырасы мындай: Перестен
Хесрон, 19 Хесрондон Рам, Рамдан Аминадап,
20 Аминадаптан Нахшон, Нахшондон Салмон,
21 Салмондон Обоз, Обоздон Абыт, 22 Абыттан
Жышай, Жышайдан Дөөт туулду.

# 1SA

### Ханнанын кайгысы жана сыйынуусу

1 Эпрайым тоолорундагы Рама шаарында Элкан
аттуу бир киши жашачу. Ал Эпрайым уруусунун
жериндеги Зуп уругунан эле. Элкан Жерохамдын,
Жерохам Элинин, Эли Тохунун, Тоху Зуптун уулу
болгон. 2 Элкананын эки аялы бар эле. Бирөөсүнүн
ысымы Ханна, экинчисиники Пенинна болчу.
Пениннанын балдары бар болчу, Ханна болсо
баласыз эле. 3 Бул киши Аскер Кудайына ийбадат
кылып, курмандык чалуу үчүн жыл сайын өз
шаарынан Шило шаарына барчу. Шилодо Элинин
эки уулу Копни менен Пинехас Жараткан Эгенин
динкызматчылары эле. 4 Элкан курмандык чалган
күнү ал аялы Пениннага жана анын бардык
уулдары менен кыздарына устукан бөлүп берчү.
5 Ханнага болсо эң сыйлуу устукан берер эле.
Жараткан Эге анын этегин жалгабаган болсо да,
Элкан Ханнаны сүйчү. 6 Жараткан Эге Ханнаны
төрөттөн калтырганын бетке кармап күндөшү
Пенинна аны наалыганга түртүп, шылдыңдачу.
7 Мындай кордоо жыл сайын кайталана берди.
Ханна Жараткан Эгенин үйүнө келгенде, күндөшү
аны капа кылганын койгон жок. Анын көз жашы
төгүлүп, тамакка табити тартпай калчу. 8 Күйөөсү
Элкан ага: «Ханна, эмнеге ыйлап жатасың? Неге
тамак жебей, мынчалык убайым тартың? Сен үчүн
мен он уулдан артык эмесминби?» дечү.
9 Бул жолкусунда Шилодогу зыйнат тамак
аяктагандан кийин, Ханна ордунан туруп кетти. Бул
убакта динкызматчы Эли Жараткан Эгенин үйүнө
кире бериштеги өз орундугунда олтурган.
10 Ханнанын жанына таш батып, ачуу көз жашын
төгүп, Жараткан Эгеге жалбара баштады. 11 Ал:
– О Аскер Кудайы! Эгерде Сен күңүңдүн көрүп
жаткан ызасына назарыңды салып, эстесең, Өз
күңүңдү унутпай, ага тукум кылып уул берсең, аны
өмүрү өткөнчө сага багыштаймын, анын башына
эч качан устара тийбейт, – деп убада берди.
12 Ханна Жараткан Эгеге узак убакыт сыйынды, Эли
болсо обочодо анын оозун астыртадан байкап
турду. 13 Ханна ичинен сыйынып жаткандыктан,
анын үнү угулбай, эриндери гана кыбырап жатты.
Ошондуктан Эли аны шарапка кызып калса керек
деп ойлоду. 14 Эли ага:
– Качанга чейин мас болосуң? Качан соолугасың?
– деди.
15 – Жок таксыр, – деп жооп берди Ханна. – Мен
кайгыга баткан аялмын. Шарап да, башка күчтүү
ичимдик да ичкен эмесмин. Жараткан Эгеме жан
кейиткен муң-зарымды төгүп жатамын.
16 Күңүңүздү начар аял деп ойлобоңуз. Кайгымдын
көптүгүнөн ушул убакка чейин сыйынып жаттым.
17 – Көңүлүң тынч бара бер. Ысрайылдын Кудайы
сураганыңды берсин, – деди Эли.
18 – Рахмат сизге. Сиз менин сөөгүмдү агарттыңыз,
– деп, Ханна артка кайтты. Ошондон кийин ал
тамактанып, жүзүнөн кайгы жоголду.

### Шамил пайгамбардын төрөлүшү

19 Эртеси алар таң эрте турушту, Жараткан Эгеге
ийбадат кылышып, анан Рамадагы үйүнө кайтып
кетишти.
Элкан аялы Ханнаны койнуна алды. Жараткан Эге
Ханнанын тилегин кабыл кылып, 20 ал кош бойлуу
болуп, ай-күнү жеткенде уул төрөдү. «Уулумду
Эгемден тилеп алдым» деп, баланын атын †Шамил
койду.
21 Элкан Жараткан Эгеге жылдык курмандыгын
жана убада берип атаган курмандыгын чалуу үчүн
бүт үй-бүлөсү менен Шилого жөнөп кетти. 22 Ханна
болсо барган жок. Күйөөсүнө ал: «Мен баланы
эмчектен чыгаргандан кийин Жараткан Эгенин
алдына алып барамын. Анан уулубуз ошол жерде
өмүрүнүн аягына чейин калат» деди. 23 Күйөөсү
Элкан ага: «Эмнени туура көрсөң, ошону кыл. Бала
эмчектен чыкканга чейин үйдө кала бер. Убадаңда
турганга Жараткан Эге жардам берсин», – деди.
Ошентип, Ханна баласын эмчектен чыгарганга
чейин эмизип, үйдө калды. 24 Бала эмчектен
чыгарылгандан кийин, үч жашар букачарды
жетелеп, бир эйфа ун менен бир чанач шарапты
алып, Ханна баланы Шилого – Жараткан Эгенин
үйүнө алып келди. Бала али кичинекей болчу.
25 Алар букачарды курмандыкка чалгандан кийин,
баланы Элиге алып келишти.
26 – О, таксыр, – деди аял. – Көп жашаңыз, баягыда
сиздин көз алдыңызда туруп, Жараткан Эгеге
жалынган аял менмин. 27 Жараткан Эгемден
жалынып сураган бала – мына ушул. Ал мага
сураганымды берди. 28 Мен аны Жараткан Эгеме
багыштаймын. Уулум өмүрү өткөнчө Эгедерге

† *Шамил - эврей тилинен «Эгедер укту», «Эгемберди», «Кудайберди» деп которулат.*

кызмат кылсын. Анан ал ошол жерде Жараткан Эгеге сажда кылды.

### Ханнанын мактоо ыры

2 Анан Ханна Жараткан Эгеге мындай деп сыйынды:
Алып учуп жүрөгүм,
Эгем үчүн сүйүндүм.
Башымды көккө жеткирип,
Баркымды шамдай күйгүздүң.
Касыма ооз ача алам,
Колдодуң мени, кубанам!
2
Жоктур ыйык Эгедей,
Болбос бир жан Өзүңдөй,
Бекемсиң зоодой, кебелбей!
3
Оголе кесир сүйлөбө,
Осол сөз ооздон чыкпасын!
Эгедер баарын Билүүчү,
Эзелтен кылган ишиңди
Таразага Салуучу!
4
Күчтүүнүн жаасын сындырып,
Алсызды күчкө толтурат.
5
Токтор нан үчүн жалданып,
Ач жүргөндөр тоюнушат.
Төрөбөс аял жетини төрөп,
Уулу көп аял жалгыз калат.
6
Ал өлтүрөт, тирилтет,
Акыретке түшүрөт да,
Кайра чыгарат.
7
Бирөөнү Ал жарды кылып,
Башкасын байытат.
Бирөөсүн кулатып,
Башкасын көтөрөт.
8
Аруулайт кирден жакырды,
Арылтат саздан бакырды.
Ак сөөктөр менен отургузуп,
Ага энчилейт тактыны.
Анткени жердин пайдубалы,
Жаратkандын колунда,
Ага орноткон ааламды.
9
Садыктарды ар кадамда,
Сактап-коргойт дайыма.
Жазыктуулар изи калбай,
Жок болушат караңгыда.
Анткени адам ийгиликсиз,
Өз күчүнө таянганда.
10
Карападай талкалайт
Эгеге каршы чыккандарды.
Доолбастай кагып асманды,
Жоопко тартат ааламды.
Кубат берип падышага,
Кадырман кылат майланганды.
11 Ошондон кийин Элкан Рамадагы өз үйүнө
кайтты. Уулу болсо Жараткан Эгеге кызмат кылуу
үчүн динкызматчы Элинин колунда калды.

### Элинин начар чыккан уулдары

12 Элинин уулдары начар чыкты. Алар Кудай-
Теңирин таанычбаган балдар эле. 13 Эл алдындагы
диний милдеттерине кайдигер мамиле кылышчу.
Бирөө курмандык чалса, курмандык малдын эти
кайнап жаткан убакта, динкызматчынын кол
баласы үч тиштүү аш айрыны алып келип,
14 казангабы, же табаккабы, же табагабы, же
карапагабы, үч тиштүү ашайрысын ага салып,
эмнени илип чыкса, ошону динкызматчыга алып
кетчү. Алар Шилого келген ысрайылдардын
баарына ушундай мамиле кылышчу. 15 Ал тургай,
майды өрттөгөнгө чейин эле, курмандык чалып
жаткан кишиге динкызматчынын кол баласы басып
келип:
– Динкызматчыга отко бышырганга эт кесип бер,
ал сууга бышкан этти албайт, чийкисинен бер! –
деп айтчу.
16 Эгерде тиги киши:
– Коё тур! Адегенде майды өрттөйлү, андан кийин
каалашыңча ала бер, – десе, ал:
– Жок! Азыр бересиң, бербесең күч менен тартып
аламын! – деп зөөкүрлөнчү.
17 Элинин уулдары Жараткан Эгеге арналган
тартууларды ыйык тутпагандыктан, Жараткан
Эгенин алдында алардын күнөөлөрү абдан чоң
болду.
18 Өспүрүм Шамил болсо динкызматчынын зыгыр
алжапкычын тартынып, Жараткан Эгенин алдында
кызмат кылып жүрдү.
19 Жыл сайын күйөөсү менен жылдык курмандык
чалуу үчүн келгенде, энеси өзү тиккен кичинекей
чапанды уулуна ала келчү.
20 Эли болсо Элкан менен анын аялына:
– Эгебизден тилеп алып, кайра Ага багыштаган
уулуңдун ордуна Эгебиз ушул аялыңдан сага дагы
да балдарды берсин, – деп батасын берчү.
Ошондон кийин, алар өз үйүнө кайтып кетишчү.
21 Жараткан Эге Ханнага назарын салды. Кудай
анын этегин жалгап, дагы үч уул, эки кыз төрөдү.
Кичинекей Шамил болсо Жараткан Эгенин
алдында чоңоё берди.

### Элинин өз уулдарын эскертүүсү

22 Эли абдан карып калган эле. Ал уулдарынын
элге жаман мамиле кылып жатышканын, жыйын
чатырынын кире беришинде кызмат кылган
аялдар менен көңүлдөш болуп алышканын укту.
23 Ошондо аларга атасы:

– Эмне үчүн мындай иштерди кылып жатасыңар?
Мен силер жөнүндө элдин баарынан жаман
сөздөрдү гана угуп жатамын! – деди. [24] – Токтоткула
мунуңарды! Эгебиздин элинин ичинде силер
жөнүндө жаман сөздөр тарап жатат. [25] Эгерде адам
башка адамдын алдында күнөө кылса, Кудай арачы
болот. Ал эми пенде Жараткан Эгенин алдында
күнөө кылса, ким арага түшө алат?
Бирок уулдары атасынын айткандарына кулак
салышкан жок. Анткени Жараткан Эге аларды
өлүмгө өкүм кылып койгон эле.
[26] Өспүрүм Шамил болсо чоңоюп, элдин да,
Эгенин да көңүлүнө толо берди.

### Элинин урпактарына чыгарылган өкүм

[27] Күндөрдүн биринде Кудайдын кишиси Элиге
келип, мындай деди:
– Жараткан Эге мындай дейт: «Аталарың Мисирде
фараонго кул болуп жүргөндө, Мен аларга Өзүмдү
ачып, ким экенимди көрсөтпөдүм беле? [28] Мен
сенин атаңды бүт Ысрайыл урууларынын арасынан
тандап албадым беле? Аны Менин курманжайымда
курмандыктарды чалып, жыпар жыттуу заттарды
түтөтүп, Менин алдымда динкызматчынын
алжапкычын тартынып, кызмат кылсын деп
динкызматчы болууга дайындабадым беле?
Ысрайыл уулдары алып келген өрттөлүүчү
курмандыктарынан аталарыңдын урпактарына да
үлүш бербедим беле!
[29] Анда неге силер Мага алып келгиле деп
буйруган курмандык менен тартууларды тебелеп
жатасыңар? Менин ысрайыл элим алып келген
тартуулардын эң жакшыларын жеп, семирип, эмне
үчүн уулдарыңды Менден артык көрүп жатасың?
[30] Ошондуктан Ысрайылдын Кудай-Эгеси мындай
дейт: «Атаңдын жана сенин урпактарың Менин
алдымда түбөлүк кызмат кылышат», – деп айткам.
Азыр болсо Эгеңдин айткан сөзүн угуп ал! Эми
андай болбойт! Анткени Мени урматтаганды Мен
да урматтайм, Мени урматтабаганды шылдыңга
калтырам. [31] Мына, Мен сенин жана сенин атаңдан
тарагандардын тарамышын кесе турган күндөр
келе жатат. Сенин тукумдарыңдын эч кимиси
карыя куракка жетпейт. [32] Мен Ысрайылды алкап
жаткан убакта, сен оор күндөргө дуушар болуп,
аларды суктануу менен карайсың. Сенин
урпактарың карылыкка жетпей өлүшөт.
[33] Урпактарыңдан бир гана кишини Менин
кызматыма калтырамын. Бирок анын көздөрү
жашка, жүрөгү кайгыга толот. Урпактарыңдын
баары эр жеткенде өлүп турушат. [34] Сөздөрүмдүн
чын экендигинин мындай жышаан менен билесиң:
уулдарың Копни менен Пинехас экөө тең бир күндө
өлүшөт.
[35] Мен болсо Өзүмө садык болгон
динкызматчыны тандап алам. Ал Мен каалагандай,
Мага жаккандай иш кылат. Анын тукумун түптүү
кылам, ал Мен майлагандын алдында дайыма
кызмат кылат. [36] Сенин тукумуңдан аман
калгандары бир аз тыйынга же бир токоч нанга зар
болуп, анын алдына келип жүгүнүп: «Суранамын,
бир үзүм нан таап жеш үчүн, мага кандай болсо да
бир диний кызмат берчи», – деп жалынышат.

### Кудайдын Шамилди чакырышы

3 Өспүрүм Шамил Элинин кол алдында
Жараткан Эгеге кызмат кылып жүрдү. Ал
күндөрү Жараткан Эгенин сөзү сейрек түшүп, аян-
көрүнүштөр да дайыма эле боло берчү эмес.
[2] Бир күнү түн ичинде, Эли күндөгүдөй эле өз
ордунда жаткан. Анын көздөрүнүн курчу кетип,
дээрлик көрбөй калган болчу. [3] Кудайдын шамдалы
али өчө элек эле. Шамил болсо Кудайдын келишим
сандыгы турган Эгедердин ийбадатканасында
жаткан. [4] Бир убакта Эгедер «Шамил!» – деп
чакырды эле, тиги: – Оов, баратам! – деди да,
[5] Элиге чуркап келип:
– Мен мындамын! Мени чакырдыңызбы? – деди.
Бирок Эли:
– Мен сени чакырган жокмун. Кайра барып жата
гой, – деди. Ал барып, ордуна кайра жатты.
[6] Анан Эгедер «Шамил!» – деп кайрадан чакырды.
Бала тура калып Элиге келип:
– Мен мындамын! Мени чакырдыңызбы? – деди.
Эли ага:
– Жок, уулум, сени чакырган жокмун. Ордуңа
барып жата гой, – деди.
[7] Жараткан Эге буга чейин ага сүйлөбөгөндүктөн,
Шамил Эгедерди үнүнөн тааный элек болчу.
[8] Эгедер Шамилди үчүнчү жолу чакырды. Шамил
ордунан тура калып Элиге барып:
– Мени чакырдыңызбы? Мен мындамын! – деди.
Баланы Эгедер чакырып жатканын Эли мына
ошондо түшүндү. [9] Ошондо Эли Шамилге:
– Ордуңа кайра барып жат. Ошол үн сени
кайрадан чакырып калса: «Жараткан Эгем! Кулагым
Сенде, кулуң угуп жатат», – дегин деп айтты. Шамил
барып, өз ордуна жатты. [10] Анан Эгедер ага жакын
келип, жанына туруп, мурдагыдай: – Шамил!
Шамил! – деп чакырды. Шамил:
– Кулагым Сенде, кулуң угуп жатат, – деди.
[11] Ошондо Эгедер: – Шамил! Мен Ысрайылда бир
иш кыламын, ал жөнүндө уккандын баарынын
кулагы үркүйт. [12] Мен Элинин үй-ичиндегилер
жөнүндө айткан сөздөрүмдүн баарын башынан
аягына чейин аткарам. [13] Мен ага: «Сенин үй-
ичиңдегилерди түбөлүккө жазалаймын» деп
эскерткем. Себеби анын уулдары Кудайга каршы
күнөөлөрдү кылып, өз баштарына каргыш үйүштү.
Эли муну билип туруп, аларды тыйган жок.
[14] Ошондуктан Элинин үй-ичиндегилердин
күнөөлөрү курмандыктар менен да, тартуулар
менен да жуулбайт, – деп ант берем.
[15] Шамил таң атканча жатты. Анан Жараткан
Эгенин үйүнүн эшигин ачты. Ал алган аянын Элиге
айткандан коркуп жатты. [16] Бирок Эли:

– Шамил, уулум! – деп чакырып калды. Шамил
болсо:
– Ов, мен мындамын, – деп жооп берди. [17] Эли ага:
– Ал сага эмне деп айтты? Менден жашыра көрбө.
Сага айткандардын бирөөнү эле жашырсаң, Кудай
сени жазалайт, катуу жазалап коёт! – деди.
[18] Ошондо Шамил эч нерсени жашырбай, ага
болгонун болгондой айтып берди. Эли:
– Ал – Эгедер. Ал эмнени туура көрсө, ошону
кылат, – деди.
[19] Шамил чоңоё берди. Жараткан Эге аны колдоп
жатты. Ал айткан сөздөрдүн бирөө да аткарылбай
калган жок. [20] Жараткан Эге Шамилди Өзүнүн
пайгамбары кылып тандап алганын Дандан
Бершебага чейинки бүт ысрайыл эли билди.
[21] Жараткан Эге Шилодо Шамилге сүйлөп алгачкы
жолу келгенден кийин, эми ага дайыма келе
баштады.

### Келишим сандыгынан айрылуу

4 Шамилдин айткан сөздөрү бүт Ысрайылга
тарап турду.
Ошол күндөрү ысрайылдар пелиштилер менен
согушуу үчүн чыгышып, Эбен-Эзерге ордо курушту.
Пелиштилер болсо ордосун Апекке
жайгаштырышты. [2] Пелиштилер ысрайылдардын
бет маңдайына сап тартып тизилишти. Салгылаш
башталганда, пелиштилер ысрайылдарды
талкалап, согуш талаасында ысрайылдардын төрт
миңдей жоокери курман болду. [3] Аскерлер ордого
кайтып келгенде, Ысрайыл аксакалдары:
– Эмне үчүн бүгүн Эгедер бизди пелиштилерден
жеңилүүбүзгө жол берди? – дешти. – Шилодон
Эгедердин келишим сандыгын алып келели. Ал биз
менен болуп, бизди душмандарыбыздын колунан
куткарсын. [4] Ошентип, ысрайыл эли Шилого
кишилерди жиберип, керуптардын † ортосуна
тагын орноткон Аскер Кудайынын келишим
сандыгын алдырышты. Элинин уулдары Копни
менен Пинехас Кудайдын келишим сандыгын
коштоп келишти. [5] Эгедердин келишим сандыгын
ордого алып келишкенде бүт ысрайылдар аба жара
кыйкырып жиберишти эле, жер солкулдап кетти.
[6] Пелиштилер куу сүрөөндү угушканда:
– Эврейлердин ордосунда эмне айгай салган ызы-
чуу чыгып жатат, ыя? – дешти. Алар Жараткан
Эгенин келишим сандыгын ордого алып
келишкенин билишкенде, [7] пелиштилер дүрбөлөң
түшүп мындай дешти:
– Алардын кудайлары ордого келишиптир! – Эми
шорубуз куруду! Мындай нерсе мурда деги болуп
көргөн эмес! [8] – Эми шорубуз катты! Ошол
кудуреттүү кудайлардын колунан бизди ким
куткара алат? Так ошол кудайлар чөлдө
мисирликтердин башына ар кандай балээлерди
салган! [9] Бирок пелиштилер! Кайраттуу, эр жүрөк
болгула! Антпесе эврейлер бизге кул болгондой,
биз да аларга кул болуп калабыз! Эр жүрөк болуп
согушкула!
[10] Ошентип пелиштилер чабуул коюшту.
Ысрайылдар талкаланып, ар кимиси өз үйүнө
качып жөнөштү. Бул салгылашта ысрайылдар катуу
кырылды, алардын отуз миң жөө аскери курман
болду. [11] Кудайдын келишим сандыгын да
тарттырып жиберишти. Элинин эки уулу Копни
менен Пинехас да курман болушту.
[12] Бенжамин уруусунан бирөө согуш майданынан
качып, ошол эле күнү Шилого жетип келди. Ал
кийимдерин айрып, башына топурак чачып
алыптыр. [13] Ал киши жетип келгенде, Кудайдын
келишим сандыгын ойлоп, санаасы тынчыбаган
Эли жол жээгинде өз орундугунда кабар күтүп
олтурган. Жанагы киши калаага кирип, болгон
окуяны аларга айтып бергенде, шаардын бүт эли
кайгыдан катуу өкүрүп жиберди. [14] Эли өкүрүктү
угуп:
– Эмнеге мынчалык өкүрүк чыгып жатат? – деп
сурады. Ушул убакта баягы киши Элиге болгон
окуяны айтып бериш үчүн жетип келди. [15] Ал убакта
Эли токсон сегиз жашка чыгып, көздөрүнүн курчу
кайтып, көрбөй калган болчу. [16] Тиги киши Элиге:
– Мен согуш талаасынан, азыр эле кан майдандан
качып келдим! – деди. Эли андан:
– Эмне болду, уулум? – деп сурады. [17] Кабарчы:
– Ысрайыл пелиштилердин алдына түшүп качты,
көп кишини жоготтук. Эки уулуңуздан тең –
Копниден да, Пинехастан да айрылып калдык!
Кудайдын келишим сандыгын да душман тартып
кетти! – деди. [18] Кудайдын келишим сандыгы
жөнүндө айтылганда, Эли олтурган орундугунан
чалкасынан кетип жыгылып, дарбаза жанында
арка мойну астында калып, мүрт кетти. Анткени ал
абдан кары, анан да абдан эткээл киши эле. Эли
Ысрайылда кырк жыл бий болуп турду.
[19] Элинин келини – Пинехастын аялы кош бойлуу
болуп, ай-күнү да келип калган эле. Кудайдын
келишим сандыгын тартып алышканын, кайын
атасы менен күйөөсүнүн каза болгонун укканда,
күтүлбөгөн жерден толгоосу келип, тизелеп олтура
калып, төрөп койду. [20] Ал үзүлүп баратты. Төрөтүп
жаткан аялдар:
– Коркпо, уул төрөдүң! – деп айтышты. Бирок ал
жооп берген да, караган да жок. [21] Кудайдын
келишим сандыгын тарттырып жиберишип,
кайнатасы менен күйөөсү да каза болгондуктан,
«Ысрайылдан кут кетти» деп, балага энеси Ихабот
деген ат койду.
[22] – Кудайдын келишим сандыгы тарттырып ийип,
Ысрайылдан кут кетти, – деди аял.

### Келишим сандыгы жана пелиштилер

5 Пелиштилер Кудайдын келишим сандыгын
тартып алгандан кийин, аны Эбен-Эзерден
Ашдод шаарына алып келишти. [2] Пелиштилер
Кудайдын сандыгын өздөрүнүн кудайы Дагондун

† *Керептар - Чыгуу 25:18-22*

үйүнө алып кирип, Дагондун бурканынын жанына
коюп коюшту. 3 Эртеси күнү таң эрте ашдоддуктар
келишсе, Дагон Жараткан Эгенин келишим
сандыгынын алдында жерде жүздөмөндөп кулап
жатыптыр! Алар Дагонду тургузуп, кайра өз ордуна
орнотуп коюшту. 4 Алар кийинки күнү таң эрте
келишсе, Дагон кайра эле Жараткан Эгенин
келишим сандыгынын алдында жер сүзүп
жатыптыр! Бул жолкусунда Дагондун башы менен
эки колу жулунуп, босогодо жаткан экен. Анын
тулкусу гана калыптыр. 5 Ошондон тартып
Дагондун динкызматчылары да, Дагондун
Ашдоддогу бутканасына келген эл да босогону
тебелебей, ичкериге босогону аттап киришет.
6 Эгедер ашдоддуктар менен анын
айланасындагы элди да катуу жазалады. Алардын
денесине чыйкан чыгарып, азапка салды. 7 Муну
көрүп, ашдодтуктар:
– Ысрайылдын Кудайы бизди да, кудайыбыз
Дагонду да катуу жазалап жатат. Анын сандыгы
бизде калбашы керек – дешти. 8 Ошондуктан алар
пелиштилердин бардык төрөлөрүнө киши
жөнөтүп, аларды чогултуп:
– Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын
эмне кылалы? – деген суроону коюшту. Төрөлөр:
– Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын
Гатка жибергиле, – дешти. Ошентип, алар
Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын Гат
шаарына берип жиберишти. 9 Келишим сандыгын
Гатка алып барышканда, Жараткан Эге ал шаарды
да жазалады. Жараткан Эге шаар тургундарынын
жаш-карысы дебей бүт баарысынын денесине
чыйкан чыгарганда, эл катуу дүрбөлөңгө түштү.
10 Ошондуктан гаттыктар Кудайдын келишим
сандыгын эми Экронго берип жиберишти.
Кудайдын келишим сандыгын Экронго алып
келишкенде, шаар тургундары:
– Ко-куй! Силер бизди да кырылып калсын деп
Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын алып
келдиңерби! – деп айгай салышты. 11 Алар
пелиштилердин бардык төрөлөрүнө киши
жиберип, аларды чогултуп:
– Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын
бул жерден алып кеткиле. Биз да, элибиз да
кырылып калбашы үчүн, аны өз жерине кайтарып
бергиле, – дешти. Анткени бүт калааны өлүм
коркунучу каптап калган эле. Кудай аларды катуу
жазалап жатты. 12 Өлбөй аман калгандарына болсо
чыйкан чыгып, алардын озоңдогон үнү көккө
жетти.

### Келишим сандыгынын кайтып келиши

6 Эгедердин келишим сандыгы пелишти
жеринде жети ай чамасында туруп калды.
2 Акыры пелиштилер динкызматчылары менен
көзү ачыктарды чакырып алып:
– Эгедердин келишим сандыгын эмне кылалы?
Аны өз ордуна кантип кайтаруу керектигин бизге
үйрөтүп, айтып бергиле, – дешти. 3 Тигилер:
– Эгерде Ысрайылдын Кудайынын келишим
сандыгын кайра артка жөнөтө турган болсоңор,
аны куру жөнөтпөгүлө, – дешти. – Алгач ага айып
төлөм бергиле. Ошондо дартыңардан айыгып, Ал
силерди эмне себептен жазалаганын билесиңер.
4 Пелиштилер муну укканда:
– Кандай айып төлөшүбүз керек? – деп сурашты.
Алар:
– Пелишти төрөлөрүнүн санына жараша чыйкан
жарасынын беш айкели менен чычкандын беш
айкелин алтындан куюп, ошону жөнөткүлө.
Анткени силер да, төрөлөрүңөр да, бирдей илдетке
чалдыктыңар, – деп жооп айтышты. 5 – Ошондуктан
денеңерге чыккан чыйкан жарасы менен
жерибизге зыян келтирген чычкандардын
айкелдерин жасап, Ысрайылдын Кудайынын
улуулугун мойнуңарга алгыла. Балким, ошондо Ал
силерди, кудайларыбызды, анан да жерибизди
жазалаганын токтотоор. 6 Мисирликтер менен
фараон өжөрлөнгөндөй, силер да өжөрлөнбөгүлө.
Ысрайылдын Кудайы мисирликтердин башына
азапты салганда гана алар ысрайылдарды коё
беришип, ысрайылдар кетип калбады беле? 7 Эми
болсо жаңы араба жасап, моюнтурук салына элек
биринчи туут эки саан уйду ошол арабага чеккиле.
Музоолорун болсо бөлүп, мал сарайга алып
кеткиле. 8 Жараткан Эгенин сандыгын арабага
салгыла. Айып төлөм үчүн берчү алтын
буюмдарыңарды үкөккө салып, сандыктын жанына
койгула да, арабаны коё бергиле, кете берсин.
9 Бирок арабанын артынан аңдып, ээрчип баргыла.
Эгерде сандык өз жерине, Бейт-Шемешти карай
кетсе, анда бул апаатты Ысрайылдын Кудайы
башыбызга салганын билебиз. Эгерде андай
болбосо, анда бул жамандык башыбызга кокусунан
түшкөн болот. 10 Алар айтылгандай кылышты.
Биринчи туут эки саан уйду жетелеп келишип,
арабага чегишти. Музоолорун болсо мал сарайда
калтырышты. 11 Жараткан Эгенин сандыгын,
ошондой эле алтындан куюлган чыйкан жарасы
менен чычкандардын айкелдери ичине салынган
үкөктү арабага жүктөштү. 12 Ошондо уйлар түз эле
Бейт-Шемеш шаарына кеткен жолго түшүштү.
Мөөрөгөн боюнча оңго да, солго да бурулбай бир
жол менен кете беришти. Пелиштинин төрөлөрү
болсо Бейт-Шемештин чек арасына чейин арабаны
аңдып, ээрчип барышты.
13 Ошол убакта Бейт-Шемештин эли өрөөндө
буудай оруп жаткан. Алар баш көтөрүп, Жараткан
Эгенин келишим сандыгын көргөндө кубанып
кетишти. 14 Араба бейт-Шемештик Жашыянын
талаасына келип, токтоп калды. Ал жерде чоң таш
бар эле. Лебилер Эгедердин сандыгын, анын
жанындагы алтын айкелдер салынган үкөктү
арабадан түшүрүп, ошол чоң таштын үстүнө

коюшту. Арабаны талкалап, отун кылып жарышты.
Уйларды болсо Эгедерге арнап бүт өрттөө
курмандыгына чалышты. Ошол күнү Бейт-
Шемештин эли Эгедерге арнап бүт өрттөм жана
башка дагы курмандыктарды чалышты.
16 Пелиштилердин беш төрөсү байкап турушту да,
ошол эле күнү Экронго кайтып кетишти.
17 Пелиштилер чыйкан жарасынын беш айкелин
Жараткан Эгеге тартуу кылып жөнөтүп
жиберишкен болчу. Алар Ашдод, Газа, Гат,
Ашкелон, Экрон шаарлары үчүн берилген айып
төлөм эле. 18 Беш алтын чычкандар болсо пелишти
төрөлөрү башкарган чептүү беш шаар жана
алардын айланасындагы айылдар үчүн берилген
төлөм болчу.

Эгедердин сандыгы коюлган ошол чоң таш бейт-
шемештик Жашыянын талаасында бүгүн да турат.
19 Жараткан Эгенин келишим сандыгынын ичин
үңүлүп карап коюшкандыгы үчүн, Кудай Бейт-
Шемештин тургундарынан жетимиш кишини
өлтүрүп салды. Эгедер элди катуу жазалагандыктан,
эл ичи өкүрүккө толду. 20 Ошондо Бейт-Шемештин
эли:

– Бул ыйык Кудай Жараткан Эгенин алдында ким
тура алат!? Сандыкты эми кимге жиберебиз? –
дешти. 21 Анан алар Кирият-Жеярим шаарынын
элине кабарчыларын жиберип: «Пелиштилер
Эгедердин келишим сандыгын кайра кайтарып
беришти. Келип, аны алып кеткиле», – деп
айттырышты.

### Келишим сандыгы жана кирият-жеяримдиктер

7 Ошентип, Кирият-Жеяримдин эли келип,
Жараткан Эгенин сандыгын алып кетти. Аны
дөбөдөгү Абинадаптын үйүнө алып барышты. Анын
уулу Элазарды ыйыктап, Эгедердин келишим
сандыгына көз салып туруууга дайындашты.
2 Келишим сандыгы Кирият-Жеяримде узак убакыт,
жыйырма жыл туруп калды. Бул арада ысрайыл эли
өкүнүп, Кудайдын жүзүн издей баштады. 3 Шамил
бүт ысрайыл элине кайрылып мындай деди:

– Эгерде Жараткан Эгеге чын дилден кайрылган
болсоңор, анда араңардагы бөтөн кудайлар менен
Астартанын буркандарын жок кылгыла.
Ниетиңерди Жараткан Эгеге буруп, Ага гана кызмат
кылгыла. Ошондо Ал силерди пелиштилердин
чеңгелинен куткарат. 4 Ошондуктан Ысрайыл
уулдары Астарта менен Баалдын буркандарын жок
кылышып, жалгыз Жараткан Эгеге гана кызмат
кыла башташты. 5 Ошондо Шамил:

– Бүт Ысрайыл Миспага чогулсун, мен силер үчүн
Эгедерге сыйынамын, – деди. 6 Миспага чогулган эл
кудуктан суу тартып алып, Жараткан Эгеге тартуу
кылып төктү. Ошол күнү орозо кармап:

– Эгебиздин алдында күнөө кылдык, – деди.

Шамил Миспада ысрайыл элине бий болуп турду.
7 Ысрайыл уулдарынын Миспага чогулганын
угушканда, пелиштинин төрөлөрү Ысрайыл менен
согушууга аттанышты. Ысрайылдар муну угуп,
пелиштилерден коркуп кетишти. 8 Ошондо
Ысрайыл уулдары Шамилге:

– Кудайыбыз Жараткан Эгеге биз үчүн
жалынганыңды токтото көрбө. Ал бизди
пелиштилердин колунан куткарсын! – деп
суранышты. 9 Шамил сүт эмген бир козуну
алдырып, аны Жараткан Эгеге арнап бүт өрттөм
курмандыгына чалып жиберди да, Ысрайыл үчүн
Эгедерге жалынып кирди. Ошондо Жараткан Эге
ага жооп берди. 10 Шамил өрттөө курмандыгын
чалып жаткан убакта, пелиштилер Ысрайылга
чабуул коюу үчүн жакындап келишти. Бирок так
ошол убакта Эгедер пелиштилердин үстүнөн асман
жарган катуу күн күркүрөтүп жиберди. Ошондо
душман дүрбөлөңгө түшүп, аягында Ысрайылдан
жеңилип калды. 11 Ысрайылдар Миспадан чыгып
келишип, пелиштилердин артынан кубалап
жөнөштү. Аларды Бейт-Карга чейин сая кубалап
кырышты.

12 Шамил бир чоң ташты алып келип, Миспа
менен Шен шаарларынын ортосуна орнотуп,
«Эгедер ушул жерге чейин бизди колдоду», – деп,
аны Эбен-Эзер атады. 13 Пелиштилер ушинтип
багынып, Шамилдин көзү тирүүсүндө Ысрайыл
жерине келбес болушту. Жараткан Эгенинин колу
Ысрайылды пелиштилерден тосуп турду.
14 Пелиштилер басып алган Экрондон Гатка
чейинки Ысрайыл шаарлары менен
айланасындагы жерлерди ысрайылдар кайтарып
алышты. Алар өзүнүн бардык жерлерин
пелиштилерден бошотушту. Ысрайыл менен
аморлордун ортосунда да тынчтык орноду.

15 Шамил көзү өткөнчө Ысрайылда бий болуп
турду. 16 Ал жыл сайын Бейтелди, Гилгалды,
Миспаны кыдырып чыкчу. Ошол шаарлардан
туруп, ал бүт Ысрайылды бийлеп турчу. 17 Анан
Рамадагы үйүнө кайтып келип, ошол жерде туруп
да Ысрайылды бийлеп турчу.

Шамил Рамада Жараткан Эгеге арнап курманжай
курду.

### Шамилдин уулдары

8 Шамил картайган чагында өз уулдарын
Ысрайылга бий кылып дайындады. 2 Тун
уулунун ысымы Жоел, экинчисинин аты Абия эле.
Алар Бээршеба шаарында бий болуп турушту.
3 Бирок уулдары атасын тарткан жок. Алардын
напсиси бузулуп, пара алышып, адилеттикти
бурмалай башташты.

### Падыша талап кылуу

4 Ошондуктан Ысрайылдын бардык аксакалдары
чогулушуп, Рамага, Шамилдин алдына келишти.
5 Алар ага:

– Мына, сиз карып калдыңыз, уулдарыңыз болсо
сизди тарткан жок, ошондуктан бизге башка

элдердикиндей эле падыша көтөрүп бериңиз, ал
бизди башкарсын, – деп сураныштЫ. 6 Алардын:
«бизге падыша көтөрүп бериңиз, ал бизди
башкарсын» деген сөзү Шамилге жаккан жок.
Ошондуктан Шамил Жараткан Эгеге сыйынды.
7 Эгедер болсо Шамилге мындай деди:
– Эл сага эмне деп айткан болсо, бардык сөзүнө
кулак сал, себеби алар сенден баш тартышкан жок,
өздөрүнүн падышасы Менден баш тартышты.
8 Аларды Мисирден алып чыккан күндөн ушул
күнгө чейин Мени таштап, башка кудайларга
кызмат кылышты. Азыр сага да ошондой кылып
жатышат. 9 Алардын айтканын аткарып бер. Бирок
падышанын кандай бийлик кыла турганын элге
катуу эскерт.
10 Өзүнө падыша сураган элге, Шамил Эгедердин
сөзүн толугу менен айтып берди. 11 Ал элге мындай
деди:
– Падыша силердин үстүңөрдөн мындайча
бийлик кылат: ал уулдарыңарды аскерге чакыртып
алып, согуш арабасын айдаган жоокер, же сарбаз,
же арабалар алдында чуркаган жөө аскер кылат.
12 Падыша кээ бирлерин миң башы, элүү башы
кылып койсо, кээ бирин өз жерлеринде иштетип,
эгинин ордурат, согуш куралдар жана майдан
арабаларынын шаймандарын жасатат.
13 Кыздарыңды алып кетип, пардазчы †, ашпоз,
наабайчы кылып коёт. 14 Силердин эң жакшы
жерлериңерди, жүзүмзарларыңарды, зайтун
бактарыңарды алып, өз кызматчыларына берет.
15 Эгинден, жүзүмдөн алган түшүмүңөрдүн ондон
бирин тартып алып, өзүнүн төрөлөрү менен
кызматчыларына берет. 16 Кулдарыңарды,
күңдөрүңөрдү, жакшы өгүздөрүңөрдү жана жакшы
эшектериңерди алып кетип, өз жумуштарына
салат. 17 Майда малыңардын ондон бир бөлүгүн
алат. Ага өзүңөр да кул болосуңар. 18 Ушулар
орундалганда, өзүңөр тандап алган падышаңардан
запкы көрүп боздойсуңар. Бирок ошол убакта
Жараткан Эгеңер силерге кулак салбайт. 19 Ошого
карабастан, эл Шамилдин айткандарын укпай,
мындай деди:
– Жок, бизге падыша бийлик кылсын! 20 Биз башка
элдердей болгубуз келет. Падышабыз бийлик
кылып, алдыбызда жүрүп, согуштарыбызда баш
болсун. 21 Шамил элдин сөздөрүнүн баарын угуп,
аларды Жараткан Эгеге айтып берди. 22 Анан
Жараткан Эге Шамилге:
– Элдин айтканын угуп, аларга падыша көтөрүп
бер, – деди. Ошондон кийин Шамил ысрайылдарга:
– Баарыңар өз калааңарга кайткыла, – деди.

### Шабул менен Шамилдин жолугушуусу

9 Бенжамин уруусунда Киш деген абройлуу, бай
киши бар эле. Ал Абиелдин уулу эле. Абиел –
Серордун уулу, Серор – Бехораттын уулу, Бехорат –
бенжаминдик Апияхтын уулу болгон. 2 Анын Шабул
деген жаш, келбеттүү уулу бар эле. Ысрайылда
андан сымбаттуу жан жок эле. Ал узун бойлуу
болгондуктан, элдин баары анын ийнинен келчү.
3 Бир күнү Киштин эшектери жоголуп кетти.
Ошондо Киш уулу Шабулга:
– Малайларыңдын бирөөнү жаныңа алып,
эшектерди издеп кел, – деди. 4 Шабул Эпрайым
тоолу аймагы менен Шалиша жерлерин түрө
кыдырып чыкты, бирок эшектерин таба алган жок.
Анан Шаалим жерине барды, бирок ал жерден да
алардын дайыны чыкпады. Бенжамин жеринен да
өттү, бирок эшектери ал жерден да табылбады.
5 Алар Зуп жерине келишкенде, Шабул жанындагы
малай балага:
– Артка кайталы. Антпесе атам эшектерин коюп,
биз үчүн сарсанаа боло баштайт, – деди. 6 Бирок
бала ага мындай деди:
– Кожоюн, мына бул шаарда Кудайдын кишиси
бар, аны элдин баары сыйлайт. Ал эмнени айтса,
ошонун баары ордунан чыгат. Ушул шаарга
баралы, балким ал кай тарапка барышыбыз
керектигин айтып берер. 7 Шабул ага:
– Барса баралы, бирок ал кишиге куру кол кантип
барабыз? Куржундарыбызда наныбыз да түгөнүп
калбадыбы. Кудайдын кишисине алып барчу
тартуубуз да жок. Деги эмне бар бизде?
8 – Мына, менде чейрек шекел күмүш бар экен, –
деди бала Шабулга, – аны Кудайдын кишисине
берели, ал бизге кай тарапка барышыбыз
керектигин айтып берет. 9 Мурун Ысрайылда
кимдир-бирөө Кудайдан бир нерсе сураганы бара
жатканда: «Олуяга барып келели», – деп айтышчу.
Себеби, азыр пайгамбар деп аталган кишини
мурда олуя деп коюшчу. 10 Шабул балага:
– Туура айтасың, жүр баралы! – деди да, Кудайдын
кишиси келген шаарга жөнөштү. 11 Экөө шаарды
карай дөбөгө өйдөлөп бара жатышканда, суу
алганы чыккан кыздарга жолугушту. Алар:
– Кыздар! Олуя ушул жердеби? – деп сурашты.
12 – Ооба, – деп жооп беришти кыздар. – Ал сиздин
алдыңызда эле өтүп кетти. Ал шаарга бүгүн эле
келди. Тезирээк барыңыз, себеби эл бүгүн чеч
дөбөдө курмандык чалат. 13 – Шаарга кирериңиз
менен чеч дөбөгө сый тамакка бараткан жерден
ага жолугасыз. Олуя барып, курмандыкка бата
сурамайынча, элге сый тамак берилбейт. Азыр
барсаңыз, аны дароо табасыз! 14 Экөө шаарды
көздөй жөнөштү. Шаарга киришкенде, чеч дөбөгө
бараткан Шамил алардын алдынан чыгып калды.
15 Шабул келерден бир күн мурда эле Жараткан
Эге Шамилге аян берип, мындай деп айткан болчу:
16 «Эртең ушул убакта бенжамин жеринен Мен сага
киши жиберемин. Сен анын башына май куюп,
Ысрайылга башчы кыл. Ал Менин элимди
пелиштилердин колунан куткарат. Анткени Мен
элимдин абалын көрдүм, анын боздогон үнүн
уктум.
17 Шамил Шабулду көргөндө, Жараткан Эге ага:

† *пардазчы - косметолог*

– Мына, мен сага айткан жигит ушул. Ал Менин
элимди башкарат, – деп айтты. 18 Калаа
дарбазасынын алдында Шабул Шамилге басып
келип:
– Аксакал! Олуя кайсы үйдө экенин айтып
коёсузбу? – деп сурады.
19 – Олуя менмин, – деди Шамил Шабулга. – Чеч
дөбөгө менден мурда бара бер. Бүгүн мени менен
тамактанасың. Сени эртең коё беремин. Эртең
менен сага жүрөгүңдө эмне каалап жатканыңды
айтып берип, анан үйүңө жөнөтөмүн. 20 Үч күн
мурда жоголгон эшектериңден кам санаба, алар
табылды. Айтарым, бүт ысрайыл эли үмүт кылган
адам ким экенин билесиңби? Ошол адам сенсиң,
анан да сенин үй-бүлөң!
21 – Кандайча! – деди Шабул, – мен бенжаминмин
да! Менин уруум Ысрайылдагы уруулардын эң
кичинеси. Түпкү тегим да бенжамин уруусундагы
кичинекейи болсо! Муну мага кайсы кыязда айтып
жатасыз? 22 Шамил Шабул менен малай баланы эл
чогулган бөлмөгө киргизди. Үйдө чакырылган
отуздай киши олтурушуптур, Шамил экөөнү төргө
олтургузду. 23 Анан ашпозго:
– «Өзүнчө алып кой», – деп мен сага берген
устуканды бул жигитке тарт, – деди. 24 Ашпоз
жамбашты алып келип, Шабулдун алдына койду.
– Бул сага калтырылган устукан, жей гой, – деди
Шамил. – Бул устуканды белгиленген күнү сени
чакырылган адамдар менен чогуу жесин деп алып
койдургам. Ошол күнү Шабул Шамил менен чогуу
тамактанды. 25 Алар чеч дөбөдөн шаарга түшүп
келишти. Анан Шамил менен Шабул үйдүн үстүндө
сүйлөшүштү. 26 Эртеси күнү күн көтөрүлө
баштаганда, там үстүндө түнөп калган Шабулга
Шамил:
– Эй жигит, тур! Мен сени узатып коёюн, – деп
чакырды. Шабул туруп, Шамил менен чогуу жолго
чыкты. 27 Алар шаардан чыга бererде Шамил
Шабулга:
– Алдагы балага айт, алдыга баса берсин, – деди.
Малай бала алдыга басып кеткенде:
– Сен болсо токтой тур, – деди Шамил Шабулга
кайрылып. – Эми мен сага Кудай эмне деп
айтканын айтып берейин.

### Шабулдун падышалыкка майланышы

10 Анан Шамил мүйүз идишинин оозун ачып,
Шабулдун башына зайтун майын куйду. Анан
анын маңдайынан өөп:
– Уулум, Эгебиз сени Өзүнүн элине өкүмдар
кылып майлады, – деди. 2 – Азыр менин жанымдан
кеткенден кийин, Бенжамин жеринде, Селсахтагы
Ракыянын мүрзөсүнүн жанында эки адамга
жолугасың. Алар сага: «Сен издеп жүргөн эшектер
табылды. Атаң эми эшектерин ойлогонду коюп,
уулума эмне болду экен деп сарсанаа болуп жатат»,
– деп айтышат. 3 Андан ары жүрүп олтурсаң,
Табордо эмен дарагына келесиң. Ал жерде сен
Бейтелге, Кудайдын үйүнө бараткан үч кишиге
жолугасың. Алардын бири үч улак, экинчиси үч
нан, үчүнчүсү бир чанач шарап көтөрүп алган
болот. 4 Алар сени менен амандашып, эки нан
беришет, аларды алгын. 5 Андан ары
пелиштилердин күзөт тобу турган Гибат-Элохимге
жетесиң. Шаарга киргениңде чеч дөбөдөн
ээрчишип түшүп келе жаткан пайгамбарлар тобуна
жолугасың. Алар арфа чертип, чылдырман ойноп,
чоор тартып, лира ойногондорду коштоп, зикир
чалып келе жатышкан болушат. 6 Ошондо сага
Эгенин Руху түшүп, сен да алар менен чогуу зикир
чала баштайсың да, таптакыр башка адамга
айланасың. 7 Ушул жышаандар ордунан чыкканда,
жагдайга жараша иш кыла бер, анткени Кудай сени
колдойт. 8 Анан менден мурда Гилгалга бар да,
мени ошол жерде жети күн күт. Мен да өрттөө,
тынчтык курмандыктарын чалуу үчүн артыңдан
барамын. Ошондо эмне кылышың керектигин сага
айтамын. 9 Ошентип, Шабул Шамилдин алдынан
кетейин деп бурулары менен, Кудай анын жүрөгүн
башкача кылып өзгөрттү. Айтылган
жышаандардын бардыгы ошол күнү аткарылды.
10 Шабул малай баласы экөө Гибага келгенде,
алардын алдынан пайгамбарлар тобу чыкты.
Ошондо Кудайдын Руху Шабулга түшүп, ал да алар
менен чогуу зикир чала баштады 11 Аны
тааныгандар Шабулдун зикир чалып жаткандар
менен чогуу жүргөнүн көрүшүп, бири-биринен:
– Ой тобоо, Киштин уулуна эмне болгон, ыя?
Шабул да пайгамбар болуп калды беле? – деп
сураšты. 12 Анда дагы бирөө:
– Калгандарынын аталары ким? – деп сурады.
«Шабул да пайгамбар болуп калганбы?» деген сөз
ушундан улам айтылып калган. 13 Зикир чалып
бүткөндөн кийин, Шабул чеч дөбөгө чыгып кетти.
14 Шабулдун абасы жанындагы малай бала
экөөнөн:
– Ой, ушул убакка чейин кайда жүрдүңөр? – деп
сурады.
– Эшектерди издеп жүрдүк, таба албаган соң,
Шамилге бардык, – деп жооп берди Шабул.
15 – Шамил силерге эмне деп айтты, мага да айтып
берчи, – деп сурады абасы. 16 Шабул абасына:
– Ал бизге: «Эшектериңер табылды» деп айтып
берди, – деди. Бирок падышалык жөнүндө
Шамилдин айткан сөздөрүн ага айткан жок.

### Шабулдун падыша көтөрүлүшү

17 Шамил элди Миспага, Жараткан Эгенин алдына
чакырды. 18 Ал Ысрайыл уулдарына мындай деди:
– Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эге мындай деп
айтат: «Мен Ысрайылды Мисирден алып чыктым.
Силерди эзген мисирликтер менен башка
падышалыктардын колунан куткардым. 19 Бирок
бүгүн кыйынчылыктар менен азап-кайгылардан
куткарган Кудайыңардан баш тартып, Ага: «Бизге
падыша көтөрүп бер» деп жатасыңар! Кана, андай

болсо өз урууңар, тукумуңар боюнча Жараткан
Эгенин алдына келип тургула! [20] Анан Шамил
Ысрайылдын бүт урууларын бир-бирден келгиле
деп буйруду. Өкчөмө таш боюнча алардан
Бенжамин уруусу көрсөтүлдү. [21] Бенжамин уруусу
уруктары боюнча келгенде, өкчөмө таш боюнча
Матрий уругу көрсөтүлдү. Аягында Матрий
тукумунан Киштин уулу Шабул көрсөтүлдү. Бирок
аны издеп таппай калышты. [22] Ошондо Жараткан
Эгеден:
– Ал адам бул жерге келди беле? – деп сурашты.
Эгедер аларга:
– Ал ушул жерде, жүк арабалардын арасына
жашырынып алган, – деп жооп берди. [23] Бир нечеси
чуркап барып, аны таап келишип, элдин ортосуна
тургузуп коюшту. Шабулдун бою бийик
болгондуктан, элдин баары анын ийининен келип
турду. [24] Шамил бүт элге:
– Жараткан Эгебиз кимди тандаганын
көрдүңөрбү? Бүт элдин арасында ага тең келе
турган эч ким жок! – деди. Ошондо бүт эл:
– Жашасын падыша! – деп кыйкырды. [25] Шамил
падышалыктагы бийлик кандай болорун элге
айтып берди. Аны китепке жазып, Жараткан Эгенин
алдына койду. Анан элди үйлөрүнө коё берди.
[26] Шабул да үйүнө кетти. Кудай жүрөгүнө дем
берген эр жүрөк адамдар аны менен жөнөштү. [27] Ал
эми кээ бир начар адамдар: «Бизди куткара турган
киши ушул бекен?» – дешип, назарларына илбей,
ага тартууларын беришпеди. Бирок Шабул аларга
көңүл бурган жок.

### Шабулдун аммондорду жеңиши

11 Аммон падышасы Нахаш келип, Гилаттагы
Жабеш шаарын курчоого алды. Жабештин
эли Нахашка:
– Биз сизге кызмат кылалы, сиз болсо биз менен
келишим түзсөңүз экен, – деп суранды.
[2] Бирок аммон Нахаш:
– Бүткүл Ысрайылды мазакташ үчүн ар
бириңердин оң көзүңөрдү оюп алууга макул болгон
шартта гана силер менен келишим түзөмүн, – деп
жооп берди.
[3] Ошондо Жабештин аксакалдары ага:
– Бизге жети күн убакыт бериңиз. Ысрайылдын
бардык жерлерине чабармандарды жиберели.
Эгерде бизди куткарууга эч ким келбесе, анда
өзүбүз багынып беребиз, – деп айттырышты.
[4] Чабармандар Шабул жашаган Гиба шаарына
келип, бул жөнүндө элге угуза айтып беришкенде,
эл чуу көтөрүп, өкүрүп жиберди.
[5] Ушул убакта Шабул өгүздөрүн айдап, талаадан
кайтып келе жаткан. Ал:
– Элге эмне болгон? Неге мынчалык өкүрүп
жатат? – деп сурады. Ага жабештиктер жөнөткөн
кабарды айтып беришти. [6] Шабул бул сөздөрдү
укканда, ага Кудайдын Руху түштү.
Анын каары тутанып, абдан ачууланып кетти. [7] Ал
эки өгүзүн союп жиберип, жиликтерге бөлдү да:
«Ким Шабул менен Шамилди ээрчип согушка
барбаса, анын өгүзү так ушинтип жиликтенет» деп
айтып, жиликтерди чабармандар аркылуу бүт
Ысрайылга жиберди. Ошондо бүт элди коркунуч
каптап, баары бир кишидей аттанып чыгышты.
[8] Шабул аларды Безекте сапка тизди. Ысрайыл
уулдарынан үч жүз миң, жүйүт уруусунан отуз миң
киши чогулду. [9] Ошондо ысрайылдар келген
кабарчыларга:
– Гилаттын Жабешинин жашоочуларына: «Эртең
күн так төбөгө көтөрүлгөн убакка чейин силер
куткарыласыңар» деп айтып баргыла, – дешти.
Чабармандар Жабештин элине муну айтып
барышканда, алар абдан кубанышты. [10] Анан
Жабештин эли Нахашка:
– Эртең силерге багынып беребиз. Ошондо бизге
эмнени туура көрсөңөр, ошону кылгыла, – деп
айтырып жиберишти. [11] Эртеси Шабыл элдик
кошуунду үч топко бөлдү. Алар таң эрте
аммондордун ордосуна чабуул коюп кирип
келишип, күн ысыганча аларды кырып салышты.
Аман калгандары болсо баштары бирикпей
бириндеп качышты.
[12] Анан жигиттер Шамилге чогулуп келип:
– «Шабул бизге падыша боло алмак беле», – деген
кимдер эле? Бул жакка алып келгиле, алардын
жайын өзүбүз табабыз! – дешти. [13] Бирок Шабул:
– Бүгүн Жараткан Эгебиз Ысрайылды куткарып
алды, ошондуктан эч ким өлтүрүлбөшү керек, – деп
жооп берди. [14]
– Андай болсо, жүргүлө, Гилгалга баралы да, ошол
жерде падышалыкты кайрадан бекемдейли, – деп
айтты Шамил. [15] Ошентип, бүт эл Гилгалга барып,
Жараткан Эгенин алдында Шабулду падыша
көтөрүштү. Ошол жерде Эгедердин алдында
тынчтык курмандыктарын чалышып, Шабул менен
бүт ысрайыл эли аябай кубанышты.

### Шамилдин соңку сөзү

12 Ушундан кийин Шамил бүт ысрайыл элине
кайрылып:
– Мына, мен айтканыңарды угуп, силерге падыша
коюп бердим, – деди.
[2] – Мына эми ошол падышаңар силерди баштап
жүрсүн! Мен болсо картайып калдым, чачымды ак
басты. Уулдарым да силердин араңарда. Жаш
күнүмдөн, ушул күнгө чейин мен силерди баштап
жүрдүм.
[3] Кана, Жараткан Эгенин жана Ал тандап, май
сүрткөндүн алдында күбөлүк кылгыла! Кимдин
өгүзүн алдым? Кимдин эшегин тартып алдым?
Кимди алдадым же кимди кысымга алдым? Кимден
пара алып, анын ишин жаап, көзүмдү жуумп
койдум? Анда алгандарымды кайтарып берейин!
[4] Элдин баары ага:

– Жок, сиз эч кимди кысымга алган жоксуз,
алдаган жоксуз, эч кимдин колунан эч нерсе алган
да жоксуз, – деди.
5 – Андай болсо, менден бир да кемчилик
таппаганыңарга бүгүн Жараткан Эгебиз да, Ал
тандап, май сүрткөн адам да күбө! – деди Шамил
аларга.
– Күбө - ө! Күбө - ө! – деди эл.
6 Шамил сөзүн улай:
– Ооба, Муса менен Арунду тандап алып,
аталарыңарды Мисир жеринен алып чыккан ошол
Жараткан Эге Өзү күбө! – деди.
7 – Эми болсо даярдангыла. Силерди жана ата-
бабаларыңарды куткаруу үчүн Жараткан Эгебиз
канчалаган адил иштерди кылганын Анын алдында
эсиңерге салып коёюн! 8 Жакып Мисирге келгенден
кийин, ата-бабаларыңар Эгедерге жалбарганда, Ал
Муса менен Арунду берди. Алар ата-
бабаларыңарды Мисирден алып чыгып, ушул
жерге отурукташтырды. 9 Бирок ата-бабаларыңар
өздөрүнүн Кудайы, Жараткан Эгени унутушту.
Ошондуктан Эгедер аларды Хатсор падышасынын
колбашчысы Сисардын, пелиштилердин жана маап
падышасынын колуна салып берди. 10 Ошондо алар
Жараткан Эгеге: «Биз күнөөгө баттык! Сени таштап,
Баал, Астарта буркандарына ийбадат кылдык.
Бирок бизди душмандарыбыздын колунан куткара
көр, Сага ийбадат кылабыз!» – деп жалбарышты.
11 Ошондо Эгебиз Жеруп-Баалды, Баракты,
Иптахты, анан мени да жиберип, айланаңардагы
душмандарыңардын колунан куткарып, силерге
коопсуз жашоо берди. 12 Бирок аммон падышасы
Нахаш силерге каршы жоортулга чыкканын
көргөнүңөрдө, Кудайыңар Жараткан Эге силердин
Падышаңар экенине карабастан: «Жок, бизге
кадимки падыша бийлик кылсын!» – дедиңер!
13 Мынакей, өзүңөр талап кылып, тандап алган
падышаңар! Ооба, Жараткан Эге силерге падыша
берди! 14 Эгерде силер Эгеңерден коркуп, Ага
ийбадат кылсаңар, Анын үнүн угуп, буйруктарына
каршы чыкпасаңар, өзүңөр да, силерге бийлик
кылган падышаңар да Кудайыңар Жараткан Эгени
ээрчисеңер, баары жакшы болот. 15 А эгерде
Жараткан Эгенин үнүн укпасаңар, Анын
буйруктарына каршы чыксаңар, Эгебиз ата-
бабаларыңарды жазалагандай, силерди да
жазалайт. 16 Эми ордуңарда калгыла! Жараткан Эге
силердин көз алдыңарда зор иш көрсөтөт! 17 Азыр
буудайды оруу маалы, жамгыр жаабай турган
убакыт эмеспи? Бирок мен азыр Жараткан Эгеден
суранамын, Ал күн күркүрөтүп, жаан төктүрөт.
Өзүңөргө падыша сурап, Жараткан Эгенин алдында
кандай жамандык кылганыңарды ошондо
жакшылап түшүнүп аласыңар. 18 Анан Шамил
Жараткан Эгеге сыйынды эле, ошол күнү Эгедер
асманды күркүрөтүп, жаан төктүрүп жиберди.
Ошондо бүт эл Жараткан Эгеден да, Шамилден да
аябай коркуп кетти. 19 Алар Шамилге:
– Биз падыша сурап, бүт күнөөлөрүбүздүн үстүнө
күнөө коштук. Кулдарыңыз өлүп калбашы үчүн
Кудайыңыз Жараткан Эгеге сыйыныңыз! – деп
суранышты. 20 Шамил элге мындай деди:
– Коркпогула, бул күнөөңөрдүн болору болуп,
боёосу канды. Эми Жараткан Эгебизден
четтебестен, Аны ээрчип, Ага чын ниеттен ийбадат
кылгыла. 21 Эч кимди куткара албай турган, эч
нерсеге жарабаган буркандарга сыйынбагыла,
алардан эч кандай пайда жок. 22 Эгебиз силерди Өз
эли кылып тандап алган. Өзүнүн улуу ысымына сөз
тийбеши үчүн Жараткан Эге Өз элинен жүз
бурбайт. 23 Мен болсо, силер үчүн сыйынып
турамын. Антпесем, Жараткан Эгенин алдында
күнөө кылган боломун. Мен силерге жакшы, туура
жолду көрсөтөмүн! 24 Жараткан Эгеден гана
корккула, чын дилден, садык болуп, Ага ийбадат
кылгыла. Ал силер үчүн кандай улуу иштерди
кылганын эстегиле! 25 Эгерде күнөө кылганды
уланта берсеңер, анда өзүңөр да, падышаңар да өз
жериңерден жок кылынасыңар.

### Шабулдун пелиштилер менен согушу

13 Шабул отуз жашында ысрайыл элине
падыша болуп, ал кырк эки жыл бийлик
кылды. 2 Ал ысрайылдардан өзүнө үч миң кишини
тандап алып, калгандарын үйлөрүнө жөнөтүп
жиберди. Алардын эки миңин Шабул жанына –
Мукмас жана Бейтел тоолорунда калтырды. Миң
кишини болсо, Жонатандын карамагына –
бенжамин уруусуна караштуу Гиба шаарына
жиберди. 3 Бир күнү Жонатан пелиштилердин Гиба
шаарындагы күзөт тобун талкалап салды. Бул
тууралуу кабар пелиштилерге жетти. Шабул болсо:
«Эврейлер, бул тууралуу уксун» деп, бүткүл өлкөдө
сурнай тарттырды. 4 Ошентип, Шабул
пелиштилердин күзөт тобун кырып салгандыгын,
ошондуктан ысрайыл эли пелиштилерге жек
көрүндү болуп калганын ысрайылдардын баары
угушуп, бүт эл Гилгалга – Шабулдун жанына
чогулду. 5 Пелиштилер да Ысрайыл менен согушуу
үчүн чогулду. Алардын үч миң аскер арабасы, алты
миң сарбазы жана деңиз жээгиндеги кумдай
сансыз жөө жоокерлери Бейт-Абендин чыгыш
тарабына келишип, Мукмаста ордо курушту.
6 Ысрайылдар коркунучтуу абалда калышканын,
элдин абалы оордогонун көрүшкөндө, үңкүрлөргө,
чытырман бадалдардын, аскалардын арасына,
чуңкурларга, суу сактагычтарга жашырынып
калышты. 7 Кээ бир эврейлер болсо, ал тургай,
Иордандын аркы өйүзүндөгү Гат жана Гилат
жерлерине көчө качышты. Ал эми Шабул дагы эле
Гилгалда кала берди. Анын жанында калган элдик
кошуун абдан коркуп, жаны төбөсүнө жетип турду.

### Шабулдун мыйзамсыз курмандык чалуусу

8 Шамил мерчемдегендей, Шабул аны жети күн
күттү. Бирок Шамил Гилгалга келген жок. Ошондо
элдик кошуун Шабулду таштап, туш-тушка кача
баштады. 9 Муну көргөндө Шабул:
– Өрттөө курмандыгы менен тынчтык
курмандыгына чалынчу малдарды мага алып
келгиле, – деди. Анан өрттөө курмандыгын чалды.
10 Шабул өрттөө курмандыгын чалып бүтөрү менен
Шамил келип калды. Шабул амандашып, анын
алдынан тосуп чыкты. 11 Бирок Шамил:
– Бул эмне кылганың? – деди.
– Адамдарым менден кете баштады, – деди
Шабул. – Сиз да белгиленген убакта келген жоксуз.
Анын үстүнө, пелиштилер да Михмаста чогулуп
турушат. Аларды көрүп: 12 «Пелиштилер мага кол
салып Гилгалга кирип келет. Мен болсо Жараткан
Эгемден али жардам сурай элекмин» деп ойлодум.
Ошол себептен мен өрттөө курмандыгын чалууга
мажбур болдум. 13
– Акылсыз иш кылыпсың. Сенин Кудайың –
Жараткан Эгенин сага берген амирине моюн
сунган жоксуң. Аттиң, сабыр кыла турганыңда,
Жараткан Эге сенин Ысрайылдын үстүнөн
падышалыгыңды бекем кылмак, – деди Шамил
Шабулга. 14 – Эми сенин падышалыгың узакка
турбайт. Жараткан Эге Өзүнүн көңүлүнө жаккан
бирөөнү таап, аны Өз элине өкүмдар кылып
дайындады. Анткени сен Жараткан Эгенин
буйругуна баш ийген жоксуң. 15 Ошондон кийин
Шамил Гилгалдан чыгып, бенжамин уруусунун
Гиба шаарына кетти. Шабул жанында калган
кишилерди санап чыкты эле, алты жүздөй адам
калыптыр. 16 Шабул жана уулу Жонатан жанындагы
адамдары менен бенжамин уруусуна тийиштүү
Гибага жайгашышты. Пелиштилердин ордосу
болсо Михмаста турган. 17 Пелиштилер ордосунан
үч алдыңкы аскер тобу чыгып, кыргын салуу үчүн
жөнөдү. Биринчиси Шубал аймагындагы Опра
шаары тарапка, 18 экинчиси Бейт-Хорон шаары
тарапка, үчүнчүсү болсо жол менен чөл тарапка –
Себоим өрөөнүндөгү чек арага бет алды.
19 Ошол заманда пелиштилер: «Эврейлер да
найза, кылыч жасап албасын» деп, бүткүл Ысрайыл
жеринде бир да темир уста калтырган эмес эле.
20 Ошондуктан ысрайылдардын баары соколорунун
тиштерин, кетмендерин, балталарын, чалгыларын
курчутуу үчүн пелиштилерге барышчу. 21 Соконун
тиши менен кетмендерди курчутуу баасы бир
шекел күмүштүн үчтөн эки бөлүгү, ал эми балта,
айры жана шиштерди курчутуу баасы бир күмүш
шекелдин үчтөн бир бөлүгү турчу. 22 Ошондуктан,
Шабул менен Жонатандын кишилеринин
бирөөндө да кылыч да, найза да жок болчу. Алар
Шабул менен анын уулу Жонатанда гана болгон.
23 Ошентип, бул арада пелиштилердин алдыңкы
бөлүгү Михмас кечүүсүнө чыгып келди.

### Жонатандын эрдиги

14 Бир күнү Шабулдун уулу Жонатан өзүнүн
желдетине:
– Жүрү, аркы тараптагы пелиштилердин күзөт
тобуна баралы, – деди. Бирок Жонатан бул тууралуу
атасына айткан жок. 2 Бул убакта Шабул Гибанын
чет жагында, Мигрондогу анар багынын
саябанында олтурган. Анын жанында алты жүздөй
кишиси бар эле. 3 Динкызматчынын алжапкычын
тартынган Ахия да ошол жерде эле. Ахия Ихаботтун
бир тууганы Акитуптун уулу эле. Акитуп болсо
Пинехастын уулу – Шилодо Жараткан Эгенин
динкызматчысы болуп турган Элинин небереси
эле.
Жонатандын жөнөп кеткенин бирөө да билбей
калды. 4 Жонатан пелиштилердин күзөт тобуна
өтүп барчу өткөөлдүн эки тарабында тең аскалар
бар эле. Аскалардын бирөө – Босес, экинчиси Сене
деп аталчу. 5 Түндүк тараптагы аска – Мукмасты,
түштүк тараптагы аска Гибаны карап турчу.
6 Жонатан желдетине:
– Жүр, ошол сүннөтсүздөрдүн күзөт тобуна өтүп
баралы, – деди. Балким, Жараткан Эгебиз бизди
колдоор. Жараткан Эгебиздин колунан келбеген иш
жок. Биз көп болсок да, аз болсок да Ал бизди
жеңишке ээ кыла алат. 7
– Куп болот! Көңүлүңүзгө эмне туура келсе,
ошондой кылыңыз! – деди желдети. – Сиз менен
кайда болсо барамын! 8 Ошондо Жонатан мындай
деди:
– Биз аркы тарапка өтүп барып, аларга көрүнөлү.
9 Эгер алар бизге: «Токтой тургула. Биз силерге
баралы» дешсе, турган жерибизде калып, аларга
жогорулап барбайбыз. 10 Эгер алар: «Бери чыгып
келгиле» деп айтышса, барабыз. Анткени бул –
Жараткан Эге аларды биздин колубузга салып
бергендигинин белгиси болот. 11 Ошентип, экөө
пелишти күзөт тобуна көз көрүнөө жерге
чыгышканда, пелиштилер:
– Карагылачы, эврейлер жашырынган
чээндеринен чыгып келе жатышат! – деп айтышты.
12 Анан алар Жонатан менен анын желдетине:
– Эй! Бери чыгып келгиле! Силерге айтчу сөзүбүз
бар! – деп кыйкырышты. 13 Жонатан тырмышып
жогору чыга баштады. Желдети да анын артынан
жөнөдү. Жонатан пелиштилерге кол салып, аларды
кырып кирди, желдети болсо арттан кол
салгандарды өлтүрүп жатты. 14 Ушул биринчи
кармашта Жонатан менен анын желдети алакандай
талаада жыйырмадай кишини өлтүрүштү.

### Ысрайылдын пелиштилерди жеңиши

15 Пелиштилердин бүт баарынын жүрөгү
титиреди: ордодогулар, талаадагылар, күзөт
тобундагылар, алдыңкы аскер топтору да
дүрбөлөңгө түшүшүп, ал тургай жер да силкинип

жатты. Анткени Кудай алардын жүрөктөрүнө
коркунуч жиберген эле.
16 Бенжамин уруусунун Гибасындагы Шабулдун
күзөтчүлөрү пелиштилердин туш тарапка чилдей
чачырап баратканын көрүштү. 17 Ошондо Шабул
жан-жөөкөрлөрүнө:
– Элдик кошуунду түгөлдөп чыгып, ким жок
экенин билгиле! – деп буйруду. Алар түгөлдөп
чыкканда, Жонатан менен анын желдети жок экени
билинди. 18 Шабул Акияга:
– Кудайдын сандыгын алып кел, – деп буйруду. Ал
убакта Кудайдын сандыгы Ысрайыл уулдарынын
жанында эле. 19 Шабул динкызматчыга сүйлөп
жаткан убакта, пелиштилердин ордосунда
дүрбөлөң улам катуулап, аларга чейин угулду.
Ошондо Шабул динкызматчыга:
– Керек эмес, тим кой. Кеттик! – деп айтты.
20 Ошол замат Шабул менен элдик кошуун айкырык
салып согуш талаасына кирип келди. Ал жерде
баары катуу дүрбөлөңгө түшүп, бири-бирин
кылычтап өлтүрүп жатыптыр. 21 Буга чейин
пелиштилердин ордосуна кошулуп, алар тарапта
болгон эврейлер, саптан чыгып, кайрадан Шабул
менен Жонатандын Ысрайыл элдик кошууну
тарапка өтүштү. 22 Эпрайым тоолорунда
жашырынып жүргөн адамдар да, пелиштилердин
качып жөнөшкөнүн угушуп, аларды кубалап
жөнөштү. 23 Ушул күнү Жараткан Эге Ысрайылга
жеңиш тартуулады. Салгылаш Бейт-Абенден да ары
жайылды.

### Падышанын акылсыз буйругу

24 Ошол күнү ысрайылдар абдан чарчашты.
Шабул болсо:
– Мен душмандарымдан өч алып бүткөнүмчө,
кечке чейин ким наар алса, ага каргыш тийсин! –
деп наалат жарыялады. Ошондуктан элден эч ким
наар таткан жок.
25 Элдик кошуун токойго киргенде, ачык жерде
көп балга туш болушту. 26 Токойго кирген эл жөн
эле жерге агып жаткан балды көрүп турса да,
каргыштан коркондуктан, эч кимиси ага кол
тийгизе алган жок. 27 Жонатан болсо атасынын элге
угуза жарыялаган наалатын уккан эмес болчу. Ал
колундагы таягын сунуп, уюктагы балдан илип
алып, татып көргөндө, кубаттана түштү. 28 Эл
арасынан бир киши ага:
– Атаң элге: «Бүгүн ким наар алса, ага каргыш
тийсин!» деп анттап койгон эле. Ошондон эл
алсырап калды, – деди. 29
– Атам элди кыйнап койгон экен. Карагылачы,
балдан бир аз эле татып көрүп, кубаттана түштүм, –
деди Жонатан. 30
– Аттиң ай! Эл бүгүн душмандан тартып алган
олжодон тоё жеп алганда, пелиштилерди көбүрөөк
кырбайт белек!
31 Ошол күнү ысрайылдар пелиштилерди
Мукмастан Аялонго чейин талкалашты. Эл абдан
алдан тайды. 32 Ошондуктан эл олжолоп алган
койлорду, өгүздөрдү, торпокторду да ошол жерде
эле жабыла калып, союп, канын агызбастан жеп
жатышты.
33 – Караңыз, эл этти каны менен жеп, Жараткан
Эгенин алдында күнөөгө батып жатат, – деп
кабарлап келишти. Шабул кишилерине:
– Силер туура эмес иш кылдыңар! Менин алдыма
дароо чоң таш тоголотуп келгиле! – деп буйруду.
34 Анан:
– Элди аралап: «Баарыңар өгүзүңөр менен
коюңарды жетелеп келип, ушул жерде союп
жегиле. Каны менен жеп, Жараткан Эгенин
алдында күнөө кылбагыла» – дегиле деди Шабул.
Ошол түнү адамдардын ар бири өгүзүн жетелеп
келип, ошол жерде сойду. 35 Шабул курган бул
курманжай анын Жараткан Эгеге арнап тургузган
алгачкы курманжайы эле. 36 Шабул жан-
жөөкөрлөрүнө:
– Ушул түнү пелиштилерди артынан кууп, таң
атканча аларды талап-тоноп алып, алардын
бирөөнү да аман калтырбашыбыз керек! – деди.
Тигилер ага:
– Сиздин бир ооз сөзүңүз! – дешти. Бирок
динкызматчы:
– Алгач Кудайдан сурап көрөлү, – деди. 37 Шабул
Кудайга: «Пелиштилерге кол салсам болобу?
Аларды Ысрайылдын колуна салып бересиңби?»
деген суроону берди. Бирок Кудай ошол күнү жооп
берген жок. 38 Ошондо Шабул:
– Эл башчыларынын баары бул жакка келишсин.
Бүгүн кандай күнөө жасалганын иликтеп
билишсин! – деп буйрук кылды. 39 – Ысрайылды
куткарган Кудай үстүмдө турат. Ал тургай, уулум
Жонатандан да күнөө табылса, сөзсүз өлтүрүлөт! –
деди. Бирок эч ким үнчуккан жок. 40 Ошондо Шабул
бардык ысрайылдарга:
– Силер бир тарапта тургула, мен уулум Жонатан
менен башка тарапта туралы, – деди.
– Сиздин бир ооз сөзүңүз, – деп жооп берди эл.
41 Шабул Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгеге:
– Айыпсызды Өзүң акта! – деп суранды.
Өкчөмө таш Жонатан менен Шабулга түштү, эл
болсо акталды. 42 Ошондо Шабул:
– Эми уулум Жонатан экөөбүздүн ортобузга
өкчөмө таш таштагыла, – деди. Бул ирет өкчөмө
таш Жонатанга түштү. 43 Ошондо Шабул
Жонатандан:
– Мага айтчы, эмне кылдың эле? – деп сурады.
– Мен болгону колумдагы таяктын учун балга
малып, андан бир аз татып көргөн болчумун. Эми
мен ошол үчүн өлүүгө даярмын! – деп жооп берди
Жонатан.
44 – Жонатан! Сен сөзсүз өлүшүң керек! Эгерде
андай болбосо, Кудай мени жазаласын, катуу
жазаласын! – деди Шабул. 45 Бирок эл Шабулга:
– Ысрайылды улуу жеңишке жеткирген Жонатан
өлүшү керекпи? Андай болбойт! Үстүбүздө Кудай

турат. Анын бир тал чачы да жерге түшпөйт!
Себеби ал Кудайдын колдоосу менен бүгүн улуу иш
кылды – деди. Ошентип, эл Жонатанды өлүмдөн
алып калды. 46 Акыры Шабул пелиштилерди
кубалаганын токтотуп, артка кайтты. Пелиштилер
да өз жерине кетти.
47 Шабул Ысрайылга падыша болгондон кийин,
айланасындагы өзүнүн душмандары маап, аммон,
эдом элдери, Соба падышалары жана пелиштилер
менен согушту. Ал бардык жерде жеңишке ээ болуп
жатты. 48 Ал тайманбай согушуп, амалыктарды
жеңди. Ысрайылды тоноочулардан куткарды.

### Шабулдун үй бүлөсү

49 Шабулдун Жонатан, Ишпи, Малкишуа деген
уулдары бар эле. Эки кызынын ысымдары болсо:
улуусу – Мерап, кичүүсү – Михала эле. 50 Аялы
Акинаам, ал Акимаастын кызы болгон. Шабулдун
аскер башчысы болсо, өзүнүн абасы Нердин уулу
Абнер болгон. 51 Шабулдун атасы Киш менен
Абнердин атасы Нер бир тууган эле, алар
Абиелдин уулдары болушкан.
52 Шабулдун убагында пелиштилер менен катуу
согуштар болуп жатты. Ошондуктан Шабул кай
жерде баатыр жана эр жүрөк адамды көрсө, аны өз
кошуунуна алчу.

### Шабулдун амалыктарды кырышы

15 Күндөрдүн биринде Шамил Шабул падышага
мындай деди:
– Жараткан Эге сени Өз элине падышалыкка
майлаш үчүн мени жиберген. Эми Жараткан
Эгенин сөздөрүн уккун! 2 Аскер Кудайы мындай
дейт: «Ысрайылга кылган жамандыгы үчүн Мен
амалык элинин эсебин алмакчымын. Анткени
ысрайыл эли Мисирден чыгып келе жатканда,
амалыктар аларга каршы чыккан. 3 Эми барып,
амалыкка кыргын сал. Анын эмнеси болсо, баарын
садага чап. Эркегин да, аялын да, балдарын да,
эмчектеги ымыркайын да, өгүзүнөн тартып
койлоруна чейин, төөсүнөн тартып эшегине чейин
түгөл өлтүр».
4 Ошондо Шабул кол курап, аны Теалимде санап
чыкты. Ысрайылдан 200.000 жөө аскер, Иудадан
10.000 жоокер чогулду. 5 Алар амалыктардын
шаарына жакын келип, сайга буктурма коюшту.
6 Анан ал кейни элине: «Силер Ысрайыл Мисирден
келе жатканда аларга жакшылык кылгансыңар,
ошондуктан силерди да амалыктар менен чогуу
кырып салбашым үчүн, алардын арасынан
чыккыла, бөлүнгүлө, алардан оолак кеткиле» деп
айттырды. Муну укканда кейнилер амалыктан
бөлүнүп чыгып кетти. 7 Шабул болсо амалыктарды
Хабиладан тартып, Мисирдин жанындагы Шурга
чейин талкалады. 8 Ал амалыктардын падышасы
Агакты тирүүлөй колго түшүрүп, элин кылыч
мизине алып кырып салды. 9 Бирок Шабул менен
эл Агакты, анын эң жакшы койлорун жана
өгүздөрүн, бордолгон торпоктору менен багалаң
козуларын, жакшы буюмдарын аяп, аларды садага
чапкысы келген жок. Эч нерсеге арзыбаган,
жараксыз нерселерди гана садага чапты. 10 Ошондо
Шамилге Жараткан Эгеден сөз түштү: 11 «Мен
Шабулду падыша көтөргөнүмө кейип жатамын. Ал
Менден жүз үйүрдү. Буйруктарымды аткарган жок».
Буга Шамилдин кабыргасы сөгүлүп, түнү бою
Жараткан Эгеге жалынып чыкты. 12 Эртеси Шамил
таң азанда туруп, Шабулга жолугуу үчүн жөнөдү.
Бирок ага Шабулдун Кармел шаарына барганын, ал
жерде өзүнө эстелик орнотуп, анан Гилгалга түшүп
кеткенин айтышты. 13 Шамил Шабул падышанын
алдына келгенде, падыша ага:
– Жараткан сизге жар болсун! Мен Кудай Эгенин
буйругун аткардым! – деди.
14 – Аткарган болсоң, анда неге койлордун
маараганы, өгүздөрдүн мөөрөгөнү кулагыма угулуп
жатат? – деп сурады Шамил.
15 Шабул жооп кылып, мындай деди:
– Аларды кишилерим амалыктан олжолоп
келишти. Кудайың жараткан Эгеге арнап
курмандыкка чалуу үчүн, койлор менен өгүздөрдүн
эң жакшыларын сактап калтырып койдук.
Калгандарын болсо садага чаап салдык...
16 – Токтой тур! – деди Шамил. – Мен сага
Жараткан Эгебиздин бүгүн түнү мага эмнелерди
айтканын айтып берейин.
– Айтыңыз, – деди Шабул. 17 Ошондо Шамил сөзүн
улап:
– Бир убакта өзүңдү төмөн санасаң да,
Ысрайылдын бардык урууларынын башчысы
болбодуңбу? Эгедер сени тандап, май сүртүп,
Ысрайылга падыша көтөрбөдү беле?! 18 Ал сени:
«Баргын да, күнөөкөр амалык элин садага чаап сал.
Аларды толук кырып салганча согуш», – деп айтып
жибербеди беле? 19 Эмне үчүн сен Жараткан Эгенин
буйругуна баш ийген жоксуң? Эмне үчүн сен
олжого жулунуп, Кудай Эгенин алдында Ага
жакпаган иш кылдың! – деди.
20 – Мен Анын буйругуна моюн сундум! – деди
Шабул Шамилге. – Жараткан Эге жиберген жакка
барып, амалык элин садага чаап салдым,
падышасы Агакты болсо туткундап келдим. 21 Эл
болсо садага чабылчу олждон эң жакшы койлор
менен өгүздөрдү Кудайыңыз Жараткан Эгеге
Гилгалда курмандык чалуу үчүн алып калды.
22 Ошондо Шамил Шабулга мындай деди:
– Баш ийбесең эркине Кудайыңдын,
Жагабы Ага берген курмандыгың,
Жана да толук өрттөп чалгандарың?
Баш ийүү артык го курмандыктан,
Моюн сунуу – кочкордун майларынан.
23 Себеби Ага моюн сунбаганың,
Сыйкырчылык кылгандай эле чоң айып.
Өжөрлөнүп тоң моюндук кылганың,
Буркандарга табынгандай чоң жазык.

Жараткандын буйругун четке кактың,
Ал да сени жаратпай четке какты,
Падышалык тактысы сенден тайды!
24 – Мен күнөө кылдым! – деди Шабул Шамилге. –
Ооба, Жараткан Эгенин буйругун да, сиздин
айтканыңызды да аттап өттүм. Элден
коркконумдан ушундай иш кылдым. 25 Эми
суранамын, менин күнөөмдү кечирип койсоңуз
экен. Жараткан Эгеге ийбадат кылышым үчүн,
мени менен барыңыз.
26 Шамил Шабулга мындай деди:
– Сени менен барбаймын. Анткени сен Жараткан
Эгебиздин амирин четке кактың. Жараткан Эге да
сени четке кагып, Ысрайылдын падышалык
тагынан түшүрдү. 27 Шамил бурулуп, кетмекчи
болгондо, Шабул анын чапанынын этегинен бекем
кармап жабышты эле, чапан айрылып кетти.
28 Ошондо Шамил:
– Бүгүн Жараткан Эге Ысрайылдын падышалыгын
сенин колуңдан жулуп алып, сенден жакшыраак
кишиге берди, – деп айтты. 29 Ысрайылдын Даңктуу
Кудайы жалган айтпайт, оюн да өзгөртпөйт.
Өкүнүп, оюн өзгөрткүдөй Ал адам баласы эмес.
30 – Мен күнөө кетирдим. Бирок суранам, эл
аксакалдары менен Ысрайылдын алдында мага
урмат көрсөтүп, мени менен чогуу кайтыңыз. Мен
да Кудайыңыз Эгедерге ийбадат кылайын, – деди
Шабул. 31 Ошентип, Шамил Шабул менен бирге
артка кайтты. Шабул Жараткан Эгеге ийбадат
кылды.
32 Анан Шамил:
– Амалык падышасы Агакты мага алып келгиле! –
деп буйрук кылды. Байланган Агакты Шамилдин
алдына алып келишкенде, Агак ичинен: «Ажал
менден кыя өтүп кетти окшойт», – деп ойлоду.
33 Бирок Шамил:
– Сенин кылычың аялдарды балдарынан кантип
айрыса, сенин энең да аялдардын арасында
уулунан ошондой айрылсын! – деди да, Агакты
Гилгалда, Жараткан Эгенин үйүнүн алдында кылыч
менен кыя чаап салды.
34 Андан соң Шамил Рамага, Шабул болсо
Гибадагы өз үйүнө кайтышты. 35 Ошол күндөн
баштап Шамил өмүрүнүн акырына чейин Шабул
менен көрүшүүгө кайра келген жок. Бирок ал үчүн
кайышып жүрдү. Жараткан Эге болсо Шабулду
Ысрайылга падыша кылганына өкүнүп жатты.

### Кудайдын Дөөттү падышалыкка тандап алышы

16 Күндөрдүн биринде Жараткан Эге Шамилге:
– Ысрайылга падыша болбосун деп Мен
четке каккан Шабул үчүн качанга чейин
каңырыгың түтөп жүрө бересиң? Мүйүз идишиңди
зайтун майына толтур да, жолго чык. Сени
Бейтлехемге – Жышайдын үйүнө жиберемин. Мен
анын уулдарынын бирин падыша көтөрүү үчүн
тандап койдум.
2 – Кантип барамын?! Падыша Шабул муну угуп
калса мени өлтүрүп салбайбы! – деди Шамил.
– Бир торпокту жетелеп бар да, «Жараткан Эгеге
курмандык чалганы келдим» деп айткын, – деди
Жараткан Эге.
3 – Курмандык чалууга Жышайды да чакыр. Эмне
кылышың керектигин сага ошол жерде айтамын.
Мен сага кимди көрсөтсөм, ошого Мен үчүн май
куясың.
4 Шамил Жараткан Эге буйругандай, Бейтлехем
шаарына келди. Шаар аксакалдары чочулай аны
тосуп чыгышып:
– Жөн-жай эле келдиңизби? – деп сураштты.
5 – Жөн-жай эле. Жараткан Эгеге курмандык чалуу
үчүн келдим. Тазаланып-ыйыкталгыла, анан мени
менен курмандык чалууга баргыла, – деди Шамил.
Жышай менен анын уулдарын болсо өзү ыйыктап,
курмандык чалууга чакырды.
6 Жышай уулдары менен келгенде, Шамил
Элияпты көрүп, «Чын эле, бул жигит Эгедер тандап,
май сүрткөн адам экен!» – деп ойлоду. 7 Бирок
Жараткан Эге Шамилге:
– Сен анын келбетине, узун боюна караба. Мен
аны жараткан жокмун. Анткени Мен адамдардай
карабаймын. Адам сырткы көрүнүшүн карайт, Мен
болсо жүрөгүн караймын, – деди. 8 Ошондо Жышай
Абинадапты Шамилдин алдынан өткөрдү. Бирок
Шамил:
– Жараткан Эгебиз муну да тандаган жок, – деди.
9 Анан Жышай Шамманы Шамилдин алдынан
өткөрдү. Шамил кайра эле:
– Жараткан Эгебиз аны да тандаган жок, – деди.
10 Ошентип, Жышай жети уулун тең Шамилдин
алдынан өткөрдү. Бирок Шамил:
– Жараткан Эгебиз уулдарыңдын бирөөнү да
тандаган жок, – деди. 11 Анан Шамил Жышайдан:
– Уулдарыңдын баары ушуларбы? – деп сурады.
– Дагы эң кенжеси бар, ал кой кайтарып жүрөт, –
деп жооп берди Жышай.
– Киши жиберип, аны чакырт, – деди Шамил. –
Ошол уулуң бул жерге келмейинче тамакка
олтурбайбыз. 12 Жышай киши жиберип, уулун
чакыртып алды. Кенже уулу жүзү албырып, көздөрү
жайнап турган, сымбаттуу жигит экен. Жараткан
Эге Шамилге:
– Кана эми, ушул баланы майла! Мен тандаган
адам ушул! – деди. 13 Шамил зайтун майы куюлган
мүйүз идишин алып, агаларынын көз алдында
жигиттин башына май куйду. Ошондо Жараткан
Эгенин Руху Дөөттүн үстүнө түшүп, ошол күндөн
баштап аны менен болду.
Ошондон кийин Шамил Рамага кайтып кетти.

### Дөөттүн ак сарайга кызматка чакырылышы

14 Ал эми Шабулду болсо Жараткан Эгенин Руху
таштап кетип, Эгедер жол берген жаман рух аны
кыйнай баштады. 15 Муну көргөн кызматчылар
Шабулга:

– Кудай жол берген жаман рух сизди кыйнап
жатат, – дешти.
16 – Кожоюн, кол алдыңыздагы кулдарыңызга
буйрук берсеңиз, лирада жакшы ойногон кишини
таап келер элек. Кудай жол берген жаман рух сизге
келгенде, ал ойносун, ошондо жеңил тартып
каласыз. 17 Шабул кызматчыларына:
– Макул, лирада жакшы ойногон бирөөнү таап,
мага алып келгиле, – деп буйрук кылды.
18 Кызматчылардын бирөө:
– Бейтлехемдик Жышайдын уулдарынын бирин
көргөм, – деди. – Ал лирада жакшы ойнойт экен.
Анын үстүнө ал жүрөгү курч, баатыр, анан да
сөздөрү орундуу, он эки мүчөсү келишкен,
Жараткан Эге колдогон жигит экен. 19 Муну уккан
Шабул: «Кой багып жүргөн уулуң Дөөттү мага
жибер», – деп Жышайга чабарман жиберди.
20 Жышай эшекке нан, бир чанач шарап, бир
улакты артып, уулу Дөөттү Шабулга жөнөттү. 21 Дөөт
Шабулга келип, анын кол алдында кызмат кыла
баштады. Дөөт Шабулга абдан жагып калып, аны
өзүнө желдет кылып алды. 22 Шабул Жышайга:
«Дөөт менин кол алдымда кызмат кылсын. Ал
менин көңүлүмө толду» деп айттырып жиберди.
23 Ошол күндөрдөн баштап, Кудай жол берген
жаман рух Шабулду кыйнаганда, Дөөт лираны
колуна алып, ойной баштачу. Ошондо Шабул
падышанын жаны тынчтынып, жай алып калчу.
Жаман рух болсо андан оолактап кетчү.

### Дөөт жана алп Голият

17 Пелиштилер согушуу үчүн кол курап, Иуда
аймагындагы Сохо шаарына чогулушту. Алар
Сохо менен Азека шаарларынын ортосундагы
Эфес-Даммимге ордо курушту. 2 Шабул да Ысрайыл
аскерлерин чогултуп, Эла өрөөнүнө ордосун
жайгаштырып, пелиштилер менен согушууга
даярданды. 3 Пелиштилер бир адырга, ысрайылдар
болсо каршысындагы адырга тизилишти. Алардын
ортосунда жайык колот бар эле.
4 Бир маалда пелиштилер ордосунан Гат
шаарынан келген Голият деген алп алдыга чыкты.
Анын бою үч метрдей болчу. 5 Ал башына жез
туулга, үстүнө кабырчыктуу коло соот кийип
алыптыр. Соотунун салмагы алтымыш килодой
бар. 6 Шыйрактарын коло шыйраккап менен жаап,
ийинине коло найза асып алыптыр. 7 Колундагы
найзасы болсо токуучунун өрмөгүнүн баканындай
экен, найзанын темир учунун салмагы эле жети
килодой. Алдына болсо курал көтөргөн желдетин
салып алыптыр. 8 Голият турган жеринде Ысрайыл
аскерлерине мындай деп кыйкырды:
– Э-эй! Биз менен беттешүүгө чыкканыңарга жол
болсун! Мен пелиштимин, силер болсо болгону
Шабулдун кулдарысыңар! Араңардан бир кишини
тандагыла, ал бул жакка түшүп келсин! 9 Эгерде ал
мени менен кармашып, мени өлтүрсө, биз силерге
кул бололу. А эгерде мен күчтүүлүк кылып, аны
өлтүрсөм, анда силер бизге кул болуп, бизге
кызмат кыласыңар. 10 Анан пелишти сөзүн улап:
– Бүгүн мен Ысрайыл аскерлеринин
шермендесин чыгарамын. Кана, бирөөнү жекеге
чыгаргылачы, экөөбүз күрпүлдөшүп көрөлү! – деди.
11 Пелиштинин бул сөздөрүн укканда, Шабул менен
ысрайылдардын кайраты мокоп, айласы куруду.
12 Дөөт Иудеядагы Бейтлехем шаарында жашаган
эфраталык Жышайдын уулу эле. Жышайдын сегиз
уулу болгон. Ал киши Шабулдун убагында абдан
картайып калган болчу. 13 Жышайдын улуу үч уулу
Шабул менен согушка кеткен эле. Алардын аттары:
туну – Элияп, экинчиси – Абинадап, үчүнчүсү –
Шамма. 14 Дөөт уулдардын кенжеси эле. Анын үч
агасы Шабулдун жанында болчу. 15 Дөөт болсо
убак-убагы менен Шабулдун алдынан Бейтлехемге
атасынын койлорун кайтарганга келип турчу.
16 Ушул арада пелишти Голият кырк күн бою эртең
менен да, кечинде да ортого чыгып, жеке
салгылашка чакырып жатты.
17 Бир күнү Жышай уулу Дөөткө мындай деди:
– Мынабу жарым кап куурулган буудай менен он
нанды алып, ордодогу агаларыңа тез жеткирип
бер. 18 Бул он тоголок эжигейди болсо алардын
миңбашысына бергин. Агаларыңдын ал-жайын
билип, аман-эсен экенин билдирген белги ала кел.
19 Алар азыр Шабулдун Ысрайыл аскерлеринин
арасында Эла өрөөнүндө пелиштилер менен
согушуп жатат.
20 Эртеси Дөөт таң заарда турду да, койлорун
башка койчуга табыштады. Анан жүктү алып,
Жышай буйругандай жолго чыкты. Ал согуш
майданына жетип келгенде, аскерлер ордодон
чыгып, ураан чакырылып, салгылашка тизилип
жатыптыр. 21 Анан ысрайылдар менен пелиштилер
бири-биринин каршысына сап-сап тартып турушту.
22 Дөөт алып барган жүктөрүн, жүктөрдү караган
күзөтчүгө калтыра салды да, катардагыларга
чуркап кетти. Агаларынын жанына жетип, алардын
ал-жайын сурады. 23 Дөөт алар менен сүйлөшүп
жатканда, мына, пелишти аскерлеринин
катарынан гаттык жеке баатыр Голият алдыга
чыгып келип, баягы сөздөрүн дагы кайталай
баштады. Дөөт да анын сөздөрүн угуп турду.
24 Ысрайылдар аны көргөндө жүрөктөрү оозуна
келип, андан кача башташты. 25 Ысрайылдар өз
ара:
– Ысрайылды шерменде кылуу үчүн жекеге
чыккан тиги кишини карагылачы! Падышабыз:
«Ким аны өлтүрсө, аны байлыкка тундурамын, ага
кошуп өз кызымды беремин, атасынын бүлөсүн
болсо Ысрайылда салыктан бошотомун дептир», –
деп жатышты. 26 Дөөт жанындагы адамдардан:
– Тиги пелиштини күмжам кылып, Ысрайылды
шерменделиктен куткарган адамга эмне берилет
экен? Тирүү Кудайдын аскерлерин мазактагыдай ал
сүннөтсүз пелишти ким болуп калыптыр? – деп
тактап сурады. 27 Алар ага Голиятты өлтүргөн

кишиге эмне бериле тургандыгын айтып беришти.
28 Дөөттүн аскерлер менен сүйлөшүп турганын
көргөндө, улуу агасы Элияптын ачуусу келип кетти:
– Бул жерге эмнеге келдиң? Чөлдөгү саналуу
койду кимге калтырдың? Сенин канчалык текебер,
ниети бузук экениңди билемин. Сен салгылашты
тамаша кылганы эле келгенсиң! – деди.
29 – Мен эмне кылдым? Сураса да болбойбу? –
деди Дөөт. 30 Ал башка кишилерге бурулуп кетти да,
жанагы суроосун аларга да берди. Тигилер да ага
ошол эле жоопту беришти. 31 Бул арада Дөөттүн
сөздөрүн уккандар аны Шабулга жеткирип
барышты. Шабул болсо аны өзүнө чакыртты.
32 Дөөт Шабулга:
– Тиги пелишти үчүн эч кимдин ындыны өчпөсүн.
Мына, кулуңуз мен барам. Аны менен мен жекеге
чыгам! – деди.
33 – Сен ал пелишти менен таймашып, аны менен
алыша албайсың. Сен али балакайсың, ал болсо
жаштайынан согушкан баатыр, – деди Шабул
Дөөткө. 34 Бирок Дөөт Шабулга:
– Мен кулуңуз атамдын коюн багамын, – деп жооп
берди. – Кээде короого арстан же аюу тийип, койду
көтөрүп кеткенде, 35 анын артынан кууп жетип, ага
кол салып, азуусунан койду тартып алчумун. Эгерде
алар мага кол салса, саксайган жүнүнөн алып, уруп
өлтүрчүмүн. 36 Кулуңуз арстанды да, аюну да
өлтүргөн. Тиги сүннөтсүз пелиштинин да башына
ошол күндү саламын. Анткени ал тирүү Кудайдын
аскерлерин шылдыңдап жатат. 37 Мени арстан
менен аюнун азуусунан куткарган Жараткан Эге
тиги пелиштинин чеңгелинен да куткарат!
– Мейли, бар. Кудай сени колдосун! – деди Шабул.
38 Шабул өзүнүн жоокер кийимдерин Дөөткө берип,
башына жез туулга, үстүнө соот кийгизди.
39 Падышанын жоо кийимдеринин үстүнөн кылыч
байланып, Дөөт ары-бери басып көрдү. Бирок
мындай кийим кийип көрбөгөндүктөн Дөөт
Шабулга:
– Мен мындай кийим кийип жүрө албаймын,
мындайга көнгөн эмесмин, – деди да, баарын
чечип салды. 40 Анан колуна таягын алып, сайдан
жылмакай беш таш терип алды. Таштарды койчу
баштыгына салды да, колуна салмоорун алып,
пелишти Голиятты карай жөнөдү. 41 Пелишти да
ортого чыгып, Дөөттү карай жөнөдү. Анын желдети
Голияттын алдында келе жатты. 42 Пелишти Дөөттү
көргөндө аны көзүнө илип да койгон жок. Себеби
Дөөт жаш, жүзү албырган, сымбаттуу жигит эле.
43 Пелишти: – Таяк менен тап берип чыккыдай,
мен сага ит белем! – деп Дөөттү өз кудайларын
оозанып каргап кирди. 44 – Бери кел, сенин
жасатыңды асман куштары менен талаа
жырткычтарына жем кылайын! 45 Дөөт пелиштиге
мындай деди:
– Сен мага кылыч, найза, калкан көтөрүп келдиң,
мен болсо сага сен акарат келтирген Ысрайыл
аскерлеринин Кудайы – Аскер Кудайынын аты
менен чыктым! 46 Бүгүн Жараткан Эге сени менин
колума салып берет. Сени өлтүрүп, башыңды кесип
аламын. Пелишти аскерлеринин өлүктөрүн
асмандагы куштар менен жердеги жырткычтарга
жем кыламын. Ошондо бүт жер жүзү Ысрайылда
Кудай бар экенин билет. 47 Мобу турган бүт эл да,
Жараткан Эге кылычсыз, найзасыз эле куткарып
аларын көрөт! Себеби бул согуш Жараткан Эгеники.
Ал силерди биздин колубузга салып берет.
48 Пелишти Дөөткө кол салмакчы болуп, ага
жакындап келе жатты. Дөөт да аны менен
салгылашуу үчүн, пелишти аскерлери тарапка,
анын алдына тез чуркап чыкты. 49 Дөөт
баштыгынан таш ала калып, салмоорго салып,
атып калды. Атылган таш пелиштинин чекесине
барып кадалды. Голиат эт-бети менен жерге күп
кулады.
50 Дөөт пелиштини болгону салмоордун ташы
менен жеңди. Дөөттүн колунда кылычы болбосо да,
аны согуп өлтүрдү. 51 Дөөт дароо чуркап жетип,
пелиштини буту менен басып, анын кылычын
кынынан сууруп алды да, бир шилтеп Голияттын
башын кыя чапты. Пелиштилер өздөрүнүн
баатыры өлгөнүн көрүп, качып жөнөштү. 52 Мына
ошондо ысрайылдар менен жөөттөр жапырт
козголуп, айкырык салып, пелиштилерди Гат менен
Экрон шаарларына чейин кубалап барышты.
Шаарайымдан Гат менен Экрон шаарларына
чейинки аралыкта пелиштилердин өлүктөрү
жайнап калды. 53 Куугундан кайтып келгенден
кийин, ысрайылдар пелиштилердин ордосун
талап-тоношту.
54 Дөөт Голияттын башын Иерусалимге алып
барды, анын курал-жарактарын болсо өзүнүн
чатырына коюп койду.
55 Дөөттүн ошол пелишти менен салгылашка
чыкканын көргөн Шабул:
– Абнер! Тээтиги жигит кимдин уулу? – деп сурады
колбашчысы Абнерден. Тиги болсо:
– Алдыңызда ант ичип айтайын, падышам! Аны
билбейт экенмин, – деп жооп берди.
56 – Анда ал жигит кимдин уулу экенин бил, – деп
буйруду падыша.
57 Дөөт Голиятты өлтүрүп, ордого кайтып келери
менен Абнер аны Шабулга ээрчитип келди. Кесип
алган пелиштинин башын Дөөт колуна көтөрүп
алыптыр. 58 Шабул Дөөттөн:
– Айтчы жигит! Сен кимдин уулу элең? – деп
сурады. Дөөт ага:
– Бейтлехемдик кулуңуз Жышайдын уулу
эмесминби, – деп жооп берди.

### Дөөт менен Жонатандын достук шерти

18 Шабул менен Дөөт сүйлөшүп бүткөнчө,
Жонатандын жүрөгү Дөөткө тартылып, аны
кан досундай жакшы көрүп калды. 2 Ошол күндөн
тартып Шабул Дөөттү жанына алып калды,
атасынын үйүнө кайтып барууга уруксат бербей

койду. [3] Жонатан Дөөттү кан досундай жакшы
көргөндүктөн, аны менен дос болууга шерттешти.
[4] Жонатан үстүндөгү чапанын чечип, Дөөткө
кийгизди. Ага кошуп жоо кийимин, кылычын,
жаасын, кемерин тартуу кылды.
[5] Шабул Дөөттү кай жакка жиберсе да, анын
иштери ооматтуу болуп жатты. Ошондуктан Шабул
аны аскербашы кылып дайындады. Бул иш бүт элге
да, Шабулдун кызматчыларына да жакты.

### Шабулдун ичи тардыгы

[6] Дөөт пелишти Голиятты өлтүргөндөн кийин,
аскерлер үйлөрүнө кайтып келе жатышканда,
Ысрайылдын бардык шаарларынан келген аялдар
шылдырактар жана башка музыкалык аспаптарды
ойноп, ырдап-бийлешип, падыша Шабулду
салтанат куруп тосуп чыгышты. [7] Алар: «Шабул
чапты миң эрди, Дөөт чапты түмөндү!» деп, ырдап-
бийлеп жатышты. [8] Бул сөздөр Шабулдун
намысына тийип, абдан каарданды. Ал:
– Дөөткө түмөндү, мага болсо миңди гана ыраа
көрүштү. Эми ага падышалык гана жетпей турат! –
деди. [9] Ошол күндөн тартып Шабул Дөөттү
шектенүү менен карай баштады.
[10] Эртеси күнү Кудай жол берген жаман рух
кайрадан Шабулга түшүп, ал өз үйүндө жиндене
баштады. Дөөт дароо мурдагыдай лирада ойной
баштады.
Шабулдун колунда найза бар эле. [11] Ал: «Ушул
Дөөттү дубалга кадап салбасамбы!» деп ойлоп,
найзасын ага карай ыргытты. Бирок Дөөт эки жолу
тең найзадан буйтап кетти.
[12] Шабул Дөөттөн корко баштады. Анткени
Жараткан Эге Дөөттү колдоп, Шабулду болсо
таштап койгон эле. [13] Ошондуктан Шабул Дөөттү
өзүнөн оолак кармап, миңбашы кылып койду. Дөөт
аскерлерди согуштарда баштап жүрдү. [14] Жараткан
Эге аны колдогондуктан, бардык иштеринде
ооматтуу болуп жатты. [15] Анын оомаы келип
жатканын көрүп, Шабул андан мурдагыдан да
корко баштады. [16] Бүткүл ысрайылдар менен
жөөттөр болсо Дөөттү жакшы көрүп калды. Анткени
Дөөт аларды согуштарда баштап жүрдү.

### Дөөттүн Михалага үйлөнүшү

[17] Бир күнү Шабул Дөөткө:
– Улуу кызым Мерапты өзүңө беремин. Сен болсо
менин эр жүрөк жоокерим болуп, Жараткан Эгенин
согуштарында салгылаш, – деди. Анткени Шабул:
«Дөөт менин колумдан эмес, пелиштилердин
колунан өлсүн» деп ойлогон эле. [18] Дөөт болсо
Шабулга:
– Падышага күйөө бала болгудай мен өзүм же ата-
тегим Ысрайылда ким болуп калыптыр? – деди.
[19] Ошого карабастан, Шабул кызы Мерапты Дөөткө
берер убагы келгенде, кызын мехолалык Адриелге
күйөөгө берип салды.
[20] Бирок Шабулдун башка кызы Михала Дөөттү
жактырып калды. Шабул муну укканда, курсант
болду. [21] Ал: «Дөөткө Михаланы күйөөгө берип, аны
тузагыма чалайын. Мына ошондо Дөөт
пелиштилердин колунан мерт болот», – деп ойлоду.
Анан Шабул Дөөткө: «Мага күйөө бала болууга
азыр дагы бир мүмкүнчүлүгүң бар», – деп айтты.
[22] Кызматчыларына да: «"Падышага сен жагып
жатыптырсың, бардык кызматчылар да сени
жакшы көрүшөт. Падышага күйөө бала болууга
убакыт келди" деп Дөөткө айткыла», – деп
жашыруун дайындап койду. [23] Шабулдун
кызматчылары бул сөздү Дөөткө жеткиришти. Дөөт
аларга:
– Өзүм кембагал, карапайым жигит болсом,
падышага күйөө бала болуш оңой деп ойлоп
жатасыңарбы? – деп жооп берди. [24] Кызматчылар
Дөөттүн айткандарын Шабулга айтып барышты.
[25] Ошондо Шабул: «Падыша өз душмандарынан өч
алышы үчүн, калың иретинде жүз пелиштинин
сүннөт терисинен башка нерсени сурабайт экен», –
деп Дөөткө айткыла деди. Анткени Шабул
пелиштилердин колу менен Дөөттү тындым
кылууну каалаган эле. [26] Кызматчылар Шабулдун
сөздөрүн Дөөткө жеткиришти. Падышага күйөө
бала болуу жөнүндөгү сөз Дөөткө жакты.
Белгиленген күндөр бүткөнгө чейин, [27] Дөөт
кишилерин ээрчитип барып, эки жүз пелиштини
өлтүрдү. Падышага күйөө бала болуш үчүн,
өлтүрүлгөн пелиштилердин сүннөт терисинин
бирөөн калтырбай падышага берди. Акыр-аягы
Шабул кызы Михаланы Дөөткө турмушка берди.
[28] Шабул Жараткан Эгенин Дөөттү колдоп
жатканын, кызы Михала да аны сүйөрүн анык
билди. [29] Ошондон кийин Шабул Дөөттөн
мурдагыдан да катуу коркуп, өмүрү өткөнчө ага
душман болуп калды. [30] Пелишти аскер башчылары
жоортулга чыгып, кол салышканда, Шабулдун
аскер башчыларына караганда Дөөт көбүрөөк
жеңишке ээ болуп, анын атагы бүт элге тарап
жатты.

### Жонатандын Дөөт үчүн арачылыгы

19 Шабул өз уулу Жонатан менен
кызматчыларына: «Дөөттүн көзүн
тазалагыла» деп буйрук берди. Бирок Шабулдун
уулу Жонатан Дөөттү абдан жакшы көрчү.
[2] Ошондуктан Жонатан Дөөткө: «Атам сени
өлтүрүүнүн жолун издеп жүрөт. Ошондуктан эртең
сак бол, киши билгис жерде бол, – деп билдирди.
[3] Мен болсо атамды сен жашырынган талаага алып
келип, жанында болом. Ошол жерде аны менен сен
жөнүндө сүйлөшүп көрөм. Эмнени биле алсам, сага
да билдирем». [4] Жонатан атасы Шабулга Дөөт
жөнүндө жакшы сөздөрдү айтып, мындай деди:
– Падышам өз кызматчысы Дөөткө карата күнөө
иш кылбаса экен. Себеби ал сизге бир да жамандык
кылган жок. Ал сизге пайдалуу көп иштерди

кылган. 5 Ал өз жанын тобокелге салып, алп пелиштини өлтүрбөдү беле. Жараткан Эге Ысрайылды зор жеңишке ээ кылган. Муну көрүп, өзүңүз да кубангансыз. Ушундай болгон соң, неге Дөөттү себепсиз эле өлтүрүп, жазыксыз кан төгүп, күнөөгө батканы жатасыз? 6 Шабул Жонатандын сөздөрүнө ийип:

– Кудай турат! Дөөт өлбөйт! – деп ант берди. 7 Жонатан Дөөттү чакырып, ага болгон ишти айтып берди. Анан Дөөттү Шабулдун алдына баштап келди. Ошондон кийин Дөөт мурдагыдай эле падышага кызмат кыла баштады.

8 Кайрадан согуш оту тутанды. Дөөт согушка аттанып чыгып, пелиштилер менен салгылашты. Аларга катуу сокку урду эле, душман артын салып качты.

### Михаланын Дөөттү куткаруусу

9 Бир күнү Жараткан Эге жол берген жаман рух Шабулду кайрадан кыйнай баштады. Дөөт болсо аны тынчтандырып, лира чертип олтурган. Шабулдун колунда найзасы бар эле. 10 Күтпөгөн жерден Шабул Дөөттү дубалга кадап коюуга аракет кылып, найза шилтеди. Бирок Дөөт буйтап кетти эле, найза дубалга сайылып калды. Дөөт болсо качып чыгып, түн ичине сиңип кутулду. 11 Дөөттү аңдып, жерге жарык түшөрү менен өлтүрүү үчүн, Шабул анын үйүнө жасоолдорун жиберди. Муну көргөндө Дөөттүн аялы Михала:

– Эгерде ушул түнү жаныңды куткарып качпасаң, эрте менен сени өлтүрүп тынышат, – деди. 12 Анан Михала Дөөттү терезеден аркылуу качырып жиберди. Дөөт качып кутулду. 13 Михала дароо бир айкелди алып келип, төшөккө жаткыра салды да, башына улактын терисин ороп, үстүнө кийимди жаап койду. 14 Шабул жиберген жасоолдор Дөөттү кармап кетүүгө келишкенде, Михала аларга:

– Дөөт ооруп жатат, – деп койду.

15 Муну укканда Шабул:

– Дөөттү таап, аны төшөк-мөшөгү менен бул жерге алып келгиле! Мен анын жанын сууруп алайын! – деп, жасоолдорун кайрадан жиберди. 16 Жасоолдор үйгө кирип келишкенде, төшөктүн ичинде башына улактын териси оролгон айкелди көрүштү. 17 Шабул Михаладан:

– Неге мени ошончолук алдап, душманымды качырып жибердиң? – деп сурады. Михала болсо Шабулга:

– «Эгерде мени качырып жибербесең, сени өлтүрүп саламын» деди, – деп жооп берди.

### Дөөттүн Шамилдин алдына качып баруусу

18 Качып кутулган Дөөт Рамадагы Шамилге келип, Шабулдун ага эмне кылганын айтып берди. Анан Шамил менен чогуу Найотко барып, ошол жерде калды.

19 «Дөөт Рамадагы Найотто экен» деген кабар Шабулга жетти. 20 Мунун укканда Дөөттү кармап келүүгө Шабул жасоолдорун жөнөттү. Жасоолдор зикир чалып жаткан пайгамбарларды, аларды жетектеген Шамилди көрүшкөндө, алардын үстүнө Кудайдын Руху түшүп, алар да зикир чала башташты. 21 Бул жөнүндө кабар Шабулга жеткенде, ал башка жасоолдорун жиберди. Бирок алар да зикир чалып киришти. Шабул үчүнчү жолу жасоолдорун жөнөттү эле, алар да зикир чалып киришти. 22 Акыры Шабул өзү Рама шаарына карай жөнөдү. Ал Сехудагы чоң суу сактагычка жеткенде, «Шамил менен Дөөт кайда?» деп сурады. Ага: «Найотто, Рамада» деп айтышты. 23 Рамадагы Найотко бараткан жолдо ага да Кудайдын Руху түшүп, Рамадагы Найотко жеткенче зикир чалып жүрүп олтурду. 24 Ал да кийимдерин үстүнөн сыйрып салып, Шамилдин алдында зикир чала баштады. Шабул кеч кирип, кайра таң атканча ошентип жылаңач жатты. Ошондон улам эл ичинде «Шабул да пайгамбар болуп калганбы ыя?» деген сөз айтылып калган.

### Ажайып достук

20 Дөөт Рамадагы Найоттон качып чыгып, Жонатанга келди. Андан:

– Мен эмне кылдым? Айыбым не? Атаң менин жаныма кастык кылууну көксөгүдөй анын алдында кандай күнөө кылдым? – деп сурады. 2 – Мындай болушу мүмкүн эмес. Сен өлбөйсүң! – деди Жонатан. – Маанилүү болобу, майда-барат болобу, атам мага айтпай туруп бир да иш кылбайт. Атам бул ишти менден неге жашырмак эле?! Андай болушу мүмкүн эмес. 3 Бирок Дөөт:

– Сен мени жан досум деп санарыңды атаң жакшы билет. Ал: «Бул жөнүндө Жонатан билбесин. Ал капа болот» деп ойлойт окшойт. Төбөмдө Кудай турат! Алдыңызда ант ичип айтам: менин жаным кыл учунда турат! – деди. 4 Ошондо Жонатан Дөөткө:

– Эмне каалайсың, сен үчүн баарын жасайм, – деп айтты. 5 Дөөт Жонатанга мындай деди:

– Эртең ай жаңырган майрам күн. Мен падыша менен бир дасторкондо олтурушум керек. Бирок мага уруксат бер, бүрсүгүнү кечке чейин талаада жашырына турайын. 6 Эгер атаң менин жок экенимди көрүп, сурап калса: «Дөөт менден суранып, өзүнүн Бейтлехем шаарына барып келгени кетти. Ал жерде анын тукум-жууратын жылдык курмандыгын чалат экен» деп кой. 7 Эгерде атаң: «Жакшы» десе, анда мен тынчтана берсем болот. А эгер каарданса, анда мага жамандык кылууну чечип койгонун бил. 8 Сен болсо мага ырайым кыл. Себеби сен Жараткан Эгенин алдында кулуң менен шерттешкенсиң. Эгерде айыбым болсо, мени атаңа алып барбай эле, өзүң өлтүрүп сал! 9 Жонатан Дөөткө:

– Эч качан мындай болбойт! Атамдын сага
жамандык кыларын билсем сага кантип айтпай
коёюн? – деди.
10 – Эгерде атаң сага катаал жооп берсе, ким мага
кабарлайт? – деп сурады Дөөт Жонатандан.
11 – Жүр, талаага чыгалы, – деди Жонатан Дөөткө.
Анан экөө талаага чыгышты. 12 Жонатан сөзүн улап
Дөөткө мындай деди:
– Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эге көрүп турат!
Эртең, же болбосо бүрсүгүнү ушул убакка чейин
атамдын оюн аңдап билемин. Эгерде атамдын сага
ниети жакшы болсо, сөзсүз билдиремин. 13 Эгерде
атам сага жамандык кылууну ниет кылган болсо,
бирок сага билдирбесем, сени эсен-соо
кетирбесем, Жараткан Эгем мени жазаласын, катуу
жазаласын! Жараткан Эге буга чейин атамды
колдогондой, сени да колдосун! 14 Көзүмдүн тирүү
кезинде, Жараткан Эгеге окшоп, мага садык бол.
Эгерде каза болсом, 15 Жараткан Эгебиз
душмандарыңды жер бетинен жок кылганда да,
менин тукумумду ырайымыңдан кур калтырба.
16 Ошентип, Жонатан Дөөт менен келишим түзүп,
муну анын тукумдары да сакташын каалап:
– Жараткан Эге Дөөттүн душмандарынын эсебин
тапсын! – деди. 17 Жонатан Дөөттү жан досум деп
саначу. Ал: «Экөөбүз кан дос экенибизди
далилдегин» деп, Дөөттү дагы бир жолу ант
ичирди. 18 Анан Жонатан Дөөткө мындай деди:
– Эртең жаңырган ай майрамы. Ордуң бош
болгондуктан, сенин жоктугуң дароо билинет.
19 Ошон үчүн бүрсүгүнү мурдагы жашырынган
жерге ылдам түшүп кел да, Азел ташынын жанында
күтүп тур. 20 Мен болсо бутага атып жаткандай
болуп, сен тарапка жаа тартып, үч жебени атамын.
21 Анан малай балага: «Барып, жебелерди таап кел»
деп, аны жиберемин. Эгерде балага: «Кара,
жебелер сенин арт жагыңда, аларды алып кел» деп
кыйкырсам, анда жаныма келе бер. Демек, эч
кандай коркунуч жок. Жараткан Эге көрүп турат,
сага эч нерсе болбойт. 22 Эгерде малай балага:
«Тигине, жебелер алды жагыңда» деп кыйкырсам,
анда кетип кал. Демек, Жараткан Эге сени бул
жерден кетирип жаткан болот. 23 Экөөбүздүн
ортобуздагы антыбызга Жараткан Эге Өзү түбөлүк
күбө болсун! 24 Ошентип, Дөөт талаага жашырынып
калды. Жаңырган ай майрамы башталган күнү
падыша Шабул дасторконго келди. 25 Ал
адаттагыдай эле дубалдын жанындагы өз
орундугуна олтурду. Жонатан Шабулдун
маңдайынан орун алды, Абнер падышанын
жанында олтурду. Дөөттүн орду болсо бош калды.
26 Бирок Шабул ал күнү эч нерсе деген жок. Ал: «Бир
нерсе болуп, Дөөт чындап эле таза эмес болуп
калса керек» деп ойлоп койду. 27 Эртеси, жаңы ай
майрамынын экинчи күнү да Дөөттүн орду бош
калды. Ошондо Шабул уулу Жонатандан:
– Жышайдын уулу эмне үчүн кече да, бүгүн да
дасторконго келген жок? – деп сурады. 28 Жонатан
Шабулга:
– Дөөт Бейтлехемге баруу үчүн менден өтүнүп
уруксат сураган болчу, – деп жооп берди. 29 Ал
менден: «Үй бүлөбүз менен калаада курмандык
чалмакпыз. Байкем мени келгин деп буйруду.
Алдыңда чындап ырайым тапкан болсом, суранам,
уруксат кыл, барып, бир туугандарым менен
көрүшүп келейин» деген эле. Ошондуктан ал
падышанын дасторконуна келе алган жок. 30 Муну
укканда Шабулдун Жонатанга каары кайнап:
– Ок, жарабас, шуркуянын баласы десе!
Жышайдын баласы менен достошуп алып, өзүңдү
да, сени тууган энеңди да уятка калтырып
жатканыңды билбейсиңби! – деп кыйкырды.
31 Жышайдын уулу тирүү турганда, сен да,
падышалыгың да туруштук бере албайсыңар.
Дароо киши жиберип, аны мага алдыр. Ал өлүшү
керек! 32 Жонатан атасына:
– Эмне үчүн өлүшү керек!? Ал эмне кылды!? –
деди. 33 Шабул Жонатанды өлтүрүп салмакчы
болуп, ага карай найзасын атып калды.
Дөөттү өлтүрүүгө атасы чындап чечим кылганына
мына ошондо Жонатандын көзү жетти. 34 Жонатан
катуу ачууланып, дасторкондон туруп кетти.
Жаңырган айдын экинчи күнү ал майрам тамагын
жеген жок. Атасы Дөөттү кемсинткендиги үчүн капа
болуп жүрдү. 35 Эртеси күнү эрте менен Жонатан
малай баласын ээрчитип алып, макулдашкандай,
Дөөткө жолугуу үчүн талаага чыкты. 36 Анан балага:
– Чурка, мен аткан жебелерди таап кел, – деди.
Бала чуркап жөнөрү менен, ал жебени баладан
ашыра анын алдына түшкүдөй кылып атты. 37 Бала
Жонатан аткан жебелер түшкөн жерге жеткенде,
Жонатан ага:
– Кара, жебелер алды жагыңа түштү! – деп
кыйкырды. 38 Жонатан баланын артынан:
– Бол, тез чурка, токтобо! – деп дагы кыйкырды.
Малай бала жебелерди чогултуп, кожоюнуна алып
келип берди. 39 Бала эч нерсе билген жок. Сөз
төркүнүн Жонатан менен Дөөт гана билишчү.
40 Жонатан куралын балага карматып:
– Жөнө, калаага алып бар, – деди. 41 Тиги бала
кетери менен, Дөөт таштын артынан чыгып келди
да, чөгөлөй калып, жерге үч жолу баш уруп таазим
кылды. Эки дос кучакташып ыйлашты. Бирок Дөөт
катуураак ыйлады. 42 Акыры Жонатан Дөөткө:
– Эми аман-эсен бар. «Жараткан Эге экөөбүздүн,
биздин урпактарыбыздын ортосунда түбөлүк күбө
болсун» деп, Жараткан Эгени оозанып, ант
бергенбиз, – деди. 43 Ошондон кийин Дөөт жөнөп
кетти. Жонатан болсо шаарга кайтты.

### Дөөттүн Акималиктин алдына качып барышы

21 Дөөт Ноптогу динкызматчы Акималикке
келди. Акималик Дөөттү утурлай чыгып:

– Неге жалгызсың? Неге жаныңда эч ким жок? –
деп чочулоо менен сурады. 2 Дөөт динкызматчы
Акималикке:
– Падышанын тапшырмасы менен жүрөмүн. Ал:
«Сени эмне үчүн жибергенимди, кандай тапшырма
бергенимди эч ким билбесин» деп дайындаган.
Жигиттеримди болсо мерчемдүү жерге калтырдым,
– деп жооп берди. 3 Ошондуктан, азыр жегенге бир
нерсеңиз барбы? Мага беш нан же жегенге башка
нерсеңиз болсо бериңиз.
4 – Колумда жөнөкөй наным жок. Кудайга
багышталган нан гана бар. Жаныңдагы жигиттериң
аялдарга жакындаган жок беле? – деп сурады
динкызматчы Дөөттөн.
5 – Жолго чыкканыбыздан бери аялзатына
жакындаган жокпуз, – деп жооп берди Дөөт
динкызматчыга. – Жигиттерим жолдо жүргөндө
дайыма өздөрүн таза кармашат. Бүгүнкүдөй
сапарда алар кантип таза эмес болушсун? 6 Ошондо
динкызматчы ага Кудайга багышталган нандан
берди. Себеби ал жерде Кудайга тартуу кылынган
нандан башка нан жок эле. Ал нандарды Жараткан
Эгенин алдынан алгандан кийин, ошол эле күнү
ордуна ысык нандар коюлду. 7 Ошол күнү ал жерде,
Жараткан Эгенин алдында, Шабулдун
койчуларынын башчысы болуп кызмат кылган
эдомдук Доек да бар эле. 8 Дөөт Акималикке:
– Жаныңызда найза же кылыч жок беле?
Падышанын тапшырмасы шашылыш
болгондуктан, же кылычымды, же башка
куралымды албай чыгыптырмын, – деди.
Динкызматчы ага:
9 – Эла өрөөнүндө өзүң өлтүргөн пелишти
Голияттын кылычы бар, – деди динкызматчы. – Ал
матага оролуп, эфоддун артында турат. Андан
башка курал жок. Кааласаң ошону ал, – деди.
– Андан артык табылбайт. Ошону мага бериңиз! –
деди Дөөт.

### Дөөттүн Гат падышасына качып барышы

10 Ошол эле күнү Дөөт Шабулдан качып, Гат
падышасы Акишке келди. 11 Аны көргөндө Акиштин
кызматчылары:
– Тиги өлкөнүн падышасы Дөөт-ко! «Шабул чапты
миң эрди, Дөөт чапты түмөндү» деп ушул жөнүндө
ырдап-бийлешкен-да! – дешти. 12 Дөөт бул сөздөрдү
көңүлүнө түйүп калып, Гат падышасы Акиштен
катуу кооптоно баштады. 13 Ошондуктан Дөөт
алардын алдында кебетесин бузуп, сарай
дарбазасын тытмалап, сакал ылдый шилекейин
куюлтуп, келесоо болумуш боло калды. 14 Акиш
өзүнүн кызматчыларына:
– Карагылачы! Анын жинди экенин көрбөй
турасыңарбы?! Неге аны мага алып келдиңер?! –
деп кыйкырды. 15 – Же өзүмдө акылынан
айныгандар аз беле?! Аны менин алдымда
жиндилик кылсын деп алып келдиңерби? Муну
сарайыма неге киргиздиңер!

### Дөөттүн Адулам үңкүрүнө качып барышы

22 Ошондон кийин Дөөт ал жерден кетип,
Адулам үңкүрүнө жашырынды. Агалары жана
атасынын тууган-уруктары муну угуп, анын жанына
келишти. 2 Кысымга алынгандардын, карызга
баткандардын жана жашоодон түңүлгөндөрдүн
баары Дөөттүн жанына чогулушту. Дөөт аларга
башчы болду. Аны ээрчигендердин саны төрт жүзгө
жакын эле.
3 Дөөт ал жерден Мааптагы Миспа шаарына
барып, маап элинин падышасынан:
– Кудай мага кандай тагдырды буйруганы маалым
болгончо, ата-энем жаныңызда кала турушуна
уруксат бериңиз, – деп суранды. 4 Ошентип, Дөөт
ата-энесин Маап падышасынын алдына алып
келди. Дөөт жашырынып жүргөн убакта, ата-энеси
маап падышасынын жанында болушту. 5 Бирок Гат
пайгамбар Дөөткө:
– Бул жерде калба. Жөөт жерине кет, – деп айтты.
Ошондо Дөөт ал жерден кетип, Хереттеги токойго
барды.

### Шабулдун динкызматчыларды өлтүрүшү

6 Ушул арада Шабулга «Дөөт кишилери менен кай
жерде экени билинди» деген кабар келди. Бул
убакта Шабул Гибадагы дөбөдө, жылгындын
түбүндө колуна найзасын кармап, аскерлеринин
курчоосунда олтурган. 7 Муну укканда Шабул
жанындагыларга:
– Эй Бенжамин уулдары, уккула! Жышайдын уулу
ар бириңерге талааларды, жүзүмзарларды бермек
беле?! Же бизди миңбашы, жүзбашы кылып коёт
деп жатасыңарбы?! – деди. 8 – Баарыңар мага
каршы тымызын сөз бекиткен окшойсуңар?
Уулумдун Жышайдын уулу менен келишим
түзгөнүн эч кимиңер мага айткан жоксуңар.
Араңардан мага жан тартчу бир да киши чыккан
жок. Өз уулум өз кулумду мага тузак коюуга
тукурганын мага эч кимиң билдирген жоксуңар!
9 Ошондо Шабулдун жан-жөөкөрлөрүнүн жанында
турган эдомдук Доек:
– Өкүмдарым, Жышайдын уулу Дөөттүн Нопко,
Акитуптун уулу динкызматчы Акималикке келгенин
көрдүм, – деди. 10 – Акималик Дөөт үчүн Кудайдын
жазганын сурады. Ага тамак-аш жана пелишти
Голияттын кылычын берди.
11 Ошол замат падыша Акитуптун уулу
динкызматчы Акималикти жана анын атасынын
бүт тукумун – Нопто жашаган бардык
динкызматчыларды чакыртып киши жиберди.
Алардын баары падыша алдына келишти.
12 – Эй, Акитуптун уулу, мени уккун! – деди Шабул.
– Кулагым сизде өкүмдарым, – деди Акималик.
13 – Неге сен Жышайдын уулу менен мага каршы
тымызын сөз бекиттиң?! – деди Шабул ага. – Сен
ага нан менен кылыч берип, ал үчүн Кудайдын

жазганын сураптырсың. Мына, Дөөт бүгүн мага
каршы козголоң чыгарып, тузак коюп жатат.
14 Акималик Шабулга мындай деп жооп берди:
– Бардык кызматчыларыңыздын арасында
Дөөттөй ишенимдүү адам барбы? Ал –
падышабыздын күйөө баласы,
жансакчыларыңыздын башчысы, кожолугуңуздагы
кадыр-барктуу адам. 15 Мен ошол күнү ал үчүн
Кудайдын жазганын биринчи жолу сураган жокмун
да? Падышам, бул үчүн мени жана атамдын
урпактарын күнөөлөбөсөңүз экен. Анткени Дөөттүн
сизге каршы чыкканы жөнүндө билген эмесмин.
16 Бирок падыша ага:
– Акималик! Сен да, атаңдын бүт урук-тукуму да
сөзсүз өлүшү керек! – деди да, 17 жанындагы
сакчыларына:
– Жигиттер! Баргыла да, Жараткан Эгенин
динкызматчыларын өлтүргүлө! – деп буйрук кылды.
– Алар Дөөттү колдоп, анын качып кеткенин билсе
да, мага кабар беришкен жок!
Бирок падышанын сакчылары Жараткан Эгенин
динкызматчыларына кол көтөрүп, аларды
өлтүрүүдөн баш тартышты. 18 Ошондо падыша
Доекке:
– Сен! Баргын да, мынабу динкызматчыларды
өлтүрүп сал! – деп буйруду. Эдомдук Доек барды да,
зыгыр эфод кийген сексен беш динкызматчыны
өлтүрдү. 19 Андан кийин динкызматчылар жашаган
Ноп шаарындагы аял-эркек, жаш бала, ал тургай
эмчектеги балдарды да түгөл кылыч мизине
алышты. Ага кошуп өгүздөрдү, эшектерди,
койлорду бүт чаап салышты. 20 Жалгыз Абиятар
кутулуп чыгып, Дөөткө качып барды. Ал Акитуптун
небереси, Акималиктин уулу эле. 21 Шабул
Жараткан Эгенин динкызматчыларын өлтүрүп
салгандыгын Абиятар Дөөткө айтып бергенде,
22 Дөөт Абиятарга:
– Ошол күнү эдомдук Доекти ал жерде көргөм.
Анын Шабулга сөзсүз айтып барарын билгем.
Атаңдын урпагындагы ар бир жандын өлүмү үчүн
мен айыптуумун, – деди. 23 – Эми менин жанымда
кал, коркпо. Менин жаныма кастык кылууну
көксөгөн адам, сенин да жаныңа кастык кылууну
каалап жүргөн экен. Менин жанымда калсаң,
коопсуз болосуң.

### Дөөттүн Кейла шаарын куткаруусу

23 Дөөткө: «Пелиштилер Кейла шаарына кол
салып, кырманды тоноп жатышат» деген
кабар келди. 2 Муну укканда Дөөт Кудайдын
жазганын сурап:
– Барып, ошол пелиштилерге кол салайынбы? –
деди. Жараткан Эге ага:
– Баргын. Пелиштилерге кол салып, Кеиланы азат
кыл, – деп жооп берди. 3 Бирок Дөөттүн кишилери:
– Биз Жөөт жеринде жүрүп коркуп жатсак,
пелиштинин аскерлерине каршы Кейлага кантип
барабыз? – деп айтышты. 4 Дөөт кайрадан
Кудайдын жазганын сурады. Жараткан Эге ага:
– Аттан да, Кейлага жөнө! Пелиштилерди Өзүм
сенин колуңа салып беремин, – деп жооп берди.
5 Дөөт кишилери менен Кейлага барып,
пелиштилер менен салгылашты. Аларды катуу
кырып, малын айдап кетти. Ошентип, Дөөт
Кейланын элин куткарып калды. 6 Акималиктин
уулу Абиятар Кейладагы Дөөттүн жанына качып
барганда, эфодду ала барган эле.
7 «Дөөт Кейлада экен» деген кабарды Шабул
укканда: «Кудай Дөөттү колума салып берди. Дөөт
дарбазалары кулпуланган чептүү шаарга кирип,
өзүн-өзү камап салды», – деди. 8 Ошентип, Кейлага
барып, Дөөттү кишилери менен чогуу курчоого
алуу үчүн, Шабул бүт элди согушка чогултту. 9 Дөөт
Шабулдун жаман ниетин укканда, динкызматчы
Абиятарга:
– Эфодду бул жерге алып кел, – деди. 10 Анан Дөөт
Кудайга кайрылып, мындай деди:
– Ысрайылдын Кудайы, Жараткан Эгем! Шабул
Кейлага келип, мен ушул шаарда болгондуктан,
калааны талкаларын кулуң так укту. 11 Кейланын
эли мени Шабулдун колуна салып береби? Кулуң
уккандай, Шабул бул жерге келеби? Ысрайылдын
Кудайы, Жараткан Эгем, кулуңа билдире көр, –
деди. Жараткан Эге:
– Келет, – деп жооп берди. 12 Дөөт Жараткан
Эгеден:
– Кейланын эли мени жигиттерим менен чогуу
Шабулдун колуна салып береби? – деп сурады.
– Салып берет, – деди Жараткан Эге. 13 Ошондо
Дөөт алты жүздөй кишиси менен Кейладан дароо
чыгып кетип, улам орун которуп жүрө берди.
Дөөттүн Кейладан качып кеткенин укканда, Шабул
ал жерге барбай турган болду.

### Дөөттүн Зип чөлүнө качышы

14 Дөөт чөлдөгү паана жайларда, Зип чөлүндөгү
адырларда жашырынып жүрдү. Шабул аны
издегенин койбосо да, Кудай Дөөттү Шабулдун
колуна салып берген жок. 15 Дөөт Зип чөлүндөгү
Хорешке келгенде, Шабул анын өмүрүнө
аңчылыкка чыкканын укту. 16 Ушул убакта
Шабулдун уулу Жонатан Хорештеги Дөөткө келип,
«Кудай сени сактайт» деп ага кайрат берди:
17 – Коркпо, атам сени колго түшүрө албайт. Сен
Ысрайылга падыша болосуң, мен болсо сенин оң
колуң боломун. Атам муну билет, – деди. 18 Ошол
жерде алар Жараткан Эгенин алдында өз ара
келишимин жаңылашты. Анан Жонатан үйүнө
кайтып кетип, Дөөт Хореште калды. 19 Зиптиктер
Гибадагы Шабулга:
– Дөөт биздин жерде, Жешимондун түштүгүндөгү
Хахил дөңсөөсүндө, Хорештеги паана жайларда
жашырынып жүрөт, – деп айтып барышты.
20 – Ошондуктан, – дешти алар, – падышабыз, сиз
каалаган убакта келе бериңиз. Дөөттү

падышабызга өзүбүз кармап беребиз. 21 Шабул
аларга мындай деди:
– Мага жаныңар ачыганы үчүн, Жараткан Эге
силерди жалгасын! 22 Эми барып, дагы бир жолу
текшерип, ынангыла. Дөөттүн кайсы жерлерде
жашырынып жүргөнүн, аны кимдер көргөнүн
жакшылап тактагыла. Себеби эл аны абдан айлакер
деп жатышат. 23 Ал жашырынып жүргөн жерлердин
баарын билип, мага так кабар жеткиргиле. Ошондо
мен силер менен барамын. Эгерде ал ошол жерде
болсо эле, бүткүл Иудадан издеп табамын.
24 Ошентип, зиптиктер Шабулдан мурда Зипке
келишти. Бул убакта Дөөт кишилери менен
Жешимондун түштүгүндөгү Араба өрөөнүндөгү
Маон чөлүндө эле. 25 Шабул жан-жөөкөрлөрү менен
Дөөттү издөөгө чыкты. Бул жөнүндө Дөөткө кабар
беришкенде, ал Маон чөлүндөгү аскалуу жерге
барып жашырынды. Шабул муну угуп, Дөөттүн
изин кууп, Маон чөлүнө жол тартты. 26 Шабул
тоонун бир тарабында келе жатты, Дөөт болсо өз
адамдары менен тоонун экинчи тарабында эле.
Дөөт Шабулдан качып кетүүгө аракеттенди. Шабул
болсо кишилери менен Дөөттү адамдары менен
кармоо үчүн, курчоого алды. 27 Так ушул убакта
Шабулга: «Тезирээк келиңиз, пелиштилер биздин
жерге кол салды» деп, чабарман келип калды.
28 Муну укканда Шабул Дөөттү кууганын токтотуп,
пелиштилер менен салгылашууга кетти. Ошондон
тартып ал жер «Кутулуу аскасы» деп аталып калган.

### Дөөттүн Энгедиде Шабулду өлтүрүүдөн баш тартышы

24 Дөөт ал жерден кетип, Энгеди жериндеги
паана жайларда жашап жүрдү. 2 Шабул
пелиштилер менен согушуп, кайтып келгенде, Дөөт
Энгедидеги чөлдө экен деген кабарды укту. 3 Шабул
бүт Ысрайылдан эң мыкты үч миң жоокерди тандап
алып, Дөөт менен анын кишилерин издеп табуу
үчүн тоо текелери жашаган аскаларга жөнөдү.
4 Жол жээгиндеги кой короонун жанында бир үңкүр
бар эле. Шабул жеңилдөө үчүн ошол үңкүргө
кирди. Үңкүрдүн түп жагында Дөөт жигиттери
менен олтурган. 5 Ошондо Дөөткө жигиттери:
– Кара, Жараткан Эге сага: «Душманыңды колуңа
салып беремин, ага өзүң каалагандай чара
көрөсүң» деген. Мына, бүгүн ошол күн келди, – деп
айтышты. Дөөт болсо шырп алдырбай келип,
Шабулдун чапанынын этегинен бир үзүм кесип
алды. 6 Бирок Шабулдун чапанынын этегинен
кесип алганы үчүн Дөөттү абийири кыйнады. 7 Дөөт
жигиттерине:
– Ал Жараткан Эгенин майланып, тандалган
адамы. Эгедер майлап, тандаган кожоюнума кол
көтөрүүдөн Жараткан Өзү мени сактасын! – деди.
8 Дөөт ушул сөздөрү менен жигиттерине тыюу
салып, аларды Шабулга кол салдырбай токтотуп
калды. Шабул болсо үңкүрдөн чыгып, өз жолу
менен кетти.
9 Дөөт да үңкүрдөн чыгып, Шабулдун артынан:
– Өкүмдарым, падышам! – деп кыйкырды. Шабул
артын караганда Дөөт тизе бүгүп, жерге баш уруп,
ага таазим кылды. 10 Анан Дөөт Шабулга мындай
деди:
– «Дөөт сизге жамандык кылууну ойлоп жүрөт»
дегендердин сөзүнө эмнеге кулак салып жатасыз?
11 Бүгүн Жараткан Эге сизди үнкүрдүн ичинде
колума салып бергенин өз көзүңүз менен көрүп
турасыз. Мага «аны өлтүрүп сал» деп айтышты,
бирок мен сизге ырайым кылдым. «Менин
өкүмдарым, Жараткан Эге тандап, майлаган адам,
ага кол көтөрбөйм» деп айттым. 12 Ата!
Чапаныңыздын этегинен кесип алынган колумдагы
кесиндини караңыз. Муну мен сиздин
чапаныңыздын этегинен кесип алдым, бирок сизди
өлтүргөн жокмун. Сизге жамандык кылып, күнөөгө
баткан жокмун. Сиз болсо менин өмүрүмө кол
салып, жанымды кыюуну каалап жүрөсүз. 13 Кудайга
койдум. Менин өчүмдү Ал сизден Өзү алсын, бирок
мен сизге кол көтөрбөймүн. 14 Байыркылар:
«Ыймансыз адам жамандык жасайт» деп акыл
айтышкан. Мен болсо сизге кол көтөрбөймүн.
15 Деги Ысрайыл падышасы кимдин артынан түшүп
алган? Сиз кимди кубалап жатасыз? Өлгөн иттей,
бүргөдөй, арзыбаган мениби? 16 Кудайга койдум,
кимибиздин ак экенибизди Жараткан Өзү
териштирсин. Ал менин ишимди карап, мени
актап, сиздин колуңуздан куткарсын. 17 Дөөт сөзүн
айтып бүткөндө:
– Дөөт, уулум! Бул сенин үнүңбү?! – деди да, Шабул
өксөп жиберди. 18 – Сен аксың, мен туура эмес
кылдым, – деди Дөөткө. – Сен мага жакшылык
кылсаң да, мен сага жамандык кылдым. 19 Бүгүн сен
мага ниетиң ак экенин көрсөттүң. Жараткан Эге
мени сенин колуңа салып берсе да, мени өлтүргөн
жоксуң. 20 Душманын колго түшүргөн адам, аны
аман-соо коё бермек эле? Бүгүн мага кылган
жакшылыгың эртең Жараткан Эгеден өзүңө
кайтсын! 21 Сен сөзсүз падыша болоруңа көзүм
жетти. Ысрайыл падышалыгы сенин колуңда бекем
болот. 22 Эми, сенден кийин сенин урпактарыңды
тукум курут кылып, атаңдын урук-тукумунан
атыңды өчүрбөйм деп, Жараткан Эгени оозанып
ант берсең экен, – деди. 23 Дөөт Шабулга ант берди.
Ошондон кийин Шабул үйүнө кайтып кетти. Дөөт
болсо кишилери менен башпааналаган жерине
жөнөдү.

### Дөөт жана Абигейил

25 Ушул арада Шамил дүйнөдөн кайтты. Бүткүл
ысрайыл эли чогулуп, Шамилди жоктоп
ыйлашып, сөөгүн өзү жашаган Рамада жерге
беришти.
Андан кийин Дөөт Паран чөлүнө кетти.
2 Маондо бир киши жашачу. Анын Кармел
шаарында кожолугу бар эле. Ал абдан бай киши
болчу: анын үч миң кою, миң эчкиси бар эле. Бул

убакта ал Кармелде койлорун кыркып жаткан. [3] Ал
кишинин аты Набал, аялынын аты Абигейил эле.
Аялы абдан акылдуу, ажарлуу, өзү болсо боору
катуу, кара ниет адам эле. Ал Калептин
урпактарынан болчу.
[4] Дөөт чөлдө жүргөндө, Набалдын кой кыркып
жатканын укту. [5] Ошондо Дөөт он жигитин Набалга
жөнөтүп жатып:
– Кармелдеги Набалга барып, менден салам-дуба
айткыла, – деп буйруду. [6] Ага мындай дегиле:
«Өмүрүңүз узак болсун! Өзүңүз да, үй-бүлөңүз да,
мал-жаныңыз да аман болсун! [7] Койлоруңузду
кыркып жатканыңызды уктум. Сиздин
койчуларыңыз биздин жаныбызда кой багып
жатканда аларды таарынткан жокпуз. Кармелде
болгон күндөрү алардын эч нерсеси жоголгон жок.
[8] Жигиттериңизден сураңыз, алар да сизге айтып
беришет. Биз сизге ушул куттуу күнү келдик, менин
жигиттеримди жылуу кабыл алсаңыз экен. Мына
бул кулдарыңызга менен уулуңуз Дөөткө
көңүлүңүздөн чыкканын берсеңиз экен». [9] Дөөттүн
жигиттери бул сөздөрдү Дөөттүн атынан Набалга
айтып, жооп күтүп калышты. [10] Набал болсо
Дөөттүн жигиттерине мындай деп жооп кайтарды:
– Деги Дөөт дегениң ким өзү?! Жышайдын уулу
ким болуп калыптыр?! Акыркы күндөрү өз
кожоюнунан качып жүргөн кулдар көбөйдү! [11] Кой
кыркkandarга деп камдап койгон нанымды, суумду,
союшумду кайдан келгени белгисиз адамдарга
кармата салайынбы?! [12] Дөөттүн жигиттери келген
жолу менен кайтып кетишти. Алар Набалдын
айткандарынын баарын Дөөткө айтып беришти.
[13] Муну укканда Дөөт:
– Баарыңар кылычыңарды белиңерге байлагыла!
– деп буйрук берди. Дөөт баш болуп баары
кылычтарын белине байлашты. Төрт жүздөй жигит
Дөөт менен кетти. Эки жүз киши жүктөрдү карап
калды. [14] Ошол арада Набалдын кулдарынын бири
анын аялы Абигейилге мындай деди:
– Дөөт чөлдөн өз жигиттеринен кожоюнубуз
Набалга салам-дуба айттырып жиберген экен.
Бирок кожоюнубуз аларга айкырып жооп берди.
[15] Ал адамдар болсо бизге жакшы мамиле
кылышкан болчу. Бизди таарынтышкан жок.
Жайытта алардын жанында болгон учурда эч
нерсебиз жоголгон эмес. [16] Койлорубузду багып
жүргөнүбүздө алар бизге күнү-түнү калканч
болушкан. [17] Эми эмне кылуу керектигин жакшылап
ойлонуп көрүңүз. Анткени кожоюнумдун да, анын
үй ичиндегилердин да башына коркунуч келип
олтурат. Ал ушунчалык начар киши болгондуктан,
ага эч ким ооз ача албайт. [18] Муну укканда,
Абигейил эки жүз нан, эки чанач шарап, беш
койдун бышырылган сом этин, беш чара бадырак,
жүз таңгак мейиз жана эки жүз таңгак анжырды
шашылыш алып, баарын эшектерге арттырды.
[19] Анан кызматчы балдарга:
– Силер алдыга кете бергиле, мен артыңардан
барамын, – деди. Күйөөсү Набалга болсо эч нерсе
айткан жок. [20] Абигейил эшекке минип, бир таман
жол менен тоодон түшүп келе жатса, мына, Дөөт
жигиттери менен башка жактан ал тарапка түшүп
келе жатыптыр. Абигейил аларды алдынан тосуп
чыкты. [21] Мунун алдында Дөөт мындай деген эле:
«Бул адамдын чөлдөгү мал-мүлкүн бекер эле
кайтарган экенмин. Анын эч нерсени жоголгон
эмес эле. Эми минтип, кылган жакшылыгыма
жамандык кылды. [22] Эгерде эртеңки таңды ашканга
чейин Набалдын эркек аттуусунун бирөөнү тирүү
калтырсам, Кудай мени жазаласын, катуу
жазаласын!» [23] Абигейил Дөөттү көрөрү менен
дароо эшегинен түшө калып, чөк түшүп, чекеси
жерге баш уруп таазим этти. [24] Анан Дөөттүн
буттарына жыгылып:
– Мырзам, айыпты мен тартайын. Күңүңүзгө
сүйлөгөнгө уруксат берип, сөзүнө кулак салсаңыз
экен! – деп жалбарды. [25] – Суранамын, мырзам
ошол Набал деген начар адамга көңүл бурбаса
экен. Набал деген ысым акылсыз дегенди
билдирет, атына жараша заты дегендей, анын
кылган иштери да ошондой. Тилекке каршы, мен,
күңүңүз, сиздин жиберген жигиттериңизди көрбөй
калыптырмын. [26] Мырзам, төбөмдө Кудай турат!
Алдыңызда ант ичип айтам: Ал сизди бүгүн кан
төгүүдөн, өз колуңуз менен өч алуудан сактап
жатат. Душмандарыңыздын, сизге жамандык
кылууну ойлогондордун баарынын башына
Набалдын башына түшкөн күн түшсүн! [27] Мырзам,
бул тартууларды күңүңүз сизге алып келди. Аларды
сизди ээрчип жүргөн жигиттерге берсеңиз экен.
[28] Күңүңүздүн айыбын кечириңиз. Жараткан Эгем
мырзамдын укум-тукумун түптүү кылат. Анткени
мырзам Жараткан Эгенин согуштарын жүргүзүп
жатат. Өмүрүңүз өткөнчө эч ким сизден жамандык
таба албасын. [29] Эгерде кимдир-бирөө артыңыздан
түшүп, мырзамдын жанына кастык кылууну
кааласа, Кудайыңыз Жараткан Эге сиздин
жаныңызды Өз паанасында сактайт. Ал эми
душмандарыңызды болсо салмоордон атылган
таштай изсиз жоготот. [30] Жараткан Эгем мырзама
убада кылган бардык жакшы ниеттерин орундап,
сизди Ысрайылга башчы кылат. [31] Ошондо өч алып,
бөөдө кан төктүм деп мырзамдын абийири
айыптап, өкүнбөйт. Жараткан Эгем мырзамды
жакшы күндөргө жеткиргенде мени эстесеңиз экен.
[32] Анан Дөөт Абигейилге:
– Бүгүн сени менин алдыма жиберген
Ысрайылдын Кудайы Жараткан Эгеге шүгүр! – деди.
[33] – Акылыңа баракелде. Бүгүн сен мени кан
төгүүдөн, өз колум менен өч алуудан токтотуп
калганың үчүн баталуу болгун. [34] Жамандык
кылуудан мени сактап калган Ысрайылдын Кудайы
төбөмдө турат! Сен шашылыш келип, мени
алдымдан тоспогонуңда, таң атканча Набалдын

бир да эркегин тирүү калтырмак эмесмин! 35 Дөөт
Абигейилдин тартууларын кабыл алып:
– Эми үйүңө көңүлүң тынч бара бер. Сенин сөзүңө
кулак салып, суранычыңды кабыл кылдым, – деди.
36 Абигейил Набалдын жанына кайтып келсе, Набал
үйүндө падышадай тойлоп жатыптыр. Ал абдан мас
болуп калыптыр, көңүлү да көтөрүңкү экен.
Абигейил таң атканча ага ооз ачкан жок. 37 Эрте
менен Набал соолукканда, аялы кечээги болгон
окуяны айтып берди. Муну укканда Набалдын
жүрөгү оозуна кептелип, таштай катып калды. 38 Он
күндөй өткөндөн кийин, Жараткан Эге анын эсебин
тапты. 39 Набалдын өлгөнүн Дөөт укканда:
– Мени маскаралаган Набалдын эсебин тапкан
Кудайга шүгүр. Жараткан Эге Өз кулун
жамандыктан сактап, Набалдын кылган
жамандыгын өз башына салды, – деди. Анан Дөөт
Абигейилдин колун сурап, ага кишилерин
жиберди. 40 Дөөттүн кишилери Кармелдеги
Абигейилге келишип:
– Дөөт сенин колуңду сурап бизди жиберди, – деп
айтышты. 41 Абигейил башын жерге ийе таазим
кылып:
– Мен күңүңүзмүн. Мырзама кызмат кылып, анын
кулдарынын буттарын жууганга даярмын, – деп
жооп берди. 42 Анан Абигейил дароо камданып,
эшекке минди да, беш кызматчы кыздын
коштоосунда Дөөттүн чабармандарын ээрчип
жөнөдү. Мына ошентип, ал Дөөткө өмүрлүк жар
болду. 43 Дөөт изрейелдик Акинаамга да үйлөнгөн
эле. Ошентип, Дөөт эки аялдуу болду. 44 Ушул арада
Дөөттүн аялы Михаланы болсо атасы Шабул
галимдик Лаиштин уулу Палтийге күйөөгө берип
салды.

### Дөөттүн Шабулду өлтүрүүдөн экинчи ирет баш тартышы

26 Зиптиктер Гибадагы Шабулга: «Дөөт
Жешимондун жанындагы Хахил
адырларында жашырынып жүрөт» деп айтып
келишти. 2 Шабул Ысрайылдан тандалган үч миң
жоокерди ээрчитип, Дөөттү издегени Зип карай
төмөндөп түшүп келди. 3 Ал Жешимондун
каршысындагы жолдун жээгине жакын Хахил
дөбөсүнө ордосун жайгаштырды. Дөөт чөлдө
болчу. Ал Шабулдун өзүн издеп келгенин билгенде,
4 Дөөт чалгынчыларын жиберип, анын чындап эле
келгенин билип алды. 5 Дөөт Шабулдун ордосу
турган жерге жакын келип, Шабул менен Нердин
уулу, аскербашчы Абнер жаткан жерди издеп
тапты. Шабул ордонун ортосунда, жоокерлери
болсо анын айланасында жатышкан экен. 6 Дөөт
хеттик Акималик менен Серуянын уулу, Жояптын
бир тууганы Абышайга:
– Мени менен ордого – Шабулга кимиңер
барасыңар? – деп айтты.
– Мен барамын! – деди Абышай. 7 Дөөт менен
Абышай ошол күнү түнкүсүн шырп алдырбай
ордого кирип барышты. Шабул найзасын баш
жагына жерге сайып коюп, ордонун ортосунда
уктап жатыптыр. Абнер менен жоокерлер болсо
анын айланасында уктап жатышыптыр. 8 Ошондо
Абышай Дөөткө:
– Кудай душманыңызды колуңузга салып берди.
Уруксат бериңиз, найза менен аны жерге кадап
салайын. Бир эле жолу саямын, кайталабайм, –
деди. 9 Бирок Дөөт ага мындай деди:
– Эгедер тандап, май сүрткөн адамга кол көтөргөн
жазасыз калбайт. 10 Төбөмдө Кудай турат! Анын
жанын Жараткан Эге Өзү алсын. Ал ажалы жеткен
күнү өлөт, же согушта курман болот. 11 Ал май
сүрткөн адамга кол көтөргөндөн Жараткан Эге Өзү
сактасын! Андан көрө, анын баш жагындагы найза
менен суу куюлган көөкөрдү алалы да, бул жерден
кетели. 12 Дөөт Шабулдун баш жагындагы найза
менен суу куюлган көөкөрдү алды да, ал жерден
кетип калышты. Алардын келгенин эч ким көргөн
да жок, билген да жок, бирөө да ойгонгон жок.
Жараткан Эге аларды уктатып койгондуктан, баары
катуу уктап калышкан эле. 13 Дөөт аркы тарапка
өтүп, алыскы дөбөгө чыгып алды. Алардын
ортосундагы аралык алыс эле. 14 Ошол жерден Дөөт
жоокерлер менен Нердин уулу Абнерге:
– Ээй, Абнер! Мага жооп бер! – деп кыйкырды.
Абнер болсо ага:
– Сен кимсиң! Неге кыйкырып, падышанын
тынчын алып жатасың?! – деди. 15 Дөөт ага мындай
деп жооп берди:
– Сен өзүң чыныгы эркексиң! Ысрайылда сага тең
келе турган бирөө да жок! Бирок неге өз кожоюнуң
падышаны жакшы коргобой жатасың? Себеби аны
өлтүрүү үчүн бирөө ордого кирди! 16 Бул кылганың
жакшы эмес. Кудай төбөмдө турат, кожоюнуңарды,
Эгедер тандап, май сүрткөн адамды
коргобогонуңар үчүн баарыңар өлүмгө
татыктуусуңар. Карап көрчү, падышанын баш
жагындагы найза менен көөкөр кайда?! 17 Дөөттү
үнүнөн тааныган Шабул:
– Дөөт, уулум! Бул сенин үнүңбү?! – деп сурады.
– Ооба, өкүмдарым, падышам, бул менин үнүм! –
деп жооп берди Дөөт. 18 Өкүмдарым, неге өз
кулуңуздун артынан сая түшүп алдыңыз? Деги мен
эмне кылдым? Айыбым не? 19 Өкүмдарым,
падышам! Кулуңуздун сөздөрүнө кулак салсаңыз
экен! Эгерде Жараткан Эге сизди мага каршы
жиберип жаткан болсо, анда бул кылып жаткан
ишиңиз Жараткан Эгеге арнаган жыпар жыттуу
курмандыгыңыз болсун. Эгерде адам баласы сизди
мага каршы тукуруп жаткан болсо, алар Жараткан
Эгенин каргышына калсын. Себеби алар «Кеткин,
башка кудайларга кызмат кыл» дегенсип, Жараткан
Эге берген энчи жерден мени кууп жиберишти.
20 Каным Жараткан Эгеден алыс жерлерде
төгүлбөсө экен. Ысрайыл падышасы кекиликке
аңчылыкка чыккан аңчыдай болуп, болгону бир

бүргөнү кубалап, тоо аралап чыккан турбайбы?!
21 Ошондо Шабул:
– Айып менден кетти. Дөөт, уулум, кайтып кел.
Сен менин жанымды жогору баалаганың үчүн,
мындан кийин сага жамандык кылбаймын. Мен
акылсыздык кылдым, катуу жаңылдым, – деди.
22 Дөөт:
– Мына, падышанын найзасы! – деди. –
Жигиттердин бири келип, алып кетсин! 23 Жараткан
Эге ар бир адамга анын адилдиги жана
садыктыгына жараша сыйлыгын берет. Бүгүн
Жараткан Эгебиз сизди колума салып берсе да,
Эгедер тандап, май сүрткөн адамга кол көтөргүм
келген жок. 24 Бүгүн мен сиздин өмүрүңүздү
баалаганымдай, Жараткан Эгем да менин
өмүрүмдү бааласын. Ал мени бардык азаптардан
сактасын! 25 Ошондо Шабул Дөөткө:
– Дөөт, уулум, Кудай сени жалгасын! Сен сөзсүз
улуу иштерди кыласың, көп ийгиликтерге жетесиң!
– деди. Ошондон кийин Дөөт өз жолуна түштү.
Шабул да үйүнө кайтты.

### Дөөттүн Гат падышасы Акишке кызмат кылышы

27 Дөөт: «Бир күнү Шабулдун колуна түшөрүм
чын. Жакшысы, эртерээк пелишти жерине
качып кетейин. Ошондо Шабул мага кол шилтеп,
Ысрайыл жеринен мени издегенди коёт, мен да
андан кутуламын», – деп ойлоду. 2 Ошентип, Дөөт
жанындагы алты жүз кишиси менен Гат падышасы
Маох уулу Акиштин жерине өтүп кетти. 3 Алардын
баары өз үй-бүлөлөрү менен Гат шаарына,
Акиштин жерине жайгашышты. Дөөт өзү да эки
аялы – изреелдик Акинаам жана кармелдик
Набалдын жесири Абигейил менен келди. 4 Дөөттүн
Гатка качып кеткенин укканда, Шабул аны
издегенин токтотту. 5 Дөөт Акишке:
– Эгерде сиз ырайым этсеңиз, тегерек-четтеги
шаарлардын биринен жашаганга мага орун
берсеңиз экен. Кулуңуздун сиз менен чогуу
падышалык шаарда жашаганынын кажети жок, –
деди. 6 Акиш ошол күнү ага Сыклак шаарын берди.
Ошондуктан Сыклак ушул күнгө чейин Иуда
падышаларына караштуу шаар болуп калды.
7 Дөөт пелишти жеринде бир жыл, төрт ай
жашады. 8 Ушул убакыт аралыгында Дөөт
жигиттери менен Шурга чейинки, ал тургай
Мисирге чейинки жерлерди байыртан мекендеп
келген гешур, гезер, амалык элдерине кол салып
жүрдү. 9 Дөөт кай жерге кол салса да, эркектерин да,
аялдарын да тирүү калтырчу эмес. Алардын
койлорун, өгүздөрүн, эшектерин, төөлөрүн жана
кийим-кечектерин тоноп алып, падыша Акишке
кайтып келип жүрдү. 10 Акиш Дөөттөн: «Бүгүн кай
жерлерге кол салдыңар» деп сурап калса, «Бүгүн
жөөттөрдүн түштүк жерлерине» же «түштүктөгү
эрахмеелдерге» же «түштүктөгү кейнилерге кол
салдык» деп койчу. 11 Ал эч кимди туткундап Гатка
алып келчү эмес. «Дөөт мындай же тигиндей
кылды» деп айтып койбошу үчүн, Дөөт эркекти да,
аялды да тирүү калтырбай өлтүрүп салчу. Дөөт
пелишти жеринде жашап жаткан убакта дайыма
ушундай кылчу. 12 Акиш Дөөткө толук ишенип:
«Дөөт өз эли Ысрайылга жек көрүндү болду. Эми ал
биротоло мага кызмат кылат», – деген ойго келди.

### Шабулдун көзү ачыктан кеңеш сурашы

28 Ушул күндөрү пелиштилер Ысрайыл менен
согушуу үчүн аскерлерин чогултту.
Акиш Дөөткө:
– Уккун, сен да кишилериң менен менин
жанымда согушууң керек – деди. 2 Дөөт ага:
– Кулуңуздун колунан эмнелер келерин көрөсүз, –
деди.
– Абдан жакшы! Андай болсо сени биротоле
өзүмө жансакчы кылып дайындаймын! – деди
Акиш.
3 Шамил көз жумганда, ысрайыл эли аны жоктоп
ыйлап, сөөгүн өзүнүн шаары Рамага койгон болчу.
Шабул болсо арбак чакыруучулар менен көзү
ачыктарды өлкөдөн кубалап салган эле.
4 Пелиштилер чогулуп келип, Шунемде ордо
куруштү. Шабул да бүт ысрайылдарды чогултуп,
ордосун Гилбояга жайгаштырды. 5 Шабул пелишти
ордосун көргөндө коркуп кетип, жүрөгү алкымына
такалды. 6 Ал Кудайдын жазганын сураса, Эгедер
ага түш аркылуу да, динкызматчынын урими
аркылуу да, пайгамбарлар аркылуу да жооп берген
жок. 7 Ошондо Шабул кызматчыларына:
– Мага арбак чакыруучу бир аялды тапкыла. Ага
барып кеңеш сурайын, – деди. Кызматчылары ага:
– Эндордо арбак чакыруучу бир аял бар, – деп
айтып беришти. 8 Шабул өзүн эч ким тааныбашы
үчүн, кийимдерин алмаштырып, жанына эки
кишисин ээрчитип, түн жамынып ошол аялга
келди.
Шабул аялга:
– Мен үчүн арбактар менен сүйлөшүп, мен атын
атаган адамды чакырып бер, – деди. 9 Бирок аял:
– Шабулдун эмне кылганын, арбак чакыруучулар
менен сыйкырчыларды өлкөдөн кубалап салганын
өзүң билесиң. Анан неге мени өлтүрүш үчүн
жаныма тузак коюп жатасың? – деди.
10 Шабул Кудайды оозанып ант берип: – Төбөмдө
Кудай турат, бул иш үчүн кымындай зыян
тартпайсың! – деди. 11 Ошондо аял Шабулдан:
– Сага кимди чакырып берейин? – деп сурады.
– Мага Шамилди чакырып бер, – деди Шабул.
12 Аял Шамилди көргөндө катуу кыйкырып жиберди
да, Шабулга бурулуп:
– Сиз Шабул турбайсызбы! Эмне үчүн мени
алдадыңыз? – деди. 13 Падыша ага:
– Коркпо, эмнени көрүп жатасың? – деп сурады.
– Жердин астынан чыгып келе жаткан арбакты
көрүп жатамын, – деп жооп берди аял.
14 – Анын көрүнүшү кандай экен? – деп сурады
Шабул аялдан.

– Үстүнө чапан кийген бир карыя чыгып келе
жатат, – деди аял. Ошондо анын Шамил экенин
билип, Шабул жерге чөгөлөй калып, ага таазим
кылды. 15 Шамил Шабулга:
– Неге мени чакырып, тынчымды алып жатасың?
– деди. Шабул ага:
– Мен абдан оор абалда турамын. Пелиштилер
мага кол салганы жатышат. Кудай да мени таштап
койду. Ал мага пайгамбарлар аркылуу да, түш
аркылуу да жооп бербей койду. Ошондуктан, эмне
кылышым керектигин билүү үчүн сизди
чакырттым, – деп жооп берди.
16 – Жараткан Эге сени таштап, сага душман болуп
жатса, анда неге менден сурап жатасың? – деди
Шамил. 17 – Жараткан Эге мен аркылуу
айткандарын ишке ашырды. Ал падышалыкты
сенден тартып алып, жаныңдагы адамга – Дөөткө
берди. 18 Анткени сен Жараткан Эгенин амирине
моюн сунган жоксуң. Анын жалындаган каарын
амалыктарга чачкан жоксуң. Ошондуктан Эгедер
бүгүн ушуларды башыңа салып жатат. 19 Жараткан
Эге сени да, Ысрайылды да пелиштилердин колуна
салып берет. Эртең сен уулдарың менен менин
жаныма келесиңер. Жараткан Эге Ысрайыл
ордосун пелиштилердин колуна салып берет.
20 Шабул жерге тарс кулады. Ал Шамилдин
сөздөрүнөн катуу коркуп кетти. Анын үстүнө бул
күн кечке чейин наар албагандыктан, шайы кетип
калган эле. 21 Аял Шабулдун жанына басып келип,
анын катуу коркуп кеткенин көрүп, мындай деди:
– Мынакей, мен, күңүңүз сөзүңүздү угуп,
жанымды тобокелге салып, каалооңузду
орундадым. 22 Эми болсо суранамын. Сиз да
күңүңүздүн тилин алыңыз. Сизге бир тамак
берейин, аны жеп алыңыз, жол жүргөнгө кубат
болот. 23 Бирок ал:
– Жебейм! – деп баш тартты. Ошондо анын
кызматчылары да, аял да аны көндүрө башташты.
Акыры Шабул ордунан туруп, төшөккө келип
олтурду. 24 Аялдын короосунда бордолгон торпогу
бар эле. Ал аны дароо сойдура салды. Ун алып
келип, камыр жууруп, калама бышыра салды да,
25 Шабул менен анын кызматчыларына дасторкон
жайды. Алар курсактарын тойгузуп, ошол эле түнү
жолго чыгышты.

### Пелиштилердин Дөөткө ишенбеши

29 Пелиштилердин бүт кошуундары Апекке
чогулду. Ысрайылдар болсо Изреелдеги
булактын жанына ордо куруп жайгашышты.
2 Пелишти төрөлөрү жүздөгөн, миңдеген адамдары
менен келип жатышты. Дөөт да кишилери менен
Акиштин жанында артта келе жатты. 3 Пелишти
аскер башчылары муну байкап:
– Алдагы эврейлер бул жерде эмне кылып
жүрүшөт? – деп сурашты. Акиш аларга:
– Ал Ысрайыл падышасы Шабулдун кызматчысы
Дөөт болот. Жанымда жүргөнүнө бир жылдан ашып
калды. Дөөт мага качып келгенден бери андан бир
да жамандык көргөн жокмун, – деп жооп берди.
4 Бирок пелишти аскер башчылары Акишке
кыжыры келип:
– Бул адамды артка кетирип жибер. Ал өзүнө
берилген жерден чыкпай отурсун. Дөөт биз менен
согушка барбасын, болбосо салгылаш убагында
бизге кол салышы мүмкүн. Ал биздин жигиттердин
башын кесип, өз кожоюнуна алып барса, ага
жагуунун мындан артык жолу жокко? – дешти. 5 –
Баягында баары: «Шабул чапты миң эрди, Дөөт
чапты түмөндү!» – дешип, бийлеп мактаган ушул
Дөөт эмеспи? 6 Ошондо Акиш Дөөттү чакырып
алып, мындай деди:
– Төбөмдө Кудай турат, сен ниети ак адамсың.
Мени менен согушка барсаң жакшы болмок.
Себеби сен келгенден бери сенден жаман нерсени
байкаган жокмун. Бирок пелишти төрөлөрүнүн
сага көз карашы жакшы эмес. 7 Бул жолкусунда
көңүлүң тынч артка кайтып кете бер. Пелишти
аскер башчыларынын кыжырын келтирбегениң
жакшы болгону турат. 8 Дөөт Акишке:
– Деги мен эмне кылдым? Жаныңызга келгенден
бери менден кандай айып таптыңыз? Өкүмдарым,
падышамдын душмандары менен салгылашууга
эмне үчүн барбашым керек? – деди.
9 Акиш ага:
– Билип кой, сен менин көз алдымда Кудайдын
периштесиндей аксың. Ошого карабастан пелишти
аскер башчылары: «Дөөт биз менен согушка
барбасын», – деп жатышат, – деди. 10 – Эми өзүң да,
мурдагы кожоюнуңдун сени менен келген кулдары
да, эртең менен туруп, жерге жарык түшөрү менен
жолго чыккыла.
11 Ошентип, Дөөт кишилери менен эрте таңда
туруп, пелишти жерине жол тартты. Пелиштилер
болсо Изреелге карай кетишти.

### Сыклакты тоноп кеткен амалыктарды талкалоо

30 Дөөт кишилери менен үчүнчү күнү Сыклакка
кайтып келишти. Бул арада амалыктар Негеб
† менен Сыклакка кол салышып, аны өрттөп
жиберишиптир. 2 Алар эч кимди өлтүрбөй, андагы
аялдарды жана кары-жаштын баарын туткунга
айдап кетишкен экен. 3 Дөөт кишилери менен ал
жерге жетип келгенде, калаанын өрттөлгөнүн,
аялдары, уул-кыздары туткундалып кеткенин
билди. 4 Муну көргөндө Дөөт менен анын
жигиттери өксөп жиберишти. Алар өксөй берип,
алдан тайышты. 5 Дөөттүн эки аялы, изреелдик
Акинаам менен кармелдик Набалдын жесири
Абигейил да туткундалып кетишиптир. 6 Дөөт оор
абалда калды. Анткени жигиттери өз уул-кыздары
үчүн кабыргасы кайышып, ташбараңга алгысы
келип жатты. Бирок Дөөт Кудайы Жараткан Эгеден
үмүттөнүп, кайратын жыйды. 7 Ал Акималик уулу
динкызматчы Абиятарга:

† *Негеб - жөөттөрдүн түштүк территориясы.*

– Мага эфодду алып кел, – деп буйруду. Абиятар
эфодду алып келди. 8 Дөөт Жараткан Эгенин эркин
сурап:
– Мен ошол каракчылар тобунун артынан
түшөйүнбү? Артынан түшсөм, аларга жете
аламынбы? – деп сурады. Жараткан Эге ага:
– Артынан түш. Албетте кууп жетесиң, өз
адамдарыңды сөзсүз бошотуп аласың, – деп жооп
берди.
9 Ошентип, Дөөт алты жүз жигити менен жолго
чыгып, Бесор сайына жетип келишти. Алардын
арасынан алдан тайгандары ошол жерде калышты.
10 Дөөт төрт жүз кишиси менен андан ары
душмандын артынан сая түшүп, жолун улантты.
Бесор сайынан өтө албаган эки жүз киши ошол
жерде калышты. 11 Жигиттер какыр талаадан
мисирлик бир баланы таап алып, Дөөттүн алдына
алып келишти. Ага нан, суу беришти.
12 Анан ага кургатылган бир кочуш анжыр менен
эки кочуш мейиз да беришти. Ушуларды жегенден
кийин, тигинин боюна кайрат кирди. Ал бала үч
күн, үч түн нан да жебей, суу да ичпептир.
13 Ошондон кийин Дөөт:
– Сен кимдин кулусуң? Кай жердиксиң? – деп
сурады. Тиги бала мындай деп жооп берди:
– Мен мисирликмин. Бир амалыктын малай
баласымын. Ооруп калдым эле, үч күн мурда
кожоюнум мени таштап кетти. 14 Биз Негебке –
керетилердин, жөөттөрдүн, Калептип жерлерине
кол салдык. Сыклакты болсо өрттөп жибердик.
15 Дөөт андан:
– Мени ошол каракчылар тобуна алып бара
аласыңбы? – деп сурады. Тиги киши Дөөткө:
– «Сени өлтүрбөймүн, кожоюнуңдун колуна
өткөрүп бербейм» деп Кудайдын алдында ант
берсеңиз, сизди ошол каракчыларга алып
барамын, – деп жооп берди. 16 Ошентип, мисирлик
бала Дөөттү аларга алып барды. Амалыктар талаага
жайылып, пелишти, жөөт жерлеринен тартып
алган көп олжолоруна кубанып, ичип-жеп, тойлоп
жатышыптыр.
17 Дөөт аларды күүгүмдөн баштап, эртеси күнү кеч
киргенге чейин кырды. Төөлөргө минип качкан
төрт жүз кишиден башка эч ким аман калган жок.
18 Ошентип, Дөөт амалыктар тартып алгандын
баарын, аларга кошуп өзүнүн эки аялын да
куткарып алды. 19 Жаш-карылар, уул-кыздар,
амалыктар олжого алып кеткен буюм-тайымдан
бирөө да жоголгон жок. Дөөт баарын кайтарып
алды. 20 Ал амалыктардын майда жана кара
малынын баарын олжо кылып алды. Дөөттүн
жигиттери аларды өз малдарынын алдына салып:
– Бул Дөөттүн олжосу! – деп айдап баратышты.
21 Ошентип Дөөт Бесор сайынын аркы өйүзүндө,
алдан тайып, артта калып калган эки жүз жигитине
келди. Алар да Дөөт менен анын жанындагы
жигиттерди тосуп чыгышты. Дөөт аларга жакындап
келгенде, алар менен амандашты.
22 Бирок Дөөт менен баргандардын арасындагы
пас, начар адамдардын баары:
– Булар биз менен барышкан жок. Ошондуктан
тартып алган олжобуздан аларга үлүш бербейбиз.
Ар бири өз катын, бала-чакасын алсын да, жолуна
түшсүн! – деп айтышты.
23 – Жок, туугандар! – деди Дөөт, – мунун баарын
бизге Жараткан Эгебиз берди, мындай кылбагыла.
Ал бизди сактап, бизге кол салган каракчылар
тобун колубузга салып берди. 24 Силердин бул
сөзүңөргө ким макул болот? Салгылашка баргандар
менен жүктөрдү карап калгандардын үлүшү бирдей
болушу керек. Баарына тең бөлүнүшү керек.
25 Ошол күндөн баштап, Дөөт муну эреже-мыйзам
кылып бекитти. Ал ушул күнгө чейин Ысрайылда
сакталып келе жатат. 26 Дөөт Сыклакка кайтып
келгенден кийин, өзү достошкон жөөт
аксакалдарына: «Жараткан Эгенин
душмандарынан алынган олжолордон сиздерге
тартуу» деп, белектерди жиберди. 27 Ал Бейтел,
Рамоттун Негеби, Жатир, 28 Ароер, Сифмот,
Эштемоа, 29 Рахал, Эрахмеел шаарларына, кейни
элинин шаарларына, 30 Хормага, Бор-Ашанга,
Атахка, 31 Хебронго, ошондой эле Дөөт өз
кишилери менен көчүп-конуп жүргөн жерлердин
баарына тартууларды жиберди.

### Шабул падышанын өлүмү

31 Ушул убакта пелиштилер менен ысрайылдар
согушуп жатышкан. Ысрайылдар
пелиштилерден качып, алардын көбү Гилбоя
тоосунда курман болду. 2 Пелиштилер Шабул
менен анын уулдарынын артынан калбай түшүп,
Шабулдун уулдары Жонатанды, Абинадапты жана
Малкишуаны өлтүрүштү. 3 Шабулдун айланасында
айгышкан салгылаш болуп жатты. Бир убакта
жаачылар аткан жебе Шабулга тийип, ал оор
жарадар болду.
4 Жараланган Шабул өз желдетине:
– Кылычыңды сууру да, мени сайып өлтүр!
Болбосо, мына бул сүннөтсүздөр келип, мени
сойгулап, кордошот, – деди.
Бирок желдети катуу коркуп, Шабулдун айтканын
аткара алган жок. Ошондо Шабул өз кылычын
өзүнө каратып, учуна боюн таштап жиберди.
5 Шабулдун курман болгонун көргөндө, анын
желдети да, өз кылычынын учуна боюн таштап,
аны менен кошо өлдү. 6 Ошентип, Шабул, анын үч
уулу, желдети жана бүт жан-жөөкөрлөрү бир күндө
курман болушту. 7 Өрөөндүн ары жагында жана
Иордандын чыгыш тарабында жашаган
ысрайылдар Ысрайыл аскерлеринин качканын,
Шабул менен анын уулдарынын курман
болушканын билгенде, шаарларын таштап, кача
башташты. Пелиштилер болсо келип, ошол
шаарларды басып калышты. 8 Эртеси күнү
пелиштилер курман болгондорду каракташ үчүн

келишип, Гилбоя тоосунда Шабул менен анын
уулдарынын жасаттарын таап алышты.
[9] Алар Шабулдун башын кесип, курал-жарактарын
чечип алышты. Анан бул кабарды пелиштинин
бардык бутканаларында жана эл арасында жар
салуу үчүн туш-тарапка чабармандарын
жиберишти. [10] Шабулдун курал-жарактарын
Астарта бутканасына коюшуп, жасатын болсо Бейт-
Шан калаасынын дубалына кадап салышты.

[11] Гилаттагы Жабештин эли пелиштилердин
Шабулду эмне кылганын укту. [12] Эл ичиндеги эр
жүрөк жигиттер чогулуп, түнү менен жол жүрүп,
Бейт-Шанга жетип келишти. Шаардын дубалынан
Шабул менен анын уулдарынын жансыз денелерин
түшүрүп, Жабешке алып келишти да, ошол жерде
өрттөштү. [13] Анан ошол жасаттардын калдыгын
чогултуп, Жабештеги жылгындын түбүнө жерге
беришип, жети күн аза орозосун кармашты.

# Эстер

### Кириш сөз

### I. Тарыхый абал

Эстер китеби көп тараптан уникалдуу китеп. Бул китепте белгилүү бир тарыхый учурдагы Персия империясынын жашоосу тууралуу кызыктуу маалыматтык материал жазылган. Китепте жазылган окуялар Ысрайыл элинин көп бөлүгүнүн бөтөн жерде туткундан Палестинага кайтып кеткенден кийинки убак жазылган (Ыйса Машаяк төрөлгөнгө чейин 539–331 жж.). Ошол заманда жашаган Ышаая, Жеремия пайгамбарлар элди мекениңерге кайтып баргыла деп айтканына карабастан (Ыш. 48:20; Жер. 51:6), ысрайылдардын кээ бирлери өз жерине кайтып барууну каалашкан жок. Эстер менен Мордохай да ата журтуна кайтып кетпей, калып калган эврейлерден болгон. Эстер китебинде сөз болгон Персия падышасы байыркы тарыхый булактарда ар түрдүүчө аталат, ошондуктан Библиянын котормолорунда да ар кандайча аталып калган. Орус тилиндеги Библияда ал Ксеркс деп аталган. Адатта ал Ксеркс деген ысым менен белгилүү. Ошондой эле бул адамды Ахашверош, Агасвер деп да атап келишет. Бул падыша Персия империясында Ыйса Машаяк төрөлгөнгө чейин 485–465 жылдары бийлик кылган.

### II. Китептин өзгөчөлүгү

Эстер китеби Библиядагы Кудайдын ысымы аталбаган жападан жалгыз китеп. Инжилден да Эстер китебинен цитаталарды жолуктура албайбыз. Бул китепте Мусанын мыйзамдары тууралуу да, курмандык чалуулар жөнүндө да сөз болбойт. Анткени Персия империясында олтурукташып калган жөөттөр мыйзамды аткарууну унутуп, Кудайдан да алыстап кеткен эле. Алар өз милдетин аткаруудан – убадаланган жерге кайтып барып, ийбадатканада Яхвеге табынуудан баш тартышкан болчу.

### III. Кимге, каерде, качан, кандай максатта жазылган?

Эстер китеби кимге жазылган? Китептин алгачкы окурмандары ким болгондугу белгилүү болсо, аны чечмелөө да оңоюраак болмок. Бул китепте качан жазылгандыгы тууралуу да эч кандай маалымат жок, ошондой эле, биринчи кезекте кимдерге жазылгандыгы жөнүндө да биле албайбыз. Кээ бир диний аалымдар Эстер китеби Персияда жазылып, анан Палестинага алып келинип, Байыркы Келишим китептеринин катарына киргизилген деп божомолдоп айтышат. Бирок, китептин автору Палестинада жашап, убадаланган жерге кайтып келген мекендештерин шыктандыруу үчүн, Персияда болуп өткөн окуяларды жазган деген экинчи пикир чындыкка жакыныраак болуп эсептелет. Кандай максатта жазылган? Албетте, бул чыгарма, өз жерине кайрылып баруудан баш тарткан адамдарды да Кудай Өз ырайымынан айырбайт деген ойду ысрайылдарга айтуу максатында жазылган. Ошондуктан, Эстер китеби улутту кайра түптөө жана туткунга чейин болгон Кудайга ийбадат кылуу системасын кайра калыбына келтирүү үчүн күрөшкөн эврейлердин шыктануусунун абдан зор булагы болуп калды. Анткени, жөөттөр корккон айланасындагы кас элдер Кудай тандаган элди эч ким жок кыла албастыгы тууралуу ой көңүл чордонунда турат. Ысрайылдын бир аз бөлүгү убадаланган жерден алыс жашаса да, бул элди Кудай Өзү колдоп турган. Эстер китебинде Ысрайылдын Кудайы жөнүндө ачык айтылбаса да, адамдар сөзсүз Ага табынуусу керектиги идеясы окурмандарга сиңирилет.

### Ксеркс падышанын улуулугу

1 Бул окуя Ксеркс падышанын тушунда болуп
өттү. Ксеркс Индустандан Кушка † чейин жүз
жыйырма жети дубанды бийлеп турган. 2 Ксеркс
падыша Шушан шаарынын ичиндеги сепилде
падыша тактысында олтурган күндөрү,
3 бийлигинин үчүнчү жылында бардык төрөлөргө,
падышалыктын кызматчыларына, перс жана мадай
аскер башчыларына, аксөөктөргө жана бардык
дубан башчыларына чоң той берди. 4 Ал өзүнүн
падышалыгынын ашып-ташыган байлыгын, даңкы
таш жарган улуулугун көп күндөрү – алты ай
аралыгында көрсөтүп чыкты. 5 Ошол күндөрдөн
кийин, Ксеркс Шушан сепилинде, падыша
сарайынын короосундагы бакчада шаардын
карапайымынан аттуу-баштуусуна чейин, баарын
чакырып, өз эли үчүн да жети күн чоң той өткөрдү.
6 Бактагы ак мармар мамыларга виссондон
өрүлгөн боолор менен күмүш шакектер байланган.
Аларга зыгыр буласынан токулган ак түстөгү жана
жүндөн токулган көгүлтүр түстөгү көшөгөлөр
тартылып, көлөкө түшүрүп турат. Орундуктар
алтындан, күмүштөн жасалган. Жерге болсо
порфир, мармар, седеп, асыл таштар кыналып
жаткырылган. 7 Ичимдиктер ар түркүн алтын
чөйчөктөргө куюлуп, каадасы менен сунулуп
жатты. Падыша байлыгына жараша өзүнүн таза
шарабын да суудай агызды. 8 Шаан-шөкөт өз
тартиби менен өтүп жатты. Падыша эч кимди
шарап ичүүгө мажбурлабагыла деп сарай
кызматчыларына буйрук бергендиктен, аны ар
кимдин көңүлүнө туура келгендей берип жатышты.
9 Бул убакта Баштий ханыша да Ксеркс падышанын
сарайында аялдар үчүн той берип жаткан.

### Башти ханышанын падышанын тилин албай коюшу

10 Тойдун жетинчи күнү шарапка кызып, көңүлү
көтөрүлгөн Ксеркс падыша кол алдында кызмат
кылган жети эбнухту – Мемуханды, Бистаны,
Харбонду, Биктаны, Абахты, Зейтарды, Каркасты
өзүнө чакыртып алды. 11 Элге жана төрөлөргө
аялынын сулуулугун көрсөтүү үчүн, ханыша
Баштини ханышалык таажысын кийгизип өзүнүн
алдына алып келүүнү буйруду. Анткени ал ай
чырайлуу эле. 12 Бирок ханыша Башти эбнухтар
аркылуу берген падышанын буйругу боюнча
келүүдөн баш тартты. Ошондо падышанын ачуусу
келип, каары кайнады.
13 Падыша бир иш кыларда мыйзамды билген,
кара кылды как жарган калыс билермандар менен
кеңешип турчу. Ошондуктан элдин тарыхын
жакшы билген акылмандар менен кеңешүүнү туура
көрдү. 14 Ал убакта Персия менен Мадайдын жети
төрөсү: Каршена, Шейтар, Адмата, Таршыш, Мерес,
Марсена, Мемухан падышанын кеңешчилери эле.
Булар даражасына жараша падышалыкта биринчи
катарда олтургандыктан, алар гана падышанын
жүзүн бетме-бет көрө алышчу.
15 Падыша алардан:
– Ксеркс падышаңардын эбнухтар аркылуу берген
буйругун аткарбай койгону үчүн, мыйзам боюнча
ханыша Баштини эмне кылуу керек? – деп сурады.
16 Ошондо Мемухан төрө падыша менен
төрөлөрдүн алдында мындай деп айтты:
– Башти ханышабыз жеке эле өкүмдарыбыздын
алдында айыптуу болуп отурган жок, ал Ксеркс
падышабыздын бардык дубандарындагы
төрөлөрдүн жана элдердин алдында да айыптуу
болду. 17 Анткени ханышанын бул жоругу бардык
аялдарга жетсе: «Ксеркс падыша Башти ханышаны
өзүнүн алдына алып келүүнү буйруганда, ал келбей
койгон» дешип, алар да өздөрүнүн күйөөлөрүн
тоотпой калышат. 18 Эми, ханышанын бул жоругун
уккан күнү эле Персия менен Мадай төрайымдары
да ажобуздун төрөлөрүнө аңыз кылып айта
баштashат. Ошондо көңүл чөгөргөн тоотпостук,
барк албастык жетишерлик эле болот. 19 Андыктан,
эгерде падышам ылайык тапса, «Мындан ары
Башти ханыша Ксеркс падышабыздын кабыл
алуусуна кирбесин, ал эми ханышанын
ханайымдык даражасын андан артык болгон башка
аялга берилсин» деп өкүмдарыбыз жазуу түрүндө
буйрук чыгарсын, ал эч качан өзгөртүлбөгөн
Персия менен Мадай мыйзамына тиркелсин. 20 Учу-
кыйырсыз падышалыкка тараган өкүмдарыбыздын
бул өкүмүн уккан аялдар күйөөсүн, атактуу болобу,
жөнөкөй болобу урматтай баштайт.
21 Бул сөз падыша менен төрөлөргө жакты.
Падыша Мемухандын айтканындай кылды. 22 Ал
кол астындагы бардык дубандарга кат жөнөттү. Кат
ар бир дубандын өз арибинде, ар элдин тилдинде
жазылып, анда: «Ар бир эркек өз үйүндө кожоюн
болсун. Бул буйрук бардык элдерге жарыялансын»,
деп жазылды.

### Эстердин ханышалыкка тандалышы

2 Ошол окуядан кийин, каары тараган соң,
Ксеркс падыша Баштинин жоругун, ага кандай
өкүм чыгарганын эстеди. 2 Анан падышанын
кызматчылары ага мындай дешти:
– Улуу даражалуу падышабызга чырайлуу жаш
кыздарды таап келишсин. 3 Өкүмдарыбыз өзүнүн
падышалыгынын бардык дубандарына
байкоочуларды дайындасын. Алар жаш, сулуу
кыздарды чогултуп, Шушан шаарынын
сепилиндеги падышабыздын гаремине, анын
башчысы эбнух Эйгенин көзөмөлүнө
тапшырышсын. Ал кыздарды жыпар-жыттуу
майлар менен камсыз кылсын. 4 Анан
өкүмдарыбызга жаккан кыз Баштинин ордуна
ханыша болсун.
Бул сөз падышага жагып, ал так ошондой кылды.

† *Куш – азыркы Эфиопиянын территориясы*

5 Шушандагы сепилде Мордохай деген жөөт бар
эле. Анын атасы Жайыр, Жайырдын атасы Шемей,
Шемейдин атасы Киш бенжамин уруусунан болгон.
6 Ал Бабыл падышасы Навуходоносор туткундап
кеткен жөөт падышасы Жехония менен бирге
Иерусалимден туткундалып келген. 7 Мордохай
абасынын томолой жетим калган кызы Адасаны
тарбиялап өстүргөн. Анын башка ысымы Эстер эле.
Ал мүчөсү келишкен, ай чырайлуу кыз болчу. Ата-
энеси көз жумгандан кийин, аны Мордохай асырап
алган.
8 Падышанын буйругу менен жарлыгы чыккандан
кийин, Шушандагы сепилге көптөгөн кыздар
чогултулуп, Эйгенин көзөмөлүнө өткөрүлдү. Эстер
да падыша сарайына, өкүмдардын гаремин
көзөмөлдөгөн Эйгенин колуна тапшырылды.
9 Эстер Эйгенин көңүлүнө жагып, анын купулуна
толгондуктан, ал ага өзгөчө камкор мамиле кылды.
Эйге кызга жасана турган жыпар-жыттуу майларды,
ага арналган нерселерди, ошондой эле падыша
үйүндөгү кызматчы кыздардан жетөөнү тандап, ага
кошуп берүүгө шашты. Аны жанындагы кыздар
менен гаремдин эң жакшы бөлүгүнө
жайгаштырды.
10 Мордохай айтпагын деп катуу эскерткендиктен,
Эстер өз ата тегин, кайсы элден экендигин айткан
жок.
11 Мордохай Эстердин ал-жайын, ага эмне болуп
жатканын билиш үчүн күн сайын гаремдин
короосунун жанынан нары-бери өтүп турчу.
12 Ксеркс падышага кирүү маалы келгенге чейин,
ар бир кызга он эки ай бою аялдарга милдеттүү
болгон даярдануунун жол-жоболору жасалып,
аларды алты ай мүр менен, алты ай жыпар-жыттуу
заттар жана башка майлар менен майлашты.
13 Даярдалган кыз гаремден өкүмдардын алдына
киреде, падыша сарайына ала кирүү үчүн ал
эмнени кааласа, ошол нерсе берилчү. 14 Ал кечинде
падышанын алдына киргизилип, эртең менен аны
аялдар гаремине – токолдорду кайтарган
Шаашхаздын көзөмөлүнө өткөрүшчү. Ушундан
кийин, падыша өзү каалап, атынан айтып
чакырбаса, ал аял кайра анын алдына кире алчу
эмес.
15 Мордохай асырап алган, өз агасы Абыгайылдын
кызы Эстердин падышанын алдына кирер маалы
келгенде, ал өкүмдардын гаремин көзөмөлдөгөн
Эйгенин айткандарынан башка эч нерсе сураган
жок.
Эстер аны көргөндөрдүн баарына жакты.
16 Ксеркс падышанын бийлигинин жетинчи
жылынын онунчу айында – тебейт айында Эстерди
падыша сарайына алып келишти. 17 Ажо Эстерди
бардык аялдарынан көбүрөөк жактырып калды.
Бардык башка кыздардын ичинен ал гана
падышанын жүрөгүн ээлеп, көңүлүнө толду.
Ошондуктан падыша ханышалык таажыны анын
башына кийгизип, Баштинин ордуна ханыша
кылды.
18 Анан падыша Эстердин урматына бардык
төрөлөрү менен кызматчыларына чоң той берди.
Бардык дубандарга майрам күн жарыялап,
падышалык марттык менен тартууларды таратты.

### Мордохайдын падышанын өмүрүн сактап калышы

19 Кыздарды экинчи жолу чогултушканда,
Мордохай ак сарайда өз милдетин аткарып жаткан.
20 Эстер Мордохай буйругандай ата теги, өз эли
жөнүндө эч нерсе айткан жок. Ал Мордохайдын
айткан сөзүн анын колунда тарбияланып жаткан
убактагыдай эле, азыр да так аткарып жатты.
21 Мордохай падыша сарайында кызмат кылып
жаткан убакта, кире беришти кайтарган эки эбнух:
Биктан менен Тереш өкүмдарга кыянаттык кылууну
ойлоп, Ксеркс падышаны өлтүрүүнү тымызын
макулдашып жатышты. 22 Алардын ниетин
Мордохай билип калып, ханыша Эстерге кабарлап
койду. Эстер болсо аны Мордохайдын атынан
өкүмдарга жеткирди.
23 Бул иш изилденип, чын болуп чыкты. Ошондо
эбнухтардын экөө тең дарга асылды. Бул окуя
падышанын жылнама китебине жазылып коюлду.

### Хамандын кыянаттыгы

3 Ушул окуялардан кийин Ксеркс падыша
агактык Амадаттын уулу Хамандын
мартабасын бийик көтөрүп, аны өзүнүн кол
алдындагы бардык төрөлөрдөн жогорку кызматка
койду. 2 Падышанын буйругуна ылайык, ак сарай
кызматчыларынын баары Хамандын алдында
жерге чейин ийилип, таазим кылышчу. Бирок
Мордохай ага таазим эткен да, ийилген да жок.
3 Падыша сарай кызматчылары Мордохайдан:
– Эмне үчүн сен падышанын амирине моюн
сунбай жатасың? – деп сурап жатышты. 4 Алар күн
сайын эскертип айтышса да, ал кулак салбай койду,
анткени Мордохай аларга «мен жөөтмүн» деп
айткан эле. Мордохай айткан сөзүндө турар бекен
же жокпу деп, бул тууралуу Хаманга айтып
барышты.
5 Хаман Мордохайдын өзүнүн алдында ийилип,
таазим кылбай жаткандыгын көргөндө каары
кайнады. 6 Мордохайдын кайсы элден экендигин
билгенде, анын көзүн тазалап, тындым кылып коюу
ал үчүн жетишсиздей сезилди. Ал Ксеркстин
падышалыгындагы жөөттөрдү – Мордохайдын бүт
элин кырып салууну ойлоду.
7 Муну ишке ашыруу убактысынын айы менен
күнүн белгилеп алуу үчүн, Ксеркс падышанын
бийлигинин он экинчи жылынын биринчи айы –
нисан айында Хамандын алдында өкчөмө таш -
«пур» ташталды. Таш он экинчи айга, башкача
айтканда адар айына түштү.
8 Хаман Ксеркс падышага мындай деди:

– Сиздин падышалыгыңыздын бардык
дубандарында башка элдердин арасына
аралашып, таралып кеткен бир эл бар. Алардын
мыйзамы бардык элдердин мыйзамынан өзгөчө.
Алар падышанын мыйзамын да аткарышпайт,
ошондуктан өкүмдарым аларга чара көрүшү керек.
9 Эгерде сиз макул көрсөңүз, аларды кырып салууга
буйрук чыгарсаңыз экен. Мен болсо ушул ишти
аткарууну каржылоо үчүн он миң талант күмүштү
таразага тартып, казыначынын колуна берип,
сиздин казынаңызга салууну дайындайын.
10 Падыша колундагы мөөр шакегин чечип,
жөөттөрдүн душманы агактык Амадаттын уулу
Хаманга берди.
11 Анан падыша Хаманга:
– Ошол элди да, күмүштү да эмне кылсаң өзүң бил
– деди.
12 Биринчи айдын он үчүнчү күнү падышанын
катчылары чакыртылды. Алар Хамандын буйругун
падышанын төрөлөрүнө, ар бир дубандагы
бийлерге, ар бир элдин журт башчыларына ар бир
дубан өзү колдонгон арибинде, ар бир элдин өз эне
тилине которуп жазып жөнөтүштү. Буйрук Ксеркс
падышанын атынан жазылып, анын мөөр шакеги
менен бекемделди. 13 Ал каттар падышалыктагы
бардык дубандарга чабармандар аркылуу
жиберилди. Катта он экинчи айдын – адар айынын
он үчүнчү күнү, бардык жөөттөр: жашы да, карысы
да, балдары да, аялдары да бир күндө өлтүрүлсүн,
кырылсын, тукум-курут кылынсын, алардын мал-
мүлкү таланып алынсын деген буйрук берилди.
14 Ошол күнү бардык элдер даяр турушу үчүн,
буйруктун көчүрмөсү мыйзам катары ар бир
дубанда жарыяланышы керек эле.
15 Чабармандар падышанын буйругун алып,
дароо жөнөп кетишти. Бул буйрук падыша тактысы
турган Шушан сепилинде да жарыяланды.
Падыша менен Хаман чогуу шарап ичип
олтурушту. Шаар эли болсо дүрбөлөңгө түшүп
жатты.

### Мордохайдын Эстерди өз эли үчүн күрөшүүгө көндүрүшү

4 Мордохай эмне болгондугу жөнүндө кабардар
болгондо, кийимин айрып, зумбал кийип,
башына күл чачып, боздоп ыйлап, шаардын
борборуна чыкты. 2 Ал падыша сарайынын
дарбазасынын алдына чейин келди. Анткени
зумбал кийип, ак сарайга кирүүгө тыюу салынган
эле.
3 Өкүмдардын жарлыгы менен буйругу жеткен
бардык дубандарда жөөттөр катуу аза тартып, уу-
чуу түшүп, боздоп ыйлап, орозо кармап жатышты.
Алардын кийгени зумбал, жаткан жери күл болду.
4 Эстерге кызматчы кыздары менен эбнухтары
келип, Мордохай тууралуу айтып беришкенде,
ханышанын абдан тынчы кетти. Ал зумбалдын
ордуна муну кийип алсын деп, Мордохайга башка
кийим берип жиберди, бирок Мордохай аны албай
койду.
5 Ошондо Эстер эбнух Атахты чакыртты. Аны
Эстерге кызмат кылуу үчүн падыша дайындаган
эле. Эстер аны Мордохайга эмне болгонун, эмне
үчүн ал мындай иш кылып жатканын билиш үчүн
жөнөттү.
6 Атах падыша дарбазасынын маңдайындагы
шаар аянтында турган Мордохайга барды.
7 Мордохай ага эмне болгонунун баарын,
Хамандын жөөт элин кырып салыш үчүн төлөнүүчү
канча күмүштү таразага тартып, падышанын
казынасына беремин деп убада кылганын да айтып
берди. 8 Анан Шушандагы элге жарыяланган
буйруктун көчүрмөсүн Атахтын колуна берип:
– Эстерге муну көрсөткүн, ага баарын айтып бер.
Ал падышага кирип, андан жалынып-жалбарып, өз
эли үчүн өтүнүп ырайым сурасын, – деп катуу
дайындады.
9 Атах кайтып келип, Мордохайдын айткандарын
Эстерге айтып берди.
10 Эстер Атахты Мордохайга кайра жиберип
жатып, мындай деп айттырды:
11 «Эркек болобу, аял болобу, ким чакыртылбай
туруп, ак сарайдын ички короосуна кирсе, ал өлүм
жазасына тартыларын падышанын кызматчылары
да, дубандардагы элдер да билет. Падыша алтын
таягын кирген адамга сунса гана, ал аман калат.
Менин болсо падышанын алдына
чакырылбаганыма отуз күн болду».
12 Эстердин сөздөрүн Мордохай угуп, 13 Эстерге:
«Падыша сарайында жашагандыктан, жөөттөрдүн
арасында жалгыз өзүм эле аман каламын деп
ойлобо. 14 Эгерде бүгүн унчукпай койсоң,
жөөттөргө боштондук башка жактан келип, алар
азаттыкка чыгышат. Ал эми сен да, атаңдын
урпактары да аман калбайсыңар. Ким билсин,
балким сен мына ушул күндөр үчүн ханышалык
даражага жеткендирсиң?- деп жоо жөнөттү.
15 Ошондо Эстер ага мындай деп жооп айттырып
жиберди:
16 «Барып, Шушанда жашаган бардык жөөттөрдү
чогултуп, мен үчүн орозо кармагыла, үч күн, үч түн
ичип-жебегиле. Мен өзүм да кызматчы кыздарым
менен орозо кармайм. Андан соң, мыйзамга
каршы келсе да, падышанын алдына барамын.
Эгерде өлсөм, анда өлөйүн». 17 Ошондо Мордохай
барып, Эстердин айткандарынын баарын аткарды.

### Эстердин падыша менен сүйлөшүүгө батынышы

5 Орозонун үчүнчү күнү Эстер ханышалык
кийимин кийип, падыша сарайынын ички
короосундагы зор бөлмөнүн босогосуна келди.
Төрдө, падыша өз тактысында олтурган. 2 Ал
улагада турган Эстер ханышаны көрүп, ага ырайым
кылып, колундагы алтын таягын Эстерди көздөй
сунду. Эстер жакындап келип, таяктын учуна колун
тийгизди. 3 Ажо ага:

– Эстер ханыша, эмне каалайсың? Кандай
өтүнүчүң бар? Керек болсо падышалыктын
жарымын сурасаң да сага берилет – деп айтты.
4 – Эгерде падышам макул көрсө, – деп жооп
берди Эстер, – бүгүн Хаман мырза менен чогуу сый
тамакка келсе экен. Мен сиз үчүн дасторкон
даярдап койдум. 5 Падыша:
– Хаманды тез алып келгиле, Эстердин өтүнүчүн
аткаралы! – деп буйруду. Ошентип, падыша Эстер
даярдап койгон тойго Хаман менен чогуу келди.
6 Шарап ичип жатышканда, өкүмдар Эстерге:
– Эмне каалайсың? Каалаганың берилет. Кандай
өтүнүчүң бар? Ал тургай падышалыктын жарымын
сурасаң да берилет, – деди.
7 Эстер мындай деп жооп берди:
– Менин каалоом, өтүнүчүм... 8 Эгерде
өкүмдарым, мага ырайым этсеңиз, падышам,
каалаганымды аткарып, өтүнүчүмдү орундатууну
макул көрсөңүз, анда Хаман мырза менен чогуу
эртең да сиздер үчүн даярдай турган зыяпатыма
келсеңиздер экен. Падышамдын сөзүн ошондо
орундатайын.
9 Ошол күнү Хаман коноктон көтөрүңкү маанайда,
көңүлдүү чыкты. Бирок ал падыша дарбазасынын
жанында өз милдетин аткарып жаткан
Мордохайдын ордунан туруп да, сестенип да
койбогонун көргөндө, анын каары кайнап чыкты.
10 Хаман өзүн өзү араң карманды. Үйүнө келгенде,
достору менен аялы Зуурашты чакыртты. 11 Хаман
аларга өзүнүн атак-даңкы жана зор байлыгы,
уулдарынын көптүгү жөнүндө, падыша да аны
канчалык сыйлап, кызматчылары менен
төрөлөрүнүн алдында анын зоболосун жогору
көтөргөндүгү жөнүндө мактанып айтып берди.
12 Анан дагы Хаман мындай деди:
- Ханыша Эстер да өзүнүн зыяпатына падышага
кошуп менден бөлөк эч кимди чакырбаптыр. Эртең
да конокко падыша менен чогуу мени гана
чакырды! 13 Бирок мен жөөт Мордохайдын падыша
дарбазасынын алдында ордунан турбай
олтурганын көрүп турганымда, ушунун баарына
көңүлүм толбойт. 14 Муну укканда аялы Зурааш
менен достору Хаманга:
– Анда сен бийиктигин элүү чыканак кылып
жыгачтан дар орноттур. Таң азанда болсо,
өкүмдарга айтып, Мордохайды ага астырып сал да,
андан соң падыша менен тойго көңүлүң ток бара
бер – деп кеңеш беришти. Бул сөз Хаманга жагып,
жыгачтан бийик дар орноттуруп койду.

### Хамандын аргасыз жасаган жакшылыгы

6 Ошол түнү падышанын уйкусу качты. Ал өткөн
окуялар жазылган жылнаама китебин алып
келүүнү буйруду. Китепти падышага окуп беришти.
2 Ал китепте дарбаза сакчы эбнухтар: Биктан менен
Терештин Ксеркс падышаны тымызын өлтүрүүнү
ниет кылып жатышканын Мордохай билип калып,
кабарлаганы жазылган эле. 3 Муну укканда
падыша:
– Ушул кызматы үчүн Мордохайга кандай урмат-
сый көрсөтүлдү эле? – деп сурады. Падышанын
кызматчылары:
– Ага эч нерсе кылынган эмес, – деп жооп
беришти. 4 Ошондо падыша:
– Короодо ким бар? – деп сурады. Так ошол убакта
Хаман ак сарайдын сырткы короосуна жаңы эле
кирип келген эле. Ал өзү орнотуп койгон дарга
Мордохайды астырып салууну падыша менен
сүйлөшөйүн деген ниетте келген болчу.
5 Кызматчылар өкүмдарга:
– Улуу-урматтуум, кире бериште Хаман турат –
деп айтышты. Падыша:
– Кирсин, – деп буйруду. 6 Хаман кирип келгенде,
ал андан:
– Айтчы Хаман, падыша ыраазы болуп, зоболосун
көтөргүсү келген адамга эмне кылышы керек? – деп
сурады. Хаман ичинен: «Өкүмдар менден башка
кимдин зоболосун көтөрүүнү каалamak эле?» деп
ойлоп, 7 падышага мындай деп жооп берди:
– Падыша кимдир-бирөөнүн зоболосун көтөргүсү
келсе, 8 ал адамга өкүмдар кийчү кийимди, анан
башына падышалык белги тагылган атты алып
келишсин. 9 Ошол кийимди, атты падышанын
кадыр-барктуу төрөлөрүнүн биринин колуна
берсин. Ал төрө ажобуз урмат көрсөткүсү келген
адамга кийимди кийгизип, атка мингизип, анан
атты жетелеп алып: «Падышабыз урмат көрсөткүсү
келген адамга ушундай сый көрсөтүлөт!» – деп
шаар аянтында жар салсын. 10 Ошондо падыша
Хаманга:
– Жакшы айттың. Өзүң айткандай, кийим менен
атты тезинен алып, ак сарайда кызмат кылып
жаткан жөөт Мордохайга сый көрсөт. Өзүң
айткандардын бирин калтырбай жаса, – деп
буйруду.
11 Хаман кийим менен атты алдырып, кийимди
Мордохайга кийгизди да, атка миндирип, шаардын
аянтында жетелеп алып: «Падыша урмат
көрсөткүсү келген адамга ушундай сый көрсөтөт!» –
деп жар салып жүрдү.
12 Анан Мордохай падыша дарбазасына кайтып
келди. Хаман болсо шерменде болгондуктан
башын чүмкөгөн бойдон үйүнө шашып жөнөдү.
13 Хаман болгон иштин баарын аялы Зуурашка
жана досторуна айтып берди. Ошондо досторунун
акылдуулары жана аялы Зурааш ага:
– Мордохайдын алдында абийириң айрандай
төгүлгөн экен. Эгерде анын жөөт экени чын болсо,
анда аны жеңүү кыйын го! Анын алдында сөзсүз
мартабаң түшөт! – деп айтышты.
14 Алар айтып оозун жыйгыча падышанын
эбнухтары келип калып, Хаманды Эстер даярдаган
сый-тамакка шаштырып алып кетишти.

### Эстердин ажал чакырган зыяпаты

7 Ошентип, падыша менен Хаман кайрадан
ханыша Эстердин сый тамагына келишти.
2 Зыяпаттын экинчи күнү, алар шарап ичип
олтурган кезде, падыша кайрадан Эстерден:
– Эмне каалайсың, Эстер ханыша? Каалаганың
сага берилет. Эмне өтүнүчүң бар? Падышалыктын
жарымы болсо да берилет – деп сурады. 3 Эстер
мындай деп жооп берди:
– Оо, падышам, эгерде сиз мага ырайым этсеңиз,
өкүмдарым, сиз туура көрсөңүз, анда менин
каалоом – жанымды аман калтырсаңыз экен.
Менин өтүнүчүм – элим да аман калса экен!
4 Элимди, анын арасында өзүмдү да, өлүмгө –
кырылып-жоюлуп, жок кылууга сатып жиберишти.
Эгерде душманга кул-күң катары эле сатылып
кетсек, мен ошол арзыбаган нерсе үчүн
тынчыңызды алып, унчукпас элем.
5 Ошондо Ксеркс падыша Эстер ханышага:
– Аны кылган ким? Мындай иш кылууга батынган
ошол адам кайда?! – деп сурады. 6 Эстер:
– Ошол кас душманыбыз мына ушул зулум Хаман!
– деп жооп берди. Ошондо Хаман падыша менен
ханышанын алдында коркконунан дене боюн
калтырак басты.
7 Падыша каарданып ордунан турду да,
дасторконду калтырып, ак сарайдын багына чыгып
кетти. Хаман болсо өзүнө катуу өкүм чыгарыларын
билип, өмүрүн сактап калууну ханыша Эстерден
суранып, ошол жерден жалбара баштады.
8 Ак сарайдын багынан зыяпат өтүп жаткан жерге
падыша кайтып келгенде, секичеде жамбаштап
жаткан Эстердин алдында чөгөлөй жыгылган
Хаманды көрүп калып:
– Бул эмнең, эми сен өз үйүмдө ханышамды
зордуктаганы жатасыңбы?! – деп кыйкырып
жиберди. Падыша ушинтип айтары менен,
кызматчылар Хамандын жүзүн чүмкөй салышты.
9 Ошол убакта падышанын эбнухтарынын бири
Харбон:
– Улуу урматтуу падышам, сизге жакшылык
кылган Мордохайды асуу үчүн Хаман даярдап
койгон бийиктиги элүү чыканак болгон жыгач дар
Хамандын үйүндө орнотулуп турат, – деп айтты.
Падыша:
– Ошол дарга өзүн асып салгыла! – деп буйруду.
10 Ошентип, Мордохай үчүн Хаман даярдап койгон
ошол дарга анын өзүн асып салышты. Ошондон
кийин гана падышанын каары басылды.

### Жөөттөр жөнүндөгү расмий жарлык

8 Ошол күнү Ксеркс падыша жөөттөрдүн
душманы Хамандын мүлкүн Эстер ханышага
тартуу кылып берди. Мордохай болсо падышанын
алдына чакыртылды, анткени падышага Эстер
Мордохайдын өзүнө ким болорун айтып берген
болчу. 2 Падыша Хамандан кайтарып алган мөөр
шакегин колунан чыгарып, Мордохайдын колуна
салды. Эстер болсо Мордохайды Хамандын
мүлкүнө башчы кылып дайындады.
3 Эстер кайрадан падышанын алдына барып,
анын бут алдына ыйлап жыгылып, агактык
Хамандын кыянат ишин, жөөттөргө каршы арам
ниетин болтурбай коюуну жалынып-жалбарып
суранды. 4 Падыша алтын таягын Эстерге сунду.
Ошондо Эстер ордунан өйдө турду. 5 Анан мындай
деп айтты:
– Эгерде өкүмдарым макул көрүп, ырайым кылса,
бул ишти туура деп эсептесе, өзүм да падышамдын
көңүлүнө толгон болсом, анда агактык Амадаттын
уулу Хаман кара ниеттик кылып, падышамдын
бардык дубандарындагы жөөттөрдү кырып салуу
жөнүндө жазган каттардын күчүн жоё турган
буйрук жазса экен. 6 Анткени элим апаатка учурап
жатканда кантип карап тура аламын,
боордошторум кырылып жатса, кантип чыдай
аламын? 7 Ошондо Ксеркс падыша Эстер ханыша
менен жөөт Мордохайга мындай деди:
– Мына, Хамандын мүлкүн Эстерге бердим, өзүн
болсо жөөттөргө каршы кол көтөргөндүгү үчүн
дарга астырып салдым го. 8 Эми силер жөөттөрдү
коргоо үчүн падышанын атынан буйрук жазып,
өкүмдардын мөөрүн басып, өзүңөр туура
көргөндөй кыла бергиле. Анын атынан жазылып,
анын мөөрү менен бекитилген катты эч ким жокко
чыгара албайт.
9 Үчүнчү ай – сибан айынын жыйырма үчүнчү
күнү падышанын катчылары чакыртылды. Алар
Мордохай кандай буйруса, ошондой кылып,
жөөттөргө, хандарга, төрөлөргө, ар бир дубандагы
төбөлдөргө, Индустандан Эфиопияга чейинки жүз
жыйырма жети дубандагы ар бир элдин өз
арибинде, өз тилинде, жөөттөргө да өз ариби жана
өз тилинде каттарды жазышты. 10 Мордохай
каттарды Ксеркс падышанын атынан жаздырып,
падышанын мөөрүн басып, өкүмдардын асыл
тукум күлүк аттарына минген чабармандардан
жөнөттү. 11 Ал катта бардык шаарларда жашаган
жөөттөр биригип, өз өмүрүн коргоого уруксат
берилгени жазылган эле. Өздөрүнө кол салган ар
бир элдин же дубандын аскерлерин, алардын
балдарын, аялдарын өлтүрүүгө, кырып салууга,
мал-мүлкүн олжолоп алууга укук берилди. 12 Муну
ишке ашырыш үчүн Ксеркс падышанын бардык
дубандарында бир күн: он экинчи айдын – адар
айынын он үчүнчү күнү белгиленди. 13 Буйрук
жазылган ушул каттын көчүрмөлөрү бардык
дубандарда мыйзам катары жарыяланып, бардык
элдерге жар салынсын деп айтылды. Жөөттөр
болсо ошол күнү душмандарынан өч алууга даяр
турушу керек эле. 14 Чабармандар падышанын
буудандарына минип, падышанын буйругун
шашылыш алып жөнөштү. Буйрук Шушан
шаарында да жарыяланды.

[15] Мордохай үстүнө көгүлтүр жана ак түстөгү
падышаныкындай кийим, башына чоң алтын
таажы кийип, баалуу зыгыр чапан жамынып,
падыша сарайынан чыкканда, Шушан шаары
кубанычка жана шаттыкка бөлөндү. [16] Кубаныч-
шаттыкка, салтанатка толгон ушул күндөрү жөөттөр
айга колу жеткендей эле болушту. [17] Падышанын
буйругу менен токтому жеткен бардык дубан,
калаа, чөлкөмдөрдө жөөттөр абдан кубанышып,
той өткөрүп, майрамдап жатышты. Өлкөдөгү башка
элдердин арасынан көп адамдар корккондуктан,
биз да жөөт болобуз деп, аларга кошулуп кетишти.

### Жөөттөрдүн душмандарын жеңиши

9 Он экинчи ай – адар айынын он үчүнчү күнү
өкүмдардын буйругу жазылган мыйзам
аткарылып, жөөттөргө душмандары үстөмдүк
кылабыз деп үмүттөнүп күткөн күнү, бардыгы
тескерисинче болуп, жөөттөр өздөрүн жек
көргөндөргө үстөмдүк кылышты. [2] Ошол күнү
Ксеркс падышанын бардык дубандарындагы
жөөттөр өздөрүнө кара ниеттик кылууну каалаган
душмандарына кол салыш үчүн, өздөрү жашаган
шаарларда чогулушту. Бардык элдер жөөттөрдөн
коркуп калгандыктан, эч ким аларга каршы чыга
алган жок.
[3] Дубандагы бардык төбөлдөр, хандар, төрөлөр,
падышанын иштерин жүргүзгөн кызматчылар
Мордохайдан корккондуктан жөөттөрдү колдошту.
[4] Анткени ак сарайда Мордохайдын даражасы
жогору болуп кетти. Анын ыргыткан ташы улам
өйдөлөп бара жаткандыктан, атагы бүт дубандарга
тарады.
[5] Жөөттөр душмандарынын баарын кылычтап
өлтүрүп, кырып, алардан өздөрү каалагандай өч
алышты. [6] Шушан сепилинде жөөттөр беш жүз
кишини өлтүрүштү. [7] Алар Паршандатты, Далпону,
Аспатты, [8] Поратты, Адалияны, Аридатты,
[9] Пармашты, Арисайды, Аридайды, Байзатты [10] –
жөөттөрдүн душманы Амадат уулу Хамандын он
уулун өлтүрүп салышты, бирок алардын мал-
мүлкүнө кол тийгизген жок.
[11] Ошол күнү Шушан чебинде канча адам
өлтүрүлгөндүгү жөнүндөгү маалымат падышага
жеткирилди. [12] Ошондо падыша Эстер ханышага
мындай деди:
– Жөөттөр Шушан чебинде беш жүз кишини,
аларга кошуп Хамандын он уулун да өлтүрүштү.
Падышалыктын калган дубандарында эмне
кылышты экен? Дагы кандай каалооң бар?
Каалаганың аткарылат. Дагы кандай өтүнүчүң бар?
Баары орундалат.
[13] Эстер падышага:
– Эгерде өкүмдарым туура көрсө, буйрук боюнча
жасаган бүгүнкү иштерин Шушанда эртең да
улантууга, Хамандын өлтүрүлгөн он уулунун
сөөктөрүн болсо дарга асып салууга уруксат берсе
экен – деп сурады.
[14] Падыша ошондой кылууга буйрук берди, ал
буйрук Шушанда жарыяланып, Хамандын
өлтүрүлгөн он уулунун сөөктөрүн дарга асып
салышты.
[15] Шушандагы жөөттөр адар айынын он төртүнчү
күнү да чогулуп, Шушанда үч жүз кишини
өлтүрүштү, бирок алардын мал-мүлкүнө кол салып,
талап-тоноого барышкан жок.
[16] Ошол эле убакта падышанын башка
дубандарында жашаган жөөттөр да өздөрүн
коргоп, душмандарынан коопсуз болуш үчүн
чогулушуп, душмандарынан жетимиш беш миң
адамды кырып салышты, бирок алардын мал-
мүлкүн талап-тоношкон жок.
[17] Бул окуялар адар айынын он үчүнчү күнү болду,
он төртүнчү күнү болсо эс алып, ошол күнү алар
тойлоп, майрамдашты.
[18] Шушандагы жөөттөр болсо он үчүнчү жана он
төртүнчү күнү чогулуп, душмандарын кырып, он
бешинчи күнү гана эс алышты, ошол күнү алар
тойлоп, майрамдашты.

### Пурим майрамынын негизделиши

[19] Мына ошондуктан чеп менен курчалбаган
айыл-кыштактарда жашаган жөөттөр жыл сайын
адар айынын он төртүнчү күнү салтанат менен той
өткөрүп, бири-бирине даам белек кылышат.
[20] Мордохай бул окуяларды жазып алып, Ксеркс
падышанын алыскы жана жакынкы дубандарында
жашаган бардык жөөттөргө кат жөнөттү. [21] Ал катта
мындай деди: «Жыл сайын адар айынын он
төртүнчү жана он бешинчи күндөрү майрам
күндөрү болсун. [22] Анткени ушул күндөрү жөөттөр
душмандарынан кутулушту. Ушул айда алардын
зар-муңу тойго, кайгысы кубанычка айланды. Ушул
күндөрү салтанат менен той өткөрүп, бири-
бириңерге даам тартуу кылып, жардыларга кайыр
бергиле». [23] Жөөттөр Мордохайдын жазгандарына
макул болушту. Өздөрү эле баштап ийген, катта да
жазылган майрамды андан ары улантышты. [24] Ал
катта жөөттөрдүн душманы агактык Амадаттын
уулу Хаман жөөттөрдүн башына кара түн салууну
ниет кылып, аларга кызыл кыргын салып, тукум
курут кылуу үчүн өкчөмө таш, башкача айтканда,
пур таштаганы айтылган. [25] Ошондо падышанын
алдына Эстер киргенде, өкүмдар буйрук жазып,
Хамандын жөөттөргө каршы түзгөн жаман ниети
анын өз башына түшүп, анын өзү да, уулдары да
дарга асып салынганы баян этилген болчу.
[26] Катта жазылган жана өздөрү көрүп,
баштарынан өткөргөн боюнча, бул күндөрдү пур
деген сөздөн Пурим деп аташты. [27] Жөөттөр ушул
эки күндү жыл сайын, белгиленген убакта, катта
жазылгандай майрамдоону, аны кийинки
урпактары жана жөөт элине кошулгандар менен
чогуу дайыма белгилөөнү макулдашты. [28] Бардык
муундар, ар бир уруу, бардык дубандарда жана
шаарларда бул күндөрдү эске салып

майрамдашсын! Пурим күндөрүн жөөттөр унутуп
калышпасын, бул күндөр алардын урпактарынын
да эсинен чыкпасын!
29 Абыгайыл кызы Эстер ханыша менен жөөт
Мордохай Пурим тууралуу экинчи катты жазып, бүт
бийлиги менен бекемдеп, мунун аткарылышын
катуу талап кылышты. 30 Жөөттөргө тынчтык жана
амандык каалап, Ксеркс падышанын жүз жыйырма
жети дубанына ошол каттар жөнөтүлдү. 31 Ал
каттарда Пурим майрамын белгиленген убакта
өткөрүү керектиги жөөт Мордохай менен Эстер
ханышанын буйругу менен бекитилди. Ушул
майрамдын алдында өздөрү да, урпактары да
орозо кармап, кайгырууну чечим кылышты.
32 Ошентип, Эстердин буйругу менен Пурим
майрамы бекитилди. Булардын баары жылнама
китебине да жазылды.

### Мордохайдын зоболосунун көтөрүлүшү

10 Ксеркс падыша өз падышалыгындагы
кургактыктан баштап деңиз аралдарына
чейин салык салды. 2 Дегиңкиси, Ксеркстин күч-
кубаты, кудурети жана бардык иштери, ошондой
эле Мордохайга урмат көрсөтүп, анын даражасын
жогорулаткандыгы жөнүндө Мадай жана Персия
падышаларынын жылнама китебине жазылды.
3 Жөөт Мордохай даражасы боюнча Ксеркс
падышадан кийинки экинчи адам болду. Ал өз
элинин камын ойлоп, анын жыргалчылыгы
жөнүндө гана сөз кылгандыктан, Мордохай
жөөттөрдүн арасында кадыр-барктуу болуп, эли
аны терең урматтаган.

# Жунус

### Сөз башы

Жунус пайгамбар Ысрайыл падышасы Жорабам IIчи бийликке келгенге чейин, мүмкүн анын бийлиги убагында пайгамбардык кылган (б.з.ч. 793–753 жж.). Ал убакта Ысрайыл өзүнүн мурдагы чек араларын калыбына келтирип жаткан (). Ассирия империясы болсо мурдагыдай кубаттуу болбой калган. Ошондуктан Кудай Жунус пайгамбарды Ассириянын борбор шаары Нинебиге Эң Жогоркунун жазасы жөнүндө эскертип айтуу үчүн жөнөткөндө, ал баргысы келген жок, анткени нинебиликтер күнөөлөрү үчүн тобо кылып, кайрадан кубаттуу болуп кетишин каалаган эмес.

Бул окуя эки бөлүктөн турат (1–2 жана 3–4 бөлүмдөр). Биринчи бөлүк да, экинчи бөлүк да Кудайдын Жунус пайгамбарга тапшырма берүүсүнөн башталат. Биринчи бөлүктө Жунус пайгамбар Кудайга тил албай Андан качып кетет (1:3). Ошондуктан Теңир аны кыйынчылыктарга салып эскертет (2:1). Экинчи бөлүктө Жунус пайгамбар Кудайдын тапшырмасын аткарганы менен (3:3), нинебиликтер күнөөлөрү үчүн тобо кылып, жазаланбай калганы үчүн өкүнөт (3:6-10).

Бул китептин темасы – Кудайдын ырайымы. Кудай Ысрайыл элине гана ырайым кылбастан, эгерде күнөөлөрү үчүн тобо кылса, бутпарас элдерге да ырайым кылат. Жунус пайгамбардын китеби Ыйса Машаяк аркылуу бардык элдерге берилүүчү куткарылуу жөнүндө алдын ала айтат (1 Тим. 2:4-6 аяттарды караңыз).

### Кудайдан качкан адам

1 Бир күнү Амитай уулу Жунуска Жараткан Эге
мындай деди: 2 «Камдангын да, улуу Нинеби
шаарына барып, анын тургундарына Мен аларды
жазаларымды жарыяла, анткени алардын бузуктук
иштерин көрүп турам». 3 Бирок Жунус Жараткан
Эгеден башка жакка качып кетмекчи болуп,
камданды да, Таршыш шаарына карай жөнөдү. Ал
Жапа шаарына түшүп келип, Таршышка жөнөп
жаткан кемени тапты. Анан жол акысын төлөп,
кемеге олтурду да, Жараткан Эгеден качып кутулуш
үчүн Таршышка сүзүп кетти.

### Баш ийбес Жунуска Кудайдын каарданусу

4 Ошондо Жараткан Эге катуу шамалды козгоду,
деңизде алай-дүлөй бороон башталып, кеме
бырын-чырын талкаланып кете тургандай болду.
5 Кемечилер абдан коркуп кеткендиктен, ар ким өз
кудайына катуу жалынып киришти. Анан алар
кемени жеңилдетиш үчүн андагы жүктөрдү деңизге
ыргыта башташты. Жунус болсо кеменин ылдый
жагына түшүп, катуу уктап калган эле. 6 Кеме
башчысы ага келип:
– Эй! Сен эмнеге уктап жатасың? Тур, сен да өз
кудайыңа жалын, балким сенин кудайың бизди
аяп, тирүү каларбыз, – деди. 7 Кемедегилер болсо
өз ара: «келгиле, чүчү кулак кармайлы, кимдин
айынан ушул кырсыкка кабылып
жаткандыгыбызды билели» дешти. Чүчү кулак
кармаганда, ал Жунуска чыкты. 8 Ошондо андан:
– Бизге айтчы, бул кырсыкка сенин айыңдан
кабылып жаткан жокпузбу? Деги сен эмне жумуш
кыласың? Кайдан келе жатасың? Кай жерден, кайсы
элденсиң? – деп сурашты. 9 Жунус аларга:
– Мен эврейчмин. Көктөгү Кудайга – Жараткан
Эгеге ийбадат кыламын. Ал – жер-сууну жараткан
Кудай, – деп жооп берди.
10 Жунус Жараткан Эгеден качып бара жатканын
айтып бергенде, алар абдан коркуп кетишип:
– Эмне үчүн мындай кылдың? – деп сурашты.
11 Бул арада деңиздеги толкун улам күчөп жатты.
Ошондо алар андан:
– Деңиздеги толкун токтошу үчүн сени эмне
кылышыбыз керек? – деп сурашты. 12 Жунус аларга
мындай деди:
– Мени деңизге ыргыткыла. Ошондо деңиз
тынчыйт, анткени бул катуу толкун менин айымдан
болуп жатканын билемин.
13 Алар болсо жээкке жетиш үчүн калактарын
мурдагыдан да катуураак шилтей башташты, бирок
деңиздеги толкун андан бетер күчөп туруп
алгандыктан, жээкке жете алышкан жок. 14 Ошондо
алар Жараткан Эгеге катуу жалбарып:
– О Жараткан Эге, бул адамдын жаны үчүн биз
курман болбосок экен, эгерде ал күнөөсүз болсо,
мойнубузга айып салба, анткени Сен Өзүңө эмне

жакса, ошону кылып жатасың! – деп боздошту.
15 Анан алар Жунусту деңизге ыргытып жиберишти.
Ошондо долуланган толкун тынчтанып калды.
16 Муну көргөндө кемедегилер Жараткан Эгеден
абдан коркуп калышты, алар Ага курмандык
чалууга убадаларын беришти.

## Ыраазычылык ыры

2 Ошол убакта Жараткан Эге зор балыкка
Жунусту жутуп алууну буйрук кылды. Жунус
ошол балыктын курсагында үч күн, үч түн болду.
2 Ал зор балыктын курсагында өз Кудай Эгесине
сыйынып, 3 мындай деди:
– Жатканда азап тартып,
Жалындым бир Эгеме
Кудайга үнүм жетип,
Алындым көңүлүнө.
Маркумдар мекенинен –
Түпкүрдүн тереңинен
Жалбарсам жардам сурап,
Кулак салдың мага Эгем.
4 Чөктүрдүң терең жерге
Деңиздин эң түбүнө.
Ойт бербей басып калды,
Оолуккан толкундарың,
5 Ошондо мындай дедим:
Куулсам да көз алдыңдан,
Көрөмүн ыйык жайды –
Ийбадатканаңды кайрадан.
6 Суулардан башым чыгып,
Камгактай каалгып калдым.
Көзүмө көрүндү го
Арбактай өз ажалым.
Башыма бүт оролду,
Балыры зор деңиздин.
7 Суу асты тоолордун
Түбүнө чөгүп калдым.
Түбөлүк ошол жерден
Чыкпастай болуп калдым.
Бирок Сен, Эгем, Кудайым
Туңгуюктан сууруп алдың.
8 Чырагым өчөрүндө,
Кайран жан үзүлөрдө,
Эгемди эстегенде,
Сыйынуум жетти Сага –
Ыйык ийбадатканаңа.
9 Эч нерсеге арзыбаган
Буркандарга табынгандар.
Өзүңдөн баш тартышты –
Ишеничтүү Кудайынан.
10 Мен болсо ырым менен,
Өзүңдү алкай берем
Убадамды аткарып,
Курмандыгым алып келем.
11 Ошондо Жараткан Эге зор балыкка буйрук
кылып, балык Жунусту жээкке кусуп таштады.

## Кудайдын айтканын аткаруу

3 Анан Жараткан Эге Жунуска экинчи жолу
кайрылып, мындай деди:
2 – Эми камданып, улуу шаар Ниневиге баргын да,
сага айтканымды калаа тургундарына жарыяла.
3 Бул жолкусунда Жунус Жараткан Эгенин амирине
моюн сунуп, камданып алып, Ниневи шаарына
жөнөдү. Ниневи абдан чоң болчу, аны жөө аралап
басканда үч күндүк жол эле. 4 Жунус шаарга кирип,
бир күн кечке аны аралап: «Кырк күндөн кийин
ушул шаар талкаланат» деп жар салды.

## Бутпарастардын терс жолдон кайтышы

5 Муну уккан ниневиликтер Кудайдын айтканына
ишенип, орозо кармашты. Чоңунан кичинесине
чейин кайгырып зумбал кийишти. 6 Бул кабар
Ниневи падышасына жеткенде, ал тагынан түшүп,
падыша кийимин чечип салып, зумбал кийип,
күлгө олтурду. 7 Анан ал өзүнүн жана төрөлөрүнүн
атынан шаар тургундарына «Адамдар да, мал да эч
нерсе жебесин да, ичпесин. Бодо мал да, майда
мал да жайытка чыгарылбасын!» деп жарыялоону
буйрук кылды. 8 «Адамдар да, мал да зумбал
жамынсын. Баарыңар Кудайга катуу боздоп
жалбаргыла. Ар бир адам өзүнүн зордук-
зомбулугун токтотуп, ыпылас иштеринен баш
тартсын. 9 Ким билет, балким, Кудай бизди аяп,
жалындаган каары басылып, өлбөй каларбыз».
10 Ошондо Кудай алардын изги иштерин, жаман
жолунан кайтканын көрүп, боору ооруп, алардын
башына түшүрөм деп айткан алааматты салган
жок.

## Жунустун капа болушу

4 Жунус болсо буга абдан капа болуп,
туталанды. 2 Ал Жараткан Эгеге кайрылып,
мындай деди:
– О Эгем! Мен өз өлкөмдө экенимде эле ушундай
болот деп айтпадым беле? Ошон үчүн мен
Таршышка качып кеткем, анткени Сенин
ырайымдуу, кайрымдуу, абдан сабырдуу, сүйүүсү
мол Кудай экениңди, алаамат жиберемин деген
ниетиңден да кайтууга даяр экениңди билгенмин.
3 Эгем, эми жанымды ала көр, тирүү жүргөндөн
көрө өлгөнүм артык. 4 Ошондо Жараткан Эге:
– Сен ушул нерсеге ачууланып жатасыңбы? – деп
сурады.
5 Жунус калаадан чыгып, анын күн чыгыш
тарабындагы бир жерге өзүнө алачык жасады да,
ичине кирип, шаарга эмне болор экен деп
көлөкөдө шаарды карап олтуруп алды. 6 Бир
маалда эле Кудай Эге Жунустун башына көлөкө
болуп, анын кыйынчылыгы жеңилдесин деп бир
өсүмдүктү өстүрүп койду. Жунус ал өсүмдүктүн өсүп
чыкканына абдан кубанды. 7 Бирок эртеси таң

атканда, Кудай бир куртту жиберди. Ал курт өсүмдүктү кемирип, кууратып салды.

### Кудайдын таалими

[8] Күн тик көтөрүлгөндө, Кудай аптаптуу чыгыш шамалын жиберди. Күн Жунустун башын куйкалай баштады, ошондо анын алы кетип, өзүнө өлүм тилеп:
– Минтип жашагандан көрө, өлүп калганым артык, – деп наалыды. [9] Кудай Жунуска:
– Ушул өсүмдүк үчүн эле ачууланып жатасыңбы? – деп сурады. Жунус болсо:
– Ооба, ачууланып жатам – деди ал, – мындан
көрө өлгөнүм жакшы болмок! [10] Ошондо Жараткан
Эге мындай деди:
– Сен өзүң мээнет кылып өстүрбөгөн, бир түндүн ичинде өсүп, кийинки түндө соолуп калган өсүмдүк
үчүн кейип жатасың. [11] Анан Мен ак менен караны
ажырата албаган жүз жыйырма миңден ашык адамы, көп сандаган малы бар улуу Ниневи шаарын кантип аябайын?

# Матай

### Ыйса Машаяктын санжырасы

1 Ыбрайымдын тукумунан чыккан Дөөт
падышанын тукуму Ыйса Машаяктын
санжырасы: 2 Ыбрайымдан Ыскак, Ыскактан Жакып,
Жакыптан Жүйүт жана анын ага-инилери,
3 Жүйүттүн Тамар аттуу аялынан Перес менен
Зерак, Перестен Эсрон, Эсрондон Рам, 4 Рамдан
Аминадап, Аминадаптан Наасон, Наасондон
Салмон, 5 Салмондун Рахап аттуу аялынан Обоз,
Обоздун Рут аттуу аялынан Абыт, Абыттан Жесей,
6 Жесейден Дөөт падыша туулган. Дөөт падыша
Урийдин жесирине үйлөнүп, андан Сулайман
туулган. 7 Сулаймандан Рехабам, Рехабамдан Абыя,
Абыядан Аса, 8 Асадан Жашапат, Жашапаттан
Жорам, Жорамдан Узия, 9 Узиядан Жотам,
Жотамдан Ахаз, Ахаздан Эзекия, 10 Эзекиядан
Манаш, Манаштан болсо Амос, Амостон Жошия,
11 Жошиядан Экония жана анын бир туугандары
туулган. Ушундан соң, Жүйүттүн эли Бабылга
зордук менен көчүрүлгөн. 12 Бабылга
көчүрүлгөндөн кийин Экониядан Шелтиел,
Шелтиелден Зоробабыл, 13 Зоробабылдан Абыют,
Абыюттан Элияким, Элиякимден Азор, 14 Азордон
Садок, Садоктон Аким, Акимден Элиют, 15 Элиюттан
Элазар, Элазардан Матан, Матандан Жакып,
16 Жакыптан Жусуп туулган. Жусуп Машаяк аталган
Ыйсаны төрөгөн Мариямдын күйөөсү болот.
17 Ошентип, Ыбрайымдан Дөөткө чейинки
мезгилдин аралыгында он төрт муун, Дөөттөн
Бабылга көчүрүлгөн мезгилге чейин он төрт муун,
Бабылга көчүрүлгөндөн Машаяк төрөлгөнгө
чейинки аралыкта он төрт муун өткөн.

### Ыйса Машаяктын төрөлүшү

18 Ал эми Ыйса Машаяк мындайча төрөлгөн:
сөйкө салынып, Жусупка башы байланган,
келечекте төрөлө турган Ыйсанын энеси Мариям
күйөөгө чыга электе эле Ыйык Рухтан кош бойлуу
экендиги маалым болот. 19 Болочок күйөөсү Жусуп
адил адам болгондуктан Мариямды эл алдында
шерменде кылгысы келбей, жашыруун башын
ачып коюуну чечет.
20 Ушундай ойлоп жүргөндө, Жараткан Эгенин
периштеси түшүнө кирип, мындай дейт: «Жусуп!
Дөөттүн тукуму, колуктуң Мариямды алгандан
коркпо! Анткени боюндагы Бала Ыйык Рухтан
бүткөн. 21 Төрөгөндө Балага Ыйса † деген ат коёсуң,
анткени Ал Өз элин алардын күнөөлөрүнөн
куткарат».
22 Мунун баары Жараткан Эгенин Өз пайгамбары
аркылуу айттырган сөзүнүн аткарылышы үчүн
болду. 23 Ал мындай дебеди беле: «Бир кыз кош
бойлуу болуп, Уул төрөйт, атын Иманyэл коюшат».
†† (Мунун мааниси: Кудай биз менен.)
24 Жусуп ушул түштөн кийин Жараткан Эгенин
периштесинин буйругу боюнча колуктусу
Мариямга үйлөнөт. 25 Бирок ал төрөгөнгө чейин
аны менен төшөктө чогуу жатпайт. Аялы Уул
төрөгөндө, Балага Ыйса деген ат коёт.

### Акылмандардын Ыйсага таазим кылышы

2 Ыйса Ирод падышанын тушунда Иудея
аймагынын Бейтлехем деген шаарында
төрөлдү. Чыгыштан Иерусалимге келишкен
акылмандар: 2 «Иудейлердин жаңы төрөлгөн
падышасы кайда болду экен? – деп адамдардан
сурамжылашты. – Биз күн чыгыштан анын
жылдызын көрүп, ага таазим кылганы келдик».
3 Муну укканда, Ирод падышанын тынчы кетти.
Аны менен бирге бүткүл Иерусалим калкы да
дүрбөлөңгө түштү. 4 Ирод жогорку динкызматчылар
менен дин мугалимдеринин баарын чакырып
алып:
– Машаяк кай жерде төрөлүшү керек эле? – деп
алардан сурады.
– 5 Иудеянын Бейтлехем шаарында, – деп жооп
беришти алар, – анткени бир пайгамбарга Кудай
мындай деп жаздырып кеткен:
6 «Жүйүттүн Бейтлехеми, сен Жүйүттүн
Бир дагы чоң шаарынан кем эмессиң,
Анткени Менин элим Ысрайылдын
Койчусу – Башкаруучу сенден чыгат». ‡
7 Муну укканда, Ирод акылмандарды жашыруун
өзүнө чакырып алып, жылдыздын чыга турган
мезгилин тактады.
– 8 Барып, баланын кайда экенин так билиңиздер!
– деди ал жылдыз саноочуларды Бейтлехемге
жөнөтүп жатып, – мен да барып, таазим кылып
келишим үчүн, тапканыңыздарда мага кабарлап
коюңуздар.
9 Жылдыз саноочулар падышанын айтканын
угушуп, жолго чыгышты. Аңгыча алар чыгыштан
чыккан жылдызды көрүштү. Жылдыз Бала жаткан
жайдын үстүнө келип токтогонго чейин анын

† †† ‡

жетегинде жүрүп отурушту. [10] Жылдызды көргөн алар ушунча катуу сүйүнүшүп, кубанычтары койнуна батпады. [11] Үйгө киришкенде, Баланы жана Анын энеси Мариямды көрүштү. Чөк түшүп, Балага таазим кылышты да, баштыктарын ачып, белектерди: алтынды, ладан жана мүр деген жыпар жыттуу заттарды тартуу кылышты. [12] Андан соң келген жолунан башка жолго салып, өз өлкөлөрүнө кайтышты. Башка жолго салышканынын себеби, түш көрүп, «Иродко барбагыла» деген аян алышкан эле.

### Мисирге качуу

[13] Алар кетишкенден кийин, Жусуптун түшүнө Жараткан Эгенин периштеси кирип:

– Тур да, Баланы жана Анын энесин алып, Мисирге кач. Ирод Баланы өлтүртмөкчү болуп, адамдарына издеткени жатат. Мен сага кайт демейинче ошол жакта бол! – деди.

[14] Жусуп түндө ордунан туруп, Баланы жана Анын энесин алып, Мисирге жөнөп кетти. [15] Ал жакта Ирод өлгөнгө чейин болду. Анткени Жараткан Эгенин: «Мен Уулумду Мисирден чакырып алдым» † деп, пайгамбарынан айттырган сөзү орундалышы керек болчу.

### Ироддун "наристелерди өлтүргүлө" деген буйругу

[16] Ирод акылмандардын амалдуулук кылганын түшүнүп, кыжыры кайнап, каарданды. Жоокерлерин жиберип: «Бейтлехемде жана анын тегерек четинде төрөлгөн эки жашка чейинки балдардын баарын кырып салгыла!» – деген буйрук берди. Эки жашка чейин деген себеби акылмандардан сурап, билип алган убакыттан улам эле. [17] Жеремия пайгамбар аркылуу айтылган пайгамбарчылык сөз ушундайча аткарылды. Ал мындай деген:

[18] «Жүйүттүн Рама аттуу шаарынан
Күйүттүү бир кошок үнү угулат.
Муңга толуп, балдарынан айрылып,
Soороно албай бздоп жатат Ракыйла,
Анткени анын бүт балдары кырылган». ††

### Мисирден кайтып келүү

[19] Ирод өлгөн соң, Жараткан Эгенин периштеси Мисирдеги Жусуптун түшүнө кирип, мындай деди:

– [20] Тур да, Баланы жана Анын энесин алып, Ысрайыл жерине жөнө! Анткени Баланы жок кылабыз дегендер өлүштү.

[21] Жусуп турду да, Бала менен Анын энесин алып, Ысрайыл жерине келди. [22] Иудеяда Ироддун ордуна анын баласы Архелай падышалык кылып турганын угуп, ал жакка баргандан коркту. Түшүндө көргөн аяндагы эскертүүдөн улам Галилея аймагы жакка өтүп кетти. [23] Галилеяга келип, Назарет аттуу шаарга жайгашты. Ушундайча «Ал назареттик деген атка конмок» деп пайгамбарлар аркылуу алдын ала айтылган сөз аткарылды.

### Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн чакырыгы

3 Ошол күндөрдө болсо Жакыя чөмүлдүрүүчү Иудея чөлүнө келип:

– [2] Ниетиңерди өзгөрткүлө! Анткени Асман Падышачылыгы жакындап калды, – деп жар салды.

[3] Бир кезде Ышая пайгамбар:
«Жар салгандын чөлдө үнү угулат:
"Даяр кылгын Эгебиздин жолдорун,
Талаадагы басар жерин түздөгүн!"» ‡
– дегенде ушул Жакыя тууралуу айткан болчу.

[4] А Жакыя болсо төөнүн жүнүнөн токулган чапан кийип, белин булгаары кур менен бууп алчу. Жегени чегиртке менен жапайы аарынын балы эле. [5] Иерусалим калкы жана Иудеянын башка бардык шаарларынан жана Иордан дарыясынын тегерек-четиндегилердин баары убап-чубап ага келип жатышты. [6] Келгендер күнөөлөрүн мойнуна алып, Жакыянын Иордан дарыясындагы чөмүлдүрүү расмисинен өтүп жатышты. [7] Алардын арасында чөмүлүү үчүн келген көп фарисейлер менен садукейлер да бар эле. Жакыя аларды көргөндө, мындай деди:

– Эй, жылан тукумдары! Келечектеги каардуу жазадан качууну силерге ким көрсөттү эле?
[8] Ниетиңерди өзгөрткөнүңөр чын болсо, аны ошого ылайык жашооңор менен далилдегиле! [9] Өзүңөрчө: «Биз Ыбрайымдын балдарыбыз» деп корстон болбогула! Айтып коёюн: керек болсо Кудай Ыбрайымга мына бул жаткан таштардан бала жасап бере алат. [10] Азыр дарактардын түбүндө балта даяр турат: ар бир жакшы жемиш бербегени кыйылат да, отко ыргытылат. [11] Ниеттерин өзгөртсүн деп сууга чөмүлдүрүп жүрөм, бирок мага караганда алда канча кудуреттүү бирөө аркамдан келе жатат. Мен анын бут кийимин көтөрүп жүргөнгө да татыбайм. Ал силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт. [12] Ал өз кырманын тазалоо үчүн күрөгүн кармап даяр турат. Буудайын кампага жыйып, топонун өчпөс отко ыргытат.

### Ыйсанын сууга чөмүлүү расмисинен өтүшү

[13] Ушундан кийин Ыйса Галилеядан Иорданга Жакыянын чөмүлдүрүү расмисинен өтүү үчүн келди. [14] Жакыя ага каршы болуп:

– Чынында сууга чөмүлдүрүү расмисинен мени сен өткөрүшүң керек, бирок сенин мага келгениң кандай? – деди.

[15] Ыйса ага мындай деп жооп берди:

– Эми муну жөн кой, анткени адилеттүүлүктүн бардык талаптарын ушундайча аткарышыбыз керек.

Ошондо Жакыя макул болду.

† ††

‡

16 Ыйса чөмүлөрү менен суудан чыкты да,
капысынан асман ачылганын жана үстүнө көгүчкөн
кейпинде Кудайдын Руху түшүп келатканын көрдү.
17 Ошондой эле асмандан бир үн чыкты: «Бул
Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын».

### Шайтандын сыноосу

4 Ушул окуядан соң, ибилистин сыноолорунан
өткөрүү үчүн Кудайдын Руху Ыйсаны чөлгө
алып келди. 2 Кырк күн, кырк түн орозо кармаган
Ыйса аягында ачка болгонун сезди. 3 Ошондо
азыткы келип:
– Эгерде сен Кудайдын Уулу болсоң, мынабу
таштарга айтчы, нан болуп калсын, – деди.
4 Ыйса:
– Ыйык Жазууда: «Адам жалаң нан менен гана
эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен
да жашайт», † деп жазылып турат, – деди.
5 Ошондо ибилис Аны ыйык шаар Иерусалимге
алып барып, ийбадаткананын төбөсүнө чыгарып
койду да:
– 6 Кана, Кудай Уулу болсоң, өзүңдү төмөн таштап
жиберчи, анткени «Кудай Өзүнүн периштелерине
буйрук берет, алар сенин бутуңду ташка тийгизбей
илип кетишет», †† деп жазылган эмеспи, – деди.
7 Ыйса:
– «Кудай Эгеңди сынаба!», ‡ деп да жазылган, –
деп жооп берди.
8 Ибилис Ыйсага дагы келип, Аны абдан бийик
тоого алып чыгып, бул дүйнөнүн бардык
мамлекеттери менен алардын байлыгын көрсөтүп:
– 9 Эгерде алдыма жыгылып, мага таазим кылсаң,
ушунун баарын сага берем, – деди.
10 Ыйса ага мындай жооп берди:
– Жогол нары, шайтан, «Кудай Эгеңе табын,
жалгыз Ага кызмат кыл!» ‡† – деп жазылып турат!
11 Ыйса ушундай дегенде, ибилис Андан кетип
калды да, периштелер келип, Ыйсага кызмат кыла
баштаашты.

### Ыйсанын Галилеядагы кызматынын башталышы

12 Ыйса Жакыянын камалганын угуп, Галилеяга
кетип калды. 13 –14 Бирок Ышая пайгамбар аркылуу
айтылган Кудайдын сөзү аткарылышы үчүн
Назаретте калган жок, келери менен Забулун жана
Напталы урууларына караган Галилея көлүнүн
жээгиндеги Капарноом шаарында жашап калды.
Ышая пайгамбар болсо мындай деген:
15 «Иордан дарыясынын ары жагында,
Деңизге алып барчу жол боюнда
Жаткан жер – Забулун да, Напталы да,
Башка улуттар жашаган Галилея!
16 Караңгыда жашаган эл
Көрдү улуу жарыкты!
Нур төгүлдү болгондорго
Далдаасында ажалдын!». ‡‡
17 Ошол убактан тартып Ыйса:
– Ниетиңерди өзгөрткүлө! Анткени Асман
Падышачылыгы жакындап калды, – деп жар сала
баштады.

### Ыйсанын алгачкы шакирттери

18 Галилея көлүнүн жээги менен басып бараткан
Ыйса эки бир тууганды: Петир аталган Ысманды
жана Идристи көрдү. Алар көлгө тор салып
жатышкан болчу, анткени алардын кесиби
балыкчы эле. 19 Ыйса аларга мындай деди:
– Жүргүлө, Мени менен, силерге балык
кармагандын ордуна, адамдарды Кудайга кантип
апкелүүнү үйрөтөм!
20 Алар болсо ошол замат торлорун таштап,
Ыйсаны ээрчип жөнөштү. 21 Ыйса андан ары
баратып, дагы бөлөк эки бир тууганды: Жакып
менен Жаканды көрдү. Алар атасы Зебедей менен
бир кайыкта олтуруп алып, торлорун жамап
жатышкан. Ыйса аларды Өзүнө чакырды. 22 Алар
ошол замат кайыкты да, андагы атасын да
калтырып, Ыйсаны ээрчип жөнөштү.

### Ыйсанын Галилеядагы адамдарга таалим берип, айыктырышы

23 Ыйса Галилеяны кыдырып, алардын
синагогаларында таалим берип, Кудайдын
Падышачылыгы тууралуу Жакшы Кабарды жар
салып, адамдарды ар кандай оору-сыркоолорунан
айыктырып жүрдү. 24 Ал тууралуу кабар бүткүл
Сирия аймагына тарап кетти. Адамдар Ага ар
кандай илдет-дартка чалдыккандарды, жаны
сыздап ооругандарды, жин тийгендерди, талмасы
барларды, шал оору болуп калгандарды алып
келишип, Ыйса аларды айыктырды. 25 Ошондо
Галилеядан, Оншаар аталган жерден,
Иерусалимден, Иудеядан жана Иордан
дарыясынын ары жагынан көптөгөн адамдар Анын
артынан жөнөштү.

### Ыйсанын тоодогу таалими

5 Ыйса чогулган элди көрүп, тоого чыкты.
Жайгашып олтурган соң, шакирттери жанына
барышты. 2 Ошондо Ал сөзүн баштап, аларга
мындай таалим берди:
– 3 Момундар бактылуу!
Анткени Асман Падышачылыгы ошолордуку!
4 Кайгыргандар бактылуу!
Анткени Кудай аларды сооротот!
5 Алсыздар бактылуу!
Анткени жер алардын энчисине тиет!
6 Адилдикке чаңкагандар бактылуу!
Анткени Кудай алардын суусунун кандырат!
7 Кайрымдуулар бактылуу!
Анткени Кудай аларга кайрым кылат.

† *Мыйз. 8:3.* †† *Заб. 90:11-12.* ‡ *Мыйз. 6:16.* ‡† *Мыйз. 6:13.*

‡‡ *Ыш. 9:1-2.*

8 Дили тазалар бактылуу!
Анткени алар Кудайды көрүшөт!
9 Ынтымакка чакыргандар бактылуу!
Анткени Кудай аларды «балдарым» деп чакырат!
10 Адилеттик үчүн куугунтук жегендер бактылуу!
Анткени Асман Падышачылыгы ошолордуку!
11 Менин шакирттерим болгонуңар үчүн сөгүп,
куугунтукка алып, силер тууралуу жалган сөздөрдү
айтышса бактылуусуңар! 12 Кубангыла! Шаттангыла!
Анткени силерди асманда чоң сыйлык күтүп турат!
Силерден мурда да пайгамбарларды ошондой
куугунтукка алышкан.
13 Силер – жердин тузусуңар! Эгер туз даамын
жоготсо, аны кантип калыбына келтиресиң? Ал эч
нерсеге жарабай калат. Сыртка алып чыгып,
тепсендиге ыргытып гана жибериш керек.
14 Силер бул дүйнөдөгүлөр үчүн жарыксыңар. Тоо
башында турган шаарды эч ким жашыра албайт.
15 Шамды жаккан соң, аны идиштин астына эмес,
шамдалга коюшат да ал үйдө отургандардын
баарына жарыгын чачат. 16 Анын сыңары, силер да
адамдарга жарыгыңарды чачкыла! Алар силердин
жакшы иштериңерди көрүп, асмандагы Атаңарды
даңкташсын!

### Тоорат мыйзамынын аткарылышы

17 Мени Тоорат мыйзамын же пайгамбарлар
жазмаларын жокко чыгарганы келди деп
ойлобогула. Мен аларды жокко чыгаруу үчүн эмес,
аткаруу үчүн келдим. 18 Силерге бир чындыкты
айтып коёюн: асман-жердин жашоосу бүтмөйүн,
Тоорат мыйзамындагы бардык нерселер
аткарылмайын, Тоорат мыйзамынын тамгасы
тургай, тамгасынын эң кичинекей сызыкчасы да
жок болуп кетпейт. 19 Ошондуктан кимде-ким
Кудайдын ушул эң кичине осуяттарынын бирин
жокко чыгарса жана адамдарды ошондой окутса,
ал Асман Падышачылыгында эң кичине болот. Ал
эми осуяттарды аткарып, башкаларды да ошого
үйрөткөн адам Асман Падышачылыгында улуу
болот. 20 Силерге айтып коёюн, эгерде фарисейлер
менен дин мугалимдеринин адилдигинен
силердики ашып түшпөсө, анда Асман
Падышачылыгына кирбейсиңер.

### Ачууну кармай билүү тууралуу

21 Байыркыларга «киши өлтүрбөгүлө» † жана «ким
киши өлтүрсө, сот алдында айыпталат» деп
айтылган сөздү силер уккансыңар. 22 Мен болсо
силерге айтам: кимде-ким боордошуна ачууланса,
ал сот алдында айыпталат. Ким боордошуна: «Сен
көңдөйсүң!» десе, ал жогорку сотко тартылат. Ким:
«Сен наадансың!» десе, ал тозок отуна татыктуу.
23 Ошондуктан Кудайга курмандык жайга тартуу
алып келип, анан ошол жерден боордошуңдун сага
бир нерседен нааразы болуп калганын эстесең,
24 анда тартууңду курмандык жайдын жанына
калтыр да, барып, алгач боордошуң менен элдеш.
Анан кайра келип, тартууңду Кудайга бер. 25 Доочуң
менен тез жараш, жолдо сотко баратканда эле
көңүлүн тап, антпесең ал сени соттун колуна
тапшырат. Сот болсо сакчыларга өткөрүп берип,
зынданга каматат. 26 Сага бир чындыкты айтып
коёюн: акыркы тыйыныңды бермейинче, ал
жактан чыкпайсың.

### Никени таза күтүү тууралуу

27 Силер «Ойноштук кылба» †† деп айтылган сөздү
уккансыңар. 28 А Мен силерге айтам: кимде-ким
башка бирөөнүн аялын арам ой менен карап
койсо, ал оюнда аны менен ойноштук кылып койду.
29 Эгерде сени оң көзүң күнөөгө түртүп атса, аны
оюп сал да ыргытып жибер, анткени бүт денең
менен тозокко ыргытылгандан көрө, бир мүчөңдөн
айрылганың артык эмеспи. 30 Эгерде оң колуң
күнөөгө түртүп атса, кыя чап да өзүңдөн алыс
ыргыт, анткени бүт денең тозокко түшкөндөн көрө,
бир мүчөңдөн ажыраганың жакшы.
31 Мурда: «Кимде ким аялын коё берсе, ага
ажырашуу катын жазып берсин!» ‡ деп айтылган.
32 А Мен силерге айтам: ойноштук кылуудан башка
себеп менен аялын коё берген адам аялын
ойноштукка ‡† түртөт. Ошондой эле күйөөдөн
чыккан аялга үйлөнүү да ойноштук кылганга жатат.

### Ант тууралуу

33 Ошондой эле силер байыркыларга карата
айтылган мындай деген да сөздү уккансыңар: «Ант-
убадаңды бузба! Жараткан Эгеңдин алдында
берген анттарыңды аткар!» ‡‡ 34 А Мен силерге
айтам: эч кандай ант берип, карганбагыла! «Мына,
асман турат!» дебегиле, анткени асман Кудайдын
тактысы. 35 «Жер урсун!» дебегиле, анткени жер
Кудайдын бут койгучу. Иерусалимди оозанып
карганбагыла, анткени Иерусалим улуу Падыша –
Кудайдын шаары. 36 Башыңарды сайып да ант
бербегиле, анткени андагы бир тал чачты ак же
кара кылууга да кудуретиңер жетпейт. 37 Бирок
жообуңар түз болсун: же ооба, же жок дегиле, а
мындан ашыгы – азгыруучудан.

### Таш менен урганды аш менен ур

38 Силер: «Көзгө көз, тишке тиш!» ‡‡† деп
айтылганын да уккансыңар. 39 А Мен силерге
айтам: силерге жамандык кылгысы келгендерге
каршы чыкпагыла, оң жаагыңарга чапканга сол
жаагыңарды тоскула.
40 Соттошкусу келип, көйнөгүңөрдү
талашкандарга, чапаныңарды да чечип бергиле.
41 Силерди өзү менен бир чакырым басып барууга
мажбурлагандар менен эки чакырым баргыла.

†

†† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡†

42 Силерден карыз алгысы келгендерге аркаңарды
салбагыла.

### Душмандарды сүйүү тууралуу таалим

43 Силер: «Боордошуңду сүй, бирок душманыңды
жек көр!» † деп айтылган сөздү уккансыңар. 44 А Мен
силерге айтам: душмандарыңарды сүйгүлө,
силерди куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла.
45 Ошондо асмандагы Атаңардын уул-кыздары
болосуңар. Анткени Анын күнү жамандарга да,
жакшыларга да бирдей чыгып, жамгыры адилдерге
да, адил эместерге да бирдей төгүлөт. 46 Өзүңөрдү
сүйгөндөрдү гана сүйсөңөр, силерге кандай
сыйлык берилмек эле? Салыкчылар деле ошондой
кылышат эмеспи. 47 Боордошторуңарга гана сый
көрсөтсөңөр, эмне өзгөчө иш кылган болосуңар?
Бутпарастар деле ушундай кылышат эмеспи?
48 Силер дагы асмандагы жеткилең Атаңардай
жеткилең болгула.

### Кайрымдуулук тууралуу таалим

6 Эл алдында адилсингенден сак болгула.
Болбосо силерге асмандагы Атаңардан сыйлык
болбойт. 2 Ошондуктан кайыр-садага бергениңерди
айтып, жар салбагыла. Адамдардын алдында
даңкын чыгарыш үчүн эки жүздүүлөр
синагогаларда жана көчөлөрдө ушундай кылышат.
Силерге бир чындыкты айтып коёюн: алар мындай
кылуусу менен эмитен эле сыйлыктарын толук
алып бүтүштү. 3 –4 А сен кайыр берсең,
даңазалабай, жашыруун бер. Оң колуңдун
бергенин сол колуң билбесин. Ошондо жашыруун
нерселерди да көрүп туруучу Кудай Атаң сага
сыйлыгыңды берет.

### Сыйынуу тууралуу таалим

5 Сыйынганыңарда эки жүздүүлөрдөй болбогула:
анткени алар элге көрүнүш үчүн синагогаларда,
жолдордун кесилиштеринде туруп алып
сыйынганды өтө жакшы көрүшөт. Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: алар сыйлыктарын алып
бүтүштү. 6 Сен болсо сыйынганыңда төркү үйүңө
кир да, эшигиңди жаап алып, жашыруун
жерлердеги Кудай Атаңа сыйын, ошондо
жашыруун жерден сени көрүп турган Атаң сага
сыйлыгыңды берет. 7 Сыйынганыңарда, башка
элдерге окшоп, маанисиз сөздөрдү кайталап,
маңыздана бербегиле. Алар ушундай сыйынсак,
Кудай бизди угат деп ойлошот. 8 Ал эми силер алар
сыяктуу болбогула, анткени Кудай Атаңар эмнеге
муктаж экениңерди Андан сурай электиңерде эле
билет. 9 Силер мындайча сыйынгыла:
«Асмандагы Атабыз.
Сенин атың урматталсын!
10 Сенин падышачылыгың келсин!
Асмандагыдай эле жерде да
Баары Сенин эркиңдегидей болсун!
11 Күнүмдүк наныбызды күн сайын берегөр,
12 Бизге жамандык кылгандардын
Күнөөлөрүн кечиргенибиздей,
Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечир.
13 Бизди азгырыкка кирип кетүүдөн сакта да
Азгыруучудан куткар». ††
14 Эгер силер башкалардын туура эмес иштерин
кечирсеңер, анда силердикин да асмандагы Атаңар
кечирет! 15 Ал эми силер башкалардыкын
кечирбесеңер, анда Атаңар да силердин туура эмес
иштериңерди кечирбейт!

### Орозо тутуу тууралуу таалим

16 Орозо тутканыңарда эки жүздүүлөрдөй
болбогула. Алар орозо тутуп жатканын элге
көрсөтүш үчүн кабактарын бүркөшөт. Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: алар өз сыйлыктарын
эмитен эле алып алышты. 17 –18 Силер болсо
адамдардын алдында эмес, жашыруун жерде да
бар Атаңардын алдында орозо тутуп
жатканыңарды көрсөтүү үчүн бети-башыңарды
жууп, таранып-сыланып алгыла. Ошондо
жашыруун нерселерди да көрүүчү Атаңар силерге
сыйлыгыңарды берет.

### Чыныгы байлык асманда

19 Байлыгыңарды жерге жыйбагыла. Жерде же
күбө жеп кетет, же дат басып калат, же уурулар
дубалыңды тешип, уурдап кетишет. 20 Андан көрө,
байлыгыңарды асманга жыйгыла. Ал жактан күбө
да жей албайт, дат да баспайт, уурулар да дубалды
тешип, уурдап кете алышпайт. 21 Анткени байлыгың
каерде болсо, эси-дартың да ошерде болот.
22 Адамдын көзү – анын чырагы. Ошондуктан
көзүң тунук болсо, бүт денең да жарык болот.
23 Эгер көзүң арам болсо, бүт дене-боюң караңгыда
калат. Демек, сендеги жарык караңгыга айланып
калган болсо, ал караңгылык абдан жаман!

### Кудай жана байлык тууралуу

24 Эч бир кул эки кожоюнга бирдей кызмат кыла
албайт: же бирин сыйлайт да, экинчисин жек көрөт,
же бирине берилип, экинчисине көңүл кош мамиле
кылат. Ошол сыяктуу Кудай менен акчага бирдей
кызмат кыла албайсыңар!
25 Ошондуктан силерге айтам: «Эмне жеп, эмне
ичебиз» деп, жаныңарды ойлоп, «эмне кийебиз»
деп денеңерди ойлоп, түйшүк тартпагыла.
Тамактан жан, кийимден дене артык да.
26 Чымчыктарды карагылачы, алар эгин экпейт да
орбойт, кампаларга да чогултпайт. Аларды
асмандагы Атаңар багып жатат. А силердин
алардан айырмаңар алда канча чоң эмеспи?
27 Кимиңер түйшүк тартып, өмүрүңөрдү бир аз
болсо да узарта аласыңар?

†

††

28 Ошондой эле эмнеге кийим-кечектин камын
жеп, түйшүктөнөсүңөр? Кызгалдактардын өсүп
турганын карагылачы, алар эч кандай эмгек
кылышпайт. 29 А бирок силерге айтып коёюн:
Сулайман падыша атак-даңкы чыгып турганда да
алардын эч бириндей кийинген эмес. 30 Эгерде
бүгүн талаада өсүп, эртең мешке жагыла турган
чөптү Кудай ушундай кийиндирсе, силерди андан
артык кийиндирбейби, эй, ишеними аздар!
31 «Эмнени жейт болдук экен? Эмнени ичер
экенбиз? Эмнени кийер экенбиз?» деп
түйшүктөнбөгүлө! 32 Башка элдердин эси-дарты
ушуларда, бирок силердин асмандагы Атаңар
булардын баарына муктаж экениңерди билет.
33 Силер баарынан мурда Кудайдын
Падышачылыгы жөнүндө ойлоп, Анын каалаганын
аткаргыла! Ошондо Ал силерди жанагылардын
баарына жеткизет. 34 Андыктан эртеңки күн үчүн
түйшүк тартпагыла, себеби эртең тарта турган
түйшүктөрүңөр башка, ар күндүн кыйынчылыгы
өзүнө жетет.

### Өзгөлөрдү соттобогула!

7 Өзгөлөрдү айыптабагыла, ошондо өзүңөр да
айыпталбайсыңар. 2 Анткени өзгөлөрдү кандай
айыптасаңар, өзүңөр да ошондой айыпталасыңар.
Өзгөлөргө колдонгон өлчөмүңөр өзүңөргө
колдонулат. 3 Эмнеге өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөй,
боордошуңдун көзүндөгү чамындыны көрөсүң?
4 Өз көзүңдө дөңгөч турса, боордошуңа: «Келе,
көзүңдөгү чамындыны алып коёюн», – деп кантип
айтасың? 5 Эй, эки жүздүү! Адегенде өз көзүңдөгү
дөңгөчтү алып ташта, анан боордошуңдун
көзүндөгү чамындыны кантип алышты билесиң.
6 Ыйык нерселериңерди иттерге бербегиле,
берметтериңерди чочколордун алдына
таштабагыла; чочколор аларды тепсеп таштайт,
иттер кайрылып келип, өзүңөрдү каап алат.

### Сурагыла, издегиле, тыкылдаткыла!

7 Сурагыла, ошондо силерге берилет, издегиле,
ошондо табасыңар, тыкылдаткыла, ошондо
силерге эшик ачылат! 8 Анткени ар бир сураган
алат, издеген табат, тыкылдатканга ачылат.
9 Араңарда баласы нан сураса, таш бергендер
барбы? 10 Балык сураса, жылан кармата салганчы?
11 Ошентип, силер жаман болсоңор да
балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди
билесиңер, андан бетер асмандагы Атаңар да
сурагандарга жакшы нерселерди берет.
12 Ошентип, качан болсо да, өзгөлөрдөн кандай
мамилени күтсөң, өзүң да аларга ошондой мамиле
кыл. Бул Тоорат менен пайгамбарлардын
жазмаларында айтылгандарга дал келет.

### Түбөлүк өмүрдүн дарбазасы тар

13 Тар дарбазадан киргиле, анткени апат болор
жерге алып баруучу жол да, дарбаза да кенен жана
ошол дарбазадан кирип жаткандар көп. 14 Өмүргө
алып баруучу дарбаза менен жол ушунчалык тар
жана ал дарбазаны тапкандар аз.

### Өсүмдүк жана анын жемиши

15 Жалган пайгамбарлардан сак болгула. Алар кой
терисин жамынып келген ач карышкырлар.
16 Аларды кылган иштеринен ажыратып
таанийсыңар. Тикенектен жүзүм же анжир
теришпейт. 17 Ошондой эле жакшы дарактын
жемиши да жакшы, жаман дарактын жемиши да
начар болот. 18 Жакшы дарак начар жемиш
бербейт, ал эми начар дарак жакшы жемиш
бербейт. 19 Жакшы жемиш бербеген дарак чаап
салынат да отко ыргытылат. 20 Ошондуктан жалган
пайгамбарларды кылган иштеринен таанып-
билесиңер.

### Мен силерди таанybaйм!

21 Мени «Эге! Эге!» дегендердин баары эле Асман
Падышачылыгына кире бербейт. Асмандагы
Атамдын эркин аткаргандар гана киришет. 22 Сот
күнү көп адамдар Мага: «Эге! Эге! Сенин атың
менен пайгамбарчылык кылбадык беле? Сенин
атың менен жиндерди кубалабадык беле? Сенин
атың менен ажайып-кереметтерди жасабадык
беле?» – дешет. 23 Ошондо Мен аларга: «Силер
кимсиңер, Мен билбейм, көзүмө көрүнбөй
жоголгула, күнөөкөрлөр!» – дейм.

### Эки куруучу

24 Ошондуктан Менин ушул сөздөрүмдү угуп, аны
аткарган үйүн таш үстүнө курган акылдуу адамга
окшош болот. 25 Жаан нөшөрлөп, дарыялар
ташкындап, алай-дүлөй бороон болуп, жанагы үйдү
каптаганда, ал кыйрабайт, анткени таштын үстүнө
курулган.
26 Ал эми ушул сөздөрүмдү угуп, бирок
аткарбагандар үйүн кумга курган акылсыз адамга
окшош. 27 Жаан нөшөрлөп, суу ташкындап, алай-
дүлөй бороон болуп, жанагы үйдү каптаганда, ал
кулайт. Кулаганда да катуу кулайт.

### Ыйсанын бийлиги

28 Ыйса сөзүн аяктаганда, чогулган эл Анын
таалимине таңданды. 29 Анткени Ыйса алардын дин
мугалимдериндей эмес, бийлиги бар инсандай
таалим берди.

### Пес оорулуу адамдын айыгышы

8 Ыйса тоодон түшүп келгенде, чогулган элдин
көбү Анын артынан ээрчиди. 2 Аңгыча пес

оорулуу бир адам жакын келип, таазим этип,
мындай деди:
– Таксыр, эгер сиз каалласаңыз, мени айыктыра
аласыз.
3 Ыйса ага колун тийгизди да:
– Каалаймын, айыккын! – деди.
Ошол замат ал оорусунан айыгып кетти.
4 Ошондо Ыйса ага айтты:
– Байкагын, бул тууралуу эч кимге ооз ачпа, бирок
өзүңдү динкызматчыга көргөзүп, айыкканыңдын
далили катары Муса буюрган курмандыкты алып
баргының.
5 Ыйса Капарноомго киргенде, Ага римдик жүз
башы басып келди да:
– 6 Таксыр, кызматчым үйдө ооруп, ордунан тура
албай, катуу кыйналып жатат, – деген өтүнүч менен
кайрылды.
7 Ошондо Ыйса ага:
– Мен барып, айыктырайын, – деди.
8 Бирок жүз башы:
– Таксыр, босогомду атташыңызга мен татыктуу
эмесмин, бирок бир ооз сөз айтсаңыз эле,
кызматчым айыгып кетет. 9 Мен бийлик астындагы
адаммын, өзүмдүн да кол алдымда жоокерлерим
бар. Алардын бирине: «Бар!» – десем, барат,
башкасына: «Кел!» – десем, келет. Кулума: «Тигини
жаса!» – десем, жасайт, – деп жооп берди.
10 Муну укканда, Ыйса таң калып, аркасынан
ээрчип келаткан элге айтты:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мындай
ишенимди Мен Ысрайыл элинен да жолуктурган
эмесмин. 11 Силерге айтам: чыгыш менен
батыштан, түндүк менен түштүктөн келген көп
адамдар Асман Падышачылыгында Ыбрайым,
Ыскак жана Жакып менен бирге той дасторконун
тегеректеп, жамбаштап жатышат.
12 Падышачылыкты мурастап ала турган эл
тыштагы капкараңгы жайга кубаланат. Ал жакка
түшкөндөр кыйналганынан тиштерин кычыратып,
боздошот.
13 Анан Ыйса жүз башыга:
– Бара бер, ишенимиңе жараша болсун, – деди.
Ушул саатта кызматчы айыгып кетти.

### Ыйсанын көп адамды айыктырышы

14 Ыйса Петирдин үйүнө келип, анын кайненеси
ысытма менен ооруп, төшөктө жатканын көрдү.
15 Ыйса аялдын колун кармаганда, ысыгы кайтып,
аял айыгып кетти. Анан ордунан туруп, Ыйсаны
коноктой баштады.
16 Кеч киргенде, жин даарыган көп адамды Ыйсага
алып келишти. Ыйса алардагы жиндерди сөзүнүн
кудурети менен кууп чыкты да илдеттеринен
айыктырды. 17 Илгери Ышая пайгамбар аркылуу
мындай деп айтылган: «Ал биздин
алсыздыктарыбызды Өзүнө алды жана
ооруларыбызды көтөрүп кетти». † Ыйса аларды
айыктыруу менен жогорудагы пайгамбардык сөздү
ишке ашырды.

### Ыйсаны ээрчип, шакирт болгусу келгендер

18 Айланасындагы жыйналган элди көрүп, Ыйса
шакирттерине көлдүн аркы өйүзүнө өтүүнү буюрду.
19 Ошондо бир дин мугалими басып келип:
– Устат, сен кайда барбагын, мен артыңдан
калбайм, – деди.
20 Ыйса ага:
– Түлкүлөрдүн ийини, чымчыктардын уясы бар.
Адам Уулунун болсо баш калкалаар жайы жок, –
деп жооп берди.
21 Дагы бир шакирти Ыйсага:
– Таксыр, адегенде үйгө барып, атамдын кашында
болуп, ал өлгөндө сөөгүн коюп келейин да анан
сизди ээрчийин. Ушуга уруксат этиңиз, – деди.
22 Ыйса ага:
– Сен артыман түш. Өз өлүктөрүн көмүүнү тирүү
өлүктөргө калтыр! – деди.

### Көлдөгү бороондун токтошу

23 Ыйсаны ээрчип, шакирттери да кайыкка
түшүштү. 24 Аңгыча деңиз катуу толкуп, кайыктын
кырынан суу ашып кире баштады. Ыйса болсо
уктап жатты. 25 Шакирттери жанына келип:
– Устат! Куткар! Өлө турган болдук! – деп Аны
ойготушту.
26 Ошондо Ыйса аларга:
– Эмне мынча коркосуңар, ишеними аздар! – деди
да, ордунан туруп, шамал менен деңиздин токтошу
үчүн буйрук берди. Ошол замат айлана тыптынч
болуп, мемирей түштү. 27 Бул окуяны көргөндөр аң-
таң болушуп:
– Шамал менен деңизди да багындырган бул
кандай адам? – дешти.

### Жин даарыган адамдардын айыгышы

28 Көлдүн аркы өйүзүндө жайгашкан Гадара деген
жерге сүзүп барышканда, жин даарып ооруган эки
киши үңкүрлөрдөгү мүрзөлөрдөн чыга калышып,
Ыйсанын алдынан тосушту. Алар ушунчалык
кутуруп кетишкендиктен ал жол менен эч ким өтө
алчу эмес.
29 Аңгыча алар кыйкырып жиберишти:
– Эй, Кудай Уулу, биз менен кандай ишиң бар?!
Бизди күн мурунтан эле азапка салганы келдиңби?
30 Алардан алысыраакта болсо бир топ чочко
жайылып жүргөн. 31 Жиндер Ыйсадан:
– Эгер бизди кубаласаң, тээтигил чочколордун
арасына жибер, – деп өтүнүштү.
– 32 Баргыла! – деди Ыйса.
Жиндер адамдардан чыгып, чочколорго кетишти.
Ошол замат чочколор тобу менен жардан деңизге
кулап, сууга чөгүп өлүштү. 33 Чочко кайтаргандар
болсо качып жөнөштү да шаарга келип, болгон
ишти баарына жар салып, жин оорулуулардын

†

кантип айыкканын айтышты. [34] Ошондо бүткүл
шаар эли Ыйсаны утурлай чыгып, Ага жолукканда:
«Биздин жерибизден кетип калчы», – деп
жалбарышты.

### Шал болгон адамдын айыгышы

9 Ыйса кайыкка түшүп, кайрадан көлдүн берки
өйүзүндөгү Өзү жашаган шаарына келди.
[2] Аңгыча адамдар шал болуп ооруган бирөөнү
төшөгү менен көтөрүп, алдынан тосуп чыгышты.
Ыйса алардын Өзүнө ушундай ишеним артып
турганын көрүп:
– Кайрат кыл, балам, күнөөлөрүң кечирилди! –
деди.
[3] Ошондо кээ бир дин мугалимдери:
– Бул Кудайга акарат келтирип атат! – деп өз ара
күңкүлдөштү.
[4] Ыйса алардын оюн билип, мындай деди:
– Эмне үчүн силердин ичиңердеги ойлоруңар
жаман? [5] Кайсынысы оңой: «Күнөөлөрүң
кечирилди!» дегенби же: «Ордуңан тур да бас!»
дегенби? [6] Билип алгыла, Адам Уулунун жер
бетинде күнөөлөрдү кечире турган бийлиги бар!
Анан шал оорулууга карап:
– Тур да, төшөгүңдү көтөрүп, үйүңө жөнө! – деди.
[7] Киши ордунан туруп, үйүнө жөнөдү.
[8] Чогулгандарды коркунуч басып, адамдарга
ушундай бийликти берген Кудайды даңкташты.

### Матайдын шакирттикке тандалышы

[9] Ыйса андан ары баратып, салык жыйноочу
жерде олтурган Матай аттуу кишини көрүп калды.
Ага:
– Менин жолума түш! – деди.
Матай ордунан турду да, Ыйсаны ээрчип жөнөдү.
[10] Ошол күнү кечинде, Ыйса бир үйдө,
дасторкондун жанында жамбаштап жатты.
Көптөгөн салыкчылар жана башка күнөөкөрлөр
ошол үйгө келип, Ыйсанын жана анын
шакирттеринин катарынан орун алышты. [11] Муну
көргөн фарисейлер Ыйсанын шакирттерине:
– Эй, эмне үчүн силердин устатыңар салыкчылар
жана башка күнөөкөрлөр менен чогуу бир
дасторкондон тамактанып жатат? – дешти.
[12] Ыйса муну угуп, аларга айтты:
– Дарыгер дени сактарга эмес, оорулууларга
керек. [13] Баргыла да «Мен курмандыктан көрө,
боорукердикти каалайм» † деген сөздүн маанисин
билип алгыла. Мен такыбааларды эмес,
күнөөкөрлөрдү ниеттерин өзгөртүүгө чакырганы
келдим.

### Орозо тутуу маселеси

[14] Ушул окуядан соң, Ыйсага Жакыя
чөмүлдүрүүчүнүн шакирттери келип, суроо
беришти:
– Эмне үчүн биз да, фарисейлер да тез-тез орозо
тутабыз, ал эми сенин шакирттериң андай
кылышпайт, ыя?
[15] Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Үйлөнүп жаткан жигит тойго чакырылган
коноктордун арасында жүргөндө, алар эмнеге
кайгырмак эле? Бирок үйлөнгөн жигит алардан
алына турган күндөр да келет, алар орозону
ошондо тутушат. [16] Эч ким жаңы кездемеден эски
кийимге жамаачы жамабайт. Антпесе, жаңы
жамаачы эски кийимди жыртып, жыртыгы
мурдагыдан да аңырайып калат. [17] Жаңы шарапты
эски чаначтарга куйбайт. Эгер куйса, жаңы шарап
чаначтарды айрып, өзү да төгүлөт, чаначтар да
жарабай калат. Ошондуктан жаңы шарапты жаңы
чаначтарга куюш керек, ошондо чанач да, шарап
да аман калат.

### Тирилген кыз, сакайган аял

[18] Ыйса аларга ушуларды айтып жатканда,
жергиликтүү башкаруучулардын бири келди да,
таазим кылып:
– Кызым каза болуп калды. Бирок сен барып,
колдоруңду үстүнө койсоң эле кайра тирилет, –
деди.
[19] Ыйса ордунан туруп, анын артынан жөнөдү.
Шакирттери да ага кошулду. [20] Аңгыча он эки жыл
бою ичинен кан акканы токтобой ооруган бир аял
Ыйсанын арка жагынан басып келип, Анын
кийиминин этегине колун тийгизди. [21] «Кийимине
эле колум тийсе, айыгам!» деди аял өзүнчө. [22] Ыйса
болсо артына кайрылып, аны көрдү да:
– Кайрат кыл, кызым, ишенимиң сени
айыктырды, – деди.
Ошол сааттан баштап аял оорусунан кутулду.
[23] Ушундан соң, Ыйса башкаруучунун үйүнө келип,
муңканган чоор үнүн угуп, ызы-чуу болуп жаткан
элди көрдү. [24] Анан аларга:
– Ары тургула! Кыз өлгөн жок, ал жөн эле уктап
жатат! – деди.
Ошондо алар Ыйсаны шылдыңдап күлүштү.
[25] Чогулгандар кетишкенде, Ыйса үйгө кирди да,
кызды колунан алып ордунан тургузду. [26] Бул окуя
тууралуу күбүр-шыбыр туш-тарапка тарады.

### Сокурлардын айыгышы

[27] Ыйса андан ары баратканда, эки сокур киши
артынан түшүп:
– Дөөт Уулу, бизге боорукердик кылагөр! – деп
кыйкырышты.
[28] Ыйса үйгө киргенде, сокурлар Анын жанына
келишти. Ыйса аларга:
– Силерге жардам бере аларыма ишенесиңерби?
– деди.
Алар:
– Ооба, таксыр, – деп жооп кайтарышты.

†

29 Ошондо Ыйса алардын көздөрүнө колун
тийгизип туруп:
– Ишенгениңердей болсун, – деди.
Ошондо тигилердин көздөрү ачылып, көрө
башташты. 30 Анан Ыйса катуу эскертип:
– Абайлагыла, бул окуя тууралуу эч ким билбесин!
– деди.
31 Алар болсо үйдөн чыгары менен баарына Ыйса
тууралуу айтып киришти.

### Дудуктун айыгышы

32 Айыккан сокурлар сыртка чыкканда, кимдир
бирөөлөр Ыйсага жин оорудан улам дудук болгон
кишини алып келишти. 33 Ыйса жиндерди кууп
чыкканда, дудук сүйлөп кирди. Эл:
– Эч качан мындай укмуш Ысрайылда болгон
эмес! – деп таңданышты.
34 Ал эми фарисейлер:
– Бул жиндерди алардын башчысынын күчү
менен кубалап жатат, – дешти.

### Кароосуз калган койлор

35 Ыйса көптөгөн шаар-кыштактарды кыдырып,
алардагы синагогаларда таалим берип,
Падышачылыктын Жакшы Кабарын жарыялап,
адамдарды ар кандай оору-сыркоолорунан
айыктырып жүрдү. 36 Көптөгөн адамдарды көрүп,
боору ооруду, анткени алар туш-тушка чачырап
койчусуз калган койлордой болчу. 37 Ошондо
шакирттерине:
– Оро турган эгин көп, бирок орокчулар аз.
38 Андыктан Өз эгин талаасына орокчуларды
жөнөтсүн үчүн эгин Эгесине жалынгыла, – деди.

### Он эки шакиртке берилген тапшырма

10 Ыйса он эки шакиртин чакырып алып,
аларга ар кандай кара күчтөрдү кууп чыга
турган бийлик, ар кандай оорулар менен
алсыздыктарды айыктыра турган кудурет берди.
2 Булар Ыйсанын он эки элчиси эле. Алардын
аттары мындай: биринчиси Петир деп да аталган
Ысман жана анын иниси Идрис, Зебедейдин уулу
Жакып жана анын иниси Жакан, 3 Филип жана
Барталамей, Том жана Матай салыкчы, Алпейдин
уулу Жакып жана Тадай, 4 Ысман Динчил жана
кийин чыккынчы болуп кеткен Жүйүт Искариот.
5 Ушул он эки кишини Ыйса жөнөтүп жатып,
мындай буйрук берди:
– Башка улуттагылардын жерине барбагыла жана
самариялыктардын шаарына кирбегиле. 6 Анын
ордуна адашкан койлордой болгон Ысрайыл элине
гана баргыла. 7 Барганыңарда аларга: «Жакында
силер Кудайдын башкаруусунда болосуңар!» – деп
жар салгыла. 8 Оорулууларды айыктыргыла,
өлгөндөрдү тирилткиле, пес оорулууларды
сакайткыла, жиндерди кубалагыла. Бекер алдыңар,
бекер бергиле. 9 Алтын, күмүш, жез акча да
белбооңорго түйбөгүлө. 10 Жолго баштык да, ашык
кийим да, бут кийим да, таяк да албагыла. Анткени
иштегендин тиштегенге акысы бар.
11 Кайсы шаарга же айылга кирбегиле, алгач
силерди кабыл алууга даяр адамдын барын
аныктагыла, анан ошол жерден кеткиче ошол
адамдыкынан башканыкына көчпөгүлө. 12 Босогону
аттаарыңарда: «Тынччылык болсун!» деп,
батаңарды бергиле. 13 Эгер ошол үйдө
саламыңарды кабыл алууга даяр адам бар болсо,
батаңар кабыл болот, эгер болбосо, батаңар
өзүңөргө кайтат. 14 Ал эми силерди кабыл албай,
айткан сөзүңөргө кулак салышпаса, анда ошол
шаардан же үйдөн чыгып, алардын четке
кагылганынын белгиси катары бутуңардын чаңын
күбүп салгыла. 15 Чынын айтайын, кыяматтагы сот
күнүндө ал шаарга караганда, Содом менен Гомор
шаарларына жеңилирээк жаза колдонулат.

### Боло турган куугунтуктар жөнүндө

16 Мен силерди карышкырлардын арасына
койлорду жибергендей жөнөтүп жатам.
Ошондуктан жыландай кыраакы, көгүчкөндөй ак
көңүл болгула. 17 Адамдардан абайлагыла, алар
силерди сотко беришип, синагогаларда сабашат.
18 Мага ишенгениңер үчүн өкүмдарлар менен
падышалардын алдына алып барышат. Алардын
жана элдин алдында күбөгө өтүп, Мен жөнүндө
айтып бересиңер. 19 Ошондо «кантип айтабыз,
эмнени айтабыз» деп түйшүк тартпагыла. Эмне
дээриңерди ошол саатта Кудай оозуңарга сала
берет. 20 Анткени силер эмес, силер аркылуу
Атаңардын Руху сүйлөйт. 21 Бир туугандар бири
бирин, атасы өз баласын өлүмгө салып бере турган
болот. Балдары өз ата-энелерине каршы чыгышып,
аларды өлүмгө салып беришет. 22 Мен үчүн
баарына жек көрүндү болосуңар. Бирок ким аягына
чейин чыдаса, куткарылат. 23 Бир шаардан зордук
көрсөтүшсө, башка шаарга качкыла. Силерге
чындыкты айтып жатам: силер Ысрайылдын
шаарларын кыдырып чыккыча, Адам Уулу келип
калат.
24 Шакирт устатынан, кул ээсинен өйдө эмес.
25 Шакирт устатындай, кул ээсиндей боло алса,
ошол жетиштүү. Үй ээсин Бээлзебул † деп атап
жатышса, үйүндөгүлөрүн андан бетер тилдебей
коймок беле. 26 Ошондуктан алардан коркпогула,
анткени сыртка чыкпас сыр болбойт, ачыкка
чыкпас жашыруун иш болбойт. 27 Силерге
караңгыда айтып жатканымды жарыкта айткыла.
Кулагыңарга шыбырап айтылып жатканды үйдүн
төбөсүнө чыгып алып жар салгыла. 28 Силерди
өлтүрүп коюш колунан келе тургандардан
коркпогула. Алар жаныңарды өлтүрө албайт. Андан
көрө, жаныңарды да, денеңерди да кууратып,
тозокко салууга кудурети бар Кудайдан корккула.
29 Эки чымчык бир аз эле тыйынга сатылат,

†

туурабы? Эгерде Кудай Атаңардын эрки болбосо, алардын бири да топ этип жерге кулабайт. 30 А силердин болсо башыңардагы чачыңар да эсептелүү. 31 Ошондуктан коркпогула, силер чымчыктардан алда канча кымбатсыңар.

### Ыйсаны кабыл алуу жана Андан баш тартуу

32 Ким Мени эл алдында ачык тааныса, Мен да аны асмандагы Атамдын алдында ачык тааныйм. 33 Мени эл алдында четке какканды, Мен да асмандагы Атамдын алдында четке кагам.

### Ыйса бул дүйнөгө ажырым алып келди

34 Мени жер бетине тынчтык алып келди деп ойлобогула! 35 Мен тынчтык эмес, уулун атасынан, кызын энесинен, келинин кайненесинен ажырата турган кылыч алып келдим. 36 Адам баласынын душмандары – өз үйүндөгүлөрү. †37 Атасын же энесин Менден артык сүйгөн адам Мага жарабайт. Баласын же кызын Менден артык сүйгөн адам Мага жарабайт. 38 Ошондой эле өзүнүн айкаш жыгачын көтөрбөстөн, Мени ээрчиген адам да Мага жарабайт. 39 Өмүрүн аяган адам аны сактамак турсун жоготуп алат, ал эми ким Мен үчүн өмүрүн жоготсо, ал аны кайрадан табат.

### Чыныгы сыйлык

40 Ким силерди кабыл алса, Мени кабыл алганы, ал эми ким Мени кабыл алса, Мени Жибергенди кабыл алганы. 41 Пайгамбарды пайгамбар катары кабыл алган адам, пайгамбарга бериле турган сыйлыкты алат. Кудайдын каалоосу менен жашаган адамды Кудайдын каалоосу менен жашаган адам катары кабыл алган адам, Кудайдын каалоосундай жашаган адамга бериле турган сыйлыкты алат. 42 Шакирттеримдин эң кичинесин Менин шакиртим катары кабыл алып, бир чыны муздак суу берсе, анда, силерге чын айтам, ал адам тиешелүү сыйлыгын сөзсүз алат.

11 Ыйса он эки шакиртине насаат-буйруктарын айтып бүтүп, ал жерден кетти да, Галилеянын шаарларына таалим берип, Жакшы Кабарды жар салууга жөнөдү.

### Ыйса жана Жакыя

2 Ал эми Жакыя болсо Машаяктын кылган иштери тууралуу түрмөдө отурган жеринен кабардар болду. Ошондо ал шакирттерин Ыйсага жиберип: 3 «Келе турган Куткаруучу сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?» †† – деп суратты.

4 Ыйса аларга:

– Баргыла, уккан-көргөнүңөрдү Жакыяга айтып бергиле: 5 сокурлардын көзү көрүп, буту шал болгондор басып, пес оорулуулар айыгып, дүлөйлөр угуп, өлгөндөр кайра тирилип, жакырларга Жакшы Кабар тарап жатат. 6 Ушул кылгандарымды көрүп туруп, Менин ким экенимен шек санабаган адам бактылуу, – деп жооп берди.

7 Жакыя жиберген адамдар кеткенде, Ыйса элге Жакыя тууралуу мындай деди:

– Ээн талаага эмнени көргөнү бардыңар эле? Шамал термелткен камыштыбы? 8 Айткылачы, деги эмнени көрөлү деп бардыңар эле? Кооз кийимчен адамдыбы? Кооз кийимчендер ал жакта эмес, тигине, алар падыша сарайларда. 9 Анда эмнени көргөнү бардыңар? Пайгамбардыбы? Ооба! Силерге айтып коёюн: ал пайгамбардан да улуу. 10 Ыйык Жазууларда Кудай:

«Мына, Сенин алдыңан кабарчымды жиберемин, ал Сенден мурда барып, басар жолуңду даярдайт», ‡

– деп ушул адам жөнүндө айткан. 11 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: энеден туулгандардын бири да Жакыя чөмүлдүрүүчүдөн улуу эмес! Бирок Асман Падышачылыгында эң кичине деп эсептелген киши да андан улуу. 12 Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн күндөрүнөн тартып азыркы кезге чейин Асман Падышачылыгына күч колдонуп келишкен жана күчтүүлөр аны тартып алышууда. 13 Анткени Жакыянын кызматы Муса калтырган Тоорат мыйзамы менен башка пайгамбарлардын китептериндеги алдын ала айтылгандарды жыйынтыктайт. 14 Эгерде сөзүмдү кабыл алгыңар келсе, анда Жакыя – бул кайтып келүүгө тийиш болгон Илиястын өзү. 15 Уга турган кулагы барлар уксун!

16 –17 Азыркы замандын адамдарын кимге окшотсом? Алар базарда олтуруп алып, бири бирине: «Той-тамаша күүсүн салып, чоор тартсак, эмнеге бийлебейсиңер, кошок кошсок, эмнеге ыйлабайсыңар?!» – деген жаш балдарга окшош. 18 Анткени кадимки тамактарды ичип-жебеген Жакыя келди эле, «буга жин тийиптир» дешти. 19 Башкаларга окшоп ичип-жеген Адам Уулу келди эле, «бул киши сугалак экен, шарапка жакын экен, салыкчылар менен күнөөкөрлөрдүн досу экен» – дешти. Бирок кандай болсо да, Кудайдын даанышмандыгы аны жактагандар тарабынан ырасталды.

### Ыйсанын сөзүн кабыл албаган шаарлар

20 Ошондо Ыйса Өз кереметтерин баарынан көбүрөөк көрсөткөн шаарларды уруша баштады. Анткени алар ниеттерин өзгөртүшпөдү:

– 21 Эй, шордуу Коразин! Эй, шордуу Бейтсайда! Эгер силерде жасалган укмуштар Тир менен Сидондо жасалган болсо, алар эбак эле катуу кайгырып, кенептен кийим кийип, күлгө олтуруп, ‡‡ ниеттерин өзгөртүшмөк. 22 Бирок силерге айтып коёюн: эми кыямат кайымда Тир менен Сидондун акыбалы силердикинен жеңилирээк болот. 23 А сен, Капарноом, текеберденип, төбөм менен көккө жетем деп ойлойсуңбу? Жок! Кудай сени жердин түпкүрүнө житире чабат. Анткени сенде жасалган

† ††

‡ ‡‡

укмуштар Содомдо да жасалган болсо, анда ал
бүгүнкү күндө бар болмок. [24] Бирок Мен силерге
айтып коёюн: кыямат кайымда силерге караганда,
Содом шаарына жеңилирээк болот.

### Чарчап-чаалыккандарга сүйүнчү

[25] Ошол убакта Ыйса мындай деди:
– Оо, Ата, асман менен жердин Ээси! Сени мактап,
даңазалайм, анткени Сен бул иштерди
даанышмандар менен акылмандардан жашырып,
жаш бала сыяктангандарга ачып көрсөттүң.
[26] Ооба, Атаке, Сен ушундай болушун кааладың.
[27] Атам бардыгын Мага өткөрүп берген. Уулунун
ким экенин Атасынан башка эч ким жакшы
билбейт. Атасын ким экенин да Уулунан жана Уулу
ачып көрсөткүсү келгендерден башка эч ким
жакшы билбейт. [28] Оор мээнеттин каамытынан
башы чыкпай, түйшүк жүгүн көтөрүп жүрүп,
чарчап-чаалыккандар, баарыңар Мага келгиле!
Мен силерди эс алдырам. [29] Менин каамытымды
кийип, Менден таалим алгыла, анткени Мен жоош-
момунмун жана жөнөкөймүн. Ошондо жаныңар
жай табат. [30] Анткени Менин каамытым жакшы,
жүгүм жеңил.

### Дем алыш күнү тууралуу

12 Дем алыш күндөрдүн биринде Ыйса эгин
талаасын аралап өтүп бара жатты.
Жанындагы шакирттери ачка болуп, буудайдын
башын жулуп жей башташты. [2] Муну фарисейлер
көрүп калышып Ыйсага:
– Карачы, шакирттериң дем алыш күнү тыюу
салынган ишти кылып жатышат! – дешти.
[3] Ыйса мындай жооп берди:
– Дөөт жанындагы адамдар менен бирге ач
калганда эмне кылганын окуган жок белеңер?
[4] Кудай үйүнө кирип, Эгебизге багышталган нанды
жанындагылар менен бирге жебеди беле! Бирок ал
нандарды жегенге эч акысы жок болчу. Аларды
жегенге динкызматчылардын гана акысы болгон.
[5] Дин кызматчылар ийбадатканада дем алыш күнү
ошол күндүн мыйзамын бузуп коюшса да айыпсыз
экендиги тууралуу Тоорат мыйзамынан окуган жок
белеңер? [6] Силерге айтып коёюн: бул жерде
ийбадатканадан да улуу Бирөө турат. [7] Эгерде
силер Кудайдын: «курмандыкты эмес,
боорукердикти каалайм!» † деген сөзүнүн маанисин
түшүнгөн болсоңор, анда айыпсыз адамдарды
соттобос элеңер. [8] Анткени Адам Уулу дем алыш
күнүнүн да ээси!

### Колу сенек адам

[9] Ыйса ал жактан кетип, синагогага келди.
[10] Синагогада колу сенек бир адам бар эле. Ошол
жерде тургандардан бирөөлөр Ыйсадан кынтык
таап, айыпка жыгуу максатында:
– Кудайдын мыйзамы боюнча дем алыш күнү да
адамды айыктырууга болобу? – деп сурашты.
[11] Ыйса:
– Бир кою дем алыш күнү чуңкурга түшүп калса,
араңардан кимиңер аны көрүп туруп, алып чыкпай
таштап коёт? [12] Адам баласы койдон алда канча
өйдө эмеспи! Демек, дем алыш күнү жакшылык
кылса болот, – деди.
[13] Анан колу сенек адамга кайрылып:
– Колуңду сунчу! – деди.
Тигил адам сунары менен айыгып, берки колу соо
колундай болуп калды. [14] Ошондо сыртка чыгып
кетишкен фарисейлер өз ара Ыйсаны кантип
өлтүрүш керектигин акылдашышты.

### Ыйса – Кудайдын сүйүктүү Кулу

[15] Ыйса болсо алардын бул ниетин билип, ал
жактан кетип калды. Анын аркасынан көп эл
ээрчиди. Ыйса алардын баарын айыктырып,
[16] адамдарга Өзү жөнүндө жарыя кылууга тыюу
салды. [17] Кудайдын Ышая пайгамбар аркылуу
айткан сөзү аткарылышы үчүн ушундай болду:
[18] «Бул Менин тандап алган Кулум,
Жаным ыраазы болгон Сүйүктүүм.
Мен Анын үстүнө Өз Рухумду түшүрөм,
Ал бардык элдерге өкүмүмдү жарыя кылат.
[19] Талашпайт да кыйкырбайт,
Көчөдө кыйкырып жатканын эч ким укпайт.
[20] Менин өкүмүмдү аягына жеткирмейин,
Бүктөлгөн камышты сындырбайт,
Быкшыган шамды өчүрбөйт.
[21] Ага бардык улуттар үмүттөрүн артышат». ††

### Ыйса жана шайтан

[22] Аңгыча жин даарыган бир сокур, дудук адамды
Ыйсанын алдына алып келишти. Ыйса аны
айыктырды. Сокур дудук сүйлөп, көзү көрүп калды.
[23] Элдин баары таң калып:
– Бул Дөөттүн урпагы эмеспи? – деп бири биринен
сурашты.
[24] Муну угуп калган фарисейлер:
– Бул жиндерди алардын башчысы –
Бээлзебулдун ‡ күчү менен кубалап жатат. Мындан
башкача болушу мүмкүн эмес! – дешти.
[25] Алардын оюн билген Ыйса мындай деди:
– Ичинен бөлүнүп-жарылган мамлекет кыйрайт,
ыркы кеткен шаар же үй-бүлө соо калбайт. [26] Эгер
шайтан шайтанды кубалап жатса, демек, ал өз
ичинен бөлүнүп-жарылып, өзүнө өзү каршы
чыкканы. Анан анын падышачылыгы кантип аман
калмак эле? [27] Эгер Мен жиндерди шайтандын күчү
менен кубалап жаткан болсом, анда өзүңөрдүн
шакирттериңер кимдин күчү менен кубалап жүрөт?
Ушул себептен шакирттериңердин кылган иштери
силерге калыс болсун. [28] А эгер Мен жиндерди
Кудайдын Руху менен кубалап жаткан болсом,

†

†† ‡

демек, силерге Кудай Өз Падышачылыгын орното
турган мезгилдин келип жеткени! [29] Алдуу адамдын
үйүнө кирген бирөө алды менен анын өзүн
байлабай туруп, үй-мүлкүн кантип тоноп кетет?
Алдууну байлагандан кийин гана анын үйүн тоной
алат. [30] Ким Мен тарапта болбосо, ал Мага каршы.
Ким Мени менен бирге жыйнабаса, ал чачат.
[31] Ошондуктан силерге айтып коёюн: адам
баласынын күнөөлөрү менен жаман сөздөрү бүт
кечирилет, а бирок кимде-ким Ыйык Рухка акарат
айтса, кечирилбейт. [32] Кимде ким Адам Уулуна
каршы сөз айтса кечирилет, а бирок Ыйык Рухка
каршы сүйлөгөн адам бул дүйнөдө да, тиги
дүйнөдө да кечирилбейт.

### Дарак жана анын мөмөлөрү

[33] Даракты жакшы баксаңар, мөмөсү да жакшы
болот, жаман баксаңар, мөмөсү да жаман болот.
Анткени дарактын кандай экени мөмөсүнөн
билинет.
[34] Эй, жылан тукумдары! Өзүңөр жаман болуп
туруп, анан кантип жакшы сөз сүйлөй алмак
элеңер? Анткени адамдын дили эмнеге толуп-
ташыса, ошол тилине чыгат. [35] Жакшы адам
дилиндеги жакшы казынасынан жакшылыкты
берет, жаман адам жаман казынасынан
жамандыкты берет.
[36] Силерге айтып коёюн: адамдар оозунан чыккан
ар бир куру сөзү үчүн кыяматтагы сот күнү Кудай
алдында жооп беришет. [37] Анткени айткан сөзүң
боюнча акталасың жана соттолосуң.

### Жышаан көргүсү келгендер

[38] Ошондо дин мугалимдери менен
фарисейлердин кээ бири Ыйсага:
– Устат, сиздин бизге бир кереметтүү жышаан
көрсөтүшүңүздү каалайбыз, – дешти.
[39] Ыйса мындай жооп берди:
–Бузулган жана күнөөкөр муун кереметтүү
жышаан көргүсү келет. Бирок Жунус пайгамбардын
окуясындагы жышаандан башка жышаан ага
көрсөтүлбөйт! [40] Жунус деңиз жырткычынын
курсагында үч күн, үч түн болгон сыяктуу Адам Уулу
да жер түбүндө үч күн, үч түн болот.
†[41] Ниневиликтер †† кыямат кайымда ушул муун
менен бирге кайра тирилип, аны айыпка жыгат,
анткени алар Жунустун сөзүн угуп, ниеттерин
өзгөртүшкөн. А бул жерде болсо Жунустан улуу
Бирөө турат. [42] Түштүк ‡ ханышасы да тирилип,
ушул муунду айыпка жыгат, анткени ал
Сулаймандын акылман сөзүн угуп кетейин деп,
дүйнөнүн аркы четинен келген. А бул жерде болсо
Сулаймандан да улуу Бирөө турат.

† †† ‡

### Кайра келген жиндер

[43] Кара күч адамдан чыккан соң, жанына тынчтык
издеп, какшыган чөлдөрдү кыдырып-кыдырып
таппайт. [44] Анан: «Кой, чыккан үйүмө кайра
барайын» деп кайра келет да, анын шыпырылып,
жыйналып бош турганын көрөт. [45] Кайра барып,
өзүнөн ашкан жети жинди ээрчите келет да, кирип,
жашай башташат. Ошондо жанагы адамдын
кийинки абалы мурункусунан да жаман болот.
Азыркы жаман замандын адамдары менен так
ошондой болот.

### Ыйсанын энеси жана бир туугандары

[46] Ыйса чогулгандарга сүйлөп жаткан. Аңгыча
энеси жана бир туугандары келип, Аны менен
сүйлөшөлү деп сыртта күтүп турушту. [47] Ошондо
кимдир бирөө:
– Сени менен сүйлөшкүсү келип, энең жана бир
туугандарың сыртта турушат, – деди.
[48] Ыйса ушул сөздү айтканга карап:
– Менин энем менен бир туугандарым кимдер? –
деди.
[49] Анан колун шакирттери тарапка сунуп:
– Менин энем менен бир туугандарым булар!
[50] Анткени ким асмандагы Атамдын каалоосун
аткарса, ошол Мага бир тууган ага-ини, эже-
карындаш жана эне болот, – деди.

### Дыйкан тууралуу ибарат

13 Ушундан соң, Ыйса үйдөн чыгып, кайрадан
көл жээгинде элди окута баштады. [2] Ошондо
жыйылган элдин көптүгүнөн кайыкка түшүүгө туура
келди. Эл болсо жээкте карап турду. [3] Ыйса көп
нерселерди ибараттап айтты. Ал мындай деди:
– Бир дыйкан эгин сепкени талаага чыгыптыр.
[4] Сепкен үрөндөрдүн кээси жол боюна түшүп, учуп
келген чымчыктарга жем болот. [5] Кээ бири аз гана
топурагы бар таштак жерге түшүп, кыртышы терең
болбогондуктан тез эле өсүп чыгат. [6] Бирок күн
чыкканда күйүп, тамыры терең болбогондуктан
куурап калат. [7] Кээси тикендин арасына түшөт. Анан
өсүп чыккан тикен астында басылып калат. [8] Ал эми
кээ бирлери жакшы кыртышка түшүп, өсүп чыгат
да, кээси жүз, кээси алтымыш, кээси отуз эсе түшүм
берет. [9] Уга турган кулагы барлар уксун!

### Ибараттын мааниси

[10] Шакирттер Ыйсага келип:
– Эмне үчүн тигилерге ибараттап айтып жатасың?
– деп сурашты.
[11] Ыйса мындай жооп берди:
– Анткени Асман Падышачылыгынын сырларын
билүү силерге буюрган. Аларга болсо буюрган
эмес. [12] Кимде бир аз түшүнүк бар болсо, ага дагы
берилип, анықы көбөйөт. Ал эми кимде жок болсо,
анын бар деп ойлогону да тартылып алынат.

13 Ушул себептүү Мен аларга «карап турушса да көрө алышпасын, тыңшап турушса да уга алышпасын» үчүн башкаларга ушинтип ибарат аркылуу сүйлөп жатам. 14 Ошондуктан Ышая пайгамбардын айткандары аткарылат. Ал мындай деген:

«Уксаңар да эч нерсе түйбайсыңар,
Карап туруп эч нерсе көрбөйсүңөр.
15 Анткени
Бул элдин дилин дат басып,
Оорлошуп кулагы,
Көздөрү калган тунарып.
Антпесе көрмөк көздөрү,
Кулактары ачылмак,
Жүрөгү туймак алардын.
Мага кайтып келишип,
Сакайтмакмын аларды». †

16 А силер бактылуусуңар, анткени көзүңөр көрүп, кулагыңар угат. 17 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: далай пайгамбарлар менен адилдер силер көргөндү көргүсү келген, бирок көрө алышпады, силер укканды уккусу келген, бирок уга алышпады.

### Дыйкан тууралуу ибараттын мааниси

18 Ошондуктан силер дыйкан тууралуу ибараттын маанисин угуп алгыла: 19 Кудайдын Падышачылыгы тууралуу сөздү угуп, бирок маанисин түшүнбөгөнгө азгыруучу келет да анын жан дүйнөсүнө түшкөн Кудайдын сөзүн уурдап кетет. Жол боюна түшкөн үрөндүн мааниси ушуну билдирет. 20 Ал эми таштак жерге түшкөн үрөн болсо Кудай сөзүн угары менен ошол замат кубана кабыл алган адамды билдирет. 21 Бирок тамыры болбогондуктан бир азга гана ишенип, кийин ишенгендиги үчүн кыйынчылыкка же куугунтукка кабылар замат ишенимден баш тартат. 22 Тикендердин арасына түшкөнү Кудай сөзүн уккан, бирок бул дүйнөнүн түйшүгү менен акчанын азгырыгына алдырып койгон адамды билдирет. Ушулар сөздү тумчуктуруп, сөз жемишсиз калат. 23 Ал эми жакшы кыртышка түшкөнү болсо Кудай сөзүн угуп, маанисин түшүнгөн адамды билдирет. Мындай адам жүз, алтымыш, отуз эсе жемиш берген үрөнгө окшош.

### Отоо чөптөр тууралуу ибарат

24 Ыйса аларга дагы бир ибаратты айтып таалим берди:

– Асман Падышачылыгы өз талаасына жакшы үрөн сепкен адамга окшош. 25 Бирок, эл уктап жатканда душманы келип, буудайлардын арасына отоо чөптөрдүн үрөнүн себет да кетип калат. 26 Буудай көгөрүп, баш байлай баштаганда, отоо чөптөр да кошо чыгат. 27 Ошондо талаанын ээсине кулдары келип: «Төрөм, сиз талааңызга жакшы үрөн эктиңиз эле го. Отоо чөптөр кайдан чыга калды?» – дешет. 28 Кожоюн: «Душмандарымдын бирөөсү кылган муну», – деп жооп берет. Кулдары: «Барып, отоп салалыбы?» – дешет. 29 Кожоюн: «Кереги жок, отоо чөптөрдү жулабыз деп, алардын тамыры менен кошо буудайларды жулуп салышыңар мүмкүн. 30 Оруу-жыюу маалы келгичекти өсө берсин. Кийин орокчуларга адегенде отоо чөптөрдү жулдуруп, өрттөө үчүн боо-боо кылып байлатып, буудайды болсо өзүнчө кампаларыма төктүртөм», – дейт.

### Сары кычынын даны тууралуу ибарат

31 Ыйса аларга дагы бир ибарат айтты:

– Асман Падышачылыгы бир адам өз талаасына эгип койгон сары кычынын данына окшош. 32 Сары кычынын даны уруктардын эң кичинеси болгон менен өсүп чыкканда, бардык өсүмдүктөрдөн чоң болот да, бутактарына канаттуулар учуп келип уялаган даракка айланат.

### Камыртуруш тууралуу ибарат

33 Ыйса аларга дагы бир ибарат айтып берди:

– Асман Падышачылыгы бир аял камыр ачытыш үчүн үч чара унга салган ачыткыга окшош.

### Ыйсанын ибарат менен айтышынын себеби

34 Ушунун баарын Ыйса элге ибарат кылып айтты, ибаратсыз аларга эч нерсе айткан жок. 35 Пайгамбар аркылуу айтылган сөз аткарылышы үчүн ушундайча сүйлөдү. Пайгамбар мындай деген: «Мен ибарат менен сүйлөйм. Дүйнө жаралгандан бери жашыруун болуп келген нерселерди жарыя кылам». ††

### Отоо чөп тууралуу ибараттын мааниси

36 Ошондо Ыйса элди коё берип, үйгө кирди. Шакирттери жанына келип:

– Талаадагы отоо чөптөр жөнүндөгү ибараттын маанисин бизге түшүндүрүп берчи, – дешти.

37 Ыйса аларга мындай деди:

– Жакшы үрөн сепкени – бул Адам Уулу. 38 Талаа болсо бул дүйнөнү билдирет. Жакшы үрөн – бул Кудай Падышачылыгынын атуулдары. Отоо чөптөр болсо азгыруучунун ишин кылган адамдар. 39 Аларды сээп кеткен – ибилис, оруу-жыюу мезгили – акыр заман, орокчулар – периштелер. 40 Ошондуктан акыр заманда да отоо чөптөр отолуп отко ыргытылгандай окуя болот. 41 Адам Уулу Өз периштелерин жиберип, Өз падышачылыгынан бардык азгырыктар менен дин безерлерди тердирет. 42 Анан аларды жалбырттап күйгөн мешке ыргытышат. Андагылар жаны кыйналганынан өкүрүп, тиштерин кычыратышат. 43 Ошондо адил адамдар асмандагы Атасынын Падышачылыгында күндөй болуп жаркырашат.

Уга турган кулагы барлар уксун!

---

†

††

### Катылган кенч тууралуу ибарат

44 Асман Падышачылыгы талаага катылган кенчке
окшош. Аны бир киши таап алып, эч жанга
билгизбей кайра катып коёт да, кубанганынан
колундагынын баарын сатып жиберип, кайра ошол
талааны сатып алат.

### Бермет тууралуу ибарат

45 Дагы Асман Падышачылыгы таза берметти
издеген соодагерге окшош. 46 Ал кымбат баалуу
берметти таап, аны сатып алуу үчүн келип,
колундагысынын баарын сатып жиберип, ошол
берметти сатып алат.

### Тор тууралуу ибарат

47 Дагы Асман Падышачылыгы деңизге
ыргытылып, ар түрдүү балыктарды жыйнап алган
чоң торго окшош. 48 Тор толгондо, аны жээкке
сүйрөп чыгышып, анан олтуруп алып жакшысын
себеттерге салышып, жамандарын ыргытып
жиберишет. 49 Акыр заманда ушундай болот:
периштелер келип, жаман адамдарды адилдерден
бөлүп алышат да, 50 жалындаган мешке
ыргытышат. Андагылар жаны кыйналганынан
өкүрүп, тиштерин кычыратышат.

### Асман Падышачылыгы тууралуу билим

51 Анан Ыйса шакирттерине:
– Айткандарымдын баарын түшүндүңөрбү? –
деди.
Шакирттери:
– Ооба, – деп жооп беришти.
52 Ыйса сөзүн улады:
– Ошондуктан Асман Падышачылыгы тууралуу
билимге ээ болгон ар бир дин мугалими өзүнүн
кенч сактагыч жайынан жаңы буюмдарын да, эски
буюмдарын да сыртка алып чыккан үй ээсине
окшош.

### Ыйсанын Өз мекенинде четке кагылышы

53 Ыйса ушул ибараттарын айтып бүтүп, ал жактан
кетип калды. 54 Анан Өзүнүн чоңоюп өскөн
шаарына келди да, андагы синагогага барып,
таалим берди. Анын таалими адамдарды
таңдантты. «Мындай акылмандык менен
укмуштарды жасай турган кудуретти ал кайдан
алды экен? 55 Бул биздеги эле жыгач устанын
баласы эмеспи?! Энеси – Мариям, ал эми Жакып,
Жосе, Ысман жана Жүйүт бир туугандары эмеспи?!
56 Карындаштарынын баары тең арабызда
жашашат го?! Мынчалык акылмандык менен
кудуреттин баарын ал кайдан алды болду экен?!» –
дешип, 57 Ыйсага ишене албай баштары катты.
Ыйса болсо:
– Пайгамбар бардык жерде кадыр-барктуу болсо
да, өз эл-журту менен үй ичинде анын кадыры
билинбейт, – деди аларга.
58 Алардын ишенбестигинен улам Ыйса ал жерде
көптөгөн укмуштарды жасаган жок.

### Жакыянын өлүмү

14 Ошол убакта Ыйса жөнүндөгү кабар
Галилеянын акими Иродко жетти. 2 Ал
малайларына:
– Бул Жакыя чөмүлдүрүүчү, ал тирилип кетиптир,
укмуштуу иштерди кылып жатканынын себеби
ошондон, – деди.
3 Ирод бир тууганы Филиптин аялы Иродиянын
айынан Жакыяны карматып, кишендеп, түрмөгө
отургузуп койгонунан улам ушундай деген эле.
4 Анткен себеби Жакыя: «Сенин Иродияга
үйлөнгөнүң туура эмес!» – деп айткан болчу. 5 Ушул
сөзү үчүн Ирод аны өлтүргүсү келди, бирок элден
корккондугунан батына албады, себеби эл
Жакыяны пайгамбар деп эсептечү. 6 Анткен менен
Ироддун туулган күнүндө Иродиянын кызы
меймандардын алдында бийлеп, Ироддун купулуна
толду. 7 Ошондо Ирод ага каалаган нерсесин
берүүгө ант берди.
8 Иродиянын кызы болсо, энесинин кеңеши
боюнча: «Мага Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн башын
азыр табакка салып, алдырып келиңиз» деди.
9 Кыздын сураганы падышаны капалантса да,
меймандарынын алдында берген антынан улам
талабын орундатууну буюрду. 10 Жакыянын башын
кесип келүү үчүн түрмөгө кишилерин жиберди.
11 Алар башты табакка салып келип, кызга
беришти. Кыз болсо энесине алып барып берди.
12 Ошондо Жакыянын шакирттери келип, анын
сөөгүн алып чыгып, көргө коюшту да, Ыйсага
барып, болгон ишти айтып беришти.

### Ыйсанын беш миң кишини тойгузушу

13 Бул кабарды уккан Ыйса кайыкка түштү да
элден бөлүнүп, ээн жерге жалгыз кетип калды.
Ыйсанын кайык менен кеткенин уккандар
шаарлардан чыгып, жөө-жалаңдап артынан
түшүштү. 14 Ыйса кайыктан чыкканда, көптөгөн
элди көрүп, аларга боору ооруп, оорулууларын
айыктырды. 15 Кеч киргенде, шакирттери Ага келип:
– Бул жер ээн экен, кеч да болуп кетти,
ошондуктан элди коё бер, айылдарга барып,
жегенге бирдеме сатып алышсын, – дешти.
16 Бирок Ыйса аларга:
– Элдин кетишинин кереги жок, жегенге
бирдемени силер бергиле, – деди.
17 Шакирттери:
– Бул жерде эч нерсебиз жок, болгону беш нан
менен эки балыгыбыз гана бар, – дешти.
18 Ыйса:
– Аларды Мага алып келгиле, – деди.

19 Анан элди чөптүн үстүнө олтургула деп буйруду
да, жанагы беш нан менен эки балыкты алып,
асманды карап Кудайга шүкүрчүлүк келтирип,
нанды сындырды да, шакирттерине берди.
Шакирттери болсо элге таратышты. 20 Баары жеп
тоюшту. Нандын арткан үзүмдөрүн жыйнашканда,
он эки себет толду. 21 Аялдар менен балдарды
айтпаганда, жеген эркектердин эсеби беш миңдей
эле.

### Ыйсанын суу үстү менен басышы

22 Ушундан соң, Ыйса шакирттерин кайыкка
олтургузду. Элди коё бергичекти Өзүнөн мурда
аркы өйүзгө сүзүп өткүлө деп буюрду. 23 Элди
таркаткан соң, Өзү жалгыз сыйынуу үчүн тоого
чыкты. Түн киргенге чейин тоодо жалгыз калды.
24 Кайык болсо жээктен алыстап, бет маңдайдан
соккон шамалдан улам чоң толкундарды жирей,
араң жылып баратты. 25 Таң азанда Ыйса суу үстү
менен басып, шакирттерине келди. 26 Анын суу
үстүнөн басып келе жатканын көргөн
шакирттердин үрөйү учуп, Аны арбак экен деп
ойлоп, коркконунан бакырып жиберишти.
27 Ыйса ошол замат аларга:
– Коркпогула, бул Мен элемин! – деди.
28 Петир болсо:
– Устат, эгер бул сен болсоң, анда «суу үстү менен
басып кел» деп буйручу мага, – деди.
29 Ыйса:
– Кел, – деди.
Ошондо Петир кайыктан чыгып, суунун үстү
менен Ыйсага жөнөдү. 30 Бирок шамалды көрүп,
коркуп кетти. Чөгүп баратып:
– Эгем, мени сактап кал! – деп кыйкырып
жиберди.
31 Ыйса дароо колун созуп, аны сүйөй калды да:
– Ишеними аз десе, эмне үчүн шектендиң? – деди.
32 Алар кайыкка түшкөндө, шамал басылды.
33 Кайыктагылар Ыйсага таазим кылышып:
– Сен чындыгында Кудай Уулусуң, – дешти.

### Генисареттеги оорулуулардын сакайышы

34 Алар көлдүн аркы бетине сүзүп өтүп, Генисарет
жерине жетишти. 35 Жергиликтүү эл Ыйсаны
таанышып, бүткүл аймакка кабар таратып, Анын
алдына бардык оорулууларды алып келишти.
36 Анан Ыйсадан «алар жок дегенде кийиминиздин
этегине колун тийгизсе болобу» деп суранып
жатышты. Ал эми колун тийгизгендердин баары
кулландан соо болуп айыгып кетип жатышты.

### Ата-бабалардын салты

15 Ошондо Иерусалимден фарисейлер менен
дин мугалимдери келип, Ыйсага мындай
дешти:
– 2 Эмне үчүн шакирттериң улуулардан калган
салтты бузуп жатышат? Алар кол жуу расмисин
сактабай эле нан жешет экен.
3 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– А өзүңөрчү? Эмне үчүн өзүңөр салттарыңарды
шылтоолоп, Кудайдын осуятын бузуп жатасыңар?
4 Кудай эмне деди эле? «Ата-энеңди сыйла!», †
«Атасын же энесин сөккөн адам өлүм жазасына
тартылсын!» †† – деген. 5 А силер: «Эгер ким атасы
же энесине: "силерге бере турган нерсемдин
баарын Кудайга багыштадым" десе, 6 анда ал атасы
же энеси үчүн эч нерсе кылбай эле койсо болот»
деп, элге үйрөткөн ушул салтыңар менен Кудайдын
сөзүн жоюп салдыңар.
7 О, эки жүздүүлөр! Силер тууралуу Ышая
пайгамбар таамай айтыптыр:
8 «Тили менен Мени сыйлап жатса да,
Дили менен бул эл Менден алыс бейм
9 Адам салтын Меники деп окутуп,
Мага келип табынганы пайдасыз». ‡

### Адамды арам кылган эмне?

10 Анан Ыйса элди чакырып алып, дагы мындай
деди:
– Кунт коюп уккула да, түшүнүп алгыла. 11 Адамды
оозуна кирген нерсе эмес, оозунан чыккан нерсе
арам кылат!
12 Ыйса ушундай дегенде, шакирттери басып
келишти да:
– Билесиңби, сенин сөзүңдү угуп, фарисейлер
абдан таарынып жатышат? – дешти.
13 Ыйса болсо шакирттерине:
– Менин асмандагы Атам тикпеген ар бир
өсүмдүк тамыры менен жулунат. 14 Алардан оолак
болгула, алар сокурлардын сокур жетекчилери.
Сокур сокурду жетелесе, экөө тең чуңкурга кулап
түшөт, – деп жооп берди.
15 Ошондо Петир буга:
– Бул ибараттын маанисин бизге түшүндүрүп
берчи, – деди.
16 Ыйса:
– Чындап эле силер да али түшүнө элексиңерби?
17 Адамдын оозуна кирген нерсе ашказандан өтүп,
сыртка чыгарын билбейсиңерби? 18 Адамдын
оозунан чыккан нерсе болсо жүрөктөн чыгат да,
аны арам кылат. 19 Анткени адамдын жүрөгүнөн
арам ой, адам өлтүрүүчүлүк, ойноштук, бузукулук,
уурулук, жалган-жалаа, уу сөздөр чыгат. 20 Адамды
ушулар арам кылат. Ал эми кол жуу расмисин
сактабай тамак ичиш адамды арам кылбайт, – деп
жооп берди.

### Чет элдик аялдын ишеними

21 Ыйса ал жактан чыгып, Тир менен Сидон
шаарлары тарапка кетип калды. 22 Аңгыча алдынан

† †† ‡

ошол жерде жашаган канаандык бир аял тосуп
чыгып:
– О, Дөөттүн Уулу! Ырайым кыла көрүңүз мага,
таксырым! Кызымды жин даарып, катуу кыйналып
жатат – деп кыйкырды.
23 Ыйса болсо жооп бербеди. Ошондо шакирттери
Ага келип:
– Бул аялды коё берип койчу. Аркабыздан калбай
кыйкырып келатат, – деп суранышты.
24 Бирок Ыйса:
– Мен Ысрайылдын жоголгон койлоруна гана
жиберилгем, – деп жооп берди.
25 Тигил аял болсо Ыйсага жакын келип, чөк
түшүп:
– Таксыр, мага жардам кылсаңыз, – деп жалынды.
26 Ыйса:
– Балдардын нанын алып, иттерге ыргыткан
жакшы эмес, – деди.
27 Аял:
– Ооба, таксырым, бирок иттер деле
кожоюндарынын дасторконунан түшкөн
күкүмдөрдү жейт эмеспи! – деди.
28 Ошондо Ыйса:
– О, аял! Ишенимиң күчтүү экен, тилегиң кабыл
болсун, – деди.
Ошондо аялдын кызы дароо айыгып кетти.

### Ыйсанын көп адамдарды айыктырышы

29 Ыйса ал жактан чыгып, Галилея көлүнө барды
да, тоого чыгып отурду. 30 Ошондо Ага аксак, чолок,
сокур, дудук жана башка көптөгөн оорулууларды
алып, көп эл келди да, аларды Анын алдына
коюшту. Ыйса баарын сакайтты. 31 Дудуктарга тил
кирип, майыптар айыгып, сокурлардын көзү көрүп
калганын көрүп турган эл аң-таң болуп, Ысрайыл
табынган Кудайды даңктады.

### Ыйсанын төрт миң кишини тойгузушу

32 Ыйса шакирттерин чакырып алып:
– Элге боорум ооруп атат. Үч күндөн бери
жанымда, жегенге эч нерселери жок. Алар жолдо
алсырап, жыгылып калбас үчүн Мен аларды ачка
коё бергим келбей турат, – деди.
33 Шакирттери:
– Бул ээн талаада ушунча элдин баарын тойгузуу
үчүн нанды кайдан алабыз? – дешти.
34 Ыйса:
– Канча наныңар бар? – деп сурады.
Алар:
– Жети нан дагы бир нече кичинекей балыгыбыз
бар, – деп жооп беришти.
35 Ошондо Ыйса элди жерге олтургузгула деп
буйруду да, 36 алиги жети нан менен балыктарды
алып, Кудайга шүкүрчүлүк келтирип, нанды
сындырды да шакирттерине берди. Шакирттери
болсо элге таратышты. 37 Баары жеп, тоюнушту.
Нандын арткан үзүмдөрүн жыйнашканда, жети
себет толду. 38 Аялдар менен балдарды айтпаганда,
жеген эркектердин эсеби төрт миңдей эле.
39 Ушундан соң, Ыйса элди коё берип, Өзү кайыкка
түшүп, Магадан аймагына келди.

### Жышаан талап кылуу

16 Фарисейлер менен садукейлер келип,
Ыйсаны сынап, асмандан бир жышаан-белги
† көрсөтүүсүн суранышты. 2 Ошондо Ыйса айтты:
– Силер кечинде: «Күн кызарып батты, демек
эртең аба-ырайы жакшы болот», – дейсиңер.
3 Эртең менен: «Бүгүн жаан-чачын болот, анткени
асман кызарып турат», – дейсиңер. Асман
кубулуштарын билесиңер да, ал эми заман
өзгөртчү окуяларды билбейт экенсиңер. 4 Бузулган
жана күнөөкөр муун кереметтүү жышаан көргүсү
келет. Бирок Жунус пайгамбардын окуясындагы
жышаандан башка жышаан ага көрсөтүлбөйт!
Ыйса ушундай деди да, аларды калтырып, башка
жакка кетип калды.

### Фарисейлер менен садукейлердин таалими тууралуу

5 Шакирттер аркы өйүзгө барышты да, бирок нан
алганды унутуп калышты. 6 Ыйса аларга айтты:
– Абайлагыла, фарисей менен садукей
ачыткысынан сак болгула.
7 Алар өз ара: «Биз нан албаганыбыз үчүн айтып
жатат го», – дешти.
8 Ыйса муну билип, аларга:
– Ай, ишеними аздар! Эмнеге өз ара нан ала
келбептирбиз деп жатасыңар? 9 Кылгандарымды
дале түшүнгөн жоксуңарбы? Өткөндү
эстебейсиңерби? Беш нан беш миң кишиге жетип,
артканын жыйнап алганыңарда канча себет болду
эле? 10 Жети нан төрт миң кишиге жетип,
арткандарын жыйнагандачы? 11 Фарисейлер менен
садукейлердин ачыткысынан сак болгула
дегенимде нан тууралуу айтпаганымды кандайча
түшүнбөйсүңөр? – деди.
12 Ошондо шакирттер Ыйсанын ачыткыдан эмес,
фарисейлер менен садукейлердин окутуусунан сак
болууну айтканын түшүнүштү.

### Ыйсанын Машаяк экендиги

13 –14 Ыйса Филип Кесария деген шаардын
аймагына келгенде, шакирттерине мындай суроо
берди:
– Мени, Адам Уулун, эл ким деп эсептешет?
Шакирттери:
– Кээ бир адамдар Жакыя чөмүлдүрүүчү деп, кээ
бири Илияс пайгамбар деп, а кээси Жеремия же
башка пайгамбарлардын бири деп жатышат, –
дешти.
– 15 А силерчи, – деди Ыйса аларга, – силер Мени
ким деп эсептейсиңер?

†

16 Ошондо Ысман-Петир:
– Сен Машаяксың, тирүү Кудайдын Уулусуң! – деп
жооп берди.
17 Ыйса айтты:
– Сен бактылуу адамсың, Баржунус уулу Ысман,
анткени муну сага кан менен денеден турган пенде
эмес, асмандагы Атам ачып берди. 18 Мен да сага
айтам: сен Петирсиң, † ушул аска таштын үстүнө
Мен Өзүмдүн Жыйынымды курамын, аны өлүм да
жеңе албайт. 19 Мен сага Асман
Падышачылыгынын ачкычтарын берем, жер
бетинде эмнеге тыюу салсаң, ал асманда да тыюу
салынган болушу керек, жер бетинде эмнеге
уруксат кылсаң, ал асманда да уруксат берилген
нерсе болушу керек.
20 Ушундан соң, Ыйса шакирттерине:
– Менин Машаяк экенимди эч кимге айтпагыла! –
деп катуу эскертти.

### Ыйса Өзүнүн азап тартып өлөрүн алдын ала айтат

21 Ушул убактан баштап Ыйса Иерусалимге
барышы керектигин, андан эл башчылары,
жогорку динкызматчылар жана дин мугалимдери
тарабынан көп азап чегип, өлтүрүлөрү, анан
үчүнчү күн дегенде кайра тирилүүгө тийиш
экендиги тууралуу айта баштады. 22 Петир Аны
четке чакырып алып:
– Кой, анын бетин ары кылсын, устатым, сени
Кудай сактасын! – деп Ага каршы болуп кирди.
23 Ыйса Петирге бурулуп:
– Жогол Менден, шайтан! Мага тоскоол болуп
жатасың, себеби сен Кудайдын эмес, пенденин оюн
ойлоп жатасың! – деди.
24 Анан шакирттерине мындай деди:
– Кимде-ким Мени ээрчигиси келсе, өз
кызыкчылыктарынан баш тартсын да, өз айкаш
жыгачын көтөрүп, жанын берүүгө даяр болуп,
артыман түшсүн! 25 Анткени ким өз жанын сактайм
десе, аны жоготот, ал эми ким жанын Мен үчүн
берсе, ал ага кайрадан ээ болот. 26 Бүт дүйнөгө ээ
болуп, бирок жанын жоготкондон адамга не пайда?
Же кандай баа менен адам баласы жанын сактап
кала алат? 27 Анткени Адам Уулу Атасынын кудурети
менен периштелеринин коштоосунда көктөн келет
да, кылган иштерине жараша ар кимге тиешелүү
шыбагасын берет.
28 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: ушул
жерде тургандардын кээ бирлери Адам Уулунун
Падыша болуп келгенин көргөнгө чейин көз
жумбайт.

### Тоодогу кубулуш

17 Ушундан алты күн өткөндө, Ыйса Петирди
жана бир туугандар Жакып менен Жаканды
башкалардан бөлүп алып, бир бийик тоого алып
чыкты. 2 Алардын алдында Ыйсанын кебетеси
өзгөрүп, бети күндөй нурланып, кийимдери болсо
аппак болуп, жаркырап кетти. 3 Аңгыча Муса менен
Илияс пайда болуп, Ыйса менен маек курушту.
4 Ошондо Петир мындай деди:
– Устат, бул жерде болгонубуз кандай жакшы! Кел,
үч алачык тигели: бирин сага, бирин Мусага, дагы
бирин Илияска.
5 Петир сөзүн аяктай электе бир аппак,
жаркыраган булут аларга көлөкөсүн түшүрүп, ошол
булуттан үн чыкты:
– Бул Менин сүйүктүү Уулум Ыйса. Мен Ага
ыраазы болдум. Аны уккула!
6 Муну уккан шакирттердин үрөйү учуп, жерге
кулап түшүштү. 7 Ошондо Ыйса келип, аларга колун
тийгизди да:
– Коркпогула, өйдө тургула! – деди.
8 Шакирттер өйдө карап, жалгыз Ыйсадан башка
эч кимди көрө алышпады.
9 Тоодон түшүп келатышканда, Ыйса аларга:
– Адам Уулу өлүп, кайра тирилгенге чейин бул
көрүнүш тууралуу эч кимге ооз ачпагыла! – деп
буйруду.
10 Ошондо шакирттери:
– Эмне үчүн дин мугалимдери «Машаяк келерден
мурун Илияс келиши керек» дешет? – деп сурашты.
11 Ыйса:
– Туура, алды менен Илияс келип, баарын ордуна
келтирет. 12 Силерге айтып коёюн: Илияс келди,
бирок аны таанышбай, ага өз каалагандарын
кылышты. Эми Адам Уулу да алардын колунан азап
чекмекчи, – деп жооп берди.
13 Ошондо шакирттери анын Жакыя чөмүлдүрүүчү
тууралуу айтып жатканын түшүнүштү.

### Жин даарыган баланын айыгышы

14 Ыйса шакирттери менен чогулган элге басып
келгенде, бир киши Ыйсанын алдына чөгөлөй
калып:
– 15 Устат, менин балама боорукерлик кыла көр,
анын талмасы бар, ошондон азап чегип,
кыйналууда. Далай ирет от менен сууга боюн
таштады. 16 Шакирттериңиздин алдына алып
бардым эле, айыктыра алышпады, – деди.
17 Ошондо Ыйса:
– Эй, ишеними жок, бузулган эл! Качанга чейин
араңарда болуп, силерге чыдаар экем? Баланы
алып келгиле бери! – деди.
18 Баланы алып келишкенде, Ыйса буйрук берип,
баладан жинди кууп чыкты. Ошол замат ал айыгып
кетти. 19 Ошондо шакирттери Ыйсадан өзүнчө:
– Эмне үчүн биз аны кубалап чыга албадык? – деп
сурашты.
– 20 Ишенимиңердин аздыгынан, – деп жооп
берди Ыйса аларга. – Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: сары кычынын данындай кипкиченекей
ишенимиңер болсо, мына бул тоого: «Бул жактан
тигил жакка которул!» – десеңер, которулат.
Силердин колуңардан келбеген нерсе болбойт. ††

†

### Ыйса Өз өлүмү тууралуу дагы бир ирет айтат

22 Шакирттери менен Галилеяда бир жерде
болушканда, Ыйса аларга айтты:
– Адам Уулу кишилердин колуна түшөт, 23 Аны
өлтүрүшөт, анан үчүнчү күнү Ал кайра тирилет.
Муну укканда, шакирттери абдан кайгырышты.

### Ийбадатканага төлөнчү салык

24 Ыйса шакирттери менен Капарноомго
барганда, ийбадатканага төлөнүүчү салыкты
жыйноочулар Петирге келип:
– Устатыңар салыкты төлөмөк беле? – дешти.
25 Петир:
– Төлөйт, – деди.
Петир үйгө кирип, сүйлөйүн дегенде, Ыйса
озунуп:
– Сен кандай дейсиң, Ысман, жердеги падышалар
салык менен жылдык төлөмдү кимдерден алышат?
Өз элиненби же башкаларданбы? – деген суроону
узатты.
26 Петир:
– Башкалардан, – дегенде, Ыйса:
– Анда өз эли – салыктан эркин. 27 Бирок аларды
наараазы кылбоо үчүн деңизге барып, кайырмак сал
да, биринчи түшкөн балыкты алып, оозун ачсаң,
бир тыйын бар, ошону алып, экөөбүз үчүн берип
кой, – деди.

### Кимдин жолу улуу?

18 Ошол убакта Ыйсага шакирттери келип:
– Асман Падышачылыгында кимдин жолу
улуу болот болду экен? – деп сурашты.
2 Ыйса бир кичине баланы чакырып алды да,
шакирттеринин ортосуна тургузуп туруп, мындай
деди:
– 3 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: жан
дүйнөңөрдү жаш балдардыкындай кылып
өзгөртпөсөңөр, Асман Падышачылыгына кире
албайсыңар. 4 Ким өзүн ушул наристе баладай
момун тутса, Асман Падышачылыгындагы улуу –
ошол. 5 Ким Мен үчүн ушундай баланы кабыл алса,
Мени кабыл алганы.

### Азгырыктар

6 Кимде-ким Мага ишенген мына бул
кичинекейлердин бирин азгырып, күнөөгө
батырса, ал үчүн мойнуна тегирмендин ташы
байланып, деңиздин эң терең жерине
ыргытылганы оң болмок. 7 Азгырыктардын
көптүгүнөн бул дүйнөдөгүлөрдүн шору куруйт.
Күнөөгө батырган азгырыктар келбей койбойт,
бирок ким аркылуу келсе, ошонун шору. 8 Эгерде
сени колуң же бутуң күнөөгө азгырып жатса, анда
аны кыя чап да, өзүңдөн алыс ыргытып жибер.
Колу-бутуң соо бойдон тозоктун өчпөс отуна
ыргытылгандан көрө, колу-бутсуз бейишке
чыкканың жакшы! 9 Эгерде сени көзүң күнөөгө
азгырып жатса, аны оюп алып, ыргытып жибер.
Эки көзүң соо тозоктун өчпөс отуна ыргытылгандан
көрө, бир көзүң менен бейишке чыкканың жакшы.

### Жоголгон кой тууралуу ибарат

10 Сак болгула, мына бул карапайым адамдардын
бирин да капарыңарга албай койбогула, силерге
айтып коёюн: булардын периштелери Менин
асмандагы Атамдын жүзүн дайыма көрүп турушат. †
12 Кандай деп ойлойсуңар: эгер жүз кою бар
адамдын бир кою жоголуп кетсе, токсон тогузун
тоого таштап, адашканын издебей жатып алабы?
13 Эгер таап алса, анда, силерге бир чындыкты
айтып коёюн, токсон тогуз адашпаган койлоруна
караганда, таап алган алиги кою үчүн көбүрөөк
кубанат. 14 Ошонун сыңарындай, асмандагы Атаңар
Мага ишенген мына бул карапайым адамдардын
биринин да жоголуп кетишин каалабайт.

### Күнөө кылган боордоштор тууралуу

15 Эгер боордошуң сага жамандык кылса, анда бар
да, жекече сүйлөшүп, күнөөсүн бетине айт. Эгер
сөзүңдү укса, анда аны менен кайрадан ынтымакка
келгениң. 16 Укпай койсо, анда «ар кандай иш эки-
үч күбө тарабынан ырасталышы үчүн» †† өзүң
менен дагы бир же эки кишини ээрчите бар.
17 Аларды да укпай койсо, анда жыйынга айт.
Эгерде жыйынды да укпай койсо, анда ал сен үчүн
Кудайды тааныбаган адам же салыкчы катары
эсептелсин.
18 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: жер
бетинде эмнеге тыюу салсаңар, ал асманда да тыюу
салынган нерсе болушу керек, жер бетинде эмнеге
уруксат берсеңер, ал асманда да уруксат кылынган
нерсе болушу керек. 19 Силерге бир чындыкты
айтып коёюн: эгерде жерде экөөңөр макулдашып
алып, бир нерсени сурасаңар, асмандагы Атам
силер үчүн ошону кылып берет. 20 Анткени Менин
урматыма чогулган эки-үч адамдын арасында Мен
өзүм болом.

### Ырайымсыз кызматчы

21 Ошондо Петир Ыйсага келип:
– Устат, менин боордошум мага жамандык кылса,
канча жолу кечиришим керек? Жети жолу кечирсем
жетеби? – деди.
22 Ыйса ага айтты:
– Жети жолу дебейм, бирок жетиден жетимиш
жолу дейм. 23 Мындай дегенимдин себеби – Асман
Падышачылыгы өз кызматчылары менен
эсептешкиси келген падышага окшош. 24 Адегенде
ал падышага ат башындай күмүш карызы бар
адамды алып келишет. 25 Төлөгөнгө чамасы
жетпегендиктен падыша аны аялы жана бала-

††

† ††

чакасы менен кошо, ошондой эле колундагы
болгон нерсесинин баарын сатып, карыздын
эсебине берүүгө буйрук чыгарат. [26] Ал киши
падышанын бутуна жыгылып: «Бир аз күтө туруңуз,
мен сизге баарын кайтарып берем», – деп жалынат.
[27] Ошондо падышанын боору ооруп, кызматчыны
бошотуп, бардык карызын кечип коёт. [28] Ал
азаттыкка чыгып, өзүнө жүз күмүш теңге †
карыздар болгон бир кызматташ жолдошуна келет
да: «бардык карызыңды төлө!» – деп аны алка-
жакадан алып, муунтуп кирет. [29] Ошондо
кызматташ жолдошу алдына жыгылып: «Бир аз
күтө турчу, мен сага берем», – деп суранат. [30] Тиги
көнбөй, карызыңды төлөмөйүнчө жатасың деп аны
зынданга салат. [31] Муну көргөн башка
кызматташтары терең кайгыга батышып,
падышага болгон ишти төкпөй-чачпай айтып
беришет. [32] Ошондо падыша баягы кишини өзүнө
чакырып алып, мындай дейт: «Эй, адепсиз
кызматчы! Сен суранганыңдан карызыңдын
баарын мен кечип койгон элем. [33] Мен сага
ырайым көрсөткөндөй, сен да өз кызматташыңа
ырайым көрсөтүшүң керек эмес беле?» [34] Ошентип,
каарданган кожоюн: «Карызыңды толук кайтарып
бергенче, эркиндикке чыкпайсың!» – деп, аны
желдеттердин колуна салып берет.
[35] Боордошуңарды чын жүрөктөн кечирбесеңер,
асмандагы Атам да силердин ар бириңерге
жогорудагыдай кылат.

### Ажырашуу маселеси

19 Ыйса сөзүн аяктап, Галилеядан чыгып,
Иордан дарыясынын чыгыш жагындагы
Иудея аймагына келди. [2] Көп эл Аны ээрчип барды.
Ал жактан Ыйса алардын арасындагы
оорулууларды айыктырды. [3] Ошондо фарисейлер
бир кынтык табуу ниетинде Ыйсага келишип:
– Эркек ар кандай себеп менен аялын коё берсе
болобу? – деп сурашты.
– [4] «Кудай башында адамдарды аял-эркек кылып
жараткан» †† дегенин окуган эмес белеңер? – деди
Ыйса аларга жооп берип. – [5] Андан соң, Кудай:
«Эркек ата-энесинен бөлүнүп, аялына кошулсун
жана экөө бир дене болушсун!» ‡ – деген.
[6] Ошондуктан алар эми экөө эмес, бирөө. Демек,
Кудай кошконду адам ажыратпасын.
[7] Алар Ыйсага:
– Анда кандайча Муса ажырашуу катын жазып
коё берсин ‡† деп осуят калтырып кеткен? – дешти.
[8] Ыйса аларга мындай деп жооп берди:
– Муса тоң моюндугуңардан улам силерге
аялыңарды коё берүүгө уруксат берген, бирок
башында мындай болгон эмес. [9] Мен болсо силерге
айтам: ойноштук кылуудан башка себеп менен
аялын коё берип, башкага үйлөнгөн адам өзү
ойноштук кылган болот.
[10] Ошондо шакирттери Ыйсага мындай дешти:
– Эгерде эркектин аялынын алдындагы милдети
ушундай болсо, анда үйлөнбөй эле койгону оң.
[11] Ыйса аларга мындай деди:
– Бул сөзүмдү баары эле кабыл ала алышпайт.
Кимдин аны кабыл алууга кудурети жетсе, ошолор
гана кабыл алышат. [12] Анткени кээ бирөөлөр тубаса
майып болгондуктан, үйлөнгөнгө жарамсыз, кээ
бирөөлөрдү адамдар зордоп бычып салышат, кээ
бирөөлөр болсо Асман Падышачылыгы үчүн
өздөрүн атайлап аял албас кылышат.
Кимдин муну кабыл алууга кудурети жетсе, кабыл
алсын.

### Ыйсанын балдарга батасын бериши

[13] Ошондо колун коюп, сыйынып батасын берсин
деп, Ыйсанын алдына жаш балдарды алып
келишти. Шакирттери болсо алып келгендерди
жемелеп, уруша башташтьı. [14] Бирок Ыйса:
– Балдар Мага келе берсин, алардын жолун
тоспогула! Себеби Асман Падышачылыгы
ошондойлордуку, – деди да, [15] алардын башына
колун коюп, батасын берип сыйынды. Андан соң,
ал жактан башка жакка жөнөп кетти.

### Бай жигит

[16] Аңгыча бир киши Ыйсага жакын басып келип:
– О, устат, түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн кандай
жакшы иш кылышым керек? – деп сурады.
[17] Ыйса ага:
– Жакшы иш тууралуу Менден эмне үчүн сурап
жатасың? Бир эле Жакшы бар. Түбөлүк өмүргө ээ
болгуң келсе, Кудайдын осуяттарын сактап жүр, –
деп жооп берди.
[18] Ал Ыйсага:
– Кайсы осуяттарын? – дегенде,
Ыйса:
– Киши өлтүрбө, ойноштук кылба, уурулук кылба,
жалган күбө болбо, [19] ата-энеңди урматта, ‡‡
башкаларды өзүңдү сүйгөндөй сүй, ‡‡† – деди.
[20] Жанакы жигит Ыйсага:
– Мунун баарын сактап келатам, дагы эмне
жетишпейт? – деди.
[21] Ыйса:
– Жеткилең болгуң келсе, анда бар да, колуңдагы
дүнүйөңү сатып, түшкөн акчаны бей-бечараларга
таратып бер, ошондо байлыгың көктө болот. Анан
кел да, Мени ээрчи, – деди.
[22] Муну укканда, жигиттин кабагы бүркөлгөн
бойдон жолуна түштү, анткени ал абдан бай эле.
[23] Ыйса ошондо шакирттерине кайрылып мындай
деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: бай
адамдын Асман Падышачылыгына кириши кандай
кыйын! [24] Дагы бир нерсени айтып коёюн: байдын
Кудай Падышачылыгына киргенинен көрө, төөнүн
ийне көзүнөн өтүшү оңой.

† †† ‡ ‡†

‡‡ ‡‡†

25 Муну укканда, шакирттери:
– Анда түбөлүк өмүргө ким ээ боло алат? – дешти,
айран-таң болушуп.
26 Ыйса аларга карап:
– Адамдын колунан келбегени менен, Кудайдын
колунан баары келет, – деди.
27 Ошондо Петир ордунан тура калып:
– Мына, биз баарын таштап салып, сени ээрчип
жүрөбүз. Эми бизге кандай сыйлык берилет? –
деди.
28 Ыйса жооп кылып, шакирттерине мындай деди:
– Мени ээрчиген силерге бир чындыкты айтып
коёюн, бардык нерселер кайрадан жаңы болгон
кезде, Адам Уулу Өзүнүн даңкка оронгон көктөгү
тактысына олтурганда, силер да он эки такка
олтуруп, Ысрайылдын он эки урууусун
башкарасыңар. 29 Кимде-ким Мен үчүн үйлөрүн, же
эркек же кыз бир туугандарын, же ата-энесин, же
балдарын, же менчик талаасын таштаса, ал
таштаганы жүз эселеп кайтарылып, түбөлүк өмүрдү
мураска алат. 30 Ошентип, азыр биринчи болуп
жүргөндөрдүн көбү акыркы болуп калышат, ал эми
азыр акыркы болуп жүргөндөр биринчи болушат.

### Жүзүмзардагы жалчылар тууралуу

–
20 Ыйса дагы мындай деди:
Асман Падышачылыгы өзүнүн
жүзүмзарында жалдап иштетүү үчүн эртең менен
эрте жумушчуларды издеп чыккан адамга окшош.
2 Тапканда, күнүнө бир күмүш теңгеден төлөп
берем деп убадалашып, аларды жүзүмзарына
жиберет. 3 Саат тогуздарда көчөгө чыгып, базар
жакта кыларга иши жок турган дагы бир нече
кишилерди көрөт. 4 Анан аларга: «Силер да менин
жүзүмзарыма баргыла, тийиштүү акыңарды нак
төлөп берем», – дейт.
5 Алар болсо дароо жүзүмзарга жөнөшөт.
Жүзүмзардын ээси саат он эки чендерде да,
үчтөрдө да чыгып, так ушундай кылат. 6 Акырында
саат беш чендерде дагы бир ирет көчөгө чыгып,
дагы ишсиз турган бир нече кишилерди көрөт да
аларга: «Эмне үчүн эртеден бери бул жерде ишсиз
турасыңар?» – дейт. 7 Тигилер ага: «Себеби эч ким
бизди жалдаган жок!» – деп жооп беришет. «Силер
да жүзүмзарга баргыла», – дейт жүзүмзардын ээси.
8 Кеч киргенде, жүзүмзардын ээси чарба
башчысына мындай деп буйрук берет: «Жалданган
кишилерди чакырып, эмгек акыларын төлө.
Биринчи эң акыркыларына берип, башында
келгендери менен аягында эсептеш!»
9 Ошондо саат бештерде келгендери бир күмүш
теңгеден алат. 10 Биринчи келгендери көбүрөөк
алабыз го деп турушкан, бирок алар да бир күмүш
теңгеден алып калышат. 11 Ошондо алар наразы
болуп, жүзүмзардын ээсине даттана башташат:
12 «Мына бул акыркы келгендер бир эле саат
иштешти. А сен болсо эртеден кечке маңдай
терибизди төгүп, мээ кайнаткан ысыкта иштеген
бизди тигилерге теңеп салдың».
13 Ошондо жүзүмзардын ээси алардын бирине
мындай деген экен: «Эй, дос, мен сага туура эмес эч
нерсе кылганым жок. Башында бир күмүш
теңгеден деп сүйлөшпөдүк беле. 14 Ошондуктан
акыңды ал да, жолуңа түш. А мен мына бул акыркы
келгенге да сага берген акыны бергим келет. 15 Өз
менчигиме эмне кылсам өз эрким! Менин ак
көңүлүмөн кылган жакшылыгыма сенин ичиң
күйүп жатабы?» 16 Ошентип, акыркылар биринчи,
биринчилер акыркы болушат.

### Ыйсанын Өз өлүмү тууралуу үчүнчү ирет айтышы

17 Ыйса Иерусалимди көздөй баратып, жолдо он
эки шакиртин жанына чакырды да, аларга мындай
деди:
– 18 Мына, биз Иерусалимге баратабыз, Адам
Уулун жогорку динкызматчылар менен дин
мугалимдеринин колуна кармап беришет. Ал өлүм
жазасына кесилет. 19 Ошондо кордоп, сабап,
жыгачка керип туруп, колдоруна мык кагып, асып
салуу үчүн башка улуттагылардын колуна
тапшырышат. Бирок Ал үчүнчү күнү кайра тирилет.

### Жакан менен Жакыптын энесинин өтүнүчү

20 Ошондо Зебедейдин аялы уулдары Жакан жана
Жакып менен келип, Ыйсанын бутуна жыгылып,
андан бир нерсени сураныл жатты.
21 Ыйса ага:
– Сизге Менден эмне керек? – деди.
Аял:
– Айтып койчу, менин мына бул эки уулум сенин
падышачылыгың орногондо, бири оң жагыңа,
бири сол жагыңа отурсун, – деди.
22 Ыйса:
– Силер эмне сураганыңарды билбейсиңер. Мен
иче турган азап чөйчөгүнөн иче аласыңарбы? –
деди.
Алар:
– Иче алабыз, – деп чуулдашты.
23 Ыйса:
– Мен иче турган азап чөйчөгүнөн ичесиңер,
бирок оң жана сол жагыма кимди отургузууну Мен
эмес, Атам Өзү чечет. Ал кимди Өзү алдын ала
дайындаса, ошону олтургузат, – деди.
24 Буларды укканда, берки экөөнө калган он
шакирттин кыжыры кайнады. 25 Ошондо Ыйса
шакирттерин чакырып алып, мындай деди:
– Бу дүйнөдөгү элдердин өкүмдарлары өз элине
үстөмдүк кылып, төрөлөрү күч менен бийлик
жүргүзөрүн билесиңер. 26 Бирок силерде мындай
болбосун, тескерисинче, араңардан ким чоң
болгусу келсе, силердин кызматчыңар болсун.
27 Ким биринчи болгусу келсе, силерге кул болсун.
28 Анткени Адам Уулу бирөөлөрдү Өзүнө кызмат
кылдырыш үчүн эмес, бирөөлөргө Өзү кызмат

кылып, Өз жанын көп адамдардын күнөөсү үчүн
кун катары берүүгө келген.

### Эки сокурдун айыгышы

29 Ыйса шакирттери менен бирге Иерихондон
чыгып баратканда, алардын артынан көп адамдар
ээрчип жөнөдү. 30 Аңгыча жол боюнда олтурган эки
сокур Ыйсанын өтүп баратканын угуп:
– Оо, таксыр, Дөөттүн Уулу, бизге ырайым
кылагөр! – деп кыйкырып жиберишти.
31 Көпчүлүк аларга «унчукпагыла» деп тыюу
салышты. Тигилер болсо андан бетер катуу
кыйкырышып:
– Оо, таксыр, Дөөттүн Уулу, бизге ырайым
кылагөр! – дешти.
32 Ошондо Ыйса токтоп, аларды чакырды да:
– Силерге эмне кылышымды каалайсыңар? –
деди.
33 Алар:
– Таксыр, көзүбүз көрүп калса экен, – дешти.
34 Ыйсанын тиги экөөнө боору ооруп, алардын
көздөрүнө колун тийгизди. Ошол замат көздөрү
көрүп калган алар Ыйсанын артынан түшүштү.

### Ыйсанын салтанаттуу түрдө Иерусалимге кириши

21 Ыйса шакирттери менен Иерусалимге
жакындап, Зайтун тоосунун жанындагы
Бейтфаге айылына келгенде, жанындагы эки
шакиртине мындай деди:
– 2 Мынабу маңдайдагы айылга баргыла! Ага
кирериңер менен такайы жанында, өзү болсо
байлануу турган бир эшекти көрөсүңөр. Аларды
чечип алып, жетелеп келгиле. 3 Эгер бирөө
бирдеме десе: «Эгебизге керек болуп жатат», –
дегиле. Ошентсеңер, силерге дароо беришет.
4 Мунун баары пайгамбар аркылуу айтылган
сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду. Ошол
пайгамбар минтип айткан экен:
5 «Иерусалим калкына мындай кабар салгыла:
Карагыла, келатат силердин момун Падыша!
Келе жатат эшекти жана дагы эшектин
Кодигине минип Ал». †
6 Эки шакирти барып, Ыйсанын айтканындай
кылышты. 7 Эшекти такайы менен жетелеп
келишип, кийимдерин үстүнө жабышкан соң, Ыйса
такайга минди. 8 Көп адамдар Анын жолуна
кийимдерин чечип, башкалары дарактардын
бутактарын кесип алып, төшөп жатышты. 9 Ал эми
Ыйсанын алды-артында бараткандар:
– Дөөттүн Уулуна осанна! †† Эгебиздин атынан
келатканды Кудай жалгасын! Көктөгү Кудайга
осанна! – деп кыйкырып жатышты.
10 Ыйса Иерусалимге киргенде, бүт шаар эли
кыймылга келип: «Бул ким болду экен?» – деп бири
биринен сурап жатышты.
11 Ыйсаны ээрчиген эл: «Бул Галилеядагы Назарет
шаарынан чыккан Ыйса пайгамбар», – дешти.

### Ийбадатканадагы соодагерлерди кубалап чыгуу

12 Ыйса ийбадаткананын короосуна кирип, соода
кылып жаткандардын баарын кууп чыкты. Акча
алмаштырып олтургандардын үстөлдөрү менен
курмандык үчүн көгүчкөн сатып олтургандардын
орундуктарын оодарып салды.
– 13 «Менин Үйүм сыйынуу үйү аталат» ‡ деп
жазылган, – деди Ал, – ал эми силер болсо аны
каракчылардын үңкүрүнө айлантып
жиберипсиңер! ‡†
14 Ыйса ал жерде болгондо, Ага сокурлар менен
чолоктор келишип, Ал аларды айыктырды.
15 Ыйсанын жасаган кереметтерин жана
ийбадаткананын короосундагы жаш балдардын:
«Дөөттүн Уулуна осанна!» деп кыйкырып жатканын
көргөн жогорку динкызматчылар менен дин
мугалимдеринин кыжыры кайнап, 16 Ыйсага:
– Булардын эмне деп жаткандарын уктуңбу? –
дешти.
– Ооба, – деп жооп берди Ыйса, – «Наристелер
менен эмчектеги балдардын оозуна Өзүңдү
мактоонун сөздөрүн салдың» ‡‡ деген Ыйык
Жазуудагы сөздү эч качан окуган эмес белеңер?
17 Ушундан соң, Ыйса ийбадатканадагыларды
таштап, шаардын сыртына чыкты да, Бейтани
кыштагына барып, анда түнөп калды.

### Соолуп калган анжир дарагы

18 Эртең менен эрте шаарга кайтып келатып, Ыйса
ачка болгонун сезди. 19 Анан жол боюнда өскөн бир
анжир дарагына көзү түштү. Жакын келип,
жалбырактан башка эч нерсе таппай:
– Ылайым жемиш байлабай кал! – деди.
Анжир ошол замат куурап калды.
20 Муну көргөн шакирттери аң-таң калышып:
– Ой, тобо, кантип анжир бир заматта соолуп
калды! – дешти.
21 Ыйса аларга мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: эгерде
ишенимиңер бекем болуп, эч шектенбесеңер,
анжирге кылынган кереметтен алда канча керемет
иштерди кыласыңар! Эгер мына бул тоого:
«Ордуңан жыл да, деңизге кула!» – десеңер,
талабыңар орундалат. 22 Сыйынганда, ишеним
менен эмне сурасаңар да аласыңар.

### Ыйсанын бийлиги тууралуу суроо

23 Ыйса ийбадаткананын короосунда олтуруп
таалим берип жатканда, жогорку динкызматчылар
менен эл башчылары басып келишип:
– Сен буларды кайсы бийлигиң менен кылып
жатасың? Мындай бийликти сага ким берди? –
дешти.

† ††

‡ ‡† ‡‡

24 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Мен да сиздерге бир суроо берейин, жооп
берсеңиздер, анан Мен да кайсы бийлик менен
кылып жатканымды айтам. 25 Жакыя чөмүлдүрүү
расмисин өткөрүү бийлигин кимден алды эле:
Кудайданбы же адамдарданбы?
Ошондо тигилер өз ара мындай деп акылдаша
кетишти:
– Эгер Кудайдан десек, анда «эмнеге ага
ишенбедиңиздер?» дейт. 26 Адамдардан десек,
элден коркобуз, анткени баары Жакыяны
пайгамбар деп эсептешет.
27 Анан Ыйсага:
– Билбейбиз, – деп жооп беришти.
Ыйса да аларга:
– Анда Мен да силерге кайсы бийлик менен
кылып жатканымды айтпайм, – деди.

### Эки уул жөнүндө ибарат

– 28 Төмөнкү ибаратты кандай түшүнөсүңөр? –
деди Ыйса, – Бир кишинин эки уулу болот. Ал
биринчисине келип: «Балам, бүгүн сен жүзүмзарга
барып иштеп кел», – дейт. 29 Баласы болсо: «Баргым
келбей жатат», – дейт. Бирок кийин оюн өзгөртүп,
жөнөп кетет. 30 Экинчисине барып, ага да
биринчисине айтканын айтат. Анысы: «Макул, ата»,
– дейт да, бирок барбай коёт. 31 Экөөнүн кимиси
атасынын каалоосун аткарды деп ойлойсуңар?
Ыйсага алар:
– Албетте, биринчиси, – деп жооп беришти.
Ыйса аларга мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
салыкчылар менен сойкулар Кудайдын
Падышачылыгына силерден мурда барат. 32 Жакыя
пайгамбар силерди ак жолго салууга келди эле, ага
силер ишенбей койдуңар, ал эми салыкчылар
менен сойкулар болсо ишеништи. Муну көргөндөн
кийин да силер оюңарды өзгөртүп, ишенген
жоксуңар!

### Жүзүмзардагы ижарачылар тууралуу ибарат

33 Ыйса сөзүн андан ары улантып мындай деди:
– Эмесе, дагы бир ибаратты угуп алгыла: бир
дыйкан болуптур. Ал жүзүм тигип, айланасын
коргондойт. Жүзүм ширесин сыгып алгыдай чуңкур
казып, кароол мунара курат. Анан жүзүмүн
багбандарга ижарага берип, өзү бир жакка кетет.
34 Жүзүм тере турган маал келгенде, түшүмүнөн
алып келгиле деп ижарачыларга кулдарын
жөнөтөт. 35 Ижарачылар болсо анын кулдарын
кармап алып, бирин сабап, бирин өлтүрүп, дагы
бирин таш менен урушат. 36 Дыйкан кайрадан
мындан да көбүрөөк кулдарын жөнөтөт. Тигилер
болсо буларды да биринчилердей кылышат.
37 Кийинчерээк: «Кой, уулумду жиберейин, балким
андан ийменишээр», – деп аларга уулун жөнөтөт.
38 Ижарачылар болсо уулун көргөндө өз ара: «Бул
мураскор, жүргүлө, өлтүрөлү, ошондо мурасы бизге
калат», – деп 39 аны кармап алып, жүзүмдүн
сыртына алып чыгып, өлтүрүп салышат. 40 Эми,
жүзүмдүн ээси келгенде, ижарачыларды эмне
кылат?
– 41 Бул кара ниет ижарачыларды шорун курутуп
өлтүрөт. Ал эми жүзүмдү болсо түшүмүн өз
убагында берип тура турган бөлөк ижарачыларга
берет, – деп жооп беришти Ага.
42 Ошондо Ыйса мындай деди:
– «Куруучулар жерип, четке чыгарып койгон таш
пайдубал ташы болуп калды. Бизди аң-таң
калтырган бул ишти Жараткан Эгебиз Өзү жасады»
† деген сөздү Ыйык Жазуудан эч качан окуган жок
белеңер? 43 Андыктан айтып коёюн: Кудайдын
Падышачылыгы силерден алынат да, анын
жемиштерин бере турган башка элге берилет.
44 Ким бул ташка куласа, талкаланат, ал эми бул таш
кимдин үстүнө түшсө, анын таш-талканы чыгат.
45 Ыйсанын ибараттарын уккан жогорку
динкызматчылар менен фарисейлер мунун өздөрү
тууралуу айтылганын түшүнүштү да, 46 Ыйсаны
кармамак болушту. Бирок чогулган эл Ыйсаны
пайгамбар деп эсептегендиктен, алардан коркушту.

### Үйлөнүү тою тууралуу ибарат

22 Ыйса ибарат менен сүйлөгөнүн улантып,
мындай деди:
– 2 Асман Падышачылыгы баласын үйлөнтүп, той
берген падыша сыяктуу. 3 Ал үйлөнүү үлпөтүнө
чакырылган коноктorго «тойго келиңиздер» деп
айттырып, кулдарын жөнөтөт. Бирок тигилердин
келгенге көңүлү жок болду. 4 Ошондо падыша
кайрадан бөлөк кулдарын жумшап:
– Баргыла, чакырылгандарга: «Тамак даяр,
букаларым да, бордолгон малдар да союлуп, баары
даяр. Тойго келиңиздер», – деп айткыла, – деди.
5 Тойго чакырылган коноктор болсо падышанын
сөзүн этибарга албай, туш-тушка басып кетишти:
бири айдоо талаасына кетсе, экинчиси соодасына,
6 дагы башкалары болсо кулдарын кармап алып,
кордоп, анан өлтүрүп салышты. 7 Ошондо
падышанын каары кайнап, аскерлерин жиберип,
жаңагы канкорлорду кырып, шаарын өрттөдү.
8 Анан кулдарына айтты:
– Үйлөнүү тою го даяр болчу, бирок
чакырылгандар татыксыз экен. 9 Ошондуктан
жөнөгүлө да жолдордун кесилиштерине барып,
жолуккандардын баарын тең тойго чакыргыла!
10 Баягы кулдар жолдорго барып, жамандарды да,
жакшыларды да, иши кылып жолуккан
адамдардын баарын чогултуп келишти. Ошентип,
той үйү жамбаштап жаткандарга жык-жыйма толду.
11 Аларды көргөнү келген падыша той кийимин
кийбеген бирөөнү байкады. 12 Анан ага мындай
деди:

†

– Эй, дос, той кийимисиз бул жакка кантип кирип
кеттиң? Тигил болсо үн катпады. 13 Ошондо падыша
кызматчыларына:
– Мунун колу-бутун байлап туруп, сырттагы
караңгылыкка ыргытып таштагыла! Ал жакка
түшкөндөр кыйналганынан тиштерин кычыратып,
өкүрүшөт! – деди.
14 Анткени чакырылгандар көп болот, бирок
тандалгандар аз.

### Салык төлөө маселеси

15 Ушундан кийин фарисейлер кетип калышты да,
Ыйсанын кебинен бир кынтык таап, сөзүнөн
кармайлы деп акылдашышты. 16 Анан Ыйсага
өзүнүн шакирттери менен Ироддун жолун
жолдоочуларды кошуп, мындай деп айтыш үчүн
жөнөтүштү:
– Устат, сиздин чынчыл экениңизди билебиз.
Бирөөгө жагынууга аракет кылбайбыз. Эч кимдин
жүзүнө карабай, адамдарды Кудайдын акыйкат
жолун окутасыз! 17 Эми бизге айтыңызчы, сиз
кандай ойлойсуз: Рим падышасына салык төлөгөн
болобу же болбойбу? 18 Ыйса алардын мындай
жаман оюн билип:
– Эй, эки жүздүүлөр, эмнеге Мени сынап
жатасыңар? 19 Мага салыкка төлөнө турган бир
күмүш теңгени көрсөткүлөчү! – деди.
Алар бир күмүш теңгени алып келишти.
– 20 Анан бетиндеги сүрөт менен жазуу кимдики
экен? – деди Ыйса ошондо аларга карап.
– 21 Падышаныкы, – дешти алар.
Ыйса:
– Анда падышаныкын падышага, Кудайдыкын
Кудайга бергиле! – деди.
22 Тигилер мындай сөздү укканда, таң калышып,
Ыйсаны калтырып, кетип калышты.

### Өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү жөнүндө суроо

23 Ошол эле күнү өлгөндөр кайра тирилбейт деп
ишенишкен садукей тобундагы адамдар келип,
Ыйсага суроо беришти:
– 24 Устат, Муса: «Эгер бирөө дүйнөдөн тукумсуз
өтүп кетсе, анын аялын иниси алып, агасынын
тукумун уласын!» † – деп жазып кеткен. 25 Бизде
жети бир тууган бар эле. Эң улуусу аял алып, бала
көрбөй өлдү. 26 Аялын экинчи иниси алып, ал да
баласыз өтүп кетти. Анан үчүнчүсү да ошондой
болду. Ошентип жетинчисине чейин, баары
ушундай каза болушту. 27 Эң аягында аял да көз
жумду. 28 Эми, кыяматта кайра тирилишкенде, аял
кимисиники болот? Анткени баары тең ага үйлөнүп
чыгышпадыбы.
29 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Ыйык Жазууларды да, Кудайдын кудуретин да
билбегендиктен жаңылып жүрөсүңөр! 30 Анткени
адамдар өлүмдөн кайра тирилгенде, аял да
алышпайт, күйөөгө да чыгышпайт, алар асмандагы
периштелер сыяктуу болушат. 31 –32 Ал эми
өлгөндөрдүн кайра тирилери тууралуу Кудайдын
силерге эмне дегенин окуган эмес белеңер? Ал:
«Мен Ыбрайымдын Кудайымын, Ыскактын
Кудайымын жана Жакыптын Кудайымын» †† деген.
Кудай өлүктөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы!
33 Ошондо Ыйсанын таалимин угуп турган
калайык Анын сөзүнө таң калышты.

### Улуу осуят

34 Ыйсанын садукейлердин оозун жапканын уккан
фарисейлер өзүнчө чогулуп келишти. 35 Алардын
арасынан бир дин мугалими Ыйсаны сынап
мындай суроо берди:
– 36 Устат, Тоораттагы эң улуу осуят кайсы?
37 Ыйса ага мындай жооп берди:
– «Кудай Эгеңди чын жүрөктөн, бүткүл жан
дүйнөң менен, бардык акыл-оюң менен сүй!» ‡38 Бул
эң улуу жана биринчи осуят. 39 Экинчиси буга
окшош: «Башкаларды өзүңдү сүйгөндөй сүй!»
‡†40 Мусанын мыйзамы да, пайгамбарлардын
окутуулары да мына ушул эки осуятка негизделген.

### Машаяк тууралуу суроо

41 Фарисейлер чогулганда, Ыйса мындай суроо
берди:
– 42 Машаяк тууралуу кандай ойдосуңар? Ал
кимдин тукуму?
– Дөөттүн, – деп жооп беришти алар.
43 Ыйса аларга мындай деди:
– Анда кандайча Дөөт Ыйык Рух аркылуу Аны
Эгем деп айткан? 44 Ал:
«Жараткан Эге Эгеме деди мындай,
Кастарыңды бут алдыңа жыкканымча,
Олтура тур, сыйлуу жер – оң жагымда», ‡‡
– деген. 45 Демек, эгер Дөөт өзү Машаякты Эгем деп
жатса, кандайча Ал кайра Дөөттүн тукуму болот? –
деди аларга.
46 Эч ким бул суроого жооп бере албай койду.
Ушул күндөн тартып эч ким батынып, Ага суроо
бере албады.

### Дин мугалимдери жана фарисейлер тууралуу

23 Ыйса чогулган эл менен шакирттерине
кайрылып мындай деди:
– 2 Дин мугалимдери менен фарисейлерде
Мусанын мыйзамдарын силерге чечмелеп берүү
бийлиги бар. 3 Ошондуктан алардын айткандарын
аткаргыла да сактагыла, бирок кылгандарын
кылбагыла. Анткени алар өздөрү айткандарын
аткарышпайт. 4 Оор, адам чыдагыс диний
эрежелерди башкалардын жонуна артып, аларды
көтөрүүгө жардам иретинде чыпалагын да
тийгизип коюшпайт. 5 Алар эмне кылышса да, элге
көрүнүш үчүн кылышат. Ичине Ыйык Жазуунун

†

†† ‡ ‡† ‡‡

аяттары салынып, маңдайлары менен колдоруна
байлануучу кутучаларды чоңойтушуп,
чапандарынын этегин обу жок узартышат. †6 Аш-
тойлордо төрдө, синагогаларда алдыңкы
орундарда олтурганды жакшы көрүшөт.
7 Базарларда элдин «устат» деп эпилдеп
саламдашып турганын сүйүшөт. 8 А силер болсо
бири бириңерге боордошсуңар! Ошондуктан
«устат» деп аталбай эле койгула! Анткени
баарыңардын Устатыңар бир! 9 Эч кимди «ата»
дебегиле, анткени баарыңардын бир Атаңар бар.
Ал – асмандагы Атаңар. 10 Эч кимди «жол башчы»
деп да айтпагыла, анткени баарыңардын бир эле
жол башчыңар бар! Ал – Машаяк. 11 Араңардагы эң
чоңуңар силерге кызматчы болсун! 12 Ким өзүн өзү
көтөрсө, ал басынтылат, ал эми ким өзүн өзү
басынтса, ал көтөрүлөт.

### Дин кызматчылардын эки жүздүүлүгүн ашкерелөө

13 Дин мугалимдери менен фарисейлер, эки
жүздүүлөр, силердин шоруңар куруйт! Анткени
Асман Падышачылыгынын эшигин жаап,
адамдарды киргизбей жатасыңар. Өзүңөр да
кирбейсиңер, киргени жаткандарды да
киргизбейсиңер. ††15 Дин мугалимдери менен
фарисейлер, эки жүздүүлөр, силердин шоруңар
куруйт! Анткени бир кишини өзүңөрдүн диниңерге
киргизиш үчүн деңиздерди сүзүп өтүп, жердин
четине чейин барасыңар, анан максатыңарга
жеткенде, аны өзүңөрдөн эки эсе көп тозокко
татыктуу кылып чыгарасыңар.
16 Сокур жол башчылар, силердин шоруңар
куруйт! Анткени силер: «Ким ийбадаткана менен
ант берсе эч нерсе болбойт, ал эми ким
ийбадатканадагы алтын менен ант берсе, айткан
сөзүн аткарыш керек» дейсиңер. 17 Акылсыздар
жана сокурлар, кимиси улук: алтынбы же алтынды
ыйык кылып турган ийбадатканабы? 18 «Ким
курмандык жай менен ант берсе, эч нерсе болбойт,
ал эми анын үстүнө коюлган тартуу менен ант
берсе, анда ал айткан сөзүн аткарыш керек»
дейсиңер. 19 Сокурлар, кайсынысы маанилүү:
тартуубу же тартууну ыйыктап турган курмандык
жайбы? 20 Курмандык жай менен ант берген адам
курмандык жайдын өзү менен да, анын
үстүндөгүнүн баары менен да ант берет.
21 Ийбадаткана менен ант берген адам,
ийбадаткананын өзү менен да, анын ичинде
жашаган Кудай менен да ант берет. 22 Асман менен
ант берген адам Кудайдын тактысы менен жана
анда олтурган Кудай менен да ант берет. 23 Дин
мугалимдери менен фарисейлер, эки жүздүүлөр,
силердин шоруңар куруйт! Жалбыз, адырашман,
зиренин түшүмүнүн ондон бирин зекетке
бересиңер, ал эми мыйзамдагы маанилүү
нерселер: калыстык, боорукердик жана Кудайга
ишенимдүүлүктү калтырып койдуңар. Силер
ушуларды сактап, тигилерди да калтырбашыңар
керек болчу. 24 Сокур жол башчылар, силер
чымынды чыпка менен сүзүп аласыңар, бирок
төөнү жутуп коёсуңар!
25 Дин мугалимдери менен фарисейлер, эки
жүздүүлөр, силердин шоруңар куруйт! Чыны,
табагыңардын сыртын жууйсуңар, бирок ичиңерде
талоончулук менен сугалактык ашып-ташыйт.
26 Сокур фарисей, чыныңдын сырты таза болуш
үчүн биринчи ичин тазалап ал.
27 Дин мугалимдери менен фарисейлер, эки
жүздүүлөр, силердин шоруңар куруйт! Анткени
силер акталып, коздолгон күмбөз сыяктуусуңар!
Күмбөз сыртынан кооз көрүнгөнү менен, ичи
өлүктөрдүн сөөк-саагына, ар кандай ыпластыкка
толгон. 28 Анын сыңарындай, силер да
сыртыңардан элге такыбаа көрүнгөнүңөр менен,
ичиңер толо эки жүздүүлүк менен күнөө.
29 Дин мугалимдери менен фарисейлер, эки
жүздүүлөр, силердин шоруңар куруйт! Анткени
силер пайгамбарларга күмбөз куруп, адилдердин
эстеликтерин кооздоп, анан: 30 «Эгер биз өткөн ата-
бабаларыбыздын убагында жашаган болсок, анда
пайгамбарлардын канынын төгүлүшүнө эч
кошулмак эмеспиз», – дейсиңер. 31 Ушунуңар менен
өзүңөрдүн пайгамбарларды өлтүргөндөрдүн
тукуму экениңерди айгинелеп жатасыңар. 32 Макул,
ата-бабаларыңардын күнөө чөйчөгүн толтура
бергилечи, эмне болор экен. 33 Кара чаар
жыландар, ажыдаардын тукумдары, тозоктогу
жазадан кантип качып кутулар экенсиңер?
34 Карагыла, силерге Мен пайгамбарларды,
акылмандарды, дин мугалимдерин жиберем.
Алардын кээсин өлтүрөсүңөр жана жыгачка керип
саласыңар, кээсин синагогаларда сабатасыңар
жана сары изине чөп салып, шаардан шаарга
кубалайсыңар! 35 Адилеттүү Абылдын канынан
тартып, эң ыйык жай менен курмандык жайдын
ортосунда силер өлтүрүп тынган Барахтын уулу
Закирдин канына чейинки адилеттүүлөрдүн жер
бетинде төгүлгөн бардык каны үчүн жаза
тартасыңар! 36 Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: ошонун баары үчүн азыркы муундун
адамдары, силер айыптуу болосуңар!

### Ай, Иерусалим, Иерусалим!

37 Ай, Иерусалим, Иерусалим! Сен
пайгамбарларды өлтүрүп, Кудай жиберген
адамдарды ташбараңга алдың. Аттиң,
балапандарын бооруна чогултуп, канатына
калкалаган төөк сымал канча ирет сенин элиңди
чогултайын дедим, бирок силер каалаган
жоксуңар. 38 Эми мына, үйүңөр каңгырап, ээн калат.
39 Силерге айтып коёюн: «Эгебиздин атынан
Келатканга урмат!» ‡ деп айтар убак келгиче, Мени
көрбөйсүңөр.

† ††

‡

### Ыйса ийбадатькананын кыйрай турганын алдын ала айтат

24 Ыйса ийбадатькананын короосунан чыгып,
кетип баратты. Ошондо шакирттери Ага
келип, ийбадатькананын өзүн көрүп чыгууну сунуш
кылышты. 2 Ыйса аларга:
– Мунун баарын көрүп турасыңарбы? Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: Таш үстүндө таш калбай,
мунун баары талкаланат, – деди.

### Акыр заман алдындагы кыйынчылык, куугунтуктар

3 Ыйса Зайтун тоосунда олтурганда, шакирттери
элден бөлүнүп, Анын алдына келип сурашты:
– Айтчы, бул качан болот? Сенин келериңдин
жана акыр замандын алдында кандай жышаан
болот?
4 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Сак болгула, бирөө силерди алдап кетпесин!
5 Анткени көп адамдар Менин атымды жамынып
келип: «Машаяк менмин!» дешет да, далай адамды
алдап кетишет. 6 Жакын жерлердеги согуштардын
үнүн жана алыс жерлердеги согуштар тууралуу
имиш-имиштерди угасыңар. Бирок байкагыла,
коркуп, үрөйүңөр учпасын! Андайлар болушу
керек, бирок бул акыр заман келди дегенди
билдирбейт. 7 Бир эл башка элге каршы, бир
мамлекет башка мамлекетке каршы согушат. Жер-
жерлерде ачарчылыктар болуп, жер титирейт.
8 Толгоо башталгандагы азаптар сыяктуу, мунун
баары боло турган азаптардын башталышы гана.
9 Ошондо өзүңөрдү кыйноого салып берип,
өлтүрүшөт. Менин шакирттерим болгонуңар үчүн
бардык элдерге жек көрүндү болосуңар. 10 Ошондо
көп адамдар Мага болгон ишенимден баш
тартышат, бири бирине чыккынчылык кылышат,
бири бирин жек көрүшөт. 11 Көптөгөн жалган
пайгамбарлар пайда болуп, көп адамдарды алдап
кетишет. 12 Анан, күнөөлөрдүн көбөйүшүнөн улам,
шакирттеримдин көбүнүн сүйүүсүнүн табы кайтып
кетет. 13 Бирок ким акырына чейин туруштук берсе,
куткарылат. 14 Кудай Падышачылыгынын Жакшы
Кабары бүткүл жер бетине жарыяланып, бардык
элдерге айтылат. Анан акыр заман келет.

### Улуу алаамат

15 Касиеттүү ийбадатканада Данияр пайгамбар
айткан жийиркеничтүү арам нерсенин турганын
көргөнүңөрдө (муну окуп жаткан адам өзү түшүнүп
алсын), †16 Иудеядагылар тоолорго качсын, 17 ким
үйдүн төбөсүндө турса, бир нерсесин алам деп
үйүнө кирбесин, 18 ким талаада жүрсө, кийимин
алам деп артына кайтпасын.
19 Ошол күндөрү кош бойлуулар менен бала
эмизгендердин шору. 20 Силердин качып кутула
турган күнүңөр кыш убагына же дем алыш күнүнө
туш келбесе экен деп сыйынгыла. 21 Анткени ошол
күндөрдө аалам жаралгандан ушул убакка чейин
болуп көрбөгөн улуу алаамат болот. Мындай
алаамат келечекте да болбойт! 22 Эгер Жараткан Эге
ошол күндөрдү кыскартпаса, анда бир да жан аман
калбас эле. Бирок Жараткан Эге Өзү тандап алган
адамдары үчүн ошол күндөрдү кыскартат.
23 Ошондо силерге бирөө: «Машаяк бул жакта» же
«тигил жакта» десе, ишенбегиле. 24 Анткени жалган
машаяктар менен жалган пайгамбарлар чыгат.
Алар, эгер мүмкүн болсо, Кудай тандап алган
адамдарды да алдап кетүү үчүн улуу жышаандар
менен кереметтерди көрсөтүшөт. 25 Мына, Мен
силерге муну алдын ала айттым. 26 Ошондуктан,
эгер силерге бирөөлөр: «Тигине, Машаяк чөлдө!»
десе, чыкпагыла, «Мына, Машаяк төркү үйдө» десе,
ишенбегиле. 27 Анткени чыгыштан батышка чейин
жарк эткен чагылган айкын көрүнгөндөй, Адам
Уулунун келиши да айкын болот. 28 Ошондой эле
тарп кай жерде болсо, жорулар да ошол жерге
жыйылары баарына белгилүү эмеспи.

### Ыйсанын кайра келиши

29 Ошол алаамат күндөрдөн кийин дароо эле
күндүн бети карарып, ай өз нурун төкпөй калат.
Жылдыздар кулап, асман күчтөрү кыймылга келет.
††30 Ошондо асманда Адам Уулунун жышааны пайда
болот. Жер бетиндеги элдердин баары өкүрүп
ыйлап, улуу кудурет жана шаң-салтанат менен
булуттарды аралап келе жаткан Адам Уулун
көрүшөт. ‡31 Сурнайдын катуу үнү менен Ал Өз
периштелерин жиберип, алар төгөрөктүн төрт
бурчунан Кудай тандап алган адамдарды
чогултушат.

### Акыр заманга жакын калды

32 Анжир дарагынан сабак алгыла. Анын
бутактары жумшарып, жалбырагы чыга
баштаганда, жай жакындап калганын билесиңер.
33 Анын сыңары, мунун баарын көргөнүңөрдө,
кыяматтын ‡‡ босогодо турганын билгиле.
34 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мунун
баары ушул муундун тушунда болуп өтөт. 35 Асман-
жер жок болот, бирок Менин сөздөрүм кала берет.

### Адам уулунун келишине даяр болгула

36 Ал кайсы күнү, кайсы саатта келерин Атабыздан
башка эч ким билбейт. Ал убак асмандагы
периштелерге да, ал тургай Уулуна да белгисиз.
37 Нух пайгамбардын убагында заман кандай болсо,
Адам Уулунун кайра келер алдында да ошондой
болот. 38 Топон суунун алдында да Нух кемеге
кирген күнгө чейин адамдар жешти, ичишти,
үйлөнүштү, күйөөгө чыгышты, күндөлүк турмуш
менен алек болушту. 39 Бирок топон суу келип,
баарын басып калгыча эч нерсени түшүнүшпөдү.

---

†

†† ‡ ‡‡

Адам Уулунун келиши да ошондой болот.
40 Ошондо эки адам талаада болот, бири алынат да
экинчиси калтырылат. 41 Жаргылчак тартып
олтурган эки аялдын бири алынат да экинчиси
калтырылат. 42 Ошондуктан сак болгула, анткени
Эгеңер кайсы күнү келерин билбейсиңер. 43 Бирок
силер билгендей, үй ээси уурунун кайсы саатта
келерин билсе, үйүн бузуп киргүүсүнө жол бербес
эле. 44 Ошондуктан силер да даяр тургула, анткени
Адам Уулу силер ойлобогон саатта келет.

### Ишенимдүү жана ишенимсиз кул

45 Кожоюну үй-чарбасына кызмат кылган
кулдарына тамак-ашын өз убагында берип туруш
үчүн аларга башчы кылып шайлап кеткен
ишеничтүү жана акыл-эстүү кулду элестеткиле.
46 Тапшырылган кызматын аткарып жатканда
кожоюну келип калса, ошол кул бактылуу!
47 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: кожоюну
аны бүт үй мүлкүнө башчы кылат. 48 Эгерде ошол
кул ниети бузулуп: «Кожоюнум жакында келбейт», –
деп, 49 башка кулдарды уруп сабай баштаса,
аракечтерге кошулуп алып, жеп-ичсе, 50 кожоюну ал
күтпөгөн күндө, билбеген саатта келет да, 51 башын
жара чаап, эки жүздүүлөр менен кошо жазага
тартат. Ал жактагылар жаза тарткан жайда өкүрүп,
тиштерин кычыратышат.

### Он кыз тууралуу ибарат

25 Асман Падышачылыгы орноордо абал
төмөнкү аңгемедегидей болот: он кыз
чырактарын көтөрүп, күйөө жигитти утурлап
чыгышат. 2 Алардын бешөөсү акылсыз, бешөөсү
акылдуу болушат. 3 Акылсыздары чырактарын
көтөрүп чыгышат, бирок май куюлган идиштерди
өздөрү менен кошо алышпайт. 4 Акылдуулары
болсо чырактары менен кошуп, идиштерине май
да куюп алышат. 5 Күйөө кечигип жаткандыктан
баарынын көзү илинип, уктап кетишет. 6 Түн
ортосунда: «Күйөө келатат! Тосуп чыккыла!» деген
кыйкырык угулат. 7 Ошондо баягы кыздардын
баары ордунан турушат да чырактарын оңдошот.
8 Акылсыздары болсо акылдууларга: «Майыңардан
берип тургулачы, чырактарыбыз өчүп баратат!» –
дешет. 9 Бирок акылдуулары: «Май силерге да,
бизге да жетпей калбасын үчүн, май саткандарга
барып сатып алгыла», – деп жооп беришет.
10 Тигилер май сатып алганы кетишкенде, күйөө
келип, даяр тургандар аны менен бирге тойго
киришет да эшик жабылат. 11 Кийинчерээк берки
кыздар да келип: «Таксыр, таксыр, эшикти ачып
коюңузчу», – деп суранышат. 12 Күйөө болсо:
«Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мен силерди
тааныбайм», – деп жооп берет. 13 Ошондуктан сак
болгула, анткени күндү да, саатты да силер
билбейсиңер.

### Үч кул тууралуу ибарат

14 Бир бай киши алыска кетип баратып, кулдарын
чакырып, үй-мүлкүн аларга табыштайт. 15 Бир
кулуна ат башындай күмүштөн бешти, экинчисине
экини, дагы бирине бирди, ар бирине алардын алы
жетишинче берет да жолго чыгат. 16 Ат башындай
беш күмүш алганы ошол замат аны ишке жумшап,
дагы ат башындай беш күмүш киреше табат. 17 Эки
күмүш алганы да ошентип дагы эки күмүш кошуп
алат. 18 Бир күмүш алганы болсо барат да,
кожоюнунун күмүшүн жерге көмүп салат. 19 Көп
убакыт өткөн соң, баягы кулдардын кожоюну келет
да, алар менен эсептеше баштайт. 20 Беш күмүш
алганы дагы бешин алып келип: «Таксыр, сиз мага
ат башындай күмүштөн бешти бердиңиз эле, мына,
дагы беш күмүш пайда түшүрдүм», – дейт.
21 Кожоюну: «Азаматсың, ак ниет, ишенимдүү кулум.
Кичинеге ишенимдүү болдуң, эми чоңго ээлик
кылдырам. Кел эми, кожоюнуңдун кубанычына
ортоктош бол», – дейт. 22 Эки күмүш алганы келип:
«Таксыр, сиз мага ат башындай күмүштөн экини
бердиңиз эле, мына, дагы эки күмүш пайда
түшүрдүм», – дейт. 23 Кожоюну: «Азаматсың, ак ниет,
ишенимдүү кулум. Кичине иште ишенимдүү
болдуң, эми чоңго ээлик кылдырам. Кел эми,
кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол», – дейт.
24 Ал эми бир күмүш алганы болсо келип: «Таксыр,
мен сиздин экпеген жерден оруп, чачпаган жерден
терип алган катаал адам экениңизди билем.
25 Ошондуктан сизден коркуп, тышка алып чыгып,
күмүшүңүздү жерге катып койгон элем. Мына
күмүшүңүз алыңыз», – дейт. 26 Ошондо кожоюну:
«Эй, ыймансыз жалкоо кул! Менин экпеген жерден
оруп, чачпаган жерден терип аларымды билчү
белең? 27 Анда эмне үчүн күмүшүмдү акча
иштеткендерге берип койбодуң? Келгенимде
кирешеси менен албайт белем. 28 Мындан бир
күмүштү алгыла да, он күмүшү барга бергиле.
29 Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет да
баары мол болот, ал эми кимде жок болсо,
колундагысы да тартылып алынат. 30 Ал эми мына
бул жарабаган кулду сырттагы караңгы туңгуюкка
ыргытып жибергиле. Ал жакка түшкөндөр
кыйналганынан тиштерин кычыратышат», – дейт.

### Акыр заманда болуучу сот

31 Адам Уулу бардык периштелердин коштоосунда
улуу шаң-салтанат менен келгенде, Ал Өзүнүн
падышалык тактысына олтурат. 32 Анын алдына
бардык улуттардан адамдарды чогултушат.
Ошондо койлордон эчкилерди бөлгөн койчу
сыяктуу, Ал элдерди бири биринен бөлөт.
33 Койлорду оң жагына, эчкилерди болсо сол
жагына жайгаштырат. 34 Анан Падыша оң
жагындагыларга айтат: «Менин Атамдын батасын
алгандар, келгиле, дүйнө жаратыла электе эле

силер үчүн даярдалган падышачылыкты мураска
алгыла! 35 Анткени Мен ачка болгонумда, силер
тамак бергенсиңер, суусаганымда, суусунумду
кандыргансыңар, сапарда жүргөнүмдө, үйүңөргө
кабыл алгансыңар, 36 жылаңач калганымда,
кийиндиргенсиңер, ооруп жатканымда, алымды
сураганы келгенсиңер, түрмөдө олтурганымда,
көргөнү келгенсиңер». 37 Ошондо адил адамдар:
«Падыша, качан биз сиздин ачка жүргөнүңүздү
көрүп, тойгуздук эле? Суусаганыңызды көрүп,
суусунуңузду кандырдык эле? 38 Качан сапарда
жүргөнүңүздө үйүбүзгө кабыл алдык эле да
жылаңач калганыңызда кийиндирдик эле? 39 Качан
ооруганыңызды же түрмөдө олтурганыңызды
көрдүк эле да сизге бардык эле?» – деп сурашат.
40 Ошондо Падыша мындай жооп берет: «Силерге
бир чындыкты айтып коёюн: Менин эң карапайым
боордошторумдун бирине кылган жакшылыгыңар,
Мага кылганыңар».
41 Ошондо Падыша сол жагындагыларга айтат:
«Менин жанымдан кеткиле, ибилис менен анын
периштелерине даярдалган түбөлүк отко түшкүлө,
каргыш ургандар! 42 Анткени ачка калганымда,
силер тамак бербедиңер, суусаганымда суусунумду
кандырбадыңар, 43 сапарда жүргөнүмдө, үйүңөргө
кабыл албадыңар, жылаңач калганымда, кийим
бербедиңер, ооруп жатканымда, түрмөдө
олтурганымда көргөнү келбедиңер». 44 Ошондо
булар да: «Падыша, качан биз сиздин ачка
калганыңызды, суусаганыңызды, сапарда
жүргөнүңүздү, жылаңач калганыңызды, ооруп
жатканыңызды, түрмөдө олтурганыңызды көрдүк
эле да сизге кызмат кылбай койдук эле?» – дешет.
45 Ошондо аларга да Падыша мындай деп жооп
берет: «Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мына
бул эң карапайым адамдардын бирине
кылбаганыңар – Мага кылбаганыңар». 46 Ошондо
булар түбөлүк азапка, ал эми адилеттүүлөр болсо
түбөлүк өмүргө кетишет.

### Ыйсага каршы бүтүм

26 Ыйса сөзүн аяктады да, шакирттерине карап:
– 2 Эки күндөн кийин Куткарылуу майрамы
болот, ошондо айкаш жыгачка кадаш үчүн Адам
Уулу кармап берилет, – деди.
3 Ошол кезде жогорку динкызматчылар жана эл
башчылары Каяп деген башкы динкызматчынын
короосуна чогулушту да, 4 Ыйсаны куулук менен
кармап, өлтүрөлү деп чечишти. 5 Бирок алар:
– Эл ичинде дүрбөлөң болбосун үчүн, муну
майрам убагында кылбайлы, – дешти.

### Бейтанидеги Ыйсага көрсөтүлгөн урмат

6 Ыйса Бейтаниде пес оорулуу Ысмандын үйүндө
дасторкондун жанында жамбаштап жатканда,
7 кымбат баалуу атыр май куюлган идишин
көтөрүп, бир аял келди да башына идишиндеги
майды куюп жиберди. 8 Муну көргөн
шакирттеринин кыжыры кайнап:
– Мындай ысырапчылыктын не кереги бар?
9 Андан көрө, кымбат баага сатып туруп, акчасын
жакырларга берсе болот эле го, – дешти.
10 Ыйса алардын бул оюн билип:
– Эмнеге аны кыжалат кылып атасыңар? Ал Мага
жакшы иш кылды. 11 Жакырлар ар дайым
жаныңарда болот, а Мен жаныңарда дайыма эле
болбойм. 12 Бул аял май куюу салтын аткарып,
денемди көргө коюуга даярдады. 13 Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: ушул Жакшы Кабар бүт
дүйнөнүн кай жеринде жарыяланса, бул аялды
эскерүү иретинде анын кылган иши тууралуу да
айтылат.

### Жүйүттүн чыккынчылыгы

14 Ошондо Жүйүт Искариот аттуу бир шакирти
жогорку динкызматчыларга барып:
– 15 Мен аны кармап берсем, эмне бересиңер? –
деди.
Жогорку динкызматчылар отуз күмүш теңге санап
беришти. 16 Ошол убактан баштап, Жүйүт Ыйсаны
кармап бергенге ыңтайлуу учурду издей баштады.

### Куткарылуу майрамына арналган тамак

17 Калама майрамынын биринчи күнү Ыйсага
шакирттери келип:
– Куткарылуу майрамынын тамагын кай жерде
жегиң келет, каерге даярдайлы? – дешти.
18 Ыйса аларга мындай деди:
– Шаарга барып, баланча деген кишини таап, ага:
«Устатыбыз: “Менин убакыт-саатым жакындап
калды, шакирттерим менен чогуу сеникинде
Куткарылуу майрамын өткөрүп алалы”, – деди», деп
айткыла.
19 Шакирттери Ыйса буюргандай кылышты да,
Куткарылуу майрамынын тамагын даярдашты.
20 Кеч киргенде, Ыйса он эки шакирти менен бирге
дасторкондун жанында жамбаштап жатты. 21 Анан
алар тамактанып жатканда мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып жатам:
араңардан бирөө Мени сатып кетет!
22 Шакирттери бу сөзгө абдан капа болуп,
биринин артынан бири:
– Эгем, мен эмеспи? – дей башташты.
23 Ыйса:
– Табакка Мени менен бирге колун салган киши
Мени сатып кетет. 24 Адам Уулу Ыйык Жазууда Өзү
тууралуу алдын ала жазылган жол менен баратат,
бирок Аны сатып кеткен адамдын шору. Ал адам
туулбай туна чөксө, өзүнө жакшы болмок, – деди.
25 Ыйсага чыккынчылык кылуучу Жүйүт да:
– Устат, мени айтып жаткан жоксуңбу? – деп
сурады.
Ыйса:
– Муну сен өзүң айтып алдың, – деди.

### Акыркы кечки тамак

26 Алар тамак ичип жатышканда, Ыйса нанды
алып, Кудайга шүкүрчүлүк келтирип, сындырды да,
шакирттерине таратып берип жатып:
– Алгыла, жегиле, бул Менин денем, – деди.
27 Анан чөйчөктү алып, Кудайга шүкүрчүлүк
келтирип туруп:
– Баарыңар мындан ичкиле, 28 анткени бул көп
адамдардын күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн
төгүлүп, алар менен Кудайдын ортосундагы жаңы
келишимди бекитүүчү Менин каным. 29 Силерге
айтып коёюн: мындан ары, Атамдын
Падышачылыгында силер менен бирге жаңы
шарап иче турган күнгө чейин эч кандай жүзүм
шарабын ичпейм, – деди.
30 Анан алар Кудайды мактоо ырын ырдашты да,
Зайтун тоосуна жөнөштү.

### Ыйса Петирдин Аны тааныбайм дээрин алдын ала айтат

31 Ошондо Ыйса аларга мындай деди:
– Баарыңар ушул түнү Мени таштап кетесиңер,
анткени Ыйык Жазууда: «Койчусун өлтүрөм, анан
койлору чачырап кетет!» † – деп айтылган. 32 А
бирок кайра тирилген соң, силерден мурда
Галилеяга барам.
33 Ошондо Петир Ыйсага:
– Сени баары таштап кетсе да, мен эч качан
таштабайм! – деди.
34 Ыйса ага:
– Сага бир чындыкты айтып коёюн: ушул түнү
короз кыйкыргыча, Мени тааныбайм деп үч жолу
айтасың, – деди.
35 Петир Ыйсага:
– Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, сени
тааныбайм деп айтпайм, – деди.
Шакирттеринин баары тең ушундай дешти.

### Гетсеман багындагы сыйынуу

36 Ушундан соң, Ыйса шакирттери менен бирге
Гетсеман деген жерге келди. Анан шакирттерине:
– Мен тигиндей барып сыйынып келгенче, ушул
жерде отура тургула, – деди.
37 Анан Өзү менен кошо Петир менен Зебедейдин
эки уулун алып кетти да, терең кайгыга батып,
кыйнала баштады.
– 38 Жаным өлгүдөй кыйналып турат, – деди Ал, –
ушул жерде калып, уктабай Мени менен бирге тура
тургулачы, – деди.
39 Өзү бир аз ары барып, жүздөмөндөп жыгылды
да:
– Атаке, эгер мүмкүн болсо ушул азапты Мага
тийгизбей өткөрүп жиберчи. Бирок Менин эмес,
Сенин каалаганыңдай болсун! – деп сыйынды.
40 Анан шакирттерине келип, алардын уктап
калганын көрдү да, Петирге:
– Бир саат Мени менен бирге уктабай тура алган
жоксуңарбы? 41 Шайтанга азгырылып кетпес үчүн
уктабагыла, сыйынгыла! Себеби жакшылык
кылганды каалайсыңар, бирок алыңар аз, – деди.
42 Анан кайрадан обочолонуп, Кудайга сыйынды:
– Атаке, эгер бул азап Мага тиймейинче өтпөсө,
анда Сенин каалаганыңдай болсун!
43 Кайра келип, шакирттеринин дагы уктап
жатканын көрдү. Алар аябай чарчагандан уктап
калышкан эле. 44 Ыйса кайрадан алардан кетип,
баягы эле сөздөрүн кайталап, үчүнчү ирет Кудайга
сыйынды.
45 Анан шакирттерине дагы келгенде, мындай
деди:
– Эх, дале уктап, эс алып жатасыңарбы. Мына,
Адам Уулу күнөөкөрлөрдүн колуна кармалып
бериле турган убакыт жакындап калды. 46 Тургула
эми, кеттик. Тигине, Мени кармап бере турган
киши да келип калды.

### Ыйсанын кармалышы

47 Ыйса сөзүн аяктай электе, «он экинин» бири –
Жүйүт келип калды. Жанында жогорку
динкызматчылар менен эл башчылары жиберген,
кылыч, токмок менен куралданган жоон топ эл бар
эле. 48 Ыйсаны кармап бере турган киши аларга:
«Кимдин бетинен өөп учурашсам, силер издеген
киши – ошол. Ошону кармагыла», – деп белги
берген болчу. 49 Анан дароо Ыйсага басып келип:
– Салам, устат, – деди да, бетинен өптү.
50 Ыйса болсо ага:
– Досум, мында эмне кылып жүрөсүң? – деди.
Ошондо тигилер Ыйсага кол салып, Аны
кармашты. 51 Ыйсанын жанында тургандардын
бири канжарын сууруп алып, башкы
динкызматчынын кулунун кулагын шылый чапты.
52 Ошондо Ыйса шылый чапканга:
– Канжарыңды кынына сал! Анткени кылыч
алгандар кылычтан кырылышат. 53 Же Мен азыр
Атамдан сурансам, Ал Мага миңдеген
периштелерди жибербейт деп ойлойсуңбу?
54 Бирок анда кантип Ыйык Жазууда ушундай
болуш керек деген сөз аткарылат? – деди.
55 Анан дароо чогулгандарга карап:
– Мени кармаш үчүн каракчыга каршы
аттангансып, кылыч, токмок менен куралданып
чыгыпсыңар. Күн сайын ийбадаткананын
короосунда таалим берип отурганымда Мени
кармаган жок элеңер. 56 Бирок эмне болсо да,
пайгамбарлар жазмаларындагы сөздүн баары
аткарылсын, – деди.
Ошондо шакирттеринин баары Ыйсаны таштап,
качып кетишти.

†

### Жогорку кеңештин алдында

57 Ыйсаны кармагандар Аны дин мугалимдери
менен эл башчылары чогулуп турушкан Каяп деген
башкы динкызматчынын алдына алып келишти.
58 Петир алыстан Ыйсаны акмалап келип, башкы
динкызматчынын короосуна чейин барды. Анан
короого кирип, аягы эмне менен бүтөр экен деп,
көрүү үчүн сакчылардын арасына кирип олтурду.
59 Жогорку динкызматчылар менен жогорку
кеңеш Ыйсаны жазага тартуу үчүн Ага каршы
жалган күбө издешти, 60 бирок көптөгөн жалган
күбөлөр келишсе да, алардын айткандары бири
бирине туура келбеди. Бирок кийинчерээк келген
экөө:
– 61 Бул киши: «Кудайдын ыйык ийбадатканасын
бузуп, үч күндөн кийин кайра тургузуп коё алам»
деген, – дешти.
62 Ошондо башкы динкызматчы ордунан туруп
Ыйсага:
– Булардын сага жөнүндө айткандарына берер
жообуң жокпу? – деди.
63 Ыйса болсо унчуккан жок. Ошондо башкы
динкызматчы Ыйсадан:
– Тирүү Кудайдын алдында антыңды алайын,
айтчы деги бизге, Кудайдын Уулу Машаяк
сенсиңби? – деди.
64 Ыйса башкы динкызматчыга:
– Өзүңүз айттыңыз. Бирок Мен силерге бир
нерсени айтып коёюн: мындан ары Адам Уулунун
Кудуреттин оң жагында олтурганын жана
асмандагы булуттардын үстүндө келатканын
көрөсүңөр, † – деп жооп берди.
65 Ошондо башкы динкызматчы кийимин айрып
жиберип:
– Бул Кудайга акарат келтирди! Бизге дагы кандай
күбөлөр керек? Уктуңарбы, ал азыр Кудайга акарат
келтирди! 66 Буга эмне дейсиңер? – деди.
Тигилердин баары:
– Өлүм жазасына тартылышы керек! – деп
чуулдашты.
67 Анан Ыйсанын бетине түкүрүп, муштагылап,
жаакка чаап:
– 68 Эй, Машаяк, кана, ким урду, айтчы? – дешти.

### Петирдин «Ыйсаны тааныбайм» деп үч жолу айтышы

69 Петир болсо сыртта, короодо олтурган. Аңгыча
ага бир малай кыз басып келип:
– Сен! Сен да галилеялык Ыйса менен бирге
болгонсуң! – деди.
70 Петир болсо бардыгынын алдында:
– Эмне деп жатканыңды түшүнбөйм, – деп ага
макул болгон жок.
71 Дарбаза тарапка баратканда, ал жактан дагы
башка малай кыз көрүп калып:
– Мына, бул киши да назареттик Ыйса менен
бирге жүргөн, – деди.
72 Петир карганып:
– Мен ал кишини тааныбайм, – деп дагы макул
болбоду.
73 Бир аздан кийин ошол жерде турган адамдар
Петирге келишип:
– Сен чындап эле тигилердин бири экенсиң,
ошолордон экениңди тилиң да айтып турат, – деди.
74 Ошондо Петир аларга:
– Кудай урсун, ал кишини таанбайм, – деп
карганып-шиленип кирди.
Ошол кезде короз кыйкырды. 75 Ошондо Петир
Ыйсанын: «Ушул түнү короз кыйкыргыча, Мени
таанбайм деп үч жолу айтасың!» деген сөзүн
эстеди да, сыртка чыгып, өксүп ыйлады.

### Ыйса Пилаттын алдында

27 Таң атканда, жогорку динкызматчылар
менен эл башчыларынын баары чогулуп,
Ыйса өлүм жазасына тартылсын деген чечим
чыгарышты. 2 Ыйсаны байлап, алып барышты да
римдик губернатор Пилаттын колуна
тапшырышты.

### Жүйүттүн өлүмү

3 Ошондо Ыйсага чыккынчылык кылган Жүйүт
Ыйсанын өлүм жазасына кесилгенин көрүп, оюн
өзгөрттү да, жогорку динкызматчылар менен эл
башчылары берген отуз күмүш теңгени кайра
кайтарып берди.
– 4 Бейкүнөө кишиге чыккынчылык кылып, күнөө
кетириптирмин, – деди ал аларга.
Бирок алар:
– А биздин кандай тиешебиз бар? Өзүң бил, – деп
жооп беришти.
5 Жүйүт теңгелерди ийбадатканага ыргытып
жиберип, сыртка чыгып, асылып өлдү. 6 Жогорку
динкызматчылар болсо теңгелерди терип алып:
– Бул теңгелерди ийбадаткананын казынасына
салганга болбойт, анткени бул адам канынын куну,
– дешти да, 7 өз ара акылдашып туруп, башка
улуттуктардын сөөгүн коюу үчүн «Карапачынын
талаасы» деп аталган жерди сатып алышты.
8 Ошондон улам ал талаа ушул күнгө чейин «Кандуу
талаа» аталып калган. 9 Жеремия пайгамбардын:
«Ысрайылдын эли ушул Адамга
Койгон бааны – отуз күмүш теңгени
Алар алып, 10 Эгем мага айткандай,
Сатып алды “карапачы таалаасын”», ††
– деген сөзү аткарылды.

### Пилаттын сурагы

11 Ыйсаны болсо губернатордун алдына алып
келишти. Губернатор:

†

††

– Иудейлердин падышасы сенсиңби? – деп
сурады.
Ыйса:
– Өзүңүз айтып турасыз, – деди.
12 Ал жогорку динкызматчылар менен эл
башчыларынын койгон айыптарына эч нерсе деп
жооп кайтарбады. 13 Ошондо Пилат ага:
– Сага канча деген айыптар айтылып жатканын
сен, эмне, укпай жатасыңбы? – деди.
14 Бирок Ыйса алардын бир да сөзүнө жооп
кайтарган жок, ошондуктан Пилат абдан таң калды.

### Ыйсаны өлүмгө кыюу

15 Куткарылуу майрамына карата губернатордун
элге алар сураган бир кылмышкерди түрмөдөн
бошотуп берүү адаты бар эле. 16 Ошол кезде
алардын Барабба деген абдан белгилүү бир адамы
түрмөдө болчу. 17 Ошондуктан алар чогулушканда,
Пилат:
– Силерге кимди бошотуп беришимди
каалайсыңар: Бараббаныбы же Машаяк аталган
Ыйсаныбы? – деди.
18 Анткени Пилат алардын Ыйсаны көрө
албастыктан кармап бергенин билчү.
19 Пилат сот орундугуна олтурганда, анын аялы
бир кишини жиберип: «Жанагы адил кишиге
тийбе, анткени таңга жуук көргөн түшүмдө ал үчүн
көп азап чектим», – деп айттырды. 20 Бирок жогорку
динкызматчылар менен эл башчылары
«Бараббаны чыгарып, Ыйсаны өлтүрүүнү
сурангыла» деп чогулгандарды үгүттөп коюшкан
эле.
21 Губернатор чогулгандарга:
– Силерге экөөнүн кимисин бошотуп беришимди
каалайсыңар? – деп дагы кайрылды.
Чогулгандар:
– Бараббаны, – деп жооп беришти.
22 Пилат:
– Анда Машаяк аталган Ыйсаны эмне кылайын? –
деди.
Тигилер болсо баары бир ооздон:
– Айкаш жыгачка кадалсын! – дешти.
23 Пилат аларга:
– Ал эмне жамандык кылды? – деди.
Бирок алар мурдагыдан да катуу ызы-чуу түшүп:
– Айкаш жыгачка кадалсын! – деп бакырышты.
24 Пилат сөзүнөн эч кандай пайда чыкпасын жана
ызы-чуунун күчөп баратканын көрүп, сууну алды
да, чогулгандардын алдында колун жууп:
– Мен бул кишинин канына айыпкер эмесмин!
Муну кылган силер өзүңөрсүңөр!– деди.
25 Чогулгандардын баары:
– Мунун каны биздин жана биздин
балдарыбыздын мойнунда болсун! – деп
чуулдашты.
26 Ошондо Пилат Бараббаны бошотуп берди.
Ыйсаны болсо сабатты да, айкаш жыгачка кадап
салууга буйрук кылды.

### Жоокерлердин Ыйсаны мазакташы

27 Губернатордун жоокерлери Ыйсаны
акимчиликке алып барышып, Анын алдына бүт
полкту чогултушту. 28 Ыйсаны чечинтишип, үстүнө
кочкул кызыл чапан жабышты. 29 Тикенектен таажы
жасашып, башына кийгизишти да оң колуна таяк
карматып коюшту. Анан алдына чөгөлөй калып:
«Жашасын иудейлердин падышасы!» – деп
келекелешти. 30 Бетине жаба түкүрүп, колундагы
таякты алып, башка ургулай башташты.
31 Шылдыңдап бүтүшкөндө, үстүндөгү кочкул
кызыл чапанды сыйрып алып, Өзүнүн кийимин
кийгизишти да, айкаш жыгачка кадаганы алып
жөнөштү.

### Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы

32 Жолдо киринеялык Ысманды жолуктурушуп,
аны Ыйсанын айкаш жыгачын көтөрүп барууга
мажбурлашты. 33 Голгота (мунун мааниси: «Баш
сөөк жайы») деген жерге келишкенде, 34 алар
Ыйсага өт кошулган шарапты беришти. Ыйса ооз
тийип көрүп, ичкиси келбеди.
35 Айкаш жыгачка кадагандар чүчү кулак
кармашып, кийимдерин бөлүшүп, 36 ошол жерде
Ыйсаны кайтарып олтурушту. 37 Алар Ыйсанын
башынын жогору жагына Анын айыбы жазылган
тактаны бекитишти. Тактада «Бул – Ыйса,
иудейлердин падышасы» деген жазуу бар эле.
38 Ыйса менен кошо дагы эки каракчыны бирин
оң жагына, бирин сол жагына айкаш жыгачтарга
кадап салышты.
39 Өтүп бараткандар Ыйсаны кордоп, баштарын
ийкегилешип:
– 40 Эй, ийбадаткананы бузуп, үч күндө кайра
тургузуучу! Кудайдын Уулу болсоң, айкаш жыгачтан
түшүп, өзүңдү куткарбайсыңбы! – деп жатышты.
41 Жогорку динкызматчылар да аларга кошулуп,
дин мугалимдери жана эл башчылары менен
бирге:
– 42 Башкаларды куткарыптыр, өзүн болсо куткара
албай турат! Ысрайылдын падышасы имиш, айкаш
жыгачтан түшсүнчү, кана, биз ага ишенип калалы.
43 Кудайга таянчу эле, кана, кааласа, аны
бошотсунчу, анткени «мен Кудайдын Уулумун» дечү
эмес беле! – дешти.
44 Ыйса менен кошо кадалган каракчылар да Аны
кордоп жатышты.

### Ыйсанын өлүмү

45 Түшкү саат он экилерден баштап, бүт жерди
караңгылык басып, ал саат үчкө чейин созулду.
46 Саат үчтөрдө Ыйса:
– Эли, эли! Лама сабахтани? † – деп катуу үн менен
боздоп жиберди.

---

†

Бул сөздүн мааниси: «Кудайым ай, Кудайым! Эмне
үчүн Мени таштап кеттиң?»
47 Ошол жерде тургандардын кээ бири муну угуп:
– Бул Илиясты чакырып жатат, – дешти.
48 Ошол замат алардын бири жүгүрүп барып,
соргучту сирке суууга малды да, таяктын учуна
сайып алып, Ыйсанын оозуна такады. †49 Ал эми
башкалары:
– Токточу, көрөлү, Илияс келип, аны куткарар
бекен! – дешти.
50 Ыйса болсо дагы бир жолу катуу кыйкырып,
анан жан берди.
51 Ошол замат ийбадатканадагы көшөгө башынан
аягына чейин экиге бөлүнүп айрылды. Жер
силкинип, таштар быркырады. 52 Көрлөр ачылып,
көптөгөн ыйыктар тирилди. 53 Кийин, Ыйса
тирилгенде, алар көрлөрүнөн чыгып, ыйык шаар
Иерусалимге киришти да, көп адамдардын көзүнө
көрүнүштү.
54 Жердин силкингенин жана андан башка болуп
жаткан окуяларды көрүп, үрөйлөрү учкан римдик
жүз башы жана аны менен бирге Ыйсаны кайтарып
тургандар:
– Бул чындыгында Кудайдын Уулу болгон экен! –
дешти.
55 Ошол жерде алыстан карап турган көптөгөн
аялдар да бар эле. Булар Ыйсага кызмат кылып,
Аны Галилеядан бери ээрчип келишкен болчу.
56 Алардын арасында магдалалык Мариям, Жакып
менен Жосенин энеси – Мариям жана Зебедейдин
аялы бар эле.

### Ыйсанын көргө коюлушу

57 Кеч киргенде, ариматиялык Жусуп аттуу бир
бай адам келди. Ал да Ыйсанын шакирти болчу.
58 Ал Пилатка келип, Ыйсанын сөөгүн сурады. Пилат
сөөктү берүүгө буйрук берди. 59 Жусуп сөөктү алып,
таза кездемеге ороп, 60 асканы оюп өзүнө арнап
жасаган жаңы көргө жаткырды да, оозун чоң таш
менен бекитип туруп, кетип калды. 61 Магдалалык
Мариям менен дагы башка Мариям болсо ошол
жерде, көрдүн маңдайында отурушкан.

### Көрдөгү күзөт

62 Кийинки күнү, жуманын эртесинде жогорку
динкызматчылар менен фарисейлер Пилаттын
алдына чогулушуп, 63 ага:
– Мырза, жанагы алдамчы көзү тирүүсүндө: «үч
күндөн кийин тирилем» дегенин эстедик.
64 Шакирттери келип, сөөгүн уурдап алып, элге: «Ал
тирилди», деп айтышы мүмкүн. Ошондуктан
үчүнчү күнгө чейин көр жакшылап бекитилсин деп
буйрук бериңиз. Эгер алар ушундай кылышса, анда
алардын бул алдамчылыгы биринчисинен да
жаман болот, – дешти.
65 Пилат аларга:
– Сакчылар мына, алгыла да, эми билгениңердей
кылып, кайтара бергиле! – деп жооп берди.
66 Ошондо алар барып, көрдүн оозундагы чоң
ташка мөөр басып, сакчыларга кайтартып коюшту.

### Ыйсанын тирилиши

28 Дем алыштын эртеси, таң азанда магдалалык
Мариям менен дагы башка Мариям көрдү
көргөнү келишти. 2 Аңгыча абдан катуу жер
титирөө болду. Анткени Жараткан Эгенин
периштеси асмандан түшүп, көрдүн оозундагы
ташты жылдырып таштап, үстүнө отуруп алган
болчу. 3 Ал күн нурундай жаркырап, кийими кардай
аппак эле. 4 Сакчылар андан коркконунан
калчылдап, өлүк кишилердей болуп, катып
калышты.
5 Периште болсо аялдарга минтип сүйлөдү:
– Силер коркпогула! Анткени айкаш жыгачка
кадалган Ыйсаны издеп жүргөнүңөрдү билем. 6 Ал
бул жерде жок, Өзү айткандай, тирилип кетти,
келип, жаткан жайын карагыла! 7 Анан тез барып,
шакирттерине: «Ыйса өлүмдөн кайра тирилип
кетиптир, силерден мурда Галилеяга барат, Аны
ошол жактан көрөсүңөр» дегиле. Силерге айтарым
ушул!
8 Бир чети коркуп, бир чети аябай кубанган
аялдар көрдөн шарт бурулуп, Ыйсанын
шакирттерине кабарлаганы чуркап жөнөштү.
9 Аңгыча алардын алдынан Ыйса жолугуп:
– Саламатсыңарбы, – деди.
Аялдар жакындап келип, бутунан кучактап, Анын
алдына жүздөмөндөп жыгылышты.
10 Ыйса аялдарга:
– Коркпогула, боордошторума барып айткыла,
алар Галилея аймагына барышсын, Мени ошол
жактан көрүшөт, – деди.

### Сакчылардын сатылып кетиши

11 Аялдар жолдо баратышканда, сакчылардын
айрымдары шаарга барып, жогорку
динкызматчыларга болгон окуяны төкпөй-чачпай
айтып беришти. 12 Жогорку динкызматчылар эл
башчылары менен жыйын өткөрүшүп, чечим
кабыл алышты. Анан жоокерлерге көп акча берип:
– 13 «Түндө, биз уктап калганыбызда, шакирттери
келип, аны уурдап кетишти» дегиле. 14 Эгер муну
губернатор угуп калса, анда анын көңүлүн биз
жайгарабыз, силер болсо кам санабагыла, баарын
өзүбүз бүтүрөбүз, – дешти.
15 Сакчылар болсо акчаны алып, тигилер
айткандай кылышты. Ал эми бул жалган сөз
иудейлердин арасында ушул күнгө чейин кеңири
тарап, айтылып жүрөт.

### Ыйса шакирттерине көрүндү!

16 Он бир шакирт болсо Ыйса «баргыла» деп
буюрган Галилеядагы тоого келишти. 17 Ал жерден

---
†

Ыйсаны көрүшүп, Анын алдына жүздөмөндөп
жыгылышты. Алардын кээ бири мунун чындык
экенине ишене албай турушту. 18 Ыйса
шакирттерине жакын келип, мындай деди:
– Көктөгү да, жердеги да бийликтин баары Менин
колума берилди. 19 –20 Ошондуктан барып, бардык
элдерди Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга
чөмүлдүрүп, Менин силерге буйругандарымдын
баарын сактоого үйрөтүп, Мага шакирт кылгыла!
Мына, Мен акыр заманга чейин, бардык убактарда,
силер менен бирге болом.

# Марк

### Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн чакырыгы

1 Бул Кудай Уулу Ыйса Машаяк жөнүндөгү
Жакшы Кабардын башталышы: 2 Ышая
пайгамбар жазып кеткендей:
«Мына, Сенин алдыңан,
Кабарчымды жиберем.
Ал Сага жол даярдайт». †
3 «Жар салгандын чөлдө үнү угулат:
"Даяр кылгын Эгебиздин жолдорун,
Талаадагы басар жерин түздөгүн!"». ††
4 Жакыя чөлгө келип, адамдарды сууга чөмүлдүрүп,
күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн ниеттерин
өзгөртүп, сууга чөмүлүү керек экендигин жар салып
жүрдү. 5 Бүткүл Иудея аймагындагылар жана
иерусалимдиктер ага барышып, күнөөлөрүн
моюнга алышып, өздөрүн Иордан дарыясында
чөмүлдүртүп жатышты. 6 Жакыя болсо төөнүн
жүнүнөн жасалган кийим кийип, кайыштан белбоо
тагынып, чегиртке менен жапайы аарынын балын
жеп тамактанчу. 7 Ал:
– Арка жагыман менден алда канча кудуреттүү
бирөө келатат. Мен эңкейип анын бут кийиминин
боосун чечкенге да татыксызмын. 8 Силерди мен
сууга чөмүлтөм, ал болсо Ыйык Рухка чөмүлтөт! –
деп жар салды.

### Ыйсанын сууга чөмүлүү расмисинен жана сыноолордон өтүүсү

9 Ошол күндөрдө Ыйса Галилея аймагындагы
Назарет шаарынан келип, Иордан дарыясында
Жакыя тарабынан сууга чөмүлдүрүү расмисинен
өттү. 10 Ал суудан чыкканда, асмандын ачылганын
жана Ыйык Рухтун көгүчкөн кейпинде үстүнө түшүп
келатканын көрдү. 11 Ошондой эле асмандан үн
чыкты: «Сен Менин сүйүктүү Уулумсуң. Мен Сага
ыраазымын». ‡12 Ушундан соң, Рух Ыйсаны дароо
ээн талаага алып кетти. 13 Жапайы жаныбарлар
мекендеген ээн талаада кырк күн шайтандын
сыноосунан өттү. Периштелер болсо Ага кызмат
кылышты.

### Ыйсанын биринчи шакирттери

14 Жакыя камалган соң, Ыйса Галилея аймагына
келип, мындай деп Кудайдын Жакшы Кабарын
жарыялады:
– 15 Убакыт-сааты келип, Кудайдын
падышачылыгы жакындап калды! Ниетиңерди
өзгөртүп, Жакшы Кабарга ишенгиле!
16 Галилея көлүнүн жанынан өтүп бара жатып,
Ысман менен анын иниси Идристи көрдү. Алар
кесиби балыкчы болгондуктан көлгө тор салып
жатышкан болчу. 17 Ыйса аларга:
– Жүргүлө, Мени менен, силерге балык
кармагандын ордуна, адамдарды Кудайга кантип
апкелүүнү үйрөтөм! – деди.
18 Алар ошол замат торлорун таштап, Ыйсаны
ээрчип жөнөштү. 19 Ыйса ал жерден бир аз
узагандан кийин, кайыкта торлорун оңдоп
жатышкан Зебедейдин балдары: ага-ини Жакып
менен Жаканды көзү чалды. 20 Көрөрү менен
аларды Өзүнө чакырды. Алар болсо атасы менен
мардигерлерди кайыкка калтырып, Ыйсаны ээрчип
жөнөштү.

### Жинге чалдыккан киши

21 Ыйса шакирттери менен бирге Капарноом
шаарына келип, дем алыш күнү синагогада таалим
берди. 22 Ыйсанын таалимине эл таң калды,
анткени Ал дин мугалимдериндей эмес, бийлиги
бардай таалим берчү. 23 Алардын синагогасына
ошондо кара күчкө байланган бир киши капыстан
кирип келип минтип катуу бакырды:
– 24 Биз менен сенин эмне ишиң бар, назареттик
Ыйса! Түбүбүзгө жеткени келдиңби, ыя! Бил-е-е-м,
ким экениңди, сен Кудайдын ыйыгысың.
25 Ыйса ага:
– Үнүңдү бас да, андан чыгып кет! – деп буйруду.
26 Кара күч жанагы кишини калчылдатып, катуу
чаңырык менен андан чыгып кетти. 27 Баарынын
үрөйлөрү учуп, бири бирине: «Бул эмне ыя? Күчтүү
окуубу? Бу киши кара күчтөргө да бийлик менен
буйрук кылып, алар ага баш ийип атышат!» –
дешти. 28 Ошентип, Ыйса тууралуу кабар бүткүл
Галилея аймагына тез эле тарап кетти.

### Ыйсанын көп адамды айыктырышы

29 Синагогадан чыгары менен Ыйса Жакып жана
Жакан менен бирге Ысман менен Идристин үйүнө
келди. 30 Ысмандын кайненеси ысытма болуп
ооруп, төшөктө жаткан. Аял жөнүндө Ага дароо
айтышты. 31 Ыйса ага жакын басып келип, колунан
алып, өйдө тургузду. Аял ошол замат ысытма
оорусунан айыгып, Ыйсаларды коноктой баштады.

---
† †† ‡

[32] Кеч кирип, күн батканда болсо эл Ыйсага
бардык оорулуулары менен жиндерге
чалдыккандарын алып келишти. [33] Бүт шаар эли
Ыйса турган үйдүн эшигинин алдына чогулуп
калды. [34] Ыйса ар кандай оору менен ооруган көп
адамдарды айыктырды, көптөгөн жиндерди кууп
чыкты. Жиндер Ыйсанын ким экенин билгендиктен
аларга сүйлөгөнгө тыюу салды.

### Ыйсанын Галилеядагы таалими

[35] Ыйса эртеси таң атпай туруп, үйдөн чыкты да,
Өзү жалгыз ээн жерге барып, Кудайга сыйынды.
[36] Ысман менен анын шериктери Ыйсаны артынан
издеп барышып, [37] табышкан соң:
– Баары сени издеп жүрүшөт! – дешти.
[38] Ыйса аларга:
– Жүргүлө, жакын жердеги айылдарга баралы.
Ошол жерде да Жакшы Кабарды жар салышым
керек. Анткени Мен ошол үчүн келгемин, – деди.
[39] Ошентип Ыйса бүтүндөй Галилея аймагын
кыдырып, алардын синагогаларында таалим
берип, адамдардан жиндерди кубалап жүрдү.

### Пес оорулуу адамдын айыгышы

[40] Бир пес оорулуу адам Ыйсага келип, чөк түшүп,
мындай деп жалбарды:
– Эгер сиз кааласаңыз, мени айыктыра аласыз.
[41] Ыйса бу кишиге боору ооруп, колун сунуп ага
тийгизди да:
– Каалаймын, айыккын! – деди.
[42] Ошол замат тиги кишинин денеси пестен
арылып, айыгып кетти. [43] Ыйса катуу эскертип:
– [44] Байкагын, бул тууралуу эч кимге ооз ачпа,
бирок өзүңдү динкызматчыга көргөзүп,
айыкканыңдын далили катары Муса буюрган
курмандыкты алып баргының! † – деп, аны дароо
кайра жөнөттү.
[45] Ал киши болсо, мындай чыгары менен элдин
баарына болгон окуяны жар салып, айтып кирди.
Ошондон улам Ыйса шаарга түз кире албай,
сыртта, ээн жерлерде калууга аргасыз болду. Эл
болсо Ыйсага туш-тараптан агылып келип жатты.

### Шал болгон адамдын айыгышы

2 Арадан бир аз күндөр өтүп, Ыйса кайрадан
Капарноомго келди да, Анын үйдө экени
баарына маалым болду. [2] Көптөгөн эл жыйылып,
эшигинин алдында бут коёрго жер калбады. Ыйса
болсо аларга Кудайдын сөзүнөн таалим бере
баштады. [3] Шал оорулууну көтөрүп келишкен төрт
адам [4] элдин көптүгүнөн Ыйсага жакындай албай,
Ал турган бөлмөнүн үстүн ачып, төбөсүн тешишти
да, оорулууну төшөнчүсү менен кошо төмөн
түшүрүштү. [5] Ыйса алардын ишенимин көрүп, шал
оорулуу адамга:
– Балам, сенин күнөөлөрүң кечирилди! – деди.

†

[6] Ошол жерде олтурушкан дин мугалимдеринин
кээ бирөөлөрү ичинен: [7] «Мынабу эмне деп жатат!
Бул Кудайга акарат келтирип жатат! Күнөөлөрдү
Кудайдан башка ким кечире алат!» – дешти.
[8] Алардын бул оюн дароо туя койгон Ыйса мындай
деди:
– Силер эмне үчүн мындай ойлоп жатасыңар?
[9] «Күнөөлөрүң кечирилди!» деген жеңилби же «Тур,
төшөгүңдү ал да бас!» дегенби? [10] Билип алгыла,
Адам Уулунун жер бетиндеги күнөөлөрдү кечирүүгө
бийлиги бар!
Анан шал кишиге:
– [11] Сага айтам: тур, төшөгүңдү ал да, үйүңө жөнө!
– деди.
[12] Шал оорулуу киши ошол замат тура калып,
төшөгүн алды да, баарынын көз алдында сыртка
чыгып кетти. Баары жакаларын кармашып:
– Ой, тобо, эч качан мындай нерсени көргөн эмес
элек! – деп, Кудайды даңкташты.

### Лебинин шакирттикке тандалышы

[13] Ыйса кайрадан Галилея көлүнүн жээгине барды.
Ошол жерге келген элдин баарына таалим берди.
[14] Өтүп баратып, салык жыйноочу жайда олтурган
Алпейдин уулу Лебини көрдү да ага:
– Менин жолума түш, – деди.
Леби ордунан туруп, Ыйсаны ээрчип жөнөдү.
[15] Кийинчерээк Ыйса шакирттери менен бирге
Лебинин үйүндө конок болуп, дасторкондун
чекесинде жамбаштап жатты. Ыйсанын артынан
ээрчип жүргөн көп салыкчылар жана башка
күнөөкөрлөр да Аны менен бир дасторкондон
тамак жеп жатышты. [16] Ыйсанын салыкчылар жана
күнөөкөрлөр деп четке кагылган адамдар менен
бирге олтуруп тамак жеп олтурганын көрүшкөн
фарисей тобундагы дин мугалимдери Анын
шакирттерине:
– Эй, эмне үчүн бул салыкчылар менен
күнөөкөрлөргө кошулуп, бир дасторкондон тамак
жейт? – дешти.
[17] Муну уккан Ыйса:
– Дарыгер дени сактарга эмес, оорулууларга
керек. Мен такыбааларды эмес, күнөөкөрлөрдү
ниеттерин өзгөртүүгө чакырганы келдим, – деди.

### Орозо тутуу маселеси

[18] Жакыянын шакирттери жана фарисейлер орозо
тутуп жүрүшкөн. Ошондуктан кээ бир кишилер
Ыйсага келишип:
– Жакыянын шакирттери менен фарисейлердин
шакирттери орозо тутушат, а эмне үчүн сенин
шакирттериң тутушпайт? – дешти.
[19] Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Үйлөнүп жаткан жигит тойго чакырылган
коноктордун арасында жүргөндө, алар орозо
тутушабы? Күйөө бала араларында турган кезде,
аларга орозо тутууга болбойт! [20] Алардын арасынан

күйөө бала алына турган күндөр келет, алар
орозону ошондо тутушат. 21 Жаңы кийимден
алынган жамаачыны эски кийимге эч ким
жамабайт, анткени жаңы жамаачы эски кийимди
айрып, жыртыгын мурдагысынан да чоң кылып
коёт. 22 Эч ким жаңы шарапты эски чаначтарга
куйбайт. Эгер куйса, жаңы шарап чаначтарды
айрып, өзү да төгүлөт, чаначтар да жарабай калат.
Ошондуктан жаңы шарапты жаңы чаначтарга
куюш керек.

### Дем алыш күнү тууралуу

23 Дем алыш күндөрүнүн биринде Ыйсага эгин
талаасын аралап өтүүгө туура келди. Жолдо
баратканда, шакирттери эгиндин баштарын жула
башташты. †24 Муну көргөн фарисейлер Ыйсага:
– Карачы, эмне үчүн шакирттериң дем алыш күнү
тыюу салынган ишти кылып жатышат! – дешти.
25 Ыйса аларга:
– Өзүнүн жана жанындагы адамдардын карды
ачып, бир нерсе жегенге зар болуп турганда,
Дөөттүн эмне кылганын силер окуган жок белеңер?
26 Ал Абыятар башкы динкызматчы болуп турганда,
Кудай үйүнө кирип, Эгебизге багышталган нанды
өзү да жеп, жанындагыларга да бербеди беле?
Бирок ал нанды жегенге динкызматчылардын гана
акысы болгон, †† – деди.
27 Ыйса сөзүн мындайча аяктады:
– Адам дем алыш күнү үчүн эмес, тескерисинче,
дем алыш адам үчүн жаратылган! 28 Андыктан Адам
Уулу дем алыш күнүнүн да ээси.

### Колу сенек адам

3 Ыйса кайрадан синагогага келди. Синагогада
колу сенек бир адам бар эле. 2 Ошол кишини
дем алыш күн экенине карабай айыктырар бекен
деп, фарисейлер Ыйсаны айыпка жыгуунун амалын
издеп, алдыртан байкап турушту. 3 Ыйса болсо,
колу сенек адамга:
– Алдыга чык, – деди.
4 Анан тигилерге кайрылып:
– Дем алыш күнү жакшылык кылуу керекпи же
жамандык кылуу керекпи? Жанды куткаруу керекпи
же кууратуу керекпи? – деди.
Тигилер унчугушпады. 5 Ыйса аларды каардуу
көзү менен кыдырата карап, ушунчалык таш
боордугуна кейиди. Анан жанагы колу сенек
кишиге:
– Колуңду сун! – деди.
Тигил колун сунар замат айыгып кетти. 6 Ошондо
фарисейлер сыртка чыгышып, Ирод тараптагылар
менен чогулушуп, алар менен бирге кантип
Ыйсанын көзүн тазалаштын жолун сүйлөшүштү.

### Көл жээгиндеги калың эл

7 Ыйса шакирттери менен бирге Галилея көлү
тарапка кетип калды. Галилея жана Иудея
аймактарынан, 8 Иерусалимден жана Идумея
аймагынан, Иордандын чыгыш тарабынан, Тир
жана Сидон шаарларынын айланасынан адамдар
Ыйсанын кылган иштерин угушуп, Ага жоон топ
болуп агылып келип жатышты. 9 Топураган көп
элдин Ыйсаны жөөлөп кысканынан улам Ал
шакирттерине:
– Мага бир кайыкты камдагыла, – деди.
10 Ыйса көп адамдарды айыктырган болчу,
ошондуктан оорулуулар Ага колдорун тийгизүүгө
жулунуп жатышты. 11 Кара күчкө чалдыккандар
болсо Ыйсаны көргөндө алдына кулап: «Сен
Кудайдын Уулусуң!» – деп чаңырып жатышты.
12 Ыйса аларга Өзүнүн ким экенин жарыя кылууга
катуу тыюу салды.

### Он эки элчинин тандалышы

13 Анан Ыйса тоого чыгып, Өзү тандап алган бир
нече кишини чакырды. Алар келишкенде, 14 –15
арасынан он экисин Өзү менен бирге болууга
дайындап, буларды элчилер деп атады. Аларды
жар салууга жөнөттү да, жиндерди кууп чыгуу
бийлигин берди. 16 Төмөндө ошол он эки элчинин
аттары: Ысман (Ыйса ага Петир деген ат койду),
17 Зебедей уулу Жакып жана анын иниси Жакан
(Ыйса аларды Боонергестер деп атады, аттын
мааниси «Күн күркүрөөнүн уулдары»), 18 Идрис,
Филип, Барталамей, Матай, Том, Алпей уулу Жакып,
Тадай, Динчил ‡ Ысман, 19 ошондой эле кийин
чыккынчы болуп кеткен Жүйүт Искариот.

### Ыйса жана шайтан

20 Ушундан соң, Ыйсалар үйгө келишти. Кайрадан
эл жыйылып, шам-шум этип алууга да
мүмкүнчүлүктөрү болбой калды. 21 Бул тууралуу
кабар Ыйсанын жакындарына жеткенде, алар Аны
алып кетүү үчүн келишти, анткени эл: «Бул
акылынан адашыптыр», – деп сөз кылып жаткан
болчу. 22 Иерусалимден келген кээ бир дин
мугалимдери болсо: «Мунун ичинде Бээлзебул ‡‡
бар! Бул жиндерди алардын ошол башчысынын
күчү менен кубалап жатат», – дешти.
23 Ошондо Ыйса аларды чакырып алып мындай
деген ибарат айтты:
– Кантип шайтан шайтанды кубалай алат? 24 Эгер
мамлекет өз ичинен бөлүнүп-жарылса, кыйрайт.
25 Эгер үй-бүлөнүн ыркы кетсе, соо калбайт. 26 Эгер
шайтан да өзүнө өзү каршы чыгып, бөлүнүп-
жарылса, анда соо калбайт, соодасы бүтөт. 27 Алдуу
адамдын үйүнө кирген бирөө алды менен анын
өзүн байлабай туруп, үй-мүлкүн кантип тоноп
кетет? Алдууну байлагандан кийин гана анын үйүн

† ††

‡ ‡‡

тоной алат. 28 Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
адам баласынын күнөөлөрү менен жаман сөздөрү
бүт кечирилет, 29 а бирок кимде-ким Ыйык Рухка
акарат айтса, анда ал эч качан кечирилбейт, ошол
күнөөсү түбөлүк мойнунда калат.
30 Ыйса бул сөздү кээ бир адамдардын: «Муну кара
күч басыптыр!» – дегенинен улам айтты.

### Ыйсанын энеси жана бир туугандары

31 Ушундан соң, Ыйсанын энеси менен бир
туугандары келишип, сырттан туруп Аны
чакыртышты. 32 Ыйсанын айланасында толтура
адамдар олтурган болчу. Алар Ыйсага:
– Энең, инилериң жана карындаштарың келип,
сыртта сени чакырып жатышат, – дешти.
– 33 Менин энем менен бир туугандарым кимдер?
– деди аларга Ыйса.
34 Анан айланасында олтургандарды сыдыра
карап алып:
– Менин энем менен бир туугандарым булар!
35 Анткени ким Кудайдын каалоосун аткарса, ошол
Мага бир тууган ага-ини, эже-карындаш жана эне
болот, – деди.

### Дыйкан тууралуу ибарат

4 Ыйса кайрадан көл жээгинде элди окута
баштады. Ошондо жыйылган элдин көптүгүнөн
кайыкка түшүүгө туура келди. Эл болсо жээкте
карап турду. 2 Ыйса ибарат менен көп нерселерди
айтып, аларды окутту. Ал элге мындай деди:
– 3 Кулак салып, угуп алгыла: бир дыйкан эгин
сепкени талаага чыгыптыр. 4 Сепкен уругунун кээси
жол боюна түшүп, чымчыктарга жем болот. 5 Кээ
бири аз гана топурагы бар таштак жерге түшүп,
кыртышы терең болбогондуктан тез эле өсүп чыгат.
6 Күн чыкканда күйүп, тамыры терең
болбогондуктан куурап калат. 7 Кээси тикен
арасына түшөт. Анан тикен өсүп чыгып, аны басып
калгандыктан ал түшүм бербейт. 8 Ал эми кээ
бирлери жакшы кыртышка түшүп, өсүп чыгат да,
кээси отуз, кээси алтымыш, кээси жүз эсе түшүм
берет.
9 Ыйса аягында мындай деди:
– Уга турган кулагы барлар уксун!

### Ибараттын мааниси

10 Ыйса жалгыз калганда, он эки шакирти менен
бирге айланасында тургандар Андан ибараттардын
мааниси тууралуу сурашты. 11 Ыйса аларга мындай
деп жооп берди:
– Кудайдын Падышачылыгынын сырларын билүү
силерге буюрган. Ал эми сырттагы, жанагыларга
болсо баары ибараттар аркылуу айтылат.
12 Ошондуктан алар:
«Караса да, көрүшпөйт,
Тыңшаса да, түшүнбөйт.
Кайрылышса Кудайга,
Кечирилмек күнөөсү» †.

### Дыйкан тууралуу ибараттын мааниси

13 Анан Ыйса аларга мындай деди:
– Бул ибараттын маанисин түшүнбөй
жатасыңарбы? Анда башка ибараттарды кантип
түшүнөсүңөр? 14 Дыйкан сепкен урук – Кудайдын
сөзү. 15 Жол боюна түшкөнү мындай адамдарды
билдирет: булардын жүрөгүнө Кудайдын сөзү
себилет, бирок алар угары менен эле шайтан дароо
жетип келе калып, жүрөктөрүнө себилген сөздү
уурдап кетет. 16 Ал эми таштак жерге түшкөн үрөн
болсо Кудай сөзүн угары менен ошол замат кубана
кабыл алган адамдарды билдирет. 17 Бирок тамыры
болбогондуктан бир азга гана ишенип, кийин
ишенгендиги үчүн кыйынчылыкка же куугунтукка
кабылар замат ишенимден баш тартышат.
18 Тикендердин арасына түшкөнү Кудай сөзүн
уккан, 19 бирок бул дүйнөнүн түйшүгүнө, акчанын
азгырыгына жана башка каалоолорго алдырып
койгон адамды билдирет. Ушулар сөздү
тумчуктуруп, сөз жемишсиз калат. 20 Ал эми жакшы
кыртышка түшкөндөрү Кудай сөзүн угуп, кабыл
алган адамдарды билдирет. Мындай адамдар отуз,
алтымыш, жүз эсе жемиш берген үрөнгө окшош.

### Шам тууралуу ибарат

21 Ыйса дагы мындай деди:
– Шамды идиштин же керебеттин астына коюш
үчүн жагышабы? Аны шамдалга коюшпайбы?
22 Сыртка чыкпас сыр болбойт, ачыкка чыкпас
жашыруун иш болбойт. 23 Уга турган кулагы барлар
уксун!
24 Ыйса аларга дагы мындай деди:
– Укканыңарды байкагыла! Кандай өлчөмдө
көңүл бөлсөңөр, ошондой өлчөмдө силерге
түшүнүк берилет, ал тургай ашыгы менен берилет.
25 Кимде бир аз түшүнүк бар болсо, ага дагы
берилет, ал эми кимде жок болсо, анын бар деп
ойлогону да тартылып алынат.

### Кудай Падышачылыгынын жайылышы тууралуу ибарат

26 Ыйса дагы мындай деди:
– Кудай Падышачылыгы мындай: адам айдоо
талаасына урук себет да, 27 түнү уктап, күндүзү
туруп, уруктун кандайча өсүп-өнүп жатканын
билбейт. 28 Жер аны өзү өстүрөт: алгач көгөртүп,
анан баш байлатып, анан башын данга толтурат.
29 Адам болсо дан бышары менен эгинине орок
салат, анткени оруу-жыюу маалы келип жетет.

### Сары кычынын даны тууралуу ибарат

30 Ыйса дагы мындай деди:
– Кудай Падышачылыгын дагы эмнеге
салыштырса болот? Аны кандай ибарат менен

---

†

сүрөттөп берейин? [31] Ал жерге эгилген, бул дүйнөдөгү уруктардын эң кичинеси болгон сары кычы данына окшош. [32] Ал эгилген соң, өсүп чыгат, анан бакчадагы бардык өсүмдүктөрдөн ашып кетет. Чоң-чоң бутак жайып, көлөкөсүнө канаттуулар пааналап, уя салышат.

[33] Ыйса элге ушул сыяктуу дагы көптөгөн ибараттарды айтып, алардын сиңирүүгө кудурети жеткиче Кудайдын сөзүнөн таалим берди. [34] Ал элге жалаң ибарат менен сүйлөдү, ал эми шакирттери менен калганда, аларга ибарат менен айтылгандардын баарысынын маанисин чечмелеп, түшүндүрүп берди.

### Көлдөгү бороондун токтошу

[35] Ошол күнү кечинде Ыйса шакирттерине көлдүн аркы өйүзүнө барабыз деп айтты. [36] Ошондуктан шакирттери элден бөлүнүп, кайыктын ичинде олтурган Ыйсага кошулушту. Жанында башка кайыктар да бар болчу. [37] Анан катуу бороон башталып, кайыктын капталына урунган толкундар ичине ашып, ичи толо баштады. [38] Ыйса болсо кайыктын куйрук жагында жаздык жазданып, уктап жатты. Шакирттери Аны ойготушуп:

– Устат, өлө турган болдук! Бизди ойлосоң боло! – дешти.

[39] Ыйса ордунан туруп, бороонго тыюу салып, толкундарга:

– Басыл, токтогун! – деп буйруду.

Бороон тынчып, айлана жымжырт боло түштү. [40] Анан шакирттерине кайрылып:

– Эмне мынчалык коркоксуңар? Ушул убакка чейин ишене алган жоксуңарбы? – деди.

[41] Үрөйлөрү учкан шакирттери өз ара:

– Бороон менен деңиз да баш ийген бул ким болду экен? – деп сүйлөштү.

### Жин даарыган адамдын айыгышы

5 Анан алар көлдүн аркы өйүзүнө жайгашкан Гераса аймагына келишти. [2] Ыйса кайыктан түшөрү менен, мүрзөлөрдүн арасынан кара күчкө чалдыккан бир киши чыга калып, алдынан тосуп чыкты. [3] Бул кишинин жашаган жери мүрзө болчу. Эч ким аны, ал тургай чынжырлар менен да байлап кармап кала алган эмес. [4] Көп ирет колун кишендеп, бутун чынжыр менен байлашса да ал чынжырларды үзүп, кишендерди талкалап бошонуп кетчү. Аны баш ийдиргенге эч кимдин күчү жетпеген. [5] Ал күн-түн дебей тоо-дөбөлөрдү, мүрзөлөрдү аралап далбастап, өкүрүп-бакырып, өзүн өзү таш менен уруп, жарадар кылчу.

[6] Бул киши Ыйсаны алыстан көрүп, чуркап келип, алдына чөгөлөдү да:

– [7] Эй, Ыйса, Кудай Тааланын Уулу, мени менен кандай ишиң бар?! Кудай акы, сенден суранам, мени азапка салбачы! – деп бакырып жиберди.

[8] Анткени Ыйса андагы кара күчкө: «Кара күч, бул кишиден чыгып кет!» – деген болчу. [9] Ыйса андан:

– Атың ким? – деп сурады.

Ал:

– Менин атым түмөн, анткени биз көппүз! – деп жооп берди.

[10] Анан аларды ошол аймактан кууп чыкпоосун өтүнүп, Ыйсага кайра-кайра жалынып-жалбарышты.

[11] Ошол жердеги тоонун боорунда чоң бада чочко оттоп жүргөн. [12] Кара күчтөр Ыйсага жалбарышып:

– Бизди чочколорго жиберегөр, ошолордун ичине кирелик, – дешти.

[13] Ыйса уруксат берди. Кара күчтөр адамдан чыгып чочколорго кириршти. Ошондо эки миңдей чочкодон турган баданын баары жабыла тик жардан көлгө кулап чөгүп өлүштү.

[14] Чочко кайтаргандар болсо артка карай чуркап жөнөштү да, муну шаар-кыштактарга жарыя кылышты. Ошондо адамдар болгон окуяны көрүп келүүгө чыгышты. [15] Алар Ыйсага келишип, ичинде түмөн жини бар кишинин кийим кийип, акыл-эси жайында олтурганын көрүшүп, жүрөктөрү ооздоруна тыгылды. [16] Окуяны көргөндөр болсо, аларга бул жин оорулуу адам менен чочколор эмне болгонун айтып беришти. [17] Ошондо герасалыктар Ыйсадан алардын жеринен кетишин сурана башташты. [18] Ыйса кайыкка түшкөндө, мурда жин даарып ооруган киши Аны менен кошо кетүүнү суранды. [19] Ыйса болсо ага уруксат берген жок:

– Өз үй-бүлөңө бар да, Эгеңдин сага эмне кылганын, сага кандай кайрым көрсөткөнүн айтып бер, – деди.

[20] Ошондо баягы киши артына кайтып, Оншаар аталган аймакта Ыйсанын ага кылганын айтып, жарыялай баштады. Уккандардын баары таң калып жатышты.

### Тирилген кыз, сакайган аял

[21] Ыйса кайрадан көлдүн аркы өйүзүнө жеткенде, жоон топ эл Аны дагы курчап алды. Ал көлдүн жээгинде турганда, [22] синагога башчыларынын бири болгон Жайыр деген киши келип, Ыйсаны көрүп, Анын бутуна жыгылып:

– [23] Кызым өлүм алдында жатат. Келип, кызыма колуңузду коё көрүңүз, айыгып, аман калсын! – деп жалбарды.

[24] Ыйса Жайыр менен анын үйүнө жөнөдү. Кошо жөнөгөн көп эл Ыйсаны туш-тушунан жөөлөп баратты.

[25] Ошол тополоңдун ичинде он эки жыл бою ичинен кан акканы токтобой ооруган бир аял бар эле. [26] Ал көп дарыгерлерге барып, алардан шыпаа табалбай, кыйналып, колунда болгон нерсесинин баарын сарптап бүтсө да, ден-соолугу түзүк болбой эле кайра начарлап бараткан. [27] –28 Бул аял Ыйса тууралуу укканда, ичинен «кийимине эле колум тийсе, айыгам» деп эл арасынан билинбей Анын

артынан келип, кийимине колун тийгизди. 29 Кан
кеткени тып басылып, аял айыкканын сезди.
30 Ошол эле убакта Ыйса да Өзүнөн күч чыкканын
сезип, айланасындагы элге кайрылып:
– Ким Менин кийимиме колун тийгизди? – деп
сурады.
31 Шакирттери Ага:
– Карачы, сени канча адам туш-тушуңдан кысып
турат! А сен болсо «ким Мага колун тийгизди»
дейсиң, – дешти.
32 Ыйса болсо колун тийгизген ким экенин көрүү
үчүн айланасын карай берди. 33 Ошондо өзү менен
эмне болгонун билген аял корkконунан калтырап-
титиреп басып келди да, Ыйсанын алдына
жыгылып, болгон чындыкты төкпөй-чачпай айтып
берди. 34 Ыйса болсо тигил аялга:
– Кызым, ишенимиң сени айыктырды. Жакшы
барагой, дартыңдан сакайып кет, – деди.
35 Ыйса сөзүн бүтө электе, синагога башчысы
тараптан адамдар келишип:
– Кызыңыз өлдү! Эмне үчүн устатты дале убара
кылып жатасыз? – дешти.
36 Ыйса болсо алардын сөзүн укту, ошентсе да
синагога башчысына:
– Коркпо, тек гана ишенгин, – деди.
37 Анан Петир, Жакып жана анын иниси Жакандан
башкалардын бирөөнө да артынан барганга
уруксат бербеди. 38 Алар синагога башчысынын
үйүнө келишип, ызы-чуу түшүп ыйлап, өкүрүп
жаткандардын үстүнөн чыгышты. 39 Ыйса алардын
арасына кирип:
– Эмнеге ызы-чуу түшүп, ыйлап жатасыңар? Кыз
өлгөн жок, уктап жатат, – деди.
40 Ошондо алар Ыйсаны шылдыңдап күлүштү.
Ыйса болсо баарын үйдөн сыртка чыгарып, өлгөн
кыздын ата-энеси менен үч шакиртин алып, сөөк
жаткан жайга кирди. 41 Кирип, кыздын колун
кармады да:
– Талита, куми! – деди. Мунун котормосу: «Кызым,
сага айтам, тургун!»
42 Кыз ошол замат туруп, нары-бери баса
баштады. Ал он экиде болчу. Муну көргөндөр абдан
таң калышты. 43 Ыйса болсо аларга бул тууралуу эч
кимге ооз ачпоону буйруду жана кызга жегенге бир
нерсе бергиле деди.

### Ыйсанын Өз мекенинде четке кагылышы

6 Ыйса ал жактан кетип, шакирттери менен
бирге кайрадан Өзүнүн чоңоюп өскөн
шаарына келди. 2 Дем алыш күнү болгондо,
синагогага барып таалим бере баштады. Ошол
жердеги көпчүлүк Ыйсанын таалимин укканда:
– Булардын баарын бу кайдан алды? Ага кандай
акылмандык берилди экен? Мындай укмуштар
кантип анын колунан келип жатат? 3 Бу жыгач уста
эмес беле? Мариямдын уулу, Жакып, Жосе, Жүйүт
жана Ысмандардын бир тууганы го бул?
Карындаштары да биздин арабызда турушат го? –
деп таң калышты.
Ошентип алар Ыйсаны четке кагышты.
4 Ошондо Ыйса аларга мындай деди:
– Пайгамбар бардык жерде кадыр-барктуу болсо
да, өз жери, туугандары жана үй-бүлөсүнүн ичинде
анын кадыры билинбейт.
5 Ыйса ал жерден бир нече оорулууга колун коюп
айыктыргандан башка эч кандай кереметтерди
көрсөтө албады.
6 Алардын ишенбестигине ушунчалык таң калды.

### Он эки шакиртке берилген тапшырма

Ошондон кийин Ыйса айлана-тегеректеги айыл-
кыштактарга барып, андагыларга таалим берип
жүрдү. 7 Анан он эки шакиртин чакырып алып, эки-
экиден кызматка жөнөтө баштады. Аларга кара
күчтөрдү башкарганга бийлик берди.
– 8 Жолго жалгыз таяктан башка эч нерсе: нан да,
баштык да албагыла, белбооңорго тыйын да
түйбөгүлө, 9 бирок бут кийим кийгиле да, ашык
кийим албагыла! – деп буйруду.
10 Дагы мындай деди:
– Кайсы үй силерди кабыл алса, барган
жериңерден кеткиче, ошол үйдө калгыла. 11 Эгерде
кайсы бир жерде силерди кабыл албаса жана
сөзүңөрдү укпаса, анда ал жактан чыгып баратып,
алардын четке кагылганынын белгиси катары
бутуңардын чаңын күбүп салгыла.
12 Ошентип алар жолго чыгышып, адамдарга
ниетиңерди өзгөрткүлө деп жар салышты.
13 Адамдардан көп жиндерди кубалап чыгышып,
далай оорулууларды май менен майлап
айыктырып жүрүштү.

### Жакыянын өлүмү

14 Мунун баары Ирод падышага жетти. Анткени
бардык жерде Ыйсанын аты чыгып кетти. Кээ
бирөөлөр: «Бул Жакыя чөмүлдүрүүчү, ал тирилип
кетиптир, укмуштуу иштерди кылып жатканынын
себеби ошондон» – дешти. 15 Кээ бирөөлөр болсо:
«Бул Илияс пайгамбар!» – дешсе, дагы бирөөлөр:
«Бул байыркы пайгамбарларга окшогон дагы бир
пайгамбар!» – дешти. 16 Ирод муну укканда: «Бул
мен башын алдырган Жакыя! Ал тирилип кеткен
турбайбы!» – деди. 17 Жакыяны Ирод өзү киши
жиберип карматып, камакка алдырткан. Ирод
иниси Филиптин аялы Иродияга үйлөнүп алган.
Жакыяны ал ошол аялы үчүн түрмөгө отургузган.
18 Анткени Жакыя Иродго: «Иниңдин аялын алып
алганың туура эмес!» – деген. 19 Ошондон улам
Иродия Жакыяны өлтүргүсү келип, кекенип, бирок
анысын ишке ашыра алган эмес. 20 Анткени Ирод
Жакыянын адил жана ыйык адам экенин билип,
корkконунан аны коргоп жүргөн. Айткан сөздөрүнө
ар дайым тынчсызданып жүрсө да, аны укканды
жакшы көргөн. 21 Акыры Иродиянын күнү тууган

учур келди. Бул Ироддун туулган күнүндө болду. Ал
ак сарайда иштеген өзүнүн бардык чоңдорун,
аскербашыларын жана Галилея аймагын
башкарган адамдарды чакырды. [22] Иродиянын
кызы келип, бийлеп, Ирод менен анын жанында
олтурган коноктордун купулуна толду. Ошондо
падыша кызга:
– Менден каалаганыңды сура, сурооңду
орундатам! – деди. – [23] Каалаганыңды берем, керек
болсо падышачылыгымдын жарымын сурасаң да
берем! – деп ант кылды.
[24] Кыз барып энесинен:
– Эмне сурайын? – дегенде, энеси:
– Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн башын, – деди.
[25] Кыз дароо падышага чуркап барып:
– Мага Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн башын азыр
табакка салып, алдырып келишиңизди каалайм! –
деп талап кылды.
[26] Кыздын өтүнүчү падышаны абдан кайгыртты.
Бирок коноктордун алдында берген анты үчүн ага
жок деп айткысы келбеди. [27] Ошондуктан бир
желдетин жиберип, Жакыянын башын кесип
келүүнү буюрду. Желдет түрмөгө барып, Жакыянын
башын алды да, [28] табакка салып келип, кызга
берди. Кыз болсо энесине берди. [29] Бул окуяны
уккан Жакыянын шакирттери келип, анын сөөгүн
алышты да, көргө алып барып коюшту.

### Ыйсанын беш миң кишини тойгузушу

[30] Жиберилген элчилер кайтып келишип, Ыйсага
барышты да, эмне кылып, эмнени окуткандарын
төкпөй-чачпай айтып беришти.
[31] Келип-кетип жаткан элдин көптүгүнөн, Ыйса
менен Анын шакирттеринин тамактанып алганга
да чолосу тийбей жаткан. Ошондуктан Ыйса
шакирттерине:
– Өзүбүзчө ээнирээк жерге барып, бир аз эс алып
алалы, – деди.
[32] Ошентип алар өздөрү жалгыз кайыкка
олтурушуп, ээн жерге жөнөштү. [33] Көп адамдар
алардын бараткан жагын көрүп, ким экенин
таанып калышты. Анан бардык шаарлардан жөө-
жалаңдап чыгып, алар бараткан жерге алардан
мурда чуркап жетишти. [34] Ыйса кайыктан
түшкөндө, топураган элди көрүп, аларга боору
ооруду. Анткени алар койчусу жок койлорго окшош
эле. Ыйса ошол жерде көп нерселерди айтып,
аларга таалим бере баштады. [35] Кеч кирип
бараткандыктан шакирттери келип:
– Бул жер ээн, убакыт болсо кеч болуп кетти.
[36] Элди коё бер, айланадагы айыл-кыштактарга
барып, жегенге бирдеме сатып алышсын, – дешти.
[37] Ыйса болсо:
– Жегенге бирдемени силер бергиле, – деди.
Шакирттери:
– Бизди барып, эки жүз күмүш теңге † жумшап,
буларга нан сатып келгиле дегени турасыңбы? –
дешти.
[38] Ыйса:
– Канча наныңар бар? Барып, карап келгилечи, –
деди.
Алар барып карап келишип:
– Беш нан, эки балык бар экен, – дешти.
[39] Ошондо Ыйса аларга элдин баарын көк чөптүн
үстүнө топ-топко бөлүп олтургузууну буйруду. [40] Эл
катар-катар болуп, жүз-жүз, элүү-элүүдөн топко
бөлүнүп олтурушту. [41] Анан Ыйса жанагы беш нан
менен эки балыкты алып, асманды карап Кудайга
шүкүрчүлүк келтирип, нанды сындырды да, элге
таратсын үчүн шакирттерине берди. Эки балыкты
да баарына бөлүп берди. [42] Баары жеп, тоюшту.
[43] Анан нан менен балыктын арткан үзүмдөрүн
жыйнашканда, он эки себет толду. [44] Жеген
эркектердин эсеби беш миңдей эле.

### Ыйсанын суу үстү менен басышы

[45] Ыйса элди таратып жатып, ошол эле убакта
шакирттерин дароо кайыкка салып, көлдүн аркы
өйүзүндөгү Бейтсайдага Өзүнөн мурда барсын үчүн
жөнөтүп жиберди. [46] Элди тараткан соң, сыйынуу
үчүн тоого чыкты. [47] Кеч кирип, кайык көлдүн
ортосуна барып калганда, Ал Өзү жалгыз жерде
турган. [48] Ошондо шакирттеринин толкундар
менен алышып, жандалбастап жаткандарын көрдү.
Анткени шамал алардын бет маңдайынан согуп,
калак шилтеш кыйын болуп турган. Анан таң
азанда шакирттерине суу үстү менен басып келип,
жандап өтө берейин деди. [49] Ошондо шакирттери
көрүп калышты да, Аны арбак экен деп ойлоп,
бакырып жиберишти. [50] Аны көргөндө, баарынын
эси чыкты.
Ыйса ошол замат аларга:
– Коркпогула, бул Мен элемин, – деп сүйлөй
баштады.
[51] Анан аларга кошулуп кайыкка түштү. Шамал
ошол замат тып басылды. Шакирттери ушунчалык
таң калып, ооздору ачылды, [52] анткени акыл-
сезимдери тунарып калгандыктан, нан менен
болгон кереметтин маанисин түшүнүшкөн эмес
эле.

### Генисареттеги оорулуулардын сакайышы

[53] Алар көлдүн аркы бетине сүзүп өтүп, Генисарет
жерине жетишти да кайыкты жээкке байлашты.
[54] Кайыктан түшөрү менен жергиликтүү эл Ыйсаны
дароо тааный коюшуп, [55] бүткүл аймакты аралай
жүгүрүп өтүшүп, Анын кайда экенин угушкан жерге
оорулууларды төшөктөрү менен көтөрүп алпкеле
башташты. [56] Ыйса кайда барбасын: айыл-
кыштактарга болобу, шаарларга болобу, адамдар
оорулууларын базар болчу жерлерге жаткырып

†

коюшуп, «алар жок дегенде кийимиңиздин этегине
колун тийгизсе болобу» деп суранып жатышты. Ал
эми колун тийгизгендер болсо айыгып кетип
жатышты.

### Ата-бабалардын салты

7 Фарисейлер менен Иерусалимден келген дин
мугалимдери Ыйсанын жанына жыйналышты.
2 Ыйсанын шакирттеринин кээ бири арам колу
менен, тагыраак айтканда, колдорун жуубай нан
жеп жатканын көрүштү. 3 Анткени фарисейлер
башка иудейлердин баары сыяктуу эле колдорун
улуулардан калган салтка ылайык жуумайын тамак
жешпейт. 4 Ошондой эле базардан келгенди
жуумайынча ооздоруна алышпайт. Мындан башка
дагы табактарды, чайнектерди, идиштерди,
керебеттерди жууп-тазаламай деген, өздөрү кабыл
алышкан толгон-токой салттары бар. 5 Ошондуктан
фарисейлер менен дин мугалимдери Ыйсага:
– Эмне үчүн шакирттериң улуулардан калган
салтты бузуп жатышат? Алар кол жуу расмисин
сактабай эле нан жешет экен, – дешти.
6 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Эки жүздүүлөр, Ышая силер жөнүндө туура
пайгамбарчылык кылып, жазып кеткен:
«Тили менен Мени сыйлап жатса да,
Дили менен бул эл Менден алыс бейм.
7 Адам салтын Меники деп окутуп,
Мага келип табынганы пайдасыз» †.
8 Силер Кудайдын осуяттарынан баш тартып,
адамдардын салттарын кармайсыңар.
9 Ыйса дагы мындай деди:
– Өзүңөрдүн салттарыңарды карманыш үчүн
Кудайдын осуяттарынан баш тартканыңар
жакшыбы? 10 Муса мындай деген эмеспи: «Ата-
энеңди сыйла» †† жана «Атасын же энесин сөккөн
адам өлүм жазасына тартылсын!» ‡11 А силер болсо:
«Эгер ким атасы же энесине: “силерге бере турган
нерсемдин баарын “корбан”, башкача айтканда,
“Кудайга багыштадым”” десе, 12 анда ал атасы же
энеси үчүн эч нерсе кылбай эле койсо болот» деп,
13 элге үйрөткөн ушул салтыңар менен Кудайдын
сөзүн жоюп салдыңар. Буга окшогон дагы башка
көп нерселериңер толуп жатат.

### Адамды арам кылган эмне?

14 Анан Ыйса элди чакырып алып, дагы мындай
деди:
– Мага кулак салып, түшүнүп алгыла! 15 –16
Адамды анын ичине сырттан кирген нерсе эмес,
ичинен чыккан нерсе арам кылат.
17 Ыйса көпчүлүктөн бөлүнүп, үйгө киргенде,
шакирттери Ал айткан сөздүн маанисин сурашты.
– 18 Чындап эле силер да али түшүнө
элексиңерби? – деди Ыйса аларга. – Адамдын
ичине сырттан кирген бир да нерсе аны арам кыла
албайт. 19 Анткени ал адамдын жүрөгүнө эмес,
курсагына кирет да, сыртка чыгып кетет. (Ыйса
муну менен бардык тамак адал дегиси келген.)
20 Адамды ичинен чыккан нерсе арам кылат, – деп
улантты Ыйса сөзүн, – 21 анткени ичтен, адамдын
жүрөгүнөн арам ой, бузукулук, уурулук, адам
өлтүрүүчүлүк, 22 ойноштук, ач көздүк, кара ниеттик,
алдамчылык, кумарлануучулук, көрө албастык, уу
сөздөр, текебердик, акмакчылык чыгат. 23 Ушул
жамандыктын баары ичтен чыгып, адамды арам
кылат.

### Чет элдик аялдын ишеними

24 Ыйса ал жактан чыгып, Тир аймагы жакка
жөнөдү. Ошол жерден бир үйгө кирип, турган
жерин бирөөлөр билишин каалабады. Бирок
баары бир жашырына алган жок. 25 Анткени кара
күчкө чалдыккан кызы бар бир аял Ыйса жөнүндө
угары менен жетип келип, Анын бутуна жыгылды.
26 Бул аял эврей эмес, сирофиникиялык болчу. Ал
Ыйсадан кызынын ичиндеги жинди кууп беришин
суранып жалбарды. 27 Ыйса болсо ага:
– Кой, адегенде балдардын курсагы тойсун,
алардын нанын иттерге ыргыткан жакшы эмес, –
деди.
– 28 Ооба таксырым, – деди аял, – бирок иттер
деле балдардын дасторконунан түшкөн күкүмдөрдү
жейт эмеспи?
29 Ошондо Ыйса ага:
– Ушул сөзүң үчүн бара бер, жин кызыңдан чыгып
кетти, – деди.
30 Аял үйүнө келип, кызынын төшөктө жатканын
жана жиндин чыгып кеткенин көрдү.

### Дүлөйдүн айыгышы

31 Ыйса Тир аймагынан чыгып, Сидон шаарынан
өтүп, Оншаар турган жерди аралап, Галилея көлүнө
жөнөдү. 32 Аңгыча кимдир бирөөлөр жакшы сүйлөй
албаган, кулагы да такыр укпаган кишини алып
келишип, Ыйсадан ага колун коюп, айыктыруусун
сурап жалбарышты. 33 Ыйса аны элден өзүнчө
бөлүп барып, эки кулагына сөөмөйлөрүн тыкты.
Анан сөөмөйүнө түкүрүп, тигинин тилине
тийгизди. 34 Андан соң, асманга карап, терең дем
алды да оорулууга:
– Эффата! (мааниси: ачыл!), – деди.
35 Ошол замат дүлөйдүн кулагы ачылып, тилге
келди да кадимкидей сүйлөй баштады. 36 Анан
Ыйса элге бул тууралуу эч кимге ооз ачпоону
буюрду. Бирок канчалык тыюу салган сайын,
ошончолук кайра күчөшүп кеп кылышты. 37 Айран
таң калган эл:
– Ал кылгандын баары жакшы экен: ал тургай
дүлөйлөрдү уктуруп, дудуктарды сүйлөтүп жатат! –
дешти.

† †† ‡

### Ыйсанын төрт миң кишини тойгузушу

8 Ошол күндөрдүн биринде кайрадан абдан көп эл чогулуп, жегенге тамак табылбады. Ыйса шакирттерин чакырып алып:

– 2 Элге боорум ооруп атат, үч күндөн бери жанымда, жегенге эч нерселери жок. 3 Эгерде ушул бойдон үйлөрүнө таратып жиберсем, жолдо шайы ооп калат, анткени арасында алыстан келгендери да бар, – деди.

4 Шакирттери:

– Мынча элди тойгуза турган нанды бул ээн талаадан ким таба алат? – дешти.

5 Ыйса:

– Канча наныңар бар? – деди.

Алар:

– Жети, – деп жооп беришти.

6 Ошондо Ыйса элди жерге отургузгула деп буйруду. Анан жети нанды алып, Кудайга шүкүрчүлүк келтирип, сындырды да элге таратуу үчүн шакирттерине берди. Шакирттери болсо элге таратышты. 7 Алардын дагы бир аз кичине балыктары бар эле. Ыйса шүкүрчүлүк келтирип, аларды да таратууну буйруду. 8 Баары жеп, тоюшту. Нандын арткан үзүмдөрүн жыйнашканда, жети себет болду. 9 Жегендердин эсеби болсо төрт миңдей киши эле. Анан Ыйса аларды үйлөрүнө коё берип, 10 дароо шакирттери менен бирге кайыкка олтуруп, Далманут аймагына келди.

### Фарисейлердин жышаан талап кылышы

11 Кээ бир фарисейлер Ыйсага келишип, Аны менен талаша башташты. Ыйсаны сынашып, асмандан бир жышаан-белги көрсөт деп талап кылышты. 12 Ыйса терең үшкүрүнүп алды да:

– Бул адамдар эмне үчүн Менден жышаан-белги талап кылышат? Силерге бир чындыкты айтып коёюн: бул муунга эч кандай белги берилбейт! – деди.

13 Анан аларды калтырып, кайрадан кайыкка олтурду да, көлдүн наркы өйүзүнө кетип калды.

### Фарисейлер менен садукейлердин таалими тууралуу

14 Кайыкта бир эле нан бар болуп чыкты, анткени алар нан алганды унутуп калышкан экен. 15 Ыйса шакирттерине:

– Абайлагыла, фарисейлер менен Ироддун ачыткысынан сак болгула! – деди.

16 Алар өз ара: «Биз нан албаганыбыз үчүн айтып жатат го», – дешти.

17 Ыйса муну билип, аларга:

– Эмнеге нан ала келбептирбиз деп жатасыңар? Кылгандарымды дале түшүнгөн жоксуңарбы? Алардын маанисин биле элексиңерби? Дале көкүрөгүңөр көрбү? 18 Көзүңөр туруп, көрө албай жатасыңарбы? Кулагыңар туруп, уга албай жатасыңарбы? Эсиңерде жокпу: 19 Мен беш нанды беш миң кишиге сындырып бергенимде, силер чогулткан калдыктары канча себет болду эле? – деди.

Шакирттери:

– Он эки, – дешти.

20 Ыйса:

– Төрт миң кишиге жети нанды сындырып бергенимде, арткандары канча себет болду эле? – деди.

Алар:

– Жети, – дешти.

21 Ошондо Ыйса аларга:

– Дале түшүнө элексиңерби? – деди.

### Бейтсайдадагы сокурдун айыгышы

22 Бейтсайдага келишкенде, Ыйсага бир сокурду алып келишип, ага колун тийгизип, айыктырып коюусун суранып жалбарышты. 23 Ыйса аны колунан алып, айылдын сыртына жетелеп чыкты. Анан анын көзүнө түкүрүп туруп, колун үстүнө койду да:

– Бирдеме көрүп жатасыңбы? – деди.

24 Сокур киши көз тигиле карап:

– Адамдарды көрүп турам. Алар басып жүргөн дарактарга окшош, – деди.

25 Ыйса кайрадан колун анын көзүнө койду. Ошондо ал көз тигиле карады да, бул жолу айыгып, баарын ачык көрүп калды. 26 Ошондо Ыйса:

– Айылга кирбе! – деп аны үйүнө жиберди.

### Ыйсанын Машаяк экендиги

27 Анан Ыйса шакирттерин ээрчитип, Филип Кесария деген шаардын жанындагы айылдарга жөнөдү. Жолдо шакирттеринен:

– Эл Мени ким деп эсептешет? – деп сурады.

– 28 Кээ бир адамдар Жакыя чөмүлдүрүүчү деп, кээ бири Илияс пайгамбар деп, а кээси башка пайгамбарлардын бири деп жатышат, – дешти шакирттери.

– 29 А силерчи, силер Мени ким деп эсептейсиңер? – деди Ыйса.

Петир:

– Сен – Машаяксың! – деп жооп берди.

30 Ошондо Ыйса аларга:

– Менин ким экенимди эч кимге айтпагыла! – деп катуу эскертти.

### Ыйса Өзүнүн азап тартып өлөрүн алдын ала айтат

31 Анан Адам Уулу көп азап чегип, эл башчылары, жогорку динкызматчылар жана дин мугалимдери тарабынан четке кагыларын, анан өлтүрүлүп, үчүнчү күнү кайра тирилүүгө тийиш экендигин айтып, шакирттерин окута баштады. 32 Ал муну аларга ачык айтты. Ошондо Петир Аны четке чакырып алып, каршы болуп баштады. 33 Ыйса болсо бурулуп, шакирттерин карады да Петирге:

– Жогол Менден шайтан, себеби сен Кудайдын
эмес, пенденин оюн ойлоп жатасың! – деп аны
урушуп койду.
34 Анан эл менен шакирттерин чакырып алып
мындай деди:
– Кимде-ким Мени ээрчигиси келсе, өз
кызыкчылыктарынан баш тартсын да, өз айкаш
жыгачын көтөрүп, жанын берүүгө даяр болуп,
артыман түшсүн. 35 Анткени ким өз жанын сактайм
десе, аны жоготот, ал эми ким жанын Мен үчүн
жана Жакшы Кабарым үчүн берсе, ал ага кайрадан
ээ болот. 36 Бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок жанын
жоготкондон адамга не пайда? 37 Же кандай баа
менен адам баласы жанын сактап кала алат?
38 Кимде-ким мына бул бузулган, күнөөкөр муундун
алдында Менден жана Менин сөздөрүмдөн баш
тартса, анда Адам Уулу да Атасынын кудурети
менен ыйык periштелеринин коштоосунда көктөн
келгенде, андан баш тартат.
9 Ыйса аларга дагы мындай деди: «Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: ушул жерде
тургандардын кээ бирлери күч-кудурети менен
келген Кудай Падышачылыгын көрмөйүнчө, көз
жумбайт».

### Тоодогу кубулуш

2 Ушундан алты күн өткөндө, Ыйса Петирди,
Жакыпты жана Жаканды башкалардан бөлүп алып,
бир бийик тоого алып чыкты. Анан алардын көз
алдында Ыйсанын кебетеси өзгөрүп кетти.
3 Кийимдери аппак болуп жаркырап, дүйнөдө эч
ким агарта албагандай түскө айланды. 4 Анан Илияс
менен Муса пайда болуп, Ыйса менен маек
курушту. 5 Ошондо Петир Ыйсага мындай деди:
– Устат, бул жерде болгонубуз кандай жакшы! Үч
алачык тигели: бирин сага, бирин Мусага, дагы
бирин Илияска.
6 Ал эмне дегенин өзү да түшүнгөн эмес, анткени
баары коркуп турушкан.
7 Анан бир булут пайда болуп, аларга көлөкөсүн
түшүрүп, булут ичинен: «Бул Менин сүйүктүү Уулум
Ыйса, Аны уккула», – деген үн чыкты. 8 Алар
айланасын карай калышса, жанында Ыйсадан
башка эч ким жок экен.
9 Тоодон түшүп келе жатышканда, Ыйса: «Адам
Уулу өлүп, кайра тирилгенге чейин көргөнүңөрдү
эч кимге айтпагыла!» – деп буйруду. 10 Алар бул
сөздү унутушпай, бири биринен: «Өлгөндөрдөн
тирилет дегени эмнеси?» – деп сурашты. 11 Анан
Ыйсадан сурашты:
– Эмне үчүн дин мугалимдери «Машаяк келерден
мурун Илияс келиши керек» дешет?
12 Ыйса:
– Туура, алды менен Илияс келип, баарын ордуна
келтирет. Ошондой эле Адам Уулу да, Ыйык
Жазууларда айтылгандай, көп азап чегип, жек
көрүндү болууга тийиш эмес беле? 13 Бирок Мен
силерге айтам: Илияс чын эле келди жана ага Ыйык
Жазууларда жазылгандай, өз оюна келгендерин
жасашты, – деп жооп берди.

### Жин даарыган баланын айыгышы

14 Ыйсалар калган шакирттердин жанына басып
келишип, аларды тегеректеп турган көптөгөн элди
жана алар менен талашып-тартышып жаткан дин
мугалимдерин көрүштү. 15 Аны көрөрү менен элдин
баары катуу таңданышты. Анан алдынан тосо
чуркап чыгып, Аны менен саламдашышты. 16 Ыйса
алардан:
– Эмне тууралуу талашып жатасыңар? – деп
сурады.
17 Элдин ичинен бирөө Ага:
– Устат, мен сага жин уруп, дудук кылган уулумду
алып келдим эле. 18 Жини кармаганда эле боюн
жерге уруп, оозунан көбүгү чыгып, тишин
кычыратып, тырышып жатып калат.
Шакирттериңен жинин кубалап чыгаргыла деп
сурансам, колдорунан келбей койду, – деп үн катты.
19 Ошондо Ыйса:
– Эй, ишеними жок эл! Качанга чейин араңарда
болуп, силерге чыдаар экем? Баланы алып келгиле
бери! – деди.
20 Алар баланы Ыйсанын алдына алып келишти.
Жин Ыйсаны көрөрү менен баланы калчылдатып
кирди. Ал жерге кулап, оозунан көбүгү чыгып, ары-
бери тоголонуп жатты. 21 Ыйса анын атасынан:
– Уулуң качантан бери мындай? – деп сурады.
– Бала кезинен бери, – деди атасы, – 22 жин аны
өлтүрүү үчүн далай ирет от менен сууга салды.
Эгерде колуңуздан келсе, бизге ырайым кылып,
жардам берегөрүңүз!
– 23 Эгер колумдан келсеби? – деди Ыйса ага. – Ким
ишенсе, ага баарын жасай алам.
24 Баланын атасы ошол замат:
– Ишенем! Дагы катуураак ишенгенге жардам
кылагөр! – деп боздоп жиберди.
25 Элдин агып келип жатканын көрүп, Ыйса кара
күчкө:
– Дудук жана дүлөй кылчу жин, Мен сага катуу
буйрук кыламын: чыгып кет да, экинчи кирбегин! –
деди.
26 Жин ачуу чаңырып, баланы катуу калчылдатып,
анан чыгып кетти. Бала өлүктөй болуп жатып
калгандыктан баары: «Өлдү!» – деп жатышты.
27 Бирок Ыйса аны колунан алып, турууга
жардамдашты эле, ал турду.
28 Ыйса үйгө киргенде, шакирттери Андан өзүнчө:
– Эмне үчүн биз аны кубалап чыга албадык? – деп
сурашты.
29 Ыйса:
– Аны сыйынуу менен гана кууп чыгарууга болот!
– деп жооп берди.

### Ыйса Өз өлүмү тууралуу дагы бир ирет айтат

30 Ыйса шакирттери менен ал жактан чыгып,
Галилея аймагын аралап өтүп баратты. Ал Өзүнүн
кайда экенин эч ким билбөөсүн каалады. 31 Анткени
шакирттерине: «Адам Уулу кишилердин колуна
түшөт, Аны өлтүрүшөт, анан үчүнчү күнү Ал кайра
тирилет», – деп айткан болчу.
32 Бирок алар бул сөздөрдү түшүнүшкөн эмес,
сурагандан болсо коркушкан.

### Кимдин жолу улуу?

33 Алар Капарноомго келишти. Үйгө киришкенде,
Ыйса алардан: «Жолдо эмнени талаштыңар?» – деп
сурады.
34 Шакирттери үндөшпөдү, анткени алар жолдо
арабыздан кимибиздин жолубуз улуу деп талашкан
эле. 35 Ыйса олтурду да, он эки шакиртин чакырып
алып, мындай деди:
– Ким биринчи болууну кааласа, баарынын
акыркысы жана баарынын кызматчысы болсун.
36 Анан бир кичине баланы алып, алардын
ортосуна тургузуп койду. Анан аны кучактап:
– 37 Ким ушундай балдардын бирин Мен үчүн
кабыл алса, Мени кабыл алганы, ал эми ким Мени
кабыл алса, Мени эмес, Мени Жибергенди кабыл
алганы, – деди.

### Ким бизге каршы болбосо, ал биз тарапта

38 Ошондо Жакан:
– Устат, сенин ысмыңды оозанып, адамдардан
жиндерин кууп чыгарып жүргөн бирөөнү көрүп, ал
биз менен жүрбөгөндүктөн ага тыюу салдык, –
деди.
39 Ыйса болсо мындай деди:
– Ага тыюу салбагыла. Менин атыман
укмуштарды жасагандын бирөө да дароо эле Мен
жөнүндө жаман сөз айта албайт. 40 Ким бизге
каршы болбосо, ал биз тарапта. 41 Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: ким силерге «булар
Машаякка караштуулар» деп, Мен үчүн бир чыны
суу берсе, ал сөзсүз өз сыйлыгын алат.

### Азгырыктар

42 Ал эми кимде-ким Мага ишенген мына бул
кичинекейлердин бирин азгырып, күнөөгө
батырса, ал үчүн мойнуна тегирмендин ташы
байланып, деңизге ыргытылганы оң болмок. 43 –44
Эгерде колуң сени күнөөгө азгырып жатса, аны кыя
чап! Эки колуң менен тозоктун өчпөс отуна
кеткениңден көрө, майып болуп бейишке
чыкканың жакшы. 45 –46 Эгерде сени бутуң күнөөгө
азгырып жатса, аны кыя чап! Эки бутуң менен
тозоктун өчпөс отуна ыргытылгандан көрө, чолок
болуп бейишке чыкканың жакшы. 47 Эгерде сени
көзүң күнөөгө азгырып жатса, анда аны чукуп сал!
Эки көзүң соо тозокко ыргытылгандан көрө, бир
көзүң менен бейишке чыкканың жакшы. 48 Ал
жакта аларды жеген курттар эч качан өлүшпөйт
жана аларды куйкалаган от эч качан өчпөйт.
49 Кудайга тартуу кылынган нерселер туз менен
тазаланган сыяктуу бардыгыңар азап отунан
өтөсүңөр. 50 Туз – жакшы нерсе! Эгер ал даамын
жоготсо, аны кантип калыбына келтиресиң? Жан-
дүйнөңөрдө «туз» болсун жана өз ара ынтымактуу
жашагыла.

### Ажырашуу маселеси

10 Ыйса ал жактан чыгып, Иудея аймагына
келди да, Иордан дарыясынан өттү. Кайрадан
көп эл чогулду жана Ал адатынча аларга таалим
берди. 2 Ошондо фарисейлер бир кынтык табуу
ниетинде Ыйсага келишип:
– Эркек аялын коё берсе боло береби? – деп
сурашты.
– 3 Муса силерге эмне деген осуят калтырды эле? –
деди Ыйса аларга жооп берип.
– 4 Муса ажырашуу катын жазып берип, аялын коё
бергенге уруксат кылган, † – дешти алар.
5 Ошондо Ыйса аларга:
– Бул осуятты ал силерге тоң моюндугуңардан
улам жазган. 6 Бирок Кудай башында адамдарды
аял-эркек кылып жараткан ††. 7 Ошондуктан эркек
ата-энесинен бөлүнүп, аялына кошулат. 8 Ошентип
экөө бир дене болуп калат! Ушундайча алар эми
экөө эмес, бирөө ‡. 9 Демек, Кудай кошконду адам
ажыратпасын, – деди.
10 Үйгө киришкенде, шакирттери Ыйсадан бул
тууралуу кайра сурашты. 11 Ыйса аларга:
– Аялын коё берип, башкага үйлөнгөн адам
аялынын көзүнө чөп салган болот. 12 Эгер аялы
күйөөсүнөн кетип, башкага тийсе, ал да ойноштук
кылган болот, – деп жооп берди.

### Ыйсанын балдарга батасын бериши

13 Колун коюп батасын берсин деп, эл Ыйсага жаш
балдарды алып келди. Шакирттери болсо алып
келгендерди жемелеп, уруша баштаышты. 14 Муну
көргөндө, Ыйса ачууланып мындай деди:
– Балдар Мага келе берсин, алардын жолун
тоспогула! Себеби Кудай Падышачылыгы
ошондойлордуку! 15 Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: Кудай Падышачылыгын баладай кабыл
албаган адам ага эч качан кире албайт.
16 Анан балдарды кучагына алды да, аларга колун
коюп, батасын берди.

### Бай адам

17 Ыйса жолго чыкканда, бир киши жүгүрүп келип,
алдына чөгөлөп:
– О, жакшы устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн
эмне кылышым керек? – деп сурады.
18 Ыйса болсо ага минтип жооп берди:

† †† ‡

– Эмне үчүн Мени жакшы деп жатасың? Бир
Кудайдан башка эч ким жакшы эмес. 19 «Киши
өлтүрбө, ойноштук кылба, уурулук кылба, жалган
күбө болбо, алдап эч нерсе тартып алба, ата-
энеңди сыйла» † деген осуяттарды билесиң да.
– 20 Устат, – деди ал, – мунун баарын жаштайыман
сактап келатам.
21 Ыйса ага карап туруп, мээрим менен:
– Сага дагы бир нерсе жетпейт: бар да, колуңдагы
дүнүйөңдүн баарын сатып, түшкөн акчаны бей-
бечараларга таратып бер, ошондо байлыгың көктө
болот. Анан кел да, Мени ээрчи, – деди.
22 Муну укканда, жанагы киши кабагы бүркөлүп,
кайгыга баткан бойдон жолуна түштү, анткени ал
абдан бай эле.
23 Ыйса айланасын кыдырата карап,
шакирттерине:
– Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши
кандай кыйын! – деди.
24 Анын айткандарына шакирттери таң калышты.
Ыйса болсо сөзүн улантты:
– Балдарым, Кудай Падышачылыгына кирүү
кандай кыйын! 25 Бай адамдын Кудай
Падышачылыгына киргенинен көрө, төөнүн ийне
көзүнөн өтүшү оңой.
26 Шакирттери андан бетер таң калышып, өз ара:
– Анда түбөлүк өмүргө ким ээ боло алат? – дешти.
27 Ыйса аларга карап:
– Адамдын колунан келбегени менен, Кудайдын
колунан келет. Кудай баарын жасай алат, – деди.
28 Ошондо Петир Ыйсага:
– Мына, биз баарын таштап салып, сени ээрчип
жүрөбүз, – деди.
– 29 –30 Силерге бир чындыкты айтып коёюн, –
деди Ыйса аларга, – Мен үчүн жана Жакшы Кабар
үчүн үйлөрүн же эркек же кыз бир тууганын же
ата-энесин же балдарын же менчик талаасын
таштап чыккандын баарына азыр, ушул убакта, жүз
эсе көп үй, бир тууган, эне, бала жана жер кайра
берилет, куугунтукка да алынат, ал эми келечекте
болсо алар түбөлүк өмүргө ээ болушат. 31 Азыр
биринчи болуп жүргөндөрдүн көбү акыркы
болушат, ал эми азыр акыркылардан болуп
жүргөндөрдүн көбү биринчи болушат.

### Ыйсанын Өз өлүмү тууралуу үчүнчү ирет айтышы

32 Ыйса шакирттери менен Иерусалимге кетчү
жолдо баратты. Ал таң калып келатышкан
шакирттеринин алдында эле. Ал эми алардын
артындагылар коркуп келатышкан. Ыйса кайрадан
он эки шакиртин жанына чакырып алып, Өзүн
алдыда эмне күтүп тургандыгын айтты.
– 33 Мына, – деди Ал, – биз азыр Иерусалимге
чыгып баратабыз. Адам Уулун жогорку
динкызматчылар менен дин мугалимдеринин
колуна кармап беришет. Алар Аны өлүм жазасына
кесишип, башка улуттагылардын колуна
тапшырышат. 34 Башка улуттагылар Аны кордошуп,
бетине түкүрүшүп, сабашып, акырында өлтүрүшөт.
Бирок Ал үчүнчү күнү кайра тирилет.

### Жакып менен Жакандын өтүнүчү

35 Ошондо Зебедейдин балдары Жакып менен
Жакан басып келишип:
– Устат, биздин суранычыбызды аткарышыңды
каалар элек, – дешти.
36 Ыйса:
– Силерге эмнени аткарып беришимди
каалайсыңар? – деди.
37 Алар:
– Мындан кийин салтанаттуу улуулугуңа ээ болгон
кезде, бирибизди оң, бирибизди сол жагыңа
олтура тургандай кыл, – дешти.
– 38 Силер эмнени сурап жатканыңарды
билбейсиңер, – деди Ыйса ошондо. – Силер чындап
эле Мен иче турган азап чөйчөгүнөн ичип, Мен өтө
турган чөмүлүүдөн өтө аласыңарбы?
– 39 Ооба, – деп жооп беришти алар.
– Мен иче турган азап чөйчөгүнөн ичесиңер, Мен
өтө турган чөмүлүүдөн силер да өтөсүңөр, – деди
Ыйса, – 40 бирок оң же сол жагыма олтургузуу
Менин колумда эмес, ал мурдатан кимге
даярдалган болсо, ошого берилет.
41 Буларды укканда, Жакып менен Жаканга калган
он шакирттин кыжыры кайнады. 42 Ошондо Ыйса
шакирттерин чакырып алып, мындай деди:
– Бу дүйнөдөгү элдердин өкүмдарлары өз элине
үстөмдүк кылып, төрөлөрү күч менен бийлик
жүргүзөрүн билесиңер. 43 Бирок силерде мындай
болбосун, тескерисинче, араңардан ким чоң
болгусу келсе, силердин кызматчыңар болсун.
44 Ким биринчи болгусу келсе, баарыңарга кул
болсун. 45 Анткени Адам Уулу бирөөлөрдү Өзүнө
кызмат кылдырыш үчүн эмес, бирөөлөргө Өзү
кызмат кылып, Өз жанын көп адамдардын күнөөсү
үчүн кун катары берүүгө келген.

### Бартимей сокурдун айыгышы

46 Анан Иерихонго келишти. Ыйса шакирттери
менен көптөгөн элдин коштоосунда Иерихондон
чыгып баратканда, Тимейдин уулу сокур Бартимей
жол боюнда кайыр сурап олтурган эле. 47 Өтүп
бараткандын назареттик Ыйса экенин кулагы
чалып калып:
– Оо, Дөөттүн Уулу Ыйса, мага ырайым кылагөр! –
деп кыйкыра баштады.
48 Көп адамдар ага «унчукпа» деп тыюу салышты.
Бартимей болсо ого бетер үнүн бийик чыгарып:
– Оо, Дөөттүн Уулу, мага ырайым кылагөр! – деп
кыйкырды.
49 Ыйса токтоду да:
– Аны бери чакыргыла! – деди.
Алар сокурду чакырышып:
– Коркпо, тур, сени чакырып жатат, – дешти.

†

[50] Бартимей чапанын силкип таштап, ордунан
ыргып тура калды да Ыйсага келди.
[51] Ыйса:
– Сага эмне кылышымды каалайсың? – деди.
– Устатым, – деди сокур, – көзүм ачылса экен!
– [52] Бара бер, – деди Ыйса, – ишенимиң сени
айыктырды.
Ошол замат сокурдун көзү көрүп калды. Анан ал жолго чыгып, Ыйсанын артынан ээрчип жөнөдү.

### Ыйсанын салтанаттуу түрдө Иерусалимге кириши

11 Алар Иерусалимге жакындап, Зайтун
тоосунун жанындагы Бейтфаге жана Бейтани
айылдарына келишти. Ошерден Ыйса эки
шакиртин жөнөтүп жатып, [2] аларга:
– Мынабу маңдайдагы айылга баргыла. Ага кирериңер менен эч ким мине элек такай байланып турганын көрөсүңөр. Аны чечип алып,
жетелеп келгиле. [3] Эгер бирөө: «Эмне кылып
жатасыңар?» – десе, «Эгебизге керек болуп жатат. Ал муну кайра дароо эле берип жиберет», деп жооп бергиле, – деди.
[4] Шакирттери барып, такайдын көчөдө, эшиктин түбүндө байланып турганын көрүштү. Аны чечип
жатышканда, [5] ошол жерде тургандардын
арасынан бирөөлөр:
– Эмнеге эшекти чечип жатасыңар? – деп сурашты.
[6] Шакирттер Ыйса үйрөткөндөй жооп
беришкенде, аларды коё беришти. [7] Алар эшекти
алып келип, кийимдерин үстүнө жапкандан кийин,
Ыйса ага минди. [8] Көп адамдар кийимдерин жолго
төшөп жатышса, дагы башкалары талаадагы дарактардын бутактарын кесип келип, төшөп жатышты.
[9] Ал эми Ыйсанын алды-артында бараткандар:
– Осанна! Эгебиздин атынан келатканды Кудай жалгасын!
[10] Дөөт атабыздын келе жаткан падышалыгын Кудай жалгасын!
Көктөгү Кудайга осанна! † – деп кыйкыра баштапты.
[11] Ыйса Иерусалимге кирип, ийбадатканага барды да, баарын карап чыкты. Анан кеч кирип калгандыктан шаардан чыгып, он эки шакирти менен Бейтаниге келди.

### Каргышка калган анжир дарагы

[12] Кийинки күнү, Бейтаниден келатышканда, Ыйса
ачка болгонун сезди. [13] Тээ алыстан жалбырактуу
анжир дарагын көрүп, жемиши бар бекен деп жакын басып барды. Бирок келип жалбырактардан башка эч нерсе таппады, анткени анжирдин убагы
али келе элек болчу. [14] Ыйса ошол даракка:
– Ылайым, мындан ары эч ким жемишиңди жебесин! – деди.

Шакирттери болсо муну угушту.

### Ийбадатканадагы соодагерлерди кубалап чыгуу

[15] Ошону менен Иерусалимге жетишти. Ыйса
ийбадаткананын короосуна келип, андан соодагерлерди кууп чыга баштады. Акча алмаштыргандардын үстөлдөрүн көңтөрүп, көгүчкөн сатып олтургандардын отургучтарын
оодарып салды. [16] Эч кимге кандайдыр бир буюмду
ийбадаткананын короосу аркылуу алып өтүүгө
уруксат бербеди. [17] Анан аларга:
– Ыйык Жазууда жазылган: «Менин үйүм бардык элдердин сыйынуучу үйү деп атала турган болот!» ††
Силер болсо аны каракчылардын үңкүрүнө айландырып жибериптирсиңер! ‡ – деп таалим айтты.
[18] Муну жогорку динкызматчылар менен дин мугалимдери угуп калышты да, Ыйсанын көзүн тазалоо амалын издей баштапты. Себеби бүт эл Анын таалимдерине таң калып жаткандыктан, Андан коркушту.
[19] Кеч киргенде, Ыйса шакирттери менен шаардан чыгып кетти.

### Анжир дарагынын мисалы

[20] Кийинки күнү эртең менен эрте шакирттери баягы анжир дарагынын жанынан өтүп баратышып
анын тамыры менен куурап калганын көрүштү.
[21] Мурдагы окуя Петирдин эсине түшүп:
– Устат, карачы, сен каргап салган анжир дарагы кагайып калыптыр! – деди.
[22] Ошондо Ыйса аларга:
– Кудайга ишенгиле. [23] Силерге бир чындыкты
айтып коёюн, эгер ким мына бул тоого: «Ордуңан жыл да, деңизге кула!» деп ичинен шектенбей, айтканындай болоруна ишенсе, анын айтканы
аткарылат. [24] Силерге айтып коёюн:
сыйынганыңарда эмне сурасаңар да, аны алганыңарга ишенгиле, ошондо сураганыңарды
аласыңар. [25] Ошондой эле сыйынып турганыңарда
асмандагы Атаңар каталарыңарды кечирсин үчүн силер да башкаларга кандайдыр бир нааразычылыгыңар болсо, кечиргиле, – деди. ‡†

### Ыйсанын бийлиги тууралуу суроо

[27] Алар кайрадан Иерусалимге келишти. Ыйса
ийбадаткананын короосунда жүргөндө, Ага жогорку динкызматчылар, дин мугалимдери жана эл башчылары басып келишип:
– [28] Сен буларды кайсы бийлигиң менен кылып
жатасың? Мындай бийликти сага ким берди? – деп сурашты.
[29] Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Мен да сиздерге бир суроо берейин, жооп берсеңиздер, анан Мен да кайсы бийлик менен
кылып жатканымды айтам. [30] Айтыңыздарчы,

† †† ‡ ‡†

Жакыя чөмүлдүрүү расмисин өткөрүү бийлигин
кимден алды эле: Кудайданбы же адамдарданбы?
31 Ошондо тигилер өз ара мындай деп акылдаша
кетишти:
– Эгер Кудайдан десек, анда «эмнеге ага
ишенбедиңиздер?» дейт – дешти. 32 Элден
коркконунан «адамдардан» деп да айта алышпады,
анткени баары Жакыяны пайгамбар деп эсептешчү.
33 Анан Ыйсага:
– Билбейбиз, – деп жооп беришти.
Ыйса да аларга:
– Анда Мен да силерге кайсы бийлик менен
кылып жатканымды айтпайм, – деди.

### Жүзүмзардагы ижарачылар тууралуу ибарат

12 Ыйса аларга ибарат менен сүйлөй баштады:
– Бир киши болуптур. Ал жүзүм тигип,
айланасын коргондойт. Жүзүм ширесин сыгып
алгыдай чуңкур казып, кароол мунара курат. Анан
жүзүмүн багбандарга ижарага берип, өзү бир жакка
кетет. 2 Жүзүм тере турган маал келгенде,
жемишинен алып келгиле деп ижарачыларга бир
кулун жөнөтөт. 3 Ижарачылар болсо кулду кармап
алып, сабап, куру кол кайтарып жиберишет.
4 Ошондо ал кайрадан дагы башка кулун жиберет.
Ижарачылар болсо бу кулдун башын жарып,
кордоп туруп кайтарып жиберишет. 5 Ал дагы бир
кулун жөнөтөт. Ижарачылар аны да өлтүрүшөт.
Башка кулдарын жөнөткөндө да, аларды же сабап,
же өлтүрүп салышат. 6 Акыры жанындай көргөн
уулу калып, ошону жибериш керек болот. Ошондо
«уулумдан ийменишээр» деп, аларга уулун
жөнөтөт. 7 Ижарачылар болсо өз ара: «Бул
мураскор, жүргүлө, өлтүрөлү, ошондо мурасы бизге
калат!» – дешет да, 8 аны кармап алып, өлтүрүшүп,
жүзүмдүн сыртына ыргытып салышат. 9 Эми
жүзүмдүн ээси эмне кылат? Келип, ижарачыларды
өлтүрүп, жүзүмдү башкаларга берет. 10 «Куруучулар
жерип, четке чыгарып койгон таш пайдубал ташы
болуп калды. 11 Бизди аң-таң калтырган бул ишти
Жараткан Эгебиз Өзү жасады» † деген сөздү Ыйык
Жазуудан эч качан окуган жок белеңер?
12 Ошондо бул ибараттын алар тууралуу
айтылганын түшүнүштү да, Ыйсаны кармамак
болушту, бирок элден коркуп, Аны калтырып кетип
калышты.

### Салык төлөө маселеси

13 Ыйсаны сөзүнөн кынтык таап айыптоо
максатында эл башчылары тарабынан жиберилген
бир нече фарисейлер менен Ироддун жолун
жолдоочулар 14 келишти. Алар Ыйсага:
– Устат, сиздин чынчыл экениңизди билебиз.
Бирөөгө жагынууга аракет кылбайсыз. Эч кимдин
жүзүнө карабай, адамдарга Кудайдын акыйкат
жолун окутасыз! Рим падышасына салык төлөгөн
болобу же болбойбу? Биз салыкты беришибиз
керекпи же бербешибиз керекпи? – дешти.
15 Ыйса алардын эки жүздүүлүгүн билип:
– Эмнеге Мени сынап жатасыңар? Бир теңге алып
келгилечи, көрөйүн! – деди.
16 Алар алып келишти.
– Анын бетиндеги сүрөт менен жазуу кимдики
экен? – деп сурады Ыйса алардан.
– Падышаныкы, – дешти алар.
17 Ыйса:
– Анда падышаныкын падышага, Кудайдыкын
Кудайга бергиле, – деди.
Ошондо алар Ыйсага таң калышты.

### Өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү жөнүндө суроо

18 Ошондо өлгөндөр кайра тирилбейт деп
ишенишкен садукей тобундагы адамдар келип,
Ыйсага суроо беришти.
– 19 Устат, Муса: «Эгер бирөө дүйнөдөн өтүп,
артында аялы эле калып, тукум калбаса, анда анын
аялын иниси алып, агасынын тукумун уласын», –
деп жазып кеткен. ††20 Жети бир тууган бар эле. Эң
улуусу аял алып, бала көрбөй өлдү. 21 Аялын экинчи
иниси алып, ал да баласыз өтүп кетти. Анан
үчүнчүсү да ошондой болду. 22 Ошентип
жетинчисине чейин, баары ушундай каза болушту.
Эң аягында аял да көз жумду. 23 Эми кыяматта
кайра тирилишкенде, аял кимисиники болот?
Анткени баары тең ага үйлөнүп чыгышпадыбы.
24 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Ыйык Жазууларды да, Кудайдын кудуретин да
билбегендиктен жаңылып жүрөсүңөр силер,
чынбы? 25 Анткени адамдар өлүмдөн тирилгенде,
аял да алышпайт, күйөөгө да чыгышпайт, алар
асмандагы периштелер сыяктуу болушат. 26 Ал эми
өлгөндөрдүн кайра тирилери тууралуу Мусанын
китебинин күйүп турган бадал тууралуу бабынан
окуган эмес белеңер? Ал жерде Кудай Мусага: «Мен
Ыбрайымдын Кудайымын, Ыскактын Кудайымын
жана Жакыптын Кудайымын», ‡ – деген. 27 Кудай
өлүктөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы! Силер катуу
жаңылып жүрөсүңөр.

### Улуу осуят

28 Ошол жерде дин мугалимдеринин бири бул
талашты угуп турган. Ал Ыйсанын аларга жакшы
жооп бергенин көрдү да, басып келип:
– Тоораттагы эң биринчи осуят кайсы? – деп
сурады.
29 Ыйса ага:
– Бардык осуяттардын эң биринчиси: «Ук,
Ысрайыл, Эгебиз, биздин Кудайыбыз – жалгыз Эге.
30 Ошондуктан Аны чын жүрөктөн, бүткүл жан
дүйнөң менен, бардык акыл-оюң менен, бар күч-
кубатың менен сүй!» ‡†31 Экинчиси бул:

†

†† ‡ ‡†

«Башкаларды өзүңдү сүйгөндөй сүй!» † Ушул
экөөнөн чоң осуят жок, – деп жооп берди.
– 32 Жакшы, устат, – деди дин мугалими, – «Кудай
жалгыз жана андан башка жок, 33 Аны бүткүл аң-
сезимиң, түшүнүгүң жана бүт күч-кудуретиң менен
сүйүш керек жана башкаларды өзүңдөй сүйүү
бардык өрттөлүүчү курмандыктар менен
тартуулардан маанилүүрөөк» деп чындыкты
айттыңыз.
34 Ыйса анын абдан жөндүү жооп бергенин көрүп:
– Сиз Кудай Падышачылыгынан алыс эмес
экенсиз, – деди.
Ушундан соң, эч ким батынып, Ага суроо бере
албады.

### Машаяк тууралуу суроо

35 Ийбадаткананын короосунда таалим берип
жатып, Ыйса мындай деп сурады:
– Эмне үчүн дин мугалимдери Машаякты Дөөттүн
тукуму дешет? 36 Ыйык Рух аркылуу Дөөт өзү:
«Жараткан Эге Эгеме деди мындай:
Кастарыңды бут алдыңа жыкканымча,
Олтура тур, сыйлуу жер – оң жагымда», †† – деген.
37 Демек, Дөөт өзү Машаякты Эгем деп жатса,
кандайча Ал кайра Дөөттүн тукуму болот?
Көп адамдар Анын сөзүн кубануу менен угушту.

### Дин мугалимдеринен сак болгула

38 Ыйса дагы мындай деп таалим берди:
– Узун чапан кийип алып жайкала басканды,
базарларда элдин эпилдеп саламдашып турганын,
39 синагогаларда алдыңкы орундарда, аш-тойлордо
төрдө олтурганды жакшы көргөн дин
мугалимдеринен сак болгула! 40 Жесирлердин үй-
жайын тартып алып, атайын элге көрүнүш үчүн
узакка сыйынган ошолор. Алардын жазасы өтө оор
болот.

### Жесир аялдын зекети

41 Ыйса ийбадаткананын зекет сала турган
үкөгүнүн маңдайында элдин акча салып жатканын
байкап олтурду. Көпчүлүк байлар көп-көптөн салып
жатышты. 42 Ал эми колунда жок бир жесир аял
келди да, эки тыйынын салды. 43 Ошондо Ыйса
шакирттерин чакырып алып:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мына бул
колунда жок жесир аял баарынан көп салды!
44 Анткени баары өздөрүнөн артканын салышса,
бул аял өзү жакыр болуп туруп, колунда болгонун
бүт салып берди, – деди.

### Ийбадаткананын кыйрашы тууралуу

13 Ыйса ийбадаткананын короосунан чыгып
баратканда, шакирттеринин бири ага:
– Устат, карачы, бу не деген таштар, не деген
имараттар! – деди.
2 Ыйса ага:
– Сен ушул заңгыраган имараттарды көрүп
турасыңбы? Таш үстүндө таш калбай, мунун баары
талкаланат, – деди.

### Акыр заман алдындагы кыйынчылык, куугунтуктар

3 Ыйса ийбадаткананын тушундагы Зайтун
тоосунда олтурганда Петир, Жакып, Жакан жана
Идрис Андан өзүнчө минтип сурашты:
– 4 Айтчы, бул качан болот? Ушунун баары ишке
ашар алдында кандай жышаан болот? – дешти.
5 Ыйса аларга мындай деди:
– Сак болгула, бирөө силерди алдап кетпесин!
6 Анткени көп адамдар Менин атымды жамынып
келип: «Машаяк менмин!» дешет да, далай адамды
алдап кетишет. 7 Жакын жерлердеги согуштардын
үнүн жана алыс жерлердеги согуштар тууралуу
имиш-имиштерди угасыңар. Бирок коркуп,
үрөйүңөр учпасын! Андайлар болушу керек, бирок
бул акыр заман келди дегенди билдирбейт. 8 Бир эл
башка элге каршы, бир мамлекет башка
мамлекетке каршы согушат. Жер-жерлерде жер
титиреп, ачарчылыктар болот! Толгоо
башталгандагы азаптар сыяктуу, мунун баары боло
турган азаптардын башталышы гана.
9 Силер болсо өзүңөргө сак болгула! Силерди
сотко беришип, синагогаларда сабашат. Мага
ишенгениңер үчүн өкүмдарлар менен
падышалардын алдында суракка алынасыңар жана
аларга Мен жөнүндө айтасыңар. 10 Акыр заман
болордон мурда, бардык элдерге Жакшы Кабар
жетиши керек. 11 Силерди соттоо үчүн кармап, алып
жөнөшкөндө, эмнени айтабыз деп алдын ала
түйшүк тарпагыла, ошол саатта Кудайдан эмне
берилсе, ошону айткыла! Анткени силер эмес,
Ыйык Рух сүйлөйт. 12 Бир тууғандар бири бирин,
атасы өз баласын өлүмгө салып бере турган болот.
Балдары өз ата-энелерине каршы чыгышып,
аларды өлүмгө салып беришет. 13 Мен үчүн
баарына жек көрүндү болосуңар. Бирок ким аягына
чейин чыдаса, куткарылат.

### Улуу алаамат

14 Жийиркеничтүү арам нерсенин касиеттүү
ийбадатканада турганын көргөнүңөрдө ‡ (муну окуп
жаткан адам өзү түшүнүп алсын), Иудеядагылар
тоолорго качсын, 15 ким үйдүн төбөсүндө турса, бир
нерсесин алам деп үйүнө кирбесин, 16 ким талаада
жүрсө, кийимин алам деп артына кайтпасын.
17 Ошол күндөрү кош бойлуулар менен бала
эмизгендердин шору. 18 Бул окуялар кыш убагына
туш келбесе экен деп сыйынгыла. 19 Анткени ошол
күндөрдө Кудай ааламды жаратқандан ушул убакка
чейин болуп көрбөгөн алаамат болот. Мындай
алаамат келечекте да болбойт! 20 Эгер Жараткан Эге
ошол күндөрдү кыскартпаса, анда бир да жан аман

† ††

‡

калбас эле. Бирок Жараткан Эге Өзү тандап алган
адамдары үчүн ошол күндөрдү кыскартып койгон.
21 Ошондо силерге бирөө: «Машаяк бул жакта»,
же «тигил жакта» десе, ишенбегиле. 22 Анткени
жалган машаяктар менен жалган пайгамбарлар
чыгат. Алар, эгер мүмкүн болсо, Кудай тандап алган
адамдарды да алдап кетүү үчүн жышаандар менен
кереметтерди көрсөтүшөт. 23 Силер болсо
абайлагыла! Мен силерге баарын алдын ала
айттым.

### Адам Уулунун келиши

24 Ошол алаамат күндөрдөн кийин күндүн бети
карарып, ай өз нурун төкпөй калат. 25 Жылдыздар
кулап, асман күчтөрү кыймылга келет. †26 Ошондо
улуу кудурет жана шаң-салтанат менен булуттарды
аралап келе жаткан Адам Уулун †† көрүшөт. 27 Анан
Ал периштелерди жиберип, алар төгөрөктүн төрт
бурчунан Кудай тандап алган адамдарды
чогултушат.

### Анжир дарагынан алынган мисал

28 Анжир дарагынан сабак алгыла. Анын
бутактары жумшарып, жалбырагы чыга
баштаганда, жай жакындап калганын билесиңер.
29 Анын сыңары, ушул окуялардын башталганын
көргөнүңөрдө, кыяматтын ‡ босогодо турганын
билгиле. 30 Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
мунун баары ушул муундун тушунда болуп өтөт.
31 Асман-жер жок болот, бирок Менин сөздөрүм
кала берет.

### Ыйсанын келер убагын Кудай гана билет

32 Ал кайсы күнү, кайсы саатта келерин Атабыздан
башка эч ким билбейт. Ал убак асмандагы
периштелерге да, ал тургай Уулуна да белгисиз.
33 Ошондуктан абайлагыла, сак болгула! Анткени ал
убакыт качан келерин билбейсиңер. 34 Бул үйүн
таштап алыс сапарга чыгарда кулдарына бийлик
берип, алардын ар бирине тиешелүү иш
тапшырып, кароолчусуна сак болууну буйруп
кеткен киши сыяктуу болот. 35 Ошондуктан сергек
болгула! Анткени үй Ээсинин качан келерин
билбейсиңер. Ал кечинде, же түн жарымында, же
таң эрте короз кыйкырганда, же күн чыкканда
келип калышы мүмкүн. 36 Күтпөгөн саатта келип,
уктап жатканыңарда үстүңөрдөн чыкпасын!
37 Силерге айтып жатканымды баарына айтам: сак
болгула!

### Ыйсага каршы бүтүм

14 Куткарылуу жана Калама майрамына эки күн
калган эле. Жогорку динкызматчылар менен
дин мугалимдери Ыйсаны куулук менен кармап
өлтүрүүнүн жолун издешти. Бирок алар:
– 2 Эл ичинде дүрбөлөң болбосун үчүн, муну
майрам убагында кылбайлы, – дешти.

### Бейтанидеги Ыйсага көрсөтүлгөн урмат

3 Ыйса Бейтаниде пес оорулуу Ысмандын үйүндө
дасторкондун жанында жамбаштап жатканда, нард
деген өсүмдүктөн жасалган, таза, кымбат баалуу
атыр май куюлган идишин көтөрүп, бир аял келди
да, идишти сындырып, атырды Ыйсанын башына
куйду. 4 Ошондо үйдө отургандардын кээ биринин
кыжыры кайнап, бири бирине:
– Атырды эмне мынча бекер ысырап кылды?
5 Эмне үчүн бул майды үч жүз күмүш теңгеге сатып,
түшкөн акчаны жакырларга таратып берген жок, –
дешти.
Ошентип алар аялды катуу сынга алышты.
6 Ыйса болсо мындай деди:
– Бул аялды жайына койгула! Эмнеге аны кыжалат
кылып атасыңар? Ал Мен үчүн жакшы иш жасады.
7 Жакырлар ар дайым жаныңарда болот. Каалаган
убагыңарда аларга жакшылык кыла бересиңер. А
Мен дайыма эле жаныңарда болбойм. 8 Бул аял
колунан келгенин жасады: май куюу салтын
аткарып, денемди көргө коюуга даярдады.
9 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: ушул
Жакшы Кабар бүт дүйнөнүн кай жеринде
жарыяланса, бул аялды эскерүү иретинде анын
кылган иши тууралуу да айтылат.

### Жүйүттүн чыккынчылыгы

10 «Он экинин» бири – Жүйүт Искариот Ыйсаны
кармап берүү ниети менен жогорку
динкызматчыларга барды. 11 Алар болсо анын
айтканын укканда сүйүнүп кетишип, акча убада
кылышты. Ошентип ал Ыйсаны кармап бергенге
оңтойлуу учурду издей баштады.

### Куткарылуу майрамына арналган тамак

12 Калама майрамынын биринчи күнү –
Куткарылуу майрамына карата бир козуну
курмандыкка чалышчу. Ошондо шакирттери
Ыйсага:
– Сага Куткарылуу майрамынын тамагын кай
жерге барып даярдашыбызды каалайсың? – дешти.
13 Ошондо Ыйса эки шакиртин жиберип жатып,
аларга мындай деди:
– Шаарга баргыла, анан алдыңардан бир кумара
суу көтөрүп бараткан адам жолугат. Аны ээрчип
баскыла да, 14 ал кирген үйдүн ээсине: устатыбыз
сага жиберип, «шакирттерим менен чогуу
Куткарылуу майрамынын тамагын жей турган
бөлмө кайсы» деп сурап жатат дегиле. 15 Ал силерге
үстүнкү кабаттагы төшөктөр салынып, конокко
даярдалган чоң бөлмөнү көргөзөт. Тамакты ошол
жерге даярдагыла.

† †† ‡

[16] Шакирттери шаарга келгенде, баары Ыйса
айткандай болду анан майрам тамагын ошол жерге
даярдашты.
[17] Кеч киргенде, он эки шакиртин ээрчитип Ыйса
да келди. [18] Анан жамбаштай жатып, тамак ичип
жатышканда, Ыйса:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн,
араңардан бирөө Мени сатып кетет; ал азыр Мени
менен бирге тамактанып жатат, – деди.
[19] Шакирттери бу сөзгө капа болуп, биринин
артынан бири:
– Мен эмеспи? – дей башташты.
– [20] Ал Мени менен чогуу бир табакка колун
салган он эки шакиртимдин бири, – деди Ыйса
аларга. – [21] Не болсо да, Адам Уулу Ыйык Жазууда
Өзү тууралуу алдын ала жазылган жол менен
баратат, бирок Аны сатып кеткен адамдын шору. Ал
адам туулбай туна чөксө, өзүнө жакшы болмок!

### Акыркы кечки тамак

[22] Алар тамак ичип жатышканда, Ыйса нанды
алып, Кудайга шүкүрчүлүк келтирип, сындырды да,
шакирттерине таратып берип жатып:
– Алгыла, жегиле, бул Менин денем, – деди.
[23] Анан чөйчөктү алып, Кудайга шүкүрчүлүк
келтирип, аларга берди. Баары андан ичишти.
[24] Анан Ыйса аларга мындай деди:
– Бул көп адамдар үчүн төгүлүп, алар менен
Кудайдын ортосундагы жаңы келишимди бекитүүчү
Менин каным. [25] Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: мындан ары, Кудай Падышачылыгында
жаңы шарап иче турган күнгө чейин эч кандай
жүзүм шарап ичпейм.
[26] Анан алар Кудайды мактоо ырын ырдашты да,
Зайтун тоосуна жөнөштү.

### Ыйса Петирдин Аны тааныбайм дээрин алдын ала айтат

[27] Ошондо Ыйса аларга мындай деди:
– Баарыңар Мени таштап кетесиңер, анткени
Ыйык Жазууда: «Койчусун уруп өлтүрөм, анан
койлору чачырап кетет» † деп айтылган. [28] А бирок
Мен кайра тирилген соң, силерден мурун
Галилеяга барам.
[29] Ошондо Петир Ыйсага:
– Сени баары таштап кетсе да, мен таштабайм! –
деди.
[30] Ыйса ага:
– Сага бир чындыкты айтып коёюн: ушул түнү
короз эки ирет кыйкыргыча, Мени тааныбайм деп
үч жолу айтасың, – деди.
[31] Петир болсо айтканынан кайтпай:
– Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, сени
тааныбайм деп айтпайм, – деди.
Шакирттеринин баары тең ушундай дешти.

### Гетсеман багындагы сыйынуу

[32] Ушундан соң, алар Гетсеман деген жерге
келишти. Анан Ыйса шакирттерине:
– Мен сыйынып келгенче, ушул жерде олтура
тургула, – деди.
[33] Анан Өзү менен кошо Петирди, Жакыпты жана
Жаканды алып кетти да, терең кайгыга батып,
кыйнала баштады.
– [34] Жаным өлгүдөй кыйналып турат, – деди Ал, –
ушул жерде калып, уктабай тура тургулачы.
[35] Анан бир аз ары жакка басып барып, жерге
жыгылды да, эгер мүмкүн болсо, ушу алдыда турган
азаптын Ага тийбей өтүп кетишин суранып
сыйынды.
– [36] Ата, о Атаке, – деди Ал, – Сенин колуңдан
баары келет. Ушул азапты Мага тийгизбей өткөрүп
жиберчи. Бирок... Менин эмес, Сенин
каалаганыңдай болсун!
[37] Кайра келип, үч шакиртинин уктап жатканын
көрдү да, Петирге:
– Ысман! Уктап жатасыңбы! Бир саат уктабай
олтура албадыңбы? [38] Шайтанга азгырылып кетпес
үчүн уктабагыла, сыйынгыла! Себеби жакшылык
кылганды каалайсыңар, бирок алыңар аз, – деди.
[39] Анан кайра ары барып, дагы баягы сөздөрдү
айтып сыйынды. [40] Кайра келип, шакирттеринин
дагы уктап жатканын көрдү. Алар аябай
чарчагандан уктап калышкан эле. Ошондуктан
эмне деп жооп беришти билишпеди. [41] Анан үчүнчү
жолу келгенде, мындай деди:
– Эх, дале уктап, эс алып жатасыңарбы! Болду!
Мына, Адам Уулу күнөөкөрлөрдүн колуна
кармалып берилчү убакыт келди! [42] Тургула, кеттик.
Тигине, Мени кармап бере турган киши да келип
калды.

### Ыйсанын кармалышы

[43] Ыйса сөзүн аяктай электе, «он экинин» бири –
Жүйүт келип калды. Жанында жогорку
динкызматчылар, дин мугалимдери жана эл
башчылары жиберген, кылыч, токмок менен
куралданган жоон топ эл бар эле. [44] Ыйсаны кармап
бере турган киши аларга: «Кимдин бетинен өөп
учурашсам, силер издеген киши ошол. Кармагыла
да, өтө сактык менен алып кеткиле», – деп белги
берген болчу. [45] Анан дароо Ыйсага басып келип:
– Устат! – деди да, бетинен өптү.
[46] Ошондо тигилер Ыйсага кол салып, Аны
кармашты. [47] Ошерде тургандардын бири
канжарын сууруп алып, башкы динкызматчынын
кулунун кулагын шылый чапты. [48] Ошондо Ыйса:
– Мени кармаш үчүн каракчыга каршы
аттангансып кылыч, токмок менен куралданып
чыгыпсыңар. [49] Күн сайын силер менен кошо
ийбадатхананын короосунда болуп, таалим берип
жүргөнүмдө кармаган жок элеңер. Бирок эмне

†

болсо да Ыйык Жазуулардагы сөз аткарылсын, –
деди.
50 Ошондо шакирттеринин баары Аны таштап,
качып кетишти. 51 Жылаңач этине кездеме оронгон
бир жаш улан Ыйсанын артынан баратты.
Жоокерлер аны шап кармай калганда, 52 ал оронгон
кездемесин таштай салып, качып кетти.

### Жогорку кеңештин алдында

53 Ошентип Ыйсаны башкы динкызматчынын
алдына алып келишти. Бардык жогорку
динкызматчылар, эл башчылары жана дин
мугалимдери ошол жерге чогулушту. 54 Петир
алыстан Ыйсаны акмалап келип, башкы
динкызматчынын короосуна чейин барды. Ал
жерден сакчылар менен бирге отуруп, отко
жылынды. 55 Жогорку динкызматчылар менен
жогорку кеңештин бардык мүчөлөрү болсо Ыйсаны
өлүм жазасына тартуу үчүн жалган күбө издеп,
бирок таба алышпады. 56 Жалган күбөгө өткөндөр
көп болсо да, алардын айткандары бири бирине
туура келбеди. 57 Ошондо бир нече киши
орундарынан туруп, Ыйсага мындай деген жалаа
жабышты:
– 58 Биз мунун: «Мен мынабул адам жасаган
ийбадаткананы бузуп, үч күндөн кийин адам
жасабаган башкасын тургузамын» дегенин
укканбыз.
59 Алардын мындай дегени да бири бириникине
дал келбеди.
60 Ошондо башкы динкызматчы ортого чыгып,
Ыйсага:
– Булардын сен жөнүндө айткандарына берер
жообуң жокпу? – деди.
61 Ыйса болсо үндөгөн да, бир нерсе деп жооп
берген да жок. Ошондо башкы динкызматчы
Ыйсадан:
– Ыйык Кудайдын уулу Машаяк сенсиңби? – деп
сурады.
– 62 Менмин, – деди Ыйса ага жооп берип, – Силер
Адам Уулунун Кудуреттин оң жагында олтурганын
жана асмандагы булуттардын үстүндө келатканын
көрөсүңөр.
63 Ошондо башкы динкызматчы кийимин айрып
жиберип:
– Бизге дагы кандай күбөлөр керек? 64 Мунун
Кудайга акарат айтканын баарыңар уктуңар! Буга
эмне дейсиңер? – деди.
Жыйналгандардын баары бир ооздон Аны өлүмгө
татыктуу деп чечим чыгарышты. 65 Кээ бири
Ыйсанын бетине түкүрүшүп, көзүн жаап, жаакка
чаап:
– Кана, ким урду, айтчы! – дей баштashты.
Сакчылар да Аны бетке койгулашты.

### Петирдин «Ыйсаны тааныбайм» деп үч жолу айтышы

66 Петир төмөн жакта, короодо турганда, башкы
динкызматчынын малай кыздарынын бири келип,
67 оттун жанында жылынып турган Петирди көрдү
да, ага тигиле тиктеп:
– Сен да назареттик Ыйса менен бирге жүрчүсүң!
– деди.
68 Петир болсо:
– Эмне деп жатканыңды билбейм да, түшүнбөйм
да! – деп макул болбоду. Анан жолдун жанындагы
короого чыкканда, короз кыйкырды.
69 Малай кыз аны кайрадан көрүп, ошол жерде
тургандарга:
– Бул ошолордун бирөөсү, – деп айта баштады.
70 Петир дагы макул болгон жок.
Бир аздан кийин ошол жерде тургандар Петирге:
– Сен чын эле ошолордун бирисиң, анткени
галилеялыксың, – дей баштashты.
71 Петир болсо:
– Кудай урсун, силер айтып жаткан ал кишини
тааныбайм, – деп карганып-шиленип кирди.
72 Ошол замат короз экинчи ирет кыйкырды.
Ошондо Петир Ыйсанын: «Короз эки ирет
кыйкыргыча, Мени тааныбайм деп үч жолу
айтасың», – деген сөзүн эстеди, да өксүп ыйлай
баштады.

### Ыйса Пилаттын алдында

15 Таңазанда жогорку динкызматчылар
шашылыш түрдө эл башчылары, дин
мугалимдери жана жогорку кеңештин бардык
мүчөлөрү менен жолугуп, чечим чыгарышты да,
Ыйсаны байлап алып барып Пилаттын колуна
тапшырышты.
2 Пилат Ыйсадан:
– Иудейлердин падышасы сенсиңби? – деп
сурады.
Ыйса:
– Өзүңүз айтып турасыз, – деди.
3 Жогорку динкызматчылар Ыйсага көп
айыптарды тагышты. 4 Ошондуктан Пилат Ага
кайрадан:
– Жооп бергиң келбейби? Карачы, сага канча көп
айыптар айтылууда! – деди.
5 Бирок Ыйса буга да эч жооп кайтарган жок,
ошондуктан Пилат таң калды.

### Ыйсаны өлүмгө кыюу

6 Куткарылуу майрамына карата дайыма Пилат
алар сураган бир кылмышкерди бошотуп берчү.
7 Ошол кезде көтөрүлүш убагында өзүнүн
шериктери менен киши өлтүргөн Барабба деген
бир киши түрмөдө олтурган. 8 Эл Пилаттан адатта
алар үчүн жасаган ишин талап кылып, чуулдай
баштashты. 9 Пилат аларга:

– Силерге «иудейлердин падышасын» бошотуп
беришимди каалайсыңарбы? – деди.
10 Пилат Ыйсаны жогорку динкызматчылар көрө
албастыктан кармап бергенин абдан жакшы билип
туруп ушундай деди.
11 Жогорку динкызматчылар болсо элди
Тарабанды бошотуп берүүнү сурооого козутушту.
12 Пилат элге дагы бир кайрылып:
– Анда силер «иудейлердин падышасы» деп
атаган кишини эмне кылышымды каалайсыңар? –
деди.
13 Алар:
– Айкаш жыгачка када! – деп кыйкырышты.
14 Пилат аларга:
– Ал эмне жамандык кылды? – деди.
Бирок алар мурдагыдан да катуу ызы-чуу түшүп:
– Аны айкаш жыгачка кадап сал! – деп
бакырышты.
15 Пилат болсо элге жагыныш үчүн аларга
Тарабанды бошотуп берди, Ыйсаны болсо сабатты
да, айкаш жыгачка кадап салууга буйрук кылды.

### Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы

16 Жоокерлер Ыйсаны акимчиликтин короосуна
алып киришти да, бүт полкту чогултушту. 17 Анан
Ыйсага кочкул кызыл чапан жабышып, тикенектен
таажы жасап башына кийгизишти да: 18 «Жашасын
иудейлердин падышасы!» – деп салам бере
башташты. 19 Шылдыңдап камыш менен башка
чабышып, түкүрүшүп, чөгөлөй калып, жүгүнүп
жатышты. 20 Мазактап бүтүшкөндө, үстүндөгү
кочкул кызыл чапанды сыйрып алып, Өзүнүн
кийимин кийгизишти да, айкаш жыгачка кадаганы
алып жөнөштү.
21 Жолдо айылдан келе жаткан Искендер менен
Руптун атасы – киринеялык Ысманды
жолуктурушуп, аны Ыйсанын айкаш жыгачын
көтөрүп барууга мажбур кылышты. 22 Ошентип
Ыйсаны Голгота (мунун мааниси: «Баш сөөк жайы»)
деген жерге алып келишти. 23 Ал жерден Ага
дененин кыйналганын басуучу мүр чайыры
кошулган шарап беришти. Бирок Ыйса аны ичкен
жок. 24 Айкаш жыгачка кадагандар кимисине
эмнеси тиер экен деп чүчү кулак кармашып,
кийимдерин бөлүп жатышты.
25 Ыйсаны айкаш жыгачка кадашканда, саат эртең
мененки тогуздарга жакындап калган болчу.
26 Анын айыбын көрсөтүп турган тактада «Бул –
иудейлердин падышасы» деген жазуу бар эле.
27 Аны менен кошо дагы эки каракчыны бирин оң
жагына, бирин сол жагына айкаш жыгачтарга
кадап салышты. †29 Өтүп бараткандар Ыйсаны
кордоп, баштарын ийкегилешип:
– Эй, ийбадатkананы бузуп, үч күндө кайра
тургузуучу! 30 Айкаш жыгачтан түшүп, өзүңдү
куткарбайсыңбы? – дешти.
31 Ошондой эле жогорку динкызматчылар менен
дин мугалимдери да Ыйсаны мазакташып, бири
бирине:
– Башкаларды куткарыптыр, өзүн болсо куткара
албай турат! 32 Машаяк, Ысрайылдын падышасы
имиш, айкаш жыгачтан түшсүнчү, кана, көзүбүз
менен көрөлү да, биз ага ишенип калалы, – дешти.
Ыйса менен кошо кадалгандар да Аны кордоп
жатышты.

### Ыйсанын өлүмү

33 Түшкү саат он экилерде бүт жерди караңгылык
басып, ал саат үчкө чейин созулду. 34 Саат үчтө
Ыйса:
– Элои, элои! Лама, сабахтани? †† – деп катуу үн
менен боздоп жиберди.
Бул сөздүн мааниси: «Кудайым ай, Кудайым Эмне
үчүн Мени таштап кеттиң?»
35 Ошол жерде тургандардын кээ бири муну угуп:
– Карасаңар, Илиясты чакырып жатат, – дешти.
36 Бирөөсү жүгүрүп барып, соргучту сирке сууга
малды да, таяктын учуна сайып алып, Ыйсанын
оозуна такады. Ал эми башкалары:
– Токточу, көрөлү, Илияс келип, аны айкаш
жыгачтан чыгарар бекен! – дешти.
37 Ыйса болсо катуу кыйкырды да, жан берди.
38 Ийбадатканадагы көшөгө башынан аягына
чейин экиге бөлүнүп айрылды. 39 Айкаш жыгачтын
маңдайында турган римдик жүз башы Ыйсанын
ушундай өлүмүн көргөндө:
– Бул адам чын эле Кудайдын Уулу экен, – деди.
40 Ошол жерде алыстан карап турган аялдар да
бар эле. Алардын арасында магдалалык Мариям,
кичүү Жакып менен Жосенин энеси Мариям жана
Саломия да турган. 41 Булар Ыйсага кызмат кылып,
Аны Галилеядан бери ээрчип келишкен болчу.
Булардан башка да Ыйса менен бирге Иерусалимге
келген көптөгөн аялдар турду.

### Ыйсанын көргө коюлушу

42 –43 Ариматиялык Жусуп Кудай
Падышачылыгын өзү да күтүп жүргөн, жогорку
кеңештин кадыр-барктуу мүчөсү болчу. Кеч кире
баштаганда, ал Пилаттын алдына тартынбай кирип
барды да, андан Ыйсанын сөөгүн берүүнү сурады.
Ошол күн дем алыштын мурунку күнү – даярдануу
күнү болчу. 44 Пилат Ыйсанын тез эле өлүп
калганын укканда, таң калды. Жүзбашыны
чакырып алып:
– Анын өлгөнүнө көп болдубу? – деп сурады.
45 Жүзбашынын жообун уккан соң, Жусуп
Ыйсанын сөөгүн бердиртти. 46 Жусуп ак кепин
сатып алды да, сөөктү айкаш жыгачтан түшүрүп,
кепинге ороп, аскага оюлуп жасалган көргө койду.
Анан чоң ташты томолотуп келип, көрдүн оозун
бекитти. 47 Магдалалык Мариям менен Жосенин

†

††

энеси Мариям Ыйсанын сөөгүн кайда коюшканын карап турушту.

### Ыйсанын тирилиши

16 Дем алыш өткөндөн кийин, магдалалык Мариям, Жакыптын энеси Мариям жана Саломия болушуп, Ыйсанын сөөгүн майлап келүү үчүн жыттуу майларды сатып алышты.
2 Анан жуманын биринчи күнү таң азанда мүрзөгө жөнөштү.
3 Жолдо өз ара:
– Көр оозундагы ташты бизге ким жылдырып берер экен? – деп келишти.
4 Бирок карашса, таш жылып калыптыр! Таш болсо абдан чоң болчу.
5 Көргө кирип, оң тарапта отурган ак кийимчен бир уланды көрүп, үрөйлөрү учту.
6 Улан болсо:
– Коркпогула! Силер айкаш жыгачка кадалган назареттик Ыйсаны издеп жүрөсүңөр! Ал тирилип кетти, бул жерде жок! Анын сөөгү коюлган жер мына.
7 Эми болсо баргыла да, шакирттерине жана Петирге муну айткыла: Ал силерден мурун Галилеяга барат. Өзү айткандай, силер Аны ошол жактан көрөсүңөр, – деди.
8 Айран таң калып, коркунучтан калтыраган аялдар көрдөн чыгып, чуркап жөнөштү. Бул окуядан жүрөктөрү түшүп, эч кимге эч нерсе айтышпады.

### Ыйсанын магдалалык Мариямга көрүнүшү

9 Жуманын биринчи күнү таң азанда тирилген соң, Ыйса ичинен жети жинди кубалап чыгарган магдалалык Мариямга биринчи көрүндү.
10 Мариям Анын боздоп ыйлап олтурушкан шериктерине барып, көргөнүн айтып берди.
11 Бирок алар Ыйсанын тирүү экенин жана Мариямдын Аны көргөндүгүн угушса да, ишенишкен жок.

### Ыйсанын эки шакиртине көрүнүшү

12 Мындан соң, Ыйса айылга бара жатышкан эки шакиртине башкача кейипте көрүндү.
13 Эки шакирт кайтып келип, калгандарына көргөндөрүн айтып беришти, бирок аларга да ишенишпеди.

### Ыйсанын он бир шакиртине көрүнүшү

14 Мындан кийин Ыйса тамактанып олтурушкан он бир шакиртине көрүндү. Шакирттеринин өздөрү да ишенбей, Өзүнүн тирилгенин көргөндөргө да кежирленип ишенбей коюшканы үчүн аларды урушту.
15 Анан Ыйса аларга мындай деди:
– Бүт жер жүзүн кыдырып, бардык адамдарга Жакшы Кабарды жарыя кылгыла.
16 Ким ишенип, чөмүлдүрүлсө, ал куткарылат. Ал эми ким ишенбесе, ал айыпталат.
17 Ишенгендерди бул жышаандар коштойт: алар Менин атым менен жиндерди кубалашат, жаңы тилдерде сүйлөшөт,
18 жыландарды кармап алышса же уу ичип алышса, зыян тартышпайт, оорулууларга кол коюшса, алар айыгып кетишет.

### Ыйсанын көккө көтөрүлүшү

19 Ушул сөздөрдү айтып бүткөн соң, Эгебиз Ыйса көккө көтөрүлүп, Кудайдын оң жагына – ардактуу орунга олтурду.
20 Шакирттер болсо, бардык жерлерде ушул Жакшы Кабарды таратып жүрүштү. Эгебиз аларга жар болуп, айтылган сөздү кереметтүү жышаандар менен ырастап жатты.
Аялдар Петир менен Анын шериктерине барып, өздөрүнө айтылган сөздүн баарын кыскача айтып беришти. Ушундан соң, Ыйса шакирттери аркылуу күн чыгыштан күн батышка чейин түбөлүк куткарылуунун ыйык жана өлбөс-өчпөс кабарын таратты.

# Лука

### Кат башы

1 11Урматтуу Теопил, арабызда болуп өткөн окуяларды көп адамдар аңгеме кылып жаза башташты. 2 Биз бул окуяларды тээ башынан бери аларды өз көзү менен көрүп, күбө болгон Жакшы Кабар жарчыларынан уккан элек. 3 Эми, ошол окуялардын баарын баштан-аяк кылдаттык менен изилдеп чыккан соң, мен да сизге ырааты менен жазып жиберүүнү туура таптым. 4 Менин максатым – мурдагы сиз алган таалимдердин аныгын билдирүү.

### Жакыя пайгамбардын дүйнөгө келери тууралуу кабар

5 Иудея аймагынын падышасы Ироддун убагында Абыя † уруусунан чыккан Закир аттуу бир динкызматчы болгон. Аялы Элизабет да Арун уруусунан эле. 6 Экөө тең Кудай алдында ак жашап, Эгебиздин бардык осуят-парыздарын так аткарышчу. 7 Элизабет төрөбөгөндүктөн, алар балалуу болушкан эмес. Ал экөө улгайып да калышкан эле. 8 Закир ошол кезде өз уруусунун кезеги келип, динкызматчы катары Кудайга кызмат кылып жүргөн. 9 Бир күнү динкызматчылар арасындагы салт боюнча чүчү кулак кармашканда, Закирге Эгебиздин ийбадатканасына кирип, жыттуу чайыр түтөтүү милдети тийди. 10 Ал бул милдетин аткарып жатканда, калың эл сыртта сыйынып турду. 11 Ошондо чайыр түтөтө турган тактанын оң капталында Эгебиздин периштеси пайда болду. 12 Аны көргөн Закир селт этип, коркуп кетти. 13 Бирок периште ага:

– Закир, коркпо! Сыйынган үнүң Кудайга жетти. Аялың Элизабет сага уул төрөп берет, атын Жакыя койгун. 14 Кубанычың койнуңа батпай, сүйүнөсүң. Анын туулушу көп адамдарды кубанычка бөлөйт. 15 Эгебиздин алдында мартабасы бийик болот. Арак-шарапты оозуна албайт. Энесинин ичинен эле Ыйык Рухка толот. 16 Ысрайыл урпактарынын көбүн өздөрүнүн Кудай Эгесине кайра алып келет. 17 Аталарынын көңүлүн балдарына буруп, тоң моюндардын жүрөгүн жибитип, Эгебиздин келишине элди даярдаш үчүн Илияс пайгамбардын күч-кудурети менен Эгебизден мурда келет, – деди.

– 18 Муну мен кантип биле алам? Өзүм карыдым, кемпирим да улгайып калды, – деп сурады Закир периштеден.

19 Периште:

– Мен Кудай алдында турган Жебирейилмин. Сага ушул кабарды сүйүнчүлөш үчүн жиберилген элем. 20 Убагы келгенде, айткан сөзүм аткарылат. Бирок сөзүмө ишенбей койгонуң үчүн тилден калып, айтканым аткарылган күнгө чейин сүйлөбөйсүң, – деди.

21 Бул арада Закирди күтүп турган эл анын ийбадатканада мынчалык кармалганына таң калып турушту. 22 Закир эл алдына чыкканда, сүйлөй албады. Ошондо анын ийбадатькананын ичиндеги ыйык бөлмөдөн †† аян көргөнүн түшүнүштү. Ал кол жаңсап, сүйлөй албай, дудук болуп калды.

23 Диний милдети бүткөн соң, Закир үйүнө кайтты. 24 –25 Көп узабай эле Элизабет кош бойлуу болду. «Эл алдында "төрөбөс" деген атка калтырбай, Эгем мага назарын салды», – деп ал беш ай бою үйүнөн чыкпады.

### Кудай жиберген Куткаруучунун дүйнөгө келери тууралуу кабар

26 Элизабеттин боюндагы баласы алты айлык болгондо, Кудай Жебирейил периштени Галилея аймагындагы Назарет шаарында жашаган Мариям аттуу бир кызга жиберди. 27 Ал Дөөт падышанын тукумунан чыккан Жусуп деген кишиге башы байланган эле. 28 Периште Мариямга келип:

– Амансыңбы, Кудайдын мээри түшкөн кыз! Эгебиз сага жар болсун! – деди.

29 Бул сөздү укканда, Мариям абдан таң калды. «Бул кандай саламдашуу болуп кетти?» – деп ойлонуп туруп калды. 30 Ошондо периште мындай деди:

– Мариям, коркпогун, сага Кудай ырайым кылды. 31 Кош бойлуу болосуң да, уул төрөйсүң. Атын Ыйса кой! 32 Ал улуу инсан болуп, Кудай Тааланын Уулу аталат. Кудай Эгебиз Ага бабасы Дөөттүн падышалык тактысын берет. 33 Ал Ысрайыл элине түбөлүк падышалык кылып, Анын падышачылыгына чек болбойт.

– 34 Бул кандайча болот, мен али күйөөгө чыга элекмин да? – деди Мариям периштеге.

†

††

– [35] Сенин үстүңө Ыйык Рух түшөт да, сага Кудай Тааланын кудуретинин көлөкөсү тиет. Мына ошол себептен төрөлө турган ыйык бала Кудай Уулу аталат.
[36] Эжең Элизабетти карачы! Адамдар аны «төрөбөс» дешчү эле, бирок ал да азыр, карыган чагында, боюна эркек бала бүтүп, кош бойлуу болгонуна алты ай болуп калды. [37] Себеби
Кудайдын колунан келбеген эч нерсе жок, – деп айтты периште.
[38] Ошондо Мариям:
– Мен Эгебиздин кулумун. Айтканыңыздай болсун, – деди.
Анан периште көздөн кайым болду.

## Мариямдын Элизабетке барышы

[39] Ушул окуядан кийин Мариям шашылыш түрдө Иудеянын тоолуу жериндеги шаарга жөнөдү.
[40] Анда жашаган Закирдин үйүнө кирери менен
Элизабет менен учурашты. [41] Мариямдын үнүн
укканда, Элизабеттин курсагындагы бала туйлап кетти. Элизабет Ыйык Рухка толуп, кубанганынан мындай деп кыйкырып жиберди:
– [42] Сен аялдардын ичинен таалайлуусуң.
Ичиңдеги балаң да таалайлуу. [43] Эгемдин энеси
мага келгендей мен ким элем? [44] Саламыңды
укканда, ичимдеги балам сезип, туйлап жиберди.
[45] Ишеними бар, бактылуу жан экенсиң. Себеби сага айткан сөздөрүн Эгем сөзсүз орундатат.

## Мариямдын кубаныч ыры

[46] Мариям болсо мындай деди:
– Эгемди жаным урматтайт.
[47] Куткаруучум – Кудайым
Абдан мени сүйүнттү,
[48] Назарын салып кулуна
Моюн сунганым көрдү.
Эми бардык урпактар,
«Таалайлуу» деп аташып,
Атымды даңазалашат.
[49] Кудуреттүү Кудайым
Мага чоң урмат көрсөттү.
Ысмы ыйык Кудайдын,
[50] Андан корккон пенделер,
Укумдардан тукумга,
Мээримине бөлөнөт.
[51] Кудурети менен Ал,
Улуу иштер жасаган:
Көпкөндөрдүн ниетин,
Чачыратып, кыйраткан.
[52] Күчтүүлөрдү тактыдан
Ал шыпырып түшүргөн.
Алсыздарды көтөргөн,
[53] Мусаапыр, ачыккандарга
Берекесин мол төккөн.
Байларды кур кол жөнөткөн.
[54] –55 Түп атабыз Ыбрайымга
Жана да урпактарына
Боломун деген мээримдүү,
Сөздөрүн эстеп убада,
Кызматчысы Ысрайылга
Ар дайым көмөк көрсөткөн.
[56] Мариям үч айдай эжесинин жанында болуп, анан үйүнө кайтты.

## Жакыя пайгамбардын дүйнөгө келиши

[57] Элизабет ай-күнүнө жетип, уул төрөдү.
[58] Эгебиздин ага кылган бул ырайымын коңшу-колоңдору, тууган-туушкандары угуп, алар да
Элизабеттин кубанычына ортоктош болушту. [59] Бир
жума дегенде, алар баланы сүннөткө олтургузуп,
Закир деп атасынын атын коймокчу болушту.
[60] Бирок энеси:
– Жок, аты Жакыя болот! – деп каршы чыкты.
Алар:
– [61] Сенин уругуңда мындай аттуу эч ким жок го, –
дешти да, [62] кол жаңсап, атасынан кандай ат
койгусу келерин сурашты. [63] Атасы колуна бир
тактай алды да, «ысымы Жакыя болсун» деп жазып
койду. Буга баары таң калышты. [64] Ошол эле замат
Закирге тил кирип, Кудайды алкай баштады.
[65] Айланада жашагандардын баарын Кудайдын
коркунучу каптап, бүтүндөй тоолуу Иудеяда бул
окуялардын тегерегинде кеп-сөз жүрдү. [66] «Бул бала
ким болор экен?» – дешип, уккандардын баары бул окуяларды эсине түйүштү. Анткени баланы кудуреттүү Эгебиз Өзү колдогону анык эле.

## Закирдин пайгамбарлык сөзү

[67] Баланын атасы Ыйык Рухка толуп, мындай деп пайгамбарлык сөзүн айтты:
– [68] Ысрайылдын Кудайы –
Эгебизге алкыш-даңк!
Анткени Ал элине
Келди дагы, куткарды.
[69] Өз кулунун – Дөөттүн
Тукумунан жаратып,
Кудуреттүү Куткаруучу
Мына эми жиберди.
[70] Тээ мурдатан касиеттүү
Пайгамбарлар аркылуу
Кудай бизге айткандай,
[71] Касташкандарыбыздан
Жек көргөндүн баарынан
Бизди келип куткарар.
[72] Ата-бабаларыбызга
Ырайымдуу болом деп,
Өз ыйык келишимин
Түбөлүк унутпайм деп,
[73] Бабабыз Ыбрайымга
Берген антын эстеп, Ал
[74] Айыгышкан жообуздун
Колдорунан кутказат.
Эч нерседен коркпостон,

75 Өмүр бою алдында
Ыйык жана адилет
Болуп кызмат кылабыз.
76 –79 Сен болсо, оо, наристем,
Кудайыбыз Тааланын
Пайгамбары аталып,
Жараткан Өз элинин
Күнөөлөрүн кечирип
Куткарарын билдирип,
Эгебиздин алдынан
Жол даярдап чыгасың.
Өз элине кайрымдуу
Жана дагы мээримдүү
Кудайыбыз мына эми
Бизге ичи элжиреп,
Куткаруунун ак таңын
Жаркыратат асмандан,
Караңгы менен өлүмдүн
Болгондорго алдында
Чачыратат жарык-нур,
Тынчтыгына алпарган
Ак жолуна багыттайт.
80 Ал эми бала эрезеге жетип, эл алдына чыкканча
ээн чөлдө жашады.

### Куткаруучу Машаяктын дүйнөгө келиши

2 Ошол күндөрү Рим падышасы Август
мамлекетте жашаган элдин баары каттоодон
өтсүн деген буйрук чыгарды. 2 Бул губернатор
Кирини Сирия жерин бийлеп турган кездеги
биринчи эл каттоо болчу. 3 Элдин баары катталуу
үчүн өз-өз шаарларына жөнөштү. 4 Жусуп да
Галилеянын Назарет шаарынан Иудеядагы Дөөт
шаары – Бейтлехемге жөнөдү. Себеби ал Дөөт
тукумунан эле. 5 Сөйкө салынып, Жусупка башы
байланган, кош бойлуу Мариям да бирге барды.
6 –7 Алар шаарга келгенде, жата турган жайда орун
жок болгондуктан, ай-күнү жетип турган Мариям
тун уулун малканада төрөп, баланы ороду да,
акырга жаткырып койду.

### Койчулар жана периштелер

8 Ошол жерде түнкүсүн талаада койлорун
кайтарып койчулар жүрүшкөн. 9 Күтүлбөгөн жерден
алардын алдында Эгебиздин периштеси пайда
болуп, Эгебиздин улуу нуру айлананы жарык
кылып жиберди. Койчулар аябагандай коркуп
кетишти. 10 Бирок периште аларга:
– Коркпогула! Мен бүтүндөй элди сүйүнтө турган
улуу кубанычты кабарлап жатам: 11 Бүгүн Дөөт
шаарында силердин Куткаруучуңар дүйнөгө келди.
Ал – Эгебиз Машаяк. 12 Мына бул нерсе силер үчүн
жышаан болсун: силер акырда оролуу жаткан
наристени көрөсүңөр, – деди.
13 Аңгыча периштенин жанында дагы башка
көптөгөн периштелер пайда болушту да:
– 14 Көктө Кудайга урмат болсун! Жер бетинде
Анын сүйгөн жандарына тынчтык болсун! – деп
Кудайды даңкташты.
15 Периштелер асманга кетишкенде, койчулар
бири бирине:
– Жүргүлө, Бейтлехем шаарына барып, Эгебиз
бизге билдирген бул жаңылыкты көрүп келели, –
дешти. 16 Алар тез эле шаарга келишти да,
Мариямды, Жусупту жана акырда жаткан
наристени көрүштү. 17 Көрүшкөн соң, наристе
жөнүндө уккандарын айтып беришти. 18 Муну
уккандардын баары койчулардын сөзүнө
таңданышты. 19 Мариям болсо баарын көңүлүнө
түйө берди. 20 Койчулар Кудайды даңктап, Ага
мактоо айтып, кайра кайтышты, анткени
көргөндөрүнүн баары периштенин айтканындай
болуп чыккан эле.

### Наристеге Ыйса деген ысымдын коюлушу

21 Бир жума өткөн соң, баланы сүннөткө олтургуза
турган маал келди. Ошондо бала бойго бүтөрдөн
мурда периште атап кеткендей эле атын Ыйса
коюшту.

### Ата-энесинин Ыйсаны Кудайга табыштоосу

22 Муса пайгамбардын китебинде жазылган
мыйзам боюнча алардын адалдануу мөөнөтү †
аяктаганда, баланы Эгебиздин алдына алып баруу
үчүн Иерусалимге алып келишти. 23 Анткени
Эгебиздин мыйзам китебинде: «Ар бир биринчи
төрөлгөн эркек бала Эгебиздики!» †† – деп
жазылган. 24 Алар Эгебиздин мыйзамы боюнча эки
бактекти же көгүчкөндүн эки балапанын
курмандык үчүн алып келүүгө милдеттүү эле. ‡
25 Ошол убакта Иерусалимде Шемон аттуу адам
жашаган. Ал Ысрайыл элинин азаттыкка чыгар
мезгилин күтүп жүргөн адил, такыбаа, Кудайдын
Ыйык Руху даарыган киши болчу. 26 Ыйык Рух ага:
«Жараткан Эгенин Машаягын көргүчө өлбөйсүң», –
деп алдын ала айткан эле. 27 Ошол күнү ал Ыйык
Рухтун жетегинде ийбадатканага келген.
Тоораттагы мыйзамда көрсөтүлгөндөй, баланы
Кудайга табыштоо расмисин аткаруу үчүн ата-
энеси Ыйсаны алып келгенде, 28 Шемон наристени
колуна алды да, Кудайга алкыш айтып, мындай
деди:
– 29 Оо, Эгем, Өзүң мурда айткандай,
Кулуң эми тынчтык менен көз жумсун.
30 –32 Бүт элдерге даярдаган куткарууңду,
Башка элдердин көзүн ачар нуруңду,
Өз элиңдин, Ысрайылдын сыймыгын
Эми мына көрдү менин көздөрүм.
33 Наристе тууралуу айтылган бул сөздөргө ата-
энеси таң калды. 34 Шемон аларга батасын берди
да, Мариямга:

† †† ‡

– Бул бала Ысрайылдагы көптөгөн адамдардын
кулап калышына жана өйдө көтөрүлүүсүнө
себепкер болот. Жашыруун сырларды ачыкка
чыгаруучу талаш-тартыштардын белгиси болот.
35 Өзүңдүн да жүрөгүңө канжар сайылат, – деп
айтты.
36 Ашыр уруусунан чыккан Пануилдин кызы Анна
аттуу пайгамбар аял да ошол жерде жүргөн. Ал
күйөөсү менен болгону жети жыл бирге жашап,
анан жесир калган эле. 37 Сексен төрт жаштагы бул
аял киши орозо кармап, сыйынып, күнү-түнү
Кудайга табынып, ийбадатканадан чыкчу эмес.
38 Ал Ыйсага басып келип, Кудайыбызды
алкыштады да, Иерусалимдин боштондукка чыгар
күнүн күтүп жүргөндөрдүн баарына наристе бала
жөнүндө айта баштады.
39 Жусуп менен Мариям Эгебиздин
мыйзамындагы парыздардын баарын аткарып
бүтүшүп, Галилеядагы өз шаарына кайтышты.
40 Бала болсо Кудайдын берекелүү батасына
маарып, акылга толуп, чоңоё берди.

### Ыйса Атасынын үйүндө

41 Ыйсанын ата-энеси жыл сайын Куткарылуу
майрамына Иерусалимге келип турушчу. 42 Ыйса он
эки жашка чыкканда, алар адаттагыдай эле
Иерусалимге майрамдаганы келишти. 43 Майрам
бүтүп, үйүнө кайтып баратышканда, Ыйса
Иерусалимде калып калды. Ата-энеси муну билбей,
44 башка жолоочулар менен жүрсө керек деп
ойлошту. Бир күндүк жолду басып өтүшкөндөн
кийин, Аны туугандары менен тааныштарынын
арасынан карашып, 45 таппаган соң, кайра
Иерусалимге издеп келишти. 46 Үч күн өткөндө,
устаттардын кебин тыңшап, суроо берип,
ийбадаткананын короосунда олтурган жеринен
табышты. 47 Ыйсаны уккандар Анын зээндүүлүгүнө
жана айткан жоопторуна таң калып олтурушкан
экен. 48 Ата-энеси да Ыйсаны көргөндө таң
калышты, бирок энеси Ага:
– Балам, бул эмне кылганың?! Мына, атаң
экөөбүздүн шорубуз катып, Сени издеп, барбаган
жерибиз калбады! – деди.
49 Ыйса аларга:
– Мени издөөнүн эмне кереги бар эле? Атамдын
үйүндө болушум керек экенин билген эмес
белеңер? – деп жооп берди.
50 Бирок Жусуп менен Мариям Анын сөзүнүн
маанисин түшүнүшкөн жок.
51 Ыйса ата-энеси менен Иерусалимден Назаретке
келди. Ата-энесине тил алчаак болду. Энеси болсо
мунун баарын көңүлүнө бекем түйдү. 52 Ыйсанын
ою да, бою да өсүп, Кудайга да, адамдарга да
сүйкүмдүүлүгү артты.

### Жакыя чөмүлдүрүүчүнүн чакырыгы

3 Рим мамлекетине Тиберий башчылык
кылганы он беш жылга караган кез эле. Иудея
аймагына Понтий Пилат губернатор болуп, Галилея
аймагына Ирод, Итурея менен Трахонит
аймактарына Ироддун иниси Филип, Абилен
аймагына Лусаний акимчилик кылып турушкан.
2 Ал эми Анас менен Каяп жогорку динкызматчылар
болгон. Ошолордун тушунда чөлдө күн өткөргөн
Закирдин баласы Жакыяга Кудайдан сөз түштү.
3 Ошондон баштап, Жакыя Иордан дарыясынын
айланасындагы бардык аймактарды кыдырып,
күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн ниетти өзгөртүүнү
жана сууга чөмүлүү расмисинен өтүүнү жар салып
жүрдү. 4 Ышая пайгамбардын китебинде мындай
деп жазылган жери бар:
«Жар салгандын чөлдө үнү угулат:
"Даяр кылгын Эгебиздин жолдорун,
Талаадагы басар жерин түздөгүн! †
5 Кокту-колот толтурулсун бардыгы,
Түздөтүлсүн тоо-дөбөнүн бардыгы.
Ийри-буйру жолдор дагы оңдолсун,
Тегизделсин өңгүл-дөңгүл жерлер да.
6 Мына ошондо тирүү жандын бардыгы
Кудайымдын куткаруусун көрүшөт"».
7 Көп адамдар сууга чөмүлүү расмисинен өтүү
үчүн Жакыя пайгамбардын алдына келишти.
Жакыя аларга карап, мындай деди:
– Эй, жылан тукумдары! Келечектеги каардуу
жазадан кантип качууну силерге ким көрсөттү эле?
8 Ниетиңерди өзгөрткөнүңөр чын болсо, аны ошого
ылайык жашооңор менен далилдегиле! Өзүңөрчө:
«Ыбрайымдын балдарыбыз» деп корстон
болбогула! Айтып коёюн: керек болсо Кудай
Ыбрайымга мына бул жаткан таштардан бала
жасап бере алат. 9 Азыр дарактардын түбүндө балта
даяр турат: ар бир жакшы жемиш бербегени
кыйылат да, отко ыргытылат.
10 Эл андан:
– Эми биз эмне кылышыбыз керек? – деп сурады.
– 11 Эки кийими барыңар бирин кийими жокко
бергиле, тамак-ашы барыңар да ошенткиле, – деди
ал.
12 Сууга чөмүлүү расмисинен өткөнү
келгендердин арасында салыкчылар да бар эле.
Алар Жакыяга келишип:
– Устат, биз эмне кылышыбыз керек? – дешти.
– 13 Силерге белгиленгенден ашык талап
кылбагыла! – деп жооп берди Жакыя аларга.
14 Аскер адамдары сурашты:
– Бизчи? Кандай кылышыбыз керек?
Жакыя аларга:
– Эч кимди зордобогула, кордобогула жана алган
айлыгыңарга ыраазы болгула, – деп жооп берди.
15 «Машаяк ушул болду бекен?» – деп үмүттөнүп,
күтүп турган жамы журтка Жакыя мындай деди:

†

– 16 Мен силерди сууга чөмүлдүрүп жүрөм, менден
алда канча кудуреттүү бирөө келе жатат. Мен анын
бут кийиминин боосун чечүүгө да татыбайм. Ал
силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт. 17 Ал өз
кырманын тазалоо үчүн күрөгүн кармап даяр турат.
Буудайын кампасына жыйып, топонун өчпөс отко
ыргытат.
18 Жакыя элге дагы башка көп насааттарды айтып,
Жакшы Кабарды жарыялады. 19 Ал аймак башчысы
Ироддун да кылгандарын айтып, ашкере кылды.
Ирод бир тууган инисинин аялы Иродияны алып,
жана башка дагы көп жамандыктарды жасаган эле.
20 Анысы аз келгенсип, үстүнө дагы кошуп,
Жакыяны түрмөгө камады.

### Ыйсанын чөмүлүү расмисинен өтүшү

21 Эл сууга чөмүлүү расмисинен өтүп жатканда,
Ыйса да чөмүлдү. Чөмүлгөндөн кийин, сыйынып
турганда, асман ачылып, 22 көгүчкөн кейпинде
Ыйык Рух үстүнө түштү. Ошондо көктөн: «Сен
Менин сүйүктүү Уулумсуң. Мен Сага ыраазымын!» –
деген үн чыкты.

### Ыйсанын ата теги

23 Ыйса Өз кызматын баштаганда отуз жаштын
тегерегинде болчу. Ал адамдардын ою боюнча
Жусуптун уулу деп эсептелчү. Демек, Анын
санжырасы мындай: Ал Жусуптун, Элийдин,
24 Мататтын, Лебинин, Мелхинин, Жанайдын,
Жусуптун, 25 Мататайдын, Амостун, Ноомдун,
Эслинин, Нагайдын, 26 Мааттын, Мататайдын,
Шимейдин, Жасектин, Жоданын, 27 Жаханандын,
Ырыстын, Зоробабылдын, Шелтиелдин, Неринин,
28 Мелхинин, Адынын, Косамдын, Элмадамдын,
Эрдин, 29 Жашыянын, Элийезердин, Жоримдин,
Мататтын, Лебинин, 30 Шемондун, Жүйүттүн,
Жусуптун, Жонамдын, Элиякимдин, 31 Мелейдин,
Меннанын, Мататтын, Натандын, Дөөттүн,
32 Жесейдин, Абыттын, Обоздун, Шалмондун,
Наасондун, 33 Аминадаптын, Рамдын, Эсрондун,
Перестин, Жүйүттүн, 34 Жакыптын, Ыскактын,
Ыбрайымдын, Терахтын, Нахордун, 35 Серухтун,
Регунун, Пелектин, Эбердин, Шеланын,
36 Кайнандын, Арпакшаттын, Шемдин, Нухтун,
Лемектин, 37 Матушалдын, Анактын, Эреттин,
Махалалилдин, Кайнандын, 38 Эноштун, Шеттин,
Адам атанын, Кудайдын Уулу.

### Шайтандын сыноосу

4 Ыйык Рухка толгон Ыйса Иордандан кайтып
келе жатып, Анын таасири астында чөлгө
барды. 2 Чөлдө кырк күн бою ибилистин
сыноосунан өттү. Кырк күн эч нерсе
жебегендиктен, бул күндөр өткөндө абдан ачка
болду. 3 Ошондо ибилис Ага:
– Кудайдын Уулу болсоң, мына бул ташка буюрчу,
нан болуп калсын! – деди.
4 Ыйса ага мындай жооп берди:
– Ыйык Жазууда: «Адам жалаң эле нан менен
жашабайт!» † – деп жазылган.
5 Мындан соң, ибилис Ыйсага кыска убакыттын
ичинде дүйнөнүн бардык падышачылыктарын
көрсөтүп:
– 6 Ушул падышачылыктардын үстүнөн болгон
толук бийликти, алардын атак-даңкын сага берем.
Анткени мага укук берилген: аны кимге кааласам,
ошого бере алам. 7 Сен мага табынсаң, баары
сеники болот, – деди.
8 Ыйса ага:
– Ыйык Жазууда: «Кудай Эгеңе табын, жалгыз Ага
кызмат кыл!» †† деп жазылган, – деп жооп берди.
9 Ошондо ибилис Аны Иерусалимдеги
ийбадаткананын төбөсүнө тургузуп:
– Эгер Кудайдын Уулу болсоң, ушул жерден
боюңду таштап жиберчи! 10 «Кудай Өзүнүн
периштелерине сени сактоону буйрат, 11 ташка
бутун уруп албасын деп, алар сени колдоруна
көтөрүшөт» ‡ – деп жазылган эмеспи, – деди.
12 Ыйса ага мындай жооп берди:
– «Кудай Эгеңди сынаба!» ‡† – деп жазылган.
13 Ибилис Ыйсаны бардык жагынан сынап бүткөн
соң, Андан убактылуу кетип калды.

### Ыйсанын Өз мекенинде четке кагылышы

14 Ыйык Рухтун күчүнө толгон Ыйса Галилеяга
кайтып келди. Ал жөнүндө кабар жер-жерлерге
тарады. 15 Ыйса синагогаларга кирип, элге таалим
берип, алардын мактоосуна арзыды.
16 Бир күнү Ал Өзү өскөн Назарет шаарына келди.
Адатынча дем алыш күнү синагогага барды. Ал
Ыйык Жазуудан окуп берүү үчүн ордунан турганда,
17 Ага Ышая пайгамбардын китебин сунушту. Ыйса
китепти ачып, мындай деп жазылган жерин тапты:
18 «Эгемдин Руху үстүмдө,
Анткени Ал Мени тандады,
Жакшы Кабар айтууга
Жакырларга дайындап.
Бошонорун туткундар,
Сокурлардын көздөрү
Көрөрүн кабар кылууга
Жана эзилгендерди
Эркиндикке чыгарууга,
19 Эгебиздин кечирим
Бере турган мезгилин –
Ырайым кылар жылын да
Жар салууга жөнөттү». ‡‡
20 Ыйса китепти жаап, кызматчыга кайтарды да,
таалим берүү үчүн жайгашып отурду. Синагогадагы
элдин баары тең Аны тигиле карашты. 21 Ошондо
Ыйса:
– Силер уккан Ыйык Жазуудагы сөздөр бүгүн
аткарылды, – деди.
22 Баары Ага ыраазы болушту да, оозунан чыккан
кереметтүү сөздөргө таң калышып:

† †† ‡ ‡† ‡‡

– Ой, бул Жусуптун эле баласы эмеспи? – дешти.
– 23 «Дарыгер болсоң өзүңдү айыктыр!» деген
макалды айтарыңар бышык, – деди Ыйса аларга, –
«Капарноомдо кылгандарыңды бул жерде, өз
мекениңде да кыл» дээрсиңер. 24 Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: өз элинде пайгамбардын
кадыры жок болот. 25 Чын айтып жатам: Илияс
пайгамбардын тушунда үч жыл алты ай бою
асмандан тып эткен тамчы тамбай, бардык жерде
ачарчылык болгондо, Ысрайылда жесирлер көп
эле. 26 Бирок Кудай Илияс пайгамбарды ошолордун
эч кимисине жибербестен, Сидон аймагындагы
Сарепта шаарында жашаган бир жесирге алып
барды. 27 Элиша пайгамбардын тушунда да
Ысрайылда пес дартына чалдыккандар көп болгон,
бирок алардын бири да айыкпастан, сириялык
Нааман аттуу киши гана айыккан.
28 Муну укканда, синагогада отургандардын
баары катуу ачууланышты. 29 Тура калышып,
Ыйсаны шаардын сыртына кууп чыгышты да,
ылдый кулатмакчы болуп, шаар жайгашкан тоонун
чокусуна алып барышты. 30 Бирок Ыйса аларды
аралап өтүп, кетип калды.

### Жинге чалдыккан киши

31 Ыйса Галилеядагы Капарноом шаарына түшүп
келди да, дем алыш сайын элге таалим берип
жатты. 32 Адамдар Анын таалимине таң калып
жатышты, себеп дегенде Анын сөзүндө кудурет бар
эле. 33 Бир күнү синагогада жинге чалдыккан бир
киши жүргөн. Ошол киши кыйкырып жиберди:
– 34 Эй, назареттик Ыйса! Биз менен кандай ишиң
бар? Түбүбүзгө жеткени келдиңби, ыя? Мен билем
сенин ким экениңди: сен – Кудайдын ыйыгысың!
35 Ыйса жинди тыйып:
– Үнүңдү бас! Бул кишиден чыгып кет! – деди.
Жин ошол кишини турган жеринде жыгып, эч
кандай зыян келтирбестен, чыгып кетти. 36 Элдин
баарынын үрөйү учуп, өз ара:
– Кара күчтөрдү бийлик менен чыгара кууган, бул
кандай кудурет болду экен? – дешти.
37 Ошентип, туш-туш жакка Ыйса жөнүндө сөз
тарап кетти.

### Ыйсанын көп адамды айыктырышы

38 Ыйса синагогадан чыгып, Ысмандын үйүнө
келди. Үйдө анын кайненеси ысытма болуп, катуу
ооруп жатыптыр. Ыйсадан аны көрүп берүүсүн
сураныштьі. 39 Ыйса аялдын маңдайына басып
келип, ысытманы басар замат, ал курандан соо тура
калып, дароо конокторун тейлей баштады.
40 Күн батканда элдин баары ар кандай
оорулууларды Ыйсага алып келе башташты. Ыйса
ар биринин үстүнө колун коюп, аларды айыктырып
жатты. 41 Көп адамдардын ичинен жиндер: «Сен
Кудай Уулусуң!» – деп бакырып, чыгып кетип
жатты. Ыйса аларга Өзүнүн Машаяк экенин айтууга
тыюу салды, анткени жиндер Анын Машаяк экенин
билишчү.

### Ыйсанын синагогаларда Жакшы Кабар айтышы

42 Таң атканда, Ыйса ээн жерге барды. Калың эл
Аны издеп келип, кетирбестен өздөрү менен алып
калгылары келди. 43 Бирок Ыйса аларга:
– Мен башка шаарларга да Кудай Падышачылыгы
тууралуу Жакшы Кабарды жеткиришим керек,
анткени Кудай Мени ошол максат менен жиберген,
– деди.
44 Ошентип, Ыйса Иудея жериндеги
синагогаларда элге Жакшы Кабарды жар салып
жүрдү.

### Ыйсанын алгачкы шакирттерин тандашы

5 Бир күнү Ыйса Генисарет көлүнүн жээгинде
турган эле. Кудай сөзүн угууга келген эл көп
болгондуктан кысылып турду. 2 Ошондо Ыйса
жээктен эки кайыкты көрдү. Кайыктардан түшкөн
балыкчылар торлорун жууп жатышкан.
3 Кайыктардын бири Ысмандыкы эле. Ыйса анын
кайыгына түшүп, жээктен ары бир аз түртүп
коюусун өтүндү. Анан олтуруп алып, элге таалим
бере баштады. 4 Сөзүн бүткөндө, Ысманга:
– Көлдүн терең жерине сүзүп барып, балык
кармаганга торлоруңарды салгыла, – деди.
5 Ысман:
– Оо, устат, түнү менен мээнеттенип, эч нерсе
кармай албадык. Бирок сен айтып жаткан соң,
торлорду салып көрөйүн, – деди.
6 Торлорун салышканда, балык мол түштү.
Балыктын көптүгүнөн торлору айрыла баштады.
7 Ошондо экинчи кайыктагы жолдошторуна кол
булгап, жардамга чакырышты. Алар келишип, эки
кайыкты тең балыкка толтурушту. Жүгүнүн
оордугунан кайыктар сууга чөгө түштү. 8 Муну
көргөн Ысман-Петир Ыйсанын бутуна жыгылып:
– Оо, таксыр, менден кетчи, мен күнөөкөр
адаммын! – деди.
9 Анткени ушунчалык көп балык түшкөнүнөн өзү
да, жанындагылар да үрөйү учуп, коркуп турушкан.
10 Ысмандын шериктери болгон Зебедейдин
балдары Жакып менен Жакан да ушундай абалда
эле. Ошондо Ыйса Ысманга карап:
– Коркпо, мындан ары балык кармагандын
ордуна, адамдарды Кудайга кантип алып келүүнү
үйрөтөм, – деди.
11 Алар кайыктарды жээкке чыгарып салышты да,
баарын таштап, Ыйсаны ээрчип жөнөштү.

### Пес оорулуу адамдын айыгышы

12 Ыйса ошол жердеги айылдардын биринде
жүргөндө, Ага бүткөн боюн пес баскан оорулуу
адам жолукту. Ал Ыйсаны көрөрү менен алдына
келип, чөк түшүп, жалынды:

– Оо, таксыр, эгер сиз кааласаңыз, мени айыктыра аласыз.
[13] Ыйса колун созуп ага тийгизди да:
– Каалаймын, айыккын! – деди.
Оорулуу ошол замат айыгып кетти.
– [14] Бул тууралуу эч кимге ооз ачпа! – деп буюрду
Ыйса бул адамга. – Бар да, өзүңдү динкызматчыга көргөзүп, айыкканыңдын далили катары Муса буюрган курмандыкты алып баргының.
[15] Ыйса жөнүндө кеп-сөз дагы жайылып, көптөгөн адамдар Анын сөзүн угуп, дарттарынан айыгыш
үчүн туш-тараптан Ага келип жатышты. [16] Ыйса
болсо ээн талаага барып, сыйынып турду.

### Шал болгон адамдын айыгышы

[17] Ыйса таалим берип отурган күндөрдүн биринде Эгебиздин кудурети оорулуулардын айыгуусунан көрүнүп жатты. Галилея менен Иудея аймактарынын туш-тарабынан жана Иерусалимден келген фарисейлер, дин мугалимдери да Ыйсанын
таалимин угуп олтурушкан. [18] Аңгыча бирөөлөр
шал болгон адамды төшөнчүсү менен көтөрүп келишти. Аны үйгө киргизип, Ыйсанын алдына
коюуга аракет кылышты, [19] бирок элдин көптүгүнөн
өтө алышпады. Ошондо алар тамдын үстүнө чыгышты да, төбөсүн тешип, оорулууну төшөнчүсү
менен Ыйсанын алдына түшүрүштү. [20] Ыйса
алардын ишенимин көрүп, шал адамга:
– Пендем, күнөөлөрүң кечирилди! – деди.
[21] Дин мугалимдери менен фарисейлер болсо өз ара:
– Бул адам Кудайга акарат келтирип атат. Күнөөлөрдү бир Кудайдан башка ким кечире алат? – дей башташты.
– [22] Эмне деп жатасыңар ичиңерден? – деди Ыйса,
алардын оюн билип, – [23] «Күнөөлөрүң кечирилди!»
деп айтуу оңойбу, же «Ордуңан тур да, бас!» деген
оңойбу? [24] Билип алгыла, Адам Уулунун жер
бетинде күнөөлөрдү кечире турган бийлиги бар!
Ыйса ушундай деди да, шал болгон кишини карап:
– Сага айтам: тур, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар! – деди.
[25] Шал киши ошол замат баарынын көз алдында ордунан туруп, төшөгүн алды да, Кудайды даңктап,
үйүнө жөнөдү. [26] Баарын тең коркунуч басып, аң-таң болушуп:
– Биз бүгүн акылга сыйбаган укмуштуу окуяны көрдүк! – деп, Кудайды даңкташты.

### Лебинин шакирттикке тандалышы

[27] Ушундан соң, Ыйса сыртка чыгып, салык жыйноочу жерде олтурган Леби аттуу кишини көрдү.
– Менин жолума түш! – деди Ыйса ага.
[28] Ал ордунан тура калды да, баарын таштап, Ыйсанын артынан басты.

### Ыйса күнөөкөрлөрдү ниетин өзгөртүүгө чакыруу үчүн келди

[29] Леби Ыйсаны үйүнө чакырып, чоң сый көрсөттү. Анын үйүндө салыкчылардын жоон тобу жана дагы башка адамдар Ыйса менен бирге
дасторкондо отурушту. [30] Дин мугалимдери менен
фарисейлер буга наразы болушуп, Ыйсанын шакирттерине мындай дешти:
– Эй, силер эмне үчүн салыкчылар жана күнөөкөрлөр менен бир дасторкондон ичип-жеп отурасыңар, ыя?!
[31] Ыйса аларга:
– Дарыгер дени сактарга эмес, оорулууларга
керек. [32] Мен такыбааларды эмес, күнөөкөрлөрдү
ниеттерин өзгөртүүгө чакырганы келдим, – деди.

### Орозо тутуу маселеси

[33] Дин мугалимдери менен фарисейлер Ыйсага:
– Жакыянын шакирттери бат-бат орозо тутуп, сыйынышат экен. Фарисейлердики да ошондой кылышат. Сенин шакирттериң болсо, орозо тутпастан, ичип-жей беришет экен! – дешти.
Ыйса аларга мындай деди:
– [34] Үйлөнүп жаткан жигит тойго чакырылган
коноктордун арасында жүргөндө, аларды орозо
кармагыла деп мажбурлоого болобу? [35] Күйөө
жигит алардан алынып кете турган күндөр келет, орозону алар ошондо тутушат.
[36] Ыйса аларга мындай бир ибарат айтты:
– Эч ким жаңы кийимден айрып, эски кийимге жамабайт. Эгер жамаса, анда жаңы кийим да жыртылат, жаңы жамаачы да эски кийимге
жарашпай калат. [37] Эч ким жаңы шарапты эскирген
чаначтарга куйбайт. Эгер куйса, жаңы шарап чаначтарды айрып, өзү да төгүлөт, чаначтар да
жарабай калат. [38] Ошондуктан жаңы шарапты жаңы
чаначтарга куюш керек. [39] Эч ким эски шарапты
ичкен соң, жаңысын сурабайт. Ал: «эскиси жакшы экен», – дейт.

### Дем алыш күн тууралуу

6 Дем алыш күндөрдүн биринде Ыйсага шакирттери менен эгин талаасын аралап өтүүгө туура келди. Шакирттери буудайдын башын
жулуп, ушалап, жеп баратышты. [2] Муну көргөн
кайсы бир фарисейлер Ыйсага:
– Силер эмне үчүн дем алыш күнү тыюу салынган иштерди кылып жатасыңар? – дешти.
– [3] Дөөт жанындагылары менен ачка калганда
эмне кылганын окуган жок белеңер? [4] Ал Кудай
үйүнө кирип, Эгебизге багышталган нанды өзү да жеп, жанындагыларга да бербеди беле? Бирок ал нанды жегенге динкызматчылардын гана акысы
болгон, – деди Ыйса аларга. – [5] Адам Уулу – дем
алыш күндүн да ээси, – деп кошумчалады Ыйса.

### Колу сенек адам

6 Дем алыш күндөрдүн дагы биринде Ыйса
синагогага кирип, таалим берип, сөз сүйлөп калды.
Синагогада оң колу сенек бир адам бар эле. 7 Дин
мугалимдери менен фарисейлер Ыйсадан кынтык
издешип, оорулууну айыктырар бекен деп аңдып
турушту. 8 Алардын мындай оюн билген Ыйса колу
сенек адамга:
– Ордуңан тур да, алдыга чык! – деди.
Ал ордунан туруп, алдыга чыкты. 9 Ошондо Ыйса
дин мугалимдери менен фарисейлерге кайрылып,
мындай деди:
– Силерге бир суроо берейин: дем алыш күнү
жакшылык менен жамандыктын кайсынысын
кылуу керек? Жанды куткаруу керекпи, же куратуу
керекпи?
10 Ыйса баарын бир сыйра кыдырата карап алды
да, алиги кишиге:
– Колуңду сун! – деди.
Ал сунары менен, колу айыгып кетти.
11 Тигилер болсо кутургандай жинденишип,
Ыйсаны эмне кылсак экен деп, өз ара акылдаша
баштышты.

### Он эки шакирттин элчиликке тандалышы

12 Ошол күндөрдүн биринде Ыйса сыйынуу үчүн
тоого барып, түнү бою Кудайга сыйынды. 13 Күн
чыкканда, шакирттерин чакырып, арасынан он
экисин тандап, аларды элчи деп жарыялады.
14 Алар төмөнкүлөр эле: Ыйса Петир деп атаган
Ысман, анын иниси Идрис, Жакып, Жакан, Филип,
Барталамей, 15 Матай, Том, Алпейдин баласы
Жакып, Динчил атка конгон Ысман, 16 Жакыптын
баласы Жүйүт жана кийин чыккынчы болуп кеткен
Жүйүт Искариот.

### Ыйсанын адамдарга таалим берип, айыктырышы

17 Ыйса шакирттери менен тоодон түз жерге
түшүп келди. Анын жанына көптөгөн шакирттери
жана бүткүл Иудеядан, Иерусалимден, деңиз
жээгинде жайгашкан Тир менен Сидон
аймактарынан келген көп эл чогулду. 18 Алар
Ыйсанын сөзүн угуп, ооруларынан айыгуу үчүн
келишкен эле. Кара күчтөргө байланып,
кыйналгандар да сакайып кетип жатышты. 19 Элдин
баары Ыйсага колун тийгизүүгө аракеттенип
жатышты, анткени Андан чыккан кудуреттүү күчтөн
баары айыгып жатты.
20 Ошондо Ыйса шакирттерин карап мындай
деди:
– Жардылар, силер бактылуусуңар,
Кудай Падышачылыгы силердики.
21 Азыр ачка жүргөндөр, силер бактылуусуңар,
Акыры тоюнасыңар.
Азыр ыйлап жүргөндөр, силер бактылуусуңар,
Кубанып күлөсүңөр.
22 Адам Уулуна ишенгениңер үчүн
Жек көрүндү кылышып,
Элден бөлүп салышып,
Шылдыңдашып, кордошуп,
Жаманатты кылышса,
Бактылуусуңар силер.
23 Ошол күндөр келгенде,
Шаттангыла кубанып.
Эң чоң сыйлык асманда,
Күтүп турат силерди.
Алардын аталары пайгамбарларды да ошондой
куугунтукка алышкан!
24 А бирок азыр байлар,
Шордуусуңар силер!
Алчуңарды азыртан
Толугу менен алдыңар!
25 Азыр курсагы токтор,
Шордуусуңар силер!
Ачкадан кезересиңер!
Азыр жыргап күлгөндөр,
Шордуусуңар силер!
Кайгырасыңар боздоп!
26 Элдин баары макташса,
Шордуусуңар силер!
Алардын аталары жалган пайгамбарларга да
ошентишкен.
27 Бирок Мени угуп турган, калайык, сага айтам:
Душманыңды сүйгүнүң,
Сени жаман көргөнгө,
Жакшылык кылгының.
28 Каргаганды алкагын,
Кордогон адам үчүн сыйын,
29 Бир жаагыңа чапканга
Экинчисин тосуп бер,
Тонуңду сыйрып жатканга
Көйнөгүңдү кошуп бер.
30 Ким сураса, бергиниң,
Кайра андан доолаба.
31 Өзгөлөрдөн кандай мамилени күтсөң, өзүң да
аларга ошондой мамиле кыл. 32 Өзүңөрдү
сүйгөндөрдү сүйгөнүңөр үчүн кандай сыйлык
берилмек эле? Өздөрүн сүйгөндөрдү күнөөкөрлөр
деле сүйүшөт. 33 Өзүңөргө жакшылык кылгандарга
жакшылык кылганыңар үчүн кандай сыйлык
берилмек эле? Мындайды күнөөкөрлөр деле
кылышат. 34 Кайтарып берер деген адамдарга гана
карыз бергениңер үчүн кандай сыйлык берилмек
эле? Чыпчыргасын коротпой кайра алуу үчүн
күнөөкөрлөр деле бири бирине карыз беришет. 35 А
силер душманыңарды сүйгүлө, жакшылык
кылгыла, кайра алам деп үмүттөнбөстөн бергиле.
Ошондо сыйлыгыңар чоң болот жана Кудай
Тааланын балдары болосуңар, анткени Ал
жакшылыкты билбегендерге да, кара ниеттерге да
бирдей мээримдүү. 36 Силер асмандагы Атаңардай
боорукер болгула.
37 Өзгөлөрдү айыптабагыла, ошондо өзүңөр да
айыпталбайсыңар, өкүм чыгарбагыла, ошондо

өзүңөргө да өкүм чыгарылбайт, кечиргиле, ошондо
өзүңөр да кечирилесиңер. 38 Бергиле, ошондо
силерге да берилет: марттык менен салынган,
ныктап толтурулган, ыкшалган, ашып-ташкан
өлчөмдө алдыңарга төгүлөт. Кандай ченем менен
өлчөп берсеңер, силерге да ошондой ченем менен
өлчөнүп берилет.
39 Ыйса сөзүн ибарат түрүндө улады:
– Сокур сокурду жетелей алабы? Экөө тең
чуңкурга түшүп кетпейби. 40 Шакирт устатынан
өйдө болбос. Бирок жетилсе, устатындай боло алат.
41 Эмнеге өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөй,
боордошуңдун көзүндөгү чамындыны көрөсүң?
42 Өз көзүңдө дөңгөч турса, боордошуңа: «Келе,
көзүңдөгү чамындыны алып коёюн», – деп кантип
айтасың? Эй, эки жүздүү! Адегенде өз көзүңдөгү
дөңгөчтү алып ташта, анан боордошуңдун
көзүндөгү чамындыны кантип алышты билесиң.
43 Жакшы дарак начар жемиш бербейт, ошондой
эле начар дарак жакшы жемиш бербейт. 44 Ар
дарак жемишинен билинет. Тикенектен анжир,
бадалдан жүзүм теришпейт да, туурабы? 45 Анын
сыңары, жакшы адам дилиндеги жакшы
казынасынан жакшылыкты берет, жаман адам
жаман казынасынан жамандыкты берет. Адамдын
дили эмнеге толуп-ташыса, ошол тилине чыгат.
46 Эмнеге силер мени «Эге, Эге» дейсиңер да,
айтканымды кылбайсыңар? 47 Мага келип,
сөздөрүмдү угуп, аны аткарган киши кимге окшош
экенин айтып коёюн. 48 Ал жерди терең казып,
пайдубалын ташка орнотуп туруп, үй курган киши
сыяктуу. Суу ташкындап, үйүн каптаганда, ал былк
этпейт. Себеп дегенде, ал мыкты салынган. 49 Ал
эми сөздөрүмдү угуп, бирок аткарбагандар үйүн
пайдубалсыз, жерге эле салып койгон адамга
окшош. Суу ташкындап, үйүн каптаганда, үйү ошол
замат кулайт. Кулаганда да катуу кулайт.

### Римдик жүз башынын ишеними

7 Ыйса элге сөзүн айтып бүтүп, Капарноомго
жөнөдү. 2 Римдик бир жүз башынын аябай
жакшы көргөн кулу ооруп, өлүм алдында жаткан
экен. 3 Жүзбашы Ыйсанын келгенин угуп, ага эл
башчыларын жиберип, кулун айыктырып берүүсүн
суранды.
– 4 Ал жардамыңа татыктуу киши, 5 анткени
биздин элибизди жакшы көрөт, синагогабызды
куруп берген да ошол, – деп, эл башчылары Ыйсага
чоң өтүнүч менен кайрылышты.
6 Ыйса макул болуп, алар менен бирге жөнөдү.
Үйгө жакындап калышканда, жүз башы досторун
жиберип, мындай деп айттырды:
– Келип, убара болбой эле коюңуз, таксыр. Менин
босогомду аттаганыңызга татыксызмын. 7 Ошол
себептен алдыңызга өзүмдүн барышымды ылайык
көрбөгөн элем. Кулумдун айыгышына бир ооз
сөзүңүз эле жетет. 8 Мен бийлик астындагы
адаммын, өзүмдүн да кол алдымда жоокерлерим
бар. Алардын бирине: «Бар!» – десем, барат,
башкасына: «Кел!» – десем, келет. Кулума: «Тигини
жаса!» – десем, жасайт.
9 Ыйса муну укканда, таң калып, элге кайрылды:
– Силерге айтып коёюн: мындай ишенимди Мен
Ысрайыл элинен да жолуктурган эмесмин!
10 Жиберилген кишилер үйгө кайтып келишип,
кулдун айыгып кеткенин көрүштү.

### Ыйсанын жесирдин баласын тирилтиши

11 Арадан көп өтпөй, Ыйса Найын шаарына
жөнөдү. Шакирттери менен кошо жоон топ эл
чыкты. 12 Шаар дарбазасына жакындаганда, өлүк
көтөрүп келе жаткандарга кезигишти. Өлгөн адам
бир жесирдин жалгыз баласы экен. Жесирдин
жанында бир топ адам бар эле. 13 Аны көргөндө,
Эгебиздин боору ооруп кетти.
– Ыйлабаңыз, – деди Ал аялга.
14 Анан басып келип, табытка колун тийгизди.
Көтөрүп бараткандар тык токтой калышты.
Ошондо Ыйса:
– Жигит, сага айтам, тургунуң! – деди.
15 Өлүк башын көтөрүп, отура калды да, сүйлөй
баштады. Ыйса аны энесинин колуна тапшырды.
16 Баарынын үрөйү учуп: «Арабыздан улуу
пайгамбар чыгыптыр, Кудай Өз элин куткарууга
келиптир!» – деп Кудайды даңкташты. 17 Ыйса
тууралуу мындай сөз бүткүл Иудеяга жана анын
тегерек-чекесине жайылды.

### Ыйса жана Жакыя пайгамбар

18 Бул окуялар тууралуу Жакыя өз шакирттеринен
кабардар болду. 19 Ошондо ал шакирттеринин
экөөсүн чакырып алып: «Келе турган Куткаруучу
сенсиңби же башканы күтүшүбүз керекпи?» – деген
суроо менен Ыйсага жөнөттү. 20 Алар Ыйсага
келишип:
– Бизди Жакыя жиберди. Ал сенден: «Келе турган
Куткаруучу сенсиңби же башканы күтөлүбү?» деп
сурап жатат, – дешти.
21 Ыйса ошол маалда көп адамдарды илдет-
дарттарынан айыктырып, кара күчтөрдөн арылтып,
көптөгөн сокурлардын көзүн ачкан эле. 22 Ыйса
аларга:
– Баргыла, уккан-көргөнүңөрдү Жакыяга айтып
бергиле: сокурлардын көзү көрүп, буту шал
болгондор басып, пес оорулуулар айыгып,
дүлөйлөр угуп, өлгөндөр кайра тирилип,
жакырларга Жакшы Кабар тарап жатат. 23 Ушул
кылгандарымды көрүп туруп, Менин ким экенимен
шек санабаган адам бактылуу, – деди.
24 Жакыя жиберген адамдар кеткенде, Ыйса элге
Жакыя тууралуу мындай деди:
– Ээн талаага эмнени көргөнү бардыңар эле?
Шамал термелткен камыштыбы? 25 Айткылачы,
деги эмнени көргөнү бардыңар эле? Кооз
кийимчен адамдыбы? Тигине, кооз кийинип, шаан-

шөкөттө жашагандар хан сарайларда жүрүшөт.
26 Анда эмнени көргөнү бардыңар?
Пайгамбардыбы? Ооба! Силерге айтып коёюн: ал
пайгамбардан да улуу. 27 Ыйык Жазууларда Кудай:
«Мына, Сенин алдыңан кабарчымды жиберемин.
Ал Сенден мурда барып, басар жолуңду даярдайт»,
† – деп ушул адам жөнүндө айткан. 28 Силерге айтып
коёюн: энеден туулгандардын бири да Жакыядан
улуу эмес! Бирок Кудай Падышачылыгында эң
кичине деп эсептелген киши да андан улуу.
29 Ыйсанын сөзүн угуп турган элдин баары, ал
тургай салыкчылар да, Кудайдын айтканын ак деп
санашты. Анткени алар Жакыя тарабынан сууга
чөмүлдүрүү расмисинен өтүшкөн болчу. 30 Ал эми
бул расмиден мурда өтүшпөгөн фарисейлер менен
дин мугалимдери Кудайдын аларга деген тилегин
кабыл алышпады.
31 Ошондо Ыйса мындай деди:
– Азыркы замандын адамдарын кимге
салыштырсам? Деги алар кимге окшош? 32 Базарда
олтуруп алып, бири бирине: «Той-тамаша күүсүн
салып, чоор тартсак, эмнеге бийлебейсиңер, кошок
кошсок, эмнеге ыйлабайсыңар?!» – деген жаш
балдарга окшош. 33 Анткени кадимки тамактарды
ичип-жебеген Жакыя келди эле, «буга жин
тийиптир» дешти. 34 Башкаларга окшоп ичип-жеген
Адам Уулу келди эле, «бул киши сугалак экен,
шарапка жакын экен, салыкчылар менен
күнөөкөрлөрдүн досу экен!» – дешти. 35 Бирок
кандай болсо да, Кудайдын даанышмандыгы аны
жактагандар тарабынан ырасталды.

### Фарисей жана күнөөлүү аял

36 Фарисейлердин бири Ыйсаны конокко чакырып
калды. Ыйса анын үйүнө келип, дасторкондун
жанына жамбаштап жатты. 37 Аңгыча ошол шаарда
жашаган бир күнөөкөр аял Ыйсанын
фарисейдикинде экенин билип, атыр май куюлган
идишин көтөрүп, сырттан кирип келди. 38 Аял
Ыйсанын аягына олтура калып, Анын бутуна көз
жашын төгүп, ыйлай баштады. Анан Ыйсанын
буттарын чачы менен сүртүп, өпкүлөп, атырын
сыйпады. 39 Ыйсаны конокко чакырган фарисей
муну көрүп, ичинен: «Эгер бул чын эле пайгамбар
болсо, ага колун тийгизип жаткан аялдын ким жана
кандай экенин билмек. Анткени бул күнөөгө баткан
аял да», – деп ойлоду. 40 Ошондо Ыйса ага
кайрылып:
– Ысман, сага айта турган сөзүм бар, – деди.
– Айтыңыз, устат, – деди Ысман.
41 Ошондо Ыйса мындай деди:
– Бир киши эки адамга карызга акча берет.
Биринчисине беш жүз, экинчисине элүү күмүш
теңге †† бериптир. 42 Бирок алардын төлөгөнгө эч
нерсеси жок болгондуктан, ал экөөнүн тең
карыздарын кечип коёт. Эми айтчы: ушул экөөнүн
кимисинин ага деген сүйүүсү көбүрөөк болот?
43 Ысман:
– Көбүрөөк карызы кечирилген адамдыкы болуш
керек деп ойлойм, – деди.
– Туура айттың.
44 Ыйса ушундай деди да, аялды карап туруп,
Ысманга мындай деп айтты:
– Бул аялды көрдүңбү? Мен сенин үйүңө
киргенде, сен Менин бутума суу куйган жоксуң. Бул
аял болсо көз жашы менен бутумду жууду, чачы
менен аарчыды. 45 Сен Мени бетимден өөп, тосуп
алганың жок. Бул аял болсо келгенимден бери
бутумду тынымсыз өпкүлөп жатат. 46 Сен башыма
май куйбадың, ‡ бул аял болсо буттарымды атыр
менен майлады. 47 Ошол себептен сага айтып
коёюн: бул аялдын көп күнөөлөрү кечирилди,
андагы мээримдин көптүгүнүн себеби мына
ушунда. Ал эми кимге аз кечирилсе, анын мээрими
да аз болот.
48 Анан аялга:
– Күнөөлөрүң кечирилди! – деди.
49 Ошондо анын жанында олтургандар:
«Күнөөлөрдү да кечире алган, деги бул ким өзү?» –
дешти бири бирине. 50 Ыйса аялга айтты:
– Сени ишенимиң куткарды, жакшы баргының!

### Ыйсанын жолун жолдогон аялдар

8 Мындан кийин Ыйса шаар-кыштактарды
аралап, Кудай Падышачылыгына үгүттөп,
Жакшы Кабарды жарыялап жүрдү. 2 Анын жанында
он эки шакирти жана бир топ аялдар бар эле. Бул
аялдардын бир нечесин Ыйса кара күчтөрдөн
куткарып, ооруларынан айыктырган. Булар ичинен
жети жин чыккан магдалалык Мариям, 3 Ирод
падышанын хан сарайынын башкы кызматчысы
Кузанын аялы Жахана, Сусанна жана башка
көптөгөн аялдар эле. Алар колунда бар болгон
нерселерин Ыйсага арнап, Ага кызмат кылып
жүрүштү.

### Дыйкан тууралуу ибарат

4 Туш тараптан элдер агылып келип, чогулганда,
Ыйса ибарат менен сүйлөй баштады:
– 5 Бир дыйкан эгин сепкени талаага чыгыптыр.
Сепкен уругунун кээси жол боюна түшөт да,
тепсендиде калып, чымчыктарга жем болот. 6 Кээ
бири таштак жерге түшүп, өсө баштайт да, ным
жетпей куурап калат. 7 Кээси тикен арасына түшөт.
Анан тикен өсүп чыгып, аны басып калат. 8 Кээ
бири жакшы кыртышка түшүп, өсүп чыгат да, жүз
эсе түшүм берет.
Анан Ыйса үнүн катуу чыгарып:
– Уга турган кулагы барлар уксун! – деди.
9 Шакирттери Андан:
– Бул ибараттын мааниси кандай? – деп сурашты.
– 10 Кудай Падышачылыгынын сырларын билүү
мүмкүнчүлүгү силерге берилген, – деди Ыйса. –

† ††

‡

Башкаларга болсо Мен ушинтип ибарат менен
сүйлөп жатам, ошондуктан алар:
«Караса да, көрүшпөйт,
Тыңшаса да, түшүнбөйт». †
11 Ибараттын мааниси мындай: урук – бул
Кудайдын сөзү. 12 Ал эми жол боюна түшкөн урук
мындай адамдарды билдирет: алар сөздү угушат,
бирок ибилис келип, ишенбесин, кутулбасын деп,
жан дүйнөсүнө түшкөн сөздү уурдап кетет. 13 Таштак
жерге түшкөн үрөн болсо, Кудай сөзүн угары менен
ошол замат кубана кабыл алган адамдарды
билдирет. Бирок тамыры болбогондуктан, бир азга
гана ишенишип, кийин ишенгендиги үчүн
кыйынчылыкка кабылар замат ишенимден баш
тартышат. 14 Тикендердин арасына түшкөнү болсо,
Кудай сөзүн уккан, бирок бул дүйнөнүн түйшүгүнө,
акчанын азгырыгына жана жашоодогу кумарларга
алдырып койгон адамды билдирет. Ушулар сөздү
тумчуктуруп, сөз жемишсиз калат. 15 Ал эми жакшы
кыртышка түшкөнү, Кудай сөзүн угуп, туура кабыл
алып, таза жүрөктөрүнө сактаган адамдарды
билдирет. Алар дайыма жемиш берген үрөнгө
окшош.
16 Эч ким шамды жаккан соң, үстүнөн идиш менен
жаппайт, керебеттин астына да катпайт. Үйгө
киргендер анын жарыгын көрсүн деп, шамдалга
коёт. 17 Анткени сыртка чыкпас сыр болбойт,
ачыкка чыкпас, билинип калбас жашыруун иш
болбойт. 18 Ошондуктан кунт коюп уккула: кимде
бир аз түшүнүк бар болсо, ага дагы берилет, ал эми
кимде жок болсо, анын бар деп ойлогону да
тартылып алынат.

### Ыйсанын энеси жана бир туугандары

19 Бул убакта Ыйсага энеси менен бир туугандары
келип, элдин көптүгүнөн Ага өтө алышпады.
20 Ыйсага:
– Энең менен бир туугандарың сени көрөлү деп
сыртта турушат, – деп билдиришти.
– 21 Энем менен бир туугандарым, – деди Ыйса
аларга жооп берип, – бул – Менин сөзүмдү угуп,
аны аткаргандар.

### Көлдөгү бороондун токтошу

22 Күндөрдүн биринде Ыйса шакирттери менен
кайыкка түшүп:
– Көлдүн аркы бетине өтөлү! – деди.
23 Сүзүп бара жатышканда, Ыйса уктап калды.
Ошол кезде көлдө катуу бороон башталып,
кайыкка суу кире баштады. Алар коркунучтуу
абалда эле. 24 Ошондо шакирттери Ыйсаны
ойготушуп:
– Устат, устат, өлдүк! – дешти.
Ыйса ордунан тура калды да, бороон-чапкынга
тыюу салды. Бороон ошол замат басылып, айлана
жымжырт боло түштү. 25 Анан шакирттерине
бурулуп:
– Ишенимиңер кайда кетти? – деди.
Үрөйү учкан шакирттери аң-таң болуп, бири
бирине:
Бороон-чапкынды башкара алган бул ким өзү?
Бороон ага баш ийип, тынчып калбадыбы? –
дешти.

### Жин даарыган адамдын айыгышы

26 Алар Галилеянын маңдайында жайгашкан
Гераса жергесине сүзүп барышты. 27 Ыйса жээкке
чыкканда, көптөн бери жин даарып ооруган, ошол
жердеги шаардын бир тургуну алдынан чыкты. Ал
үйгө турбай, кийим кийбей, мүрзөлөрдө жашачу
экен. 28 Ал Ыйсаны көрө коюп, кыйкырып жиберди
да, алдына жыгылып:
– Эй, Кудай Тааланын Уулу Ыйса, мени менен
кандай ишиң бар?! Сенден суранам, мени азапка
салбачы! – деди.
29 Себеби Ыйса кара күчкө: «Бул кишиден чык!» –
деп буйруган болчу. Бул адамды кара күч көптөн
бери кыйнап келиптир. Аны чынжыр менен
байлап, кишендешсе да, үзүп таштап, жинге
айдалып, чөлгө кетип калчу экен. 30 Ыйса андан:
– Атың ким? – деп сурады.
– Түмөн! – деп жооп берди ал.
Анткени бул кишинин ичине түмөндөгөн жиндер
кирип алышыптыр. 31 Жиндер Ыйсага:
– Бизди туңгуюкка кетире көрбө! – деп
жалынышты.
32 Ошол жерде бир чоң бада чочко жайылып
жүргөн. Жиндер ошол бадага кирүүгө Ыйсадан
уруксат сурашты. Ыйса уруксат берген соң, 33 алар
ошол адамдан чыгып, чочколорго кирешти да,
чочколор өздөрүн жардан көлгө таштап, чөгүп
өлүштү. 34 Муну көрүп турган бадачылар качып
жөнөштү. Алар шаар-кыштактарга барып,
көргөндөрүн айтышты. 35 Эл болгон ишти көрүү
үчүн Ыйсага келди. Алар жиндерден бошонгон
адамдын кийимин кийип, акыл-эсине келип,
Ыйсанын аяк жагында олтурганын көрүп, аябай
коркушту. 36 Ал адамдын жинден кутулганын
көргөндөр бул жөнүндө аларга айтып беришти.
37 Ошондо герасалыктардын баары бир ооздон
Ыйсадан алардын жеринен кетишин өтүнүштү.
Себеби баары тең катуу коркуп калышкан эле.
Ыйса кайрадан кайыкка түшүп, артына кайтты.
38 Жиндерден кутулган адам аны да кошуп алуусун
суранды. Бирок Ыйса:
– 39 Үйүңө бар да, Кудайдын сага эмне кылганын
айтып бер, – деп, аны коё берди.
Ал шаарга кайтып, Ыйсанын ага кылган
жакшылыгын элдин баарына жарыя кылды.

†

### Тирилген кыз, сакайган аял

40 Ыйса Гераса тараптан кайтып келгенде, эл Аны
тосуп чыкты. Алар Ыйсаны күтүп турушкан эле.
41 Аңгыча синагоганын башчысы болгон Жайыр
аттуу бир киши келип, Ыйсанын алдына чөгөлөп,
үйүнө келүүсүн суранды. 42 Анын он эки жашар
жалгыз кызы өлүм алдында жаткан экен. Ыйса
Жайырдын үйүнө бара жатканда, эл Аны туш-
туштан кысып жатты.
43 Элдин арасында он эки жылдан бери ичинен
кан акканы токтобой ооруган бир аял бар эле. Ал
колундагысынын баарын дарыгерлерге сарптап,
бирок биринен да айыга алган эмес. 44 Ошол аял
Ыйсанын артынан келип, кийиминин этегине
колунун учун тийгизди. Тиер замат кан кеткени
токтоду. 45 Ошондо Ыйса:
– Ким Мага колун тийгизди? – деди.
Баары:
– Биз эмес! – дешти.
Ошондо Петир менен анын жанында тургандар:
– Устат, эл сени тегеректеп кысып турушса, «ким
мага колун тийгизди» дегениң кандай? – деди.
46 Бирок Ыйса:
– Кимдир бирөө Мага колун тийгизди, себеби
Менден кудурет чыкканын сездим, – деди.
47 Аял жашырына албасын көрүп, корккондан
калтырап, Ыйсанын алдына жыгылды да, кандай
максат менен колун тийгизгенин жана дароо
айыгып кеткенин бүт элдин алдында айтып берди.
48 Ыйса аялга:
– Кызым, ишенимиң сени айыктырды, жакшы
барагой, – деди.
49 Ыйса сөзүн аяктай электе, синагога башчысына
анын үйүнөн бирөө келип:
– Кызыңыз каза болду. Эми устатты бекер убара
кылбай эле коюңуз, – деди.
50 Муну уккан Ыйса:
– Коркпо, тек гана ишенгин, кызың айыгат, –
деди.
51 Ошентип, Ыйса синагога башчысынын үйүнө
келди. Ал Петир, Жакан, Жакып жана кыздын ата-
энесинен башка эч кимге үйгө кирүүгө уруксат
берген жок. 52 Баары боздоп, ыйлап жатышты.
Ошондо Ыйса:
– Ыйлабагыла, кыз өлгөн жок, уктап жатат, – деди.
53 Кыздын өлгөнүн билгендер Ыйсаны
шылдыңдап күлүштү. 54 Ыйса болсо кыздын
колунан кармап, үнүн катуу чыгарып:
– Кызым, тургун! – деди.
55 Ошондо кыздын жаны кайтып, ал ошол замат
ордунан турду.
– Кызга тамак бергиле! – деди Ыйса. Анан аң-таң
болуп турган ата-энесине:
– 56 Бул окуяны эч кимге айтпагыла! – деди.

### Он эки шакиртке берилген тапшырма

9 Ыйса он эки шакиртин чакырып алып, аларга
бардык жиндердин үстүнөн бийлик, ооруларды
айыктырууга кудурет берип, 2 элге Кудай
Падышачылыгын жар салууга жөнөттү.
– 3 Жолго эч нерсе албагыла, – деди Ыйса аларга, –
Таяк да, баштык да, нан да, акча да, ашык кийим да
албагыла. 4 Кайсы үйгө кирсеңер, ошол үйдө калып,
ошол үйдөн жолго чыккыла. 5 Эгерде бир жерден
силерди кабыл албай коюшса, анда ал шаардан
кетип баратып, алардын четке кагылганынын
белгиси катары бутуңардын чаңын күбүп салгыла.
6 Шакирттер жолго чыгышып, айылдарды аралап,
жер-жерлерге Жакшы Кабарды таратып,
оорулууларды айыктырып жүрүштү.

### Ироддун Ыйсаны көргүсү келгени

7 Болуп жаткан окуялардын баары аким Იродго
жетти. Эл арасында ар кандай сөз жүрүп,
бирөөлөрү: «Жакыя пайгамбар тирилиптир!» –
десе, 8 башкалары: «Илияс пайгамбар келиптир!» –
деп, дагы башкалары: «Байыркы пайгамбарлардын
бири тирилиптир!» – деп жатышты. Ошондуктан
Ироддун башы катты. 9 «Мен Жакыянын башын
алдырдым эле. Бул ким болуп кетти?» – деп, ал
Ыйсаны көргүсү келди.

### Ыйсанын беш миң кишини тойгузушу

10 Элчилер кайтып келип, кылган иштерин Ыйсага
айтып беришти. Ыйса аларды ээрчитип алып,
Бейтсайда деген шаарды көздөй жөнөдү. 11 Муну
билип калган эл аркасынан барды. Ыйса аларды
тосуп алып, Кудай Падышачылыгы тууралуу айтып,
айыгууга зар болгондорду айыктырып жатты. 12 Күн
кечтеп баратканда, он эки шакирти Ага келип:
– Эми элди коё бер, тегеректеги айыл-
кыштактарга барып, түнөп, жегенге бир нерсе таап
алышсын, анткени биз чөлдө турабыз, – дешти.
– 13 Жегенге бир нерсени силер бергиле! – деди
Ыйса аларга.
– Колубузда беш нан менен эки балыктан башка
эч нерсебиз жок. Мына бул элдин баарына тамак
сатып алганы баралыбы? – дешти он эки шакирти.
14 Анткени ошол жерде беш миңге жакын адам
турган. Ыйса аларга:
– Элди элүү-элүүдөн бөлүп олтургузгула, – деди.
15 Шакирттери Анын айтканындай кылышты.
16 Ошондо Ыйса беш нан менен эки балыкты алып,
асманды карап Кудайга шүкүрчүлүк келтирип,
нанды сындырды да, элге таратсын үчүн
шакирттерине берди. 17 Баары жеп, тоюшту.
Нандын арткан үзүмдөрүн жыйнашканда, он эки
себет толду.

### Ыйсанын Машаяк экендиги

18 Ыйса эл жок жерде сыйынып отурган.
Шакирттери жанында болчу. Ыйса алардан минтип
сурады:
– Эл Мени ким деп эсептешет?
19 Шакирттери:
– Кээ бир адамдар Жакыя чөмүлдүрүүчү деп, кээ
бири Илияс пайгамбар деп, а кээси байыркы
пайгамбарлардын бири тирилиптир деп жатышат,
– дешти.
20 Ыйса алардан:
– Ал эми силер Мени ким деп эсептейсиңер? – деп
сурады.
Ошондо Петир:
– Сен Кудайдын Машаягысың! – деп жооп берди.
– 21 Менин ким экенимди эч кимге айтпагыла! –
деди катуу эскертип Ыйса. – 22 Адам Уулу көп азап
чегип, эл башчылары, жогорку динкызматчылар
жана дин мугалимдери тарабынан четке кагылып,
анан өлтүрүлүп, үчүнчү күнү кайра тирилүүгө
тийиш!

### Ким Ыйсанын чыныгы шакирти боло алат?

23 Ыйса элге кайрылып мындай деди:
– Кимде-ким Мени ээрчигиси келсе, өз
кызыкчылыктарынан баш тартсын, күн сайын өз
айкаш жыгачын көтөрүп, жанынан кечүүгө даяр
болуп, артыман түшсүн. 24 Анткени ким өз жанын
сактап калам десе, аны жоготот, ал эми ким Мен
үчүн жанынан кечсе, ал ага кайрадан ээ болот.
25 Бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өзүн өзү куруткандан
же өз жанынан айрылгандан адамга не пайда?
26 Кимде-ким Менден же Менин сөздөрүмдөн баш
тартса, анда Адам Уулу да Өзүнүн, Атасынын жана
ыйык периштелердин кудурети менен көктөн
келгенде, андан баш тартат. 27 Силерге айтып
коёюн: ушул жерде тургандардын кээ бирлери
Кудай Падышачылыгын көрмөйүнчө, көз жумбайт.

### Тоодогу кубулуш

28 Ушундан бир жумача өткөндө, Ыйса Петирди,
Жаканды жана Жакыпты кошуп алып, сыйынуу
үчүн тоого чыкты. 29 Ал сыйынып жатканда, бети
башкача болуп өзгөрө түштү. Кийими да аппак
болуп, жылтылдап калды. 30 Аңгыча эки киши
пайда болуп, Ыйса менен маектеше баштады.
31 Асман улуулугунун нуруна бөлөнгөн Муса менен
Илияс пайгамбарлар Ыйсанын Иерусалимде өлүп,
Кудайдын эркин ишке ашыра тургандыгы жөнүндө
кеп кылышты. 32 Петир менен анын жанындагы
жолдошторун болсо уйку басып турган. Алар
ойгонушуп, асман улуулугунун нуруна бөлөнгөн
Ыйсаны жана Анын жанындагы эки кишини
көрүштү. 33 Тигил кишилер кетип бара жатканда,
Петир Ыйсага айтты:
– Устат, бул жерде болгонубуз кандай жакшы! Кел,
үч алачык тигели: бирин сага, бирин Мусага, дагы
бирин Илияска.
Ал эмне дегенин өзү да түшүнгөн эмес. 34 Петир
сүйлөп жатканда, бир булут пайда болуп, аларга
көлөкөсүн түшүрдү. Булут аларды каптаганда,
шакирттеринин үрөйү учту. 35 Ошол убакта
булуттан үн чыкты:
– Бул Менин тандап алган Уулум Ыйса, Аны
уккула!
36 Бул үн чыккандан кийин, алар Ыйсанын жалгыз
калганын көрүштү. Шакирттери үн катпай,
көргөндөрүн ошол күндөрү эч кимге айтышкан
жок.

### Жин даарыган баланын айыгышы

37 Кийинки күнү тоодон түшүп келишкенде,
аларды көп эл тосуп чыкты. 38 Аңгыча эл арасынан
бир киши Ыйсага минтип кыйкырды:
– Устат, суранам, баламды көрүп берчи,
жалгызым эле. 39 Туруп-туруп эле жини кармайт да,
чаңыртып, калчылдатып, оозунан көбүк чыкканча
кыйнагандан кийин араң кетет. 40 Шакирттериңен
жинин кубалап чыгаргыла деп сурансам,
колдорунан келбей койду.
Ошондо Ыйса:
– 41 Эй, ишеними жок, бузулган эл! Качанга чейин
араңарда болуп, силерге чыдаар экем? Баланы
алып келгиле бери, – деди.
42 Бала басып келатканда, жин аны көтөрө чаап,
калтырата баштады. Ыйса кара күчтү тыйып,
баланы айыктырды да, атасына тапшырды.
43 Карап турган элдин баары Кудайдын улуулугуна
таңданышты.

### Ыйса Өз өлүмү тууралуу дагы бир ирет айтат

Анын кылганына элдин баары таң калып карап
турганда, Ыйса шакирттерине айтты:
– 44 Бул сөздөрдү эсиңерге түйүп алгыла: Адам
Уулунун кишилердин колуна түшөрүнө аз калды.
45 Бирок алар бул сөздөрдү түшүнүшкөн жок. Бул
сөз алар үчүн жашыруун сыр болгондуктан,
маанисин түшүнүшпөдү. Кайра сурагандан болсо
коркушту.

### Кимдин жолу улуу?

46 Шакирттердин арасында «кимибиздин жолубуз
улуу болду экен» деген ой туулду. 47 Ыйса алардын
мындай оюн туюп, бир кичине баланы колуна алды
да, мындай деди:
– 48 Ким ушундай баланы Мен үчүн кабыл алса,
Мени кабыл алганы. Мени кабыл алса, Мени
Жибергенди кабыл алганы. Анткени араңардагы эң
кичүүдөй болуп жүргөнү баарынан улуу.

### Силерге каршы болбогон силер тарапта

49 Ошондо Жакан:

– Устат, сенин ысмыңды оозанып, адамдардан
жиндерин кууп чыгарып жүргөн бирөөнү көрүп, ал
биз менен жүрбөгөндүктөн ага тыюу салдык, –
деди.
– 50 Тыюу салбагыла, – деди Ыйса, – ким силерге
каршы болбосо, ал силер тарапта.

### Самариялыктардын Ыйсага сыртын салышы

51 Көккө кетер убактысы жакындап калганда, Ыйса
Иерусалимге барууга камданып, 52 алдын ала
элчилерин жөнөттү. Алар Ыйсага жай камдоо үчүн
Самариядагы бир айылга келишти. 53 Бирок
Ыйсанын Иерусалимге бараткыны сыртынан
билинип тургандыктан, самариялыктар Ал
келгенде кабыл алышпады. 54 Алардын мунусун
көргөн шакирттер Жакан менен Жакып:
– Эгебиз, асмандан от түшүп, буларды жалмап
кетсин дейлиби? – дешти.
55 Ыйса аларды тыйып койду. †56 Ошондон кийин
алар башка кыштакка өтүп кетишти.

### Ыйсаны ээрчип, шакирти болгусу келгендер

57 Жолдон бир киши Ыйсага:
– Сен кайда барбагын, мен артыңдан калбайм, –
деди.
58 Ыйса ага:
– Түлкүлөрдүн ийини, чымчыктардын уясы бар.
Адам Уулунун болсо баш калкалаар жайы жок, –
деди.
59 Анан башка бирөөгө:
– Менин жолума түш, – деп айтты.
Тигил:
– Таксыр, адегенде үйгө барып, атамдын кашында
болуп, ал өлгөндө сөөгүн коюп келейин. Ушуга
уруксат этиңиз! – деди.
60 Бирок Ыйса ага:
– Өз өлүктөрүн көмүүнү тирүү өлүктөргө калтыр!
Сен болсо бар да, Кудайдын Падышачылыгын
жарыя кыл, – деди.
61 Анда дагы бирөөсү айтты:
– Таксыр, мен сизди ээрчийм, бирок адегенде үй-
бүлөм менен коштошуп келүүгө уруксат бериңиз.
62 Ыйса ага жооп кайтарып:
– Минткениң сени Кудай Падышачылыгына
ылайыксыз кылат. Себеби буурусунду кармап,
артына кылчактаган адамдай болуп жатасың, –
деди.

### Ыйсанын жетимиш эки шакирти

10 Ушундан кийин Эгебиз Ыйса Өзүнө дагы
жетимиш эки шакирт тандады. Аларды Ыйса
Өзү да барайын деген шаар-кыштактардын
баарына Өзүнөн мурун эки-экиден жиберип,
мындай деди:
– 2 Оро турган эгин көп, бирок орокчулар аз.
Андыктан Өз эгин талаасына орокчуларды
жөнөтсүн үчүн эгин Эгесине жалынгыла. 3 Кана
эмесе, баргыла, Мен силерди карышкырлардын
арасына козуларды жибергендей жөнөтүп жатам.
4 Капчык да, баштык да, ашыкча бут кийим да
албагыла жана жолдо бирөөлөр менен
саламдашып, убактыңарды коротпогула. 5 Кандай
үйгө кирсеңер да, адегенде: «Үйүңөрдө тынччылык
болсун!» – деп, батаңарды бергиле. 6 Эгерде ошол
үйдө саламыңарды кабыл алууга даяр адам бар
болсо, батаңар кабыл болот, эгер болбосо, батаңар
өзүңөргө кайтат. 7 Алдыңарга койгон ашка топук
кылып, ал үйдө калгыла. Анткени кызматчы эмгек
акысын алууга татыктуу. Үйдөн үйгө өтпөгүлө.
8 Шаарга киргениңерде, анын тургундары кабыл
алышса, анда тамагын жегиле, 9 ооруларын
айыктыргыла да, «жакында силер Кудайдын
башкаруусунда болосуңар!» деп жар салгыла.
10 Эгерде кабыл албай коюшса, анда көчөлөргө
чыгып: 11 «Шаарыңардан бутубузга жуккан чаңды
кайра өзүңөргө наалат катары кагып жатабыз.
Бирок билип койгула, Кудай Падышачылыгы
жакындап калды», – дегиле. 12 Силерге айтып
коёюн: кыямат күнү келгенде, ал шаарга караганда
Содом шаарына †† жеңилирээк жаза колдонулат.
13 Эй, шордуу Коразин! Эй, шордуу Бейтсайда!
Эгерде силерде жасалган укмуштар Тир менен
Сидондо жасалган болсо, алар эбак эле катуу
кайгырып, кенептен кийим кийип, күлгө олтуруп,
ниеттерин өзгөртүшмөк. 14 Эми кыямат кайымда
Тир менен Сидондун акыбалы силердикинен
жеңилирээк болот. 15 А сен, Капарноом,
текеберденип, төбөм менен көккө жетем деп
ойлойсуңбу? Жок! Кудай сени жердин түпкүрүнө
житире чабат.
16 Кимде-ким силерди укса, Мени укканы, кимде-
ким силерди четке какса, Мени четке какканы, ал
эми кимде-ким Мени четке какса, Мени
Жибергенди четке какканы.
17 Жетимиш эки шакирт жүздөрүндө кубаныч
менен кайтып келишип, Ыйсага:
– Эгебиз, сенин атыңды атаганда, бизге жиндер
да багынышты! – дешти.
18 Ыйса аларга:
– Мен шайтандын чагылгандай болуп, жерге
түшкөнүн көрдүм. 19 Мына, мен силерге жыландар
менен чаяндарды таптап, жоонун бардык күчтөрүн
жеңе турган бийлик бердим. Эч нерсе силерге зыян
кыла албайт. 20 Бирок жиндердин силерге
багынганына эмес, атыңардын бейиштеги китепке
жазылганына кубангыла.
21 Ыйык Рухка толгон Ыйса кубанычтан катуу
толкунданып кетти.
– Оо, Ата, асман менен жердин Эгеси! – деди Ал. –
Сени мактап, даңазалайм, анткени Сен бул
иштерди даанышмандар менен акылмандардан
жашырып, бала сыяктангандарга ачып бердиң.
Ооба, Атаке, Сен ушундай болушун кааладың.

†

††

[22] Атам бардыгын Мага өткөрүп берген. Уулунун
ким экенин Атасынан башка эч ким жакшы
билбейт. Атасынын ким экенин да Уулунан жана
Уулу ачып көрсөткүсү келгендерден башка эч ким
билбейт.
[23] Анан шакирттерине бурулуп, мындай деди:
– А силер бактылуусуңар, анткени көзүңөр көрүп,
кулагыңар угат. [24] Силерге айтып коёюн: далай
пайгамбарлар менен падышалар силер көргөндү
көргүсү келген, бирок көрө алышпады, силер
укканды уккусу келген, бирок уга алышпады.

### Боорукер самариялык

[25] Ошондо бир дин мугалими ордунан туруп,
Ыйсаны сынай сурады:
– Устат, эмне кылсам түбөлүк жашайм?
[26] Ыйса ага:
– Тооратта эмне деп жазылган? Эмнени окуп
жүрөсүң? – деди.
Тигил айтты:
– [27] «Кудай Эгеңди чын жүрөктөн, бүткүл жан
дүйнөң менен, бар күч-кубатың менен, бардык
акыл-оюң менен сүй † жана башкаларды өзүңдү
сүйгөндөй сүй!» †† – деп жазылган.
– [28] Сен туура жооп бердиң, – деди Ыйса ага. –
Ушундай кыл, ошондо түбөлүк жашайсың.
[29] Тиги болсо өзүн актагысы келип:
– А менин жакын адамым ким? – деп сурады.
[30] Ошондо Ыйса мындай ибарат менен жооп
берди:
– Бир адам Иерусалимден Иерихон шаарына
түшүп келе жатып, жолдо каракчыларга туш болот.
Алар анын кийимин сыйрып алып, аябай сабап,
чала өлүк кылып таштап кетишет. [31] Ошол жол
менен бир динкызматчы түшүп бара жаткан. Ал бул
кишини көрүп, жолдун аркы жээги менен кыя
басып, өтүп кетет. [32] Дагы бир лебит ушул жол
менен бара жатып, бул адамды көрүп, жолдун аркы
жээги менен кыя басып, өтүп кетет. [33] Аңгыча бир
самариялык жолоочу келет. Ал бул кишини көрүп,
боору ооруп, [34] жанына басып келип, жарааттарын
шарап менен жууп, май менен майлап, таңып,
эшегине артып, мейманканага алып барып, ага кам
көрөт. [35] Кийинки күнү мейманкананын ээсине эки
күмүш теңге берип: «Бу кишиге кам көрүп кой. Эгер
артык чыгым болсоң, кайтканымда кайрып берем»,
– дейт. [36] Эми сен кандай деп ойлойсуң: ушул
үчөөнүн кимиси каракчыларга туш болгон кишиге
жакын адам болот?
[37] Мыйзамчыл Ыйсага карап:
– Албетте, кайрым кылганы, – деп жооп берди.
– Бар, сен да ушундай кыл! – деди Ыйса ага.

† ††

### Адам баласы үчүн эң керектүү нерсе – Ыйсанын жанында болуу

[38] Ыйса шакирттери менен жолун улантып келе
жатып, бир айылга келди. Бул айылдан Марта
деген бир аял Аны үйүнөн тосуп алды. [39] Бул
аялдын Марияма аттуу сиңдиси бар эле. Ал
Ыйсанын аяк жагына олтуруп алып, сөзүн угуп
жатты. [40] Марта болсо конокту жакшылап күтүүнүн
камын ойлоп, убара тартып жүрдү. Ал Ыйсанын
алдына келип:
– Таксыр, сиңдимдин кызматтын баарын жалгыз
мага таштап койгону сизге баары бирби? Ага айтып
коюңузчу, мага жардамдашсын, – деди.
– [41] Ээ, Марта, Марта! – деди ага Ыйса, – сен убара
болуп, көп түйшүк тартасың. [42] Бирок керектүүсү –
бир эле нерсе. Марияма жакшы жагын тандап алды,
муну андан эч ким тартып ала албайт.

### Сыйынуу тууралуу таалим

11 Бир күнү Ыйса бир жерде сыйынып отурду.
Ал сыйынуусун аяктаганда, шакирттеринин
бири:
– Эгебиз, Жакыя өз шакирттерине үйрөткөндөй,
сен да бизге сыйынганды үйрөтчү, – деди.
[2] Ыйса аларга айтты:
– Сыйынганыңарда мындай дегиле:
Оо, Кудай Ата!
Сенин атың урматталсын.
Сенин падышачылыгың келсин.
[3] Күнүмдүк наныбызды күн сайын берегөр.
[4] Бизге жамандык кылгандардын баарынын
Күнөөлөрүн кечиргенибиздей,
Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечир.
Бизди азгырыкка кирип кетүүдөн сакта.
[5] Ыйса сөзүн улап, дагы мындай деди:
– Бирөөңөрдүн досуңар бар болсун дейли, түн
ортосунда досуна барып: «Досум, карызга үч нан
берип турчу, [6] сапардагы досум келип калып,
алдына коёрго эч нерсем жок болуп жатат», – дейт.
[7] Үй ээси болсо: «Эй, койчу, тынчымды албай,
эшикти кулпулап салгам, бала-чакам да төшөгүмө
кирип, жатып алышты, эми туруп, сага бере
албайм», – дейт. [8] Силерге айтам: үй ээси досчулук
үчүн бербесе да, өтүнө берип, тажаткандыгынан
улам туруп, канча сураса, ошончо берет.
[9] Ошондуктан силерге айтып коёюн: сурагыла,
ошондо силерге берилет. Издегиле, ошондо
табасыңар. Тыкылдаткыла, ошондо силерге эшик
ачылат. [10] Анткени ар бир сураган алат, издеген
табат, тыкылдатканга ачылат. [11] Араңардагы баласы
балык сураса, жылан берген ата барбы?
[12] Жумуртка сураса, чаян кармата салганчы?
[13] Ошентип, силер жаман болсоңор да,
балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди
билесиңер, андан бетер, асмандагы Атаңар да
сурагандарга Ыйык Рухту берет.

### Ыйса жана шайтан

[14] Бир жолу Ыйса бир адамды дудук кылып койгон
жинди андан кууп чыкты. Жин чыкканда, дудук
сүйлөй баштады. Муну көргөндөр аң-таң болушту.
[15] Кээ бири:
– Бул жиндерди алардын башчысы –
Бээлзебулдун † күчү менен кубалап жатат, – дешти.
[16] Кээ бири сынап, асмандан кереметтүү жышаан
көрсөтүүсүн талап кылышты. [17] Мындай ойлорун
билген Ыйса аларга айтты:
– Ичинен бөлүнүп-жарылган мамлекет кыйрайт,
ыркы кеткен үй-бүлө соо калбайт. [18] Эгер шайтан да
өзүнө өзү каршы чыгып, ичинен бөлүнүп-жарылса,
анын падышачылыгы кантип соо калат? А силер
болсо «Бээлзебулдун күчү менен жиндерди кубалап
жатат» дейсиңер. [19] Эгер Мен Бээлзебулдун күчү
менен кубалап жатсам, анда өзүңөрдүн
адамдарыңар кимдин күчү менен кубалап
жатышат? Ушул себептен алар силерге сот
болушуп, катаңарды ашкерелешет. [20] Эгерде Мен
жиндерди Кудайдын кудурети менен кубалап
жаткан болсом, демек, силерге Кудайдын
Падышачылыгы жетти. [21] Эгерде күчтүү адам курал-
жарак алып, үйүн кайтарып турса, анда анын мүлкү
коопсуздукта болот. [22] Бирок андан ашкан күчтүү
бирөө кол салып, жеңип алса, анда анын ишенген
куралын тартып алып, колуна түшкөн олжону
таратып жиберет. [23] Ким Мен тарапта болбосо, ал
Мага каршы. Ким Мени менен бирге жыйнабаса, ал
чачат.

### Кайра келген жиндер

[24] Адамдан чыккандан кийин, кара күч эс ала
турган жай издеп, суусуз жерлерди кезет. Таба
албаган соң: «Кой, чыккан үйүмө барайын», – дейт.
[25] Келип, өзүнүн чыккан жеринин шыпырылып,
тазаланганын көрөт да, [26] кайра барып, өзүнөн да
жаман жети жинди ээрчитип келет. Анан баягы
адамга кайра кирип, жашай баштайт. Ошондо бул
адамга мурдагыдан да оор болот.

### Ким бактылуу?

[27] Ыйса сүйлөп жатканда, эл арасынан бир аял
мындай деп кыйкырып жиберди:
– Сени курсагына көтөрүп, эмчегин эмизген эне
кандай бактылуу!
– [28] Кудай сөзүн угуп, аткаргандар андан да
бактылуу, – деди Ыйса.

### Жышаан көргүсү келгендер

[29] Туш-туштан адамдар келип, жыйылган эл
көбөйгөндө, Ыйса сөзүн мындай деп баштады:
– Азыркы муун – бузулган муун, ал кереметтүү
жышаан көргүсү келет. Бирок Жунус пайгамбардын
окуясындагы жышаандан башка жышаан ага
көрсөтүлбөйт. [30] Себеби Жунус Нинеби
шаарындагылар үчүн кереметтүү жышаан катары
жиберилгендей, Адам Уулу да бул муун үчүн
кереметтүү жышаан болот. [31] Түштүк †† ханышасы да
тирилип, ушул муунду айыпка жыгат, анткени ал
Сулаймандын акылман сөзүн угуп кетейин деп,
дүйнөнүн аркы четинен келген. А бул жерде болсо
Сулаймандан да улуу Бирөө турат. [32] Нинебиликтер
кыямат кайымда ушул муун менен бирге кайра
тирилип, аны айыпка жыгат, анткени алар
Жунустун сөзүн угуп, ниеттерин өзгөртүшкөн. А бул
жерде болсо Жунустан да улуу Бирөө турат.

### Дененин шамы

[33] Эч ким шамды күйгүзүп туруп, жашыруун жерге
же идиштин алдына катып койбойт. Тескерисинче,
киргендерге жарыгын чачсын деп, шамдалга коёт.
[34] Адамдын көзү – анын чырагы. Ошондуктан көзүң
тунук болсо, бүт денең да жарык болот. Эгерде
көзүң арам болсо, бүт дене-боюң караңгыда калат.
[35] Ошондуктан байка: сендеги жарык караңгы
болуп жүрбөсүн. [36] Эгерде бүт денең эч караңгысыз,
жарык болуп турса, анда сага шам жарыгын чачып
турган сыяктуу, бүтүндөй жарык болосуң.

### Сырты жалтырак, ичи калтырактар

[37] Ыйса муну айтып жатканда, фарисейлердин
бири Аны конокко чакырды. Ыйса анын үйүнө
кирип, дасторкондун жанына жамбаштап отурду.
[38] Анын тамак алдында кол жуубаганын көрүп,
фарисей таң калды. [39] Ошондо Эгебиз ага мындай
деди:
– Фарисейлер, азыр силер чыны, табагыңардын
сыртын жууйсуңар, бирок ичиңерде талоончулук
менен жамандык ашып-ташыйт. [40] Акылсыздар,
сыртын жараткан Кудай ичин да жараткан эмеспи?
[41] Андан көрө, идиштин ичиндегисин
мусапырларга бербейсиңерби, ошондо бардык
нерсеңер таза болот эле го! [42] Бирок фарисейлер,
силердин шоруңар куруйт, себеби жалбыз,
адырашман, ар кандай жашылчалардын
түшүмүнүн ондон бирин зекетке бересиңер да,
Кудайдын мээрими менен калыстыгынан четтеп
кеттиңер. Бирок бул жагына да көңүл буруп, тигил
жагын да калтырбашыңар керек болчу. [43] Эй,
фарисейлер, шоруңар куруйт. Силер синагогаларда
алдыңкы орундарда олтурганды, базарларда элдин
эпилдеп саламдашып турганын сүйөсүңөр.
[44] Шордуусуңар силер, анткени адамдар
байкашпай, үстүнөн басып жүргөн көрлөргө
окшошсуңар. ‡
[45] Ошондо дин мугалимдеринин бири:
– Устат, бул сөзүң бизге да тийип жатат, – деди.
[46] Ыйса ага мындай деди:
– Дин мугалимдери, силердин да шоруңар куруйт.
Силер оор, адам чыдагыс диний эрежелерди

†

†† ‡

башкалардын жонуна артып, аларды көтөрүүгө
жардам иретинде чыпалагыңарды да тийгизип
койбойсуңар. 47 Силердин шоруңар куруйт, себеби
аталарыңар өлтүргөн пайгамбарларга күмбөз
куруп, 48 алардын кылгандарын туура деп эсептеп,
ал тургай ошого макул экениңерди көрсөтүп
жатасыңар. 49 Ошондон улам Кудай Өзүнүн
даанышмандыгы менен: «Мен аларга
пайгамбарлар менен элчилерди жиберем, бирок
алардын кээсин өлтүрүп, кээсин сары изине чөп
салып, кубалашат» деген. 50 Ошону менен дүйнө
жаратылгандан бери – 51 Абылдан † тартып,
курмандык жай менен эң ыйык жайдын ортосунда
өлтүрүлгөн Закирге чейинкилердин баарынын
каны ушул муундан талап кылынат. 52 Дин
мугалимдери, силердин шоруңар куруйт! Силер
билимдин ачкычын колуңарга алып алып, өзүңөр
да кирбей, кирейин дегендерге да бут тосуп
келгенсиңер.
53 –54 Ыйса сүйлөп бүтүп, үйдөн чыкканы
жатканда, дин мугалимдери менен фарисейлер
ичинен жаман ойлошуп, сөзүнөн кыйкым издеп,
суроолорду жаадырышты.

### Кудайды урматтагыла жана чындыкты коркпой, ачык айткыла

12 Ушул арада миңдеген киши жыйылып, алар
бири бирин кыса баштады. Ошондо Ыйса
адегенде шакирттерине кайрылып, мындай деди:
– Фарисейлердин ачыткысы – эки жүздүүлүктөн
алыс болгула. 2 Сыртка чыкпас сыр болбойт, ачыкка
чыкпас жашыруун иш болбойт. 3 Ошондуктан
караңгыда айткан сөзүңөрдү жарыкта угушат,
үйдүн ичинде кулакка шыбырап айткан сөзүңөр
үйдүн төбөсүнөн жар салынат. 4 Досторум, силерге
айтам: денени өлтүрүп, андан кийин башка эч
нерсе кыла албаган адамдардан коркпогула.
5 Кимден коркуш керектигин айтып коёюн:
өлтүргөндөн кийин тозокко түшүрүүгө кудурети
бар Кудайдан корккула! 6 Беш чымчык бир аз эле
тыйынга сатылат эмеспи. Бирок алардын бирин да
Кудай унутта калтырбайт. 7 А силердин болсо
башыңардагы чачыңар да эсептелүү. Ошондуктан
коркпогула, силер чымчыктардан алда канча
кымбатсыңар. 8 Силерге айтып коёюн: ким Мени эл
алдында ачык тааныса, Адам Уулу да Кудай
периштелеринин алдында аны ачык тааныйт.
9 Мени эл алдында четке какканды Мен да Кудай
периштелеринин алдында четке кагам. 10 Адам
Уулуна каршы сөз айткан адам кечирилет, бирок
кимде-ким Ыйык Рухка акарат айтса, кечирилбейт.
11 Силерди синагогадагы элдин, башчылардын,
бийлик башындагылардын алдына алып
барышканда, кантип же эмне деп актанышты же
эмнени айтышты ойлоп, түйшүк тартпагыла.
12 Эмне дешти Ыйык Рух ошол саатта силерге
үйрөтөт.

### Дүнүйөкорлуктан алыс болуу жөнүндө ибарат

13 Эл арасынан бирөө:
– Устат, агама айтып коюңузчу, мурасты мени
менен бөлүшсүн, – деп кайрылды.
14 Ыйса ал кишиге:
– Ким Мени силерге сот же бөлүштүргүч болуп
берсин деди эле? – деди. – 15 Анан элге кайрылып: –
Этият болгула, ар кандай дүнүйөкорлуктан алыс
болгула, анткени адам өмүрү анын мал-мүлкүнүн
көптүгүнө байланыштуу эмес, – деди.
16 Ошондон кийин Ыйса аларга мындай ибаратты
айтып берди:
– Бир байдын эгин талаасы жакшы түшүм берет.
17 Бай ичинен ойлонот: «Эмне кылсам? Эгин жыяр
жайым жок. 18 Кой, минтейин: кампаларымды
бузайын да, кайра чоңураак кылып салып, бардык
эгиним менен мал-мүлкүмдү ошо жерге коёюн.
19 Анан өз жаныма айтам: жаным, көп жылдарга
жете турган байлыгың жатат. Эми эс ал, ич, же,
шапар тээп шаттан». 20 Бирок Кудай ага: «Эй
акылсыз, бүгүн түнү жаныңды алганы келишет.
Жыйган-тергениң кимге калат?» – дейт. 21 Керт
башы үчүн байлык топтоп, Кудайды эсине албаган
адам ушундай болот.

### Көр оокаттан өйдө болуп, Кудайга ишенгиле

– 22 Ошондуктан силерге айтып коёюн, – деди
Ыйса шакирттерине карап, – «Эмне жейбиз» деп
жаныңарды ойлоп, «эмне кийебиз» деп денеңерди
ойлоп, түйшүк тартпагыла! 23 Тамактан жан,
кийимден дене артык да. 24 Каргаларды
карагылачы, алар эгишпейт да орушпайт,
кырмандары да, кампалары да жок. Аларды Кудай
азыктандырып турат. Ал эми алардан силердин
айырмаңар кандай чоң. 25 Кимиңер түйшүктөнүп,
өзүнө бир карыш бой кошо алат? 26 Эгерде ушундай
жарыбаган нерсе колуңардан келбесе, башкаларды
ойлоп, куру убара тартуунун эмне кереги бар?
27 Кызгалдактардын өскөнүн карагылачы, алар
эмгектенишпейт, жип да ийришпейт. Бирок
силерге айтып коёюн: Сулайман падыша атак-
даңкы чыгып турганда да алардын эч бириндей
кийинген эмес. 28 Эгерде бүгүн талаада өсүп, эртең
мешке жагыла турган чөптү Кудай ушундай
кийиндирсе, силерди андан артык кийиндирбейби,
эй, ишеними аздар! 29 Ошондуктан не жеп, не
ичебиз деп кабатыр болбогула! 30 Дүйнөдөгү
элдердин эси-дарты ушуларда, бирок силердин
Атаңар буларга муктаж экениңерди билет. 31 Андан
көрө, Кудай Падышачылыгы жөнүндө ойлогула,
ошондо калганы силерге кошулуп берет.

### Чыныгы байлык асманда

32 Коркпогун, кичинекей кой короо! Атаңар
падышачылыгын силерге мурас кылууну ылайык
көрдү. 33 Мал-мүлкүңөрдү сатып, кайыр бергиле!

†

Эскирбес, көөнөрбөс байлыктарды көккө
жыйнагыла. Ал жакка ууру да жакындай албайт,
күбө да жей албайт. 34 Анткени байлыгың каерде
болсо, эси-дартың да ошерде болот.

### Ыйсанын кайтып келишине даяр болгула!

35 Ар дайым белиңер буулуу, чырагыңар жагылуу
болсун! 36 Үйлөнүү тоюнан кайта турган ээсин күтүп,
каалганы кагылар замат ачууга даяр турган
адамдардай болгула. 37 Ээси келип,
кызматчыларынын уктабай күтүп турушканын
көрсө, ошол кызматчылар таалайлуу. Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: ээси аларды олтургузуп
коюп, өзү белин бууп алып, кызмат кылат. 38 Эгер
ээси түн ортосунда болобу, таң азанда болобу
келип, кулдарынын уктабай, сергек тургандарын
көрсө, анда алар таалайлуу. 39 Силер билгендей,
эгер үй ээси уурунун кайсы саатта келерин билсе,
үйүн бузуп киргүүсүнө жол бербес эле.
40 Ошондуктан силер да даяр тургула, анткени Адам
Уулу силер ойлобогон саатта келет.

### Ишенимдүү жана ишенимсиз кул

41 Ошондо Петир:
– Эгебиз, бул ибаратты бизге эле айтып
жатасыңбы же бардыгынабы? – деп сурады.
42 Ыйса мындай деп жооп берди:
– Үйдөгү кулдарына тамак-ашын убагында берип
туруш үчүн кожоюн дайындап кеткен ишеничтүү
жана акыл-эстүү башчыны элестеткиле. 43 Кожоюну
келгенде тапшырылган ишин аткарып жаткан
кызматчы бактылуу! 44 Силерге бир чындыкты
айтып коёюн: кожоюну аны бүт үй мүлкүнө башчы
кылат. 45 Эгер ошол кызматчы ичинен: «Кожоюнум
жакында келбейт», – деп, башка кулдарды уруп
сабап, жеп-ичип, масчылыкка берилсе, 46 кожоюну
ал күтпөгөн күндө, билбеген саатта келет да,
башын жара чаап, ишенимсиздер менен кошо
жазага тартат. 47 Ээсинин каалоосун билип туруп,
даярданбаган, анын каалоосун аткарбаган кул көп
таяк жейт. 48 Ал эми билбей калып, жазага татыктуу
иш кылган кул азыраак таяк жейт. Ошол сыңары,
кимге көп берилсе, ошондон көп талап этилет,
кимге көбүрөөк ишенип тапшырылса, андан
көбүрөөк суралат.

### Ыйса үчүн бөлүнүү болот

49 Мен асмандан жерге от таштоо үчүн келдим.
Ошол от тезирээк жанышын кандай каалар элем!
50 Мен өзгөчө чөмүлгүдөн † өтүшүм керек, ошол
саатым келгиче канча кыйналам. 51 Силер Мени
жер бетине тынчтык алып келди деп
ойлойсуңарбы? Жок, бөлүнүү алып келдим десем
туурараак болот. 52 Анткени мындан ары бир үй
ичинде эле беш киши өз ара бөлүнө баштащат:
үчөө экөөнө каршы, экөө үчөөнө каршы болуп,
бөлүнөт. 53 Атасы баласынан, баласы атасынан,
энеси кызынан, кызы энесинен, кайненеси
келининен, келини кайненесинен бөлүнөт.

### Өз учурунда элдеш

54 Ыйса элге мындай деди:
– Силер батыштан каптап келаткан булутту
көргөндө, «жамгыр жаайт» дейсиңер, анан
чынында эле жамгыр жаайт. 55 Түштүктөн шамал
соксо, «күн ысык болот» дейсиңер, анан чындап
эле ысык болот. 56 Эй, эки жүздүүлөр, көк менен
жердин кубулушун ажырата билесиңер, ал эми
азыркы убактын кандай экенин кантип ажырата
билбейсиңер! 57 Эмне үчүн кандай кылуу туура
экенин өзүңөр калыстык менен чечпейсиңер?
58 Доочуң менен сотко баратканыңда, жолдо андан
кутулганга тырыш. Антпесең ал сени сотко сүйрөп
келет да, сот жазалоочунун колуна өткөрөт,
жазалоочу болсо зынданга салат. 59 Айтып коёюн:
акыркы тыйыныңды бермейинче, ал жактан
чыкпайсың.

### Ниетиңерди өзгөрткүлө

13 Ушул убакта Пилат өлтүргөн галилеялыктар
тууралуу Ыйсага кабарлашты. Пилат аларды
малдарын курмандыкка чалып жаткан жеринен
өлтүрткөн эле. 2 Ыйса бул кабарды айткандарга
айтты:
– Бул адамдардын күнөөсү галилеялыктардын
баарыныкынан чоң болгондугу үчүн ушундай
балээге туш болушту деп ойлойсуңарбы? 3 Жок
дейм силерге, андай эмес. Эгерде ниетиңерди
өзгөртпөсөңөр, баарың тең ушинтип куурайсыңар.
4 Силоом мунарасы басып калып, каза тапкан он
сегиз кишинин күнөөсү Иерусалимде
жашагандардын баарыныкынан көбүрөөк болгон
деп ойлойсуңарбы? 5 Жок дейм силерге, андай
эмес. Эгерде ниетиңерди өзгөртпөсөңөр, баарың
тең ушинтип куруйсуңар.

### Ниетти өзгөртүүгө бир аз убакыт бар

6 Ушундан кийин Ыйса мындай ибаратты айтып
берди:
– Бир адамдын жүзүмзарында олтургузулган
анжир дарагы болуптур. Ошол адам жүзүмзарына
келип, анжир дарагынан жемиш издеп, таба албайт
да, 7 багбанга айтат: «Үч жылдан бери келип, мына
бул анжирден жемиш издейм, бирок таба албайм.
Ошондуктан аны кыйып сал, бекер эле жерди ээлеп
турат». 8 Багбан айтат: «Таксыр, быйыл да коё
туруңузчу. Мен тегерегин жумшартып, кык төгүп
көрөйүн. 9 Жемиш берип калар. Эгер бербесе, анда
эмки жылы кыя бериңиз».

### Бүкүр аялдын дем алыш күнү айыгышы

10 Бир дем алыш күнү Ыйса синагогалардын
биринде таалим берип калды. 11 Ал жерде жиндин

†

таасиринен улам он сегиз жылдан бери такыр
белин көтөрө албай бүкүрөйүп калган бир аял бар
эле. [12] Ыйса ошол аялды көрүп, чакырып алды да:
– Аял, дартыңдан кутул! – деп, [13] колун үстүнө
койду.
Ошол замат бели жазылып кеткен аял Кудайга
алкыш айта баштады.
[14] Муну карап турган синагога башчысы Ыйсанын
дем алыш күнү айыктырганына кыжырланып, элге:
– Иш кыла турган алты күн бар го! Айыгууга дем
алыш күнү келбестен, ошол күндөрү келгиле! –
деди.
[15] Эгебиз ага айтты:
– Эй, эки жүздүү! Өзүңөр дем алыш күнү
өгүзүңөрдү же эшегиңерди акырдан чечип алып,
сугарганы жетелеп барбайсыңарбы? [16] Ал эми он
сегиз жыл бою шайтандын байлоосунда келген
Ыбрайымдын мына бул кызын дем алыш күнү
куткарса болбойт беле?
[17] Ыйсанын бул сөзү Ага каршы болгондордун
баарын уят кылды. Турган эл Анын кылган улуу
иштеринин баарына кубанып жатышты.

### Сары кычынын даны тууралуу ибарат

[18] Ушундан соң, Ыйса мындай деди:
– Кудайдын Падышачылыгын эмнеге
салыштырсам? Аны эмнеге окшоштурсам? [19] Ал бир
адамдын өз багына эккен кипкиченекей сары
кычынын данына † окшош. Урук өнүп, чоң
өсүмдүккө айланат да, бутактарына канаттуулар уя
салат.
– [20] Кудайдын Падышалыгын эмнеге окшотсом? –
деди Ыйса сөзүн улантып, – [21] ал бир аялдын камыр
ачытыш үчүн үч чара унга салган ачыткысына
окшош, – деди.

### Бейиштин эшиги тар

[22] Ошентип, Ыйса шаар-кыштактарды аралап,
Иерусалимге баратты.
[23] Кимдир бирөө Андан:
– Таксыр, аз гана адамдар куткарылабы? – деп
сурап калды.
Ыйса ага айтты:
– [24] Кудай Падышачылыгына тар эшиктен кирүүгө
тырышкыла! Силерге айтып коёюн: көп адамдар
кирсек дешет, бирок кире алышпайт. [25] Эгер үй ээси
ордунан туруп, эшиктерин жаап алса, сыртында
каласыңар да, эшигин каккылап: «Таксыр, эшикти
ачып койчу бизге» дейсиңер. Үй ээси болсо: «Мен
силердин ким экениңерди, кайдан экениңерди
билбейм!» дейт. [26] Ошондо силер: «Сени менен бир
дасторкондо даамдаш элек го, биздин
көчөлөрүбүздө таалим берип жүрбөдүң беле!» дей
баштайсыңар. [27] Үй ээси болсо: «Силерге айтып
жатам, эй, ыймансыздар, кимсиңер, кайдансыңар,
мен билбейм, көзүмө көрүнбөй жоголгула!» дейт.
[28] Ошондо Ыбрайым, Ыскак, Жакып жана башка
бардык пайгамбарлардын Кудай
Падышачылыгында калганын көрөсүңөр, а силер
болсо сыртка кууласыңар. Анан боздоп, тишиңерди
кычыратып, ачууланасыңар. [29] Чыгыш менен
батыштан, түндүк менен түштүктөн келгендер
Кудай Падышачылыгынан орун алышат. [30] Ошондо
биринчи болуп калган акыркыларды жана акыркы
болуп калган биринчилерди көрөсүңөр.

### Ай, Иерусалим, Иерусалим!

[31] Ошол убакта фарисейлерден кимдир бирөөлөр
келип:
– Бул жерден кетип калчы, Ирод сени өлтүрөм
деп жатат, – дешти.
Ыйса аларга айтты:
– [32] Барып, ал түлкүгө айтып койгула: «Мен бүгүн,
эртең жиндерди кубалап, оорулууларды
айыктырам да, үчүнчү күнү †† ишимди аяктайм». [33] А
бирок кантсе да, Мен бүгүн, эртең жана бүрсүгүнү
сапарымды улантам, анткени пайгамбардын
Иерусалимдин сыртында өлүшү мүмкүн эмес да!
[34] Ай, Иерусалим, Иерусалим! Сен пайгамбарларды
өлтүрүп, Кудай жиберген адамдарды таш бараңга
алдың. Аттиң, балапандарын бооруна чогултуп,
канатына калкалаган тоок сымал, канча ирет сенин
элиңди чогултайын дедим, бирок силер каалаган
жоксуңар. [35] Эми мына, үйүңөр каңгырап, ээн калат.
Силерге айтып коёюн: «Эгебиздин атынан
Келатканга урмат!» деп айтар убак келгиче, Мени
көрбөйсүңөр.

### Мыйзам жана ырайым

14 Ыйса дем алыш күндөрүнүн биринде
фарисейлердин кайсы бир башчысынын
үйүнө конокко келди. Фарисейлер Ыйсанын
артынан акырын байкап турушту. [2] Ошол убакта
денесине сары суу толуп, шишик басып ооруган
бир адам Ыйсанын алдына келди. [3] Ошондо Ыйса
фарисейлер менен мыйзамчылардан:
– Дем алыш күнү дарылоого болобу? – деп
сурады.
[4] Тигилер унчугушкан жок. Ыйса оорулууга колун
тийгизип, айыктырды да үйүнө жиберди [5] анан
тигилерге:
– Араңардан кимиңер баласы же өгүзү чуңкурга
түшүп калса, ал дем алыш күнү экенине карабай
дароо сууруп чыгарбайт? – деген суроо берди.
[6] Алар болсо бул суроого жооп бере алышпады.

### Төрөпейилдик жана кичипейилдик

[7] Конокко чакырылгандар орун тандап, төргө өтүп
жатышты. Муну байкаган Ыйса ибарат менен
мындай деди:
– [8] Бирөө сени тойго чакырса, төргө жулунба.
Коноктордун бири сенден сыйлуураак болуп

†

††

калып, 9 экөөңдү тең чакырган адам жаныңа келип:
«Бу кишиге ордуңду бер» деп калбасын. Ошондо
уят болуп, улагага өтүп барып олтурганга туура
келет. 10 Конокко келгениңде, төмөн жакка олтуруп
жүр. Сени чакырган киши басып келип: «Досум,
төргө өт» дегенде, жаныңдагылардын алдында
мартабаң арта түшөт. 11 Анткени ким өзүн өзү
көтөрсө, кемсинтилет, ал эми ким өзүн төмөн
кармаса, көтөрүлөт.

### Сыйлыкты Кудайдан күт

12 Ошондон кийин чакырган адамга Ыйса айтты:
– Түштө же кечинде тамак жасап, конок чакыра
турган болсоң досторуңду, тууган-
туушкандарыңды, бай кошуналарыңды чакырба.
Анткени алар кайра өзүңдү чакырып, бергениңди
кайтарышат. 13 Ошондуктан жакыр, майып, чолок,
сокурларды чакыр. 14 Алар сага кайра кайтарганга
эч нерсеси болбогондуктан бактылуу болосуң.
Анткени кыяматта, адилеттүүлөр тирилген кезде,
тиешеңди аласың.

### Чакырылгандар жана тандалгандар

15 Ыйса менен дасторкондун жанында жамбаштап
жаткандардын бири Ага:
– Кудай Падышачылыгынан даам сыза турган
адам таалайлуу! – деди.
16 Ыйса ага мындай деди:
– Бир киши чоң той тамагын берип, көп
адамдарды чакырат. 17 Тамактанар маал келгенде,
чакырылгандарга кулун жөнөтүп: «Келгиле, баары
даяр болду» деп айттыртат. 18 Ошондо баары
сүйлөшүп алгандай кечирим сурай баштайт экен:
«Жер сатып алдым эле, барып көрүп келбесем
болбойт, мени кечирип кой», – дейт биринчиси.
19 Экинчиси: «Беш жуп өгүз сатып алдым эле,
ошолорду сынап көргөнү баратам, мени кечирип
кой», – дейт. 20 Үчүнчүсү болсо: «Мен аял алдым,
ошондуктан бара албайм», – дейт. 21 Кул ээсине
кайра келип, баарын айтып берет. Ошондо үй ээси
каарданып, кулуна: «Тез бар да, шаардын аянттары
менен көчөлөрүн кыдырып, жакыр, майып, сокур,
чолокторду алып кел бул жакка!» – дейт. 22 Кийин
кул ээсине келип: «Таксыр, буйругуңду аткардым,
бирок дагы бош орундар бар!» – дейт. 23 «Жолдорго
чык да, чарбактарды, кашааларды аралап өтүп,
адамдарды келүүгө мажбур кыл, үйүмдүн ичи
толсун!» – дейт ээси. 24 Силерге айтып коёюн:
жанагы чакырылгандардан эч кимиси менин
тамагымдан экинчи ооз тийишпейт!

### Ким Ыйсанын шакирти боло алат?

25 Жолдо Ыйсаны көп эл ээрчип келе жатты. Ыйса
аларга кайрылып мындай деди:
– 26 Ким Мага келип, бирок ата-энесин, үй-
бүлөсүн, бала-чакасын, тууган-туушкандарын,
атүгүл өз өмүрүн Менден артык көрсө, ал Менин
шакиртим боло албайт. 27 Мени өзүнүн айкаш
жыгачын көтөрбөстөн † ээрчиген адам да Менин
шакиртим боло албайт. 28 Араңардан бирөө мунара
кургусу келсе, анда ал адегенде отура калып,
сарптала турган чыгымды эсептебей, аягына
чыгарганга каражаты бар-жогун калчабай туруп,
ишке киришеби? 29 Пайдубалын куярын куюп алып,
калганын бүтүрө албаса, айланадагылар: 30 «Бул
кайран баштаарын баштап алып, аягына чыккан
жок!» – деп шылдыңдашпайбы.
31 Же бир падыша башка бир падышага каршы
согушка аттана турган болсо, келе жаткан
каршылашынын жыйырма миң аскерине өзүнүн он
миңи менен туруштук бере алабы же жокпу –
олтура калып, акылдашпайбы? 32 Туруштук бере
албаса, каршылашы тээ алыста экенинде эле ага
элчи жиберип, жансоога сурайт.
33 Ушул сыяктуу эле араңардан кимиңер болбосун
колунда болгондун баарынан баш тартпаса, Менин
шакиртим боло албайт.
34 Туз – жакшы нерсе, бирок ал даамын жоготуп
койсо, кайра калыбына келтирүүгө болобу?
35 Болбойт, анткени ал кыртышка да, кыкка да
жарабай калат. Ошондуктан аны ыргытып
жиберишет. Уга турган кулагы барлар уксун!

### Күнөөкөр ниетин өзгөртсө, көктөгүлөр кубанат

15 Бир күнү көптөгөн салыкчылар менен ар
кандай күнөөкөр адамдар Ыйсанын жанына
Анын сөзүн укканы келишти. 2 Ошон үчүн
фарисейлер менен дин мугалимдери: «Ал
күнөөкөрлөрдү кабыл алып, алар менен бир
дасторкондон тамак жейт экен!» – дешип, нааразы
болушту. 3 Ыйса аларга мындай ибаратты айтып
берди:
– 4 Эгер араңардагы жүз кою бар бирөөнүн бир
кою жоголуп кетсе, ал токсон тогузун ээн талаага
таштап, жоголуп кеткенин тапкыча кыдырып
издебейби? 5 Таап алган соң, кубанычы койнуна
батпай, койду ийнине артып, 6 үйүнө келет да,
жоро-жолдошторун, коңшу-колоңун чакырып:
«Жоголгон коюмду таптым, кубанчыма ортоктош
болгула!» – дейт. 7 Силерге айтып коёюн: ниетти
өзгөртүүнүн кажети жок деп, өздөрүн такыбаа
санаган токсон тогуз адамдан көрө, ниетин
өзгөрткөн бир күнөөкөр үчүн көктөгүлөр көбүрөөк
кубанышат.
8 Же болбосо, он күмүш теңгеси бар аял
теңгелеринин бирин жоготуп алса, шамдарын
күйгүзүп, үйүн шыпырып-сыйрып, тапмайынча
кылдаттык менен издебейби? 9 Тапкан соң, курбу-
курдаштары, коңшу-колоңдорун чакырып алып:
«Жоготкон теңгемди таптым, кубанчыма ортоктош
болгула!» – дейт. 10 Ошондуктан силерге айтам: бир
күнөөкөр ниетин өзгөртсө, Кудайдын периштелери
зор кубанычка бөлөнүшөт.

---

†

### Адашкан уул

11 Ыйса дагы мындай деди:
– Бир адамдын эки уулу болуптур. 12 Бир күнү
кенже уулу: «Ата, менин энчимди бериңиз!» – дейт.
Ошондо атасы бар дүнүйөсүн балдарына бөлүп
берет. 13 Көп өтпөй кенжеси өзүнө бөлүнгөн
энчинин баарын алып, алыс жерге кетип калат. Ал
жерден өз билгениндей жашап, колундагы
дүнүйөсүн чачып жок кылат. 14 Ошол кезде ал
жерде катуу ачарчылык болуп, бул бала да ач-
жылаңач калат. 15 Анан ошол өлкөнүн бир
тургунуна барып, жалчы болуп орношот. Жалдап
алган киши аны талаага жиберип, чочколорун
кайтартып коёт. 16 Ал бала чочколор жеген кабык
менен курсагын тойгузууга зар болчу экен, бирок
аны да ага эч ким ыраа көрбөптүр. 17 Бир күнү ал
эсине келип, минтип ойлонот: «Атамдын
канчалаган малайлары нанды кенен жеп жүрүшөт,
а мен болсом бул жерде ачкадан куурап, өлө турган
болдум. 18 Кой, атама барайын да: "Ата, мен Кудайга
күнөөкөр болдум, сиздин алдыңызда да
айыптуумун. 19 Эми мен сиздин уулуңуз деп
аталууга да татыксызмын. Мени
жалчыларыңыздын катарына кошуп алыңызчы", –
дейин». 20 Ошентип ал атасына жөнөйт. Ал үйүнө
жете электе, тээ алыста келе жатканда эле атасы
аны көрөт. Көргөндө ичи элжиреп, алдынан чуркап
чыгып, мойнунан кучактап, бетинен өпкүлөйт.
21 Уулу болсо ага айтат: «Ата, мен Кудайга күнөөкөр
болдум, сиздин алдыңызда да айыптуумун. Эми
мен сиздин уулуңуз аталууга да татыксызмын!»
22 Бирок атасы кулдарына мындай деп буйрук
берет: «Балама тезирээк эң мыкты кийим алып
келип, үстүнө жапкыла, колуна мөөрлүү шакек
салгыла, бутуна өтүк кийгизгиле! 23 Бордолгон
ноопазды жетелеп келип, сойгула! Жеп-ичип,
тойлойлу! 24 Себеби менин бул балам өлгөн эле –
тирилди, жоголгон эле – табылды!» Анан баары
тойлой башташат.
25 Бул убакта улуу баласы талаада жүргөн. Ал
талаадан кайтып келатып, үйүнө жакындаганда ыр-
күү менен бийлеп-чордогондордун добушун
эшитет. 26 Малайлардын бирин чакырып алып:
«Эмне болуп жатат?» – деп сурайт. 27 «Иниңиз
келди. Атаңыз аны аман-эсен көргөнү үчүн
бордолгон ноопазын сойду», – деп жооп берет
малай. 28 Ошондо ал ачууланып, үйгө киргиси
келбейт. Атасы сыртка чыгып, өтүнсө да көнбөй,
ага: 29 «Канча жылдан бери кызматыңызды кылып
келатам. Бир да жолу сөзүңүздү эки кылбадым.
Бирок сиз досторум менен отуруп, көңүл ачуум
үчүн жок дегенде бир улак да берген эмес элеңиз.
30 Ал эми бузулган аялдар менен бирге сиздин
мүлкүңүздү жалмап салып келген мына бул
балаңызга бордолгон ноопазды союп бердиңиз», –
дейт. Анда атасы мындай дейт: 31 «Ээ, балам, сен ар
дайым жанымдасың да. Менин мал-мүлкүмдүн
баары сеники. 32 Бирок бүгүн кубанып, тойлош
керек. Себеби сенин бул иниң өлгөн эле – тирилди,
жоголгон эле – табылды».

### Акылдуу кул

16 Ыйса шакирттерине кайрылып мындай
деген ибарат айтып берди:
– Бир бай болуптур. Анын үй чарбасын башкарган
кызматчысы бар экен. Ага ошол кызматчысы
тууралуу: «Мүлкүңдү ысырап кылып жатат!» – деген
сөз жетет. 2 Муну укканда, ал кызматчысын
чакырып: «Эмне үчүн сен жөнүңдө ушундай сөз
жүрүп жатат? Кылган ишиңдин эсебин бер. Эми
мындан ары бул кызматта иштей албайсың!» –
дейт. Ошондо үй чарбаны башкарган кызматчы
ичинен минтип ойлонот: 3 «Эмне кылсам? Ээм
кызматтан алып жатат. Кара жумушка жокмун,
кайыр сураштан уялам. 4 Аа, кызматтан кеткен соң,
адамдар мени үйлөрүнө кабыл алышы үчүн эмне
кылуунун амалын таптым». 5 Анан ээсине карыз
болгондорду бир-бирден чакыра баштайт.
Биринчисинен сурайт: «Ээме канча карызсың?» –
6 «Жүз бочке май карызмын». «Тил катыңды ал да,
тез отура калып, элүү деп жаз». 7 Андан кийин
экинчисинен сурайт: «А сен канча карызсың?» –
«Жүз кап буудай». «Тил катыңды ал да, сексен деп
жаз». 8 Ээси кара ниет кызматчысын акыл таап
кеткени үчүн мактады. Чынында эле бул дүйнөнүн
адамдары өзүнө окшогондордун арасында
жарыктын адамдарынан † көрө тапкычыраак. 9 Мен
да силерге айтам: бул бейоопа дүйнөнүн байлыгын
пайдаланып, дос күткүлө. Ошентип, бул байлыгың
өтүп кеткенде, алар силерди бейиштен кучак
жайып тосуп алышсын.
10 Кичине иште ишенимдүү болгон киши, чоң
иште да ишенимдүү болот. Кичине иште
ишенимдүү болбогон киши, чоң иште да
ишенимдүү боло албайт. 11 Андыктан бул бейоопа
дүйнөнүн байлыгында ишенимдүү болбосоңор,
чыныгы байлыкты силерге ким ишенип тапшырат?
12 Эгерде силер башка бирөөгө караштуу байлыкта
ишенимдүү болбосоңор, өзүңөрдүкүн силерге ким
берет? 13 Эч бир кул эки кожоюнга бирдей кызмат
кыла албайт: же бирин сыйлайт да, экинчисин жек
көрөт, же бирине берилип, экинчисине көңүл кош
мамиле кылат. Ошол сыяктуу, Кудай менен акчага
бирдей кызмат кыла албайсыңар!

### Тоорат мыйзамы жана Кудай Падышачылыгы

14 Мунун баарын угуп турушкан дүнүйөкор
фарисейлер Аны шылдыңдап күлүштү. 15 Ыйса
аларга айтты:
– Силер өзүңөрдү адамдардын алдында такыбаа
көрсөткүңөр келет, бирок Кудай силердин
ниетиңерди билет. Себеп дегенде адамдар жогору
баалаган нерсе, Кудай алдында жийиркеничтүү.

---

†

16 Тоорат мыйзамы менен пайгамбарлардын доору
Жакыяга чейин созулду, андан бери Кудай
Падышачылыгы жар салынып жатат жана баары
ага өз күчү менен кирүүгө аракеттенип жатышат.
17 Бирок Тоораттын бир чекити жоголгуча, асман
менен жердин жок болуп кетиши оңой.
18 Аялын коё берип, башкага үйлөнгөн адам өзү
ойноштук кылган болот. Ошондой эле күйөөдөн
чыккан аялга үйлөнүү да ойноштук кылганга жатат.

### Тиги дүйнөдөгү бай менен кедей

19 Бир бай киши болуптур. Ал кымбат чапан
менен шайы көйнөк кийип, күндө шапар тээп
жыргачу экен. 20 –21 Ошондой эле Лазар аттуу бир
кедей болуптур. Бүткөн боюн жара баскан ал бай
жеген тамактын калдыктарына зар болуп, анын
дарбазасынын жанында жатканда, иттер келип
жараларын жалашчу экен. 22 Бир күнү бул кедей
каза болуп, периштелер аны Ыбрайым жаткан
жайга алып барып коюшат. Бай да өлүп, көргө
коюлат. 23 Тозокто кыйналып жатып, бай көзүн
ачып карап, Ыбрайымдын жанындагы Лазарды
көрөт. 24 Ошондо мындай деп жалынып жиберет:
«Ыбрайым ата, мени аяп, Лазарды жиберип
коюңузчу, колунун учун сууга малып, тилиме
тамызып койсун, мына бул от-жалындан катуу
кыйналып жатам». 25 Бирок Ыбрайым мындай дейт:
«Эй, балам, тирүүңдө кандай жашаганыңды эстечи:
сен жыргадың, ал эми Лазар болсо куурады. Бирок
азыр ал бул жерден сооронуч тапты, а сен болсо
кыйналып жатасың. 26 Анын үстүнө бул жактан
силер жакка, силер жактан биз жакка өткүсү
келгендер өтө албас үчүн ортобузга түпсүз туңгуюк
орнотулган». 27 «Ата, андай болсо аны менин
атамдын үйүнө жиберип коюңузчу, 28 беш бир
тууганым бар эле, ошолор да бул азаптуу жайга
келбес үчүн жакшылап эскертип, күбө болуп
берсин», – деп суранат бай. 29 Ыбрайым болсо
мындай дейт: «Аларда Муса менен башка
пайгамбарлар бар эмеспи, ошолорду билишсин».
30 «Жок, Ыбрайым ата, – дейт бай, – эгер
өлгөндөрдөн бирөө аларга барса, алар ниеттерин
өзгөртүшөт». 31 Ошондо Ыбрайым айтат: «Муса
менен пайгамбарларга кулак салбаган алар
тирилип барган адамга да ишенишпейт».

### Азгырыктар

17 Ыйса шакирттерине дагы мындай деди:
– Күнөөгө батырган азгырыктар сөзсүз
келет, бирок ким аркылуу келсе, ошонун шору
куруйт. 2 Мына бул кичинекейлердин бирин
азгырып, күнөөгө батыргандан көрө, ал үчүн
мойнуна тегирмендин ташы байланып, деңизге
ыргытылганы оң болмок. 3 Ошондуктан өзүңөргө
этият болгула. Эгер боордошуң сага жамандык
кылса, зекип кой. Эгер күнөөсүн мойнуна алып,
кечирим сураса, кечир. 4 Эгер ал бир күндө жети
ирет † сага жамандык кылып, кайра жети ирет
күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сураса, кечир.

### Ишеним жөнүндө

5 Элчилери Ыйсага:
– Ишенимибизди арттырчы! – дешти.
6 Эгебиз аларга мындай жооп берди:
– Эгер сары кычынын данындай ишенимиңер бар
болсо, мына бул турган тыт дарагына: «Тамырың
менен жулун да, деңизге олтургузул!» десеңер,
тилиңерди алат эле.

### Кудайга кызмат кылуу жөнүндө

7 Ыйса дагы мындай деди:
– Араңардан бирөөнүн жер айдаган же кой
кайтарган кулу болсун дейли. Кул талаадан
келгенде, ага: «Тез келип, дасторконго өт!» дейби?
8 Тескерисинче: «Мага тамак бер! Тамактанып
бүткөнүмчө, мени тейлегин, андан кийин өзүң
тамактанарсың!» дебейби? 9 Ал буйругун аткарганы
үчүн кулуна алкыш айтмак беле? 10 Ошол сыяктуу,
силерге берилген буйруктардын баарын аткарган
соң: «Биз эч нерсеге арзыбаган кулдарбыз.
Милдетибизди гана аткардык», – дегиле.

### Пес оорусунан айыккан он киши

11 Ыйса Самария менен Галилея аймактарын
аралап өтүп, Иерусалимге жол тартты. 12 Ал бир
айылга жакындаганда, пес менен ооруган он
адамга туш болду. Алар оолак туруп алышып:
– 13 Эй, устат! Ыйса, бизге ырайым эт! – деп
кыйкырышты.
14 Ыйса аларды көрүп:
– Баргыла, денеңерди динкызматчыларга
көрсөткүлө! – деди.
Алар жолдо баратышканда, денелери пестен
айыгып калды. 15 Бирөөсү айыкканын көрүп,
Кудайды кыйкыра даңктап, кайтып келди да,
16 Ыйсанын бутуна жыгылып, алкышын жаадырды.
Бул киши самариялык болчу. 17 Ошондо Ыйса:
– Айыккандар он киши эмес беле? Калган тогузу
кайда? 18 Мынабу башка уруулуктан башкалары
Кудайга мактоо айтыш үчүн келишкен жокпу? –
деди.
19 Анан айыккан адамга кайрылып:
– Тур, бара бер, сени ишенимиң айыктырды, –
деди.

### Ыйсанын экинчи жолку келиши жөнүндө

20 Фарисейлер Кудай Падышачылыгынын качан
келишин сураганда, Ыйса мындай деп жооп берди:
21 Кудай Падышачылыгы көзгө көрүнүп келбейт.
«Бул жерде» же «тигил жерде» деп да айтууга
болбойт. Мынакей, Кудай Падышачылыгы
силердин эле араңарда.
22 Ыйса шакирттерине карап, мындай деди:

---
†

– Адам Уулу менен өткөргөн күндөрдүн бирин
көрсөк деп эңсеген кез келет, бирок көрө
албайсыңар. 23 Ошондо силерге: «Машаяк тигил
жакта» же «бул жакта» дешет. Бирок аларга
барбагыла да, ээрчибегиле. 24 Анткени Адам Уулу
Өзүнүн келер күнүндө асмандын бир четинен
экинчи четине чейин жарык кылган чагылгандай
баарына айкын көрүнөт. 25 Бирок адегенде Ал көп
азап чегип, бул урую тарабынан четке кагылышы
керек. 26 Нухтун убагында заман кандай болсо,
Адам Уулунун кайра келер алдында да ошондой
болот. 27 Топон суунун алдында да Нух кемеге
кирген күнгө чейин адамдар жешти, ичишти,
үйлөнүштү, күйөөгө чыгышты, күндөлүк турмуш
менен алек болушту. Бирок топон суу келип,
баарын басып калды. 28 Лут жашаган убакта да
ушундай болгон: баары жешкен, ичишкен, соода-
сатык жүргүзүшкөн, эгин эгишкен, үй салышкан.
29 Бирок Лут Содом шаарынан чыккан күнү
асмандан от аралаш күкүрт жаап, баарын
кыйратты. 30 Адам Уулу келген күнү да так ошондой
болот. 31 Ошол күнү ким үйдүн төбөсүндө жүрсө, үй
ичинде калган буюмдарымды алып чыгам дебесин,
ким талаада жүрсө, артына кайтпасын. 32 Луттун
аялын эстегиле! 33 Жанын сактоого аракеттенген
адам, жанынан айрылат, ким жанын Кудай үчүн
аябаса, аны сактап калат. 34 Силерге айтып коёюн:
ошол түнү бир үйдө жаткан эки адамдын бири
алынат, экинчиси калтырылат. 35 Жаргылчак тартып
олтурушкан эки аялдын бири алынат, экинчиси
калтырылат. †

37 Ошондо шакирттери Ыйсадан:

– Эгебиз, бул кай жерде болот? – деп сурашты.

– Тарп кай жерде болсо, жорулар да ошол жерге
жыйылары баарына белгилүү эмеспи, – деп жооп
берди Ыйса.

### Кудайдан сураган алат

18 Ыйса шакирттерине дайыма сыйынып,
кайгыга чөкпөө керектигин насааттап,
мындай ибаратты айтты:

– 2 Бир шаарда Кудайдан да коркпогон,
адамдардан да уялбаган казы болуптур. 3 Ошол эле
шаарда дагы бир жесир аял турчу экен. Ошол аял
казыга улам-улам келип: «Доочумдан мени коргой
көрүңүз!» – деп суранат. 4 Бирок көпкө чейин казы
аны коргогусу келбеди. Акырында ал ичинен: «Мен
Кудайдан да коркпойм, адамдардан да уялбайм.
5 Бирок мына бул жесир мага тынчтык бербей
жатканы үчүн коргоп коёюн, антпесем кайта-кайта
келе берип, тажатат», – дейт. 6 Ыймансыз казынын
айтканын көрдүңөрбү, – деди Эгебиз сөзүн аяктап
жатып. – 7 Ал эми Кудай Өзүнө күнү-түнү жалбарып
турган, Ал Өзү тандап алган пенделерин коргобой,
анан зарыктырмак беле? 8 Силерге айтып коёюн:
Кудай аларга коргоону маалкатпай жиберет. Бирок
Адам Уулу келгенде жер бетинен ишенимди табар
бекен?

### Өзүн көтөргөн басынтылат, төмөн кармаган көтөрүлөт

9 Өздөрүн такыбаа санашып, өзгөлөрдү өйдөдөн
карашкан кээ бирөөлөргө Ыйса мындай ибаратты
айтты:

– 10 Эки адам сыйынуу үчүн ийбадатканага
барышыптыр: бири фарисей, экинчиси салыкчы
экен. 11 Фарисей туруп алып, мындай деп сыйынат:
«О, Кудай! Мен башкалардай талап-тоногуч,
адамдарды какшатып жабыр тарттыргыч, нике
бузгуч же мынабу турган салыкчы сыяктуу
болбогонума шүкүр! 12 Бир жумада эки жолу орозо
кармайм, бардык кирешемдин ондон бирин сага
берем». 13 Арт жагында турган салыкчы болсо
башын көтөргөнгө да батына албай, капаланып,
көкүрөгүн койгулап: †† «Оо, Кудай, мендей
күнөөкөргө ырайым кыла көр!» – деп сыйынат.
14 Силерге айтып коёюн: фарисейден көрө, бул
киши үйүнө акталып кайтат. Анткени өзүн көтөргөн
ким болбосун басынтылат, ал эми өзүн төмөн
кармаган ар ким көтөрүлөт.

### Кудай Падышачылыгын наристедей кабыл алуу керек

15 Колун коюп, батасын берсин деп, Ыйсанын
алдына балдарды да алып келишти. Шакирттери
муну көрүп, алып келгендерди жемелеп, уруша
баштышты. 16 Бирок Ыйса балдарды жанына
чакыртып, шакирттерге айтты:

– Балдар Мага келе берсин, алардын жолун
тоспогула! Себеби Кудай Падышачылыгы
ошондойлордуку. 17 Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: Кудай Падышачылыгын баладай кабыл
албаган адам ага эч качан кире албайт, – деди.

### Бай адам

18 Башчылардын бири Ыйсадан:

– О, жакшы устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн
эмне кылышым керек? – деп сурады.

19 Ыйса ага минтип жооп берди:

– Эмне үчүн Мени жакшы деп жатасың? Бир
Кудайдан башка эч ким жакшы эмес. 20 «Ойноштук
кылба, киши өлтүрбө, уурулук кылба, жалган күбө
болбо, ата-энеңди сыйла!» ‡ деген осуяттарды
билесиң да.

– 21 Булардын баарын жаштайымдан сактап
келатам, – деди башчы.

22 Ыйса муну укканда:

– Сага дагы бир нерсе жетпейт: бар да, колуңдагы
дүнүйөңдүн баарын сатып, түшкөн акчаны бей-
бечараларга таратып бер, ошондо байлыгың көктө
болот. Анан кел да, Мени ээрчи, – деди.

†

†† ‡

[23] Ал муну укканда, катуу кайгырды. Анткени ал
абдан бай эле. [24] Ыйса анын терең кайгырганын
көрүп:
– Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши
кандай кыйын! [25] Байдын Кудай Падышачылыгына
кирүүсүнөн көрө, төөнүн ийне көзүнөн өтүшү оңой,
– деди.
[26] Муну уккандар:
– Анда түбөлүк өмүргө ким ээ боло алат? – дешти.
[27] Ыйса:
– Адамдын колунан келбеген менен, Кудайдын
колунан келет, – деди.
[28] Петир болсо:
– Мына, биз баарын таштап салып, сени ээрчип
жүрөбүз, – деди.
[29] Ыйса шакирттерине:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: Кудай
Падышачылыгы деп, үйүн, аялын, тууГандарын,
ата-энесин, балдарын таштап чыккан адам [30] бул
дүйнөдө андан да көп эсе жакшылык таап,
акыретте болсо түбөлүк өмүргө ээ болот, – деди.

## Ыйсанын Өз өлүмү тууралуу үчүнчү ирет айтышы

[31] Ыйса он эки шакиртин жанына чакырып алып,
аларга:
– Биз азыр Иерусалимди көздөй баратабыз. Ошол
жерде Адам Уулу тууралуу жазылган бардык
пайгамбарчылык сөздөр ишке ашат. [32] Аны башка
улуттагылардын колуна тапшырышат. Алар Аны
кордоп, шылдыңдашат, бетине түкүрүп, [33] сабашат,
аягында өлтүрүшөт. Бирок Ал үчүнчү күнү кайра
тирилет, – деди.
[34] Бирок шакирттери Ыйсанын айтканынан эч
нерсе түшүнүшпөдү. Бул сөздөр алар үчүн купуя
сыр эле, ошондуктан айтылган сөзгө маани
беришкен жок.

## Сокурдун айыгышы

[35] Ыйса Иерихон шаарына жакындап калганда,
жолдун четинде бир сокур кайыр тилеп олтурган
эле. [36] Алдынан топураган эл өтүп бара жатканын
угуп:
– Эмне болуп кетти? – деп сурады.
– [37] Назареттик Ыйса өтүп баратат! – дешти Ага.
[38] Ошондо сокур:
– Оо, Дөөттүн Уулу, мага ырайым кылагөр! – деп
кыйкырып жиберди.
[39] Алдыда келе жаткандар болсо:
– Унчукпа! – деп тыюу салышты.
Бирок ал:
– Оо, Дөөттүн Уулу, мага ырайым кылагөр! – деп,
мурдагыдан да катуу кыйкырды.
[40] Ошондо Ыйса токтоп, сокурду жанына алып
келүүнү буюрду. Сокур маңдайына келгенде, Ыйса
андан:
– [41] Сага эмне кылышымды каалайсың? – деп
сурады.
Ал:
– Таксыр, көзүм көрүп калса экен! – деди.
[42] Ыйса ага:
– Көзүң көрсүн, ишенимиң сени айыктырды, –
деди.
[43] Ошол замат сокурдун көзү көрүп калды. Ал
Кудайга алкышын жаадырып, Ыйсанын артынан
ээрчиди. Муну көргөн элдин баары Кудайды
даңкташты.

## Закайдын Кудай жолуна түшүшү

19 Ыйса Иерихон шаарын аралап өтүп баратты.
[2] Ошол жерде Закай аттуу киши бар эле. Ал
салыкчылардын чоңу болуп, абдан бай болчу. [3] Ал
Ыйсаны көрүүгө, ким экенин билүүгө куштар эле.
Бирок боюнун кыскалыгынан, анын үстүнө элдин
көптүгүнөн улам көрө албады. [4] Ыйсаны көрүү үчүн
алдыга жүгүрүп барып, бир тыт дарагына чыкты,
себеби Ыйса ошол жол менен өтүшү керек эле.
[5] Ыйса ошол тушка келгенде, жогору жакты карап:
– Закай, тезирээк ылдый түш! Мен бүгүн сенин
үйүңө конушум керек, – деди.
[6] Закай дароо төмөн түшүп, Ыйсаны кубаныч
менен тосуп алып, конок кылды. [7] Муну
көргөндөрдүн баары наараазы болушуп, өз ара
күңкүлдөштү:
– Ал күнөөкөрдүн үйүнө конокко барган эмнеси?!
[8] Закай болсо ордунан туруп:
– Таксыр, мүлкүмдүн теңин кедей-кембагалдарга
берем. Эгер бирөөнү алдап, акысын жеген болсом,
аны төрт эселеп кайтарып берем, – деди.
[9] Ошондо Ыйса:
– Бүгүн бул үйгө куткарылуу келди! Анткени бул
киши да Ыбрайым атанын чыныгы урпагынан
экен. [10] Адам Уулу жоголгонду издеп таап, куткаруу
үчүн келди, – деди.

## Он дилде жөнүндө ибарат

[11] Ыйса Иерусалимге жакындап калгандыктан,
Аны угуп турган калайык Кудай Падышачылыгы
келет деп ойлошчу. [12] Ыйса аларга мындай ибарат
айтты:
– Бир ак сөөк адам хандыкка шайланып келиш
үчүн алыс өлкөгө жөнөйт. [13] Кетерде өзүнүн он
кулун чакырып алып, ар бирине бирден алтын
дилде † берип: «Мен кайтып келгиче, бул акчаны
иштетип тургула!» – дейт. [14] Бирок эли аны жек
көрчү экен. Ошондуктан анын аркасынан элчи
жөнөтүшүп: «Анын бизге хан болушун
каалабайбыз», – деп айттырышат. [15] Бир күнү ошол
киши хан шайланып, кайра кайтып келет. Берген
акчаларынан кимиси кандай пайда өндүргөнүн
билиш үчүн кулдарын жанына чакыртат.
[16] Биринчиси келип: «Таксыр, сиздин акчаңыздан
он дилде пайда түшүрдүм», – дейт. [17] Хан ага:
«Азаматсың, ак ниет, ишенимдүү кулум! Кичине

†

иште ишенимдүү болдуң, эми он шаардын акими
бол», – дейт. 18 Экинчиси келип: «Таксыр, сиздин
акчаңыздан беш дилде пайда түшүрдүм», – дейт.
19 Хан ага: «Сен да беш шаарга аким бол», – дейт.
20 Үчүнчү кул келип: «Таксыр, мына дилдеңиз, мен
аны түйүнчөккө түйүп сактадым. 21 Мен сизден
корктум, анткени сиз койбогон жерден алган,
экпеген жерден оргон катаал адамсыз», – дейт.
22 Хан ага: «Эй, ыймансыз кул, сени өз оозуңдан
чыккан сөзүң менен жазалайм! Менин койбогон
жерден алып, экпеген жерден оргон катаал адам
экенимди билчү белең? 23 Анда эмне үчүн дилдемди
акча иштеткендерге берип койбодуң? Келгенимде,
кирешеси менен албайт белем», – дейт. 24 Андан
соң, жанындагыларга айтат: «Мындан дилдени
алып, он дилдеси барга бергиле!» 25 «Таксыр, анын
он дилдеси бар го», – дешти алар. 26 Анда хан:
«Силерге айтып коёюн: кимде бар болсо, ага дагы
берилет, ал эми кимде жок болсо, колундагысы да
тартылып алынат. 27 Мени өздөрүнө хан кылууну
каалабаган душмандарымды ушул жерге алып
келип, менин көзүмчө башын алгыла!» – дейт .

### Ыйсанын Иерусалимге кириши

28 Ыйса сөзүн бүтүп, Иерусалим тарапка жолун
улантты.
29 Зайтун тоосунун жанындагы Бейтфаге менен
Бейтани айылдарына жакындаганда, Ыйса эки
шакиртин жөнөтүп жатып, аларга мындай деди:
– 30 Мынабу маңдайдагы айылга баргыла. Ага
кирериңер менен эч ким мине элек такай
байланып турганын көрөсүңөр. Аны чечип алып,
жетелеп келгиле. 31 Эгер бирөө: «Муну эмне чечип
жатасыңар?» десе, «Эгебизге керек болуп жатат», –
деп жооп бергиле.
32 Шакирттер барып, Ыйсанын айтканын
табышты. 33 Алар такайды чечип жатканда, анын
ээлери: «Эшекти эмне чечип жатасыңар?» – дешти.
34 Шакирттер: «Эгебизге керек болуп жатат», – деп
жооп беришти. 35 Алар такайды Ыйсага жетелеп
келишти да, чапандарын чечип, ага жаап, Ыйсаны
мингизишти. 36 Ыйса аны минип бараткнда,
урмат-сый көрсөтүшүп, жолуна чапандарын
төшөштү. 37 Зайтун тоосунан төмөн түшө турган
жолго жеткенде, шакирттеринин баары мурда
жасаган кудуреттүү кереметтер үчүн Кудайды
кубана даңктай башташтьы:
– 38 Эгебиздин атынан келаткан Падышаны Кудай
жалгасын! † Көктө бейкуттук болсун, Кудайга урмат
болсун!
39 Ошондо эл арасындагы кээ бир фарисейлер
Ыйсага:
– Устат, шакирттериңди тыйгын! – дешти.
40 Бирок Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Силерге айтып коёюн: эгер алар унчукпай
калышса, анда таштар кыйкырып жиберишет.

### Ай, Иерусалим, Иерусалим

41 Ыйса шаарга жакындап калганда, аны карап
туруп, ыйлап жиберди да мындай деди:
– 42 Ушул күнү тынчтык үчүн эмне керек экенин,
жок дегенде, сен билсеңчи. Бирок ал азыр сенин
көзүңдөн жашыруун. 43 Башыңа каран күн түшүп,
касташкандарың айланаңды казып, туш
тарабыңдан кысымга алышат. 44 Таш-талканыңды
чыгарып, койнуңдагы балдарыңды кырышат.
Кудайдын сага келген саатын билбей калганың
үчүн сени жер менен жексен кылышат.

### Ийбадатканадагы соодагерлерди кубалап чыгуу

45 Ошондон кийин Ыйса Иерусалимдеги
ийбадаткананын короосуна кирип, андагы
соодагерлерди кууп чыга баштады. 46 Аларга:
– Ыйык Жазууда «Менин үйүм сыйына турган үй
болсун» †† деп жазылган. А силер аны
каракчылардын үңкүрүнө айлантып
жибериптирсиңер! ‡ – деди.
47 Ыйса ар күнү ийбадаткананын короосунда
таалим берип жүрдү. Ал эми эл башчылары,
жогорку динкызматчылар жана дин мугалимдери
Анын көзүн тазалоо амалын издей баштаашты,
48 бирок бул максаттарын ишке ашыра турган
жолду таба алышпады. Себеби жамы журт
Ыйсанын маңдайынан кетпей, сөзүн угушар эле.

### Ыйсанын укугу тууралуу суроо

20 Ыйса ийбадаткананын короосунда таалим
берип, Жакшы Кабарды жарыялап жүргөн
ошол күндөрдүн биринде жогорку
динкызматчылар жана дин мугалимдери эл
башчылары менен бирге келишип, 2 Ага суроо
беришти:
– Бизге айтчы, сен буларды кайсы бийлигиң
менен жасап жатасың? Мындай бийликти сага ким
берди? – дешти.
3 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Мен да сиздерге бир суроо берейин, жооп
берсеңиздер: 4 Жакыя чөмүлдүрүү расмисин
өткөрүү бийлигин кимден алды эле? Кудайданбы
же адамдарданбы?
5 Ошондо тигилер өз ара мындай деп акылдаша
кетишти:
– Эгер Кудайдан десек, анда «эмнеге ага
ишенбедиңиздер?» дейт. 6 Адамдардан десек,
элдин баары бизди ташбараңга алат, анткени алар
Жакыяны пайгамбар деп эсептешет.
7 Анан Ыйсага:
– Кимден экенин билбейбиз, – деп жооп беришти.
8 Ыйса да аларга:
– Анда Мен да силерге кайсы бийлик менен жасап
жатканымды айтпайм, – деди.

†

†† ‡

### Жүзүмзардагы ижарачылар тууралуу ибарат

9 Анан Ыйса элге кайрылып, мындай ибаратты
айтты:
– Бир киши болуптур. Ал жүзүм тигип, аны
багбандарга ижарага берип, өзү узак убакка бир
жакка кетет. 10 Жүзүм тере турган маал келгенде,
жемишинен берсин деп ижарачыларга бир кулун
жөнөтөт. Бирок ижарачылар аны сабап, куру кол
кайтарып жиберишет. 11 Ошондо жүзүмзардын ээси
дагы бир кулун жиберет. Алар аны да сабап,
кордоп, куру кол жиберишет. 12 Үчүнчүсүн
жибергенде, аны да жарадар кылып, тышка
ыргытып салышат. 13 Ошондо жүзүмзардын ээси:
«Эми эмне кылсам? Жанымдай көргөн уулумду
жиберейин. Балким, андан ийменишээр», – дейт.
14 Ижарачылар болсо уулун көргөндө, өз ара
акылдашып: «Бул мураскор, жүргүлө, өлтүрөлү,
ошондо мурасы бизге калат», – дешет да, 15 аны
жүзүмдүн сыртына алып чыгып, өлтүрүп салышат.
Эми жүзүмдүн ээси эмне кылат? 16 Келип,
ижарачыларды өлтүрүп, жүзүмдү башкаларга
берет.
Муну угуп турган эл:
– Анын бетин ары кылсын! – деп жиберишти.
17 Ыйса аларга карап:
– Ыйык Жазуулардагы: «Куруучулар жерип, четке
чыгарып койгон таш пайдубал ташы болуп калды»
† деген сөз эмнени билдирет? 18 Ким бул ташка
куласа, талкаланат, ал эми бул таш кимдин үстүнө
түшсө, анын таш-талканы чыгат, – деди.

### Салык төлөө маселеси

19 Жогорку динкызматчылар менен дин
мугалимдери бул ибараттын ал тууралуу
айтылганын түшүнүштү да, ошол эле замат
кармамак болуп, бирок элден коркушту. 20 Сөзүнөн
кыйкым таап, римдик губернатордун колуна
тапшырып, соттотуу үчүн алар Ыйсаны аңдытып,
такыбаа болумуш болуп, анткорлонушкан
тыңчыларын жиберишти. 21 Тыңчылар Ыйсага
мындай суроо узатышты:
– Устат, сиздин ак сүйлөп, туура таалим
берериңизди билебиз. Эч кимдин жүзүнө карабай,
адамдарга Кудайдын акыйкат жолун окутасыз.
22 Айтыңызчы: Рим падышасына салык төлөгөн
болобу же болбойбу?
23 Алардын арам оюн байкаган Ыйса:
– 24 Мага бир күмүш теңгени көрсөткүлөчү. Анын
бетиндеги сүрөт менен жазуу кимдики экен? –
деди.
– Падышаныкы, – дешти алар.
25 Ыйса:
– Анда падышаныкын падышага, Кудайдыкын
Кудайга бергиле! – деди.
26 Ошентип алар Аны эл алдында сөзүнөн кармай
албай, Анын жообуна таң калышып, унчуга албай
калышты.

### Өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү жөнүндө суроо

27 Ошондо өлгөндөр кайра тирилбейт деп
ишенишкен садукей тобундагы адамдар келип,
Ыйсага суроо беришти:
– 28 Устат! Муса: «Эгер бирөө дүйнөдөн тукумсуз
өтүп кетсе, анын аялын иниси алып, агасынын
тукумун уласын», †† – деп жазып кеткен. 29 Жети бир
тууган бар эле. Эң улуусу аял алып, бала көрбөй
өлдү. 30 Аялын экинчи иниси алып, ал да баласыз
өтүп кетти. 31 Анан үчүнчүсү да ошондой болду.
Ошентип жетинчисине чейин, баары ушундай каза
болушту. 32 Эң аягында аял да көз жумду. 33 Эми,
кыяматта кайра тирилишкенде, аял кимисиники
болот? Анткени баары тең ага үйлөнүп
чыгышпадыбы.
34 Ыйса аларга мындай жооп берди:
– Бул дүйнөдөгүлөр аял алышып, күйөөгө
тийишет. 35 Ал эми бейишке татыгандар кайра
тирилгенде, о дүйнөдөн аял да алышпайт, күйөөгө
да чыгышпайт. 36 Алар периштелер сыяктуу эч
качан өлбөйт, анткени кайра тирилтүүчү Кудайдын
балдары болуп калышат. 37 Ал эми өлгөндөрдүн
кайра тирилерин Муса өзү да күйүп турган бадал
жөнүндөгү аңгемеде билдирген. Ал Эгебизди
Ыбрайымдын Кудайы, Ыскактын Кудайы жана
Жакыптын Кудайы ‡ деген. 38 Демек, Кудай –
өлгөндөрдүн эмес, тирүүлөрдүн Кудайы. Анткени
Анын алдында баары тең тирүү да!
39 Ошондо дин мугалимдери:
– Устат, сиз абдан жакшы жооп бердиңиз! –
дешти.
40 Мындан соң, эч ким батынып, Ага суроо бере
албады.

### Машаяк тууралуу суроо

41 Ыйса аларга мындай деди:
– Эл эмне үчүн Машаякты Дөөттүн тукуму дешет?
42 Дөөт Забур китебинде:
«Жараткан Эге Эгеме деди мындай:
43 Кастарыңды бут алдыңа жыкканымча,
Олтура тур, сыйлуу жер – оң жагымда» ‡† – деген.
44 Демек, Дөөт өзү Машаякты Эгем деп жатса,
кандайча Ал кайра Дөөттүн тукуму болот?

### Эки жүздүү динчилдерден сактангыла

45 Элдин баары Ыйсаны угуп турганда, Ал
шакирттерине кайрылып мындай деди:
– 46 Узун чапан кийип алып жайкала басканды,
базарларда элдин эпилдеп саламдашып турганын,
синагогаларда алдыңкы орундарда, аш-тойлордо
төрдө олтурганды жакшы көргөн дин
мугалимдеринен сак болгула! 47 Жесирлердин үй-

†

†† ‡ ‡†

жайын тартып алып, атайын элге көрүнүш үчүн
узакка сыйынган ошолор. Алардын жазасы өтө оор
болот.

### Жесир аялдын зекети

21 Айлананы карап, Ыйса ийбадаткананын
зекет сала турган үкөгүнө акчаларын салып
жаткан байларды көрдү. [2] Ошондой эле колунда
жок бир жесир аялдын да эки тыйын салып
жатканын көрдү. [3] Ошондо Ыйса айтты:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: мына бул
колунда жок жесир аял баарынан көп салды!
[4] Анткени баары өздөрүнөн артканын зекетке
беришсе, бул аял өзү бечара болуп туруп, колунда
болгонун бүт салып берди, – деди.

### Акыр заман качан болот?

[5] Кимдир бирөөлөр ийбадаткана асыл таштар
менен жасалгаланып, Кудайга арналган тартуулар
менен кооздолгонун сөз кылып жатышты. Муну
уккан Ыйса аларга кайрылып:
– [6] Силер ушул имаратты көрүп турасыңарбы? Таш
үстүнө таш калбай, баары талкалана турган күндөр
келет, – деди.
[7] Алар Ыйсадан:
– Устат, бул качан болот? Ушулар ишке ашар
алдында кандай жышаан болот? – деп сурашты.
[8] Ыйса:
– Сак болгула, алданып калбагыла! Анткени көп
адамдар Менин атымды жамынып келип: «Машаяк
менмин!» жана «Акыр заман жакындады!» дешет.
Алардын артынан ээрчибегиле! [9] Жакын
жерлердеги согуштардын үнүн жана алыс
жерлердеги тартипсиздиктер тууралуу угасыңар.
Бирок коркуп, үрөйүңөр учпасын! Анткени алгач
ушулар болушу керек. Бирок булар акыр заман
жакын экенин билдирбейт, – деди.
[10] Ыйса дагы мындай деди:
– Бир эл башка элге каршы, бир мамлекет башка
мамлекетке каршы согушат. [11] Жер-жерлерде катуу
жер титиреп, ачарчылыктар, жугуштуу оорулар
болот, көктө коркунучтуу кубулуштар жана улуу
жышаандар көрүнөт. [12] Ал эми ушунун баары ишке
ашардан мурда Мага ишенгениңер үчүн силерге
зордук көрсөтүп, кодулашат, синагога сотторуна
кармап берип, абакка камап, ал тургай падышалар
менен өкүмдарлардын алдына алып барышат.
[13] Силер болсо мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Мен
тууралуу айтып бересиңер. [14] Ошондуктан өзүбүздү
кантип актайбыз деп алдыртан түйшүк тартпоону
көкүрөгүңөргө түйүп алгыла! [15] Себеби Мен силерге
кастарыңар каршы чыга да, сүйлөй да албай
тургандай чечендик менен даанышмандыкты
берем. [16] Силерди, атүгүл ата-энелериңер, бир
тууғандарыңар, жакындарыңар менен досторуңар
да кармап берип, кээ бириңерди өлтүрүшөт. [17] Мен
үчүн баарына жек көрүндү болосуңар.
[18] Бирок башыңардан бир тал чачыңар да
түшпөйт. [19] Туруктуулук менен өзүңөрдү сактап
калгыла.

### Иерусалимдин кыйрашы тууралуу алдын ала айтуу

[20] Иерусалим шаарын душмандын аскерлери
курчап алганын көргөнүңөрдө, анын каңгырап ээн
кала турган кези жакын калган экен деп билгиле.
[21] Ошондо Иудеядагылар тоолорго качсын,
Иерусалимдегилер шаардан чыгып кетишсин, ал
эми шаардын сыртындагылар ичине киришпесин!
[22] Себеби ошол убак – Кудайдын элге тиешелүү
шыбагасын бере турган убагы. Ушундайча Ыйык
Жазуудагы бул тууралуу жазылгандардын баары
жүзөгө ашыш керек. [23] Ошол күндөрү кош
бойлуулар менен бала эмизгендердин шору.
Анткени жер бетин ырайымсыз зордук-зомбулук
чулгап, бул элдин башына каардуу жаза жаайт.
[24] Алар кылычтан кырылып, колго түшүп, башка
элдиктерге туткунга кетишет. Башка элдиктер
башкарган доор бүткүчө, Иерусалим алардын
тамапына тепселет.

### Ыйсанын кайра келиши

[25] Күндө, айда, жылдыздарда алаамат
жышаандары пайда болуп, жерде деңиздер
албууттанат, элдердин үрөйү учуп, эмне кыларын
билишпейт. [26] Жер бетине келе жаткан
коркунучтарды күтүп, адамдар эстерин жоготот.
Анткени аалам күчтөрү багытынан таят. [27] Ошондо
алар улуу кудурет жана шаң-салтанат менен
булуттарды аралап келе жаткан Адам Уулун
көрүшөт. †[28] Силер бул окуялар боло баштаган
кезде, өйдө туруп, жогору жакты карагыла, себеби
ошол убакта куткарыла турган кезиңер жакындап
калат.
[29] Андан кийин Ыйса муну ибарат аркылуу
түшүндүрдү:
– Анжир дарагын жана башка дарактарды
карагылачы. [30] Жалбырактары чыга баштаганын
көрсөңөр, жай жакындап калганын билесиңер.
[31] Анын сыңары, ушул окуялардын башталганын
көргөнүңөрдө, Кудай Падышачылыгы жакын
калганын билгиле. [32] Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: мунун баары ушул муундун тушунда болуп
өтөт. [33] Асман-жер жок болот, бирок Менин
сөздөрүм кала берет.
[34] Бирок өзүңөргө сак болгула! Той-тополоңго
берилип, мас болуп, же күндөлүк тиричиликтин
түйшүгүнө кирип кетпегиле! Анткени Мен кайтып
келе турган күн капысынан келет. [35] Ошол күн жер
бетинде тургандардын баарынын башына түшкөн
тор сыяктуу күтүлбөгөн жерден карп-курп кирип
келет. [36] Ошондуктан апааттардан кутулуп, Адам
Уулунун алдында туралгыдай болуу үчүн ар качан
сергек болуп, сыйынгыла!

---

†

37 Ыйса ар күнү кечке чейин ийбадаткананын
короосунда таалим берип, кечинде шаардан
чыгып, Зайтун тоосуна барып, ошол жакта түнөп
жүрдү. 38 Таң атпай элдин баары Аны угуу үчүн
ийбадатканага келишер эле.

### Ыйсага каршы бүтүм

22 Калама майрамы жакындап калган эле. Аны
Куткарылуу майрамы деп да коюшат.
2 Жогорку динкызматчылар менен дин
мугалимдери элден корккондуктан Ыйсаны
өлтүрүүнүн тымызын жолун издешти. 3 Ошондо «он
экинин» бири – Жүйүт Искариоттун ичине шайтан
кирди. 4 Ал жогорку динкызматчыларга жана
ийбадаткана сакчыларынын башчыларына барып,
Ыйсаны аларга кантип кармап берерин сүйлөштү.
5 Алар абдан кубанып, Жүйүткө акысын төлөөгө
макул болушту. 6 Жүйүт аларга убада кылып,
Ыйсаны эл жок жерден кармап бергенге оңтойлуу
учурду издей баштады.

### Акыркы кечки тамак

7 Ошентип Калама майрамынын биринчи күнү да
келип калды. Ошол күнү бир козуну курмандыкка
чалышчу. 8 Ошондуктан Ыйса Петир менен
Жаканды жиберип:
– Барып, бизге майрам тамагын даярдагыла, –
деди.
– 9 Тамакты кай жерге даярдайлы? – деп сурашты
алар.
10 Ыйса мындай жооп берди:
– Шаарга киргениңерде, бир кумура суу көтөрүп
бараткан адам жолугат. Аны ээрчип ал кирген
11 үйдүн ээсине: устатыбыз сага жиберип,
«шакирттерим менен чогуу Куткарылуу
майрамынын тамагын жей турган бөлмө кайсы»
деп сурап жатат дегиле. 12 Ал силерге үстүнкү
кабаттагы төшөктөр салынып, конокко даярдалган
чоң бөлмөнү көргөзөт. Тамакты ошол жерге
даярдагыла.
13 Алар барышканда, баары Ыйса айткандай
болду анан майрам тамагын ошол жерге
даярдашты.
14 Кечки тамак учурунда Ыйса элчилери менен
дасторкон жанында жамбаштап жатып, 15 аларга:
– Азап чегеримдин алдында мына бул Куткарылуу
майрамынын тамагын силер менен бирге жешти
абдан эңсеген элем. 16 Силерге айтып коёюн: Кудай
Падышачылыгында куткарылуу майрамынын
чыныгы мааниси толук ачылганча, мындан ары
бул тамактан ооз тийбейм, – деди.
17 Анан чөйчөктү алып, Кудайга шүкүрчүлүк
келтирип туруп, аларга:
– Муну алып, өз ара бөлүшкүлө. 18 Силерге айтып
коёюн: мындан ары, Кудай Падышачылыгы
орногуча, эч кандай жүзүм шарабын ичпейм, –
деди.
19 Анан нанды алып, Кудайга шүкүрчүлүк
келтирип, сындырды да, шакирттерине таратып
берип жатып:
– Бул – силер үчүн берилип жаткан Менин денем.
Мени ушундай кылып эскерип жүргүлө, – деди.
20 Анан бир чөйчөктү колуна алып, мындай деди:
– Бул чөйчөк – силер үчүн төгүлчү каным менен
бекий турган силер менен Кудайдын ортосундагы
жаңы келишим. 21 Бирок Мени өз колу менен
кармап бере турган саткын Мени менен бирге
дасторкон башында отурат! 22 Анткени Адам Уулу
алдын ала белгиленген жол менен баратат, бирок
Аны сатып кеткен адамдын шору.
23 Ошондо шакирттери:
– Аны ким сатканы жүрөт? – деп бири биринен
сурай башташты.

### Ким улуу?

24 Шакирттеринин арасында кимибиз улуу болдук
экен деген талаш башталды. 25 Ыйса аларга мындай
деди:
– Дүйнөдөгү падышалар эл үстүнө үстөмдүк
кылышат, эл бийлегендер «эл камын көргөндөр»
деп аталышат. 26 Бирок силер андай болбогула.
Тескерисинче, улууңар кичүүдөй, башчыларыңар
кызматчыдай болушсун. 27 Кимиси улуу:
дасторкондун жанында жамбаштап жатканбы, же
ага кызмат кылып турганбы? Жамбаштап жатканы
улуу да, туурабы? Бирок Мен силердин араңарда
кызматчы катары кызмат кылып жүрбөймүнбү.
28 Бирок силер Менин башыма кыйынчылык
түшкөн кезде жанымда болдуңар. 29 Ошондуктан
Атам Мени падышачылык кылганга
дайындагандай, Мен да силерге бийлик берем.
30 Силер Менин падышачылыгымдагы
дасторкондон даам татасыңар да, такка олтуруп,
Ысрайылдын он эки уруусун башкарасыңар.

### Ыйса Петирдин «Аны тааныбайм» дээрин алдын ала айтат

31 Эгебиз Ыйса Ысман-Петирге:
– Ысман, Ысман! Буудайды электен өткөргөн
сыяктуу, шайтан да силерди сыноодон өткөрүүнү
талап кылды. 32 Бирок Мен сенин ишенимиң
жоголуп кетпесин деп сыйындым. Сен болсо
ишенимге кайтып келгениңде, боордошторуңдун
да ишенимин бекемде, – деди.
33 Ысман Ыйсага:
– Эгем, сени менен бирге абакка да, ажалга да
даярмын! – деди.
34 Бирок Ыйса:
– Петир, сага айтамын: ушул түнү короз
кыйкыргыча, Мени тааныбайм деп үч жолу
айтасың, – деп жооп берди.
35 Ошондон кийин Ыйса шакирттерине:

– Мен силерди капчыксыз, баштыксыз, бут
кийимсиз жөнөткөнүмдө, бир нерсеге муктаж
болдуңар беле? – деди.
Алар:
– Жок, эч нерсеге, – деп жооп беришти.
36 Ыйса аларга:
– Бирок мындан ары кимдин капчыгы болсо,
алып алсын. Кимдин баштыгы болсо, көтөрүп
алсын. Кимде канжар жок болсо, кийимин сатып
ийип, канжар сатып алсын. 37 Анткени силерге
айтып коёюн: «Аны кылмышкерлердин катарына
кошушту» † деп Ыйык Жазууда айтылган сөз Менин
өмүрүмдө аткарылышы керек. Себеби Мен
тууралуу айтылган сөздөр аткарылбай койбойт, –
деди.
Шакирттер:
– 38 Эгебиз, мына бул жерде эки канжар бар, –
дешти.
Ыйса аларга:
– Жетет, – деди.

### Гетсеман багындагы сыйынуу

39 Ыйса шаардан чыгып, адатынча Зайтун тоосуна
жөнөдү. Шакирттери Анын артынан ээрчишти.
40 Ошол жерге жеткенден кийин Ыйса аларга:
«Шайтанга азгырылбас үчүн сыйынгыла!» – деди.
41 Өзү алардан таш ыргытымдай оолагырак
барып, тизеледи да, мындай деп сыйынды:
– 42 Ата, эгер кааласаң, ушул азапты Мага
тийгизбей өткөрүп жиберчи. Бирок Менин эмес,
Сенин каалаганыңдай болсун!
43 Ошол учурда көктөн бир периште келип,
Ыйсага көрүнүп, Ага кайрат берди. 44 Ыйса ого
бетер берилип сыйынды. Анын тери кан
тамчыларындай болуп жерге тамды. 45 Ыйса
сыйынып бүтүп, ордунан турду да, шакирттеринин
жанына келип, алардын кайгыдан чарчап, уктап
калганын көрдү. 46 Ошондо аларга:
– Эмне уктап жатасыңар? Шайтанга азгырылып
кетпес үчүн сыйынгыла! – деди.

### Ыйсанын кармалышы

47 Ыйса сөзүн аяктай электе, топурап, бир топ
адамдар келди. Аларды он эки элчинин бири,
Жүйүт баштап жүрүптүр. Ал Ыйсага жакындап,
өпмөкчү болду. 48 Бирок Ыйса ага:
– Жүйүт, сен өөп туруп, Адам Уулуна кыянаттык
кыласыңбы? – деди.
49 Ыйсанын жанындагылар эми эмне боло
турганын сезишти да:
– Эгебиз, канжар менен чабышпайлыбы? – дешти.
50 Алардын бирөөсү башкы динкызматчынын
кулунун оң кулагын шылый чапты. 51 Бирок Ыйса:
– Токтоткула! – деди да, кулдун кулагына колун
тийгизип, аны калыбына келтирип, айыктырып
койду.

52 Өзүн кармоого келген жогорку
динкызматчыларга, ийбадаткана сакчыларынын
башчыларына жана эл башчыларына Ыйса
мындай деди:
– Каракчыга каршы аттангансып, кылыч, токмок
менен куралданып чыгыпсыңар. 53 Күн сайын силер
менен кошо ийбадаткананын короосунда
жүргөнүмдө, Мага кол көтөргөн жок элеңер, эми
болсо силердин мезгилиңер келип, бийлик –
караңгылыктыкы.

### Ысман Петирдин «Ыйсаны таанибайм» деп үч жолу айтышы

54 Алар Ыйсаны кармашты да, башкы
динкызматчынын үйүнө алып барышты. Ал эми
Петир артынан акмалап, ээрчип келди. 55 Сакчылар
короонун ичине от жагып, тегерете жылынып
отурушканда, Петир да алардын арасына барып
кошулду. 56 Бир малай аял оттун жарыгынан анын
отурганын көрө койду да, тигиле карап:
– Бул да ошолор менен бирге жүргөн болчу, –
деди.
57 Петир ага:
– Ай, аял, койсоңчу, мен аны таанибайм, – деп
мойнуна албады.
58 Көп өтпөй дагы бирөө аны көрө коюп:
– Сен да ошолордун бирисиң, – деди.
Бирок Петир ал кишиге да:
– Эй, койсоңчу, мен алардан эмесмин, – деди.
59 Бир сааттай убакыт өткөн соң, дагы бирөө:
– Чынында эле, бул да анын жанында жүргөн, өзү
да галилеялык экен, – деп баса айтты.
60 Бирок Петир ошол адамга:
– Эй, сен эмне деп жатканыңды түшүнбөдүм?! –
деди.
Ал сүйлөп бүтө электе короз кыйкырды. 61 Эгебиз
бурулуп, Петирди карады. Ошондо Петир
Эгебиздин: «Ушул түнү короз кыйкыргыча, Мени
таанибайм деп үч жолу айтасың» деген сөзүн
эстеди да, 62 сыртка чыгып, өксүп ыйлады.

### Жогорку кеңештин алдында

63 Ыйсаны кармап турган кишилер Аны сабап,
кордук көрсөтүштү. 64 Анын башын таңып туруп,
уруп:
– Кана, пайгамбарчылык кылып, сени ким
урганын айтып берчи! – деп мазакташты.
65 Алар Аны дагы башка көптөгөн жаман сөздөр
менен кордошту.
66 Таң атканда, эл башчылары, жогорку
динкызматчылар жана дин мугалимдери
жыйналышып, Ыйсаны өздөрүнүн жогорку
кеңешке алып келишти.
– 67 Эгер сен Машаяк болсоң, бизге айтчы! –
дешти алар Ыйсаны суракка алып.
Ыйса аларга:

†

– Силерге айтсам, ишенбейсиңер! 68 Суроо
берсем, жооп бербейсиңер! 69 Бирок ушул кезден
баштап Адам Уулу кудуреттүү Кудайдын оң
жагында олтура турган болот, † – деди.
70 Ошондо бардыгы:
– Демек, сен Кудайдын Уулу экенсиң да? – дешти.
Ыйса аларга:
– Дал ошонун Өзү экенимди өзүңөр айтып
турасыңар, – деп жооп берди.
71 Андан кийин муну уккан алар:
– Бизге башка далилдин кереги жок! Биз муну
анын өз оозунан уктук! – дешти.

### Ыйса Пилаттын алдында

23 Чогулгандардын баары ордуларынан туруп,
Ыйсаны Пилатка алып барышты да,
2 айыптай башташты:
– Биз мына бул кишинин элибизди бузуп
жүргөнүн жана Рим падышасына салык төлөөгө
каршы чыкканын аныктадык. Ал өзүн Машаякмын,
мындайча айтканда, Падышамын деп жүрөт, –
дешти.
3 Ошондо Пилат Ыйсадан:
– Иудейлердин падышасы сенсиңби? – деп
сурады.
Ыйса:
– Өзүңүз айтып турасыз, – деп жооп берди.
4 Пилат жогорку динкызматчылар менен
жыйылган элге кайрылып:
– Мен бул адамдан эч бир күнөө таппай турам, –
деди.
5 Бирок алар ого бетер күчөшүп:
– Бул киши Галилеядан баштап, ушул жерге чейин
бүткүл Иудеяга өз таалимин таратып, элди
ээликтирип жүрөт, – дешти.
6 Пилат Галилея тууралуу укканда:
– Бул киши галилеялыкпы? – деп сурады.
7 Ыйсанын Ирод бийлеген аймактан экенин
билген соң, Пилат Ыйсаны ошол майрам күндөрү
Иерусалимде жүргөн Иродго жөнөттү.

### Ыйса Ироддун алдында

8 Ирод Ыйсаны көргөнүнө аябагандай кубанды,
себеби Ал жөнүндө кабардар болуп, Андан бир
керемет көрсөм деп, көптөн бери көксөп жүргөн
эле. 9 Ирод Ыйсага көп суроо берди, бирок Ыйса
алардын бирине да жооп берген жок. 10 Ошол
жерде турушкан жогорку динкызматчылар менен
дин мугалимдери болсо Ыйсаны күчүнүн барынча
каралап жатышты. 11 Ошондо Ирод да жоокерлери
менен бирге Ыйсаны кордоп, мазактады да, үстүнө
падыша чапанын жаап, кайра Пилатка жиберди.
12 Ушул кезге чейин касташып келген Пилат менен
Ирод ошол күнү дос боло калышты.

### Ыйсаны өлүмгө кыюу

13 Пилат жогорку динкызматчыларды, уруу
башчыларын жана элди чакыртып алып, 14 мындай
деди:
– Мына бул адамды элди бузуп жүрөт деп, мага
алып келдиңиздер. Мына, мен аны өзүңүздөрдүн
көз алдыңыздарда суракка алып, бул адамдан
силер айыптагандай эч бир күнөө таппадым.
15 Ирод да ошентти, анткени мен бул адамды ага
жөнөткөн элем. Демек, ал өлүм жазасына тартыла
тургандай эч кандай кылмыш кылган жок.
16 Ошондуктан аны сабатып туруп, бошотуп
жиберем, – деди. ††
18 Бирок чогулган элдин баары:
– Өлтүр аны! Бизге Бараббаны бошотуп бер! – деп
чуулдашты.
19 Барабба болсо шаарда көтөрүлүш чыгарып,
киши өлтүргөндүгү үчүн түрмөгө камалган эле.
20 Пилат Ыйсаны коё бермекчи болуп, кайрадан
элге кайрылды. 21 Бирок алар:
– Аны айкаш жыгачка кер! Аны айкаш жыгачка
керип сал! – деп чуу салышты.
22 Пилат алардан:
– Бул киши кандай жамандык кылды? – деп
үчүнчү жолу сурап, – мен андан өлүм жазасына
тарта тургандай эч айып таппай турам.
Ошондуктан сабатып туруп, бошотуп жиберейин, –
деди.
23 Бирок алар бир оздон:
– Аны айкаш жыгачка керип сал! – деп кыйкыра
беришти.
Акыры эл менен башкы диний кызматчылардын
кыйкырыктары үстөмдүк кылып, 24 Пилат алардын
талабына көнүүгө аргасыз болду. 25 Көтөрүлүш
чыгарганы жана киши өлтүргөнү үчүн түрмөгө
камалган адамды алардын суранычы боюнча
бошотуп жиберди, ал эми Ыйсаны алардын
ыктыярына тапшырды.

### Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы

26 Жоокерлер Ыйсаны жазалай турган жерге алып
бара жатышканда, айылдан шаарга келе жаткан
Ысман аттуу киринеялыкты кармап алышып, ага
айкаш жыгачты артып, Ыйсанын аркасынан
көтөртүп коюшту.
27 Ыйсаны өтө көп эл ээрчип келе жатты. Көптөгөн
аялдар боздоп, ыйлап баратышты. 28 Ыйса аларга
кайрылып, мындай деди:
– Оо, Иерусалим аялдары! Мен үчүн ыйлабагыла,
өзүңөр үчүн жана балдарыңар үчүн ыйлагыла!
29 Себеби «Согончогу канабаган, бала төрөбөгөн,
эмчек эмизбеген аялдар бактылуу!» дей турган,
азаптуу күндөр келет. 30 Ошол убакта адамдар
тоолорго: «Үстүбүзгө кулагыла!» дөбөлөргө: «Бизди
көөмп калгыла!» ‡ деп айта турган болушат. 31 Эгер

†

†† ‡

жашыл даракты ушундай кылып жатышса, анда
кууранган жыгачка эмне болот?
32 Жоокерлер Ыйса менен бирге эки
кылмышкерди да өлтүрүүгө алып баратышты.
33 Алар «Баш сөөк жайы» деген жерге келишкенде,
Ыйса менен кошо кылмышкерлерди да, бирин оң
жагына, бирин сол жагына айкаш жыгачтарга
кадап салышты. 34 Ыйса:
– Оо, Ата, буларды кечирегөр! Алар эмне кылып
жатышканын өздөрү билишпейт, – деди.
Жоокерлер чүчү кулак кармашып, Ыйсанын
кийимдерин өз ара бөлүп алышты. 35 Эл муну карап
турду. Башчылар да Ыйсаны мазакташып:
– Ал башкаларды куткарчу эле. Эгер чын эле ал
Кудай тандаган Машаяк болсо, эми өзүн куткарып
көрсүнчү! – дешти.
36 Жоокерлер да алдына келип, Ага кычкыл
ичимдик сунушуп:
– 37 Эй, иудейлердин падышасы болсоң, өзүңдү
куткарбайсыңбы, – деп Аны кордошту.
38 Жыгачтын өйдө жагында «Бул – иудейлердин
падышасы» деп грек, латын жана эврей
тилдеринде жазылган такта кагылуу эле.
39 Ыйсанын жанына жыгачтарга кагылган эки
кылмышкердин бири Аны мазактай:
– Сен Машаяк эмессиңби? Кана, өзүңдү да, бизди
да куткарбайсыңбы! – деди.
40 Экинчиси, тескерисинче, аны тыйып:
– Кудайдан коркпойсуңбу? Өзүң да бул жазага
тартылдың го. 41 Биз го кылган иштерибизге
жараша тийиштүү жазабызды алдык. Бул болсо эч
жамандык кылган жок, – деди.
42 Ошондон кийин Эгебизге:
– Ыйса, падышачылыгыңа келгенде, мени эстей
көр, – деди.
43 Ыйса:
– Сага бир чындыкты айтып коёюн: бүгүн сен
Мени менен бирге бейиште болосуң! – деди.

### Ыйсанын өлүмү

44 Түшкү саат он экилерде күн тутулуп, бүт жерди
караңгылык басып, ал саат үчкө чейин созулду.
Ийбадатканадагы көшөгө тең ортосунан айрылып,
экиге бөлүндү. 46 Ыйса бар үнү менен:
– Ата, жанымды Сенин колуңа тапшырып жатам! †
– деп кыйкырды. – Ушундай деп, Ал акыркы демин
чыгарды.
47 Ушул окуяларды көрүп турган римдик жүз
башы:
– Бул адам, чынында эле, ак экен! – деп, Кудайды
даңктады.
48 Кызык көргөнү чогулуп, бул окуяга күбө болгон
эл көкүрөгүн койгулап, катуу кайгырып, шаарга
кайтышты. 49 Ал эми Ыйсаны тааныгандардын
бардыгы жана Галилеядан бери ээрчип келген
аялдар ушунун баарын алыстан карап турушту.

†

### Ыйсанын көргө коюлушу

50 Жогорку кеңештин Жусуп аттуу мүчөсү бар эле.
Ал Иудеядагы Ариматия шаарынан чыккан, ак
пейил, адил адам болчу. 51 Ал иудей
жетекчилеринин чечими менен ишине макул
болбогон, Кудай Падышачылыгын күтүп жүргөн
киши боло турган. 52 Эми ал Пилатка барып,
Ыйсанын сөөгүн сурап алды. 53 Аны жыгачтан
түшүрүп алып, ак кепинге ороду. Аска ташты оюп
жасалган, али эч ким коюлбаган бир көргө алып
барды. 54 Бул иш даярдануу күнү кечинде, дем
алыш күнү жаңы башталган маалда болду. 55 Ыйса
менен бирге Галилеядан келген аялдар Жусупту
ээрчип келишип, көрдү да, анын ичине сөөктүн
кандай коюлганын да көрүштү. 56 Алар шаарга
кайтышып, атыр менен жыттуу май камдашты.
Дем алыш күнү болсо Тоорат мыйзамына ылайык
эч иш кылбай, эс алышты.

### Ыйсанын тирилиши

24 Жуманын биринчи күнү таң азанда алиги
аялдар даярдап коюшкан атыр менен жыттуу
майларды алышып, көргө келишти. 2 Келгенде,
көрдүн оозун бекиткен таштын ордунан
жылдырылып, алынып салынганын көрүштү. 3 Алар
ичине кирип, Эгебиз Ыйсанын сөөгүн табышпады.
4 Эмне болгонун түшүнбөй аң-таң болуп
турушканда, жаркыраган кийимчен эки киши
пайда болду. 5 Аялдар катуу коркуп, баштарын
жерден ала албай турушканда, беркилер мындай
дешти:
– Эмнеге тирүүнү өлүктөрдүн арасынан издеп
жүрөсүңөр? 6 Ал тирилип кетти, бул жерде жок! Ал
мурда, Галилеяда жүргөнүндө айткан сөздөрүн
эсиңерге түшүргүлө. 7 Силерге: «Адам Уулун
күнөөкөр адамдардын колуна кармап беришет,
Аны айкаш жыгачка керишет, үчүнчү күнү болсо Ал
кайрадан тирилет», – дебеди беле.
8 Ошондо аялдар Ыйсанын бул сөздөрүн эстешти.
9 Мүрзөдөн кайтып келип, бул тууралуу он бир
шакиртке жана башкалардын баарына
кабарлашты. 10 Элчилерге бул кабарды
жеткизгендер – магдалалык Мариям, Жахана,
Жакыптын энеси Мариям жана башка аялдар эле.
11 Бирок бул сөздөрдү элчилер куру сөз деп,
ишенишкен жок. 12 Петир болсо ордунан тура
калып, мүрзөнү көздөй жүгүрдү. Жетип келип,
эңкейип, көрдүн ичин карады. Ал кепиндердин
гана жатканын көрүп, бул ишке таң калып, кайра
артына жөнөдү.

### Ыйсанын эки шакиртине көрүнүшү

13 Так ошол күнү шакирттердин экөө
Иерусалимден он чакырымдай аралыкта
жайгашкан Эмаус деген айылды көздөй жол
тартып, 14 болуп өткөн окуялар тууралуу сөз кылып

баратышкан. 15 Бул окуяларды талкуулап, сүйлөшүп
бара жатышканда, Ыйса жакындап келип, аларга
кошулуп калды. 16 Бирок алардын көзү байланып
калгандыктан Аны таанышкан жок. 17 Ыйса
алардан:
– Эмне жөнүндө сөз кылып жатасыңар? – деп
сураганда, шакирттер токтой калышты.
Алардын өңдөрү капалуу эле. 18 Анан Клеоп
аттуусу мындай деди:
– Иерусалимге келип, жакын арада эле анда
болуп өткөн окуя жөнүндө билбеген жалгыз сен
окшойсуң?
– 19 Кайсы окуя? – деп сурады Ыйса.
– Назареттик Ыйса жөнүндөгү, – дешти алар. – Ал
Кудайдын да, бүтүндөй элдин да алдында
кудуреттүү иши жана сөзү менен таанылган
пайгамбар эле. 20 Биздин жогорку
динкызматчыларыбыз менен эл башчыларыбыз
өкүм чыгартып, аны айкаш жыгачка керип
өлтүртүштү. 21 Ал эми биз, Ысрайыл элин куткаруучу
– ошол деген ишеним менен үмүттөнгөн элек.
Анын үстүнө бул окуянын болгонуна мына бүгүн
үчүнчү күн. 22 –23 Бирок арабыздан бир топ аялдар
эртең менен эрте көргө барышып, анын сөөгүн
таппай кайра келишип, бизди аябай таң
калтырышты. Аларга периштелер көрүнүп, «Ыйса
тирүү» дешиптир. 24 Ошондо дагы башкалары
мүрзөгө барып, аялдардын айтканындай эле
Ыйсанын көрдө жок экенине ынанышты.
25 Ошондо Ыйса аларга айтты:
– Эй, баамсыздар! Пайгамбарлар айткан
сөздөрдүн баарына эмнеге дале ишенбейсиңер!
26 Машаяк Өз улуулугуна жеткенден мурун ушул
азаптардан өтүш керек эмес беле?
27 Анан Ыйса аларга Муса жана башка бардык
пайгамбарлардан тартып, Ыйык Жазуулардагы Өзү
тууралуу айтылгандарды чечмелеп, түшүндүрүп
берди.
28 Алар бара жаткан айылга жакындаганда, Ыйса
жолун андан ары улай тургандай түр көрсөттү.
29 Бирок шакирттер:
– Бүгүн биздикине конуп калсаңчы, анткени кеч
кирип, күн батайын деп калды, – деп өтүнүштү.
Ыйса алар менен бирге калмакчы болуп, үйгө
кирди. 30 Алдыларына тамак келгенде, Ал Кудайга
ыраазычылык келтирип, нанды сындырып,
шакирттерине сунду. 31 Ошондо гана алардын көзү
ачылып, Ыйсаны таанышты. Бирок Ыйса ошол
замат көздөн кайым болду. 32 Шакирттер өз ара:
– Эсиңдеби, жолдо ал бизге Ыйык Жазуулардын
маанисин ачып, түшүндүрүп жатканда, жүрөгүбүз
от болуп жалындабады беле? – дешти.
33 Ошол замат ордуларынан туруп, Иерусалимге
кайтып келишти да, он бир шакиртти жакын
адамдары менен чогулуп олтурушкан жеринен
табышты. 34 Алар Эгебиздин чындыгында эле кайра
тирилип, Ысманга көрүнгөнүн кеп кылып
жатышкан экен. 35 Эки шакирт дагы жолдо болгон
окуяны жана Ыйсаны нан сындырып жатканда
таанып калышканын айтып беришти.

### Ыйсанын шакирттерине көрүнүшү

36 Алар ушундай деп сүйлөшүп жатканда, Ыйса
алардын ортосунда Өзү пайда болду да:
– Ассалом алейкум! – деди.
37 Жүрөгү түшкөн алар Аны арбак экен деп
ойлошту.
38 Ошондо Ыйса аларга айтты:
– Неге коркуп кеттиңер? Эмнеге шектенип
жатасыңар? 39 Колдорумду, буттарымды карап
көргүлө, бул Мен Өзүммүн. Мени кармап көргүлө,
анткени арбактын Меникиндей эти менен сөөгү
болбойт.
40 Ыйса ушундай деди да, аларга колдору менен
буттарын көрсөттү. 41 Алар кубанганынан ишене
албай, аң-таң болуп турушту. Ошондо Ыйса:
– Жегидей бир нерсеңер барбы? – деди.
42 Алар Ага куурулган балыктын бир үзүмүн
сунушту. 43 Ыйса аны алып, алардын көзүнчө жеди.
44 Анан аларга айтты:
– Силер менен бирге жүргөн кезде эле: «Мусанын
мыйзамында, пайгамбарлардын китептеринде
жана Забурда Мен жөнүндө айтылгандардын
бардыгы аткарылышы керек», – деп айткам.
45 Ошондо Ал Ыйык Жазуулардын маанисин
түшүнүүгө шакирттердин акыл-сезимин ойготту.
46 Анан сөзүн улап:
– Дагы мындай деп жазылган: «Машаяк ушул
азапты башынан өткөрүп, үчүнчү күнү өлүмдөн
кайра тирилиши керек 47 жана ниеттерин
өзгөрткөн адамдардын күнөөлөрү кечирилет деп,
Анын атынан Иерусалимден баштап, бардык
элдерге кабар жарыялоо керек». 48 Силер болсо
буга күбөсүңөр. 49 Мен силерге Атам убада кылган
Ыйык Рухту жиберем. Силер болсо жогорудан келе
турган ошол кудуретке толгуча Иерусалимде
болгула! –деди.

### Ыйсанын асманга көтөрүлүшү

50 Ыйса шакирттерин шаардын сыртына алып
чыгып, Бейтаниге жакын жерге ээрчитип келди да,
колун жайып, батасын берди. 51 Бата берип жаткан
маалда алардан алыстап, көккө көтөрүлө баштады.
52 Шакирттери тизе бүгүп, Ага таазим кылышты.
Анан кубанычтары койнуна батпай, Иерусалимге
кайтып келишти да, 53 ар убакта Кудайды
даңазалап, ийбадатканада жүрүштү.

# Жакан

### Ыйса – Кудайдын адамга айланган Сөзү

1 Адегенде Сөз болгон, Сөз Кудайда болгон
жана Сөз Кудай болгон. [2] Сөз башынан эле
Кудай менен болгон. [3] Кудай баарын Сөз аркылуу
жараткан жана жаратылган нерсенин бири да
Ансыз пайда болгон эмес. [4] Сөз өмүрдүн башаты
болгон. Ошол өмүр адамзатка жарыгын төктү.
[5] Жарык караңгыда жаркырады, караңгы болсо
жарыкты жеңе албады.
[6] Кудай жиберген Жакыя аттуу бир адам болгон.
[7] Ал Жарыкка күбө болуп, бардык адамдарды
Ошого ишендирүү үчүн келген. [8] Жакыя өзү Жарык
болгон эмес, ал Жарык тууралуу кабарлоо үчүн гана
келген болчу.
[9] Ар адамга жарыгын төкчү чыныгы Жарык бул
дүйнөгө келе жатты. [10] Ал Өзү бул дүйнөдө бар эле,
дүйнөнү Ошол жараткан болчу, бирок
дүйнөдөгүлөр Аны таанызбады. [11] Өзү тандаган элге
келди, бирок алар кабыл алышпады. [12] Ал эми
кабыл алып, Ага ишенгендердин баарына
Кудайдын балдары болуу укугун берди. [13] Алар
табигый жол менен же пенденин каалоосу менен
эмес, Кудай аларга чыныгы өмүр бергендиктен
гана Анын балдары боло алышты. Алар түп
аталары ким болгонунан же адамдардын
каалоосунан эмес, Кудай Өзү аларды балдары
кылган.
[14] Сөз адам болуп, арабызда өмүр сүрдү. Ошондо
биз Кудай Атанын жалгыз Уулунун чексиз улуулугун
көрдүк. Кудайдын болгон ырайымы менен
акыйкаты Анда эле. [15] Жакыя Ал жөнүндө мындай
деп жар салды: «"Аркамдан келе жаткан менден
улуу, анткени ал мен төрөлө электе эле бар болгон"
деген кишим ушул». [16] Анын чексиз ырайымынан
баарыбыз батанын үстүнөн батага ээ болуп келе
жатабыз. [17] Муса пайгамбар аркылуу мыйзам
берилсе, Ыйса Машаяк аркылуу ырайым менен
акыйкат берилди. [18] Кудайды эч ким, эч качан
көргөн эмес, Аны бизге Атасына эң жакын болгон
жалгыз Уулу таанытты.

### Жакыянын Машаяк тууралуу айтышы

[19] –20 Иерусалим шаарындагы иудей башчылары
тарабынан ким экендигин билип келүүгө
жиберилген динкызматчылар менен лебиттерге
Жакыя жооп берүүдөн баш тартпай:
– Мен Машаяк эмесмин, – деп ачык айтты.
[21] Алар:
– Анда сен кимсиң, Илияс † пайгамбарсыңбы? –
деп сураштты.
– Жок, ал эмесмин, – деп жооп берди Жакыя.
– Мүмкүн сен келе турган Пайгамбар †† чыгарсың?
– Жок.
– [22] Жиберген кишилерибизге жооп бергендей
бололу. Сен өзүң жөнүңдө эмне дейсиң?
[23] Ошондо Жакыя мындай деди:
– Мен, Ышая пайгамбар айткандай, «Эгебизге
жолду түздөгүлө!» ‡ – деп чөлдө жар салган
кабарчымын.
[24] Бул адамдар фарисейлер тобунан эле. [25] Алар
Жакыядан дагы:
– Эгер Машаяк да, Илияс да, келе турган
Пайгамбар да болбосоң, эмне үчүн адамдарды
Кудай жолуна чакырып сууга чөмүлдүрүү
расмисинен өткөрүп жүрөсүң? – деп сураштты.
[26] Жакыя:
– Мен тек гана сууга чөмүлдүрүү расмисин
өткөрүп жүрөм. Араңарда силер таанбаган бирөө
турат. [27] Ал өз ишин менден кийин баштайт,
ошентсе да мен анын бут кийиминин боосун
чечүүгө татыксызмын, – деди.
[28] Бул окуя Жакыя чөмүлдүрүү расмисин өтөп
жүргөн Иордан дарыясынын чыгышындагы
Бейтани айылында болду.

### Кудайдын курмандык козусу

[29] Кийинки күнү Жакыя өзүн көздөй келе жаткан
Ыйсаны көрүп:
– Карагыла, Кудай жиберген курмандык козу
ушул! Бул адамзаттын күнөөсүн мойнуна алат.
[30] «Менден кийин келе жаткан менден улуу,
анткени ал мен төрөлө электе эле бар болгон» деп,
ушул тууралуу айткан элем, – деди. – [31] Мен муну
таанычу эмесмин, бирок Ысрайыл элине
тааныштырып, адамдарды чөмүлдүрүү расмисинен
өткөрүү үчүн келдим.
[32] Жакыя Ал жөнүндө дагы мындай деди:
– Мен Ыйык Рухтун көгүчкөн кейпинде көктөн
түшүп, Ыйсага конгонун көрдүм. [33] Аны мурда
чындап эле таанычу эмесмин, бирок мени сууга
чөмүлдүрүү расмисин аткарууга жиберген Кудай:
«Рухтун кимге конгонун көрсөң, Ыйык Рухка
чөмүлдүрүүчү Ошол», – деген эле. [34] Мен көрүп,
Ыйсанын Кудай Уулу экенине күбө болдум.

---

† †† ‡

### Ыйсанын алгачкы шакирттери

35 Эртеси күнү да Жакыя эки шакирти менен ошол
жерде турган эле. 36 Ал өтүп бараткан Ыйсаны
көрүп:
– Карагыла, Кудай жиберген курмандык козу
ушул! – деди.
37 Эки шакирти Жакыянын айтканын угары менен
Ыйсаны ээрчип жөнөштү. 38 Ыйса артына бурулуп,
алардын келе жатканын көрдү да:
– Эмне керек эле? – деди.
Алар:
– Рабби (устат дегенди билдирет), каерде турасыз?
– дешти.
39 Ыйса:
– Келип, көрүп кеткиле! – деди.
Алар барып, Ыйсанын турган жерин көрүшүп, ал
күнү Аны менен бирге болушту. Бул түштөн
кийинки убак эле.
40 Жакандын сөзүн угуп, Ыйсанын артынан
ээрчиген экөөнүн бири Ысман-Петирдин иниси
Идрис болчу. 41 Ал биринчи бир тууган агасы
Ысманга барып:
– Биз Машаяк ким экенин билдик! – деди.
42 Анан аны Ыйсага ээрчитип келди. Ыйса
Ысманга карап:
– Сен Жакан уулу Ысмансың. Мындан ары атың
Кефа † («таш» дегенди билдирет) болсун, – деди.
43 Эртеси күнү Ыйса Галилея аймагына бармакчы
болду. Ал Филипке жолугуп:
– Жүр, Мага кошул, – деди.
44 Филип да Идрис менен Петир турган
Бейтсайдадан эле. 45 Филип болсо Натанайылга
барды.
– Биз Муса Тооратта жазган жана башка
пайгамбарлар да өз жазмаларында айтып кеткен
Машаякка жолуктук! – деди ага Филип, – ал –
Назареттик Жусуптун уулу Ыйса!
46 Бирок Натанайыл:
– Деги Назареттен жакшы бир нерсе чыкмак
беле? – деди.
Филип:
– Анда бар да өзүң көрбөйсүңбү! – деди.
47 Ыйса келе жаткан Натанайылды көргөндө:
– Ичинде эч бир кири жок, накта ысрайылдык
мына ушул, – деди.
– 48 Сиз мени кайдан билесиз? – деди Натанайыл
буга таңыркай.
– Мен сени Филип чакыра электе эле анжир
дарагынын түбүнөн көргөм.
49 Ошондо Натанайыл:
– Устат, сиз чындап эле Кудай Уулу экенсиз!
Ысрайыл падышасы сиз экенсиз! Буга эми көзүм
жетти, – деди.
– 50 «Сени анжир дарагынын түбүнөн көргөм»
дегениме эле ишенип жатасыңбы? Али мындан да
зор нерселерди көрөсүң!
51 Ыйса дагы мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: эми силер
көктүн ачылганын көрөсүңөр. Ал жерде Кудайдын
периштелери асманга чыгып, асмандан Адам
Уулуна түшүп турушат.

### Ыйсанын тойдо көрсөткөн керемети

2 Эки күндөн кийин Галилеядагы Каана деген
айылда бир үйлөнүү тою болуп калды.
Ыйсанын энеси ошол жерде болчу. 2 Ыйса да
шакирттери менен бирге тойго чакырылды.
3 Шарап түгөнгөндө, энеси:
– Шараптары түгөнүп калыптыр, – деди.
4 Ыйса энесине:
– Бул ишти Мага коюңуз. Кудайдын улуулугун
көрсөтөр убакыт-саатым али келе элек, – деп жооп
берди.
5 Деген менен энеси малайларга:
– Эмне десе, ошону кылгыла! – деди.
6 Ошол жерде иудейлердин диний салтына
ылайык даарат алууга арналган, ар биринин ичине
он чака суу сыйчу алты таш идиш турар эле. 7 Ыйса
малайларга аларды толтурууну буюрду. Малайлар
идиштерди сууга мелт-калт кылып толтурушту.
8 Ыйса аларга ошондон сузуп алып, тойбашыга
алпарууну буйруду. Тигилер ошондой кылышты.
9 Тойбашы шарапка айланган алиги суудан татып
көрдү, бирок бул шараптын кайдан экенин билген
жок. Муну суу сузуп алган малайлар гана билишчү.
Тойбашы таң калды да, үйлөнүп жаткан жигитти
чакырып алып:
– 10 Баары адегенде шараптын жакшысын
беришет да, коноктор кызып калган кезде начарын
беришет. А сен болсо шараптын жакшысын ушул
убакытка чейин сактаптырсың, – деди.
11 Ушундайча Ыйса керемет-жышаандарынын
алгачкысын Галилеядагы Каана шаарында жасап,
Өзүнүн улуулугун көрсөттү. Шакирттери болсо Ага
ишеништи. 12 Андан кийин Ыйса энеси, бир
туугандары жана шакирттери менен бирге
Капарноом шаарына барып, ал шаарда бир нече
күн туруп калды.

### Ийбадатканадагы соодагерлерди кубалап чыгуу

13 Иудейлердин Куткарылуу майрамы
жакындаганда, Ыйса Иерусалимге барды.
14 Ийбадатгкананын короосунда өгүз, кой, көгүчкөн
саткандарды жана акча алмаштырып
отургандарды көрдү. 15 Аркандан камчы жасап
алып, соодагерлердин баарын кой, өгүздөрү менен
кошо короодон кууп чыкты. Акча
алмаштыруучулардын теңгелерин чачып,
үстөлдөрүн оодарып таштады.
– 16 Мунуңарды жоготкула бул жерден! – деди Ал
көгүчкөн сатуучуларга. – Атамдын үйүн базарга
айландырбагыла!

†

[17] Ошондо «Сенин үйүңдүн камын жеп, ичим өрттөнүп жатат» † деген Ыйык Жазуудагы сөздөр шакирттердин эсине түштү. [18] Иудей башчылары:

– Мындай кылууга кандай акың бар? Аны кандай кереметтүү жышаан менен көрсөтө аласың? – дешти.

[19] Ыйса:

– Бул ыйык үйдү бузуп көргүлө, Мен аны үч күндө кайра тургузам, – деп жооп берди.

[20] Иудей башчылары айтышты:

– Бул ыйык үй кырк алты жыл бою салынган. Сен аны үч күндүн ичинде кайра тургузмакчысыңбы?

[21] Ыйса болсо «ыйык үй» деп Өзүнүн денесин айткан эле. [22] Ошондуктан Ыйса өлүмдөн кайра тирилген кезде шакирттери Анын ушундай дегенин эстешип, Ыйык Жазууда жазылган жана Ыйса айткан пайгамбарлык сөздөргө ишеништи.

[23] Ыйсанын Иерусалимде, Куткарылуу майрамы маалында кылган кереметтерин көргөн көп адамдар Ага ишеништи. [24] –25 Бирок Ыйса бардык адамдардын ой-ниеттерин билип, аларга ишене бербеди. Адам баласынын көңүлүндөгүсүн Өзү деле билгендиктен, бирөөнүн адамдар тууралуу маалымат берүүсүнө муктаж да болгон жок.

### Кудайга кантип жакындоого болот?

3 Фарисейлер арасында Никадим аттуу иудей эл башчыларынын бири бар эле. [2] Ал бир түнү Ыйсага келди да, мындай деп сурады:

– Устат, Кудайдан келген мугалим экениңизди билебиз, себеби сиздин керемет-жышаандарыңызды Кудайдын колдоосусуз эч ким жасай албайт.

[3] Ыйса ага мындай деп жооп берди:

– Сага бир чындыкты айтып коёюн: кимде-ким кайрадан туулбаса, Кудай Падышачылыгын көрө албайт.

– [4] Карыган адам кантип кайра туулат? Энесинин курсагына кирип, экинчи жолу бул дүйнөгө кайра туулмак беле? – деп сурады Никадим.

– [5] Сага бир чындыкты айтып коёюн: пенде сууга чөмүлүп, Ыйык Рухтан туулбаса, Кудайдын Падышачылыгына кире албайт, – деп жооп берди Ыйса. – [6] Денеден – дене, Рухтан – рух туулат. [7] «Кайрадан туулууга тийишсиңер» дегениме таң калба! [8] Шамал каалаган жеринде согот, анын үнүн угасың, бирок кайдан келип, кайда кеткенин билбейсиң. Ыйык Рухтан туулган киши менен да ушундай болот.

– [9] Муну кандайча түшүнсө болот? – сурады Ыйсадан Никадим.

– [10] Ысрайылдын дин мугалими болуп туруп, ушуну билбейсиңби? – деди Ыйса. – [11] Сага бир чындыкты айтып коёюн: биз билгенибизди сүйлөп, көргөнүбүздү айтабыз, а бирок силер айткандарыбызды кабыл албайсыңар. [12] Мен силерге жердегилерди айтсам ишенбейсиңер, анан көктөгүлөр жөнүндө айтсам кантип ишенесиңер. [13] Көктөн келген Адам Уулунан башка эч ким көккө чыккан эмес. [14] Муса чөлдө жасалма жыланды жогору көтөрүп койгондой, Адам Уулу да көтөрүлүп коюлууга тийиш. [15] Ошондо Ага ишенүүчү ар ким түбөлүк өмүргө ээ болот.

[16] Кудай адамзатты ушунчалык катуу сүйгөндүктөн, Ага ишенүүчү ар ким өлбөстөн түбөлүк өмүргө ээ болсун деп, Өзүнүн жалгыз Уулун курмандыкка берди. [17] Кудай Өз Уулун бул дүйнөгө адамзатты жазалоо үчүн эмес, куткаруу үчүн жиберди. [18] Ага ишенүүчүлөр жазага тартылбайт, ал эми ишенбегендерди жазалоо үчүн эбак эле өкүм чыгарылган, анткени алар Кудайдын жалгыз Уулуна ишенбей коюшту. [19] Ал эми жазанын мааниси мындай: жерге Кудайдын жарыгы түштү, бирок кылган иштери жаман болгондуктан адамдар караңгылыкты артык көрүштү. [20] Жамандык жасаган ар ким жарыкты жек көрүп, кылган иштери ашкереленбес үчүн да ага жолобойт. [21] Ал эми ким акыйкат жолунда жүрсө, кылган иштеринин Кудайдан экендиги көрүнүп турсун деп, жарыкка келет.

### Жакыянын Ыйсага жол берип, урматтоосу

[22] Ушундан кийин, адамдарды чөмүлдүрүү расмисинен өткөрүп жүргөн Ыйса жана Анын шакирттери Иудея аймагында дагы бир нече убакыт туруп калышты. [23] Жакыя болсо Салим шаарынын жанындагы Айнон деген жерде суу көп болгондуктан чөмүлдүрүү расмисин ошол жакта аткарып жүрдү. Адамдар келип, чөмүлдүрүү расмисинен өтүп жатышты. [24] Ал кезде Жакыя али абакка алына элек болчу.

[25] Бир күнү Жакыянын шакирттери менен бир иудейдин ортосунда диний тазалануу салтына байланыштуу талаш чыгып кетти. [26] Алар Жакыяга келип:

– Устат, Иордандын чыгыш жагында сиз менен бирге болгон киши эсиңиздеби? Ал тууралуу өзүңүз күбөгө өтүп, айтып бербедиңиз беле? Ошол киши адамдарды чөмүлдүрүү расмисинен өткөрүп жүрөт. Элдин баары ошого барып жатат, – дешти.

[27] Жакыя аларга мындай деп жооп берди:

– Кудай Өзү бербесе, эч ким эч нерсе ала албайт. [28] «Мен Машаяк эмесмин, тек гана анын алдынан жиберилген кабарчысымын» дегениме өзүңөр күбөсүңөр. [29] Колуктусу бар киши күйөө жигит эмеспи. Ал эми күтүп турган күйөө жолдош анын келе жатканын угуп, кубанат. Айтканыңарды угуп, менин да кубанычым койнума батпай турат. [30] Силер кеп кылган адамдын зоболосу көтөрүлүп, меники төмөндөшү керек.

[31] Көктөн түшкөнү баарынан улуу, ал эми, мен сыяктуу, жерден пайда болгону жерге таандык болот да, жердеги нерселер жөнүндө сүйлөйт. Көктөн түшкөн ал – баарынан улуу! [32] Ал өзүнүн көктөн уккан-көргөнүн айтат. Бирок анын айткан

†

кабарын эч ким кабыл албайт. 33 Ал эми анын
сөзүнө кулак салган ар ким Кудайдын акыйкат
экенин ырастайт. 34 Кудайдын жибергени Анын
кабарын жарыялайт. Кудай ага Ыйык Рухун
ченемсиз берет. 35 Асмандагы Атабыз Өзүнүн Уулун
сүйүп, бардык бийликти анын колуна тапшырган.
36 Кудай Уулуна ишенгендер түбөлүк өмүргө ээ, ал
эми аны укпагандар ошол өмүрдү көрбөй,
Кудайдын каарына калышат.

### Кудайга кантип табынуу керек?

4 Ыйса Жакыяга караганда көбүрөөк шакирт
таап, чөмүлдүрүү расмисинен өткөрүп жатат
деген сөз фарисейлерге жетти. 2 Бирок чынында
Ыйсанын Өзү эмес, шакирттери чөмүлдүрүп жүргөн
эле. 3 Мындай кабардын фарисейлерге жеткенин
билген Ыйса Галилеяга кайра кетип калды. 4 Ыйса
Самария аймагы аркылуу жол жүрүүгө тийиш эле.
5 Ошондуктан Ал Самариядагы Шыкар шаарына
келди. Ал Жакып өз баласы Жусупка мурас кылып
калтырган жерге жакын жайгашкан. 6 Ошол жерде
«Жакып кудугу» деп аталган кудук бар болчу. Жол
жүрүп чарчаган Ыйса кудуктун жанына отура кетти.
Түшкө маал эле. 7 –8 Шакирттери тамак сатып алуу
үчүн шаарга кетишкен. Ошол кезде бир
самариялык аял кудуктан суу алганы келди. Ыйса
андан:
– Ичкенге суу берчи, – деп өтүндү.
– 9 Өзүңүз иудей болуп туруп, менден,
самариялык аялдан суу сураганыңыз кандай? – деп
таң калды аял.
Мындай дегени, иудейлердин самариялыктар
менен такыр мамилеси болгон эмес.
– 10 Эгер Кудайдын сага эмне бергиси келгенин
жана суу сураган адамдын ким экенин билсең, анда
сен Анын Өзүнөн сурар элең, ошондо Ал сага өмүр
суусун бермек, – деди Ыйса ага.
– 11 Мырза, – деди аял, – суу сузар идишиңиз жок
экен, кудук болсо терең, анан ошол өмүр суусун
кайдан аласыз? 12 Же ушул кудукту калтырган түп
атабыз Жакыптан да улуусузбу? Ал өзү да, балдары
да, малы да ушундан суу ичкен.
13 Ыйса ага мындай жооп берди:
– Бул суудан ичкен адам кайра дагы суусайт. 14 Ал
эми кимде-ким Мен берген суудан ичсе, ал түбөлүк
суусабас болот. Мен берчү суу анын ичинде түбөлүк
өмүр тартуулоочу кайнар булакка айланат.
15 Анда аял:
– Мырза, мага да ошол суудан бериңизчи. Мен да
мындан ары чаңкабайынчы, суу алам деп бул
жерге келе бербейинчи, – деди.
16 Ыйса ага:
– Барып, күйөөңдү чакырып кел, – деди.
– 17 Менин күйөөм жок, – деди аял.
– Күйөөм жок дегениң туура, – деди Ыйса. – 18 Сен
беш жолу күйөөгө чыккан элең, бирок азыркың
күйөөң эмес. Муну туура айттың.
19 Аял Ыйсага:
– Мырза, пайгамбар экениңизге көзүм жетип
турат. 20 Бирок биздин ата-бабаларыбыз мына бул
тоонун башында † ийбадат кылышчу экен, ал эми
силер, иудейлер, табынуучу жай Иерусалимде гана
болуш керек дейсиздер, кайсынысы туура? – деди.
– 21 Айтканыма ишен: асмандагы Атабызга бул
тоонун башында жана Иерусалимде гана эмес,
бардык жерде табына турган убакыт келет, – деп
жооп берди Ыйса. – 22 Силер кимге табынып
жүргөнүңөрдү билбейсиңер, биз болсо билебиз.
Анткени Кудай иудейлер аркылуу адамзатты
куткармак. 23 Чыныгы табынуучулар Атабызга
Рухтун жетегинде, акыйкатты таанып табына
турган убакыт келет. Ал тургай келип да калды.
Атабыз ушундай табынуучуларды каалайт. 24 Кудай
Өзү – Рух. Ошондуктан Ага табынгандар Рухтун
жетегинде, акыйкатты таанып табынуулары керек.
25 Буга аял:
– Машаяк келерин билем. Ал келгенде бизге
баарын айтып берет, – деди.
– 26 Сен дал ошонун Өзү менен сүйлөшүп турасың,
– деп жооп кайтарды Ыйса.

### Бышып турган эгин талаасы

27 Ошол арада шакирттери кайтып келип,
Ыйсанын бир аял менен сүйлөшүп отурганына таң
калышты. Бирок эч кимиси «Андан эмне сурап
жатасың?» же «Эмнеге аны менен сүйлөшүп
жатасың?» деп сурашпады.
28 –29 Аял кумарасын коё калып, шаарга кетти да:
– Жүргүлө, менин кылган иштеримдин баарын
так айтып берген кишини көргүлө! Машаяк ошол
болуп жүрбөсүн? – деп элге айта баштады.
30 Муну уккан эл шаардан чыгып, Ыйсага карай
бет алышты.
31 Ушул арада шакирттери Ыйсадан:
– Устат, тамактанып алыңыз? – деп өтүнүп
жатышкан эле.
32 Ыйса аларга:
– Менин жей турган башка тамагым бар, силер
аны билбейсиңер, – деди.
33 Шакирттери түшүнүшпөй: «Ага бирөө тамак
алып келип бердиби?» – деп бири биринен
сураШты.
– 34 Менин тамагым, – деди Ыйса, – Мени
Жибергендин каалоосун ишке ашырып, Анын
тапшырганын толук орундоо. 35 Анан силер: «Эгин
себилгенден кийин төрт ай өткөндө, оруу
башталат» дейсиңер. Мен болсо: «Эгин талаасын
жакшылап карагылачы, ал тегиз бышып, баштарын
ийип, орууга даяр турат», – деп айтам. 36 Азыртан
эле орокчулар эмгек акыларын алып, түбөлүк
өмүргө арналган түшүмдү жыйнап жатышат.
Ошентип, эгинди эккен да, оргон да чогуу кубанат.
37 «Бири сепкенди бири орот» деген макал ушул
шартка туура келип турат. 38 Мен силерди Мага
түшүм алып келүү үчүн, силер эмгек кылбаган

†

жерге жумшадым. Башкалар мурда эмгек кыла
башташкан, эми силер алардын ишине кошулуп
жатасыңар.
39 Ошол шаардагы самариялыктардын көпчүлүгү
жанагы аялдын: «Ал менин кылган иштеримдин
баарын айтып берди», – деген сөзү аркылуу Ыйсага
ишене баштады. 40 Ошондуктан алар Ыйсага
келип, конуп кетүүсүн өтүнүштү. Ошентип Ыйса эки
күн ошол жерде болду. 41 Анын сөзүн угуп, дагы
көбүрөөк адамдар ишеништи да, 42 аялга: «Биз эми
сенин айтканың боюнча эле ишенип калбастан,
анын сөзүн өз кулагыбыз менен угуп, чынында
адамзаттын Куткаруучусу ошол экенин билдик», –
дешти.

### Падыша кызматчысынын баласынын айыгышы

43 Эки күндөн кийин Ыйса ал жерден ары карай
Галилеяга кетти. 44 (Ал Өзү бир жолу «пайгамбар өз
элинде кадырлуу болбойт» деген эле.)
45 Галилеялыктар Ыйсаны жылуу кабыл алышты,
анткени алар да Иерусалимдеги Куткарылуу
майрамына барып, Анын кылган бардык
кереметттерин көрүшкөн болчу.
46 Ошентип Ыйса үйлөнүү тоюнда сууну шарапка
айландырган Галилеядагы Каана айылына дагы
келди. Ошол кезде чоң кызматта иштеген бир
кишинин баласы Капарноомдо ооруп жаткан. 47 Ал
Ыйсанын Иудеядан Галилеяга келгенин угуп, Ага
барды да:
– Келип, баламды сакайтып берсеңиз экен, өлүм
алдында жатат, – деп жалынды.
48 Ыйса:
– Кудуретимди далилдей турган ажайып-
жышаандарымды көрмөйүнчө силер
ишенбейсиңер! – деди.
49 Падыша сарайында чоң кызматта иштеген
адам болсо:
– Оо, мырза, балам өлүп кала электе келиңизчи! –
деди.
50 Ошондо Ыйса:
– Үйүңө бара бер, балаң аман-эсен! – деди.
Ал Ыйсанын айткан сөзүнө ишенип, кетип калды.
51 Үйгө жакындаганда, алдынан кулдары тосуп
чыгышып: «Балаңыз аман-эсен», – деп
сүйүнчүлөштү. 52 Ал кулдарынан баласынын абалы
кайсы убакта жакшырганын сурады. Кулдары өткөн
күнү түшкү саат бирде ысыгы кайтканын айтышты.
53 Ошондо ал Ыйсанын: «Балаң аман-эсен» дегени
дал ошол саатка туура келгенин билди. Ал өзү да,
үйүндөгүлөрү да – баары тең Ыйсага ишенип
калышты. 54 Ошентип, Ыйса Иудеядан Галилеяга
келгенден кийин экинчи ирет кереметтүү жышаан
көрсөттү.

### Ыйсанын Бейтсайдадагы оорулууну айыктыруусу

5 Бир аз убакыттан кийин иудейлердин дагы
бир майрамы болуп, ошого катышуу үчүн Ыйса
Иерусалимге жөнөдү. 2 Шаардын «Кой дарбаза» деп
аталган дарбазасынын тушунда бир көлмө бар эле.
(Анын эврейче аталышы – Бейтсаада.) Тегерегинде
түркүктүү беш бастырма салынган. 3 Аларда
сокурлар, аксактар, шал оорусуна чалдыккандар,
дагы башка көптөгөн оорулуулар жатышчу. †5 Бул
жерде отуз сегиз жылдан бери ноокастап жаткан
киши бар эле. 6 Ыйса анын жатканын көрүп, көптөн
бери оорулуу экенин билген соң:
– Сакайгың келеби? – деп сурады.
– 7 Ооба, мырза, бирок көлмө толкуганда сууга
түшүрөр адамым жок. Мен жеткиче башка бирөө
түшүп алат, – деди оорулуу.
– 8 Ыйса ага:
– Тур, төшөнчүңдү ал да, баскын! – деди.
9 Жанагы киши ошол замат эле оорусунан
айыгып, төшөнчүсүн алды да, басып кетти. Бул окуя
дем алыш күнү болгон эле. 10 Ошондуктан иудей
башчылары айыккан адамга:
– Бүгүн дем алыш күн эмеспи? Төшөнчүңдү эмне
үчүн көтөрүп жүрөсүң? Мыйзам боюнча бүгүн иш
кылууга болбойт! – дешти.
11 Анда айыккан адам аларга:
– Мени айыктырган киши: «Төшөнчүңдү ал да,
бас!» деген эле, – деди.
12 Тигилер болсо:
– «Төшөнчүңдү ал да, бас!» дегендей ал ким өзү?! –
дешти.
13 Элдин көптүгүнөн айыккан киши Анын ким
экенин билбей калган, анткени Ыйса калың элдин
арасына кирип сиңип кеткен. 14 Кийинчерээк Ыйса
жанагы кишиге ийбадаткананын короосунан
жолугуп, мындай деди:
– Мына, сен айыктың, мурункудан да жаман
акыбалга туш болгуң келбесе, мындан ары күнөө
кылба!
15 Жанагы киши иудей башчыларына барып, аны
Ыйса айыктырганын айтты. 16 Ыйса ушуну дем
алыш күнү жасагандыктан, Аны куугунтукташты.
17 Ыйса аларга мындай деди:
– Атам эмгектен кол үзбөйт. Ошондуктан Мен да
үзгүлтүксүз эмгектенип жатам.
18 Мындан кийин иудей башчылары Ыйсага
мурункудан бетер каршылашып, өлтүрмөкчү
болушту. Себеби Ал алардын диний дем алыш
күнүнүн эрежелерин гана бузбастан, Кудайды
«Менин Атам» деп, Өзүн Кудайга теңеди.

### Кудай Уулунун бийлиги

19 Ыйса аларга мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: Атасынын
кылып жаткан иштерин көрбөсө, Уулу өз алдынча
эч нерсе кыла албайт. Атасы кылып жаткан
иштерди Уулу да кылат. 20 Атасы Уулун жакшы
көрөт, ошондуктан Өзү кылганынын баарын Ага
көрсөтөт. Ал тургай силер таң кала турган, мындан
да зор кереметтерди көрсөтөт. 21 Атасы өлгөндөрдү

†

тирилтип, өмүр бергендей, Уулу да каалагандарын
тирилтет. [22] Атасы Өзү эч кимди соттобойт. Ал
бардык сотту Уулуна тапшырган, [23] ошондуктан
Атасын урматтаган ар ким Уулун да ошондой
урматтасын. Ал эми кимде-ким Уулун урматтабаса,
Аны жиберген Атасын да урматтабайт. [24] Силерге
бир чындыкты айтып коёюн: сөзүмө кулак салып,
Мени Жибергенге ишенген ар ким түбөлүк өмүргө
ээ, ал кыямат сотуна тартылбайт, тескерисинче,
рухий өлүмдөн чыныгы өмүргө өттү.
[25] Силерге бир чындыкты айтып коёюн: руху
өлүктөр Кудай Уулунун үнүн уга турган убакыт
келет, ал тургай келип да калды. Ошол үндү
уккандардын руху тирилет. [26] Себеби Атасынын Өзү
өмүрдүн булагы болгон сыяктуу, Уулун да өмүрдүн
булагы кылган. [27] Ал Адам Уулу болгондуктан, Атасы
Ага сот жүргүзүү бийлигин да тапшырган. [28] Буга
таң калбагыла, анткени көрдө жаткандардын
баары Кудай Уулунун үнүн уга турган убак келет.
[29] Ошондо өлгөндөр көрдөн туруп келишет:
жакшылык кылгандары – өмүр сүрүү үчүн,
жамандык кылгандары – соттолуу үчүн тирилишет.
[30] Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албайм. Кудайдан
укканыма жараша гана соттойм. Менин сотум
адилеттүү, анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени
Жибергендин эркин аткарууну көздөйм.

### Ыйсанын чыныгы табияты тууралуу далилдер

[31] Эгерде Мен Өзүм гана күбөлүк берип жаткан
болсом, анда күбөлүгүм чындыкка жатмак эмес.
[32] Мага кепил боло турган башка Бирөө бар, Анын
сөзүнүн акыйкат экенин билемин. [33] Ырас, силер
Жакыяга өкүлүңөрдү жибердиңер. Жакыя болсо
чындыгын айтты. [34] Өзүм тууралуу адамдын
күбөлүгүнө муктаж болбосом да, муну силер
куткарылсын деп айтып жатам. [35] Жакыя жарык
чачыратып, жанып турган чырак эле, а силер болсо
бир аз убакыт гана анын жарыгында шаттангыңар
келди.
[36] А бирок Менин күбөлүгүм Жакыяныкынан да
күчтүүрөөк. Себеп дегенде асмандагы Атабыздын
Мага аткар деп тапшырган иштери – азыркы
аткарып жүргөн жакшы иштерим – Мени Ал
жибергенине күбөлүк берүүдө. [37] Мени жиберген
Атабыз Өзү да Мен жөнүндө күбөлүк берди. Бирок
силер эч качан Анын үнүн угуп, жүзүн көргөн
эмессиңер. [38] Анын сөзү да жан дүйнөңөрдөн орун
алган эмес, ошол себептүү жиберген Уулуна
ишенбейсиңер. [39] Силер Ыйык Жазууларды
изилдөө аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болобуз деп
ойлойсуңар, ал эми Ыйык Жазуулар Мен жөнүндө
күбөлүк беришет. [40] А бирок силер чыныгы өмүргө
ээ болуу үчүн Мага келүүдөн баш тартасыңар.
[41] Мен адамдардан урмат күтпөймүн. [42] Силердин
жүрөгүңөрдө Кудайга деген мээримдин жок экенин
билем. [43] Атамдын атынан келсем да, Мени кабыл
албай жатасыңар, бирок башка бирөө өз атынан
келгенде кабыл аласыңар. [44] Бири бириңерден
урмат күтүп, ал эми жалгыз Кудайдан боло турган
чыныгы урматты издебей жүргөн силер эмнеге
ишениш керек экенин кантип биле алмак элеңер?
[45] Мен силерди Атабыздын алдында айыптайт
экен деп ойлобогула. Айыптоочу бар: ал – өзүңөр
үмүттөнүп жүргөн Муса пайгамбар. [46] Эгер чындап
эле Мусага ишенсеңер, Мага да ишенмексиңер,
анткени ал Мен тууралуу жазып кеткен. [47] Бирок
Мусанын жазгандарына чындап ишенбесеңер,
Менин сөздөрүмө кантип ишене аласыңар?

### Ыйсанын беш миң кишини тойгузушу

6 Бир аз убакыттан кийин Ыйса Галилея көлүнүн
чыгыш тарабына сүзүп өттү. (Ал Тиберия көлү
деп да аталат.) [2] Оорулууларга жасаган керемет-
жышаандарын көргөндүктөн, көп эл Ыйсаны
ээрчиди. [3] Ал тоого чыгып, ошол жерде шакирттери
менен сүйлөшүп отурду. [4] Бул – иудейлердин
Куткарылуу майрамынын алды болчу.
[5] Ыйса көз жүгүртүп караса, калың эл Аны көздөй
келе жатыптыр. Ошондо Филипке:
– Буларды тойгузуу үчүн нанды кайдан сатып
алабыз? – деди. [6] (Ыйса муну Филиптин ишенимин
сыноо үчүн айткан, себеби эмне кылмакчы
болгонун Өзү билип турган.)
– [7] Бизде эки жүз күмүш теңгеге † келчү нан болуп,
ар бир адам бир сындырымдан жегенде да
баарына жетмек эмес эле, – деп жооп берди Филип
Ага.
[8] Ошондо башка бир шакирти – Ысман-Петирдин
иниси Идрис Ыйсага мындай деди:
– [9] Бул жерде бир бала жүрөт, анын беш арпа
наны менен эки балыгы бар экен. Бирок ушунча
кишиге алар эмне болмок эле?
[10] Бирок Ыйса:
– Адамдарды жайгаштыра бергиле! – деди.
Көк майсандуу ошол жерге беш миңге жакын
киши жайгашты. [11] Ыйса нанды алып, Кудайга
шүкүрчүлүк келтирди да, жайгашкандарга
таратсын үчүн шакирттерине берди. Балыктан да
ар бирине каалашынча берди. [12] Баары жеп, тойгон
соң, шакирттерине:
– Ысырап болбосун үчүн нандын артканын
жыйнап алгыла, – деди.
[13] Алар кишилер жегенден калган арпа нандын
үзүмдөрүн жыйнаганда, он эки себет толду.
[14] Адамдар Ыйса жасаган ошол кереметти
көргөндө:
– Дүйнөгө келүүгө тийиш болгон Пайгамбар – так
ушул, – дешти.
[15] Ыйса алардын «күтүлбөгөн жерден кармап,
падыша шайлап алабыз» деген оюн туюп,
кайрадан Өзү жалгыз тоого кетип калды.

---

†

### Ыйсанын суу үстү менен басышы

16 Кеч киргенде, Ыйсанын шакирттери көлгө
барып, 17 бир кайыкка түшүп, көлдүн ар жагындагы
Капарноомго бет алышты. Караңгы кирип калса да,
Ыйса аларга али келе элек болчу. 18 Ошондо катуу
шамал болуп, көл толкуй баштады. 19 Алар беш-
алты чакырымдай жүргөндөн кийин, суу үстү
менен кайыкка басып келе жаткан Ыйсаны көрүп,
коркуп кетишти. 20 Ыйса аларга:
– Коркпогула, бул Мен элемин! – деди.
21 Шакирттери Ыйсаны тосуп алмакчы болушту.
Ошол замат кайык алар бет алган жээкке жетип
калды.

### Ыйса – чыныгы өмүр тартуулай турган «нан»

22 Кийинки күнү көлдүн чыгыш жагында калган эл
Ыйсанын шакирттери түшкөн жалгыз кайыктан
башка эч бир кайыктын болбогонун эстешти да,
Ыйсанын алар менен бирге кайыкка түшпөй,
шакирттери өздөрү гана кеткенин билишти.
23 Эгебиз Ыйса Кудайга шүкүрчүлүк келтирип
сыйынгандан кийин, эл нан жеп тойгон кечээги
жерге дагы башка кайыктар Тиберия шаары
жактан келип жатты. 24 Ыйса менен шакирттеринин
бул жерде жок экенин билген эл жанагы
кайыктарга түшүп, Ыйсаны издеп, Капарноомго
жөнөштү. 25 Алар Ыйсаны көлдүн аркы жээгинен
табышканда:
– Устат, бул жерге качан келдиң? – деп сурашты.
26 Ыйса:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
кереметтүү жышаан көргөндүктөн эмес, нан жеп
тоюп калганыңардан гана Мени издеп жүрөсүңөр.
27 Күнүмдүк тамак эмес, түбөлүк өмүр бере турган
тамак үчүн аракеттенгиле! Аны силерге Адам Уулу
гана бере алат, анткени Кудай Ата муну ошого
дайындаган, – деди.
28 Ошондо алар Ыйсадан:
– Кудайдын каалоосун аткаруу үчүн эмне
кылышыбыз керек? – деп сурашты.
29 Ал:
– Анын жибергенине ишенгиле, Кудайдын
каалоосу – ошол, – деди.
– 30 Сен кандай кереметтүү жышаан көрсөтөсүң? –
деп сурады эл Андан. – Биз көрүп, анан сага
ишенели. Кандай иш кыласың? 31 «Аларга жей
турган нанды көктөн берди» деп Ыйык Жазууда
жазылгандай, ата-бабаларыбыз чөлдө манна
жешкен.
32 Ыйса аларга:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: көктөн
нан берген Муса эмес, көктөн чыныгы нан берип
жаткан Менин Атам. 33 Себеби көктөн түшүп,
адамзатка өмүр берүүчү – Кудайдын наны, – деди.
34 Анда эл:
– Мырза, бизге дайыма ошондой нан берип
туруңузчу! – деди.
35 Ыйса мындай деп жооп кайтарды:
– Мен – өмүр нанымын. Мага келгендер эч качан
ач кетпейт, ишенгендер эч качан чаңкабайт.
36 Бирок Мен силерге: «Мени көрсөңөр да, Мага
ишенбейсиңер» дегем. 37 Асмандагы Атабыз берген
адамдардын бардыгы Мага келет, Мен болсо
аларды кубалабайм. 38 Көктөн Өз каалоомду эмес,
бирок Мени Жибергендин эркин аткаруу үчүн
түштүм. 39 Жибергендин каалоосу болсо – Анын
Мага берген адамдарынын бирин да жоготпой,
баарын тең кыямат күнү кайра тирилтүүм.
40 Себеби Атамдын каалоосу – Анын Уулун көрүп,
Ага ишенген ар бир адамды түбөлүк өмүргө ээ
кылуу. Мен аны кыямат күнү кайра тирилтип алам.
41 Иудей башчылары Ыйсанын «көктөн түшкөн
нан – Менмин» дегенине наразы болуп,
42 «мынабу Жусуптун уулу Ыйса эмеспи? Анын ата-
энесин биз билебиз го? Анда ал кандайча "көктөн
түштүм" дейт?» – деп күңкүлдөштү. 43 Ыйса аларга
мындай деди:
– Күңкүлдөшпөгүлө! 44 Мени жиберген Атабыз
чакырбаса, эч ким Мага келе албайт. Мен аны
кыяматта кайра тирилтип алам.
45 Пайгамбарлардын жазмаларында «Кудай
алардын баарын үйрөтөт» † деп айтылган. Атамды
угуп, андан таалим алган ар ким Мага келет.
46 Арийне, Кудайдан келгенден башка эч ким
Атабызды көргөн эмес. Атабызды көргөн – жалгыз
ошол гана. 47 Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
ким Мага ишенсе, ал түбөлүк өмүргө ээ. 48 Мен –
өмүр нанымын. 49 Ата-бабаларыңар чөлдө манна
жешсе да, акырында өлүштү. 50 Бирок азыркы
көктөн түшкөн нандын касиети мында: андан
жеген адам өлүмгө дуушар болбойт. 51 Мен – көктөн
түшкөн тирүү нанмын. Бул нандан жеген адам
түбөлүк өмүргө ээ болот. Бул нан – Менин денем,
аны Мен адамзат чыныгы өмүргө ээ болсун деп,
курман кылам.
52 Ошондо иудей башчылары:
– Бул кандайча бизге денесин жесин деп бере
алат? – деп өз ара айтышып, талаша башташты.
53 Ыйса аларга мындай деди:
– Силерге Мен чындыкты айтып коёюн: эгер Адам
Уулунун денесин жеп, канынан ичпесеңер, чыныгы
өмүргө ээ болбойсуңар! 54 Кимде-ким Менин
денемди жеп, канымды ичсе, ал түбөлүк өмүргө ээ
болот жана Мен аны кыямат күнү кайра
тирилтемин. 55 Себеби Менин денем – чыныгы
азык, каным – чыныгы суусундук. 56 Денемди жеп,
канымды ичкен ар ким Мени менен тыгыз
байланышта болот. Мен да аны менен тыгыз
байланышта болом. 57 Мени түбөлүк тирүү Атабыз
жиберди жана Мен Ал аркылуу өмүр сүрөм. Ошол
сыяктуу денемди жеген киши да Мен аркылуу
чыныгы өмүр сүрөт. 58 Көктөн түшкөн нан мына

†

ошондой. Ал ата-бабаларыңар жеген таттуу нандай
эмес: алар акырында өлгөн, ал эми бул нанды
жеген ар ким түбөлүк өмүргө ээ болот.

### Ыйсанын сөздөрү чыныгы өмүргө жеткизет

59 Ыйса муну Капарноомдогу синагогада таалим
берип жатканда айтты. 60 Муну уккан
шакирттеринин көбү:
– Абдан оор сөздөр экен, ким муну угуп тура
алат?! – дешти.
61 Бул наразылыкты байкап калган Ыйса аларга
мындай деди:
– Ушул сөз силерди ызалантып жатабы? 62 Анда
Адам Уулунун келген жагына көтөрүлгөнүн көргөн
кезде эмне дейсиңер? 63 Өмүрдү Ыйык Рух берет, ал
эми пенденин колунан эч нерсе келбейт. Силерге
айткан сөздөрүм аркылуу Рух берүүчү чыныгы
өмүргө ээ боло аласыңар. 64 Бирок араңардагы кээ
бирөөлөр ишенишпейт.
Ыйса ишенбегендердин ким экенин жана ким Ага
чыккынчылык кыларын башынан эле
билгендиктен ушундай деген болчу.
– 65 «Асмандагы Атабыз чакырбаса, эч ким Мага
келе албайт» дегенимдин себеби ошол, – деди
Ыйса сөзүнө кошумчалай.
66 Ушул күндөн баштап шакирттеринин көбү
Ыйсадан баш тартып, ээрчибей калышты.
67 Ошондо Ыйса он эки шакиртинен:
– Силердин да кеткиңер келген жокпу? – деп
сурады.
68 Ысман-Петир:
– Эгем, сенден кетсек, кимге барабыз? Түбөлүк
өмүргө жеткирүүчү сөздөр сенде гана бар. 69 Биз
сенин Кудайдын жиберген ыйыгы экениңе
ишенип, эми ошого көзүбүз жетти, – деди.
70 Ыйса аларга:
– Ушул он экиңди Өзүм тандап алган эмес белем?
Ошондо да араңардагы бирөө ибилистин
жетегинде, – деди.
71 (Ал Ысман Искариоттун уулу Жүйүт жөнүндө
айткан эле. Ал «он экинин» бири болгону менен,
кийин Ыйсаны сатып кеткен.)

### Бир туугандарынын Ыйсаны түшүнбөөсү

7 Андан кийин Ыйса Галилея аймагында жүрдү.
Иудей башчылары өлтүрмөкчү болгон соң, ал
жерде калгысы келбеди. 2 Иудейлердин Чөп алачык
майрамы жакындап калган. 3 Ыйсанын бир
туугандары Ага:
– Иудеяга бар, ал жердеги шакирттериң да
кереметтериңди көрүшсүн. 4 Эл көзүнө түшкүсү
келген адам кылган иштерин жашырбайт. Сен
ушундай кереметтүү иштерди кылдың, эми өзүңдү
бүт дүйнөгө тааныт, – дешти.
5 Бир туугандары да Ыйсага ишенишчү эмес.
– 6 Кудайдын улуулугун көрсөтөр убакыт-саатым
али келе элек, – деди Ыйса аларга. – Ал эми силер
үчүн качан болсо да ыңгайлуу. 7 Бул дүйнө силерди
жек көрө албайт, ал эми Мени жек көрөт. Себеби
Мен анын иштеринин жаман экенин ашкерелеп
жүрөм. 8 Майрамга бара бергиле! Мен азыр бул
майрамга барбайм. Кудайдын улуулугун көрсөтөр
убакыт-саатым али келе элек.
9 Ал ушундай деп, Галилеяда калып калды.

### Ыйсанын чөп алачык майрамындагы таалими

10 Бир туугандары майрамга кеткен соң, Ыйса да
элге билинбей, жашыруун жолго чыкты.
11 Иудей башчылары майрамда Аны аңдып, кайда
экенин сураштырып жүрүштү. 12 Келген элдин
арасында ар кандай күбүр-шыбыр сөз жүрүп жатты.
Бирөөлөрү Аны: «Жакшы» десе, башкалары: «Жок,
элди азгырып жүрөт», – дешти. 13 Бирок иудей
башчыларынан корккондуктан, эч ким Ал тууралуу
ачык сүйлөшкөн жок.
14 Майрамдын жарымы өтүп кеткенде, Ыйса
ийбадаткананын короосуна келип, элге таалим
берди. 15 Иудей башчылары таң калышып:
– Бул атайын даярданбай туруп, Ыйык
Жазууларды кантип түшүнүп алган? – дешти.
16 Ыйса аларга мындай деп жооп берди:
– Сөзүм Меники эмес, Мени Жибергендики.
17 Кудайдын эркин аткаргысы келген ар кимге бул
сөздүн Кудайдан же Менин Өз оюмдан келип
чыккандыгы белгилүү болот. 18 Өз оюнан чыгарып
сүйлөгөн ар ким өзүнүн гана беделин ойлойт, ал
эми аны жибергендин беделин ойлогон кишиге
ишенсе болот. Анын оюнда арамдык жок.
19 Силерге Муса Тоорат китебиндеги мыйзамды
берген эмес беле? Чынында бириң да ошол
мыйзамды тутунбайсыңар. Анда неге Мени
өлтүрмөкчүсүңөр?
20 Ошондо алар:
– Сага жин тийдиби? Ким сени өлтүрөм деп
жатат? – деп сурашты.
– 21 Мен дем алыш күнү бир керемет жасадым эле,
– деди буга Ыйса, – баарыңар ошондон аң-таң
калып отурасыңар. 22 Ал эми Муса сүннөткө
олтургузууну буйругандай (чындыгында бул расми
Мусадан эмес, андан мурунку ата-бабалардан
калган), силер ошол буйрук боюнча туулгандан
кийинки сегизинчи күнү, ал күн дем алыш болсо
деле, балдарыңарды сүннөткө отургузуп
жүрөсүңөр. 23 Ошентип, Мусанын мыйзамы
бузулбасын деп, балдар дем алыш күнү да
отургузулуп келет. Эмне үчүн анда бир адамдын
бүтүн боюн дем алыш күнү таптаза кылып
айыктырганым үчүн ачууланасыңар? 24 Сырткы
гана көрүнүшүнө карабай, калыс сот жүргүзгүлө!

### Ыйса жөнүндө талаш-тартыш

25 Ошондо иерусалимдиктердин арасынан
бирөөлөр мындай дешти:

– Башчылар өлтүрөбүз деп жүргөн киши го бул?
26 Карасаңар, ачык эле эл алдында сүйлөп жатат!
Эмне үчүн буга эч нерсе дешпейт? Же чын эле
мунун Машаяк экенине башчылардын көзү
жеттиби? 27 Машаяк келгенде, анын кай жактан
келерин эч ким билбейт. Ал эми анын кайдан
экенин биз билебиз да. †
28 Ошол кезде ийбадатканананын короосунда
таалим берип отурган Ыйса үнүн катуу чыгарып:
– Менин ким экенимди, кайдан келгенимди
билесиңерби? – деди. – Мен Өзүмөн Өзүм келген
жокмун. Мени Жиберген эч качан жалган айтпайт.
Силер Аны билбейсиңер, 29 Мен болсо билем,
себеби Мен Ошондон келдим, Мени Ошол
жиберди.
30 Бул сөзү үчүн Ыйсаны кармоого умтулушту.
Бирок эч кимиси кол салууга даабады. Анткени
Анын Кудайдын улуулугун көрсөтөр убакыт-сааты
али келе элек эле. 31 Бирок көп адамдар: «Машаяк
келгенде, мындан да артык кереметтерди көрсөтөт
дейсиңби?» – деп Ыйсага ишене баштады.
32 Эл арасындагы ушундай күбүр-шыбыр
фарисейлерге жетти. Ошондо жогорку
динкызматчылар менен фарисейлер Ыйсаны
кармап келүүгө ийбадаткана сакчыларын
жиберишти.
– 33 Дагы бир аз убакыт араңарда болом, – деди
Ыйса аларга, – Андан кийин Мени жибергенге
кайтам. 34 Мени издейсиңер да таппайсыңар,
себеби Мен турган жерге силер бара албайсыңар.
35 Ошондо иудей башчылары өз ара мындай деп
сүйлөшө баштады:
– Биз таба албагыдай кайда барат? Чет өлкөгө
тарап кеткен биздин адамдарыбызга барып, башка
улуттарды да окутмакчыбы? 36 «Мени издейсиңер
да таба албайсыңар», «Мен турган жерге силер
бара албайсыңар» дегени эмнеси?

### Өмүр берүүчү кайнар булак

37 Майрам аягындагы эң маанилүү жана улуу күнү
Ыйса эл алдына чыгып:
– Кимдин жан дүйнөсү суусаса, Мага келип ичсин!
38 Ыйык Жазууларда жазылгандай, ким Мага
ишенсе, анын жүрөгүнөн өмүр берүүчү суу
ташкындап агат, – деди.
39 Ыйса бул сөзү менен Ага ишенгендер
кийинирээк кабыл ала турган Ыйык Рухту айткысы
келген. Анткени Кудай Ыйсаны али Өз улуулугуна
бөлөй элек болгондуктан, Ыйык Рухун төгө элек
болчу.
40 Ыйсанын сөзүн уккан кээ бирөөлөр:
– Чынында эле бул келүүгө тийиш болгон
пайгамбардын өзү, †† – дешсе, 41 башкалар:
– Бул – Куткаруучу Машаяк, – дешти.
Дагы башкалар:
– Жок! Машаяк Галилеядан келмек беле! 42 Ыйык
Жазууларда Машаяк Дөөт падышанын тукумунан,
Дөөттүн ата-мекени Бейтлехем шаарчасынан чыгат
деп жазылган эмеспи? – дешти.
43 Ошентип, Ыйса тууралуу талашып, эл экиге
бөлүндү. 44 Бир нече адам Аны кармоого умтулушту,
бирок да кол салууга батынышпады.

### Иудей башчыларынын Ыйсага ишенүүдөн баш тартышы

45 Ыйсаны кармап келүүгө жиберилген сакчылар
кайтып келишкенде, жогорку динкызматчылар
менен фарисейлер алардан:
– Эмне үчүн аны бул жакка алып келген
жоксуңар? – деп сурашты.
46 Сакчылар:
– Ушуга чейин бир да адам ал сыяктуу сүйлөгөн
эмес, – дешти.
47 Ошондо фарисейлер:
– Эмне, ал силерди да алдап кеткенби? 48 Деги
башчылар менен фарисейлердин ичинде ага
ишенген бирөө-жарым болгонбу?! 49 Жок, ага
Тоорат мыйзамын билбеген, каргышка калган эл
гана ишенет! – дешти.
50 Бир ирет түн ичинде Ыйсага келип кеткен жана
ошол жердегилердин арасында болгон Никадим
мындай собол таштады:
– 51 Мыйзам боюнча бирөөгө өз оозунан угуп,
териштирбей туруп өкүм чыгарууга болобу?
– 52 Эмне, сен да галилеялыксыңбы? Ыйык
Жазууларды оку! Галилеядан пайгамбар чыкпайт,
ошону билип койгун! – деди ага башка фарисейлер.
53 Андан кийин баары тең үй-үйлөрүнө тарап
кетишти.

### Күйөөсүнүн көзүнө чөп салып кармалган аял

8 Ыйса болсо Зайтун тоосуна кетти. 2 Эртеси
күнү таң эртең менен кайтып, ийбадатканананын
короосуна барды. Мүлдө калайык Анын алдына
келди. Ыйса отуруп алып, элге таалим айтты.
3 Ошол кезде бир нече дин мугалимдери менен
фарисейлер күйөөсүнүн көзүнө чөп салып жаткан
жеринде кармалган аялды алып келип, ортого
тургузушту да, 4 Ыйсага карап:
– Устат, бул аял ойноштук кылып жаткан жеринен
кармалды! 5 Тоорат мыйзамында Муса бизге:
«Мындайлар таш бараңга алынып өлтүрүлсүн!» ‡
деп буюрган. Сиз буга кандай дейсиз? – дешти.
6 Алар Ыйсаны сынап, айыпка жыгууга шылтоо
табыш үчүн гана айтышты. Бирок Ыйса эңкейип
сөөмөйү менен жерге бирдемени жазып, аларга
көңүл бөлбөдү. 7 Тигилер улам-улам сурай берген
соң, башын көтөрүп:
– Араңарда ким күнөөсүз болсо, аялга биринчи
болуп таш ыргытсын, – деп, 8 кайрадан эңкейип,
жазганын уланта берди.
9 Алар бул сөздү укканда, адегенде улуулары,
андан кийин калгандары биринин артынан бири

† ††

‡

кете башташты. Ыйса менен ортодо турган аял
гана калды. 10 Ошондо Ыйса башын көтөрүп:
– Аялзаты, айыптоочуларың кайда кетти? Сага эч
ким өкүм чыгарган жокпу? – деп сурады.
– 11 Эч кимиси, оо, мырза, – деди аял.
– Мен да сага өкүм чыгарбайм. Бара бер, мындан
ары күнөө кылба! – деди Ыйса.

### Ыйса – Кудайдын бул дүйнөдөгү жарыгы

12 Ыйса дагы бир жолу элге сүйлөп отуруп,
мындай деди:
– Мен – бул дүйнөдөгүлөр үчүн Кудайдын
жарыгымын. Мени ээрчиген киши мындан ары
караңгыда жүрбөй, өмүрдүн жарыгына ээ болот.
13 Ошондо фарисейлер:
– Сен өзүңө жалгыз өзүң гана күбөсүң,
ошондуктан күбөлүгүң жарабайт, – дешти.
– 14 Мен Өзүмө жалгыз Өзүм гана күбөлүк берсем
да, күбөлүгүм акыйкат. Себеби Мен кайдан
келгенимди жана кайда барарымды билем. Силер
болсо Менин кайдан келгенимди да, кайда
барарымды да билбейсиңер. 15 Силер пенденин ою
боюнча өкүм чыгарып жатасыңар, Мен болсом эч
кимге өкүм чыгарбайм. 16 Өкүм чыгарсам да,
жалгыз Өзүм эмес, Мени жиберген Атам менен
бирге чыгарам. 17 Силердин Тооратгагы
мыйзамыңарда да «эки адамдын күбөлүгү чындык»
† деп жазылган эмеспи? 18 Мен Өзүмө Өзүм
күбөмүн. Мени жиберген Атам да Мага күбө.
– 19 А сенин атаң кайда? – деп сурашты алар.
– Силер Мени да, Атамды да билбейсиңер, – деди
Ыйса аларга. – Эгер Мени билсеңер, анда Атамды
да билмексиңер.
20 Ыйса бул сөздү ийбадаткананын зекет сала
турган үкөгүнүн жанында таалим берип отурганда
айтты. Бирок Аны эч ким кармаган жок. Анткени
Анын Кудайдын улуулугун көрсөтөр убакыт-сааты
али келе элек эле.

### Ыйсанын бара турган жайы

21 Ыйса кайрадан элге кайрылып мындай деди:
– Мен бул жерден кетемин. Силер Мени
издейсиңер жана күнөөкөр бойдон өлөсүңөр. Мен
баруучу жерге силер жете албайсыңар.
22 Ошондо иудей башчылары өз ара:
– «Мен баруучу жерге силер жете албайсыңар»
дегени ал өзүн өзү өлтүрмөкчү болгонубу? – дешти.
– 23 Силер жерденсиңер, Мен болсо көктөнмүн, –
деди Ыйса сөзүн улай, – силер ушул дүйнөлүксүңөр,
Мен болсо бул дүйнөлүк эмесмин. 24 Ошондуктан
Мен силерге «күнөөкөр бойдон өлөсүңөр» дегем.
Мен Өзүмдү ким десем, дал ошол экениме
ишенбесеңер, анда чындап эле күнөөкөр бойдон
өлөсүңөр.
25 Ошондо тигилер:
– Киммин дедиң? – дешти.
Ыйса жооп кайтарып айтты:
– Силерге эң башынан бери эле киммин деп
айтып келатсам, дал ошонун Өзүмүн. 26 Силер
тууралуу айтып, өкүм чыгара турган себептерим
көп. Бирок Мени жиберген – акыйкат, Мен
адамдарга ошондон укканымды айтамын.
27 Ал көктөгү Атасы жөнүндө айтып жатканын
тигилер түшүнүшкөн жок. 28 Ошондуктан Ыйса
сөзүн улап:
– Силер Адам Уулун жогору көтөрүп койгондо,
Мен Өзүмдү ким десем, дал ошол экенимди жана
бардыгын Өз каалоом менен эмес, асмандагы
Атабыз кандай үйрөткөн болсо, ошондой
сүйлөгөнүмдү билесиңер. 29 Мени жиберген Мени
менен бирге. Мен ар дайым Ага жакканды
кылгандыгымдан, Атам Мени жалгыз калтырбайт, –
деди.
30 Ыйса муну айтып жатканда, көптөгөн адамдар
Ага ишеништи.

### Машаяк берүүчү эркиндик

31 Ыйса Өзүнө ишенгендерге мындай деди:
– Эгер силер айтканымды эсиңерге сактап, ошого
ылайык жашасаңар, чыныгы шакирттерим
болосуңар. 32 Ошондо акыйкатты таанып
каласыңар жана ал силерди эркин кылат.
33 Алар:
– Биз Ыбрайымдын урпактарыбыз, эч качан
бирөөгө кул болгон эмеспиз, анан «эркин
болосуңар» дегениң кандай? – дешти.
34 Ыйса аларга мындай деп жооп берди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: ким күнөө
жасаса, ал – күнөөнүн кулу. 35 Бирок кул эмес, уул
гана атасынын үйүндө түбөлүк жашайт, буга анын
акысы бар. 36 Анын сыңары, эгер силерди Кудай
Уулу эркин кылса, чындап эркин болосуңар.
37 Ыбрайымдын тукуму экениңерди билем. Бирок
Мени өлтүрөбүз деп жатасыңар, себеби сөздөрүмө
жүрөгүңөрдөн орун берген жоксуңар. 38 Мен
Атамдан көргөндөрүм жөнүндө айтып жатам.
Силер болсо өзүңөрдүн түп атаңардан
укканыңарды кылгыла.
– 39 Биздин түпкү атабыз Ыбрайым, – дешти алар.
Анда Ыйса мындай деди:
– Силер чындап эле Ыбрайымдын балдары
болсоңор, анын кылганын кылмаксыңар. 40 Бирок
анын ордуна силер Кудайдан уккан акыйкатты
жеткизген Мени өлтүргүңөр келип жатат. Ыбрайым
болсо мындай кылган эмес. 41 Ошентип, силер
өзүңөрдүн рухий атаңар кылганды жасап
жүрөсүңөр.
Алар Ыйсага жооп берип:
– Биз никесиз туулган эмеспиз! Биздин бир гана
Атабыз бар, Ал – Кудай.
42 Анда Ыйса мындай деди:
– Атаңар чындап эле Кудай болсо, Мени жакшы
көрмөксүңөр. Себеби Мен Кудайдан келдим, өз
алдымча келген жокмун, Мени Кудай жиберди.

†

43 Менин сөзүмдү эмне үчүн түшүнбөй жатасыңар?
Анткени аны уга албайсыңар. 44 Силердин атаңар –
ибилис, ошонун күнөөлүү кумар-каалоолорун
аткаргыңар келет. Ал эң башынан баштап эле
канкор болгон жана эч качан акыйкат тарабында
турган эмес. Анткени анда эч бир калыстык жок. Ал
калпты өзүнүн күнөөлүү табиятына жараша айта
берет. Себеби ал жалганчы, бардык калптын атасы.
45 Мен акыйкатты айткандыгымдан Мага
ишенбейсиңер. 46 «Күнөө кылдың» деп кимиңер
Мени ашкерелей аласың? Эгер акыйкатты айтсам,
эмне үчүн Мага ишенбейсиңер? 47 Ким Кудайга
таандык болсо, Анын сөзүн угат. Силердин укпай
жатканыңар Кудайга таандык эместигиңерден.

### Ыйса Ыбрайымдан мурда бар болчу

48 Ошондо иудей башчылары:
– «Самариялыксың, сага жин тийиптир» деп туура
айткан экенбиз! – дешти.
– 49 Мага жин тийген эмес, Мен Атамды
урматттайм, бирок силер Мени кордоп жатасыңар,
– деп жооп кайтарды Ыйса. – 50 Мен Өзүмдүн атак-
даңкымды чыгарууга тырышпайм. Муну кылып,
чечим чыгара турган башка Бирөө бар. 51 Силерге
бир чындыкты айтып коёюн: Менин сөзүмдү бек
туткан адам эч качан өлүм бетин көрбөйт.
52 Анда алар:
– Сага жин тийгенине эми чындап эле көзүбүз
жетти. Ыбрайым да, пайгамбарлар да өлүшкөн, а
сен болсо: «Менин сөзүмдү бек кармаган киши эч
качан өлүм даамын татыбайт» дейсиң! 53 Сен эмне,
көзү өтүп кеткен түп атабыз Ыбрайымдан да
кудуреттүүсүңбү? Пайгамбарлар да өлүшкөн,
өзүңдү ким деп ойлойсуң? – дешти.
– 54 Эгер Өзүмдү Өзүм даңктасам, мунум эч
нерсеге арзыбай калмак, – деди Ыйса аларга жооп
берип. – «Биздин Кудайыбыз» деп айтып
жүргөнүңөр – Менин Атам болот. Менин даңкымды
чыгаруучу – Ошол. 55 Силер Аны тааныпбайсыңар. А
Мен тааныйм. Эгер таанибайм десем, силер
сыяктуу жалганчы болмокмун. Бирок Мен тааныйм
жана айткандарына баш ием. 56 Түп атаңар
Ыбрайым Менин дүйнөгө келер күнүмдү көрөрүнө
кубанган эле. Ал көргөн жана кубанган.
– 57 Али элүүгө да чыга элексиң, анан Ыбрайымды
көрдүм дейсиң?! – дешти анда алар.
– 58 Силерге бир чындыкты айтып коёюн, – деди
Ыйса жооп кайтара, – Мен Ыбрайым туула электен
мурун эле бар болчумун.
59 Ошондо алар ачууланышып, Ыйсаны
ташбараңга алуу үчүн жерден таш алышты. Бирок
Ыйса араларынан өтүп, көздөн жашырынды да,
ыйбадатканадан чыгып кетти.

### Тубаса сокурдун айыгышы

9 Ыйса жолдо бара жатып, тубаса сокур адамды
көрдү. 2 Шакирттери андан:
– Устат, бул кишинин сокур болуп төрөлгөнүнө өз
күнөөсү себеп болдубу же ата-энесиникиби? – деп
сурашты.
3 Ыйса:
– Өзүнүн да, ата-энесинин да күнөөсү себеп
болгон жок, анын өмүрүндө Кудайдын кудурети
көрүнсүн үчүн ушундай төрөлгөн. 4 Жарык барда
Мени жибергендин тапшырган иштерин
жасашыбыз керек, караңгы түшкөндөн кийин эч
ким эч нерсе кыла албайт. 5 Мен бул дүйнөдө
турганда дүйнөдөгүлөр үчүн жарыкмын, – деп жооп
берди.
6 Ушундай деп, жерге бир түкүрдү да андан ылай
жасады. Ылайды сокурдун көзүнө сүйкөп: 7 «Силоом
көлмөсүнө бар да, жууп ташта!» – деди. (Силоом
деген сөздүн мааниси: жиберилген киши).
Ал барып, бетин жууду да, көзү ачылып, кайтып
келди.
8 Ошондо коңшулары жана мурда кайырчы болуп
жүргөнүн көргөндөр таңгалышып, бири бирине:
– Мынабу ушу жерде кайыр сурап отурган адам
эмес беле? – дешти.
9 Бирөөлөрү:
– Ошол, – дешсе, башкалары: – Жок, бул ага
окшош гана киши, – дешти.
Өзү болсо:
– Ошол сокур адам менмин, – деди.
10 Адамдар андан сурай баштады:
– Көзүң кантип көрүп калды?
– 11 Ыйса деген киши ылай жасап, көзүмө сүйкөп:
«Силоом көлмөсүнө бар да, жууп ташта!» – деди. –
Мен барып, бетимди жуудум эле, ошол замат көзүм
көрүп калды.
– 12 Ал өзү кайда кетти? – дешкенде,
– Билбейм, – деп жооп берди ал.

### Фарисейлердин айыккан адамды тергөөсү

13 Ушундан кийин алар мурда сокур болгон
кишини фарисейлердин алдына алып келишти.
14 Ыйса ылай жасап, анын көзүн ачкан күн – дем
алыш күн болчу. 15 Фарисейлер да алиги кишиден
көзү кантип көрүп калганын сурашты.
– Бир киши көзүмө ылай сүйкөдү, мен бетимди
жуудум да, мына эми көрүп турам, – деп жооп
берди ал.
16 Ошондо фарисейлердин кээ бирөөлөрү:
– Бул киши Кудайдан келген эмес, себеби ал дем
алыш күндүн тартибин бузду, – дешсе, башкалары:
– Күнөөкөр киши ушундай кереметтерди кантип
жасай алат? – дешти.
Ошентип, алар эки жаатка бөлүнүштү.
– 17 «Жанагы киши көзүмдү ачты» дейсиң, кана, ал
тууралуу дагы эмне айтасың? – деп, алар сокурдан
дагы сурашты.
Мурда сокур болгон киши:
– Ал пайгамбар адам, – деди.
18 Бирок иудей башчылары көзү ачылган
кишинин мурда сокур болуп, эми көрүп

калгандыгына ата-энесин чакыртканча ишенишкен
жок. 19 Ата-энеси келгенде алардан:
– Сокур төрөлгөн балаңар ушубу? Эми ал
кандайча көрүп калды? – деп сурашты.
20 Алар:
– Мунун балабыз экенин, анын сокур болуп
төрөлгөнүн билебиз. 21 Бирок эми кандайча көзү
көрүп калды, ошону билбейбиз, көзүн ким ачканын
да билбейбиз. Өзүнөн сураңыздар, бала эмес го,
өзү айтып берсин, – дешти.
22 Ата-энеси корккондугунан ушундай дешкен,
анткени иудей башчылары: «Ким Ыйсаны Машаяк
десе, синагогадан чыгарылсын», – деп чечим
чыгарып коюшкан эле. 23 Ата-энесинин «өзүнөн
сураңыздар, бала эмес го» дешкени ушул себептен
эле.
24 Ошондо иудей башчылары мурда сокур болгон
кишини экинчи ирет чакыртышты.
– Кудайдан коркуп, чыныңды айт! – дешти алар. –
Жанагы, сени айыктырган кишинин күнөөкөр
экенин биз билебиз.
25 Тиги болсо:
– Ал киши күнөөкөрбү, жокпу, анысын билбейм.
Бир нерсени гана билем: мен сокур элем, эми
көрүп калдым, – деди.
– 26 Ал сага эмне кылды? – деп сурашты алар
андан. – Көзүңдү кантип ачты?
– 27 Мен сиздерге жана айттым го, бирок уккан
жоксуздар. Эмне үчүн дагы уккуңуздар келип
жатат? Сиздер да анын шакирти болгуңуздар келип
жатабы? – деди ал.
– 28 Анын шакирти сенсиң, – дешти ошондо алар
аны жекиришип. – Биз Муса пайгамбардын
шакиртибиз. 29 Кудайдын Мусага сүйлөгөнүн биз
билебиз, ал эми жанагынын кайдан келгени бизге
белгисиз.
– 30 Анын кайдан келгенин билбегениңиздер
кызык экен, – деди жанакы киши. – Ал менин
көзүмдү ачпадыбы. 31 Кудай күнөөкөрлөргө кулак
салбайт. Ал эми ким Аны урматтап, каалоосун
аткарса, ошого кулак саларын билебиз. 32 Дүйнө
жаралгандан бери мен сыяктуу тубаса сокурдун
көзүн бирөө ачты дегенди эч ким уккан эмес. 33 Ал
киши Кудайдан келбесе, эч нерсе жасай алмак
эмес.
34 Ошондо алар буга каршы чыгып:
– Сен тубаса күнөөкөр болуп туруп, бизди окуткуң
барбы? – деп, аны синагогадан кууп чыгышты.

### Рухий сокурлук

35 Алиги кишини синагогадан кууп
жиберишкенин Ыйса укту да аны таап:
– Адам Уулуна ишенесиңби? – деп сурады.
– 36 Мырза, анын ким экенин айтыңызчы, мен
ишенейин, – деп жооп берди ал.
37 Ыйса мындай деди:
– Сен Аны көрдүң, Ал азыр сени менен сүйлөшүп
жатат.
– 38 Эгем, ишенем! – деп алиги адам Ыйсанын
бутуна жыгылды.
39 Ыйса:
– Мен бул дүйнөгө сокурлар көрө алсын үчүн, ал
эми көзү көргөндөр сокур болсун деп өкүм чыгаруу
үчүн келдим, – деди.
40 Бул сөздү ал жерде турган бир нече фарисейлер
да угуп калышып:
– Эмне, анда биз да сокурбузбу? – дешти.
41 Ыйса:
– Эгер сокур болсоңор, анда күнөөңөр болмок
эмес. Бирок азыр «көзүбүз көрөт» дегениңерден
улам күнөөлөрүңөр мойнуңарда калат, – деди.

### Койчу жана анын койлору

10 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: ким
кой короого эшиктен кирбестен, башка
жагынан ашып түшсө, ал – ууру жана каракчы. 2 Ал
эми ким эшиктен кирсе, койлордун кайтаруучусу
ошол. 3 Кароолчу ага эшикти ачып берет, койлор
аны үнүнөн таанышат. Ал өзүнүн койлорун атынан
чакырып, жайытка чыгарат. 4 Чыгарган соң,
алардын алдында баштап басат, ал эми койлору
анын артынан ээрчишет, анткени алар анын үнүн
таанышат. 5 Жат кишини ээрчибей, качышат,
себеби анын үнүн таанышпайт.
6 Ыйса бул ибаратты чогулгандарга айтып берди,
бирок алар Анын сөзүнүн маанисине түшүнүшкөн
жок.

### Чыныгы өмүргө киргизүүчү дарбаза

7 Ошондуктан Ыйса сөзүн улай мындай деди:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн: койлор
кирүүчү дарбаза – Менмин. 8 Менден мурун
келгендердин баары ууру жана каракчы болушкан.
Бирок койлор аларды угушкан жок. 9 Мен –
дарбазамын. Менден киргендин өмүрү сакталат. Ал
ээн-эркин кирип чыгат жана жайыт табат. 10 Ууру
уурдап, союп, ойрондоо үчүн келет. Мен болсо
адамдар чыныгы өмүргө, болгондо да берекелүү
өмүргө ээ болушсун деп келдим.
11 Мен – жакшы койчумун. Жакшы койчу койлору
үчүн жанын аябайт. 12 Жалчы болсо койчу эмес,
койлор да аныкы эмес. Ал карышкырдын келе
жатканын көргөндө, оторду таштай качат.
Карышкыр койлорго тийип, туш тарапка
чачыратат. 13 Жалчы оторду таштай качат, анткени
ал – жалчы, койлордун камын ойлобойт.
14 –15 Мен жакшы койчумун. Асмандагы Атабыз
Мени кандай жакшы билсе, Мен да Аны ошондой
жакшы билем, ошол эле сыяктуу, Мен Өз
койлорумду кандай жакшы билсем, алар да Мени
ошондой жакшы билишет. Мен койлорум үчүн
жанымды кыям. 16 Бул отордон башка да койлорум
бар, ошолорду Өзүмө алып келүүм керек. Алар
үнүмдү угуп, Мени таанышат, ошондо бардыгы бир
гана койчусу бар короо болушат. 17 Атам Мени

жакшы көрөт, себеби Мен кайрадан ээ болоюн деп,
койлорум үчүн жанымды кыям. [18] Жанымды эч ким
Менден тартып албайт, аны Өз каалоом менен
курман кылам. Жанымды курман кыла турган да,
кайтып ала турган да бийлигим бар. Бул – Мага
Атамдын тапшырган милдети.
[19] Ушул сөздөн улам иудей башчылары эки жаат
болуп, дагы айтыша кетишти. [20] Көпчүлүгү: «Буга
жин тийиптир, сандырактап жатат, эмнеге угуп
турасыңар?» – дешти. [21] «Бул жин тийген кишинин
сөзү эмес! Жин сокур кишинин көзүн ача алмак
беле?» – дегендер да болду.

### Элдин Ыйсага ишенбей коюшу

[22] Мындан кийин Иерусалимде ийбадаткананы
Кудайга кайрадан багыштоо майрамы болду. Кыш
убагы эле. [23] Ыйса ийбадаткананын короосундагы
Сулайман падышанын атындагы түркүктүү
бастырманын ичинде ары-бери басып жүрдү.
[24] Иудей башчылары Аны курчап алып:
– Канчага чейин бизди ээликтиресиң? Машаяк
болсоң, ачыгын айт! – дешти.
– [25] Мен айттым го, силер болсо ишенбей
койдуңар, – деди Ыйса аларга. – Атамдын атынан
кылып жүргөн иштерим ким экенимди айтып
жатышат. [26] Бирок силер ишенбейсиңер, себеби
Менин оторумдан эмессиңер. [27] Менин койлорум
үнүмө кулак салышат. Мен аларды жакшы билем.
Алар Мени ээрчишет. [28] Мен түбөлүк өмүрдү
ошолорго берем, алар эч качан курут болушпайт.
Менин колуман эч ким аларды тартып ала албайт.
[29] Аларды Мага берген Атам баарынан улуу.
Атабыздын колунан да эч ким тартып ала албайт.
[30] Мен асмандагы Атабыз менен бирмин.
[31] Бул сөздү уккан иудей башчылары Ыйсаны таш
бараңга алуу үчүн дагы жерден таш алышты.
[32] Ошондо Ыйса аларга мындай деди:
– Көз алдыңарда Атабыз тапшырган көп жакшы
иштерди кылдым. Кайсынысы үчүн Мени
ташбараңга алгыңар келип жатат?
– [33] Сенин жакшы иштериң үчүн эмес, Кудайды
кордогонуң үчүн ташбараңга алабыз, – деп жооп
беришти алар. – Сен адам болуп туруп, өзүңдү
Кудай кылып жатпайсыңбы!
[34] Ыйса жооп берип мындай деди:
– Ыйык Жазууңарда «силер кудайларсыңар» † деп
жазылган жери бар эмеспи. [35] Кудай Анын сөзү
жеткирилгендерди «кудайларсыңар» деген экен. Ал
эми Ыйык Жазуунун күчүн жоюш мүмкүн эмес
экенин биз билебиз. [36] Анда асмандагы Атабыз Өзү
атайын дайындап дүйнөгө жиберген Мен «Кудай
Уулумун» десем, кандайча Кудайга акарат
келтирдиң деп айта аласыңар? [37] Атам тапшырган
иштерди аткарып жүрбөсөм, Мага ишенбей эле
койгула. [38] Ал эми аткарып жүргөн болсом, анда
сөзүмө ишенбесеңер да, кылган иштериме
ишенгиле! Ошондо силер асмандагы Атабыз Мени
менен, Менин болсо Аны менен тыгыз байланышта
экенимди түшүнөсүңөр.
[39] Алар Ыйсаны кайрадан кармап алмакчы
болушту, бирок Ыйса араларынан суурулуп чыгып,
кетип калды.
[40] Ушундан кийин, Ыйса кайрадан Иордан
дарыясынын аркы бетине – мурун Жакыя
чөмүлдүрүү расмисин өтөп жүргөн жерге барып,
ошол жерде жүрдү. [41] Ага көп адамдар келишип, өз
ара: «Жакыя эч кандай керемет көрсөткөн жок,
бирок анын бул киши жөнүндө айткандарынын
баары чындык экен» – дешти. [42] Ошентип ал
жерден көп адамдар Ыйсага ишенип калышты.

### Лазардын оорудан кайтыш болушу

11 Лазар деген бейтанилик бир киши ооруп
жатты. Мариям да эжеси менен ошол айылда
турчу. [2] (Кийинчерээк Эгебиздин бутуна жыттуу май
сүйкөп, чачы менен кургаткан так ушул Мариям
болчу. Ооруп жаткан Лазар болсо анын бир тууган
агасы эле.) [3] «Эгебиз, жакшы көргөн кишиңиз ооруп
жатат», – деп, эже-сиңди Ыйсага кабар жиберишти.
[4] Ыйса муну укканда:
– Бул оору өлүм менен бүтпөйт, тескерисинче,
Кудайдын улуулугун көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.
Бул иш аркылуу Кудай Уулунун кудуреттүү улуулугу
көрүнөт, – деди.
[5] Ыйса Мартаны, анын сиңдисин жана алардын
бир тууганы Лазарды өтө жакшы көрсө да,
[6] Лазардын оору экендиги тууралуу кабар жеткенде,
ошол жерде дагы эки күн болду. [7] Андан соң,
шакирттерине мындай деди:
– Жүргүлө, Иудеяга кайра баралы!
– [8] Устат, иудей башчылары жакында эле сени
ташбараңга алып, өлтүрмөкчү болушпады беле? –
дешти шакирттери Ага, – Эмне, ошол жакка дагы
бармакчысыңбы?
– [9] Бир күндүн он эки сааты жарык эмеспи? – деди
жооп кайтара Ыйса. – Адам күндүз жүрсө,
мүдүрүлбөйт, анткени бул дүйнөнүн жарыгын
көрөт. [10] Ал эми түн ичинде жүрсө, жарыгы жок
болгондуктан мүдүрүлөт.
Ыйса андан ары дагы мындай деди:
– [11] Досубуз Лазар катуу уйкуда жатат. Мен барып
аны ойготоюн.
[12] Шакирттери:
– Мырза, уктап жатса жакшы, анда айыгат,–
дешти.
[13] Ыйса Лазардын өлгөнүн кыйыр түрдө айткан
эле, а шакирттери болсо кадимки уйкуну айтып
жатат деп ойлошту. [14] Ошондо Ал ачык айтты:
– Лазар өлдү, [15] бирок силерди ойлоп, ал жакта
болбогонума кубанып жатам, анткени бул аркылуу
силер ишенимге келе аласыңар. Эми жүргүлө,
Лазарга баралы.
[16] Ошондо Том-Эгиз башка шакирттерге:
– Кеттик, биз да Устат менен бирге өлөлү! – деди.

†

### Лазардын кайра тирилиши

17 Ыйса Бейтаниге жеткенде, Лазардын өлүп,
көргө коюлганына төрт күн болгонун укту.
18 Бейтани менен Иерусалимдин аралыгы үч эле
чакырымдай болгондуктан, 19 көптөгөн адамдар
Марта менен Мариямга көңүл айтууга келишкен
экен. 20 Ыйсанын келе жатканын уккан Марта
алдынан тосуп чыкты. Мариям болсо, үйдө калды.
21 Марта:
– Эгем, эгер сиз бул жерде болсоңуз, иним өлмөк
эмес эле да. 22 Бирок эмне сурасаңыз, Кудайдын
азыр болсо деле сизге берерин билем, – деди.
23 Ыйса ага:
– Иниң кайра тирилет, – деди.
– 24 Кыяматта, кайра тирилүү күнү анын да
тирилерин билем – жооп кайтарды Марта.
– 25 Кайра тирилүү менен чыныгы өмүр – Менмин,
– деди Ыйса. – Мага ишенген адам өлсө да, өмүр
сүрө турган болот. 26 Мага ишенип өмүр сүргөн
адам эч качан өлбөйт. Буга ишенесиңби?
27 Марта:
– Ооба, Эгем, сиздин дүйнөгө келе турган Кудай
Уулу жана Машаяк экениңизге ишенем – деди.
28 Анан ал Мариямды тымызын чакырып алды да:
– Устат келип калды, сени чакырып атат, – деди.
29 Муну угары менен Мариям шашылыш тура
калып, Ыйсага жөнөдү. 30 Бирок Ыйса дале айылга
кирбептир, ал баягы Мартага жолуккан жерде экен.
31 Мариямдын жанында көңүл айтып
олтурушкандар анын шашылыш чыгып кеткенин
көрүшкөндө, артынан кошо чыгышып, «көрүстөнгө
барып кошок кошкону кетти го» деп ойлоп
калышты. 32 Мариям Ыйса турган жерге келди да
Анын бутуна жыгылды.
– Оо, Эгем, – деди ал, – Сиз бул жерде болсоңуз,
бир тууганым өлбөйт эле.
33 Ыйса Мариям менен анын артынан
келгендердин кошок кошуп, ыйлап турганын
көргөндө, катуу үшкүрүнүп, каңырыгы түтөп кетти.
– 34 Аны каерге койдуңар? – деди Ыйса.
– Эгебиз, келип көрүңүз, – деп жооп беришти
алар.
35 Ыйсанын көзүнөн жаш агып кетти. 36 Ошондо
адамдар өз ара:
– Карасаңар, Лазарды кандай ал жакшы көргөн! –
дей башташты.
– 37 Сокурдун көзүн ачкан бул тигини да ажалдан
арачалап кала албас беле? – дегендери да болду.
38 Ыйса дагы бир үшкүрүнүп алып, көрүстөнгө
басып келди. Көр болсо оозу таш менен жабылган
үңкүр эле. 39 Ыйса:
– Ташты алып салгыла! – деп буюрду.
Ошондо маркумдун эжеси Марта:
– Эгем, ал жыттанып баратат, жатканына төрт күн
болуп калды, – деди.
– 40 «Ишенсең, Кудайдын кудуретин көрөсүң»
дебедим беле, – деди Ыйса ага.
41 Ташты үңкүрдүн оозунан алып салышканда,
Ыйса көктү карап мындай деди:
– Ата, үнүмдү укканыңа ыраазымын! 42 Мени
дайыма угарыңды билсем да, муну айланамда
турган эл Мени Сенин жибергениңе ишенсин деп
айтып жатам, – деп сыйынды.
43 Анан:
– Лазар, чыккын! – деп кыйкырды.
44 Ошондо колу-буту кепинге оролгон Лазар
көрдөн чыга келди. Анын башы-көзү да таңылуу
эле. Ыйса жанында тургандарга:
– Кепинин чечип салгыла, бассын, – деди.
45 Мариямга келишкендердин көбү Ыйсанын
керемет ишин көрүп, Ага ишенип калышты.

### Ыйсага каршы бүтүм

46 Бирөөлөр фарисейлерге барып, Ыйсанын
кылганын айтып беришти. 47 Ошондо жогорку
динкызматчылар менен фарисейлер диний
жогорку кеңештин мажилисин чакырышып, өз ара
мындай деп сүйлөшүштү:
– Кандай кылсак, жанагы киши көптөгөн
укмуштарды жасап атат. 48 Аны ушул бойдон
калтыра турган болсок, элдин баары ага ишенип
кетет. Анан римдиктер келип, касиеттүү үйүбүздү
да, элибизди да чаап алышат.
49 Ошол мезгилде башкы динкызматчы болгон
Каяп ордунан туруп, мындай деди:
– Силер эч нерсени билбейсиңер! 50 Бүтүндөй эл
ойрон болгондон көрө, ошол эл үчүн бир адамдын
өлгөнү бизге дурус болорун ойлосоңор боло!
51 Каяп муну өз оюнан чыгарып айткан жок, бирок
ошол мезгилде башкы динкызматчы болгондуктан,
Ыйсанын эл үчүн өлөрүн алдын ала айткан болчу.
52 Ооба, Ыйса Ысрайыл эли үчүн гана эмес, жер
жүзүнө таралган башка элдердеги Кудайдын
балдарын бир үй-бүлө кылуу үчүн да өлүүгө тийиш
болчу. 53 Ошол күндөн баштап иудей башчылары
Ыйсаны өлтүрүүнүн жолун ойлонуштура
башташты.
54 Ошондуктан Ыйса мындан ары Иудеяда ачык
жүрбөй, чөлгө жакын жердеги Эфрайым деген
айылга кетип, ал жерде шакирттери менен бирге
болду.
55 Куткарылуу майрамы жакындап калган эле.
Өлкөнүн туш тарабынан көптөгөн адамдар майрам
алдындагы диний тазалануу салтын аткаруу үчүн
Иерусалимди көздөй агылып, чыгып бара
жатышты. 56 Алар ийбадаткананын жанынан
Ыйсаны издешти. Короодо топтолуп тургандар:
«Кандай деп ойлойсуңар, ал да майрамга келер
бекен?» – деп бири биринен сурашты. 57 Себеби
жогорку динкызматчылар менен фарисейлер:
«Кимде-ким Ыйсанын кайда экенин билип калса,
кабар берсин!» деген буйрук чыгарышкан эле.

### Ыйсага көрсөтүлгөн урмат

12 Куткарылуу майрамынан алты күн мурун
Ыйса Бейтаниге келди. Бул айылда Ал
өлүмдөн кайра тирилтип алган Лазар турчу. 2 Ошол
жерде Аны конокко чакырышты. Марта кызмат
кылып жүрдү. Ыйса менен бирге отурган
коноктордун арасында Лазар да отурган эле.
3 Марийям нард деген өсүмдүктөн жасалган, таза,
кымбат баалуу майдан жарым литрдей алып,
Ыйсанын бутуна куйду да, анан аны чачы менен
сыйпады. Үй ичи майдын аңкыган жыпар жытына
толуп чыкты. 4 Анда Ыйсанын шакирттеринин
бири, кийинчерээк Ага чыккынчылык кылган
Жүйүт Искариот мындай деди:
– 5 Эмне үчүн бул майды үч жүз күмүш теңгеге
сатып, түшкөн акчаны жакырларга таратып берген
жок? 6 Ал муну кембагалдардын камын
ойлогондуктан эмес, ууру болгондугунан айтты:
ортого түшкөн акчаны сала турган баштыкты
асынып жүргөн ал түшкөн акчадан өзүнө кытып
алып коюп турчу.
7 Ыйса ага:
– Бул аялды жайына кой! Ал май куюу салтын
аткарып, денемди көргө коё турган күнгө
даярдады. 8 Жакырлар ар дайым жаныңарда болот,
а Мен жаныңарда дайым эле боло бербейм, – деп
тыйып койду.
9 Ыйсанын Бейтаниде экенин көп адамдар
угушуп, Ыйса үчүн гана эмес, Ал өлгөндөн
тирилткен Лазарды көрүү үчүн да келишти.
10 Жогорку динкызматчылар аны да өлтүрмөкчү
болушту. 11 Минткен себеби, Лазар башынан
өткөргөн кереметтен улам, көп адамдар аларды
таштап, Ыйсага ишенип кетишти.

### Ыйсанын салтанаттуу түрдө Иерусалимге кириши

12 Кийинки күнү майрамга чогулган эл Ыйсанын
Иерусалимге келерин угушту. 13 Алар колдоруна
пальма бутактарын кармап, шаардын сыртына
чыгып: «Осанна! † Эгебиздин атынан келе
жатканды Кудай жалгасын! †† Ысрайылдын
падышасын Кудай жалгасын!» – деген үндөр менен
Ыйсаны тосуп алышты.
14 Ыйса бир такайды таптыртып, ошого минип
алган эле. Ыйык Жазууларда бул тууралуу алдын
ала мындай айтылган: 15 «Эй, Иерусалим,
коркпогун! Карачы, сенин падышаң такай минип
келатат!» ‡
16 Ыйсанын шакирттери муну убагында
түшүнүшкөн эмес. Ыйса кайра тирилгенден кийин,
элдин ушундайча тосуп алганын эстешип, бул
сөздөрдүн Ал жөнүндө жазылганын билишти.
17 Ыйса Лазарды көрдөн сыртка чакырып алып,
өлүмдөн кайра тирилткен кезде бирге болгон көп
кишилер бул ишти көргөнүн айтып жатышты.
18 Мындай керемет кылганын уккан эл ушул
себептен да Анын алдынан тосуп чыкты. 19 Ал эми
фарисейлер өз ара:
– Көрдүңөрбү, эч нерсе колуңардан келбей калды!
Элдин баары анын артынан ээрчип кетти! – дешти.

### Бир нече гректин Ыйсаны издеши

20 Майрам убагында Иерусалимде Кудайга
ийбадат кылууга келгендердин арасында бир нече
грек да бар эле. 21 Алар Галилеянын Бейтсайда
шаарынан чыккан Филипке барышып:
– Мырза, биз Ыйсаны көрсөк дедик эле, – дешти.
22 Филип муну Идриске барып айтып, анан экөө
Ыйсага жеткизишти. 23 Ыйса аларга мындай деп
жооп берди:
– Адам Уулунун улуулукка жетер убакыт-сааты
келип калды. 24 Силерге бир чындыкты айтып
коёюн: эгер буудайдын даны жерге эгилип, анан
өлбөсө, анда ал жалгыз бойдон калат. Эгер ал
жерге эгилип, өнүп, өзү өлсө, ошондо гана мол
түшүм берет. 25 Ким өз жанын баарынан артык
көрсө, ал андан айрылат. Ал эми кимде-ким бул
дүйнөдө өз жанын аябаса, аны түбөлүк өмүр үчүн
сактап калат. 26 Ким Мага кызмат кылгысы келсе,
Мени ээрчисин. Мен кай жерде болсом, кызматчым
да ошол жерде болот. Ал эми Мага кызмат кылган
ар кимди асмандагы Атабыз урматтайт.

### Ыйса Өз өлүмү тууралуу дагы бир ирет айтат

27 Азыр абдан кыйналып турам. Эмне дейин? «Ата,
Мени ушул азаптуу сааттан куткар» дейинби? Жок!
Мен бул күнгө атайын дал ушуну баштан кечирүү
үчүн жеттим да. 28 Ата, Өз атыңды улуулукка
бөлөйгөр!
Ошондо көктөн: «Мен Аны улуулукка бөлөдүм
жана мындан ары да бөлөй берем» деген үн угулду.
29 Ошол жерде турган элдин арасынан бирөөлөрү:
«Күн күркүрөдү» дешсе, башкалары: «Ага периште
сүйлөдү», – дешти. 30 Ыйса аларга:
– Бул үн Мен үчүн эмес, силер үчүн. 31 Эми бул
дүйнөнүн соттолор маалы келди. Эми бул дүйнөнүн
башкаруучусу ‡‡ куулат. 32 Мен жерден өйдө
көтөрүлүп, улуулукка бөлөнгөнүмдөн кийин,
адамдардын баарын Өзүмө чакырам, – деди.
33 Бул сөздү Ал Өзүнүн кантип өлөрүн билдирүү
үчүн айтты.
34 Ошондо жыйылган эл:
– Биз Ыйык Жазуудан «Машаяк түбөлүк жашайт»
деп окуган элек. Анан кандайча сен Адам Уулу
көтөрүлөт дейсиң? «Адам Уулу» дегениң ким? –
дешти.
35 Ыйса аларга мындай деди:
– Жарык дагы бир аз убакыт силер менен бирге
болот. Силерди кара түн басып калбоо үчүн жарык
барда жүрө тургула. Анткени түндө жүргөндөр
кайда бара жатканын билишпейт. 36 Араңарда

† †† ‡

‡‡

жарык барында ага ишенгиле, ошондо жарыктын
балдары болосуңар.
Ыйса ушундай деди да, алардан узап, элдин
көзүнөн жашырынды.

### Элдин Ыйсага ишенүүдөн баш тартышы

37 Ыйса алардын көз алдында көп эле керемет-
жышаандарды көрсөтсө да, көпчүлүк Ага
ишенбеди. 38 Ошону менен Ышая пайгамбардын
мындай сөзү ордунан чыкты:
«Оо, Эгебиз, айткан кабарыбызга ким ишенди?
Оо, Эгебиз, кудуретиң кимге ачылды?» †
39 Ышая дагы бир жерде көпчүлүктүн эмне
себептен ишене албагандыгы жөнүндө мындай
деген:
40 «Кудай байлап көздөрүн,
Көкүрөгүн көр кылган.
Көзү көрбөйт алардын,
Туйбайт дагы жүрөгү.
Айыктырам десем да,
Терс жолдорун таштабайт,
Мага кайтып келишпейт». ††
41 Ышая пайгамбар Ыйсанын улуулугун алдын ала
көрүп, Ал туралуу ушундай деп айткан эле.
42 Ошентсе да, иудей башчыларынын көбү Ыйсага
ишеништи, бирок фарисейлер синагогадан
чыгарып жибербесин деп, Ал тууралуу ачык
сүйлөшкөн жок. 43 Себеби алар Кудай берүүчү
урматты эмес, адамдан көрсөтүлө турган урматты
артыгыраак сүйүшчү.

### Ишенбестиктин аягы

44 Ыйса үнүн бийик чыгарып, мындай деди:
– Мага ишенген киши Мага эле эмес, Мени
жибергенге да ишенет. 45 Мени көргөн киши Мени
жибергенди да көрөт. 46 Мен – Мага ишенген ар
ким караңгы түндө калбасын деп, дүйнөгө келген
Кудайдын жарыгымын. 47 Сөзүмдү угуп, аны
карманбаган ар кимди айыптай турган Мен
эмесмин. Мен адамзатты айыптоо үчүн эмес,
куткаруу үчүн келдим. 48 Бирок Мени четке кагып,
сөзүмдү кабыл албагандардын соту белен: Менин
сөзүм аларды кыямат күнү соттойт. 49 Себеби Мен
аларды Өз оюмдан чыгарып айткан жокмун,
эмнени жана кандай айтышым керектигин Атам
буйруган. 50 Анын сөздөрү ишенгендерге түбөлүк
өмүр тартууларын билем. Менин оозумдан чыккан
сөздөрдүн баары – асмандагы Атабыздыкы.

### Кичи пейилдиктин үлгүсү

13 Куткарылуу майрамынын алды эле. Ыйса
Өзүнүн бул дүйнөдөн кетип, Атасына барар
саатынын жакындап калганын билди. Ал бул
дүйнөдөгү Өз адамдарын дайыма жакшы көрчү,
азыр да аларга болгон чексиз мээримин көрсөттү.
2 Кечинде Ыйса шакирттери менен бирге
тамактанууга отурду. Буга чейин ибилис Ысман
Искариоттун уулу Жүйүттүн ниетине Ыйсага
чыккынчылык кылууну салып койгон эле. 3 Бирок
Ыйса Атасы бүткүл бийликти Анын колуна берип
койгонун жана Өзүнүн Кудайдан келип, Ага кайра
кайтып барарын билген.
4 Ыйса дасторкондон туруп, үстүңкү кийимин
чечти да, белине сүлгүнү байланды. 5 Андан кийин
чылапчынга суу куюп алып, шакирттеринин
буттарын жууп, сүлгү менен аарчый баштады.
6 Ысман-Петирдин маңдайына келгенде, ал
Ыйсадан:
– Эгем, сен менин бутумду жууганы турасыңбы? –
деп сурады.
– 7 Эмне кылып жатканымды сен азыр эмес,
кийинчерээк түшүнөсүң, – деди Ыйса.
– 8 Мен сага бутумду эч убакта жуудурбайм!
– Эгер жуубасам, анда Мени менен энчилеш
болбойсуң.
– 9 Эгем, андай болсо, бутумду гана эмес, колу-
башымды да жуугун.
– 10 Жуунган киши таптаза, ал бутун гана жууш
керек. Силер да тазасыңар, бирок баарыңар эмес.
11 Ыйса кимдин чыккынчылык кыларын билген,
ошондуктан «бирок баарыңар эмес», деди.
12 Шакирттеринин бутун жууп бүтүп, кийимин
кийип ордуна отургандан кийин:
– Силерге эмне кылганымды түшүндүңөрбү? –
деди. – 13 Мени «Устат», «Эгем» дейсиңер, мунуңар
туура, себеби Мен чындап эле дал Ошонун Өзүмүн.
14 Демек, Мен Эгеңер жана Устатыңар болуп туруп,
кул сыяктуу бутуңарды жуусам, анда дал ошентип
силер да бири бириңердин бутуңарды жуушуңар
керек. 15 Мен силерге кандай кызмат кылсам,
силерди да ошондой кылсын деп, үлгү көрсөттүм.
16 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: кул ээсинен
өйдө эмес, элчи да аны жибергенден жогору эмес.
17 Эми силер бул чындыкты билесиңер, ушуну иш
жүзүнө ашырсаңар, анда абдан бактылуусуңар.

### Ыйсанын саткындын ким экенин айтышы

18 «Силер тазасыңар» деп баарыңарды айтканым
жок, тандаган адамдарымды билем, бирок Ыйык
Жазуудагы: «Табакташ болуп жүргөн кишим, Мага
каршы чыкты» ‡ деген сөз аткарылышы керек.
19 Мен муну бул сөз аткарылардан мурда айтып
жатам, кийин, аткарылган соң, Менин дал ошонун
Өзү экениме ишенесиңер. 20 Силерге бир
чындыкты айтып коёюн: ким Мен жиберген
адамды кабыл алса, Мени да кабыл алганы, ал эми
ким Мени кабыл алса, Мени Жибергенди кабыл
алганы.
21 Ушул сөздөн кийин Ыйса катуу үшкүрүнүп алды
да:
– Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
араңардан бирөө Мени сатып кетет, – деди.

† ††

‡

[22] Шакирттери Ыйсанын кимди айтып жатканын
түшүнбөй, аң-таң болушуп, бири бирин караашты.
[23] Ыйсанын өзгөчө сүйгөн шакирти Анын жанында
жамбаштап жаткан. [24] Ысман-Петир кимди айтып
жатканын сурап билчи деп жанагы шакиртке
ымдап белги берди. [25] Тигил Ыйсага бурулуп:
– Эгем, ал ким? – деп сурады.
[26] Ыйса:
– Бир үзүм нанды табакка малып, кимдин оозуна
салсам, ал ошол, – деди.
Андан соң, бир үзүм нанды табакка малып, Ысман
Искариоттун уулу Жүйүткө сунду. [27] Жүйүт нанды
алары менен шайтан анын жан дүйнөсүн ээлеп
алды. Ыйса Жүйүткө:
– Кылайын дегениңди бачымыраак кыл! – деди.
[28] Отургандардын эч кимиси Ыйсанын ага эмне
үчүн мындай дегенин түшүнгөн жок. [29] Акча
баштыгы Жүйүттө болгондуктан, кээ бирөөлөрү
Ыйса ага «майрамга керектүү нерселерди алып
кой» же «жакырларга бир деме берип кой», деп
жатат го деген ойдо калышты. [30] Жүйүт болсо
нанды жеген соң, дароо сыртка чыгып кетти. Ошол
убакта түн кирип калган эле.

### Ыйсанын жаңы осуяты

[31] Жүйүт чыгып кеткенден кийин, Ыйса мындай
деди:
– Эми Адам Уулу улуулукка бөлөнөт. Ал аркылуу
Кудайдын да улуулугу көрүнөт. [32] Ал Кудайдын
улуулугун көрсөтсө, Кудай да Аны улуулукка бөлөйт.
Бул жакын арада ишке ашат. [33] Балдарым, эми
араңарда аз гана убакыт болом, кийин Мени
издейсиңер. Иудей башчыларына айткан сөзүмдү
азыр силерге да айтам: Мен бара турган жерге
силер азыр бара албайсыңар.
[34] Силерге жаңы осуят калтырам: бири бириңерди
сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири
бириңерди сүйгүлө! [35] Бири бириңерге болгон
сүйүүдөн улам, башкалар силердин Менин
шакирттерим экениңерди билишет.

### Ыйса Петирдин «Аны таанабайм» дээрин алдын ала айтат

[36] Ысман-Петир Ыйсадан:
– Эгем, кайда бара жатасың? – деп сурады.
Ыйса ага:
– Мен бара жаткан жакка сен азыр ээрчип бара
албайсың, кийинчерээк артымдан келесиң, – деди.
[37] Петир:
– Эгем, азыр эмне үчүн ээрчий албайм? Сен үчүн
жанымды кыюуга даярмын, – деди.
[38] Ыйса ага мындай деди:
– «Сен үчүн жанымды кыюуга даярмын»
дейсиңби? Сага бир чындыкты айтып коёюн: ушул
түнү короз кыйкыргыча, «Аны таанабайм» деп үч
жолу айтасың.

### Ыйса Машаяк – Кудайга алып баруучу жалгыз жол

14 Кайгыга батпагыла! Кудайга ишенгиле,
ошондой эле Мага да ишенгиле! [2] Көктөгү
Атамдын үйүндө жай көп. Эгер андай болбосо,
силер үчүн жай даярдаганы бара жатам деп айтмак
белем? [3] Барып, даярдап бүткөндөн кийин кайтып
келип, Мен болгон жерде силер да болууңар үчүн
жаныма алып кетем. [4] Мен бара жаткан жакка алып
баруучу жолду билесиңер.
[5] Эгем, кайда бара жатканыңды билбейбиз, анан
кантип ал жакка алып баруучу жолду билмек элек?
– деп сурады Том.
[6] Ыйса ага:
– Мен – жол, чындык жана өмүрмүн. Мен аркылуу
болбосо, асмандагы Атабызга эч ким бара албайт.
[7] Менин ким экенимди билген үчүн, Атамды да
билип каласыңар. Эми Аны билип, көрө
баштадыңар, – деди.
[8] Ошондо Филип:
– О, Эгем, бизге Атабызды көрсөт, ошондо
жетиштүү болот, – деди.
[9] Ыйса мындай деп жооп берди:
– Мен көптөн бери жаныңардамын, ошондо да
Менин ким экенимди билген жоксуңбу, Филип?
Мени көргөн адам, Атабызды да көргөнү. Эмне үчүн
Атабызды көрсөт дейсиң? [10] Мен Атабыз менен, ал
эми Атабыз Мени менен тыгыз байланышта
экенине ишенбейсиңерби? Силерге айткан
сөздөрүмдү Өз оюмдан чыгарып айткан жокмун.
Мени менен тыгыз байланыштагы Атабыз Мен
аркылуу Өз ишин иштеп жатат. [11] Менин Атабыз
менен, ал эми Атабыздын Мени менен тыгыз
байланышта экенине ишенгиле! Буга ишене
албасаңар, кылган кереметтеримден улам Мага
ишенгиле. [12] Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
Мен кылгандай кереметтүү иштерди Мага ишенген
адам да кылат, ал тургай андан да зор кереметтүү
иштерди кыла алат, себеби Мен Атабызга барып,
Ыйык Рухту жиберем. [13] Атабыздан Менин атыман
эмне сурасаңар да, аткарып берем. Ошондо
Атабыздын улуулугу Уулу аркылуу көрүнөт. [14] Менин
атымдан эмне сурасаңар да Мен аткарып берем.

### Ыйык Рухтун келери тууралуу убада

[15] Силер Мени жакшы көрсөңөр, буйруктарымды
аткаргыла. [16] Мен Атабыздан силерге дагы Бирөөнү
жиберүүсүн өтүнөм. Ал силерди колдоп, түбөлүк
бирге болот. [17] Ал – акыйкаттын Руху. Бул
дүйнөдөгүлөр Аны кабыл ала албайт, себеби Аны
көрө да, биле да албайт. Ал эми силер билесиңер,
анткени азыр Ал жан дүйнөңөрдө жашайт жана
кийин да жашай берет.
[18] Мен силерди жетимсиретпей кайра келем.
[19] Бир аз убакыттан кийин бул дүйнөдөгүлөр Мени
андан ары көрбөй калышат, ал эми силер
көрөсүңөр, анткени Мен кайра тирилем, силер да

түбөлүк өмүргө ээ болосуңар. [20] Ошол күнү силер
Мен Атам менен, өзүңөр Мени менен, Мен болсо
силер менен тыгыз байланышта экенимди билип
каласыңар. [21] Буйруктарымды көңүлүнө сактап,
аткарып жүргөндөр – Мени сүйгөндөр. Мени
сүйгөндөрдү Атам сүйөт. Мен да аларды сүйүп,
Өзүмдү аларга ачып берем.
[22] Ошондо Жүйүт (Искариот эмес) Ыйсадан:
– Эгем, сен өзүңдү кандайча бүт дүйнөгө эмес,
бизге гана ачмакчысың? – деп сурады.
[23] Ыйса мындайча жооп берди:
– Ким Мени сүйсө, айткандарымды бек тутат.
Атам да аны сүйөт жана Биз ага келип, аны менен
бирге жашайбыз. [24] Мени сүйбөгөндөр Менин
сөзүмдү тутунушпайт. Силер угуп жүргөн сөздөрдү
Өз оюмдан чыгарып айтканым жок. Алар Мени
жиберген Атабыздын сөздөрү.
[25] Мен бул сөздөрдү азыр араңарда жүргөн кезде
айтып жатам. [26] Ал эми Атабыз Менин атымдан
колдоочуңар – Ыйык Рухту жиберет. Ал Мен айткан
сөздөрдүн баарын эсиңерге салып, баарын
үйрөтөт. [27] Мен силердин жаныңарга тынчтык
берип кетем. Өз жанымдын тынчтыгын берип
кетем. Менин бере турганым адамдар берип, жок
болчу тынчтык эмес, ошондуктан жүрөкзаада
болуп, корко бербегиле. [28] Силерге: «Мен кетип
атам, бирок силерге кайтып келем» дебедим беле.
Эгер Мени чын жүрөктөн жакшы көрсөңөр,
Атабызга баратканыма кубанат элеңер, анткени
Атабыз Менден улуу. [29] Ушулардын баары ишке
ашкан кезде, силер Менин айткандарыма ишенип
калууңар үчүн, буларды азыр, алдын ала айтып
жатам. [30] Эми Мен силер менен көпкө сүйлөшө
албайм, анткени бул дүйнөнүн башкаруучусу
жакындап калды. Ал Менин үстүмөн бийлик
жүргүзө албайт. [31] Бирок адамзат Мен Атабызды
жакшы көрөрүмдү билүүгө тийиш. Ошол себептүү
эмне кылсам да, Ал айткандай кылам. Эми тургула,
бул жерден кетели.

### Жүзүм сабагы жана бутактары тууралуу ибарат

15 Мен – чыныгы жүзүм сабагымын, Атам болсо
– багбан. [2] Мендеги жемиш бербеген ар
бутакты Ал кесип таштайт. Ал эми жемиш
бергендерин дагы көбүрөөк берсин деп тазалап,
бутайт. [3] Ошол сыяктуу силерге айткан сөзүм
аркылуу силер тазардыңар. [4] Мени менен тыгыз
байланышта болгула, Мен да силер менен тыгыз
байланышта болом. Бутак сабакта болбосо, өзүнөн
өзү жемиш бере албайт. Ошол сыяктуу силер да
Мени менен тыгыз байланышта болмоюн, жемиш
бере албайсыңар. [5] Мен сабакмын, силер болсо
бутактарымсыңар. Ким Мени менен тыгыз
байланышта болуп, Мен да аны менен тыгыз
байланышта болсом, ал мол түшүм берет. Менден
бөлүнүп, силер эч нерсе кыла албайсыңар. [6] Ким
Мени менен байланышта турбаса, ал кесилген
бутак сымал сыртка ыргытылат да куурап калат.
Анан чогултулуп, отко ташталып, күйүп кетет. [7] Эгер
Мени менен тыгыз байланышта болуп, сөздөрүм
көкүрөгүңөрдө болсо, эмне кааласаңар да
сурасаңар, аласыңар. [8] Силер мол жемиш
берсеңер, Атамдын зоболосу көтөрүлөт. Ошондой
эле чыныгы шакирттерим болосуңар.
[9] Атабыз Мени кандай сүйсө, Мен силерди
ошондой сүйдүм. Менин сүйүүмдү көкүрөгүңөргө
түйүп жашагыла! [10] Мен Атамдын буйруктарына
баш ийип, Анын сүйүүсүн көкүрөгүмө түйүп
жашаганымдай, силер да Менин буйруктарыма
баш ийсеңер, Менин сүйүүм да силердин ичиңерде
жашайт. [11] Бул сөздөрдү Менин кубанычым
силердин жүрөгүңөрдө жашасын жана
кубанычыңар толук болсун деп айттым. [12] Силерге
айтар осуятым бул: бири бириңерди Мен силерди
сүйгөндөй сүйгүлө! [13] Өзүн достору үчүн курман
кылуудан өткөн улуу сүйүү жок. [14] Эгер Менин
айткан сөзүмдү аткарсаңар, Мага доссуңар.
[15] Силерди мындан ары кул дебейм, кул ээсинин
иштерин билбейт. Мен силерди досторум деп
атайм, анткени Атамдан уккандарымдын баарын
силерге айтып бердим. [16] Силер Мени эмес, Мен
силерди тандап алдым да, барып, жемиш берсин
деп, ошол жемишиңер түбөлүктүү болсун деп
дайындадым. Ошондо Менин атымдан эмне
сурасаңар да Атабыз берет. [17] Силерге калтыра
турган осуятым бул: бири бириңерди сүйгүлө!

### Күнөөкөр дүйнөнүн кастыгы

[18] Эгер дүйнө силерди жек көрсө, анын силерден
мурда Мени жек көргөнүн эстегиле. [19] Эгер силер да
ушул дүйнөгө таандык болсоңор, силерди өз
адамдары катары жакшы көрмөк. Бирок Мен
силерди бул дүйнөнүн ичинен тандап, бөлүп
алдым, эми бул дүйнөлүк эмессиңер, ошондуктан
ал силерди жек көрөт. [20] «Кул ээсинен өйдө эмес»
дегенимди эстегилечи. Алар Мени кодулап,
куугунтукташса, демек, силерди да кодулап,
куугунтукташат. Менин сөздөрүмдү угушса, анда
силердикин да угушат. [21] Мунун баарын Мени
ээрчигениңер үчүн кылышат, себеби алар Мени
жибергенди түшүнүшпөйт. [22] Мен бул дүйнөгө
келип, сүйлөбөсөм, бул дүйнө айыптуу болбос эле.
Эми болсо, күнөөсүнөн актанууга эч шылтоосу жок.
[23] Мени жек көргөндөр Атамды да жек көрүшөт.
[24] Эгер Мен башка эч ким кылбаган
кереметтеримди алардын арасында көрсөтпөгөн
болсом, айыптуу болушмак эмес. Бирок Алар
кереметтеримди көрүшкөн менен, Мени да,
Атамды жек көрүшөт. [25] Алардын мыйзамындагы
«себепсиз жек көрүндү болдум» † деген сөз
ушундайча ишке ашат.
[26] Мен силерге Атабыздан Колдоочу жиберем:
акыйкатты билдирүүчү ошол Ыйык Рух Атабыздан
келип, Мен жөнүндө ачык айтып берет. [27] Силер да
Мен жөнүндө айтып бересиңер, себеби

†

кызматымдын башынан баштап эле
жанымдасыңар.

16 Силерге мунун баарын Мага деген
ишенимиңерден тайбооңор үчүн айттым.
2 Синагогалардан чыгарыласыңар, ал тургай
силерди өлтүрүп жаткан адам: «Кудайга кызмат
кылып жатам!» деп ойлогон күндөр да келет. 3 Алар
муну Атабызды да, Мени да таанproblemsбагандыктан
жасашат. 4 Мен буларды башыңарга ушундай күн
түшкөндө, ушундай болот деп алдын ала айтып
кеткенимди эстегиле деген максатта айттым.
Араңарда жүргөндүктөн кызматымдын башында
силерге буларды айткан эмесмин.

### Ыйык Рух – биздин колдоочубуз

5 Эми Мен Мени Жибергенге кайтып бара жатам.
Бирок бириң да кайда бара жатканымды ушуга
чейин сураган жоксуңар. 6 Эми, айткан
сөздөрүмдөн кийин кайгыга батып турасыңар.
7 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: силер үчүн
Менин кеткеним дурус! Себеби эгер кетпесем,
силерге колдоочу келбейт. Эгер кетсем, барып, Аны
силерге жиберем. 8 Ал келген соң, бул дүйнөнүн
күнөө, адилеттик жана сот жөнүндөгү ойлорунун
ката экендигин ашкере кылат. 9 Алар күнөө эмне
экенин түшүнүшпөйт, анткени Мага ишенбей
жатышат. 10 Алар адилеттик эмне экенин
түшүнүшпөйт, анткени Мен Атабызга баратам жана
силер мындан ары Мени көрбөйсүңөр. 11 Алар сот
эмне экенин да түшүнүшпөйт, анткени бул
дүйнөнүн башкаруучусу сотко тартылды.
12 Силерге айтар сөзүм али көп, бирок азыр
айтсам, көтөрө албайсыңар. 13 Акыйкаттын Руху
келген соң, Ал силерди акыйкатка жетелейт, себеби
Ал Өз оюнан чыккан сөздү эмес, Атабыздан
укканын жана келечекте боло турганын айтат. 14 Ал
силерге Менин айткандарымды жеткирип,
улуулугумду көрсөтөт. 15 Атабыздагынын баары
Мага таандык. «Менин айткандарымды силерге
Ыйык Рух жеткирет» деп ошондуктан айттым.

### Ажырашуу кайгысы жана кайра көрүшүү кубанычы

16 Бир аздан кийин Мени көрө албай каласыңар,
андан соң, кайрадан көрөсүңөр.
17 Ошондо Ыйсанын кээ бир шакирттери:
– «Бир аздан кийин Мени көрө албай каласыңар,
андан соң, кайра көрөсүңөр» дегени эмнеси?
«Асмандагы Атабызга баратам» дегенин кандайча
түшүнсө болот? 18 «Бир аз убакыт» дегеничи? Эмне
жөнүндө айтып жатат? – дешти.
19 Ыйса алардын сурагысы келгенин туюп,
мындай деди:
– «Бир аздан кийин Мени көрө албай каласыңар,
андан соң, кайра көрөсүңөр» деп айтканымды
түшүнбөй, бири бириңерден сурап жатасыңарбы?
20 Силерге бир чындыкты айтып коёюн: силер
боздоп, зарлайсыңар, ал эми бул дүйнө кубанып
шаттанат. Ооба, кайгырасыңар, бирок кайгыңар
кубанычка айланат. 21 Аялдын ай-күнү жеткенде,
толгоо тартып кыйналат. Төрөгөн соң, наристе
дүйнөгө келди деп кубанганынан кыйналганын
унутуп коёт. 22 Силер да ошондой болуп азыр
кайгырып жатасыңар. Кайгырбагыла, Мен силерди
кайрадан көрөм. Ошондо силердин жүрөгүңөр
кубанычка толот. Ал кубанычты силерден эч ким
тартып ала албайт. 23 Ошол күнү Менден бир нерсе
жөнүндө сурашыңардын зарылчылыгы болбой
калат. Силерге бир чындыкты айтып коёюн:
Атабыздан Менин атымдан эмне сурасаңар да, Ал
берет. 24 Буга чейин Менин атымдан эч нерсе
сураган жоксуңар. Кубанычыңар толук болсун үчүн
сурагыла, аласыңар! 25 Мен буларды силерге кыйыр
түрдө айттым. Мындан ары кыйыр түрдө сүйлөбөй,
Атабыз тууралуу ачык айта турган кез келет.
26 Ошол кезде Менин атымдан сурай турган
болосуңар. Силер үчүн Атабыздан Менин
өтүнүшүмдүн зарылчылыгы болбой калат. 27 Себеп
дегенде, силер Мени жакшы көрүп, Кудайдан
келгениме ишенгениңер үчүн Атабыз да силерди
жакшы көрөт. 28 Мен дүйнөгө Атабыздан келгем,
эми бул дүйнөнү таштап, кайрадан Атабызга
баратам.
29 Ошондо шакирттери:
– Азыр кыйыр түрдө эмес, ачык сүйлөдүң. 30 Сен
баарын билериңе көзүбүз жетти. Эми бир нерсе
сураштын кереги да жок. Ошондуктан Кудайдан
келгениңе ишенебиз, – дешти.
31 Ыйса аларга мындай деп жооп берди:
– Эми ишенесиңерби? 32 Силер туш-тарапка
чачырап, ар кимиң үйлөрүңөргө качып кете турган
убакыт келе жатат, ал тургай келип да калды. Мени
жалгыз таштап кетесиңер. Бирок Мен жалгыз
эмесмин, себеби Атабыз Менин жанымда. 33 Мен
буларды силер Мени менен тыгыз байланышта
болуп, жаныңар тынчтыкка бөлөнсүн деп айттым.
Бул дүйнөдө азап чегесиңер, бирок кайраттуу
болгула: Мен бул дүйнөнү жеңдим.

### Ыйсанын шакирттери үчүн сыйынуусу

17 Ыйса ушуну айтып бүткөндөн кийин, көккө
карап туруп мындай деди:
– Оо, Ата, убакыт-саатым келип калды. Уулуң
Сенин улуулугуңду көрсөтө алсын үчүн Аны
улуулукка бөлөйгөр. 2 Себеби Ага берген
адамдарыңдын баарына түбөлүк өмүр берсин деп,
бардык адамзаттын үстүнөн болгон бийликти Анын
колуна өткөзүп бердиң. 3 Түбөлүк өмүр бул – бирден
бир чыныгы Кудай болгон Сени жана Өзүң
жиберген Ыйса Машаякты таануу. 4 Мага
тапшырган ишиңди аяктап, жерде улуулугуңду
көрсөттүм. 5 Дүйнө жаратыла электе жаныңда
жүрүп, улуулукка бөлөнгөм элем. Оо, Атаке, эми да,
жаныңда болгонумда, ошол улуулугуңа кайрадан
бөлөйгөр.

6 Бул дүйнөдөн тандап берген адамдарыңа Мен
Өзүңдү тааныттым. Алар Сага таандык эле, Мага
бердиң. Алар Сенин сөзүңдү көкүрөктөрүнө түйүп
алышты. 7 Мага тапшырганыңдын баары тең
Сенден чыкканына эми алардын көздөрү жетти.
8 Себеби Мен Сенин сөзүңдү жеткиздим эле, алар
кабыл алышты. Сенден келгенимди чындап
түшүнүп, Мени Өзүң жибергениңе ишеништи.
9 Бул дүйнө үчүн эмес, Өзүң Мага табыштаган
адамдар үчүн өтүнүп жатам. Себеби алар Сага
таандык. 10 Мендегинин баары Сеники, Сендегинин
баары Меники эмеспи. Ошол себептүү алар
аркылуу Мен улуулукка бөлөндүм. 11 Мындан ары
Мен жерде калбай, Сага бара жатам, бирок алар
жерде калышат. Оо, ыйык Ата! Өзүң Мага берген
ысмың аларга калканыч болсун! Биз сыяктуу алар
да бир болушсун. 12 Араларында жүргөнүмдө, Мага
берген ысмыңдын кудурети менен аларды коргоп,
аман сактап жүрдүм. Шору куруй турган бир
адамдан башка бирин жоготкон жокмун. Ыйык
Жазууда айтылган ошол адамдын кылчу иши
ушундайча ордунан чыкмак. 13 Эми болсо Өзүңө
бара жатам. Бирок Менин кубанычым толугу менен
аларда болсун деп, бул сөздөрүмдү азырынча,
жерде экенимде айтып турам. 14 Аларга Сенин
сөзүңдү жеткиздим.
Мага окшоп, алар да бул дүйнөгө караштуу эмес,
ошондуктан дүйнө аларды жек көрүп калды.
15 Аларды бул дүйнөдөн алып чык деген жерим жок,
азгыруучудан сактай көр деп гана сурап турам.
16 Булар да Мен сыяктуу бул дүйнөгө караштуу эмес.
17 Аларды акыйкатың менен Өзүңө багыштап, ыйык
кыл. Сенин сөздөрүң – акыйкат. 18 Сен бул дүйнөгө
Мени жөнөткөндөй, Мен да аларды бул дүйнөгө
жөнөттүм. 19 Сага өздөрүн чындап багыштасын деп,
алар үчүн Сага Мен Өзүмдү багыштайм.

### Ыйсанын келечектеги шакирттери үчүн сыйынуусу

20 Менин жанымдагы шакирттерим үчүн гана
эмес, алардын айткандары аркылуу Мага ишенип
кала турган бардык адамдар үчүн да өтүнүп турам.
21 Оо, Атаке! Мени Сен жибергениңе адамзаттын
ишенүүсү үчүн, Сенин Мени менен, ал эми Менин
Сени менен тыгыз байланышта турганыбыздай
ишенүүчүлөр да экөөбүз менен тыгыз байланышта
туруп, баары тең бир болушса экен. 22 Алар да биз
сыяктуу бир болсун деп, Мага берген улуулугуңду
аларга бердим. 23 Мен булар менен, Сен болсо
Мени менен тыгыз байланыштасың. Мени Сен
жибергендигиңе, Мени кандай жакшы көрсөң,
аларды да ошондой жакшы көрөрүңө адамзаттын
көзү жетсин үчүн Мага ишенүүчүлөр ушундай толук
биримдикке жетишсин. 24 Атаке, Мага тапшырган
адамдарыңдын Мен болчу жерде болушун
каалайм. Сени жакшы көргөндүгүмдөн аалам
жарала электе эле Мага улуулукту тартуулаган элең.
Ошол улуулукту алар да көрүшсө экен. 25 Оо,
адилеттүү Ата! Бул дүйнөдөгүлөрдүн көбү Сени
таанышпайт, бирок Мен тааныйм. Мени Сен
жибергениңе шакирттеримдин да көздөрү жетти.
26 Мен аларга ким экениңди ачып берип, мындан
ары да ача бермекчимин. Ылайым Мага деген
мээримиң алардын ичинде болсун, Мен да
алардын жүрөгүнөн орун алайын.

### Ыйсанын кармалышы

18 Ыйса сыйынып бүтүп, шакирттери менен
бирге шаардын сыртына чыкты да, Кедрон
сайынын ары жак бетине өттү. Ал жакта бир бак
бар эле. Ал шакирттерин ээрчитип, ошонун ичине
кирди. 2 Ыйса бул жерде шакирттери менен тез-тез
жолугушуп тургандыктан, Ага чыккынчылык
кылуучу Жүйүт да бул жерди билчү. 3 Ал римдик
аскердин бир тобун жана жогорку динкызматчылар
менен фарисейлер берген бир нече сакчыларды
ээрчитип келди. Алардын колунда чырак, шамана
жана курал бар эле. 4 Алдында эмне күтүп турганын
билген Ыйса бактын ичинен чыгып, алардан:
– Кимди издеп жүрөсүңөр? – деп сурады.
5 Алар:
– Назареттик Ыйсаны! – деп жооп беришти.
Ыйса:
– Мен дал Ошонун Өзүмүн! – деди.
Саткын Жүйүт да ошолор менен турган эле.
6 Ыйсанын «Мен дал Ошонун Өзүмүн!» дегенин
угушканда, алар кетенчиктешип, жерге
жыгылышты. 7 Ыйса аларга кайрадан:
– Кимди издеп жүрөсүңөр? – деди.
– Назареттик Ыйсаны, – дешти алар.
– 8 Мен дал Ошонун Өзүмүн дедим го! Эгерде
издегениңер Мен болсом, анда жанымдагыларды
коё бергиле! – деди Ыйса.
9 Ыйсанын «Мага бергендериңдин бир да бирин
жоготкон жокмун» деп айтканы ушундайча
аткарылды. 10 Ошондо Ысман-Петир канжарын
кынынан сууруп алып, башкы динкызматчынын
кулунун оң кулагын шылый чапты. (Кулдун аты
Малк эле.) 11 Бирок Ыйса Петирге:
– Канжарыңды кынына сал! Же Атабыздын эркин
аткарбашым керек деп ойлойсуңбу? – деди.

### Петирдин «Ыйсаны таанybайм» деп үч жолу айтышы

12 Аскер тобу менен миңбашы жана иудей
башчыларынын сакчылары Ыйсаны кармап алып,
колун байлашты. 13 Аны алды менен Анаска алып
барышты. Ал ошол мезгилде башкы динкызматчы
болуп турган Каяптын кайнатасы эле. 14 «Бүтүндөй
эл ойрон болгондон көрө, ошол эл үчүн бир
адамдын өлгөнү жакшы» деп иудей башчыларына
кеңеш берген Каяп ушу болчу.
15 Ысман-Петир менен дагы бир шакирт Ыйсанын
артынан жүрүп отурушту. Бул шакирт башкы
динкызматчынын таанышы болгондуктан анын
үйүнүн короосуна Ыйса менен бирге кирди.

[16] Петир болсо дарбазанын сыртында калды.
Башкы динкызматчынын таанышы болгон жанагы
шакирт сыртка чыгып, дарбазачы малай кыз менен
сүйлөшүп, Петирди да ичкериге киргизип алды.
[17] Малай кыз Петирден:
– Сен да ушу кишинин шакирти эмессиңби? – деп
сурады.
Петир:
– Жок, – деп макул болгон жок.
[18] Күн суук болгондуктан, кулдар менен сакчылар
от жагып, тегеректеп, жылынып турушту. Петир да
ошолордун арасында жылынып турду.
[19] Башкы динкызматчы Ыйсадан Анын
шакирттери жана берген таалими жөнүндө сурады.
[20] Ыйса мындай деп жооп кайтарды:
– Мен эл алдында ачык айтып келдим. Ар дайым
синагогада, ийбадаткананын короосунда таалим
берип жүрдүм. Мен эч нерсени жашыруун айткан
жокмун. [21] Эмнеге Менден сурап жатасыз? Сөзүмдү
уккандардан сураңыз, Менин эмне айтып
жүргөнүмдү алар билишет.
[22] Ыйса муну айтканда, ошол жерде турган
сакчылардын бири Аны жаака чапты да:
– Эй, башкы динкызматчыга да ушинтип жооп
бересиңби? – деди.
– [23] Туура эмес айтсам, далилдеп бер, эгер туура
болсо эмнеге уруп жатасың? – деди Ыйса ага.
[24] Ушундан кийин Анас Ыйсаны байлануу бойдон
башка башкы динкызматчы – Каяпка жиберди.
[25] Оттун табына жылынып турган Ысман-Петирден
жанындагылар:
– Сен да тигинин шакирттеринен эмессиңби? –
деп сурашты.
Ал:
– Жок, – деп дагы макул болбоду.
[26] Ошондо башкы динкызматчынын кулдарынын
бири, Петир кулагын шылый чапкандын тууганы:
– Сени бакта тигинин жанынан көрбөдүм беле, –
деди.
[27] Петир үчүнчү ирет танды. Так ошол кезде короз
кыйкырды.

### Ыйса Пилаттын алдында

[28] Таң заарда иудей башчылары Ыйсаны Каяптын
үйүнөн римдик губернатордун акимчилигине алып
келишти. Дин боюнча башка улуттагылардын
жайына кирүү адамды арам кылгандыктан, жогорку
динкызматчылар акимчиликтин босогосун
атташпады. Антпесе алар Куткарылуу
майрамындагы тамакка катыша албай калмак.
[29] Ошондуктан Пилат аларга өзү чыгып:
– Бул кишиге кандай айып коюп турасыздар? –
деп сурады.
[30] Алар ага:
– Бул кылмышкер болбосо алдыңызга алып
келбейт элек, – деп жооп беришти.
[31] Пилат:
– Аны өзүңүздөр алып кетип, өз мыйзамыңыздар
боюнча соттой бериңиздер! – деди.
Иудей башчылары:
– Бизде бирөөнү өлүм жазасына тартуу укугу жок,
– дешти.
[32] Өзүнүн кандай өлүүгө тийиштүү экенин алдын
ала айткан Ыйсанын пайгамбардык сөзү
ушундайча аткарылды. [33] Пилат акимчиликтин
ичине кайра кирип, Ыйсаны чакыртып алды да:
– Иудейлердин падышасы сенсиңби? – деп
сурады.
[34] Ыйса:
– Бул сөз өзүңүздөн чыктыбы же бул ушундай деп
Мен тууралуу сизге башкалар айттыбы? – деди.
[35] Пилат:
– Мен, эмне, иудей белем! Сени мага өзүңдүн
элиң менен жогорку динкызматчылар кармап
келишти. Эмне иш кылып койдуң эле? – деп
сурады.
[36] Ыйса:
– Менин падышалыгым бул дүйнөгө таандык
эмес. Эгер бул дүйнөгө таандык болсо,
кызматкерлерим Мени иудей башчыларынын
колуна түшүрбөө үчүн күрөшмөк. Бирок Менин
падышалыгым бул дүйнөгө таандык эмес, – деп
жооп берди.
[37] Пилат андан:
– Демек, падыша экенсиң да? – деп сурады.
Ыйса ага:
– Падыша экенимди өзүңүз айттыңыз. Мен
акыйкатты жарыялаш үчүн төрөлдүм жана ошол
максат менен дүйнөгө келдим. Ким акыйкат
тарабында болсо, Менин үнүмдү угат, – деди.
Пилат:
– [38] Акыйкат деген эмне? – деди да, элге кайра
чыгып: – Мен андан эч кандай айып таппай турам.
[39] Сиздердин салтыңыздар боюнча Куткарылуу
майрамына карата дайыма бир кылмышкерди
бошотуп берчү эмес белем. Мен сиздерге
«иудейлердин падышасын» бошотуп берейинби? –
деди.
[40] Ошондо алар бир добуштан:
– Аны эмес, Барабба[ны]! – деп, кыйкырышты.
Барабба болсо каракчы эле.

### Жоокерлердин Ыйсаны мазакташы

19 Ушундан кийин Пилат Ыйсаны камчы менен
сабаттырды. [2] Бир топ жоокер тикенектен
таажы жасап, Ыйсанын башына кийгизишти да,
кочкул кызыл чапанды желбегей жабышты. †
– [3] Жашасын иудейлердин падышасы! – деп
алдына тура калып, шылдыңдашып, Аны жаакка
чапкылашты.
[4] Пилат кайрадан сыртка чыгып:
– Караңыздар, мен муну сиздердин алдыңыздарга
алып келе жатам: мен мындан эч кандай күнөө
таба албадым, ошону билип коюңуздар, – деди.

†

5 Тикенек таажы менен кырмызы чапанчан Ыйса
сыртка чыкты. Пилат элге:
– Ал киши мына! – деди.
6 Жогорку динкызматчылар менен алардын
сакчылары Ыйсаны көргөндө:
– Жыгачка кадап сал аны, жыгачка! – деп
кыйкырышты.
Пилат аларга:
– Силер кадагыла! Мен андан эч кандай күнөө
таппадым! – деди.
7 Жогорку динкызматчылар ага:
– Бизде мыйзам бар, ошол мыйзам боюнча бул
өлүүгө тийиш. Себеби бул өзүн Кудай Уулумун деп,
Кудайга акарат келтирип жүрөт, – дешти.
8 Пилат муну укканда, мурункудан бетер коркуп
кетти. 9 Ал Ыйсаны кайрадан акимчиликтин ичине
алып кирди да:
– Сен кайдан келдиң? – деп сурады.
Бирок Ыйса ага жооп берген жок.
– 10 Мени менен сүйлөшкүң келбейби, ыя? Сени
бошотуп жиберүү да, жыгачка кадап салуу да
менин колумда экенин билбейсиңби? – деди.
– 11 Көктөн берилбесе, Мага бийлигиңиз жүрбөс
эле. Ошондуктан Мени кармап бергендин күнөөсү
сиздикинен көбүрөөк, – деди.
12 Ушул сөздөн кийин Пилат Ыйсаны бошотуунун
айласын ойлоду, бирок иудей башчылары:
– Эгер бошотуп жиберсең, Рим падышасына дос
эмессиң! Өзүн өзү падышамын деген ар ким
падышага каршы, – деп кыйкырышты.
13 Ушул сөздөн кийин Пилат Ыйсаны сыртка
чыгартып, Ташаянттагы (бул аянттын эврейче
аталышы – Габата) сот орундугуна отурду. 14 Бул
Куткарылуу майрамынан бир күн мурда, түшкө
маал болгон эле. Пилат иудей башчыларына:
– Мына, падышаңыздар! – деди.
15 Бирок алар:
– Алып кет аны! Алып кет! Кадап сал жыгачка! –
деп чуулдашты.
Пилат аларга:
– Мен жыгачка падышаңыздарды кадайынбы? –
деп суроо берди.
Жогорку динкызматчылар:
– Биздин Рим падышасынан башка эч кандай
падышабыз жок, – деп жооп беришти.
16 Акырында Пилат алардын айткандарына көнүп,
Ыйсаны айкаш жыгачка кадоого буйрук берди.

### Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы

Ыйсаны кармап алып кетишти. 17 Ал Өз айкаш
жыгачын Өзү көтөрүп, шаардан чыкты да, «Баш
сөөк жайы» деген жерге карай бет алды. Бул
жердин эврейче аталышы – Голгота.
18 Жоокерлер жазалана турган дагы эки адамдын
ортосуна Ыйсаны коюп, айкаш жыгачка кадашты
да, өйдө көтөрүп коюшту. 19 Пилат такта
жасаттырып, айкаш жыгачтын өйдө жагына
бекиттирди. Тактада «Бул – назареттик Ыйса,
иудейлердин падышасы» деген жазуу бар эле.
20 Муну көптөгөн адамдар окушту, себеби Ыйса
жыгачка кагылган жер шаардан алыс эмес эле,
анын үстүнө жазуу эврейче, латынча жана грекче
болчу. 21 Жогорку динкызматчылар Пилатка келип,
мындай дешти:
– «Иудейлердин падышасы» эмес, «Мынабу
иудейлердин падышасымын деди» деп жазыңыз.
22 Пилат ага:
– Бүттү, мен жазарымды жазып койдум, – деп
жооп берди.
23 Жоокерлер Ыйсаны жыгачка кадагандан кийин,
анын сырт кийимин төрткө бөлүп алышты.
Көйнөгүн да алышты. Көйнөк башынан аягына
чейин токулуп жасалган эле. 24 Андыктан алар бири
бирине:
– Муну айрыбастан чүчү кулак кармашып, кимге
тиерин билелик, – дешти.
Ыйык Жазууда «кийимимди бөлүп, өз ара чүчү
кулак кармап жатышат» † деп айтылган үчүн алар
ушундай кылышкан эле.
25 Ыйса керилген айкаш жыгачтын жанында Анын
энеси, таежеси, Клеоптун аялы – Мариям жана
магдалалык Мариям карап турушкан. 26 Ыйса энеси
менен анын жанында турган, өзгөчө жакшы көргөн
шакиртин көргөндө, энесине:
– Эми мынабу сиздин балаңыз болсун! – деди.
27 Андан кийин шакиртине:
– Эми бул аял сенин энең болсун! – деди.
Ошол сааттан баштап шакирти Ыйсанын энесин
өз үйүнө алды.
28 Ыйса бардык тийиштүү нерселердин ордуна
келгенин билип, Ыйык Жазуудагы сөздүн
ырасталышы үчүн:
– Суусадым, – деди.
29 Ал жерде начар шарап куюлган кумара турган
эле. Ошондо бир соргучту андагы кычкыл
ичимдикке малып, иссоп бутагына бекитишти да
Ыйсанын оозуна такашты. 30 Ыйса аны татып көрүп:
– Аткарылды! – деди да, башы шылк этип, жан
берди.
31 Бул окуя жума күнү болуп, эртеси дем алыш күн
эле. Иудей башчылары айкаш жыгачка
кадалгандардын сөөктөрү дем алыш күнү
жыгачтарда илинген бойдон калышын
каалашпады. Ошондуктан Пилатка барышып,
алардын шыйрактарын сындыра чаап, сөөктөрүн
жыгачтан түшүрүп, алып таштоосун суранышты.
32 Ошентип жасоолдор келишти да, Ыйса менен
бирге кадалган эки кишинин шыйрактарын
сындыра чабышты. 33 Ыйсага келишип, Анын өлүп
калганын көргөн соң, шыйрагын сындырышпады.
34 Бирок жасоолдордун бири Ыйсанын бооруна
найзасын малып алды. Ошол замат кан менен суу
чыкты.

†

35 Муну өз көзү менен көргөн киши силерди да
ишенсин деп ушуларды жазды. Анын сөздөрү чын.
Ал чындыгын айтып жатканын билет. 36 Ыйык
Жазуудагы «Анын бир да сөөгү сынбайт!» † деген
сөз орундалууга тийиш эле, ошол үчүн ушундай
болду. 37 Ыйык Жазуулардын дагы бир жеринде:
«Алар өздөрү сайып салган кишини көрүшөт» †† деп
жазылган.

### Ыйсанын көргө коюлушу

38 Мындан кийин ариматиялык Жусуп деген киши
Пилатка барды. Ал Ыйсанын шакирти болгону
менен, мунусун иудей башчыларынан жашырып
жүргөн болчу. Эми ал Пилаттан Ыйсанын сөөгүн
көргө коюу үчүн алып кетүүгө уруксат берүүсүн
суранды. Пилат макулдугун бергенде, Жусуп барып,
сөөктү алып кетти. 39 Мурда бир жолу Ыйсага түн
ичинде келип кеткен Никадим да маркумга сүйкөй
турган мүр чайыры менен алой майынын жүз
кадактай аралашмасын алып, ушул жерге келди.
40 Иудейлердин сөөк коюу салты боюнча алар
маркумдун сөөгүн өздөрү алып келген жыттуу
заттар менен шыбап, ак кепинге орошту. 41 Ыйса
кадалган тушта бир бак болор эле, анда али эч ким
коюла элек, жаңы оюлган бир көр ‡ бар болчу.
42 Дем алыш күн жакындап, анын үстүнө көр да
жакын жерде болгондуктан, алар Ыйсанын сөөгүн
ошонун ичине коюшту.

### Ыйсанын тирилиши

20 Жуманын биринчи күнү таң азанда
магдалалык Мариям көргө келип, анын оозун
бекиткен таштын ордунан жылдырылып калганын
көрдү. 2 Ал Ысман-Петир менен Ыйсанын өзгөчө
сүйгөн шакиртине жүгүрүп барып, аларга:
– Эгебизди көрдөн алып кетишиптир! Кай жерге
коюшканын билбейбиз – деди.
3 Петир менен ошол шакирт дароо шаардан
чыгып, көргө бет алышты. 4 Экөө тең чуркаган
бойдон жөнөп, бирок алиги шакирт Петирден
ылдамыраак жүгүргөндүктөн, көргө биринчи
жетти. 5 Анан эңкейип кепиндин жатканын көрдү
да, бирок ичине кирбеди. 6 Ошол кезде анын
артынан Ысман-Петир да жетип келип, түз эле
көргө кирди. Ал да кепин менен Ыйсанын башын
орогон сүлгүнүн жатканын көрдү. Бирок сүлгү
кепин менен бирге эмес, оролуу боюнча бөлөк
жаткан экен. 8 Анан биринчи болуп келген алиги
шакирт көргө кирди. Ал көрдү да ишенди. 9 Ал
кезде алар Ыйык Жазуулар боюнча Анын өлүмдөн
кайра тирилүүгө тийиш экендигин алиге чейин
түшүнүшө элек эле. 10 Ушундан кийин шакирттери
үйлөрүнө кайтышты.

† †† ‡

### Ыйсанын магдалалык Мариямга көрүнүшү

11 Мариям болсо үңкүрдүн жанында ыйлап турду.
Ыйлап жатып, ал эңкейип, көрдүн ичин карады.
12 Ичинен ал ак кийимчен эки периштени көрдү.
Бирөө Ыйсанын сөөгү коюлган жердин баш
жагында, экинчиси аяк жагында отурган экен.
13 Периштелер ага:
– Аялзаты, неге ыйлап турасың? – дешти.
Ал периштелерге:
– Эгемди алып кетишиптир, эми кай жерге
коюшканын билбейм, – деди.
14 Ушуну айткандан кийин артына бурулган ал
Ыйсанын турганын көрдү, бирок тааныбады.
15 Ыйса андан:
– Аялзаты, неге ыйлап турасың? Кимди издеп
жүрөсүң? – деп сурады.
Мариям аны багбан экен деп ойлоп:
– Мырза, аны алып кеткен сиз болсоңуз, кай
жерге койгонуңузду айтыңызчы, мен алып
келейин, – деди.
16 Ошондо Ыйса ага:
– Мариям, – деди.
Мариям Ыйсага бурулуп, эврейче:
– Раббуни! – деди. Бул сөз «устатым» деп
которулат.
17 Ыйса ага:
– Мени кармаба, себеби Мен али Атабызга
көтөрүлө элекмин. Боордошторума барып, Менин
Атама – силердин да Атаңарга, Менин Кудайыма –
силердин да Кудайыңарга көтөрүлөрүмдү айт! –
деди.
18 Магдалалык Мариям шакирттерге барып,
Эгебизди көргөнүн жана Анын бул айткандарын
кабарлап, айтып берди.

### Ыйсанын шакирттерине көрүнүшү

19 Ошол эле күнү кечинде Ыйсанын шакирттери
бир үйгө чогулушуп, иудей башчыларынан
корккондуктан, эшиктерин бекитип отурушкан эле.
Капилеттен Ыйса ортосунда пайда болуп:
– Ассалом алейкум! – деди.
20 Ыйса муну айткандан кийин, аларга эки
колундагы жана боорундагы жараттарын көрсөттү.
Шакирттери Эгесин көрүшкөнүнө өтө кубанып
кетишти.
– 21 Ассалом алейкум! – деди Ыйса экинчи ирет. –
Асмандагы Атабыз Мени жиберген сыяктуу, Мен да
силерди дүйнөгө жиберем. – 22 Ушундай деп, Ал
шакирттерине демин үйлөп мындай деди:
– Ыйык Рухту кабыл алгыла! 23 Кимдин күнөөсүн
кечирсеңер, кечирилет, ал эми кимдин күнөөсүн
кечирбесеңер, аларды Кудай да кечирбейт.
24 Он эки шакирттин бири Том-Эгиз, Ыйса келген
кезде алардын арасында жок эле. 25 Башка
шакирттер:

– Биз Эгебизди көрдүк, – дешкенде, ал: – Мен
анын колунан кагылган мыктардын ордун көрүп,
манжамды мыктардын изине, колумду бооруна
тийгизмейинче, тирилгенине эч ишенбейм, – деди.
[26] Бир жумадан кийин Ыйсанын шакирттери дагы
ошол үйгө чогулушту, Том да алар менен бирге
болчу. Эшик бекитилүү эле, бирок Ыйса келди да,
ортого туруп:
– Ассалом алейкум! – деди.
[27] Андан кийин Томго кайрылып:
– Менин колума манжаңды тийгизип, колумду
боорума коюп көр да, ишенбөөчү болбой,
ишенүүчү бол! – деди.
[28] Том ага:
– Эгем менин! Кудайым менин! – деди.
[29] Ыйса ага:
– Том, сен Мени көргөндүгүңдөн ишенип
жатасың, бирок көрбөй туруп ишенгендер кандай
бактылуу, – деди.
[30] Ыйса шакирттеринин көз алдында бул китепте
жазылбаган башка дагы көптөгөн ажайып-
жышаандарды көрсөттү. [31] Ал эми мунун баары
силер Ыйсанын Машаяк, Кудай Уулу экенине
ишенип, ишенгениңерден улам чыныгы өмүргө ээ
болсун деген максат менен жазылды.

### Ыйсанын көл жээгинен шакирттерине көрүнүшү

21 Мындан кийин Ыйса Тиберия көлүнүн
жээгинде дагы бир жолу шакирттерине
көрүндү. Бул мындайча болду: [2] Ысман-Петир, Том-
Эгиз, Галилеядагы Каана шаарынан чыккан
Натанайыл, Зебедейдин уулдары жана Ыйсанын
дагы эки шакирти бирге жүрүшкөн.
– [3] Балык кармаганы баратам, – деди Ысман-
Петир аларга.
Алар:
– Биз да барабыз, – дешти да, сыртка чыгып,
кайыкка түшүштү.
Бирок бул түнү алар эч нерсе кармай алышпады.
[4] Таң эрте Ыйса жээкте турган эле. Шакирттери
болсо анын Ыйса экенин билишкен эмес. [5] Ыйса
аларга:
– Эй, балдар, балыгыңар барбы? – деди.
– Жок! – деп жооп беришти шакирттери.
– [6] Торду кайыктын оң жагына салгыла, ошондо
кармайсыңар, – деди Ыйса.
Алар торун таштап, түшкөн балыктын көптүгүнөн
кайра тартып чыгара алышпады. [7] Ошол кезде
Ыйсанын жакшы көргөн шакирти:
– Бул Эгебиз го, – деди Петирге.
«Бул Эгебиз!» дегенди укканда, сырт кийимсиз
жүргөн Ысман-Петир көйнөгүн байлана калып,
сууга секирди. [8] Башка шакирттери болсо кайык
менен жээкке жөнөштү, анткени алар жээктен алыс
эмес, жаа атымдай † аралыкта жүрүшкөн. Ошентип
алар балыкка толгон торду сүйрөтүп келишти.
[9] Жээкке чыкканда, чоктун үстүндөгү балык менен
нанды көрүштү. [10] Ыйса аларга:
– Балыгыңардан алып келгиле! – деди.
[11] Ысман-Петир кайыкка барып, чоң балыкка
толгон торду жээкке тартып чыгарды. Тордо жүз
элүү үч чоң балык бар экен. Балык ушунча көп
болсо да, тор жыртылбаптыр. [12] Ыйса аларга:
– Эми келип тамактангыла! – деди.
Шакирттеринин эч кимиси «сен кимсиң?» деп
суроого батынышпады. Бул киши өздөрүнүн Эгеси
экендигин алар билип калышкан. [13] Ыйса басып
келип, нанды алып, аларга берди. Балыктан да
берди. [14] Бул Ыйсанын өлүмдөн кайра тирилгенден
берки шакирттерине үчүнчү жолу келүүсү эле.

### Ыйсанын Петирге берген тапшырмасы

[15] Алар тамактанып алгандан кийин Ыйса Ысман-
Петирден:
– Жакан уулу Ысман, буларга караганда Мени сен
көбүрөөк сүйөсүңбү? – деп сурады.
– Ооба, Эгем, жакшы көргөнүмдү Өзүң деле
билесиң, – деди Петир.
Ошондо Ыйса ага:
– Козуларымды бак! – деди.
[16] Ыйса андан экинчи ирет:
– Жакан уулу Ысман, сен Мени жакшы көрөсүңбү?
– деп сурады.
Петир:
– Ооба, Эгем, жакшы көргөнүмдү Сен билесиң го,
– деп жооп кайтарды.
Ыйса ага:
– Койлорумду кайтар! – деди.
[17] Ыйса үчүнчү жолу:
– Жакан уулу Ысман, сен Мени жакшы көрөсүңбү?
– деп сурады.
«Сен Мени жакшы көрөсүңбү?» деп үчүнчү ирет
сурагандыктан Петир капа болуп:
– Эгем, Сен баарын билесиң да, Сени жакшы
көрөрүмдү да билесиң, – деди.
Ошондо Ыйса ага мындай деди:
– Койлорумду бак! [18] Сага бир чындыкты айтып
коёюн: жаш кезиңде кайда баргың келсе, өзүң
чеччүсүң, карыганыңда колуңду сунуп бересиң,
башка бирөө байлайт да, каалабаган жагыңа алып
барат, – деди.
[19] (Ыйса бул сөздөрдү Петирдин кандайча өлүп,
Кудайды улуулукка бөлөөрүн билдирүү үчүн айтты.)
Ушундан кийин ага:
– Менин артыман түш! – деди.

### Ыйса жана Анын жакшы көргөн шакирти

[20] Петир артын карап, Ыйсанын өзгөчө жакшы
көргөн шакиртинин ээрчип келатканын көрдү, ал
дасторкон башында Ыйсанын жанында жамбаштап
жатып: «Эгем, Сени сатып кетчү ким?» – деп сураган
шакирт эле. [21] Петир ошол шакиртти көргөндө:
– Эгем, а булчу? – деди.

†

22 Ыйса:
– Кааласам, Мен кайтып келгенче ал ушул жерде болот, аны менен сенин ишиң эмне? Сен болсо Менин артыман түш! – деп жооп берди.
23 Мындан кийин Ыйсага ишенгендердин арасында «бул шакирт өлбөйт» деген сөз тарап кетти. Бирок Ыйса Петирге «өлбөйт» деген эмес, «кааласам Мен кайтып келгенче ал ушул жерде болот, аны менен сенин ишиң эмне?» деген эле.
24 Ушунун баарына күбө болуп, жазып алган ошол шакирт. † Биз анын жазгандары чындык экенин билебиз.

### Соңку сөз

25 Ыйса жасаган дагы башка көп нерселер бар. Алардын баарын бир-бирден жазып чыга турган болсо, анда жазылган китептер, менимче, бул дүйнөгө сыйбай кетмек.

†

# Элчилердин иштери

### Ыйса убада кылган Ыйык Рух

1 –2 Ыйса асманга көтөрүлгөн күнгө чейинки
убакытта Өзү тандап алган элчилерине Ыйык
Рухтун колдоосу менен берген жол-жоболорунун,
кылган иштеринин жана таалиминин баарын мен
сизге, улуу урматтуу Теопил, биринчи китебимде
жазган элем. [3] Ал азап чегип, өлгөндөн кийин кырк
күн бою бир нече жолу элчилерине көрүнүп, тирүү
экендигин ишеничтүү далилдер менен көрсөттү
жана Кудай Падышачылыгы тууралуу айтып берди.
[4] Андан соң, алар менен бирге отурганда:
– Иерусалимден кетпей, Атабыз убада кылган
Ыйык Рухту күткүлө. Силер Ал жөнүндө Менден
уккансыңар. [5] Жакыя адамдарды сууга чөмүлдүргөн
болчу, силер да бир нече убакыттан кийин Ыйык
Рухка чөмүлөсүңөр, – деди.
[6] Элчилер Ыйсадан мындай деп сурашты:
– Эгебиз, Сенин Ысрайыл падышачылыгын кайра
калыбына келтире турган убагың келип жеттиби?
[7] Ыйса аларга:
– Атабыз Өзүнүн бийлиги менен белгилеп койгон
убакыт-саатты билүүнү силерге буйруган эмес.
[8] Үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндө, Анын кудуретине
толосуңар жана Иерусалимде, Иудея менен
Самариянын бардык жерлеринде, ал тургай, жер
чегине чейин Мен жөнүндө адамдарга айтып
бересиңер, – деп жооп берди.

### Ыйсанын асманга көтөрүлүшү

[9] Ыйса жогорудагы сөздү айтып бүткөн соң,
элчилеринин көз алдында көккө көтөрүлө баштады
да, булуттун кучагына кирип кетти. [10] Элчилер
Анын көтөрүлүп бара жатканын карап турушканда,
бет алдыларында күтүлбөгөн жерден ак кийимчен
эки адам пайда болуп, мындай дешти:
– [11] Эй, галилеялыктар, эмнеге бул жерде асманды
карап турасыңар? Бул – Ыйса, Аны Кудай силердин
араңардан асманга алып кетти. Ал көз алдыңарда
кандай көтөрүлүп кетсе, дал ошондой эле болуп
кайра келет.
[12] Ушундан соң, элчилер Зайтун тоосунан
Иерусалимге кайтып келишти. Зайтун тоосу
Иерусалимден бир чакырымдай аралыкта
жайгашкан. [13] Шаарга кирип, алар өздөрү
жайгашкан бөлмөгө барышты. Ал жерде Петир,
Жакан, Жакып, Идрис, Филип, Том, Барталамей,
Матай, Алпейдин уулу Жакып, Динчил Ысман,
Жакыптын уулу Жүйүттөр олтурушкан эле. [14] Баары
тең Кудайга берилүү менен сыйынып жатышкан.
Алардын арасында Ыйсанын энеси Мариям, бир
тугандары жана Анын жолун жолдогон башка
аялдар бар болчу.

### Жүйүттүн ордун баскан киши

[15] Ошол күндөрдүн биринде, жүз жыйырмадай
шакирт чогулуп олтурушкан жерде Петир ортого
чыгып, мындай деди:
– [16] Боордоштор! Ыйык Рух аркылуу айтылган
Дөөттүн сөзү жана Ыйык Жазууларда жазылгандай,
Жүйүт тууралуу алдын ала айтылган
пайгамбарчылык аткарылууга тийиш болчу.
[17] Жүйүт бизге кошулуп, кызматташ болууга
тандалган эле. [18] Бирок арам жол менен тапкан
акчасына сатып алган жеринде оңкосунан
сайылып, ичегиси чубалып өлдү. [19] Мунун баары
бүткүл иерусалимдиктерге билинип, ал жер
алардын тилинде «Акелдама», башкача айтканда,
«Кандуу жер» аталды. [20] Себеби Забур китебинде
дагы мындай деп жазылган:
«Ылайым үйү ээн калсын,
Эч ким жашабай калсын!» †
Дагы мындай деген жери бар:
«Анын ордун башка бирөө бассын!» ††
[21] –22 Ошондуктан Жүйүттүн ордун бир киши
ээлеш керек. Ал киши Эгебиз Ыйса арабызда
болгон бардык күндөрү, башкача айтканда, Жакыя
тарабынан сууга чөмүлдүрүлгөн кезинен тартып,
асманга кеткенине чейин биз менен жүрүп, Анын
кайра тирилгенине күбө болгон адам болууга
тийиш.
[23] Ошентип, алар эки кишини: Барсап атка конгон
Жусуп (анын башка аты Жуст) жана Матыйды
алдыга чыгарышты. [24] Анан Кудайга сыйынышты:
«Оо Эгебиз, Сен бардык адамдардын оюн билесиң.
[25] Элчилик кызматка ушул экөөнүн кайсынысын
тандаганыңды көрсөтсөң экен. Анткени Жүйүт
кетчү жагына кетти».
[26] Сыйынган соң, чүчү кулак кармашышты эле,
Матыйдын энчисине тийди. Ошентип, Матый он
бир элчинин катарына кошулду.

### Ыйык Рухтун түшүшү

2 Түшүм майрамы келгенде, шакирттердин
баары бир жерге чогулушту. [2] Аңгыча

† ††

асмандан катуу шамал жүргөндөй гүүлдөгөн добуш
угулуп, алар олтурган үйдү толтурду. [3] Анан
жалындын тилиндей болгон нерселер көрүндү.
Алар бөлүнүп-бөлүнүп, ар бирине бирден конду.
[4] Ошондо баары тең Ыйык Рухка толуп, Анын
бергенине жараша бөтөн тилдерде сүйлөй
башташты.
[5] Ошол кезде бардык элдердин арасында жашап,
Кудайды урматтаган иудейлер Иерусалимге
төгөрөктүн төрт бурчунан келишкен. [6] Алар бул
добуш чыкканда, эмне болгонун билүү үчүн
жүгүрүп келишип, ар кимиси шакирттердин анын
өз тилинде сүйлөп жатканын угушуп, өтө
таңыркашты. [7] Баары тең айран-таң калышып, өз
ара:

– Бул сүйлөп жаткан адамдардын баары
галилеялыктар эмеспи? [8] Анан кантип алар ар
бирибиздин эне тилибизде сүйлөп жатышат?
[9] Арабызда парфтыктар, мидиялыктар, эламдыктар,
ошондой эле Месопотамияда, Иудеяда,
Кападокияда, Понт менен Асияда, [10] Фригияда,
Памфилияда, Мисир менен Ливиянын Киринеяга
караштуу жагында жашагандар, Римден келген
[11] иудейлер менен иудей динине киргендер,
криттиктер менен арабдар бар эмеспи. Ошентсе да
булардын Кудай кылган улуу иштер тууралуу
биздин тилдерде айтканын угуп жатабыз, – дешти.
[12] Ошентип, баары таң калышып, бири бирине:
«Ой тобо, бул эмнеси, ыя?» – дешти.
[13] Бирок алардын арасында: «Шарапка тоюп
алышкан тура!» – деп шылдыңдашкандар да болду.

### Петирдин эл алдында сүйлөгөн сөзү

[14] Ошондо Петир он бир элчи менен бирге ортого
чыкты да, үнүн бийик чыгарып, мындай деди:

– Иудей боордошторум! Жалпы Иерусалим
тургундары! Сөзүмдү кунт коюп угуп, билип алгыла:
[15] булар силер ойлогондой мас эмес! Анткени азыр
эле таң атып, саат араң тогуз болбодубу. [16] Бирок
бүгүнкү көргөнүңөр Жайыл пайгамбар алдын ала
айткан сөздүн аткарылышы. Ал мындай деген:

[17] «Кудай айтат мындай деп:
Ошол соңку күндөрдө
Бүт адамзат үстүнө
Төгөм Ыйык Рухумду.
Ошондо уул-кыздарың
Кудай Сөзүн айтышат.
Аян көрүп жаштарың,
Карыларың түш көрөт.
[18] Ошол соңку күндөрдө
Кул-күңдөрүм үстүнө
Рухум төгөм. Алар да
Кудай Сөзүн айтышат.
[19] Жогоруда асмандан
Кереметтер көрсөтөм.
Төмөндөгү жерден да
Канды жана отту Мен,
Уюлгуган түтүндү
Жышаан кылып көргөзөм.
[20] Эгебиздин сот күнү –
Улуу жана даңктуу күн †
Келеринин алдында
Күндүн бети караят,
Айдын жүзү канталайт.
[21] Эгебизге жалынган
Ошол күнү кутулат». ††

[22] Ысрайылдар, кулак салып, угуп алгыла! Кудай
Өзүнүн кудуреттүү жана ажайып жышаандары
менен коштоп, силерге назареттик Ыйсаны
дайындап, Өзү жибергенин көрсөттү. Араңарда
болуп өткөн ошол окуяларды өзүңөр да билесиңер.
[23] Аны Кудай Өзүнүн алдын ала көрөгөчтүгү жана
түзгөн максаты боюнча силердин колуңарга
тапшырды. Силер болсо күнөөкөр адамдардын
колу менен жыгачка мыктап, өлтүрдүңөр. [24] Бирок
Кудай Аны өлүмдүн чеңгелинен бошотуп, кайра
тирилтип алды. Себеби Аны өз колунда кармап
турууга өлүмдүн кудурети жеткен жок. [25] Дөөт
пайгамбар Ал тууралуу мындай деген:

«Эгем дайым көз алдымда, оң жагымда,
Мен эч качан жыгылбаймын ошондуктан.
[26] Толуп-ташат жүрөгүм кубанычтан,
Тилим безеп, даңктагандан тажабайм,
Денем дагы үмүт менен өмүр сүрөт.
[27] О дүйнөдө мени эч качан калтырбайсың,
Өз кишиңдин чиригүсүнө жол бербейсиң.
[28] Сен өмүрдүн жолун мага ачып бердиң,
Сен менин кубанычка бөлөөрүмсүң». ‡

[29] Боордоштор! Сөздүн ачыгын айтканга уруксат
эткиле: түп атабыз Дөөт өлгөн жана көргө коюлган.
Анын бейити бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат.
[30] Ал өзү пайгамбар болгондуктан, Кудай ага берген
убадасы боюнча анын тукумунан чыккан бирөөнү
Машаяк катары тактыга олтургузарын билген.
‡†[31] Ал Машаяктын кайра тирилишин алдын ала
көргөн. Ошондуктан Анын о дүйнөдө калбастыгын,
денесинин чирибестигин айткан. ‡‡[32] Мына ошол
Ыйсаны Кудай кайра тирилтти, буга баарыбыз
күбөбүз.
[33] Ошентип, Ыйса Кудайдын кудурети менен көккө
көтөрүлдү да, азыр өзүңөр угуп, көрүп тургандай,
Атасы убада кылган Ыйык Рухту кабыл алып, бизге
төгүп жиберди. [34] Дөөт болсо көккө көтөрүлгөн
эмес. Бирок мындай деген:

«Жараткан Эгем Эгеме деди мындай:
[35] Кастарыңды бут алдыңа жыкканымча,
Олтура тур сыйлуу жер – оң жагымда». ‡‡†

[36] Ошондуктан, бүткүл Ысрайыл эли, жакшылап
билип ал: силер жыгачка кадап салган ошол
Ыйсаны Кудай биздин Эгебиз жана Куткаруучу
Машаягыбыз кылды.
[37] Бул сөздөр уккандардын жүрөгүнө катуу тийди.
Алар Петирден жана анын жанындагы элчилерден:

– Боордоштор, биз эмне кылалы? – деп сурашты.
[38] Петир аларга:

† †† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡†

– Ар бириңер ниетиңерди өзгөрткүлө да,
күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн Ыйса
Машаяктын атынан сууга чөмүлүү расмисинен
өткүлө. Ошондо Ыйык Рухтун белегин аласыңар.
39 Анткени Кудай Эгебиздин Ыйык Рухту берем
деген убадасы силерге, силердин балдарыңарга
жана Кудай чакырган башка адамдардын баарына
берилген, – деди.
40 Петир аларга башка дагы көптөгөн сөздөрдү
айтып:
– Бул бузулган муундан өзүңөрдү сактагыла! – деп
эскертти.
41 Ошентип, анын сөзүн чын жүрөктөн кабыл
алгандар сууга чөмүлүштү. Ошол күнү үч миңдей
адам аларга кошулду. 42 Баары тең элчилердин
окуусун кабыл алышып, бири бири менен тыгыз
мамиледе болушуп, чогуу нан сындыруу расмисин
өткөрүп, бирге сыйынып жүрүштү.

### Ыйсага ишенгендердин жашоосу

43 Элдин баарын Кудайдан коркуу сезими
бийледи. Анткени элчилердин колдору менен
Иерусалимде көптөгөн ажайыптар, кереметтүү
жышаандар көрсөтүлүп жатты. 44 Ыйсага
ишенгендердин баары чогуу жүрүшүп, чарбасы да
бир болду. 45 Колдо болгонун сатышып, ар
кимисинин муктаждыгына карап, бөлүп беришти.
46 Ар күнү ийбадатканада чогуу табынышып, бири
бирин коноккo чакырышып, өз ара жөнөкөй жана
кубанычтуу боордоштук мамиледе болушту.
47 Дайыма Кудайды мактап, бүтүндөй элдин
сүймөнчүлүгүнө айланышты. Эгебиз болсо
куткарыла тургандарды ар күнү жыйынга кошуп
жатты.

### Тубаса аксак кишинин айыгышы

3 Ошол күндөрдүн биринде, сыйынуу убагы
келгенде, тактап айтканда, күндүзгү саат
үчтөрдө Петир менен Жакан ийбадатканага
барышты. 2 Ал жерде тубаса аксак киши бар эле.
Бул кишини ийбадатканага кирип жаткандардан
кайыр суратып, ар күнү ийбадаткананын «Кооз
Дарбаза» деген дарбазасынын жанына көтөрүп
келип, олтургузуп коюшчу. 3 Ал ийбадатканага
кирип бараткан Петир менен Жаканды көрүп,
алардан да кайыр сурады. 4 Петир менен Жакан
анын көзүнө кадала тиктеп:
– Бери кара! – дешти.
5 Ал киши бир нерсе үмүт этип, жалдырап тиктеп
турду.
6 Петир ага:
– Менде алтын менен күмүш жок. Бирок колумдан
келгенин берейин: назареттик Ыйса Машаяктын
атынан сага айтам, тур да басып кет! – деди. –
7 Анан оң колунан кармап, ордунан тургузду.
Ошол замат анын бутуна кубат кирип, 8 ордунан
ыргып турду да басып кетти. Кубанганынан
Кудайды мактап так секирип, алар менен бирге
ийбадатканага кирди. 9 Ошондо элдин баары анын
Кудайды мактап, басып жүргөнүн көрүп, 10 Кооз
Дарбазанын алдында кайыр сурап олтурган адам
экенин таанып, ал башынан өткөргөн окуяга аң-таң
болушту.

### Петирдин кайрылуу сөзү

11 Сакайган киши Петир менен Жакандын
жанынан кетпегенинен улам, элдин баары
таңданышып, алардын жанына – Сулаймандын
бастырмасы аталган жайга чогулуп калышты.
12 Муну көргөн Петир элге кайрылып мындай деди:
– Урматтуу, агайындар! Биз бул ишти өз күчүбүз
же ыйык кудуретибиз менен жасап салгансып, эмне
үчүн буга мынча таң калып карап турасыңар?
13 Биздин аталарыбыз Ыбрайым, Ыскак,
Жакыптардын Кудайы Өз кулу Ыйсаны улуулукка
бөлөдү. Аны силер бийлик башындагыларга
кармап бердиңер. Бошотмокчу болгон Пилатка
каршылык кылып, Андан баш тарттыңар. 14 Силер
ыйык жана адилет Инсанды четке кагып, Анын
ордуна канкорду бошотуп бер деп сурандыңар.
15 Ал эми өмүрдүн Ээси болгон Ыйсаны өлтүрүп
салдыңар! Бирок Кудай Аны кайра тирилтти, буга
жалпыбыз күбөбүз. 16 Ыйсага болгон ишенимдин
урматына силер көрүп, билип жүргөн мына бул
кишиге Кудай кубат берди да, ал берген ишеним
баарыңардын көз алдыңарда муну айыктырды.
17 Туугандар, силер да башчыларыңар сыяктуу эле
муну түшүнбөстүктөн улам жасаганыңарды билем.
18 Ал эми Кудай Өзүнүн бардык пайгамбарлары
аркылуу Машаяк азап тартат деп алдын ала
айтканын ушундайча аткарды. 19 Андыктан
адашкан жолуңардан кайтып, күнөөңөрдүн
кечирилиши үчүн ниетиңерди өзгөрткүлө.
20 Ошондо Эгебиз жан дүйнөңөргө жаңылануу
берип, силерге алдын ала дайындаган Машаягы –
Ыйсаны жиберет. 21 Кудайдын абалтадан эле Өз
пайгамбарлары аркылуу айткан бардык убадалары
толук орундала турган кезге чейин Ал асманда
болууга тийиш. 22 Муса пайгамбар биздин
аталарыбызга мындай деген: «Кудай Эгебиз өз
боордошторуңардын арасынан мага окшогон бир
пайгамбарды чыгарат. Ал силерге эмне айтса,
баарын уккула. †23 Эгерде кимде-ким ошол
пайгамбарга дилин бурбаса, ал Кудайдын элинен
чыгарылып, жок кылынат». ††24 Шамил
пайгамбардан баштап, андан кийин бардык
пайгамбарлар да ушул күндөрдө болуп жаткан
окуялар жөнүндө алдын ала айтып кетишкен.
25 Силер ошол пайгамбарлардын урпактарысыңар
жана Кудайдын ата-бабаңар менен түзгөн
келишиминин мураскорусуңар. Кудай Ыбрайымга:
«Сенин урпагың аркылуу жер жүзүндөгү бардык
элдерге батам тиет!» ‡ – деп, аны менен келишим
түзгөн. 26 Ошондуктан ар бириңерди ыймансыз

† †† ‡

жолуңардан кайтарып, батасын берүү үчүн Кудай
Өз кулу Ыйсаны дайындап, Аны эң алгач силерге
жиберди.

### Эки элчинин түрмөгө камалышы

4 Петир менен Жакан элге сүйлөп жаткан
маалда, динкызматчылар, ийбадаткананын
кароол башчысы жана садукейлер басып келишти.
[2] Алар бул экөөнүн элди окутканына жана Ыйсаны
мисал кылып, кайра тирилүү жөнүндө айтып
жатканына абдан нааразы болушту. [3] Ошондуктан
аларды кармап, кеч кирип калгандыктан, таң
атканга чейин кайтарып турсун деп, сакчылардын
колуна өткөрүп беришти. [4] Уккандардын көбү, беш
миңге жакын адам Петир менен Жакандын сөзүнө
ишеништи.

### Элчилердин күбөлүк сөзү

[5] Эртеси иудей башчылары, эл башчылары жана
дин мугалимдери Иерусалимге чогулушту. [6] Башкы
динкызматчы Анас менен Каяп, Жакан, Искендер
жана башка жогорку динкызматчылардын
уруусунан чыккан көптөгөн адамдар топтолушту.
[7] Алар эки элчини тегеректешип:
– Силер бул кишини кандай күч менен, кимдин
кудурети менен айыктырдыңар? – деп сурашты.
[8] Ыйык Рухка толуп турган Петир аларга
мындайча жооп берди:
– Урматтуу эл башчылары! Кадырман аксакалдар!
[9] Эгер бүгүн бир алсыз пендеге кылынган
жакшылык жайында жана анын кандайча
айыкканы туурасында бизден жооп талап кылып
жаткан болсоңуздар, [10] анда баарыңыздарга –
бүткүл Ысрайыл элине маалым болсун: сиздер
жыгачка кадап өлтүргөн жана Кудай кайрадан
тирилтип алган назареттик Ыйса Машаяктын
кудурети менен бул адам айыгып, алдыңыздарда
турат. [11] Ыйык Жазууларда мындай деген сөз бар:
«Сиздер, куруучулар кереги жок деп четке чыгарып
таштаган таш үйдүн негизги ташы болуп калды!» †
Ыйса ошол таштын өзү! [12] Ыйсадан башка эч ким
бизди куткара албайт, анткени асман алдында
бизди куткаруу үчүн жиберилген Андан башка эч
ким жок.

### Элчилердин бошотулушу

[13] Петир менен Жакандын атайын билими жок,
карапайым адамдар экенин билген эл алардын
кайраттуулугун көрүп, таң калышты. Ошондой эле
алардын Ыйса менен бирге жүргөнүн эстешти. [14] Ал
эми алардын жанындагы айыккан кишини көрүп,
каршы эч нерсе дей алышпады. [15] Аларга жогорку
кеңештен чыгууну буйрушуп, өз ара мындай деп
кеңешишти:
– [16] Буларды эмне кылалы? Анткени Иерусалимде
жашагандардын баарына булардын анык таң
калыштуу бир иш жасаганы маалым! Биз муну тана
албайбыз. [17] Бирок бул иш эл арасына дагы кеңири
жайылып кетпес үчүн аларга: «Ыйса дегениңерди
эч кимге айтпагыла!» деп коркутуп, тыюу салалы, –
дешти.
[18] Анан элчилерди чакырышып:
– Мындан ары Ыйсанын атын атап, ал жөнүндө эч
нерсе айтпагыла да, окутпагыла! – деп буйрук
беришти.
[19] Бирок Петир менен Жакан аларга мындай
дешти:
– Өзүңөр деле ойлоп көргүлөчү: Кудай алдында
Аны укпай, силерди угуу туура болобу? [20] Биз уккан-
көргөнүбүздү айтпай коё албайбыз.
[21] Жогорку кеңештегилер шал болгон адамдын
айыкканынан улам Кудайды даңктап жаткан элден
айбыгып, анын үстүнө жазалаганга себеп таба
алышпагандыктан ызырынышып, колдорун кезеп
коркутуп, аларды коё беришти. [22] Бул кереметтүү
жышаанды башынан өткөрүп, айыгып кеткен
кишинин курагы кырктан ашып калган эле.

### Жыйындын сыйынуусу

[23] Бошонгон соң, Петир менен Жакан өз
адамдарына келишти. Аларга жогорку
динкызматчылар менен эл башчыларынын
айткандарын айтышты. [24] Муну уккандар бир
добуштан Кудайга кайрылып, сыйынышты:
– Ааламдын Эгеси, асман-жердин, деңиздин жана
алардагы бардык нерселердин жаратуучусу болгон
Кудай! [25] Сен биздин атабыз болгон Өз кулуң Дөөт
аркылуу Ыйык Рух менен мындай дедиң эле:
«Болбогон ойду ойлошуп
Неге каршы чыгышат?
[26] Падышалар жердеги
Көөдөндөрүн көтөрүп,
Чогулуп алып төрөлөр,
Эгебизге ат коюп,
Анын Машаягына
Неге каршы чыгышат». ††
[27] Чындап эле бул шаарда Ирод менен Понтий
Пилат, иудей эместер жана ысрайылдар Өзүң
падыша шайлаган касиеттүү кулуң, Ыйсага каршы
чыгышты. [28] Ооба, мындай болору Сенин абалтан
эле алдын ала белгилеп койгон эркиңдин жана
максатыңдын аткарылышы. [29] Оо, Эгебиз, эми
болсо алардын коркутууларына назар салып,
кулдарыңдын эр жүрөктүк менен Сенин сөзүңдү
сүйлөөсүнө жардам бер. [30] Касиеттүү кулуң
Ыйсанын аты менен оорулууларды сакайтып,
кереметтүү иштерди жасап, кудуретиңди көрсөтө
көр.
[31] Ошондо алардын сыйынуусунан кийин алар
чогулган жай солкулдап, баары Ыйык Рухка
толушуп, Кудайдын сөзүн тайманбастык менен
айта башташты.

†

††

### Алгачкы жыйындагы турмуш

32 Ишенгендер жыйыны бир жеңден кол, бир
жакадан баш чыгарып, ынтымактуу жашашты. Эч
кимиси колундагысын меники дебей, баарын
ортого салышты. 33 Элчилер болсо Эгебиз Ыйсанын
кайра тирилишине күбө болушканын чоң жигер
менен айтып жүрүштү. Ошентип, алардын арасына
Кудайдын кут-берекеси төгүлүп турду. 34 Муктаж
болгон адам болбоду. Анткени кимдин жери, үй-
жайы болсо, сатып, түшкөн каражатты ортого алып
келип, 35 элчилердин колуна тапшырып жатышты.
Элчилер болсо ар кимдин муктаждыгына жараша
бөлүштүрүп турушту. 36 Мисалы, Леби уруусунан
чыккан Жусуп аттуу бир кипрлик киши бар болчу.
Аны элчилер Барнап (мааниси Колдоочунун уулу)
дешчү. 37 Анын да менчик жери бар болчу. Ал
жерин сатып, түшкөн акчасын алып келип,
элчилерге берди.

### Ыйык Рухка калп айтуунун жазасы

5 Ошол жерде Анания аттуу бир киши бар эле.
Ал аялы Сабира экөө жерин сатып, 2 түшкөн
акчанын бир бөлүгүн аялынын макулдугу менен
жашырып коюп, калганын элчилердин алдына
алып келди. 3 Петир ага айтты:
– Эй, Анания! Эмне үчүн ниетиңди шайтанга
бийлетип, Ыйык Рухка калп айттың? Эмне үчүн
жерден түшкөн акчадан кытып алдың? 4 Жер да,
саткандан кийинки түшкөн акча да сеники эмес
беле? Эмне үчүн минтип, ниетиңди буздуң? Сен
адамдарга эмес, Кудайга калп айттың!
5 Анания бул сөздөрдү угар замат жерге кулап,
жан берди. Бул окуяны көрүп билгендерди катуу
коркунуч басты. 6 Бир нече жигит ордунан туруп,
аны кепиндешти да, тышка алып чыгып, көмүп
салышты. 7 Мындан үч сааттай өткөндө, болгон
окуядан бейкапар Ананиянын аялы келип калды.
8 Петир андан:
– Айтчы, жерди ушунча акчага саттыңар беле? –
деп сурады.
Аял:
– Ооба, ушунча акчага, – деп жооп берди.
9 Ошондо Петир ага айтты:
– Силер кантип Эгебиздин Рухун сыноого
батындыңар? Тигине, эриңди көмгөндөр эшиктен
кирип келе жатышат. Эми сени да алып кетишет.
10 Ошол замат аял Петирдин алдына кулап түштү
да, жан берди. Алиги кирип келген жигиттер анын
өлгөнүн көрүштү да, тышка алып чыгышып,
күйөөсүнүн жанына көмүштү. 11 Бүтүндөй жыйынды
жана муну уккандардын баарын Кудайдын улуу
коркунучу басты.

### Элчилердин кызматы

12 Эл арасында элчилер тарабынан көп
кереметтер менен укмуштар жасалып жатты.
Ишенгендер ийбадатканадагы Сулаймандын
бастырмасында дайыма чогулуп турушту. 13 Элдин
баары аларга ыраазы болуп сүйлөп жатышса да,
арасынан эч кимиси алардын катарына кошулууга
батынбады. 14 Эгебизге ишенгендердин саны болсо
улам өсө берди. Алардын арасында көптөгөн
эркектер жана аялдар бар эле. 15 Элчилердин
иштеринен улам, эл кур дегенде өтүп бара жаткан
Петирдин көлөкөсү оорулуулардын кээ бирине
болсо да тийсин деп, аларды төшөгү менен сыртка
алып чыгып жатышты. 16 Көптөгөн адамдар
Иерусалимге шаардын чет жакасынан келип турду.
Алар оорулууларын, кара күчтөргө
байлангандарын көтөрүп келишти. Баары
оорусунан айыгып жатышты.

### Элчилердин куугунтукка алынышы

17 Ал эми башкы динкызматчы менен садукей
тобуна кирген адамдар муну көрө албай
ызырынышты. 18 Алар элчилерди кармап, абакка
камашты. 19 Бирок түндө Эгебиздин периштеси
келип, эшиктерди ачып жиберди да, аларды сыртка
алып чыгып, мындай деди:
– 20 Ийбадатканага баргыла да, бул чыныгы
өмүрдүн сөздөрүн элге төкпөй-чачпай айтып
бергиле!
21 Периштени угуп, элчилер таң эрте
ийбадаткананын короосуна кирип, таалим
беришти. Ошол арада башкы динкызматчы менен
анын шериктери келишип, эл башчыларынын
баарын жогорку кеңешке чакырышты. Элчилерди
түрмөдөн алдыруу үчүн киши жөнөтүштү. 22 Бирок
кызматкерлер барып, түрмөдөн аларды таппай,
кайтып келишти.
– 23 Биз түрмөнүн эшиктери бекем жабылып,
дарбазаларынын жанында сакчылар турганын
көрдүк. Бирок ачып караганыбызда, ичинен эч
кимди таппадык, – дешти алар.
24 Жогорку динкызматчылар жана
ийбадаткананын кароол башчысы муну угушканда,
таң калышып, түшүнө албай баштары катты.
25 Ошол кезде бир киши келип:
– Силер түрмөгө олтургузган адамдар
ийбадаткананын короосунда элге таалим берип
жатышат, – деп кабарлады.
26 Ошондо кароол башчысы кызматкерлери
менен бирге барып, элчилерди алып келди. Бирок
эл таш бараңга алып жибербесин деп коркушкан
алар элчилерге кол көтөрө алышкан жок. 27 Аларды
жогорку кеңештин алдына чыгарышты. Ошондо
башкы динкызматчы аларга мындай собол узатты:
– 28 Силерге жанагы адамдын атынан элди
окутпагыла деп эскертпедик беле? Силер болсо бул
окууңарды бүт Иерусалимге жайып жибердиңер да,
бизди анын канына забын кылганы турасыңар.
29 Петир менен анын жанындагы элчилер мындай
жооп беришти:

– Адамдардан көрө, Кудайга баш ийиш керек.
30 Биздин ата-бабаларыбыздын Кудайы силер
жыгачка асып өлтүргөн Ыйсаны кайра тирилтти.
31 Ысрайыл эли ниетин өзгөртүп, күнөөлөрү
кечирилсин деп, кудуреттүү Кудай Аны Башчы
жана Куткаруучу кылды. 32 Буга биз да, Кудай Өзүнө
баш ийгендерге берген Ыйык Рух да күбө.

### Дин мугалими Гамалиелдин сөзү

33 Муну укканда, тигилер катуу жаалданып,
аларды өлтүргүлөрү келди.
34 Жогорку кеңештин ичинде фарисейлер тобуна
кирген, эл сыйлаган
аттуу дин мугалими бар эле. Ал ордунан турду да,
элчилерди бир аз убакытка сыртка алып чыгууну
буйруду. Аларды алып чыгып кетишкен соң,
мындай деди:
– 35 Урматтуу агайын-туугандар! Бул адамдарга
чара көрүүдөн мурда жакшылап ойлонгула.
36 Анткени жакында эле Теда деген бир киши өзүн
кайсы бир улуу инсанмын деп чыккан болчу. Ага
төрт жүздөй киши кошулду. Бирок ал өлтүрүлдү эле,
аны ээрчигендердин баары тарап, жок болушту.
37 Андан соң, эл каттоо убагында галилеялык Жүйүт
чыгып, көп адамдарды ээрчитип кетти. Бирок ал да
өлтүрүлгөндөн кийин, аны ээрчигендердин баары
тарап кетишти. 38 Азыр да силер бул адамдарды өз
жайына койгула. Анткени бул иш-аракет адамдан
болсо, анда ал бузулат. 39 А эгер Кудайдан болсо,
анда силер буза албайсыңар! Абайлагыла, Кудай
менен касташып жүрбөгүлө.
40 Жогорку кеңештин мүчөлөрү анын тилин
алышты. Алар элчилерди чакырып алып сабатып,
Ыйсанын атын атап сүйлөөгө тыюу салып, коё
беришти. 41 Элчилер болсо Эгеси Ыйса үчүн
ушундай кордук тартууга татыктуу болушканына
кубанып, жогорку кеңештен чыгып кетишти.
42 Алар күндө ийбадатканада, үйлөрдө адамдарга
таалим беришип, Ыйса Машаяк тууралуу Жакшы
Кабарды таратууну токтотушпады.

### Атайын кызматка дайындалган жети киши

6 Шакирттердин катары көбөйгөн ушул
күндөрдө грек тилдүүлөр алардын арасындагы
жесирлер күндөлүк тамак-ашты бөлүштүрүүдө
эврей тилдүүлөрдүн арасындагы жесирлерден кем
алып жүрүшүптүр деп наразы болушту. 2 Ошондо
элчилер шакирттердин баарын чакырып алып,
мындай дешти:
– Кудайдын кабарын таратууну таштап, тамак-аш
менен алек болгонубуз жакшы болбос.
3 Ошондуктан, боордоштор, араңардан ишеничтүү,
Ыйык Рухка толгон жети акылман кишини
тандагыла, бул кызматка ошолорду дайындайлы.
4 Биз болсок убактыбызды сыйынууга, Жакшы
Кабар таратканга жумшайлы.
5 Бул сунуш жыйынга жакты. Алар ишеними
күчтүү жана Ыйык Рухка толгон адамдар –
Степанды, ошондой эле Филипти, Прохорду,
Никанорду, Тимонду, Парменди жана эврей
улутунан эмес антахиялык Николаны тандашты.
6 Ушул жети кишини элчилердин алдына алып
келишти. Элчилер Кудайга сыйынышып, колдорун
жайып, аларга бата тилешти.
7 Кудайдын сөзү улам кеңири тарап,
шакирттердин саны Иерусалимде абдан көбөйдү.
Дин кызматчылардын арасынан да көп адамдар
Ыйсага ишенгендерге кошулушту.

### Степандын кармалышы

8 Ишеними күчтүү жана Кудайдын кудуретине
толгон Степан эл арасында улуу укмуштар менен
кереметтерди жаратып жатты. 9 Бирок бир күнү
«эркин адамдардын синагогасы» аталган
синагогадан кайсы бир адамдар Степан менен
талаша кетишти. Алар Киренея менен Александрия
шаарларынан жана Киликия менен Асия
дубандарынан келишкен иудейлер эле. 10 Бирок
Ыйык Рухтун жетегинде акылмандуулук менен
сүйлөгөн Степандын сөздөрүнө каршы тура
алышпады. 11 Ошондуктан кайсы бир адамдарды
тымызын табышып: «Биз мунун Муса пайгамбарга
каршы сүйлөп, Кудайга акарат келтиргенин уктук»
деп аларды тукуруп коюшту. 12 Ошентип, элди, эл
башчыларын жана дин мугалимдерин Степанга
каршы чыгарып, аны кармашты да, жогорку
кеңешке алып келишти. 13 Жалган күбөлөрдү
жалдап, аларга мындай деп айттыртышты: «Бул
киши касиеттүү жайыбыз ийбадаткананы жана
Муса пайгамбардын мыйзамын дайыма жамандап
жүрөт. 14 Биз анын "назареттик Ыйса бул
ийбадаткананы талкалап, Муса пайгамбардын
бизге калтырган үрп-адаттарын өзгөртөт" деп
айтканын уктук».
15 Ушул жерден жогорку кеңеште олтургандардын
баары Степанга кадала карап калышты, анткени
анын жүзү периштеникиндей жаркырап, нурданып
турган эле.

### Степандын жогорку кеңеш алдындагы сөзү

7 Башкы динкызматчы Степандан:
– Айтылган сөздөр ыраспы? – деп сурады.
2 Степан мындай деди:
– Кымбаттуу боордоштор жана кадырман аталар!
Атабыз Ыбрайым Харан шаарына көчөрдөн мурда
улуу Кудай Месопотамия жеринен ага көрүнгөн
болчу. 3 Ал ага: «Өз жериңден, туугандарыңдан,
атаңдын үйүнөн чык да, Мен көрсөтө турган жерге
жөнө!» † – деген. 4 Ошондо ал каздийлердин
жеринен чыгып, Харанда жашаган эле. Атасы өлгөн
соң, Кудай Ыбрайымды ал жерден азыр сиздер
жашап жаткан жерге көчүргөн. 5 Кудай ага бул

†

жерден бир карыш да мураска бербеди. Бирок
анын баласы жок болсо деле убада кылып, бул
жерди ага, анын укум-тукумуна берем деди. †6 Анын
тукумдары бөтөн эл, бөтөн жерде көчүп-конуп, төрт
жүз жылдай кул болуп, кысымга алынарын айтты.
7 «Бирок Мен, – деди Кудай, – аларды кул кылган
элди жазалайм. Андан кийин алар ушул жерге
келип, Мага табынышат». ††8 Кудай атабыз
Ыбрайымга Өзү менен түзгөн келишимдин белгиси
катары сүннөткө олтургузуу расмисин берди.
Кийин ал Ыскак аттуу бала көрүп, аны сегизинчи
күнү сүннөткө олтургузду. Андан кийин Ыскак уулу
Жакыпты сүннөткө олтургузду. Жакып болсо он эки
уулун сүннөткө олтургузду. Жакыптын балдарынан
Ысрайыл элинин он эки уруусу келип чыккан.
9 Жакыптын балдары бир тууганы Жусупту көрө
алышпай, Мисирге сатып жиберишти. Бирок Кудай
Жусупту колдоду. 10 Ал Жусупту бардык күйүтүнөн
арылтып, өзгөчө акылмандык берип, Мисир
падышасы – фараондун жүрөгүн жибитип, ага
ырайым кылдырды. Фараон аны мүлдө Мисир
элине жана хан сарайына башчы кылып
дайындады. 11 Ошол кезде катуу ачарчылык болуп,
Мисир жерин да, Канаан жерин да жабыркатты.
Биздин аталарыбыз жегенге азык таба албай
калышты. 12 Жакып болсо Мисирде эгин бар экенин
угуп, балдарын ошол жакка жиберди. Бул алардын
Мисирге биринчи жолку сапары болчу. 13 Ал эми
экинчи жолу келишкенде, Жусуптун ким экенин
билинип, алар жөнүндө фараонго белгилүү болду.
14 Анан аларды Канаанга жиберип, атасын, бүт
туугандарын Мисирге алдыртты. Атасы менен
жетимиш беш киши келди. 15 Жакып Мисирге
келип, ошол жерден о дүйнө кетти. Биздин түп
аталарыбыз болгон анын он эки баласы да ошол
жакта көз жумушту. 16 Алардын сөөктөрү Шехемге
алынып келинип, атабыз Ыбрайым шехемдик
Омордун балдарынан сатып алган жердеги
көрүстөнгө коюлду.
17 Кудай Ыбрайымга ант берип, убада кылган
убакыт келгенче, Ысрайыл калкы Мисирде өсүп-
өнө берди. 18 Кийин Жусупту тааныбаган башка бир
киши падыша болду. 19 Бул падыша биздин
элибизге каршы чыгып, аталарыбызды кысмакка
алып, жаңы төрөлгөн эркек балдарды өлтүрүүнү
буйруду. 20 Ошол убакта Муса төрөлүп, үч ай бою өз
үйүндө багылды. Ал өзгөчө сүйкүмдүү бала эле.
21 Аны ата-энеси аргасыздан таштап кетишкенде,
фараондун кызы таап алып, өз баласындай кам
көрүп, үйүндө чоңойтту. 22 Ошентип Мусага Мисир
жеринин бардык илим-билимин үйрөтүштү. Муса
сөзү менен да, иши менен да күчтүү чыкты.
23 Ал кыркка чыкканда, бир туугандарын көрүп
келейин деп чечти. 24 Келип, боордошторунун
бирине мисирлик бирөө зордук көрсөтүп жатканын
көрдү да, кордук тартканга болуша кетип,
мисирликти өлтүрүп алды. 25 Муса Кудай мен
аркылуу боордошторумду куткарып жатканын алар
түшүнөт го деп ойлогон. Бирок алар түшүнүшпөдү.
26 Эртеси эки ысрайылдыктын мушташып жатканын
көрүп, алардын жанына басып келди да,
жараштырайын деген тилекте мындай деди: «Эй,
силер боордош болуп туруп, эмне үчүн бири
бириңер менен мушташып жатасыңар?» 27 Бирок
алдуураагы Мусаны түртүп жиберип: «Ким сени
бизге башчы же бий кылып шайлады эле? 28 Кечээ
мисирликти өлтүргөнүңдөй, мени да өлтүргүң
келип турабы?» ‡ – деди. 29 Бул сөздү укканда, Муса
качууга аргасыз болду да, мадиандыктардын
жеринде чет элдик катары жашап калды. Анын эки
уулу ошол жерде төрөлдү.
30 Ал жакта кырк жыл жашагандан кийин, Синай
тоосунун этегиндеги чөлдө, күйүп жаткан
тикенектүү бадалдын жалынынан ага бир периште
көрүндү. ‡†31 Бул көрүнүшкө Муса абдан таң калып,
жакшылап карайын деген ой менен жакындап
басып келгенде, ага Эгебиздин үнү угулду. Ал
мындай деди: 32 «Мен сенин ата-бабаларың:
Ыбрайым, Ыскак жана Жакыптын Кудайымын».
Муса болсо коркунучтан денеси калтырап, тик
кароого даай албады. ‡‡33 Эгебиз ага дагы мындай
деди: «Бутуңду чеч! Анткени сен турган жер – ыйык
жер. ‡‡†34 Мен Өз элимдин Мисирде кор болгонун
көрүп, онтогонун угуп жатам. Ошондуктан аны
куткарып алуу үчүн көктөн түштүм. Эми бар, Мен
сени Мисирге кайра жиберем». ‡‡‡
35 «Ким сени бизге башчы же бий шайлады эле?» §
деп боордоштору четке каккан Муса ушул эле.
Бирок Кудай аны тикенектүү бадалдан көрүнгөн
периште аркылуу башчы жана кутказуучу кылып
жөнөттү. 36 Мисирде, Кызыл Деңизде жана чөлдө
кырк жыл бою кереметтүү жышаандарды көрсөтүп,
ысрайылдарды Мисирден алып чыккан киши ушул
болчу. 37 Ысрайылдарга: «Кудай Эгеңер бир
туугандарыңардын арасынан мен сыяктуу бир
пайгамбар чыгарат», §† – деген Муса ушул эле.
38 Чөлдө биздин аталарыбыз менен бирге жүрүп,
Синай тоосунда периштенин айткан кудуреттүү
сөздөрүн кабыл алып, бизге жеткирген Муса ушул
эле. 39 Бирок ага биздин аталарыбыз моюн сунгусу
келбей, аны таназарына албай, эси-дартын
Мисирге бурушту. 40 Ошондуктан Арунга: §†† «Бизди
жетектей турган кудайларды жасап бер! Себеби
бизди Мисирден алып чыккан жанагы Муса деген
кишиге эмне болгонун билбейбиз!» §‡ дешти.
41 Ошентип, алар букачардын сөлөкөтүн жасап
алып, ошого курмандык чалып, колдорунан
жаратылган нерсенин алдында ырдап-чордошту.
42 Кудай болсо терс бурулуп, ай-жылдыздарга
табынышкан аларды ошол бойдон калтырып кетти.
Бул тууралуу пайгамбарлар китебинде мындай деп
жазылган:
«Эй, Ысрайыл эли!
Кырк жыл бою чөл кезип,

† ††

‡ ‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡ § §† §†† §‡

Курмандыгың чалганда,
Малыңарды сойгондо,
Мага беле ошолор?
43 Чоң чатырын Молохтун,
Кудайыңар аталган
Райпандын жылдызын
Жүргөнсүңөр көтөрүп,
Өз колуңар жараткан
Сөлөкөткө табынып.
Ошондуктан Мен дагы
Бабылдын ары жагына
Сүрүп салам силерди». †
44 Кудай Мусага көрсөтүп, Анын айтканындай
жасалган касиеттүү чатыр биздин аталарыбыздын
колунда, чөлдө болчу. 45 Кийин Кудай Канаанда
жашаган элдерди кууп жиберип, аталарыбыз Нун
уулу Жашыянын жетекчилиги менен алардын
жерин ээлеп алган кезде, касиеттүү чатырды бул
жерге апкелишти. Дөөттүн убагына чейин чатыр
алар менен болду. 46 Дөөт болсо Кудайга жаккан
адам болчу. Ал «Кудай жашай турган, Анын эли
сыйына турган жай таап берейин» деп, Эгебиздин
Өзүнөн уруксат сурады. 47 Бирок Кудайга
ийбадаткананы Сулайман курду. 48 Анткен менен
Кудай Таала адам колунан жасалган
ийбадатканаларда жашабайт. Бир пайгамбар
айткандай, Эгебиз:
49 «Отурар тагым Менин – көк асманың,
Жериң да – бутум коёр таканчыгым.
Кандай үй курасыңар силер Мага?
Эс алчу кандай жайды тургузасың?
50 Жараткан мунун баарын Мен эмеспи?» †† –
дейт.
51 Эй, тоңмоюндар! Кудайга чын жүрөктөн
табынбагандар жана Ага кулак салбагандар! Силер
Ыйык Рухка дайыма каршысыңар! Ата-
бабаларыңар ушундай болушкан, силер да алардан
калышпайсыңар! 52 Ата-бабаларыңар
куугунтуктабаган пайгамбар барбы деги? Алар
Кудайдын адилеттүү Кызматчысынын келишин
алдын ала айткандарды өлтүрүшкөн. Эми силер
ошол Кызматчыны сатып, өлтүрдүңөр. 53 Силер,
ыйык мыйзамды периштелер кызмат кылып
турганда кабыл алгандар, аны сактаган жоксуңар!

### Степандын таш бараңга алынышы

54 Муну угушканда, тигилердин кыжыры кайнап,
тиштерин кычыратышты. 55 Ыйык Рухка толуп
турган Степан болсо асманга карап, Кудайдын
улуулугун жана Анын оң жагында олтурган Ыйсаны
көрдү. 56 Ошондо ал:
– Мына, мен асмандын ачылганын жана
Кудайдын оң кол жагында олтурган Адам Уулун
көрүп турам! – деди.
57 Бирок алар кулактарын жаап алышып, жаны
чыкканча кыйкырышып, Степанга жулунушту.
58 Анан шаардын сыртына алып чыгып, таш
бараңга ала баштаашты. Күбөлөр болсо
кийимдерин чечип, Шабыл деген бир жигиттин
алдына коюшту. 59 Алар таш бараңга алып
жатышканда, Степан:
– Эгем Ыйса, жанымды кабыл эт, – деп сыйынды.
60 Анан чөк түшө калып, катуу үн менен:
– Оо, Эгем! Аларды бул күнөөсү үчүн жазалай
көрбө, – деди.
Ушуну айтып, Степан жан берди.

### Шабылдын куугунтугу

8 Шабыл болсо Степанды өлтүрүп жаткандарды
жактап турду.
Ошол күндөрү Иерусалимдеги жыйын абдан чоң
куугунтукка кабылды. Элчилерден башка
ишенүүчүлөр чачырап, Иудея менен Самариянын
ар кайсы жерине тарап кетишти. 2 Степандын
сөөгүн Кудайдан ыйбаа кылган адамдар жерге
коюшуп, аны жоктоп ыйлап, катуу кайгыга
батышты. 3 Ал эми Шабыл болсо үймө-үй кыдырып,
эркек-аял дебей зынданга салдырып, ишенүүчүлөр
жыйынын кыйнады.
4 Ошол арада ар жакка тараган Ыйсанын жолун
жолдоочулар Кудайдын сөзүн жер-жерлерге
таратып, Жакшы Кабарды жайып жүрүштү.

### Филиптин Самариядагы кызматы

5 Филип Самариядагы бир шаарга келип, ошол
жерде Машаяк жөнүндөгү Жакшы Кабарды айта
баштады. 6 Филиптин жасаган кереметтерин уккан-
көргөн элдин баары анын сөздөрүнө кунт коюп
кулак салышты. 7 Себеп дегенде, көптөгөн
адамдардан аларды байлап турган кара күчтөр ач
кыйкырык менен чыгып жатышты. Шал оорулуулар
менен чолоктор болсо айыгып жатты.
8 Ошондуктан Филип жүргөн шаардагы эл жыргап,
кубанычка бөлөндү.

### Сыйкырчы Ысман

9 Ошол шаарда Ысман деген бир киши жүргөн. Ал
Филип келерде өзүн бир улуу киши деп жарыялап,
сыйкырчылык кылып, самариялыктардын оозун
ачырып жаткан. 10 –11 Элдин баары: «Бул кишиде
Кудайдын зор кудурети бар экен», – дешип чоң-
кичине дебей аны угуп жүрүшкөн. 12 Бирок
Кудайдын Падышачылыгы жана Ыйса Машаяк
тууралуу Жакшы Кабарды таратып жүргөн Филипке
ишенишкен соң, эркектери да, аялдары да сууга
чөмүлүштү. 13 Ысман сыйкырчынын өзү да
ишенимге келди. Ал да сууга чөмүлүп, Филиптин
артынан калбай ээрчип жүрдү. Болуп жаткан улуу
укмуштар менен кереметтүү жышаандарды көргөн
ал абдан таң калды.
14 Иерусалимде калышкан элчилер
самариялыктар Кудай сөзүн кабыл алганын угушуп,
аларга Петир менен Жаканды жөнөтүштү. 15 Алар
келишип, самариялыктар Ыйык Рухту кабыл

† ††

алышы үчүн сыйынышты. [16] Анткени Ыйык Рух али
алардын бирине да түшө элек эле. Алар Эгебиз
Ыйсанын гана урматына сууга чөмүлүшкөн болчу.
[17] Ошондуктан элчилер колдорун алардын үстүнө
коюп, батасын беришти жана алар Ыйык Рухту
кабыл алышты. [18] Ысман сыйкырчы болсо элчилер
кол коюп сыйынганда Ыйык Рух берилип жатканын
көрүп, аларга акча алып келип мындай деди:
– [19] Кол коюп сыйынган адамым Ыйык Рухту
кабыл ала тургандай кылып, мага да
силердикиндей кудурет бергилечи.
[20] Бирок Петир ага айтты:
– Эй, сен акчаң менен жерге кир! Кудайдын бекер
берген белегин акчага алмаштыргың келдиби!
[21] Бул кызматка сенин эч кандай тиешең да, акың
да жок, анткени Кудай алдында ниетиң бузук!
[22] Андыктан бул жаман ниетиңди өзгөрт да,
Эгебизден кечирим сурап сыйын! [23] Ач көздүк
менен арамдыктын чеңгелинде калганыңды көрүп
турам!
[24] Ысман болсо мындай деп жооп кайтарды:
– Айткан сөзүңөр мага тийбесин деп, мен үчүн
Эгебизге сыйынып койгула!
[25] Элчилер болсо өздөрү күбө болгон Кудайдын
кереметтерин айтышып, Эгебиздин сөзүн жар
салышып, кайрадан Иерусалимге бет алышты.
Жолду карата Самариянын көп айылдарында
Жакшы Кабарды жарыялашты.

### Эфиопиялык вазирдин ишенимге келиши

[26] Ал эми Филипке болсо Эгебиздин периштеси
мындай деди:
– Ордуңан тур да, түштүк тарапта жаткан ээн
талаадагы, Иерусалимден Газа шаарына карай
кеткен жолго чык!
[27] Филип ордунан турду да, периште айткан жакка
жөнөдү. Ошол кезде Иерусалимге зыярат кылганы
келген эфиопиялык бир киши кайра өз жерине
кайтып бараткан. Ал Эфиопия ханышасы
Кандакиянын вазири, анын бардык казыналарына
башчылык кылып турган киши эле. [28] Вазир өз
арабасында Ышая пайгамбардын китебин окуп
бараткан.
[29] Ыйык Рух Филипке:
– Бар да, ушул арабага катарлаш бас, – деди.
[30] Филип арабага жакын басып келип, вазирдин
Ышая пайгамбардын китебинен окуп жатканын
укту да, андан:
– Окуганыңызды түшүнүп жатасызбы? – деп
сурады.
[31] Ал:
– Түшүндүрүп бере турган адам болбосо, өзүм
кайдан түшүнмөк элем? – деп жооп берди.
Ал ушундай деди да, Филиптин арабага чыгып,
жанына олтуруусун өтүндү. [32] Анын Ыйык Жазуудан
окуп олтурган жери бул эле:
«Аны койго окшотуп,
Жетелешти союуга.
Жүнүн кыркып жаткандын
Бут алдында унчукпай
Жатып берген козудай,
Ал дагы үн катпады.
[33] Аны кордоп, кемсинтип,
Адилетсиз соттошту.
Анын укум-тукумун
Баян кылат ким эми?
Анткени жер үстүнөн
Анын жаны алынды?». †
[34] Вазир Филипке кайрылып:
– Сенден өтүнүч, айтып берчи: пайгамбар ким
тууралуу айтып жатат? Өзү жөнүндөбү же башка
бирөө жөнүндөбү? – деди.
[35] Филип Ыйык Жазуунун ушул жеринен баштап,
ага Ыйса жөнүндөгү Жакшы Кабарды айтып берди.
[36] Жолду карата маектешип баратышкан булар
сууга туш болушту. Аны көргөн вазир:
– Мына, сууга да келип калдык, менин сууга
чөмүлүү расмисинен өтүүмө эмне жетишпейт? –
деди. ††
[38] Анан экөө тең сууга киришти. Филип вазирди
чөмүлдүрүү расмисинен өткөрдү. [39] Алар суудан
чыгышканда, вазирге Ыйык Рух түштү, ал эми
Филипти болсо Эгебиздин периштеси алып кетти.
Ошондуктан ал вазирге көрүнбөй калды. Вазир
кубаныч менен жолун андан ары улантты. [40] Ал эми
Филип Азот шаарында пайда болуп, Кесарияга
келгенче, жолду карата бардык шаарларга Жакшы
Кабарды жарыялап жүрдү.

### Шабылдын ишенимге келиши

9 Шабыл Эгебиздин шакирттерин өлтүрөм,
житирем деп коркутуп-үркүтүп, башкы
динкызматчынын алдына барды. [2] Андан Ыйсанын
жолуна түшкөндөрдү аял-эркегине карабай байлап,
Иерусалимге алып келүүгө жиберилди деген,
Дамаск шаарындагы синагогалардын
жетекчилерине арналган тил кат жаздырып алды.
[3] Ошентип, Шабыл Дамаск шаарына жакындап
калганда, капыстан асмандан бир нур төгүлүп,
айланасын жарык кылып жиберди. [4] Шабыл жерге
жыгылды да, өзүнө кайрылган үндү укту.
– Шабыл, Шабыл! – деди ошол үн. – Эмнеге Мени
куугунтуктап жүрөсүң?!
[5] Шабыл Ага:
– Оо, Кудурет, сиз кимсиз? – деди.
Ошондо Эгебиз мындай деди:
– Мен сен куугунтуктап жүргөн Ыйсамын. [6] Тур да,
шаарга кир. Эмне кыла тургандыгыңды сага айтып
беришет.
[7] Аны менен бара жаткан кишилер аң-таң
болушуп, үн-сөзсүз туруп калышты. Алар үндү
угушкан менен айланадан эч кимди байкашкан
жок. [8] Шабыл өйдө болуп, көзүн ачканда, эч
нерсени көрө албады. Ошондуктан жанындагы
адамдар аны колунан жетелешип, Дамаскка алып

† ††

келишти. 9 Шабыл үч күн бою эч нерсе көрө да, жей
да албады.
10 Дамаскта Ыйсанын Анания аттуу шакирти
жашачу. Эгебиз ага аян берип, ошондо аны:
– Анания! – деп атынан чакырды.
Ал:
– Угуп жатам, Эгем! – деди.
11 Эгебиз ага мындай деди:
– Ордуңан туруп, Түз аттуу көчөгө бар да,
Жүйүттүн үйүнө кирип, тарстык Шабылды сура. Ал
азыр сыйынып жатат. 12 Мен ага Анания аттуу
бирөөнүн келип, көзү көрүп калсын үчүн колун
койгонун көргөзүп аян бердим.
13 Анания Эгебизге мындай жооп берди:
– Эгем, бул кишинин Иерусалимде Сенин
ыйыктарыңа жасаган жамандыктары тууралуу көп
адамдардан уккан элем. 14 Эми ал бул жерге
келиптир. Колунда «Ыйсага табынгандардын
баарын кармап келүүгө укуктуу» деген жогорку
динкызматчылардан жаздырып алган кагазы бар
экен.
15 Бирок Эгебиз ага айтты:
– Баргын! Ал Менин тандаган элчим. Менин
атымды элдерге айтып, падышаларга маалым
кылып, Ысрайылдын урпактарына жарыялайт.
16 Мен үчүн канча азапты башынан өткөрүүгө
тийиш экендигин Өзүм ага билдиремин.
17 Анания барды да, Жүйүттүн үйүнө кирип,
Шабылдын башына колун коюп, мындай деди:
– Боордошум, Шабыл! Көзүң ачылып, Ыйык Рухту
кабыл алышың үчүн жолуңан көрүнгөн Эгебиз
Ыйса мени сага жиберди.
18 Ошол замат Шабылдын көзүн каптаган
кабырчык сыяктуу нерсе жок болуп, ал кайрадан
көрүп калды. Ал ордунан туруп, чөмүлдүрүү
расмисинен өттү. 19 Анан тамак жеп, кубаттанды.
Ушундан соң, Шабыл Ыйсанын шакирттери менен
бир нече күн Дамаскта болду. 20 Ошол жердеги
синагогаларга барып, Ыйсанын Кудай Уулу
экендигин айта баштады. 21 Уккандар таң калышып:
– Бул киши Ыйсага ишенгендерди Иерусалимде
куугунтуктап, мында да аларды кармап, жогорку
динкызматчыларга алып баруу максаты менен
келбеди беле? – деп жатышты.
22 Шабыл болсо уламдан-улам күчүнө келип,
Дамаскта жашаган иудейлерге Ыйсанын Машаяк
экендигин далилдеп, алардын айласын кетирди.
23 Бир топ убакыт өткөндө, иудейлер аны
өлтүрүүнү чечишти. 24 Бирок Шабылга алардын
мындай ниети билинип калды. Иудейлер аны
өлтүрүү үчүн күнү-түнү шаар дарбазасынын
айланасынан кетпей, аңдып жүрүштү. 25 Шакирттер
болсо Шабылды себетке салып, түн ичинде
шаардын сепилинен сыртка түшүрүп коюшту.
26 Шабыл Иерусалимге келип, шакирттердин
катарына кошулгусу келди. Бирок алар Шабыл да
Ыйсанын шакирти болуп калганына ишенишпей,
андан коркушту. 27 Ошондо Барнап Шабылды
элчилердин алдына ээрчитип келди да, анын
Дамаскка бараткан жолдо Ыйсаны кандайча
көргөнүн, Анын ага айткан сөздөрүн жана Шабыл
Ал жөнүндө коркпостон жар салганын айтып
берди.
28 Шабыл алар менен бирге бүткүл Иерусалимде
Эгебиз Ыйсанын атын тайманбастан ачык
жарыялап жүрдү. 29 Ал тургай, грек тилинде
сүйлөгөндөр менен да Ыйса жөнүндө талашып-
тартышты. Алар болсо аны өлтүрүүнүн амалын
издешти. 30 Бул тууралуу Ыйсанын үмөттөрү билип
калып, аны Кесарияга алып барып, Тарска жөнөтүп
жиберишти.
31 Ошентип, бүткүл Иудея, Галилея жана Самария
аймактарындагы ишенүүчүлөрдүн жыйындары
тынчтыкта жана Эгебизди урматтоо менен жашап,
өсүп-өнүп жатышты. Ыйык Рух колдоп, катарлары
көбөйдү.

### Айнейдин айыгышы

32 Өлкөнүн чар тарабын кыдырып жүргөн Петир
Лидда шаарында жашаган ыйыктарга да келди.
33 Ал жерге келгенде, сегиз жылдан бери төшөктөн
тура албай шал болуп ооруп жаткан Айней аттуу
бир кишиге жолукту. 34 Петир ага кайрылып,
мындай деди:
– Айней, сени Ыйса Машаяк айыктырып жатат.
Өйдө тур да, төшөнчүңдү жыйна!
Айней болсо ошол замат ордунан туруп кетти.
35 Муну Лидда менен Шарон шаарларында
жашагандардын баары көрүшүп, Эгебизге дитин
бурушту.

### Табитанын тирилиши

36 Жаффа шаарында Ыйсанын шакирти – Табита
аттуу аял жашачу. Анын аты грекче – Дорка
(мааниси: элик) эле. Ал жакшылык кылгандан
талбаган, кедейлерге колу ачык адам эле. 37 Ошол
күндөрү ал катуу ооруп, каза болуп калды. Анын
сөөгүн жууп, кепиндеп, үстүнкү кабаттагы бөлмөгө
коюп коюшту. 38 Лидда шаары Жаффага жакын
жайгашкандыктан, шакирттер Петирдин Лиддада
экенин угуп, ага: «Бизге тезирээк келиңиз», – деген
өтүнүч менен эки киши жиберишти. 39 Петир дароо
эле алар менен бирге Лиддага жөнөдү. Келери
менен аны сөөк жаткан бөлмөгө алып барышты.
Бөлмөгө киргенде, жесир аялдар курчап алышып,
Дорка көзү тирүүсүндө тигип берген кийим-
кечектерин ага көргөзүшүп, боздоп ыйлашты.
40 Петир баарын сыртка чыгарып, өзү болсо
тизелеп, Кудайга сыйынды. Анан өлүккө кайрылып:
– Табита, тургун! – деди.
Аял көзүн ачып, Петирди көрдү да, өйдө болду.
41 Петир колунан кармап, бутуна турганга
жардамдашты. Анан ыйыктар менен жесирлерди
чакырып, тирилип кеткен Табитаны көргөздү. 42 Бул
иш бүткүл Жаффага белгилүү болуп, көптөгөн

адамдар Эгебизге ишеништи. 43 Петир бир нече күн
Ысман аттуу тери ийлегичтин үйүндө жашап,
Жаффада туруп калды.

### Корнелийдин аяны

10 Кесария шаарында Корнелий деген бир
киши жашачу. Ал «Италия кошууну» деп
аталган аскер бөлүмүндө жүз башы эле. 2 Бул
такыбаа, бүт үй-бүлөсү менен Кудайдан ыйбаа
кылган адам эле. Ал иудейлерге көп кайрым
кылып, дайыма Кудайга сыйынчу. 3 Күндөрдүн
биринде Корнелий күндүзгү саат үчтөрдө бир аян
көрдү. Ага Кудайдын периштеси келип:
– Корнелий! – деп атынан чакырды.
4 Корнелий аны көргөндө, корккондунан:
– Оо, Кудурет! Эмне болуп кетти? – деп жиберди.
Периште ага мындай деди:
– Кембагалдарга кылган кайрымың менен
сыйынууларыңды Кудай кабыл кылып, сени эстеди.
5 Эми Жаффага киши жиберип, Петир аталган
Ысманды үйүңө чакыр. 6 Ал азыр деңиз жээгинде
жашаган тери ийлегич Ысман деген кишинин
үйүндө.
7 –8 Корнелий менен сүйлөшкөн периште көздөн
кайым болгондо, ал үй кызматчыларынан экөөсүн
жана дайыма жанына алып жүрчү Кудайга
табынган бир жоокерин чакырып алып, болгон
окуяны толугу менен айтып берди да, аларды
Жаффага жөнөттү.

### Петирдин аяны

9 Алар бир күндүк жолду басып өтүшүп, экинчи
күнү түшкө маал шаарга жакындашты. Ушул убакта
сыйынуу үчүн Петир тамдын төбөсүнө † чыккан эле.
10 –11 Ал ачка болуп, тамактангысы келди. Тамак
даярдалып жаткан маалда эстен танып, аян көрдү.
Аянда асман ачылып, төрт бурчунан байланган
дасторкон сыяктуу бир нерсенин түшүп келе
жатканын көрдү. 12 Анын ичинде ар кандай төрт
аяктуу жаныбарлар, бака-жыландар, канаттуулар
бар эле. 13 Ошондо бир үн чыкты:
– Тур, Петир, буларды союп же!
14 Бирок Петир макул болбой:
– Жок, Эгем, болбойт! Мен эч качан арам нерсени
оозума алган эмесмин! – деди.
15 Ошондо баягы үн экинчи ирет кайталанды:
– Кудай адалдаганды арам дебе!
16 Бул көрүнүш үч жолу кайталанды да, баягы
дасторконго окшогон неме кайрадан асманга
көтөрүлүп кетти.
17 Петир көргөн көзүнө ишене албай, бул эмне
болуп кетти деп, деңдароо болуп турган маалда,
Корнелийден келген кишилер дарбазага
жакындап, Ысмандын үйүн сурап жатышыптыр.
18 Алар үнүн катуу чыгарышып:
– Петир аталган Ысман ушул жерде болду бекен?
– деп сурашты.
19 Петир көргөн аяны жөнүндө ойлонуп турганда,
Ыйык Рух ага мындай деген эле:
– Сени үч киши издеп келди! 20 Тур да, төмөн
түшүп, эч шектенбестен алар менен бирге жөнө!
Анткени аларды сага Мен жибергем.
21 Петир ылдый түшүп, келген кишилерди тосуп
алды. Аларга:
– Силер издеп жүргөн киши менмин. Кандай иш
менен келдиңер эле? – деди.
22 Алар мындай деп жооп беришти:
– Бизди Корнелий аттуу жүз башы жиберди. Ал
динчил, Кудайдан ыйбаа кылган адам. Атпай иудей
элинин арасында анын кадыр-баркы чоң. Ошол
кишиге Кудайдын касиеттүү периштеси көрүнүп,
үйүнө сени чакырып, сөзүңдү уксун дептир.
23 Ошондо Петир аларды үйгө киргизип,
коноктоду.
Эртеси Петир алар менен бирге жолго чыкты.
Жаффадан келген боордоштордун кээ бирлери ага
кошулду.

### Башка улуттагылардын Машаякка ишениши

24 Алар кийинки күнү Кесарияга келишти.
Корнелий болсо өзүнүн туугандары менен жакын
досторун чакырып, аларды күтүп олтурган эле.
25 Петир үйгө келгенде, Корнелий утурлай чыгып,
бутуна жыгылды. 26 Петир болсо ага:
– Кой, тур, мен деле адаммын, – деп, өйдө
тургузду.
27 Аны менен кобурашып үйгө киргенде, көп
адамдар чогулуп олтурушуптур. 28 Петир аларга
кайрылып мындай деди:
– Билесиздерби, биздин диний мыйзамыбыз
боюнча иудей адамына башка элдиктер менен
байланышууга да, алар жашаган жайга барууга да
болбойт. Бирок бир да адам арам эместигин Кудай
мага түшүндүрдү. 29 Ошондуктан чакырылар менен
шыр эле түптүз силерге келдим. Эми суроо
берейин: кандай иш менен мени чакырдыңыздар
эле?
30 Корнелий мындай деп жооп берди:
– Үч күн мурун мен ушул убакта, күндүзгү саат
үчтөрдө үйүмдө сыйынып олтургам. Аңгыча эле бет
алдымда жаркыраган кийимчен киши пайда болду
да: 31 «Корнелий! Үнүң Кудайга жетип, адамдарга
кылган кайрымдарың эске алынды. 32 Жаффага
киши жиберип, Петир аталган Ысманды үйүңө
чакыр. Ал азыр деңиз жээгинде жашаган тери
ийлегич Ысмандын үйүндө», – деди. 33 Муну угарым
менен дароо сизге киши жибердим. Сиз келип,
жакшы иш кылдыңыз. Эми Эгебиздин сизге айткан
сөзүн төкпөй-чачпай бизге айтып бериңиз. Ошол
үчүн баарыбыз Кудай алдында күтүп турабыз.

†

### Петирдин башка улуттагыларга Жакшы Кабар айтышы

[34] Петир мындай деп сөзүн баштады:
– Кудайда бет карамачылык жок экен. Буга
чындап көзүм жетти. [35] Кудайдан ыйбаа кылып, ак
жашаган адам кандай гана улуттан болбосун Ага
жагат экен. [36] Кудай Ыйса Машаяк аркылуу Өзү
менен тынчтыкка чакырып, Ысрайыл элине кабар
берди. Ушул Ыйса Машаяк баарынын Эгеси экен.
[37] Жакыя жар салган чөмүлдүрүү расмисинен кийин
Галилеядан башталып, бүткүл Иудея аймагында
болуп өткөн окуяны сиздер билесиздер.
[38] Кудайдын назареттик Ыйсаны Ыйык Рухка
толтуруп кудуреттүү күчкө кантип эгедер кылганы
сиздерге маалым. Ошондуктан Ал адамдарга
жакшылык жасап, ибилистен запкы тарткандарды
айыктырып жүрдү. Анткени Кудай Аны колдоп
турду. [39] Бүтүндөй иудей жеринде, ошондой эле
Иерусалимде Анын кылган иштерине биз да
күбөбүз. Алар Аны жыгачка керип өлтүрүштү.
[40] Мына ошол Ыйсаны Кудай үч күндөн кийин
кайра тирилтип, адамдарга көрсөттү. [41] Бирок
баарына эмес. Тек, Кудай Өзү алдын ала эл
арасынан тандап алган күбөлөрүнө, Ал кайра
тирилгенден кийин Аны менен чогуу бир
дасторкондон жеп-ичип, бирге жүргөн бизге гана
көрсөттү. [42] Ыйса болсо бизге Өзүнүн өлгөндөр
менен тирүүлөрдү соттой турган Кудайдын
белгилеген Соту экенин адамдарга жарыялоону
жана кепилдикке өтүүнү буйруду. [43] Ыйсанын
ысмынын урматы үчүн, Ага ишенген ар бир
адамдын күнөөсү кечирилет деп бардык
пайгамбарлар да күбөлүккө өтүшкөн.

### Башка улуттагыларга Ыйык Рухтун түшүүсү

[44] Петир ушул сөзүн айтып жаткан маалда, аны
угуп тургандардын баарынын үстүнө Ыйык Рух
түштү. [45] Петир менен бирге келген эврей
улутундагы ишенүүчүлөр Ыйык Рухтун ыроологон
ырыскысы башка улуттагыларга да берилгенине
таңданышты. [46] Анткени алардын бөтөн тилдерде
сүйлөп, Кудайды даңазалап жатканын угушту.
Ошондо Петир мындай деди:
– [47] Биз сыяктуу эле, Ыйык Рухту алган
адамдардын сууга чөмүлүү расмисинен өтүүсүнө
ким кедерги боло алат?
[48] Анан аларга Ыйса Машаяктын урматына
чөмүлдүрүү расмисинен өтүүнү буюрду. Ушул
окуядан соң, алар Петирден бир нече күн өзүлөрү
менен бирге болуп кетүүсүн суранышты.

### Петирдин башка улуттагылардын чөмүлгөнү жөнүндө актануусу

11 Иудеядагы элчилер менен боордоштор
Кудайдын Жакшы Кабарын башка улуттун
адамдары да кабыл алганын угушту. [2] Петир
Иерусалимге кайтып келгенде, Ыйсага ишенген
эврейлер ага наараз болушуп:
– [3] Сен сүннөткө отургузулбаган башка улуттагы
адамдарга барып, ошолор менен бирге тамак
ичипсиң, – дешти.
[4] Ошондо Петир аларга болгон окуянын баарын
катар-катары менен баяндап, айтып берди.
– [5] Мен Жаффа шаарында сыйынып отурган элем,
– деди ал. – Эс-учуму жоготуп койгон экем,
ушундай абалда бир аян көрдүм. Анда чоң
дасторконго окшош бир нерсе төрт бурчунан
буулган боюнча асмандан келип, алдыма түштү.
[6] Ичин караганымда, төрт аяктуулар, сойлоочулар
жана жапайы канаттуулар бар экен. [7] Анан: «Петир,
тур да, союп же!» – деген добушту уктум. [8] А мен
ага: «Жок, Эгем, мен эч качан арам нерсени оозума
алган эмесмин» – дедим. [9] Жанагы үн дагы чыгып:
«Кудай адалдаганды арам дебегин!» – деди. [10] Бул
үч жолу кайталанып, кайра көккө көтөрүлүп кетти.
[11] Ошол кезде Кесариядан мага жиберилген үч
киши келип, дарбазамдын жанында турган экен.
[12] Ыйык Рух болсо: «Эч ойлонбостон буларга
кошулуп, жолго чык!» – деди. Ошентип, бул
Жаффадан келген алты боордошум да мени менен
бирге барып, ошол Корнелий деген кишинин
үйүнө кирдик. [13] Ал болсо, үйүндө көзүнө көрүнгөн
периштенин эмне дегенин бизге айтып берди.
Периште ага: «Жаффага киши жиберип, Ысман
Петир деген кишини чакырт! [14] Ал сени жана сенин
бүт үй-бүлөңдү куткара турган сөздү айтып берет»,
– дептир. [15] Мен сүйлөй баштаганда, Ыйык Рух
мурда бизге түшкөндөй алардын үстүнө да түштү.
[16] Ошондо Эгебиздин мындай деген сөзүн эстедим:
«Жакыя адамдарды сууга чөмүлдүргөн, силер болсо
Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр». [17] Ошондуктан
Кудай Эгебиз Ыйса Машаякка ишенгенибизде
бизге берген ырыскысын буларга да ыраа көрсө,
анда Кудайга каршы чыккандай мен ким элем.
[18] Бул сөздү угуп, алар тынчып калышты. Анан:
– Кудай башка улуттардын ниетин өзгөртүп,
түбөлүк өмүрдү аларга да берет турбайбы, – деп
Кудайды даңкташты.

### Антахиядагы жыйын

[19] Степан өлгөндөн кийин куугунтукка учурап,
чачырап кеткен шакирттер Финикияга, Кипр
аралына жана Сириядагы Антахия шаарына чейин
жетип, Жакшы Кабарды эврейлерге гана айтып
жүрүштү.
[20] Бирок Антахия шаарына келген кээ бир
кипрлик жана киринеялык кишилер Эгебиз Ыйса
тууралуу кабарды башка улуттун адамдарына да
жеткизишти. [21] Кудайдын кудурети алар аркылуу
иштегендиктен көп адамдар ишенип, Эгебиздин
жолуна түшүштү. [22] Бул тууралуу кабар
Иерусалимдеги жыйынга жетип, алар Антахияга
Барнапты жиберишти. [23] Ал келип, Кудайдын
ырайымын көрүп, абдан кубанды. Эгебизге чын

жүрөктөн берилип, аны менен тыгыз байланышта
болууну бардык ишенгендерге насааттады.
24 Барнап Ыйык Рухка толгон, ишеними күчтүү,
жакшы киши эле. Ал Эгебизге көптөгөн кишилерди
ишендирди. 25 Анан Барнап Шабылды издеп Тарска
кетти. 26 Аны жолуктуруп, Антахияга ээрчитип
келди. Андагы жыйында экөө бир жыл болушуп,
көп адамдарга насаат айтып жүрүштү. Ошентип,
Антахиядагы шакирттер биринчи жолу
«машаякчылар» деген атка конушту.
27 Ошол кезде Иерусалимден Антахияга бир нече
пайгамбарлар келишти. 28 Алардын арасынан Агап
дегени ордунан туруп, Ыйык Рух берген аян менен
жакын арада бүт жер жүзүндө катуу ачарчылык
болорун айтты. Бул ачарчылык кийин, Рим
падышасы Клавдийдин тушунда болду. 29 Ошондо
ишенгендердин ар бири колунан келишинче
Иудеядагы Ыйсага ишенген боордошторуна
жардам жиберүүнү чечишти. 30 Бул чечимди ишке
ашырып, белектерин Барнап менен Шабыл
аркылуу Иерусалимдеги жыйын жетекчилерине
жөнөтүштү.

### Ирод Агрипанын Жакыпты өлтүрүшү жана Петирди каматышы

12 Ошол кезде Ирод падыша жыйын
мүчөлөрүнүн бир нечесине жамандык
кылып, аларды куугунтуктай баштады. 2 Ал
Жакандын бир тууган агасы Жакыпты кылычтап
өлтүрдү. 3 Бул кылганы иудейлерге жакканын
көрүп, Петирди да карматты. Бул Калама майрамы
болуп жаткан кез эле. 4 Ал аны карматып, зынданга
олтургузду да, төрт жоокерден турган төрт топко
кайтартып койду. Ал Петирди Куткарылуу майрамы
бүткөндө, эл алдына алып чыгып соттоймун деп
ойлоду. 5 Ошентип Петир зынданда кайтарууда
болуп, ал эми бул убакта ишенгендер ал үчүн
Кудайга жалынып жатты.

### Петирдин түрмөдөн керемет менен чыгышы

6 Ирод элге алып чыккысы келген күндүн
алдындагы түнү Петир эки жоокердин ортосунда
эки жагынан чынжыр менен байлануу уктап
жаткан эле. Зындандын оозун кароолчулар
кайтарып турушкан. 7 Бир убакта капыстан эле
Эгебиздин периштеси пайда болуп, зындандын
ичи жарык болуп кетти. Периште Петирди капталга
түртүп ойготуп:
– Тур, тезирээк! – дегенде, анын колундагы
чынжырлар шыпырылып түшүп калды.
8 Ошондо периште мындай деди:
– Белиңди байлан да, бутуңду кий.
Петир айтканын кылды. Андан соң, дагы мындай
деди:
– Чапаныңды кийип, артыман түш!
9 Периштенин жасап жатканы өңүмдөбү же аян
көрүп жатамбы деп ойлогон Петир аны ээрчип,
сыртка жөнөдү. 10 Түрмөнүн биринчи, анан экинчи
бөлүгүндөгү кароолчунун жанынан өтүп, шаарга
алып чыга турган темир дарбазага келишти.
Дарбаза аларга өзүнөн өзү ачылып кетти. Алар
зындандан сыртка чыгып, бир көчөгө келишкенде,
күтүлбөгөн жерден периште көздөн кайым болду.
11 Ошондо Петир өзүнө келип:
– Эгем Өзүнүн периштесин жиберип, Ироддун
колунан жана иудейлердин мага каалаган
жамандыгынан мени куткарды, – деди.
12 Ал эсин жыйып, Жакандын энеси Мариямдын
үйүнө келди. (Жакандын дагы бир аты Марк эле.)
Анықында көп боордоштор чогулуп, сыйынып
олтурушкан эле. 13 Петир үйдүн дарбазасын
тыкылдатканда, үйдөн Рода аттуу малай кыз
чыгып, дарбазага кулагын тосту. 14 Петирди үнүнөн
тааныган соң, кубанганынан дарбазаны ачканды
унутуп, үйгө жүгүрүп кирди да:
– Петир дарбазанын алдында турат! – деп
сүйүнчүлөдү.
15 Үйдөгүлөр ага:
– Акыл-эсиң жайындабы?! – дешти.
Бирок кыз айтканынан кайтпады. Ошондо
тигилер:
– Бул Петирдин периштеси! – дешти.
16 Бул арада Петир дарбазаны тыкылдатып тура
берди. Дарбазаны ачышканда, Петирди көрүп,
айран-таң калышты. 17 Петир болсо акырын деп
колу менен белги берип, Эгебиздин кантип аны
зындандан алып чыкканын айтып берди. Анан бул
тууралуу Жакыпка жана башка боордошторго
кабарлап койгула, деп өтүндү. Ушундан соң, үйдөн
чыгып, башка жакка жөнөдү.
18 Таң атканда, зындан кайтарган жоокерлердин
арасында Петирдин жоголгонуна байланыштуу чоң
тополоң болду. 19 Ирод болсо Петирди издеп таба
албаган соң, кароолчуларды жоопко тартып,
өлтүрүүнү буюрду. Ушундан соң, ал Иудеядан
чыгып, Кесарияга барды да, ал жакта туруп калды.

### Ирод Агрипанын өлүмү

20 Тир менен Сидон шаарларынын элине Ироддун
кыжыры келип жүргөн эле. Тигилер болсо өз ара
сүйлөшүп, ага келишти да, падышанын кызматкери
Биласты өзүлөрүнө тарапка тартышып, Ироддудан
тынчтыкка келүүгө чакырышты. Анткени алар
жашаган аймак падышага караштуу аймактан
азык-түлүк алып турчу. 21 Болжошкон күнү Ирод
падышалык кийимин кийип, тактысына олтурду да,
алар менен сүйлөшө баштады. 22 Угуп турган эл:
– Бул үн адамдыкы эмес, Кудайдыкы! – деп
кыйкырып жатты.
23 Бирок Кудайга тиешелүү даңкты Кудайга
бербегени үчүн аны күтүлбөгөн жерден Эгебиздин
периштеси жазалады. Ироддудан ичиндеги курттары
жеп, ал өлдү.
24 Кудайдын кабары туш-тушка тарап жатты.

25 Ал эми Барнап менен Шабыл тапшырылган
милдеттерин аткарган соң, Марк аталган Жаканды
алышып, Иерусалимден Сириядагы Антахияга
келишти.

### Барнап менен Шабылдын атайын кызматы

13 Антахия шаарындагы жыйында бир нече
пайгамбарлар менен устаттар бар эле. Булар:
Барнап, Нигер аталган Шемон, киринеялык Лукий,
аким Ирод Антипас менен бирге өскөн Манайын
жана Шабыл. 2 Алар орозо кармап, Эгебизге
ийбадат кылып жүрүшкөндө, Ыйык Рух мындай
деди:
– Мен Барнап менен Шабылды атайын бир
кызматка чакырып алганмын, ошондуктан аларды
Мага бергиле.
3 Ошондо алар орозо тутуп, ал экөөнө бата тилеп
сыйынышкан соң, Кудайдын кызматы үчүн бөлүп
коюшту.

### Кипр аралында

4 Ыйык Рухтун буйругу боюнча жөнөтүлгөн булар
Селекияга барышып, андан ары кеме менен
Кипрге кетишти. 5 Саламин шаарында болушуп,
иудей синагогаларында Кудай сөзүн жар салышты.
Жардамчы катарында жанына алышкан Жакан да
алар менен бирге жүрдү. 6 Алар Кипр аралын
баштан аяк аралап өтүшүп, Пафос деген жерге
келишкенде, Барыйса деген бир иудейге
кезигишти. Ал жалган пайгамбарчылык кылган
сыйкырчы болчу. 7 Ал Пабыл Сергий аттуу аймак
акими менен жүргөн. Аким акылдуу киши болор
эле. Ал Кудайдын сөзүн угуу үчүн Шабыл менен
Барнапты чакыртып, киши жиберди. 8 Бирок
жанагы Элим деген сыйкырчы (тигинин аты грекче
ушундай) акимдин ишенип калуусун каалабай,
аларга тоскоолдук кылды. 9 Бирок Ыйык Рухка
толуп турган Шабыл (дагы бир аты Пабыл) аны тике
карап, мындай деди:
– 10 Эй, алдамчылык менен адепсиздикке ичи
толгон, бардык адилеттиктин душманы болгон
ибилистин баласы! Эгебиздин түз жолун
бурмалаганыңды качан коёсуң? 11 Азыр Эгебиздин
кудуретин көрөсүң, көзүң көпкө көрбөй кашайып
кал!
Күтүлбөгөн жерден Элимдин көзү чындап эле
байланып, карайлап калды да жетелей турган адам
издей баштады. 12 Ошондо бул окуяны көргөн
аймак акими Эгебиз жөнүндөгү таалимге таң
калып, Ага ишенди.

### Писидия аймагындагы Антахияда

13 Пабыл менен анын жанындагылар Пафостон
кеме менен чыгышып, Памфилиянын Перге деген
шаарына келишти. Ошол жерден Жакан алардан
бөлүнүп, кайра Иерусалимге кайтты. 14 Пабыл
менен Барнап болсо Пергени аралап өтүшүп,
Писидия аймагындагы Антахияга келишти. Анан
дем алыш күнү синагогага киришти. 15 Төөрат
менен пайгамбарлар жазмасы окулуп бүткөн соң,
синагога башчылары Пабыл менен Барнапка киши
жиберишип, мындай дешти:
– Боордоштор, элге айта турган насыят сөзүңөр
болсо, айткыла.
16 Пабыл ордунан туруп, колу менен ишарат
кылып, элди тынчтыкка чакырды да, сүйлөй
баштады:
– Урматтуу агайындар! Урматтуу башка улуттук
боордоштор! Кулак салып, угуп алыңыздар. 17 Ушул
Ысрайыл элинин Кудайы биздин ата-
бабаларыбызды Өзүнө тандап алып, Мисир
жеринде келгин катары жашап жаткан кезинде
аларга жөлөк болуп, өркүндөтүп өстүрдү. Өзүнүн
кудуреттүү колу менен Мисирден алып чыкты.
18 Андан кийин, кырк жылга жакын чөлдө сынады.
19 Ошондон кийин Канаан жериндеги жети элди
кыйратып, алардын жерин ысрайылдарга мурас
кылып берди. 20 Ушулардын баары төрт жүз элүү
жылга созулду. Андан соң, Кудай аларга Шамил
пайгамбардын убагына чейин бийлерди берип,
алар элди башкарды. 21 Андан кийин, алар падыша
сурашканда, Кудай Бенжамин уруусундагы Киштин
уулу Шабылды берди. Ал кырк жыл аларга
падышачылык кылды. 22 Анан: «Менин көңүлүмө
жаккан адамды таптым. Ал – Жесейдин уулу Дөөт.
Ал Менин каалаганымдын баарын аткарат», † – деп,
Шабылды тактан алып, Дөөттү шайлады. 23 Кудай
Өзүнүн убадасы боюнча мына ушул кишинин
тукумунан Ысрайылдын Куткаруучусу Ыйсаны
чыгарды. 24 Анын келер алдында Жакыя бүт
Ысрайыл элин ниетин өзгөртүп, сууга чөмүлүү
расмисинен өтүүгө чакырып, жар салды. 25 Ал өз
вазийпасын аткарып бүткөндө, элге: «Силердин
оюңар боюнча мен киммин? Мен силер ойлоп
жатканыңар эмесмин. Менден кийин келе
жатканга көңүл бургула, мен анын бут кийимин
чечүүгө да татыксызмын», – деди.
26 Агайын-туугандар, Ыбрайымдын урпактары
жана Кудайдан корккон пенделер! Бул куткаруучу
сөз бизге айтылган болчу. 27 Иерусалимдиктер
менен алардын башкаруучулары муну
түшүнүшпөй, Ыйсаны соттошуп, ар дем алышта
окулуучу пайгамбарлар китебинде жазылганды
жүзөгө ашырышты. 28 Алар өлүмгө татыктуу бир да
себеп табышпаганына карабай, Пилаттан Аны
өлтүрүүсүн талап кылышты. 29 Анан, Ал тууралуу
жазылгандардын баарын аткарып бүтүшкөн соң,
Анын сөөгүн жыгачтан түшүрүшүп, көргө коюшту.
30 Бирок Кудай Аны өлүмдөн тирилтип алды.
31 Мындан соң, Аны Галилеядан Иерусалимге
ээрчип келгендер көп күндөр бою көрүп жүрүштү.
Алар азыр Аны эл алдында күбөлөндүрүп жатышат.
32 Кудай Ыйсаны өлүмдөн тирилтип, аталарыбызга
берген убадасын алардын балдары – бизге аткарып

†

бергенин силерге азыр Барнап экөөбүз сүйүнчүлөп
турабыз. 33 Бул тууралуу экинчи забурда мындай
деп жазылган: «Сен Уулумсуң, анткени Мен бүгүн
Сага Ата болдум». †34 Кудай Аны өлүмдөн
тирилткендиги, демек, эми эч качан чирий турган
денеге айланбастыгы тууралуу мындай деген: «Мен
сага Дөөткө убада кылган ыйык, ишенимдүү
баталарымды берем». ††35 Ошондуктан дагы бир
жерде мындай дейт: «Сен Өзүңдүн ыйыгыңды
чиритпейсиң». ‡36 Дөөт өз убагында Кудайдын
эркин аткарып, элине кызмат кылып бүткөндө, көз
жумуп, ата-бабасы жаткан жерге коюлуп, денеси
чириген. 37 Ал эми Кудай кайрадан тирилтип алган
Киши болсо чириген жок. 38 Ошондуктан, силерге
белгилүү болсун, агайын-туугандар, мына ушул
Кишинин урматына силердин күнөөлөрүңөрдүн
кечириле тургандыгы жарыяланып жатат. 39 Силер
Мусанын мыйзамы аркылуу арылбаган бардык
күнөөдөн эми бул Кишиге ишенген ар бир адам
арылат. 40 Ошондуктан сак болгула! Пайгамбарлар
айтып кеткен сөздөр силердин башыңарга
келбесин. 41 Алар мындай дешкен: «Эй, Кудай сөзүн
жек көрүп, шылдыңдагандар! Оозуңар ачылып, таң
калып, шоруңар курусун! Мен силердин
жашооңордо бирөө айтып берсе да, өзүңөр ишене
албагандай бир керемет иш кылам». ‡†
42 Барнап менен Пабыл синагогадан чыгып
жатканда, алардан келерки дем алышта да ушул
тууралуу сүйлөп беришин суранышты. 43 Чогулуш
бүткөндө, көптөгөн иудейлер жана иудей динине
өтүп, Кудайга кызмат кылган улуту башка адамдар
Пабыл менен Барнапты ээрчип жөнөштү. Пабыл
менен Барнап болсо алар менен аңгеме куруп:
«Ырайымдуу Кудайдын жолунда жүрө бергиле» деп
кеңештерин беришти. 44 Кийинки дем алышта
Кудай Сөзүн угуу үчүн дээрлик бүт шаар эли
чогулду. 45 Бирок иудейлердин ушунчалык көп эл
чогулганына ичтери тарыды. Ошондуктан
Пабылдын сөзүнө каршы чыгып, ага тил
тийгизишти. 46 Пабыл менен Барнап аларга
тайманбастан мындай дешти:
– Кудайдын сөзү биринчи силерге айтылышы
керек эле, бирок силер аны четке кагып, өзүңөрдү
түбөлүк өмүргө татыксыз кылып жатасыңар. Ошон
үчүн, мына, эми биз башка улуттарга кайрылып,
айтып жатабыз. 47 Анткени Эгебиз бизге: «Жер
чегине чейин адамдардын баары күнөөлөрүнүн
жазасынан кутулуу үчүн Мен Сени башка элдерге
жол көрсөтүүчү нур кылып койдум», ‡‡ – деп буйрук
берип кеткен.
48 Бул сөздү угушкан башка улуттагылар
кубанышып, Кудай сөзүн даңктап жатышты.
Алардын арасындагы түбөлүк өмүр буюрган көп
адамдар ишенимге келишти. 49 Ошентип,
Эгебиздин сөзү өлкөнүн туш тарабына тарады.
50 Бирок иудейлер диний ырым-жырымдарды катуу
кармаган шаардын атактуу аялдары менен
башчыларын Пабыл менен Барнапка каршы
тукурушуп, аларды куугунтукка алышты. Алар эки
элчини шаардан кууп чыгышты. 51 Эки элчи болсо
аларга наалат катары буттарынын чаңын күбүп,
Икония тарапка кетип калышты. 52 Антахиядагы
шакирттер болсо кубаныч менен Ыйык Рухка
толуп, өсө беришти.

### Икония шаарында

14 Икония шаарында Пабыл менен Барнап
адаттагыдай иудей синагогасына барышты
да, сөз сүйлөштү. Ошондо көптөгөн иудейлер
менен иудей эместер ишенимге келишти. 2 Ал эми
Кудай сөзүнө баш ийбеген иудейлер болсо башка
улуттагыларды ишенгендерге каршы тукуруп,
дүрбөлөңгө салышты. 3 Ошондуктан эки элчи көп
убакыт бою ошол жерде болуп, Эгебиз тууралуу
тайманбай ачык сүйлөшүп, Анын берекелүү
сөздөрүн айтышты. Кудай болсо алар аркылуу
кереметтүү жышаандарды жана укмуштарды
жаратып жатты. 4 Шаар эли экиге бөлүнүп, бир тобу
иудейлер тарапта болсо, бир тобу элчилер тарапта
болушту.

### Листра менен Дербе шаарында

5 –6 Башка улуттун адамдары иудей башчылары
менен биригип алышып, элчилерди кордоп, таш
бараңга алмакчы болуп жулунганын байкаган
элчилер Лукония аймагындагы Листра менен
Дербе шаарларына жана алардын айланасындагы
жерлерге кетип, 7 Жакшы Кабарды ошол жакта
таратып жүрүштү.
8 Листрада эки буту тең шал болгон бир адам
отурчу. Ал тубаса оорулуу болгондуктан, эч качан
басып көрбөгөн. 9 Бу киши Пабылдын сөзүн угуп
олтурган. Пабыл ага тике карады да, анын айыгып
кетүүгө жете турган ишенимин көрүп:
– 10 Кана, тур өйдө! – деп кыйкырды.
Ошондо ал секирип туруп, басып кетти.
11 Пабылдын кылганын көргөн эл лукон тилинде:
– Булар бизге адам кейпинде түшүп келген
кудайлар! – деп кыйкыра башташты.
12 Алар Барнапты Зевс деп, ал эми дайыма сөздү
баштап сүйлөп жүргөндүктөн Пабылды Эрмес
аташты.
13 Шаардын сыртындагы грек кудайы Зевстин
ийбадатканасынын динкызматчысы эл менен
бирге аларга курмандык чалмакчы болуп, букалар
менен гүлдөрдү шаар дарбазасына алып келди.
14 –15 Элчилер – Барнап менен Пабыл муну
укканда, үстүндөгү кийимдерин тытып жиберишип,
элдин арасына чуркап кирishти.
– Эл-журт! Эмне кылганы жатасыңар? – дешти
алар. – Биз деле силерге окшогон пендебиз.
Силерди бул пайдасыз нерселерге табынбай,
асман-жерди, деңизди жана алардын ичиндегинин
баарын жараткан тирүү Кудайга ишенсин деген

† †† ‡ ‡† ‡‡

Жакшы Кабарды айтып жүрөбүз. 16 Өздөрү
каалагандай жашаган бардык улуттарды ал
мурдагы замандарда тим койду. 17 Ошондой болсо
да, бизге асмандан жамгырын жаадырып, түшүм
мезгилдерин берип, ырыскыбызды үзбөй,
көңүлүбүздү куунак кылып, ушул жакшылыктары
менен Өзүн күбөлөндүрүп келди.
18 Элчилер ушундай деп, аларды өздөрүнө
курмандык чалуудан араң токтотушту. 19 Ушундан
соң, Антахия менен Икониядан келген иудейлер
элди өздөрү тарапка тартып алып, Пабылды таш
бараңга алышты. Анан өлдү го деп ойлоп, шаардын
сыртына сүйрөп чыгарып салышты. 20 Бирок
айланасына шакирттер чогулганда, Пабыл ордунан
турду да, кайра шаарга кирди. Эртеси күнү ал
Барнап менен бирге Дербеге кетип калды.

### Элчилердин Сириядагы Антахияга кайтып келиши

21 Элчилер Дербеде Жакшы Кабарды таратып,
көптөгөн адамдарды Ыйсанын шакирттери кылды.
Андан соң Листра, Икония жана Антахияга
кайтышты. 22 Кайда барбасын, ишенгендерди:
«Ишенимиңерди сактап жашагыла, Кудай
Падышачылыгына далай азаптарды баштан
кечирип киребиз», – деп кайраттандырышты. 23 Ар
бир ишенгендер жыйынына жыйын жетекчилерин
дайындашып, орозо кармап сыйынышып, аларды
өздөрү ишенип калган Эгебизге тапшырышты.
24 Андан кийин эки элчи Писидиядан өтүп,
Памфилия аймагына келди.
25 Пергеде Кудайдын сөзүн жарыялап, Атталия
шаарына түшүштү. 26 Атталиядан кемеге отуруп,
Антахияга бет алышты. Антахияда алар бул иш
үчүн ырайымдуу Кудайдын колуна тапшырылган
эле. Алар аны да бүтүрүштү. 27 Келишкенде,
ишенгендерди жыйнап, Кудай алар аркылуу
эмнелерди кылганын жана башка элдерге
ишенимдин эшигин кандайча ачып бергенин
айтып беришти. 28 Андан кийин бир топ убакыт
ошол жерде алар менен бирге болушту.

## Иерусалимдеги кеңеш

### Сүннөткө олтургузуу маселеси

15 Иудеядан түшүп келген кээ бир адамдар
Антахиядагы ишенгендерге: «Эгер Муса
пайгамбардын мыйзамы боюнча сүннөткө
олтурбасаңар, анда куткарыла албайсыңар», – деп
окута башташтЫ. 2 Пабыл менен Барнап алар
менен бир далайга чейин талашып-тартышты.
Акыры антахиялыктар Пабыл менен Барнапка бир
нече адам кошуп, бул маселени башка элчилер
менен жыйын жетекчилеринин алдында тактоо
максатында аларды Иерусалимге жиберүүнү
чечишти. 3 Ишенүүчүлөр жыйынынын
тапшырмасы менен сапарга чыгышкан булар
Финикия жана Самария аймагы аркылуу жол
жүрүп, андагы ишенгендерге башка улуттагы
адамдардын кандайча Кудай жолуна түшкөндөрүн
айтып, абдан кубантышты. 4 Иерусалимге келгенде,
ишенгендер жыйыны, элчилер жана жыйын
жетекчилери аларды жылуу кабыл алышты. Пабыл
жана анын жолдоштору Кудайдын алар аркылуу
эмнелерди кылганын айтып беришти. 5 Бирок
алардын арасындагы мурда фарисей тобуна
киргендери ордунан туруп:
– Башка улуттагыларды сүннөткө олтургузуп,
Муса пайгамбардын мыйзамына баш ийүүнү
буйруш керек! – дешти.
6 Ошондо элчилер менен жыйын жетекчилери
бул маселени чечүүгө чогулушту. 7 Көптөгөн
суроолордон соң, Петир ордунан туруп, мындай
деди:
– Агайындар! Мындан бир нече убакыт мурда
башка улуттагыларга Жакшы Кабарды жеткирип,
ишенимге келтирүүгө Кудай сиздердин
араңыздардан мени тандаган эле. Муну сиздер
жакшы билесиздер. 8 Жүрөктүн түпкүрүндөгү
сырларды билген Кудай бизге берген Ыйык Рухту
аларга да берүү менен аларды Өзүнө кабыл
алганын көрсөттү. 9 Ыйсага ишенгендиги үчүн
дилин тазалап, биз менен тең кылды. 10 Анда
эмнеге сиздер Кудайды сынап, биз өзүбүз да, ата-
бабаларыбыз да көтөрө албаган оор жүктү
Ыйсанын шакирттерине жүктөгөнү жатасыздар?
11 Алар деле биз сыяктуу Эгебиз Ыйсанын ырайымы
аркылуу ишенимге келип, куткарылышты.
12 Петирдин сөзүнөн кийин жымжырттык өкүм
сүрүп, Кудайдын Барнап менен Пабыл аркылуу
башка улуттардын арасында кылган кереметтүү
жышаандары менен укмуштары тууралуу алардын
айткандарына кулак төшөштү. 13 Алар сүйлөп
бүткөндө, Жакып мындай деди:
– Агайын-туугандар! 14 Ысман өз сөзүндө
Кудайдын башка улуттагылардын арасынан Өз
адамдарын тандап, аларга Өзүн таанытып, кылган
камкордугу тууралуу айтып өттү. 15 Пайгамбарлар
китебинде жазылган сөздөр да буга дал келет:
16 «“Андан кийин Мен кайтып,
Талкаланган бузулган
Падышалыгын Дөөттүн
Калыбына келтирем,
Алып урандыларын,
Тургузамын кайрадан. †
17 –18 Калган эл да ошондо,
Башка улуттун бардыгы
Эгебизди издешет.
Анткени Мен аларды
“Элим бол” деп чакырдым,
Өз атыман атадым”, –
Дейт ушунун бардыгын
Ишке ашырар Эгебиз».
19 Менимче, башка улуттан Кудай жолуна
түшкөндөргө орунсуз талап коюп, кабатыр

†

кылбашыбыз керек. 20 Андан көрө кат жазып,
«буркандарга арналып, курмандыкка чалынган
арам оокаттан жебегиле, бузуктуктан сактангыла,
арам өлгөн малдын этин жана канды жебегиле»
деген насаатыбызды айталы. 21 Анткени Муса
пайгамбардын мыйзамында жазылган бул
эрежелер илгертен бери дем алыш сайын ар бир
шаардагы синагогаларда окулуп келе жатат.

### Ыйсанын башка улуттагы шакирттерине кат

22 Ошентип элчилер, жыйын жетекчилери жана
ишенүүчүлөр жыйыны арасынан бир нече адамды
тандап, Пабыл менен Барнапка кошуп, Антахияга
жиберүүнү туура көрүштү. Алар Барсап деп аталып
кеткен Жүйүт менен Силаны тандашты. Булар
жыйында кадыр-барктуу адамдар болушкан.
23 Алып бара турган каттын мазмуну төмөнкүдөй
эле: «Ушул катыбызды андагы Антахия, Сирия жана
Киликиядагы бардык иудей эмес
боордошторубузга арнайбыз. Катты
Иерусалимдеги элчилерден, жыйын
жетекчилеринен жана жамы ишенген
боордошторуңардан деп билгиле.
24 Угушубузга караганда, биздин арабыздан
чыккан кээ бир адамдардын сөзү тынчыңарды
алып, көңүлүңөрдү чөгөрүптүр. Бирок биз алардын
барып, андай кылышын тапшырган эмеспиз.
25 Ошол себептен биз өз ара акылдашып, бир
пикирге келдик да, арабыздан бир нече адамды
тандап, аларды азиз боордошторубуз Барнап
менен Пабылга кошуп, силерге жиберүүнү оң
көрдүк. 26 Бул экөө Эгебиз Ыйса Машаяк үчүн
жанын да аябаган адамдар. 27 Ошондой эле Жүйүт
менен Силаны да жиберип жатабыз. Алар да
силерге ушул жазылгандарды оозеки айтып
беришет. 28 Ошондуктан Ыйык Рухка да, бизге да эң
зарыл көрүнгөн төмөнкү эки-үч нерседен башканы
талап кылбоону туура деп таптык: 29 буркандарга
чалынган курмандыктан ооз тийбегиле, кан менен
арам өлгөн малдын этин жебегиле жана
бузукчулуктан денеңерди сактагыла. Ошондо
жакшы иш жасаган болосуңар. Саламатта
калгыла».
30 Ошентип, бу кишилер жолго чыгып, Антахияга
келишти. Ишенгендердин жыйынын чогултуп,
катты беришти. 31 Алар катты окуп, андагы насыят
сөздөргө ыраазы болуп кубанышты. 32 Өздөрү
пайгамбар болгон Жүйүт менен Сила сөз сүйлөп,
боордошторго көп жакшы насааттарын айтып,
көңүлдөрүн көтөрүштү. 33 –34 Бир нече убакыт алар
менен болгон соң, боордоштор аларды жылуу-
жумшак келген жагына узатып коюшту. 35 Ал эми
Пабыл менен Барнап болсо Антахияда калышты.
Алар башка дагы көптөгөн ишенүүчүлөр менен
бирге Эгебиздин сөзүн сүйлөп, элге жарыялашты.

### Пабыл менен Барнаптын ортосундагы пикир келишпестик

36 Бир нече күн өткөндө, Пабыл Барнапка:
– Эми кайтып барып, биз мурда Эгебиздин
Жакшы Кабарын айткан шаарлардагы
боордошторубуздун ал-акыбалы кандай болду
экен, ошону көрүп келели, – деди.
37 Барнап Марк аталган Жаканды да өзүнө кошуп
алгысы келди. 38 Бирок Пабыл буга каршы болду.
Анткени Марк мурда алар менен бирге Кудайдын
кызматына баргысы келбей, Памфилиядан таштап
кеткен эле. Ошондуктан Пабыл мындай адамды
кошкусу келген жок. 39 Натыйжада, алардын
арасында абдан катуу пикир келишпестик пайда
болуп, Пабыл менен Барнап бири биринен
бөлүнүштү. Барнап өзү менен бирге Маркты алып,
Кипрге сүзүп кетти. 40 Пабыл болсо өзү тандаган
Силаны жанына алып, боордоштор тарабынан
ырайымдуу Эгебиздин колуна тапшырылган соң,
жөнөп кетти. 41 Ал Сирия жана Киликия
аймактарын аралап, андагы ишенгендер
жыйындарындагы адамдардын ишенимин
бекемдеди.

### Пабылдын Сила жана Тиметей менен бирге кайра сапарга чыгышы

16 Пабыл Дербеден өтүп, Листрага келди. Ал
жерде Ыйсанын Тиметей аттуу шакирти бар
болчу. Анын энеси Ыйсага ишенген эврей, ал эми
атасы болсо грек эле. 2 Тиметейди Листра менен
Икониядагы боордоштор макташчу. 3 Аны Пабыл
өзү менен сапарга кошуп алгысы келип, ошол
жердеги иудейлерге эврей экенин билгизүү үчүн
сүннөткө олтургузду. Анткени алар анын атасынын
грек экенин билишчү.
4 Алар шаардан шаарга кыдырып, Иерусалимдеги
элчилер менен жыйын жетекчилеринин
чечимдерин сактоону айтышты. 5 Ошентип
ишенүүчүлөрдүн жыйындары ишенимден кубат
алып, күн сайын саны арбып жатты.

### Пабылдын батышка барууга аян алышы

6 Ыйык Рух Асияда сөз айтууга тыюу
салгандыгынан улам, алар Фригия менен Галатия
аймактарын аралап, сапарын улантышты. 7 Мусия
аймагынын чек арасына жакындашканда,
Битинияга барууга ниеттеништи, бирок Ыйсанын
Руху уруксат бербеди. 8 Ошондуктан Мусияны
аралап өтүп, Троаска түшүп келишти.
9 Ошол жерден түн ичинде Пабыл аян көрдү. Анда
бир македониялык киши: «Македонияга өтүп
келип, бизге жардам берегөр!» – деп Пабылга
жалбарды.

### Филипиядагы Лидиянын ишенимге келиши

10 Пабыл көргөн аяндан кийин Кудай бизди Македонияга Жакшы Кабар таратууга чакырып жатат деген жыйынтыкка келип, дароо эле ошол жакка бет алдык. 11 Троас шаарынан кемеге түшүп, биз түптүз Сематирек тарапка багыт алдык да, эртеси күнү Неапол шаарына жеттик. 12 Андан Филипияга жөнөдүк. Филипия – Македония аймагына киргендеги биринчи шаар жана Рим империясынын колониясы. Бул шаарда биз бир нече күн туруп калдык.

13 Биз дем алыш күнү шаардын сыртында иудейлер сыйына турган жер бар болуш керек деп ойлоп, дарыянын жээгине бардык. Олтуруп алып, ал жерге келген бир нече аял менен сүйлөшө баштадык. 14 Алардын арасында Тиатира шаарынан келген, Кудайга ишенген Лидия аттуу бир аял бар эле. Ал кооз кырмызы кездеме сатчу. Эгебиз анын жүрөгүн жибитип, Пабылдын айткандарына назар салдырды. 15 Ал үй ичи менен бирге сууга чөмүлдүрүү расмисинен өткөн соң, бизди конокко чакырды. «Эгер мени Эгебизге ишенди деп эсептесеңер, анда үйүмө кирип мейман болуп кеткиле», – деп өтүнүп атып, бизди калууга көндүрдү.

### Көзү ачык кыздан жиндин чыгышы

16 Бир күнү сыйына турган жайга баратканыбызда, алдыбыздан көзү ачык бир кыз тосуп чыкты. Бул малай кыз көзү ачыктыгы менен кожоюндарына көп киреше түшүрчү экен. 17 Ал биздин аркабыздан калбай:

– Булар Кудай Тааланын кызматчылары, силерге күнөөдөн кутулуу жолун көргөзөт! – деп кыйкырып, ээрчип алды.

18 Ал мунусун көп күндөр бою кайталай берди. Ошондо Пабылдын ачуусу келип, кызды кыйкырткан жинге кайрылып:

– Ыйса Машаяктын атынан буйрук кылам: бул кыздан чык! – деди.

Жин ошол замат андан чыгып кетти. 19 Кыздын кожоюндары пайдасынан кол жууганын көрүшкөндө, Пабыл менен Силаны кармап алып, борбордук аянттагы башкаруучулардын алдына сүйрөп келишти да, 20 аларга:

– Бул эврейлер шаарыбыздын элин дүрбөлөңгө салып жүрүшөт. 21 Булар үгүттөп жүргөн нерселер биздин, римдиктердин салтына туура келбейт. Аларды бизге кабыл алууга да, аткарууга да болбойт! – дешти.

### Пабыл менен Силанын түрмөдөн бошотулушу

22 Топтолгондор Пабыл менен Силага атырылганда, башчылар алардын кийимдерин тыттырып туруп, сабоого буйрук беришти. 23 Абдан катуу сабашкан соң, зынданга таштап салышты да, сакчыга жакшылап кайтарууну буйрушту. 24 Сакчы аларды түрмөнүн эң төркү бөлүгүнө алып кирип, буттарын кишендеп койду.

25 Түн ортосу ченде Пабыл менен Сила сыйынып, Кудайды даңктап ырдай башташты. Түрмөдөгүлөр болсо аларга кулак салышты. 26 Бир убакта жер абдан катуу титиреп, түрмөнүн пайдубалы термеле түштү. Ошондо бардык эшиктер ачылып, бүт байлоолору чечилип кетти. 27 –28 Сакчы ойгонуп кетип, эшиктердин ачылып калганын көрдү. Ал түрмөдөгүлөр качып кетишиптир деп ойлоду да, канжарын сууруп алып, өзүн өлтүргөнү жатканда, Пабыл ага:

– Эй, токто! Биз мындабыз! – деп кыйкырып жиберди.

29 Сакчы коркконунан калтырап-титиреп, Пабыл менен Силанын алдына жыгылды. Анан от сурап алып, 30 аларды сыртка ээрчитип чыкты да, мындай деди:

– Мырзалар, эмне кылсам куткарылам?

– 31 Эгебиз Ыйсага ишен, ошондо өзүң жана үйүңдөгүлөрдүн баары куткарыласыңар, – деп жооп беришти алар.

32 Анан ага жана анын үй-бүлөсүнө Эгебиздин сөзүн айтып беришти. 33 Сакчы түн болгонунуна карабай, Пабыл менен Силанын жараларын жууп берди да, дароо бүт үй-бүлөсү менен бирге сууга чөмүлдүрүлдү. 34 Анан үйүнө киргизип, дасторкон жайды. Сакчынын үйүндөгүлөрүнүн баары Кудайга ишенип, чоң кубанычка бөлөнүштү. 35 Таң атканда, шаар башчылары: «Алиги кишилерди бошоткула!» – деп каароол башчыларынан айттырып жиберишиптир. 36 Сакчы бул буйрукту Пабылга жеткизди.

– Шаар башчылары киши жиберип, силерди боштондукка чыгарышсын дешиптир, – деди ал. – Ошондуктан силер тынч эле кете берсеңер болот.

37 Бирок Пабыл аларга мындай жооп берди:

– Бизди, Рим атуулдарын, сурак-соту жок, эл алдында уруп-сабап туруп, зынданга салышты. Эми акырын гана чыгарып коюшат бекен? Жок, өздөрү биздин алдыбызга келип, бошотушсун.

38 Каароол башчылары бул сөздөрдү кайрадан шаар башчыларына жеткиришти. Пабыл менен Силанын Рим атуулдары экенин укканда, алар коркуп кетишти да, 39 келип кечирим сурашты. Анан сыртка чыгарып, шаардан кетип калгыла деп өтүнүштү. 40 Пабыл менен Сила түрмөдөн чыгып, Лидияныкына барышты. Ал жерден боордоштор менен көрүшүп, алардын көңүлүн көтөрүп, анан сапарын улашты.

### Тесалоника шаарындагы куугунтук

17 Пабылдар Амфиполис жана Аполониядан өтүшүп, Тесалоникага келишти. Анда иудейлердин синагогасы бар эле. 2 –3 Пабыл адатынча үч дем алыш катары менен синагогага келип, аларга Машаяктын курман болуп, анан

кайрадан тирилүүгө тийиш экендиги тууралуу Ыйык Жазуулардагы ишенимдүү далилдердин маанисин ачып, түшүндүрүп берди. «Мен ушунда жазылган Ыйсаны силерге айтып берип жатам», – деди ал. 4 Бир топ адам ишенимге келип, Пабыл менен Силанын айтканын кабыл алышты. Алардын арасында Кудайга табынган иудей эместер жана шаардын атактуу аялдары бар эле. 5 Бирок иудейлер көрө албастык кылып, базардагы бейбаштардын бир нечесин топтоп, шаарды дүрбөтүштү. Алар Жасондун үйүнө жулунган бойдон жетип келип, андан Пабыл менен Силаны топураган элдин алдына чыгарууну талап кылышты. 6 Бирок аларды таппай, Жасонду шаар башчыларынын алдына жулкулдатып, сүйрөп келишти. Алар: «Элди бөлүп-жарган булар биз жакка да жетип келишиптир. 7 А мына бул Жасон болсо, аларды үйүнө киргизиптир. "Ыйса деген башка дагы бир падыша бар!" дешип, Рим падышасынын бийлигине каршы чыгып жатышат!» – деп бакырышты. 8 Муну укканда, жыйылган эл менен шаар башчыларынын тынчы кетти. 9 Анан Жасон менен анын жанындагылардан акча алып, үйлөрүнө коё беришти.

### Берея шаарындагы жылуу мамиле

10 Ошол эле түнү Пабыл менен Силаны ишенүүчүлөр тезинен Береяга жөнөтүштү. Пабыл менен Сила Береяга жетери менен иудей синагогасына барышты. 11 Бул жердиктер Тесалоникадагыларга караганда бир топ акыл-эстүүрөөк экен. Алар Кудайдын кабарын чын ыкласы менен кабыл алып, ырас эле ушундай бекен дешип, Ыйык Жазууларды күндө ынтызарлык менен карап, териштирип окушту. 12 Ошондуктан алардын көбү ишенимге келишти. Арасында башка улуттагы аттуу-баштуу аял-эркектер да бир топ болчу.

13 Пабыл Береяда да Кудай сөзүн жарыялап жүрөт деп уккан Тесалоникадагы иудейлер ал жакка жетип келип, элди дүрбөлөңгө салышты. 14 Ошондо ишенгендер Пабылды болушунча деңиз тарапка, алыс кетип калууга көндүрүштү. Сила менен Тиметей болсо, ал жакта калды. 15 Пабылды коштогондор аны Афинге чейин узатып барышты. Пабылдан: «Сила менен Тиметей тезирээк мага келип калышсын!» деген тапшырманы алышкан соң, кайра жолго чыгышты.

### Пабыл философтордун арасында

16 Пабыл Афинде Сила менен Тиметейди күтүп жүрүп, шаардын жасалма буркандарга толуп кеткенин көрүп, ичинен аябай ачууланып, капа болду. 17 Ошондуктан ал синагогада иудейлерге, Кудайга табынган башка улуттун адамдарына, ошондой эле борбордук аянтта аны уккусу келгендерге күн сайын Кудайдын кабарын айтып жүрдү. 18 Ошондо эпикурей жана стоик философиясын жактаган мугалимдер аны менен талаша кетишти. Айрымдары: «Мына бу "булбул" эмне деп сайрап жатат?» – дешсе, айрымдары: «Бул биз билбеген кудайга үгүттөп жүрөт окшойт!» – дешти. Анткени Пабыл Ыйса жана Анын кайра тирилүүсү тууралуу айтып жүргөн. 19 Анан Пабылды Ареопаг аянтына алып келишти да:

– Бу сен таратып жүргөн жаңы окуу жөнүндө билсек болобу? 20 Мурда такыр кулагыбыз укпаган кызык кепти сенден угуп жатабыз го? Ошонун маанисин түшүндүрүп берчи! – дешти.

21 Афиндиктер менен ошол шаарда жашаган чет элдиктер жаңы ойлорду айткандан же уккандан башка эч нерсе кылышчу эмес. 22 Ошондо Пабыл Ареопаг аянтында көпчүлүктүн алдына чыгып, мындай деп сөз сүйлөдү:

– Кымбаттуу афиндик агайындар! Сиздердин абдан динчил экениңиздерди байкадым. 23 Силер табынган жайларды аралап жүрүп, «Белгисиз Кудайга» деген жазуусу бар курмандык жайды көрдүм. Мына ошол өзүңөр билбей туруп, табынып жүргөн Кудайды мен азыр силерге айтып берейин.

24 Кудай ааламды жана андагынын баарын жаратып, асман-жердин ээси болуп туруп, адам баласынын колунан жаралган ийбадатканаларда жашабайт. 25 Адам баласынын колунан келчү кызматтарга да муктаж эмес. Тескерисинче, баарына өмүр, дем берип, муктаждыктарын канааттандырып турган ошол. 26 Бүткүл жер жүзүнө таралсын деп, бир адамдан бардык улуттарды чыгарган. Алардын өмүр сүрүү мөөнөттөрү менен жашай турган жерлеринин чегин алдыртан аныктап койгон. 27 Адамдар Аны издешсин, сезишсин деп ушундай кылган. А бирок, чынында, Кудай биздин эч кимибизден алыс эмес. 28 Биз Анын кучагында жашап, Анын ичинде кыймылдап, тиричилигибизди кылып, Анын жүрөк толтосунда турабыз. Силердин айрым акыныңар айткандай: «биз да анын тукумубуз». 29 Демек, биз Кудайдын тукуму болуп туруп, Кудайдын табиятын алтын-күмүшкө, ташка теңеп, Аны пенденин акылы менен өнөрүнөн жаралган нерсеге окшош деп ойлобошубуз керек.

30 Кудайды таанибастыктын, караңгылыктын дооруна көз жумуп, Кудай азыр бардык жерде, бардык адамдарга: «Ниетиңерди өзгөрткүлө!» – деп жарыялап жатат. 31 Анткени Ал Өзү дайындаган бир Адамынын колу менен бүт адамзатка адилет сот жүргүзө турган күндү белгилеп койгон. Бүткүл адамзаттын алдында мунун далили катары ошол Адамды өлүмдөн тирилтти.

32 Өлүмдөн тирилүү тууралуу укканда, кээси мыйыгынан күлсө, кээси «мунуңду кийин дагы угабыз» дешти. 33 Ошондо Пабыл алардан кетип калды. 34 Бирок бир нече киши анын айтканына кошулуп, ишенимге келишти. Ишенгендердин

арасында Ареопагдын мүчөсү – Дионис, Дамар
деген аял жана башкалар бар эле.

### Корунт шаарында

18 Ушундан соң, Пабыл Афинден чыгып,
Корунтка келди. 2 Корунттан Акила деген бир
эврейге кезикти. Ал өзү Рим империясына
караштуу Понт деген шаарда төрөлгөн киши болчу,
бирок падыша Клавдийдин: «эврейлердин баары
Римден кетишсин!» деген буйругунан улам
жакында эле Италиядан аялы Прискила экөө көчүп
келишкен эле. 3 Пабыл аларды көргөнү барып,
кесиптеш болгондуктан, ал экөө менен бирге
чатыр жасап, чогуу туруп калды. 4 Анан ар дем
алыш сайын синагогага барып, эврейлерди да,
башка улуттагыларды да ишендирүүгө аракет
кылды.
5 Македониядан Сила менен Тиметей келгенде,
Пабыл бардык убакытын Жакшы Кабар таратууга
арнап, иудейлерге Ыйсанын Машаяк экенин
далилдеп жүрдү. 6 Качан гана алар каршы чыгып,
тил тийгизгенде, чапанынын чаңын кагып:
– Өз убалыңар өзүңөргө, мен силер үчүн жооп
бербейм! Эми мен башка улуттагыларга барам! –
деди.
7 Ошентип, алардан кетип, Ыйсанын Титий Жуст
деген эврей эмес шакиртинин үйүндө жашап
калды. Анын үйү синагоганын жанында эле.
8 Синагога башчысы Крисп бүт үй-бүлөсү менен
Эгебиз Ыйсанын жолуна түштү. Ошондой эле
Корунтта жашаган дагы көптөгөн адамдар Жакшы
Кабарды эшитип, ишенимге келишип, сууга
чөмүлүштү.
9 Бир түнү Пабыл аян көрдү. Эгебиз ага: «Коркпо,
Пабыл, сүйлөй бер, эч токтобо. 10 Мен сени менен
бирге болом. Эч ким сага зыян кыла албайт, себеби
бул шаарда Менин адамдарым көп», – деди.
11 Ошондуктан Пабыл Кудай сөзүн окутуп, бир
жарым жылдай ошол жерде жашап калды.
12 Ахая аймагына Галион губернатор болуп турган
кезде, иудейлер чогулуп алып, Пабылды кармап,
сот мекемесине сүйрөп алып келишти.
– 13 Бул адам биздин касиеттүү диний
мыйзамыбызга туура келбеген жол менен Кудайга
табынууну үгүттөп жүрөт, – дешти алар.
14 Пабыл эми сүйлөйүн дегенде, Галион
иудейлерге:
– Эгер бул киши бир кылмыш кылды же тартип
бузду десеңер, арызыңарга көңүл бурмакмын.
15 Бирок биерде кайсы бир мага тааныш эмес
сөздөр, ысымдар жана өзүңөрдүн мыйзамыңар
жөнүндө кеп болуп жаткан соң, аны өзүңөр талдап
чыккыла. Мен мындай маселени карагым келбейт,
– деди.
16 Ушундай деп, аларды мекемеден айдап чыкты.
17 Анан баары синагога башчысы Состенди кармап
алып, мекеменин так астында ура кетишти. Галион
болсо билмексенге салып, аларды карап да койгон
жок.

### Прискила, Акила жана Апол

18 Пабыл Корунтта бир топ убакыт турган соң, ал
жердеги боордоштор менен коштошуп, Прискила
менен Акиланын коштоосунда Сирия тарапка кеме
менен жөнөп кетти. Кудайга берген назир антын
сактап, Кеңхреяда чачын алдырды. 19 Эфеске
келишкенде, Пабыл Прискила менен Акиладан
бөлүндү да, синагогага барып, иудейлер менен
чындыкты талашты. 20 Алар Пабылдын көбүрөөк
убакытка калуусун суранышты, бирок ал:
21 «Кудайдын эрки болсо, дагы келермин», – деп
көнбөдү. Анан Эфестен кемеге отуруп, жөнөп кетти.
22 Кесарияга жеткенде, жыйынга барып,
боордоштор менен учурашкан соң, Антахияга
жөнөдү. 23 Антахияда бир нече убакыт туруп, анан
Галатия жана Фригия аймактарын аралап,
Ыйсанын шакирттеринин ишенимин чыңап жүрдү.

### Аполдун күбөлүгү

24 Аңгыча александриялык Апол деген бир иудей
Эфеске келип калды. Ал Ыйык Жазууларды мыкты
билген, өзү билимдүү киши болор эле. 25 Эгебиз
жөнүндөгү окуудан сабак алган бул киши
Жакыянын чөмүлдүрүүсүн гана билсе да, Ыйса
жөнүндө өз көзү менен көргөндөй күйүп-бышып
айтып жүрдү. 26 Апол синагогада тайманбай ачык
сүйлөй баштады. Прискила менен Акила анын
сөзүн угушкан соң, конокко чакырышып, Кудайдын
жолун тагыраак түшүндүрүп беришти. 27 Анан,
Ахаяга кетейин дегенде, эфестик боордоштор ага
кол кабыш кылып, ахаялык Ыйсага ишенгендерге
Аполду кабыл алгыла деген кат жазышты. Аполдун
Ахаяга келгени, андагы Кудайдын ырайымы менен
ишенгендер үчүн зор жардам болду. 28 Анткени ал
Ыйык Жазуулардан Ыйсанын Машаяк экенин
далилдеп, эл алдындагы айтыштарда иудейлердин
жаңылыштыктарынын бетин ачты.

### Пабыл Эфес шаарында

19 Апол Корунтта жүргөн убакта, Пабыл тоолуу
аймактарды аралап өтүп, Эфеске келди. Ал
жерден Ыйсага ишенгендердин бир нечесине
жолугуп, 2 алардан:
– Силер Ыйсанын жолуна түшкөндө, Ыйык Рухту
кабыл алдыңар беле? – деп сурады.
Алар:
– Жок, биз Ыйык Рух бар экенин уккан да эмеспиз,
– деп жооп беришти.
– 3 Анда кандай ишеним менен сууга чөмүлдүрүү
расмисинен өттүңөр эле? – деди Пабыл.
Алар:
– Жакыянын айтканы боюнча ишенип, – дешти.
4 Ошондо Пабыл аларга мындай деди:

– Ооба, Жакыя адамдарды ниеттерин өзгөртүүгө
чакырып, сууга чөмүлдүргөн. Бирок ал: «менден
кийин келе жатканга ишенишиңер керек» деген.
Кийин келе жаткан Ыйса болчу.
5 Алар муну укканда, Эгебиз Ыйсага ишенип,
анын атынан сууга чөмүлдүрүлүштү. 6 Анан Пабыл
сыйынып, колун тийгизгенде, аларга Ыйык Рух
түштү. Алар бөтөн бир тилдерде сүйлөп,
пайгамбарчылык кыла башташты. 7 Алардын
жалпы саны он эки кишиге жакын эле.
8 Пабыл үч ай бою синагогага тынбай барып, анда
Кудай Падышачылыгы тууралуу сөз сүйлөп,
ишенимдүү далилдерди келтирип, Кудайдын сөзүн
тайманбай ачык айтып жүрдү. 9 Бирок кээ бир
адамдар бой көтөрүп, кабыл алгысы келбеди. Алар
көпчүлүк алдында Кудай жолуна каршы чыгып, тил
тийгизишти. Ошондуктан Пабыл алардын
арасынан Ыйсага ишенгендерди бөлүп алып,
аларга күн сайын Туран деген мектепте сабак өттү.
10 Эки жылдан ашык убакыт бою Пабыл ушундай
кылды. Асияда жашаган иудейлер менен башка
улуттагылардын баарына Эгебиздин сөзү жетти.

### Пабылдын Кудайдын кудуретин көрсөтүшү

11 Кудай Пабылдын колу менен кудуреттүү, өзгөчө
укмуш иштерди кылып жатты. 12 Ал тургай жоолугу
менен белине байланган алжапкычтарын
оорулууларга тийгизгенде, алар айыгып, кара
күчтөрдөн арылып жатышты.
13 Ошол жерде эл аралап, кара күчтөрдү кубалап
жүргөн бир нече иудей бар эле. Алар да Эгебиз
Ыйсанын атынан кара күчтөрдү кубалаганга аракет
кылышып, «Пабыл жарыялап жүргөн Ыйсанын
атынан буйрук берем, бул кишиден чыгып
кеткиле!» – деп көрүштү. 14 Алардын арасында
Скеба аттуу бир башкы динкызматчы иудейдин
жети уулу да бар эле. 15 Бир күнү кара күч аларга:
«Ыйсаны билем, Пабылды тааныйм, а силер
кимсиңер?» – деди. 16 Ичинде кара күчү бар адам
ушундай деп, алардын үстүнө секирип минип,
сабап кирди. Ошондо алар үйдөн жыпжылаңач,
жарадар абалда качып чыгышты.
17 Бул окуя Эфесте жашаган бардык иудейлерге
жана иудей эместерге белгилүү болуп, баарынын
жүрөгүнүн үшүн алды. Ал эми Эгебиздин зоболосу
болсо дагы көтөрүлдү. 18 Ишенимге келгендердин
көбү күнөөлөрүн ачык айтып моюндарына алып
жатышты. 19 Бир топ киши бал китептерин алып
келип, элдин көзүнчө отко ыргытышты. Өрттөлгөн
китептердин баасын эсептешкенде, элүү миң
күмүш теңге болду.
20 Ошентип, Эгебиздин кудурети менен Анын
кабары кеңири тарап, күчүнө кирип жатты.

### Эфес шаарындагы козголоң

21 Ушул окуялардан соң, Пабыл көңүлүндө
Македония менен Ахая аймактарынан өтүп,
Иерусалимге барууну көздөдү. «Ал жакта бир аз
болгон соң, Римге да барышым керек», – деп ниет
кылды. 22 Жанындагы эки шеригин: Тиметей менен
Эрастты Македонияга жиберип, өзү Асия
аймагында калып калды.
23 Ошол кезде Эфесте Эгебиз Ыйсанын жолуна
каршы бир топ олуттуу козголоң чыгып кетти.
24 Аял кудай Артемиданын ийбадатканасынын
күмүш айкелдерин жасаган Деметир деген бир уста
бар эле. Бул иши менен ал көп жумушчуларга
пайда келтирчү. 25 Ошол жумушчуларды жана
башка ушундай иш менен алек болгон адамдарды
топтоп алып, ал мындай деди:
– Жигиттер, бул соодадан бизге кандай пайда
түшүп жатканы силерге маалым. 26 Бирок алиги
Пабыл деген неменин эмне кылып жатканын
айтпаса деле өзүңөр көрүп-билип турасыңар. Ал:
«адам колунан чыккан нерселер кудайлар эмес!»
деп элдин баарын айнытып жатат. Бул сөзүн
Эфеске гана эмес, дээрлик бүткүл Асияга жайып
жибериптир. 27 Бул биздин ишибизди жаман атка
калуу коркунучуна гана дуушар кылбастан, аял
кудай Артемиданын ийбадатканасынын беделин
түшүрүп, бүткүл Асия, ал тургай бүт дүйнө жүзү
табынган улуу аял кудайдын өзүнүн да кадырын
кетирет.
28 Муну укканда, тигилер катуу ачууланып:
– Эфестик улуу Артемидага даңк! – деп, кайра-
кайра бакырып жатышты.
Шаар ичи бир паста астын-үстүн болуп кетти.
Алар Пабыл менен бирге жүргөн эки
македониялыкты: 29 Гай менен Аристархты кармап
алып, стадионго сүйрөп жөнөштү. 30 Пабыл
ээликкен элдин алдына чыгып, сөз сүйлөмөкчү
болду эле, бирок ишенгендер жол беришкен жок.
31 Ал тургай, Пабылдын достору болгон Асия
аймагындагы чоң кызматтагы адамдар да
«стадионго барба» деген өтүнүч менен ага киши
жиберишти.
32 Бул арада тополоңдун арасынан бири мындай
десе, экинчиси тигиндей деп бакырып, ызы-чуу
болуп жатышты. Көпчүлүгү эмнеге чогулганын
өздөрү да түшүнүшкөн жок. 33 Эл арасынан кимдир
бирөөлөр буга Искендер деген киши жооптуу
дешкенде, иудейлер аны алга түртүп чыгарышты.
Искендер алдыга чыгып, колу менен ишарат
кылып, өзүн актап сөз сүйлөмөкчү болду. 34 Бирок
анын иудей экенин билишкенде, топураган эл бир
добуштан: «Жашасын эфестик улуу Артемида!» –
деп эки саат бою кыйкырып турду. 35 Ошондо шаар
акимиатынын кызматчысы элди тынчтандырып,
мындай деди:
– Кымбаттуу эфестиктер! Улуу Артемиданын
ийбадатканасы үчүн кам көргөн Эфес шаарын жана
андагы көктөн түшкөн касиеттүү айкелди ким
билбейт? 36 Бул чындыкты эч ким жокко чыгара
албайт. Ошондуктан сабыр кылгыла, шашылып эч
иш кылбагыла. 37 Силер бу кишилерди мында алып

келипсиңер. Бирок алар ийбадатканаңардын да эч
нерсесин уурдашпаптыр, аял кудайыңарга да тил
тийгизишпептир. 38 Эгер Деметир менен анын
кесиптештеринин кимдир бирөөгө наразылыгы
болсо, сот мекемелеринин эшиги ачык. Арыз-
муңун ошондо иштеген чоңдорго айтып,
чечишсин. 39 Ал эми силердин мындан башка
талабыңар бар болсо, ал мыйзамдуу чогулушта
чечилет. 40 Ансыз деле бүгүнкү окуянын айынан
жогору жактагы чоңдор бизди шаарыңарда
козголоң болуптур деп бизди айыпка жыгышы
мүмкүн. Башыбызда ушундай коркунуч турат.
Бүгүнкү тополоң үчүн жооп берип, өзүбүздү актай
турган эч шылтообуз да жок.
41 Шаар мекемесинин кызматкери ушундай сөз
сүйлөп, чогулгандарды таратып жиберди.

### Пабыл Македония менен Грецияда

**20** Тополоң токтогон соң, Пабыл ишенгендерди
чогултуп, аларга насаатын айтты да
Македония тарапка жөнөп кетти. 2 Анан ошол
тараптагы аймактарды аралап, ишенгендерге
көптөгөн насааттарын айткандан кийин Грецияга
келди. 3 Грецияда үч айдай болгон соң, кеме менен
Сирияга сүзүп кетүүгө ниеттенип турганда,
иудейлердин өлтүрөбүз деген оюн билип калды.
Ошондуктан кайра артка Македония аркылуу
кетүүнү чечти. 4 Аны береялык Пирдин уулу
Сопатыр, тесалоникалык Аристарх менен Секунт,
дербелик Гай менен Тиметей, асиялык Тихик менен
Трофим узатып барышты. 5 Алар бизден мурда
Троас шаарына барып, бизди ошол жерден күтүп
турушту. 6 Биз Калама майрамы бүткөндө,
Филипиядан сүзүп чыктык да, беш күндөн кийин
Троаска келип, аларга кошулдук. Троаста жети күн
турдук.

### Пабылдын акыркы жолу Троас шаарында болушу

7 Жуманын биринчи күнү Эгебизди эскерүү
кечесин өткөрүү үчүн чогулдук. Кечеде Пабыл элге
таалим берди. Эртеси күнү жөнөп кете
тургандыктан түн жарымына чейин сүйлөдү. 8 Биз
үч кабат үйдүн көптөгөн шамдар менен жарык
кылынган үстүнкү кабатындагы залына чогулган
элек. 9 Эйтик деген бир тестиер бала терезенин
текчесине чыгып алып, угуп олтурган. Пабылдын
таалими узакка созулгандыктан, анын көзү илинип
кетиптир. Бир убакта катуу уйку басып, текчеден
кулап түштү. Башын көтөрүшсө, өлүп калыптыр.
10 Пабыл төмөн түшүп, баланын үстүнө жатып, бек
кучактады да: «Кабатыр болбогула, бала тирүү!» –
деди. 11 Анан кайра экинчи кабатка чыгып,
чогулгандар менен бирге тамактанды. Алар менен
көпкө чейин, таң сүргөнчө маектешип отурган соң,
жолго чыкты. 12 Ошол арада баягы баланы
тургузуп, үйүнө аман-эсен жетелеп кетишти. Муну
көрүп, алардын көңүлдөрү көтөрүлө түштү.

### Троастан Милетке

13 Пабыл Троастан Аска жөө бармакчы болду.
Ошол себептен биз алдыга кетип, аны Астан тосуп
алалы деп, кемеге отурдук. Муну Пабыл өзү
ушундай ойлонуштурган болчу. 14 Ошентип, аны
менен Астан кезиктик да, чогуу Митилен шаарына
сүзүп келдик. 15 Кийинки күнү андан кемеге
олтуруп, Хиёс аралынын тушуна жеттик. Үчүнчү
күнү Самос аралын жандап өтүп, төртүнчү күн
дегенде, Милет шаарына келдик. 16 Пабыл Асияда
убактысын коротпоюн деп, Эфеске тийбей өтүп
кетти. Анткени ал Түшүм майрамын мүмкүн болсо,
Иерусалимде тосоюн деп, шашып жаткан эле.

### Эфес шаарындагы жыйын жетекчилери менен коштошуу

17 Пабыл Милеттен Эфеске киши жиберип, жыйын
жетекчилерин чакыртып 18 алып, аларга мындай
деди:
– Мен Асия жерине кадам шилтеген биринчи
күнүмдөн тартып, ушул убакка чейин силер менен
кандай жашаганымды өзүңөр билесиңер.
19 Иудейлердин арам ойлуу максаттарынан улам
көп азаптарга чыдап, көз жашым төгүп, Эгебизге
толук моюн сунуу менен кызмат кылдым.
20 Пайдалуу нерселерден эч нерсени айтпай
калбайын деп, көпчүлүктүн алдында да, үймө-үй
кыдырып да айтып, силерге таалим берип жүрдүм.
21 Кудай алдында ниеттерин өзгөртүп, Эгебиз
Ыйсага ишенүүнү эврейлерге да, башка
улуттагыларга да тартынбай жарыяладым. 22 Эми,
мына, Ыйык Рухка жетеленип, Иерусалимге
баратам. Мени анда эмне күтүп турганын билбейм.
23 Билгеним – кайсы шаарга барбайын, кишен
менен азап башымда. Муну Ыйык Рух мага аян
кылууда. 24 Бирок көздөгөн максатыма жетейин,
Кудайдын ырайым тууралуу Жакшы Кабарын
тартынбай айт деген Эгебиз Ыйсадан алган
кызматымдын аягына чыгайын дегенде, жанымды
да аябайм.
25 Дагы бир нерсе мага маалым: силердин
араңарда Кудайдын Падышачылыгын жарыялап
жүргөн мени мындан ары көрбөйсүңөр.
26 Ошондуктан бүгүн силерге эскертип кетейин: мен
бир да адамдын түбөлүк өмүрдөн айрылып
калганы үчүн жооптуу эмесмин. 27 Анткени
Кудайдын ой-максаттарынан кымындай да
калтырбастан силерге баарын айтып бердим.
28 Өзүңөрдү карагыла жана Ыйык Рух силерге
аманат кылган Кудайдын оторуна көз салгыла.
Кудай Өз Уулунун канын төгүп, ошонун баасы
менен тапкан жыйын үчүн кам көргүлө. 29 Мен
кеткенден кийин оторду аябаган канкор
карышкырлар араңарга сүңгүп киерин билем.
30 Тескери сүйлөп, Ыйсанын шакирттерин ак
жолдон айныткандар өз араңардан да чыгат.

31 Ошондуктан сак болгула. Күн-түн дебей, ар бириңер үчүн көз жашымды төгүп, окутканымды эстен чыгарбагыла.

32 Эми, боордошторум, мен силерди Кудайдын колуна жана Анын ырайымдуу сөзүнө тапшырам. Ал сөз ишенимиңерди бекемдеп, Кудай Өз адамдарынын баарына насип кылган ак баталуу мурастарын силерге да бере алат.

33 Мен эч кимдин акчасына, кымбат баалуу кийимине суктанып, көз артпадым. 34 Тескерисинче, өзүмдүн, ошондой эле жолдошторумдун муктаждыктары үчүн мына бул колдорум менен мээнет кылдым. Муну силер өзүңөр деле жакшы билесиңер. 35 Ушундай эмгек кылып, алсыздарга кандай кол кабыш кылышыңар керектигин жана «алгандан көрө, берген бактылуу» деп айткан Эгебиз Ыйсанын сөзүн эстеп жүрүшүңөр үчүн мен силерге баарын көрсөттүм.

36 Пабыл ушундай деп, тизеледи да ишенүүчүлөр менен бирге сыйынды. 37 Баары буркурап ыйлап, мойнуна асылып, бетинен өпкүлөштү. 38 Баарынан да Пабылдын «мени мындан ары көрбөйсүңөр» деген сөзү алардын сай-сөөгүн сыздатты. Анан алар Пабылды кемеге чейин узатып барышты.

### Пабылдын Иерусалимге сапар тартышы

21 Биз Эфестеги ишенгендер менен коштошуп, кеме менен түптүз Кос аралына келдик. Эртеси күнү Родос аралына, андан чыгып, Патара шаарына сүзүп бардык. 2 Патарадан Финикияга бара турган кемени таап, сүзүп кеттик. 3 Кипр аралы көрүнгөндө, аны солго калтырып, Сирияга бет алдык. Тир шаарында кемеден жүк түшүрүлө тургандыктан, жерге түштүк. 4 Шаардан Ыйсанын шакирттерин таап, жети күндөй алар менен бирге болдук. Алар Ыйык Рух берген аян менен Пабылды Иерусалимге барба дешти. 5 Бирок биз убактыбыз аяктаганда, жолго чыгып, сапарыбызды уланттык. Бардык ишенгендер аялдары, бала-чакасы менен бирге бизди шаардан узатып чыгышты. Деңиз жээгине жеткенде тизе бүгүп, чогуу сыйындык. 6 Бири-бирибиз менен коштошуп, биз кемеге түштүк, алар болсо үйлөрүнө кайтышты.

7 Тирден сүзүп чыгып, Пытоломей шаарына келдик. Шаардан боордошторубузга жолугуп, алар менен бир күн болдук. 8 Кийинки күнү ал жерден чыгып, Кесария шаарына келдик. Жети кызматчынын бири – Жакшы Кабар жарчысы болгон Филиптин үйүнө барып, анықында болдук. 9 Филиптин турмушка чыга элек төрт кызынын пайгамбарлык касиети бар экен.

10 Кесарияда бир нече күн турганыбызда, Иудеядан Агап деген бир пайгамбар адам келди. 11 Ал бизге жолугары менен Пабылдын курун алды да, өзүнүн колу-бутун байлап, мындай деди:

– Ыйык Рух айтат: Иерусалимдеги иудейлер бул курдун ээсин ушундай кылып байлап, башка улуттагылардын колуна тапшырышат.

12 Бул сөздү укканда, биз ошол жердегилер менен бирге Пабылга:

– Иерусалимге барбачы! – деп жалбардык.

13 Бирок ал:

– Бул эмнеңер? Эмне үчүн ыйлап, жүрөгүмдү эзесиңер? Мен Эгебиз Ыйса үчүн байланмак тургай, Иерусалимде өлүмгө да даярмын, – деди.

14 Пабылды көндүрө албаган соң:

– Мейли эми, Эгебиздин эркиндей болсун, – деп тим болдук.

15 Ошол күндөрдөн кийин буюм-тайымдарыбызды жыйнап, Иерусалимге жөнөдүк. 16 Кесариялык ишенгендердин бир нечеси биз менен чогуу чыгышкан эле. Алар бизди Ыйсанын алгачкы шакирттеринин бири болгон кипрлик Минасондун үйүнө баштап барышты. Ошентип, биз анықында жашап калдык.

### Пабылдын Иерусалимден Жакыпка жолугушу

17 Иерусалимде бизди боордоштор жылуу кабыл алышты. 18 Кийинки күнү Пабыл менен бирге Жакыпка бардык. Жыйын жетекчилеринин баары ошол жерге чогулуп калышыптыр. 19 Алар менен учурашып, ал-жайды сурашкандан кийин, Пабыл өзү аркылуу башка улуттагылардын арасында кылган Кудайдын иштерин төкпөй-чачпай айтып берди. 20 Пабылдын сөзүн уккандан кийин, алар Кудайды даңкташты. Анан Пабылга мындай дешти:

– Боордошубуз Пабыл, канча миңдеген иудейлер ишенимге келгенин көргөндүрсүң. Алардын баары Тоорат мыйзамы дегенде эт-бетинен кеткендер. 21 Ошолордун айтымында, сен башка жерлерде жашаган бардык иудейлерге барып, аларга: «Тоорат мыйзамынан чыккыла, балдарыңарды сүннөткө олтургузбагыла, иудейлердин салтын кармабагыла!» деп үгүт жүргүзүптүрсүң. 22 Эми, албетте, алар келгениңди угушат. Анан чатак чыгат. Анда эмне кылдык? 23 Ошондуктан биздин айтканыбызды ук: бизде өздөрүн назирликке арнаган төрт киши бар. 24 Сен ошолорго кошул да, алар менен бирге Тоорат мыйзамынын талабы боюнча тазалануу расмисинен өт. Назирлик мөөнөттөрү аяктаганы билинип, чачтарын алууга мүмкүнчүлүк алышы үчүн алардын бардык чыгымдарын сен көтөр. Ошондо сен тууралуу айтылган сөздөрдүн натуура экени жана Тооратты сактап жүргөнүң баарына билинет. 25 Башка улуттагы ишенүүчүлөргө болсо, биз чечимибизди жазып жибердик: алар буркандарга атап чалынган курмандык менен арам өлгөн малдын этин жана канды жебеши керек, ошондой эле бузуктук кылбашы керек.

26 Эртеси күнү Пабыл ошол адамдарды жанына алып, алар менен бирге тазалануу расмисинен өттү. Андан соң, ийбадатканага барып, тазаланыш убактысы качан аяктарын, ар бири үчүн качан курмандык чалынарын дин кызматкерлерине маалым кылды.

### Пабылдын кармалышы

27 –28 Арадан бир жума өтпөй, Асиядан келген
иудейлер Пабылды ийбадатканадан көрүп, ага кол
салышты. Элди ызы-чуу кылып:
– Агайындар, жардам бериңиздер! Биздин
элибизди, Тоораттагы ыйык мыйзамды жана
касиеттүү ийбадатканабызды көрүнгөн жерде
жамандап, тил тийгизип жүргөн киши ушул. Ал
тургай ийбадаткананын ичине башка
улуттагыларды алып кирип, бул ыйык жайды арам
кылды, – деп бакырышты.
29 Анткени алар мурдараакта шаарда Пабыл
менен жүргөн башка улуттагы эфестик Трофимди
көрүшүп, Пабыл аны ийбадатканага алып кирди
деп ойлошкон.
30 Шаар кыймылга келип, эл дүрбөдү. Пабылды
кармап, ийбадаткананын сыртына сүйрөп
чыгышты. Ошол замат дарбазалар жабылды. 31 Эл
Пабылды сабап, өлтүргөнү жатканда,
Иерусалимдеги бул тополоң тууралуу кабар римдик
миң башыга жетти. 32 Ал жоокерлери менен жүз
башыларын алып, дароо жетип келди. Тигилер миң
башыны көргөндө, Пабылды сабаганын токтото
калышты. 33 Миң башы жакын басып келип,
Пабылды жоокерлерине карматты да, кош чынжыр
менен байлоону буйруду. Анан элден Пабылдын
ким экенин, кандай кылмыш кылганын сурады.
34 Тополоң түшкөн элдин арасынан бири а десе,
бири бу деп, ар нерсенин башын айтып, кыйкырып
жатышты. Миң башы ызы-чуудан иштин жайын
биле албай, Пабылды сепилге алып барууну
буюрду. 35 Пабыл сепилдин тепкичтерине жетип
калганда, ачууланган эл туш-тараптан
кыскандыктан жоокерлер Пабылды көтөрүп
алышты. 36 Анткени аны ээрчиген көпчүлүк:
– Буга өлүм! – деп кыйкырып жатты.
37 Сепилге кирип баратышканда, Пабыл миң
башыга грекче кайрылып:
– Менде сөз бар, сизге айтсам болор бекен? –
деди.
– Сен грекче билесиңби? – деди миң башы
таңыркай. – 38 Анда бир нече күн мурда көтөрүлүш
чыгарып, төрт миңдей эврей улутчулдарын чөлгө
ээрчитип, качып кеткен мисирлик сен болуп
жүрбө!?
39 Пабыл:
– Мен Киликиянын абдан белгилүү Тарс деген
шаарында төрөлгөн иудеймин. Сизден суранам,
элге бир нече сөз айтып калууга уруксат бериңиз, –
деди ага жооп берип.
40 Миң башы уруксат бергенде, Пабыл тепкичте
турган жеринен колу менен ишарат кылып,
сүйлөөгө камынды. Эл тынчый түштү. Ошондо
Пабыл эврей тилинде сүйлөй баштады.

### Пабылдын ийбадаткананын сыртында сүйлөгөн сөзү

–
22 Урматтуу агайындар жана аталар! Мен
өзүмдү актап айтып турган сөзүмө кулак
салгыла! – деди.
2 Тигилер Пабылдын эврей тилинде кайрылып
жатканын укканда, ого бетер тынчый түшүштү.
Пабыл сөзүн улады:
– 3 Мен иудеймин, туулган жерим Киликиянын
Тарс деген шаары, бирок ушул шаарда чоңоюп,
белгилүү дин мугалими – Гамалиелдин кол
алдында тарбияландым. Ата-бабабыз туткан
мыйзамды кылдаттык менен карманып, ушул
турган сиздер сыяктуу эле Кудайга өтө катуу
берилген адам элем. 4 Ыйсанын жолун
жолдоочуларды эркек-аял дебестен байлап келип,
түрмөгө каматып, өтө катуу куугунтуктачумун.
5 Мына, башкы динкызматчы менен эл
башчыларыбыздын баары буга күбө. Мен булардан
тил кат жаздырып алып, Ыйсанын шакирттерин
Иерусалимге байлап келип, жазалатам деген
максатта Дамаскка бараткам. 6 Дамаскка
жакындаганымда, убакыт түшкө маал болчу.
Капыстан көктөн бир нур төгүлүп, айланамды
жапжарык кылып жиберди. 7 Мен жерге кулап
түштүм. Ошондо баягы нурга бөлөнгөн неменин
мага: «Шабыл, Шабыл, эмне үчүн Мени
куугунтуктап жүрөсүң?» – деген үнүн уктум. 8 Мен:
«Оо, Кудурет, сиз кимсиз?» – дегенде, ал: «Мен сен
куугунтуктап жүргөн назареттик Ыйсамын», – деди.
9 Жанымдагылар жарыкты көрүшүптүр, бирок мага
сүйлөгөн үндү угушпаптыр. 10 Мен ага: «Эми мен
эмне кылайын, Эгем?» – дедим. Ошондо Эгем мага
мындай деди: «Өйдө бол да, Дамаскка кир. Эмне
кылыш керек экендигиңдин баарын ошол жерден
айтып беришет». 11 Ошол нурдан көзүм тунарып,
көрө албай калган экем, жанымдагылар колуман
жетелеп, Дамаскка алып келишти. 12 Дамасктагы
иудейлердин арасында кадыр-барктуу, динге абдан
катуу берилген Анания аттуу бир киши бар экен.
13 Ошол киши жаныма келип: «Иним Шабыл, көзүң
ачылсын!» – деди. Ошондо дароо көзүм ачылып, а
кишини көрдүм. 14 Ал мага мындай деди: «Биздин
ата-бабабыз сыйынган Кудай сени Өз эркин
билсин, адилеттүү Кызматчысын көрсүн, Анын
сөзүн уксун деп тандаптыр. 15 Сен эми уккан-
көргөнүңдү бардык адамдарга айтып бересиң.
16 Кана, эмнени ойлонуп турасың? Ордуңан туруп,
Ыйсанын атын оозанып, сууга чөмүлүп,
күнөөлөрүңдөн тазар!»

### Пабылдын башка улуттагы элдерге Жакшы Кабар айтуу үчүн дайындалышы

17 Мен Иерусалимге кайтып келген соң,
ийбадатканада сыйынып жатып, өзүмдү жоготуп

коюптурмун. [18] Ошондой абалда Эгем Ыйсаны
көрдүм. Ал мага: «Шабыл, сен тез арада
Иерусалимден чыгып кет. Бул жердегилер Мен
жөнүндөгү күбөлөндүрүүңдү кабыл алышпайт!» –
деди. [19] Мен: «Эгем, Сага ишенгендерди зынданга
салып, синагогаларда уруп-сабаганымды алар
жакшы билишет да. [20] Сенин күбөң Степанды таш
бараңга алып жатышканда, мен да бар элем. Ал
тургай ошого курсант болуп, өлтүрүп
жаткандардын кийимин кайтарып тургам», –
дедим. [21] Ошондо Ал мага мындай деди: «Кой, сен
азыр бул жерден кетип кал. Мен сени алыстагы
элдерге жиберем».

### Пабыл – Рим атуулу

[22] Ушул убакка чейин Пабылга кулак төшөп
отурган эл анын акыркы сөзүн угары менен
чуулдап кирди.
– Жер менен жексен кылыш керек мындайды!
Көзүн тазалаш керек! – деп бакырышып,
[23] чапандарын чечип ыргытышып, ошердин чаңын
асманга сапырышты.
[24] Ошондуктан миң башы Пабылды сепилге алып
кирди. Элдин Пабылга мынчалык катуу каршы
болгонунун себебин билүү үчүн, аны сабоого
буйрук берди. [25] Желдеттер кайыш менен байлап
жатканда, Пабыл жанында турган жүз башыга:
– Рим атуулун сурак-сотсуз сабаганга кандай
укугуңар бар? – деди.
[26] Жүзбашы муну укканда, миң башыга келип:
– Сиз эмне кылганы жатасыз, бу киши Рим атуулу
турбайбы, – деди.
[27] Миң башы Пабылга басып келип:
– Сен эмне, Рим атуулусуңбу? – деп сурады.
– Ооба, – деди Пабыл ага.
[28] Миң башы:
– Мен бул атуулдукту көп акчага сатып алган
болчумун, – деди.
Пабыл:
– А мен болсом төрөлгөндөн эле Рим атуулумун, –
деп жооп берди.
[29] Ошондо Пабылды суракка алмакчы болгондор
дароо кетенчиктей калышты. Миң башы Пабылдын
Рим атуулу экенин билгенде, аны байлатып
салганынан улам, өзү да сестейе түштү. [30] Эртеси
миң башы Пабылдын кишендерин чечтирип,
иудейлер эмне себептен айыптап жатканын
жакшылап билгиси келди. Бул үчүн жогорку
динкызматчылар менен жогорку кеңеш
мүчөлөрүнө чогулууну буйруду. Андан соң,
Пабылды сепилден ылдый алып түшүп, алардын
алдына тургузду.

### Пабылдын жогорку кеңештин алдында сүйлөгөн сөзү

23 Пабыл жогорку кеңештин мүчөлөрүнө тике
карап:
– Агайындар, мен ушул күнгө чейин Кудай
алдында таза абийирим менен жашап келатам, –
деди.
[2] Муну уккан башкы динкызматчы Анания
жанында тургандарга:
– Тигинин оозун талкалагыла! – деп буйруду.
[3] Ошондо Пабыл ага:
– Эй, акталган дубал, сени Кудай талкалайт! Сен
мени Тоорат мыйзамы боюнча соттогону жатып,
эмне менин оозумду талкалатып, кайра өзүң ошол
мыйзамды бузганы турасың? – деди.
[4] Жанында тургандар:
– Эй, сен Кудайдын башкы динкызматчысына да
ушундай сүйлөйсүңбү! – дешти.
[5] Пабыл:
– Боордоштор, анын башкы динкызматчы экенин
билсем, мындай демек эмесмин. Анткени Тооратта:
«Өз элиңдин башчысына жаман сөз айтпа!» † деп
жазылган, – деди.
[6] Пабыл алардын кээси садукей, кээси фарисей
тобунан экенин билип, үнүн бийик чыгарып,
жогорку кеңешке:
– Боордоштор, мен өзүм фарисеймин, атам да
фарисей. Мен өлгөндөр кайра тирилет деп
ишенип, үмүт кылганым үчүн соттолуп жатам! –
деди.
[7] Пабыл ушундай дегенде, фарисейлер менен
садукейлердин ортосунда талаш чыгып, жогорку
кеңеш экиге бөлүнүп кетти. [8] Анткени садукейлер
өлгөндөрдүн кайра тирилишине, периштелер
менен рухтардын бар экенине ишенишпейт.
Фарисейлер болсо булар бар деп ишенишет. [9] Ушул
себептен талаш кызып, өздөрүнчө уу-дуу болуп
кетишти. Ошондо фарисей дин мугалимдеринен
бир нечеси алдыга чыгып:
– Биз бу кишиден эч кандай жамандык таба
албадык. Балким, чындап эле ага кайсы бир рух же
периште сүйлөгөндүр! – дешти кызууланып.
[10] Жаңжал барган сайын күчөй берди. Эл
Пабылды тытмалап салабы деп корккон миң башы
жоокерлерине ылдый түшүп, Пабылды алардын
арасынан сууруп чыгып, сепилге киргизүүнү
буйруду.
[11] Ошол түнү Эгебиз Ыйса Пабылга келип, мындай
деди:
– Коркпо, Пабыл! Сен Иерусалимде Мага кандай
күбө болсоң, Римде да ошондой күбө болууга
тийишсиң.

### Пабылды өлтүрүү жөнүндө бүтүм

[12] Эртеси күнү таң эрте бир топ иудейлер чогулуп,
Пабылды өлтүрмөйүн оозубузга наар албайбыз деп
антташып, жашырын бүтүмгө келишти. [13] Ушундай
максат коюп, өз ара антташкандардын саны
кырктан ашып кетти. [14] Алар жогорку
динкызматчылар менен эл башчыларына келип:

†

– Биз Пабылды өлтүрмөйүн эч нерсе жебейбиз
деп антташтык. 15 Эми сиздер жогорку кеңештин
мүчөлөрү менен бирге миң башыга барыңыздар
да, Пабылдын маселесин жакшыраак карап
чыгабыз деген шылтоо менен аны өзүңүздөргө
алдырыңыздар. Биз болсо, аны бул жакка жеткиче,
жолдон өлтүрүп салууга даярбыз, – дешти.
16 Алардын бул оюн Пабылдын жээни угуп калып,
сепилге жүгүрүп келди да, ичине кирип, Пабылга
айтып берди. 17 Ошондо Пабыл жүз башынын
бирин чакырып алып, ага:
– Бу баланы миңбашыга алып барууңузду
суранам. Ага айтар сөзү бар экен, – деди.
18 Жүз башы баланы миң башыга ээрчитип барып,
ага:
– Камактагы Пабыл мени чакырып, бул баланы
сизге алып барууну өтүндү. Мунун сизге айта
турган сөзү бар экен, – деди.
19 Миң башы баланы колунан алып, четке
чыгарды да:
–Эмне сөзүң бар эле? – деди.
20 Бала:
–Иудейлер өз ара макулдашып, Пабылдын
маселесин аныгыраак текшеребиз деген шылтоо
менен эртең аны жогорку кеңештин алдына
чыгарып берүүңүздү сурангани келишти. 21 Сиз
макул болбоңуз. Себеби кырктан ашык адам
Пабылды аңдып, жолдо бекинип жатышат. Алар
аны өлтүрмөйүн оозубузга эч нерсе албайбыз деп
өз ара антташып алышкан. Ошолор азыр сиздин
уруксатыңызды күтүп, даяр турушат, – деди.
22 Миң башы:
–Муну башка эч кимге айтпа! – деп баланы коё
берди.

### Пабылдын Кесариядагы губернатор Феликске жиберилиши

23 Миң башы эки жүз башысын чакырып алып,
мындай буйрук берди:
– Кечки саат тогузга Кесарияга барганга эки жүз
жоокерди, жетимиш атчан аскерди жана эки жүз
жаачыны даярдагыла. 24 Пабылды губернатор
Феликстин алдына аман-эсен жеткириш үчүн көлүк
камдагыла!
25 Анан төмөндөгүдөй кат жазды: 26 «Клавдий
Лисийден улуу урматтуу губернатор Феликске
салам кат. 27 Бул кишини иудейлер кармап алып,
өлтүргөнү жаткан жеринен анын Рим жараны
экенин билип, жоокерлерим менен жете барып,
алардын колунан куткарып калдым. 28 Кандай айып
табышканын билейин деп, жогорку кеңешке
салдым. 29 Алар муну өздөрүнүн диний мыйзамына
байланыштуу маселе боюнча айыпка жыгып
жатышыптыр. Бирок өлтүрүүгө же түрмөгө камоого
ылайык эч айып таппадым. 30 Эми, иудейлердин
бул кишиге каршы уюштурган оюн билип калып,
дароо сизге жиберип отурам. Бул кишини
айыптагандарга болсо, айтар сөзүңөрдү өзүңүздүн
алдыңызда айткыла деп буйрудум. Саламатта
болуңуз».
31 Жоокерлер буйрукту аткарып, ошол түнү
Пабылды Антипатырга алып барышты. 32 Эртеси
Пабыл менен бирге андан ары баруу үчүн
атчандарды калтырып, өздөрү сепилге кайтышты.
33 Алар Кесарияга келип, Пабылды губернатордун
алдына алып барышты да, катты колуна
тапшырышты. 34 Губернатор катты окуп чыгып,
Пабылдын кайсы аймактан экенин сурады.
Пабылдын Киликиядан экенин билген соң, ага:
– 35 Сени айыптагандар келсин, ишиңди ошондо
карайм, – деди.
Анан жоокерлерине:
– Бул киши Ироддун акимчилигинде кайтарууда
болсун, – деп буюрду.

### Пабыл губернатор Феликстин алдында

24 Арадан беш күн өтүп, башкы динкызматчы
Анания менен бир нече эл башчылары
Тертул деген бир юристти алып, Кесарияга
келишип, Пабылды каралай турган арыздарын
губернаторго беришти. 2 Пабылды сот залына
чакырышканда, Тертул айыптоо сөзүн мындайча
баштады:
– Сиздин башкарууңуздун алдында биз аман-эсен,
бейпил жашап келе жатабыз. Элибиздин турмушу
жакшырып, көптөгөн өзгөрүүлөр кирүүдө. Буга
сиздин көрөгөчтүгүңүз, көсөмдүгүңүз себеп. 3 Биз
бул кылгандарыңыздын баарын качан болбосун,
кайда болбойлу чоң ыраазычылык менен
мойнубузга алабыз, улуу урматтуу Феликс. 4 Мен
сиздин убактыңызды алып, бекер убара кылгым
келбейт. Ошондуктан өзүңүзгө мүнөздүү болгон
чоң сабырдуулугуңуз менен бизге бир аз көңүл
буруп, угуп коюшуңузду өтүнөм.
5 Биз мына бул кишини эл үчүн жугуштуу оору
сыяктуу коркунучтуу деп таптык. Анткени бүткүл
дүйнөдөгү эврейлерди көтөрүлүш чыгарууга
үндөгөн эл бузар жана «назареттиктер» деген
диний сектанын жетекчиси ушул экен. 6 Ал тургай
ийбадаткананы да арамдамакка аракет кылган
жеринен биз токтотуп калдык. †8 Муну өзүңүз сурап
көрсөңүз, биздин айткандырыбыздын анығын
билесиз.
9 Ошердеги иудейлер да бир ооздон «айткандары
ырас» дешип, Тертулду колдоп кетишти.

### Пабылдын губернатор Феликстин алдында сүйлөгөн сөзү

10 Губернатор кезек берип, сүйлө деп ишарат
кылган соң, Пабыл сөзүн мындайча баштады:
– Сиздин көп жылдардан бери бул элди сурап
келатканыңызды билем, ошондуктан сиздин
алдыңызда мен өзүмдү актап сүйлөөгө
мүмкүнчүлүгүмдүн бар экенине кубанычтамын.

---

†

11 Ийбадат кылуу үчүн Иерусалимге келгениме он
эки күн болду. Муну өзүңүз да тактап билсеңиз
болот. 12 Ийбадатканада болгонумда да,
синагогаларды кыдырып жүргөнүмдө да бирөө-
жарым менен талашып-тартышып жатканымды же
шаардын ичинде элди чогултуп алып, көтөрүлүшкө
үндөгөнүмдү булар көрүшкөн жок. 13 Сиздин
алдыңызда мага таккан азыркы айыптарын өздөрү
да далилдей алышпайт. 14 А менин сиздин
алдыңызда моюнга алып, ачык айтарым – булар
«диний секта» деп аташкан Кудайдын жолунда ата-
бабабыз сыйынган Кудайга кызмат кылып
жүргөнүм. Мен Тоорат менен пайгамбарлар
жазууларында айтылгандын баарына ишенемин.
15 Бул олтурган айыптоочуларым сыяктуу эле, мен
да адилдер менен күнөөкөрлөрдүн кайра
тирилерине ишенип, Кудайга үмүтүмдү артамын.
16 Ошондуктан Кудай алдында да, пенде алдында да
ар дайым абийиримди таза сактап жүрүүгө
аракеттенем.
17 Иерусалимге келе элегиме көп жыл болду. Бу
сапар эврей боордошторума акча жеткизип,
Кудайга арнап курмандык чалайын деген тилек
менен келгем. 18 Ушундай максат менен
ийбадатканада тазалануу расмисинен өтүп жүргөн
жеримден булар мени көрүшкөн эле. Жанымда эч
кандай эл да, тополоң да жок болчу. 19 Ошол жерде
мени Асия аймагынан келген иудейлердин бир
нечеси көрүшкөн. Алардын мага каршы бир
нерсеси болсо, анда азыр ушул жерге келип,
сиздин алдыңызда айтышат эле го. 20 Же бул жерде
тургандар өздөрү айтышсын: жогорку кеңештин
алдында турганымда менден кандай күнөө
табышты эле? 21 А балким, ошондогу: «Мен
өлгөндөр кайра тирилет деп ишенип, үмүт
кылганым үчүн соттолуп жатам!» – деп катуу
кыйкырганым үчүн күнөөлүү чыгармын?

### Пабылдын эки жылга камалышы

22 Ошондо Эгебиз Ыйсанын жолунан жакшы
кабардар болгон Феликс иудейлерге кайрылып:
– Бул чатагыңарды миң башы Лусий келгенде
чечем, – деп кийинкиге калтырды.
23 Пабылды жүз башыга тапшырып:
– Муну камап ташта, бирок жеңилдик берилсин,
жоро-жолдоштору менен кезигишине тыюу
салынбасын! – деп буюрду.
24 Арадан бир нече күн өткөндө, Феликс Друсила
аттуу эврей аялы менен келип, Пабылды алдыртты
да, анын Машаяк Ыйсага болгон ишеними тууралуу
сурап, сөзүнө кулак салды. 25 Бирок Пабыл
адилеттик жөнүндө, напсини тыюу жөнүндө жана
келечекте боло турган Кудайдын сурагы тууралуу
сөз кылганда, Феликстин жүрөгү түшүп:
– Азырынча бара бер, кийин убакыт таап,
чакыртам, – деп аны кетирди.
26 Ал пара береби деп үмүттөнүп, Пабылды улам-
улам чакыртып, аны менен сүйлөшүп турду.
27 Эки жылдан кийин, Феликстин ордуна Порки
Фест губернатор болду. Ал эми Феликс
иудейлердин көңүлүн алуу максатында Пабылды
камакта калтырып кетти.

### Пабылдын губернатор Фесттин алдында суракка алынышы

25 Фест губернатор болуп дайындалган
аймакка келгенине үч күн болгондон кийин,
Кесариядан Иерусалимге барды. 2 Иерусалимде
жогорку динкызматчылар менен эл башчылары ага
келишип, Пабылды каралап, жалаа жабышты.
3 «Бизге жакшылык кылып, аны Иерусалимге
которуп бериңиз», – деп өтүнүштү. Мындай
өтүнүшкөнүнүн себеби, Пабылды Иерусалимге
алып келе жатышкан жеринен кол салып,
өлтүрөбүз деп, өздөрүнчө сүйлөшүп алышкан
болчу. 4 Бирок Фест Пабылдын азыр Кесарияда
камакта экенин, өзүнүн да жакында ошол жакка
кайтайын деп турганын айтты.
– 5 Барчу адамдарыңар мени менен бирге барсын
да, алиги кишинин кылмышы болсо, ошерден
айтсын, – деди ал.
6 Фест алар менен беш-он күн турган соң,
Кесарияга кайтты. Эртеси күнү сот орундугуна
олтуруп, Пабылды алдыртты. 7 Пабылды алып
келишкенде, Иерусалимден келген иудейлер аны
тегеректеп алышып, көптөгөн оор айыптарды
тагышты, бирок айткандарын өздөрү далилдей
алышпады. 8 –9 Пабыл өзүн коргоп:
– Мен иудей мыйзамына да, касиеттүү
ийбадатканага да, Рим падышасына да каршы эч
кандай жаман иш кылган жокмун, – деп сүйлөй
баштаганда, иудейлерге жагынгысы келген Фест:
– Сени Иерусалимге алып барып, бул айыптар
боюнча ошол жерден суракка алышымды
каалайсыңбы? – деди.
10 Пабыл:
– Мен азыр Рим падышасынын сотунун
алдындамын, ошондуктан ушул жерде соттолушум
керек. Менин иудейлерге эч кандай жамандык
кылбаганымды сиз жакшы эле билип турасыз.
11 Эгер кылган болсом, анда өлүмдөн баш тартпас
элем. Бирок эгерде булардын мага койгон
айыптары негизсиз болсо, анда мени эч ким
алардын колуна салып бере албайт. Мен
падышанын сотун талап кылам, – деди.
12 Фест кеңешчилери менен акылдашкан соң,
Пабылга:
– Сен падышанын сотун талап кылдың,
ошондуктан падышанын алдына барасың, – деди.
13 Арадан бир нече ай өткөндө, Фестти куттуктап,
падыша Агрипа карындашы Бернике менен
Кесарияга келди. 14 Алар бир топ күн турганда,
падышага Фест Пабылдын иши тууралуу айтып
берди:
– Бул жерде Феликс камакта калтырып кеткен бир
киши бар. 15 Мен Иерусалимде болгонумда,

жогорку динкызматчылары менен эл башчылары
аны айыпташып, менден өлүмгө өкүм чыгарып
берүүмдү сураныышкан эле. 16 Мен аларга: «Рим
салты боюнча айыпталган адамды айыптоочулары
менен бетме-бет сүйлөштүрбөй жана коюлган
айыптардан актанууга сөз бербей туруп, өлүмгө
өкүм чыгарууга болбойт», – деп жооп бердим.
17 Ошондуктан алар мени менен бирге бул жерге
келишкенде, маалкатпастан, эртеси күнү эле сот
орундугуна отуруп, ошол кишини алып келүүнү
буюрдум. 18 Бирок аны айыптагандар мен
күткөндөй айыптардын бирин да мойнуна коё
алышпады. 19 Тескерисинче, алардын бу киши
менен талашканы өздөрүнүн динине байланыштуу
маселелер менен кайсы бир Ыйса деген өлгөн
киши жөнүндө экен. Пабыл аны тирүү деп жатат.
20 Мен бул маселени кантип чечишти биле
албадым. Ошондуктан андан: «Бул маселени
Иерусалимге барып, ошол жактан чечсек кандай
болот?» – деп сурадым. 21 Бирок ал өзүнүн
маселесин падыша чечсин деп талап кылган соң,
падышага жөнөткүчө аскерлерге кайтартып
койдум.
22 Агрипа Фестке:
– Ошо кишини мен да уккум келип турат, –
дегенде, Фест:
– Анда эртең эле угасыз, – деди.

### Пабыл падыша Агрипанын алдында

23 Эртеси күнү падыша Агрипа карындашы
Бернике экөө чоң үлпөт менен келип, миң
башылар менен шаардын атактуу адамдарынын
коштоосунда сот залына кирди. Фесттин буйругу
менен Пабылды алдыртышты. 24 Биринчи сөздү
Фест алды:
– Урматтуу падыша Агрипа жана ушул жерде биз
менен бирге отургандар! Иерусалимде да, бул
жерде да иудейлердин баары алдыңыздарда
турган мына бул кишинин үстүнөн мага
арызданышты. Алар бул кишини өлүм жазасына
тартыш керек деп менден талап кылып, жанымды
койбой чуулдашты. 25 Мен болсом андан өлүмгө
кескендей айып таппадым. Бирок бул киши өзү
Август падышанын сотун талап кылгандыктан, аны
ошого жиберүүнү чечтим. 26 Ал эми улуу даражалуу
өкүмдарга жаза турган, бул кишиге байланыштуу
маалымат менде азыр жок. Ошондуктан аны
сиздерге, баарынан да, урматтуу Агрипа падыша,
өзүңүздүн алдыңызга алдырып олтурам. Тергеп
бүткөн соң, жазганга маалымат топтолор.
27 Анткени камактагы адамдын айыптарын
аныктабай туруп, падышага жиберүү, менимче,
жарабаган иш.

### Пабылдын падыша Агрипанын алдындагы сөзү

26 Агрипа Пабылга:
– Өзүңдү актап сөз айтууга уруксат, – деди.
Ошондо Пабыл колун өйдө көтөрүп,
жыйналгандар көңүл бурган соң, өзүн актап сүйлөй
баштады:
– 2 Урматтуу падышам, иудейлер койгон
айыптардан бүгүн сиздин алдыңызда өзүмдү
коргоп, сөз сүйлөп турганыма кубанычтамын.
3 Анткени сиз иудейлердин бардык салт-санаасы
менен талаш-тартыштарын жакшы билесиз.
Ошондуктан мени чыдамдуулук менен угуп
коюшуңузду суранам.
4 Жашымда өз жеримде, кийин Иерусалимде
кандай жашаганым жалпы эврей калкына
белгилүү. 5 Анткени алар мени мурдатан таанышат,
атүгүл, эгер чындыкты моюнга алгылары келишсе,
мен биздин динибиздин эң күчтүү агымы –
фарисейчиликтин мыйзамдары боюнча жашап
келгендигимди да айтып бере алышат. 6 Азыр
болсо мен Кудайдын биздин ата-бабаларыбызга
берген убадасына ишенип, үмүт артканым үчүн
соттолуп жатам! 7 Биздин он эки уруубуз да ошол
убада качан аткарылар экен деп, күн-түн дебей,
тынбастан Кудайга ийбадат кылышууда. Мен да
ошондой үмүт кылганым үчүн иудейлердин
айыптоолоруна кириптер болдум, оо, падышам.
8 Эмне үчүн сиздер Кудайдын өлгөндөрдү кайра
тирилтерине ишенбейсиздер? 9 Мурда мен да
назареттик Ыйсанын наамына каршы күрөшүүнү
өз парызым деп ойлочумун. 10 Муну Иерусалимде
аткарып да жүрдүм. Жогорку динкызматчылардан
уруксат алып, ыйыктардын канчаларын түрмөгө
каматып, аларды өлтүрүп жаткандарды
кубаттадым. 11 Синагогадан синагогага барып,
аларды далай кыйнап, Ыйсанын атына тил
тийгизип, Аны кордоого мажбурладым. Ушунчалык
катуу өчөшкөндүктөн, чет жердеги шаарларга
барып алып да, алардын сары изине чөп салып,
куугунтукка алгам. 12 Бир жолу ушундай максат
менен жогорку динкызматчылардан аларды
байлап, Иерусалимге алып келүүгө укук бере
турган буйрук кат жаздырып алып, Дамаскка
бараткам. 13 Түш ченде жолдо элем. Оо, падышам,
аңгыча күндөн да жарык бир нур көктөн жарк эте
түштү. Ошол нур менин да, шериктеримдин да
айланасын жарык кылып жиберди. 14 Баарыбыз
жерге жыгылдык. Анан мага эврей тилинде
сүйлөгөн бир үн угулду. «Шабыл, Шабыл, – деди
ошол үн, – неге Мени куугунтуктап жүрөсүң?
Эгеңдин эркине каршы чыксаң, өзүңө кыйын».
15 Мен: «Сиз кимсиз, оо, Кудурет?» – деп сурадым.
«Сен куугунтуктап жүргөн Ыйсамын, – деп жооп
берди Эгем Ыйса. – 16 Өйдө тур, сени Өзүмө кызмат
кылууга дайындаш үчүн сага көрүндүм. Мындан
ары бүгүнкү көргөнүң тууралуу адамдардын
алдында күбөлүк бересиң, аларга Мен сага көрсөтө
турган нерселерди жеткизесиң. 17 Мен сени өз
элиңе жана башка элдерге жиберип, алардын сага
кыла турган кыянаттыктарынан куткарам. 18 Сен
алардын көзүн ачып, караңгыдан жарыкка,

шайтандын бийлигинен Кудайдын бийлигине
кайтарасың. Алар Мага ишенип, күнөөлөрү
кечирилип, Кудайдын тандаган адамдарынын
арасынан орун алышсын!»
19 Ошентип, падышам, асмандан келген аянда
айтылган сөзгө баш ийбей коюга дитим барбады.
20 Андыктан адегенде Дамасктагыларды, анан
Иерусалим менен бүткүл Иудеядагыларды, кийин
иудей эместерди ниетин өзгөртүп, Кудайга
кайрылууга чакырып, анысын иш жүзүндө көрсөтүп
жашоого үндөдүм. 21 Ушундай кылганым үчүн
иудейлер мени ийбадатканада жүргөнүмдө кармап
алып, өлтүрмөкчү болушту. 22 Бирок Кудай ушул
күнгө чейин мени сактап, коргоп келди.
Ошондуктан азыр да мына бул олтурган улуу-
кичүүнүн алдында күбөлүк берип, бул жерде турам.
Менин айткандарым Муса жана андан башка
пайгамбарлардын алдын ала айткандары менен
бирдей. 23 Тагыраак айтканда, Машаяк өлтүрүлүп,
кийин өлгөндөрдүн ичинен түбөлүк өлбөстүккө
биринчи болуп кайра тирилип, анан эврейлер
менен башка элдерге куткарылуу нуру тийгенин
жарыя кылыш керек болчу.
24 Пабыл ушул жерге келгенде, Фест үнүн катуу
чыгарып, сөзүн бөлүп:
– Эй, Пабыл, сен дөөрүп жатасың! Ашыкча көп
окуп, айнып калыпсың! – деди.
– 25 Мен дөөрүгөн жокмун, улуу урматтуу Фест, –
деди Пабыл жооп кайтарып, – менин айткандарым
акыйкат жана жөндүү. 26 Падыша мунун баарын
билет, ошондуктан анын алдында ачык айтып
жатам. Бул окуялардын эч бири андан жашырын
болгон эмес деп ойлойм, анткени алар адам
көрбөй кала турган булуң-бурчта өткөн эмес.
27 Падыша Агрипа, сиз пайгамбарларга
ишенесизби? Билем, ишенесиз.
28 Ошондо Агрипа Пабылга:
– Кыска убакыттын ичинде мени Ыйсанын
Машаяк экенине ишендирип сала аласыңбы? –
деди. 29 Пабыл:
–Азбы, көппү, айтор бир убакта сиз гана эмес,
бүгүн мени угуп тургандардын баары, мына бул
кишенимден башка, дал мендей болушун Кудайдан
тилейм.
30 Пабыл ушундай дегенде, падыша Агрипа
ордунан турду. Аны менен бирге губернатор Фест,
падышанын карындашы Бернике жана залда
отургандардын баары жапырт ордуларынан
турушту. 31 Залдан чыгып баратканда, бири бирине:
–Бул кишинин өлүмгө кескидей же түрмөгө
камагыдай айыбы жок экен, – дешти.
32 Агрипа Фестке:
– Эгер өзү падышанын өкүмүн талап кылбаганда,
бошотуп жиберсе болор эле, – деди.

### Пабылдын Римге сапар тартышы

27 Биздин Италияга сүзүп кетерибиз
аныкталган соң, алар Пабыл менен дагы
камактагы бир нече адамды «Император кошууну»
деп аталган аскер бөлүгүнүн жүз башысы болгон
Жулий деген кишинин колуна тапшырышты. 2 Биз
Адрамит шаарынан чыгып, Асия аймактарын
бойлоп өтө турган кеме менен сүзүп жөнөдүк.
Тесалоникадан келген македониялык Аристарх да
биз менен кошо чыкты. 3 Эртеси күнү Сидон
шаарына келдик. Жулий Пабылга ырайым кылып,
ага достору менен жолугуп, муктаж болгон
нерселерин камдап алууга уруксат берди. 4 Ал
жактан чыкканда, ачык деңизде бет
маңдайыбыздан шамал сокконунан улам, Кипр
аралын пааналап сүзүп отурдук. 5 Анан Киликия
менен Памфилия аймактарын жандап өтүп, Лукия
аймагындагы Мира шаарына келдик. 6 Жүз башы
ал жерден Италияга кете турган александриялык
кемени таап, бизди ошого салды.
7 Бир нече күн бою зор кыйынчылыктар менен
араң сүзүп отуруп, акыры Книт деген шаарга
жакындадык. Бирок кургакка жеткенге бет
маңдайыбыздан соккон шамал мүмкүнчүлүк
бербегендиктен, багытыбызды өзгөртүп, Крит
аралынын далдаасынан Салмона тумшугун
айланып өттүк. 8 Жээкти бойлоп сүзүп, Ласая
шаарына жакын жайгашкан «Жакшы порт» аттуу
жерге араңдан зорго жеттик.
9 Биз ал жерде көп убакыт туруп калгандыктан,
андан ары кеме менен сүзүү коркунучтуу боло
баштады. Анткени Орозо күнү деген майрам да
өтүп кеткен убак болчу. Ошондуктан Пабыл
кемедегилерге:
– 10 Туугандар, менимче мындан ары жолго чыгуу
кеме менен жүк үчүн гана эмес, өмүрүбүз үчүн да
кооптуу, – деп эскертти.
11 Бирок жүз башы Пабылга караганда, кеменин
кожоюну менен капитанга көбүрөөк ишенчү.
12 Анын үстүнө бул жердин шарты кыштаганга
ыңгайсыз болгондуктан, жүргүнчүлөрдүн көпчүлүгү
да мында кыштагандан көрө сапарды улап, мүмкүн
болсо Финик портуна жетүүгө аракет кылууга
көңүлдөнүштү. Финик Крит аралынын түштүк-
батышы менен түндүк-батышындагы порт-шаар
эле.

### Деңиздеги бороон-чапкын

13 Түштүктөн сыдырым жел жүрө баштаганда,
кемечилер максатыбызды ишке ашыра алат
окшойбуз деп ойлоп, кемени кемеказыгынан
бошотушту да, жээк бойлой сүзүп жөнөштү.
14 Бирок көп өтпөй, арал тараптан «Түндүк-Чыгыш»
аталган абдан катуу шамал башталды. 15 Шамал
күчөп келип, кемеге бир тийди эле, биз кеменин
тумшугун бороонго каршы кармай албай, акыры
бардык аракетибизди таштап, толкундардын
айдоосуна багынып, шалдайып отуруп бердик.
16 Кабыда деген бир чакан аралдын шамалдан
далдараак жагынан өтүп баратканыбызда, кеменин
артына байланган кайыкты зор кыйынчылык

менен эптеп атып кеменин үстүнө тартып алганга
үлгүрдүк. 17 Кайыкты чыгарган соң, кемени
аркандар менен чырмап, таңып салышты.
Кемечилер Ливиянын бет маңдайындагы тайыз
жерлердеги кумга тыгылып калбайлы деп
чочулашып, парустарды түшүрүштү да, кемени
шамалдын эркине коюшту. 18 Бороон болсо
токтобостон сого берди. Ошондуктан эртеси күнү
кемедеги жүктү сууга ыргыта башташты. 19 Үчүнчү
күнү болсо, кеменин жабдыктарын ыргыта
башташты. 20 Көп күн бою күндү да, жылдыздарды
да көрө албадык, а бороон болсо басаңдабады.
Акырында аманаларыбыздан түңүлдүк.
21 Кемедегилер көптөн бери наар сызбаган соң,
Пабыл алардын ортосуна чыгып, мындай деди:
– Туугандар, мени угуп, Криттен кетпегениңерде,
мындай кыйынчылыктарга туш болуп, зыян
тартмак эмеспиз. 22 Эми, кайрат кылгыла, себеби
кемеден башка эч кимиңер зыян тартпайсыңар.
23 Анткени мен кызмат кылган Кудай Эгемдин
периштеси түндө жаныма келип: 24 «Пабыл,
коркпогун, сен падышанын алдына барышың
керек. Ырайымдуу Кудай сен үчүн
сапарлаштарыңдын баарынын өмүрүн сактап
калат», – деди. 25 Ошондуктан, туугандар,
ындыныңарды өчүрбөгүлө. Мен Кудайдын
убадасына ишенем. 26 Менимче, шамал кемени бир
аралга сүрүп таштайт болуш керек.

### Кеменин кыйрашы

27 Арадан эки жума өтүп, биз дале Адрия
деңизинде шамалдын айдоосунда бараттык. Түн
жарымына жакын кемечилер бир аралдын
тушунан өтүп баратканыбызды сезип, 28 суунун
тереңдигин өлчөп көрүшсө, кырк метр чыкты. Бир
аз убакыт күтүп, дагы өлчөштү эле, отуз метр болду.
29 Суунун түбүнөн оркоюп чыгып турган аскаларга
урунуп алуудан коркуп, кемечилер кемеказыктан
төртөөнү сууга ыргытышты да, батыраак таң атса
экен деп, Кудайдан тилешти. 30 Анан качууга
камданышып, кемеказыкты кеменин тумшугунан
таштайбыз демиш болуп, кайыкты сууга түшүрө
баштаганда, 31 Пабыл жүз башыга кайрылып:
– Эгер алар кемеде калышпаса, анда сиздер
кутула албайсыздар! – деди.
32 Ошондо жоокерлер аркандарды кыя чабышып,
кайыкты сууга бош түшүрүп жиберишти.
33 Таңдын атышына аз калганда, Пабыл
кемедегилерге:
– Эки жумадан бери наар сызган жоксуңар. 34 Эй,
айланайындар, тамактанып алгылачы, аман
калышыңар үчүн тамактанышыңар керек.
Башыңардан бир да тал чач түшпөйт, коркпогула, –
деди.
35 Пабыл ушундай деген соң, бир нанды колуна
алды да, баарынын көзүнчө Кудайга
ыраазычылыгын айтып, сындырып, жей баштады.
36 Ошондо баары кайрат кылып, тамактанганга
киришти. 37 Кемеде баарыбыз болуп эки жүз
жетимиш алты киши бар элек. 38 Алар каалашынча
тамактанып бүткөндө, кемедеги буудайды деңизге
ыргытышып, кеменин жүгүн жеңилдетишти.
39 Таң сүргөндө, кемечилер кайсы жерге келгенин
ажырата алышпаса да, бир кумдуу булуңду
байкашты. Ылаажы болсо кемени булуңга
киргизели деп, ошонун аракетинде болушту.
40 Кемеказыктарды байлаган аркандарды кыркып,
ошону менен бир убакта рулду байлаган
аркандарды да чечип жиберишти. Анан кеменин
тумшугундагы парустарды шамалга тосушуп,
шамалдын күчү менен кемени кургактыкка
айдашты. 41 Бирок кургактыкка жетпей, кеме тайыз
жердеги кумга тыгылып калды. Кеменин тумшугу
кумга батып калгандыктан, куйругу толкундардын
күчүнөн кычырап, сына баштады. 42 Ошондо
аскерлер камактагылардын бирөө-жарымы сүзүп
качып кетпесин деп, аларды өлтүрмөкчү болушту.
43 Бирок жүз башы Пабылды сактап калгысы келип,
алардын бул оюн ишке ашыртпады. Ал сүзгөндү
билгендер биринчи болуп сууга секирип, жээкке
чыксын деген буйрук берди. 44 Калгандарынын
кээси тактай минип, кээси кеменин сыныктарын
кучактап, жээке сүзүп жөнөштү. Ошентип,
кемедегилердин баары аман-эсен жээкке
чыгышты.

### Мелит аралында

28 Аман калган бизге аралдын Мелит деп
аталары белгилүү болду. 2 Анда жашаган
уруунун адамдары бизди өзгөчө жылуу кабыл
алышты. Жамгыр жаап, күн суук болгондуктан, от
жагып, баарыбызды чакырышты. 3 Пабыл отун
чогултуп келип, отко салганы жаткан. Күтүлбөгөн
жерден отундун арасынан бир уулуу жылан чыга
калып, Пабылдын колуна оролду. 4 Аралдыктар
Пабылдын колунда асылып турган жыланды
көрүшкөндө, өз ара: «Карасаңар, бул адам анык
киши өлтүргүч, деңизге чөкпөй аман калса да, Ак
аны тирүү калтыргысы келбеди», – дешти. 5 Бирок
Пабыл эч зыян тартпастан жыланды отко силкип
таштады. 6 Тигилер болсо Пабыл эми шишип чыгат
го же күп этип кулап түшүп өлүп калат болуш керек
деп күтүп турушту. Бирок бир топ күтүп, эч кандай
деле адаттагыдан сырткары нерсе болбогонун
көргөн соң, ойлорун өзгөртүп: «Бул – кудай экен!» –
дей башташты.
7 Ал жерден анча алыс эмес жерде ошол аралдын
башчысы Публий деген кишинин талаасы бар эле.
Ал бизди жылуу кабыл алып, үч күн бою коноктоду.
8 Публийдин атасы ич өткөк менен ооруп, ысытма
болуп төшөктө жатыптыр. Пабыл анын бөлмөсүнө
кирип, башына колун коюп, сыйынды да,
айыктырды. 9 Анын айыкканы билингенде,
аралдагы башка оорулуулардын баары келе
башташты да айыгып кетип жатышты. 10 Алар бизге
абдан чоң урмат-сый көргөзүшүп, көптөгөн

белектерди беришти, кетерибизде жолго керектөөчү нерселерибиздин баарын кемебизге салып коюшту.

### Мелиттен Римге

[11] Үч айдан кийин Александриядан келип, ошол аралда кыштап калган «Эгиз кудай» деген жазуусу бар кемеге түштүк да сүзүп кеттик. [12] Сиракуза
деген шаарга барып, анда үч күн турдук. [13] Анан
сүзүп чыгып, Регия шаарына келдик. Бир күндөн кийин түштүктөн соккон шамалдан пайдаланып, эки күндүн ичинде Путеёл шаарына жетип бардык.
[14] Ал жерден бир нече боордошторубузду таптык. Алар: «Бир жума биз менен болуңуздар», – деп суранып, бизди көндүрүштү.
Анан Римге жөнөдүк. [15] Римдеги боордошторубуз
кабарыбызды угуп, Аппий базары жана Үч мейманкана деген жерлерге чейин келип, алдыбыздан тосуп чыгышыптыр. Пабыл аларды көргөндө, көңүлү көтөрүлүп, Кудайга шүкүрчүлүк келтирди.

### Пабылдын Римдеги кызматы

[16] Римге киргенибизде, жүз башы Пабылга өзүнчө жашоого уруксат кылып, бир жоокерге кайтартып койду.
[17] Үч күндөн кийин, Пабыл иудейлердин атактууларын бир жерге чакырды. Алар чогулганда, мындай деди:
– Боордоштор, мен элибизге жана ата-бабаларыбыздын салтына каршы эч нерсе кылбасам да, Иерусалимде кармалып, римдиктердин колуна тапшырылдым. [18] Римдиктер
да мени тергеп көрүп, өлүмгө кескидей эч бир күнөө таба алышпагандыктан, бошотмокчу болушту. [19] Иудейлер каршы чыгышканда,
аргасыздан Рим падышасынын өкүмүн талап кылдым. Бирок мен муну өз элимдин бетине көө жабайын деген ниетте кылган жокмун. [20] Ушул
себептен мен сиздерди чакырып, орой көз чарай сүйлөшөйүн дедим. Анткени мен элибиз үмүт арткан нерсеге ишенгендигимдин айынан мына бул чынжырга таңылып, камактамын.
[21] Ошондо алар мындай деп жооп беришти:
– Сен жөнүндө биз Иудеядан эч кандай кат-кабар алган жокпуз. Ал жактан келген боордошторубуздун да эч кимиси сен жөнүндө жаман кабар билдирбеди. [22] Мейли, ошондой
болсо да сенин пикириңди угалы, анткени жаңагы сектаңа бардык жерде эл каршы болуп жатканы бизге маалым.
[23] Алар Пабыл менен сүйлөшүү үчүн бир күндү белгилешти. Ошол күнү Пабыл жашаган жайга көптөгөн адамдар келишти. Пабыл аларга эртеден кечке чейин Кудай Падышачылыгы тууралуу айтып, Муса пайгамбар менен башка пайгамбарлардын китептеринин негизинде Ыйсанын ким экенин түшүндүрүүгө аракет кылды.
[24] Анын сөзүнө ишенгендер да, ишенбегендер да
болду. [25] Ошондуктан келгендер өз ара бир пикирге
келе алышпай, экиге бөлүнүштү. Алар кете баштаганда, Пабыл дагы мындай деди:
– Силердин аталарыңарга Ыйык Рух Ышая пайгамбардын оозу менен туура айтыптыр:
[26] «Мынабу элге барып айткын эми:
"Уксаңар да эч нерсе туйбайсыңар,
Карап туруп эч нерсе көрбөйсүңөр".
[27] Анткени
Бул элдин дилин дат басып,
Оорлошуп кулагы,
Көзү калган тунарып.
Антпесе көрмөк көздөрү,
Кулактары ачылмак,
Жүрөгү туймак алардын.
Мага кайтып келишип,
Сакайтмакмын аларды». †
[28] Ошондуктан бир нерсени билип алгыла: Кудай
эми куткаруучу сөзүн башка улуттарга жиберет. Алар кулак салышат. ††
[30] Пабыл эки жыл бою ижарага алган үйүндө
жашап, аны көргөнү келгендердин баарына эшиги ачык болду. [31] Ал Кудай Падышачылыгын
жарыялап, Эгебиз Ыйса Машаяк тууралуу тайманбастан айтып, элге эркин таалим берип жүрдү.

---

† ††

# Римдиктерге

### Саламдашуу

1 Машаяк Ыйсанын кызматчысы болгон жана
Кудай Өз элчилигине чакырып, Жакшы
Кабарын жарыялоого дайындаган Пабылдан салам
кат.
2 Дал ушул Жакшы Кабарын жиберем деп Кудай
байыртадан Ыйык Жазууда Өз пайгамбарлары
аркылуу убада кылган. 3 Бул кабар – Анын Уулу,
Эгебиз Ыйса Машаяк тууралуу. Адамдык ата-тегин
алсак, Ал Дөөттүн урпагы болгон. Бирок өлгөндөн
тирилгени менен Ал Ыйык Рух аркылуу Өзүнүн
Кудайдын кудуреттүү Уулу экенин айгинеледи.
5 Анын урматына бардык элдерди ишенимге моюн
сундуруш үчүн, Кудай бизге Ал аркылуу ырайымын
жаадырып, Өз элчилери кылды. 6 Кудайдын
тандалгандары катары Ыйса Машаякка таандык
болгон силер да ошол элдердин бирисиңер.
7 Кудайдын мээри түшкөн, Анын ыйык эли болууга
чакырылган бардык римдик боордошторум:
Кудай Атабыз жана Эгебиз Ыйса Машаяк силерге
ырайым кылып, тынччылыгын берсин!

### Ыраазычылык келтирүү

8 Силердеги зор ишеним тууралуу кабар бүтүндөй
жер жүзүнө тарап жаткандыктан, эң алды мен
баарыңар үчүн Ыйса Машаяк аркылуу Кудайга
ыраазычылык келтирем. 9 Уулу жөнүндөгү Жакшы
Кабарды жар салып, бардык дитимди коюп кызмат
кылып жүргөн Кудайым Өзү күбө: силерди эч
эсимден чыгарбай, 10 Кудайым буюруп, жакын
арада силерге барып калгай элем деп сыйынган
сайын жалынып жүрөм. 11 Анткен себебим, силерди
көрүүгө зармын: барып калсам, рухий
касиеттеримди бөлүшкөнүм силерди бекемдемек.
12 Менин айтайын дегеним, бири-бирибизди
колдоп, менин ишенимим силерге, силердин
ишенимиңер мага дем бермек.
13 Боордоштор, билип алгыла, башка элдердин
арасындагы кызматым кандай үзүрлүү болсо,
силерден да анын ошондой эле үзүрүн көрүүгө
ынтызар болуп, канча ирет барууга ниеттендим
эле, бирок азыркыга дейре бир нерсе жолумду
бөгөп, ошондон улам гана бара албай жатам.
14 Бардык элдерге: маданияттууларына да,
маданиятсыздарына да, билимдүүлөрүнө да,
билимсиздерине да Жакшы Кабар таратуу менин
парызым. 15 Андыктан Рим шаарында жашаган
силерге да барып, Жакшы Кабар таратууга
даярмын.

### Жакшы Кабар кудурети

16 Мен Машаяк тууралуу Жакшы Кабарды жар
салганыма сыймыктанам. Иудейлерден баштап,
башка улуттагыларга чейин, ишеним туткандардын
бардыгын куткаруучу Кудайдын кудурети – ошол
кабарда. 17 Адам баласын кантип актай
тургандыгын жана ал актык толугу менен
ишенимге гана байланыштуу болгонун Кудай
Жакшы Кабар аркылуу белгилүү кылган. Ыйык
Жазууда айтылгандай, «ишенгенинен улам ак деп
табылган адам өмүргө ээ болот». †

### Адамзаттын күнөөсү

18 Кудай асмандан адамдардын бардык
азгындыгы менен адилетсиздигине канчалык
каарданганын көрсөттү, анткени алар өз
адилетсиздиги менен чындыктын жолун тороп
жатышат. 19 Кудай Өзүн аларга белгилүү кылып, Ал
тууралуу эмнелерди билүү мүмкүн болсо, ошонун
баары айдан ачык көрүнүп турат. 20 Себеби дүйнө
жаралгандан бери Кудайдын көзгө көрүнбөс
түбөлүк кудурети менен кудайлык табиятын Ал
жараткан нерселерди карап туруп эле билсе болот.
Андыктан адам баласынын актангыдай эч жөнү
жок. 21 Бирок Кудайды билишсе да, алар Аны Кудай
катары даңазалашпады, Ага алкыш айтышпады.
Анын ордуна курулай ой жүгүртүүлөргө
берилишип, эч нерсени түйбаган акыл-эсин
караңгылык басты. 22 Акылдуусунушуп,
чындыгында акылынан айрылып калышты. 23 Өтүп
кетпес Кудайга ийбадат кылуунун ордуна, алар
өтүп кетер адамдын, куштардын, төрт аяктуу же
сойлоочу жандыктардын сөлөкөттөрүнө табына
башташты.
24 Андыктан Кудай аларды арамдыкка баткан
бойдон калтырып, өздөрүнүн ышкы-кумарларына
берилген алар өз денелерин өздөрү булгашты.
25 Кудайдын чындыгын жалганга айырбаштап,
Жаратуучуга эмес, жаратылган нерсеге табынып
кызмат кылышты. Бардык алкышка болсо бир гана
Кудай татыктуу. Оомийин.
26 Кылган иштерин көрүп, Кудай алардын уятсыз
кумарга батуусуна жол берип койду. Ошентип
аялдар табигый жыныстык катнаштарды таштап,

†

табиятка каршы катнаштарга берилишти.
27 Ошондой эле эркектер да табиятын бузуп, аял
денесинин ордуна, бири-бирине кумарлана
башташты да, бири-бири менен жыныстык
катнашка киришип, өздөрү кылган уятсыз
иштерден улам Кудай алардын сазайын колуна
берди.
28 Бул адамдар Кудайды таанып билүүдөн баш
тарткандыктан, Кудай аларды пейили бузулган
бойдон калтырып, уятсыз нерселерди кылууларын
тыйбады. 29 Алар ар түрдүү адилетсиздикке,
кыянаттыкка, дүнүйөкорлукка, зулумдукка, көрө
албастыкка, киши өлтүрүүчүлүккө, доолашууга,
алдамчылыкка жана кара ниеттикке берилишти.
Алар бири-бирин ушакташып, 30 жалаа жаап,
Кудайга акарат келтиришип, башкаларды
басынтышып, мактанышып, кекирейип,
жамандыкты ойлоп тапкыч, эне-атасына моюн
сунбаган, 31 акылсыз, ишенимсиз, таш боор,
ырайымсыз болушту. 32 Кудайдын мындай иш
кылгандар өлүмгө татыктуу деген өкүмүн билишсе
да, алар өздөрү гана ошентпестен, ошондой
кылган башкаларды да колдошот.

### Кудайдын адилеттүү соту

2 Башканы айыптап жаткан адамга айтарым
бул: сен ким болсоң да, минткениң үчүн актала
албайсың, себеби башканы айыптаганың менен
сен өзүңдү гана айыпка жыгасың, анткени
башканы айыптап жатып, ал кылганды өзүң деле
кылып жатпайсыңбы. 2 Ырас, жогорудагыдай
кыянаттыктарды кылгандарга Кудай калыстык
менен өкүм чыгарарын биз билебиз. 3 Бирок сен,
жамандык кылгандарды айыптап, өзүң болсо
ошондой эле иштерди жасап жаткан адам,
ошенткениң менен Кудайдын жазасынан качып
кутулам деп ойлойсуңбу? 4 Же, балким, ниетин
өзгөртөр бекен деп Кудай өзүңө да ырайым кылып
жатканын билбей, Анын улуу ырайымын,
чыдамдуулугу менен сабырдуулугун барк албай
жаткандырсың? 5 Бирок сен мойнуң жар бербей,
ниетиңди өзгөрткүң жок. Кудайдын адилеттик
менен соттоочу күнү келгенде, шишиң толгон сен
Анын каарына калып жүрбөгүн. 6 Анткени Кудай ар
бирибизге кылган ишибизге жараша өз
тиешебизди берет. † 7 Талыкпай жакшылык кылып,
ошол аркылуу атак-даңкка, урмат-сыйга жана
өлбөстүккө жетүүнү эңсегендерге Кудай түбөлүк
өмүр берет. 8 Ал эми менменсинип, акыйкатка баш
ийбей, анын ордуна кыянаттыкка берилгендер
болсо Кудайдын каарына калып, жазасын
тартышат. 9 Кыянаттык кылган ар бир адамдын, эң
алды иудейдин, анан иудей эместин, башына каран
түн түшөт. 10 Жакшылык кылгандардын баары
болсо, эң алды иудейлер, анан иудей эместер,
урмат-сый менен кадыр-баркка татып,
тынччылыкта болушат. 11 Анткени Кудайда эч
кандай өң карамалык жок. ††
12 Тоорат мыйзамын билбей күнөө кылышкандар
мыйзамы жок эле курут болушат. Тоорат мыйзамын
билип туруп күнөө кетиришкендер ошол мыйзам
боюнча айыпталышат. 13 Анткени мыйзам
айткандарына кулак салып койгондор эле эмес,
анын талаптарын аткаргандар гана Кудай алдында
акталышат. 14 Тоорат мыйзамы жок башка
улуттагылар ички туюмунан эле мыйзамга ылайык
иш кылышса, анда колунда мыйзамы жок болуп
турса да, мыйзамы бардай болушат. 15 Кудайдын
мыйзамы талап кылган нерселер жан-дилине
жазылгандыгы алардын өздөрүнөн эле көрүнүп
турат, анткени, мен тараткан Жакшы Кабарга
ылайык, Кудай адамдардын жашырын ойлорун
Машаяк Ыйса аркылуу соттогон күнү акталарын же
айыпталарын аларга өз абийири айта алат.

### Иудейлер жана Тоорат мыйзамы

17 Мына сен иудей аталып, мыйзамга таянып
жашап, Кудайың менен мактанып жатасың.
18 Кудай сенин эмне кылышыңды каалаганы сага
маалым болуп, кандай кылганың туура болорун сен
Тоорат мыйзамынан үйрөнгөнсүң. 19 Өзүңдү
сокурларга жол көрсөтө алам, караңгыда
жүргөндөргө жарык бере алам деп, 20 «акылы
жокторго» насаатчы, «жетиле электерге» устат боло
алам деп ойлойсуң, анткени өз ичине бардык
билим менен чындыкты камтыган мыйзамды
билесиң. 21 Айтчы, башкаларды окутуп жатып, эмне
үчүн өзүңдү да окутпайсың? «Уурдаба» деп наасат
айтып, эмне үчүн өзүң уурулук кыласың? 22 Эмне
үчүн «никени бузба» дейсиң да, өзүң нике бузасың?
Буркандарды жек көрүп, өзүң бутпарастардын
ийбадатканаларын тоногонуң кандай? 23 Колуңда
Кудайдын мыйзамы бар болгону менен
мактанасың да, ошол мыйзамды бузганың менен
Кудайды мазактап жатасың. 24 Жазууда
айтылгандай, «силердин айыңардан башка
улуттагылар Кудайдын атына тил тийгизип
жатышат». ‡
25 Сүннөткө олтуруу мыйзамды аткарганда гана
пайдалуу. Ал эми мыйзамды бузуп жатсаң, андан
сүннөткө олтурганың олтурбай калганыңа эле тете.
26 Эгерде сүннөткө олтурбаган башка улуттагы адам
мыйзам талаптарын аткарса, анда Кудай аны
сүннөткө олтурган адамдай көрбөйбү? 27 Андай
болсо, сени – колунда жазылган мыйзамы бар,
сүннөтү да кесилгенине карабай, мыйзамды бузуп
жаткан иудейди сүннөткө олтурбаса да, мыйзамды
аткарган башка улуттагы адам соттойт. 28 Чыныгы
иудей – бул сыртынан эле иудей көрүнгөн же
болбосо денесинде сүннөттүн сырткы белгиси бар
адам эмес. 29 Дилинен иудей болгон адамды гана
чыныгы иудей, жүрөгүнүн сүннөтү кесилген
адамды гана сүннөттөлгөн десе болот. Бул болсо

†

†† ‡

жөн гана мыйзамда жазылган жободон эмес, Рухтан келе турган нерсе. Мындайлар эң алды адамдын эмес, Кудайдын да мактоосуна татыйт.

### Иудейлердин артыкчылыгы

3 Деги иудей болуунун артыкчылыгы эмнеде? Сүннөткө олтуруунун кандай пайдасы бар? [2] Иудейлердин көп жагынан артыкчылыгы бар! Бул артыкчылык эң алды Кудай сөзү иудейлерге берилгенинде. [3] Ал эми алардын кээ бири ишенимсиз болгон болсочу? Бул Кудай ишенимдүүлүгүн жокко чыгарабы? [4] Албетте, чыгарбайт! Адамдардын ар бири жалганчы болгон күнү да Кудай ишенимдүү бойдон кала берет. Ыйык Жазууда айтылгандай,

«Андыктан эмне айтсаң, сөзүң – чындык,
Соттошсоң, доого жыгып, жеңиш – Сенде». †

[5] Бирок биздин адилетсиздигибиз аркылуу Кудайдын адилеттиги ачык-айкын көрүнсө, анда эмне дешибиз керек? Кудай Өз каарын төккөндө адилетсиз болуп чыгабы? (муну мен адамдык акылга салып айтып жатам). [6] Албетте, андай эмес! Андай болгондо Кудай дүйнөнү кантип соттомок эле?

[7] Ал эми мен жалган айтканым аркылуу Кудайдын чындыгы гана артып, улуулугу мурдагыдан көбүрөөк көрүнсөчү? Андай болсо, менин дале күнөөкөр катары айыпталганымдын жөнү эмнеде? [8] Анда жакшылык болуш үчүн жамандык кылбайлыбы? Кээ бири мени дал ушуга үйрөтүп жатат деп, мага жалаа жаап жүрүшөт. Бирок Кудай калыс. Ал алардын өздөрүн айыпка жыгат.

### Бир дагы адилеттүү адам жок

[9] Демек, биз, иудейлер, башкалардан артык экенбиз да? Жок, андай эмес. Анткени мен буга чейин эле көрсөткөндөй, иудейлер да, иудей эместер да – баары күнөөнүн бийлиги астында турушат. [10] Ыйык Жазууда айтылгандай:

«Адил болгон эч ким жок,
Бирин дагы таппайсың,
[11] Акыл-эстүү бири жок,
Кудайды эч ким издебейт.
[12] Кудайдан баары баш тартып;
Жарамсыз болду бардыгы;
Жакшылык кылган эч ким жок,
Таба албайсың бирин да». ††
[13] «Сөздөрү оозу ачылган көрдөй сасык;
Тилдери жалган гана айтып турат, ‡
Жыландын заарын чачат эриндери». ‡†
[14] «Оздоруна ачуу сөз, каргыш толгон». ‡‡
[15] «Буттары кан төккөнгө шашылууда;
[16] Кайда барса, кыйроо, кайгы алпкелүүдө.
[17] Ынтымак эмне экенин билбейт алар». ‡‡†
[18] «Кудайдан коркуу деген дээринде жок». ‡‡‡

[19] Биз билгендей, мыйзамда жазылгандын баары мыйзам алдында жашагандарга тийиштүү. Ал өзүн актайм дегендерди ооз ачырбай, бүтүндөй дүйнөнү Кудай сотунда жооп бергендей кылат. [20] Себеби мыйзам талаптарын аткаруу менен Кудай алдында эч ким актала албайт. Мыйзам аркылуу биз өзүбүздүн күнөөкөр экенибизди гана түшүнө алабыз.

### Кантип Кудай алдында акталса болот

[21] Бирок эми Кудай адам баласына акталуунун жолун белгилүү кылды. Тоорат менен пайгамбарлардын жазгандарында акталуунун жолдору жөнүндө кеп болгону менен, акталуунун өзү мыйзамды аткаруудан келбейт. [22] Кудай адамдарды алардын Ыйса Машаякка арткан ишеними аркылуу актайт. Ыйса Машаякка ишенип акталуу ишенгендердин бардыгы үчүн берилген: эч бир адамдын башкалардан айырмачылыгы жок, [23] себеби баары күнөө кетиришип, Кудайдын улуулугунан куру алакан калышты. [24] Эми болсо Кудайдын ырайымы менен бардыгы бекер акталууга ээ болушту. Бул акталуу күнөөбүздүн кунун төлөп, бизге эркиндик берген Машаяк Ыйса аркылуу келет. [25] –26 Адамдардын мурда кылган күнөөлөрүн Кудай чыдамдуулук менен жазалабай келди. Эми, Өзүнүн адилеттүү экенин көрсөтүү үчүн, Ал Машаякты биз үчүн курмандыкка берди. Машаяктын каны Ага ишенгендердин баарын күнөөдөн арылтты. Муну менен Кудай адилеттүү экенин жана Ыйсага ишенген ар кимди актап койгонун көрсөттү.

[27] Андай болсо, биздин сыймыктангыдай эмнебиз бар? Эч нерсебиз! Актанганыбыз эмненин негизинде? Мыйзам талаптарын аткарганыбыздынбы? Жок, ишенгенибиздин. [28] Анткени биз адам баласы Кудай алдында мыйзам талаптарын аткаруу менен эмес, тек гана ишеним менен акталат дебедикпи. [29] Ал эми Кудайчы? Ал иудейлердин гана Кудайыбы? Же иудей эместердин да Кудайыбы? Албетте, алардыкы да. [30] Кудай – бирөө. Ал сүннөттөлгөндү да, сүннөттөлбөгөндү да ишенгени үчүн актайт. [31] Демек, ишенимибиз менен биз мыйзамды жокко чыгарат турбайбызбы? Жок, андай эмес. Ишенимибиз аркылуу мыйзам бекемделет.

### Ыбрайым ишеним аркылуу акталган

4 Андай болсо, бабабыз Ыбрайым туурасында биз эмне деп айтмакчыбыз? Ал эмне болду эле? [2] Эгерде ал кылган иши менен акталса, бул мактоого татырлык, бирок Кудай алдында эмес. [3] Жазууда айтылгандай, «Ыбрайым Кудайга ишенип, ошону менен Кудай алдында ак деп табылды». §[4] Иш кылган адамдын алган акысы белек болуп эсептелбейт, бул анын ишине жараша

† †† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡

§

алган тиешеси. 5 Ал эми ким кылган ишине
таянбастан, адилетсиз адамды кечирип актай алар
Кудайды эш тутса, ишенгенин көрүп, Кудай аны Өзү
актап алат. 6 Дөөт да ушуну эске алып, кылган
ишине карабай Кудай Өзү актап алган адам
ырыстуу деп айткан.

7 «Адилетсиз иштери кечирилип,
Күнөөлөрү жабылгандар ырыстуу!
8 Мойнуна күнөөлөрүн Жараткан Ээ
Койбогон ар бир адам ырыстуу!» †

9 Дөөт айткан ырыстуулук сүннөткө олтурган
иудейлерге гана тийиштүүбү, же сүннөткө
олтургузулбаган башка улуттагыларга дагыбы? Биз
азыр эле Ыбрайымдын Кудайга ишенип, ошону
менен Кудай алдында ак деп табылганын
айтпадыкпы. ††10 А бул качан болгон? Ыбрайым
сүннөткө олтургандан кийинби же ошого чейинби?
Сүннөттөлгөндөн кийин эмес, ага чейин. 11 Анын
сүннөтү кийин кесилип, сүннөттүн өзү Кудай аны
сүннөткө отура электе эле ишенгендиги үчүн актап
алгандыгынын белгиси болгон. Ошентип, сүннөткө
олтурбаганына карабай, Кудайга ишенгени үчүн
актала тургандардын баарынын түпкү атасы
Ыбрайым болуп калды. 12 Ошондой эле ал сүннөткө
олтургандардын, бирок, сүннөттөн тышкары, анын
сүннөттөлгөнгө чейинки ишениминдей ишенимге
ээ болгондордун да атасы.

### Кудайдын убадасына ишеним аркылуу ээ болсо болот

13 Кудай Ыбрайымдын жана анын урпактарынын
энчисине бүткүл дүйнө тиерин убада кылганда, Ал
муну Ыбрайым мыйзам талаптарын аткарган үчүн
эмес, ишенип, ишеним аркылуу ак деп табылган
үчүн кылган. 14 Эгерде мыйзам талаптарын
аткаргандар мураскор болушса, анда ишеним куру
бекер болуп, убада өз күчүн жоготмок. 15 Мыйзам
Кудайдын каарын гана алып келе алат, бирок
мыйзам жок жерде аны бузуу да жок.

16 Ошентип, Кудайдын убадасы ишенимге
негизделип, Анын ырайымы катары Ыбрайымдын
бардык урпактарына: мыйзамды аткаргандарына
да, Ыбрайымга окшоп ишенгендерине да бекер
берилери кепилдикке алынды. Ал – биздин
баарыбызга ата. 17 Ыйык Жазууда айтылгандай,
«Мен сени көптөгөн элдердин атасы кылдым». ‡
Өлгөндөргө кайрадан өмүр берип, жок нерсени бар
кылуучу Кудайга ишенген үчүн ал ушундай убадага
ээ болгон. 18 Үмүтүнөн кол үзгүдөй болгон кезде да
Ыбрайым үмүтүнөн жазбай, Ыйык Жазууда «укум-
тукумуң сан жылдыздай көп болот» ‡† деп
жазылгандай, убадага ылайык «көптөгөн элдердин
атасы» болоруна ишене берди. 19 Жашы жүзгө
барып, денесинин өлүк болгону калганын жана
аялы Саранын бала төрөр мезгили эбак өтүп
кеткенин туйганда да ал ишенимин жоготподу.
20 Ишеними өчпөгөн Ыбрайым Кудай Өз убадасын
аткарарынан эч күмөн санабады. Ишениминен
кубат алып, ал Кудайды мактап турду. 21 Кудай
эмнени убада кылса, ошону аткарууга кудуреттүү
экенине ал толук ишенди. 22 Мына ошондуктан
ишенгени үчүн Ыбрайым «Кудай алдында ак деп
табылды». ‡‡23 –24 Ыйык Жазуудагы бул сөз жалгыз
ага гана тийиштүү болбостон, Эгебиз Ыйсаны
өлгөндөн тирилткен Кудайга ишенип, ошол
ишенимибиз аркылуу актала турган биз үчүн да
жазылган. 25 Күнөөбүздүн кунун төлөш үчүн Ыйса
курмандыкка берилип, бизди Кудай алдында акташ
үчүн өлгөндөн кайра тирилген.

### Кудай алдында акталуу

5 Ошентип, ишенгенибиз үчүн Кудай алдында
ак болгон биз эми Эгебиз Ыйса Машаяк
аркылуу Кудай менен элдешип алдык.
2 Ишенгенибизден улам биз Машаяктын аркасы
менен Кудайдын ырайымына жетип отурабыз.
Азыр ошол ырайымда жашап, келечекте Кудай
менен кошо атак-даңкка бөлөнөбүз деген үмүт
бизди сыймыкка ээ кылат. 3 Ал гана эмес, тарткан
азаптарыбыз менен да сыймыктанабыз, себеби
азаптар бизди чыдамдуу кылып, чыдамдуулугубуз
Кудайга жагып, бул бизди үмүткө ээ кыларын
билебиз. 5 Ошол үмүт болсо уятка калтырбайт,
себеби Кудай ичибизге Ыйык Рухун салып, ошол
аркылуу бизге Өз мээримин төктү.
6 Акталууга эч чарабыз жок болуп турганда,
Кудайдын белгилеп койгон мезгили жетип, Машаяк
келип, кудайсыз болгон биз үчүн жанын берди.
7 Адил адам үчүн да өз жанын берүү оңойго
турбайт. Эми, балким, эң жакшы адам үчүн кимдир
бирөө өлсө өлөр. 8 Бирок Машаяк биз үчүн Өз
жанын биз али күнөөкөр кезде эле берип койгону
менен Кудай бизге Өз сүйүүсүн көрсөттү! 9 Андай
болсо, Ыйсанын курмандык каны менен акталган
бизди Ал эми Кудайдын каарынан да куткарары
канчалык анык! 10 Анткени Кудайга душман болуп
туруп, Уулунун курмандыгы аркылуу Аны менен
элдешкен болсок, анда эми, элдешкенден кийин,
Машаяктын өмүрү аркылуу кантип эле
куткарылбайлы! 11 Бул гана эмес, бизди Эгебиз
Ыйса Машаяк аркылуу Өзү менен элдештирип
койгон Кудайдын жакшылыгына да кубанып
жатабыз.

### Адам ата менен Машаяк

12 Бир кишинин кетирген жазыгы аркылуу бул
дүйнөгө күнөө, күнөө аркылуу – өлүм келген
сыяктуу, баары күнөөгө батышып, өлүм бүткүл
адамзатына тарап кетти. 13 Мыйзам жок кезде деле
дүйнөдө күнөө бар болгон, бирок мыйзам жок
жерде күнөөнүн эсеби жүргүзүлбөйт. 14 Кантсе да,
Адам атанын мезгилинен тартып Мусанын
мезгилине чейин Адам атанықындай күнөө

† †† ‡ ‡†

‡‡

кетирбегендердин үстүнөн да өлүм өкүм жүргүзүп
келди.
Адам ата болсо келечекте келе турган Бирөөнүн
элеси эле. 15 Бирок Кудайдын ыроологон
ырайымын Адам кылган кылмышка салыштырууга
болбойт. Бир киши – Адам атанын кылмышынан
улам көптөгөн адамдар өлүм жазасына кесилсе,
Кудайдын бир киши – Ыйса Машаяк аркылуу
көптөгөн кишилерге тартуулаган ырайымы андан
алда канча зор. 16 Кудайдын тартуусун ошол бир
кишинин күнөөсүнө салыштырууга болбойт: бир
эле күнөө кылынгандан кийин жазалоо өкүмү
чыгарылган болсо, биз көп күнөө кылсак да,
Кудайдын тартуусу бизге акталуу алып келди.
17 Эгерде бир киши кетирген жалгыз күнөөнүн
айынан дүйнөдө өлүм өкүм жүргүзө баштаганы
анык болсо, анда айкөл Кудайыбыз тарабынан
акталып, Анын ыроологон ырайымын алгандардын
бир эле Киши – Ыйса Машаяктын кылганы аркылуу
Кудай менен жашап, Аны менен бирге өкүм
жүргүзөрү канчалык анык!
18 Ошентип, бир кишинин кылмышы аркылуу
бүтүндөй адамзатка жазалоо өкүмү чыгарылган
сыяктуу, бир кишинин адилеттүү иши аркылуу
бүтүндөй адамзатка акталуу менен түбөлүк өмүр
берилди. 19 Бир кишинин Кудайга моюн
сунбагандыгы аркылуу көп киши күнөөкөр болуп
калгандай, бир кишинин Кудайга моюн сунгандыгы
аркылуу көп киши акталат.
20 Мыйзам адамдар өздөрүнүн канчалык күнөөлүү
экенин көрсүн деп берилген. Ал эми күнөөлөрү
көбүрөөк көрүнгөн сайын, Кудайдын ырайымы
андан бетер көбөйдү. 21 Ошентип, бир кезде өкүм
жүргүзө баштаган күнөө өлүмгө алып келген
сыяктуу, Кудайдын өкүм жүргүзө баштаган
ырайымы бизди актап, Эгебиз Ыйса Машаяк
аркылуу түбөлүк өмүргө ээ кылат.

### Күнөө үчүн өлүп, Машаяк менен бирге тирилүү

6 Эми биз эмне дешибиз керек? Ырайым
көбөйсүн үчүн күнөөдө кала берели деппи?
2 Албетте, жок! Күнөө бизди эми эч нерсе кыла
албайт. Андай болсо, мындан ары кантип күнөө
кылып жашамак элек? 3 Же чөмүлүү расмисинен
өтүп, Машаяк Ыйсанын денесине мүчө
болгонубузда, ошону менен биз Анын өлүмүнө
ортоктош болуп калганыбызды билген жок
белеңер? 4 Ошентип, чөмүлүү аркылуу Аны менен
кошо өлүп, кошо көргө коюлдук. Эми болсо
Атабыздын улуу кудурети менен өлүктөрдөн
тирилген Машаякка окшоп биз да жаңы өмүргө ээ
боло алабыз.
5 Эгерде Анықындай өлүм аркылуу Ага кошулсак,
анда Ага окшоп тирилүүгө да тийишпиз. 6 Биз
билгендей, мурдагы күнөөлүү табиятыбыз күчүн
жоготуп, биз мындан ары күнөөгө кул болбош үчүн
эски табиятыбыз Машаяк менен кошо айкаш
жыгачка керилген, 7 себеби өлгөн адамга күнөөнүн
бийлиги жок. 8 Ал эми Машаяк менен бирге өлгөн
болсок, анда Аны менен бирге өмүр да сүрөрүбүзгө
ишенебиз. 9 Анткени биз билгендей, өлгөндөн
тирилген Машаяк кайрадан өлбөйт: өлүмдүн Анын
үстүнөн эч бийлиги жок. 10 Ал өлгөндө, күнөөнү
биротоло жеңген. Эми болсо Ал Кудай үчүн жашап
жатат. 11 Ошонун сыңарындай, силер да өзүңөрдү
күнөө үчүн өлүк эсептеп, Машаяк Ыйса менен
Кудай үчүн жашагыла.
12 Ошентип, өлө турган денеңерде күнөө мындан
ары өкүм жүргүзбөгөндөй жана силерди өз
кумарларына баш ийдирбегендей болсун.
13 Денеңердин бир да мүчөсүн күнөөгө
жумшабагыла да жамандыктын куралы кылбагыла.
Андан көрө, өлүмдөн өмүргө өткөн өзүңөрдү
Кудайга тапшырып, денеңердин мүчөлөрүн
жакшылыктын куралы кылгыла. 14 Өзүңөрдү
күнөөгө багындырбагыла, себеби силер Тоорат
мыйзамы боюнча эмес, Кудайдын ырайымы менен
жашайсыңар.

### Адилдиктин кулдары

15 Анан? Мыйзам боюнча эмес, ырайым боюнча
жашап жатканыбызды билип туруп, күнөө кыла
беребизби? Албетте, жок! 16 Же өзүңөрдү кимдир
бирөөгө кул кылып багындырсаңар, анда кимге
баш ийсеңер, ошонун кулу болоруңарды билген
жок белеңер? Демек, силер же күнөөгө кул болуп,
ал силерди өлүмгө алып келет, же Кудайга кул
болуп, тил алчаактыгыңар силерди адил кылат.
17 Бирок Кудайга шүкүр, бир кезде күнөөнүн кулу
болгон силер эми алган таалимиңерге бүт жан-
дилиңер менен баш ийдиңер. 18 Ошентип,
күнөөнүн кулчулугунан бошонуп, силер эми
адилдиктин кулдары болдуңар. 19 Алсыз
табиятыңарды эске алып, силерге түшүнүктүү
болсун үчүн мындай сөз менен айтып жатам.
Мурда өз денеңерди ыпластык менен барган
сайын күчөгөн кыянаттыкка канчалык
жумшасаңар, эми да ыйыкталыш үчүн өз
денеңерди адил иштерге ошончолук жумшагыла.
20 Күнөөнүн кулу болгон кезде, силер адил
жашоого милдеттүү эмес элеңер. 21 Бир кезде эми
өзүңөр уялган нерселерди кылып жүрүп, ошондон
кандай пайда таптыңар эле? Андай жашоонун
акыры – өлүм. 22 Бирок эми, күнөөдөн бошонуп,
Кудайга кул болуп калганыңарда, жашооңордун
үзүрү – ыйыктык, натыйжасы – түбөлүк өмүр.
23 Анткени күнөөнүн куну – өлүм, Кудайдын тартуусу
болсо – Эгебиз Машаяк Ыйса менен биримдикте
боло турган түбөлүк өмүр.

### Нике мыйзамы жана биздин Машаяк менен болгон мамилебиз

7 Эми, боордоштор, мыйзам менен
тааныштыгы бар силерге айтарым бул. Өзүңөр
билгендей, адам көзү тирүү кезде гана мыйзамдын

ага карата күчү бар. 2 Мисалга алсак, мыйзам
боюнча, турмушка чыккан аял күйөөсү тирүү кезде
башы ага байланган болот. Ал эми күйөөсүнүн көзү
өтүп кетсе, анда ал аял нике мыйзамына ылайык
башы бош болуп эсептелет. 3 Андай болсо, эри
тирүү кезде эле башка бирөөгө турмушка чыккан
аял никесин бузган болуп эсептелет. Ал эми
күйөөсү өтүп кеткен аял нике мыйзамынан бош
болуп, башка күйөөгө чыкканы менен нике
бузбайт. 4 Ошонун сыңарындай, силер да,
боордошторум, Машаяк өлгөндө, Аны менен кошо
өлүп, ошол аркылуу Тоорат мыйзамынан
бошондуңар. Эми силер Кудайга кызмат кылууга
жарактуу болуш үчүн башка Бирөөнүн карамагына
өттүңөр, Ал Бирөө – өлгөндөрдөн тирилген
Машаяк. 5 Пенделик табиятыбызга жетеленип
жашаганыбызда, денебизде мыйзам аркылуу жүзү
ачылган күнөөлүү кумарларыбыз аракеттенип,
мунун акыры өлүм болгон. 6 Эми болсо, бизди
байлап турган мыйзам үчүн өлүк болуп, анын
бийлигинен бошондук. Эми биз Кудайга эскиче,
Тоорат мыйзамында жазылганына ылайык эмес,
жаңыча, Рухка ылайык кызмат кылабыз.

### Мыйзам жана күнөө

7 Андай болсо, эмне дейли? Күнөө Тоорат
мыйзамынан келип чыгат деппи? Албетте, жок!
Бирок мыйзам болбосо, мен күнөө эмне экенин
билмек эмесмин. Мыйзам «башка бирөөнүн
мүлкүнө көз артпа» † деп айтпаса, мен көз артуу
эмне экенин билмек да эмесмин. 8 Парызга
шылтап, күнөө ичимдеги миң түркүн кумарларды
козгоду. Мыйзам болмоюн күнөө өлүк бойдон кала
берет. 9 Бир кезде мен колумда мыйзам жок
жашадым эле. Бирок парыз берилгенде, күнөөгө
жан кирди. 10 Мен болсо өлүк болуп калдым.
Ошентип, өмүр алып келүүгө тийиш болгон парыз
мага өлүм алып келди. 11 Амалын таап, күнөө
парыздан колдонуп, мени алдады да өлтүрүп
салды.
12 Бирок мыйзам өзү ыйык. Анын парыздары да
ыйык, адилеттүү жана жакшы. 13 Андай болсо, эмне,
жакшы нерсе мага өлүм алып келдиби? Албетте,
андай эмес. Жакшы нерсени курал кылып, мага
өлүм алып келген – күнөө. Ошону менен ал өзүнүн
чыныгы жүзүн көрсөттү. Ошентип, парыз күнөөнүн
канчалык күнөөлүү экенин мурдагыдан ачык
көрсөттү.

### Ичибиздеги карама-каршылык

14 Биз баарыбыз мыйзамдын рухий экенин
билебиз. Мен болсо күнөөнүн кулчулугуна
сатылган пендемин. 15 Өзүм эмне кылып
жатканымды өзүм билбейм, анткени кылгым
келген нерсени кылбайм да жек көргөн нерсемди
кылам. 16 Кылып жатканым өзүм каалабаган нерсе
болгон соң, бул менин мыйзамдын тууралыгын
мойнума алганымды көрсөтүп турат. 17 Андай
болсо, чындыгында кыянаттык кылып жаткан мен
эмес, ичимдеги күнөө. 18 Өзүмдө, адамдык
табиятымда жакшылык жок экенин билем.
Жакшылык кылууга ниетим бар, бирок бул
колумдан келбейт. 19 Кылам деген жакшылыкты
кылбайм да, анын ордуна кылбайм деген
жамандыкты кылам. 20 Эгерде жасагым келбеген
нерсени жасап жатсам, анда муну кылган мен эмес,
ичимдеги күнөө.
21 Ошентип, мен мындай мыйзам ченемдүүлүктү
байкадым: жакшылык кылайын десем да, колумдан
жамандык гана келет. 22 Жан-дилимден Кудайдын
мыйзамына кубанам. 23 Бирок өз денемден мен
дагы башка мыйзамдын аракетин көрөм. Ал акыл-
оюмдагы мыйзамга каршы туруп, денемди
ичимдеги күнөө мыйзамына багындырып салат.
24 Курган башым ай! Өлүмгө түрткөн ушул денеден
мени ким куткарар экен? 25 Кудайга алкыш! Ал муну
Эгебиз Ыйса Машаяк аркылуу кылып койду!
Ошентип, акыл-оюм менен мен Кудай
мыйзамына моюн сунсам, адамдык табиятым
менен күнөө мыйзамына моюн сунам.

### Ыйык Рух берген өмүр

8 Ошентип, эми Машаяк Ыйса менен
биримдикте жашагандарга жазалоо өкүмү
чыгарылбайт. ††2 Анткени Машаяк Ыйса аркылуу
өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы силерди күнөө
менен өлүмдүн мыйзамынан эркин кылды. 3 Адам
табиятынын алсыздыгынан улам мыйзам кыла
албаган нерсени Кудай кылды. Бул үчүн Ал адам
баласынын күнөөлүү денесине окшогон денеге
бөлөнгөн Уулун жиберип, күнөөнүн жазасын Ага
тарттырды. 4 Муну Ал мыйзамдын адилеттүү
талаптары күнөөлүү табияты боюнча эмес, Рух
боюнча жашаган биз аркылуу аткарылсын үчүн
кылды. 5 Адамдык табиятынын жетегинде
жашагандар ошол табиятынын эңсегенин, ал эми
Рухтун жетегинде жашагандар Рух каалаганын
ойлошот. 6 Адамдык табияттын ойлоонун кесепети –
өлүм; Рух каалаганын ойлоонун шарапаты – өмүр
менен тынчтык. 7 Ошентип, адамдык табияттын
ойлогон адам Кудайга кас болот: ал Кудай
мыйзамына багынбайт жана багына да албайт. 8 Өз
адамдык табиятынын жетегинде жашагандар
Кудайга жага алышпайт.
9 Силер болсо, эгерде ичиңерде чынында эле
Кудайдын Руху жашаса, адамдык табиятыңардын
эмес, Рухтун жетегиндесиңер. Кимде Машаяктын
Руху жок болсо, ал Машаякка таандык эмес.
10 Бирок ичиңерде Машаяк жашап жатса, анда
күнөөнүн айынан денеңер өлүк болсо да, Кудай
алдында акталган үчүн рухуңар – тирүү.
11 Ичиңерде Ыйсаны өлгөндөн тирилтип алган
Кудайдын Руху жашап жаткан болсо, анда

†

††

Машаякты тирилтип алган Кудай ичиңерде жашап
жаткан Руху менен силердин өлө турган денеңерге
да жаңы өмүр берет.
12 Ошентип, боордоштор, биз адамдык
табиятыбыздын эңсегени менен жашоого
милдеттүү эмеспиз. 13 Себеп дегенде, адамдык
табиятыңардын жетегинде жашасаңар, анда
өлөсүңөр, ал эми Рух аркылуу денеңердин
күнөөлүү иштерин тыйсаңар, анда өмүргө ээ
болосуңар. 14 Кудай Рухунун жетегинде
жашагандардын баары – Кудайдын балдары.
15 Анткени Кудайдын ыроологон Руху силерди
кайрадан коркунучка батырып, кул кылбайт.
Кудайдын Руху силерди Анын балдары кылды.
Ошол Рухтун кудурети менен биз Кудайды: «Абба! †
Ата!» – деп чакырып жатабыз. 16 Биздин рухубузга
кошулуп, Кудайдын балдары болгонубузду
күбөлөндүрүп жаткан – ошол Рух. 17 Ал эми
Кудайдын балдары болсок, анда Кудайдын
мураскорлору да болдук. Биздин Машаяк менен
энчибиз бир. Эгерде Анын атак-даңкын бөлүшкүбүз
келсе, анда Анын тарткан азаптарына да ортоктош
болушубуз керек.

### Келечектеги атак-даңк

18 Келечекте бизге көрүнө турган Кудайдын
улуулугуна салыштырганда, азыркы убактылуу
азаптарыбыз эч нерсеге турбасына көзүм жетип
турат. 19 Бүтүндөй жаратылыш Кудай Өз балдарын
анык көрсөтө турган убакты чыдамсыздык менен
күтүп жатат. 20 –21 Себеби жаратылыш өз
максатына өзү эле жетпей калган эмес. Кудайдын
өкүмүнөн улам ошондой болгон. Кудай болсо муну
жаратылыш бир күнү өткүнчүлүктүн кулчулугунан
бошотулуп, Өзүнүн балдары менен кошо даңктуу
эркиндикке жетишет деген үмүт менен жасаган.
22 Себеби, биз билгендей, бүтүндөй жаратылыш
азыркыга дейре толготуп жаткансып, кыйналып
онтоп жатат. 23 Жаратылыш гана эмес, Кудайдын
алгачкы тартуусу катары Ыйык Рухту алган биз да
Ал бизди Өз балдары катары кабыл алып,
денебизди куткарып аларын самап, ичибизден
онтоп жатабыз. 24 Анткени азыркы
куткарылганыбыз – үмүт аркылуу гана. Эгерде
үмүтүбүз эбак эле орундалган болсо, анда
үмүттөнүүнүн кажети жок болмок. Өз көзү менен
көрүп турган нерсеге үмүттөнмөк беле? 25 Бирок
көрбөгөн нерсеге үмүттөнүп жатсак, анда
чыдамдуулук менен күтүшүбүз керек.
26 Ошону менен бирге алсыраган бизди Рух да
бекемдейт. Эмне жөнүндө сыйынарыбызды
билбей, онтоп жатканыбызда, бул аркылуу Ал Өзү
сөз менен айтуу мүмкүн болбогон эңсөөлөрүбүздү
Кудайга жеткирип турат. 27 Ал эми ички дүйнөбүздү
көрүп турган Кудай Рухтун жеткирип жаткан ой-
санаасын анык билет, себеби Рухтун ыйыктар үчүн
өтүнгөнү Анын эркине дал келет.

†

28 Биз болсо ким Кудайды сүйүп, Анын максатына
ылайык чакырылган болсо, Кудай ал үчүн
бардыгын жакшылыкка айландыраарын билебиз.
29 Кудай кимди эбак эле Өзүнө тандап алган болсо,
Кудай Уулу көптөгөн бир туугандарынын арасында
тунгуч болсун үчүн, ал адамдын Өз Уулуна окшош
болуусун да алдын ала белгилеп койгон. 30 Кудай Өз
балдары болууга белгилеп койгондорду чакырып
алды, чакырып алгандарын актап алды, актап
алгандарын атак-даңкка бөлөдү.

### Кудайдын Машаяк аркылуу төккөн мээрими

31 Мунун баарын көрүп туруп, эмне дейбиз? Кудай
биз тарапта болсо, анда ким бизге каршы чыкмак
эле? 32 Өз жалгыз Уулун аябастан, Аны баарыбыз
үчүн курмандыкка берген Кудай калганын бизге
бекер бербей коёбу?! 33 Кудай тандап алгандарды
ким айыптамак эле? Бизди Кудай Өзү актабадыбы.
34 Бизге жаза өкүмүн ким чыгармак эле? Машаяк
Ыйса биз үчүн өлүп, бул гана эмес – өлгөндөн кайра
тирилип, азыр Кудайдын сыйлуу оң жагында
отуруп, биз үчүн өтүнүп жатпайбы. 35 Андай болсо,
бизди Машаяктын сүйүүсүнөн ким ажырата алмак
эле? Кыйынчылыкпы, азаппы, куугунтукпу,
ачарчылыкпы, жардылыкпы, коркунучпу,
кылычпы? 36 Ыйык Жазууда айтылгандай:
«Касапчынын колуна түшө турган кой делип,
Сен үчүн биз күн сайын тартылабыз өлүмгө». ††
37 Бирок ошого карабастан, бизди сүйгөн
Машаяктын аркасы менен биз мунун баарын
жеңип чыгабыз! 38 Себеби менин ынанганым:
өлүмдүн же өмүрдүн, периштелердин же
жиндердин, бул замандын же келечек замандын,
39 кудурет-күчтөрдүн, жер үстүндөгүлөрдүн же жер
астындагылардын, деги эле жаратылган
нерселердин биринин дагы бизди Кудайдын
Эгебиз Машаяк Ыйса аркылуу төгүлгөн сүйүүсүнөн
ажыратууга кудурети жетпейт.

### Кудай жана Анын эли

9 Машаякка таандык адам катары чындыгын
айтып жатам (сөзүм жалган эмес экендигине
Ыйык Рухка багынган абийирим күбө): 2 зор
кайгыга батып, жаным тынбай сыздап, 3 каныбыз
бир боордошторумдун куткарылышы үчүн өзүм
каргышка калып, Машаяктан айрылышым керек
болсо, ошого да даяр элем. 4 Алар – ысрайылдар,
Кудайдын асырап алган, даңкына бөлөгөн,
келишим түзүп, Тоорат мыйзамын калтырган,
чыныгы ийбадат кылып, Анын убадаларын
энчилеген эли. 5 Алар атактуу ата-бабалардан
тарап, адам кейпин кийип келген Машаяк да ушул
элден чыккан. Ал бардыгынан жогору туруп,
бардыгын бийлеген Кудай. Ага түбөлүк алкыш
болсун! Оомийин.

††

6 Бирок ысрайылдардын көпчүлүгү Машаякты
кабыл албаса да, Кудай аларга берген убадасын
аткарбай койду дегенге болбойт, анткени
ысрайылдык болуп туулгандын баары эле чыныгы
ысрайылдык эмес. 7 Ыбрайымдын урпактары да
толугу менен анын балдары эмес. Кудай ага:
«Ыскактын урпактары гана сенин тукумуң аталат» †
– деген. 8 Башкача айтканда, Ыбрайымдан
тарагандардын баары эле Кудайдын балдары боло
бербейт. Убада боюнча туулгандары гана чыныгы
урпак болуп эсептелет. 9 Кудайдын убадасы болсо
бул: «Эмки жылы, дал ушул убакта Мен кайра келем
да, аялың Саранын уулу болот». ††
10 Бул гана эмес. Бабабыз Ыскактан боюна эгиз уул
бүткөн Рабига да ушундай болгон. 11 –12 Балдары
али туула электе эле, эч жамандык же жакшылык
кыла электе эле, Кудай алардын бирин тандап
алып, Рабигага: «улуусу кичүүсүнө кызмат кылат»,
‡– деген. Ошону менен Ал адамды кылган ишине
жараша эмес, тек гана Өзүнүн максатына ылайык
тандаарын көрсөткөн. 13 Ыйык Жазууда
айтылгандай,

«Жакыпты жакшы көрүп,
Эйсапты жаратпадым». ‡†

14 Буга биз эмне дей алабыз? Кудай адилетсиз деп
айта алабызбы? Албетте, анте албайбыз. 15 Анткени
Мусага Ал мындай деген болчу:

«Кимге ырайым этсем, ошого ырайымдуу болом,
Кимге боорум ачыса, ошону аяйм». ‡‡

16 Ошентип, бардыгы адамдын каалоосунан же
кылган аракетинен эмес, кайрым көрсөтчү
Кудайдын эркинен болот. 17 Ыйык Жазууда
Кудайдын фараонго мындай дегени бар:
«Кудуретимди сен аркылуу көрсөтүп, ысмымды жер
жүзүнө жар салыш үчүн гана Мен сенин зоболоңду
бийик көтөрдүм». ‡‡†18 Демек, кимге кайрымдуу
болорун, кимди катаал кыларын Кудай Өзү билет.

## Кудайдын каары жана кайрымы

19 Бирөөңөр мага айтарсыңар: «Андай болсо, эмне
үчүн Ал бизди айыпка жыгат? Анын эркине каршы
турар бирөө барбы?» 20 Эй, пенде, деги Кудай
менен акыйлашкандай сен ким элең? Жасалган
буюм өзүн жасаганга: «Эмне үчүн сен мени
ушундай кылып койдуң», – демек беле? 21 Бир эле
топурактан кымбат баалуу кумура да, жөнөкөй
идиш да жасаш карапачынын өз эрки эмеспи?
22 Анын сыңарындай, Кудай да адамзатка Өз
каарын көрсөткүсү, Өзүнүн улуу кудуретин
билдиргиси келет. Бирок, ошого карабай, каарына
калып, курут боло тургандарды көпкө чейин
кыйратпай чыдап келди. 23 Минткени Анын
ырайымына татып, даңкына бөлөнүүгө
даярдалгандарга Өзүнүн чексиз улуулугун
көрсөтүш үчүн болсочу? 24 Ал бизди иудейлердин
арасынан гана эмес, башка элдердин ичинен да
чакырып алды. 25 Ошуя китебинде бул тууралуу
Кудай мындай дейт:

«Менин элим болбогон элди алып,
Аларды Мен Өз элим атап коём.
Мурда Өзүм сүйбөгөн элди алып,
Аларды сүйгөн элим атап коём». ‡‡‡
26 «Эми алар: силер Менин элим эмес, –
Деп мурда айткан жердин дал өзүндө
Аталат тирүү Кудай балдары деп». §

27 Ышая да Ысрайыл элине мындай деп жар салат:

«Ысрайылдын уулдары
Көк деңиздин жээгинде
Жаткан сансыз кумга окшоп
Көп болсо да, алардын
Сакталганы аз болот.
28 Анткени жер үстүндө
Өз өкүмүн Эгедер
Чечкиндүү да тезден-тез
Аткарганы калыптыр». §†

29 Ышая алдын ала айткандай:

«Кудуреттүү Кудайым
Тукумунан элимдин
Калтырбаса бир азын,
Кыйрайт элек анда биз
Гомор менен Содомдой». §††

## Ысрайыл жана Жакшы Кабар

30 Эми, эмне дейли? Акталууну издебеген башка
элдер Кудай алдында ак деп табылды. Алардын
акталганы – ишенимден. 31 Тоорат мыйзамы
аркылуу акталууну издеген Ысрайылдын болсо аны
аткарууга кудурети жетпеди. 32 Бул эмне үчүн
ушундай болду? Анткени алар ишенимге эмес,
кылган иштерине таянып алышкан эле. Ошентип,
Ысрайылдын буту кедерги ташка чалынган экен.
33 Ыйык Жазууда айтылгандай,

«Мына эми Сион аттуу шаарыма
Мен таш коём, чалынткыдай көптөрүн,
Дагы көбүн кулаткыдай. Бирок да
Уят болбойт ага ишенген адамдар». §‡

10 Боордоштор, Ысрайыл элинин
куткарылышын ушунчалык эңсеп, бул
жөнүндө Кудайга жалынып сыйынып жатам.
2 Алардын Кудайга жагууга бүт дитин койгондоруна
мен күбөмүн. Бирок буга кантип жетишүүнү алар
билишкен жок. 3 Адамдардын акталышына Кудай
кандай жол сызып койгонун билишпеген алар буга
өз жолу менен жетүүгө далалаттанып, Анын
белгилеген акталуу жол-жобосуна баш ийбей
келүүдө. 4 Өзүнө ишенген ар кимди Кудай алдында
ак кылыш үчүн Машаяк Тоорат мыйзамын аткаруу
талабын жоюп таштады.

## Куткарылуу – баары үчүн

5 Тоорат мыйзамын аткарып акталуу жөнүндө
Муса мындай жазган: «Мыйзамдын жол-жоболорун

† †† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡†

‡‡‡ § §† §†† §‡

аткарган адам алар аркылуу өмүргө ээ болот». [†] 6 Ал
эми ишеним аркылуу акталуу жөнүндө төмөнкүлөр
жазылган: «Өзүңдөн: “Көккө ким чыкмак эле?” [††] –
башкача айтканда, "Машаякты жерге ким алып
келмек эле?" – деп сурабай эле кой. 7 "Жердин
түпкүрүнө ким түшмөк эле?" [‡] – башкача айтканда,
"Машаякты өлгөндөрдөн ким алып келмек эле?" –
деп суроонун да кажети жок». 8 Бул тууралуу Ыйык
Жазууда мындай делген:

«Кудайдын Сөзү жаныңда –
Оозуңда жана дилиңде». [‡†]

Бул сөз – биз жар салып жүргөн ишеним жөнүндөгү
кабар. 9 Башкача айтканда, Ыйсанын Эге экенин
мойнуңа алып, дилиңден Кудай Аны өлгөндөн
тирилткенине ишенсең, куткарыласың. 10 Анткени
дилинен ишенген адам – акталат; оозу менен ачык
айтып моюндаган адам – куткарылат. 11 Ыйык Жазуу
айткандай, «Ага ишенген адам уятка калбайт» [‡‡].
12 Бул иудейлерге да, иудей эместерге да тийиштүү.
Бардыгынын Эгеси бир, Өзүнө кайрылгандардын
баарына Ал ак батасын мол берет. 13 Анткени,
жазылгандай, «Эгебиздин ысмын чакырган ар ким
куткарылат». [‡‡†]

14 Бирок Ага ишенбегендер Анын ысмын кантип
чакырышат? Ал жөнүндө укпагандар Ага кантип
ишенишет? Кабар алып келген бирөө болбосо,
кантип угушат? 15 Жиберген эч ким жок болсо,
кантип кабар жеткиришет? Ыйык Жазууда мындай
деп жазылган:

«Жакшы Кабар таратылып жатканын
Көрүп турсаң, кандай сонун бул өзү!» [‡‡‡]

16 Бирок Жакшы Кабарды баары эле кабыл албады.
Бул тууралуу Ышая пайгамбар:

«Бизден уккан Сөзүңө,
Эгем, кимдер ишенди?» [§]

деген экен. 17 Ошентип, ишеним – кабар угуудан,
кабар угуунун өзү болсо Машаяктын Жакшы
Кабарын жар салуудан келет.

18 Анда мындай собол таштайын: эврейлер, эмне,
кабарды укпай калышты беле? Албетте, угушкан!
Анткени, жазылып тургандай:

«Үндөрү жер жүзүнө жаңырганда,
Сөздөрү жетти дүйнө четтерине». [§†]

19 Дагы да сурайын: эмне айтылганын Ысрайыл
түшүнбөй калды беле? Муса буга биринчи болуп
жооп берген:

«Эл болбогон калк менен
Кызгантамын силерди;
Акылы жок эл менен
Кыжырлантам силерди». [§††]

20 Ышая болсо тайманбай, андан да ачык айтат:

«Мени издеп көрбөгөн
Элдер Мени табышты;
Мени сурап көрбөгөн
Элдерге Мен көрүндүм». [§‡]

21 Ысрайыл тууралуу болсо ал мындай дейт:

«Бир күн кечке күттүм, созуп колумду,
Тилим албай, каршы чыккан элимди». [§‡†]

### Кудайдын Ысрайылга ырайым кылышы

11 Ошентип, мындай собол таштайм: Кудай Өз
элинен баш тарттыбы? Албетте, жок. Анткени
мен да Ыбрайымдын тукумунан, Бенжамин
уруусунан чыккан ысрайылдыкмын. 2 Кудай тээ
башынан эле Өзү тандап алган элинен баш тарткан
жок. Же силер Ыйык Жазууда Илияс пайгамбар
жөнүндө эмне деп айтылганын билген жок
белеңер? Илияс Ысрайыл элине нааразычылык
билдирип, Кудайга мындай деген эле: 3 «Эгем, алар
Сенин пайгамбарларыңды өлтүрүштү, курмандык
жайларыңды талкалашты. Эми жападан жалгыз
калган менин да көзүмдү тазалаганы жатышат».
[§†] 4 Кудай болсо ага кандай жооп кайтарды? «Мен
Өзүмө жалган кудай Баалдын алдында тизе
бүкпөгөн жети миң жанды калтырдым». [§‡] 5 Бул азыр
да ушундай: Кудай ырайым этип тандап алып,
Аныкы бойдон калган бир аз жандар али да бар.
6 Кудай аларды кылган ишине жараша эмес, Өз
ырайымы менен тандап алган; антпесе Анын
ырайымы ырайым болбой калмак. [§§†]

7 Натыйжада эмне болду? Ысрайыл элинин
ичинен Кудай тандап алган бир азы гана
эңсегенине жетип, калгандары болсо андан куру
жалак калышып, катаалданышты. 8 Ыйык Жазууда
айтылгандай,

«Кудай Өзү тоотпос кылып аларды, [§§‡]
Али да, көзү туруп, көрө алышпайт,
Кулагы бар болсо да, уга алышпайт». [§§§]

9 Дөөт да мындай деген экен:

«Өздөрү жайып койгон дасторкону
Өздөрү түшчү тузак, тордой болсун;
Чалынып, сазайларын алсын алар!»
10 «Көздөрү караңгылап, көрбөй калсын;
Түйшүктөн түбөлүккө бүкүрөйсүн». [18]

11 Андай болсо, собол таштайын: бир мүдүрүлүп,
ысрайылдар эми турбас болдубу? Албетте, андай
эмес. Ысрайыл кулаганда, андан кызганыч туудуруу
үчүн Кудай куткарылууну башка элдерге берди.
12 Ысрайылдын кулаганы мүлдө дүйнөгө мынчалык
көп бата алып келсе, алардын жоготконунан улам
башка элдерге ушунча көп бата тийип отурса, анда
Ысрайылдын толугу менен мурдагы калыбына
келиши канчалык көп бата алып келмекчи!

### Башка элдердин куткарылышы

13 Азыркы айтар сөзүм башка элден чыккандарга.
Мен башка элдерге жиберилген элчи болуп, өз
кызматым менен сыймыктанам. 14 Силерге кылган
кызматым кандаштарымдын кызганычын туудуруп,
бул аркылуу алардын кээ бири куткарылып
калгысы бардыр. 15 Анткени алардын четке
кагылышы мүлдө дүйнөнү Кудай менен
жараштырып койсо, алардын кабыл алынышынын

† †† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡ § §† §†† §‡ §‡† §† §‡ §§† §§‡ §§§ 18

натыйжасы кандай болмокчу? Бул өлүк
болгондорго өмүр алып келет!
16 Эгерде биринчи жабылган нан Кудайга
багышталып, адал болсо, анда андан калган камыр
да адал болот. Эгерде дарактын тамыры Кудайга
багышталып, адал болсо, анда анын бутактары да
адал болот.
17 Бакта өскөн зайтун дарагынын кээ бир
бутактары сындырылып, алардын ордуна жапайы
зайтун кыйыштырылды. Бактагы зайтунга
тамырлаш болуп, анын ширеси менен сугарылган
жапайы зайтун – бул силерсиңер. 18 Андай болсо,
жанакы сындырылган бутактарды карап,
мактанбагыла. Ал эми мактанган болсоңор,
эсиңерге келгиле. Бутак болуп турган силер
тамырды көтөрбөйсүңөр, тескерисинче, ал силерди
көтөрүп турат.
19 «Жанакы бутактардын сындырылып калганы
бизди кыйыштыруу үчүн болгон», – дейсиңерби?
20 Ырас, алар ишенбеген үчүн сындырылып
ташталган. Бирок силер да ишенгениңер үчүн эле
кыйыштырылып турасыңар: ушуну билип, бой
көтөргөндөн көрө, сак болгула. 21 Кудай дарактын
өз табигый бутактарын аябаса, кыйыштырылган
силерди аяйт дейсиңерби? 22 Ошентип, Кудайдын
мээримдүү да, катаал да болорун байкагыла. Ал
күнөөгө баткандарга катаалданып, силерге болсо,
эгерде Анын мээримдүү экенине дайыма
ишенсеңер, Өз мээримин төгөт. Антпесе силер да
сындырылып ташталасыңар. 23 Ал эми ысрайылдар
ишенбестигин калтырышса, кайрадан өз ордуна
кыйыштырылат, анткени Кудай аларды кайра
кыйыштырып коюуга кудуреттүү. 24 Эгерде Кудай
силерди жапайы зайтун дарагынан кесип алып,
дегеле мурда болуп көрбөгөндөй кылып, бакта
өскөн зайтун дарагына кыйыштырып койсо, анда
жанакы сындырылган бутактарды өздөрү бир кезде
өскөн даракка кайтаруу Ал үчүн алда канча
оңоюраак.

### Кудайдын ырайымы бардыгына тийиштүү

25 Бой көтөрүп акылдуусунбасыңар үчүн,
боордоштор, мен силердин бир купуя чындыкты
билип алууңарды каалайм: кээ бир ысрайылдар
биротоло эмес, башка элдердин баары Кудайга
келгенге чейин эле тоотпос болуп калган. 26 Ыйык
Жазууда айтылгандай, бүт Ысрайылдын
куткарылып калышы мындай болот:
«Иерусалимден Куткаруучу келет дагы
Кайтарат Ысрайылды терс жолунан». †
27 «Күнөөсүн алып таштап, †† алар менен
Мына ушу келишимди түзөмүн Мен».
28 Силер Жакшы Кабар угуп, куткарылып
калышыңар үчүн ысрайылдар Кудайга душман
болуп калышкан. Бирок ата-бабаларын сүйгөн
Кудай аларды да сүйүп, алар али да Анын
тандалган эли. 29 Анткени Кудай кимге тартуусун

† ††

ыроолоп, кимди тандап алары тууралуу оюн
өзгөртпөйт. 30 Бир кезде Кудайга моюн сунбаган
силер алардын тил албастыгынан улам Кудайдын
кайрымына ээ болуп турасыңар. 31 Анын сыңары,
азыр Кудайга моюн сунбай жатышкан алар да,
силерге окшоп, бир күнү Кудайдын кайрымына ээ
болушат. 32 Себеби бардыгына кайрымдуулугун
көрсөтүш үчүн Кудай бардыгын тил албастыкка
туткундап койгон.

### Кудайды мактоо

33 «Кудайдын байлыктары эбегейсиз!
Акылмандык, билгичтиги не бир чексиз!
Чыгарган бүтүмдөрү аңдап бүткүс!
Кудайдын ойлоруна акыл жеткис!» ‡
34 «Кудайдын акыл-оюн барбы билген?
Кимиси Эгебизге кеңеш берген?» ‡†
35 «Бирөөңөр карыз берип Кудайына,
Эгебиз бересеси барбы кимге?» ‡‡
36 Анткени бүт бардыгы бир Кудайдан,
Ал аркылуу, Ал үчүн жаратылган!
Даңкталсын түбөлүккө Кудайыбыз!
Оомийин.

### Кудайга кызмат кылып жашоо

12 Боордоштор, Кудай силерге не деген
кайрымдуулугун көрсөттү. Андыктан
силерден суранам: жан-тениңерди Кудайга
багыштап, Ага жагымдуу, ыйык, тирүү курмандык
катары бергиле. Ага чыныгы кызмат кылганыңар
мына ушу. 2 Бул дүйнөнү туурап жашабагыла.
Андан көрө акыл-оюңарды жаңыртып өзгөргүлө.
Ошондо Кудайдын силерге болгон эркин: эмнелер
жакшы, жагымдуу жана жеткилең экендигин
түшүнүп билүүгө жөндөмдүү болосуңар.
3 Кудай ырайым этип дайындаган адам катары
силерге айтам: өзүңөр жөнүңдө тийиштүүдөн
артык ойлобогула. Анын ордуна, акыл-эстүү болуп,
өзүңөрдү Кудай ар бириңерге берген ишенимге
жараша баамдагыла. 4 Бир дене көп мүчөдөн туруп,
бардык мүчөлөрдүн аткарган милдети бирдей
болбойт. 5 Ошол сыяктуу, биз да көп болуп туруп,
Машаяктын денесин түзөбүз да бири-бирибизге
карата өз ара байланышкан мүчөлөрбүз. 6 Кудай
ырайым менен ыроологон касиеттерибиз ар
кандай болуп, ар кандай милдет аткарабыз.
Кимибизге пайгамбарчылык айтуу касиети
берилсе, аны өз ишенимибизге жараша колдонолу.
7 Кызматчылык касиети барыбыз, кызмат кылалы,
окута турганыбыз, окуталы. 8 Башкаларга кайрат
бере алганыбыз, кайрат берели. Колунда барын
бөлүшкөнүбүз, жоомарт бололу. Жетекчилик
кылганыбыз, талыкпай иштейли. Кайрымдуулук
кылганыбыз, аныбызды кубаныч менен аткаралы.

‡ ‡† ‡‡

### Сүйүү

[9] Сүйсөк, чын дилибизден сүйөлү. Жамандыктан
четтеп, жакшылыктан калбагыла. [10] Бири-
бириңерге бир тууганча мээримдүү болуп, бири-
бириңерден аша сый көрсөткүлө. [11] Эринчээк
болбогула. Рухуңар менен жалындап, Эгебизге
талыкпай кызмат кылгыла. [12] Үмүттөн кол үзбөй, ар
дайым кубанычта болгула. Кыйынчылыктарда
чыдамдуу, сыйынууда туруктуу болгула.
[13] Муктаждыгы бар ыйыктарга жардам көрсөтүп,
чоочун бирөө келсе, меймандостук менен тосуп
жүргүлө.
[14] Өзүңөрдү куугунтуктап жаткандарга бата тилеп,
каргабай, кайра алкап тургула. [15] Кубангандар
менен чогуу кубанып, ыйлагандардын кайгысын
бөлүшкүлө. [16] Өз ара ынтымактуу болгула.
Көөдөнүңөрдү көтөрбөй, андан көрө токтоо
кишилер менен катташып тургула. Өзүңөрдү
акылдуу санабагыла.
[17] Жамандыкка жамандык менен жооп
кайтарбагыла да урмат-сыйга татырлык иштерди
кылууну ойлогула. [18] Бардыгы менен тынччылыкта
жашаш үчүн колуңардан келишинче аракет
кылгыла. [19] Сүйүктүүлөрүм, эч кимден өч албагыла,
ар кимдин жазасын Кудай Өзү берсин. Анткени
Ыйык Жазууда Эгебиз мындай дейт:
«Ар кимден Өзүм өч алам,
Ар кимди Өзүм жазалайм». †
[20] Тескерисинче,
«Касташканың ач болсо, азык бергин,
Касташканың чаңкаса, суусун бергин,
Таш урганга кимде-ким ашын сунса,
Жакшылыгы душманын уяткарат». ††
[21] Бирөөнүн жамандыгына алдырбай, андан көрө
жамандыкты жакшылык менен жеңип чыккыла.

### Бийликтегилерге баш ийүү

13 Ар бир адам колунда бийлиги барларга баш
ийүүгө тийиш, себеби бардык бийлик
Кудайдан келип, бар болгон бийликтерди Ал
орноткон. [2] Адамдын бийликке каршылык
көрсөткөнү – Кудай орноткон тартипке каршы
чыкканы. Каршы чыккандын баары өздөрү
жазаланышат. [3] Бийлиги барлар жакшы иш
кылгандарга эмес, жаман иш кылгандарга
коркунуч туудурушат. Бийликтен коркпоону
каалайсыңбы? Анда жакшылык кыл. Ошондо
бийлик ээсинин мактоосуна татыйсың. [4] Анткени ал
сага пайда келтириш үчүн Кудайдын кызматын
кылат. Жамандык кылсаң, анда бийлиги бар
адамдан корк, себеби анын сени жазалагыдай
кудурети бар. Кудайдын кызматчысы катары ал
Кудайдын жамандык жасагандарга карата
чыгарган өкүмүн иш жүзүнө ашырат. [5] Мына ошон
үчүн сен да жазадан корккону үчүн эмес, абийириң
бар болгонунан бийликтегилерге баш ийишиң
керек.
[6] Салык төлөгөнүңдүн себеби да ушул: өз
милдетин аткарып, бийликтеги адамдар ошону
менен дайыма Кудайга кызмат кылышат.
[7] Ошентип, аларга эмнени берүүгө тийиштүү
болсоң, ошону берип жүр: бирине – салык,
башкасына – төлөм, бирине – урмат, башкасына –
сый.

### Бири бириңерге мээримдүү болгула

[8] Эч кимге бересеңер болбой, өз ара сүйүүнү өмүр
бою төлөп өтөр карызыңар катары туткула. Бири-
бирин сүйгөндөр мыйзам талаптарын аткарган
болушат. [9] Анткени «ойноштук кылба», «киши
өлтүрбө», «уурдаба», «башканын мүлкүнө көз
артпа» ‡ жана ушул сыяктуу башка парыздардын
баары мындай сөздө камтылган: «башкаларды
өзүңдү сүйгөндөй сүй». ‡† [10] Сүйгөн адам башкаларга
жамандык кылбайт. Андай болсо, сүйүү –
мыйзамдын бардык жол-жоболорун аткарууга тете.
[11] Азыр кандай мезгил экенин, уйкубуздан
ойгонор убакыт-саат келип калганын билип,
ушундай кылгыла, себеби куткарылар күнүбүз
жаңы ишенген убагыбызга караганда бизге азыр
жакындап келди. [12] Түн бүтөйүн деп, таң атарга аз
калды. Караңгынын иштерин таштап, жарыктын
курал-жарагын алалы. [13] Той-тамаша менен
масчылыкка, бузуктук менен адепсиздикке,
чатакташуу менен көр албастыкка берилбей,
күндүзгү жарыкта кандай жашаш керек болсо,
ошондой жашайлы. [14] Эгебиз Ыйса Машаяктын
жетегинде болгула да, күнөөкөр табиятыңардын
камын көрүп, ышкыларын кандырууну токтоткула.

### Боордошторуңарды айыптабагыла

14 Ишенимде алсыз болгондорду кабыл алгыла
да, алар менен талашпагыла. [2] Кээ бир
адамдардын ишеними аларга бардыгын жегенге
жол берет, бирок ишеними алсыз адам жашылча
менен гана азыктанат. [3] Кимиңер бардыгын жей
алсаңар, тамакты ылгап жегендерди
кемсинтпегиле. Ошондой эле кимиңер тамакты
ылгап жесеңер, бардыгын жегендерди
айыптабагыла. Анткени баарыңарды Кудай Өзү
кабыл алган. [4] Бирөөнүн кызматчыларын
айыптагандай сен ким элең? Алардын айыпталар-
айыпталбасын өз ээси билет. Аларды колдоп,
айыпталбагандай кылууга Эгебиздин кудурети
жетет.
[5] Кээ бирөөлөр үчүн кайсыдыр бир күн
калгандарынан артык, башкалары үчүн болсо
күндөрдүн баары бирдей болот. Ар ким
кайсынысын туура деп ойлосо, ошого жараша иш
кылсын. [6] Ким белгилүү бир күндү артыкча көрсө,
ал муну Эгебиздин урматына кылат. Тамактын

† ††

‡ ‡†

баарын жей берген адам да муну, Кудайга
шүкүрчүлүк келтирип, Эгебиздин урматына кылат.
Ошондой эле тамакты ылгап жеген адам да муну
Эгебиздин урматына кылып, Кудайга шүкүрчүлүк
келтирет. 7 Жашаганыбыз да, өлгөнүбүз да өзүбүз
үчүн гана эмес. 8 Жашасак да, Эгебиз үчүн
жашайбыз, жаныбызды берсек да, Эгебиз үчүн
беребиз. Ошентип, жашасак да, өлсөк да, Эгебиз
менен болобуз. 9 Анткени Машаяк тирүүлөрдүн да,
өлгөндөрдүн да Эгеси болуш үчүн өлүп кайра
тирилген. 10 Андай болсо, өз боордошуңду
айыптаганың кандай? Же аны эмне үчүн
кемсинтесиң? Баарыбыз тең Соттоочу Кудайдын
алдына барат эмеспизби? 11 Анткени Ыйык Жазууда
айтылгандай,

«Жараткан Эге айтат: ант беремин
Өзүмдүн атым менен, бардык элдер
Алдымда тизе бүгөт, ар бир пенде
Оозу менен Кудайым деп таанийт Мени». †

12 Ошентип, ар бирибиз кылган ишибиз үчүн Кудай
алдында жооп беребиз.

### Башкалардын кулап калышына себепкер болбо

13 Демек, бири бирибизди айыптаганыбызды
токтотпосок болбойт. Андан көрө,
боордошторубузга кедерги болгон же азгырган
иштерди жасабайлы деген чечимге келели.
14 Эгебиз Ыйса менен тыгыз байланышта болуп,
мен эч бир тамак өзүнөн өзү арам болбосун жана
аны арам эсептегендер үчүн гана арам болорун
билем. 15 Эгерде жеген тамагың боордошуңду
иренжитсе, анда мындай кылганың сүйүүгө
жатпайт. Машаяктын курмандыгы менен
куткарылган адам сенин кандай тамак жегениңди
көрүп, ошонун айынан кыйрап калбасын! 16 Жакшы
деп жүргөн нерсеңдин жаман делишине жол
бербе. 17 Анткени Кудайдын Падышачылыгы эмне
жеп, эмне ичкенибизде эмес. Ал – Ыйык Рух
ыроологон адилдик, бейпилдик жана кубаныч
менен жашаганыбызда. 18 Машаякка мына
ушинтип кызмат кылганыңар Кудайдын көңүлүнө
да толот, башкалардын колдоосуна да татыйт.
19 Ошентип, арабызга тынччылык алып келип,
бири-бирибизди бекемдеп турган нерселерди
жасоону көздөйлү. 20 Тамак үчүн Кудайдын кылган
ишине доо кетирбе. Арийне, бардык тамак адал.
Бирок жеген тамагыңдын кимдир бирөөгө кедерги
болгону жакшылыкка жатпайт. 21 Андан көрө эт
жебей, шарап ичпей же боордошуңа кедерги
болгон башка нерселерди кылбай койгонуң оң.
22 Кайсынысын туура деп ишенсең, бул Кудай
экөөңөрдүн ортоңордо болсун. Эмнени тандаганы
үчүн өзүн айыптабаган адам ырыстуу. 23 Бирок шек
санап жегендериң үчүн айыпталасың, себеби муну
ишеним менен кылган жоксуң. Ал эми туура деп
ишенбей туруп кылынган ар бир иш күнөө болуп
эсептелет. ††

† ††

### Өзүңдүн эмес, өзгөлөрдүн камын ойло

15 Биз, бек ишенимде болгондор, ишеними
аздардын алсыздыгын көтөрө билүүгө
тийишпиз. Өзүбүздү гана ойлоп иш кылбайлы.
2 Башкалардын пайдасы үчүн, алардын ишенимин
бекемдегидей, ар бирибиз алар үчүн кам
көрүшүбүз керек. 3 Анткени Машаяк да Өзүнүкүн
көздөгөн жок. Ыйык Жазууда жазылгандай,

«Сага тилин тийгизген
Адамдардын кордугу
Түштү менин башыма». ‡

4 Мурда жазылгандардын бардыгы болсо, бекемдик
аркылуу жана Ыйык Жазуунун кайрат берүүчү
сөздөрү аркылуу үмүтүбүздөн кол үзбөшүбүз үчүн,
бизге сабак катары берилген болчу. 5 Бекемдик
менен кайраттуулуктун булагы болгон Кудай
Машаяк Ыйсанын эркине ылайык силерге өз ара
ынтымак берсин. 6 Ошондо силер бир ниет менен,
бир ооздон Кудайыбызды – Эгебиз Ыйса
Машаяктын Атасын даңазалап тура аласыңар.

### Башка элдерге жар салынган Жакшы Кабар

7 Кудайдын атагын чыгарыш үчүн, Машаяк
өзүңөрдү кандай кабыл алса, силер да бири
бириңерди ошондой кабыл алгыла. 8 Анткени,
силерге айтам, ата-бабаларына берилген убаданы
орундатып, ысрайылдарга Кудайдын ишенимдүү
экенин көрсөтүү үчүн Машаяк аларга кызматчы
болуп берди. 9 Анын кылганы аркылуу эми башка
элдер да Кудайдын ырайымын көрүп, Аны
даңазалай алышат. Ыйык Жазууда жазылгандай,

«Башка элдердин арасында Сени даңктайм,
Ысмыңды даңазалап, Сага ырдайм». ‡†

10 Дагы мындай деп айтылган:

«Кудайымдын тандалган эли менен
Кубангыла кошулуп башка элдер!» ‡‡

11 Жана дагы:

«Башка элдер, баарыңар, мактагыла Эгемди!
Бүт дүнүйө калктары, даңктагыла Эгемди!» ‡‡†

12 Ышаа да мындай дейт:

«Жесей баба Урпагы келип калат,
Башка элдердин үстүнөн бийлик кылат.
Алар болсо үмүтүн Ага артат». ‡‡‡

13 Үмүт берчү Кудайыбыз Өзүнө арткан
ишенимиңер аркылуу силерди кубаныч менен
бейпилдикке бөлөсүн. Ошондо Ыйык Рух Өз
кудурети менен үмүтүңөрдү көбөйткөндөн
көбөйтөт.

### Пабыл ачык кат жазганынын себебин түшүндүрөт

14 Боордошторум, мен өзүм силердин бардык
жакшылык менен керектүү билимге ээ болуп, бири-
бириңерге акыл-насаат айтып тура аларыңарга
ынандым. 15 Бирок, ошентсе да, айрым нерселерди
эсиңерге салайын деп, бул катымда баарын ачык

‡ ‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡

жаздым. Минткен себебим, Кудай мага ырайым
этип, 16 башка элдерге Машаяктын кызматчысы
кылып жиберген. Ошондогу милдетим – аларга
Жакшы Кабарды жар салганым аркылуу
динкызматчылык парзымды аткарып, Ыйык Рух
ыйыктаган аларды Кудайга жагымдуу «курмандык»
катары тартуу кылууда болчу. 17 Мына эми Машаяк
Ыйса менен бирге Кудайга кылган кызматым
менен сыймыктансам да болгудай, 18 себеби
Машаяктын мен аркылуу, айткан сөзүм менен
кылган ишим аркылуу башка улуттагыларды
кантип Кудайга баш ийдиргенинен башка
нерселерди айтууга батынгыдай эмесмин. 19 Ал
болсо муну Өзү көрсөткөн кереметтүү жышаандар,
Ыйык Рухтун кудурети менен кылды. Ошондон
улам гана мен Машаяк тууралуу Жакшы Кабарды
Иерусалимден баштап, Илирикке чейин жайылта
алдым. 20 Башка бирөө салган негиздин үстүнө
курбаш үчүн, мен дайыма Машаяк жөнүндө эч
кабарсыз болгондорго барып Жакшы Кабар
таратууну артык көргөм. 21 Ыйык Жазууда
жазылгандай,
«Ал жөнүндө эч кабар албагандар көрүшөт,
Ал жөнүндө эч качан укпагандар билишет». †

### Пабыл Римге барууну пландаштырат

22 Мына ошон үчүн канча жолу силерге барайын
дегенимде, жолум бөгөлүп калчу. 23 Бирок эми,
ошол аймактарда кызмат кылгыдай жерим
калбаган соң, көп жылдан бери эңсегенимдей,
силерге келип кетейин дейм. 24 Муну мен
Испанияга баратканымда жолдон кылармын.
Ошондо силер менен көрүшүп-баарлашып, бир аз
болсо да, араңарда жүрүп кеткенден кийин мени
узатып коёсуңар деген үмүттөмүн. 25 Бирок азыр
Иерусалимге барып, ал жактагы ыйыктарга кызмат
кылмакчымын, 26 анткени Македония менен Ахая
аймактарындагылар өз ыктыяры менен
Иерусалимдеги муктаж болгон ыйыктарга акчалай
жардам берүүнү чечишти. 27 Бул алардын өз
чечими болду. Бирок, чынында, мындай жардам
берүү алар үчүн парыз дагы, себеби ысрайылдар
башка элдер менен өз рухий казынасынан бөлүшүп
жатса, башка элдер да алар менен өз дүйнөлүк
казынасынан беришүүгө тийиш.
28 Иерусалимдегилерге алар үчүн чогултулган
акчаны жеткирип, бул ишимди бүткөргөндө,
Испанияга сапар тартып, жолдон силерге кире
кетем. 29 Мен силерге келгенимде, Машаяктын мол
батасы менен келеримди билем.
30 Боордоштор, баарыбыз тең Эгебиз Ыйса
Машаякка ишенип, Ыйык Рух бизге өз ара сүйүү
бергенин эске алып, силерден өтүнөм: мага
кошулуп, мен үчүн Кудайга аябай сыйынып
тургула. 31 Иудеяга барганымда, Кудайыбыз мени
Машаякка ишенбегендерден сактап,
Иерусалимдегилерге көрсөткөн кызматым ал
жактагы ыйыктар тарабынан кабыл алынсын деп
сыйынып тургула. 32 Ошондо, Кудай кааласа,
силерге кубаныч менен келем да, араңарда
болгонум мага дагы кубат берер. 33 Бейпилдик
берүүчү Кудай баарыңарга жар болсун. Оомийин.

### Жеке саламдар

16 Силерге Кенхрея жыйынында кызмат өтөгөн
карындашыбыз Фойбаны тааныштырып, ал
тууралуу жылуу сөз айтып кетким келет.
2 Эгебиздин урматына аны ыйыктар бири бирин
кандай кабыл алууга тийиш болсо, ошондой тосуп
алгыла да, ага бардык керектүү жардамыңарды
берип койгула, анткени ал өзү канчаларыбызга,
алардын ичинде мага да, көп жардам берди.
3 Машаяк Ыйсага мени менен бирге кызмат
кылган Приска менен Акилага салам жолдойм.
4 Алар мен үчүн канча ирет өз жандарын тобокелге
салышкан. Аларга мен гана эмес, башка элдердеги
жыйындардын баары ыраазы. 5 Экөөнүн үйүндө
чогулган жыйынга да саламымды айтып койгула.
Асия аймагынан биринчи болуп Машаякка
ишенген сүйүктүү боордошум Эпейнетке да менден
дубай салам. 6 Силер үчүн көп мээнеттенген
Мариямга да саламымды айткыла. 7 Ошондой эле
мени менен бирге туткунда болгон, элчилердин
арасында атагы чыгып, Машаякка менден мурда
ишенишкен мекендештерим Андроник менен
Жунияга да салам айткыла.
8 Эгебизге ишенген сүйүктүү боордошум
Ампилийге, 9 ошондой эле Машаякка биз менен
бирге кызмат кылган Урбанга жана сүйүктүү досум
Стахка, 10 Машаякка берилгендигин иш жүзүндө
көрсөткөн Апелге жана Аристабылдын
үйүндөгүлөргө саламымды жолдойм.
11 Мекендешим Иродионго, Наркистин үй-
бүлөсүндөгү ишенгендерге, 12 Эгебизге кызмат
кылып жүргөн Трифайна менен Трипозага,
Эгебизге көп эмгегин жумшаган сүйүктүү
боордошум Персиске менден салам айтып койгула.
13 Эгебиздин тандамал кызматчысы Рупка жана
анын мени да өз баласындай көргөн энесине,
14 Асинкиритке, Филегонго, Эрмеске, Патропко,
Эрмаска жана алар менен болгон башка
боордошторго салам айтам. 15 Филолог менен
Жулияга, Нерей менен анын карындашына,
Олимпге жана анын жанындагы Кудай адамдарына
менден салам айткыла. 16 Бири-бириңер менен
боордошчо беттен сүйүп учурашып жүргүлө.
Силерге Машаяктын мындагы бардык жыйындары
салам жолдошот.

### Акыркы көрсөтмөлөр

17 Боордошторум, көптөн көп өтүнөрүм: араңарды
бөлүп, элдин ишенимине доо кетирип, өзүңөр
кабыл алган таалимге каршы чыккандарды байкап,
алардан оолак болгула. 18 Анткени мындайлар

†

Эгебиз Машаякка эмес, өз кулкунуна кызмат
кылып, жылуу-жумшак сөздөрү жана чечендиги
менен түркөйлөрдү алдашат. [19] Эгебизге канчалык
баш ийип жүргөнүңөр баарына белгилүү болду.
Эми силерди ойлоп кубанып жатам. Бирок мен
эмне жакшы экенин баамдаганыңарда акыл
токтотуп, жамандыктан алыс болууңарды каалайм.
[20] Тынчтыктын булагы болгон Кудайыбыз жакын
арада шайтанды бут алдыңарга жыгып берет.
Эгебиз Ыйса силерге ырайымдуу болсун.
[21] Кызматташым Тиметей, ошондой эле кандаш
бир туугандарым Лукий, Жасон жана Сосипатр
силерге өз саламдарын жолдошту.
[22] Мен да, Пабылдын сөздөрүн кагаз бетине
түшүргөн Тертий, ишенимдеш катары силерге
боордоштук саламымды айтам.
[23] Өзүм андан конуш таап, жыйын да үйүндө
чогулган Гай силерге салам айтып жатат. Шаар
казынасын сактаган Эраст жана боордошубуз
Кварт силерге салам айттырышты. †

### Алкыш айтуу жана соңку сөз

[25] –26 Кудайды даңктайлы! Ыйса Машаяк
жөнүндөгү Жакшы Кабарды жарыялаганым жана
Ал Өзү мурда, кылымдар бою адамдардан
жашырын сактап, эми ачып берген чындыгын жар
салганым аркылуу силердин ишенимиңерди
бекемдөөгө Анын кудурети жетет. Түбөлүктүү
Кудайдын буйругу менен пайгамбарлар жазып
кеткен бул чындыкты жар салганыбыздын максаты
– башка элдердин бардыгын ишенимге
багындыруу болчу.
[27] Бирден бир акылман Кудайыбызга Ыйса
Машаяк аркылуу кылымдардан кылымдарга даңк
болсун! Оомийин. ††

---

† ††

# 1-Коринттуктар

### Саламдашуу

1 Кудайдын амири менен Машаяк Ыйсанын
элчиси болууга дайындалган Пабылдан жана
боордошубуз Состенден 2 Кудайдын Корунт
шаарындагы жыйынына, Ал ыйык эли болууга
чакырып, Машаяк Ыйса менен тыгыз байланышы
аркылуу Өзүнө тандап алган коринттуктарга,
ошондой эле кайда болбосун биздин да, алардын
да Эгебиз болгон Ыйса Машаяктын атын оозанып
табынгандардын баарына дубай салам.
3 Ылайым Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса
Машаяк баарыңарга ырайым кылып,
тынччылыгын берсин.

### Ыраазычылык келтирүү

4 Силер үчүн жана Машаяк Ыйса аркылуу силерге
көрсөткөн ырайымы үчүн мен Кудайыма дайыма
ырахматымды айтып турам. 5 Анткени Ал Машаяк
менен тыгыз алакада болгон силерди ар тараптан:
бардык сөзүңөр менен билимиңерде байытып
отурат. 6 Машаяк тууралуу кабардын чындык
экенин жашооңор ырастап, 7 Эгебиз Ыйсанын
кайтып келишин чыдамсыздык менен күтүп жаткан
силерге Кудай канча деген рухий касиеттерди
ыроолоду. 8 Эми Эгебиз Ыйса Машаяк Өзү кайткан
күнү силердин кынтыксыз болууңар үчүн
ишенимиңерди аягына чейин бек сактоого кубат
берет. 9 Силерди Өз Уулу, Эгебиз Ыйса Машаяк
менен мамилелеш болууга чакырган Кудай
ишенимдүү.

### Жыйындагы ич ара бөлүнүүлөр

10 Бир боорлорум, Эгебиз Ыйса Машаяк берген
бийлик менен силерди өз ара ынтымакка чакырам!
Ич ара бөлүнүп-жарылбай, андан көрө, бир ойго,
бир пикирге келип, биримдикте болгула. 11 Себеби,
боордошторум, Кылайдын үй-бүлөсүнөн мен
араңардагы жаңжалдар тууралуу угуп калдым.
12 Айтайын дегеним, бириңер «Пабылдыкымын»
десеңер, башкаңар «мен Аполдукумун» дейт
экенсиңер, дагы бириңер «Мен Петирдикимин»
десеңер, башкаңар «мен болсо Машаяктыкымын»
деп жүрүпсүңөр. 13 Андай болсо, эмне, Машаяк
бөлүнүп кеткенби? Же силер үчүн айкаш жыгачка
керилген Пабыл беле? Же сууга силер Пабылдын
үмөтү болдук деп чөмүлгөнсүңөрбү?
14 Крисп менен Гайдан башка эч кимиңерди
чөмүлдүрбөй калганым үчүн Кудайга тобо. 15 Эми
силерди менин урматыма чөмүлүштү деп эч ким
айта албайт. 16 (Ырас, Степан менен анын үй-
бүлөсүн да чөмүлдүрүүдөн өткөргөнүм бар. Андан
башка дагы кимдир бирөөнү чөмүлдүргөнүм
эсимде жок.) 17 Машаяк мени чөмүлдүрүүгө эмес,
Жакшы Кабар таратууга, болгондо да адамдык
акылмандыктан чыккан сөздөр менен эмес,
Машаяктын айкаш жыгачтагы өлүмүнүн кудурети
менен таратууга жиберген.

### Машаяк – Кудайдын кудурети менен акылмандыгынын өзү

18 Машаяктын айкаш жыгачка кадалып өлгөнү
жөнүндөгү кабарды апат болуп бараткандар
акылсыздык деп эсептешсе, куткарылып жаткан
биз үчүн бул кабарда Кудайдын кудурети катылган.
19 Ыйык Жазууда мындай деп айтылган:
«Мен даанышмандардын даанышмандыгын,
Акылдуулардын акылдуулугун жокко чыгарам». †
20 Андай болсо, жанакы даанышмандар менен
дин устаттары, ушул замандын айтышка чыгар
чечендери кайда калды? Кудай бул дүйнөнүн
акылмандыгы чындыгында жеткен акылсыздык
экенин ачыктан ачык көрсөттү.
21 Өз даанышмандыгы менен Кудай бул дүйнөнүн
эң бир жеткен акылмандары да Аны өз акылы
менен тааный албасын билген. Андыктан Ал Өзүнө
ишенгендерди биз таратып жүргөн жана башкалар
тарабынан «акылсыз» делинген Жакшы Кабары
аркылуу куткарууну туура тапты. 22 Себеби
иудейлерди керемет-жышаандар, башка
улуттагыларды акылмандуулук гана чындыкка
ынандыра алат. 23 Биз болсо Машаяктын айкаш
жыгачка керилип өлгөнүн жар салып жатабыз. Бир
жагынан, иудейлер буга ишене алышпаса, экинчи
жагынан, башка улуттагыларга бул келесоолуктай
көрүнөт. 24 Бирок Кудай Өзүнө чакырып алган
иудейлер үчүн да, башка улуттагылар үчүн да
Машаяк – Кудайдын бизге көрсөткөн кудурети
менен акылмандыгы. 25 Анткени Кудай акылсыз
көрүнгөн күндө да адамдардан акылдуу, алсыз
көрүнгөн күндө да адамдардан кудуреттүү.
26 Боордошторум, эстесеңер, Кудай чакырып
алганга чейин силер ким элеңер? Араңарда
адамдык көз караш менен алганда, акылдуу же

†

кудуреттүү же кадыр-барктуу болгондор көп беле?
[27] Бирок Кудай адамдар акылсыз дегендерди
тандап алып, акылмандарды уятка калтырды,
алсыз делингендерди тандап алып, беделдүүлөрдү
уятка калтырды. [28] Кудай бул дүйнөдөгүлөр
барктагандарды жокко чыгаруу үчүн алар теңине
албай, кордоп, түккө турбайт деп эсептегендерди
тандап алды. [29] Ошондуктан эч кимдин Кудай
алдында мактангыдай жөнү жок. [30] Ал эми бизди
Кудай Машаяк Ыйса менен биримдикке алып
келип, Ал биз үчүн Кудай акылмандыгынын
башаты болуп калды. Бизди Кудай алдында актап,
Анын ыйык эли кылып, күнөөдөн куткарган –
Машаяк. [31] Ошентип, Ыйык Жазууда айтылгандай,
«мактангысы келген адам Эгебиздин иштери
менен мактансын». †

### Айкаш жыгачка керилген Машаяк жөнүндөгү кабар

2 Боордоштор, силерге келгенимде, Кудайдын
акыйкаттыгы тууралуу купуя кабарды
чечендикке же акылмандуулукка салып жар салууга
далалаттанганым жок. [2] Анткени араңарда
жүргөнүмдө, Ыйса Машаяктан, өзгөчө Анын айкаш
жыгачка керилип өлгөнүнөн башка эч нерсени
билбегендей болууну чечкем. [3] Ошентип, силерге
келгенимде, алдыңарда эч дарманым жок,
коркконуман калтырап-титиреп турган элем.
[4] Сүйлөгөн сөзүм менен айткан насаатымда адам
акылмандыгынан келип чыккан сөздөрдү
колдонгонум жок. Силерди ынандырган менин
кебим эмес, Кудайдын кудуреттүү Руху. [5] Демек,
ишенимиңер адам акылына эмес, Кудайдын
кудуретине негизделген.

### Кудайдын акылмандыгы

[6] Албетте, рухий жетилгендерге сөз айтканда, биз
деле акылмандыкка таянып сүйлөйбүз. Бирок ал –
бул дүйнөнүн же болбосо бул дүйнөнү башкарып
турган өкүмдарлардын акылмандыгы эмес:
алардын заманы өтүүдө. [7] Жар салганыбыз –
Кудайдын жашырын, адам көзүнө көрүнбөгөн
акылмандыгы. Бизди Өз улуулугуна бөлөш үчүн
Кудай аны тээ алмустактан мурда эле дайындап
койгон. [8] Бул акылмандыкты дүйнөнүн
өкүмдарлары түшүнө алышпайт. Түшүнүшсө,
Улуулуктун Эгесин айкаш жыгачка кадашмак эмес.
[9] Кантсе да, Ыйык Жазуунун мындай деп айтылган
жери бар:
«Кудайды жан-дилинен сүйгөндөргө
Ал Өзү даярдаган укмуштарды
Адамдар көргөн да эмес, уккан да эмес,
Эч кимдин оюна да келген эмес». ††
[10] Бирок Кудай бизге Өз акылмандыгын Ыйык Рух
аркылуу ачык-айкын билдирди. Рухка бардыгы, ал
тургай Кудайдын жашыруун ой-максаттары да
маалым. [11] Адамдын ой-санааларын ичиндеги руху
гана билген өңдүү, Кудай тууралуу бардыгын Анын
Руху гана биле алат. [12] Биз кабыл алган рух ушул
дүйнөнүн руху эмес. Кудайдын бизге эмнелерди
ыроологонун түшүнүп-билиш үчүн бизге Кудай
Өзүнүн Ыйык Рухун жиберди.
[13] Кудайдын Рухуна ээ болгондорго рухий
чындыктарды чечмелегенибизде, биз адамдык
акылмандыктан эмес, Рухтан үйрөнгөн сөздөрдү
колдонобуз. [14] Кимде Кудайдын Руху жок болсо, ал
Рух ыроологон касиеттерге да ээ боло албайт. Алар
анын түшүнүгүнөн сырткары туруп, ага эч маңызы
жоктой көрүнөт, себеби рухий нерселерди
баамдаш үчүн адам Рухка ээ болууга тийиш.
[15] Ыйык Рухка ээ болгондор болсо бардыгын
баамдай алышат, бирок алардын өздөрүн
баамдоого эч кимдин кудурети жетпейт.
[16] «Кудайдын акыл-оюн ким биле алат?
Кудайга кеңеш-сунуш ким бере алат?» ‡
Биз болсо Машаяктын акыл-оюн түшүнө алабыз.

### Кудайдын кызматчылары

3 Чынын айтканда, боордошторум, мен силерге
Кудайдын Рухуна ээ болгондорго сүйлөгөндөй
сүйлөй албадым. Анын ордуна, Машаякка арткан
ишенимиңер али жетиле элек экенин билип, бул
дүйнөгө таандык болгондорго сүйлөгөндөй
сүйлөдүм. [2] «Кою тамак» жей албасыңарды көрүп,
сүт менен азыктанттым. Силер алигиче да «кою
тамак» жешке даяр эмессиңер, [3] себеби жашооңор
али да бул дүйнөдөгү адамдардыкынан эч
айырмасы жок. Мындай дегенимдин себеби: бири
бириңерди көрө албай, бири бириңер менен
урушуп-талашып жатсаңар, анда силер бул дүйнөгө
таандык болуп, бул дүйнөнү туурап жашап жаткан
жоксуңарбы? Же жүргөн-турганыңар бул
дүйнөдөгүлөрдүкүнөн айырмаланып турабы?
[4] Бириңер «мен Пабылдын шакиртимин»,
башкаңар болсо «мен Аполдукумун» деп жатсаңар,
анда силер дүйнөлүк эмей кимсиңер?
[5] Деги Апол ким? Пабыл ким? Алар силерди
ишенимге алып келген Кудайдын кызматчылары
гана. Эгебиз бизди кайсы кызматка дайындаса, ар
бирибиз ошону гана аткарып жүрөбүз. [6] Мен
отургузсам, Апол аны сугарды. Бирок ошону
өстүрүп чыгарган – Кудай. [7] Ким отургузуп, ким
сугарганынын мааниси деле жок. Маанилүүсү – аны
өстүргөн Кудай. [8] Отургузганы менен сугарганынын
чындыгында максаты бир. Ар бири кылган ишине
жараша Кудайдан сыйлык алат. [9] Анткени Апол
экөөбүз Кудай үчүн чогуу иштешкен
кызматташпыз. Силер болсо Кудайдын талаасы,
Кудайдын имаратысыңар. [10] Кудайдан алган
жөндөмүмө ылайык, мен дасыккан куруучу катары
имараттын жерпайын куйдум. Андан кийин дагы
бирөө келип, куюлган пайдубалдын үстүнө там
көтөрө баштады. Бирок үй салып жаткан ар ким
кандай куруп жатканын байкап, сак болууга тийиш.

† ††

‡

11 Себеби Кудай Өзү салган бирден бир
пайдубалдан башкасын салууга эч кимдин акысы
жок. Ошол пайдубал – Ыйса Машаяк. 12 Кимдир
бирөө бул негиздин үстүнө курулган имаратты
алтындан, күмүштөн же асыл таштардан тургузса,
башкасы аны жыгачтан, куурайдан же самандан
салат. 13 Бирок ар бир иштин сапаты сыналар күн
келет. Кыямат күнү бардыгы от менен сыналат.
Ошондо ар кимдин эмне иш кылганы ачыкка
чыгат. 14 Кимдин курганы күйбөй, аман калса, ал
Кудайдан сыйлык алат. 15 Ал эми кимдики күйүп
кетсе, ал чыгымга учурайт. Бирок өзү, оттон
суурулуп алынган адамдай болуп, куткарылат.
16 Же өзүңөр Кудайдын касиеттүү ийбадатканасы
болуп, ичиңерде Анын Руху жашап жатканын силер
билген жок белеңер? 17 Кимде-ким Кудайдын
ийбадатканасын кыйратса, аны Кудай кыйратат.
Себеби Кудайдын ийбадатканасы ыйык. Ошол
ийбадаткана силерсиңер. 18 Өзүңөрдү өзүңөр
алдабагыла. Кимиңер бул дүйнөдө өзүн
акылдуумун десе, андан көрө, чыныгы
акылмандыкка ээ болуш үчүн, «акмак» болсун.
19 Анткени бул дүйнөнүн акылмандыгы Кудай үчүн
акылсыздык. Ыйык Жазууда айтылат эмеспи: «Ал
акылмандарды кайра өздөрүнүн эле амалы менен
кармайт» †20 жана дагы: «Эгем акылмандардын
ойлору куру бекер убайым экенин билет». ††
21 Ошентип, эч ким кайсы бир адамдын кылган
иштери менен сыймыктанбасын. Чындыгында,
бардыгы силерге таандык. 22 Пабыл да, Апол менен
Петир да, бул дүйнө да, өмүр менен өлүм да,
бүгүнкү күн менен келечек да – баары силердики.
23 Силер болсо Машаяктыкысыңар, ал эми Машаяк
– Кудайдыкы.

### Машаяктын элчилери

4 Бизди Машаяктын кызматчылары, Кудайдын
купуя сырларын жарыялоо ишин башкарууга
гана дайындалгандар катары көрүшүңөр керек.
2 Ал эми ар бир башкаруучууга коюлган талап –
ишенимдүү болуу. 3 Мен ишенимдүүлүгүм силер
тараптан же кандайдыр башка адамдар тарабынан
текшерилип бааланат деп убайым жебейм. Ал
турсун мен өзүм да өзүмө баа бере албайм.
4 Өзүмдөн өзүм айып таппасам да, муну эч
жазыксыз экенимдин далили катары көрбөйм.
Мени текшерип баалай турган – Эгебиз Өзү.
5 Андыктан убагы келгиче, силер да эч кимге баа
берүүгө ашыкпай, Эгебиздин кайтар күнүн күткүлө.
Ал келгенде, мурда караңгыдан улам көрүнбөгөн
нерселерди көрүнөө кылып, адамдардын
жашырын ой-санааларын ачыкка чыгарат. Андан
соң, ар ким Кудайдан алкышын алат.
6 Боордоштор, жогорудагынын баарын Апол
экөөбүздү мисалга алып айтканда, мен муну
силердин эле пайдаңар үчүн кылдым. Эми силер
бизден үлгү алып, «жазылгандан артык эч нерсе
кылбагыла» деген сөздүн маанисин түшүнүп,
бирибиз менен сыймыктанып, башкабызга
өйдөсүнүп карабашыңар керек. 7 Же кимдир бирөө
силерди башкалардан жогору коюп койду беле? Же
эмнеге ээ болсоңор, ошонун баары Кудайдан
эмеспи? Кудайдан болсо, анда эмне себептен
бардыгына өзүңөр жетип алгансып мактанып
жатасыңар?
8 Бардык кем-карчыңар эбак эле толуп калгансып,
азыртан эле байлыгыңар ашып-ташып кеткенсип,
биз жок өзүңөрчө эле падыша болуп алганыңарды
кара! Силер чындыгында эле падыша болсоңор
кана! Анда биз да силерге кошулуп, бирге
падышалык кылбайт белек. 9 Сыягы, Кудай бизди,
Өз элчилерин, бүтүндөй ааламга – периштелер
менен адамзатка оюн-тамаша кылып, ажалын
көпчүлүктүн алдында табууга өкүм чыгарылган
туткундар сыяктуу салтанаттуу жүрүштүн эң артына
койгон өңдөнөт. 10 Карасаңар, биз Машаяк үчүн
акылынан ажыраган немелердей болсок, силер
Анын аркасы менен «акылман» болупсуңар! Биздин
шайыбыз кетип жатса, силер алга-күчкө толуп
турасыңар! Биз кордук көрсөк, силер кадыр-баркка
жетип отурасыңар! 11 Күнү бүгүнкүгө дейре
курсагыбыз тойбой, суусап, киймибиздин тамтыгы
кетип, келтек жеп, баш пааналар үйүбүз жок,
12 күнүмдүк наныбызды өз маңдай терибиз менен
таап жүрөбүз. Ким бизди жамандаса, ага кайра
бата тилеп, куугунтуктаса, чыдап, 13 тил
тийгизгендерге кайра жылуу сөз менен жооп
кайтарабыз. Азыркыга дейре бардыгына тепсенди,
бул дүйнөнүн сапырындысы сыяктуу болуп
келебиз.

### Аталык эскертүү

14 Муну силерди уяткарыш үчүн эмес, өзүмдүн
боор этим менен тең балдарымдай көрүп, эскертип
коюш үчүн жазып жатам. 15 Себеби Машаяктын
жолунда насаат айтчу миңдеген устаттарыңар
болсо да, алардын бири да атаңар эмес. Силерге
Жакшы Кабар айтып келген мен болсо Машаяк
Ыйса менен болгон жашооңордо атаңар болуп
калгам. 16 Андыктан менден үлгү алгыла деп
жалынам. 17 Ушул максат менен силерге Машаяк
аркылуу сүйүктүү, ишенимдүү уулум болуп калган
Тиметейди жибердим. Ал келгенде, мен Машаяк
Ыйса менен эриш-аркак жашаганымда өзүм да
карманып, бардык жерлердеги жыйындарда окутуп
да жүргөн жол-жоболорду эсиңерге салат.
18 Кээ бириңер мени келбейт экен деп, бой
көтөрүп кетипсиңер. 19 Бирок, Кудай буюрса, жакын
арада силерге барып калгым бардыр. Ошондо
жанакы көөдөнү жоктордун эмне сөз айтканын эле
эмес, кандай кудуретке ээ экенин да көрөм.
20 Анткени Кудайдын Падышачылыгы сөздөн эмес,
күч-кудуреттен көрүнөт. 21 Ошентип, силер менин
кантип келишимди каалар элеңер: колума таяк

† ††

кармаппы же болбосо сүйүү көрсөтүп, аяр мамиле
кылыппы?

### Жыйындагы бузукулук

5 Сөздүн ачыгын айтайын: мага араңардан
бирөө атасынын төшөгүн тепсеп, өгөй энеси
менен жатып жүрөт деген анык кабар жетти. Бул
Кудайды тааныбагандарда да болуп көрбөгөн,
жеткен бузукулук эмеспи! 2 Ушуну билип туруп,
эмнеңерге мынчалык көөдөнүңөрдү көтөрүп
жатасыңар?! Андан көрө, кайгырып, ушундай
кылгылыкты кылган немени араңардан чыгарып
таштаганыңар оң болот эле го! 3 Өзүм жаныңарда
болбосом да, оюмда силер мененмин. Андыктан,
араңарда турган сыяктуу, мындай бузукулук кылган
адамга карата Эгебиз Ыйсанын атынан өкүм
чыгарып койдум: баарыңар чогулганыңарда,
оюмда мен өзүм да, Эгебиз Ыйсанын кудурети да
силер менен экенин эске алып, 5 жанакы адамды
шайтандын колуна тапшырып салгыла. Ошондо
күнөөлүү денеси кыйраса да, Эгебиз Ыйса Машаяк
кайтып келген күнү руху куткарылып калат.
6 Обу жоктонуп, көөдөнүңөрдү көтөрүп
жатканыңар дурус эмес. Же бир аз эле камыр туруш
бүтүндөй камырды ачытарын билген жок белеңер?
7 Күнөөнүн эски ачыткысын алып таштап,
ачыткысыз жуурулган жаңы камырдай таза
болгула. Силер чынында эле ошондойсуңар,
себеби күнөөдөн куткарчу козубуз, Машаяк, биз
үчүн курмандыкка чалынган. 8 Ошондуктан
Куткарылуу майрамыбызды мурдагы, зулумдук
менен кыянаттыкка толгон эски табиятыбыздын
ачыткысы кошулуп жасалган нан менен эмес, анын
ордуна, тазалык менен ак ниеттүүлүктүн
ачыткысыз наны менен тосолу.
9 Мурдагы катымда мен силерге бузуку адамдар
менен алакада болбогула деп жазгам. 10 Ошондо
кеп кылганым бул дүйнөдөгү бузуку же ач көз
адамдар, уурулар же бутпарастар эмес болчу,
анткени алардан оолак болуш үчүн силер бул
дүйнөнүн өзүнөн алынып кетишиңер керек
болмок. 11 Айтайын дегеним, өздөрүн боордошуңар
дегени менен, чындыгында мурдагыдай эле
бузукулук кылып, же арам пайда табууну көздөп, же
буркандарга табынып, же ушак таратып, же
масчылыкка берилип, же болбосо уурдап-тоноп
жүргөндөр менен баарлашпагыла, ал турсун бир
дасторкондон даам татпагыла.
12 Жыйындан тышкаркыларды соттоп мен эмне
кылмак элем? Силердин соттоп жаткандарыңар
болсо жыйын ичиндегилер эмеспи? 13 Жыйындан
тышкаркыларды Кудай Өзү жоопко тартат.
Ошентип, «бузулган немени араңардан чыгарып
салгыла». †

### Боордошторү менен соттошуу

6 Кимдир бирөөңөр ишенимдеши менен
доолашып кетсе, бул маселени ыйыктардын
эмес, дүйнөнүн кудайсыз сотунун алдына коюуга
кантип батынасыңар? 2 Ыйыктар дүйнөнү соттой
турганын силер билген жок белеңер? Эгерде
келечекте дүйнөнү соттоого тийиш болсоңор, анда
эмне, жанакы болбогон маселени өзүңөр чече
албай калдыңарбы? 3 Ал гана эмес, периштелерди
да соттой турганыбыз силерге маалым эмес беле?
Демек, кадыресе турмуштук көйгөйдү чечип коюш
биз үчүн кыйынга турбас! 4 Андыктан, ушул сыяктуу
иш келип чыкканда, жыйынга эч тиешеси жок
немелерди өзүңөргө сот кылып алганыңар кандай?
5 Кайран гана бир боорлорум-ай! Боордошторунун
ортосуна түшүп, доосун чечип бергидей араңардан
бир дагы акылман адам табылбаптыр да. 6 Анын
ордуна, боордоштор бири бирин сотко, болгондо
да ишенбегендердин сотуна сүйрөп барат экен.
7 Бир-бириң менен араздашканыңардын өзү эле
жеңилгендик эмеспи? Андан көрө, ак жерден
айыпталганыңар, колуңардагыны тарттырып
жибергениңер оң болбойт беле? 8 Силер болсо
өзүңөрдүн эле карачечекей боордошторуңарды
айыптап, бири бириңерди тоноп жатасыңар! 9 Же
адилетсиздердин Кудай Падышачылыгында энчиси
жок экенин билбей калдыңар беле? Алданбагыла,
бузукулук кылгандар да, буркандарга табынгандар
да, жубайынын көзүнө чөп салгандар да,
бачабаздар да, кызтекелер да, 10 уурулар да, ач
көздөр да, аракечтер да, ушакчылар да, тоноочулар
да – бири дагы Кудай Падышачылыгына мураскор
болушпайт. 11 Араңардагы кээ бирөөлөр да бир
кезде ушундай болгон. Бирок силер Эгебиз Ыйса
Машаяктын урматына жана Кудайдын Руху
аркылуу күнөөдөн арылып, ыйыкталып, Кудай
алдында ак болдуңар.

### Өз денеңер менен да Кудайдын атак-даңкын чыгаргыла

12 «Менин бардыгын кылууга акым бар»
дейсиңер. Ырас, бирок бардык эле нерсе пайдалуу
боло бербейт. «Менин бардыгын кылууга акым
бар» дейсиңер, бирок эч нерсе бизди башкарбоого
тийиш. 13 «Тамак – ашказан үчүн, ашказан да тамак
үчүн жаратылган» дейсиңер, бирок Кудай бир күнү
экөөнү тең жок кылат. Денебиз да бузукулук кылыш
үчүн эмес, Эгебизге кызмат кылыш үчүн берилип,
Эгебиз денебиздин камын көрөт. 14 Эгебизди
өлгөндөн тирилткен Кудай бизди да Өз кудурет-
күчү менен тирилтип алат.
15 Денеңер Машаяк денесинин бир бөлүгү экенин
силер билбейт белеңер? Ушуну билип туруп, өз
денемди Машаяктын денесинен бөлүп алып, аны
эми кайсы бир сойкунун денесине кошомбу? Кудай
анын бетин ары кылсын! 16 Же сойку менен төшөк

†

бөлүшкөн эркек аны менен бир дене болуп калары
силерге белгилүү эмес беле? «Экөө бир дене болуп
калышат», † – деп жазылып турбайбы. 17 Ал эми ким
Эгебизге кошулса, Аны менен рухий бир болуп
калат.
18 Бузукулуктан оолак болгула. Адам кетирген
мындан башка күнөөлөр денеге зыян келтирбейт,
ал эми бузукулук кылган адам өз денесин күнөөгө
батырып, зыянга учуратат. 19 Денеңер Ыйык Рух
жашаган ийбадаткана экенин билбейсиңерби?
Рухту силерге Кудай берип, Ал денеңердин ичинде
өкүм сүрөт. Андыктан силер эми өзүңөргө эмес,
Кудайга таандыксыңар. 20 Ал силерди кымбат баага
сатып алган. Муну билип, денеңер менен да
Кудайдын атак-даңкын чыгаргыла.

### Нике маселеси

7 Эми өзүңөр жазгандарга токтолоюн.
Жиберген катыңарда «эркек кишинин эч бир
аялга жолобой эле койгону жакшы» депсиңер.
2 Бирок бузукулук ушунчалык көбөйүп
кеткендиктен, ар бир эркектин өз аялы, ар бир
аялдын өз күйөөсү болгону абзел. 3 Эркек киши өз
аялына карата күйөөлүк парызын, аял болсо өз
күйөөсүнө карата аялдык парызын аткарууга
тийиш. 4 Аялдын денесине ал өзү эмес, күйөөсү
ээлик кылат. Ошол эле сыяктуу, күйөөсүнүн
денесине да ал өзү эмес, аялы ээлик кылат. 5 Бири
бириңер менен катнашта болуудан баш
тартпагыла. Сыйыналы деп алдын ала макулдашып
алган учурларда гана аны кыска убакка токтото
турсаңар болот. Андан соң, кайрадан бирге
болгула. Антпесе, өзүңөрдү өзүңөр кармай албай,
шайтандын азгырыгына кирип кетишиңер мүмкүн.
6 Бул айтканым буйрук эмес, уруксат гана.
7 Чындыгында, баарыңардын менчилеп жалгыз
бой болушуңарды каалар элем. Бирок Кудай
бирибизге мындай, башкабызга тигиндей жөндөм
ыроологон.
8 Бойдоктор менен жесирлерге айтар элем:
мындан ары да менчилеп жалгыз бой калганыңар
оң. 9 Бирок өз ышкыңарга өзүңөр ээ боло
албасаңар, кумар отуна өрттөнүп күл болгуча,
үйлөнүп алганыңар эле дурус.
10 Үй-бүлөлүүлөргө мен эмес, Эгебиздин буйруганы
бул: аял күйөөсүнөн кетпөөгө тийиш. 11 Ал эми
кетсе, анда мындан ары турмушка чыкпашы же
күйөөсү менен жарашып алышы керек. Дал
ошондой эле эркек киши дагы аялын таштап
кетпөөгө тийиш.
12 Калгандарына болсо Эгебиз эмес, мен өзүм
мындай дейм: эгерде кайсы бир боордоштун
Машаякка ишенбеген аялы күйөөсү менен бирге
жашоого макул болсо, анда күйөөсү аны
таштабашы керек. 13 Ошондой эле кайсы бир
ишенген аялдын күйөөсү Кудайга ишенбей туруп,
аялы менен жашоого макул болсо, аялы андан
кетпөөгө тийиш. 14 Анткени ишенбеген күйөө
ишенген аялы аркылуу, ишенбеген аял ишенген
күйөөсү аркылуу ыйыкталат. Андай болбогондо,
балдарыңар ыйык болмок эмес. Эми болсо алар
ыйык. 15 Бирок ишенбеген аял күйөөсүнөн кетүүнү
же ишенбеген күйөө аялын таштап кетүүнү
кааласа, кете берсин. Мындай учурда анын
ишенген жубайы ага байланбаган болуп эсептелет.
Кудай бизди тынччылыкта жашоого чакырган.
16 Машаякчы аял, сен өз күйөөңдү куткарууга алып
келбесиңди кайдан билесиң? Же сен, машаякчы
күйөө, өз аялыңды куткарууга алып келбесиңди
кайдан билесиң?

### Кудай силерди кандай жашоого чакырса, ошого ылайык жашагыла

17 Бардык жыйындарда мен мындай талап коём:
Эгебиз силерге эмнени буюрса жана Кудай силерди
чакырып алганда кандай абалда болсоңор, ошого
ылайык жашагыла. 18 Чакырылгандардын кимиси
мурда сүннөткө олтургузулган болсо, Кудайга
келгенден кийин сүннөттөлгөнүн жашырууга
аракеттенбесин. Кимди Кудай сүннөттөлбөгөн
бойдон чакырган болсо, ишенимге келгенден
кийин сүннөткө олтурууга аракет кылбасын.
19 Анткени эркектин сүннөткө олтурган-
олтурбаганынын эч мааниси жок. Маанилүүсү –
Кудайдын берген парыздарын аткаруу. 20 Кудай
чакырып алганда кимиңер кандай абалда
болсоңор, ошол бойдон калгыла. 21 Кудай чакырып
алганда кул белеңер? Бул тууралуу кабатыр
болбогула. Бирок эркин болууга жол ачылса, андан
пайдалангыла. 22 Анткени кимди кул кезинде
Эгебиз чакырып алса, ал Эгебиздин кол алдындагы
эркин адам болуп калган. Ошол сыяктуу эле Эгебиз
чакырып алган эркин адам баары бир Машаяктын
кулу. 23 Кудай силерди кымбат баага сатып алганын
билип, адам баласына кул болбогула. 24 Ошентип,
боордоштор, кандай абалда чакырылган болсоңор,
Кудай менен болгон алакаңарда да ошол эле
абалда кала бергиле.

### Үй-бүлөсү жоктор жана жесирлер тууралуу

25 Үйлөнө электер менен турмушка чыга электер
тууралуу менде Эгебизден алган эч буйрук жок.
Андыктан Эгебиз Өзү ырайым этип, ишенимдүү деп
тапкан кызматчысы катары өз пикиримди айта
кетейин.
26 Үстүбүздөгү кыйынчылыктарды эске алсак,
менин оюмча, ар кимдин азыркы абалында эле
кала бергени оң. 27 Аялың барбы? Анда аны менен
ажырашууну ойлобо. Аялың жокпу? Анда өзүңө аял
издебей эле кой. 28 Эми, үйлөнүп алган күнөө
болбойт дечи. Кыздын деле турмушка чыкканы
күнөө эмес. Бирок үй-бүлө күтүп алгандар өз
жашоосунда көп азаптарга учурайт. Силер андай
болбогой элеңер дейм.

†

29 Боордоштор, менин айтайын дегеним бул:
Эгебиздин кайтып келерине аз калды. Ошондуктан
азыртан эле аялы барлар үйлөнбөгөнсүп,
30 кайгырып ыйлагандар эч кайгы-муңу жок
болгонсуп, кубанып күлгөндөр кубанбагансып, бир
нерсе сатып алгандар колуна эч нерсе
тийбегенсип, 31 ушул дүйнөнүн көр оокатынан
пайдалангандар андан пайдаланбагансып
жашашсын, анткени бул дүйнөнүн азыркы абалы
акырына жакындап калды.
32 Мен силердин бардык түйшүктөн
бошонууңарды каалар элем. Үйлөнбөгөн эркек
Эгебиздин иши менен алек болуп, Эгебизге
жагуунун камын көрөт. 33 Үйлөнгөн эркек болсо көр
тирлик иштерине алпурушуп, аялынын көңүлүн
алууну ойлойт. 34 Ошентип, ал эки анжы болот.
Ошондой эле күйөөсү жок аял же турмушка чыга
элек кыз да денеси менен жан-рухун Кудайга
багыштап, Эгебизге кызмат кылуу менен алек
болот. Ал эми күйөөсү бар аял күйөөсүнүн көңүлүн
алууну ойлоп, көр тирилик иштери менен алек.
35 Мындай дегенимдин себеби силерге
кандайдыр бир чек коюу эмес. Тескерисинче,
силердин эле пайдаңарды ойлоп, өздөрүн туура
алып жүрсүн жана бардык дитин Эгебизге кызмат
кылууга койсун деп айтып жатам.
36 Кимде-ким убадалашып койгон кызына
үйлөнбөй коюу туура эмес деп ойлосо жана өз
кумарына өзү ээ боло албаса, анда каалаганындай
үйлөнүп алсын: бул күнөө эмес. Алар үйлөнүп
алышсын. 37 Бирок үйлөнүүгө эч зарылчылык
болбосо, ал бойдок калам деген оюна бек туруп,
өзүн өзү кармай билип, эмне кыларын оюнда эбак
чечип койгон болсо, анда анын кызга үйлөнбөй
койгону күнөө болбойт. 38 Ошентип, жигиттин жаш
кызга үйлөнгөнү жакшы иш болсо, үйлөнбөй
койгону андан да жакшы иш болот.
39 Күйөөсүнүн көзү тирүүсүндө аялы ага башы
байланган болот. Ал эми күйөөсү каза болуп калса,
анда ал кимге тием десе, өз эрки, тек гана ал киши
да Эгебизге ишенген адам болууга тийиш. 40 Бирок
аял андан ары турмушка чыкпай эле койсо,
Кудайдын көбүрөөк батасын алат. Мен болсо менде
да Кудайдын Руху бар деп ойлойм.

### Буркандарга чалынган курмандыктын эти

8 Эми буркандарга чалынган курмандыктарга
токтололу.
«Бардыгыбызда билим бар» дейт экенсиңер.
Ырас, мунуңар чын. Бирок билимдүүлүк адамды
текебер кылат, ал эми сүйүү болсо рухий жактан
жетилтет. 2 Кимде-ким өзүн билимдүүмүн десе, ал
чындыгында керектүү билимге али ээ боло элек.
3 Бирок кимде-ким Кудайды сүйсө, аны Кудай Өзү
тааныйт.
4 Ошентип, буркандарга багышталган тамактан
даам сызуу тууралуу. Биз бул дүйнөдөгү буркандар
дегеле тирүү жан эмес экенин жана бир Кудайдан
башка кудай жок экенин билебиз. 5 Албетте, көктө
болобу же жерде болобу, адамдардын «кудай»
туткан немелери жок эмес: «кудай» делгендер да,
«эге» делгендер да чындыгында эле көп. 6 Бирок
биздин бир гана Кудай Атабыз бар. Бардыгын Ал
жараткан жана биз Ал үчүн өмүр сүрөбүз. Ошондой
эле биздин Эгебиз да бирөө. Ал – Ыйса Машаяк.
Бардыгы Ал аркылуу жаратылып, өмүр бизге Ал
аркылуу берилген.
7 Бирок муну баары тең бирдей биле бербейт. Кээ
биринин аң-сезимине бутпарастык ушунчалык
сиңип калгандыктан, мындай тамакты жегенде,
алар алигиче аны буркандарга чалынган
курмандык катары кабыл алышат да, ошол арам
тамактан жедик деп аларды абийири кыйнайт.
8 Бирок жеген тамагыбыз бизди Кудайга
жакындатпайт, себеби жебей калганыбыз да эч
жерибизди кемитпейт, жегенибиз да бизге эч
артыкчылык алып келбейт.
9 Кантсе да абайлагыла, бул өңдүү эркиндигиңер
ишеними аздарга азгырык болбосун. 10 Абийири
кыйнаган бирөө «билимдүү» сенин
бутпарастардын табынуучу жайынан даам сызып
жатканыңды көрүп калды дейли. Мындай
кылганың аны буркандарга чалынган
курмандыктан жесе болот экен деген ойго салып
жибербейби? 11 Натыйжада сенин «билимдүүлүгүң»
өзүңдүн эле ишеними аз боордошуңдун ойрон
болушуна себеп болот. Бирок Машаяк ал үчүн да
өлгөн. 12 Ошентип, боордошуңдун аны кыйнаган
абийирине доо кетирип, ага жамандык кылган сен
ошону менен Машаякка да жамандык кылган
болосуң. 13 Андыктан, эгерде менин жеген тамагым
боордошума азгырык болсо, анда аны азгырбоо
үчүн өмүрү эт жебейм.

### Машаяктын элчилеринин укуктары жана милдеттери

9 Мен эркин адам эмесминби? Же Машаяктын
элчиси эмесминби? Мен Эгебиз Ыйсаны
көргөн жок белем? Силер болсо Эгеме өтөгөн
кызматымдын үзүрү эмей, кимсиңер? 2 Башкалар
мени элчи катары кабыл албаган күндө да, силер
үчүн мен – элчимин! Анткени Эгебиз мени
элчиликке дайындаганынын ачык-айкын далили –
силерсиңер.
3 Мага сын таккандардын алдында кайтарар
жообум бул: 4 биздин, башкаларга окшоп,
азыгыбызды эмгегибизден тапкыдай акыбыз жок
бекен? 5 Же башка элчилерге жана Эгебиздин бир
тууганары менен Петирге окшоп, сапарга
чыкканда, жаныбызга ишенимдеш карындашыбыз
– өмүрлүк жарыбызды алып жүргүдөй укугубуз
жокпу? 6 Же болбосо өз нанын маңдай тери менен
тапканга милдеттүү болгон Барнап экөөбүз элеби?
7 Аскердик кызматын өтөп жүргөндө, өз камын өзү
көргөн жоокер барбы? Жүзүм тигип, анын
жемишинен ооз тийбеген багбан болобу? Же мал

багып жүрүп, саап алган сүтүнөн өзү да ичпеген
бар бекен?
[8] Муну адамдык өңүттөн гана карап айтып жатат
дейсиңерби? Тоорат мыйзамы да дал ушуну айтып
жатпайбы? [9] Муса пайгамбар калтырып кеткен
Тоораттан: «Эгин басып жаткан өгүздүн оозун
калкалаба», † – деп жазылганын окусак деле болот.
Кудайдын кам көргөнү чын эле өгүзбү? [10] Ал муну
биз тууралуу айтып жатканы бышык эмеспи?
Албетте, бул биз тууралуу, себеби жер айдаган
киши да, эгин бастырган киши да өз үлүшүмдү
алам деген илгери үмүт менен иштеши керек го.
[11] Биз араңарга рухий үрөн сээп кеттик эле. Эми
оргонубуз күнүмдүк оокат болсо, бул, эмне, көптүк
кылабы? [12] Эгерде башкалар силерден жардам
алып турууга акылуу болушса, биздин буга
алардыкынан көбүрөөк акыбыз бар эмеспи?
Бирок ушундай акыбыз бар болсо да, биз андан
пайдаланбадык. Анын ордуна, Машаяктын Жакшы
Кабары жолтоосуз жайылтыш үчүн, бардыгына
чыдап келатабыз. [13] Ийбадатканада кызмат кылып
жүргөндөр өз тамагын ийбадатканадан, курмандык
жайды тейлегендер курмандыктардан аларын
билген жок белеңер? [14] Дал ошентип, Эгебиз
Жакшы Кабарды насыяттап жүргөндөргө да өз
ишинин үзүрүнөн күн көрүүнү буюрган.
[15] Бирок мен ал укуктарымдын биринен да
пайдаланган жокмун. Азыр да антейин деп жазып
жаткан жерим жок. Эми да ушул сыймыгымды эч
кимге жокко чыгартпайм. Анткенден көрө өлгөнүм
эле артык! [16] Жакшы Кабарды жар салып жүргөнүм
мен үчүн мактаныч эмес, парыз. Мен аны аткарууга
милдеттүүмүн. Антпесем, башыма каран түн
түшкөнү! [17] Эгерде мен муну өз ыктыярым менен
кылсам, анда ал үчүн эмгек акы алмакмын. Бирок
мен кызматымды ыктыярдуу эмес, Кудай
тапшырган үчүн аткарып жүрөм. [18] Андай болсо,
алар сыйлыгым кайсы? Жакшы Кабарды өзүмө
тийиштүү укуктардан пайдаланбай, акысыз жар
салганымдын өзү эле мен үчүн артыкчылык.
[19] Анткени эч кимдин кулу эмес, эркин адам
болсом да, Машаяктын жолуна көбүрөөк
адамдарды түшүрүш үчүн өзүмдү бардыгынын кулу
кылдым. [20] Иудейлерди Машаякка алып келем деп,
алардын арасында иудейдей болдум да, өзүм
Тоорат мыйзамына багынбаганым менен, ага
багынгандарды Машаяк жолуна салыш үчүн
андайлардын арасында мен да ага багынган
адамдай болуп жүрдүм. [21] Тоорат мыйзамын
таанnetwork багандарды Машаяк жолуна салыш үчүн,
өзүм Кудай мыйзамына моюн сунуп, Машаяктын
мыйзамы алдында болсом да, башка
улуттагылардын арасында мыйзамды билбеген
кишидей жүрдүм. [22] Ишеними аздарды Машаяк
жолуна салыш үчүн, алардын арасында өзүм да
ишеними аз немедей жүрдүм. Ошентип, колумдан
келишинче аздыр-көптүр адамдарды куткарылууга
алып келүүнү көздөп, бардыгына өз болуп бердим.
[23] Мунун баарын Жакшы Кабардын ийгилиги
үчүн, өзүмө да анын батасы тийсин деп кылып
жатам. [24] Жарышка көп киши катышканы менен,
бирөө гана байгени аларын билет эмессиңерби.
Андыктан жүгүргөнүңөрдө, байгеге жеткидей
болгула. [25] Таймашка чыккан ар адам жеңишке ээ
болууну эңсеп, өзүн өзү тизгиндеп турат. Ал бардык
аракетин соолуп кетер гүлтаажыны алууга
жумшайт. Биздин аларыбыз болсо эч качан
соолубас түбөлүктүү таажы. [26] Дал ошон үчүн мен
чуркасам, максаты жок немедей чуркабайм,
мушташсам, бекер эле тиер-тийбес муштагылай
бербейм. [27] Башкаларга Жакшы Кабар тараткан
өзүм акырында байгеден куру калбас үчүн,
денемди тизгиндеп, өзүмө баш ийдирип келем.

### Буркандар тууралуу эскертүү

**10** Боордоштор, ата-бабаларыбыз башынан
өткөргөндөрдү эсиңерге салып кетейин
дедим. Алардын бардыгы булуттун далдаасында
болуп, деңизден өтүшкөн. ††[2] Ошондо Мусанын
артынан ээрчиген алар баары тең булут менен
деңизден чөмүлүү расмисинен өтүшкөндөй
болушту. [3] Бардыгы тең бирдей рухий даамдан
сызышып, [4] өздөрүн жандап бараткан аскадан
бирдей рухий суудан ичишкен. Ал аска Машаяктын
Өзү эле. [5] Бирок ошентсе да, көбү Кудайга жакпаган
иш кылышып, чөлдөн ажал табышты.
[6] Аларга окшоп ниетибиз бузулбасын үчүн, болуп
өткөндүн баары бизге эскертүү катары калган.
[7] Алардын кээ бирөөлөрүндөй буркандарга табына
көрбөгүлө. Андайлар тууралуу мындай деп
жазылганы бар: «Эл жайлашып отуруп, ичип-жеп,
анан оюн-тамашага кириштИ». ‡[8] Алардын кээ
бирөөлөрүндөй бузукулукка кирип кетпейли. Ошол
убакта бузукулуктун кесепетинен бир күндө
жыйырма үч миң киши кырылган эле. [9] Алардын
кээ бирлерине окшоп Машаякты сынап да
көрбөйлү. Ошенткен аларды жыландар чагып
өлтүргөн. [10] Алардын кээ бирлерине окшоп
догурунгандай да болбойлу. Догурунган алар
Кудайдын буйругу менен өлтүрүлгөн.
[11] Алар баштарынан өткөндөрдүн баары
башкаларга үлгү катары калып, акыр заман
алдында жашаган бизге эскертүү болсун үчүн
жазылып да калган. [12] Өзүн Кудай жолунда бек
турам деп ойлогондор, кулап кетпеш үчүн
абайлагыла. [13] Силер өткөн сыноолордун бардыгы
ар бир эле адам өтүүчү кадыресе сыноолор.
Кудайыбыз болсо ишенимдүү. Ал силерди алыңар
жетпеген сыноого дуушар кылбайт. Анын ордуна,
сыноодон өтүп жатканыңарда, андан кутулуп
чыгууга жол ачып, кыйынчылыктарды көтөрүүгө
күч-кубат берет.
[14] Ошентип, сүйүктүүлөрүм, буркандарга
багышталган таат-ийбадаттан оолак болгула.

†

†† ‡

15 Муну мен силерге акыл-эсиңер бар деп айтып
жатам. Айткандарымды өзүңөр акыл калчап
ойлонуп көргүлө. 16 Кудайга шүкүрчүлүк келтирип
ичкен чөйчөк бизди Машаяктын канына тиешелүү
кылбайбы? Же ошондо сындырып жеген нан бизди
Машаяктын денесине тиешелүү кылбайбы? 17 Көп
болгонубуз менен, бизди баш коштуруп, бир дене
кылган нан бирөө гана, анткени баарыбыз бир
нандан даам татабыз.
18 Ысрайыл элин карагылачы: Кудайга
багышталган курмандыктан ооз тийгендер Кудай
менен бирге даам сызышпайбы? 19 Муну менен мен
эмнени айткым келет? Буркан-балбалдар менен
аларга багышталган курмандык бир нерсеге
татыйт дегендиби? 20 Арийне, жок. Айтайын
дегеним, бутпарастар тартуу кылган курмандыктар
Кудайга эмес, жиндерге багышталат. Мен болсо
силердин жиндер менен бирге даам сызышыңарды
каалабайм. 21 Силер бир эле мезгилде Эгебиздин
чөйчөгүнөн да, жиндердин чөйчөгүнөн да ооз
тийип, Эгебиздин дасторконунан да, жиндердин
дасторконунан да даам тата албайсыңар. 22 Же
Эгебиздин кыжырына тийгибиз барбы? Биз, эмне,
Андан кудуреттүү белек?

### Башкаларды ойлоп иш кылуу

23 «Бардыгын жасоого акыбыз бар», – дейсиңер.
Ырас, мунуңар туура. Бирок бардык эле нерсе
жакшылыкка алып келбейт. «Бардыгын жасоого
акыбыз бар» болгону менен бардык эле нерсе
рухий жактан жетилтпейт. 24 Баарың тең жеке
кызыкчылыгыңарды ойлобой, андан көрө,
башкалардын кызыкчылыгын ойлогула.
25 Базарда сатылган эттин баарын кысталбай эле
алып жей бергиле. Эттин кайдан келгенин
сурабаганыңар үчүн абийириңер силерди
кыйнабасын, 26 анткени «жердин өзү да, андагы
бардык нерселер да Жараткан Эгебиздики». †
27 Кудайга ишенбеген адам конокко чакырып
калса, көңүлүңөр келип турса, баргыла. Бирок ал
жерден силерди абийириңер кыйнабасын,
сураштырып олтурбай, тартылган тамактын
баарынан эле алып жей бергиле. 28 Бирок кимдир
бирөө: «бул буркандарга багышталган тамак эле», –
деп калса, анда муну айткан киши үчүн жана
абийирдин таза сакталышын ойлоп, ошол
тамактан жебей койгонуңар оң. 29 Абийир дегеним
силердин эмес, жанакы айткан кишинин абийири.
Эмне үчүн менин эркиндигим башка бирөөнүн аны
кыйнаган абийири үчүн чектелип калышы керек?
30 Ыраазычылык айтуу менен тамак алып жесем,
анда эмне үчүн ыраазычылык айтып жеген
тамагым үчүн кимдир бирөө мени айыпташы
керек?
31 Ошентип, ичесиңерби, жейсиңерби – эмне
кылсаңар да, ошонун баарын Кудайдын атагы
чыккандай кылгыла. 32 Иудейлерди да, башка
улуттагыларды да, Кудайдын жыйынындагыларды
да – эч кимди наараазы кылбагыла. 33 Мени
карасаңар: мен өз пайдамды эмес, көпчүлүктүн
пайдасын көздөп, алар куткарылып калгай эле деп,
эмне жасасам да, бардыгына жаккандай жасоого
аракеттенип жатам.

## 11

Мен Машаяктан үлгү алгандай, силер да
менден үлгү алгыла.

### Табынганда баш кийим кийүү же кийбөө турасында

2 Силердин бардык учурда мени эстеп, берген
таалимдеримди бузбай сактап келе жатканыңар
мактоого татыйт. 3 Эми болсо силерди түшүнсүн
дегеним, ар бир эркектин башчысы – Машаяк,
аялдын башчысы – анын күйөөсү, ал эми
Машаяктын башчысы – Кудай. 4 Ошондуктан эркек
киши сыйынганда же пайгамбарчылык кылганда,
баш кийимчен болсо, өз башчысын сыйлабаганы.
5 Анын сыңары, аял киши сыйынганда же
пайгамбарчылык кылганда, башына эч нерсе
салынбаса, бул да анын өз башчысын
сыйлабаганы, анткени баш кийимсиз аялдын чачы
кырылган аялдан эч айырмасы жок. 6 Аял башын
жапкысы келбесе, анда биротоло чачын деле
кырдырып салбайбы. Ал эми аял үчүн чачын
кыркып же кырдырып жүргөн уят болсо, анда
башын жаап да жүрсүн. 7 Эркек үчүн башын
жабуунун эч кажети жок, себеби ал өзүндө
Кудайдын бейнеси менен атак-даңкын алып жүрөт.
Аял болсо күйөөсүнүн атагын чыгарат. 8 Анткени
эркек аялдан алынып жаратылбастан,
тексерисинче, аял эркектен алынып жаратылган.
††9 Ошондой эле эркек киши аял үчүн эмес, аял
киши эркек үчүн жаратылган болчу. 10 Андыктан
периштелер бар экенин эске алып, аялдын
башында өз күйөөсүнүн бийлиги алдында экенин
билдирген белгиси болушу керек. 11 Бирок кантсе
да, Эгебиз менен болгон жашообузда эркектер да
аялдарга, аялдар да эркектерге көз каранды болот.
12 Анткени аял эркектен алынып жаратылган
сыяктуу, эркек да жарык дүйнөгө аялдан төрөлүп
келет. Бардыгы болсо – Кудайдан.
13 Өзүңөр эле акылга салып көрсөңөр: аялдын
Кудайга жылаңбаш сыйынганы сыпайкерчиликке
жатабы? 14 Жаратылыштын өзүнөн эле көрүнүп
тургандай, эркек кишинин чач өстүргөнү уят, 15 ал
эми аялдын узун чачы анын көркүн ачат, себеби
узун чач аялга жабуу катары берилген. 16 Кимде-
ким бул тууралуу талашкысы келсе, ага айтарым
бул: биздин да, Кудай жыйындарынын да мындан
башкача салты жок.

### Эгебиз осуят кылган кечки тамак

17 Эми, төмөнкү көрсөтмөлөрдү берип жатып,
силерди мактамак турсун, чогулуштарыңардын

†

††

пайдадан көрө зыяны көбүрөөк болуп жатканын
айтпай коё албайм. [18] Барыдан мурда, мен
силердин жыйын катары бир жерге чогулганда, ич
ара бөлүнмөй адатыңар бар экенин угуп, буга бир
аз болсо да ишенем. [19] Ырас, кимиңер туура жол
менен баратканыңар ачык көрүнсүн үчүн араңарда
анча-мынча пикир келишпестиктер да болууга
тийиш. [20] Бирок силер чогулушуңарга Эгебиздин
кечки тамагына катышканы эмес, кандайдыр бир
башка максатыңар бар болгонсуп келет экенсиңер.
[21] Анткени ар бириңер өзүңөр алып келген тамакты
жегенге ашыгып, натыйжада бириңер ачка
калсаңар, бириңер шарапка мас болосуңар. [22] Жөн
эле ичип-жейли десеңер, ал үчүн өз үй-жайыңар
жокпу? Же чогулган максатыңар Кудай жыйынын
тебелеп-тепсеп, колунда жокторду кемсинтүү беле?
Эми силерге эмне дейин?! Же силерди макташым
керекпи? Албетте, жок!
[23] Эгебиздин Өз оозунан угуп, силерге
жеткиргеним бул: Ага чыккынчылык кылынар түнү
Эгебиз Ыйса колуна нан алып, [24] Кудайга алкыш
айтты да, нанды сындырып, мындай деди: «Бул –
силер үчүн берилип жаткан Менин денем. Мени
эскерип, мындай кылып жүргүлө». [†][25] Ошондой эле
кечки тамактан кийин колуна чөйчөктү алып,
мындай деди: «Бул чөйчөк – Менин каным төгүлүп
түзүлгөн Жаңы келишим. Андан ичкен сайын, муну
Мени эскерип кылгыла».
[26] Муну мындай түшүнсө болот: Эгебиз кайтып
келгичекти, бул нандан жеп, бул чөйчөктөн ичкен
сайын, силер ошону менен Эгебиздин өлгөнүн жар
салып турасыңар. [27] Андыктан кимде-ким татыксыз
жол менен ушул нандан жеп, ушул чөйчөктөн ичсе,
ал Эгебиздин денеси менен канына каршы күнөө
кетирген болуп эсептелинет. [28] Ошентип, ушул
нандан жеп, ушул чөйчөктөн ичерден мурун ар
бириңер эң алды өзүңөрдү сынап көргүлө.
[29] Себеби Эгебиз Өзү арабызда экенин түшүнбөй
туруп, бул нандан жеп, бул чөйчөктөн ичкен киши
ошентип ичкен-жегени менен өзүн айыптуу кылат.
[30] Мына ошон үчүн көбүңөр алдан тайып, дартка
чалдыгып жатасыңар. Кээ бириңер кайтыш да
болуп кеттиңер. [31] Өзүбүздү өзүбүз сынап жүрсөк,
анда Кудайдан минтип жазаланмак эмеспиз.
[32] Ушул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн
Кудай бизди азыртан айыптап, жазалап турат.
[33] Ошондуктан, боордошторум, кечки тамакка
чогулганыңарда, бири бириңерди күтүп жүргүлө.
[34] Ал эми кимдир бирөөңөрдүн курсагы ачып турса,
үйүнөн тамак ичип алсын. Ошондо бирге
чогулганыңарда, Кудайдан айыпталгандай иш
кылбайсыңар. Калган нерселерди өзүм келгенде
тартипке салып берем.

### Ыйык Рух тартуулаган касиеттер

12 Азыр болсо, боордоштор, Ыйык Рух
тартуулоочу касиеттерге токтололу. Мен
силерди алар тууралуу кабарсыз калтыргым
келбеди. [2] Машаякка ишене элек кезиңерде, туура
жолдон адашып, үн катпаган буркандарга
табынганыңар өзүңөргө белгилүү эмеспи.
[3] Андыктан сөзүмө кулак төшөп, билип алгыла:
Кудай Рухунун жетегинде болгон адамдын оозунан
«Ыйсаны каргыш урсун» деген сөз чыкпайт.
Ошондой эле Ыйык Рухтун жетегисиз эч ким «Ыйса
Эгем» деп да айта албайт.
[4] Ар түрлүү рухий касиеттер бар болгону менен,
аларды ыроологон Рух бирөө эле. [5] Өтөгөн
кызматтарыбыз ар кандай болсо да, кызмат кылар
Эгебиз бирөө эле. [6] Кылган иш-аракеттерибиз да ар
түрдүү, бирок бардыгын аракетке келтирип жаткан
Кудай бирөө эле. [7] Ар бир адамга бардыгынын
пайдасы үчүн Рухтун кандайдыр өзгөчө белгиси
берилет. [8] Бирине Рухтан даанышмандык сөз
берилсе, башкасына ошол эле Рухтан билермандык
сөз берилет. [9] Дагы бирин ошол эле Рух өзгөчө
ишеним даарыса, башкасын ошол эле Рух дарт
айыктыруу касиетине ээ кылат. [10] Бири керемет
көрсөтсө, бири пайгамбарчылык кылат. Бири
рухтарды ажырата билсе, башкасы бөтөн тилдерде
сүйлөп, дагы бири ошол тилдерде айтылгандарды
чечмелеп бере алат. [11] Бирок аталган касиеттердин
баарын бир эле Рух ыроолоп, Өз эркине жараша ар
кимге өз касиетин бөлүштүрүп берет.

### Көп мүчөдөн турган бир Дене

[12] Машаякты көп мүчөдөн турган денеге окшотсо
болот: көп мүчөдөн куралганы менен, дене бир
эле. Анын курамындагы мүчөлөр да көп болгону
менен, алардын баары бир эле дененин бөлүктөрү.
[13] Ошо сымал, биз да: иудей же башка улуттагы, кул
же эркин адам болобузбу, – баарыбыз бир эле Рух
аркылуу чөмүлгүү расмисинен өтүп, бир денеге –
Машаяктын денесине мүчө болдук. Баарыбыздын
ичибизге Кудай бирдей Ыйык Рухун салып берген.
[14] Ошентип, дене бир мүчөдөн эмес, көп мүчөдөн
турат! [15] Эгер бут: «Мен кол эмесмин, демек денеге
эч тиешем жок», – десе, ошон үчүн эле ал денеге
тиешелүү болбой калабы? [16] Же кулак: «Менин
денеге эч тиешем жок, себеби мен көз эмесмин», –
десе эле, денеге тиешелүү болбой калабы?
[17] Эгерде бүтүндөй дене көздөн эле турса, анда
анын угуу сезими кайда? Же ал кулактан эле турса,
анда жыт билчү сезими кайда калат? [18] Кандай десе
да, дене мүчөлөрүн Кудай Өзү каалагандай, ар
бирин тулку бойдогу өз ордуларына
жайгаштырган. [19] Эгерде бир эле мүчө бар болсо,
анын эмнеси дене? [20] Демек, мүчө көп болгону
менен, дене бирөө эле.
[21] Ошентип, көз колго: «Сенин мага керегиң жок»
же баш буттарга: «Мен силерге муктаж эмесмин»
деп айта албайт. [22] Тескерисинче, дененин эң талуу
мүчөлөрү керектүү болуп чыгат. [23] Анча деле баркы
жок өңдөнгөндөрүнө көбүрөөк кам көрүп, өзгөчө
аяр мамиле кылсак, [24] көбүрөөк баркталгандары

†

буга муктаж деле эмес. Бирок Кудай мүчөлөрдүн
баарын дене кылып кураштырганда, муну баркы
азыраагы көбүрөөк баркка ээ болгондой кылып
койгон. 25 Ошентип, дене ич ара бөлүнбөй,
мүчөлөрдүн баары тең бири бирине кам көрөт.
26 Дененин бир эле мүчөсү кыйналып калса,
бардыгы чогуу жабыр тартат. Бир эле мүчө сыйга
татыса, аны менен кошо бардыгы кубанат.
27 Силер ар бириңер өз алдынча мүчө болуп,
бардыгыңар биригип Машаяктын денесин
түзөсүңөр. 28 Жыйын ичинде Кудай бардыгын өз-өз
ордуна коюп, биринчисин – элчи, экинчисин –
пайгамбар, үчүнчүсүн – таалимчи кылып, дагы
башкаларына керемет көрсөтүү, дарттан
айыктыруу, жардам берүү, жыйын жетектөө, бөтөн
тилдерде сүйлөө касиеттерин берди. 29 Баары эле
элчиби? Же баары эле пайгамбарбы? Баары эле
таалим береби? Же баары эле керемет көрсөтөбү?
30 Дарттан айыктыруу касиети баарында барбы?
Баары эле бөтөн тилдерде сүйлөп, баары эле ошол
тилдерди чечмелеп бере алабы? 31 Касиеттердин эң
баалууларына ээ болууга тырышкыла.

Мен болсо силерге эң мыкты жолду көрсөтүп
берейин.

## Сүйүү

13 Адамдык тилде сүйлөп, ал гана эмес,
Периштелер тилинде сүйлөп жатып,
Ал эми башкаларды сүйө албасам,
Каңгыраган жездин же даңгыраган
Темирдин доошунан эмнем артык?
2 Пайгамбар касиетин Кудай берип,
Түшүнүп турсам дагы бүт сырларды,
Билимдин чокусуна жетип барып,
Тоолорду козгой алган ишенимге
Ээ болуп, ошондо да сүйө албасам,
Анда мен эч нерсеге татыбаймын.
3 Таратып колумдагы мал-мүлкүмдү
Жардыларга, денемди азаптарга,
Бүтүндөй өрттөлүүгө берип салып
Дагеле башкаларды сүйө албасам,
Анымдан түк пайда да болбойт мага.
4 Сүйүүнүн чыдамы мол, кайрымы зор,
Кызганбайт, мактанбайт ал, бой көтөрбөйт.
5 Адепсиздик кылбайт сүйүү, керт башынын
Пайдасын көздөбөйт да ачуусуна
Алдырбайт, башкаларга кек сактабайт.
6 Сүйүүнү кубандырбайт адилетсиздик,
Акыйкат өкүм сүрсө сүйүнөт ал.
7 Баарына болот сүйүү көтөрүмдүү,
Эч жазбайт ишенимден, колун үзбөйт
Үмүттөн, бардыгына чыдап келет.
8 Пайгамбарлык сөз айтуу токтойт бир күн,
Сүйлөнбөй кала берет бөтөн тилдер,
Жоюлат билим дагы. Бирок сүйүү
Жок болбой, түбөлүккө өмүр сүрөт.
9 Азыртан биле албайбыз бардыгын биз,
Чектелген пайгамбарлык касиет да.
10 Ал эми жеткилеңдик келген кезде
Чектелүү бүт нерселер артта калат.
11 Кичинемде балача сүйлөп мен да,
Балача баамдап баарын, ой жүгүрткөм.
Ал эми эр жеткенде таштап салдым
Мурдагы жаш балалык адатымды.
12 Азыртан көргөнүбүз – элес-булас,
Күзгүнүн күңүрт тарткан айнегине
Чагылышкан. Ал эми келечекте
Бардыгын биз бетме-бет көрө алабыз.
Чектелген ушул чакта билгендерим,
Ал эми келечекте билип калам,
Кудай мени дайыма тааныгандай,
Мен дагы бүт бардыгын толугунан.
13 Ошентип, үч нерсе бар ушул тапта:
Ишеним, үмүт, сүйүү. Бул үчөөнөн
Баарынан улуусу бар. Ошол – сүйүү.

## Бөтөн тилдерде сүйлөө жана пайгамбарчылык кылуу касиеттери

14 Сүйүүгө умтулгула! Рухий касиеттерге,
асыресе, пайгамбарчылык кылуу касиетине
ээ болууга дитиңерди койгула! 2 Бөтөн тилдерде
сүйлөгөн кишини эч ким түшүнбөй, ал адамдарга
эмес, Кудайга сүйлөйт. Рухтун кудурети менен ал
жашырын сырларды айтат. 3 Ал эми
пайгамбарчылык кылган киши болсо адамдарга
сүйлөп, айткандары аларды бекемдеп,
кайраттандырып, сооротот. 4 Бөтөн тилдерде
сүйлөгөн адам өзүн бекемдесе, пайгамбарчылык
кылганы жыйынды бекемдейт.
5 Мен баарыңардын эле бөтөн тилдерде
сүйлөшүңөрдү каалар элем, бирок
пайгамбарчылык кылганыңар андан да жакшы
болмок. Себеби бөтөн тилдерде айтылган сөздү
кимдир бирөө чечмелеп, ошол аркылуу жыйын
бекемделбесе, анда бөтөн тилдерде сүйлөгөндөн
көрө, пайгамбарчылык кылуунун пайдасы алда
канча зор.
6 Эми, боордоштор, силерге келгенимде, бөтөн
тилдерде сүйлөп туруп, андан башка эч бир аян
бөлүшпөсөм же түшүнүк бербесем,
пайгамбарчылык кылбасам же эч нерсе окутпасам,
анда силерге кандай пайда келтирмек элем? 7 Чоор
же комуз сыяктуу жансыз аспаптарды мисалга алып
көрөлү. Эгерде алардан чыккан добуштарды
ажыраташ мүмкүн болбосо, ойнолуп жаткан кайсы
күү экенин ким биле алат? 8 Же сурнай кандайдыр
бир белгисиз үн чыгарса, аны уккан адам согушка
аттанмак беле? 9 Ошондой эле, оозуңардан
түшүнүксүз сөздөр чыгып жатса, эмне деп
жатканыңарды кантип билсе болот? Айтканыңар
шамалдын «шуу» эткениндей эле болот. 10 Ырас,
дүйнөдө түркүн-түркүн добуштар бар, бирок
алардын бири да маанисиз эмес.
11 Ал эми тигил же бул доош мага түшүнүксүз
болсо, анда ошол добушту чыгарган адам мен
үчүн, мен болсо ал үчүн жат элдикпиз. 12 Муну

билип, силер да рухий касиеттерге ээ болууну
эңсегениңерде, баарыдан мурда аларга ээ болуу
аркылуу жыйынды бекемдөөгө умтулгула.
13 Ким бөтөн тилдерде сүйлөсө, сыйынып,
Кудайдан аны чечмелөөгө кудурет берүүсүн да
сурансын. 14 Анткени бөтөн тилдерде сыйынып
жатканда, рухум сыйынганы менен, өзүмдүн эле
акыл-эсим буга катышпай калат. 15 Андай болсо,
мен эмне кылмакмын? Рухум менен да, акыл-эсим
менен да сыйынам, рухум менен да, акыл-эсим
менен да ырдайм. 16 Рухуң Кудайды алкыштап
жатканда, чогулушка келип, бирок аныңды
түшүнбөгөн кадыресе киши сенин эмне деп
жатканыңды билбей туруп, кантип аныңа кошулуп
«оомийин» дей алат? 17 Алкыш айтып канчалык
жакшы сыйынсаң да, аның жаныңдагыларга эч
пайда келтирбейт. 18 Бөтөн тилдерде баарыңардан
көбүрөөк сүйлөгөнүм үчүн мен Кудайга ыраазы
болсом дагы, 19 жыйында турганымда, бөтөн
тилдерде миңдеген сөз айткандан көрө, акыл-эсим
менен башкаларга таалим берер беш сөз айтууну
оң көрөм.
20 Боордошторум! Акылы жетиле элек баланын
ишин кылбасаңар! Жамандык дегенде наристе
баладай, ал эми ой жүгүрткөндө, эр жеткен
кишидей болгула. 21 Ыйык Жазууда айтылгандай:
«Өз элиме башка тилде кайрылам,
Өзгө элдердин оозу менен сүйлөймүн, –
Дейт Жараткан Эге, – бирок сөзүмө
Ошондо да алар кулак салышпайт». †
22 Ошентип, бөтөн тилдерде сүйлөө – бул
ишенгендер үчүн эмес, ишенбегендер үчүн, ал эми
пайгамбарчылык кылуу болсо ишенбегендер үчүн
эмес, ишенгендер үчүн берилген жышаан-белги.
23 Эгерде бүтүндөй жыйын чогулганда, баары
бөтөн тилдерде сүйлөй башташса, анан аны
түшүнбөгөн кадыресе же ишенбеген кишилер
кирип калып, «булар акылынан адашкан го»
дешпейби? 24 Ал эми ишенбеген же түшүнбөгөн
бирөө бардыгы пайгамбарчылык кылып жатканда
келип калса, бардыгынын сөзү анын күнөөлөрүн
ашкерелеп, айыпка жыгат. 25 Ошондо анын
көмүскөдөгү сырлары ачыкка чыгып, ал
үстөмөнүнөн жыгылат да, Кудайга таазим кылып:
«чынында Кудай силердин араңарда экен» дейт.

### Жыйындагы тартип

26 Менин айтайын дегеним бул, боордоштор.
Чогулганыңарда, бириңерде Кудайды даңазалоо
ыры, башкаңарда таалим, дагы бириңерде
Кудайдан алган аян сөз, дагы бириңерде бөтөн
тилдер, ал эми дагы бириңерде алардын
чечмелениши бар болот. Мунун баары жыйынды
бекемдеп турууга тийиш. 27 Бөтөн тилдерде
сүйлөйм дегендер болсо, анда эки же, ашып кетсе,
үч киши өзүнчө-өзүнчө сүйлөп, айтканын бирөө
чечмелеп берсин. 28 Ал эми чечмелеп бере турган
киши жок болсо, анда мындай адам жыйындан үн
чыгарбай, ичинен өзүнө жана Кудайга гана
сүйлөсүн. 29 Пайгамбарчылык кылгандардан да
экөө же үчөө сүйлөп, калгандар алардын
айткандарын ойлонушуп баамдашсын. 30 Ал эми
отургандардын дагы бири Кудайдан аян алса, анда
биринчиси сөзүн токтотушу керек. 31 Анткени
баарыңар тең кезектешип пайгамбарчылык
кылсаңар болот. Ошондо бардыгыңар үйрөнүп,
бардыгыңар андан кайрат ала аласыңар.
32 Пайгамбар киши өз касиетин кандайча
колдонорун өзү чече алат, 33 себеби Кудай
арабызда баш аламандыктын эмес, ынтымак-
ырашкерликтин орун алышын каалайт.
Ыйыктар чогулган бардык жыйындарга окшоп,
34 силерде да аял кишилер унчукпашы керек,
аларга сүйлөөгө уруксат берилбейт. Аялдын
милдети баш ийүү экендиги Ыйык Жазууда да
айтылган. 35 Ал эми бир нерсе үйрөнгүсү келип
турса, анда үйдөн күйөөлөрүнөн сурап алышсын,
себеби аялдын жыйында сүйлөгөнү уят.
36 Же айткандарым силерге кызык угулабы? Деги
айткылачы, Кудайдын Сөзү адегенде Корунттан
жар салына баштады беле? Же аны силерден
башка эч ким уккан жок дейсиңерби? 37 Ким өзүн
пайгамбармын же рухий касиети бар адаммын
десе, анда ал жазып жаткандарым Эгебиздин
буйругу экенинен эч шектенбеши керек. 38 Ким
муну этибарына албаса, андайдын өзүн да этибарга
албагыла. Мындан шектенгендердин өздөрүнө да
ишенбегиле.
39 Ошентип, боордошторум, пайгамбарчылык
кылуу касиетине ээ болууга тырышкыла, бирок
бөтөн тилдерде сүйлөгөндөргө да тыюу салбагыла.
40 Болгону, эмне кылсаңар да, адеп менен тартипти
сактап жүргүлө.

### Машаяктын өлгөндөн тирилиши

15 Эми, боордоштор, эсиңерге өзүм
жарыялаган Жакшы Кабарды салгым келет.
Силер аны кабыл алып, ага ылайык жашап
келатасыңар. 2 Эгер мен жарыя кылган Жакшы
Кабарга ылайык жашасаңар, ошол аркылуу
куткарыласыңар. Антпесе ага ишенгениңер куру
бекер.
3 Адегенде өзүм кабыл алып, анан силерге
жеткирген ошол кабардын ток этер жери мындай.
Ыйык Жазууда убада кылынгандай, Машаяк биздин
күнөөлөрүбүз үчүн курман болгон. 4 Анын көргө
коюлуп, үчүнчү күнү кайра тирилери да Ыйык
Жазууда алдын ала айтылган. 5 Андан кийин Ал
Петирге, анан он эки элчисине көрүнгөн. 6 Андан
соң, Аны бир эле убакта беш жүздөн ашык
боордошторубуз өз көзү менен көрүшкөн; алардын
айрымдары көз жумганы менен, көбү али да тирүү.
7 Андан соң, Ал Жакыпка жана элчилердин баарына
көрүндү.

†

8 Эң акырында болсо, Аны маалынан өтүп туулган
балага окшогон мен көрдүм. 9 Өзүмдү мындай
дегеним, мен элчилердин катарында эң акыркы
болуп турам, атүгүл элчи болуп аталууга да
татыксызмын, себеби Кудай жыйынын
куугунтуктагам. 10 Бирок Кудай мага ырайым этип,
азыркы даражага жеткирди. Кудайдын мага кылган
ырайымы текке кетпестен, мен кайра алардын
баарына караганда көбүрөөк мээнеттенип
иштедим. Арийне, эмгектенген мен өзүм эмес,
мени колдогон Кудайдын ырайымы. 11 Ошентип,
мен боломбу, же аларбы, биз жарыялап, силер
ишенген кабар ушул.

### Биздин кайра тирилишибиз

12 Эгерде биздин жарыялаганыбыз Машаяктын
өлүмдөн тирилиши болсо, анда араңардагы кээ
бирөөлөрдүн өлгөндөр тирилбейт деп жүргөнү
кандай? 13 Эгерде өлгөндөр тирилбесе, анда
Машаяк тирилген эмес экен да? 14 Эгерде Машаяк
тирилген эмес болсо, анда биздин
жарыялаганыбыз да, силердин ишенгениңер да
куру-бекер болмок. 15 Бул гана эмес, биз Кудай
тууралуу жалган айтып калмакпыз, себеби
өлгөндөргө тирилүү мүмкүн болбосо, анда Кудай
Өзү тирилтпеген Машаякты биз кайра тирилткен
деп күбөлөндүргөн болуп калабыз. 16 Анткени
өлгөндөр тирилбесе, анда Машаяк да тирилген
эмес. 17 Ал эми Машаяк тирилбеген болсо, анда
ишенгениңер эч пайдасыз болуп, өзүңөр күнөөнүн
алкагында кала бересиңер. 18 Андай болсо
Машаякка ишенип өлгөндөр да түбөлүк өмүр албай
калышат. 19 Машаякка арткан үмүтүбүз ушул
жашообуз үчүн гана жараса, анда бизден өткөн
шордуу киши жок.
20 Бирок чындыгында Машаяк өлгөндөрдөн
биринчи болуп тирилип, бул кийин калгандар да
тирилеринин анык белгиси. 21 Ажал бул дүйнөгө
адам аркылуу келгендей, өлгөндөн тирилүү да адам
аркылуу келди. 22 Адам ата аркылуу баары өлүмгө
дуушар болгондой, Машаяк аркылуу баары түбөлүк
өмүр алышат. 23 Бирок ар кимдин өз тирилиш
кезеги бар: алгач башкалардын тирилеринин
белгиси катары Машаяк, анан Машаяк кайтып
келгенде, Ага таандык болгондор. 24 Андан соң,
дүйнөнүн акыры келет да, өкүмдарлыктын,
бийликтин жана күч-кудуреттин бардыгын жеңген
Машаяк падышалыкты Кудай Атанын колуна
тапшырат. 25 Бүт душмандары жеңилип, бут алдына
жыгылгыча Машаяк падышачылык кылат.
26 Жеңилип жок болчу душмандардын акыркысы
болсо – өлүм. 27 «Кудай бардыгын Анын бут алдына
жыгып берди». † «Анын бут алдына жыгып берди»
делгендердин ичинде Кудайдын Өзү жок экени
анык, себеби баарын Машаякка багындырган Ал
эмеспи. 28 Бардык нерсе Машаяктын бийлиги
алдына багындырылганда, Уулдун Өзү да
бардыгын Ага багындырган Кудайга моюн сунуп,
толугу менен бардыгында болот.
29 Эгерде өлгөндөн тирилүү жок болсо, анда
кайтыш болгондордун ордуна чөмүлүү расмисинен
өткөндөр муну кандай үмүт менен кылышат?
Эгерде өлгөндөр чын эле тирилбесе, анда эмне
үчүн алардын ордуна чөмүлүү расмисинен өтүү
орун алууда? 30 Андай болсо, эмне үчүн биз да ар
саат сайын жаныбызды тобокелге салып жүрөбүз?
31 Боордоштор, мен күн сайын өлүмдүн жүзүн көрүп
жүрөм. Эгебиз Машаяк Ыйсанын алдында силер
менен сыймыктанганым канчалык анык болсо, бул
сөзүм да ошончолук анык. 32 Эгерде Эфес
шаарында жапайы жырткычтар менен алышканым
өзүмдүн эле пенделик ниетимден келип чыкса,
анын мага кандай пайдасы тиймек эле? Эгерде
өлгөндөр тирилбесе, анда, айтылып жүргөндөй,
«Эртеңки ажал келгиче,
бүгүн жеп-ичип алалы». ††
33 Алданбагыла,
«арамдарга кошулган
өз ыйманын жоготот».
34 Акылыңарды жыйгыла да күнөөгө батпагыла!
Силерди уяткарып айтарым бул: кээ бириңер
алигиче Кудайды тааный элексиңер.

### Дененин тирилиши

35 «Өлгөндөр кантип тирилмек эле? Тирилсе,
денеси кандай болот?» – деп араңардан бирөө
собол таштар. 36 Алда, акылсыз неме-ай! Өзүң эккен
үрөн «өлмөйүн» кайрадан өсүп чыкмак беле?
37 Сепкенде да даяр эгинди эмес, буудайдын же
дагы башка өсүмдүктүн тоголок уругун гана
себесиң. 38 Ал эми ар бир уруктун кандай келбетте
өсүп чыгарын Кудай чечет.
39 Жандуу нерселердин эт-денеси да бирдей эмес:
адамдыкы мындай болсо, айбандардыкы тигиндей,
балык менен куштуку да эки башка.
40 Ошондой эле асмандык денелер менен жердик
денелер болот. Асмандагысы менен жердегисинин
шаң-салтанаты бирдей эмес. 41 Күндүн өзүнүн шаң-
салтанаты, айдын өз шаң-салтанаты, жылдыздын
да өз адеми бар. Ал турсун ар башка жылдыздын да
көркү ар башка болот.
42 Өлгөндөрдүн тирилгени да ошонун
сыңарындай: жерге көмүлгөн дене чирип,
тирилгени чирибес болот; 43 эч баркы жок көмүлүп,
тирилгенде кадырлуу болот; көмүлгөндө алсыз
болуп, тирилгенде кубатка толот. 44 Көмүлгөнү –
табигый дене, тирилгени – рухий дене. Табигый
дене болгон сыяктуу, рухтан бүткөн дене да болот.
45 Ыйык Жазууда айтылгандай, биринчи Адам
«тирүү жан болду», ‡ акыркы Адам болсо – бул өмүр
берүүчү Рух. 46 Биринчи келгени рухий эмес,
табигый болчу. Рухтан бүткөнү андан кийин келди.
47 Биринчи адам жерден алынып, топурактан
жасалды. Экинчиси болсо – көктөн келди.

†

†† ‡

48 Топурактан жасалган адамдын денеси кандай
болсо, жердеги адамдардыкы да ошондой болот.
Ал эми көктөгүлөрдүн денеси көктөн келген
адамдыкындай. 49 Азыр жердеги адамдын келбетин
кийген сыяктуу, келечекте биз көктөгү адамдын
келбетине да бөлөнөбүз.
50 Силерге айтарым бул, боордоштор: эт менен
кандан бүткөнү Кудай Падышачылыгына кире
албайт да өлө турганы түбөлүк өмүр сүрө албайт.
51 Кулак төшөп уккула, силерге купуя сырды ачып
берем: биз баарыбыз эле өлбөйбүз, бирок
баарыбыз толук өзгөрөбүз. 52 Бул акыркы
сурнайдын үнү угулары менен бир заматта, көз
ачып жумгуча ишке ашат. Сурнайдын үнү
жаңырганда, өлгөндөр тирилип өлбөс болот да,
биз өзгөрөбүз. 53 Анткени мынабу чирип кетер
денебиз чирибес, өлө турган денебиз өлбөс болуп
калууга тийиш. 54 Ошентип, мунун баары иш
жүзүнө ашып, өлүү нерсе өлбөстүккө бөлөнгөндө,
Ыйык Жазуудагы мындай сөз орундалат:
«Жеңиш бизде! Өлүм толук жоюлду!» †
55 «Кана, ажал, кайда кеткен жеңишиң?
Кана, ажал, чакчу ийнең кайда эле?» ††
56 Ажалдын чагып өлтүрчү ийнеси күнөө болсо,
күнөө өз күчүн мыйзамдан алат. 57 Бирок Кудайга
шүкүр, Ал бизди Эгебиз Ыйса Машаяк аркылуу
жеңишке ээ кылды!
58 Ошентип, сүйүктүү боордошторум, олку-солку
болбой, ишенимге бек тургула! Эгебизге күчүңөрдү
аябай кызмат кылгыла: Ал үчүн жумшаган
мээнетиңер текке кетпейт.

### Муктаж болгон боордоштор үчүн акча-каражат чогултуу

16 Эми ыйыктар үчүн акчалай жардам чогултуу
тууралуу: Галатиядагы жыйындарга эмнени
буюрсам, силер да ошону аткаргыла. 2 Мен
келгенде гана акча чогултмай башталбас үчүн,
дайыма жуманын биринчи күнү ар бириңер өз
иштеп тапканыңарга жараша, колуңардан келген
акчаны бөлүп, ошону сактап койгула. 3 Мен болсо
силерге барып калганымда, өзүңөр тандаган
кишилерге ишеним кат жазып берип, акчаңарды
жеткириш үчүн Иерусалимге жөнөтөм. 4 Ал эми
өзүм да ал жакка барышым керек болсо, анда алар
мени менен чогуу барышат.

### Пабылдын ой-максаттары

5 Менин Македония аймагын кыдырып чыгайын
деген ниетим бар. Андыктан Македонияны басып
өткөндөн кийин силерге келип кетмекчимин.
6 Силердикине бир аз токтоп, балким, кыштап да
кетермин. Андан соң, силер мени барар жериме
узатып коёрсуңар. 7 Жөн эле тийип кетким келбей,
Эгем буюрса, аздыр-көптүр силер менен болуп
кетем деген үмүттөмүн. 8 Түшүм майрамына чейин
болсо Эфесте турам, 9 анткени бул жерде
каршылаштык көп болгону менен, чоң, үзүрлүү
эмгекке жакшы мүмкүнчүлүк бар.
10 Силерге Тиметей келип калса, аны эч ким
оңтойсуз абалда калтырбашына көз салып койгула,
анткени ал да менчилеп Эгебиз үчүн иштеп жүрөт.
11 Эч кимиңер ага өйдөсүнүп карабагыла. Андан
көрө, мага аман-эсен кайтып келсин деп, тынчтык
менен узатып койгула. Мен анын жана аны менен
кошо боордоштордун келишин күтүп жатам.
12 Эми боордошубуз Апол тууралуу. Мен аны
башка боордоштор менен кошо силерге барсын
деп абдан өтүнгөн элем. Бирок дароо барууга анын
эч көңүлү жок болчу. Кантсе да, ыгы келгенде, ал
силерге барып калар.

### Соңку сөз жана бата тилөө

13 Сергек болуп, ишенимге бек тургула. Эр жүрөк
жана күчтүү болгула. 14 Эмне кылсаңар да, сүйүү
менен кылгыла.
15 Өзүңөр билгендей, Степандын үй-бүлөсү Ахая
аймагында биринчи болуп ишенип, өздөрүн
ыйыктарга кызмат кылууга арнашкан.
16 Боордоштор, өтүнөм, мындай адамдарга жана
алар менен кошо катуу иштегендерге кызмат
кылгыла. 17 Степандын, Фортунаттын жана
Ахайиктин келгенине жетине албай отурам: алар
келгенден бери өзүңөр жанымда болгондой эле
болуп калдым. 18 Алар менин да, силердин да
көңүлүңөрдү көтөрүштү. Мындайларды кадырлап
жүргүлө.
19 Асия аймагындагы жыйындар силерге салам
жолдошту. Акила менен Приска жана алардын
үйүндө чогулуп жүргөн жыйын да силерге
Эгебиздин атынан жылуу салам айтышты.
20 Боордоштордун бардыгы силерге өз саламын
жолдошту.
Бири бириңерге жолукканда, чын пейлиңер
менен беттен сүйүп учурашып жүргүлө.
21 Ушул саламымды мен, Пабыл, силерге өз колум
менен жазып жатам.
22 Эгебизди сүйбөгөн ар ким каргышка калат!
Эгебиз, келегөр! ‡
23 Эгебиз Ыйса силерге ырайым этсин.
24 Баарыңарды Ыйса Машаяк сүйгөндөй сүйөм.

† ††

‡

# 2-Корунттуктар

### Саламдашуу

1 Кудайдын амири менен Машаяк Ыйсанын
элчиси болгон Пабылдан жана боордошубуз
Тиметейден Кудайдын Корунт шаарындагы
жыйынына жана бүтүндөй Ахая аймагындагы
ыйыктарга дубай салам!
2 Ылайым Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса
Машаяк силерге ырайым кылып, тынччылыгын
берсин.

### Ыраазычылык келтирүү

3 Эгебиз Ыйса Машаяктын Атасы – Кудайга алкыш
болсун! Ал биздин да боорукер Атабыз жана
жаныбызды жубатып турган Кудайыбыз. 4 Кандай
гана кыйынчылыкка учурабайлы, Ал дайыма
жаныбызды жубатып, башынан ар кандай
кыйынчылыктарды өткөрүп жаткан башкалардын
да жанын жубатууга жөндөмдүү кылат. Ошондо
Андан биз кандай сооронуч алсак, башкаларды да
дал ошондой соорото алабыз. 5 Анткени Машаяк
үчүн канчалык көп азап тартсак, Кудай да Машаяк
аркылуу бизди ошончолук көп сооротот.
6 Кыйналсак, силердин жаныңарды жубатып,
силерди куткарылсын деп кыйналабыз. Кудайдан
сооронуч алсак, бул да биз тарткан азаптарды
кайраттуулук менен аркалап келе жаткан силердин
сооронушуңар үчүн. 7 Биз болсо тарткан
азаптарыбызда гана эмес, Кудайдан алган
сооронучубузда да силер менен бир экенибизди
билип, силерден эч күмөн санабайбыз.
8 Ошон үчүн, боордоштор, силерди билсин деп,
Асия аймагында дуушар болгон
кыйынчылыктарыбызды эсиңерге салып кетели
дедик. Ал жактан ушунчалык чоң, ушунчалык оор
азап тарткандыктан, аман каларыбыздан да үмүт
үзгөн элек. 9 Бизге карата өлүм өкүмү да
чыгарылып калган. Андыктан өз күчүбүзгө
ишенбей, бир гана Кудайга бел байладык: Анын
өлгөндөрдү да тирилткидей кудурети бар эмеспи.
10 Ошол жолку жүрөк үшүн алган өлүм чеңгелинен
куткарып алган Ал бизди эми да куткарат.
Келечектеги коркунучтун баарынан да Кудайыбыз
куткарарынан биздин эч шегибиз жок. 11 Бул үчүн
силер да бизди өз сыйынууларыңар менен колдоп
турушуңар керек. Ошондо көпчүлүктүн биз үчүн
болгон сыйынууларына жооп берип, бизге
ырайымын тартуулаганы үчүн көптөрдүн оозунан
Кудайга алкыш айтылат.

### Пабылдын пландарынын өзгөрүшү

12 Биздин сыймыктанганыбыз бул: ушул
дүйнөдөгү жашообузда, айрыкча силер менен
болгон мамилебизде, биз эмне кылсак да, ошону
Кудай Өзү берген ак ниеттүүлүк жана астейдилдик
менен, адамдык акылмандыкка эмес, Кудайдын
ырайымына таянып жасадык. Муну өз абийирибиз
да айгинелеп турат. 13 –14 Силерге да өзүңөр окуп
түшүнө турган нерселерден башка эч нерсе
жазганыбыз жок. Азыр бизди толук түшүнбөсөңөр
да, келечекте толук түшүнөрсүңөр деген илгери
үмүтүм бар. Ошондо Эгебиз Ыйса кайткан күнү биз
силер менен кандай сыймыктансак, силер да биз
менен ошондой эле сыймыктана аласыңар.
15 Ушуга ынанган соң, мен алгач силерге барып
келүүнү чечтим. Ошондо экинчи сапар
келгенимден силер дагы бир ирет Кудайдын
батасын алмаксыңар. 16 Мен Македонияга
баратканымда, силерге бир жолугуп,
Македониядан келатканымда дагы бир ирет
кайрылып, анан силер мени кайра Иудеяга
жөнөтүп коёрсуңар деп ойлогом. 17 Же бул ойлорум
мени туруксуз кылып көрсөтүп жатабы? Же алдыга
ушундай максат койгонумдан улам мен өз керт
башымды гана ойлоп, бир туруп «ооба», бир туруп
«жок» деген адамга окшоп турамбы? 18 Кудай
дайыма ишенимдүү болгондой, биз да силерге бир
туруп «ооба», бир туруп «жок» дебедик. 19 Анткени
Сила жана Тиметей үчөөбүз силерге үгүттөгөн
Кудай Уулу – Ыйса Машаякта эч кандай эки
анжылык жок: Ал бир туруп «ооба», бир туруп
«жок» деген жок. Ал Өз сөзүнө дайым бек турат!
20 Анткени Ал аркылуу Кудайдын бардык убадалары
аткарылган. Дал ушул себептүү биз дагы Кудайды
даңктап: «Оомийин, ылайым ошондой болсун», –
деп турабыз. 21 Силер менен кошо бизди да
Машаяк менен болгон биримдигибизде бекемдеп,
Өз кызматына дайындаган – Кудай. 22 Ал бизге Өз
тамгасын басып, Ага тийиштүү экендигибиздин
кепилдиги катары ичибизге Өз Рухун салып берген.
23 Мен Кудайды күбөгө чакырып, өз өмүрүмдү
сайып ант берем: дагы бир ирет Корунтка
барбаганымдын себеби – силерди аяганымда.
24 Биз мында силердин ишенимиңерди башкарып
алалы деген жерибиз жок. Болгону өзүңөрдүн эле

кубанчыңар үчүн силер менен бирге иштешип келе жатабыз. Силер болсо ишенимиңерде бек турасыңар.

2 Ошентип, мен мындан ары силерди таарынтканы келбейм деп ичимен чечим кабыл алган болчумун. 2 Себеби силерди таарынтсам, анда ким мени кубантмак эле? Жанакы эле өзүм таарынтып алган силер эмессиңерби? 3 Мына ушу себептүү чынында мени кубантууга тийиш болгон адамдардын кылганын көрүп, капаланбайын деп, өзүм баргандан көрө, жанакы катты жазууну оң көрдүм. Ал эми мен кубансам, бул силердин баарыңар үчүн да кубаныч болорунан менин эч шегим жок эле. 4 Ошол катты мен жаным кейип, жүрөгүм сыздап, көз жашымды төгүп жазгам. Анткенимдин себеби силерди капаланткым эмес, жанымдан артык көргөнүмдү билгизгим келген болчу!

### Өзүңдү таарынткан адамды кечирүү

5 Ал эми араңардан кимдир бирөө башка бирөөнүн көңүлүн ооруткан болсо, ал менден көрө, силердин баарыңардын көңүлүңөрдү аздыр-көптүр оорутканын айтсам, мунум аша чапкандык болбос. 6 Ал кишиге көпчүлүгүңөр аны жазалаганыңар жетиштүү болор. 7 Эми болсо, тескерисинче, аны кечирип, жубатып койгонуңар оң, антпесе кайгыдан көңүлү таптакыр эле чөгүп кетет. 8 Андыктан, суранам, ага силер аны сүйгөнүңөрдү билгизип койсоңор. 9 Жанакы катты мен силерди сынап, айткандарыма моюн сунар-сунбасыңарды көрөйүн деп эле жазгам. 10 Ал эми силер кимди кечирсеңер, аны мен да кечирем. Анын эмнесин кечирсем да, муну Машаяктын бет алдында силер үчүн, 11 шайтан силерди алдап кетпесин үчүн кылам. Шайтандын амалкөйлүгүн биз жакшы билебиз го.

### Пабылдын Троас шаарына баргандагы тынчы кеткени

12 Троас шаарына Машаяк жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратканы келгенимде, Эгебиздин мен үчүн бардык жолдорду ачып койгонун көрсөм да, 13 бир нерсе тынчымды алып жатты: Троастан мен боордошубуз Титти таба албадым. Андыктан ал жердегилер менен коштошуп, Македонияга жөнөп кеттим.

### Машаяк бизди жеңишке ээ кылат

14 Бирок кантсе да, Кудайга шүкүр! Ал дайыма бизди Машаяктын жетеги менен жеңишке жеткирип, биз аркылуу Машаяк тууралуу кабарды аңкыган жыпар жыт сымал туш тарапка жайылтат. 15 Ооба, биз – Машаяк Кудайга багыштап түтөткөн жыпар жыттуу заттын өзүбүз. Анын жыты куткарылуу жолундагыларга да, курут болуу жолундагыларга да тарап жатат. 16 Бирөөлөргө ал өлүмдүн уулуктурган жыты болуп келсе, башкаларга – өмүрдүн аңкыган жыты. Андай болсо, Кудайдын бул кызматына ким жарактуу болуп эсептелет?! 17 Көпчүлүккө окшоп биз Кудай кабарын соодага айландырып, андан пайда табалы деген жерибиз жок го. Кудайдын жибергендери, Машаяктын кызматчылары катары Ал бизди көрүп турганын билип, кайра Анын кабарын чын дилибизден таратып жүрөбүз.

### Жаңы келишим кызматчылары

3 Биз кайрадан эле өзүбүздү өзүбүз мактап жаткандай өңдөнүп турабызбы? Кээ бирөөлөргө окшоп, биз да силерге көрсөткүдөй же силерден алып, башкаларга көрсөткүдөй ишеним катка муктаж белек? 2 Силер өзүңөр – биз үчүн ишеним каттай элесиңер го. Биздин жүрөктөрүбүзгө жазылган бул кат баарына маалым, аны ким болсо да окуй алат. 3 Силер кызматыбыздын үзүрү – Машаяк жазган каттын өзү экениңерди баары көрүп турушат. Ал сыя менен эмес, тирүү Кудайдын Руху менен, таш лоокторго эмес, адамдардын жүрөктөрүнө жазылган.

4 Бардыгы дал ушундай экени биз үчүн калетсиз. Буга бизди Кудай алдында Машаяк ишендирди. 5 Колубуздан бир нерсе келип, муну же тигини өзүбүз кылдык дегендей эч акыбыз жок, себеби бизди ошого жөндөмдүү кылган – Кудай. 6 Ал бизге Жаңы келишим кызматчылары болууга жөндөм берди. Жаңы келишим болсо, кагаз бетине түшкөн мыйзам эмес, Рух: жазылган мыйзам өлүмгө алып келет, ал эми Рух болсо өмүр берет.

7 Тоорат мыйзамынын ар бир тамгасы таш лоокторго чегилип, ал аркылуу Кудайдын улуулугу көрүндү. Бул көрүнүш убактылуу гана болсо да, ал Мусанын жүзүнөн ушунчалык жаркырап турганынан, Ысрайыл эли анын бетин карай албады. Эгерде өлүм алып келчү Тоорат мыйзамы берилгенде, Кудайдын ал аркылуу көрүнгөн улуулугу ушунчалык жаркыраса, 8 Анын Рухтун кылган кызматы аркылуу жаркыраганы канчалык зор болушу керек?! 9 Айыпталуу алып келчү кызмат ушунчалык улуу болсо, акталуу алып келчү кызмат андан канчалык улуу болууга тийиш?! 10 Бир кезде ушунчалык жаркырап турган мыйзам улуулугу эми, Жаңы келишимдин андан да зор улуулугу жаркырап келгенде, өчкөнсүп калды. 11 Өтүп кетчү нерсенин улуулугу мынчалык жаркыраса, түбөлүк боло турган нерсе канчалык жаркырайт!

12 Ушундай үмүтүбүз бар болгон үчүн биз коркпостон, ачык сүйлөп жатабыз. 13 Биз Мусага окшоп жүзүбүзгө парда тартып албайбыз. Ал муну анын жүзүнөн Ысрайыл эли өз күчүн жогото турган мыйзамдын жаркыраганын көрбөсүн деп кылган. †14 Ал кезде алардын акыл-эси көр эле. Күнү бүгүнкүгө чейин Байыркы Келишим китебин окуганда алиги парда дале тартылып турат. Ал

†

парданы алып салууга Машаяк гана кудуреттүү.
15 Азыркы убакта да Мусанын мыйзамын окуп
жатышканда, бул парда алардын жүрөктөрүн жаап
турат. 16 Бирок кимдир бирөө Жараткан Эгеге жүз
бурганда, алиги парда алынып ташталат. 17 Бул
жерде Эге деп аталганы – Ыйык Рух, ал эми
Эгебиздин Руху бар жерде эркиндик өкүм сүрөт.
18 Андыктан баарыбыздын пардасы алынып
ташталган жүздөрүбүз Эгебиздин улуулугун
чагылдырып, Эгебизден бизге келген улуулук бизди
өзгөртүп, уламдан улам Ага окшош кылат. Ошого
жараша бизден мурдагыдан да зор улуулук
жаркырап чыгат. Бул болсо Эгебизден – Ыйык
Рухтан келет.

### Бардык кыйынчылыкты көтөргөн ишеним

4 Ушул кызматка Кудайдын ырайымы боюнча
чакырылганыбызды билген биз көңүлүбүздү
чөгөрбөйбүз. 2 Анын ордуна, демейде жаап-
жашырылчу уят иштерден баш тартабыз да,
амалкөйлөнүп Кудайдын Кабарын
жасалмалабайбыз. Чындыкты ачык жарыялап,
Кудай алдында өзүбүздү бардыгынын абийиринин
сотуна коёбуз. 3 Ал эми биз жар салып жүргөн
Жакшы Кабар кимдир бирөөлөргө жабык болсо, ал
курут болуу жолун жолдоп бараткандар үчүн
жабык. 4 Кудайдын бейнеси болгон Машаяктын
улуулугу тууралуу Жакшы Кабардын жаркыраган
нурун көрбөсүн үчүн ушул кыянат замандын
жалган кудайы ишенбегендердин акыл-эсин көр
кылып койгон. 5 Анткени биз өзүбүздү эмес,
баарынын Эгеси – Ыйса Машаякты үгүттөп
жатабыз. Өзүбүз болсо Ыйса үчүн силерге кул
болдук. 6 «Караңгылыкка жарык жансын!» – деп
буюрган Кудай Ыйса Машаяктын жүзүнөн
жаркырап көрүнгөн Өз улуулугун билдириш үчүн
Өзү жан-дилибизге нур болуп жанды. †
7 Биз болсо асыл кенч сакталган чопо идиштер
элебиз. Андыктан ушул чексиз кудурет бизден эмес,
Кудайдан келип жатканы ачык-айкын көрүнүп
турат. 8 Биз туш-туштан кысымга алынып жатсак да,
талкаланган жокпуз; айласыз абалда болсок да,
үмүттөн кол үзбөйбүз; 9 куугунтук жеп жүрсөк да,
ташталган жокпуз; кулатылсак да, жок кылынбадык.
10 Өз денебизде дайыма Ыйсага окшоп азап тартып,
өлүмгө дуушар болобуз. Ошол аркылуу Ыйсанын
өмүрү да бизден көрүнөт. 11 Анткени тирүү жүргөн
биз Ыйсага окшоп кайра-кайра өлүм жазасына
тартылганыбызда, бул аркылуу өлө турган
денебизден Ыйсанын өмүрү да көрүнөт. 12 Ошентип
биздин өлүм менен беттешип жүргөнүбүздүн
натыйжасында силер түбөлүк өмүргө ээ болуп
жатасыңар.
13 Ыйык Жазууда: «Сага ишенип, ошондуктан
сүйлөдүм», †† – деп жазылган. Биз да ошол эле
ишеним берчү Рухка ээ болуп, ишенген үчүн
сүйлөп жатабыз. 14 Эгебиз Ыйсаны өлгөндөрдөн
тирилткен Кудай бизди да Ыйса менен кошо
тирилтип, силер менен бирге Өз алдына алып
келерин билебиз. 15 Башыбыздан өткөндөрдүн
баары силердин эле пайдаңар үчүн. Анткени
Кудайдын ырайымы улам көбүрөөк адамдарга
жеткен сайын Кудайга көбүрөөк алкыштар
айтылып, Кудайдын улуулугун арттырат.

### Ишеним менен жашоо

16 Көңүлүбүз чөкпөгөнүнүн себеби мына ушунда.
Сырткы табиятыбыз эскирип бартканы менен,
ички табиятыбыз күндөн күнгө жаңылланууда.
17 Анткени биз тартып жаткан анча-мынча
убактылуу азабыбыз бизди түбөлүктүү даңкка алып
барат. Анын канчалык зор экенин биз элестете да
албайбыз. 18 Биздин назарыбыз көзгө көрүнгөн
нерселерге эмес, көзгө көрүнбөгөн нерселерге
бурулушу керек, себеби көзгө көрүнгөнү убактылуу,
көрүнбөгөнү болсо түбөлүктүү.

5 Убактылуу алачыкка окшогон ушул жердик
турагыбыз – биздин денелерибиз жок
болгондо, Кудай асмандан жаныбыз үчүн Өзү
даярдап койгон, адам колу менен салынбаган,
түбөлүктүү турак берерин билебиз. 2 Ошол
асмандык турагыбызга бөлөнүүнү ушунчалык
эңсегенибизден улам азыркы денебизде
жашаганыбызда, биз үшкүрүнүп келебиз.
3 Жаныбыз асмандык турагына бөлөнүп, рухубуз
туракссыз калбайт. 4 Азыркы денебизде жашап
турган чакта биз кыйналганыбыздан оор
үшкүрүнүп жатабыз. Үшкүрүнгөнүбүз болсо ушул
жердик турагыбыздан бошонгубуз келгендиктен
эмес, тезирээк асмандык турагыбызга да бөлөнүүнү
эңсегенибизден. Ошондо өлүк нерсе өлбөс болуп
өзгөрөт. 5 Бизди ошого даярдап, ошентеринин
кепилдиги катары бизге Өз Рухун ыроологон –
Кудай.
6 Ошентип, азыр жашап жаткан турагыбыз –
жердик денебиз – бизди асмандык турагыбыздан
алыстатып турганын билсек да, кайратыбыздан
жазбай келебиз. 7 Ошондуктан биз көзүбүз көргөн
нерселер менен эмес, ишеним менен жашайбыз.
8 Мына ушинтип кайраттан жазбай, өз денебизден
ажырап, асмандагы үйүбүзгө, Эгебиздин алдына
барууну эңсеп турабыз. 9 Андыктан, асмандагы
үйүбүздө болобу же ал жакта эмеспи, Кудайга
жагууну каалайбыз. 10 Анткени Соттоочубуз –
Машаяктын алдына барып, ар бирибиз денебизде
жашаган кезде жасаган жакшы да, жаман да
иштерибиздин тиешесин алууга тийишпиз.

### Машаяк аркылуу Кудай менен элдешүү

11 Ошентип, Эгебиздин кадырын билип, биз
башкаларды Анын жолуна түшүрүүгө аракеттенип
жүрөбүз. Ал эми биздин кандай экенибиз Кудайга
белгилүү. Муну силер да жакшы билесиңер деген
үмүттөбүз. 12 Бул сөзүбүз менен биз кайрадан эле

† ††

өзүбүздү мактайлы деген жокпуз. Кайра силерди
биз менен сыймыктансын дедик. Ошондо ички
дүйнөсүнө эмес, сырткы салабатына карап
мактангандарга айтар сөзүңөр болот. 13 Силерге
акылыбыз адашкандай өңдөндүбү? Андай болсо,
бул Кудай үчүн. Ал эми акыл-эсибиз ордунда болсо,
бул силердин пайдаңар үчүн. 14 Бизди Машаяктын
сүйүүсү алдыга сүрөп турат. Анткени биз мындай
тыянакка келдик: Бирөө баары үчүн өлсө, демек
баары Аны менен кошо өлүштү. 15 Ал баарыбыз
үчүн өлгөн. Ошон үчүн эми ким жаңы өмүргө ээ
болсо, ал өзү үчүн эмес, ага өмүр бериш үчүн өлүп
кайра тирилген Машаяк үчүн жашоого тийиш.
16 Мындан ары биз эч кимди адамдык көз
караштан алып баамдай албайбыз. Мурда
Машаякты да биз адамдык акыл менен түшүнгөн
элек. Бирок эми андай кылбайбыз. 17 Машаяк
менен биримдикте болгон ар кимди Кудай
жаңыдан жараткан: эскинин баары кетип, эми
баары жаңы болуп калды! 18 Мунун баарын кылган
– Кудай. Ал Машаяк аркылуу бизди Өзү менен
элдештирип, бизге да башкаларды Аны менен
элдештирүү кызматын берди. 19 Айтайын дегеним,
Машаяк аркылуу Кудай бүтүндөй дүйнөнүн кылган
кыянаттыктарын эсептебестен, Өзү менен
элдештирип койду. Бизге болсо ошол элдешүү
тууралуу кабарды жеткирүү тапшырылган.
20 Ошондуктан биз Машаяктын атынан келген
кабарчыларбыз. Биз аркылуу адамдарга Кудайдын
Өзү кайрылып жатат. Машаяктын атынан өтүнөбүз:
Кудай менен тынчтыкка келгиле! 21 Кудай биздин
ордубузга эч жазыксыз Машаякты жоопкер кылды.
Ал аркылуу биз эми Кудай алдында акталдык.

6 Кудайдын кызматташтары катары өтүнөбүз:
Кудайдын силерге кылган ырайымы куру бекер
кетпесин. 2 Анткени Анын айтканы бул:
«Ыңгайлуу мезгил келип, уктум сени;
Куткарчу күнүм келип, жардам бердим». †
Мына, эми Кудайдын ыңгайлуу мезгили да жетип,
силерди куткарчу күнү да келип калды!
3 Кылган кызматыбызга тил тийбесин үчүн биз эч
кимге жолтоо болгубуз келбейт. 4 Анын ордуна,
Кудайдын чын дилден берилген кызматчылары
катары, эмне кылсак да, башкаларга өрнөк болууга
аракеттенип жатабыз. Азап тартсак да, муктаж
болсок да, башыбызга мүшкүл түшсө да, 5 бизди
уруп-сабашса да, зынданга салышса да, бизге
каршы козголоң чыгарышса да, кара терге түшүп
эмгектенсек да, түндөрү кирпик какпай чыксак да,
ачка калып жатсак да – бардыгын бой бербей
көтөрүп келатабыз. 6 Көрсөткөн тазалыгыбыз
менен чындыкты билгенибиз, сабырдуулугубуз
менен кичи пейилдигибиз, Ыйык Рухтун катышуусу
менен чын дилибизден чыккан сүйүүбүз, 7 акыйкат
сөзүбүз менен Кудайдын кудурети – буга айкын
далил. Биздин чабуул салар да, коргонор да
куралыбыз – адилдик. 8 Биз барктуу да, барксыз да,
жакшы аттуу да, жаман аттуу да болууга даярбыз.
Бизди жалганчылардай кабыл алышса да,
чындыкты гана сүйлөп жатабыз. 9 Бизди белгисиз
дешсе да, биз баарына белгилүүбүз. Бизди ажалы
жетти дешсе да, карагылачы, биз али тирүүбүз.
Бизди жазалашканы менен, өлтүрүшкөн жок.
10 Бизди капалантышса да, биз кубанып жүрөбүз.
Өзүбүз жарды болгонубуз менен, көптөрдү бай
кылабыз. Колубузда эч нерсе жок болсо да,
баарына ээбиз.
11 Корунттук боордоштор! Биз силерге ачык
сүйлөп, дилибизди силерге кенен ачып койгонбуз.
12 Биз эмес, өзүңөр эле жан-дүйнөңөрдү биз үчүн
жаап салып жатпайсыңарбы. 13 Силерге өз
балдарыма айткандай айтам: биздей болуп,
дилиңерди кенен ачкылачы.

### Бутпарастык таасирлер тууралуу эскертүү

14 Ишенбегендер менен моюнтуругуңар эч качан
бир болбосун. Адилеттик менен адилетсиздикти
кошсо болобу? Жарык менен караңгынычы?
15 Машаяк менен Белиар келишимге келе
алышабы? Же ишенген адам ишенбеген адам
менен биримдикте боло алабы? 16 Кудайдын
ийбадатканасында бурkандарга орун барбы? Силер
тирүү Кудайдын ийбадатканасысыңар. Анткени
Кудай мындай деген:
«Ичинен алардын Мен турак табам,
Жашаймын Мен алардын арасында.
Кудайы болуп алам аларга Мен,
Өз элим болуп калат алар Мага». ††
17 Эгебиз дагы мындай дейт:
«Алардын арасынан чыгып кетип,
Алардан бөлүнгүлө өзүңөрчө.
Тийбесин колуңар да арам затка.
Ошондо кабыл алам силерди Мен. ‡
18 Атаңар болуп калам баарыңардын,
Уул-кыздарым болосуңар силер Мага, –
Дейт бизге кудуреттүү Кудай Таала». ‡‡

7 Ошентип, сүйүктүүлөрүм, ушундай убадаларга
ээ болуп, денебиз менен рухубузду булгаган
ыплас нерселердин бардыгынан тазаланып,
Кудайды кадырлап, толугу менен адал өмүр сүрөлү.

### Пабылдын кубанычы

2 Бизге өз дилиңерди кенен ачып койгула. Биз эч
кимге жамандык кылган жокпуз, эч кимге зыян
тарттырбадык, эч кимдин эсебинен пайда
таппадык. 3 Мен муну силерди кекетип айтып
жаткан жокмун. Мурда деле айтканымдай, силер
биздин жан-дилибиздесиңер, биз өлүмдө да,
өмүрдө да биргебиз. 4 Силерге бек ишенип, силер
менен аябагандай сыймыктанам. Кайрат-жигерим
артып, тарткан бардык азаптарыма карабай,
кубанычым койнума батпайт.

---

†

†† ‡ ‡‡

5 Македонияга барганыбызда да эс ала алган
жокпуз. Сырт жактан башкалар менен алышсак,
ичибизден коркунуч кыйнап, бардык жагынан азап
тарттык. 6 Бирок көңүлү чөгүп тургандарга
сооронуч берүүчү Кудай бизге Титти жиберип,
ошону менен жаныбызды жубатты. 7 Анын келиши
гана эмес, силерден сооронуч алганын укканыбыз
да жаныбызга тынчтык берди. Ал эми силердин
мени канчалык сагынып, мурда капалантып
алганыңарга канчалык кайгырып, эми колдоого
даяр экениңерди укканда, төбөм көккө жетти.
8 Жазган катым силерди кайгыга салды деп аны
жибергениме башында өкүндүм эле, убактылуу
гана кайгыртканына көзүм жетип, кайрадан
өкүнбөй калдым. 9 Эми мен кубанып жатам.
Кубанганым болсо силерди кайгыртканыма эмес,
кайгырганыңардан улам ниетиңер өзгөргөнүнө.
Кайгырганыңар Кудайдан болуп, биз силерге эч
зыян келтирген жокпуз. 10 Анткени Кудайдан келген
кайгы адамдын ниетин гана өзгөртпөстөн, аны
куткарылууга алып келет да, эч өкүнүч калтырбайт.
Ал эми бул дүйнөдөн келген кайгынын түбү – өлүм.
11 Кудай салган кайгыңар не деген жемиш
бергенин карасаңар: болгон ишке ушунчалык
олуттуу мамиле кылып, канчалык тазалангыңар
келип турганын, күнөөгө кыжырданып, ушунчалык
коркконуңарды, өзүмдүн жаныңарда болушумду
эңсеп, туура иш кылууга далалаттанып, айыптуу
адамды жазалоого даяр болгонуңарды. Мунун
баары – силердин актыгыңардын ачык-айкын
далили.
12 Ошентип, жанакы катты жазсам да, мен муну
күнөө кетирген адам үчүн же күнөөдөн запкы
жеген адам үчүн кылганым жок. Кайра Кудай
алдында силердин канчалык биз үчүн кам
көргөнүңөрдү көрсөтөйүн деп жазгам.
13 Жаныбызды жубаткан мына ушу.
Сооронуп эле тим болбостон, баарыңардын
колдооңор Титти көңүлүн ушунчалык көтөргөнүн
угуп, кубанычка толдук! 14 Мен ага силерди
ушундай мактадым эле, силер да мени уятка
калтырбадыңар. Биз силерге дайыма чындыкты
гана айтып жүргөн сыяктуу, силер тууралуу Титке
айтылгандын баары да чындык болуп чыкты.
15 Силер анын тилин алууга канчалык даяр болуп,
аны канчалык кадырлап, кандай урмат-сый менен
тосуп алганыңарды эстеген сайын, анын силерге
болгон сүйүүсү күчөгөндөн күчөп баратат. 16 Мен да
силерге толук ишене аларыма аябагандай кубанып
турам!

### Македониялыктардын жоомарттыгы

8 Боордоштор, биз силерди билсин дегенибиз –
бул Кудайдын Македония аймагындагы
жыйындарга көрсөткөн ырайымы. 2 Не деген
кыйынчылыктарды баштан өткөрүп жатканына
карабай, алар кубанычка толуп турушат, өздөрү не
деген жакырчылыкта жашап жатышканына
карабай, эч аянбастан, ушунчалык берешен
болушууда. 3 Алар өз ынтаасы менен колунан
келгенин гана эмес, андан да көп беришкенине
мен күбөмүн. 4 Иерусалимдеги ыйыктарга жардам
берүүгө катыштыруунубузду көптөн көп суранышып,
ошону өздөрүнө артыкчылык көрүштү. 5 Мындай
болорун биз күткөн да эмес элек. Бирок алар
өздөрүн эң алды Эгебизге багыштап, анан
Кудайдын эрки менен бизге да жардамдашышты.

### Корунттуктарды жоомарттыкка чакыруу

6 Ошондон улам биз ушул соопчулук ишин
баштаган Титтен аны улантып, биротоло аягына
чыгарууга силерге жардам берип коюшун өтүндүк.
7 Силердин ишенимге, чечен сөзгө, билимге бай
болуп, жардам берүүгө далалаттанып, бизди
ушунчалык сүйгөнүңөрдү билип, бул жакшы иште
айкөлдүгүн көрсөтүшөт деген үмүттөбүз.
8 Бул сөзүм буйрук эмес. Болгону, башкалардын
кылган аракеттерин көрүп, эми силердин да чын
дилиңерден сүйгөнүңөр канчалык анык экенин
сынап көрөйүн дедим. 9 Эгебиз Ыйса Машаяктын
ырайымдуулугун силер өзүңөр билесиңер:
бардыгына ээ болуп турса да, Ал силерди ойлоп,
Өзүн силер үчүн жакыр кылды. Мунун максаты Өзү
жакыр болгону менен силерди байытууда эле.
10 Силерге берер кеңешим бул. Былтыр биринчи
болуп көмөк гана бербестен, ошого биринчи болуп
ниеттенген да силерсиңер. 11 Андай болсо, баштагы
ниетиңерден жазбай, бул ишти ошого жараша
бүткөрүп, колуңардан келгенин кылгыла. 12 Эгерде
берүүгө чындап ниетиңер бар болсо, анда берген
жардамыңар колуңарда жогун эмес, колуңарда
барын эске алуу менен кабыл алынат.
13 Мен милдеттин баарын силерге жүктөп,
башкалардын абалын жакшыртайын деп жаткан
жерим жок. Кеп теңчиликке жетүүдө. 14 Азыр силер
өзүңөрдөн артканын берип, алардын кем-карчын
толуктай алсаңар, кийин, силерде жетишсиз
болгондо, алар өздөрүнөн артканы менен
силердин кем-карчыңарды толукташат. Ошентип
арабызда теңчилик болот. 15 Ыйык Жазууда
айтылгандай,
«Көп чогулткан адамдын эч нерсеси артпады,
Аз чогулткан адамдын муктаждыгы болбоду». †

### Пабыл жиберген өкүлдөр

16 Титти да биздей кылып силерге ушунчалык кам
көрүүгө ниеттендирип койгон Кудайга шүкүрчүлүк
айтабыз! 17 Барып кел деп өтүнгөнүбүзгө гана макул
болбостон, жардам берүүгө ушунчалык
далалаттанып, ал силерге өз ыктыяры менен бара
жатат. 18 Аны менен кошо силерге дагы бир
боордошубузду жөнөтүп жатабыз. Ал Жакшы Кабар
таратууда кылган кызматы менен бардык
жыйындарда урмат-сыйга ээ. 19 Анын үстүнө,

---

†

жыйындар аны биз Эгебиздин атак-даңкын
чыгарган жана өзүбүздүн жардам берүүгө
ниеттенгенибизди көрсөткөн ушул кайрымдуулук
ишибизди аткарып жүргөнчө бизге жолдош кылып
дайындашкан.
20 Бизге табышталган мол тартууларыңарды
чогултуп бөлүштүрүүдө эч ким тарабынан
айыпталбаш үчүн этият болууга аракеттенип
жатабыз. 21 Анткени биз Эгебиздин алдында гана
эмес, элдин алдында да туура иш кылууга
умтулабыз.
22 Аларга кошуп өз арабыздан да дагы бир
боордошубузду жибердик. Аны көп ирет ар кандай
жагдайларда сынап көрүп, жардам берүүгө ынта
койгонуна ынангaнбыз. Эми болсо силерге
ушунчалык ишенгенинен ал жардам берүүгө
мурдагыдан да көп ниеттенүүдө. 23 Тит тууралуу
айта кетсек, ал – силерге жардам берүүдө мени
менен дайыма иштешип жүргөн өнөгүм. Эки башка
боордошубуз болсо – Машаяктын атак-даңкын
чыгара турган жыйындардын өкүлдөрү. 24 Андыктан
аларга сүймөнчүлүгүңөрдү көрсөтүп, ошол аркылуу
жыйындарды силер менен сыймыктанганыбыз
бекер эмес экенине ынандыргыла.

### Муктаж болгон боордошторго жардам берүү

9 Чынын айтканда, силерге ыйыктарга жардам
берүү жөнүндө жазуунун эч кажети деле жок,
2 себеби канчалык ынта койгонуңарды билип,
ахаялыктар † былтыртан эле даяр болгон деп,
македониялыктардын алдында силерди айтып
мактанып да жүрөм. Силердин бул ишке ынта
койгонуңар көптөрүнө түрткү берди. 3 Мына эми,
ошол мактанычым куру сөз болбосун деп жана,
мурда айтканымдай, даяр болушуңар үчүн силерге
боордошторуңарды жиберип жатам. 4 Антпесе,
элестетип көрсөңөр, мени менен кошо
македониялыктар келип калып, даярдыгыңар жок
болгонун көрүшсө, силерге ушунчалык ишенген
биз шерменде гана болбойбузбу. Ал эми силердин
кандай абалда каларыңарды айтпай деле койсо
болот. 5 Андыктан жанакы боордошторду, убада
кылган жардамыңар даяр болсун үчүн, силерге
өзүмдөн мурун жиберүүнү оң көрдүм. Ошондо мен
келгенде аныңар даяр болуп, аргасыздыктан эмес,
өз ыктыярыңар менен бергениңерди баары
көрүшөт.
6 «Аянып сепсең – аз түшүм,
Аянбай сепсең – мол түшүм»,
– деген сөздү унутпайлы.
7 Ошентип ар бириңер өкүнбөй же муну милдет
көрбөй, өзү канча каалаcа, ошончо берсин.
Анткени кубаныч менен бергендер Кудайга
жагышат. 8 Кудай болсо дайыма силерге керек
болгонунан алда канча көп берүүгө кудуреттүү.
Ошондо керектүүнүн баары дайыма колуңарда
болуп, жакшылык кылууга артыкчылыгы менен
жетет. 9 Ыйык Жазууда айтылгандай,
«Жардыга марттык менен берген колдун
Түбөлүк унутулбайт жакшылыгы». ††
10 Ошентип, дыйканга себилер үрөнүн, жей турган
нанын берген Кудай колуңарда барын көбөйтүп,
адилдигиңердин үзүрүн арттырат. 11 Ошондо
бардык нерсеге бардар болуп, силер дайыма
берешен боло аласыңар, ал эми биз аркылуу
көрсөткөн берешендигиңерден улам көптөгөн
адамдар Кудайга алкыш айтышат. 12 Анткени
кылган жакшылыгыңар ыйыктардын кем-карчын
гана толтурбастан, адамдардын Кудайга алкыш
айтууларын да арбытат. 13 Ошентип, кылган
жакшылыгыңарды көрүп, алар Машаяк тууралуу
Жакшы Кабарды берилгендик менен таратып
жатканыңар үчүн, жоомарттык менен колуңарда
барын алар жана башкалар менен бөлүшүп
жатканыңар үчүн Кудайды даңазалашат. 14 Алар
силер үчүн сыйынып, силерди көрүүгө ынтызар
болууда, анткени Кудай аларга силер аркылуу
Өзүнүн зор ырайымын көрсөттү. 15 Сыпаттап бүткүс
тартуусу – Уулу Машаяк үчүн Кудайыбызга
алкышыбызды айталы!

### Пабылдын элчилик беделин коргошу

10 Кээ бирөөлөр мени алдыңарда турганда
жалтанчаак болуп, ал эми алыс жүргөндө
болсо батыл болот дешет экен. Кантсе да, мен өзүм,
Пабыл, силерге кайрылып, Машаяктын момундугу
менен жоошугу үчүн силерден өтүнөм:
2 келгенимде мени ошентип батылдык менен
сүйлөөгө аргасыз кылбасаңар. Албетте, бизди ушул
дүйнөдөгүлөргө окшоп иш кылышат деп
ойлогондорго карата мен батыл болсом болормун.
3 Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен, биз
дүйнөдөгүлөргө окшоп согушпайбыз. 4 Согушкан
куралыбыз бул дүйнөнүн куралы эмес, чептердин
таш-талканын чыгарган Кудайдын кудуреттүү
куралы. Аны менен биз жалган ой-пикирлерди
талкалайбыз; 5 Кудайды таанып билүүнүн жолун
бөгөгөн текебердиктин баарын ойрон кылып, ар
бир адамдын ойлорун туткундап, Машаякка баш
ийдиребиз. 6 Ал эми силер Ага толугу менен баш
ийгениңерде, биз баш ийбестиктин баарын
жазалоого даяр болобуз.
7 Силер көзгө көрүнгөн нерселерге карап
жатасыңар. Эгер ким өзүн Машаяктыкымын деп
билсе, ал биз деле ага окшоп Машаяктыкы
экенибизди да ойлонсун. 8 Бизге берилген бийлик
менен өтө эле мактанып кетсем да, анын
эмнесинен уялам? Бул бийликти мага
ишенимиңерди талкалаш үчүн эмес, бекемдеш
үчүн Эгебиз Өзү берген. 9 Бирок мен силерди
каттарым менен коркуткум келбейт, андай
ойлобогула. 10 Кээ бирөөлөр: «Пабылдын каттарын
окусаң, ары сүрдүү, ары катаал угулат. Ал эми

†

††

келгенде, өзү да алсыз, сөзү да супсак», – дешет
экен. 11 Андайларга эскертерим бул: жаныңарда
жокто катыбыздан кандай көрүнсөк, келгенде да
дал ошондой болобуз.
12 Арийне, биз өзүбүздү мактанчаак немелерге
салыштырууга да батына албайбыз. Өздөрүн бири
бирине ченеп, өздөрүн бири бирине салыштырган
алардын кылыгы акылсыздык эмей эмне?!
13 Биздин мактануубуз болсо белгилүү чектен
чыкпайт. Ал чек – Кудайдын бизге бөлүп берген
иши. Силерге кылган кызматыбыз да ошол чектин
ичинде. 14 Силерге барганыбызда да, биз ошол
чегибизден чыккан жокпуз, анткени биринчи
болуп силерге Машаяк тууралуу Жакшы Кабарды
алып келген биз элек го?! 15 Биз башкалардын
кылган иши менен мактанып жаткан жерибиз жок.
Анын ордуна, силердин ишенимиңер өсүп, ошого
жараша биз да силердин араңарда мурдагыдан да
зор иш кыла алабыз деген үмүттөбүз. 16 Ошондо
силерден башка жерлерге да барып, Жакшы Кабар
тарата алабыз да, кимдир бирөөнүн өз ордунда
кылган иши менен мактанган болбойбуз.
17 «Кимде-ким мактангысы келип турса,
Мактансын Эгебиздин иши менен!» †
18 Өзүн-өзү мактаган адам эмес, Эгебиз мактаган
адам кадыр-баркка татыйт.

### Пабыл жана жалган элчилер

11 Атаганат, менин бир аз «акылсыздыгыма»
сабырдуураак болсоңор гана. Суранам,
ошондой болсоңор. 2 Анткени өзүм силерди пакиза
кыз сымал бир гана эрге, Машаякка, убада кылып
коюп, силерге Кудайдын Өзүнө окшоп кам көрүп
жатам. 3 Бир коркконум, жыландын жалган сөзүнө
алданган Обого окшоп, силер да акылыңардан
адашып, өзүңөрдү чын дил, ак ниет менен
Машаякка арнаганыңарды унутуп калбагай элеңер.
4 Анткени кимде-ким силерге биз жар салбаган,
башка Ыйсаны жар салып, же болбосо силер кабыл
алган Ыйык Рухтан башка рухту же бизден уккан
Жакшы Кабардан башка кабарды жеткирип келсе,
андайларга оңой эле чыдап жатпайсыңарбы.
5 Мен өзүмдү жанакы, силер «улуу элчи»
атагандарыңардан бир жерим кем деп ойлобойм.
6 Сүйлөгөндө, балким, алардай чечен эместирмин,
бирок билим жагын алганда, камчы салдырбайм.
Муну бардык жагынан бир далай жолу
далилдегенибизге өзүңөр деле күбөсүңөр.
7 Кызматыма эч акы сурабай, силерге Кудайдын
Жакшы Кабарын жар салып, аброюңарды көтөрүш
үчүн өзүмдү кемсинткен элем. Ушундай кылганым
күнөөбү? 8 Силерге кызмат кылганымда, акчалай
жардамды башка жыйындардан алып, силер үчүн
аларды чыгымга учураттым. 9 Араңарда жүрүп
каражатка муктаж болгонумда да эч бириңерди
кабатыр кылбастан, керектүү жардамды
Македониядагы боордошторумдан алып турдум.
Буга чейин силерге эч жагынан жүк болбогон
сыяктуу, мындан ары да жүк болбойм. 10 Машаяк
тууралуу айткан ар бир сөзүм канчалык чындык
болсо, ушул мактанычымды да Ахая аймагында эч
ким жокко чыгара албасы ошончолук анык. 11 Же
муну силерди жаман көргөнүмдөн айтып жатам
дейсиңерби? Силерди жакшы көргөнүмө Кудай Өзү
күбө.
12 Мен болсо буга чейин кандай иштеп келсем,
мындан ары да ошондой иштеп, жанакы «элчи»
сөрөйлөрдүн өздөрүн бизге окшотуп мактанышына
жол бербейм. 13 Анткени алар – Машаяк
элчилеринин кейпин кийип, өз кытмыр иштерин
кылган жалган элчилер. 14 Алардын минткени таң
калыштуу эмес. Шайтан өзү деле нур
периштесинин кейпин кийип жүрбөйбү. 15 Андай
болсо шайтандын нөкөрлөрү да адилет
нөкөрлөрүнүн кейпин кийип келгенин көрүп,
эмнесине таң калмак элек? Акыры алар өз
иштерине жараша тиешесин алышат.

### Пабылдын башынан өткөргөн азаптары

16 Дагы да кайталап айтам: эч кимиңер мени
акылсыз деп ойлобогула. Ал эми акылсыз десеңер,
анда дагы бир аз акылсызданып, мактанып алууга
мүмкүнчүлүк берсеңер. 17 Албетте, азыр айтып
жаткандарым Эгебизден келген сөз эмес, өзү менен
мактанып жаткан акылсыздын сөздөрү. 18 Бирок өз
пендечилигинен улам мактангандар көп болгон
соң, мен деле аларга окшоп мактана берейин.
19 Анткени өзүңөрдү акылдуу деп, акылсыздарга
оңой эле чыдап келатпайсыңарбы. 20 Бирөө келип,
силерди өзүнө багындырып жатса да, талап-тоноп
жатса да, өктөмдүк кылып жатса да, алдыңарда бой
көтөрүп жатса да, бетке согуп жатса да – ошонун
баарына чыдап келатпайсыңарбы. 21 Эми, эмне,
биздин силерге ушундай кылууга дарманыбыз
жетпей калды деп уялышым керекпи?
Кантсе да, башкалар эмнеси менен мактанышса,
бул сөзүм келжиректей угулса да, мен дагы ошону
менен мактанып көрөйүнчү. 22 Алар эврей бекен?
Мен да эврейимин. Ысрайылдык бекен? Мен дагы.
Ыбрайым урпактарыбы? Мен да. 23 Машаяктын
кызматчыларыбы? Акылынан айныган немедей
көрүнсөм көрүнөйүн, бирок мен өзүмдү аларга
караганда жакшыраак кызматчы деп эсептейм.
Алардан көрө көбүрөөк мээнеттенип, зынданга да
көп жолу камалдым. Канча ирет камчыланып, көп
жолу өлүмдүн жүзүн көрдүм. 24 Беш ирет
иудейлерден отуз тогуз шапалактан жеп, 25 үч ирет
мени таяк менен сабашкан, ал турсун бир жолу таш
бараңга да алындым. Үч жолу мен түшкөн кеме
кыйроого учурап, бир күн, бир түн ачык деңизде
калгам. 26 Көп жолу жер кезип, ташкындаган
суулардан, кол салган каракчылардан, өз
улутташтарымдан да, баш улуттагылардан да, эл
толгон шаар-кыштактардан, ээн жерлерден, суу-
деңиздерден, боордош сөрөйлөрдөн көптөгөн

†

коркунучтарга туш болгом. 27 Жыгылганча иштеп,
канча жолу түнү уйку көрбөй, ачка да калып,
чаңкап да көрдүм. Канча ирет бир сындырым
наным жок, киерге киймим жок, суукта да калдым.
28 Башкасын айтпаганда да, бардык жыйындардын
камын ойлоп күнүгө тынчым кеткени. 29 Бирөөнүн
алсыздыгын көрсөм, өзүм да алсыз болгон жок
белем? Бирөөнүн күнөөгө азгырылганын көрсөм,
жаным кайгыга баткан жок беле?
30 Мактанышым керек болсо, алсыз жактарым
менен мактанайын. 31 Айткандарымда калет жок
экендигин Кудайыбыз – Эгебиз Ыйсанын Атасы Өзү
билет. Ага түбөлүктөн түбөлүккө алкыш! 32 Дамаск
шаарында болгонумда, Арет падышанын аймак
акими мени кармамакчы болуп, бүт
дарбазаларына сакчы коюп чыккан эле. 33 Бирок
мени ага карматпай, сепил тешигинен себетке
салып түшүрүштү.

### Пабыл алган көрүнүш-аяндар

12 Мактануудан эч пайда болбосо да, мен
мактанууга аргасызмын. Бирок эми Эгебиз
берген көрүнүш-аяндарга өтөйүн. 2 Мен билгендей,
бир машаякчы адам он төрт жыл мурун үчүнчү
асманга көтөрүлгөн экен. Ошол жакка ал денеде
барганбы же руху эле алынганбы, мунусун
билбейм, бул Кудайга эле маалым. 3 –4 Ырас, көккө
жанакы адамдын руху эле көтөрүлгөнбү же денеси
дагыбы, билбейм, муну Кудай Өзү эле билет. Бирок
бир билгеним анык: ал адам жаннатка барып,
ошол жерден адам тили менен айтууга мүмкүн
болбогон, атүгүл айтууга тыюу салынган
нерселерди уккан экен. 5 Мына ушуну менен
мактансам мактанармын. Ал эми өзүм менен
мактана албайм, мактансам да, алсыздыгым менен
гана мактанам. 6 Мактанам деген күндө да, аным
акылсыздык болбойт, себеби чындыкты гана
айтам. Бирок менден көргөн-угканыңарга жараша
гана баалап, эч кимиңер мени өтө көкөлөтүп
ийбешиңер үчүн, мактануудан баш тарттым.
7 Ушундай укмуш аяндарды алганымдан
көөдөнүмдү көтөрбөсүм үчүн мага денеме
тикенектей сайылып, жанымды кыйнаган азап
берилди. Бул – шайтандын кызматчысы. Ал мени
кекирейбесин деп, жан этимди сыздатып жатат. 8 Үч
жолу Эгеме жалынып, аны менден алып салуусун
сурандым эле. 9 Бирок Ал мага мындай жооп
кайтарды: «Менин ырайымым сага жетишет,
себеби сен канчалык алсыз болсоң, сенден
көрүнгөн кудуретим ошончолук зор болот».
Андыктан менден Машаяктын кудурети көрүнсүн
үчүн, мактансам да, алсыздыгым менен мактанам.
10 Ошентип, алсыз калганыма, кордук көргөнүмө,
азап чеккениме, куугунтук жегениме, кыйынчылык
тартканыма курсантмын, себеби мунун баары
Машаяк үчүн болгон соң, алсыз болгонум күчтүү
болгонума тете.

### Пабылдын Корунттуктар үчүн тынчсызданганы

11 Мына, мактанам деп, келесоодой көрүндүм.
Бирок мени буга түрткөн силерсиңер. Мени силер
макташыңар керек эле, себеби өзүм эч нерсеге
татыбаганым менен, жанакы «улуу элчи»
дегениңерден эч нерсем кем эмес. 12 Араңарда
жүргөнүмдө, сабыр этип, Кудайдын чыныгы элчиси
болгонум көптөгөн кереметтүү жышаандар жана
кудуреттүү иштер менен далилденген. 13 Деги
башка жыйындарга салыштырганда, мен силерге
кылбай койгонум эмне? Өзүм силерге жүк
болбогонум элеби? Анда бул жаңылыштыгымды
кечирип койгула.
14 Мына эми силерге үчүнчү жолу барууга даяр
болуп турам. Барганымда, силерге жүк болбойм:
мага колуңарда бар болгону эмес, өзүңөр
керексиңер. Энчини балдары ата-энесине эмес,
ата-энеси балдарына чогултууга тийиш го.
15 Андыктан колумда болгондун баарын силерге
жумшоого, ал турсун өзүмдү берип салууга
ынтызармын. Же силерди ушунчалык сүйгөнүмдөн
мага деген сүйүүңөр азайып калабы?
16 Өзүмдү силерге жүк кылбадым дейли. Бирок
айрымыңар мени амалкөйлөнүп, өз тиешесин
бизге билгизбей алып жатат дейт чыгар. 17 Андай
болсо, айткылачы, мен жиберген кишилерим
аркылуу силерден өзүмө пайда көрдүм беле?
18 Титтин силерге барышын өтүнүп, ага кошуп дагы
бир боордошубузду жибергенимде, ал силерден
пайдаландыбы? Же ал экөөбүздүн ниетибиз менен
кылган ишибиз бирдей болгон жокпу?
19 Бизди дагы эле силердин алдыңарда актанып
жатат дейсиңерби? Бирок биз Машаякка
ишенгендер катары Кудай алдында сүйлөп
жатканыбызды билебиз. Эмне кылсак да, бардыгын
өзүңөрдү бекемдеш үчүн кылдык, сүйүктүүлөрүм.
20 Менин коркконум бул: силерге келгенимде, силер
мен каалабагандай, мен болсо силер
каалабагандай болбогой элек. Араңарда уруш-
кериш, көрө албастык, кыжырлануу, өзүмчүлдүк,
жамандашуу, ушакчылык, кекирейгендик,
тартипсиздик болбосо экен. 21 Кайра келгенимде,
силердин айыңардан Кудайдын алдында уят
болбогой элем, бир кезде күнөө кетирген
көбүңөрдүн алигиче өздөрүнүн кылган ыплас,
бузуку, уятсыз иштерине өкүнбөй, ниетин
өзгөртпөй жүргөнүн көрүп, аларды жоктоп зар
какшап калбагай элем.

### Эскертүү жана соңку сөз

13 Мына, мен силерге эми үчүнчү жолу бара
жатам. «Ар бир айыптоо эки же үч күбөнүн
сөзү менен ырасталышы керек». †2 Силерге экинчи
сапар барганымда, мурда күнөө кылгандарды,
дегеле баарыңарды эмки жолу келгенимде ар

†

күнөөкөрдүн сазайын колуна карматам деп
эскерткем болчумун. Мына эми, силерден алыс
жүргөнүмдө, ошону дагы бир ирет эскертем.
3 Анткени силер мен аркылуу чындыгында эле
Машаяк сүйлөп жаткандыгынын далилин талап
кылып жатасыңар. Далили мына: араңарда
иштегенде, Машаяк алсыз эмес, кудуреттүү. 4 Ал
айкаш жыгачка керилип өлтүрүлгөндө алсыз болсо
да, эми Кудайдын кудурети аркылуу жашап жатат.
Анын бир кездеги алсыздыгына окшоп, биз да
алсызбыз. Бирок Машаяк менен бирге Кудайдын
кудуретине таянып жашаганыбызды силер
көрөсүңөр.
5 Өзүңөрдүн ишеним менен жашаган-
жашабаганыңарды сынап көргүлө. Ичиңерде
чындыгында Ыйса Машаяк жашап жатканын
текшерип көргүлө. Эгерде Ал ичиңерде жок болсо,
анда силер ишеним жолунда эмессиңер. 6 Биз
ишеним жолунда жүргөнүбүзгө көзүңөр жетет
деген үмүттөмүн. 7 Кудайга сыйынып, силерге
жамандык кылууга жол бербөөсүн өтүнүп турабыз.
Мындагы максатыбыз, өзүбүздү жакшы көрсөтүү
эмес, кайра өзүбүз ишеним жолунда турбагандай
көрүнсөк да, силердин туура иш кылышыңар. 8 Биз
чындыкка каршы иш кыла албайбыз. Чындыкты
айгинелеп иш кылууга гана кудуреттүүбүз. 9 Өзүбүз
алсыз болсок да, силер күчтүү болсоңор, ошого
кубанабыз. Ал турсун силердин жеткилең
болушуңар үчүн сыйынабыз. 10 Андыктан барып
калганымда силерге катуу сүйлөп, Эгебиз берген
бийликтен пайдаланбайын деп, ушуларды алдын
ала, силерден алыс болгонумда айтып жатам.
Эгебиздин бийлиги мага силерди кыйратыш үчүн
эмес, бекемдеш үчүн берилген!
11 Акырында айтарым, боордоштор, кубангыла.
Жүрүм-турумуңарды өзгөртүп, бири бириңерге
жигер берип жүргүлө, бир ойдо болуп, ынтымакта
жашагыла. Кудайдын сүйүүсү менен тынччылыгы
силер менен болсун.
12 Бири бириңер менен боордошчо беттен сүйүп
учурашкыла. Мындагы ыйыктардын баары силерге
салам жолдошту.
13 Эгебиз Ыйса Машаяктын ырайымы, Кудайдын
мээрими жана Ыйык Рухтун катышы баарыңар
менен болсун.

# Галатиялыктарга

### Саламдашуу

1 Мен, адамдын эмес, Эгебиз Ыйса Машаяктын
жана Аны өлгөндөрдөн кайра тирилткен Кудай
Атабыздын тандаган элчиси Пабыл, 2 жана
жанымдагы башка боордоштор Галатия жериндеги
жыйындарга саламыбызды айтабыз. 3 Силерге
Кудай Атабыздын жана Эгебиз Ыйса Машаяктын
ырайымы менен тынчтыгын тилейбиз. 4 Машаяк
бизди ушул кыянаттык өкүм сүргөн замандын
бийлигинен бошотуш үчүн, Кудай Атабыздын
эркине моюн сунуп, Өзүн биздин күнөөлөрүбүз
үчүн курмандыкка чалган.
5 Кудай Атабызга түбөлүк даңк болсун! Оомийин.

### Бир эле Жакшы Кабар бар

6 Силерди Машаяктын ырайымы аркылуу Өзүнө
чакырып алган Кудайдан четтеп, башкалардын
«Жакшы Кабар» сөрөйүнө ооп баратканыңарды
билип, айран таң калып отурам.
7 Алардын айтканы Жакшы Кабар деле эмес. Алар
Машаяктын Жакшы Кабарын бурмаламакчы болуп,
силерди адаштырып жатышат. 8 Бирок ким болсо
да, биз өзүбүзбү же атүгүл асмандан түшүп келген
периштеби, биз тараткан Жакшы Кабардан бөлөк
кабар таратса, аны каргыш урсун! 9 Мурда
айткандарды дагы бир жолу кайталап айтам:
кимде-ким силер мурда уккан Жакшы Кабардан
бөлөк кабар таратса, аны каргыш урсун!

### Пабыл тараткан Жакшы Кабар адамдыкы эмес

10 Эми силер мени кимдин колдоосун издеп жатат
дейсиңер, адамдынбы же Кудайдынбы?! Же мен
чындап эле адамга жагынайын деп жатамбы?!
Эгерде дагы да ошентип жаткан болсом, анда мен
Машаяктын кулу болмок эмесмин.
11 Боордошторум, билип алгыла, мен тараткан
Жакшы Кабар адамдыкы эмес. 12 Мен аны бир дагы
адамдан укканым жок, аны мага эч ким окуткан да
жок. Бул кабарды мага Ыйса Машаяк Өзү аян
кылган.
13 Силер менин иудей дининде жүргөн кезимде
кылгандарымды, Кудай жыйынын жер менен
жексен кылам деп, артынан сая түшүп
куугунтуктаганым тууралуу уккан чыгарсыңар.
14 Ата-бабаларыбыздын адат-салттары дегенде, эт-
бетимен кетип, динчилдигим менен өз элимде
көптөгөн курбу-курдаштарымдан алдыда тургам.
15 –16 Бирок мени энемдин курсагынан эле тандап
алып, ырайым этип, Өз кызматына чакырган Кудай
Ыйса жөнүндө Жакшы Кабарды башка элдерге
таратышым үчүн Өз каалоосу менен мага Уулунун
ким экенин аян кылганда, мен эч ким менен
кеңешкен жокмун.~ 17 Иерусалимге барып, менден
мурда элчи болгондорго да жолукканым жок. Анын
ордуна Арабия жерине барып, андан кийин кайра
Дамаск шаарына кайттым.
18 Үч жыл өткөн соң, кийин, Петир менен
таанышайын деп, Иерусалимге келдим да,
аныкында он беш күнчө эле жүрдүм. 19 Ошондо мен
Эгебиздин иниси Жакыптан башка бир дагы элчиге
кезикпедим. 20 Ушул жазгандарым чындык экенине
Кудай Өзү күбө.
21 Кийин мен Сирия менен Киликия аймактарына
бардым.
22 Ал кезде мен Иудеядагы машаякчылардын
жыйындарына али тааныла элек болчумун. 23 Алар
башкалардын: «Мурда бизди куугунтуктап жүргөн
адам эми өзү бир кезде жок кылмакчы болгон
ишенимди таратып жүрөт», – деп айтканын гана
угушкан.
24 Муну укканда, алар мени ишенимге алып
келген Кудайды даңкташты.

### Пабыл тараткан Жакшы Кабардын калган элчилер тарабынан ырасталышы

2 Кийин, он төрт жыл өткөн соң, мен Барнап
менен кайрадан Иерусалимге барып, аякка
өзүм менен кошо Титти да ээрчитип алган элем.
2 Ал жакка барышым керек экенин Кудай мага аян
кылган болчу. Барганымда, аттуу-баштуу катары
эсептелгендерине өзүнчө жолугуп, жарышка түшүп
иштеп жатканым бекер эмес бекен деп, башка
элдерге жарыялап жүргөн Жакшы Кабарымдын
мазмунун аларга айтып бердим.
3 Алар болсо Титти да грек экенине карабай,
сүннөткө олтурууга мажбурлашпады. 4 Бул маселе
арабызга айрым жалган боордоштордун тыңчы
сымал кирип кеткенинен улам келип чыккан эле.
Алардын максаты биздин Ыйса Машаяк аркылуу
алган эркиндигибизди астыртан билип, бизди
кайрадан Тоорат мыйзамынын кулчулугуна
кайтаруу болчу.
5 Бирок Жакшы Кабар силерге өзүнүн чыныгы
маанисин жоготпос үчүн биз алардын кысымына
бой бербедик.

6 Ал эми аттуу-баштуу деп эсептелгендер (мындай
айтканымдын себеби, алардын ким болгону мен
үчүн эч маанисиз: Кудай адам өңүнө карабайт
эмеспи) тараткан Кабарыма эч нерсе
кошумчалашкан жок. 7 Тескерисинче, Петирге
иудейлердин арасында Жакшы Кабар таратуу
тапшырылган сыяктуу, мага да башка элдерге
Жакшы Кабар таратуу иши тапшырылганына
ынанышты. 8 Анткени иудейлерге элчилик кызмат
кылууга Петирге дем берген Кудай, мага да дал
ошондой башка элдердин арасында кызмат
кылууга дем берген.
9 Мен дагы Кудайдын ырайымы боюнча элчи
болгонумду таанышып, ишенгендердин тиреги
болуп эсептелген Жакып, Петир жана Жакандар,
биздин кызматташ экенибиздин белгиси катары,
Барнап экөөбүз менен кол алышты. Ошентип,
Барнап экөөбүз башка элдерге, алар болсо
эврейлерге баралы деп бир келишимге келдик.
10 Болгону алар Иерусалим жыйынындагы бей-
бечараларды унутпай жүрүүбүздү өтүнүштү. Мен
муну өзүм да дилгирлик менен орундатчу элем.

### Пабылдын Петирге каршы туруп Жакшы Кабардын чыныгы маанисин коргошу

11 Бирок Петир Антахияга келгенде, анын
айыптай турган иш кылганынан улам мен ага
ачыктан-ачык каршы чыктым. 12 Ал жакка
Жакыптын жиберген кишилери келе электе, ал
башка улуттагылар менен бир дасторкондо даам
татышкан экен. Тигилер келгенден кийин эврей
жердештеринен чочулаганынан улам, башка
улуттагылардан бөлүнүп, алардан оолактай
баштады. 13 Аны туурап, калган эврей
боордошторубуз да ошентишти. Петирдин эки
жүздүүлүгү ал тургай Барнапты да адаштырып
салды. 14 Алардын түз жолдон адашып, Жакшы
Кабар акыйкатына жараша иш кылбаганын көрүп,
мен бардыгынын көзүнчө Петирге мындай дедим:
– Сен эврей болуп туруп эврейлердей эмес, башка
улуттагылардай жашасаң, анда башка
улуттагыларга эврейлердин жашоосун
таңуулаганың кандай?

### Кудай бизди Тоорат мыйзамы аркылуу эмес, ишеним аркылуу актайт

15 Биз күнөөкөр бутпарас эмес, иудей болуп
туулганыбыз менен, 16 адам баласы Кудай алдында
эч качан Тоорат мыйзамын аткаруу менен
акталбастан, Ыйса Машаякка ишенгени менен гана
акталарын билебиз. Биз дагы Тоорат мыйзамын
аткаруу аркылуу эмес, Ыйсага арткан ишенимибиз
аркылуу Кудай алдында акталыш үчүн Ыйсага
ишенгенбиз. Себеби Тоорат мыйзамын аткаруудан
«адамдардын бири дагы актала албайт». 17 Ал эми
биз Ыйсага биригүү менен Кудай алдында
акталууну издеп жатып, өзүбүз башкалардан эч
айырмабыз жок күнөөкөр болуп чыксак, анда эмне,
Машаяк бизди күнөөгө түртүп жатабы? Андай
болушу дегеле мүмкүн эмес! 18 Эгерде мен мурда
өзүм жокко чыгарган мыйзамды калыбына келтире
баштасам, бул менин кылмыш кылганымды
айгинелеп турат. 19 Анткени Кудай үчүн
жашагандай болушум үчүн Тоорат мыйзамы мени
өлүм жазасына кести. Анын алдында мен өлгөн
кишимин. Мен Машаяк менен кошо айкаш
жыгачта керилгем. 20 Мындан ары мен өзүм
жашабастан, менин ичимдеги Ыйса жашайт.
Азыркы жашаганым – Кудай Уулуна ишенип гана
жашаганым. Ал мени сүйүп, мен үчүн Өз жанынан
кечкен. 21 Муну билип туруп, мен Кудайдын
ыроологон ырайымын кантип четке кагып
салайын? Анткени адам баласы Тоорат мыйзамы
аркылуу Кудай алдында актала алса, анда
Машаяктын Өз жанын курмандыкка бергени бекер
болбойбу?!

### Кудайдын батасы ишенгендерге гана тиет

3 Алда акылсыз галаттар-ай! Силерди бирөө
арбап салды беле? Айткандарымды укканда,
айкаш жыгачка керилген Ыйсаны өз көзүңөр
менен көргөндөй болдуңар эле го? 2 Деги мага бир
нерсени айткылачы: Кудайдын Рухун силер Тоорат
мыйзамын аткарганыңардан улам алдыңар беле
же Жакшы Кабар угуп, ишенгениңерден улам
алдыңар беле? 3 Ушунчалык да акылсыз
болосуңарбы?! Кудай Руху менен баштап, эми
акыркы максатыңарга өз күчүңөргө таянып
жеткиңер барбы? 4 Башыңардан канчалаган
кыйынчылыктарды өткөргөнүңөр кур бекер беле?
Кантип эле ошондой болсун! 5 Кудайдын силерге Өз
Рухун берип, араңарда Өзүнүн улуу, керемет
иштерин кылганы Тоорат мыйзамын аткарганыңар
үчүнбү же Жакшы Кабар угуп, ишенгениңер
үчүнбү?
6 Карасаңар, Ыбрайым «Кудайга ишенип, ошону
менен Кудай алдында ак деп табылды». †7 Билип
алгыла: Ыбрайымдын урпактары – бул ишеними
барлар. 8 Кудай башка элдерди ишенгендиги үчүн
актаарын мурдатан эле билип, Ыйык Жазууда
Ыбрайымга: «Сен аркылуу бардык элдер Менин
батамды алышат», †† – деген. Ошентип, Жакшы
Кабар алдын ала жарыяланган болчу. 9 Бул –
ишенимин Кудайга арткан Ыбрайым менен чогуу
ишенимге таянып жашагандардын баарына ак
бата тийгени да. 10 Ал эми Тоорат мыйзамын
аткарууга аракеттенип жашагандар болсо каргыш
алдында жүрүшөт, себеби Жазууда айтылгандай,
«Тоорат мыйзамында жазылгандардын бирин да
калтырбай, такай аткарып жүрбөгөн ар ким
каргышка калат». ‡11 Ал эми Кудайдын Тоорат
мыйзамы аркылуу эч кимди актабасы Жазуунун
төмөнкүдөй айтканынан эле көрүнүп турат:
«ишеним аркылуу Кудай алдында ак деп табылган

† †† ‡

адам өмүргө ээ болот». †12 Тоорат мыйзамынын
ишенимге эч тиешеси жок. Тескерисинче, Жазууда
айтылгандай, андагы «бардык талаптарды аткарган
адам алар аркылуу өмүргө ээ болот». ††
13 –14 Бирок Машаяк бизге тийиштүү каргышты
Өзүнө алды, себеби Жазууда: «Жыгачка асылып
өлтүрүлгөн ар кимди каргыш урат», ‡ – деп
айтылган. Ошону менен Ыбрайымга берилген ак
бата Ыйса Машаяк аркылуу башка элдерге да
тарап, биз болсо убада кылынган Ыйык Рухту
ишеним аркылуу кабыл алышыбыз үчүн Машаяк
бизди Тоорат мыйзамында айтылган каргыштан
бошотуп алды.

### Тоорат мыйзамынын Кудай убадасына эч тиешеси жок

15 Боордошторум, адамдык эле көз караш менен
карап көрөлү: экөө келишим түзүп, аны аткарууга
сөз беришсе, аны башка бирөө буза да албайт, ага
эч нерсе кошо да албайт. 16 Бул жолу да ушундай:
Кудай Өз убадаларын Ыбрайымга жана анын
урпагына берди. ‡† Жазууда «урпактары» дебестен
(бул көп адамды билдирмек), жекелик эле түрдө
«урпагы» деп, бирөө жөнүндө гана кеп кылат. Ошол
Бирөө – Машаяк. 17 Менин айтайын дегеним, Кудай
Ыбрайым менен келишим түзүп, аны аткарууга сөз
берген. Төрт жүз отуз жыл кийин келген Тоорат
мыйзамы ошол келишимди жокко чыгарып,
Кудайдын убадасын буза албайт. 18 Анткени
Кудайдын тартуулаган мурасын ала турганыбыз
Тоорат мыйзамына негизделип калса, анда бул
мындан ары Анын убадасына негизделбейт. Бирок
Кудай Ыбрайымга ырайым этип, мурасты убада
аркылуу берген.

### Тоорат мыйзамынын максаты эмнеде эле?

19 Андай болсо, Тоорат мыйзамынын максаты
эмнеде эле? Ал күнөөнүн кылмыштуулугун
аныктап, ашкерелеш үчүн кошулуп берилген. Ал
убадаланган «урпак» келгичекти гана өкүм
жүргүздү. Тоорат мыйзамын периштелер жеткирип,
буга бир адам ортомчу болгон. 20 Бирок ортомчу
эки тарап келишим түзүшкөндө гана керек. Ал эми
Кудай – бирөө!
21 Анда, эмне, Тоорат мыйзамы Кудай
убадаларына каршы келеби? Бул дегеле мүмкүн
эмес! Адам баласына берилген Тоорат
мыйзамынын түбөлүк өмүр алып келгидей
кудурети болгондо, анда ар ким Тоорат мыйзамын
аткаруу аркылуу эле Кудай алдында актала алмак.
22 Бирок Ыйык Жазууда бүтүндөй адамзат күнөөнүн
туткунуна камалганы айтылган. Мунун максаты –
Кудайдын убадасын Ыйса Машаякка болгон
ишеним аркылуу жана ишенгендерге гана берүү
болчу.

23 Ал эми ошол ишеним ачылып берилер мезгил
келгичекти, Тоорат мыйзамы бардыгыбызды сакчы
сымал туткунда кармап турду. 24 Ошентип, биздин
ишеним аркылуу акталышыбыз үчүн Машаяк
келгенге чейин биз Тоорат мыйзамынын
карамагында болдук. 25 Эми, ишеним мезгили
келгенде, биз мындан ары Тоорат мыйзамынын
кол алдында эмеспиз. 26 Машаякка
ишенгендигибиз үчүн баарыбыз Кудайдын
балдары болдук.
27 Машаяк менен тыгыз байланышта болуу үчүн
чөмүлүү расмисинен өткөндөрдүн баары Анын
рухий касиетине бөлөнүштү. 28 Демек, мындан ары
биз еврей же башка улуттагы адам, кул же эркин,
эркек же аял деп бөлүнбөстөн, Ыйса Машаяк менен
болгон биримдигибиз аркылуу Кудай алдында
бардыгыбыз бирдейбиз. 29 Машаякка таандык
болсоңор, анда силер Ыбрайымдын урпагысыңар,
демек, Кудай эмнени убада кылса, ошого
мураскорсуңар.

### Мурда кул элек, эми мураскор болдук

4 Силерге айтайын дегеним бул: мураскор али
бала кезинде баарына ээ болгону менен,
кулдан эч айырмасы жок. 2 Атасы белгилеген
мезгил келмейинче, тарбиячылар менен үй
башкаруучуларынын кароосунда жүрөт. 3 Анын
сыңары, биз да бала чагыбызда бул дүйнөнүн
пайдасыз эрежелерине баш ийип келген элек. 4 –5
Бирок убагы келгенде, Кудай Өз Уулун жиберди.
Тоорат мыйзамынын алдында жашагандарга
боштондук алып бериш үчүн Ал кадимки эле
аялдан төрөлүп, Кудай Аны Тоорат мыйзамынын
алдына койду. Ошол аркылуу бизге Кудайдын
балдары болууга жол ачылды. 6 Силер Анын
балдары болгондуктан, Кудай жан дүйнөңөргө Өз
Уулунун Рухун салып, Ал ичиңерден: «Абба! Ата!» ‡‡
– деп чакырып жатат. 7 Ошентип, силер мындан
ары кул эмес, Кудайдын балдары болдуңар. Андай
болсо, Кудай силерди мураскор да кылды.
8 Бир кезде силер чыныгы Кудайды тааныбай,
дегеле кудай болбогондорго кул болуп
келгенсиңер. 9 Бирок эми Кудайды таанып
билгенде, же тагыраак айтканда, Кудай силерди
өзүнүкү деп тааныганда, силер жанакы алсыз, эч
пайдасы жок эрежелерге кайтып, кайрадан аларга
кул болгуңар барбы? 10 Силер диний салттарга
ылайык атайын күндөрдү, айларды, мезгилдерди
жана жылдарды сактоого аракеттенип жатасыңар.
11 Мунуңарды көрүп, силерге жумшаган
эмгегимдин баары бекер беле деп тынчым кетет.

### Пабыл галаттарды өзүндөй болууга чакырат

12 Боордошторум, өтө суранам, мендей
болгулачы! Мен деле силердей болгон элем го.
Силер мага эч бир жамандык кылган жоксуңар.

† †† ‡ ‡† ‡‡

13 Өзүңөр билгендей, силерге биринчи жолу
келгенимде, ооруп жүргөнүмдөн улам гана
араңарда калып, Жакшы Кабар тараткан элем.
14 Бирок оорума чыдаш кыйын болсо да, силер
менден жийиркенген да, жүз буруп кеткен да
жоксуңар. Тескерисинче, Кудайдын
периштесиндей, ал тургай Машаяк Ыйсанын
Өзүндөй кабыл алган элеңер. 15 Ошондогу
кубанчыңар кайда кеткен? Ал кезде, керек болсо,
мага өз көзүңөрдү оюп алып, берүүгө даяр
экениңерди көрүп турбадым беле! 16 Же чындыкты
айтканым үчүн эми силердин душманыңар болуп
калдымбы?
17 Жанакы силердин көңүлүңөрдү алууга
жанталашып жаткандардын ниети жакшы эмес.
Алар силерди менден ажыратып, кайрадан
өздөрүнө жагындыргысы бар . 18 Бирөөнүн көңүлүн
алуу, эгерде ал ак ниеттен келип чыкса
чындыгында жакшы нерсе. Бул мен силердин
араңарда болгонума гана эмес, бардык учурларга
тиешелүү.
19 Алда балдарым-ай! Силерден Машаяктын
мүнөзү толук көрүнмөйүн, силер үчүн убайым жеп,
мен кайра эле толгоосу келип, кыйналып жаткан
энедей болуп отурам. 20 Ушул кезде силердин
жаныңарда болсом, жаным кашайбай, силер менен
кантип сүйлөшүп, эмне дээримди билет элем го!

### Биз рухий эркиндик үчүн туулганбыз

21 Тоорат мыйзамынын алдында жашайм
дегендерге бир собол таштайын: силер Тоорат
мыйзамында эмне айтылганын уккан жок белеңер?
22 Анда Ыбрайымдын эки уулу болгон деп
жазылган. Алардын бири – күңдөн, бири – эркин
аялдан туулган. 23 Бирок күңдүн баласы адамдын
эрки менен, эркин аялдын баласы Кудайдын
убадасы менен туулган. 24 Эми бул окуяны каймана
түрдө алып көрсөк, эки аял эки келишимди
билдирет. Алардын бири – балдары кулчулукта
туулган Ажар – бул Синай тоосунда түзүлгөн
келишим. 25 Арабиядагы Синай тоосун элестеткен
Ажар азыркы Иерусалим шаарын билдирет. Анын
бүткүл калкы кулчулукта күн көрүүдө. 26 Бирок
асмандагы Иерусалим эркин. Ал биздин энебиз.
27 Ыйык Жазууда мындай деп айтылган:
«Бир да жүктүү болбогон,
Бала төрөп көрбөгөн
Аялзаты, сүйүнгүн!
Толготпогон кыйналып
Аялзаты, кубанып,
Бийик чыгар үнүңдү!
Себеп десе, күйөөсү
Таштап кеткен аялдын
Күйөөсү бар аялдан
Көбүрөөк болот баласы». †
28 Эми, боордошторум, силер да, Ыскакка
окшоп,~Кудайдын убадасы аркылуу Анын балдары
болдуңар. 29 Ал кезде адам эрки менен туулган уул
Кудай Рухунун убадасы менен туулган уулду
кодулагандай, биз да азыр куугунтукталып жүрөбүз.
30 Бирок Ыйык Жазуу эмне дейт? «Күңдү баласы
менен кошо кууп жибер, анткени күңдүн баласы
эркин аялдын баласындай мураскор болбойт».
††31 Ошентип, боордошторум, биз күңдүн балдары
эмес, эркин аялдын балдарыбыз.

### Эркиндигиңерди сактагыла

5 Машаяк бизге эркиндик берип, биз эми
эркинбиз! Эркиндигиңерди колдон чыгарбай,
өзүңөрдү кайрадан кул болуудан сактагыла.
2 Уккула, мен, Пабыл, силерге мындай деймин:
эгерде силер сүннөткө олтургузууга макул
болсоңор, анда Машаяктын кылганы силер үчүн
бардык маани-маңызын жоготот. 3 Дагы эскертем:
ким сүннөткө олтургузулса, ал Тоорат мыйзамын да
толугу менен аткарууга милдеттүү болуп калат.
4 Тоорат мыйзамы аркылуу акталам дегендер,
силер өзүңөрдү Машаяктан ажыратып, Кудайдын
ырайымынан кур жалак калдыңар. 5 Биз болсо
ишенимге ээ болуп, Рухтун колдоосу менен
Кудайдан келе турган акталууну чыдамсыздык
менен күтүп жатабыз. 6 Ыйса менен бирге болсок,
анда сүннөткө олтурган-олтурбаганыбыздын эч
мааниси жок. Маанилүүсү – сүйүү аркылуу көрүнгөн
ишенимибиз гана.
7 Силер жакшы бараттыңар эле, чындыкка шек
келтирип, жолуңарды бөгөгөн ким? 8 Албетте,
силерди Өзүнө чакырып алган Кудай эмес. 9 «Бир
кумалак бир карын майды чиритет» деген сөздү
унутпагыла. 10 Кантсе да, Эгебиз менен бирге
болгонубуздан улам, мен силердин башка ойго
өтүп кетпесиңерге ишенем. Ал эми силерди
адаштырып жаткан ким болбосун, ал өзүнүн
тийиштүү жазасын алат.
11 Боордошторум, эгерде мен дагеле сүннөткө
олтургузуунун керек экенин жарыялап жаткан
болсом, анда неге дагеле куугунтукта жүрөм?
Ошондой болсо, Машаяктын айкаш жыгачын жар
салганым эч кыйынчылык туудурбайт эле го.
12 Башыңарды айландырып жаткандар өздөрүн
биротоло бычып салышса болмок!

### Рухтун жетегинде жашагыла

13 Боордошторум, Кудай силерди эркин болууга
чакырган. Бирок эркиндигиңерге шылтап,
өзүңөрдү күнөөлүү табиятыңардын кумарын
кандырууга жумшабагыла! Андан көрө, бири
бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла. 14 Анткени
бүтүндөй Тоорат мыйзамы «Жакыныңды өзүңдү
сүйгөндөй сүй» ‡ деген сөзгө камтылган. 15 Ал эми
бири бириңди жутуп ийчүдөй болуп, кемирип-кесе
берсеңер, абайлагыла, акыры бириңди бириң жок
кылып тынасыңар.

†

†† ‡

16 –17 Ошондуктан силерге айтарым: күнөөлүү
табиятыңардан чыккан кумарларга берилип кетпес
үчүн, Рухтун жетегине баш ийип жашагыла, себеп
дегенде күнөөлүү табиятыбыздын каалаганы –
Рухка, Рухтун каалаганы – күнөөлүү табиятыбызга
каршы. Алардын каршылашканынан улам силер өз
каалаганыңарды кыла албайсыңар. 18 Рухтун
жетегинде болсоңор, анда силер Тоорат
мыйзамынын алдында эмессиңер.
19 Күнөөлүү табиятыбыздын кылыктары белгилүү.
Бул – бузукулук, ыпластык, уятсыздык,
20 бутпарастык, көз боёмочулук, касташуу, уруш-
талаш, кызгануучулук, кыжырлануу,
кекирейгендик,~жик салгандык, бөлүнүүчүлүк;
21 көрө албастык, масчылык, айбанчылык жана
башка ушул өңдүүлөр. Мурда эскерткенимдей, дагы
эскертем: мындай кылгандар Кудай
Падышачылыгына мураскор боло албайт.
22 –23 Рухтун жемиштери болсо сүйүү, кубаныч,
тынчтык, сабырдуулук, кайрымдуулук, кең
пейилдик, ишенимдүүлүк, мээрбандык, өзүн өзү
кармай билүү. Буларга каршы мыйзам жок. 24 Ким
Ыйса Машаякка таандык болсо, ал өзүнүн күнөөлүү
табиятын бардык кумар-ышкылары менен кошо
айкаш~жыгачка керип салган. 25 Биз Рух аркылуу
өмүргө ээ болгон соң, өзүбүздү толугу менен Рухтун
жетегине тапшырып жашайлы! 26 Ошентип,
кекирейбейли, бири бирибизди ызалантпайлы
жана бири бирибизге көрө албастык менен мамиле
кылбайлы.

### Бири бириңерге кызмат кылгыла

6 Боордошторум, эгерде араңардан бирөөнүн
Кудайга жакпаган иш кылганын билип
калсаңар, анда~Рухта жетилгениңер аны
мээримдүүлүк менен туура жолго салып
койгонуңар абзел. Бирок абайлагыла, өзүңөр да
кошо күнөөгө азгырылып кетпегиле.
2 Кыйынчылыкта бири бириңерге жөлөк-таяк
болгула. Ошондо гана Машаяктын мыйзамын
аткарасыңар. 3 Анткени кимде-ким эч нерсеге
татыбай туруп, кыйынсынып бой көтөрсө, бул анын
өзүн өзү алдаганы. 4 Андан көрө, ар бириңер
өзүңөрдүн кылганыңарды байкап, сынап жүргүлө.
Ошондо сыймыктансаңар да, өз ишиңер менен
сыймыктанып, башкаларды кароонун кажети жок
болот. 5 Ар кимдин өз түйшүгү бар.
6 Кимде ким башка бирөөдөн Кудай Сөзү боюнча
таалим алса, колунда барын устаты менен
бөлүшсүн.
7 Алданбагыла: Кудай эч качан уят болбойт. Ким
эмнени эксе, ошону орот. 8 Күнөөлүү табиятына
азгырылып, өз керт башын гана ойлогон адамдын
эккени өлүмгө алып келет. Ал эми Рухтун жетеги
менен эккени Рухтан түбөлүк өмүр энчисин табат.
9 Жакшылык кылсак, талыкпай мээнеттенели.
Ошондо акырына чейин чыдай алсак, өз убагында
эмгегибиздин үзүрүн көрөбүз. 10 Ошондуктан,
мүмкүнчүлүк барда бардыгына, эң алды бизге
ишеним аркылуу боордош болгондорго жакшылык
кылалы.

### Соңку сөз: акырына чейин ишенимдүү болгула

11 Эми мынабу чоң тамгалар менен жазылганына
көңүл бурсаңар. Бул – менин өз колум менен
жазганым. 12 Адамдарга жагыныш үчүн силерди
сүннөткө олтурууга мажбурлагандар муну Машаяк
керилген айкаш жыгач үчүн куугунтук жегиси
келбегендиктен гана жасап жатышат. 13 Алар
сүннөткө олтурганы менен, өздөрү деле Тоорат
мыйзамын аткарышпайт. Ал эми силерге сүннөткө
олтурууну таңуулап жатканы башкалардын
мактоосуна татыш үчүн гана. 14 Мен болсо Эгебиз
Ыйса Машаяктын айкаш жыгачынан башка эч
нерсе менен мактангым келбейт. Ал аркылуу бул
дүйнө – мен үчүн, мен– бул дүйнө үчүн жокмун.
15 Сүннөткө олтурган-олтурбаганыбыздын эч
мааниси жок. Маанилүүсү – Кудай Рухунан
кайрадан жаралганыңар. 16 Дал ушул негизге
таянып жашагандардын, Кудай элинин – чыныгы
Ысрайыл болгондордун баарын Анын тынчтыгы
менен кайрымы коштосун!
17 Мындан ары эч ким мага ушуга окшогон
кыйынчылык туудурбасын. Себеби этимдеги
жараттар Ыйсанын басылган тамгасы сыяктуу. Бул
мен Анын кызматчысы экенимди айгинелейт.
18 Эгебиз Ыйса Машаяктын ырайымы рухуңарга
тирек болсун, боордошторум! Оомийин.

# Эфестиктерге

### Саламдашуу

1 Кудайдын амири менен Машаяк Ыйсанын
элчиси болгон Пабылдан Эфес шаарында
жашаган ыйыктарга – Машаяк Ыйсанын
үмөттөрүнө дубай салам. 2 Ылайым силерге биздин
Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса Машаяк ырайым
кылып, тынччылыгын берсин.

### Машаяк алып келген рухий ырыскы-берекелер

3 Машаяк бизге көктөн алып келген бардык рухий
ырыскы-берекелери үчүн Эгебиз Ыйса Машаяктын
Кудайына жана Атасына алкыш! 4 Кудай бизди Өз
алдында ыйык жана кынтыксыз болсун деп, бул
дүйнө жарала электе эле Машаяк аркылуу тандап
алып, 5 бизге деген ак тилеги менен Ыйса Машаяк
аркылуу Өз балдары кылып алууну тээ мурунтан
эле белгилеп койгон. 6 Өзүнүн улуу ырайымы
менен бизге сүйүктүү Уулу аркылуу тартуулаган
ушул бекер белеги үчүн Кудайга даңк! 7 –9 Машаяк
курман болуп, каны менен күнөөлөрүбүздүн кунун
төлөгөндө, биз кечирим алып, жазадан
куткарылдык. Ошентип Кудай бизге чексиз
ырайымын көрсөттү! Бардыгын акылына батырып,
бардыгын күн мурунтан билген Кудай ак тилегинде
тээ илгертен эле Машаяк аркылуу орундатам деген
максаты боюнча Өз каалоосунун купуя сырын
бизге ушундайча айкын кылды. 10 Убакыт белгилүү
бир толук мерчемине жеткенде, бүтүндөй аалам,
асман-жердегинин бардыгы түгөл Машаяктын
бийлиги алдына келет. Ошондо Кудайдын максаты
толугу менен ишке ашат. Белгиленген убакыт-
сааты жеткенде, Кудай бүтүндөй ааламды, асман-
жердегинин бардыгын түгөл Машаяктын кол
алдына алып келет. Ошондо Кудайдын каалаганы
толугу менен ишке ашат.
11 Машаяктын аркасы менен биз Кудайдын
мураскорлору да болдук, анткени бардыгын Өз
эрки боюнча кылган Ал көздөгөн максатына
ылайык бизди башынан эле тандап алган. 12 Ал
муну биз – Машаякка биринчи болуп үмүт
арткандар – өз жашообузда Анын атак-даңкын
чыгарсын деп кылды. 13 Силер да Машаяктын
чындык сөзүн – куткарылуу алып келүүчү Жакшы
Кабарды угуп, ага ишенгениңерде, Кудай элине
кошулдуңар. Убада кылынган Ыйык Рухун берүү
менен Ал силерге Өзүнүн мөөрүн басып койду.
14 Муну Ал биз аркылуу Өз атак-даңкын чыгарыш
үчүн кылды. Ошол Рух – Кудай Өз элин түгөл
куткарганда аларга даярдап койгон мурасты биз да
аларыбыздын анык кепилдиги.

### Пабылдын сыйынуусу

15 Ошол себептүү Эгебиз Ыйсага канчалык
ишенгениңерди жана ыйыктардын баарын
канчалык сүйгөнүңөрдү укkандан бери 16 сыйынган
сайын силерди эстеп, силер үчүн Кудайга
рахматымды тынбай айтып келатам. 17 Эгебиз Ыйса
Машаяктын Кудайы, теңдешсиз улуу Атадан
силерге Өз Рухун берүүсүн да суранып келем. Ал
Рух силерди акылмандыкка үйрөтүп, аяны менен
Кудайдын ким экенин таанытат. 18 Дагы суранганым
– Кудай көкүрөгүңөрдү ачсын. Ошондо Кудай
силерди чакырып алганда кандай үмүткө ээ
кылганын, Анын ыйыктарга бере турган улуу
мурасы канчалык бай экенин жана 19 Ага ишенген
бизди колдогон Анын кудурети канчалык эбегейсиз
зор экенин көрөсүңөр. Дал ушул эбегейсиз зор
кудурети менен Кудай 20 Машаякты өлүмдөн
тирилтип, көккө чыгарып, Өзүнүн оң жагындагы
сыйлуу орунга отургузуп, 21 зоболосун көктөгү
бардык башкаруучулардан, бийликтерден,
күчтөрдөн, өкүмдарлардан өйдө көтөрүп, бул эле
заманда эмес, келерки замандардагы бардык
даража-наамдардан жогору наамды ыйгарды.
22 Кудай бардыгын Машаяктын бийлиги алдына
келтирди да, Аны бардыгынын үстүнө коюп,
жыйындын башчысы кылды. 23 Жыйын болсо
Машаяктын денеси, кудурети бүтүндөй ааламга
толгон Машаяктын нак Өзү.

### Кудай ыроологон жаңы өмүр

2 Мурда кылмыштарыңар менен
күнөөлөрүңөрдүн айынан силер өлүк элеңер.
2 Ошол кезде бул дүйнөнүн кыянат жолун жолдогон
силер бизди жогортон курчап турган кара
күчтөрдүн башчысына көз каранды болгонсуңар.
Ал бүгүн Кудайга моюн сунбагандарды башкаруу
аракетинде. 3 Дегеле бардыгыбыз бир кезде
ошондой адамдардын арасында жашап, адамдык
табиятыбызга жетеленип, анын ой-кумарларын
аткарып, жаратылышыбыздан эле башкалар
сыяктуу Кудайдын каарына калган элек. 4 –5 Бирок
кайрымга бай Кудай Өзүнүн бизге төккөн улуу
мээрими менен кылмыштарыбыздын айынан өлүк
болгон бизди да Машаяк менен бирге кайрадан

жандандырды. Ошентип, силер Кудайдын
ырайымы менен куткарылдыңар. 6 Машаяк Ыйса
менен кайра тирилткен соң, Кудай силерди көктө
Анын жанына олтургузуп койду. 7 Ал муну Машаяк
Ыйса аркылуу бизге төккөн мээрими менен
келечек кылымдарга Өзүнүн эбегейсиз зор
ырайымын көрсөтүү үчүн кылды. 8 Силердин
ишенип куткарылганыңар өзүңөрдүн
жетишкендигиңер эмес. Өзүнүн ырайымы менен
Кудай аны силерге белек кылды. 9 Ал жакшы
иштердин сообу да эмес. Демек, эч кимдин
мактангыдай жөнү жок. 10 Кудай бизди Машаяк
Ыйса менен тыгыз алакада болгонубуздан улам Өзү
биз үчүн алдын ала белгилеп койгон жакшылык
иштерин жасоого жараткан.

### Машаяк берген биримдик

11 Силер башка улуттан болуп туулганыңарды,
денелик сүннөтү кесилген эврейлер тарабынан
«сүннөттөлбөгөндөр» деп аталганыңарды
эсиңерден чыгарбагыла. 12 Бир кезде Машаякты
тааныбай, Ысрайыл элинен тышкары, Кудайдын
убада берип калтырган келишимдерине эч
тиешеңер жок болуп, бул дүйнөдө үмүтсүз жана
Кудайсыз жашап келгенсиңер. 13 Эми болсо бир
кезде Кудайдан алыс жүргөн силерди Машаяк Ыйса
курмандык канын төккөнү менен Жаратканга
жакындатып койду. 14 –15 Анткени Машаяк Өзү
биздеги ынтымак-ырашкердиктин башаты! Ал
жектешкен эки тараптын ортосун бөлүп турган
кастыктын дубалын талкалап, аларды бириктирди.
Өз денесин курмандыкка берүү менен Тоорат
мыйзамынын эреже-парыздарынын күчүн жокко
чыгарды да, эврейлер менен башка улуттагыларды
Өзү менен тыгыз байланышта болгон бир жаңы эл
кылып, ынтымакка келтирди. 16 Айкаш жыгачтагы
курмандыгы менен ортодогу кастыкты жоюп, Өзү
бир бүтүн дене кылган аларды Кудай менен
элдештирди. 17 Кудайдан алыс жүргөн силерге да,
Кудайды жакындан тааныган бизге да Ал келип
тынччылыгын сүйүнчүлөдү. 18 Ошентип
Машаяктын аркасы менен силерге да, бизге да бир
Рухта Кудай Атабыздын атын чакырып сыйынууга
жол ачылды.
19 Андыктан силер мындан ары чоочун да, келгин
да эмессиңер. Тескерисинче, ыйыктардын
мекендештери, Кудай үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү,
20 элчилер менен пайгамбарлар салган негиздин
үстүнө тургузулган имарат болдуңар. Ыйса Машаяк
болсо – ошол имараттын пайдубал ташы.
21 Бүтүндөй курулушту бириктире кармап, Эгебизге
багышталган ыйык ийбадаткана кылып тургузуп
жаткан Ал Өзү. 22 Анын аркасы менен силер да бири
бириңерге кыналып, ичинде Кудайдын Ыйык Руху
жашай турган жайга айланасыңар.

### Пабылдын башка улуттагыларга өтөгөн кызматы

3 Мен, Пабыл, башка улуттан чыккан силерге
кызмат кылууга Машаяк Ыйса тарабынан
жиберилип, дал ошол себептүү эми түрмөгө
камалып олтурам. 2 Бул милдетти өзүңөр үчүн
аткарууга мени Кудай ырайым этип дайындаганын
силер, албетте, уккансыңар. 3 Кудай мага аян
берип, анда Өзүнүн купуя ой-максатын белгилүү
кылганын мен силерге жогоруда кыскача жазып
кеттим. 4 Машаяк орундатар ошол купуя ой-максат
тууралуу менин түшүнүгүмдү силер жанакы
жазгандарымды окуп биле аласыңар. 5 Адамзаттын
өткөн муундарына жашырын болгон бул ой-
максатын Кудайдын Руху эми Анын ыйык элчилери
менен пайгамбарларына билдирди. 6 Анын
мааниси мындай: Жакшы Кабар аркылуу башка
улуттагылар да ысрайылдарга мурасташ, бир
денеде мүчөлөш жана Кудайдын Машаяк Ыйса
аркылуу берилген убадаларына энчилеш болушат.
7 Кудай мага ырайым этип, Өз кудурети менен
өмүрүмдү өзгөртүп, Жакшы Кабарын жар салуучу
кызматчысы кылып койду. 8 –9 Ыйыктардын
ичинен эң арзыбаганы болсом да, Ал мага ырайым
кылды да, Машаяк ээ кылчу эбегейсиз зор рухий
байлыктар тууралуу кабарды башка улуттагыларга
жар салууну жана бардыгын жараткан Кудайдын
тээ атам замандан бери жашырын сактап келген
ой-максаты эмне экенин элдин баарына
жеткирүүнү тапшырды, 10 анткени эми түзгөн
жыйыны аркылуу Кудай көктөгү башкаруучулар
менен бийликтерге Өзүнүн бардык кылган
иштеринде канчалык акылман экенин көрсөткүсү
келди. 11 Ал муну тээ башынан көздөгөн, эми болсо
Эгебиз Ыйса Машаяк аркылуу орундаткан
түбөлүктүү ой-максатына ылайык кылды. 12 Демек,
Ыйса Машаяк менен тыгыз байланышта болуп, Ага
ишенсек, анда биз Кудайга тартынбай, жакындап
барууга батына алабыз. 13 Андыктан силер үчүн
азап тартып жатканымды көрүп, кайратыңардан
кайтпагыла. Мен тарткан азаптар силерге сыймык
алып келет.

### Машаяктын сүйүүсү

14 Мына ушуларды ойлоп, көктөгү Атабыздын
алдында чөк түшүп сыйынам: 15 асман-жердегинин
баарын бар кылган – Ал. 16 Сыйынуудагы тилегим:
ылайым улуулугу чексиз Кудайыбыз Өз Руху менен
силерди кайраттандырып, күч-кубатын берсин;
17 ишенимиңер аркылуу Машаяк жүрөгүңөрдөн
орун алып, Анын сүйүүсү өзүңөрдү бекемдеп,
жашооңордун негизи болсун; 18 –19 Бардык
ыйыктар менен бирге силерге да Ал Машаяктын
сүйүүсү канчалык кенен жана узун, канчалык бийик
жана терең экендигин түшүнүүгө кудурет берсин.
Адам акылынан алда канча жогору турган ошол
сүйүүнү билип калсаңар экен. Ошондо силер

Кудайдын кулк-мүнөзү менен бардык касиеттерин
боюңарга сиңире баштайсыңар. [20] Биздин
ичибизде күч-кудурети менен аракеттенип, биз
сурагандан же ал турсун ойлогондон ченемсиз
артык кыла алган Кудайга [21] Анын жыйыны аркылуу
жана Машаяк Ыйса аркылуу укумдан тукумга,
түбөлүктөн түбөлүккө атак-даңк болсун! Оомийин.

### Жыйын – бардыгын бириктирген Машаяктын денеси

4 Эгебизге кызмат кылганым үчүн камакта
олтурган мен силерден көптөн-көп өтүнөм:
Кудай силерди Өз элинин катарына кошконун эске
алып, ошого ылайык жашагыла; [2] дайыма токтоо,
баарына кичи пейил жана көтөрүмдүү болгула;
бири бириңердин көңүлүңөрдү карап,
сүймөнчүлүгүңөрдү көрсөткүлө; [3] колуңардан
келишинче ынтымак-ырашкерлигиңерден жазбай,
Рух ыроологон биримдикти сактагыла!
[4] Кудай силерди Өзүнүкү кылып алганда
баарыңарга бирдей үмүт берген сыяктуу,
өзүңөрдөн куралган Дене да, башыңарды кошкон
Рух да бир. [5] Эгебиз да бир, туткан ишенимибиз да
бир, биз өткөн чөмүлүү расмиси да бирдей.
[6] Баарыбыздын Атабыз болгон Кудай да бирөө эле –
Ал бардыгынан жогору туруп, бардыгы аркылуу
иштеп, бардыгынын ичинде жашайт.
[7] Ар бирибизге болсо Машаяк Өзүнүн чексиз
жоомарттыгы менен Өз жөндөмүн берди. [8] Ыйык
Жазууда айтылгандай:
«Жетелеп көп сандагы туткундарын,
Ал чыкты эң жогорку бийиктикке,
Ыроолоп адамдарга тартууларын». †
[9] Бул жердеги «жогору чыкты» деген сөз Анын
мурда жердин түпкүрүнө да түшүп келгенинен
башка эч нерсени билдирбейт. [10] «Жердин түбүнө
түшүп келгени» жанакы эле «жогору, асман
бийиктигине чыккан» Машаяктын Өзү. Муну менен
Ал бүтүндөй ааламды Өз кудуретине толтурмак.
[11] Ошентип Ал бирибизге элчи, башкабызга
пайгамбар, дагы бирибизге жакшы кабарчы,
башкабызга жыйын багуучу жана таалимчи
болууга жөндөм берди. [12] Машаяк муну ыйыктарды
кызмат кылууга машыктырып, Өз Денеси болгон
Жыйынды өстүрүү үчүн кылды. [13] Баарыбыз Кудай
Уулуна ишенүүдө жана Аны таанып-билүүдө
биримдикке келгиче, рухий жактан өсүп-жетилип,
Машаяктын нак Өзүндөй жеткилең болгуча
ушундай болот.
[14] Ошондуктан биз мындан ары бала сымал
деңдароо же оома болбойлу, ак жолдон
адаштырган амалкөй, кытмыр адамдарга алданып,
кез келген окутууну ээрчибейли. [15] Анын ордуна,
чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жактан өсүп-
жетилип, Жыйын Башы – Машаякка мурдагыдан да
көбүрөөк окшошо берели. [16] Ал Өзү ар бир мүчөсүн
аткарган милдетине ылайык иштетип, алардын
баарын ар түрдүү өз ара байланыштар аркылуу
бири бирине туташтырып, бүтүндөй Денени
бириктире кармап, өстүрүп, сүйүү менен бекемдеп
турат.

### Эски жашоо менен жаңы жашоо

[17] Эгебиздин атынан силерге катуу эскертем:
мындан ары Кудайды таанybaган, куру убайым жеп
жашаган башка улуттагылардай болбогула. [18] Алар
наадандык менен тоңмоюндуктун айынан аң-
сезими тунарып, Кудай каалагандай жашашпайт.
[19] Уят-сыйыт дегенди толугу менен жыйыштырып,
алар баш оту менен ыпластыкка берилип алышты
да, бузукулуктун бардык түрлөрүн жасоодон эч
жадашпайт.
[20] Бирок силердин Машаяк тууралуу үйрөнүп-
билгениңер таптакыр башка. [21] Силер Ыйса
жөнүндө угуп, Анын үмөттөрү болгонуңарда, Ал
насааттап кеткен чындыктардан таалим алганыңар
анык эмеспи. [22] Андай болсо, мурдагы
жашооңордон, азгырык кумарларга батып, апат
болуп бараткан эски табиятыңардан баш тарткыла.
[23] Жаңыча ой жүгүртүп, толугу менен өзгөрүп,
[24] Кудайдын бейнеси боюнча, чыныгы адилеттик
менен ыйыктыкка толо жаратылган жаңы адам
болуп өмүр сүргүлө.

### Жаңы адамдын кулк-мүнөзү

[25] Андыктан калп айтууну таштап, баарыбыз бир
денеде мүчө экенибизди эске алып, ар бириң
башкаларга чындыкты гана айтып тургула!
††[26] Ачууга алдырып күнөөгө кириптер болбогула, ‡
күн батырбай ачууңарды баскыла да [27] ибилистин
эч бир амалына жол бербегиле! [28] Ким буга чейин
уурулук кылса, эми анысын токтотсун. Андан көрө,
өз жанын да багып, башкалардын кем-карчына да
кол кабыш кылгыдай, адал эмгек кылсын.
[29] Оозуңардан эч кандай жаман сөз чыкпасын.
Андан көрө жылуу сөзүңөр уккандардын купулуна
толуп, алардын көңүлүн көтөрүп турсун.
[30] Ошондой эле Кудайдын Ыйык Рухун капа
кылбагыла: Кудай элине кошулганыңардын мөөр
белгиси, бир күнү бардык күнөөлөрүңөрдөн түгөл
куткарыларыңардын кепилдиги – Ал. [31] Ар кандай
кектешүү менен каардануудан, ачуулануу менен
бакырып-өкүрүүдөн, кордоо менен бардык
жамандыктан арылгыла. [32] Бири бириңерге кичи
пейил, боорукер болуп, Кудай силерди Машаяк
аркылуу кечирген сыяктуу силер да бири
бириңерди кечирип жүргүлө.

### Машаяктын жарыгында жашоо

5 Сүйүктүү балдары катары Кудай Атаңардан
үлгү алгыла. [2] Машаяк бизди сүйүп, биз үчүн
Өзүн Кудайга жыпар жыттуу тартуу, Аны ыраазы

†

†† ‡

кылган курмандык кылып бергендей, силер да
бири бириңерди сүйүп жашагыла.
3 Араңарда ойноштуктун, ар кандай ыпластыктын
жана ач көздүктүн өзү турсун, жыты да болбосун:
мунун баары ыйыктарга жарашпайт. 4 Ошондой
эле адепсиз, келжирек сөздөр менен уятсыз
азилдерден да оолак болгула. Андан көрө, Кудайга
алкыш айтып турганыңар дурус. 5 Билип алгыла,
ойноштук кылган, бузуку жана ач көз адамдардын
бутпарастардан эч айырмасы жок, алардын бири
да Машаяк жана Кудай Падышачылыгынын
босогосун аттап, андан энчисин албайт. 6 Дал
ушундай кылгандары үчүн Кудайга моюн
сунбагандардын башына Анын каары түшөрүн
билип, эч кимдин куру сөзүнө кирип, алданып
калбагыла. 7 Андайлар менен эч ымалаңар
болбосун.
8 Бир кезде силер караңгылыкта жашап
келгенсиңер, эми Эгебизди таанып, Анын жарык
нуруна толдуңар. Андай болсо, нурдун
балдарындай жашагыла. 9 Анткени Кудайдын
жарык нуруна толуп жашаганыңар жакшылыгыңар
менен адилеттигиңерден, чындыкка шайкеш
иштериңерден көрүнөт. 10 Андыктан эмнелер
Кудайдын көңүлүнө төп келгенин билип алгыла.
11 Караңгылыктын жакшылык алып келбес
иштерине аралашпастан, андан көрө, аларды
ачыкка чыгаргыла. 12 Тымызын кылынган ошол
иштерди кеп кылыштын өзү эле уят. 13 Караңгы
жерге жарык түшкөндө, андагынын баары ачык
көрүнөт, 14 анткени жарык бардыгын жарык кылат.
Дал ушул себептүү мындай деп айтылганы бар:
«Уктаган, ойгон, өлгөндөн тирил,
Машаяк сага жарыгын төгөт».
15 Ошондуктан өзүңөрдү байкап, акылсыздардай
эмес, акылдуулардай жашагыла, 16 азыркы
замандын кыянатчыл экенин билип, ыңгайы
келген сайын жакшылык кылып тургула. 17 Алды-
артын ойлобогон немелерге окшобой, андан көрө,
Эгебиздин силерге болгон эркин билип алгыла.
18 Шарапка тоюп алып мас болгондун ордуна, Ыйык
Рухка толгула, анткени масчылык адепсиздикке
алып келет. 19 Бирге чогулганыңарда, Эгебизди
жан-дилиңерден мактап, даңазалап, рухий
ырларды ырдагыла. 20 Эгебиз Ыйса Машаяктын
атынан бардыгы үчүн дайыма Кудай Атабызга
шүкүрчүлүк келтирип тургула.
21 Машаякты кастарлап, башкаларды өзүңөрдөн
өйдө көргүлө.

### Жубайларга насаат сөз

22 Аялдар, Эгебизге кандай баш ийсеңер,
күйөөлөрүңөргө да ошондой баш ийүүгө даяр
болгула, 23 себеби Жыйын Башы Машаяк болгон
сыяктуу, аялдын башчысы – анын эри. Машаяк Өзү
куткарып алган жыйын – Анын Денеси. 24 Жыйын
Машаякка баш ийген сыяктуу аялы да күйөөсүнө
бардык жактан баш ийүүгө тийиш.
25 Күйөөлөр, Машаяк Өз жыйынын сүйүп, Ал үчүн
жанын берген сыяктуу силер да өз аялыңарды
сүйгүлө! 26 Машаяк жыйынды суу менен тазартып,
сөзүнүн кудурети менен Кудай эли кылды.
27 Машаяк жыйынды Өзүнө шаң-салтанатка
бөлөнгөн, эч бырыш-тагы, эч кемчилиги жок, аруу
жана кынтыксыз колукту кылып алуу үчүн
ушуларды кылган. 28 Күйөөлөр аялдарын өз жан-
тениндей сүйүүгө тийиш. Аялын сүйгөнү өзүн
сүйгөнүнө тете. 29 Анткени эч ким өз денесин жек
көрбөйт, тескерисинче аны азыктантып, кам көрөт.
Машаяк да дал ошентип жыйынга кам көрөт. 30 Биз
болсо бул дененин мүчөлөрүбүз. 31 «Ошол себептүү
адам ата-энесинен бөлүнүп, аялы менен кошулат
да, экөө бир болуп калышат». †32 Бул сөздө терең
сыр катылган, мен анын төркүнү Машаяк менен
жыйындын мамилесинде деп түшүнөм. 33 Анын
силерге да түздөн-түз тиешеси бар. Ошентип ар
бириңер өзүңөрдү кандай сүйсөңөр, аялыңарды да
ошондой сүйгүлө. Аялдар болсо өз күйөөлөрүнө
урмат-сый көрсөтүшсүн.

### Ата-эне менен балдарга насаат сөз

6 Балдар, силерге айтарым: Эгебизге
ишенгендер катары ата-энеңердин тилин
алгыла. Ушинткениңер эң жакшы болот. 2 Он
осуяттын ичинде Кудай убадасы кошулуп
берилгендеринин биринчисинде: «Атаң менен
энеңди урматта», – деп айтылган. 3 Андагы убада
болсо мындай: «ошондо жакшылык көрүп, жер
бетинде узак өмүр сүрөсүң». ††
4 Аталар, силер да балдарыңарды ызалантпагыла.
Андан көрө, Эгебиздин калтырган таалимине
ылайык аларга акыл-насаат айтып, туура тарбия
бергиле.

### Кожоюндар менен кулдарга насаат сөз

5 Кулдар, силерге айтарым: Машаякка баш
ийгендей, өз кожоюндарыңарды да кадырлап,
аларга ак дилиңерден баш ийгиле. 6 Калп эле алар
барда гана жалпылдабастан, ар дайым Машаяктын
кулдары катары чын жүрөктөн Кудайдын эркине
ылайык иш кылгыла. 7 Адамга эмес, Кудайга кызмат
кылып жаткандай, айткандарын ынта коюп
аткаргыла. 8 Кул болобу, эркин адам болобу, ар ким
Эгебизден өз сыйлыгын кылган жакшылыгына
жараша алары эсиңерде болсун.
9 Кожоюндар, силер дагы кулдарыңарды жогоруда
айтылгандай сыйлай билип, алардын да,
өзүңөрдүн да төбөңөрдө эч кимди өңүнө карап
соттобогон, бирден-бир Ээбиз бар экенин билип,
аларды коркутуп-үркүткөнүңөрдү койгула.

### Кудайдын рухий курал-жарагы

10 Акырында айтарым бул: Эгебизден күч-кубат
алып, Анын кудуретине таянгыла. 11 Ибилистин ар

† ††

кандай амалдарына туруштук бериш үчүн
Кудайдан алган бардык курал-жарактар менен
куралдангыла. [12] Анткени биздин айыгышкан
душманыбыз адам баласы эмес. Биз көзгө
көрүнбөгөн бийликтер менен күчтөргө, бул
дүйнөнү башкарган караңгылык акимдерине,
асман алдында өкүмүн жүргүзгөн жиндерге каршы
согушабыз. [13] Андыктан Кудайдын бардык курал-
жарагын азыр алгыла! Ошондо, башыңарга кыйын
күн түшкөндө, душмандын соккусуна туруштук
берип, бардыгына чыдап, жеңилбейсиңер.
[14] Кармашка даяр тургула! Белиңерди акыйкат
кемери менен курчап, көкүрөгүңөрдү адилдик
сооту менен жаап алгыла. [15] Бутуңарды кийип,
дүйнөгө тынчтык алып келчү Жакшы Кабарды
таратууга даяр болгула. [16] Ошону менен бирге
бардык учурда азгыруучунун «оттуу жебелерин»
өчүрүү үчүн ишеним калканын көтөрүп,
[17] куткарылганыңар башыңарга туулга болуп,
колуңарга рухий кылычыңарды – Кудай Сөзүн
алгыла. [18] Сыйынып, Кудайдын колдоосун суранган
сайын Рухтун кудуретине толгула. Дайыма сак
болуп, бардык ыйыктар үчүн тынбай сыйынып
тургула.
[19] Сыйынууларыңарга мени да кошо кеткиле:
оозумду ачканымда эле Кудай Өз сөзүн сала берсин
да Кудайдын Жакшы Кабарынын купуя сырын
коркпостон жарыя кылайын. [20] Аны таратууга
жиберилген кабарчы катары азыр камалып да
олтурам. Эми Кудайдын кабарын айтканымда, аны
жазганбай айтууга Анын мага кайрат берүүсүн
суранып сыйынсаңар.

### Соңку сөз жана бата тилөө

[21] Кымбаттуу боордошубуз жана Эгебиздин
ишиндеги ишенимдүү кызматташыбыз Тихик эмне
болуп, эмне кылып жатканымдын баарын силерге
айтып берет. [22] Аны жиберип жаткандагы
максатым, силерге ал-акыбалыбызды билдирип,
көңүлүңөрдү тынч алдыруу.
[23] Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса Машаяк
бардык боордошторубузга тынччылыгын, өз ара
сүйүү менен ишенимин берсин. [24] Эгебиз Ыйса
Машаякты жан-дилинен берилип сүйгөндөрдүн
баарына Кудай ырайым кылсын.

# Филипиялыктарга

### Саламдашуу

1 Филипия шаарындагы Ыйса Машаяк менен
тыгыз байланышта болгон бардык ыйыктарга
жана жыйындагы жетекчилер менен
жардамчыларга Ыйса Машаяктын кызматчылары
Пабыл менен Тиметейден дубай салам:
2 Ылайым эле Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса
Машаяк силерге ырайым этип, тынччылыгын
берсин!

### Пабылдын филипиялыктар үчүн сыйынуусу

3 Силерди эстеген сайын Кудайга ырахматымды
айтам, 4 дайыма бардыгыңар үчүн кубануу менен
сыйынып турам. 5 Анткен себебим, ишенимге
келген эң биринчи күнүңөрдөн баштап, азыркыга
дейре силер мени менен бирге Жакшы Кабар
таратышып келатасыңар. 6 Араңардан ушул жакшы
ишин баштаган Кудай аны Ыйса Машаяктын
кайтып келер күнүнө чейин бүткөрөрүнө эч шегим
жок. 7 Бардыгыңарды ойлогонумда жаным кубанып
турса, анан кантип эле силер жөнүндө башка ойдо
болоюн? Себеби Кудай силерге да меникиндей
артыкчылык берип, качан болбосун – азыр,
камакка алынганымдабы, же эркин жүрүп, Жакшы
Кабар чындыгын коргоп, аны эл арасында орнотуп
жатканымдабы, силер менин кызматташтарым
болуп келдиңер. 8 Машаяк Ыйсанын Өзүндөй
болуп, ар бириңерди жанымдан артык көргөнүмө
Кудай күбө.
9 Менин сыйынганым – сүйүүңөр барган сайын
артып, чындык эмне экенин билип, баарын туура
баамдаган кыраакы болсоңор экен. 10 Ошондо
өзүңөр үчүн изгиликтүүсүн тандап, Машаяк келген
күнү бардык ыплас нерседен оолак, кынтыксыз
болосуңар да, 11 Ыйса Машаяктын колдоосу менен
жашооңордо адилет иштер көп болуп, ал аркылуу
Кудайдын улуулугу көрүнүп, ысмы даңазаланат.

### Жашаганым Машаяк үчүн

12 Силерди билсин дегеним, боордоштор, мен
кабылган окуя чындыгында Жакшы Кабардын
ийгилигине гана өбөлгө түздү. 13 Ошондон улам
бүтүндөй кансарай сакчыларына да, башкаларга да
менин Машаяк үчүн камалганым белгилүү болуп
калды. 14 Ошентип, камакка алынганым
боордошторумдун көпчүлүгүнүн Эгебизге арткан
ишенимин бекемдеп, Кудай сөзүн коркпостон,
ачык айтууга кайрат берди.
15 Ырас, алардын кээ бири Машаяк тууралуу
кабарды көрө албастыктан же атаандаштыктан
улам жарыялап жатышат. Бирок башкалары аны ак
ниетинен айтып жүрүшөт. 16 Булар Жакшы Кабарды
колдогонум үчүн камакка алынганымды билишип,
муну сүйүү менен жасап жатышса, 17 тигилер
Машаякты ак ниетинен эмес, өз пайдасын гана
ойлоп жарыялоодо. Алардын көздөгөнү – камакта
отурган мага гана көбүрөөк кыйынчылык алып
келүү.
18 Андай болсо эмне экен?! Машаяк тууралуу
кабардын – ак ниеттен болобу же арам ой менен
болобу, айтор жар салынып жатканы мени
кубандырат. 19 Мен буга мындан ары да кубана
бермекчимин. Себеби сыйынууларыңар менен
Ыйса Машаяк жиберген Рухтун колдоосу менин
бошотулушума жол ачарын билем. 20 Менин эңсеп,
үмүттөнгөнүм – бардык мезгилде, айрыкча азыр
кайратка толуп, тирүү калсам дагы, өлсөм дагы,
ошону менен Кудай алдындагы парзымды аткарып,
Машаяктын атак-даңкын чыгаруу. 21 Анткени
жашаганым Машаяк үчүн. Андай болсо, өлгөнүм
менен ого бетер көп пайда алып келчүдөймүн.
22 Бирок аман калсам, дагы да үзүрлүү
эмгектенмекмин. Андыктан кайсынысын
тандаарымды өзүм билбейм. 23 Эки анжы болуп,
бушайманмын. Жалган дүйнөдөн бөлүнүп, Машаяк
менен болууну каалар элем. 24 Бирок тирүү
калганым силер үчүн көбүрөөк пайдалуу. 25 Мына
ушуга көзүм жетип, аман калып, мындан ары да
баарыңар менен бирге болорумду билем. Ошондо
ишенимиңер артып, силерге дагы да көбүрөөк
кубаныч алып келет. 26 Кайрадан силерге
кайтканымда, Ыйса Машаякка ишенип жашаган
силер Анын мага көрсөткөн ырайымы үчүн
сыймыктануу менен алкыш айта аласыңар.
27 Бирок кандай болбосун, Машаяктын Жакшы
Кабарына шайкеш жашагыла. Ошондо силер
менен көрүшсөм да, көрүшпөй калсам да, ой-
тилегиңер бир болуп, Жакшы Кабарга таянган
ишенимиңер үчүн бир кишидей болуп
күрөшкөнүңөрдү угам. 28 Каршылаштарыңардан
коркпогула, кайраттуу болгула. Бул алардын
кыйрашынын, силердин болсо
куткарыларыңардын ачык-айкын белгиси. Силерге
жеңиш бере турган Кудай Өзү. 29 Анткени Машаякка
ишенгенибиз гана эмес, Анын урматына азап

тартканыбыз да Кудайдан алган артыкчылыгыбыз.
30 Ошентип, менин мурда эле катышып жүргөнүмдү
көрүп, азыр да катышып жатканымды уккан рухий
кармашууга эми силер да кошулдуңар.

### Машаякты туурап, момун болгула

2 Машаяк менен болгон биримдигиңер кайрат
берип, Анын сүйүүсү жаныңарды жубатабы?
Ыйык Рух башыңарды кошуп, бири бириңерге
жароокер жана кайрымдуусуңарбы? 2 Андай болсо,
бир ойдо, бир сүйүүдө, бир рухта жана бир
максатта болгонуңар менен менин кубанчыма
кубаныч кошкула. 3 Эч нерсени өз керт
башыңардын пайдасын гана ойлоп же болбосо
менменсинип кылбагыла. Андан көрө, кичи пейил
болуп, башкаларды өзүңөрдөн жогору койгула. 4 Ар
кимиңер өз таламыңарды гана талашпай,
башкалардын мүдөөсүн да ойлогула. 5 Машаяктын
кулк-мүнөзү силерде болсун.
6 Кудайлык табияты болсо да, Ал
Кудайга тең болууга жармашпады,
7 Баш тартып бүт нерседен эрки менен,
Кул кейпин кийип, адам болуп келди.
Төрөлүп алсыз пенде келбетинде,
8 Машаяк Өзүн Өзү төмөн койду.
Кудайдын өкүмүнө моюн сунуп,
Өлгөнчө тилин алды, болгондо да
Айкаш жыгач үстүнөн өлгөнчөктү.
9 Андыктан Кудай Анын зоболосун
Көтөрүп, эң жогорку ысым берди,
Ысымдардын баарынан бийик турган.
10 Ошентип, көктөгүлөр, жердегилер,
Түпкүрүндө бул жердин болгондор да
Чөгөлөп, Ыйса алдына келет баары.
11 Ыйсанын Эге экенин жар салышып,
Кудайдын атак-даңкын арттырышат.

### Силер дүйнөгө жанган нурсуңар

12 Ошентип, сүйүктүүлөрүм, мен жаныңарда
болгонумда силер дайыма тилимди алып келген
сыяктуу, эми, жаныңарда жок болгонумда андан
бетер тил алчаак болгула: Кудайдан коркуп, Аны
кастарлап, өз куткарылууңар иш жүзүнө толук
ашсын үчүн бардык аракетти көргүлө. 13 Анткени
силерди Өз эркине моюн сунууга ниеттендирген
да, Өзүнө жаккандай иш кылууга даремет берген
да Кудай.
14 Эмне иш кылсаңар да, арызданбагыла да
талашып-тартышпагыла. 15 Ошондо ушул бузулган,
күнөөгө белчесинен баткан адамзаттын арасында
Кудайдын жеткилең балдары катары эч күнөөсү
жок, кынтыксыз болосуңар. Бул дүйнөгө нур сымал
жаркырап, 16 адамдарга түбөлүк өмүр алып келчү
сөздү тараткыла. Мындай кылсаңар, Машаяк
кайткан күнү мен бардык кылган аракетим менен
жасаган ишим текке кетпегенин билип,
сыймыктана алам.
17 Кудайга ишеним артып, кылган кызматыңарды
Анын урматына чалынган курмандык катары
тартуулаганыңарда, курмандыктын үстүнө куюлган
шарап сыяктуу менин каным төгүлүшү керек болсо,
ошого да кубанып, кубанчымды баарыңар менен
бөлүшөр элем. 18 Анын сыңары, силер да кубанып,
кубанчыңарды мени менен бөлүшүүгө
тийишсиңер.

### Тиметей менен Эпафродит

19 Эгебиз Машаяк буюрса, жакын арада
Тиметейди жиберип, ал келгенде, силер тууралуу
укканым мага кайрат берет деген үмүттөмүн.
20 Менчилеп, чын дилинен силердин камыңарды
көргөн жалгыз ал гана. 21 Калгандарынын баары
Ыйса Машаякка кызмат кылууну эмес, өз пайдасын
гана көздөп жатышат. 22 Силер билгендей, Тиметей
мени менен Жакшы Кабар таратышууда ата-бала
сыяктуу иштешип, өзүн мыкты кызматкер катары
көрсөтө алды. 23 Андыктан мага эмне болгону
жатканын билер замат аны силерге жибере алам
деген илгери үмүтүм бар. 24 Андан соң, Эгебиз
өзүмдү да силер менен жүз көрүштүрөрүнө
ишенем. 25 Ошондой эле боордошубуз
Эпафродитти силерге кайра жиберейин деп жатам.
Аны мага кам көрсүн деп өзүңөр жиберген элеңер.
Бул жерден ал мени менен иштешип да, Жакшы
Кабар чындыгын коргоп бирге күрөшүп да жүрдү.
26 Кайра жиберейин дегеним, ал баарыңар менен
көрүшүүгө зар. Анын үстүнө өзүнүн ооруганын
укканыңардан да тынчы кетип жатат. 27 Ал
чындыгында эле ооруп, өлгөнү аз калган. Аман
калганы – бул Кудайдын ага гана эмес, мага да
көрсөткөн ырайымы. Себеби андан айрылсам,
кайгым ого бетер көбөймөк. 28 Ушундан улам мен
аны силерге жиберүүгө мурдагыдан да көбүрөөк
ниеттенип турам. Ошондо силер да анын аман-соо
экенин көрүп кубанасыңар, менин да санаам
тынчып калат. 29 Ошентип, Эгебиздеги
боордошуңарды чоң кубаныч менен тосуп алгыла.
Мындай адамдар зор урмат-сыйга татыйт. 30 Себеп
дегенде ал Машаяктын иши үчүн жанын аябай,
өзүңөр алыс болуп бере албай жаткан жардамды
бериш үчүн жанын тобокелге салып, өлүп кала да
жаздады.

### Адамдык аракет адил кыла албайт

3 Акырында кааларым, боордоштор, Эгебиз
менен биримдикте болуп кубангыла! Мен
мурда жазгандарымды кайталай берүүдөн эч
тажабайм. Силерди болсо минткеним көп
балакеттен сактап калат. 2 Жанакы кыянаттык
кылып силерге сүннөткө олтурууну таңуулап
жаткан «иттерден» сак болгула. 3 Анткени чыныгы
сүннөттөлгөн алар эмес, бизбиз. Кудайга Ыйык
Рухтун жетегинде табынып, Машаяк Ыйса менен
биримдикте болгонубузга кубанып, адамдык

ырым-жырымга ишенбейбиз. 4 Ырас, мен деле
өзүмдүн ким болуп, эмне кылганыма таяна
алмакмын. Эгер кимдир бирөө ошого таянгыдай
жөнүм бар деп ойлосо, анда менин антүүгө алда
канча көбүрөөк жөнүм бар: 5 сүннөт десе,
сегизинчи күнү сүннөткө олтургузулгам, ата-
тегимди алсак, Ысрайыл элиненмин, Бенжамин
уруусунан чыккан эврейдин эврейимин; Тоорат
мыйзамын сактоо жагынан алсак, фарисеймин,
6 Кудай жыйынын артынан сая түшүп
куугунтуктагам. Ошентип, Тоорат мыйзамына
ылайык, кынтыксыз такыбаа болгом. 7 Бирок эми,
оюмдун баары Машаякта болгондо, мурда
«артыкчылык» көргөнүмдүн баарын эч нерсеге
арзыбайт деп эсептейм. 8 –9 Ал гана эмес, мен үчүн
эми бардыгы эч нерсеге арзыбайт, себеби Эгем
Машаяк Ыйсаны жакындан билүүдөн артык нерсе
жок. Ал үчүн мен бардыгын керексиз ыпыр-
сыпырдай көрүп, баарынан баш тарттым.
Минткендеги максатым – Машаяктын кол алдына
келип, Аны менен ажырагыс биримдикте болуу.
Мен эми өз күчүмө таянып, Тоорат мыйзамын
аткаруу менен акталбастан, Кудай мени Машаякка
ишенгеним үчүн актарын билем. 10 Машаяктын
Өзүн билип, Анын тирилгендеги кудуретине
кабылгым, азаптарына ортоктош болуп, өлүмүн өз
башыман кечиргим келет. 11 Себеби ошондо мен да
бир күнү өлгөндөн тирилермин деген илгери
үмүтүм бар.

### Максатты көздөй умтулуу

12 Мен ошого жетип калдым, же азыртан эле
жеткилең болуп калдым деп эсептебейм. Кайра
байгеме жетүүнү эңсеп, алдыга талпынам, себеби
Машаяк Ыйса да мени Өзүнө утуп алган.
13 Боордоштор, мен байгеге жетип калдым деп
ойлобойм. Бирок аныгы бул: артымда эмне
калганын унутуп, алдымдагы максатты көздөй
умтулам. 14 Ошондуктан байгени алыш үчүн түздөн-
түз максатты көздөй арыштап барам. Байгем болсо
– Кудай бизди Ыйса Машаяк аркылуу чакырып
алган түбөлүк өмүр.
15 Арабыздагы рухий жактан жетилип
калгандардын ой-пикири мына ушундай болууга
тийиш. Ал эми кээ бириңердин ойлоруңар башкача
болсо, муну да Кудай силерге Өзү ачык билдирип
коёт. 16 Кандай болсо да, буга чейин эмнелерди
карманып келсек, ошого жараша аракеттенип,
алдыга карай умтулалы.
17 Боордошторум, бириңер да калбай, мени
туурап жашагыла. Биз үлгү калтыргандай жашап
жаткандар силерге өрнөк болсун. 18 Анткени мурда
да көп жолу айтып, азыр да көз жашымды төгүп
айтам: көптөрү Машаяктын айкаш жыгачтагы
курмандыгына кас болуп жүрүшөт. 19 Алардын
барар жери – тозок. Өз кулкумун кудайдай көрүп,
уяла турган нерселер менен мактанышып, акыл-
ойлору бул дүйнөнүн көр оокатына байланып
калган. 20 Биз болсо асман атуулдарыбыз.
Куткаруучубуз, Эгебиз Ыйса Машаяктын көктөн
келишин чыдамсыздык менен күтүп жатабыз. 21 Ал
келгенде, бүтүндөй дүйнөнү багындырган кудурети
менен биздин алсыз, өлүк денебизди өзгөртүп,
Өзүнүн даңктуу денесиндей кылып коёт.

### Насаат айтуу

4 Жанымдай көрүп, көзүмдөн учкан бир
боорлорум, сүйүнүчүм менин, сыймыгым
менин! Жогорудагы сөзүмдү улап, айтарым бул:
Эгебиз менен болгон биримдигиңерди бекемдеп
жашагыла, садагаларым!
2 Удия менен Синтихиядан өтүнөрүм – Эгебиз бир
тууган кылган эже-сиңди катары ынтымакка
келишсин. 3 Сенден да суранам, чыныгы
үзөнгүлөшүм, бул аялдарга кол кабыш кылып
койсоң. Анткени алар дагы Клименттен жана ысмы
Кудайдын өмүр китебине жазылган башка
кызматташтарымдан калышпай, мени менен чогуу
Жакшы Кабар майданында бир далай мээнет
кылышкан эле.
4 Дайыма Эгебиз менен бирдикте болуп
кубангыла! Дагы да айтам: кубангыла!
5 Баары силердин момундугуңарды көрүшсүн.
Эгебиздин кайтар күнүнө аз калды. 6 Эч убайым
тартпагыла. Андан көрө, бардыгын Кудайга
тапшырып, Ага жалынып сыйынганыңарда,
муктаждыгыңарды ыраазычылык билдирүү менен
ачып тургула. 7 Ошондо Кудайдын адам акылына
сыйбаган тынчтыгы Ыйса Машаяк менен
биримдикте жашаган силердин жан-дилиңерди
жана акыл-эсиңерди түйшүктөрдөн сактайт.
8 Боордошторум, акырында айтарым бул:
жакшылык деп эсептелген, мактоого татыган
нерселерди, тагыраак айтканда, эмне чындыкка
туура келсе, сыйлоого татыктуу, адил, таза, көңүлгө
жагарлык, сыймыктуу болсо, ошолорду гана
ойлогула. 9 Менден үйрөнүп, кабыл алганыңарды,
менден уккан-көргөнүңөрдү кармангыла, ошондо
тынччылык берүүчү Кудай силер менен болот.

### Жардам үчүн ыраазычылык билдирүү

10 Ушунча убакыт өткөндөн кийин силер кайрадан
менин камымды ойлогонуңарды көрүп, Эгебизге
шүкүрчүлүк келтирип, аябагандай кубанып жатам.
Силердин мага бир убакта жардам бербей
калганыңарды эмес, анткенге убактылуу
мүмкүнчүлүгүңөр болбогонун айтып жатам. 11 Муну
кыйналып кеткенимен айткан жокмун: мен көргөн
күнүмө, колумда барына ыраазы болууга үйрөнгөм.
12 Жокчулукту да, молчулукту да башымдан өткөрүп,
кайда болбосун, качан болбосун, ачарчылык менен
токчулукта, барчылык менен жокчулукта кандайча
ыраазы болуунун сырын үйрөнүп алганмын.
13 Колдоочум Машаяк менен бирге болгонумда,
колумдан баары келет.

14 Бирок ошентсе да, кыйынчылыктарымды
аркалашканыңар жакшы болду. 15 Филипиялык
боордошторум! Өзүңөр билгендей, Македониядан
чыгып, башка жерлерге Жакшы Кабар тарата
баштаганымдан бери, силерден башка бир дагы
жыйын мага кол кабыш кылып, акча жагынан
жардам берген жок. 16 Тесалоникада жүрүп, муктаж
болгонумда да силер мага бир нече ирет жардам
жибердиңер эле. 17 Кеп силерден белек күткөнүмдө
эмес. Кеп кылган жакшылыгыңардын сообу
өзүңөргө эле тиеринде. 18 Менин алганым бардык
керектөөлөрүмдү толтурмак тургай, андан ашат.
Эпафродиттен жиберген белектериңерди алып,
эми эч нерсеге муктаж эмесмин. Силердин
тартууңар Кудай үчүн түтөтүлгөн жыпар жыттуу зат,
Ага жагып, кабыл боло турган курмандык.
19 Андыктан айкөл Кудайым да Өз молчулугунан
Ыйса Машаяк аркылуу силердин ар бир
муктаждыгыңарды толтуруп берет. 20 Кудай
Атабызга түбөлүк даңк болсун! Оомийин.

### Соңку сөз жана бата тилөө

21 Ыйса Машаяк менен тыгыз байланышта болгон
бардык ыйыктарга салам айткыла. Менин
жанымдагы боордоштор да силерге салам айтып
жатышат. 22 Мындагы ыйыктардын баары, өзгөчө
Рим падышасынын кан сарайында кызмат
кылгандар силерге салам жолдошту.
23 Эгебиз Ыйса Машаяк баарыңа ырайым кылып,
кайрат берсин!

# Колостуктарга

### Саламдашуу

1 Кудайдын каалоосу менен Ыйса Машаяктын
элчиси болгон Пабыл жана боордошубуз
Тиметей 2 Колостогу ыйыктарга – Машаяк менен
тыгыз алакада жүргөн ишенимдүү боордошторго
салам айтат.
Силерге Кудай Атабыз ырайым кылып,
тынчтыгын берсин.

### Ыраазычылык келтирүү

3 Биз силер үчүн сыйынган сайын Кудайга –
Эгебиз Ыйса Машаяктын Атасына дайыма
ыраазычылык айтабыз, 4 себеби Ыйса Машаякка
ишенип, ыйыктардын баарын сүйгөнүңөр жөнүндө
уктук. 5 Ал эми ушул ишениминер менен сүйүүңөр
асманда өзүңөргө даярдалгандан үмүт кылган үчүн
жаралды. Бул тууралуу силер алгач Кудайдын
нукура кабары – Жакшы Кабар келгенде
уккансыңар. 6 Ушул кабар бүт дүйнө жүзүнө
жеткендей, силерге да жетти. Ал бардык жерде,
Кудайдын ырайымы жөнүндө угуп, чыныгы
түшүнүккө келген күндөн бери силерде да
жемишин берип, өсүп келатат. 7 Мындай таалимди
силер бизге окшогон сүйүктүү кул Эпафрастан
уктуңар. Ал – Машаяктын силер үчүн эмгектенип
жүргөн ишенимдүү кызматчысы. 8 Ыйык Рухтун
силерге сүйө турган касиет бергенин бизге ошол
айтып берди.
9 Андыктан муну уккан күндөн бери биз силер
үчүн үзбөй сыйынып келебиз. Кудайдын каалоосун
толук билип, өтө акылдуу жана рухий көрөгөч
болууңарды дайыма тилеп келатабыз. 10 Ошондой
эле Эгебизге жаккандай, Аны ар убак ыраазы
кылгыдай жашап, адал иштин баарында
эмгегиңердин үзүрү кайтып, Кудайды улам
тереңирээк биле берсин деп да тилеп келебиз. 11 Ар
дайым көтөрүмдүү жана чыдамдуу болуу үчүн,
Анын улуу кудуретинен түгөнгүс кубат алып,
кубанып, 12 Атабызга шүкүрчүлүк келтирсин деп
сыйынабыз. Анткени Ал бизди ыйыктары мураска
ала турган жарыктан үлүш алууга татыктуу кылды.
13 Ал бизди караңгылыктын бийлигинен бошотуп,
Өзүнүн сүйүктүү Уулунун Падышалыгына киргизди.
14 Ал аркылуу биз азаттыкка жана кечиримге ээбиз.

### Машаяктын теңдешсиз улуулугу

15 Ал – көрүнбөс Кудайдын тунгуч уулу жана
бейнеси. Ал жаратылыш аталгандын баарынан
жогору турат. 16 Анткени Ал аркылуу баары:
асмандагы да, жердеги да, көзгө көрүнгөнү да,
көрүнбөгөнү да: Тактыдагылар, Өкүмдарлар,
Жетекчилер жана Бийликтегилер да жаратылган.
Бардыгы Ал аркылуу жана Ал үчүн жаратылган.
17 Ал баарынан жогору, бардыгы Ал аркылуу
кармалып турат. 18 Ал дененин башы, башкача
айтканда, жыйындын башчысы. Ал башталыш,
бардыгында эң жогорку болуу үчүн өлгөндөрдөн
кайра тирилген тунгуч уул, 19 себеби Кудай бүт
табияты менен Машаякта жашаган. 20 Кудай
Машаяк аркылуу асман, жердегинин баарын Өзү
менен элдештирди. Анын айкаш жыгачта аккан
каны аркылуу баары менен тынчтык келишимин
түздү.
21 Ошентип, бир кезде ниети бузуктуктан, ыплас
иштердин айынан Кудайдан алыстап, Ага душман
болгон силерди 22 эми Машаяктын жердик денеси,
өлүмү аркылуу Өзү менен жараштырды. Силерди
Өз алдына ыйык, кемтиксиз жана айыпсыз кылып
алып келүү үчүн муну жасады. 23 Эгер мындан ары
да ишенимдин бузулгус да, урагыс да
пайдубалында туруп, Жакшы Кабар жандырган
үмүттөн тайбасаңар гана ушундай кылмакчы.
Силер ал Жакшы Кабарды уктуңар – ал асман
алдындагы жаралгандын баарына айтылган жана
мен, Пабыл, анын кызматчысы болдум.

### Пабылдын жыйын үчүн кылган кызматы

24 Азыр силер үчүн кыйынчылык тартып
атканыма кубанып, Машаяктын Өз денеси – жыйын
үчүн тарткан азабынын жетпей калган өлчөмүн
денем менен толуктап жатам. 25 –26 Мен Кудайдын
тапшырганын аткаруу үчүн жыйын кызматчысы
болдум: Ал мага Кудай Сөзүн – кылым карытып бүт
муундардан жашырылып келген сырды силерге
кабарлоону буюрду. Азыр ал сыр Анын
ыйыктарына айтылып олтурат. 27 Кудай
ыйыктарына бул улуу сырдын атак-даңкы эврей
эместер үчүн кандай чоң экенин көрсөткүсү келди.
Ал сыр өзү мындай: Машаяк силердин ичиңерде
жашайт, андыктан асмандагы атак-даңкка
чулганган Кудайды көрөбүз деген үмүтүңөр бар.

28 Ар бир жанды Машаяк менен тыгыз
байланышта, рухий жактан зирек кылып Кудай
алдына алып келүү үчүн аларга Машаяк жөнүндө
айтабыз. Ар бир адамга болгон акылмандык менен
насаатты айтып, таалимди беребиз. 29 Менин өзүмө
зор кубат берген Машаяктын күчү менен мына
ушул максат үчүн катуу эмгек кылып да, күрөшүп да
келемин.

2 Силер менен лаодикиялыктар үчүн жана дегеле
мени көрбөгөндөр үчүн кандай айыгышкан
кармашта жүргөнүмдү билсеңер дейм. 2 Бири
бириңерди сүйүп, биримдикке келсеңер жана
билимден келген, бүткүл байлыкка тете толук
ынанымыңар болсо, анда кайрат-жигерге жана
Кудайдын купуя сыры – Машаяк жөнүндө
түшүнүккө ээ болосуңар. Мен ушул үчүн күрөшүп
келем. 3 Ал эми Машаякта акылмандык менен
билимдин бардык кенчи катылган.
4 Муну айткан себебим, силерди эч ким бал тилге
салып алдап кетпесин дегеним. 5 Мен жаныңарда
болбосом дагы оюмда силер мененмин. Силердин
бир тартип менен жашап, Машаякка бекем
ишенип жүргөнүңөрдү көрүп кубанып жатам.

### Машаяк берчү эркиндик

6 Ошондуктан Эгебиз Ыйса Машаякты кандай
кабыл алсаңар, Аны менен ошондой эле
биримдикте жашагыла. 7 Аны менен
байланышыңар бекемделсин, жашооңорду Анда
кургула. Силерге Машаякка ишенүү жөнүндө
таалим берилген, ошол аркылуу өзүңөрдү
бекемдегиле. Кудайга чексиз ыраазычылык
билдиргиле!
8 Бирөө-жарым Машаяктан эмес, адамдык үрп-
адаттар менен бул дүйнөдөгү жиндерден келген, эч
нерсеге жарабаган жалган акылмандыгы менен
силерди өз торуна түшүрүп албашы үчүн этият
болгула. 9 Анткени Кудай Машаякта бүт табияты
менен адам кейпинде жашайт. 10 Силер Ал аркылуу
ырыстуу жашоого ээ болдуңар. Ал жетекчилер
менен бийликтегилердин баарысынын башчысы.
11 Силер Анда сүннөткө отургузулгансыңар, бирок
силердики адамдардын колу менен жасалган
сүннөт эмес. Күнөөлүү табиятыңар силерден кийим
сыяктуу чечилген. Рухий сүннөткө олтургузуу деген
ушул, аны Машаяк кылган! 12 Чөмүлүп, Аны менен
чогуу көргө коюлгансыңар, чөмүлүп,
тирилгенсиңер. Бул Аны өлгөндөн кайра тирилткен
Кудайдын кудуретине ишенген үчүн болду. 13 Эми
бир кезде кылган кылмышыңардын жана сүннөткө
отурбаганыңардын айынан өлүк болгон дал
өзүңөрдү Кудай Машаяк менен чогуу кайра
тирилтти. Ал бардык кылмышыбызды кечирди,
14 бизге айып таккан карызды кечти. Бул карыз
эрежелерге баш ийбегенибиз эле. Кудай ошол
карызды бизден алды да айкаш жыгачка кадады.
15 Ал жетекчилерди жана бийликтегилерди
куралсыздандырды, аларды эл көзүнө шылдың
кылып, Өзүнүн жеңиш салтанатында туткундар
сыяктуу өткөрдү.
16 Ошондуктан эмне жеп, эмне ичип жатканыңар
үчүн же кайсы бир диний майрамдарды же жаңы
ай майрамын, же дем алыш күндү сактабай
жатканыңар үчүн силерди эч ким айыптабасын.
17 Булар эми келе турган нерсенин көлөкөсү гана,
ал эми келе тургандын Өзү Машаяк. 18 Момундукту
аябай жактырган, периштелерге табынган жана
жеке өздөрүнүн көрүнүш-аяндары жөнүндө көп
айткан адамдар силердин сыйлыгыңарды жок
кылышына жол бербегиле. Андайлар адамдык
акылына таянып, курулай эле манчыркашат,
19 алардын баш менен, башкача айтканда, Машаяк
менен байланышы жок. Баш байламта, муундар
аркылуу бүт денени азыктандырып, бириктирет да,
анан Кудай ойлогондой өсүп-өнүгөт.
20 Эгер Машаяк менен бирге өлүп, бул дүйнөдөгү
жиндердин бийлигинен кутулган болсоңор, эмнеге
дале бул дүйнөдө жашагансып, 21 «Кармаба!»,
«Жебе!», «Тийбе!» деген эрежелерди аткарып
атасыңар? 22 Мына ушул тыюу салынгандардын
баары, керектелген соң, жок болот. Мунун баарысы
тең адамдык осуяттар менен окутуулар. 23 Адамдар
ойлоп тапкан такыбаалык, момунсунуу жана
денени кыйноо менен жасалган бул нерселер
кандайдыр бир акылмандык өңдөнгөнү менен,
арам каалоолорду башкарганга дегеле күчү жок.

### Ыйык жашоо тууралуу

3 Демек, Машаяк менен тирилген болсоңор,
анда асманда турганга умтулгула. Ал жерде,
Кудайдын оң жагындагы ардактуу орунда Машаяк
олтурат. 2 Жердеги эмес, асмандагы жөнүндө
ойлонгула. 3 Себеби силер өлдүңөр, өмүрүңөр
Машаяк менен чогуу Кудайда катылган. 4 Өмүрүңөр
– Машаяк келгенде, силер да Аны менен чогуу улуу
салтанат менен кайра келесиңер.
5 Ошондуктан жердик табиятка тийиштүү
болгондун баарын: жыныстык бузукулукту,
адепсиздикти, айбандык кумарды, арам
каалоолорду жана бутка табынуучулукка барабар
болгон ач көздүктү жок кылгыла. 6 Кудайга баш
ийбеген адамдар мындай иштери үчүн Анын
каарына калат. 7 Силер да бир кезде ушундай
жашап, ушундай эле кылгансыңар. 8 Эми болсо
баарын: ачууланууну, туталанууну, каардануунун,
кара ниеттикти, ушакты жана адепсиз сөздөрдү
таштагыла. 9 Бир бириңерге калп айтпагыла,
анткени эски ишиңерди таштап, жаңы адам
болдуңар, 10 жаңы адамды «кийдиңер». Жаңы адам
өз Жаратуучусун толук түшүнүп, Анын бейнесине
окшошуу үчүн улам жаңыланып турат. 11 Биерде
иудей менен иудей эместер да, сүннөткө
отургузулган менен отургузулбаган да, варвар
менен скиф да, кул менен эркин адам да маанилүү
эмес. Маанилүүсү бир гана Машаяк, Ал
баарыбыздын дилибизде жашайт.

12 Ошондуктан Кудайдын тандап алгандары,
ыйык, сүйүктүү эли болгон соң, боорукер,
мээримдүү, момун, кичи пейил жана чыдамдуу
болгула да, 13 бири бириңе чыдап мамиле кылгыла
жана бир бириңе наарaзычылыгыңар болсо, аны
кечиргиле. Эгебиз силерди кечиргендей
кечиргиле! 14 Ал эми бул касиеттердин баарынан
сүйүү маанилүү. 15 Силерди Машаяктын тынчтыгы
жетектесин. Себеби бир дененин мүчөсү катары
тынчтыкка чакырылгансыңар. Ошону менен бирге
ыраазычылык келтиргиле. 16 Машаяктын сөзү
толугу менен силердин оюңарда болсун: бир
бириңе болгон акылмандык менен таалим берип,
акыл-насаат айтып, жүрөктөгү ыраазычылык менен
Кудайды мактап, даңазалап, рухий ырларды
ырдагыла. 17 Эмне айтып, эмне иш кылсаңар да,
баарын Эгебиз Ыйсага ишенүүчү катары жасап, Ал
үчүн Кудай Атабызга шүкүрчүлүк келтиргиле.

### Үй-бүлө жөнүндө

18 Аялдар, күйөөңөргө баш ийгиле, бул Эгебизди
жолдогон аялдын милдети.
19 Эркектер, аялыңарды сүйгүлө, аларга каныңар
кайнабасын.
20 Балдар, дайым ата-энеңердин тилин алгыла,
анткени бул Эгебизге жагат.
21 Аталар, балдарыңарды туталантып, көңүлүн
оорутпагыла.
22 Кулдар, жердеги кожоюндарыңарга дайыма
баш ийгиле, муну кошоматчылардай силерди
карап турганда гана эмес, чын дилден, Эгебизден
ыйбаа кылуу менен жасагыла. 23 Эмне иш кылсаңар
дагы, адамдар үчүн эмес, Эгебиз үчүн кылгандай,
чын жүрөктөн аткаргыла. 24 Себеби Эгеңерден
сыйлык – мурас аларыңарды билесиңер. Силер
Кожоюнуңар Машаякка кызмат кыласыңар.
25 Кудай болсо адамдардын жүзүнө карап, бирине
мындай, бирине тигиндей мамиле жасабайт.

4 Кожоюндар, силер да асманда Кожоюнуңар
бар экенин билип, кулуңарга туура жана
адилет мамиле кылгыла.

### Пабылдын акыл-насааты жана соңку сөзү

2 Өжөрлүк менен сыйынгыла, бул убакта сергек
болуп, Кудайга ыраазычылык келтиргиле. 3 Кудай
Өз сөзүн – Машаяк жөнүндөгү сырын айтууга жол
ачсын деп биз үчүн да сыйынып тургула. Мен ушул
үчүн туткундамын. 4 Бул кабарды кандай
түшүндүрүш керек болсо, ошондой түшүндүрө
алсын деп мен үчүн да сыйынгыла.
5 Убакытты утуп, ишенбегендер арасында
акылмандуулук менен жашагыла. 6 Дайыма жылуу
мамиле кылып, жагымдуу сүйлөгүлө, ошондо ар
бир адамга кандай жооп узатышты билесиңер.
7 Сүйүктүү боордош, Эгебизге биз менен бирге
кызмат өтөгөн ишенимдүү кул Тихик силерге мен
тууралуу баарын айтып берет. 8 Аны атайы биздин
абалыбыз жөнүндө билдирип, кайрат дем берсин
үчүн силерге жиберип жатамын. 9 Аны менен кошо
силер тараптык ишенимдүү жана сүйүктүү
боордош Онисимди да жиберемин. Алар бул жерде
болуп жаткандардын баарын силерге айтып берет.
10 Силерге абактагы жолдошум Аристарх жана
Барнаптын тууганы Марк да саламын айтат. Силер
Марк тууралуу буйрук алгансыңар: эгер келип
калса, аны жакшы тосуп алгыла. 11 Ошондой эле
Жуст дешкен Ыйса да силерге салам айтат. Булар
Кудай Падышалыгы үчүн эмгек кылган
кызматташтарымдын арасындагы бирден-бир
эврейлер. Ушул адамдар мага арка-бел болуп
жүрүшөт.
12 Машаяк Ыйсанын кулу, силерден келген
Эпафрас да салам айтат; силер рухий зирек болуп,
Кудайдын бардык каалоосун так билишиңер үчүн
ал дайыма сыйынат. 13 Мен анын силер үчүн жана
Лаодикия менен Жераполдогулар үчүн катуу
убайым менен кызмат кылып жатканына күбөмүн.
14 Силерге сүйүктүү дарыгер Лука жана Димас салам
жолдошот. 15 Лаодикиядагы боордошторго,
Нимфага жана анын үйүндө чогулуп аткан
жыйынга салам айткыла.
16 Бул кат силерде окулган соң, Лаодикиядагы
жыйында да окулгандай болсун. А Лаодикиядан
келген катты силер окугула.
17 Анан Архипке «Эгебизден алган кызматты
сөзсүз аткар!» деген сөзүмдү жеткиргиле.
18 Өз колум менен жазып жатам: Пабылдан дубай
салам. Менин туткунда экеним эсиңерден
чыкпасын. Кудай баарыңа ырайым кылсын.

# 1-Тессалоникалыктар

### Саламдашуу

1 Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса Машаяктын
Тесалоника шаарындагы жыйынына Пабыл,
Сила жана Тиметейден дубай салам!
Кудайбыз силерге ырайым этип, тынччылык
берсин!

### Тесалоникалыктардын жашоосу менен ишеними

2 –3 Ишенимиңерге таянып иштегениңерди,
сүйүүңөрдү көрсөтүп эмгектенгениңерди жана
Эгебиз Ыйса Машаякты медер тутуп, бардыгына
чыдап келатканыңарды эсибизден чыгарбай, Кудай
Атабызга сыйынганыбызда, дайыма силерди эстеп,
Ага бардыгыңар үчүн тынбай
ыраазычылыгыбызды билдирип турабыз.
4 Кудайдын мээри түшкөн боордошторубуз, биз
силерди Кудай Өзүнө тандап алганын билебиз,
5 анткени силерге Жакшы Кабарды сөз менен гана
эмес, зор ишеним жана Ыйык Рухтун кудурети
менен жеткиргенбиз. Араңарда жүргөнүбүздө
өзүбүз эмне кылып, кандай жашаганыбыз да
силерге маалым. 6 Силер бизден жана Эгебизден
үлгү алып, ушунча кыйналып-кысталганыңарга
карабастан, айткандарыбызды Ыйык Рух берген
кубаныч менен кабыл алдыңар. 7 Ошондуктан
өзүңөр да Македония жана Ахая † аймактарындагы
бардык ишенгендер үчүн өрнөк болдуңар. 8 Силер
аркылуу Эгебиз жөнүндөгү кабар бүтүндөй
Македония менен Ахаяга жар салынып, ал гана
эмес, Кудайга болгон ишенимиңер да бардык
жерлерде белгилүү болду. Андыктан эми бир нерсе
деп кошумчалоонун да кажети жок. 9 –10 Силерге
барганыбызда, бизди кантип тосуп алганыңар,
буркандарыңарды таштап, бирден бир чын жана
тирүү Кудайга кайрылганыңар, Ага кулдук уруп,
кызмат кылганыңар жана Анын өлгөндөрдөн
тирилтип алган Уулу Ыйсанын кайтып келишин
күтүп жатканыңар эл арасында ооздон оозго
айтылып жүрөт. Ал эми Кудайдын Уулу Ыйса бизди
Анын келечектеги каарынан куткарат.

### Пабылдын тесалоникалыктарга кылган кызматы

2 Боордоштор, силерге келип кеткенибиз
натыйжасыз болбогонун өзүңөр жакшы
билесиңер. 2 Ошонун алдында эле, өзүңөр
билгендей, биз Филипия шаарынан жапа чегип,
кордук көргөн элек. Бирок Кудай колдоп, бардык
каршылыктарга карабастан, силерге Анын Жакшы
Кабарын таратууга батындык. 3 Силерге чындыктан
адашканыбыздан же кандайдыр бир арам ой
менен, же болбосо кытмырлыктан акыл-насаат
айтып жаткан жокпуз. 4 Тескерисинче, Кудай Өзү
ишенимдүү деп таап жиберген жакшы кабарчылар
катары, качан болбосун, Кудайдын эркине ылайык
сүйлөп келатабыз. Биздин каалаганыбыз –
адамдын көңүлүн алуу эмес, бардык ниетибизди
сынап билген Кудайга жагуу. 5 Өзүңөр билгендей,
биз көшөкөрлөнүп, же болбосо керт башыбыздын
пайдасын издегенибизди жашырып-жаап
амалкөйлөнгөн жокпуз. Буга Кудай Өзү күбө.
6 Силерден да, башкалардан да, дегеле адам аттуу
эч кимден атак издеген жокпуз. 7 Машаяктын
элчилери катары кадырыбызды салып, кам
көрүүңөрдү талап кылууга акыбыз болсо да, кайра
анын ордуна, араңарда жүргөнүбүздө, баласын
бапестеген эне сымал мээримдүү болдук.
8 Жүрөгүбүз элжиреп, жаныбыздан артык көргөн
силерге Кудайдын Жакшы Кабарын гана эмес,
силер үчүн өмүрүбүздү берүүгө даяр элек!
9 Боордоштор, араңарда экенибизде болгон
күчүбүздү аябай иштеп жүргөнүбүз дале
эсиңердедир; Жакшы Кабар таратып жатып эч
бириңерге жүк болбойлу деп, күн-түн дебей
эмгектенген элек.
10 Айткандарыбызды ишенип кабыл алган
силердин алдыңарда өзүбүздү канчалык
кынтыксыз, таза жана адил алып жүргөнүбүзгө
силер да, Кудай да күбө. 11 Анткени өзүңөр
билгендей, атасы баласына кандай мамиле кылса,
биз да ар бириңерге ошондой мамиле кылып, 12 Өз
Падышачылыгы менен улуулугуна чакырган
Кудайдын алдында татыктуу жашоого үгүттөп,
шыктандырып, ошондой кылууңарды силерден
жалынып суранган элек. 13 Кудайга тынбай алкыш
айтып турганыбыздын дагы бир себеби, Анын
Жакшы Кабарын айтып келгенибизде, силер аны
адамдын сөзү катары эмес, Кудай сөзү катары
кабыл алдыңар. Бул чынында ошондой. Ишенип
калган силерде ал сөз эми өз ишин кылып жатат.
14 Анткени, боордошторубуз, Иудеядагы Ыйса
Машаяктын жолун жолдогон Кудай жыйындары
иудейлерден жапаа чеккен сыяктуу, силер дагы өз
жердештериңерден жапаа чектиңер. 15 –16 Ал
жактагы иудейлер Ыйса Машаякты жана Кудай
пайгамбарларын өлтүрүшүп, эми бизди да

†

куугунттукка алышты. Башка улуттагыларга
Кудайдын кыямат кайымдагы жазасынан куткара
турган сөздү айтканыбызга тоскоол болуп, ошону
менен Кудайга жакпаган иш жасап, бардык
адамдарга каршы чыгып жатышат. Кылган
күнөөлөрү баштарынан ашып, акыры алар
Кудайдын каарына калышты!

### Пабылдын Тесалоникадагы боордошторун сагынышы

17 Биз болсо, боордоштор, кеткенибизден бери аз
эле убакыт өтсө дагы (албетте, өзүбүз жаныңарда
болбосок да, көңүлүбүз ар дайым силер менен),
сагынганыбыздан куса болуп, силерди кайрадан
көрүүгө ынтызарландык. 18 Кайткыбыз келип, мен
өзүм буга канча ирет аракет кылып көрдүм. Айла
канча, шайтан жолумду бөгөдү да калды. 19 Анткени
биздин үмүтүбүз, кубанчыбыз жана Эгебиз Ыйса
келгендеги сыймыгыбыз силер эмей, ким?
20 Ырасында биздин көзгө басар сыймыгыбыз,
кубанчыбыз силерсиңер.
3 –3 Акыры айлабыз кеткенде, өзүбүз Афин
шаарында калып, биз менен кошо Машаяк
жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратышып, бизге
окшоп Кудайдын кызматчысы болгон боордошубуз
Тиметейди силерге жиберүүнү чечтик.
Минткенибиздин максаты, эч бириңер
кыйналганынан улам артка чегинбесин деп,
жигериңерге жигер кошуп, ишенимиңерди
бекемдөө эле. Кыйынчылык көргөнүбүз да жазуу-
буйрук экенин силер өзүңөр билесиңер.
4 Баарыбыз башыбыздан кыйынчылык
өткөрөрүбүздү мурунтан эле айтып жүргөнбүз.
Өзүңөр билгендей, бардыгы так биз айткандай
болуп чыкты. 5 Мына ушул себептүү, силерден эч
дайын болбогондуктан айлам кетип, азгыруучу
силерди ак жолдон адаштырып, жумшаган
мээнетибиз текке кетпегей эле деп, ишенимиңер
жөнүндө билип келүүгө Тиметейди жөнөткөн
болчумун. 6 Мына эми Тиметей да кайтып,
ишенимиңер менен сүйүүңөр жөнүндө сүйүнүчтүү
кабар алып келди. Ал силердин биз жөнүндө
дайыма жакшы ойдо болгонуңарды жана, бизге
окшоп, көрүшүүгө ынтызар экениңерди айтты.
7 Ошентип, боордоштор, канча деген азап-
тозокторду тартып жатканда силер тууралуу
укканыбыз жаныбызды жубатып, ишенимиңер
бизге кайрат берди. 8 Эгебиз менен биримдикте
бекем турганыңар алдыбызга өбөк, аркабызга
жөлөк болду. 9 Эми Кудайга сыйынганыбызда, Ага
силер үчүн, бизди ушунчалык кубандырып
жатканыңар үчүн алкышыбызды айта алабыз.
10 Ишенимиңерге эмне жетпей турса, ошону
толукташ үчүн силер менен кайрадан жолуктурсун
деп, Кудайдан күнү-түнү жалынып, тилеп жатабыз.
11 Эми Кудай Атабыз Өзү жана Эгебиз Ыйса силерге
барууга жол бергей эле! 12 Силерге болгон сүйүүбүз
уламдан улам күч алган сыяктуу, Эгебиз силердин
да бири бириңерге жана бардык адамдарга болгон
сүйүүңөрдү өстүрүп, арттыра берсин. 13 Ошондо Ал
силерди кубаттап, Эгебиз Ыйса Өз ыйыктары
менен келгенде, силер Кудай Атабыздын алдында
эч кынтыгы жок, ыйык болосуңар. Оомийин.

### Кудайга жаккандай жашоо

4 Акырында, боордоштурубуз, Эгебиз Ыйсанын
атынан өтүнүп суранарыбыз бул. Канткенде
Кудайга жаккандай өмүр сүрөрүңөрдү силер
бизден үйрөнүп, дал ошондой жашап келатасыңар.
Мындан ары да арышыңардан жазбай, ушул жолдо
алгалай бергиле. 2 Эгебиз Ыйсанын эрки менен
айткан акыл-насаатыбызды силер жакшы
билесиңер. 3 Кудай силерге Анын алдында адал
өмүр сүрүп, жыныстык бузукулуктан оолак болууну
буюрган. 4 –5 Кудайды таанымаган элдерге окшоп
жанкумарга берилбестен, ар бириңер аял алгыла
да, аны менен болгон карым-катнашыңарды таза
сактап, бири бириңерди урматтап жашагыла.
6 Ошондуктан туура эмес жолго түшпөгүлө да
боордошторуңарга кыянаттык кылбагыла. Мурда
эле силерге катуу эскертип айтканыбыздай, Кудай
минткендердин сазайын колдоруна берет. 7 Кудай
бизди адепсиздикке эмес, ыйык өмүр сүрүүгө
чакырган. 8 Андыктан кимде-ким ушунун баарын
этибарга албаса, ошону менен адамды эмес,
силерге Ыйык Рухун ыроологон Кудайды этибарга
албаган болот. 9 Боордоштордун ортосундагы
мээримдүү мамиле жөнүндө болсо силерге
жазуунун эч кажети жок, себеби бири бириңерге
мээримдүү болууну силерге Кудай Өзү үйрөткөн.
10 –11 Македония аймагындагы бардык
боордошторуңарга мээримдүү болгонуңар да
калетсиз. Бирок биздин өтүнгөнүбүз бул,
боордоштор, сүйүүңөрдү арттырып, тынч жашоого
умтулгула. Биз насыят кылгандай, өз ишиңерди
кылып, өз жаныңарды өзүңөр баккыла. 12 Ошондо
башкалардын урмат сыйына да татып, эч кимге көз
каранды да болбойсуңар.

### Ыйса Машаяктын кайтып келиши

13 Боордоштор, үмүтү үзүлгөн немелердей
кайгыртпаш үчүн, силерди көзү өтүп кеткендер
келечекте эмне болорунан кабарсыз калтыргыбыз
келбейт. 14 Биз Ыйсанын өлүп, кайра тирилгенине
ишенебиз. Андай болсо, Ыйсага ишенип бул
дүйнөдөн өтүп кеткендерди да Кудай Ыйса менен
кошо алып кетери биз үчүн анык. 15 Эгебиздин Өз
сөзүнө таянып айтарыбыз бул: Эгебиз кайтып
келген кезде, көзү тирүүлөрүбүздүн бул дүйнөдөн
мурда өтүп кеткендерден эч артыкчылыгыбыз
болбойт. 16 Анткени Эгебиз Өзү буйрук берип,
башкы периштенин чакырган үнү угулат да, Кудай
сурнайынын добушу жаңырып, Эгебиз көктөн
түшүп келет. Ошондо Машаякка ишенип бул
дүйнөдөн өтүп кеткендер биринчи болуп

тирилишет. 17 Андан кийин биз, ошол мезгилде али
көзү тирүүлөр, Эгебизди тосуп алыш үчүн алар
менен чогуу булуттарга алынып, асманга
көтөрүлөбүз. Ошентип түбөлүккө Эгебиз менен
бирге болобуз. 18 Бири бириңерге мына ушу
сөздөрдү айтып, кайрат берип тургула.

### Эгебиздин кайтар күнүнө даяр болгула

5 Бирок, боордоштор, мунун баары качан,
кайсы мезгилде болорун силерге жазуунун
кажети жок. 2 Түн жамынып келген ууруга окшоп,
Эгебиздин кайтар күнү да күтүлбөгөн жерден
келерин силер өзүңөр да жакшы билесиңер.
3 Аялдын толгоосу капысынан башталгандай эле,
бул апат да «бардыгы тынч, эч коркунуч жок» деп
бейкапар отурган элдин башына күтүүсүздөн түшөт
да, андан эч ким качып кутула албайт. 4 Бирок
боордоштор, караңгылыкта жүрбөгөн силерди
Эгебиздин кайтар күнү капысынан келген уурудай
аң-таң калтырбашы керек. 5 Силер баарыңар
күндүзгү жарыкта жүрөсүңөр. Биздин түн
караңгылыгына эч тиешебиз жок. 6 Андай болсо,
биз башкаларга окшоп уктап калбай, сергек жана
эстүү болушубуз керек. 7 Анткени уктар киши түн
ичинде уктайт. Мас болор киши түн ичинде мас
болот. 8 Бирок биз күндүзгү жарыкта жүргөн соң,
эстүү бололу. Үстүбүзгө ишеним менен сүйүүнүн
соот кийимин киели да куткарылабыз деген үмүт
башыбызга туулга болсун. 9 Кудай бизди Өз
каарына калтырыш үчүн эмес, Эгебиз Ыйса
Машаяк аркылуу куткарып алыш үчүн тандап
алган. 10 Ал кайтып келгенге чейин тирүү болобузбу
же бул дүйнөдөн өтүп кетебизби, түбөлүккө Аны
менен бирге болушубуз үчүн Машаяк Өз жанынан
кечкен. 11 Ошондуктан мындан ары да бири
бириңерге жигер берип, ишенимде бири
бириңерге өбөк болгула.

### Соңку сөз жана бата тилөө

12 Дагы да суранарыбыз бул, боордошторубуз,
араңарда эмгектенип, силерди Эгебиздин жолуна
баштап, акыл-насаатын айтып тургандарга урмат-
сый көрсөткүлө. 13 Кылган ишине ылайык өзгөчө
кадырлап, аларга мээримдүү болгула. Өз ара
ынтымакта жашагыла.
14 Боордоштор, өтүнөбүз, жатып ичер жан
бактыларды эскерткиле, батымы жокторго кайрат
бергиле, алсыздарды колдогула, бардыгына
сабырдуу болгула. 15 Байкагыла, бириңер да
жамандык кылгандарга кайта жамандык
кылбагыла. Андан көрө, бири бириңерге да,
өзгөлөргө да дайыма жакшылык кылууга
умтулгула.
16 Дайым кубангыла. 17 Тынбай сыйынып тургула.
18 Бардык жагдайда Кудайга ыраазычылык гана
билдирип тургула. Кудайдын Ыйса Машаякка
ишенген силерге буюрганы ушул.
19 Ыйык Рухту өчүрбөгүлө.
20 Пайгамбарчылыктарды барктай билгиле.
21 Бардыгын сынап көрүп, жакшысын гана
колдонгула. 22 Ар кандай жамандыктан оолак
болгула.
23 Тынччылык булагы болгон Кудай силерди
бардык жагынан Өзүнө окшоштуруп, рухуңар
менен жан-тениңерди Эгебиз Ыйса Машаяктын
келер күнүнө дейре толугу менен кынтыксыз
сактасын. 24 Силерди Өзүнө чакырган Кудай
ишенимдүү. Ошондуктан Ал мунун баарын
орундатат.
25 Боордоштор, биз үчүн да сыйынып тургула.
26 Боордошторуңар менен көрүшкөндө,
мээримдүүлүк менен бетинен сүйүп учурашкыла.
27 Эгебиздин атынан көптөн көп өтүнөм,
колуңардагы катты боордошторуңардын баарына
окуп берсеңер.
28 Эгебиз Ыйса Машаяк силерге ырайым кылсын.

# 2-Тесалоникалыктарга

### Саламдашуу

1 Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса Машаяктын
Тесалоника шаарындагы жыйынына Пабыл,
Сила жана Тиметейден дубай салам!
2 Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса Машаяк
силерге ырайым этип, тынччылык берсин!

### Машаяк кайтканда, ар ким өз тиешесин алат

3 Боордоштор, ишенимиңер ушунча өсүп, бири
бириңерге болгон сүйүүңөр барган сайын артып
бараткынын көрүп, силер үчүн ар дайым Кудайга
ыраазычылык билдирип турбасак калыстык
болбос. 4 Ошондуктан биз өзүбүз Кудай
жыйындарында силер жөнүндө, куугунтуктар
менен башыңардан өткөргөн кыйынчылыктардын
баарын чыдамкайлык менен көтөрүп, ишенимден
жазбай келатканыңар жөнүндө сыймыктануу
менен айтып жүрөбүз. 5 Мунун баары Кудай
сотунун калыстыгын айгинелеп турат: Кудай
Падышалыгында болууну тандап алганыңар үчүн
азап чегип жаткан силер ага кирүүгө татыктуу
болосуңар. 6 Өзүнүн адилеттүү өкүмүн чыгарып, Ал
силерге азап жедиргендердин өздөрүн азап
жедирет. 7 Ал эми кыйналып жаткан силерге биз
менен бирге тынччылык берип, жай алдырат. Бул
Эгебиз Ыйса жалындаган от менен Өзүнүн
кудуреттүү периштелеринин коштоосунда көктөн
түшүп келгенде болот. Ал Кудайды таануудан баш
тарткандардын жана Эгебиз Ыйса жөнүндөгү
Жакшы Кабарды этибар албагандардын сазайын
колдоруна берет. 9 Алардын жазасы – Эгебизден
биротоло ажырап, Анын улуулугунан алыстатылып,
түбөлүк апат болуу. 10 Эгебиз кайткан ошол күнү
Анын ыйыктары, Ага ишенгендердин баары
чогулуп, эбегейсиз сулуулугуна суктанып
даңазалашат. Өзүбүз күбөгө өтүп, айтып берген
Жакшы Кабарды ишенип кабыл алган силер да
алардын арасында болосуңар. 11 Кудай силерди Өзү
чакырган жашоого татыктуу кылып, кудурети
менен колдоп, жасайын деген ар бир
жакшылыгыңарды иш жүзүнө ашырып, ишенимге
таянып кылган ар бир ишиңерди аягына чыгарып
берсин деп тилеп, тынбай сыйынып
турганыбыздын себеби мына ушунда. 12 Ошентип
Кудайыбыз жана Эгебиз Ыйса Машаяктын
ырайымы менен Эгебиз Ыйсанын ысмы силер
аркылуу, силер болсо Ал аркылуу даңкталасыңар.

### Кудайдын душманы – тажаалдын келиши

2 Эми, боордоштор, Эгебиз Ыйса Машаяктын
келерине жана биздин чогулуп, Аны тосуп
чыгарыбызга байланыштуу өтүнөрүбүз бул: 2 бизди
пайгамбарчылык кылып, же жыйындан сөз айтып
жатып, же болбосо кат жиберип, Эгебиздин кайтар
күнү келип калганын айтты деген каңшаар уксаңар,
дал болуп, алдастап, дүрбөлөңгө түшпөгүлө. 3 Эч
ким бир амалын таап, силерди алдап кетпегидей
болсун. Анткени Эгебиз кайтардан мурун, эң алды
Кудайга каршы козголоң башталып, Кудай
мыйзамынын каршылашы, ойрон боло турган
адамдын жүзү ачылууга тийиш. 4 Ал кудай делинген
же адам баласы табынган нерселердин бардыгына
каршы туруп, өзүн алардан жогору коюп, ал турсун
Кудайдын ийбадатканасында отуруп алып, өзүн
Кудай деп жарыялайт. 5 Мунун баарын араңарда
болгонумда эле эскертип айтып жүргөнүм
эсиңердеби? 6 Кудай мыйзамына каршы чыгар
адамды азырынча, жогорудан коюлган убакыт-саат
келгичекти, кандай кудурет-күч ачыкка чыгарбай,
кармап турганын силер билесиңер. 7 Бирок
адамдарды Кудай мыйзамына каршы тургузар күч
өз жашырын ишин күн мурунтан эле жүргүзө
баштаган. Убагы келгенде, аны кармап турган күч
арадан алынып ташталат. 8 Ошондо Кудай
мыйзамына каршы турчу адамдын жүзү ачылат.
Бирок Өзүнүн кайтар күнүндө Эгебиз Ыйса аны
оозунан чыккан бир илеп деми, жаркыраган
улуулугу менен кыйратып жок кылат. 9 Мыйзам
каршылашын шайтан алып келет. Ал шайтандын
кудурет-күчүнө бөлөнүп, бардык жалган
жышаандар менен шумдуктарды көрсөтөт. 10 Ар
кандай адилетсиз иштерди жасап, ошонусу менен
апат боло тургандарды азгырыкка салат. Алардын
апат болорунун себеби өздөрүн куткарчу
чындыкты жактырбай, андан баш тарткандыгында.
11 –12 Дал ошон үчүн, чындыкка ишенбестен,
адилетсиздикти жактыргандардын баары жазага
тартылсын үчүн, Кудай аларды жалган нерсеге
ишенгендей кылып коёт.

### Куткарылуу үчүн тандалганыңарды билип, ишенимге бекем тургула

13 Ал эми биз, Эгебиздин мээри түшкөн
боордоштор, силер үчүн Кудайга дайыма алкыш
айтып турушубуз керек. Анткени Кудай башынан

эле силерди Өзүнө тандап алып, Рух менен
ыйыктап, чындыкка ишендирип, куткарылууга жол
сызып койгон. 14 Дал ушул себептен Ал силерди
Эгебиз Ыйса Машаяк менен кошо даңкталсын үчүн
биз жеткирген Жакшы Кабар аркылуу Өзүнө
чакырып алды.
15 Ошондуктан, боордошторубуз, туруктуу болуп,
биз силерге сөз аркылуу же кат аркылуу
окуткандарыбызды бекем кармангыла. 16 –17 Эми
болсо Эгебиз Ыйса Машаяктын Өзү жана бизге
мээримин төгүп, Өз ырайымы боюнча бизге
түгөнгүс жигер менен үзүлбөс үмүт берген Кудай
Атабыз силерди жигерлентип, качан болсо да
жакшылык кылгыдай, жакшы сөз айткыдай кайрат
берип турсун.

### Биз үчүн сыйынып тургула

3 Акырында, боордоштор, Эгебиздин сүйүнүчтүү
кабары тез жайылып, бардык жерлерде
силердегидей зор урмат-сый менен кабыл алынсын
деп, бизге Кудайдын батасын тилеп сыйынууңарды
өтүнөбүз. 2 Кудайыбыз бизди ниети бузук,
карасанатай адамдардан сактасын деп да сыйынып
тургула, себеби ишеним баарында эмес. 3 Бирок
Эгебиз – ишенимдүү. Ал силерге кайрат берип,
азгыруучудан сактайт. 4 Силер ишенимдүү болуп
буйругандарыбызды мурда кандай аткарып
келсеңер, мындан ары да так аткарып жүрөрүңөргө
Эгебиз бизди толук ынандырды. 5 Эгебиз Өзү ой-
сезимиңерди Кудайдын мээримине мурдагыдан да
көбүрөөк буруп, Машаяктыкындай чыдамкайлык
берсин.

### Иштебеген тиштебейт

6 Эми, боордоштор, силерге Эгебиз Ыйса
Машаяктын атынан берер буйругубуз бул:
боордошторуңардын бекерчиликте күн өткөрүп,
берген таалимибизди жашоосунда
колдонбогондордун ар биринен оолак болгула.
7 Бизден үлгү алып турушуңар керек экенин өзүңөр
жакшы билесиңер го. Анткени араңарда болгондо,
биз да бош жүрбөдүк, 8 эч бириңердин наныңарды
да бекер жеген жокпуз. Анын ордуна, эч кимге жүк
болбойлу деп, кара терге түшүп, күн-түн дебей
мээнет кылдык. 9 Биз силерден жардам алууга
акыбыз жоктугунан эмес, тек гана бизди туурасын
деп, силерге үлгү көрсөтүш үчүн ушинткен элек.
10 Жаныңарда жүргөнүбүздө эле силерге:
иштебеген тиштебесин деп буйрук бергенбиз.
11 Муну айтып жатканыбыздын себеби, кээ
бириңердин башкалардын ишине
кийлигишкенден башка эч пайда-батасы жок,
бекер эле басып жүргөндөрүн уктук. 12 Эми болсо
ошенткендерге Эгебиз Ыйса Машаяктын атынан
буйруганыбыз да, алардан өтүнөрүбүз да бул: эч
кимдин тынчын албай иштегиле да, наныңарды өз
маңдай териңер менен таап жегиле. 13 Силер болсо,
бооордошторубуз, талбай жакшылык кылгыла.
14 Эгерде кимде-ким ушул катта жазгандарыбызды
укпай койсо, андай адамды ичтен белгилеп коюп,
уяткарыш үчүн, аны менен мамиледе болбогула.
15 Бирок кантсе да, аны душман көрбөй, боордошчо
эскертип койгула.

### Соңку сөз жана бата тилөө

16 Тынчтыктын булагы болгон Эгебиз силерге
бардык учурда, ар кыл жол менен Өз тынччылыгын
берсин. Баарыңарга Эгебиз жар болсун! 17 Мен,
Пабыл, бардык каттарымдагыдай эле, ушул
саламымды да менден экенин көрсөтүш үчүн өз
колум менен жаздым. Мен дайыма ушинтем.
18 Эгебиз Ыйса Машаяк баарыңа ырайым кылсын!

# 1-Тиметей

### Саламдашуу

1 Куткаруучу Кудайыбыздын жана үмүтүбүз
Машаяк Ыйсанын амири боюнча Машаяк
Ыйсанын элчиси болгон Пабылдан [2] өз колум
менен ишенимге алпкелип, өз уулумдай көргөн
Тиметейге дубай салам!
Ылайым эле Кудай Атабыз менен Эгебиз Машаяк
Ыйса сага ырайымдуу жана кайрымдуу болуп,
тынччылык берсин!

### Жалган окутууларга каршы эскертүү

[3] Македония аймагына баратканымда
суранганымдай, эми да сенин Эфес шаарында
калып, жанакы, жалган окутууларды таратып
жаткан немелерге тыюу салууңду көптөн-көп
өтүнөм. [4] Алардын болмуштарды айтып, эзели
түгөнбөс санжыраларды териштиргени талаш-
тартыш гана туудуруп, Кудайдын ишеним аркылуу
билинчү ишине жолтоо болууда. [5] Муну мен
ишенгендер бири бирин сүйө билишсин деп айтып
жатам. Мындай сүйүү болсо чын жүрөктөн, таза
абийирден жана астейдил ишенимден келип
чыгат. [6] Айрымдар булардан баш тартышып, куру
бекер талаш-тартыштарга кирип кетишти. [7] Алар
Тоорат окутуучулары болгусу бар, бирок эмнени
кеп кылып, эмнени ырастап жатышканын өздөрү
да билишпейт.
[8] Ал эми биз Тоорат мыйзамынын, эгерде аны
туура колдонсо, жакшы экенин билебиз. [9] Тоорат
мыйзамы адил адамдар үчүн берилген эмес. Ал
мыйзамды бузган, тоңмоюн адамдар үчүн,
Кудайдан коркпогон, күнөөгө белчесинен
баткандар үчүн, эч нерсени ыйык тутпаган жана
Кудайга акарат келтирген, ата-энесин же башка
бирөөнү өлтүргөндөр үчүн, [10] бузукулар жана
бачабаздар, киши уурдагычтар, алдамчылар,
жалган күбөлөр, дегеле туура окутуунун бардык
каршылаштары үчүн берилген. [11] Бул окутуу
бардык мактоого татыктуу болгон даңазалуу
Кудайыбыздын мага ишенип тапшырган Жакшы
Кабарында камтылган.

### Кудайдын көрсөткөн ырайымы үчүн ыраазычылык билдирүү

[12] Ишимди аткарууга мага күч-кубат берип турган
Эгебиз, Машаяк Ыйсага ыраазымын, анткени Ал
мени ишенимдүү деп таап, Өзүнө кызмат кылууга
дайындады. [13] Бир кезде Ага тил тийгизип,
үмөттөрүн куугунтуктап, Өзүн кордогонума
карабастан, муну билбестик жана ишенбестиктен
кылганымды билип, Ал мага кайрымдуу болду. [14] Не
деген ырайымын көрсөтүп, Жараткан Эгебиз мени
Өзүнө ишендирип, башкаларга мээримдүү кылды.
Мындай ишеним менен мээримге биз Машаяк
Ыйса менен тыгыз байланышыбыз аркылуу ээ
болобуз. [15] Мына бул сөз анык жана толук ишеним
менен кабыл алынууга тийиш: Машаяк Ыйса бул
дүйнөгө күнөөкөрлөрдү куткарыш үчүн келген.
Алардын ичинен болсо жеткен күнөөкөрү менмин.
[16] Кудай мага ырайым кылганда, Машаяк Ыйса дал
ушул, жеткен күнөөкөр болгон мен аркылуу Өзүнүн
чексиз сабырдуулугун көрсөттү. Ал муну келечекте
түбөлүк өмүргө ээ болобуз деп, Ыйсага ишеним
арткандарга үлгү болсун деген.
[17] Түбөлүктүн Падышасына, өлбөс, көзгө көрүнбөс,
бирден-бир Кудайга кылымдардан кылымдарга
урмат жана даңк болсун! Оомийин.
[18] Тиметей, балам, сага ушул насааттарымды
мурда сен жөнүндө айтылган
пайгамбарчылыктарды эске алып айтып жатам.
Рухий салгылашууда жеңишке жетиш үчүн алар
сага курал болуп, [19] ишеним менен таза абийирди
сактоого жардам болсун. Кээ бирөөлөр абийирин
жеп, ишенимин курутушту. [20] Алардын экөө –
Именей менен Искендер. Кудайга тил тийгизгенин
токтотсун деп, мен аларды шайтандын колуна
тапшырган элем.

### Жыйындын Кудайга табынышы

2 Ошентип, эң алды көптөн-көп суранарым,
бардыгыңар бир бириңер үчүн Кудайга жакшы
тилектерди, сыйынууларды, өтүнүчтөрдү жана
алкыштоолорду багыштап тургула.
[2] Сыйынууларыңарда падышалар менен колунда
бийлиги бар кишилердин бардыгын да эскерип
турганыңар ылаазым. Ошондо Кудай алдында
такыбаа, эл алдында адил болуп, тынч жана
бейпил өмүр сүрмөкпүз. [3] Минткениңер дурус иш
да болот, бизди Куткаруучу Кудайга да жагат. [4] Ал
ар бир адамдын куткарылышын жана чындыкты
билип калышын каалайт. [5] Анткени Кудай бирөө.
Кудай менен адамдын ортосундагы арачы да
бирөө. Ал – адам кейпин кийген Ыйса Машаяк.
[6] Жогортодон белгиленген мезгил-сааты келгенде,
Ал бүтүндөй адамзат үчүн Өз өмүрүн берди. Мунун

өзү Кудай бардык адамдарды куткаргысы келгенин
билдирген жышаан болду.
7 Кудай мени Өз кабарчысы, элчиси жана башка
элдерге ишеним менен чындыктын устазы кылып
жибергенинин себеби мына ушунда. Бул сөзүм
чындык, мен калп айтып жаткан жерим жок.
8 Ошентип, бирге ийбадат кылыш үчүн
чогулганыңарда, эркектердин бардык ачуулануу
менен талашып-тартышууларын таштап, Кудайга
адал колдорун жайып сыйынып турушун каалар
элем.

### Аялдардын Кудайга табынуудагы орду

9 Аялдарга да каалап ушул. Кийингендери
жөнөкөй, уят-сыйыттуу болуп, алар адеми
жасалгаланган чачтары, же болбосо алтын же
бермет менен коздолгон буюмдары, же болбосо
кымбат баалуу кийими эмес, 10 кылган жакшылыгы
менен көрүнсүн. Бул Кудайдан ыйбаа кылган
аялдарга ылайык.
11 Таалим алып жатышканда, үн катпастан, баш
ийгенге үйрөнүшсүн. 12 Аялдардын окутуучу
болушуна же эркек кишини башкарышына жол
берилбесин; алар чогулушта өзүн тынч алып
жүрүүгө тийиш. 13 Анткени Кудай биринчи Обону
эмес, Адамды жараткан. 14 Шайтанга алданган да
Адам эмес эле. Шайтандын сөзүнө кирип,
Кудайдын мыйзамын бузган аял болчу.
15 Кантсе да, ишенимди бек туткан, мээрбан жана
таза, өзүн сый-сыпаттуу алып жүргөн аялзаты бала
төрөп жатканда, ажалдан аман калат.

### Жыйын жетекчилери

3 Ким жыйында жетекчи болууну эңсесе, эң
жакшы иш каалаганы деген калыс сөз бар.
2 Жыйын жетекчиси жүрүм-турумунда эч айыбы
жок, бир эле аялы бар, эстүү, өзүн өзү кармай
билген, адептүү, меймандос, таалим берүүгө
ийкемдүү болушу керек. 3 Ал ичкиликке
берилбеген, ачууга алдырбаган, кичи пейил,
урушуп-керишпеген, акчага суктук кылбаган,
4 ошондой эле өз үй-бүлөсүн жакшы башкарган
жана балдарынын урмат-сыйына татып, аларды
тил алчаак кылып тарбиялоого жетише алган адам
болууга тийиш. 5 Себеп дегенде өз үй-бүлөсүн
башкара албаган неме Кудай жыйынынын камын
көрө алмак беле? 6 Жыйын жетекчиси Кудайга
жаңы эле ишенген адам да болбошу керек. Антпесе
ал көөдөнүн көтөрүп, ибилис калган жазага
кабылышы мүмкүн. 7 Ошону менен бирге ал
жыйындан тышкаркы элдин ичинде да кадыр-
барктуу болууга тийиш. Антпесе сөзгө калып,
шайтандын тузагына түшүшү мүмкүн.

### Жыйындагы жардамчылар

8 Ошондой эле жыйындагы жардамчылар да
олуттуу, эки жүздүүлөнбөгөн, масчылыкка
берилбеген, өз пайдасын көздөбөгөн; 9 чыныгы
ишенимдин аларга ачылып берилген купуя сырын
бек карманып, абийирин таза сактаган адамдар
болууга тийиш. 10 Алар эң алды сыналып, сыноодон
өткөндөн кийин гана биротоло жардамчылык ишке
алынышы керек. 11 Ошол сыяктуу аял
жардамчылардын † да өзүн туура алып жүргөн,
ушакчылык менен масчылыктан алыс, бардык
ишинде ишенимдүү болгону ылаазым. 12 Жыйын
жардамчылары болуп бир гана аялы бар,
балдарына туура тарбия берип, үй-жайын жакшы
башкара билген адамдар дайындалсын. 13 Себеби
жардамчылык кызматын жакшы өтөгөндөр эл
ичинде да кадыр-баркка жетишип, Ыйса Машаякка
болгон ишеними тууарасында да тайманбай сүйлөй
алышат.

### Кудай берген ишенимдин улуу купуя сыры – Машаяк

14 Жакын арада өзүм силерге барып калам деген
үмүттөмүн. Бирок ошентсе да, сага ушул
көрсөтмөлөрдү жазып коюуну оң көрдүм. 15 Эми
кармалып калсам да, Кудай үй-бүлөсүнө
кошулгандар катары ишенгендер өздөрүн кандай
алып жүрүш керек экенин билгендей болосуң.
Кудайдын үй-бүлөсү – бул тирүү Кудайдын жыйыны,
ишенимдин тиреги жана пайдубалы. 16 Кудай
берген ишенимибизде улуу купуя сыр катылып
жатканы айныгыс чындык:

Ал жерге адам кейпин кийип келген,
Адилдигин Ыйык Рух далилдеген,
Асмандан периштелер көрүп Аны,
Кабары башка элдерге жеткирилген,
Дүйнөгө ишенимдин нуру жанган,
Даңкталып, Ал асманга кабылданган.

### Жалган окутуулар тууралуу эскертүү

4 Акыркы убакта кээ бирөөлөр жалганчы
рухтарга кулак салып, жиндерден келген
окутууларды карманып, чыныгы ишенимден
четтеп кетишерин Ыйык Рух ачык-айкын айтып
жатат. 2 Мындай окутууларды абийирин жеген эки
жүздүү калпычылар таратышат. 3 Бул митаамдар
үйлөнүүгө жана тамактын белгилүү түрлөрүн
жешке болбойт деп үйрөтүшөт. Бирок ал
тамактарды да Кудай жараткан. Ким Кудайга
ишенип, чындыкты таанып билген болсо,
ыраазычылык айтып сыйынуу менен алардан даам
татса болот. 4 Анткени Кудай жараткандын баары
адал. Ошондуктан алардын эч биринен баш
тартпай, бардыгын ыраазычылык билдирүү менен
кабыл алган абзел, 5 себеп дегенде Кудай Сөзүн
окуп, сыйынып таткан даам арам болбойт.

---

†

### Ыйса Машаяктын жакшы кызматчысы болуу

6 Айткан акыл-насаатымды калган
боордошторуңа айтып, бекем ишеним берүүчү
жана өзүң жолдоп жүргөн чындыкты окутуучу сөз
сенин рухий азыгың болсун. Ошондо Машаяк
Ыйсанын жакшы кызматчысы болосуң. 7 Маңыз
сөздөр менен кемпирлер айтчу болмуштардан
оолак бол. Андан көрө, өзүңдү Кудайга жаккандай
жашоого машыктыр. 8 Дене машыктыруунун да
пайдасы жок эмес. Бирок ага караганда Кудайга
жаккандай жашоого машыгуу бардык жагынан
пайдалуу, себеби ал сени азыр да, келечекте да
Кудай убада кылган өмүргө ээ кылат. 9 Бул – калыс
сөз. Аны толук ишенүү менен кабыл алсаң болот.
10 Азыркыга дейре бой бербей күрөшүп да,
эмгектенип да келгенибиздин себеби – бүтүндөй
адамзаттын, айрыкча Жакшы Кабарга
ишенгендердин Куткаруучусу болгон тирүү Кудайга
бел байлаганыбызда.
11 Аларга ушундай насаат айтып, ушундай үйрөт.
12 Сага жаш деп эч ким өйдөсүнүп карабасын. Өзүң
болсо башкаларга сүйлөгөн сөзүң жана жүрүм-
турумуң менен, сүйүүң, ишенимиң, кынтыксыз
жашооң менен үлгү бол. 13 Мен келгичекти эл
алдында Ыйык Жазууну окуп, насыят айтып, окутуп
жүр. 14 Пайгамбарчылык сөз айтылып, жыйын
жетекчилери үстүңө колдорун койгондогу алган
рухий касиетиңди барктай бил. 15 Жогоруда
айтылгандарды иш жүзүндө колдонуп, өзүңдү
аларга арна. Ошондо бардыгы сен жетишкен
ийгиликтерге күбө болушат. 16 Өзүңө көз салып,
эмнени үйрөтүп жатканыңды байка. Дайыма
ушундай кылып жүр. Ошондо өзүң да куткарылып,
сага кулак салгандарды да куткарасың.

### Жыйындагыларга туура мамиле кылуу

5 Сакалдуу кишиге насаат айтканыңда, сылык-
сыпаа сүйлөп, өз атаңдай урматта. Жашыраак
эркекти ага-иниңдей, 2 улгайган аялды энеңдей
көрүп, жашыраак кыз-келинге эже-карындашыңдай
ызаттап таза мамиле кыл. 3 Таянар кишиси жок
калган жесирлерге сый көрсөтүп, алардын
муктаждыктарын ойло. 4 Ал эми жесирдин балдары
же неберелери бар болсо, анда алар эң алды
ишенгендер катары жакындарына кам көрүүнү
үйрөнүшсүн да, ошону менен энесинин алдындагы
милдетин аткарышсын, себеби бул Кудайга жаккан
иш. 5 Багар кишиси жок, жалгыз калган жесирлер
болсо бар үмүтүн Кудайга артып, Андан жардам
сурап, күнү-түнү сыйынып турушу керек. 6 Бул
жашоонун жыргалчылыгын гана ойлогон жесир
көзү тирүү турганы менен, өзү өлүк. 7 Жесирлер эл
алдында кынтыксыз болсун үчүн аларга менин
ушул насаатымды айт. 8 Ал эми ким
жакындарынын, өзгөчө өз үй-бүлөсүнүн камын
көрбөсө, ал динбезер жана Кудайга ишенбеген
адамдан да жаман.
9 Жесирлердин тизмесине жашы алтымыштан
ашкан, күйөөсүнүн алдында өзүн таза сактаган †
жесирлерди киргиз. 10 Алар ошондой эле өздөрүнүн
жакшы иштери, балдарын жакшы тарбиялап
өстүргөнү, конок тосо билген меймандостугу,
момундук менен ыйыктарга кызмат кылганы, бей-
бечараларга жардам бергени жана өздөрүн ар
кандай жакшылык иштерди кылууга арнагандыгы
менен таанымал болушу керек.
11 Ал эми жашыраак жесирлерди тизмеге кошпой
эле кой, себеби дене кумарына жетеленип,
турмушка чыккысы келгенде, алар өздөрүн
Машаякка арнагандыгынан баш тартып да коюшат.
12 Натыйжада Машаякка берген убадасынан кечип,
айыпталышат. 13 Бул гана эмес, убактысын жумуш
кылбай, бекерчиликте өткөрүп, үйдөн-үйдү
кыдырууну адатка айландырып алышат. Мунусу аз
келгенсип, ушак таратып, башкалардын иштерине
кийлигишишет да айтылбай турган нерселерди
айтышат. 14 Андыктан, душмандарыбыз бизге тил
тийгизбесин үчүн, жаш жесирлердин кайрадан
турмушка чыгып, балалуу-чакалуу болуп, үй-жайын
караганы оң деп эсептейм. 15 Ансыз деле кээ бири
эбак эле туура жолдон тайып, шайтанды ээрчип
кетишти. 16 Ишенген аялдардын кимисинин жесир
калган тууган-туушкандары болсо, аларды
жыйынга жүк кылбай, өздөрү жардам беришсин.
Багар кишиси жок жесирлер гана жыйындын
кароосунда болууга тийиш.
17 Үзүрлүү эмгек өтөп, жыйынды жакшы
башкарган жетекчилер, айрыкча насыят айтуу
менен окутуу жаатында талыкпай иштегендер,
өзгөчө урмат-сыйга жана кылган кызматына
ылайык акы алууга татыктуу. 18 Себеби Ыйык
Жазууда «Эгин басып жаткан өгүздүн оозун
калкалаба» жана «Жумушчу өз маянасын алууга
акылуу» †† деп айтылган. 19 Эки же үч күбө болмоюн,
жыйын жетекчилерине карата айтылган
айыптоолорго кулак салба. 20 Күнөө кылууну адат
кылып алгандарга элдин көзүнчө сөгүш бер.
Мындай кылсаң, калгандары да күнөө кылуудан
коркуп калышат.
21 Кудайдын Өзүн, Эгебиз Ыйса Машаякты жана
касиеттүү периштелерди күбө салып, сага катуу
эскертем: айткандарымдын бирин да калтырбай
сактап, эч кимди башкалардан артык көрбө да, эч
нерседе бир жактуу болбо. 22 Кол коюп сыйынуу
менен тигил же бул адамды Эгебизге кызматчы
кылып дайындаганыңда ашыкпа. Антпесе анын
кылган күнөөсүнө сен да жооптуу болосуң. Эч
кимдин күнөөлүү иштерине катышпа. Өзүңдү
пакиза сактап жүр.
23 Оорулуу ашказаның менен тез-тез кармап
калчу сыркоолоруң үчүн суу гана эмес, бир аз
шарап да ичип жүр.

† ††

24 Бирөөлөрдүн күнөөсү азыртан, кыямат кайым
боло электе эле көзгө көрүнүп турса,
башкаларыныкы кийин гана ачыкка чыгат. 25 Анын
сыңары, кылынган жакшылык да же дароо эле
ачык көрүнөт, же азыр ачык көрүнбөгөнү менен
баары бир белгисиз калбайт.

### Кул өз ээсин сыйлай билүүгө тийиш

6 Кимдир бирөөнүн кулу болгондордун баары,
эгерде Кудайдын атына жана биз тараткан
окутууга тил тийгизбейли десе, өз төрөлөрүнө
бардык жагынан урмат-сый көрсөтүшсүн. 2 Кимдин
төрөсү Машаякка ишенген киши болсо, андайлар
ээсинин ишенимдеш болгонуна шылтап беделин
түшүрүшпөсүн. Андан көрө, ээсинин сүйүктүү
боордош экенин билип, ага кайра көбүрөк дитин
коюп кызмат кылышсын.

### Жалган окутуу жана чыныгы дөөлөт

Боордошторуңа мына буларды насаатта.
3 Кимде-ким Эгебиз Ыйса Машаяктын калтырган
акыйкат сөздөрүнө жана Кудайга жаккандай
жашообузга негиз болчу таалимге макул
болбостон, мен насааттап жаткандарымдан бөлөк
нерселерди окутса, 4 анда ал көөдөнүн көтөрүп,
чындыктын жытын да билбегени. Андайлар үчүн
сөзгө асылып талашып-тартышуу менен
чатакташуу өзүнчө эле кумар болуп калган.
Анткендери болсо кызганыч, жаңжал, жамандашуу,
шектенүү гана туудуруп, 5 акылынан айнып,
чындыкты унуткан адамдардын түгөнгүс
айтышууларынан башка эч нерсеге алып келбейт.
Алардын ойлогону Кудайга жармашып, байлыкка
жетүү.
6 Албетте, колубузда барына ыраазы болгонго
үйрөнсөк, Кудайга ишенгенибиз бизди чыныгы
байлыкка ээ кылат. 7 Адам баласы жарык дүйнөгө
жылаңач келип, жылаңач кетет эмеспи. 8 Андыктан
жээр тамагыбыз, киер кийимибиз бар болсо, ошого
канием кылалы. 9 Жанакы ач кулкумун ойлогондор
болсо азгырыкка кирип, өз кумарынын тузагына
түшүштү да, акылынан ажырап, өздөрүнө зыян
келтирүүдө. Кылган күнөөлөрү аларды апат болор
жерге сүйрөп, акыры биротоло ойрон кылат.
10 Анткени бардык күнөөнүн түбү – дүнүйөкорлукта.
Кээ бирөөлөр байлыктын артынан сая түшүштү да,
ишеним жолунан адашып, баштарына канчалаган
кайгыларды үйүштү.

### Чыныгы ишеним майданы

11 Сен болсо, Тиметей, Кудайдын өкүлү экениңди
унутпай, булардын баарынан оолак бол. Андан
көрө, жан-дилиң менен Кудайга берилүүгө, Ага
жаккандай өмүр сүрүүгө, Машаякка болгон
ишенимиңди арттырууга, мээримдүү болууга,
кыйынчылыктарга алдырбоого жана башкалардын
алдында кичи пейил болууга умтул. 12 Туткан
ишенимиң үчүн күчүңдүн барынча күрөшүп,
түбөлүк өмүр байгесин ут. Кудай сени дал ушундай
өмүргө ээ болсун деп чакырган. Канча деген
адамдар өз ишенимиңди жалтанбастан ачык
жарыялаганыңа күбө болушту. 13 Бардыгына өмүр
берген Кудайдын алдында жана Понтий Пилатка
алынып келингенде кайраттуулук менен
ишенимин ачык жарыялаган Ыйса Машаяктын
алдында сага буюрам: 14 берген көрсөтмөлөрүмдү
Эгебиз Ыйса Машаяктын келер күнүнө чейин бек
карманып, эч ким айыптай албагандай так аткарып
жүр.
15 Жеткенде белгиленген мезгил-сааты,
Көрсөтөт бардыгына Машаякты
Бирден-бир даңазалуу Башкаруучу,
Бүтүндөй падышалар Падышасы,
Бүтүндөй эгелердин Эгедери,
16 Бирден-бир түбөлүккө Бар болуучу;
Ал турат эч ким жеткис жарык-нурда,
Эч качан адам Аны көргөн эмес,
Ал турсун, көрүүгө да дареметсиз.
Урмат-даңк, түбөлүккө күч-кудурет,
Бардыгы – жалгыз Ага! Оомийин.
17 Колунда ушул дүйнөнүн байлыгы барларга
эскертип кой: менменсинбесин да, өтүп кетер
байлыгына ишенбей, андан көрө,
жыргалчылыгыбызды ойлогон, бизге ырыс-
кешигин үзбөй берип турган айкөл Кудайыбызды
медер тутушсун. 18 Жакшылык кылып, жакшы
иштерге байышсын деп буюр. Жоомарт болуп,
колунда барын башкаларга берүүгө даяр болушсун.
19 Ошондо алар келечегинин бекем пайдубалы
болор чыныгы дөөлөттү топтоп, түбөлүк өмүрдү
энчилешет.

### Жекече насаат айтып, бата тилөө

20 Тиметей, өзүңө ишенип тапшырылгандын
баарын сактап жүр. Келжирек, кесир сөздөрдөн
жана жалган «билимпоздуктан» келип чыккан
талаш-тартыштардан оолак бол. 21 Кээ адамдар
ошол өңдүү «билимге» берилип кетип, акыры
өздөрү ишеним жолунан адашып калышты.
Кудайым баарыңа ырайым кылсын!

# 2-Тиметей

### Саламдашуу

1 Машаяк Ыйса менен биримдикте
жашагандарга Кудай түбөлүк өмүр тартуу
кылгандыгын жар салыш үчүн жиберилип, Анын
амири боюнча Эгебиздин элчиси болгон Пабылдан
2 сүйүктүү уулум Тиметейге дубай салам!
Ылайым эле Кудай Атабыз менен Эгебиз Ыйса
Машаяк сага ырайымдуу жана кайрымдуу болуп,
тынччылык берсин!

### Ыраазычылык келтирип, Тиметейге кайрат берүү

3 Сени ойлоп, күнү-түнү сыйынганымда, ата-
бабаларыма окшоп ак дилимден кызмат кылып
келген Кудайыма дайыма ыраазычылык билдирип
турам. 4 Коштошкондогу көз жашыңды эстегенде,
кайрадан сени менен көрүшүп кубанычка толгум
келет. 5 Кудайга чын жүрөгүңдөн берилип
ишенгениң да эсимде. Бул ишеним башында
таенең Лой менен энең Уникенин жүрөгүнөн орун
алган. Эми ал сенин жүрөгүңө да уялаганына көзүм
жетип турат. 6 Андыктан эскертем: үстүңө колумду
коюп, Кудайдын батасын тилеп сыйынганымда
алган рухий касиеттериңди колдонуп, улам
өркүндөтүп тур. 7 Анткени Кудайдын Руху бизди
коркок кылбайт. Тескерисинче, кудурет-күчүнө
бөлөп, мээримдүү болгонго жана өзүбүздү кармай
билгенге үйрөтөт.

### Жакшы Кабар айтуудан уялба

8 Ошондуктан элге Эгебиз тууралуу айтуудан жана
Ага ишенгендигим үчүн абакта отурганымдан
уялба. Андан көрө, Кудайдын кудуретине таянып,
Жакшы Кабарды жеткирүүдө тарткан азаптарымды
тең бөлүш.
9 Кудайым бизди Өзүнө тандап алды,
Куткарып, ыйык эли кылып алды.
Татырлык жакшы иштерди кылбасак да,
Ал бизге боору ачып, ырай этип,
Машаяк Ыйса аркылуу баарыбызга
Өзүнүн ырайымын көрсөтөм деп,
Бул аалам башталардан мурун эле
Алдына муну максат кылып алды.
10 Мына эми, акырында Машаяктын,
Куткаруучу Ыйсанын келгенинде,
Шум ажалдын бийлигин жойгонунда,
Түбөлүктүү өмүрүн бизге сунуп,
Жакшы Кабар чындыгын айтканында
Жараткандын ырайымы бизге ачылды.
11 Кудай мени дал ушул Жакшы Кабардын
жарчысы, элчиси жана устаты кылып дайындаган.
12 Азап чегип, ушундай кыйынчылыктарды
башымдан кечирип жатканымдын себеби – мына
ушул. Бирок менин уятка калгыдай жөнүм жок,
себеби Кимге бел байлап, Кимге ишенгенимди
билем. Өмүрүмдү Анын колуна тапшырган мени
Өзүнүн кайтар күнүнө дейре аман сактаганга Анын
кудурети жетет.
13 Менден уккан-көргөнүңдү чыныгы таалимдин
үлгүсү катары жетекчиликке алгын да, Ыйса
Машаяк менен тыгыз байланышыңды сактап,
ишенимге таянып, башкаларга мээримдүү болуп
жаша. 14 Ичибизде жашаган Ыйык Рухтун
кудуретине сүйөнүп, өзүңө табышталган жакшы
нерселерди сактап жүр.
15 Сага белгилүү болгондой, Асия
аймагындагылардын баары, алардын ичинде
Фигел менен Эрмоген да мага аркасын салып
кетишти. 16 Онисифордун үй-бүлөсүнө Эгебиз
ырайым кылсын. Канча ирет ал мени жубатып,
абакта отурганымдан уялбады. 17 Тескерисинче,
Римге келгенде, мени тынбай издеп жүрүп, акыры
тапкан эле. 18 Эгебиз кайра кайтар күнүндө ага
ырайымдуу болсун! Эфесте болгонумда да анын
мага канча жардам бергенин сен өзүң жакшы
билесиң.

### Машаяк Ыйсанын мыкты жоокери бол

2 Ошентип, уулум, Кудайдын Ыйса Машаяк
аркылуу көрсөткөн ырайымына таянып, андан
күч-кубат ал. 2 Көптөгөн күбөлөрдүн алдында жар
салганымда уккан таалимди аны башкаларга да
бере алган, ишенимдүү кишилерге аманатта.
3 Бардыгыбыз тарткан азаптарды Машаяк
Ыйсанын мыкты жоокери катары биз менен кошо
тартыш. 4 Аскердик милдетин өтөп жаткан жоокер
аскер башчысына жагууну гана көздөп, күндөлүк
тиричилик көйгөйлөрүнө алагды болбойт. 5 Анын
сыңары, жарышка чыккан киши да жеңишке
бардык эрежени аткарып жетмейин байгеге ээ
болбойт. 6 Жыйналган түшүмдөн биринчи болуп өз
үлүшүн кара терге түшүп эмгектенген дыйкан
алууга тийиш. 7 Айткандарымды жакшылап ойлон.
Бардыгын түшүнүүгө Эгебиз Өзү жардам берет.
8 Ыйса Машаякты эстесең! Өзүм тараткан Жакшы
Кабарда айтканымдай, Дөөт падышанын урпагы

болгон Аны Кудай өлгөндөн тирилткен. [9] Мына эми
ушул Жакшы Кабарды таратканым үчүн мен азап
тартып, атүгүл кылмышкер сыяктуу кишенделип да
олтурам. Бирок Кудайдын Сөзүн кишендеш мүмкүн
эмес! [10] Андыктан Кудайдын тандалган эли үчүн,
алар дагы Машаяк Ыйса аркылуу куткарылып,
Анын түбөлүктүү улуулугуна бөлөнсүн үчүн,
бардыгына чыдап келатам. [11] Мындай акыйкат сөз
бар:

Ыйса менен биз кошо өлгөн болсок,
Түбөлүк өмүрүн да бөлүшөбүз;
[12] Кыйындык-азаптарды көтөрө алсак,
Аны менен бийлик да жүргүзөбүз;
Баш тартсак, Машаякты тааныбастан,
Таанызбай коёт бизди Машаяк да;
[13] Биз Ага ишенимсиз болсок дагы,
Машаяк ишенимдүү кала берет,
Себеби Ал Өзүнөн баш тарта албайт.

### Мактоого татыган кызматкер бол

[14] Айткандарымды боордошторуңдун эстерине
сал да, сөзгө асылып талашып-тартышпасын деп,
Кудайды күбөгө чакырып катуу эскерт. Куру
айтышуулар жакшылыкка алып келбейт, тек гана
уккандарга кесепети тиет.
[15] Ишинде уятка калбаган, чындыкты элге туура
жеткире билген кызматчы катары Кудайга
жаккандай болуш үчүн колуңдан келгендин баарын
кыл. [16] Кудайды карабай, ыгы жок айтышуудан
оолак бол. Анткендер Кудайдан ого бетер четтеп
калышат. [17] Алардын окуткандары ырбап, бүтүндөй
денени кууратккан жугуштуу жарага окшош.
Булардын арасында Именей менен Филит да бар.
[18] Чындыктан адашкан бул экөө Кудай бизди эбак
эле кайра тирилтип алган дешип, кээ бирөөлөрдүн
ишенимине доо кетиришүүдө. [19] Бирок Кудайдын
салган негизи козголгус. Ошонун бооруна «Эгебиз
Өзүнө таандык болгондорду билет» † жана «Ким
өзүн Эгебиздин үмөтүмүн десе, мурдагы кыянат
иштеринен баш тартсын» деген сөздөр мөөр сымал
басылган.
[20] Үй чарбасы чоң болсо, андагы идиш-аяктар да
ар түрлүү болот: алардын бир даары алтын менен
күмүштөн жасалса, бир даары кадыресе жыгач
менен чоподон жасалган, бири кымбат баалуу
кумура болсо, башкасы жөнөкөй чөйчөк. [21] Анын
сыңары, ким айтылып кеткен жамандыктын
баарынан оолак болуп, өзүн таза сактаса, Кудай да
аны баалуу идиш сыяктуу өзгөчө максат үчүн
колдонот. Себеби мындай адам өзүн Кудайга
арнайт да, Ээсине пайда алып келгидей, бардык
жакшы ишке колдонулуш үчүн даяр болот.
[22] Андыктан жаштыктын азгырык-кумарларынан
баш тартып, андан көрө, чын ниети менен
Эгебизге кайрылып, жардамды Андан гана
күткөндөр менен бирге адилдикке, ишенимге,
сүйүүгө жана тынччылыкка умтул. [23] Акылсыз,
маңызы жок айтышуулардан оолак бол; алар уруш-
жаңжал гана алып келерин сен өзүң жакшы
билесиң. [24] Ал эми Эгебиздин кызматчысы болсо эч
ким менен урушуп-керишпей, тескерисинче,
бардыгына кичи пейил, акыл-насаат айта билген,
сабырдуу, [25] каршылаштарынын катачылыктарын
мээримдүүлүк менен түзөтө алган киши болууга
тийиш. Ким билсин, балким, ниетин өзгөртүп,
чындыкты билип калууга Кудай аларга
мүмкүнчүлүк берип калгысы бардыр. [26] Ошондо
акыл-эсине келишет да, аларды туткундап, өз
эркине баш ийдирип алган ибилистин тузагынан
бошоно алышат.

### Адамдардын акыркы күндөрдө Кудайдан безиши

3 Эсиңе түйүп ал, Тиметей: акыркы күндөр
апааттуу болот. [2] Себеби адамдар өзүнүн гана
керт башын ойлоп, акчага сугалак, мактанчаак,
текебер, кесир болуп, ата-энесинин тилин албай,
алкышты билбей, эч нерсени ыйык тутпай
калышат. [3] Алар адамгерчилик менен
кайрымдуулукту билишпей, башкаларга жалаа
жаап, өздөрүн өздөрү кармай алышпай, мерез
болуп, жакшылыкты жек көрүшөт. [4] Бири бирине
чыккынчылык кылып, алдын-кийинин ойлобой,
көпкөнүнөн көөдөнүн көтөргөн алар Кудайдан
көрө, өз жыргалчылыгын артык көрүшөт.
[5] Сыртынан кудайчыл көрүнгөнү менен, чын-
чынына келгенде, кудайчылдыктын нагыз кудурет-
күчүнөн баш тартып кеткен болушат.
Мындайлардан кач! [6] Алардын кээ бири өзүнүн ким
экенин жашырып, элдердин үйлөрүнө кирип
алышат да, күнөөгө белчесинен баткан, ар түркүн
кумарларга жетеленген шалаакы аялдарды
ээликтирип, өздөрүнө баш ийдирип алышат. [7] Бул
аялдар ар дайым таалим алууга умтулганы менен,
чындыкты билбеген бойдон кала беришет. [8] Акылы
адашкан, ишеними сокур тыйынга да арзыбаган
мындай жалган окутуучулар азирети Мусага каршы
чыккан Жанес менен Жамбиреске окшоп,
чындыкка каршы чыгышат. [9] Бирок алардын
билбестиги менен акылсыздыгы бардыгына айкын
болуп, тез эле иши бүтүп калат. Өз убагында Жанес
менен Жамбирес да ушундай болгон.

### Пабылдын Тиметейге өрнөк болушу

[10] –11 Сен болсо, Тиметей, берген таалимиме
көңүл коюп, жүрүм-турумуңда менден үлгү алып,
алдыңа меникиндей максат койдуң. Ыйсага
канчалык ишенгениме, кантип бардык
кыйынчылыктарды көтөрүп, бардыгына
мээримдүү, чыдамдуу болгонума, канча куугунтукту
башыман өткөрүп, канча запкы жегениме күбө
болдуң. Антахияда, Иконияда жана Листрада эмне
болгонум, не деген катуу куугунтукка кабылганым
да сага белгилүү. Бирок Эгебиз мени ошонун
баарынан аман алып калды! [12] Машаяк Ыйса менен

†

биримдикте Кудайга жаккандай жашагысы келген
ар бир адам куугунтукка кабылары бышык.
13 Кара ниеттер менен көз боёмочулар андан
бетер жамандык кылып, башкаларды алдап, өздөрү
да алданышат. 14 Ал эми сен үйрөнүп, чындык
экенине көзүң жеткендерди бек карман, себеби
кимден таалим алганыңды билесиң.
15 Жаштайыңдан билип калган Ыйык Жазуулар
акылман кылып, Машаяк Ыйсага арткан ишенимиң
аркылуу сени куткарылууга жолдойт. 16 Ыйык
Жазуулардын бардыгы Кудай деминин аркасы
менен жазылган. Андыктан алар чындыкты окутуп-
үйрөтүүдө, күнөө кетиргендерди ашкерелөөдө,
жаңылышкандарды туура жолго салууда жана
ишенгендерди адилдикке тарбиялоодо өтө
пайдалуу. 17 Аларды колдонуп, Кудайга кызмат
кылган адам бардык жакшы ишке камданып, даяр
болот.

### Бардык иште ишенимдүү болууга чакыруу

4 Кудайыбыздын жана тирүүлөр менен
өлгөндөрдүн Соттоочусу, Өз өкүмүн жүргүзүүгө
келе жаткан Падышабыз Ыйса Машаяктын
алдында сага катуу эскертерим бул. 2 Кудай Сөзүн
ал-акыбалыңдын жаман-жакшысына карабай, ар
дайым бардык дитиңди коюп насыятта!
Бирөөлөрдү туура жолго салганыңда,
ашкерелегениңде, кайрат бергениңде, насаат
айтып окутканыңда аябагандай сабырдуу бол.
3 Анткени адамдар туура окутууларга кулак салбай,
анын ордуна, өз каалоолоруна жетеленип, устаттан
устатка барып, көңүлүнө жакканын гана угушар
мезгил да келет. 4 Алар чындыкты этибарына
албай, бардык назарын курулай уламыш-
болмуштарга салышат. 5 Ал эми сен бардык учурда
акыл-эстүү, кыйынчылыктарга көтөрүмдүү болуп,
Жакшы Кабар таратканыңды токтотпой, өзүңө
тапшырылган кызматты толук аткар.
6 Менин болсо каным төгүлүп, курман болуп,
жарык дүйнө менен кош айтышар убагым келди.
7 Рухий майданда күчүмдүн барынча күрөшүп,
жарышымдын марасына жетип, ушуга дейре
ишенимден тайбай келдим. 8 Эми жеңүүчүнүн
байгесин – такыбаалык таажысын алганы калдым.
Адилеттүү Соттоочубуз, Эгебиз Ыйса кайтып келген
күнүндө аны мага Өз колу менен ыйгарат. Бул
байгеге жалгыз эле мен эмес, Эгебиздин келишин
чыдамсыздык менен күткөндөрдүн баары ээ
болушат.

### Жеке көрсөтмөлөр

9 Тиметей, колуңдан келишинче аракет кылып,
мага тез арада келип калгыдай бол. 10 Анткени
Димастын көңүлү ушул дүйнөгө ооп, мени таштап,
Тесалоникага кетип калды. Кирискент менен Тит
болсо, бири Галатияга, экинчиси Далматияга
жөнөп кетишти. 11 Жанымда Лукадан башка эч ким
калган жок. Маркты таап, өзүң менен кошо ээрчите
кел, себеби менин ишиме анын жардамы
тийгидей. 12 Тихикти мен Эфеске жөнөтүп
жибергем. 13 Келгениңде, Троасдагы Карыптыкында
калтырган чапанымды, ошондой эле кол
жазмаларымды, өзгөчө булгаарыга
жазылгандарын ала кел.
14 Темирчи Искендер мага көп жамандык жасады;
анын тиешесин эми Эгебиз Өзү берер. 15 Сен дагы
андан абайлап жүр, себеби ал биз тараткан Жакшы
Кабарга катуу каршылык көрсөтүүдө.
16 Сот алдында алгач жооп бергенимде, мени эч
ким жактабады. Тескерисинче, бардыгы менден
баш тартып кетишти. Эми Кудайым алардын
кылганын өздөрүнө каршы бурбагай эле. 17 Кантсе
да, Эгем Өзү мени колдоп, Анын Кабары мен
аркылуу толугу менен жар салынып, башка
улуттагылардын баары андан кулагдар болушу
үчүн мага күч-кубат берип, «ажыдаардын оозунан»
аман алып калды. 18 Мындан ары да Эгебиз мага
келген бардык жамандыктын мизин кайтарып,
Өзүнүн асмандагы Падышачылыгына жеткирери
анык. Бардык алкыш-даңк Ага гана болсун!
Оомийин.

### Соңку сөз жана бата тилөө

19 Приска менен Акилага жана Онисифордун үй-
бүлөсүнө менден салам айтып кой. 20 Эраст Корунт
шаарында калып, Трофимди болсо ооруп
калганынан өзүм Милет шаарында калтырууга
аргасыз болдум. 21 Кышка дейре келип калганга
болушунча аракет кыла көр.
Убул, Пудей, Лин жана Клавдия сага салам
жолдоп, калган боордошторуң да алардын
саламына кошулушту.
22 Эгем силерге кубат берсин!
Кудайым баарыңа ырайым кылсын!

# Титке

### Саламдашуу

1 Кудайдын кулу, Ыйса Машаяктын элчиси
Пабылдан Титке дубай салам.
Мен Кудай тарабынан дайындалып, Анын Өзү
үчүн тандап алган адамдарынын ишенимин
бекемдеп, аларды Кудайга жаккандай жашоого
жолдогон чындыкты үйрөтүш үчүн жиберилген
болчумун. 2 Бул чындык Кудай бизге тээ башынан
эле убада кылган түбөлүк өмүргө ээ болобуз деген
үмүткө негизделген. Ал эми Кудай эч качан жалган
айтпайт. 3 Андыктан убагы келгенде, Ал муну Өз
Сөзүн жар салдырып белгилүү кылды.
Куткаруучубуз Кудайдын буйругу менен бул милдет
мага да ыйгарылган болчу.
4 Бардыгыбызга берилген ишеним башыбызды
бириктирип, өз уулумдай болуп калган Тит,
Кудай Атабыз менен Куткаруучубуз Машаяк Ыйса
сага ырайымын төгүп, тынччылыгын берсин.

### Титтин Крит жыйынындагы кызматы

5 Сени Крит аралына калтырганымдын себеби, ал
жактагы бүткөрүлбөй калган иштерди иретке
келтирип, ар бир шаар-кыштакта өзүм берген
көрсөтмөлөргө ылайык жыйын жетекчилерин
дайындасын дегем. 6 Жыйын жетекчилери
кынтыксыз, бир эле аялы бар, балдары Кудайдан
ыйбаа кылган, эл арасында адепсиз же тоң моюн
атка конбогон болууга тийиш. 7 Кудай кызматына
дайындалган киши катары жыйын жетекчиси эл
алдында кынтыксыз, менменсибеген, ачууга оңой
алдырбаган, ичкиликке берилбеген, урушуп-
керишпеген, пайдакор эмес, 8 тескерисинче,
меймандос, колунан жакшылык гана келген, өзүн
өзү кармай билген, адил, такыбаа, адептүү адам
болууга тийиш. 9 Ошондой эле туура окутуунун
негизинде насааттап, каршы чыккандарды
ашкерелеш үчүн ал өзү биздин үйрөткөндөрүбүзгө
ылайык, чындыкка шайкеш кабарды бек карманып
жүрүшү керек. 10 Анткени баш ийбей кеткендер,
куру сөз сүйлөгөндөр жана элди алдагандар
көбөйгөндөн көбөйүп, айрыкча, азыркыга дейре
иудей салтын карманып жүргөндөрдүн арасында
көп кездешүүдө. 11 Алардын тилин тыйдырбаса
болбой калды, себеби алар арам пайданы көздөп,
окутканга укугу жок нерселерди окутмакчы болуп,
бүтүндөй үй-бүлөлөрдү туура жолдон адаштырып
жатышат. 12 Өздөрүнүн эле арасынан чыккан
даанышман мындай деген экен:
«Криттиктердин оозунан
Чыкпайт чындык сөздөрү,
Коркунучтуу, эринчээк,
Айбандардай өздөрү».
13 Бул сөз – калетсиз чындык.
Андыктан аларды ашкерелеп, туура ишенимди
тутушсун үчүн катуу эскертип кой. 14 Иудей
болмуштарына жана чындыктан безген
немелердин өз билгенин таңуулап айткандарына
кулак төшөбөсүн. 15 Алар: «Ким өзү адал болсо, ал
үчүн бардык нерсе адал. Ал эми бузулган, ишеними
жок адам үчүн бардыгы арам болот», – дешет экен.
Бирок чындыгында алардын өз акылдары адашып,
өз абийирлери бузулган. 16 Мындайлар оозу менен
Кудайды тааныйбыз дегени менен, кылган иштери
эле бул сөзүн жокко чыгарып таштайт. Алар элге
жек көрүндү болуп, Кудайга моюн сунушпайт да
колдорунан эч жакшылык келбейт.

### Жыйындагы ар кандай топторго карата берилген көрсөтмөлөр

2 Ал эми сен, Тит, туура окутууга төп келген
нерселерди гана айтып жүр. 2 Улуураак
эркектер кыраакы, кадыр-барктуу, салабаттуу,
ишеними бек, башкаларга мээримдүү,
кыйынчылыктарга көтөрүмдүү болушсун.
3 Ошондой эле улуураак аялдар да өздөрүн Кудайга
арнаганын унутпай, жүргөн-турганы ошого ылайык
болууга тийиш. Эч кимге жалаа жаппай, ичкиликке
берилбей, андан көрө, башкаларга жакшы акыл-
насааттарын айтып, 4 жаш келиндерди күйөөлөрү
менен балдарын сүйүүгө, 5 жана эч ким Кудай
Сөзүнө тил тийгизбеш үчүн, өздөрүн токтоо жана
таза сактап, үй-жайын жакшы карап, мээримдүү
болуп, күйөөлөрүнө баш ийүүгө үйрөтүшсүн.
6 Ошондой эле жаш жигиттерге өздөрүн кармай
билишсин деп насаатта. 7 Аларга ар иштеги адептүү
жүрүм-турумуң менен өрнөк бол. Таалим
бергениңде ак ниет жана олуттуу болуп, элдин
урмат-сыйына таты. 8 Сүйлөгөн сөздөрүң
айыпталбагыдай, дайыма жөндүү болсун. Ошондо
каршылаштарың биз тууралуу жаман сөз айта
албай, өздөрү эле уятка калышат.
9 Кулдарды өз кожоюндарына моюн сунуп, аларга
жаккандай иш кылууга чакыр. Ээсине каршы сөз
сүйлөбөй жана 10 уурулук кылбай, анын ордуна

толук ишенимдүүлүгүн көрсөтүшсүн. Ошондо алардын жүрүм-турумун көргөндөрдүн баары Куткаруучу Кудайыбыз тууралуу таалимди зор урмат-сый менен кабыл алышат.

### Кудайдын бүтүндөй адамзатты куткаруучу ырайымы

11 Кудай Өз ырайымын төгүп, аны менен бүтүндөй адамзатты куткаргысы келгенин ачык-айкын
билдирди. 12 Ал бизди Өзүнө жакпаган эски жашообуз менен бул дүйнөнүн кумарларынан баш тартып, азыркы заманда өзүбүздү тизгиндеп, адил жана Кудайга жагарлык өмүр сүрүүгө жолдоп турат.
13 Биз илгери үмүт менен улуу Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машаяк зор салтанат менен көрүнүп келе турган даңазалуу күндү күтүп
жатабыз. 14 Бизди ар кыянаттыктан бошотуп, ыпластыктан тазартып, Өзүнүн өзгөчө, жакшылык кылууга ынта койгон эли кылып алыш үчүн Машаяк бизге арнап Өз жанын курмандыкка берген.
15 Элге мына ушуларды айтып, колуңдагы бийликти колдонуп, насааттап да, ашкерелеп да тур. Алардын эч кимиси сага бой көтөрүп карабасын.

### Ишенгендер өздөрүн кандай алып жүрүшү керек

3 Өз адамдарыңа алар бардык башчылар менен колунда бийлиги барларга баш ийип, айткандарына моюн сунуп, бардык жакшылыкка
даяр болушу керектигин эскерт. 2 Эч кимди каралабай, урушуп-керишпей, андан көрө, бардыгына ачык маанай менен мамиле кылышып,
кичи пейил болушсун. 3 Анткени бир кезде биз да акылсыз, тоң моюн болуп, алданып-адашып, ар кыл кумарлар менен жыргалчылыктын кулу элек. Караниеттик жана көрө албастык менен күн өткөрүп, башкалардын итиркейин келтирип, бири
бирибизди жек көрчүбүз. 4 Бирок Куткаруучубуз Кудай Өз кайрымы менен мээримин көрсөтүп,
5 бизди куткарып алды, болгондо да кылган жакшылыктарыбыздан улам эмес, тек гана Өзүнүн ырайымы менен. Ал бизди Ыйык Рух аркылуу
аруулап, кайрадан жаратып, жаңылап алды. 6 Кудай
Ыйык Рухун үстүбүзгө Куткаруучубуз Ыйса Машаяк
аркылуу молунан төктү. 7 Ошентип Ал бизди Өз ырайымы менен актап, убада кылган түбөлүк өмүр
энчисин алабыз деген илгери үмүт берди. 8 Бул сөз
– айныгыс чындык.
Андыктан мен дагы, Тит, Кудайды медер туткандар жакшы иштерди кылууга ынтасын койсун үчүн элдин көңүлүн айрыкча ушул нерселерге буруудуңду каалар элем. Алар адам
баласы үчүн жакшы да, пайдалуу да. 9 Ал эми ыгы
жок тирешүүлөрдөн жана санжыра териштирүүлөрдөн, Тоорат мыйзамынын тегерегиндеги талаш-тартыш менен жаңжалдан оолак бол. Алардын маңызы да, эч пайда-батасы да
жок. 10 Элди бөлүп-жаргандардын баарына бир-эки жолу эскертүү бергин да, укпаса, андан ары эч
катышпа. 11 Өзүң билесиң, мындайлар бузулган адамдар: муну кылган күнөөлөрү эле ашкерелеп турат.

### Соңку сөз жана бата тилөө

12 Мен сага Артем менен Тихикти жибергенимде, Никопол шаарына келип, мени менен көрүшүп кетүүгө аракет кылсаң. Мен ошол жерде кыштоону
чечтим. 13 Мыйзамчы Зен менен Аполго колуңдан келген жардамыңды берип, өзүң жөнөтүш. Алар эч нерседен кем-карч болбосун, ошого кам көрүп кой.
14 Криттеги боордошторубуз да муктаждыгы барларга кам көрүп, үзүрлүү жашоого көнүгүш үчүн жакшылык кылууга аралашышы керек.
15 Жанымдагылардын баары сага салам жолдоп жатышат. Сен дагы ал жактагы бизди сүйгөн ишенимдештерибизге салам айтып кой.
Кудайыбыз баарыңа ырайым кылсын!

# Филимонго

### Саламдашуу

1 Машаяк Ыйса үчүн түрмөдө отурган Пабылдан
жана боордошубуз Тиметейден сүйүктүү
кызматташыбыз Филимонго, 2 сүйүктүү
карындашыбыз Апияга жана биз менен бирге
жоокердей кызмат өтөп жүргөн Архипке, ошондой
эле сенин үйүңдө чогулуп аткан жыйынга салам
айтабыз!
3 Кудай Атабыз жана Эгебиз Ыйса Машаяк силерге
ырайым кылып, тынччылыгын берсин!

### Ыраазычылык келтирүү

4 Мен сыйынган сайын сени эстеп, дайыма
Кудайга ыраазычылык айтам. 5 Анткени Эгебиз
Ыйсага ишенип, бардык ыйыктарды сүйгөнүң
жөнүндө кулагдармын. 6 Сенин ишенгендер катары
биз менен болгон алакаң Машаяк менен тыгыз
жашаганда ээ болчу жакшылыктарды тереңирээк
түшүндүрсүн деп сыйынам. 7 Боордош, сенин
боорукерлигиң мени катуу кубантып, чоң дем
берди, анткени башкаларга жакшылык кылып,
ыйыктардын көңүлүн көтөрдүң.

### Онисим үчүн сураныч

8 Ошондуктан Машаякка ишенген боордош
катары «мындай кыл!» деп буйрук бере алсам дагы,
9 сени жакшы көргөнүмдөн, өзүңө бир өтүнүч
менен кайрылууну туура көрдүм. Мен, Пабыл
карыя, эми болсо Машаяк Ыйса үчүн туткун,
10 түрмөдө жатканда мага уул болуп калган Онисим
үчүн бир суранайын дегем. 11 Бир кезде анын сага
кереги болбогон экен, эми ал сен экөөбүзгө тең
аябай керек. †

12 Менин боор этим менен тең аны сага кайра
жиберип атам. 13 Жакшы Кабар үчүн түрмөдө
отурганымда, сенин ордуңа мага жардам кылсын
үчүн аны жанымда эле калса дегем. 14 Бирок сенин
макулдугуңсуз эч нерсе кылгым келген жок. Кыла
турган жакшылыгың бирөөнүн кысымынан эмес,
өз каалооң менен болсун дедим. 15 Балким анын
бир аз убакыт кетип калганы, биротоло кабыл
алышың үчүн болгондур. 16 Эми ал кул эмес, кулдан
жогору турган сүйүктүү боордошуң. Аны мен өтө
жакшы көрөмүн. Бирок адам катары да, Эгебизге
ишенген боордош катары да ал сага өтө кымбат!
17 Ошондуктан мени жакын шеригим десең, мени
кабыл алгандай, аны да кабыл ал. 18 Ал сага бир
жамандык кылса же бересеси болсо, аны менин
мойнумда деп эсепте. 19 Мен, Пабыл, муну өз колум
менен жаздым: мен төлөп берем. (Сен мага
куткарылган өмүрүң үчүн карыздар экениңди
айтпай ак коёюн.) 20 Ошондуктан, боордош, эми сен
Эгебиз үчүн мага жакшылык кыл. Машаякка
ишенген боордош катары санаамды тынчыт!
21 Муну мени угат деген үмүт менен жаздым. Сен
мен сурангандан да көптү кыларыңды билем.
22 Ошону менен бирге мен үчүн бир бөлмө даярдап
койчу. Себеби Кудай сыйынууңарды угуп, мени
силерге жеткирет деп ойлойм.

### Соңку сөз жана бата тилөө

23 Сага мени менен бирге Машаяк Ыйса үчүн
түрмөдө отурган Эпафрас, 24 шериктерим Марк,
Аристарх, Димас жана Лука салам жолдошот.
25 Ылайым Эгебиз Ыйса Машаяк Өзү жар болуп,
ырайым кылсын! Оомийин.

---

†

# Эврейлерге

### Кудай адамзатка Өз Уулу аркылуу сүйлөдү

1 Өткөн замандарда Кудай биздин ата-
бабаларыбызга көп ирет жана ар кандай
жолдор менен Өзүнүн пайгамбарлары аркылуу
сүйлөгөн. 2 Эми ушул акыркы күндөрдө болсо бизге
Өз кабарын Уулун жиберип айттырды. Ааламды
ошол Уулу аркылуу жаратып, Аны бардыгына
мураскор кылып дайындады. 3 Кудайдын улуулугу
Уулунан жаркырап көрүнүп, Анын табияты дал
Кудайдын Өзүнүкүндөй. Ал Өзүнүн кудуреттүү сөзү
менен бүт ааламды кармап турат. Күнөөдөн
арылууга жол ачкан соң, Ал көктөгү, баарынан
кудуреттүү Кудай Тааланын оң жагындагы сыйлуу
жерге олтурду.
4 Кудайдын Уулу периштелерден канчалык
жогору турса, Атасынан берилген наамы да
алардыкынан ошончолук улуу. 5 Анткени Кудай
Өзүнүн кайсы бир периштеси тууралуу:
«Сен Уулумсуң, анткени Мен
Бүгүн Сага Ата болдум»
же:
«Мен Ага Ата болом,
Ал болсо Уулум болот», † – деген беле?
6 Бул гана эмес, Кудай тун Уулун ушул дүйнөгө
жөнөтүп жатып:
«Периштелеримдин баары Ага таазим
кылышсын!» †† – деген.
7 Периштелери тууралуу Кудай мындай деген:
«Периштелеримди Мен
Айлантамын шамалга,
Жалындаган от кылам
Кызматчыларымды Мен». ‡
8 Ал эми Уулу тууралуу айтканы бул:
«Тактың турат, о, Кудай, түбөлүк.
Башкарасың адилеттикке сүйөнүп.
9 Жакшы көрдүң адилеттүү иштерди,
Адилетсиздик кылыктарын жек көрүп.
Мен да, Сенин Кудайың,
Сени ошон үчүн тандадым,
Шериктериңден көбүрөөк
Сый көрсөтүп кубанттым». ‡†
10 Кудай дагы мындай деген:
«Сен, Эге, – а деп жерди негиздеген
Өзүңсүң асманга да болгун деген.
11 Каласың түбөлүккө, жок болсо да
Бардыгы кийимге окшоп бүт эскирген.

† †† ‡ ‡†

12 Аларды чапан сымал жыйыштырып,
Эскирген кийим сымал алмаштырып,
Каласың Өзүң болсо өзгөрбөстөн,
Эч качан өмүр жашың түгөнбөстөн» ‡‡
13 Кайсы бир периштесине Кудай мындай деди
беле:
«Кастарыңды бут алдыңа жыкканымча,
Олтура тур, сыйлуу жер оң жагымда?» ‡‡†
14 Периштелер кызмат кылчу рухтар гана эмеспи?
Кудай аларды куткарылууга ээ боло турган
адамдарга кызмат кылууга жиберген.

### Кудайдын куткаруусу

2 Мына ушул себептен биз уккандарыбызга
өзгөчө көңүл бөлүшүбүз керек. Ошондо
алардан четтеп кетпейбиз. 2 Периштелер аркылуу
жарыяланган кабар анык болуп чыгып, ага кулак
какпай же баш ийбей койгондор тиешелүү жазасын
алышты. 3 Андай болсо Кудай куткарылууга не
деген сонун жол ачып койгондугун кулагыбызга
илбей койсок, биз кантип жазадан качып
кутулмакпыз? Бул кабарды алгач Эгебиз жарыя
кылып, кийин Андан уккандар бизге бул кабардын
анык экенин ырасташты. 4 Ал турсун Кудай Өзү да
жышаан-белги берип, ажайып-кереметтерин
көрсөткөнү жана Өз эркине ылайык Ыйык Рух
касиеттерин бөлүштүргөнү аркылуу мунун чындык
экенин далилдеди.

### Бизге куткарылуу жолун көрсөтүүчү Инсан

5 Биз сөз кылып жаткан келечектеги жаңы дүйнө
Кудай периштелеринин колуна тапшырылган жок.
6 Кайра, Ыйык Жазуулардын кайсы бир жеринде
мындай делген:
«Сен мынчалык ойлогудай
Деги адам ким эле?
Кам көргүдөй ушунчалык
Адамзаада ким эле?
7 Периштеден төмөн коюп
Бир аз гана убакка,
Анан даңктын, урмат-сыйдын
Бердиң ага таажысын.
8 Баш ийдирип, жыгып бердиң
Бардыгын бут алдына». ‡‡‡
Кудай аны бардык нерсеге башкаруучу кылып
дайындап, ага баш ийбеген эч нерсе болбошу
керек. Бирок азыр, биз көрүп тургандай, адам

‡‡ ‡‡† ‡‡‡

баласы бардык нерселерди башкарган жери жок. 9 Анын ордуна, биз Ыйсанын бир аз убакытка периштелерден төмөн болуп, биз үчүн азап чегип, өлүмгө дуушар болгону үчүн эми атак-даңк менен урмат-сыйга бөлөнүп отурганын көрүп отурабыз. Кудай бизге ырайымдуу болгондуктан, Ыйса бүтүндөй адамзат үчүн Өз жанын берди.

10 Бардыгын Өзү үчүн жаратып, бардыгын бар кылып турган Кудай көптөгөн балдарын Өз атак-даңкына бөлөш үчүн аларды куткарылууга алып баруучу Ыйсаны азап тартканы аркылуу кемелдикке жеткириши керек эле. 11 Ыйыктагандын да, ыйыкталгандардын да Атасы бир. Ошондуктан Ыйса аларды боордошторум деп атагандан уялбайт:

12 «Боордошторум алдында
Жарыялайм атыңды,
Жыйналышында туруп,
Мен Өзүңдү мактаймын». †

13 Дагы мындай дейт:
«Бел байлаймын мен Ага».
Дагы мындай дейт:
«Кудайдын мага берген балдарынын
Турамын мына Мен да арасында». ††

14 Ал эми Кудайдын балдары кан менен эттен бүткөндүктөн, Ыйса Өзү да аларга окшоп, адам кейпин кийген. Адамдарды ажал колуна салып берер бийлиги бар ибилисти күчүнөн ажыратуу үчүн Ал өлүмгө барышы керек болду. 15 Өмүр бою өлүмдөн коркуп, кул сыяктуу жашап келгендерди ушундайча боштондукка чыгарды. 16 Ыйса периштелерге эмес, Ыбрайымдын урпактарына жардам берүү үчүн келгендиги айдан ачык көрүнүп турат. ‡17 Ошондуктан элдин күнөөлөрү кечирилсин деп, Кудай алдында кызмат кылган ырайымдуу жана ишенимдүү Башкы динкызматчы болуу үчүн Ал бардык жагынан боордошторуна окшош болушу керек эле. 18 Эми Ал сыноолорду баштан кечирип жаткандарга жардам бере алат, анткени Өзү да сыноолордон өтүп, азаптарды баштан кечирген.

### Ыйса Машаяк Мусадан алда канча жогору

3 Ошондуктан силер, биз менен бирге Кудайдын эли болууга чакырылгандар, биздин ишенимибиздин Элчиси жана Башкы динкызматчысы болгон Ыйса тууралуу ойлонсоңор. 2 Муса Кудайдын бүтүндөй үйүндө ишенимдүү болгондой, Ыйса да Өзүн дайындаган Кудайга ишенимдүү болду. 3 Үйгө караганда үй куруучу алда канча көп кадыр-баркка ээ болгон сыяктуу, Ыйса татыган урмат-сый да Мусаныкынан алда канча зор. 4 Ар бир үй кимдир бирөө тарабынан курулган, ал эми бардыгын куруучу – Кудай. 5 Муса Кудайдын бүтүндөй үйүндө ишенимдүү кул катары кызмат өтөп, Кудай келечекте жарыялай турган нерселер тууралуу айткан. 6 Ал эми Машаяк Кудайдын Уулу катары Анын үйүндө башкаруучулук милдетти аткарат. Эгерде кайратыбыздан жазбай, сыймыктануу менен тутуп келген ишенимибизди бек кармансак, анда ошол үй бизбиз.

### Ишенбестик тууралуу эскертүү

7 Ошондуктан, Ыйык Рух айткандай:
«Эгер бүгүн уксаңар Кудай үнүн,
8 Болбогула тоңмоюн бабалардай,
Чөлдө жүрүп сыноодон өткөн кезде,
Бой көтөрүп Кудайга каршы чыккан.
9 Кырк жыл бою Мен кылган зор иштерди
Көрүп туруп, сынашты Мени алар.
10 Ошондуктан аларга каарым кайнап,
Мындай дегем Мен анда ошол муунга:
"Ниеттериң дайыма Менден бөлөк,
Түшкүңөр жок көрсөткөн жолдорума".
11 Каардандым да, ант бердим: "Кирбейт алар
Эс алдырчу жериме эч качан", деп». ‡†

12 Боордошторум, өзүңөргө сак болгула! Бириң да ниетиң бузулуп, ишенимден тайып, тирүү Кудайдан четтеп кетпегиле! 13 Күнөөгө азгырылып, тоңмоюн болуп калбоо үчүн, «бүгүн» делген мезгил али бүтө электе күн сайын бири-бириңерге дем берип тургула. 14 Анткени алгачкы ишенимибизге аягына чейин бек болсок, баарыбыз тең Машаяктын шериктештерибиз. 15 Ыйык Жазууда айтылгандай:
«Эгер бүгүн уксаңар Кудай үнүн,
Болбогула тоңмоюн бабалардай,
Чөлдө жүрүп сыноодон өткөн кезде,
Бой көтөрүп Кудайга каршы чыккан». ‡‡

16 Кудайдын үнүн угуп, анан ага каршы чыккан кимдер эле? Мусанын жетекчилиги астында Мисирден чыккандардын баары эмеспи? 17 Кырк жыл бою Кудай кимге каарданды эле? Чөлдө күнөө кылып, сөөгү ошол жерде сөпөт болгондор эмеспи? 18 Кудай: «Кирбейт алар эс алдырчу жериме эч качан!» – деп ант бергенде, кимдер тууралуу айткан эле? Ага баш ийбей койгондор тууралуу эмеспи? ‡‡†

19 Ошентип, азыр биз көрүп тургандай, ал жерге алар ишенбестиктен улам кире алышкан жок.

4 Ошондой болсо да, Кудайдын эс алдырчу жерине киргизем деген убадасы али да күчүндө болуп турган соң, бирибиз да калбай, баарыбыз ошол жерге жеткендей бололу. 2 Анткени биз да алар уккан Жакшы Кабарды уктук. Бирок алар уккандарына ишенбей коюшкандыктан улам Жакшы Кабардын үзүрүн көрүшпөдү. 3 Ал эми ошол кабарды ишеним менен кабыл алган биз Кудайдын эс алдырчу жерине киребиз. Анткени Ал мындай деген:
«Каардандым да, ант бердим: «Кирбейт алар
Эс алдырчу жериме эч качан» деп». ‡‡‡
Бирок ошол жерди Кудай дүйнө жаралгандан баштап эле даярдап койгон. 4 Ыйык Жазуунун бир жеринде жетинчи күн тууралуу мындай деп айтылган: «Кудай жетинчи күнү бардык иштерин бүтүрүп, эс алды». §5 Анан кайра эле:

† †† ‡

‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡ §

«Кирбейт алар
Эс алдырчу жериме эч качан» †
– деп Ыйык Жазууда айтылып жатат. 6 Жакшы
Кабарды бизден мурун уккандар Кудайдын эс
алдырчу жерине Ага баш ийбегендиктен улам
кирбей калышкан. Бирок ал жакка киргүгө жол
дагы эле ачык. 7 Ошондуктан Кудай «бүгүн» деп,
кайрадан атайын убакытты белгилеп койду.
Жогоруда айтылгандай, көп жыл өткөн соң, Кудай
Дөөт аркылуу:
«Эгер бүгүн уксаңар Кудай үнүн,
Болбогула тоңмоюн!» ††
– деген. 8 Анткени ошол эс алууну элге Нун уулу
Жашыя берген болсо, анда Кудай кийин башка күн
тууралуу кайра сөз кылмак эмес. 9 Демек, Кудай
адамдары үчүн атайын эс алар күн да келет.
10 Анткени Кудай Өзүнүн бардык иштерин бүтүп, эс
алгандай, убада кылынган ошол эс алууну кабыл
алгандар да өз иштеринен эс алышат.
11 Ошондуктан баш ийбегендиктен улам ойрон
болгон байыркылардай болбостон, ошол эс алууга
жетүүгө умтулалы. 12 Анткени Кудайдын сөзү тирүү
жана кудуреттүү. Ал эки миздүү кылычтан да курч.
Ичибизге сүңгүп кирип, ал рух менен жанды,
муундар менен чучуктарды ажырата бөлөт да,
адамдын жашырын ойлору менен ниеттеринин
жакшы же жаман экенин даана көрсөтөт.
13 Жаратылгандын эч бири Кудайдан жашырына
албайт. Бардыгы Анын көз алдында алаканга
салгандай ачык. Биз баарыбыз Ага чындыкты
айтышыбыз керек болот.

### Ыйса – башкы динкызматчы

14 Биздин көккө көтөрүлүп кеткен улуу Башкы
динкызматчыбыз – Кудай Уулу Ыйса бар экенин
билип, тутунган ишенимибизде бек туралы. 15 Ал
алсыз жагыбызды түшүнүп, бизге боор ачыган
Башкы динкызматчы. Бизге окшоп Ал бардык
сыноолордон өткөн. Бирок эч качан күнөө
кетирген эмес. 16 Ошондуктан ырайымдуу
Кудайдын тагынын алдына тайманбастан баралы.
Ал бизге боор ачып, муктаж болуп турганыбызда
кайрымдуулук менен жардам берет.

5 Кандай гана башкы динкызматчы болбосун,
ал адамдардын арасынан тандалат да,
алардын өкүлү катары Кудайга кызмат кылууга
дайындалып, күнөөлөрү үчүн курмандык чалып,
тартууларды алып келет. 2 Өзүнүн да кемчиликтери
бар болгондуктан, Ал билбестиктен улам
жаңылыштык кетиргендерди түшүнөт. 3 Ошол
себептен ал элдин күнөөлөрү үчүн гана эмес, жеке
өзүнүн күнөөлөрү үчүн да курмандык чалышы
керек. ‡4 Башкы динкызматчы болуу урматына эч
ким өз күчү менен жете албайт. Арунду дайындаган
сыяктуу, аны Кудай Өзү тандап алышы керек.
5 Машаяк да Өз эрки менен эле башкы
динкызматчы болуп алган жок. Тескерисинче:
«Сен Уулумсуң, анткени Мен
Бүгүн Сага Ата болдум», ‡†
– деп, Аны Кудай дайындаган. 6 Башка жерде Кудай
дагы мындай деген:
«Сен алдың Маликсадык даражасын,
Сен болдуң түбөлүккө динкызматчы». ‡‡
7 Ыйса жер бетиндеги жашоосунда Өзүн өлүмдөн
сактап кала турган Кудайга боздоп, көз жашын
төгүп, жалынып сыйынган. Кудайга ыйбаа кылуу
менен моюн сунгандыктан Ал Өз тилегине жеткен
эле. 8 Кудайдын Уулу болсо да, тарткан азаптары
аркылуу баш ийүүгө үйрөнгөн. 9 Эми Ал кемелдикке
жетип, Өзүнө баш ийгендердин бардыгы үчүн
түбөлүк куткарылуунун булагы болуп калды.
10 Кудай Аны Маликсадыктын даражасындагы
башкы динкызматчы деп жарыялады.

### Ишенимден баш тарткандар жөнүндө эскертүү

11 Булар тууралуу дагы көп кеп кылса болмок,
бирок аны силерге түшүндүрүп бериш кыйын,
анткени кулагыңар катуулап, дароо уккудай
эмессиңер. 12 Силер эбак окутуучу болуп
калышыңар керек болчу. Бирок дагы эле кимдир
бирөөдөн Кудайдын кабарынан башталгыч таалим
алганга муктажсыңар. Коюу тамак жегендин
ордуна, кайра эле сүт ичишиңер керек. 13 Сүт менен
азыктанган ар ким дагы эле ымыркай баладай
болуп, эмне жакшы, эмне жаман экенин биле
албайт. 14 Коюу тамак болсо эрезеге жетип, жакшы
менен жаманды ажырата билгендер үчүн.

6 –2 Машаяк тууралуу башталгыч таалимди
калтыралы да жетилиш үчүн алдыга кадам
таштайлы. Ниетти өзгөртүү, Кудайга ишенүү,
чөмүлдүрүү расмилери тууралуу окутуу, үстүнө кол
коюу расмиси, өлүктөрдүн кайра тирилүүсү жана
кыяматтагы сот тууралуу айта берип, кайрадан
негиз салгандай болбойлу. 3 Кудай буюрса,
ушундай болгусу бардыр. 4 Ишенимден баш тартып
кеткендердин ниетин кантип кайрадан өзгөртүүгө
болсун? Бир кезде Кудайдын жарыгына келишип,
Анын көктөн жиберген сыйынын даамын татышып,
башкалар менен бирге Ыйык Рухтан үлүшүн
алышса да, Кудай Сөзүнүн жакшылыгын, келечек
замандын кудуретин көрүшсө да, алар ишенимден
баш тартып кетишти! Эми алардын ниетин
кайрадан өзгөртүү мүмкүн эмес, анткени алар
Кудай Уулун кайрадан айкаш жыгачка керип, уятка
калтырып жатышат.
7 Улам-улам жааган жамгырга сугарылып, анан
өзүн иштеткен дыйканга жакшы түшүм өндүрүп
берген жерге Кудай берекесин берет. 8 Ал эми өсүп
чыкканы тикенек менен чалкан болсо, анда ал жер
жараксыз болот да, каргышка калып, акырында
өрттөлөт.
9 Биз ушундай деп жатканыбыз менен, сүйүктүү
боордоштор, чындыгында силердин жакшы
иштерди кылып, акыры куткарылаарыңарга көзүбүз

† †† ‡ ‡† ‡‡

жетип турат. [10] Кудай адилетсиз эмес. Ыйыктарга буга чейин жардам берип келип, азыр да жардам берип жатканыңарды, ошол аркылуу Ага кылган кызматыңар менен көрсөткөн сүйүүңөрдү Ал унутпайт. [11] Эмнеге үмүттөнсөңөр, ошонун ишке ашышы үчүн ар бириңер акырына чейин тырышчаактык көрсөтүшүңөрдү каалайбыз. [12] Тилегенибиз, эринчээк болбой, тескерисинче, Кудайдын убада кылган батасын алганча ишеним менен чыдамдуулук көрсөткөн адамдарды туурап, ошолордой болсоңор экен.

### Кудайдын убадасы

[13] Кудай Ыбрайымга убада бергенде, Өзүнүн аты менен ант берген, анткени Андан жогору турган эч ким жок. [14] Ошондо Ал мындай деген: «Мен сага батамды берип, укум-тукумуңду көбөйтөрүм анык». †[15] Ыбрайым чыдамкайлык көрсөтүп, акыры убадаланган нерсени алган. [16] Адам баласы ант бергенде, өзүнөн даражасы бийигирээк бирөөнүн атын колдонот. Ошентип, кепилдик катары берилген ант бардык талашты токтотот. [17] Анын сыңары, берилген убадасын энчилей тургандарды Өз оюнун өзгөрүп кетпестигине ынандырыш үчүн Кудай да аны ант менен бекиткен. [18] Кудай үчүн калп айтыш мүмкүн болбогондуктан, ушул эки нерсе: Анын убадасы менен анты эч качан өзгөрбөйт. Муну билип, Андан баш паана тапкан биз зор жигер алып, алдыбыздагы үмүткө шектенбестен таяна алабыз. [19] Бул үмүт биздин жашообуздун ишенимдүү жана бекем кеме казыгы. Ал бизди ийбадаткана көшөгөсүнүн артындагы эң ыйык жайга жеткирет. ††[20] Ыйса Маликсадыктын даражасындагы түбөлүктүү башкы динкызматчы болуп, биздин өкүлүбүз катары ошол жакка биринчи кирди.

### Дин кызматчы Маликсадык

7 Сөз болуп жаткан Маликсадык Шалем шаарынын падышасы жана Кудай Тааланын динкызматчысы болгон. Падышаларды жеңип, согуштан кайтып келаткан Ыбрайымды алдынан тосо чыгып, ага батасын берген. [2] Ошондо Ыбрайым бардык олжосунун ондон бирин ага тартуу кылган. ‡ Маликсадыктын атынын биринчи мааниси – «адилдиктин падышасы». Ошондой эле ал Шалемдин падышасы, демек, «тынчтыктын падышасы» да болгон. [3] Маликсадыктын ата-энеси да, ата-тегинин санжырасы да жок. Анын төрөлгөнү, өлгөнү тууралуу да эч кандай кат-кабар жок. Ал Кудай Уулу сыяктуу түбөлүк динкызматчы бойдон кала берет.

[4] Көрдүңөрбү, Маликсадык кандай улуу болгон! Биздин түпкү атабыз Ыбрайым согуштан түшкөн бардык олжосунун ондон бир бөлүгүн ага берген. [5] Калган ысрайылдар да аларга окшоп Ыбрайымдан тарагандыгына карабастан, диний кызматты аткарган Лебинин тукумдары, Тоорат мыйзамы буюргандай, элден, демек өз боордошторунан, ондуктарды чогултуп турушкан. [6] Ал эми Маликсадык Лебинин тукумунан болгон эмес. Бирок Кудайдын убадаларына ээ болгон Ыбрайымдын ондугун алып, ага батасын берген. [7] Ал эми батаны даражасы жогору болгону берери талашсыз кеп эмеспи.

[8] Ысрайылдардан ондук алган динкызматчыларды алсак, алардын баары өтүп кетчү пенделер. Ал эми Ыбрайымдан ондук алган Маликсадыктын али да тирүү экендигин Ыйык Жазуу айгинелеп турат. [9] Ыбрайым Маликсадыкка ондугун бергенде, ошону менен урпактары элден ондук алып турган Лебинин өзү да Маликсадыкка ондук берген десе болот. [10] Анткени Леби ал убакта төрөлө элек болсо да, ал Маликсадыкты жолуктурган Ыбрайымдан келип чыккан.

[11] Ысрайыл элине берилген Тоорат мыйзамы динкызматчылар Лебинин тукумунан чыгышы керек деп буюрган. Бирок алардын кызматы жетиштүү болсо, анда Арундун эмес, Маликсадыктын даражасындагы дагы башка динкызматчынын келип чыгышы кажет болот беле? [12] Анткени динкызматчылык өзгөргөндө, Тоорат мыйзамы да өзгөрүүгө тийиш. [13] Жогорудагы айтылган сөздөрдүн төркүнү биздин Эгебизге байланыштуу. Бирок Эгебиздин урусунан эч ким эч качан курмандык жайда кызмат кылган эмес. [14] Анткени биздин Эгебиз Жүйүт урусунан экени белгилүү. Ал эми Муса динкызматчылар бул уруудан чыгат деп айткан эмес.

### Маликсадыктай болгон Дин кызматчы

[15] Эми болсо, Маликсадыкка окшош башка динкызматчы чыкканда, жогоруда айтылгандар мурдагыдан да түшүнүктүү болуп калды. [16] Ал, Тоорат мыйзамында жазылгандай, динкызматчылар тукумунан чыккандыгынан улам эмес, өчпөс өмүрдүн кудурети менен динкызматчы болду. [17] Анткени Ыйык Жазууда:

«Сен алдың Маликсадык даражасын,
Сен болдуң түбөлүккө динкызматчы» ‡†

– деген сөз бар. [18] Бир жагынан алсак, мурдагы эреже өзүнүн күчүн жоготуп, жараксыз болуп калгандыктан жокко чыгарылды, [19] анткени Тоорат мыйзамы эч нерсени жеткилең кыла алган жок. Бирок башка жагынан алсак, азыр Кудай бизди андан да жакшы үмүткө ээ кылды. Ошол үмүт аркылуу биз Ага жакындай алабыз. [20] Бул гана эмес, бизде Кудайдын берген анты да бар. Башкалар динкызматчы болуп шайланганда, эч ант берилбесе, [21] Кудай Ыйсаны динкызматчылыкка даярдаганда, мындай ант берген:

«Өз антын салтанаттуу берди Кудай,
Бир айтып, кайтпайт эми сөзүнөн Ал:

† †† ‡

‡†

"...Сен болдуң түбөлүккө динкызматчы"». †
22 Мына ушул аркылуу Ыйса мурдагыдан жакшы келишимдин кепили экендиги көрүнүп турат.
23 Мурдагы динкызматчыларды алсак, биринин көзү өткөндө анын милдетин башкасы улантышы керек эле. Ошондуктан алардын саны көп болгон.
24 Ал эми Ыйса түбөлүккө тирүү, Анын динкызматчылыгы эч качан башка бирөөнүн колуна өтпөйт.
25 Ошондуктан Ыйса Өзү аркылуу Кудайга келгендерди качан болсо да куткара алат, себеби Ал түбөлүк өмүр сүрүп, Кудай алдында алар үчүн өтүнүп турат.
26 Ыйса биздин муктаждыктарыбызга жардам бере турган башкы динкызматчы. Ал – ыйык, кынтыксыз жана жазыксыз. Ал күнөөкөрлөрдөн ажыратылып, көктөн да жогору орунга коюлган.
27 Ал калган жогорку динкызматчылардай эмес. Күн сайын алгач Өзүнүн, анан элдин күнөөлөрү үчүн курмандык чалууга муктаж эмес. Ал бардык адамдар үчүн бир гана жолу курмандык чалды. Бул курмандык – Анын Өзү эле.
28 Адамдардын алсыз жактары болсо да, Тоорат мыйзамы боюнча алар башкы динкызматчылыкка шайланат. Ал эми ошол мыйзам кабыл алынгандан кийин, Кудай ант менен берген убадасы аркылуу башкы динкызматчылыкка Өз Уулун дайындады. Ошол Уул түбөлүк, жеткилең башкы динкызматчы.

### Биздин башкы динкызматчыбыз – Ыйса

8 Айткандарыбыздын эң негизгиси бул: биздин башкы динкызматчыбыз асмандагы Улуу Кудайдын тактысынын оң жагындагы сыйлуу жерде олтурат.
2 Ал адамдын колу менен эмес, Кудай Эгебиздин Өз колу менен тигилген чыныгы ыйык чатырдын ичиндеги эң ыйык жайда кызмат өтөйт.
3 Ар бир башкы динкызматчы тартуулар менен курмандыктарды Кудай алдына алып келүү үчүн дайындалат. Ошондуктан биздин башкы динкызматчыбыз да бир нерсени тартуу кылышы керек эле.
4 Эгерде Ал жерде болсо, анда динкызматчы болмок да эмес, анткени Тоорат мыйзамы талап кылган тартууларды алып келген атайын динкызматчылар бар.
5 Алардын кылган кызматы асмандагысына окшогону менен, чындыгында, анын көлөкөсү гана. Анткени Муса да ыйык чатыр тургузганы жатканда, Кудай ага: «Байкагын, баарын тоо башында сага көрсөтүлгөн үлгү боюнча жасагандай бол!» †† – деп эскерткен эле.
6 Бирок Ыйсага тапшырылган кызмат башка динкызматчылардыкынан алда канча жогору турат. Ал мурдагыдан жакшы келишимдин ортомчусу болуп, ошол келишим мурдагыдан жакшы убадаларга негизделген.
7 Биринчи келишимдин эч кемчилиги жок болгондо, кайрадан келишим түзүүнүн кажети болмок эмес.
8 Бирок Кудай Өз элинен кынтык таап, мындай деген:
«Мезгил келет, – дейт Жараткан, –
Мен Ысрайыл эли менен,
Жана Иуда эли менен
Жаңыртамын келишимди.
9 Бирок айтам, Мен Мисирден
Аталарын колдон алып
Чыгарганда түзгөнүмө
Бул келишим эч окшобойт.
Анткени алар келишимге
Бек турбады. Ошондуктан
Мен да аларды таштап кеттим.
10 Эми болсо Ысрайылдын
Эли менен жаңы түзгөн
Келишимим мындай болот:
Мыйзамымды салып коём
Мен алардын көңүлүнө,
Жазып коём жүрөгүнө.
Мен Кудайы болуп калам,
Алар болсо элим болот.
11 "Эгебизди таанып бил", – деп
Эч кимиси бири-бирине
Таалим берип айтпай калат.
Анткени алар ал убакта –
Чоңу дагы кичинеси –
Билип калат Мени баары.
12 Мен аларга ырайым кылып,
Жамандыгын бүт кечирем,
Мурда кылган күнөөлөрүн
Андан ары эч эстебейм, –
Дейт элине Жараткан Ээ». ‡
13 Кудай Жаңы келишим тууралуу айтканда, ошону менен мурдагы келишимдин эскиргенин билдирген. Ал эми эскирип, мөөнөтү бүткөн ар бир нерсе жок болот.

### Жердеги жана асмандагы кызмат

9 Мурдагы келишимде Кудайга табынуу тууралуу жол-жоболор жана жер бетинде таат-ийбадат кылчу жай бар болгон.
2 Ыйык чатыр тигилип, анын «ыйык жай» ‡† деп аталган алдыңкы бөлүгүндө шамдал жана Кудайга тартуу кылынган нандар коюлган үстөл турчу.
3 Төркү көшөгөнүн артында болсо «эң ыйык жай» деп аталган бөлмө болгон.
4 Мына ошол бөлмөнүн ичинде алтындан жасалып, үстүнө жыпар жыттуу заттар өрттөлүүчү курмандык жай турган. Сырты алтын менен каптатылган Келишим Сандыгы да ал жерге коюлуп, анын ичинде манна салынган алтын кумура, Арундун көктөгөн таягы жана келишим жазылган таш лооктор сакталчу.
5 Сандыктын үстүндө болсо Кудайдын улуулугун чагылдырып, жайылган канаттарынын көлөкөсү күнөө кечирилчү жерге түшүп турган эки херубим орнотулган болчу. Бирок азыр мунун баарын ийне-жибине чейин чечмелеп берүүнүн кажети жок.
6 Ушундайча курулган ыйык чатырдын алдыңкы жайына динкызматчылар дайыма кирип, өз кызматын аткарышчу.
7 Ал эми төркү бөлмөгө

† ††

‡ ‡†

болсо жылына бир жолу башкы динкызматчы гана
киргенге акылуу эле. Ал өзү үчүн жана элдин
билбей кетирген күнөөлөрү үчүн чалынган
курмандыктын канын ала кирчү.
[8] Ошол аркылуу Ыйык Рух ыйык чатырдын
алдыңкы бөлмөсү бар болуп турганча, эң ыйык
жайга жол али ачыла элек экендигин билдирген.
[9] Бул каймана түрдө азыркы убакты көрсөтүп турат:
Кудайга алынып келинген тартуулар менен
курмандыктар табынган кишинин абийирин толугу
менен күнөөдөн арылта албайт. [10] Ereже-парыздар
тамак-аш менен ичимдиктер, ар кандай тазалануу
ырым-жырымдары менен гана чектелген. Денеге
байланыштуу бул эрежелерди аткаруу жаңылануу
дооруна чейин гана милдеттүү болуп келген.

### Ыйсанын жеткилең курмандыгы

[11] Мына эми Машаяк учурдагы жакшы
нерселердин башкы динкызматчысы катары келди.
Анын кызмат өтөгөн чатыры да мурдагысынан
алда канча улуу жана жеткилең. Адам колу менен
жасалбаган ал чатырдын ушул жаратылган дүйнөгө
эч тиешеси жок. [12] Машаяк бир жолу жана баары
үчүн эң ыйык бөлмөгө киргенде, ал жерге текелер
менен букалардын канын эмес, Өзүнүн канын алып
кирди. Ошону менен Ал бизге түбөлүк
куткарылууга жол ачты. [13] Тоорат мыйзамына
ылайык, курмандыкка чалынган текелер менен
букалардын каны же союлуп өрттөлгөн
кунажындын күлү арам деп табылган адамдын
үстүнө чачылып, аны адалдачу. [14] Андай болсо,
түбөлүк Ыйык Рухка бөлөнгөн, Өзүн Кудайга
кынтыксыз курмандык катары тартуулаган
Машаяктын каны бизди өлүм алып келчү
иштерибизден арылтып, абийирибизди андан
бетер адалдай алары бышык! Ошондо биз тирүү
Кудайга таат-ийбадат кыла алабыз.
[15] Андыктан Машаяк жаңы келишимдин
ортомчусу болду. Эми Кудай чакыргандар Ал убада
кылган түбөлүктүү мураска ээ боло алышат, себеби
Машаяктын өлүмү аркылуу эски келишим доорунда
жасалган күнөөлөрдүн куну төлөндү.
[16] Муну керээз катка окшотсо болот. Керээз кат
аны калтырган киши өлгөндөн кийин гана
колдонулат. [17] Анткени адам тирүү болгон кезде
эмес, көзү өткөндө гана анын калтырган керээзи өз
күчүнө кирет. [18] Ошондуктан мурунку келишим да
төгүлгөн кан менен бекитилген. [19] Анткени Муса
бүткүл Ысрайыл элинин алдында Тоорат
мыйзамындагы бардык осуяттарды жарыя
кылгандан кийин кунажындар менен текелердин
канын сууга аралаштырган да, кызыл жүн менен
иссоп чөбүн алып, жанакы канды келишим
жазылган түрмөккө да, элге да чачкан. [20] Ошондо
ал: «Бул – Кудайдын силер менен түзгөн
келишимин бекиткен кан», † – деген. [21] Дал
ошондой эле ыйык чатырга жана ийбадат кылууда
колдонула турган бардык идиштерге канды чачып
чыккан. [22] Ырасында, Тоорат мыйзамына ылайык,
дээрлик бардык нерселер кан менен тазаланат да,
кан төгүлмөйүн күнөө кечирилбейт.

### Машаяктын курмандыгы күнөөлөрдү жок кылат

[23] Ошентип, асмандагы нерселерге окшоп турган
жердеги нерселер мына ушинтип тазартылышы
керек болчу. Ал эми асмандагы нерселердин
өздөрүн тазартыш үчүн мындан алда канча жакшы
курмандыктар талап кылынат. [24] Анткени Машаяк
асмандагыга окшош болгон жана адам колу менен
тургузулган эң ыйык жайга эмес, асмандын өзүнө
кирди. Азыр Ал ошол жерде, Кудайдын алдында
туруп, биздин таламыбызды талашууда. [25] Машаяк
эң ыйык жайга жыл сайын малдын канын алып
кирген башкы динкызматчы сыяктуу эмес. Ал үчүн
Өзүн кайра-кайра курмандык кылуунун эч кажети
жок. [26] Антпесе Ага дүйнө жаратылгандан бери көп
жолу азап чегүүгө туура келмек. Анын ордуна Ал
эми гана, акыр заман жакындап калганда, келип,
күнөөнү жок кылыш үчүн Өзүн курмандыкка берди.
[27] Жазуу-буйрукка ылайык, адам баласы бир гана
жолу өлүшү керек. Андан соң, баары кыямат сотуна
тартылышат. [28] Ошентип, Машаяк да көп
адамдардын күнөөлөрүн моюндап, бир жолу
курмандыкка чалынды. Кайтып келгенде болсо
күнөөлөр менен алек болуу үчүн эмес, Өзүн эңсеп
күтүп жүргөндөрдү куткаруу үчүн келет.

10 Тоорат мыйзамы чыныгы нерселердин так
өзү эмес, ал боло турган жакшы нерселердин
элеси гана. Жыл сайын чалынган бирдей
курмандыктар аркылуу ал Кудайга табынганы
барган адамдарды толугу менен тазартып,
кынтыксыз кыла албайт. [2] Эгерде курмандык чалуу
адамдарды күнөөлөрүнөн биротоло арылтып,
абийирин тазалай алса, анда алар курмандык
чалганды эбак токтотмок эмес беле? [3] Бирок,
чындыгында, жыл сайын чалынган курмандыктар
алардын эстерине күнөөлөрүн салып турат.
[4] Анткени букачарлар менен текелердин каны
аркылуу күнөөлөрдөн биротоло арылуу эч мүмкүн
эмес. [5] Ушул себептүү Машаяк бул дүйнөгө келерде
Кудайга мындай деген:
«Курмандык, тартууларды каалабадың,
Сен Мага жердик дене дайындадың.
[6] Өрттөлчү курмандыкты, күнөө үчүн
Берилчү курмандыкты жактырбадың.
[7] Ошондо айттым Мен да: "Оо, Кудайым,
Жазууда Мен тууралуу жазылгандай,
Эркиңди аткарганы келип калдым"». ††
[8] Адегенде Машаяк: «Курмандык, тартууларды,
өрттөлчү курмандыкты, күнөө үчүн берилчү
курмандыкты каалабадың, жактырбадың», – деди.
Ошол курмандыктардын баары Тоорат мыйзамы
боюнча чалынса да, Ал ушундай деди. [9] Андан
кийин Ал: «Оо, Кудай, эркиңди аткарганы келип

†

††

калдым», – деди. Ошентип, Ал жаңы келишимди
түзүү үчүн мурункусун жокко чыгарды. 10 Кудайдын
бизге деген эрки мына ушундай эле: биз Машаяк
Өзүн бир жолу жана бардыгыбыз үчүн
курмандыкка бергени менен ыйыкталдык.
11 Ар бир динкызматчы күн сайын милдетин өтөп,
күнөөлөрдү жок кыла албаган бирдей
курмандыктарды уламдан улам чалып турат. 12 Ал
эми Машаяк бардык мезгилдер үчүн бир гана
курмандык алып келип, Кудайдын оң жагындагы
сыйлуу жерге олтурду. 13 Кудай бардык
душмандарын Анын бут алдына алып келгенчекти
Ал ошол жерде олтурмакчы. 14 Ал бир жолку
курмандыгы менен ыйыкталгандарды эч
кынтыксыз кылып койду. 15 Ыйык Рух да бизге бул
тууралуу күбөлөндүрүп турат. Ал биринчи мындай
дейт:

16 «Эми болсо Ысрайылдын
Эли менен жаңы түзгөн
Келишимим мындай болот:
Мыйзамымды салып коём
Мен алардын көңүлүнө,
Жазып коём жүрөгүнө». †

17 Анан дагы мындай дейт:
«Мурда кылган күнөөлөрүн,
Жамандыгын эч эстебейм». ††

18 Ал эми күнөөлөр кечирилген соң, алар үчүн
курмандык чалуунун эч кереги жок болуп калат.

### Кудайга жакын келели

19 Боордошторум, Ыйсанын төккөн каны аркылуу
биз эми эч кысылбастан эң ыйык жайга кире
алабыз. 20 Өз денесин курмандыкка бергени менен
Ал бизди Кудайдан бөлүп турган көшөгөнү айрып,
түбөлүк өмүргө алып барчу жаңы жол ачты.
21 Бизде Кудай үйүн башкарган улуу Дин кызматчы
бар болгондуктан, 22 бизди тазартуу үчүн
кыянаттыкка толгон абийирибизге Ыйсанын каны
чачылып, денелерибиз таза сууга жуулганын
билип, Кудайдын алдына таза жүрөк жана бекем
ишеним менен баралы. 23 Ачык айтып жүргөн
үмүтүбүздөн тайбай, аны бекем карманалы.
Анткени бизге убадасын берген Кудай ишенимдүү.
24 Бири-бирибизди башкаларды сүйгөнгө жана
жакшылык кылганга шыктандырууну ойлойлу.
25 Кээ бирөөлөр чогулуштарыбызга барбай коюуну
адат кылып алышкан өңдүү. Бирок биз алардай
болбой, андан көрө, бири-бирибизге жигер берип
туралы. Эгебиздин кайтар күнү жакын калганын
билебиз го.
26 Эгерде акыйкатты билип алып, анан кайра эле
атайлап күнөө кылганыбызды уланта берсек, анда
күнөөлөрүбүздөн эч кандай курмандык арылта
албайт. 27 Ошондо жүрөк үшүн алган кыямат сотун
жана Кудайга каршы чыккандарды жалмай турган
оттун келишин күтүүдөн башка аргабыз калбайт.
28 Эгер Мусанын мыйзамын бузган адам эки же үч
күбөнүн алдында эч аёосуз өлүм жазасына
тартылган болсо, 29 анда Кудай Уулун тебелеп-
тепсегендер, өздөрүн күнөөлөрдөн тазалаган
Келишим канын ыйык тутпагандар жана ырайым
Рухун кордогондор канчалык оор жазага татыктуу
деп ойлойсуңар!? 30 Анткени биз: «Өч алар,
тиешесин берер – Менмин!» – дегендин ким экенин
билебиз. «Эгебиз өз элин соттойт», ‡ – дегенди да
укканбыз.
31 Тирүү Кудайдын колуна түшүп, жазасын алуу
кандай коркунучтуу!
32 Мурдагы жашооңорду эстегиле: Кудайдын
жарыгы дилиңерди агарткандан кийин силер
канча кыйналсаңар да, кыйынчылыктарга бой
берген жоксуңар. 33 Бирде өзүңөр эл алдында
кордолуп, куугунтук жесеңер, бирде ошого дуушар
болгондор мене чогуу болуп, алардын оорчулугун
бөлүштүңөр. 34 Түрмөдө олтургандарга
боорукерлик көрсөтүп, колуңарда бар болгонду
тартып алып жатышканда, андан жакшы,
түбөлүктүү байлыкка ээ болоруңарды билип, муну
кубаныч менен кабыл алдыңар.
35 Кайратыңардан кайтпагыла. Ошондо келечекте
улуу сыйлык аласыңар. 36 Кудайдын эркин аткарып,
Ал убада кылган нерселерди алуу үчүн чыдамдуу
болушуңар керек. 37 Анткени:

«Келүүгө тийиш болгон келе жатат,
Жакында келип калат, кечикпестен.
38 Адилдер ишенимден өмүр табат,
Жага албайт көңүлүмө чегингендер». ‡†

39 Бирок биз артка кайтып, апат боло турган
адамдардан эмеспиз. Биз куткарылуу алып келчү
ишенимге ээбиз.

### Кудай адамдарынын улуу ишеними

11 Ишеним – бул үмүттөнгөнүңдүн орундала
тургандыгынан шектенбөө жана али көзгө
көрүнө элек нерселердин анык экендигине ынануу.
2 Өз ишеними аркылуу ата-бабаларыбыз Кудайдын
ыраазычылыгына ээ болушкан. 3 Ишеним аркылуу
биз аалам Кудайдын Сөзү менен жаратылып,
көрүнбөгөн нерседен көрүнгөн нерселер пайда
болгонун түшүнөбүз.
4 Ишеним аркылуу Абыл Кудайга Кабылдыкынан
жакшы курмандык алып келген. Муну көргөн Кудай
Абылдын курмандыгына ыраазы болуп, аны ак деп
тапкан. Көзү өтсө да, Кудайга ишеним арткан Абыл
бизге али да үлгү болуп келет.
5 Ишеним аркылуу Анак бул дүйнөдөн асманга
тирүү алынып, өлүм жүзүн көргөн жок. «Ал кайып
болду, анткени аны Кудай Өзүнө алып кетти». ‡‡
Анак асманга алынарга чейин өз жашоосу менен
Кудайдын көңүлүнө толгон. 6 Ишеним болмоюн,
Кудайга жагуу мүмкүн эмес. Ага табынганы келген
адам Кудайдын бар экенине жана Өзүн издеп,
таанытысы келгендерге Ал ак батасын берерине
ишениши керек. 7 Ишеним аркылуу Нух, боло

† ††

‡ ‡† ‡‡

турган топон сууну али көрө элек болсо да, Кудай
ал тууралуу эскерткенде, ошого кулак салган.
Буюргандай кеме куруп, ошонун ичинде үй-бүлөсү
менен кошо аман калган. Бул аркылуу ал дүйнөнү
ашкерелеп, өзү болсо ишенгени үчүн ак деп
табылды.
8 Ишеним аркылуу Ыбрайым Кудайдын
чакырыгына баш ийип, кайда сапар тартып бара
жатканын билбесе да, эл-жерин таштап, кийин өзү
мураска ала турган өлкөгө аттанган. 9 Ишенимге
таянып, убада кылган жерде келгин катары
чатырда жашаган. Ыбрайымдын убадасына
мурасташ болгон Ыскак менен Жакып да ошондой
жашашты. 10 Мунун себеби, Ыбрайым Кудай Өзү
пландаштырып, Өзү куруп, негизи эч качан
бузулбас шаардын пайда болушун күткөн эле.
11 Ишеним аркылуу Ыбрайым өзүнүн карылыгы
жетип, байбичеси Саранын төрөбөс аял болгонуна
карабастан балалуу болууга Кудайдан кудурет
алды. Анткени ал Кудайдын Өзү берген убадасына
бек экенине ишенген. 12 Ошентип, карылыгы
жетип, өлүктөн айырмасы деле жок болуп калган
ушул адамдан асмандагы жылдызга, деңиз
жээгиндеги кумга тете, сан жеткис тукум калган.
13 Ушул жогоруда аталгандардын баары ишенип
жүрүп дүйнөдөн өтүштү. Алар Кудайдын берем деп
убада кылган нерселерин бул дүйнөдө алышкан
жок, бирок аларды алыстан көрүп, кубанышты.
Өздөрүнүн бул дүйнөдө чоочун, конок экенин
айтып жүрүштү. 14 Ушундай дегендеринен алар
чыныгы мекенин самап, издеп жүргөндүгүн билсе
болот. 15 Эгерде алар таштап кеткен жерин
ойлорунан чыгарышпаса, анда кайра кайтып
барууга мүмкүнчүлүктөрү болмок. 16 Бирок алар
калтырган жеринен жакшысына – асмандагы
мекенине умтулушту. Андыктан Кудай да Өзүн
алардын Кудайымын деп атоодон уялбайт, анткени
алар үчүн Өзү атайын шаар даярдап койгон. 17 –18
Ишеним аркылуу Ыбрайым Кудай аны сынаганда,
өз уулу Ыскакты курмандыкка багыштады. Кудай
ага: «Сенин укум-тукумуң Ыскак аркылуу тарайт», –
деген болчу. Кудайдан ушундай убада алса да, ал
жалгыз уулун курмандыкка чалууга даяр болду.
†19 Ыбрайым Кудай Ыскакты кайра тирилте алат деп
ойлогон, ошондуктан ал уулун өлүмдөн кайтарып
алды десе болот.
20 Ишеним аркылуу Ыскак өз балдары Жакып
менен Эйсапка алардын келечегине карата
батасын берген. 21 Ишеним аркылуу Жакып өлөр
алдында Жусуптун уулдарынын ар бирине батасын
берип, таягына жөлөнүп, Кудайга табынган. ††
22 Ишеним аркылуу Жусуп өлөр алдында
ысрайылдардын Мисирден чыга тургандыгын
айтып, өзүнүн сөөгүн да ала кетүүнү керээз кылган.
23 Ишеним аркылуу Мусанын ата-энеси аны
төрөлгөндөн кийин үч ай бою жашырып бакты.
Алар Мусанын сүйкүмдүү наристе экенин көрүп,
падышанын буйругун аткарбай коюудан коркушкан
жок. ‡
24 Ишеним аркылуу Муса эр жеткенде фараондун
кызынын баласы деп аталуудан баш тартты.
25 Күнөө кылып, бир аз убакыт жыргалга баткандан
көрө, Кудайдын эли менен бирге азап тартканды
артык көрдү. 26 Машаяк үчүн кордук көрүүнү
Мисирдин бардык байлыгынан алда канча өйдө
деп эсептеди, анткени анын көздөгөнү келечекте
ала турган сыйлык эле.
27 Ишеним аркылуу Муса падышанын каарынан
коркпостон, Мисирди таштап, чыгып кетти.
Анткени ал көзгө көрүнбөгөн Кудайды эш тутуп,
көздөгөн максатынан баш тартпады. 28 Ишеним
аркылуу ал Куткарылуу майрамын белгилеп,
жаналгыч периште ысрайылдардын тун балдарына
тийбей өтсүн үчүн эшиктердин кашегине кан
чачкан болчу. 29 Ишеним аркылуу ысрайылдар
Кызыл Деңизден кургак менен өткөндөй өтүшкөн.
Аркасынан кууп келип, аларды туурап деңизден
өтөбүз деген мисирликтер болсо сууга чөгүп
өлүштү.
30 Ишеним аркылуу Иерихон шаарынын
дубалдары ысрайылдар жети күн бою айланып
баскан соң урап түштү. 31 Ишеним аркылуу Рахап
аттуу сойку аял Кудайга ишенбегендер менен чогуу
өлтүрүлбөй, аман калды. Анткени ал ысрайылдык
чалгынчыларды жылуу тосуп алган эле.
32 Дагы кайсы бирин айтайын? Гедеон, Барак,
Шымшон, Эптах, Дөөт, Шамил жана башка
пайгамбарлар тууралуу баян кылып олтурсам
убакытым жетпей калат. 33 Ишеним аркылуу алар
падышалыктарды жеңип алышкан. Адил иштерди
кылышып, Кудайдын убадасына жетишкен.
Арстандардын оозун жабышкан. 34 Жалындап
күйгөн отту өчүрүшкөн. Кылычтын мизинен аман
калышкан. Өздөрү алсыз болушса да, күч-кубатка
толушкан. Согушта кудуреттүү болуп, чет элдик
аскерлерди качырышкан. 35 Кээ бир аялдардын
жакындарын Кудай өлгөндөн тирилтип берген.
Дагы башкалары кайра тирилип, мурдагыдан
жакшы өмүргө ээ болуш үчүн эркиндикке чыгуунун
ордуна азап чегип, курман болууну тандашкан.
36 Кээ бирөөлөрүн кордоп, сабашкан. Кээ
бирөөлөрүн чынжырлар менен байлап, түрмөгө
камашкан. 37 Дагы башкаларын ташбараңга
алышкан, араа менен кесишкен, кылычтап
өлтүрүшкөн. Кой-эчкилердин терисин кийип,
жакырчылыкта жашап, куугунтук жеп, жек көрүндү
болуп жүрүшкөн. 38 Ушул дүйнө алардын кадыр-
баркына арзыган эмес. Бирок алар чөлдөр менен
тоолордо тентип, үңкүрлөр менен чуңкурларды
башпаана кылышкан.
39 Жогорудагылардын баары өз ишеними менен
Кудайдын ыраазычылыгына ээ болушкан. Бирок
алардын бири да убада кылынганга жеткен эмес.
40 Анткени биз үчүн жакшыраак нерсени сактап

† ††

‡

койгон Кудай алардын ишеним менен көздөгөн максатына бизсиз эле жетишин каалаган жок.

### Кудай – биздин Атабыз

12 Ошентип, бизди көптөгөн күбөлөр курчап турат. Андыктан ар кандай тоскоолдуктарды жана жылдырбай кармап турган күнөөнү өзүбүздөн алыс ыргытып, чыдамкайлык менен алдыбыздагы
жарыштын соңуна чыгалы. 2 Жалтактабайлы да Ыйсадан көзүбүздү албайлы. Адегенде бизге ишеним берип, анан аны кемелдикке жеткирген – Ал Өзү. Айкаш жыгачка керилип, кордук көрөрүн билсе да, келечекте күтүп турган зор кубаныч үчүн Ал ошого даяр болду. Эми болсо Кудай тактысынын оң жагындагы сыйлуу орунда олтурат.
3 Кайратыңардан кайтпай, кыйынчылыктарга бой бербеш үчүн Ыйсанын күнөөкөрлөргө ушунчалык жек көрүндү болуп, ошонун баарына чыдаганын
эстегиле. 4 Күнөөгө каршы согушканыңарда силер али каныңарды төгүп, өлсөм да мейли деп,
тобокелге бара элексиңер. 5 Же Өз балдары катары Кудай силерге кайрат берүү үчүн мындай деп айтканын унуттуңарбы:

«Тартипке келтиргенде Эгең сени,
Барк албай муну, балам, сен калбагын.
Көрсөтүп айыбыңды, жазаласа,
Чөгөрүп көңүлүңдү кайгырбагын.
6 Анткени кимди сүйсө Кудай Таала,
Ошону тартипке да салып турат.
Кимди Ал Өз балам деп кабыл алса,
Ал адам айыбы үчүн жазаланат». †

7 Жаза тартып кыйналганыңарда, буга чыдагыла. Анткени менен Кудай силерге Өз балдары катары мамиле кылып жатат. Же атасы жазалабаган бала
болобу? 8 Эгерде башка балдарга окшоп тарбияга чакырылбасаңар, анда Анын балдары экениңер
анык эмес. 9 Өз аталарыбыз бизди жазалап турушса да, биз аларды урматтайбыз. Андай болсо, түбөлүк өмүр сүрөбүз десек, рухий Атабызга андан бетер
баш ийишибиз керек эмеспи? 10 Аталарыбыз бизди кыска убакыттын ичинде өздөрү туура көргөндөй тарбиялашты. Кудай болсо биздин эле пайдабызды ойлоп, Өзүндөй ыйык болсун деп тарбиялайт.
11 Тартипке салынып жаткан убакта бул бизди кубандырбайт, тескерисинче жаныбызды кейитет. Бирок ушундай тарбия көргөн адам кийин такыбаа, бейпил жашоонун үзүрүн көрөт.

### Насааттар жана эскертүүлөр

12 Ошентип, шалдайган колуңарды кайра көтөрүп,
калчылдаган тизеңерди бекемдегиле. ††13 Аксаган бут чалынып жыгылбастан, кайра айыксын үчүн түз жолдо жүргүлө. ‡
14 Бардык адамдар менен ынтымакта болгонго аракет кылгыла. Адал жашоого умтулгула, анткени адал болбогон бир дагы адам Эгебизди көрө
албайт. 15 Абайлагыла, Кудайдын ырайымынан эч кимиң куру калып жүрбөгүлө. Араңардан кимдир бирөөнүн уу өсүмдүк сымал өсүп чыгып, көбүнө залакасын тийгизип, арам кылышына жол
бербегиле. ‡†16 Араңардан эч ким Эйсапка окшоп, бузукулукка кирип, Кудайга жакпагандай өмүр сүрбөсүн. Бир аяк аш үчүн ал тунгуч уулга тиешелүү
укугун сатып жиберген. ‡‡17 Өзүңөр билгендей, Эйсап кийин атасынын тунгуч уулга бериле турган батасын алгысы келгенде, четке кагылган. Көз жашын көлдөтүп жалбарса да, жасаган ишин
өзгөртө алган эмес. ‡‡†
18 Силер көзүңөр көрүп, колуңарды тийгизе алган Синай тоосунун, алоолонуп жанган оттун жанына барган жоксуңар. Туш-туштан каптаган караңгылыкка, алай-дүлөй түшкөн бороонго
кабылган жоксуңар. 19 Кулак жарган сурнайдын үнүн, жанга баткан, мындан ары укпасак экен
дегидей сөздөрдү эшиткен жоксуңар. ‡‡‡20 Анткени алар Эгебиздин: «Тоого айбан тийсе да ташбараңга алынып, өлтүрүлсүн!» – деген буйругун көтөрө
алышкан жок. §21 Бул көрүнүш үрөй учурарлык болгондуктан Муса: «Жаным чыгып, муунум
калчылдап турат», §† – деген.
22 –24 Ал эми силер болсо Сион тоосуна, тирүү Кудайдын шаары – асмандагы Иерусалимге келдиңер. Бул жерге түмөндөгөн периштелер менен ысымдары көккө жазылган Кудайдын тун уулдары өздөрүнүн шаңдуу жыйналышына чогулушкан. Бардык адамдардын Соттоочусу болгон Кудай да, жеткилеңдикке жетишкен адилдердин рухтары да, жаңы келишимдин арачысы Ыйса да – ушул жерде. Анын чачылган каны Абылдыкына караганда алда канча
жакшыраак нерселер жөнүндө кабар берет. §††
25 Байкагыла, силерге сүйлөгөн Кудайды укпай койбогула. Байыркылар жерден сүйлөгөн сөзүнө кулак салбаганы үчүн жазадан качып кутула алышпаса, анда көктөн сүйлөгөнүн укпай койгон биз тарта турган жазабыздан андан бетер кутула
албайбыз. §‡26 Ошол убакта Кудайдын үнү жер титиреткен, эми болсо Ал: «Мен дагы бир жолу
жерди гана эмес, асманды да титиретем», §‡† – деп
убада кылды. 27 «Дагы бир жолу» дегени жаратылган нерселер козголуп, ордунан алынып таштаrange билдирет. Ошондо козголбос нерселер гана калат.
28 Андыктан Кудайга рахмат айталы, анткени биз түбөлүккө эч качан түшпөгөн ордодон орун алабыз. Кудайды кастарлап, Андан ыйбаа кылуу менен
табынганыбыз Аны ыраазы кылсын. 29 Анткени биздин Кудай – бул чындап эле бардыгын
жалмаган от. §†

### Кудайга кантип жагууга болот?

13 Боордоштор катары мындан ары да бири-бириңерди сүйүп жүргүлө. 2 Чоочун

† †† ‡

‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡ § §† §†† §‡ §‡† §†

адамдарга меймандостук көрсөтүүнү унутпагыла,
анткени ушундай кылганы менен кээ бирөөлөр,
өздөрү билбей, периштелерди коноктошкон.
[†]3 Ишеними үчүн камакка алынган
боордошторуңар менен кошо өзүңөр да камакка
алынгандай, азап тартып жаткандар менен бирге
өзүңөр да азап тарткандай болуп, аларды
эсиңерден чыгарбагыла. 4 Никени баарыңар
сыйлап, бири-бириңердин төшөгүңөрдү
булгабагыла, анткени Кудай бузукулар менен нике
бузгандарды соттойт. 5 Акчаны сүйүүдөн оолак
болуп, колуңарда барына канает кылгыла, анткени
Кудай: «Мен силерди эч качан таштабайм да
калтырып кетпейм», – деген. 6 Ошондуктан биз
тайманбастан:

«Эгем – менин колдоочум.
Эч нерседен коркпоймун.
Мага адам баласы
Эми эмне кыла алат?» [††]

– деп келебиз. 7 Силерге Кудайдын сөзүн сүйлөгөн
жол башчыларыңарды унутпагыла. Алардын
кандай өмүр сүргөнүн эстеп, силер да
алардыкындай ишенимге ээ болууга дитиңерди
койгула. 8 Ыйса Машаяк эч качан өзгөрбөйт: Ал
кечээ да, бүгүн да, түбөлүккө да ошол эле бойдон.
9 Ар кандай бейтааныш окуулардын эпкинине
айдалып, алдастабагыла. Кудайдын ырайымынан
кайрат алгыла. Ал эми тамакка байланыштуу
ырым-жырымдардын аларды карманган адамдарга
эч пайда-батасы жок. 10 Биздин курмандык
жайыбыздан мурдагы ыйык чатырда ийбадат
кылган динкызматчылардын жегенге эч акысы жок.
11 Башкы динкызматчы күнөөлөр үчүн курмандык
катарында малдын канын эң ыйык жайга алып
кирчү да, малдын эти болсо эл конушунан
сырткары алып чыгарылып, ошол жактан өрттөлчү.
12 Ушул себептүү Ыйса да Өз каны менен элди
адалдоо үчүн шаардын сыртында азап тартып,
курман болгон. 13 Андыктан биз да эски
конушубуздан чыгып, Анын көргөн кордук-азабын
тең бөлүшөлү. 14 Анткени жер жүзүндө биздин
түбөлүк өкүм сүрөр шаарыбыз жок. Биз Кудай Өзү
орното турган шаарды күтүп жүрөбүз. 15 Андыктан
Ыйсаны Эге деп тааныганыбызды оозубуз менен
айтып, Ал аркылуу ар дайым Кудайга мактообузду
курмандык катары алып келип туралы. 16 Ошондой
эле бири-бириңерге жакшылык кылууну унутпай,
колуңарда бар болгонун башкалар менен бөлүшүп
тургула, анткени булар Кудайга жаккан
курмандыктар.

17 Жетекчилериңерге баш ийип, айткандарын
аткаргыла. Алар силердин жаныңар үчүн тынбай
кам көрүшөт, анткени өз кызматы үчүн Кудай
алдында жооп беришет. Алар өз ишин кубаныч
менен аткарышсын десеңер, баш ийгиле. Антпесе
кылган кызматы аларга да түйшүк болуп, силерге
да пайда-бата алып келбейт.

18 Биз үчүн сыйынгыла. Биз ар дайым туура иш
кылганга тырышып жүргөндүктөн абийирибиздин
таза экенин билебиз. 19 Айрыкча суранарым: мен
силерге жакын арада кайра барып калышым үчүн
аябай сыйынсаңар.

### Соңку сөз жана бата тилөө

20 –21 Түбөлүктүү келишимдин каны аркылуу улуу
Койчубуз болгон Эгебиз Ыйсаны өлүмдөн
тирилткен тынчтыктын Кудайы силерди Өзүнүн
эркин аткарууда керек болгон бардык жакшы
нерселер менен камсыз кылсын. Ошондой эле
Ыйса Машаяк бизге Кудайга жаккандай иш кылууга
жардам берсин. Ошол Машаякка түбөлүктөн
түбөлүккө даңк болсун. Оомийин.

22 Боордошторум, сабыр этип, ушул кайрат
берейин деп айткан сөздөрүмдү жакшылап угуп
алсаңар деп өтүнөм. Катым деле узун эмес го.
23 Боордошубуз Тиметейдин түрмөдөн
бошотулганын билишиңерди каалайм. Эгер ал
жакында мага келсе, анда силерге барганымда,
аны өзүм менен кошо ала барам.

24 Бардык башчыларыңарга, ошондой эле бардык
ыйыктарга да бизден салам айтып койгула.
Италиялык боордошторубуз да силерге салам
жолдошту.

25 Кудай баарыңа ырайым кылсын!

† ††

# Жакып

### Саламдашуу

1 Кудайдын жана Эгебиз Ыйса Машаяктын кулу
Жакыптан чар тарапта чачылып жүргөн он эки
урууга † дубай салам!

### Чыдамдуулук, акылмандык жана ишеним жөнүндө

2 Боордошторум, жашоодо түркүн кыйынчылыкка
туш келгенде, аны зор кубаныч менен кабыл
алгыла. 3 Себеби ишенимиңердин сыналганы
силерди чыдамдуулукка үйрөтөрүн билесиңер.
4 Чыдамдуулук деген дайыма өсүп турушу керек,
мына ошондо кемчиликсиз жеткилең болосуңар.
5 Ал эми кимиңерге акылмандык жетпей атса,
сурагандын баарына аянбастан, жемесиз эле бере
турган Кудайдан сурасын – анан алат. 6 Бирок эч
шек кылбай, ишеним менен сурасын, себеби
шектенген адам шамал айдаган деңиз толкунуна
окшош. 7 Мындай киши Эгебизден бирдеме алам
деп ойлобосун: 8 Ал эки ойлуу, бардык ишинде
туруксуз адам.

### Жакырчылык жана байлык

9 Жакыр боордош Кудай көтөргөн кезде, 10 ал эми
бай боордош Кудай төмөндөткөнүнө кубансын,
анткени чөп гүлүндөй ал да өтүп кетет. 11 Күн
чыгып, ысыйт да табы менен чөптү кууратат, анан
гүлү түшүп, көркү жоголот. Анын сыңары, бай
боордош да түйшүгү менен кошо бул дүйнөдөн
өтүп кетет.

### Сыноо жана азгырык

12 Бардык сыноолорду чыдап көтөргөн адам
бактылуу, анткени сыноодон өткөн соң, Кудай Өзүн
сүйгөндөргө убада кылган түбөлүктүү өмүрдү
сыйлык кылып берет. 13 Азгырыкка туш
келгениңерде, «Кудай мени азгырып атат» деп эч
ким айтпасын. Себеби Кудай жамандыкка
азгырылбайт жана эч кимди азгырбайт.
14 Тескерисинче, ар ким өзүнүн арам кумарына
кызыгып, торго түшөт. 15 Арам кумар болсо өөрчүп,
күнөөнү жаратат, ал эми күнөө өөрчүп, өлүмдү
жаратат. 16 Айланайын боордошторум, алданып
калбагыла. 17 Бардык жакшы, жеткилең тартууну
жогорудан, асман жарыгын жараткан Атабыз берет.
Ал туруктуу жана өзгөрүлгүс. 18 Бүт
жараткандарынын эң маанилүүсү болсун деп, Ал
бизди чындык сөзү аркылуу жаратты.

### Угуу жана аткаруу

19 Демек, сүйүктүү боордошторум, ар бир адам
укканга тез, сүйлөгөнгө жай жана ачууга сабырдуу
болсун. 20 Себеби адам ачуусу менен Кудайга
жагарлык иш кыла албайт. 21 Ошондуктан, жаман
адат, адам оозу баргыс ишиңерди таштап,
дилиңерге себилген, силерди куткара ала турган
Кудайдын сөзүн моюн сунуу менен кабыл алгыла.
22 Кудай сөзүн угуучу гана эмес, аткаруучу да
болгула, антпесе өзүңөрдү алдаган болосуңар.
23 Себеби Кудай Сөзүн угуп, бирок аны аткарбаган
күзгүгө каранып, өз келбетин көргөн адамдай: 24 ал
өзүн карайт да мындай болору менен кандай
экенин дароо унутат. 25 Бирок ким эркиндик берчү
жеткилең мыйзамды кунт коюп окуп, анда
жазылгандарды эсине түйүп алса же сөздү угуп
гана тим болбостон, аны аткарса, андай кишиге
Кудайдын батасы тиет.
26 Эгер араңардан бирөө такыбаамын деп ойлоп,
бирок тилине алы жетпесе, андай адам өзүн өзү
алдаганы жана анын такыбаалыгы эчтемеге
татыбайт. 27 Кудай Атабыз таза деп эсептеген
чыныгы такыбаалык – бул жетим-жесирлерге
каралашып, өзүңдү бул дүйнөнүн жамандыгынан
сактоо.

### Бай менен кедейге бирдей мамиле кылгыла

2 Боордошторум, силер даңктуу Эгебиз Ыйса
Машаякка ишенгендиктен адамдардын
сыртына карап мамиле кылбагыла. 2 Эгер
чогулушуңарга кымбат баалуу кийим кийип,
колуна алтын шакек тагынган бир адам жана
жаман кийинген, жарды бир адам кирсе, 3 силер
кымбат баалуу кийим кийген адамды карап, ага:
«Сиз төргө өтүңүз» деп, а жардыга: «Сен тигил
жакка тур» же: «Биерге, улагага отур», – десеңер,
4 анда өз билгениңерче бирөөнөн бирөөнү
айырмалап, бейкалыс ойго алдырып, ким жакшы
экенин чечип жатканыңар.
5 Уксаңар, сүйүктүү боордошторум, ишенимге
байышсын жана Өзүн сүйгөндөргө убада кылган
Падышачылыктын мурасчысы болушсун деп, Кудай
дүйнөнүн жакырларын тандап алган жок беле? 6 А
силер жакырды төмөн көрдүңөр. Силерди
кыйнагандар, казыга сүйрөп алып баргандар

†

байлар эмеспи? 7 Силер атын алып жүргөн
Машаякка тил тийгизген алар эмеспи?
8 Эгер Ыйык Жазуудагы «Жакыныңды өзүңдөй
жакшы көр» † деген улуу мыйзамды чын эле
аткарып жүрсөңөр, туура иш кыласыңар. 9 Ал эми
сыртына карап мамиле кылсаңар, анда күнөө
кетирип, мыйзам алдында айыптуу болосуңар.
10 Мыйзамды толук аткарып, бирок бирөөнү эле
бузган киши бүт мыйзамды бузуучу катары
күнөөлүү болот. 11 Себеби «нике бузба» дегенди
айткан Кудай «киши өлтүрбө» †† деп да айткан. Эгер
нике бузбасаң, бирок киши өлтүрсөң, баары бир
мыйзамды бузган болосуң.
12 Эркиндик берчү мыйзамдын негизинде
соттолуучу адам кандай кылса, силер да ошондой
сүйлөп, ошондой иш кылгыла. 13 Себеби ырайым
кылбаган кишини Кудай да ырайымсыз жазалайт.
Бирок ырайым жазадан да жогору!

### Ишеним жана иш

14 Боордошторум, эгер бирөө ишенем десе, бирок
кылган жакшы иши болбосо, анысынан эмне
пайда? Ушул ишеними аны куткара алабы? 15 Эгер
боордошуң же карындашың ач-жылаңач болсо,
16 анан эчтеме бербей туруп эле, «жакшы баргыла,
жылуу кийинип, курсагыңарды тойгузгула»
дегендин эмне кереги бар? 17 Ишеним да ошондой.
Кылган жакшы ишиң болбосо, ишеним да өлүк.
18 Мүмкүн бирөө «сенин ишенимиң бар, а менин
жакшы ишим бар» дээр. Сага айтарым: мага жакшы
ишиң жок ишенимиңди көрсөт, мен сага жакшы
ишимден көрүнгөн ишенимимди көрсөтөм. 19 Сен
бир Кудайга ишенесиң, мунуң жакшы. Бирок
жиндер да буга ишенип, титирешет.
20 Бирок сен, акылсыз, ишсиз ишеним өлүк
экенин билгиң келеби? 21 Бабабыз Ыбрайым уулу
Ыскакты курмандык жайга жаткырып, иши менен
акталган жок беле? 22 Көрдүңбү, анын иши менен
ишеними бир болгон жана ишеними иши аркылуу
кынтыксыз болгон. 23 Ошентип, Ыйык Жазуунун
сөздөрү аткарылган: «Ыбрайым Кудайга ишенди
жана бул адилеттик катары эсептелди», ‡ анан ал
Кудайдын досу аталган. 24 Адам ишеними менен
гана эмес, кылган иши менен да акталарын өзүңөр
көрүп турасыңар.
25 Ошондой эле чалгынчыларды кабыл алып,
анан башка жол аркылуу чыгарып ийген сойку аял
Рахап да иши менен акталган эмеспи? 26 Андыктан
жансыз дене өлүк сымал, ишсиз ишеним дагы өлүк.

### Сөздүн күчү

3 Боордошторум, бир азыңар эле окутуучу
болгула. Себеби бизге, окутуучуларга, сурак
катуураак болорун билесиңер. 2 Баарыбыз тең көп
күнөө кетиребиз. Ким сүйлөгөн сөзүнөн күнөө
кетирбесе, ал бүтүндөй денесин башкара алган
жеткилең адам.
3 Мына, атка ооздук катып, анын бүт денесин
башкарабыз. 4 Же кемелерди алалык: алар кандай
чоң болбосун, кандай катуу шамал айдабасын, аны
башкарган киши каалаган жагына кичине бургуч
менен бура алат. 5 Ошондой эле тил дагы
денебиздин кичине мүчөсү, бирок чоң нерсени
кылат. Байка, кичинекей эле от чоң токойду жок
кылат! 6 Тил – от, ал денебиздеги жамандыкка
толгон дүйнө. Биздин бүт жашообуз аркылуу
жамандыкты таратат. Тозоктун оту менен бүт
жашообузду өрттөп жок кылат.
7 Адам бардык айбандарды, канаттууларды,
сойлоп жүрүүчүлөр менен деңиз жаныбарларын
башкарып келди жана башкарууда, 8 ал эми тилди
эч ким башкара албайт. Бул – ээ бербеген
жамандык. Ал өлтүрө турган ууга толгон.
9 Тилибиз менен Эге Атабызды алкайбыз, ошол
эле тилибиз менен Кудайга окшош жаралган
адамдарды каргайбыз. 10 Бир эле ооздон алкыш да,
каргыш да чыгат! Боордошторум, мындай кылган
жарабайт. 11 Бир эле булактын көзүнөн шор да, шор
эмес да суу чыгабы? 12 Боордошторум, анжирден
зайтун же жүзүмдөн анжир өсүп чыкпайт. Ошол
сымал бир эле булактан шор да, шор эмес да суу
агып чыкпайт.

### Акылмандыктын эки түрү

13 Араңарда акыл-эстүү, түшүнүгү кенен адам
барбы? Болсо, анысын пакиза жүрүм-туруму,
акылгөй момундугу менен далилдесин. 14 Эгер
ичиңерде ачуу көрө албастык менен өзүмчүлдүк
жашаса, анда акылмандыгыңарга мактанып,
чындыкты бурмалабагыла. 15 Мындай
«акылмандуулук» көктөн келген эмес, ал жерден,
күнөөкөр адамдан жана ибилистен келген
акылмандуулук. 16 Каерде көрө албастык менен
өзүмчүлдүк болсо, тартипсиздик менен түрдүү
жаманчылык да ошол жерде.
17 Ал эми көктөн келген акылмандыгы бар
ишенгендер эң алды күнөөдөн бошонгон таза
жүрөктүү, тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак,
башкаларга кайрымы менен жакшылыгы көп,
ниети ак жана астейдил болушат. 18 Тынчтыкты
сүйгөн адамдар тынчтык үрөнүн сээп, адилеттик
жемишин алышат.

### Дүйнө менен достошуу

4 Силердеги талаш-тартыш менен пикир
келишпестик кайдан чыгып атат? Алар дайыма
күрөшүн токтотпогон денелик жыргалчылыкка
умтулуудан эмеспи? 2 Силер бир нерсени
каалайсыңар, бирок алган жоксуңар, ошондуктан
өлтүрүп, башкаларды көрө албай жатасыңар.
Баары бир каалаганыңарга жеткен жоксуңар,
ошондуктан пикириңер келишпей, талашып

† †† ‡

жатасыңар. Силер каалаганыңарды ала албай
жатасыңар, анткени сурабай жатасыңар.
3 Сурасаңар дагы албай жатасыңар, анткени
алганыңарды өз жыргалыңарга колдонуу үчүн
арам ой менен сурайсыңар. 4 Эй, опаасыздар! Бул
дүйнө менен дос болуу – Кудайга душман болуу
экенин билбейсиңерби? Жалган дүйнө менен дос
болгон адам Кудайга душман болот. 5 Же Кудай
ичибизге салган адамдык рух кумарларга толгон
деп Ыйык Жазууда курулай эле жазылган
дейсиңерби? 6 Кудай кылган ырайым мындан да
чоң. Ошол үчүн Жазууда минтип айтылат: «Кудай
менменсингендерге каршы турат да, момундарга
ырайым кылат». †
7 Андыктан Кудайга моюн сунуп, ибилиске каршы
тургула, ошондо ал силерден качат. 8 Кудайга
жакындагыла, Ал да силерге жакындайт.
Күнөөкөрлөр, арам ишиңерди таштагыла, эки
ойлуулар, ниетиңерди оңдогула. 9 Кайгыргыла,
ыйлагыла, боздогула. Күлкүңөр ыйга, кубанчыңар
кайгыга айлансын. 10 Эгебизге моюн сунгула,
ошондо Ал силерди жогору көтөрөт.

## Боордошуңду жамандаба

11 Боордоштор, бир бириң жөнүндө жаман
айтпагыла. Боордошуна жаман айткан же аны
айыптаган адам Тоорат мыйзамын жамандап,
айыптаганы. Эгер мыйзамды айыптасаң, анда аны
аткаруучу эмес, айыптоочу болосуң. 12 Мыйзам
чыгаруучу да, Айыпка тартуучу да Бирөө. Ал
куткара да, өлтүрө да алат. Ал эми башканы
айыптай тургандай сен кимсиң?

## Эртең эмне болот, ким билет?

13 Эми «бүгүн-эртең баландай бир шаарга барып,
ал жерде бир жыл жашап, соода-сатык кылып, олжо
табалы», – дегендер, угуп тургула: 14 силер эртең
эмне болорун билбейсиңер. Өмүр деген эмне? Ал
бир аз көрүнүп, анан жок болгон буу сымал.
15 «Кудай каалап, аманчылык болсо, же аны, же
муну кыларбыз», – дегендин ордуна,
16 менменсинип, кекирейесиңер, минтип
менменсинген такыр туура эмес. 17 Ошондуктан
туура ишти кандай кылууну билип туруп кылбай
койсоңор, күнөөлүү болосуңар.

## Байлар, байкагыла

5 Байлар, силер эми ыйлагыла да боздогула,
анткени башыңар азапка малына турган болду.
2 Байлыгыңар чирип, кийимиңерди күбө жеди.
3 Алтын, күмүшүңөрдү дат басты. Ал даттар силерди
айыптоодо күбө болот да, денеңерди от сымал жок
кылат. Силер байлыгыңарды ушул күнгө чейин
чогултуп келдиңер! 4 Талааңарда иштеген
орокчулардын эмгек акысын төлөгөн жоксуңар.
Алданган алар боздоп жатышат. Алардын боздогон
үнү кудуреттүү Кудайдын кулагына жетти. 5 Силер
жер үстүндө дүнүйөгө марып, жыргап-куунап
жашадыңар, сойгонго даяр семиз малдай
болдуңар. 6 Силер өзүңөргө каршылык кылбаган
адилет адамдарды каралап, өлтүрдүңөр!

## Чыдамдуу болуу жана сыйынуу

7 Боордоштор, Эгебиз келгенге чейин чыдамдуу
болгула. Мына, дыйкан деле жакшы түшүм бере
турган күзгү, жазгы жамгырларды чыдамдуулук
менен күтөт. 8 Силер дагы чыдамдуу болуп, бекем
тургула, анткени Эгебиздин келер убагына аз
калды. 9 Айып тартпаш үчүн бири бириңерди
жамандабагыла. Мына, Айыптоочу босогодо турат.
10 Кыйынчылык менен көпкө чыдоонун үлгүсүн
Эгебиздин атынан сүйлөгөн пайгамбарлардан
алгыла. 11 Биз чыдагандарды бактылуу адамдар
дейбиз. Силер Аюптун чыдамы жөнүндө
уккансыңар жана аягында Эгебиз ага кандай кам
көргөнүн көргөнсүңөр. Эгебиз кайрымдуу жана
боорукер.
12 Баарынан мурун, боордошторум, асман менен
да, жер менен да, башка эч бир нерсе менен дагы
ант бербегиле. «Ооба» дей турган кезде, «ооба»
дегиле, «жок» дей турган кезде, «жок» дегиле,
ошондо айыпкер болбойсуңар.
13 Араңарда кыйналгандар барбы? Сыйынсын.
Кубангандар барбы? Ырдасын. 14 Оорулуулар
барбы? Жыйын жетекчилерин чакырсын. Алар
болсо Эгебиздин атынан майлап, ал үчүн
сыйынышсын. 15 Ишеним менен сыйынсаңар
оорулуу сакаят: Эгебиз аны айыктырат. Эгер күнөө
кетирген болсо, кечирилет.
16 Ошондуктан бири бириңерге күнөөңөрдү
айткыла жана айыгуу үчүн бир бириң үчүн
сыйынгыла. Адилеттүү адамдын сыйынуусу чоң
күчкө ээ. 17 Илияс биздей эле адам болгон. Ал
жамгыр болбосун деп катуу сыйынганда, жерге үч
жарым жыл жамгыр жааган эмес. 18 Анан жамгыр
жаасын деп дагы сыйынганда, асмандан жамгыр
жаап, жер түшүмүн берген. 19 Боордошторум,
араңардан бирөө акыйкаттан четтеп кетсе жана
башка бирөө аны кайра кайтарса, 20 анда билгиле:
күнөөкөрдү жалган жолдон кайтарган адам анын
жанын өлүмдөн алып калат да, далай
күнөөлөрүнүн кечирилишине аралжы болот.

†

# 1-Петир

### Саламдашуу

1 –2 Ыйса Машаяктын элчиси Петирден Понт,
Галатия, Кападокия, Асия менен Битинияга
чейин тараган качкындарга – Кудайдын тандап
алган элине дубай салам!
Ыйса Машаякка баш ийип, Анын каны менен
тазалануу үчүн силерди алдын ала тандап алып,
Ыйык Руху аркылуу ыйык эл кылган Кудай
ырайымын төгүп, дайыма тынччылыгын берсин!

### Ыраазычылык келтирүү

3 Эгебиз Ыйса Машаяктын Атасы – Кудай
макталсын! Ал чоң ырайым кылып, Ыйса
Машаякты өлүмдөн тирилтүү менен бизге жаңы
өмүр берди, ошол аркылуу биз өчпөс үмүткө ээ
болдук. 4 Ошондуктан Кудайдын Өз элине сактаган
баалуу мурасына ээ болобуз. Эч качан чирип
бузулбас, эскирбес ал мурастар силер үчүн асманда
даяр турат. 5 Кудай Өзүнө ишенген силерди
кудуреттүү күчү менен коргоп, заман акырында
ушул күнөөкөр дүйнөдөн куткарат, ошол убак
келгенде, бул айкын көрүнөт. 6 Андыктан азыр бир
аз убакыт ар кандай кыйынчылыкка туш келсеңер
да ушуларды ойлоп кубангыла.
7 Кыйынчылык тартканыңардын максаты – чын
ишенгениңерди далилдөө. Жок боло турган алтын
да от менен сыналат, ошол сыяктуу андан да аябай
кымбат ишенимиңер сыналууга тийиш. Анан Ыйса
Машаяк келген күнү мактоого, даңктоого жана
урмат менен сыйга ээ болосуңар.
8 Силер али көрбөсөңөр дагы Аны сүйөсүңөр.
Азыр көрбөй турсаңар дагы ишенесиңер жана сөз
жеткис улуу кубанычка баттыңар, 9 себеби
ишенимиңер аркылуу жаныңардын
куткарылуусуна жеттиңер.
10 Кудайдын силерге кыла турган ырайымы
тууралуу пайгамбарлар алдын ала айтышкан,
алардын аябай кылдат изилдөөлөрү ушул
куткарылуу жөнүндө болгон. 11 Ошол
пайгамбарларды даарыган Машаяктын Руху Анын
маңдайына жазылган азаптар менен андан кийин
келе турган атак-даңк тууралуу алдын ала
айтканда, алар Машаяк ким болуп, качан келерин
жана бул окуялар кандай болорун билүүгө аябай
аракет кылышкан. 12 Бирок алардын изилдегендери
өздөрүнө эмес, силерге тиешелүү болгонун Кудай
аларга дайын кылган. А Машаяк жөнүндөгү Жакшы
Кабар эми силерге жетти. Аны көктөн келген Ыйык
Рухтун жетегиндеги адамдар айтышты. Аны аңдап
билүүнү периштелер да аябай каалашат.

### Такыбаа болгула

13 Ошондуктан аткара турган ишиңерди
жакшылап ойлонгула: сергек болуп, Ыйса Машаяк
келген күнү Кудай силерге бере турган батаны чын
дилиңерден тилегиле. 14 Тил алчаак балдардай
болуп Кудайга баш ийгиле. Мурун Кудай Эгеңерди
тааныбаган кезде жашооңор арам кумарлардын
жетегинде болуп келди. Буга эми жол бербегиле!
15 Кайра, силерди тандап алган Кудай Өзү ыйык
болгондой, дайыма Анын элиндей ыйык жашагыла.
16 Себеби минтип жазылган: «Ыйык болгула,
анткени Мен ыйыкмын». †
17 Бардыгын жүзүнө карабай, ишине карап
жоопко тарткан Кудайга сыйынганда Аны Ата деп
атасаңар, анда бул жердеги конок сымал
жашооңор Андан коркуу менен өтсүн. 18 Силер ата-
бабаңардан калган маанисиз жашоодон
кутулдуңар. Бул алтын-күмүшкө окшоп чирип кетчү
байлык аркылуу эмес, 19 кемтиксиз да кемчиликсиз
Козу – Машаяктын кымбат каны аркылуу келгенин
билесиңер. 20 Ал дүйнө жаралгандан мурда эле
тандалып, ушул акыркы убакта силер үчүн келген.
21 Силер Машаяк аркылуу Кудайга ишендиңер.
Кудай Аны өлүмдөн кайра тирилтип, атак-даңкка
бөлөдү. Эми силердин ишеним менен үмүтүңөр
Кудайда гана.
22 Машаяк жөнүндөгү акыйкатка моюн сунуп,
күнөөдөн тазарган силер эми боордошума деген
нукура сүйүүгө ээ болдуңар. Демек, эми бири
бириңерди чын жүрөктөн сүйгүлө! 23 Кудай өмүр
ыйгарчу түбөлүктүү сөзү аркылуу силерге жаңы
өмүрдү берген. 24 –25 Себеби,
«Адамдардын бүт бардыгы чөп сымал,
Көркү алардын талаадагы гүлдөрдөй.
Чөп куурайт да гүлү түшөт, а бирок
Эгебиздин сөзү калат түбөлүк». ††
Силерге айтылган Кудайдын сөзү ушул.

2 Ошондуктан ар кандай жамандыктан:
жалганчылыктан, эки жүздүүлүктөн, көрө
албастыктан жана бирөөлөрдү каралоодон
арылышыңар керек. 2 Жаңы төрөлгөн наристе сүт
издегендей таза, рухий сүткө умтулгула. Андан
тамактанып, өсүп, анан куткарылууга жетесиңер,

† ††

3 себеби «Эгебиздин кайрымдуу экенин өзүңөр
деле билип калдыңар». †4 Адамдар четке какса да,
Кудай тандап алып, өтө урмат көрсөткөн «тирүү
таш» Машаякка келгиле. 5 Силер рухий үйгө
коюлган тирүү таш сыяктуусуңар жана ал жерде
Ыйса Машаяк аркылуу Кудайга жагымдуу рухий
курмандык чалган динкызматчысыңар. 6 Анткени
Ыйык Жазууда минтип айтылат эмеспи:

«Мына эми Сион аттуу шаарыма
Пайдубалдуу, кымбат баалуу, тандалган
Мен таш коём. Ошол ташка таянган
Адамдардын уят болбойт бири да». ††

7 Андыктан Ага таянган силер үчүн бул таш асыл-
кымбат, ал эми таянбагандар үчүн андай эмес.

«Куруучулар жаратпай,
Таштап салган таш эле,
Пайдубалдын негизи
Болуп калды ал эми» ‡

8 жана

«Адам бутун чалынткан таш,
Адамдарды кулаткан таш» ‡† –

деп да жазылган. Алардын чалынып жаткан себеби
– Кудай сөзүн угушпагандыгы. Алардын жазмышы
ошондой.

9 Ал эми силер – Кудай тандаган тукум, ‡‡
Падышанын динкызматчылары, ыйык эл жана
Анын даражасын жар салууга чакырылган
адамдарсыңар. ‡‡† Ал силерди караңгылыктан
Өзүнүн укмуштуу жарыгына чакырып алган.

10 Бир кездерде Кудай эли болбогон,
Силер эми Анын эли болдуңар.
Буга чейин Кудай мээрин көрбөгөн,
Эми Анын кайрымын да көрдүңөр. ‡‡‡

### Кудайдын кулундай жашагыла

11 Сүйүктүүлөрүм, бу дүйнөдө коноктор менен
качкындар сымал жашаган силерден жалынып
суранарым: жан дүйнөңөр менен күрөшкөн пас
каалооңордун жетегинде жүрбөгүлө. 12 Ыйсага
ишенбегендер арасында ак жашагыла. Анан
силерди жамандык кылуучулар деп айыптаган алар
жакшы ишиңерди көрүп, кыямат күнү Кудайды
даңктай турган болушат.

13 Эгебиз адамдар койгон бардык бийликке баш
ийүүңөрдү каалайт. Силер баарын башкара турган
падышага, 14 анан эл бийлөөчүлөргө да баш
ийишиңер керек, себеби падыша аларды
жамандык кылгандарын жазалап, жакшылык
кылгандарын мактоо үчүн жиберет. 15 Кудай адал
иш кылуу менен акылы жоктордун наадан
сөздөрүн токтотконуңарды каалайт. 16 Силер
эркинсиңер, эми ушул эркиндикти жамандык
кылганга шылтоо катары пайдаланбастан, кайра
Кудайдын кулундай жашагыла. 17 Баарына сый
көрсөткүлө, ишенимдеш боордошторду сүйгүлө,
Кудайдан корккула, а падышаны урматтагыла.

### Машаяктан үлгү алгыла

18 Кулдар, кожоюнуңарга баш ийгиле, кайрымдуу,
кичипейилдерине гана эмес, катаалдарына да
толук урмат көрсөткүлө. 19 Эгер кимдир бирөөң
адилетсиз кыйынчылык тартып, аны Кудайдын
эрки катары көтөрсөңөр, анда Ал силерге батасын
берет. 20 Ал эми жамандык кылганыңар үчүн таяк
жеп, ага чыдап жатсаңар, анда кандай мактоо
болот? Тескерисинче, кылган жакшылыгыңар үчүн
азап тартып, ага чыдап атсаңар, мунуңар Кудайга
жага турган иш. 21 Силер ушуга чакырылгансыңар,
себеби Машаяк дагы силер үчүн азап чегип, үлгү
калтырган. Андыктан Анын артынан ээрчигиле.
22 Анткени «Ал бир да күнөө кылган эмес, оозунан
эч кандай калп чыккан эмес». §23 Аны
кемсинтишкенде, аларга кемсинтүү менен жооп
кайтарган эмес, азап тартып жатканда
коркутпастан, кайра адилеттүү Соттоочуга Өзүн
толук тапшырган. §†

24 Ал айкаш жыгачта күнөөлөрүбүздүн айыбын Өз
мойну менен тартты. Муну күнөөлөрдөн бошонуп,
адилеттүү жашашыбыз үчүн жасады. Анын
жаракаттары менен силер айыктыңар. §††25 Мурда
адашкан койлордой элеңер, эми болсо Койчуңарга,
Сактоочуңарга кайрылып келдиңер.

### Үй-бүлөдөгү мамиле

3 –2 Ошондой эле силер да, аялдар, күйөөңөргө
баш ийгиле. Ошондо күйөөлөрүңөрдүн Кудай
Сөзүнө моюн сунбагандары да силердин таза,
такыбаа жашооңорду көрүп, айткан сөзүңөр эмес,
жүрүм-турумуңар аркылуу Жаратканга кайрылат.
§‡3 Силердин сулуулугуңар сыртыңарда:
чачыңардын өрүлүшүндө, алтын буюмдарды
тагынууңарда же көз жоосун алган кооз
кийимдерди кийүүңөрдө эмес, 4 ичиңерде,
дилиңерде: момундук менен токтоолукта болсун.
Бул эч көөнөрбөс сулуулук. Кудай муну абдан
баалайт. 5 Эзелки заманда эрлерине баш ийип,
Кудайга үмүт менен караган такыбаа аялдар да
ушундай жасанышкан. 6 Алардын бири Сара
болгон. Ал Ыбрайымга баш ийип, аны «кожоюнум»
деп атаган. Эч бир коркунучка карабай, адал иш
кылсаңар, Саранын урпагы болосуңар. §‡†

7 Андыктан силер, күйөөлөр, аялыңардын
назиктигин эске алып, аларга түшүнүү менен
мамиле кылгыла. Аларды сыйлагыла, себеби Кудай
берген ырыскылуу өмүргө аялдар да ээ болгон,
ошондо сыйынууңарга эч нерсе тоскоол болбойт.

### Ак иш үчүн азап чегүү

8 Жыйынтыктап айтканда, баарыңар өз ара
тилектеш, кайгы менен кубанычка ортоктош, бири
бирин бир туугандай сүйгөн, боорукер да кичи
пейил болгула. 9 Жамандык кылганга жамандык

† †† ‡ ‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡

§ §† §†† §‡ §‡†

кылып, кордогонго кордук көрсөтпөстөн, кайра
алкагыла. Себеби Кудайдын батасын алыш үчүн
силер ушуга чакырылгансыңар. [10] Ошол үчүн
минтип жазылган эмеспи:

«Бактылуу күнгө жетем деп,
Көп жашайм десе кимде-ким,
Сүйлөбөсүн жаман сөз,
Чыкпасын калп сөз оозунан.
[11] Жамандыктан оолактап,
Тынчылыкка умтулуп,
Ынтымакты эңсеп, ал
Жакшылык гана жасасын.
[12] Себеби адилеттүүлөргө
Салып турат назарын,
Сыйынуусун алардын
Угуп турат Эгебиз.
Ал эми жаман иштерди
Кылгандардан Эгебиз
Бурат жүзүн тескери». †

[13] Эгерде дайыма жакшылык кылалы деген
аракетиңер болсо, ким силерге жамандык кылат?
[14] Ал эми жакшы ишиңер үчүн азап тартсаңар –
бактылуусуңар. †† Эч бир адамдан коркпогула,
силерди эч нерсе коркутпасын. ‡[15] Дилиңерде
Машаякты Эгебиз катары ыйык туткула. Силердин
үмүт менен күтүп атканыңар эмне экенин
сурагандарга жооп берүүгө ар убак даяр болгула.
[16] Аларга жумшак, сый-урмат менен жооп
кайтаргыла. Машаяк жолундагы силердин жакшы
жүрүм-турумуңар тууралуу жаман айтып
каралагандар, өз айтканынан өзү уялгандай болсун
үчүн абийириңер таза болсун. [17] Эгер жакшылык
кылып, азап чеккениңер Кудайдын эрки болсо, бул
жамандык кылып, азап чеккенден алда канча
жакшы. [18] Себеби Машаяк да күнөөлөрүбүз үчүн
бир жолу өлгөн. Адилетсиздер үчүн бир адилеттүү
жанын кыйган. Ал муну силерди Кудай менен
элдештирүү үчүн жасаган. Анын денеси өлсө да,
руху менен кайра тирилген. [19] Ошол руху менен
өлгөндөрдүн жандары камалган зынданга барып
ибарат айткан. [20] Мындан көп убакыт илгери Нух
кеме куруп бүткүчө Кудай аларды чыдап күткөн.
Бирок алар Анын сөзүнө кулак салган эмес. Кемеге
болсо, сегиз гана адам кирип, топон суудан аман
калган. [21] Бул азыркы замандагы сууга чөмүлдүрүү
расмисинин алдын ала берилген белгиси. Ушул
чөмүлүү денени жууп тазартууну эмес, таза абийир
менен Кудайга өзүмдү арнайм деп берген убаданы
билдирет. Ушундайча Кудай силерди Ыйса
Машаяктын өлүп кайра тирилиши менен күнөөдөн
куткарат. [22] Ыйса көккө көтөрүлүп, Кудайдын оң
жагындагы сыйлуу орунга отурду. Периштелер,
рухий бийликтер менен күчтөр Ага баш ийишти.

### Кудай үчүн жашоо

4 Ошентип, Машаяк денеси менен азап тартса,
силер да ошого даяр болгула. Себеби денеси
менен азап чеккен адам күнөө кылууну токтотот.
[2] Эми мындан ары бул жер үстүндөгү калган өмүрдү
адамдык арам кумардын эмес, Кудай каалоосунун
жетегинде жашап өтүш керек. [3] Силер кудайсыздар
сыяктуу бузукулукка, арам кумарга, араккечтикке,
ашыкча той-тамаша өткөрүүгө, масчылыкка жана
Кудай жек көргөн бутка табынуучулукка баш-
отуңар менен кирип көпкө жашадыңар. [4] Эми ошол
кудайсыздар алардын бузуку жашоосуна
аралашпай калганыңарга таң калып, силерди
жамандап атышат. [5] Бирок алар өлгөндөр менен
тирүүлөрдү суракка тарта турган Кудайдын
алдында бүт кылгандары үчүн жооп беришет.
[6] Ошондуктан Кудай менен рухий өмүрдө жашасын
үчүн, Жакшы Кабар бул дүйнөдө жашап, кийин
өлүм өкүмүнө тартылгандарга да айтылган.
[7] Жакында баарынын күнү бүтөт. Андыктан акыл-
эстүүлүктү сактап, дайыма сыйына тургандай
сергек тургула. [8] Эң биринчи, бири бириңерди чын
дилден сүйгүлө, ошондо башкалардын көп
күнөөлөрүн кечире аласыңар. [9] Наалыбастан, бири
бириңерге эшигиңер ачык болсун. [10] Кудай ырайым
кылып тартуулаган көп түрлүү жөндөмүңөрдү
жакшылап колдонуп, ар кимиң ошол боюнча бири
бириңе ак кызмат кылгыла. [11] Сүйлөөчүлөр Кудай
сөзүн сүйлөшсүн, кызмат кылгандар Ал берген күч
менен кызмат кылышсын. Мына ушинтип Кудайды
даңктаганга Ыйса Машаяк бизге жол ачкан.
Кудуреттүү Кудайга кылымдан кылымга даңк
болсун! Оомийин!

### Ишеним үчүн кыйынчылык тартуу

[12] Сүйүктүүлөрүм менин, оор азап чектирген
сыноолорго туш келип, «от кечип» атканыңарды
капыстан келген нерсе катары көрүп таң
калбагыла. [13] Кайра, Машаяк сыяктуу азап чегип
жатканыңарга кубангыла. Ал шаң-салтанат менен
кайра келгенде шаттанып сүйүнөсүңөр.
[14] Машаякка ишенген үчүн кордук көрсөңөр,
бактылуубуз дегиле, себеби улуулукка бөлөй турган
Кудайдын Руху силер менен. [15] Бирок араңардан эч
ким киши өлтүрүүчү же ууру, кылмышкер же башка
бирөөнүн ишине ыксыз кийлигишкен адам катары
азап тартуучу болбосун. [16] Эгер бирөө жарым
Ыйсага ишенгени үчүн жабыр тартып жатса, буга
уялбастан, кайра Машаякка ишенген үчүн Кудайды
даңктасын. [17] Соттун болор күнү келип калды жана
ал Кудай үйүнөн башталат. Ойлоп көрсөңөр, сот
эгер бизден башталса, анда Кудайдын Жакшы
Кабарына баш ийбегендердин тагдыры кандай
болот?

[18] «Эгерде адилеттүү адамдар да
Куткарылса араң эле, анда, айтчы,
Кудайсыз, күнөөкөрлөр эмне болот?» ‡†

[19] Ошондуктан Кудайдын буйругу менен азап
тартып жүргөндөр өздөрүн ар дайым убадасын

† †† ‡

‡†

аткарган Жараткандын колуна ишенип тапшырып,
жакшылык кылганын токтотпосун.

### Жыйындагы жетекчилер менен жаштарга

5 Жыйын жетекчилеринен суранарым: мен да
силер менен кызматташ жыйын
жетекчисимин, Машаяктын тарткан азаптарынын
күбөсүмүн, Ал кайра келгенде көрүнө турган атак-
даңкты бөлүшө тургандарданмын, [2] Кудайдын
баккыла деп калтырган «коюн» айласыздан эмес,
Ал каалагандай көңүлдөнүп кайтаргыла. Өз
пайдаңарды көздөбөстөн, чын дилиңерден
баккыла. [†3] Силерге тапшырылгандарга үстөмдүк
кылбай, кайра үлгү көрсөткүлө. [4] Ушундай
кылсаңар, «Башкы Койчу» – Машаяк кайра
келгенде, эч качан чирибес «атак-даңктын
таажысын» кийесиңер.
[5] Жаштар, жетекчилерге баш ийгиле. Бир бириңе
кекирейбегиле, себеби

«Менменсинген адамга
Каршы болот Кудайым,
Моюн сунган адамга
Ырайымын төгөт Ал». [††]

[6] Андыктан кудуреттүү Кудайга моюн сунгула. Ал
убагы келгенде силерди жогору көкөлөтөт.
[‡7] Түйшүгүңөрдү түгөл Ага тапшыргыла, анткени Ал
силер үчүн кам көрөт.
[8] Сергек жана сак болгула. Душманыңар ибилис
аркыраган арстандай кимди жеп жиберсем деп
издеп жүрөт. [9] Ага бек ишенимиңер менен каршы
тургула, себеби бүт дүйнөдөгү боордошторуңар
ушундай эле кыйынчылык тартып жүргөнүн
билесиңер. [10] Ал эми бардык ырайымдын булагы
болгон Кудай бир аз убакыт азап чеккениңерден
кийин силерди кайрадан жеткилең, күчтүү, бекем
жана олку-солку болбос кылат. Себеби Ал силерди
Машаяк Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк даңкын
бөлүшүүгө чакырган. [11] Ал түбөлүккө бийлик кыла
берсин! Оомийин.

### Соңку сөз жана бата тилөө

[12] Бул кыска катымды ишенимдүү боордошум деп
санаган Сила аркылуу жолдодум. Силерге кайрат-
дем, күч берип, Кудайдын анык ырайымы өйдөдө
айтылгандай экенине кепилдикке өткүм келет. Бул
катта айтылгандарды бек кармангыла. [13] Силердин
өзүңөрдөй эле Кудай тандап алган Бабылдагы
жыйын менен уулум Марк салам айтат. [14] Бири
бириңерди астейдил сүйүп, бек кучактап
учурашкыла. Ыйса Машаяк менен тыгыз алакада
жүргөн баарыңарды ылайым бейпилчилик
жылоолосун.

† †† ‡

# 2-Петир

### Саламдашуу

1 Биз сыяктуу эле Кудайыбыз менен Куткаруучу
Ыйса Машаяктын адилдиги аркылуу кымбат
баалуу ишенимге ээ болгондорго Ыйса Машаяктын
кулу жана элчиси Ысман Петирден дубай салам.
2 Кудайды жана Эгебиз Ыйсаны таанып-
билгениңер аркылуу ырайым төгүлүп, дайыма
тынччылык болсун.

### Кудай адамдарына ылайык өмүр сүрүү

3 Кудуреттүү Кудай биздин такыбаа жашоого
зарыл болгон муктаждыктарыбыздын баарын
Өзүнүн улуулугу жана жакшылыгы менен
бөлүшүүгө чакырган Машаякты таанышыбыз
аркылуу камсыз кылды. 4 Кудай Өзү убада кылган
абдан чоң жана асыл белектерин ушундайча
берип, ошол белектерди колдонуу менен Кудайдын
табиятын бөлүшүп, бул дүйнөдөгү ойрондоочу
кумарлардан качып кутулууңарды мүмкүн кылды.
5 Ушул себептен улам силер бул мүмкүнчүлүккө бүт
күч-аракетиңерди жумшап, ишенимиңерге жакшы
иштер, жакшы иштерге Кудайдын эркин билүү,
6 Кудайдын эркин билүүгө токтоолук, токтоолукка
чыдамкайлык, чыдамкайлыкка такыбаалык,
7 такыбаалыкка боордоштук мээрим, боордоштук
мээримге сүйүү кошулсун. 8 Эгерде ушул касиеттер
силерде бар болсо жана өсүп жатса, анда Эгебиз
Ыйса Машаякты таанып-билүү жашооңорду
пайдалуу жана маңыздуу кылат. 9 Ал эми кимде
мындай касиеттер жок болсо, анда ал көзү
көрбөгөн сокур сыяктуу мурдагы күнөөлөрүнүн
кечирилгенин көңүлүнөн чыгарып жиберген.
10 Андыктан, боордошторум, силерди Кудай тандап
алып, Өз эли болууга чакырганына болгон
ынанымыңар тереңдей берсин. Ошондо ак жолдон
такыр тайбайсыңар. 11 Анткени силерге Эгебиз
жана Куткаруучубуз – Ыйса Машаяктын түбөлүк
Падышачылыгына ушундайча жол ачылат.
12 Мына ошол себептүү силер чындыкты билип,
анда бекем турсаңар да, мен ушул нерселерди
силерге ар дайым эскертип турууну токтотпойм.
13 Көзүм тирүүсүндө силердин эсиңерге ушуларды
улам-улам салып турууну туура деп ойлойм.
14 Жакында мен көзүм өтөрүн билем. Муну мага
Эгебиз Ыйса Машаяк да айкын кылды. 15 Андыктан
көзүм өтүп кеткенде да ушуларды ар дайым
эскерип турууңар үчүн колуман келишинче аракет
кылам.

### Машаяктын улуулугу тууралуу

16 Биз силерге Эгебиз Ыйса Машаяктын күч-
кудурет менен келүүсүн адамдар ойлоп чыгарган
жомокторго таянып эмес, Анын улуулугун өз
көзүбүз менен көрүп айтып бергенбиз. 17 Баарынан
улуу Кудай Ата: «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен
Буга ыраазымын!» † деп үн катканда, Ал Кудай
Атанын салтанаттуу даңкына бөлөнгөн. 18 Биз мына
ушул көктөн чыккан үндү Аны менен бирге
касиеттүү тоодо турганыбызда өз кулагыбыз менен
укканбыз.
19 Анын үстүнө биз Ыйык Жазуулардагы
пайгамбардык сөзгө терең ишенебиз. Күндүн нуру
төгүлүп, дилиңерде Таң Жылдызы чыккыча
караңгыда жаркырап нурун чачкан чыракка
кайрылгандай ошол сөзгө кайрылып жатканыңар
жакшы. 20 Баарынан да биздин эч кимибиз Ыйык
Жазуулардагы пайгамбарчылыктарды өзүбүзчө
түшүндүрүп бере албай тургандыгыбызды эстен
чыгарбашыбыз керек. 21 Себеп дегенде,
пайгамбарчылыктар эч качан пенденин каалоосу
менен айтылган эмес, тескерисинче, аларды
Кудайдын адамдары Ыйык Рухтун жетегинде
айтышкан.

### Жалган окутуучулар жөнүндө

2 Мурда Ысрайыл элинин ичинен да жалган
пайгамбарлар чыгышкандай, силердин
ичиңерден да жалган окутуучулар чыгып, туура
эмес окутуп, ак жолдон адаштырышат жана
күнөөдөн куткарган Ээсин танышып, ошонусу
менен башына түшө турган кырсыкты тездетишет.
2 Көп адамдар алардын бузуку жолдоруна түшүп
кетишет да, ошондойлордун айынан акыйкаттын
жолуна сөз тиет. 3 Акчага тойбогон алар керт
башынын пайдасы үчүн бал тилин салып силерди
алдашат. Соттоочусу эчак эле аларды жазалаганга
даяр, Ойрондоочусу сак турат!
4 Эгерде Кудай күнөө кылган периштелерди
аябастан, аларды жазалоо үчүн караңгы тозоктун
капастарына чынжырлап салган болсо, 5 эгерде
байыркы дүйнөнү аябастан, ошол бузукулардын
дүйнөсүн топон сууга бастырганда, адилеттиктин
жарчысы болгон Нухту сегиз адамдан турган үй-

†

бүлөсү менен кошо аман сактап калган болсо,
†6 эгерде келечектеги кудайсыздарга эмне болорун
көрсөтүү үчүн, Содом менен Гомор †† шаарларын
күлгө айлантып жок кылууга өкүм чыгарып, 7 ал
эми ашынган бузуку адамдардын арасында
жашоодон чаалыккан такыбаа Лутту куткарган
болсо 8 (анткени бул такыбаа адам алардын
арасында жашап, күндө мыйзамсыз иштерди угуп-
көргөндө өтө катуу кыйналган), 9 анда, демек,
такыбааларды кыйынчылыктан кантип куткарууну,
ал эми мыйзамсыздарды жазалоо үчүн кыяматтагы
сот күнүнө кантип кармап турууну Эгебиз билет.
10 Өзгөчө алиги ыплас кумарларга берилип,
Кудайдын бийлигин жек көрүшкөндөрдүн тагдыры
ушундай болот.

Бул жалган окутуучулар – тоңмоюндар,
көпкөндөр, рухий күчтөрдү сөккөндөн
коркпогондор. 11 Алар эмес, алардан бардык
жагынан күчтүү периштелер да Эгебиздин алдында
рухий күчтөрдү жектеп, соттошпойт. 12 А булар
болсо кармап алып сойгонго туулган, табигый
туюмдун жетегинде жашаган акыл-эси жок
жаныбарлардай. Булар түшүнбөгөн нерселеринин
баарына тил тийгизишет. Алар кылган иштеринин
жазасын алышат. 13 Алардын кылган
адилетсиздиктери өз башына тиет. Анткени алар
өздөрүнүн ыплас кумарларын чак түштө
кандырганды рахат деп эсептешет. Алар бузулган
жашоосунан рахат алып, алдамчылыктарына
маашырланган уятсыз бетпактар. 14 Алардын
көздөрү бузуктукка толуп, күнөөгө эч тойбойт. Алар
ишеними алсыздарды торлоруна түшүрүшөт.
Ниеттеринде болсо дайыма ачкөздүк. Алар
Кудайдын каргышына калгандар. 15 Алар ак жолду
калтырып, парага кызыгып кеткен Босордун
баласы Балаамдан ‡ үлгү алып, адашып калгандар.
16 Бирок Балаамдын эшеги анын күнөөсүн
ашкерелеп, адамча сүйлөп жиберген. Ошентип
тилсиз эшек пайгамбардын акылсыздыгын
токтоткон.

17 А булар болсо какшып калган кудуктардай,
бороон айдаган булуттардай. Ошондуктан Кудай
аларга көзгө сайса көрүнгүс караңгылыктын
төрүнөн орун даярдап койгон. 18 Алар текебер, бош
сөздөрдү айтышып, туура эмес жолдо
жашагандардан жаңы эле бөлүнүп чыккандарды
ыплас кумарлар менен бузуку жүрүш-туруштун
тузагына кайра түшүрүшөт. 19 Аларга азаттыкты
убадалашат, ал эми өздөрү арам адаттардын
кулдугунан чыга албай жатышат. Адам кимге баш
ийип берсе, ал ошонун кулу. 20 Эгерде адамдар
Эгебиз жана Куткаруучубуз болгон Ыйса Машаякты
билгендери аркылуу бул дүйнөнүн бузуку
күчтөрүнөн арылып, анан кайра ошол күчтөргө
чалынышып, аларга жеңилип беришсе, анда
алардын акыбалы мурдагыдан да жаман болот.
21 Адилеттиктин жолун билип алып, анан кайра
тескери кетип, берилген ыйык буйруктан
чегингенден көрө, ал жолду билбей калганы аларга
жакшы болмок. 22 Алардын кылганы төмөнкү
макалдардагы чындыктай: «ит кайра эле
кусундусуна барат» ‡† жана «жуулган чочко кайра
эле чылага оонайт».

### Эгебиздин кайра келиши жөнүндө

3 Кымбаттуу боордошторум, мен силерге ушуну
менен экинчи катымды жазып олтурам. Эки
катымда тең айтып өткөндөрүмдү кайрадан
эсиңерге салып, акыл-эсиңердеги адал ойлорду
жаңыртууга далалат кылдым. 2 Көп жылдар мурда
ыйык пайгамбарлар айткан сөздөр менен элчилер
аркылуу силерге берилген Эгебиздин жана
Куткаруучубуздун осуятын унутпасаңар экен дейм.
3 –4 Баарынан мурда муну көңүлүңөргө түйүп
алышыңар керек: акыркы күндөрдө өздөрүнүн
күнөөлүү каалоолорунун жетегинде жашап:
«Эгеңер келем деп убада бербеди беле? Кана
келгени? Аталарыбыз о дүйнө кетти, бирок аалам
жаратылгандан бери эч нерсе өзгөрбөй эле
турбайбы!» – деп шылдыңдаган акаратчылар
чыгат. 5 Ушундай ойлогондор ошол убактагы асман
менен жер Кудайдын сөзү аркылуу пайда болуп,
жер болсо суудан чыгып, суудан жаратылганын,
‡‡6 ошол себептен ал убактагы дүйнө топон сууга
калып, ойрон болгонун, 7 ал эми азыркы асман
менен жер болсо Кудайдын ошол эле Сөзү аркылуу
кудайсыздар ойрон боло турган сот күнүндөгү отко
сакталып турганын эстегиси келбейт. ‡‡†

8 Кымбаттуу боордошторум, бир нерсени эч качан
эстен чыгарбагыла: Эгебиздин көз карашы боюнча
бир күн менен миң жылдын айырмасы жок; Ага бул
экөө бирдей. ‡‡‡9 Кээ бир адамдар «берген убадасын
аткарууну Эгебиз кечиктирип жатат» деп ойлошот.
Бирок андай эмес! Эгебиз эч кимдин ойрон
болушун каалабай, баарыбызды тең ниеттерин
өзгөртсө экен деп чыдамкайлык менен күтүүдө.
10 Эгебиздин кайра кайтар күнү болсо ууру сымал
күтүлбөгөн жерден келет. Ошондо асман катуу
шуулдап жок болот, асмандагы заттар отко оронуп,
ойрондолот, жердегилердин баары жер менен
кошо жексен болот. 11 –12 Демек, баары ушундайча
ойрондоло турган болсо, анда алоолонгон асман
астын-үстүн болуп, андагы нерселер ысыктан ээрип
жок боло турган Кудайдын күнүнүн тезирээк
келишин самап күткөн силер канчалык ыйык,
такыбаа жашашыңар керек? 13 Биз Кудайдын
берген убадасы боюнча, адилеттик өкүм сүрө
турган жаңы асман менен жаңы жерди күтүп
жатабыз. 14 Ошондуктан, боордоштор, ошол күндү
күтүп жаткан соң, Кудайдын алдына тынч жашап,
булганбастан, таптаза болуп барууга
аракеттенгиле. 15 Эгебиздин көпкө чыдап күткөнүн
куткарылуу жолу катары эсептегиле. Бул тууралуу
кымбаттуу боордошубуз Пабыл да Кудай ага берген

† †† ‡

‡† ‡‡ ‡‡† ‡‡‡

акылмандык менен өзүнүн силерге жазган
каттарында келтире кеткен. [16] Ал бул тууралуу
башка каттарынын баарында тең айтат. Анын
каттарында кээ бир акылга сыйбаган оор
түшүнүктөр кездешет. Кээ бир караңгы, туруксуз
адамдар башка Ыйык Жазууларды бурмалап
жүргөн адаттары боюнча анын да каттарын
бурмалашып, өз баштарына балээ үйүп жатышат.

### Соңку сөз жана алкыш айтуу

[17] А силер болсо, кымбаттуу боордоштор, бул
тууралуу билип калгандар катары
мыйзамсыздардын каталарына жетеленип, туура
абалыңардан оодарылып кетпей, [18] Эгебиз жана
Куткаруучубуз Ыйса Машаяктын ырайымына
таянып, Аны таанып-билүүдө өсүп жетиле бергиле.
Ал бүгүн да, түбөлүк да даңкталсын. Оомийин.

# 1-Жакан

### Ыйса – өмүр сөзү

1 Тээ башынан эле болгон, биз өз кулагыбыз
менен угуп, өз көзүбүз менен көрүп, өз колубуз
менен кармаган өмүр сөзү жөнүндө. 2 Бул өмүр
көзгө көрүнгөндө биз аны көрдүк, ошондуктан ал
тууралуу сүйлөп, түбөлүк өмүр тууралуу силерге
айтып жатабыз. Ал Атабыз менен бирге болгон
жана бизге көрүнгөн. 3 Силер да биз менен жакын
мамиледе болушуңар үчүн өзүбүз уккан-
көргөнүбүздү айтып жатабыз. А биз болсо Кудай
Атабыз жана анын Уулу Ыйса Машаяк менен
жакшы мамиледебиз. 4 Анан да кубанычыбыз толук
болсун деп, бул кабарды силерге жазып олтурабыз.

### Кудай – жарык

5 Кудай – жарык, анда эч кандай караңгылык жок.
Бул сөздү биз Ыйсанын Өз оозунан укканбыз, эми
силерге жеткирели деп отурабыз. 6 Эгер Аны менен
мамилебиз бар деп, бирок караңгылыкта жүрсөк,
анда калп айтып, чындык боюнча жашаган жокпуз.
7 Эгерде Ал Өзү жарыкта болгондой биз да жарыкта
жүрсөк, анда бири бирибиз менен жакшы
мамиледе болобуз жана Анын Уулу Ыйсанын каны
бизди бардык күнөөлөрдөн жууп турат. 8 Эгер
күнөөбүз жок десек, өзүбүздү өзүбүз алдаганыбыз
жана акыйкаттын бизде жоктугу. 9 Эгер
күнөөлөрүбүздү моюнга алсак, анда Ал биздин
күнөөлөрүбүздү кечирет да бардык
адилетсиздиктен арылтат. Анткени Ал Өзү
ишенимдүү жана адил. 10 Эгер күнөө кылган
эмеспиз десек, анда Кудайды калпычы
кылганыбыз, демек Анын Сөзү биздин
көкүрөгүбүздө жок.

### Ыйса Машаяк биздин коргоочубуз

2 Балдарым, мен муну силерди күнөө кылбасын
деп жазып олтурам. А эгер ким бирөөңөр
күнөө кылып койсоңор, анда Кудай Атабыздын
алдында коргоочубуз бар. Ал – адил Ыйса Машаяк.
2 Ал биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилиши үчүн
Өзүн курмандыкка чалды. Биздин гана эмес, бүткүл
дүйнөнүн күнөөлөрүнүн кунун төлөдү.

### Кудайдын осуяттарын сактап жашайлы

3 Ыйсаны тааныганыбызды Анын осуяттарын
сактаганыбыздан билебиз. 4 Ыйсаны тааныйм деп,
бирок осуяттарын сактабаган адам жалганчы жана
анын жан дүйнөсүндө акыйкат жок. 5 Эгер кимде-
ким Ыйсанын сөзүн сактап жашаса, анда акыйкатта
Кудайдын сүйүүсү анын жан дүйнөсүндө баралына
жеткен. Өзүбүздүн Ыйса менен экенибизди биз
ушундан билебиз. 6 Ыйса менен тыгыз
мамиледемин деген ар адам ошондой өмүр сүрүшү
керек. 7 Сүйүктүүлөрүм, мен силерге жаңы эмес, тээ
башынан эле өзүңөр билген эски осуятты жазып
жатам. Бул эски осуят силер мурда эле уккан сөз.
8 Ошондой болсо да мен силерге кайрадан жаңы
осуятты жазып отурам. Ошол жаңы осуяттын
акыйкаттуулугу Ыйсада да, бизде да көрүнүүдө,
себеби азыр караңгылык тарап, чыныгы жарык
нурун төгө баштады. 9 «Мен жарыкта жашап
жатам» деп, бирок өз боордошун жек көргөн адам
дале караңгылыкта. 10 Өз боордошун сүйгөн адам
жарыкта жана андай адамдын ичинде азгырык
жашабайт. 11 Ал эми өз боордошун жек көргөн адам
караңгылыкта жашап, караңгылыктын ичинде
жүрөт. Ал өзүнүн кайда баратканын билбейт,
анткени караңгылык анын көзүн сокур кылып
салган.

12 Балдарым, жазам силерге,
Анткени бүт күнөөңөр
Ыйсанын урматына
Кечирилди бир жолу.
13 Аталар, жазам силерге,
Анткени тээ башынан
Болуп турган Кудайды
Эми таанып калдыңар.
Жаштар, жазам силерге,
Анткени силер мына эми
Азгыруучуну жеңдиңер.
14 Балдар, жаздым силерге,
Анткени Кудай Атаны
Силер билип калдыңар.
Аталар, жаздым силерге,
Анткени тээ башынан
Болуп турган Кудайды
Силер таанып калдыңар.
Жаштар, жаздым силерге,
Анткени күчкө толдуңар,
Эми сөзү Кудайдын
Жашап жан дүйнөңөрдө,
Азгыруучуну жеңдиңер.

### Бул күнөөкөр дүйнөнү сүйбөйлү

15 Бул дүйнөнү жана андагы эч нерсени сүйбөгүлө.
Ким бул дүйнөнү сүйсө, анда анын ичинде Кудай
Атабыздын сүйүүсү жашабайт. 16 Себеп дегенде бул
дүйнөдөгүнүн баары – адам баласынын дене
кумары, көзүнүн кызыкканы жана оокат-ашы, иши
менен мактанып, көпкөндүгү Кудай Атабыздан
эмес, ушул дүйнөдөн. 17 Бул дүйнө да, анын
лаззаттары да өтүп кетет. Ал эми Кудайдын
каалоосун аткарып жашаган адам түбөлүккө өмүр
сүрөт.

### Машаяктын душманы

18 Балдар, акыр заман келип калды. Машаяктын
душманы келет деп укканыңардай, азыр ошолор
көбөйүп кетти. Акыр замандын келгенин ушундан
билебиз. 19 Алар биздин эле арабыздан чыгышты,
бирок эч качан биз тарапта болушкан эмес.
Анткени биз тарапта болушкан болсо, анда биз
менен калышмак. Алардын бизден чыгып
кеткенинен улам баары эле биздикилерден эмес
экендиги белгилүү болуп калды.
20 Силер Ыйык Рух менен майлангансыңар,
андыктан акыйкатты баарыңар билесиңер. 21 Силер
акыйкатты билбейсиңер деп бул катты жазып
жаткан жерим жок, анткени силер акыйкатты да, ар
кандай жалгандын ал тарабынан келбесин да
билесиңер. 22 Ыйсанын Куткаруучу Машаяк экенин
четке каккан адам жалганчы эмей ким болмок эле?
Кудай Атабызды да, Анын Уулун да танган ал
Машаякка душман болгондун дал өзү. 23 Кимде ким
Кудайдын Уулун четке какса, Кудай Атаны да четке
кагат. Кимде ким Кудайдын Уулун кабыл алса,
Кудай Атаны да кабыл алат.
24 Силер эң башында уккан сөздү сактап
жашагыла. Эгер ошол сөз көкүрөгүңөрдө бар
болсо, анда Кудай Уулу менен Кудай Атанын
кучагында болосуңар. 25 Ал эми бизге түбөлүк
өмүрдү берем деп Машаяк Өзү убада кылган. 26 Мен
муну силерди ак жолдон адаштыргандардан сак
болушуңар үчүн жаздым. 27 Кудай силерди Ыйык
Руху менен майлаган, ошол майлануу жан
дүйнөңөрдө жашап жатат жана башка бирөөнүн
окутканына муктаж эмессиңер. Кудайдын Ыйык Рух
менен майлоосу силерге баарын үйрөтөт, Анын
окутуусу жалган эмес, чындык. Ошондуктан Ыйса
силерди мурда окуткандай, Аны менен тыгыз
байланышта жашагыла. 28 Эми, балдар, Ыйса кайра
көрүнгөндө, Анын алдында уят болбой, жүзүбүз
жарык болсун. Ал үчүн дайыма Ыйса менен тыгыз
байланышта жашагыла. 29 Машаяктын адил экенин
билсеңер, анда адил жашаган ар адамдын атасы
Кудай болот.

### Биз Кудайданбыз

3 Карагылачы, бизди балдарым деп, Кудай
Атабыз кандай чоң сүйүүсүн көрсөткөн. Биз
чынында эле Анын балдарыбыз. Бул дүйнөнүн
бизди кабыл албаган себеби – Ыйсаны таанып-
билген эмес. 2 Сүйүктүүлөрүм, азыр биз Кудайдын
балдарыбыз жана келечекте ким болорубуз али так
анык эмес. Ошондой болсо да, Ыйса кайра
көрүнгөндө Ага окшоп каларыбызды билебиз,
анткени Анын кандай экенин көрүп калабыз.
3 Ушундай үмүт менен жашаган ар бир адам
Ыйсадай таза болуш үчүн, өзүн да тазалап турат.
4 Күнөө кылган ар адам Кудайдын мыйзамын
бузат, анткени күнөө – бул Кудайдын мыйзамын
бузгандык. 5 Ыйсанын күнөөлөрдү Өз мойнуна алуу
үчүн бул дүйнөгө көрүнгөнүн жана Анын Өзүндө эч
кандай күнөө жок экенин силер билесиңер. 6 Ким
Ыйса менен тыгыз мамиледе жашаса, ал күнөө
кылбайт. Күнөө кылуучу ар адам Ыйсаны такыр
таанып-билген эмес.
7 Балдар, эч ким силерди ак жолдон
адаштырбасын. Адил жашаган ар ким Ыйсанын Өзү
сыяктуу адил. 8 Ким күнөө кыла берсе, анда ал
ибилистин жетеги менен жашайт, анткени ибилис
башынан бери эле күнөө кылып келатат. Кудай
болсо Өз Уулун ибилистин иштерин талкалоо үчүн
ушул дүйнөгө көрсөттү. 9 Кимдин атасы Кудай
болсо, ал күнөө жасай бербейт, анткени анын жан-
тенинде Кудай жашайт. Ал күнөө жасай да албайт,
анткени Кудайдын баласы. 10 Кудайдын балдарын
ибилистин балдарынан мындайча ажыратып
билсек болот: адил өмүр сүрбөгөн, андан да, өз
боордошун сүйбөгөн адам Кудайдын баласы эмес.

### Бири бирибизди сүйөлү

11 Силер эң башында уккан кабар бул: биз бири
бирибизди сүйүшүбүз керек. 12 Азгыруучунун ишин
кылып өз инисин өлтүргөн Кабыл өңдүү болбойлу!
Ал өз инисин эмне үчүн өлтүрдү? Анткени жасаган
иши жаман болчу, ал эми инисиники Кудай
алдында жакшы эле. 13 Боордоштор, эгер бул дүйнө
силерди жек көрүп жатса, таң калбагыла! 14 Биз
өлүмдөн өмүргө өтүп кеткенибизди билебиз,
анткени боордошторубузду сүйөбүз. Ал эми
боордошторун сүйбөгөн адам али өлүм кучагында.
15 Өз боордошун жек көргөн ар бир адам – киши
өлтүргүч. Ал эми силер билесиңер: киши
өлтүрүүчүнүн бири да Кудай берчү түбөлүк өмүргө
ээ эмес. 16 Сүйүүнүн кандай экенин мындан
билебиз: Ыйса биз үчүн Өз жанын кыйды. Биз да өз
боордошторубуз үчүн жаныбызды кыйышыбыз
керек. 17 Эгер оокаттуу бир адам боордошунун
муктаждыгын көрүп туруп, кайрым кылбаса, анда
кантип анын ичинде Кудайдын сүйүүсү жашасын?
18 Балдар, сөз жана тил менен эмес, иш жүзүндө
чындап сүйөлү. 19 Өзүбүздүн акыйкаттын жетегинде

экенибизди ушундан билебиз жана жүрөгүбүздү
Кудай алдында тынчтандырабыз. [20] Бизди
жүрөгүбүз айыптап жатса да, баарын билген Кудай
биздин жүрөгүбүздөн да бийик Айыптоочу.
[21] Сүйүктүүлөрүм, эгерде бизди жүрөгүбүз
айыптабаса, анда Кудай алдында жүзүбүз жарык
болот [22] жана Андан эмне сурасак да алабыз,
анткени Анын осуяттарын сактап, каалоолорун
аткарып жүрөбүз. [23] Кудайдын осуяты – бул Анын
Уулу Ыйса Машаяктын атына ишенип, Ал
калтырган осуяттагыдай бири бирибизди
сүйүшүбүз. [24] Кудайдын осуяттарын сактап өмүр
сүргөн адам Кудай менен бирге, ал эми Кудай
болсо аны менен бирге жашайт. Кудайдын биз
менен бирге жашап жаткандыгын Анын бизге
берген Рухунан билебиз.

### Рухтарды ажырата билгиле

4 Сүйүктүүлөрүм, ар кандай эле рухка ишене
бербегиле. Кудайданбы же башкаданбы,
текшерип көргүлө, анткени көптөгөн жалган
пайгамбарлар дүйнөгө толуп кетишти. [2] Кудайдын
Рухун мындан билсеңер болот: Ыйса Машаяк адам
болуп келген деп билген рух Кудайдан, [3] ал эми
Ыйсаны танган рух Кудайдан эмес, Машаяктын
душманынан. Силер мурда Машаяктын душманы
келет деп укканыңардай, ал азыр дүйнөдө.
[4] Балдар, силер Кудайдын жетегиндесиңер жана
аларды жеңип чыктыңар, анткени силердин
ичиңердеги Рух бул дүйнөдөгү рухтан күчтүү. [5] Алар
бул дүйнөдөн, ошондуктан дүйнөнүкүн сүйлөшөт
жана бул дүйнөнүн адамдары аларды угат. [6] Биз
болсо Кудайдын жетеги мененбиз. Кудайды
тааныгандар бизди угушат. Кудайдын жетегинде
эместер бизди укпайт. Акыйкаттын Руху менен
алдамчылыктын рухун ушундан ажыратып тааный
алабыз.

### Кудай – сүйүү

[7] Сүйүктүүлөрүм, бири бирибизди сүйөлү, анткени
сүйүү – Кудайдан. Сүйө билген адамдын атасы
Кудай жана ал Кудайды билет. [8] Сүйө билбеген
адам Кудайды билбейт, анткени Кудай – сүйүү. [9] Ал
бул дүйнөгө жалгыз Уулун жиберип, бизди Ал
аркылуу чыныгы өмүргө ээ болсун деди. Кудайдын
бизге болгон сүйүүсү ушундан белгилүү болду.
[10] Биз Кудайды эмес, Кудай бизди сүйүп,
күнөөлөрүбүздүн куну төлөнүшү үчүн Уулун
жиберди. Сүйүүнүн чыныгы мааниси мына ушунда.
[11] Сүйүктүүлөрүм, Кудай бизди ушундай сүйүп
жаткан соң, биз да бири бирибизди сүйүшүбүз
керек. [12] Кудайды эч ким, эч качан көргөн эмес.
Эгерде бири бирибизди сүйсөк, анда Кудай
жүрөгүбүздө жашап, Анын сүйүүсү биз аркылуу
толук көрүнгөнү.
[13] Өзүбүздүн Кудай менен жана Кудайдын биз
менен чогуу жашап жатканын Анын берген Руху
аркылуу билебиз. [14] Кудай Атабыз Өз Уулун бул
дүйнөнүн Куткаруучусу катары жибергенин көрүп,
муну башкаларга айтып жатабыз. [15] Кимде ким
Ыйсаны Кудай Уулу деп ачык айтса, анда Кудай аны
менен жана ал Кудай менен тыгыз байланышта
жашайт. [16] Кудай бизди сүйгөндүгүн жакшы
түшүнүп, Ага терең ишендик. Кудай – сүйүү. Сүйүп
жашаган ар ким Кудай менен, а Кудай болсо аны
менен жашайт. [17] Кудайдын сүйүүсү биз аркылуу
толук көрүнөт да кыямат кайымда жүзүбүз жарык
болот, анткени биздин бул дүйнөдөгү жашообуз
Машаяктын жашоосундай. [18] Сүйүүдө коркунуч
болбойт, анткени коркунуч жаза менен
байланыштуу, ошондуктан чыныгы сүйүү
коркунучту сүрүп чыгарат. Ал эми корккон адамда
болсо сүйүү жетилген эмес.
[19] Биз болсок сүйөбүз, анткени Кудай бизди
биринчи сүйдү. [20] Эгер кимдир бирөө «мен Кудайды
сүйөм» деп, бирок өз боордошун жек көрүп турса,
анда ал алдамчы, анткени көзү көрүп турган
боордошун сүйбөгөн, эч көрбөгөн Кудайды кантип
сүйө алат? [21] Ал бизге мындай осуят калтырган:
«Кудайды сүйгөн киши боордошун да сүйсүн».

### Ишеним менен сүйүү

5 Ким Ыйсанын Машаяк экенине ишенсе, ал
Кудайдын баласы. Атасын сүйгөндөр баласын
да сүйөт. [2] Кудайдын балдарын сүйөрүбүздү Анын
Өзүн сүйгөндүгүбүздөн жана осуяттарын
сактаганыбыздан билебиз. [3] Кудайдын осуяттарын
сактаганыбыз – Аны сүйгөндүгүбүз. Кудайдын
осуяттарын сактоо болсо оор эмес. [4] Ким Кудайдын
баласы болсо, бу дүйнөнү жеңет. Бул дүйнөнү биз
ишенимибиз менен жеңебиз. [5] Бу дүйнөнү
Ыйсанын Кудай Уулу экенине ишенүүчү адамдан
башка ким жеңе алат? Эч ким!

### Ыйса Машаяк ким?

[6] Ыйса Машаяк бизге келгенде сууга чөмүлүү жол-
жобосунан өткөн жана канын төккөн. Суу эле эмес,
суу жана кан аркылуу келген. Ыйык Рух буга күбө.
Анткени Ыйык Рух – акыйкаттын өзү. [7] Демек, үч
күбө бар: [8] Рух, суу жана кан. Үчөөнүн айтканы
бирдей. [†9] Биз пенделердин күбө сөздөрүн кабыл
алып жүрөбүз, ал эми Кудайдыкы болсо
алардыкынан салмактуураак, анткени Ал бизге Өз
Уулу тууралуу айткан. [10] Кудай Уулуна ишенген
адамдын дилинде Кудайдын ушул сөзү жашайт.
Кудайга ишенбеген адам Аны калпычы кылып
көрсөтөт, анткени Кудайдын Өз Уулу тууралуу
айткан сөзүнө ишенбейт. [11] Мына, бул Кудайдын
сөзү: Кудай бизге түбөлүк өмүр берди жана бул
өмүр Анын Уулунда. [12] Дилинде Кудай Уулу
жашаган адамда өмүр бар, ал эми дилинде Кудай
Уулу жашабаган адамда өмүр жок.

---

†

### Кудайдын Уулу бизди күнөөдөн сактап, түбөлүк өмүр берет

[13] Мен бул сөздөрдү Кудай Уулуна ишенген силер
түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билип алсын деп
жаздым. [14] Кудайдын эркине жаккан бир нерсе
сурасак, Ал бизди угат деп терең ишенебиз. [15] Эмне
сурасак да бизди уккандыгын билсек, демек,
сураганыбызды бергендигин да билебиз.
[16] Боордошунун өлүмгө алып барбай турган күнөө
кылып жатканын көргөн адам ошол үчүн сурансын,
ошондо Кудай анын өмүрүн сактап калат. Сурансын
дегенде өлүмгө алып барчу күнөө жөнүндө айткан
жокмун. [17] Адилсиздиктин баары күнөө, бирок
өлүмгө алып барбай турган да күнөө бар. [18] Биз
кимдин атасы Кудай болсо, ал күнөө жасай
бербесин билебиз. Кудай Уулу аны сактагандыктан
азгыруучу ага зыян кыла албайт. [19] Биз өзүбүздүн
Кудайдын жетегинде экенибизди жана бүткүл
дүйнө азгыруучунун бийлиги алдында жатканын
билебиз. [20] Кудай Уулу келип, чыныгы Бирөөнү
таанып-билгенге бизге акыл-эс бергенин билебиз.
Ошондой эле, биз өзүбүздүн чыныгы Бирөө менен,
башкача айтканда, Кудайдын Уулу Ыйса Машаяк
менен тыгыз байланышта экенибизди билебиз.
Чыныгы Кудай жана түбөлүк өмүр – Ошол.
[21] Балдар, буркандардан сак болгула.

# 2-Жакан

### Саламдашуу

1 Жыйын жетекчисинен Кудай тандаган айымга
жана анын балдарына. † Силерди мен гана
эмес, акыйкатты таанып калгандардын баары чын
жүрөктөрүнөн жакшы көрүшөт. 2 Анткени
жүрөгүбүздөгү акыйкат түбөлүккө биз менен болот.
3 Ылайым Кудай Атабыз жана Анын Уулу Ыйса
Машаяк баарыбызга акыйкаты менен сүйүүсүн,
ырайымын, мээримин жана тынчтыгын ыроолосун.

### Сүйүү деген эмне?

4 Балдарыңдын ичинен Атабыз осуят кылган
акыйкат менен жашап жүргөндөрү жөнүндө
укканымда абдан сүйүндүм. 5 Эми да, сенден
өтүнөөрүм, урматтуу айым, баарыбыз бири
бирибизди сүйөлү. Мен сага жаңы осуят жазып
жаткан жокмун, мындай осуят бизде тээ башынан
эле бар. 6 Сүйүү дегеним – бул Кудайдын осуяттары
боюнча жашаганыбыз. Ал эми осуят дегеним,
башынан эле өзүңөр уккандай, өз ара сүйүүдө
жашооңор.

†

### Жалган окутуудан сак болгула

7 Анткени Ыйса Машаяктын адам кейпинде
келгенине ишенбеген алдамчылар дүйнөгө толуп
кетти. Мындай адамдар алдамчы жана Машаяктын
душманы. 8 Ошондуктан мээнетиңер текке кетпей,
сыйлыгыңарды толук алууңар үчүн өзүңөргө сак
болгула! 9 Машаяктын окутуусунан четтеп, ал
боюнча жашабаган ар кимдин Кудай менен
мамилеси жок. Ал эми Машаяктын окутуусу боюнча
жашаган адамдын Кудай Атабыз жана Анын Уулу
менен мамилеси бар. 10 Ким силерге ушул окутууну
үйрөтпөсө, андайды үйүңөргө да киргизбегиле,
салам да бербегиле. 11 Анткени ага салам берген ар
ким анын жаман иштерине тилектеш, ортоктош.

### Соңку сөз

12 Силерге айтар сөзүм көп, ошондуктан, андан
көрө силерге барып, орой көз чарай сүйлөшүп, бир
черимди жазсам деген ниетим бар. 13 Сага Кудай
тандап алган эжеңдин †† балдарынан ысык салам.

††

# 3-Жакан

### Саламдашуу

1 Чын жүрөгүмдөн сүйгөн сүйүктүү Гайга жыйын
жетекчиси – менден салам кат.
2 Сүйүктүү Гай, рухий акыбалың жакшы болуп
жаткандай, бардык жактан телегейиң тегиз болуп,
ден-соолукта болушуңду тилейм. 3 Силерге барып
келген боордоштор Кудайдын акыйкатына жан
дилиңден берилип, ошол акыйкат боюнча жашап
жатканыңды айтышканда чексиз сүйүндүм.
4 Балдарымдын чындык жолунда жашап жатканын
уккандан артык менде кубаныч жок.

### Гай кылган иш туура

5 Сүйүктүү Гай, жер кезип жүргөн
боордошторубузга кызмат кылып жатканың эң
жакшы. 6 Алар сенин көрсөткөн адамгерчилигиң
жөнүндө жыйын алдында айтып беришти.
Боордошторду ушундайча узатсаң, анда Кудай
адамына жарашкан ишти жасайсың. 7 Алар
Ыйсанын урматы үчүн үйлөрүнөн чыгышканда, Ага
ишенбегендерден эч кандай жардам алышкан
эмес. 8 Биз ушундай боордошторубузду колдоо
жоопкерчилигин мойнубузга алышыбыз керек.
Ушундайча биз алар менен акыйкат үчүн
кызматташ боло алабыз.

### Жыйын жетекчилери Диотреф менен Деметир

9 Мен жыйынга мурда да кат жаздым эле, бирок
андагы биринчи болгонго тырышкан мансапкор
Диотреф мени теңине албай жатат. 10 Барсам,
бизди сөккөнүн эсине салам. Мунусу аз келгенсип
боордошторубузду же өзү кабыл албай, же кабыл
алгысы келгендерге жол бербей, тоскоолдук
кылып, жыйындан кубалоодо.
11 Сүйүктүү Гай, жамандыкты эмес, жакшылыкты
туура. Жакшылык жасаган адам Кудайдын жетеги
менен жашайт. Жамандык жасаган киши болсо
Кудайды таанып-билген эмес. 12 Деметир жөнүндө
ишенгендердин баары жана чындыкты сүйлөгөн
Рух дагы жакшы пикирлерин айтып жүрүшөт. Биз
да ал жөнүндө жакшы пикирдебиз. Биздин
пикирибиздин чын экенин сен билесиң.

### Соңку сөз

13 Сага айта турган сөзүм көп, бирок калемсап
менен сыя челекти чукулап олтургум келбейт.
14 Андан көрө, жакын арада сени көрөм го деген
тилегим бар. Ошондо орой көз чарай отуруп алып,
жакшылап сүйлөшөрбүз.
15 Сени Кудайдын тынчтыгы жылоолосун.
Досторуң сага дубай салам жолдошот. Ал жактагы
досторубуздун ар бирине бизден жекече салам
айтып кой.

# Жүйүт

### Саламдашуу

1 Ыйса Машаяктын кулу жана Жакыптын бир
тууганы Жүйүттөн Кудай Атабыз тарабынан
чакырылып, Анын сүйүүсү менен Ыйса Машаяктын
сактоосунда жашап жаткандардын баарына.
2 Ылайым араңарда мээрим, тынчтык жана сүйүү
мол болсун!

### Жалган окутуучулардан оолак болгула

3 Кымбаттуу боордошторум, баарыбызга
тиешелүү куткарылуу жаатында жазууну абдан
самасам да, насаат айтуу муктаждыгы бар экенин
сезип, бул катымда ыйыктарга бир кезде берилген
ишенимди коргоо керектигин жазып отурам.
4 Себеп дегенде, кээ бир кудайсыз адамдар
арабызга акырын гана жылып кирип алышыптыр.
Алар өздөрүнүн бузуку кылыктарын жымсалдаш
үчүн Кудайыбыздын ырайымы тууралуу кабарды
бурмалашкандар, бирден-бир Өкүмдарыбыз жана
Эгебиз Ыйса Машаякты четке каккандар. Алардын
жазалана турганы Ыйык Жазууларда илгери эле
айтылган.
5 Эгебиз бир кезде Ысрайыл элин Мисирдеги
кулчулуктан куткарган, бирок ошондон кийин
ишенимсиздерди жок кылган. Силер муну
айтпасам деле билесиңер, ошондой болсо да, дагы
бир сыйра эсиңерге салып койгум келди. 6 Кудай
уруксат кылган чектен аша чаап, жашаган жайын
таштап кеткен периштелерге эмне болгонун
эстегиле. Кудай аларды жазалаш үчүн келечектеги
улуу сот күнүнө даярдап, түбөлүктүү чынжырларга
чырмап, туңгуюктагы капкараңгы жайга байлап
койгон. 7 Содом менен Гомор шаарлары жана
алардын айланасынан орун алган айылдар эмне
болгонун эстегиле. Алардын жашоочулары да
жогоруда айтылган периштелер сыяктуу бузулуп,
күнөөлүү кумарларына чыланып калганда, Кудай
бардыгына сабак болсун деп алардын шорун
катырып, түбөлүк отко орогон.
8 Так ушулар сыяктуу, силердин араңардагы алиги
кыялкечтер өздөрүн күнөөгө түрткөн аяндарды
көрүп, денесин күнөөлөргө малып, көктөгү
Жараткан орноткон бийликке да, Анын
периштелерине да акарат айтышканын коюшпады.
9 Ал тургай периште башчыларынын бири болгон
Михаэл да ибилис менен Мусанын сөөгүн талашып
жатканда, аны сөгүп, айыптоого барбастан: «сени
Эгебизге койдум!» – деген сөз менен гана
чектелген. 10 А булар болсо өздөрү түшүнбөгөн
күчтөрдүн баарына тил тийгизишет. Ал эми
жырткычтар сыяктуу табигый сезими менен туйган
нерселери аларды ойрон кылат. 11 Кабыл түшкөн
жолду тандап алган алардын шору кайнайт. Байлык
деп Балаамдын каталыгын кайталап, Корак сыяктуу
Кудайга каршы чыгып жүрүп, акыры жок болушат.
12 Алар силердин кечелериңерге катышып,
башкаларга жолтоо болуп, өздөрүнүн гана кара
курсагынын камын ойлогондон уялбаган койчу
сөрөйлөр. Шамал кубалаган жаан бербес, пайдасыз
булуттар. Эч качан, атүгүл күзүндө да мөмө
байлабаган, тамыры менен коңторулуп, кагайып
калган дарактар. 13 Уятсыз жосундарын деңиз
толкундары сымал көбүктөнтүп, көккө
чачыраткандар. Түбөлүк турагы көзгө сайса
көрүнгүс караңгыда болуучу адашкан жылдыздар. †
14 Адам атанын жетинчи тукуму болгон Анак
мындан көп убакыт илгери алар тууралуу мындай
деп пайгамбардык сөз айткан: «Мына, Жараткан
Эге Өзүнүн түмөндөгөн ыйык периштелери менен
чогуу келе жатат. 15 Ал баарынын үстүнөн сот
жүргүзүп, бардык кудайсыздардын бардык
жамандыктарын ашкере кылат». Ага каршы
айтышкан ар бир акарат сөзү үчүн аларды Эгебиз
сөзсүз жазалайт.
16 Алар эч качан ыраазы болушпайт, ар качандан
бир качан бирөөлөрдү жамандаганы жамандаган.
Керт башынын гана кызыкчылыгын көздөшөт.
Өздөрүн жерге-сууга тийгизбей мактап, бир нерсе
өндүрүп калыш үчүн көрүнгөндүн этегине намаз
окушат.
17 А силер болсо, кымбаттуу бордошторум, Эгебиз
Ыйса Машаяктын элчилеринин эскерткендерин
унутпагыла. 18 Алар акыр заман келгенде, бузуку
каалоолорунун жетегинен чыкпаган мазакчылар
чыгат дешкен. 19 Араңарды бөлүп жарган, табигый
каалоолорунун кулчулугунан чыга албаган, жан
дүйнөсүндө Кудайдын Руху жок адамдар ошолор.
20 А силер болсо, кымбаттуу боордошторум, эң
ыйык ишенимиңерди негиз кылып өсө бергиле.
Ыйык Рух менен сыйынып, 21 Кудайдын сүйүүсүнө
бөлөнүп, түбөлүк өмүрдү бере турган Эгебиз Ыйса
Машаяктын мээримин күтүп жашагыла. 22 Эки ойдо
тургандарга боорукердик көрсөткүлө.
23 Куткарылууга муктаждарды оттон сууругандай
куткарып калгыла. Кайрымга муктаждарга коркуу

†

сезими менен абайлап кайрым кылгыла, бирок алардын күнөөгө булганган кийимдери да жийиркеничтүү экенин эстен чыгарбагыла.

### Соңку сөз жана бата тилөө

24 Силерди мүдүрүлүүдөн сактап, Өз улуулугунун алдына кынтыксыз жана кубанычта жеткире алган
25 жападан жалгыз Куткаруучу Кудайыбызга Эгебиз Ыйса Машаяк аркылуу урмат жана даңк болсун! Бийлик жана күч-кудурет илгерки замандардан тартып ушул убакка чейин, ал тургай түбөлүктөн түбөлүккө ошонуку! Оомийин.

# Аян

### Кириш сөз

1 Бул Ыйса Машаяктын аяны. Муну Ага Кудай
берген. Машаяк жакында боло турган
окуяларды Өз кулдарына ачып көрсөтүү үчүн
периштесин жөнөтүп, кулу Жаканга аян көрсөттү.
2 Жакан көргөнүнүн баары үчүн күбөлүккө өтүп,
муну баяндады. Анын баяны болсо Кудайдын сөзү
жана Ыйса Машаяктын күбөлүк сөзү тууралуу. 3 Бул
китептеги пайгамбарчылык сөздөрдү окугандар,
уккандар жана андагы жазылгандарды аткаргандар
бактылуу. Себеби булардын аткарылышына аз
калды.

### Саламдашуу жана Кудайды даңктоо

4 –5 Асия аймагындагы жети жыйынга Жакандан
салам кат. Азыр да бар, мурда да болгон жана
келечекте да боло турган Кудайдын, анын
тактысынын алдындагы жети Рухтун жана Ыйса
Машаяктын ырайымы менен тынчтыгы араңарда
болсун. Ал ишенимдүү Күбө – өлүктөн
тирилгендердин тунгучу жана жер жүзүндөгү
падышалардын башкаруучусу.
Ал бизди абдан жакшы көрөт. Андыктан канын
төгүп, күнөөлөрүбүздөн арылтты. 6 Кудай Атасына
диний кызмат кылышыбыз үчүн бизден жаңы
падышачылык кураган Ыйса Машаяктын кудурет-
күчү менен салтанаттуу улуулугу түбөлүктөн
түбөлүккө улана берсин! Оомийин.
7 Карагыла, Ал булуттардын арасында келатат.
Аны баары, алтурсун айкаш жыгачка кадагандар да
көрүшөт. Жер жүзүндөгү бардык элдер Аны көрүп
боздоп ыйлашат. Ооба, ушундай болсун! Оомийин.
8 «Мен Альфа жана Омегамын, † – дейт Кудай
Эгебиз, – азыр да бар, мурда да болгон жана
келечекте да боло турган кудуреттүү Кудаймын».

### Ыйса Машаяктын көрүнүшү

9 Силердин боордошуңар жана Ыйсага
ишенүүнүн азап-муңун, шаң-салтанатын,
кыйынчылыктарын чыдамдуулук менен көтөрүүдө
шеригиңер болгон мен, Жакан, Кудайдын сөзүн
сүйлөп, Ыйсанын күбөсү болгондугум үчүн Патмос
†† аралында жүргөн болчумун. 10 Эгебиздин күнүндө
‡ мен Ыйык Рухтун таасири астында элем, аңгыча,
арт жагымдан сурнайдыкындай катуу үндү уктум.
11 Ошол үн мага:
– Көргөнүңдү түрмөккө жаз да жети жыйынга:
Эфеске, Смирнага, Пергамга, Тиатирага, Сардиске,
Филаделфияга жана Лаодикияга жибер, – деди.
12 Мага угулган үн кимдики экенин көрөйүн деп
артыма бурулдум. Бурулуп, жети алтын шамдалды
көрдүм. 13 Шамдалдардын ортосунда Адам Уулуна
окшогон, узун чапан кийген, бооруна алтын тасма
тагынган Бирөө туруптур. 14 Башы менен чачы
кардай аппак жүн сымал, көздөрү алоолонгон
оттой, 15 буттары жалтыраган, көөрүккө салынып
тазаланган жездей, үнү деңиздин күүлдөгөнүндөй
эле. 16 Оң колуна жети жылдызды кармап, оозунан
эки миздүү курч кылыч чыгып, жүзү болсо күчүнүн
барынча жаркыраган күндөй нурданып турду.
17 Аны көргөнүмдө, өлгөн кишидей аягына сулк
жыгылдым. Ал менин үстүмө оң колун койду да,
мындай деди:
– Коркпо! Мен Биринчимин, Акыркымын жана
18 Тирүүмүн. Мен өлгөн элем, бирок мына, эми
түбөлүккө өмүр сүрөм. Өлүм менен о дүйнөнүн
ачкычтары менин колумда. 19 Ошондуктан
эмнелерди көрдүң, эмнелер болуп жатат, мындан
кийин эмнелер болот, баарын жазгын. 20 Жети
алтын шамдалдын жана оң колумдагы сен көргөн
жети жылдыздын жашырын сыры мындай: жети
жылдыз жети жыйындын периштелерин, ал эми
жети шамдал болсо жети жыйынды билдирет.

### Эфестеги жыйынга

2 Эфестеги жыйындын периштесине жаз:
«Оң колуна жети жылдызды кармап, жети
алтын шамдалдын ортосунда басып жүргөн
мындай дейт:
2 Мен иштериңди билем: сен мээнет кылдың,
көтөрүмдүү болдуң, жаман адамдар менен келише
албадың, элчи болбой туруп, өздөрүн элчи
аташкандарды сынап көрүп, калпын чыгардың.
3 Мен үчүн көп кыйынчылыктарды башыңдан
кечирип, чыдадың, чаалыкпадың. 4 Бирок сага бир
жерден каршымын: сен алгачкы сүйүүңдү
таштадың. 5 Ошондуктан каерден жыгылганыңды
эсте! Ниетиңди өзгөрткүн да, баштагы иштериңди
жаса. Эгер ниетиңди өзгөртпөсөң, анда келем да
шамдалыңды ордунан жылдырып таштайм.
6 Канткен менен сенин дагы бир жакшы жагың бар
– ал николаиттердин ‡† иштерин жек көргөнүң.
Алардын иштерин мен да жек көрөм. 7 Кимдин

† †† ‡

‡†

кулагы болсо, Рухтун жыйындарга айткан сөзүн
угуп алсын! Жеңип чыкканга Кудайдын
бейишиндеги дарактын түбөлүк өмүр берүүчү
жемишинен жегенге уруксат берем».

### Смирнадагы жыйынга

[8] Смирнадагы жыйындын периштесине жаз:
«Биринчи жана Акыркы, Өлгөн жана кайра
Тирилген мындай дейт:
[9] Мен сенин тарткан азап-кайгыңды,
жакырлыгыңды (анткен менен сен чыныгы
байлыкка ээсиң) жана өздөрүн "биз Кудай тандап
алган элбиз" деп атагандардын жаман сөздөрүн
угуп кордук тартканыңды билем. Бирок алар андай
эмей эле, шайтанга караштуу топтун мүчөлөрү.
[10] Жакында башыңа келе турган азаптан эч коркпо.
Айтып коёюн: силерди сынап көрүү үчүн араңардан
бир нечеңерди ибилис түрмөгө отургузуп, он
күндөй кайгы тарттырат. Өлүм алдында турсаң да
ишенимиңди бекем тут, ошондо мен сага
түбөлүктүү өмүрдү сыйлык кылып берем. [11] Кимдин
уга турган кулагы болсо, Рухтун жыйындарга
айткан сөзүн угуп алсын! Жеңип чыккан экинчи
өлүмдөн † залал тартпайт».

### Пергамдагы жыйынга

[12] Пергамдагы жыйындын периштесине жаз:
«Эки миздүү курч кылычы бар мындай дейт:
[13] Мен сенин каерде жашап жатканыңды билем.
Сен жашап жаткан жайда шайтандын тактысы ††
бар. Ошондой болсо да, сен мага бекем ишенесиң.
Мага деген ишенимиңден баш тартпадың, атүгүл
силердин араңарда, шайтан жүргөн жерде, менин
ишенимдүү кабарчым Антипа өлтүрүлгөн күндөрдө
да ишенимдүү бойдон кала бердиң. [14] Бирок
ошентсе да мен сага бир аз каршымын, анткени
сенде Балаамдын ‡ окуусун карманган адамдар бар.
Балаам Балакты Ысрайыл элин күнөөгө азгырууга:
аларды буркандарга чалынган курмандыкты жеп,
бузукулук кылууга үйрөткөн. [15] Ошондой эле сенде
николаиттердин ‡† окуусун кармангандар да бар.
[16] Андыктан ниетиңерди өзгөрткүлө, эмесе
жакында барып, ошол күнөөкөрлөргө каршы
оозумдагы кылычым менен салгылашам. [17] Кимдин
уга турган кулагы болсо, Рухтун жыйындарга
айткан сөзүн угуп алсын! Жеңүүчүгө катылган
маннадан берем. Ошондой эле Мен ага бетине
жаңы ысым жазылган бир ак таш берем. Андагы
жазылган ысымды алган адамдан башка эч ким
билбейт».

### Тиатирадагы жыйынга

[18] Тиатирадагы жыйындын периштесине жаз:
«Көздөрү алоолонгон оттой, буттары жалтыраган
жездей болгон Кудайдын Уулу мындай дейт:
[19] Сенин иштериң, сүйүүң, ишенимиң, кызматың
жана чыдамкайлыгың Мага белгилүү. Алгачкы
кездегиге караганда, азыр көбүрөөк иш кылып
жатканыңды да билем. [20] Бирок Менин сага бир
наразы болгон жерим бар: өзүн пайгамбар атаган
Изебел деген аялдын башкаларга таалим
беришине жол берип жатасың. Ал кулдарымды
бузукулук кылганга жана буркандарга курмандыкка
чалынган тамакты жегенге азгырууда. [21] Ага
бузукулук ниетин өзгөртүүгө убакыт берген элем,
бирок ал антүүнү каалабады. [22] Эми мына, Мен аны
оору менен жазалап, төшөккө жаткырам. Кылган
иштерине өкүнүп, ниеттерин өзгөртмөйүн, Мен
аны менен бирге бузукулукка баткандарды чоң
азапка салам. [23] Балдарына ажал жиберем. Ошондо
жыйындардын баары адамдардын ичиндеги
ойлору менен жүрөк түпкүрүндөгү сырлары Мага
белгилүү экенин билишет. Ошондой эле ар
бириңер кылган ишиңерге жараша тиешелүү
жазаңарды аласыңар. [24] –25 Бирок силер,
Тиатирадагы башка ишенүүчүлөр, Изебелдин
тескери окуусун кабыл алган жоксуңар. Анын жолун
жолдоочулары "шайтан ачып берген терең
чындыктар" деп атаган окууга аралашпадыңар.
Мен кайра келгиче, Мага болгон бекем
ишенимиңерден кайтпагыла дегенден башка
силерге оор милдет жүктөбөйм. [26] –28 Жеңип
чыкканга жана Менин тилегимди аягына чейин
аткарганга бардык элдерди башкаруу үчүн Атам
Мага бергендей кудурет берем. Ал алардын
үстүнөн карападай быркыратчу, темирдей катуу
бийлик орнотот. Ошондой эле жеңүүчүгө таңкы
жылдызды берем. [29] Кимдин уга турган кулагы
болсо, Рухтун жыйындарга айткан сөзүн угуп
алсын!»

### Сардистеги жыйынга

3 Сардистеги жыйындын периштесине жаз:
«Кудайдын жети руху менен жети
жылдызына Эгедер мындай дейт:
Мен сенин жасап жаткан иштериңди билем. Сени
тирүү деп ойлошот, бирок чындыгында сен
тирүүлөй өлүксүң. [2] Көзүңдү ач! Ажал эмнени
алганы калса, ошонуңду бекемде! Себеби Мен
сенин иштериңдин Кудайымдын алдында түгөл
эмес экенин аныктадым. [3] Андыктан мурда угуп,
кабыл алган сөздү эсиңе сал. Ошого моюн сун да,
ниетиңди өзгөрт. Эгер көзүңдү ачпасаң, сага ууру
сымал келем. Мен сага кайсы саатта келеримди
билбейсиң. [4] Бирок Сардисте күнөөдөн алыс
жүргөн бир нече таза адамдарың бар. Алар күнөөгө
булганбаган ак кийим кийип, Мени менен бирге
жүрүшөт. Анткени алар ошого татыктуу. [5] Ким
жеңүүчү болсо алар сыяктуу ак кийим кийет. Мен
анын ысымын өмүр китебинен өчүрбөйм,
тескерисинче Атамдын жана анын
периштелеринин алдында анын ысмын жарыя

† †† ‡ ‡†

кылам. [6] Кимдин уга турган кулагы болсо, Рухтун
жыйындарга айткан сөзүн угуп алсын!»

### Филаделфиядагы жыйынга

[7] Филаделфиядагы жыйындын периштесине жаз:
«Ыйык, акыйкат жана Дөөттүн ачкычын †
кармаган, ачкан нерсесин эч ким жаба албаган,
жапканын эч ким ача албаган Бирөө мындай дейт:
[8] Мен сенин иштериңди билем. Карачы, Мен
алдыңдагы эшикти ачтым, аны эч ким жаба албайт.
Анткени күчүң аз болсо да, сөзүмдү аткарып, Мени
ээрчигенден баш тарткан жоксуң. [9] Мына, Мен
жанагы өздөрүн: "биз Кудай тандап алган элбиз"
деп атаган шайтан тобундагыларды, (чындыгында
өздөрүн өздөрү атагандай эмес, алар калп айтып
жатышат) мына, Мен аларды мындай кылам: алар
келип, сенин бутуңа жыгылышат жана Мен сени
кандай жакшы көрөрүмдү көрүшөт. [10] Себеби сен
"сабыр кылып чыда" деген сөзүмдү сактадың.
Ошондуктан Мен да сени жер бетинде
жашагандардын баарын сыноо үчүн жибериле
турган кыйын-кезең убакыттан сактайм. [11] Мен
жакында келем. Бирөө-жарым сенин жеңиштен
алган сыйлыгыңды алып албасын үчүн
колуңдагыны бекем карма. [12] Жеңүүчүнү
Кудайымдын ийбадатканасына тирөөч кылам жана
ал андан эч качан чыкпайт. Мен анын бетине
Кудайымдын атын, анын шаарынын атын –
асмандан, Кудайымдан түшө турган жаңы
Иерусалимдин атын жазам. Ошондой эле Мен ага
Өзүмдүн жаңы атымды да жазып коём. [13] Кимдин
уга турган кулагы болсо, Рухтун жыйындарга
айткан сөзүн угуп алсын!»

### Лаодикиядагы жыйынга

[14] Лаодикиядагы жыйындын периштесине жаз:
«Оомийин аталган, ишенимге бек акыйкаттуу
күбө жана Кудай жараткан нерселердин башаты
мындай дейт:
[15] Мен сенин иштериңди билем: сен же муздак
эмессиң, же ысык эмессиң. Аттиң, же муздак, же
ысык болсоң гана. [16] Ошондуктан муздак же ысык
болбой, жылымык болгонуң үчүн Мен сени
оозуман бүркүп салганы турам. [17] Сен: "Мен
баймын, байлыкка тундум, эч нерседен
муктаждыгым жок", – дейсиң. Бирок өзүңдүн
байкуш, бечара, жакыр, сокур, жылаңач экениңди
билбейсиң. [18] Сага берер кеңешим бул: байышың
үчүн Менден отко тазаланган алтынды, кийинип,
абийириңди жабыш үчүн ак кийимди, көзүңө
сыйпап, көрө алышың үчүн көз майды сатып ал.
[19] Мен кимди сүйсөм, анын айбын ачып, адебин
колуна берем. Андыктан дитиңди кой да, ниетиңди
өзгөрт. [20] Эй, кулак салгыла! Мен эшик алдына
келип, тыкылдатып жатам. Эгерде кимде-ким
үнүмдү угуп, эшикти ачса, Мен кирем. Аны менен
бирге тамактанам, ал да Мени менен бирге
тамактанат. [21] Мен жеңип, азыр Атамдын
тактысынын жанында Атам менен бирге
отурганымдай, жеңүүчүгө да тактымдын жанында
Мени менен бирге олтурууга укук берем. [22] Кимдин
уга турган кулагы болсо, Рухтун жыйындарга
айткан сөзүн угуп алсын!»

### Көктөгү такты

4 Ушул окуялардан кийин көктө бир эшик
ачылып турганын көрдүм. Анан сурнайдын үнү
сыяктуу мен алгач уккан үн †† мага:
– Бери чык, бул окуялардан кийин эмнелер
болушу керек экенин Мен сага көрсөтөм, – деди.
[2] Ошол замат менин бүт дүйнөмдү Рух бийлеп
алды. Анан асманда турган бир тактыны жана анда
олтурган бирөөнү көрдүм. [3] Тактыда отурган яспис
менен карнелийдей жаркырап, үстүнөн зумуруттай
болгон бир асан-үсөн жылтылдап, курчап турду.
[4] Тактынын айланасында жыйырма төрт такты бар
экен. Аларда аппак кийим, баштарына алтын
таажы кийип алышкан жыйырма төрт аксакал
отурушуптур. [5] Тактыдан чагылгандар чартылдап,
күндүн күркүрөгөнү угулуп турду. Тактынын
алдында жети шамана жаркырап күйүп турду.
(Булар Кудайга кызмат кылган жети рух.) [6] Ошондой
эле тактынын алдынан мөлтүр таштай таза,
айнектей тунук көлдү көрдүм. Ортодо, тактынын
айланасында, аркасы да, алды да жыбыраган
көздөргө толгон төрт жаныбар турду. [7] Биринчи
жаныбар арстанга, экинчиси өгүзгө окшош,
үчүнчүсүнүн бети адамдыкындай, төртүнчүсү болсо
учуп бараткан бүркүт сыяктуу экен. [8] Төртөөнүн тең
алтыдан канаты болуп, дене бойлору толгон көздөр
эле. Алар күнү-түнү тынбастан:
– Мурда дагы бар болгон,
Азыр дагы бар болуп,
Боло турган түбөлүк
Кудуреттүү Кудай Эге,
Ыйык, ыйык, ыйык Ал, –
деп жатышты.
[9] Жаныбарлар такта Олтурганга жана түбөлүктөн
түбөлүккө Жашоочуга алкыш-даңк айтып, урмат
көрсөткөн сайын, [10] жыйырма төрт аксакал ошол
такта Олтургандын алдына чөк түшүп, түбөлүктөн
түбөлүккө Жашоочуга таазим этип жатышты. Алар
таажыларын тактынын алдына коюп:
– [11] Кудайыбыз, Эгебиз,
Бийлик-күчтү алганга,
Атак-даңк жана урмат-сый
Көргөнгө Сен татыйсың!
Анткени бүт бардыгын
Сен жараттың, бардыгы
Каалооң менен жашайт да
Эркиң менен жаралган, –
деп жатышты.

†

††

### Түрмөк жана Козу

5 Анан такта Олтургандын оң колунан ичине да, сыртынан да жазылган жана жети мөөр
басылган бир түрмөктү көрдүм. 2 Анан:
– Мөөрлөрүн сындырып, түрмөктү ачууга ким татыктуу? – деп катуу үн менен жар салып жаткан кубаттуу бир периштени көрдүм.
3 Бирок асмандан да, жерден да, жердин алдынан
да эч ким аны ачып, ичин карай албады. 4 Мен
боздоп ыйладым, анткени түрмөктү ачканга же анын ичин караганга татыктуу эч ким табылбады.
5 Ошондо аксакалдардын бири мага:
– Ыйлаба! Тигине, Жүйүт уруусунан чыккан арстан, Дөөттүн тукуму жеңип чыкты. Ошондуктан Ал түрмөктү жана анын жети мөөрүн ача алат, – деди.
6 Анан мен тактынын жанынан, төрт жаныбар менен аксакалдар тегеректеп курчаган, адамдар союп салгандай көрүнгөн бир Козуну көрдүм. Анын жети мүйүзү, жети көзү бар эле. (Анын жети көзү – бүт жер жүзүнө жиберилген Кудайдын жети руху.)
7 Ал келди да тактыда Олтургандын оң колундагы
түрмөктү алды. 8 Алганда төрт жаныбар менен
жыйырма төрт аксакал Козунун алдына жүздөмөндөп жыгылышты. Баарынын колунда арфа менен жыпар жыттуу заттарга толтурулган алтын идиш бар эле. (Алтын идиштерге толтурулган жыпар жыттуу заттар – бул
ыйыктардын сыйынуулары.) 9 Төрт жаныбар менен
жыйырма төрт аксакал:
– Алып ушул түрмөктү,
Сен андагы мөөрлөрдү
Сындырганга татыйсың.
Анткени Сен союлуп,
Ар уруудан, ар тилден,
Ар бир элден, улуттан
Адамдарды Кудайга
Сатып бердиң кан менен.
10 Ыйык кызмат кылсын деп
Кудайыбызга алар,
Сен алардан курадың
Жаңы падышачылык.
Жер бетинде ошолор
Эми бийлик жүргүзөт, –
деп жаңы ыр ырдап жатышты.
11 Мен дагы карадым да, саны жүз миңден ашкан көп периштелердин үнүн уктум. Алар тактыны, жаныбарларды жана аксакалдарды тегеректеп:
– 12 Жараткандын Козусу,
Курмандыкка чалынган,
Кудурет менен байлыкты,
Акылмандык, кубатты,
Алкыш-даңкты, урматты
Алганга Ал татыктуу! –
деп катуу кыйкырып жатышты.
13 Анан асмандагы, жердин үстүндөгү жана астындагы, деңиз үстүндөгү – бүтүн дүйнөдөгү жаныбарлардын баары:
– Хан тактыда олтурган
Кудайга жана Козуга
Түбөлүк болсун алкыш-даңк,
Урмат жана кудурет! –
деп кыйкырып жатышканын уктум.
14 Төрт жаныбар «Оомийин» дегенде, аксакалдар жүздөмөндөп жыгылып, табынышты.

### Мөөрлөр

6 Мен Козунун жети мөөрдүн бирин ачканын
көрдүм. Анан төрт жаныбардын бирөөсү күн күркүрөгөндөй добуш менен:
– Бери кел! – дегенин уктум.
2 Аңгыча ак боз ат минген, колунда жаасы бар бир чабандести көрдүм. Чабандеске таажы берилди. Ошондо ал жеңүүчү катары душмандарын дагы
жеңиш үчүн асмандан чаап чыкты. 3 Козу экинчи
мөөрдү ачканда, экинчи жаныбардын:
– Бери кел! – дегенин уктум.
4 Анан жээрде ат минген дагы башка чабандес чыкты. Ага жер бетиндеги тынчтыкты бузуп, элдерди бири бири менен кырылыштыра тургандай кудурет берилди. Колуна чоң кылыч
карматылды. 5 Козу үчүнчү мөөрдү ачканда, үчүнчү
жаныбардын:
– Бери кел! – дегенин уктум.
Аңгыча тору атчан, колуна тараза кармаган бир
чабандес көрүндү. 6 Анан төрт жаныбардын
арасынан:
– Бир өлчөм арпаны бир күмүш теңге кыл, үч өлчөм таруу да бир күмүш теңге болсун, ал эми май менен шарапты кемитпе! – деп сүйлөгөн үндү уктум.
7 Козу төртүнчү мөөрдү ачканда, төртүнчү
жаныбардын:
– Бери кел! – дегенин уктум.
8 Аңгыча күңүрт жашыл түстөгү бир атты көрдүм. Аны мингендин аты Ажал экен, о дүйнө артынан калбай такымдап ээрчип алыптыр. Аларга жер жүзүндөгүлөрдүн төрттөн бирин кылыч менен кырып, ачарчылыктан өлтүрүп, жугуштуу ооруга чалдыктырып, жырткычтарга жем кылып жок кыла
ала тургандай кудурет берилди. 9 Козу бешинчи
мөөрдү ачканда, курмандык жайдын астынан Кудай Сөзүн күбөлөндүрүшкөнү үчүн
өлтүрүлгөндөрдүн жандарын көрдүм. 10 Алар:
– О ыйык жана акыйкаттуу Эгебиз, жер бетиндегилерди качан соттойсуң? Каныбызды төккөндөрдөн качан өч аласың? – деп, катуу үн менен кыйкырып жатышты.
11 Алардын ар бирине ак кийим берилип, алар сыяктуу өлтүрүлө турган башка кызматташ бoордошторунун саны жеткенче дагы бир аз
тынчтанып туруш керектиги айтылды. 12 Анан мен
Козунун алтынчы мөөрдү ачканын көрдүм. Ошол

маалда жер катуу силкинди. Күндүн бети аза күткөн
аялдын жоолугундай карарып, жарык бербей
калды. Ай толугу менен кочкул кандай кызарып
чыкты. 13 Катуу шамал силкилдетип, анжир
дарагынын бышпаган жемиштери ыргыган
сыяктуу, асмандагы жылдыздар да жерге кулап
түштү. 14 Асман түрмөктөй оролуп, жок болду.
Тоолор менен аралдардын баары ордунан жылып
кетти. 15 Анан жер бетиндеги падышалар, эл
бийлегендер, аскербашылар, байлар менен
кудуреттүүлөр, кулдар менен кул эместердин баары
үңкүрлөргө жана тоолордогу аска таштардын
арасына жашынышты. 16 Алар тоолор менен
аскаларга:
– Үстүбүзгө кулап, тактыда Олтургандын жүзүнөн
жана Козунун каарынан жашырып калгыла!
17 Анткени Алар каарын төгүп, жазалай турган улуу
күн келди. Ким ага туруштук бере алат? – дешти.

### Мөөр басылган жүз кырк төрт миң киши

7 Ушундан соң, төгөрөктүн төрт бурчунда турган
төрт периштени көрдүм. Алар жерге да,
деңизге да, эч бир даракка да тийбесин үчүн
төгөрөктүн төрт шамалын сокturбай кармап
турушту. 2 –3 Анан мен тирүү Кудайдын мөөрүн
алып күн чыгыш тараптан келе жаткан башка бир
периштени көрдүм. Ал жер менен деңизге зыян
келтирчү кудурет берилген төрт периштеге:
– Биз Кудайыбыздын кулдарынын чекелерине
мөөр баскыча жерге, деңизге жана эч кандай
даракка зыян кылбагыла, – деп катуу үн менен
кыйкырды.
4 Анан мен мөөр басылгандардын санын уктум:
Ысрайылдын урууларынан бардыгы болуп, жүз
кырк төрт миң адам экен.
5 Жүйүт уруусунан он эки миң кишиге,
Рубейин уруусунан он эки миң кишиге,
Гат уруусунан он эки миң кишиге,
6 Ашыр уруусунан он эки миң кишиге,
Напталы уруусунан он эки миң кишиге,
Манаш уруусунан он эки миң кишиге,
7 Шемон уруусунан он эки миң кишиге,
Леби уруусунан он эки миң кишиге,
Ысахар уруусунан он эки миң кишиге,
8 Забулун уруусунан он эки миң кишиге,
Жусуп уруусунан он эки миң кишиге,
Бенжамин уруусунан он эки миң кишиге мөөр
басылыптыр.

### Ак кийим кийген сан жеткис эл

9 Ушундан соң, такты менен Козунун алдынан эч
ким санай алгыс, санаса сан жеткис улуттардын,
уруулардын, элдердин жана ар тилде
сүйлөгөндөрдүн ар биринен чыккан, аппак кийим
кийинишкен, колдоруна пальма бутактарын
кармаган † көпчүлүктү көрдүм. 10 Алар катуу үн
менен:
– Бизди тактыда олтурган Кудайыбыз менен Козу
гана куткарып алды! – деп кыйкырып жатышты.
11 –12 Бардык периштелер тактынын,
аксакалдардын жана жаныбарлардын айланасында
турушту. Алар:
– Так ошондой! Алкыш-даңк, акылмандык,
ыраазычылык, урмат, кудурет жана күч-кубат
түбөлүктөн түбөлүккө Кудайыбызга таандык!
Оомийин! – деп тактынын алдына жүздөмөндөп
жыгылышып, Кудайга табынышты.
13 Анан аксакалдардын бирөөсү менден:
– Мына бул ак кийимчендер кимдер? Алар кайдан
келишти? – деп сурады.
14 Мен:
– Таксыр, аны сиз билесиз да, – дедим.
Ошондо ал мындай деди:
– Булар башынан азаптуу убакытты кечирип,
андан чыгып келишкендер. Кийимдери Козунун
каны менен жуулуп агаргандар.
15 Ошондуктан алар турат алдында
Кудайымдын хан тагынын, күн-түнү
Табынышып ийбадатканасында.
Ошондуктан так үстүндө Олтурган
Өз чатырын жаят алар үстүнө.
16 Эми алар ачка болбойт эч качан,
Эми алар сууну эңсеп чаңкашпайт.
Баштарынан күн да өтпөйт, ысыктан
Жабыркашпайт 17 анткени так үстүнөн,
Өмүр суунун булагына алып барып,
Козу Өзү жайып турат аларды.
Кудай аарчыйт ар бир аккан көз жашын. ††

### Жетинчи мөөр

8 Козу жетинчи мөөрдү ачканда, асманда
жарым сааттай жымжырттык боло түштү 2 да,
мен Кудайдын алдында турган жети периштени
көрдүм. Аларга жети сурнай берилди.
3 Анан колуна алтын чөйчөк кармаган дагы бир
периште келди да курмандык жайдын жанына
турду. Чөйчөккө толтуруу үчүн ага абдан көп жыпар
жыттуу заттар берилди. Ал муну бардык
ыйыктардын сыйынуулары менен кошо тактынын
алдындагы алтындан жасалган курмандык жайдын
жанына тартуу кылмак. 4 Ыйыктардын
сыйынуулары менен бирге жыпар жыттуу
заттардын түтүнү периштенин колунан Кудайга
көтөрүлдү. 5 Анан периште чөйчөктү алды да,
курмандык жайдагы күйүп жаткан чоктон толтура
салып туруп, жерге ыргытып жиберди. Ошондо күн
күркүрөп, чагылгандар чартылдап, жер титиреди.

### Төрт сурнайдын тартылышы

6 Анан сурнай кармаган жети периште сурнай
тартканга камынышты. 7 Биринчиси сурнайын
тартты эле, мөндүр менен от канга жуурулуп жерге

† *колдоруна пальма бутактарын кармаган * – Адамдардын Кудайдын куткарылуусун кубануу менен кабыл алганын билдирет. Жакан 12:13тү караңыз.* ††

жаады. Жердин, дарактардын үчтөн бир бөлүгү күйүп, өсүмдүктөрдүн баары өрттөнүп жок болду.

8 Экинчи периште сурнайын тартканда, күйүп жаткан чоң тоого окшогон нерсе деңизге ыргыды. Ошондо деңиздин үчтөн бири канга айланып, 9 деңиздеги жаныбарлардын үчтөн бири кырылды, кемелердин үчтөн бири талкаланды.

10 Үчүнчү периште сурнайын тартты эле, шаманадай жанган чоң жылдыз асмандан кулады. Ал дарыялардын үчтөн бирин жана булактардын башатын басып калды. 11 Жылдыздын аты «эрмен». Суулардын үчтөн бири ачуу даамданып калды. Көп эл ошол ачуу суудан өлүштү.

12 Төртүнчү периште сурнайын тартканда, үчтөн бир бөлүгү жарык бербей калсын үчүн күндүн, айдын, жылдыздардын үчтөн бир бөлүгүнө сокку урулду. Ошондо күндүзгү убакыттын үчтөн бир бөлүгү жана түнкү убакыттын үчтөн бири жарыксыз калды.

13 Анан асмандын кап ортосун жара учуп бараткан бир бүркүттү көрдүм жана анын добушун уктум. Ал катуу үн менен:

– Жакында дагы үч периште башка сурнайларды тартат. Алардын үнүнөн жердегилердин шору, шору, шору куруйт! – деп үн салып баратты.

### Бешинчи сурнайдын тартылышы

9 Бешинчи периште сурнайын тартты эле, асмандан жерге кулап түшкөн бир жылдызды көрдүм жана ага түпсүз туңгуюктун ачкычы берилди. 2 Туңгуюк ачылганда, эбегейсиз чоң мештен чыккандай түтүн булап чыкты. Күн менен асман туңгуюктагы түтүндөн караңгылады. 3 Түтүндүн ичинен жер бетине чегирткелер жаады жана аларга жерде жашаган чаяндардыкындай бир күч берилди. 4 Чегирткелерге чекесинде Кудайдын мөөрү жок адамдардан бөлөк эч нерсеге: жер бетиндеги чөп-чарларга, эч кандай өсүмдүк-дарактарга зыян кылбагыла деп айтылды. 5 Алар мөөр басылбагандарды өлтүрүүгө эмес, беш айдай кыйнаганга укук алышты. Бул чегирткелердин чакканынан адамдар чаяндын чакканындай кыйналышат. 6 Ошол күндөрдө адамдар өздөрүнө өлүм издешет, бирок аны эч таба алышпайт. Өлгүлөрү келет, бирок өлүм алардан качат.

7 Чегирткелердин көрүнүшү согушка тапталган аттарга окшош эле. Алар алтын таажыга окшогон бирдемени башына кийип алышыптыр. Беттери адамдардыкына окшош, 8 чачтары аялдардыкындай, тиштери арстандыкындай, 9 төштөрүнө тагынгандары темирден жасалган сооттой экен. Канаттарын какканда, көптөгөн аттар менен майдан арабалар согушка кирип бараткандай добуш чыгып турат экен. 10 Куйруктары, чага турган ийнелери чаяндардыкындай эле. Алар куйруктары менен адамдарды беш айча оорута алышат экен. 11 Туңгуюкка бийлик кылган периште аларды падыша сыяктуу башкарып турду. Анын аты эврейче Абадон, грекче Аполион. †

12 Биринчи кайгы өтүп кетти. Мына, анын артынан келе турган дагы эки кайгы бар.

### Алтынчы сурнайдын тартылышы

13 Алтынчы периште сурнайын тартканда, Кудайдын алдында турган алтындан жасалган курмандык жайдын төрт бурчунун төрт мүйүзүнөн чыккан үндү уктум. 14 Ал үн колунда сурнайы бар алты периштеге:

– Улуу Эфрат дарыясынын боюнда байланган төрт периштени бошот, – деди.

15 Анан так ушул саат, так ушул күн, так ушул жыл үчүн камдалып даяр турган төрт периште адамзаттын үчтөн бир бөлүгүн кырыу үчүн коё берилди. 16 Атчан кошуундун саны эки жүз миллион эле. Мен алардын саны канча экенин уктум. 17 Аянымда көргөн аттар менен чабандестердин көрүнүшү мындай эле. Чабандестердин сооту оттой кызыл, сапфирдей көк жана күкүрттөй сары экен. Аттардын баштары арстандыкына окшош, ооздорунан от, түтүн, күкүрт чыгып турду. 18 Алардын ооздорунан чыккан ушул үч балээден: от, түтүн жана күкүрттөн адамзаттын үчтөн бири набыт болду. 19 Анткени алардын күчү оозу менен куйругунда болчу. Себеби алардын куйруктары жылан сыяктуу болуп, баштары да бар эле. Ошонусу менен алар адамдарга зыян келтирип жатышты.

20 Ушул балээден өлбөй аман калган адамдар кылган жаман иштери үчүн өкүнүп, ниеттерин өзгөртүшкөн жок. Жиндерге кызмат кылганын, алтындан, күмүштөн, жезден, таштан, жыгачтан жасалган, көрө да, уга да, баса да албаган жалган кудайларга табынганын токтотушпады. 21 Ошондой эле киши өлтүргөнүнө, сыйкырчылык, ойноштук жана уурулук кылганына өкүнүп, ниеттерин өзгөрткөн жок.

### Периште жана кичинекей түрмөкчө

10 Анан мен асмандан түшүп келе жаткан дагы бир күчтүү периштени көрдүм. Периште булуттарга оронуп, башынын үстүндө асан-үсөн тартылып турду. Жүзү күндөй жаркырап, буттары оттуу тирөөчтөрдөй эле. 2 Колуна жайылган бир түрмөкчөнү кармап турду. Оң бутун деңизге, сол бутун жерге коюп, 3 арстандай катуу күркүрөдү. Күркүрөгөндө, жети күн күркүрөө өз үндөрү менен сүйлөп жиберишти. 4 Жети күн күркүрөө сүйлөгөндө, мен жазганга камындым. Бирок асмандан:

– Жети күн күркүрөөнүн айткандарын жашыр, аларды жазба! – деген үндү уктум.

5 Анан деңиз менен жерде турган, баягы мен көргөн периште оң колун асманга көтөрүп:

†

– [6] –7 Бүттү, күтүүгө убакыт жок! Жетинчи периште
сурнайын тарта турган убак жакындаган күндөрдө
Кудай Өз кулдарына, башкача айтканда,
пайгамбарларына айтып кеткен Өзүнүн жашырын
сырын аткарып, аягына чыгарат, – деп асманды
жана асмандагыларды, жерди жана жердегилерди,
деңизди жана деңиздегилерди жараткан,
түбөлүктөн түбөлүккө жашай берүүчү Кудайдын
атын оозанып ант берди.
[8] Анан баягы, мага асмандан угулган үн:
– Баргын да жер менен деңизде турган
периштенин колундагы жайылган түрмөкчөнү
алгын! – деп, кайрадан сүйлөдү.
[9] Мен барып, периштеден түрмөкчөнү берүүсүн
сурадым. Периште:
– Ал да жегин, ичиңе киргенде ачуу, бирок оозуңа
салганда балдай таттуу болот, – деди.
[10] Мен алдым да жедим. Оозума салганымда, ал
балдай таттуу, жутканымда ичимде абдан ачуу
болду. [11] Анан мага:
– Сен көптөгөн элдер, улуттар, падышалар жана
ар кандай тилде сүйлөгөндөр жөнүндөгү
пайгамбарчылык сөздү кайрадан жарыялоого
тийишсиң, – деген сөз айтылды.

### Эки күбө

11 Мага таяк сыяктуу өлчөгүч берилди да:
– Тур да, Кудайдын ийбадатканасы менен
курмандык жайды өлчөп, анда ийбадат кылып
жаткандардын эсебин алып кел. [2] Бирок
ийбадаткананын сырткы короосун эсептен
чыгарып сал, аны өлчөбө. Анткени ал башка
улуттагыларга берилген, алар ыйык шаарды үч
жарым жылдай тебелеп-тепсешет. [3] Анан мен эки
күбөмдү дайындайм, алар азалуу кара кийим
кийип, бир миң эки жүз алтымыш күн
пайгамбарчылык кылышат, – деген сөз айтылды.
[4] Жер жүзүнүн Эгесинин алдында турган эки
зайтун дарагы менен эки шамдал – ушулар. [5] Кимде
ким күбөлөрүнө зыян кылам десе, алардын
оозунан от чыгып, касташкандарын жалмап
таштайт. Күбөлөрүнө зыян келтирем деген ар бир
адам ушундайча өлтүрүлөт. [6] Пайгамбарчылык
кылып жаткан мезгилде тып эткен тамчы
тамбагандай кылып, асманды жаап сала алышат.
Сууну канга айландырууга, каалаган кезде жер
бетине ар кандай ооруларды каптатууга
кудуреттери жетет.
[7] Кудайдын кабарын айтып бүтүшкөндө, түпсүз
туңгуюктан чыгуучу жырткыч келип, аларга сокку
уруп, жеңип, өлтүрөт. [8] Алардын өлүгү өтмө
маанисинде «Содом» же «Мисир» деп аталган улуу
шаардын ортосунда жатат. Алардын Эгеси да ошол
шаарда айкаш жыгачка кадалган. [9] Ар кандай
элдердин, уруулардын, улуттардын жана ар
тилдерде сүйлөгөндөрдүн баарынан чыккан
адамдар үч жарым күн бою алардын сөөгүн карап,
көргө койдурбай коюшат. [10] Жер бетинде
жашагандар алардын өлгөнүнө кубанып,
шаттанышат, бири бирине белек жөнөтүшөт,
анткени бул эки пайгамбар аларды абдан кыйнап
жиберген. [11] Бирок үч жарым күндөн кийин аларга
Кудайдын деми кирип, бутуна турушат.
Көргөндөрдүн жүрөгү түшөт. [12] Анан алар асмандан:
«Бери чыгып келгиле!» – деген катуу үндү угушат
да, душмандарынын көз алдында булуттун
кучагында асманга чыгып кетишет. [13] Ошол замат
катуу жер титирөө болуп, шаардын ондон бири
кыйрап калат. Жети миңдей адам өлүп, аман
калгандарын коркунуч каптап, көктүн Кудайын
даңкташат.
[14] Ошентип, экинчи кайгы өтүп кетти, эми
жакынкы аралыкта үчүнчүсү келиш керек.

### Жетинчи сурнай

[15] Жетинчи периште сурнайын тартып
жибергенде, асмандан:
– Бул дүйнөнүн бийлиги
Өттү эми колуна
Эгебиздин жана да
Анын Машаягынын.
Эми Ал түбөлүккө
Өз өкүмүн жүргүзөт! –
деген катуу үндөр чыкты.
[16] Анан Кудайдын маңдайындагы тактыларда
олтурушкан жыйырма төрт аксакал жүздөмөндөп
жыгылышып, Кудайга табынышты. [17] Алар:
– Бар болгон азыр дагы, мурда дагы,
Кудуреттүү Кудай Эге! Рахмат Сага!
Сен улуу кудуретиңди колго алып,
Баштадың падышалык бийлигиңди.
[18] Башка элдер кыжырланып, Сен каардандың.
Өлгөндөрдү соттой турган мезгил жетти.
Пайгамбар, кулдарың да, ыйык эли?,
Атыңды кастарлаган ар бир адам,
Атактуу, карапайым – бүт бардыгы
Тиешесин ала турган мезгил келди.
Жериңди куруткандар эми өздөрү
Колуңдан апат болор убак келди, –
дешти.
[19] Анан асмандагы Кудайдын ийбадатканасы
ачылды да, ичинен Кудайдын келишим сандыгы
көрүндү. Ошондо чагылгандар чартылдап, күн
күркүрөп, жер титиреп, катуу добул жүрдү.

### Аял жана ажыдаар

12 Асманда укмуштуудай бир нерсе пайда
болду: өзү күнгө оронуп, бутун айдын үстүнө
коюп, он эки жылдызды таажы катары кийип алган
бир аял көрүндү. [2] Анын төрөй турган маалы келип,
толгоо тарткандыктан катуу кыйналып кыйкырып
жатты. [3] Анан асманда дагы башка нерсе пайда
болду: жети баштуу, он мүйүздүү, баштарына жети
кичине таажы кийген зор кызыл ажыдаар көрүндү.
[4] Анын куйругу асмандагы жылдыздардын үчтөн

бирин жерге шыпырып түшүрдү. Төрөөр замат
баласын жалмап салууга даяр болуп, ал баягы
толгоо тартып жаткан аялдын маңдайында турду.
5 Аял бүт улуттардын үстүнөн темирдей катуу
бийлик орното турган эркек бала төрөдү. Ошол
замат ал Кудайга жана Анын тактысына
жеткирилди. 6 Бул аял бир миң эки жүз алтымыш
күн бою кароодо болсун деп Кудай ал үчүн атайын
даярдап койгон ээн талаадагы жайга качып кетти.
7 Анан асманда согуш болду. Михаэл менен анын
периштелери ажыдаарга каршы, ажыдаар менен
анын периштелери Михаэлге каршы согушту.
8 Бирок ажыдаар менен анын периштелери
жеңилип, асмандагы ээлеген ордунан ажырап
калышты. 9 Ошентип, баягы зор ажыдаар жерге
кулатылды. Бүт адамзатты оң жолдон адаштырган
ибилис же шайтан аталган эзелки жылан ушул. Ал
өзү да, аны менен кошо жанындагы периштелери
да жерге ыргытылды. 10 Анан мен асмандан бир
кыйкырган үндү уктум:

– Кудайыбыз кудуреттүү! Кудайыбыз – жеңүүчү!
Эми Өзү башкарат бардыгын Ал, тургузуп
Машайактын бийлигин. Ыргытылды анткени
Биздин боордошторду айыптаган жалганчы,
Күнү-түнү ушактап, барып Кудай алдына.
11 Алар аны жеңишти каны менен Козунун,
Кудайымдын кабарын күбө болуп айтышып,
Тике карап өлүмгө, аябастан жандарын.
12 Эми, асман, кубангын!
Сүйүнгүлө, асмандын жашагандар алдында!
Куруйт эми шоруңар,
Жер үстүндө болгондор, жашагандар деңизде!
Түшүп кетти силерге убактысы аз калган,
Муну билип жинденген, ызырынган ибилис.

13 Ажыдаар жер бетине ыргытылганын көргөн
соң, эркек бала төрөгөн баягы аялды куугунтукка
ала баштады. 14 Аял ээн талаага учуп кете алсын
үчүн, ага чоң бүркүттүн эки канаты берилди. Ошол
жерде ага үч жарым жыл жыландын көзүнөн
далдаада камкордук көрүлмөк. 15 Ошондо жылан
чөктүрүп ийиш үчүн дарыядай сууну аялдын
артынан бүркүп жиберди. 16 Бирок жер койнун
ачып, ажыдаардын оозунан бүркүлгөн дарыяны
соруп алып, аялга жардам кылды. 17 Ажыдаар аялга
жинденип, анын баласынан башка тукумдарына
согуш ачуу үчүн кайтып кетти. Аялдын тукумдары
болсо – бул Кудайдын осуяттарына баш ийип, Ыйса
жар салган акыйкаттан тайбагандар. 18 Ошентип,
ажыдаар деңиздин жээгиндеги кумда турду.

### Деңизден чыккан жырткыч

13 Анан мен деңизден чыгып келе жаткан он
мүйүздүү, жети баштуу бир жырткычты
көрдүм. Он мүйүзүнө кичинекей таажы кийген,
жети башынын ар биринде Кудайды сөккөн аттар
бар эле. 2 Мен көргөн жырткыч көрүнүшү
илбирстей, бирок буттары аюунукундай, оозу
арстандыкындай эле. Баягы ажыдаар бул
жырткычка өзүнүн күчүн, тактысын жана зор
бийлигин өткөрүп берди. 3 Жырткычтын бир башы
өлөрчө жарадар болгондой көрүндү, бирок
жарааты кайра айыгып кетти. Дүйнө жүзүнүн
баары таңгалып, жырткычтын артынан ээрчип
жөнөдү. 4 Жырткычка бийлик бергендиги үчүн
адамдар ажыдаарга табынып киришти. «Ким бул
жырткычка теңеле алат? Ким аны менен согуша
алат?» дешип, жырткычка да табына башташты.
5 Анан жырткычка Кудайга акарат келтирип, чоң
сүйлөгөнгө сөз берилди. Үч жарым жыл бою
башкара турган бийлик берилди. 6 Жырткыч
Кудайга акарат айтуу үчүн, Анын атына, Анын
турган жайына жана асманда жашагандарга тил
тийгизүү үчүн оозун ачты. 7 Ыйыктарга каршы
согуш ачып, аларды жеңгенге кудурет берилди. Ар
кандай уруулардын, элдердин, улуттардын жана ар
тилде сүйлөгөндөрдүн баарын башкарууга бийлик
берилди. 8 Жер жүзүнүн бардык жашоочулары –
дүйнө түгөл жаратылгандан тартып өлтүрүлгөндөр
жана Козуга таандык болгон өмүр китебинде
аттары жазылбагандар ага кызмат кылышат.
9 Кимдин кулагы болсо, уксун.
10 «Кимге туткун буюрса,
Ал туткунга алынат.
Кимге кылыч буюрса,
Ажал табат кылычтан».
Бул Кудайдын ыйыктары чыдамдуу жана
ишенимдүү болушу керек дегенди билдирет.

### Жерден чыккан жырткыч

11 Анан мен жерден чыгып келе жаткан дагы
башка бир жырткычты көрдүм. Анын козунукундай
эки мүйүзү бар экен, бирок ал ажыдаардай сүйлөдү.
12 Ал биринчи жырткыч үчүн анын бардык
бийлигин колдонуп, бүт жер жүзүн жана анда
жашагандарды өлөрчө жарадар болуп, бирок
айыгып калган баягы биринчи жырткычка
табындырды. 13 Ал улуу жана кереметтүү
жышаандарды көрсөтүп, ал тургай бардык
адамдардын алдында асмандан от чыгарып, жерге
түшүрдү. 14 Биринчи жырткычтын алдында
көрсөтүүгө уруксат кылынган жышаандар менен
жер бетинде жашагандардын баарын алдады.
Кылычтан жараат алып, бирок аман калган баягы
жырткычтын урматына эстелик тургузулсун деп
элдерге буйрук берди. 15 Экинчи жырткычка бийлик
берилип, ал эстеликке жан салды да аны сүйлөй
турган кылды. Анан эстеликке табынбагандарды
өлтүрттү. 16 Ошондой эле ал атактуу-карапайым,
бай-кедей, кул-эркин дебей, баарын, оң колуна же
чекесине белги койдуртууга мажбур кылды. 17 Бул
белги болмоюн эч ким соода-сатык жүргүзө албай
калды. Ал белги болсо баягы жырткычтын аты же
анын атын билдирген сан эле. 18 Муну түшүнүү үчүн
кыраакылык керек. Ким акылдуу болсо,
жырткычтын санын түшүнүп алсын, анткени бул
адамдык сан. Анын саны алты жүз алтымыш алты.

### Козу жана жүз кырк төрт миң киши

14 Мындан кийин Сион тоосунда турган баягы
Козуну көрдүм. Жанында чекелерине Козунун
жана Анын Атасынын аты жазылган жүз кырк төрт
миң киши туруптур.
2 Ошондо асмандан деңиздин күүлдөгөнүндөй,
күндүн күркүрөгөнүндөй үн угулду. Бул үн көптөгөн
арфачылар арфада ойноп жаткандай эле. 3 Алар
тактынын, төрт жаныбардын жана аксакалдардын
алдында жаңы ыр ырдашты. Ал ырды куну төлөнүп,
дүйнөдөгүлөрдүн арасынан куткарылып алынган
жүз кырк төрт миң кишиден башка эч ким үйрөнө
албады. 4 Булар өзүлөрүн аялдар менен булгабай,
пакиза бойдон калган адамдар. Козу кайда барса,
артынан баргандар. Булар адамдардын арасынан
куткарылып, алгачкы түшүм катарында Кудайга
жана Козуга тартуулангандар. 5 Булардын сөзүнөн
калп табылбады, себеп дегенде булар эч
кынтыксыз адамдар.

### Үч периште

6 Анан мен асмандын кап ортосун жара бөлүп
учуп бара жаткан бир периштени көрдүм. Ал жер
бетинде жашаган ар кандай улуттардын,
уруулардын, элдердин жана ар тилде
сүйлөгөндөрдүн баарына жарыялай турган
түбөлүктүү Жакшы Кабарды алып учуп баратты.
7 Ал катуу үн менен:
– Кудайдан корккула жана Аны даңктагыла! Анын
сурак сааты келди. Асман-жерди, деңизди жана суу
башаттарын жараткан Кудайга табынгыла! – деп
кыйкырып баратты.
8 Анын артынан бараткан экинчи периште:
– Кыйрады! Улуу Бабыл кыйрады! Ал чектен
ашкан бузукулугун шарап сыяктуу бардык
калктарга ичирди! – деди.
9 Анын артынан бараткан үчүнчү периште болсо:
– Кимде ким жырткыч менен анын эстелигине
табынса, чекесине же колуна анын белгисин кабыл
алса, 10 анда ал Кудайдын каар чөйчөгүндө
даярдалган, Анын жаалынын ачуу шарабын ичет.
Алоолонгон күкүрттүн ичине салынып, ыйык
периштелер менен Козунун алдында азап тартат.
11 Алардын тарткан азабынан чыккан түтүн
түбөлүктөн түбөлүккө өчпөйт. Жырткыч менен
анын эстелигине табынгандарга жана анын
атынын белгисин кабыл алгандарга күнү-түнү
тыным болбойт! – деп кыйкырып баратты.
12 Бул Кудайдын осуяттарын аткарып, Ыйсага
ишенимдүү бойдон калган ыйыктар үчүн чоң
чыдамкайлык керек дегенди билдирет. 13 Анан мен
асмандан бирөөнүн:
– Жаз! Мындан ары Эгебиз менен тыгыз
мамиледе жүрүп көз жумгандар бактылуу! –
дегенин уктум.
– Ооба, – дейт Ыйык Рух, – алар тарткан
мээнеттеринен эс алышат, анткени алардын
жакшы иштери аркасынан барат.

### Жер бетиндеги оруп-жыюу

14 Анан аппак булутту көрдүм. Булуттун үстүндө
алтын таажы кийип, колуна курч орок кармап,
Адам Уулуна † окшогон бирөө олтуруптур. 15 Анан
асмандагы ыйбадатканадан башка бир периште
чыга келди да, булутта Олтурганга катуу үн менен
кайрылып:
– Орогуңду ал да ор, анткени оруу-жыюу маалы
келип, жер бетиндеги түшүм бышып жетилди, –
деди.
16 Анан булуттун үстүндө Олтурган оруш үчүн
барды эле, жердеги түшүм орулуп калды.
17 Асмандагы ыйбадатканадан дагы бир периште
чыкты. Анын да колунда курч орогу бар экен.
18 Оттун үстүнөн бийлиги бар дагы бир башка
периште курмандык жайдан чыга келди да, курч
орогу барга:
– Курч орогуңду жер жүзүнө шилтеп, жүзүм
шиңгилдерин оруп чогулткун, анткени алар
бышып калды, – деди үнүн катуу чыгарып.
19 Периште орогун шилтеп, жердеги жүзүм
шиңгилдерин чогултту да, аларды Кудайдын
каарынын зор жүзүм сыккычына ыргытты. 20 Жүзүм
шиңгилдери шаардын сыртында тепсендиде
калышты, жүзүм сыккычтан кан агып чыгып,
тереңдиги аттын жүгөнүнө чейин жетип, үч жүз
чакырым жерди каптады.

### Жети кырсыкты чакырган жети периште

15 Анан асмандан дагы бир улуу жана укмуш
нерсени көрдүм: акыркы жети кырсыкты
кармап жети периште туруптур. (Акыркы
дегенимдин себеби, ушуну менен Кудайдын каары
аягына чыкмакчы.)
2 Андан кийин от аралашкандай болуп көрүнгөн
айнек деңизди көрдүм. Ошол айнек деңиздин
жээгинде Кудайдан алган арфаларын кармап,
жырткычты, анын эстелигин жана атынын санын
жеңгендер 3 Кудайдын кулу Мусанын жана Козунун
ырын ырдап туруштү:
– О, кудуреттүү биздин Кудай Эгебиз,
Кандай улуу, кандай укмуш иштериң!
О, элдердин Падышасы! Чынында
Адилеттүү, акыйкаттуу жолдоруң!
4 О, Эгебиз, барбы Сенден коркпогон?
Барбы Сенин даңктабаган ысмыңды?
Анткени Сен жалгыз Өзүң ыйыксың!
Айкын болду Сенин адил иштериң.
Эми бардык элдер келип алдыңа,
Жүзтөмөндөп, табынышат бардыгы.
5 Ушундан соң, мен асмандагы касиеттүү
чатырдын эң ыйык жери ачылганын көрдүм.

---

†

[6] Таптаза, жалтылдаган зыгыр кездемеден кийим
кийинип, алтын кемер курчанган жети периште
жети кырсыкты көтөрүп, ошол эң ыйык жерден
чыкты. [7] Ошондо төрт жаныбардын бирөөсү аларга
түбөлүктөн түбөлүккө жашаган Кудайдын каары
толгон жети алтын идиш берди. [8] Эң ыйык жердин
ичи Кудайдын улуулугу менен кудуретинен чыккан
түтүнгө толуп чыкты. Жети периштенин жети
кырсыгы бүткөнчө, эң ыйык жерге эч ким кире
албады.

### Кудайдын жети идиштеги каары

16 Анан мен эң ыйык жерден жети периштеге
карата айтылган катуу үндү уктум.
– Бар! Кудайдын жети идиштеги каарын жер
үстүнө төгүп жибер! – деди ошол үн.
[2] Биринчи периште барды да, идиштегини
жердин үстүнө төгүп жиберди. Жердегилердин
жырткычтын белгисин алып, анын эстелигине
табынгандарынын денелерине жийиркеничтүү,
ооруткан жаралар чыкты.
[3] Экинчи периште идишиндегини деңизге төктү
эле, деңиз өлгөн адамдын канындай болуп, анда
жашагандын баары өлдү. [4] Үчүнчү периште
идишиндегини дарыялар менен суу башаттарына
төктү. Суунун баары канга айланып кетти. [5] –6 Анан
мен суулардын периштесинин:
– Бар болгон азыр дагы, мурда дагы,
О, ыйык Кудайым, Сен акыйкатсың!
Ыйыктар, пайгамбарлар канын төккөн
Адамдарга адилеттүү өкүмүңдү
Чыгарып, аларга Сен кан ичирдиң,
Анткени алар буга татыктуу эле, –
дегенин уктум. [7] Ошондо курмандык жайдан:
– Ооба, Кудуреттүү Кудай Эге,
Өкүмүң акыйкат да, адилет да! –
деп кыйкырган үндү уктум.
[8] Төртүнчү периште идишиндегини күндүн бетине
төгүп жиберди эле, күнгө адамдарды жалыны
менен күйгүзүп жибере ала турган күч берилди.
[9] Мээ кайнаткан күндүн табы адамдарды
куйкалаганда, алар ушул кырсыктардын үстүнөн
бийлиги бар Кудайдын атына тил тийгизишти.
Кудайга мактоо айтуу үчүн ниеттерин
өзгөртүшпөдү.
[10] Бешинчи периште идишиндегини жырткычтын
тактысына төгүп жиберди эле, анын падышалыгы
караңгылыкка чулганды. Адамдар жаны
кыйналгандан тилдерин чайнашып, [11] оорудан,
жараларынан улам көктүн Кудайына тил тийгизип,
Ага акарат айтышты. Кылган иштерине өкүнүп,
ниеттерин өзгөртүшпөдү.
[12] Алтынчы периште идишиндегини улуу Эфрат
дарыясына төктү. Күн чыгыш падышаларынын
басар жолун ачуу үчүн Эфраттын суусу кургап
калды. [13] Анан ажыдаардын, жырткычтын жана
жалган пайгамбардын † ооздорунан чыккан, бакага
окшош үч кара күчтү көрдүм. [14] Алар кереметтүү
белгилерди көрсөтүүчү жиндер эле. Булар дүйнө
жүзүндөгү падышалардын баарына барып, аларды
кудуреттүү Кудайдын улуу күнүндөгү согушка
чогултушту.

### Машаяк эскертет

[15] «Сак болгула, мен ууру сымал барам! Жылаңач
калып, уяты көрүнүп калбоо үчүн уктабай, сергек
болуп, кийимдерин даяр алып жүргөндөр
бактылуу».

### Улуу шаар Бабылдын кулашы

[16] Анан эврейче Армагедон аталган жерге алар
падышаларды чогултушту.
[17] Жетинчи периште идишиндегини абага төгүп
жиберди эле, эң ыйык жердеги тактыдан:
– Аткарылды! – деген катуу үн чыкты.
[18] Чагылгандар чартылдап, күн күркүрөп, жер
катуу титиреди. Мындай жер титирөө жер бетине
адам жашай баштагандан бери болуп көрбөгөн.
Жер ушунчалык катуу титиреди. [19] Улуу шаар үчкө
бөлүнүп, мамлекеттердин шаарлары кыйрады.
Кудай улуу Бабылды эсине түшүрүп, ачуусу менен
каарынын шарабына толгон чөйчөктү ага ичирди.
[20] Аралдар менен тоолор жок болду. [21] Асмандан
адамдарга ар бири жүз кадактай чоң мөндүр
жаады. Мөндүрдөн алган жарааттары үчүн алар
Кудайды сөгүштү. Анткени алардын жарааттары
абдан оор эле.

### Жырткыч минген аял

17 Жети идиши бар жети периштенин бири
мага келип:
– Бери кел, көп суулардын үстүндө олтурган уятсыз
сойкунун жазасын көрсөтөйүн. [2] Жер бетиндеги
падышалар бу сойку менен бузукулукка барышты.
Жер үстүндө жашагандар да анын шарабын
ичишип, мас болушуп, аны менен бузукулук
кылышты.
[3] Анан бүт дүйнөмдү Кудайдын Руху бийлеп алды
да периште мени ээн талаага алып барды.
Талаадан бүткөн боюн Кудайды сөккөн сөздөр
баскан, жети баштуу, он мүйүздүү кыпкызыл
жырткычты минип олтурган бир аялды көрдүм.
[4] Аял кочкул кызыл жана ачык кызыл кийим
кийинип, алтын, кымбат баалуу асыл таш,
берметтер менен жасалгаланып, жалтылдап турду.
Ал бузукулугу менен арамдыгы толгон алтын
чөйчөктү колуна кармап алыптыр. [5] Чекесинде
болсо: «Улуу Бабыл – жер бетиндеги сойкулар
менен арамдыктардын энеси», – деп анын аты
жашырын белги менен жазылуу экен. [6] Мен аялдын
Ыйса үчүн жанын кыйган ыйыктардын канын ичип
алып, мас болуп турганын көрдүм. Көргөнүмдө,
абдан таң калдым. [7] Анан периште мага:

†

– Эмнеге таңгалдың? Аял менен ал минген жети
баш, он мүйүздүү жырткычтын сырын мен сага
ачып берем. 8 Сен көргөн жырткыч бир убакта
жашаган, азыр болсо жок. Ал жакында туңгуюктан
чыгып келет да, түбөлүк ойрон болор жагына кетет.
Дүйнө жаратылгандан бери өмүр китебине аттары
жазылбаган жердиктер жырткычты көргөндө,
абдан таң калышат, анткени ал бир кезде жашаган,
азыр болсо жок, бирок кайра келет. 9 Буларды
түшүнүү үчүн акылмандык керек. Жети баш – бул
аял олтурган жети дөбө менен жети падыша.
10 Алардын бешөөсү кулады, бирөөсү азыр бар,
жетинчиси али келе элек. Бирок келгенде көпкө
болбойт. 11 Бир кезде жашаган, азыр жок жырткыч –
сегизинчи падыша. Ал жанагы жетөөнүн дагы
бири. Ал түбөлүк куурай турган жагына кетет. 12 Сен
көргөн он мүйүз он падышаны билдирет, бирок
алар али такка отуруша элек. Алар жырткыч менен
бирге такка олтурушканда, бир аз эле бийлик
кылганга үлгүрүшөт. 13 Алардын мүдөөсү бир болот
жана күч-кудурети менен бийлигин жырткычка
өткөрүп беришет. 14 Алар Козуга каршы согуш
ачышат. Бирок Козу аларды жеңет, анткени Ал
эгедерлердин Эгедери, падышалардын Падышасы.
Козу менен чогуу Анын тандап, Өзүнө чакырып
алган ишенимдүү адамдары да согушат, – деди.
15 Анан периште мага дагы мындай деди:
– Сойку олтурган суулар – бул элдер, калктар,
улуттар жана ар тилде сүйлөгөндөр. 16 Сен көргөн
жырткыч он мүйүзү менен чогуу сойкуну жектешет.
Колундагынын баарын тартып алышып, өзүн
жылаңач калтырышат. Этин жеп, өзүн отко
ыргытышат. 17 Анткени Кудай Өз максатын аткартуу
үчүн алардын ниетине бир мүдөөнү салып койгон
болчу. Ошондуктан алар бийликтерин жырткычка
өткөрүп беришти. Кудайдын сөзү толук аткарылып
бүткүчө алар жырткычтын жетегинде болушат.
18 Сен көргөн аял болсо жердеги падышалардын
үстүнөн бийлик кылып турган улуу шаар.

### Улуу шаар Бабылдын кыйрашы

18 Ушундан соң, көктөн түшүп келе жаткан, улуу
бийлиги бар дагы башка периштени көрдүм.
Анын шаң-салтанатынан жер жүзү жаркырап кетти.
2 Ал катуу үн менен:
– Кыйрады ал, улуу Бабыл кыйрады!
Ал жиндердин турагына айланды,
Арам рухтар конушуна,
Жексур жырткыч ийинине,
Жийиркеничтүү канаттуулар
Уясына айланды.
3 Анткени ал азгындыгын өзүнүн
Сунуп жатты ачуу шарап сыяктуу,
Бүт элдерди мас кылды да дүйнөнүн
Падышаларын бузуктукка батырды.
Ашып-ташкан молдугунан көпөстөр,
Шаң-салтанат турмушунан байышты, –
деди. 4 Анан асмандан мындай деген башка бир
үндү уктум:
– Чыгып кеткин андан, элим, чыгып кет,
Болбой эле кой күнөөсүнө ортоктош,
Кабылбагын ал туш болор балээге!
5 Көккө жетти анын толгон күнөөсү,
Кылмыштары түштү Кудай эсине.
6 Андан көргөн жамандыгын кайтарып,
Эми өзүнө кыянаттык кылгыла,
Жоругуна, жосунуна жараша
Тиешесин эки эселеп бергиле.
Эки эсе ачуусунан шараптын
Даяр кылып, чөйчөгүнө куйгула.
7 Мурда канча сыймыктанып, мактанса,
Байлыгына маашыркаса канчалык,
Эми ошонун бардыгына жараша,
Азаптарга, кайгыларга салгыла.
Ал ичинен али дагы мындай дейт:
«Мен – ханышамын, тактысында олтурган,
Боздогондой жесир аял эмесмин».
8 Ошондуктан бир заматта балээлер
Басып калып, илдеттерден кырылат
Көп адамдар. Ачарчылык, кайгыга
Кабылат ал, отко өрттөлөт, анткени
Соттоп жаткан Кудай Эге кудуреттүү.
9 Сойкуга кошулуп алып бузукулук кылган, анын
байлыгы менен жыргаган жер үстүндөгү
падышалар тигинин өртүнөн чыккан түтүндү
көргөндө, аны жоктоп боздоп ыйлашат.
10 Кыйналып жатканын көрүп, жандары чыгып,
алыста туруп:
«О, кокуй күн, каран күн! Эмне болду,
Улуу шаар, бекем калаа Бабыл, сага?!
Бир паста жазаланып калдыңбы сен?!» –
деп үн салышат.
11 –13 Жердеги соодагерлер да аны карап алып,
боздоп ыйлашат, анткени алардын алтын-күмүш
буюмдарын, асыл таштары менен берметтерин,
кымбат баалуу кездемелери менен маталарын,
жибектен жасалган кыпкызыл кийимдерин, жыпар
жыттуу жыгачтарын, пилдин сөөгүнөн, кымбат
баалуу жыгачтан, жезден, темирден, мармардан
жасалган буюмдарын, атырлары менен эндик-
упаларын, мүр жана ладан аталган жыпар жыттуу
заттарын, шараптары менен майларын, ундары
менен буудайларын, малдары менен койлорун,
аттары менен арабаларын, адамдардын денелери
менен жандарын мындан ары эч ким сатып албай
калат.
14 Жаның эңсеп, каалаган
Буюмдардан куру калдың,
Дөөлөттөрүң, байлыгың
Түбү менен жок болду,
Издесең да, аларды
Таба албайсың эми сен.
15 Ушунун баары менен соода жүргүзүп, байып
алышкандар анын тартып жаткан азабынан
коркушуп, алыста туруп алып:

16 «О кокуй күн, каран күн!
Кымбат баалуу кийимчен,
Кызыл шайы көйнөкчөн,
Алтын, жакут, берметиң
Жаркылдаган улуу шаар!
17 Ушунча көп байлыгың
Заматта ойрон болдубу?!» –
деп боздошот.
Кеме башчылары, кемечилер, кемедегилер жана
деңиздин аркасы менен акча тапкандардын баары
алыстан карап турушат. 18 Алар шаардын күйүп,
түтөп жатканын көрүшкөндө: «Ушул улуу шаардай
шаар бар беле?» – дешип боздошот. 19 Баштарына
күл чачып, боздоп ыйлап:
«О кокуй күн, каран күн! О, улуу шаар!
Кемелүүнүн бардыгы көргөн эле
Байлыгыңдын үзүрүн. Кайда алар?
Аңырайып, бош калдың бир заматта.
20 О, асман, муну көрүп, сен кубангын!
Ыйыктар, элчилер, пайгамбарлар –
Баарыңар кубангыла! Силер үчүн
Сазайын ушул шаардын Кудай берди», –
дешет.
21 Анан бир күчтүү периште тегирмен ташындай
болгон чоң ташты алып, деңизге ыргытты да:
– Мына ушундай күч менен
Ыргытылат, ташталат
Улуу калаа Бабыл да,
Тура албайт ал экинчи
22 Арфа менен ырчынын,
Чоор менен сурнайдын
Сенден чыкпайт үндөрү.
Өнөрпоз да, уста да
Болбой калат сенде эми.
Тегирмендин үнү да
Калат эми угулбай
23 Жанган чырак жарыгы
Мындан ары көрүнбөйт.
Күйөө менен колукту
Үндөрү да угулбайт.
Көпөстөрүң анткени
Эң мыкты эле дүйнөдө,
Анткени сыйкырчылыгың
Бардык элди алдады.
24 Пайгамбарлар, ыйыктар,
Бүтүндөй жер жүзүндө
Өлтүрүлгөн адамдар
Канына забын ушул шаар, –
деди.

### Кудайга даңк

19 Ушундан соң, асмандан көптөгөн адамдар
айгайлагандай бир үндүн:
– Эгебизди мактагыла! †
Бизди Кудай куткарды!
Ага таандык урмат-сый,
Шаң-салтанат, кудурет!
2 Анткени Анын соттору
Чындык жана адилет!
Анткени Ал соттоду
Бүт жер жүзүн булгаган,
Бузуктугу ашынган
Уяты жок сойкуну,
Кулдарынын каны үчүн
Кудай андан өч алды, –
дегенин уктум.
3 Дагы мындай деп кайталап кыйкырышты:
– Эгебиздин мактагыла!
Ошол шаардын түтүнү
Эми эч качан басылбайт.
4 Жыйырма төрт аксакал менен төрт жаныбар
тизе бүгүшүп, тактыда олтурган Кудайга таазим
кылышты. Анан кыйкырышты:
– Так ошондой!
Эгебизди мактагыла!
5 Анан тактыдан:
– Карапайым, атактуу,
Кудайымдан корккондор,
Жараткандын кулдары,
Баарың Аны даңктагын! –
деген үн чыкты.
6 Анан көпчүлүктүн айгайындай, көптөгөн
шаркыратмалардын шарындай, күн катуу
күркүрөгөндөй үндү уктум:
– Эгебизди мактагыла!
Анткени Кудай-Эгебиз,
Кудуреттүү Падыша,
Өкүмдарлык бийлигин
Өз колуна алды эми.
7 Кубаналы, шаттанып,
Мактайлы Аны, анткени
Үйлөнүү тою Козунун
Башталайын деп калды.
Колуктусу камданды.
8 Кийгизилди үстүнө
Жаркыраган, таптаза
Ак шайыдан көйнөгү.
(Ак шайы ыйыктардын адил иштерин билдирет.)
9 Анан периште мага:
– Жаз, Козунун үйлөнүү тоюна чакырылгандар
бактылуу! – деди да, дагы мындай деп
кошумчалады:
– Бул сөздөр Кудайдын чыныгы сөздөрү.
10 Ушул жерден мен ага табынып, бутуна
жыгылдым. Бирок ал мага:
– Мындай кылба! Мен деле Ыйса айткан
чындыкты ырастап жүргөн өзүң менен,
боордошторуң менен кызмат кылып жүрөм.
Кудайга табын! Анткени Ыйса айткан чындыкка
пайгамбардык дем менен айтылган сөз туура келет,
– деди.

### Ак боз атчан Бирөө

11 Мен көк ачылып, алдымда турган ак боз атты
көрдүм. Ишенимдүү жана Чындык деп аталган

†

Бирөө аны минип алыптыр. Ал калыстык менен сот
жүргүзүп, адилеттик үчүн согушат экен. 12 Көздөрү
оттой жалтылдап, башына көптөгөн кичинекей
таажыларды кийип алыптыр. Денесинде өзүнөн
башка эч ким билбеген ысмы жазылуу экен.
13 Канга чыланган чапан кийген Анын аты – Кудай
Сөзү. 14 Таптаза ак шайы кийимчен, ак боз атчан
асман аскерлери Анын артынан ээрчип жүрүштү.
15 Оозунан элдерди кыйратуу үчүн колдоно турган
курч кылыч чыкты. Ал элдердин үстүнөн темирдей
катуу бийлик орнотот. Жүзүмдү тебелегенде
шириеси агып чыккан сыяктуу, Ал кудуреттүү
Кудайдын ачуусу менен каарынын шарабын
алардын үстүнө төгөт. 16 Чапанынын санын жапкан
тушунда мындай деген ат жазылган:
«Падышалардын Падышасы, эгедерлердин
Эгедери».
17 Анан мен күндө турган бир периштени көрдүм.
Ал асманда бийик учуп бараткан канаттуулардын
баарына катуу үн менен:
– Келгиле, Кудайдын чоң тоюна чогулгула.
18 Падышалар менен аскербашылардын,
алдуулардын, аттар менен чабандестердин жана да
бардык адамдардын: кул эместер менен
кулдардын, атактуулар менен карапайымдардын
этинен жегенге келгиле, – деп кыйкырды.
19 Анан мен баягы жырткычтын жана жер
бетиндеги падышалар менен алардын
аскерлеринин Ак боз атчан менен Анын
аскерлерине каршы согуш ачууга чогулушканын
көрдүм. 20 Бирок жырткыч кармалып, аны менен
кошо анын алдында укмуштай белгилерди
көрсөтүп жаткан жалган пайгамбар да колго түштү.
Ал ушул укмуштары менен жырткычтын белгисин
кабыл алгандарды жана анын эстелигине
табынгандарды азгырып-алдаган эле. Экөө тең
күйүп жаткан күкүрт көлгө тирүүлөй ыргытылды.
21 Калган аскерлери атчандын оозунан чыккан
кылычтан кырылышты жана канаттуулардын
баары алардын этин жеп, абдан тоюнушту.

### Миң жылдык

20 Андан соң, түпсүз туңгуюктун ачкычы бар,
колуна чоң чынжыр кармаган бир
периштенин асмандан түшүп келе жатканын
көрдүм. 2 Ал байыркы жылан – ажыдаарды,
башкача айтканда, ибилисти, же шайтанды
кармады да миң жылга байлап салды. 3 Миң жыл
бүткүчө элдерди мындан ары алдаганын токтотуу
үчүн аны туңгуюкка таштады да, үстүнөн кулпулап,
мөөр басып салды. Андан кийин ал кыска убакытка
эркиндикке чыгышы керек.
4 Анан мен тактыларды көрдүм. Аларда Кудай
бийлик кылууга укук бергендер олтурушуптур.
Ошондой эле Ыйса тууралуу күбөлүккө өтүп, Кудай
Сөзү үчүн баштары алынгандардын жандарын
көрдүм. Алар жырткычка же анын эстелигине
табынбагандар жана анын белгисин чекесине же
колуна койдурбагандар болчу. Булар кайрадан
өмүр сүрүп, Ыйса менен бирге миң жыл
падышалык кылышты. 5 (Калган өлүктөр миң жыл
бүткүчө кайра тирилишпеди). Бул биринчи
тирилүү. 6 Биринчи тирилүүгө катышкандар
бактылуу жана ыйык адамдар. Экинчи өлүм
алардын үстүнөн бийлик кыла албайт. Алар
Кудайдын жана Машаяктын дин кызматкерлери
болуп, Аны менен бирге миң жыл падышачылык
кылышат.

### Шайтандын тагдыры

7 Миң жыл өткөндө, шайтан өзүнүн түрмөсүнөн
бошотулду да, 8 төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган
улуттар – Гок менен Магокту алдап, согушка
чогултуу үчүн жөнөдү. Алардын саны деңиз
жээгиндеги кумдай эле. 9 Жерди туурасынан аралап
өтүп, Кудайдын сүйүктүү шаарындагы ыйыктардын
жамаатын курчап алышты. Бирок көктөн бир от
түшүп, аларды жалмады. 10 Анан аларды алдаган
ибилис мурда жырткыч менен жалган пайгамбар
ыргытылган күйүп жаткан күкүрт көлгө ыргытылды.
Эми алар күнү-түнү түбөлүктөн түбөлүккө азап
тартышат.

### Кыямат кайым

11 Анан мен чоң ак тактыны жана анда олтурган
Бирөөнү көрдүм. Асман-жер анын алдынан качып,
таптакыр жок болушту. 12 Тактынын алдында
атактуусу, карапайымы дебей, бардык өлгөндөрдүн
турганын көрдүм. Китептер ачылуу экен. Дагы бир
башка китеп да ачылуу турду. Ал өмүр китеби эле.
Өлүктөр, китептерде жазылгандай, кылган
иштерине жараша соттолушту. 13 Деңиз да, өлүм
менен о дүйнө да өздөрүндөгү өлүктөрдү чыгарып
беришти. Ошондо баары кылган иштерине
жараша соттолушту. 14 Анан өлүм менен о дүйнө от
көлүнө ыргытылды. От көлү – бул экинчи өлүм.
15 Ким өмүр китебинде жазылбаса, от көлүнө
ыргытылды.

### Жаңы Иерусалим

21 Анан мен жаңы асман менен жаңы жерди
көрдүм. Анткени биринчи асман менен
биринчи жер жок болуп кетиптир, деңиз да жок
экен. 2 Мен күйөөсү үчүн жасалгаланып даярдалган
колуктуга окшогон, көктөн, Кудайдан түшүп келе
жаткан ыйык шаар – жаңы Иерусалимди көрдүм.
3 Тактыдан:
– Карагыла, турак жайы Кудайдын
Адамдардын арасына орноду.
Мындан ары, болуп эми Кудайы,
Алар менен чогуу жашайт Жараткан.
Анын эли болуп калып адамдар,
Алар менен болот Кудай ар дайым.
4 Бардык жашты көздөрүнөн алардын
Аарчыйт Кудай, өлүм деген жок болот.

Мындан ары болбой калат эч бир ый,
Өкүрүк да, оору дагы, анткени
Мурункунун өтүп кетти бардыгы! –
деген катуу үндү уктум.
5 Тактыда Олтурган болсо:
– Мен баарын жаңыртып жатам! – деди.
Анан сөзүн улантып:
– Муну жазып кой, анткени бул сөздөр
ишенимдүү жана акыйкат, – деди.
6 Ал мага дагы мындай деди:
– Баары аткарылды. Мен Альфа жана Омегамын,
Башталышы жана Аягымын. Ким суусаса, өмүр
булагынан бекер ичиремин. 7 Жеңүүчү ушунун
баарын мураска алат жана Мен анын Кудайы, ал
Менин уулум болот. 8 Бирок коркок, ишенбес, пас,
канкор, бузуку, сыйкырчы, бутка табынуучу жана
бардык жалганчылардын барар жери –
жалындаган күкүрт көл. Бул экинчи өлүм.
9 Акыркы жети балээ толгон жети идишти
көтөргөн жети периштенин бири келди да, мага:
– Бери кел, мен сага колуктуну – Козунун аялын
көрсөтөм, – деди.
10 Анан Кудайдын Руху мени толук бийлеп алды
да, periште улуу жана бийик тоого алып чыгып,
көктөн, Кудайдан түшүп келе жаткан Ыйык Шаар –
Иерусалимди көрсөттү. 11 Ал Кудайдын даңкын
чачыратып, жаркырап турган эле, анын
жаркыраганы өтө кымбат баалуу ташка, мөлтүр
таштай тунук ясписке окшоп, 12 чоң, бийик
дубалында он эки дарбазасы бар экен. Ар бир
дарбазасында бирден периште кайтарып туруптур.
Дарбазаларына Ысрайылдын он эки уруусунун
аттары жазылыптыр. Бир дарбазага бир аттан.
13 Чыгыш тарабында үч, түндүк тарабында үч,
түштүк тарабында үч, батыш тарабында үч
дарбаза. 14 Дубалдын он эки кат пайдубалы бар
экен. Аларга Козунун он эки элчисинин аттары
жазылган. Ар бирине бирден ат.
15 Мени менен сүйлөшкөн периштенин шаарды,
анын дарбазаларын жана дубалын өлчөй турган
алтындан ченегичи бар эле. 16 Шаар төрт чарчы
сыяктуу жайгашып, узуну да туурасы да бирдей
болчу. Периште ченегичи менен шаарды
ченегенде узуну да, туурасы да, бийиктиги да эки
миң төрт жүз чакырым болуп чыкты. 17 Дубалынын
калыңдыгын ченеди эле, жетимиш метр болду.
Периште колдонгон ченегич адамдыкы менен
бирдей эле. 18 Дубал яспистен, ал эми шаар болсо
айнектей тунук таза алтындан жасалыптыр.
19 Дубалдарынын пайдубалы түрдүү-түрдүү асыл
таштар менен коооздолуптур. Биринчи пайдубалы –
яспистен, экинчиси – көк жакуттан, үчүнчүсү – акак
таштан, төртүнчүсү – зымырыттан, 20 бешинчиси –
феррузадан, алтынчысы – лалдан, жетинчиси –
сары жакуттан, сегизинчиси – көк зымырыттан,
тогузунчусу – топаздан, онунчусу – жашыл акак
таштан, он биринчиси – хиацинттен, он экинчиси –
аметисттен эле. 21 Он эки дарбазасы – он эки
бермет. Ар бир дарбаза бир берметтен жасалган.
Шаардын башкы көчөсү тунук айнектей болгон
таза алтындан салыныптыр.
22 Шаардын ичинен ийбадаткана көргөнүм жок,
анткени анын ийбадатканасы Кудуреттүү Кудай Эге
менен Козунун Өзү экен. 23 Шаардын күнгө же
айдын жарыгына муктаждыгы болбоду, анткени
Кудайдын шаң-салтанаты ага жарык берип,
Козунун Өзү шамчырак катары нурун чачып турду.
24 Бардык улуттар шаардын жарыгында жүрүп, жер
бетиндеги падышалар өзүлөрүнүн шаң-салтанатын
ошол шаарга алып келишти. 25 Шаар дарбазалары
күнү бою ачык туруп, эч качан жабылбады, анткени
ал жакта түн деген жок экен. 26 Бардык улуттардын
улуулугу менен сый-урматтары шаардын ичине
алынып келинет. 27 Шаарга эч бир таза эмес нерсе,
уяттуу же алдамчылык иш кылган киши кирбейт.
Козунун өмүр китебине аттары жазылгандар гана
киришет.

### Өмүр дайрасы

22 Ушундан соң, периште мага мөлтүр таштай
жылтылдаган дайраны көргөздү. Бул өмүр
суусу эле. Ал Кудай менен Козунун тактысынан
агып чыгып, 2 шаардагы башкы көчөнүн кап
ортосуна куюлуп жатты. Дарыянын эки жээгинде
тең ар айда бир, жылына он эки жолу түшүм берген
– жемиши түбөлүк өмүр берүүчү дарак өсүп турду.
Анын жалбырактарын элдерди айыктыруу үчүн
колдонушат. 3 Мындан ары эч кандай каргыш
болбойт. Анткени Кудай менен Козунун тактысы
шаардын ичине орнотулат. Кудайдын кулдары Ага
кызмат кылышат. 4 Кудайды өз көздөрү менен
көрүп, аты чекелерине жазылат. 5 Ал жакта мындан
ары эч качан түн болбойт. Эч качан чырактын же
күндүн жарыгына муктаж болушпайт, анткени
Кудай Эгенин Өзү аларга жарыгын төгүп турат.
Алар Аны менен бирге түбөлүктөн түбөлүккө
бийлик кылышат.
6 Периште мага мындай деди:
– Бул ишенсе боло турган акыйкат сөздөр.
Пайгамбарлардын оюн башкарган Кудай Эге
жакын арада боло турган окуяларды кулдарына
көрсөтүү үчүн периштесин жиберди.

### Ыйса жакында келерин эсте

7 «Сак тургула, Мен жакында келем! Ушул
китептеги пайгамбарлык сөздөрдү аткаргандар
бактылуу».
8 Мен, Жакан, ушуларды уктум да көрдүм. Угуп,
көрүп бүткөн соң, табынайын деген ниетте
ушуларды көргөзгөн периштенин бутуна
жыгылдым. 9 Бирок ал:
– Токтот! Мен өзүң менен, боордошторуң болгон
пайгамбарлар менен жана ушул китептин сөздөрүн
аткаргандар менен бирге кызмат кылып жүрөм.
Кудайга табынгының! – деди.

[10] Анан ал мага мындай деди:
– Бул китептеги пайгамбарлык сөздөрдү
жашырбагын, анткени андагылар аткарыла турган
убакыт жакын калды. [11] Жамандык кылгандар дагы
кыла беришсин, пастыкка баткандар дагы бата
беришсин, ал эми адилеттер адил иштерин дагы
улантышсын, ыйыктар андан бетер ыйык боло
беришсин.
[12] «Сак тургула, Мен жакында келемин! Ар кимдин
ишине жараша берер сыйлыгымды Өзүм менен
бирге ала келем. [13] Мен Альфа жана Омегамын,
Биринчи жана Акыркымын, Башталышы жана
Аягымын. [14] Дарактын түбөлүк өмүр берүүчү
жемишинен жегенге жана шаар дарбазалары
аркылуу киргенге укук алуу үчүн кийимдерин жууп
алгандар бактылуу. [15] Жалган дин мугалимдер,
сыйкырчылар, аягы суюктар, канкорлор, бутка
табынуучулар жана жалгандыкты сүйгөн
алдамчылардын баары сыртта калышат. [16] Мен,
Ыйса, жыйындар үчүн айтылган ушул сөздөрдү
силерге жарыя кылсын деп периштемди
жибердим. Мен – Дөөттүн тукумумун жана
жаркыраган таңкы жылдызмын».
[17] Рух менен Колукту: «Кел!» – дешет. Уккандар да:
«Кел!» – деп айтышсын. Ким суусаса, келсин. Ким
кааласа, өмүр суусунан бекер алсын.

### Угарманга эскертүү

[18] Ушул китептеги пайгамбарлык сөздөрдү уккан
ар бир адамга эскертип коёюн: эгерде кимде-ким
мындагы пайгамбардык сөздөргө бир нерсе кошсо,
Кудай ага ушул китепте жазылган балээлерди
кошот. [19] Кимде ким бул пайгамбардык китептин
сөздөрүнөн бир нерсе алып салса, Кудай аны ушул
китепте жазылган түбөлүк өмүр берүүчү дарактын
жемишинен жедирбейт да, ыйык шаарга
киргизбейт.
[20] Ушул кабарларды жарыялап жаткан:
– Ооба, Мен жакын арада келем! – дейт.
Келегөр, Эгебиз Ыйса. Оомийин.
[21] Эгебиз Ыйса баарыңа ырайым кылсын.